Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги
Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети

Токтогулова Г.Т

Ф И Л О С О Ф И Я

Бишкек-2022

УДК
ББК

Р е ц е н з е н т тер : ф.и.д, профессор Шарипова Э.К., ф.и.д, профессор Исаков К.А., Мурзакматов А.К., Токоева Г.С., Шамшиев Р.К.

Түзүүчүлөр: Токтогулова Г.Т. Философия : жогорку окуу жайлар үчүн / Токтогулова Г.Т. Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети. — Бишкек, 2022. — 612 с.

Окуу китепте философиянын тарыхындагы негизги этаптар, анын негизги көйгөйлөрү, алардын конкреттүү философиялык агымдардар алкагында чечүү маселелери, философиядагы азыркы багыттар жана алардын табияты, дегеле бардык эле этаптардагы философиялык агымдар, алардын өкүлдөрү, философиялык окуулары, философияга кошкон салымы каралган. Ошондой эле окуу китеп негизги философиялык категориялардын маанисине талкуу берген. Жогорку окуу жайлардын студенттерине, окутуучуларына, ошондой эле изилдөөчүлөрдүн кенири аудиториясына арналган.

УДК
ББК

© Токтогулова Г.
© Жалал-Абад мамлекеттик университети, 2022

Кириш сөз

«Философия» сабагы - жогорку окуу жайда окулуп жаткан негизги сабактардан. Бирок бул сабак боюнча дале болсо кыргыз тилиндеги окуу китептердин жетишсиздиги колунуздагы китепти түзүүгө түрткү болду. Китеп орус тилден которулган жана башка булактардан толукталган. Белгилүү болгондой, жалпы эле илим башка котормолордон андан ары өнүгүшү мүмкүндүгү талашсыз. Окуу китеп кыргызча сүйлөп, түшүнгөн аудиторияга багытталган. Окурмандарга сунушталып жаткан бул окуу китеби философия жөнүндө жалпы түшүнүк алууга жана философиянын жалпы тарыхы менен таанышууга, алардын негизги багыттарын, илимдеги жана жашоодогу ордун аныктоого арналган. Ошондой эле китептен философиянын предмети, философиядагы негизги багыттардын пайда болуу себептери, философиялык багыттардын негизги өкүлдөрү, алардын окууларынын өзгөчөлүктөрү, алардын философия илимине кошкон салымы тууралуу маалымат алууга болот.

Китеп Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик билим берүү стандартына туура келтирилип түзүлгөн. Бирок предметке бөлүштүрүлгөн сааттын өзгөчөлүгүнө жараша предмет мугалими туура келген бөлүмдөрдү алышы мүмкүн.

Авторлор окуу материалдарын жеткиликтүү тилде баяндоого далаалаттанышты. Бирок, өзүнөр билгендей, философия - өзү илим катары жөнөкөй эмес. Ар бир кылымда ар бир мамлекетте болмушту, жашоону таануу боюнча, дегеле чындык деген эмне, кудай деген ким, ал кайсы жерде, кимдин образында, өлүм, сүйүү, бардык нерсени таанып бүлүүгө мүмкүнбү деген ой-санаалар тынчсыздандырып келген. Ушул ал бир маселени чечүүгө умтулган ар бир философ өзүнүн терминин сунуштаган жана алар жалпы философиядан орун алган. Алардын талкуусун түшүнгөнүбүз менен алардын аталышын алып таштоо же котормо берүү дегеле пуристтик же жалган патриоттуулук болушу шексиз. Ошондуктан китептин аягында философиялык терминдер жана алардын котормолору, талкуулары берилген.

Окуу китеп жогорку окуу жайлардын студенттерине, мугалимдерине, дегеле илим менен шугулданган инсандарга арналган.

Философия илимине киришүү

«Философия» термини грек тилинен алынган эки сөздөн туруп, «сүйүү» жана «акылмандык» деген маанини берет. Бул терминди түздөн түз которсок «акылмандыкты, даанышмандыкты сүйөмүн» дегенди түшүнөбүз. Философия терминин алгачкылардан болуп Пифагор колдонгон. Анын пикирине ылайык акылмандык бир гана жаратканга таандык, ал эми адам-акылмандыкка умтулат жана аны сүйөт.

Философиянын пайда болушу б.э.ч. I миң жылдыктын орто ченине туура келип, бири-биринен көз карандысыз пайда болгон, байыркы цивилизациялардын ордосу болуп саналган байыркы Греция, Индия, Кытайда жаралган. Бардык региондордо пайда болгон философиянын негизги базасы - бул мифология эсептелген. Дүйнөгө болгон рационалдуу түшүнүү аракеттери адамды алгач философияга чейинки көз карашты, анын философиянын өзүн жаратуусуна түрткү болгон философиянын калыптануу этаптарын төмөндөгү чиймеден көрүүгө болот.

1-чийме

Философиянын калыптануу этаптары



Ал эми башка аймактарда философия кечирээк өнүгүп, негизинен философиялык окуулар өнүккөн мамлекеттердин базасында таркала башташкан. Философиянын тарыхында төмөндөгү доорлорду бөлүп карооо болот:

2-чийме

Философиянын өнүгүшүндөгү негизги периоддор



Студенттерге философиянын биринчи бөлүмү боюнча түшүнүк берүү да ушул таблицанын негизинде жүргүзүлөт.

Философия өзүнүн жаралуу доорунда бардык илимий билимдерди өз ичине камтыган, бул илимди бардык нерселер жөнүндөгү илим десек да болот. Кийинчерээк айрым дисциплиналар өз алдынча илимий сабак сапатында калыптана баштаган: б.э.ч. IV-к. Байыркы Грецияда логика теориялык сабак катары, б.э.ч. II-к. математика (Евклиддин геометрия жана арифметикасы), астрономия (астрология кошо), кийинчереек филология жана башка көптөгөн тармактар калыптанган. Ошону менен илимдердин дифференцияланууу процесси башталган: алгач философиянын алкагынан ар түрдүү сабактар ажырап, андан соң алар философиядан өз алдынча илим катары бөлүнүп чыгышты.

Ар түрдүү доорлордо, ар түрдүү философиялык окууларда илимий билимдин структурасына ар түрдүү көз-караштар болгон. Мисалы эллинизм доорунда стоиктер жана эпикурчулар философиядан логика, физика жана этиканы бөлүштү. Мында логикага таануу теориясынын бардык көйгөйлөрүн (тил менен байланышкан маселелерди да), ал эми физика жаратылышты изилдөө менен байланыштуу көйгөйлөрдү (б.а. астрологиялык, физикалык, биологиялык ж.б.) тиешелүү деп санашкан. Этика философиянын «ядросу» болуп саналган (адамдык жүрүү-туруш жөнүндөгү илим), себеби ал адамга бакыт табуучу жана жакшы жүрүм-турумга жол көрсөтүүчү илим деп эсептелинген.

Орто кылымдык схоластикадагы философия (метафизика) болмуштун жогорку принциптери жана анын алгачкы себептери жөнүндөгү илим катары түшүнүлүп, аны «кудай кызматкери» деп эсептешкен.

Кайра жаралуу доорунда философиянын өзгөчө бөлүгү катары натурфилософия (табият философиясы) эсептелип, анын базасында Жаңы доордо философия жаатына кирбеген табигый илимдердин комплекси калыптанган (физика, химия, биология жана башкалар). Жаңы доордо философиядан гуманитардык илдимдер бөлүнүп чыккан (тарых, лингивистика, искусство таануу ж.б). Бирок философия бардык илимдердин методологиялык пайдубалдык ролун сактап калды.

XIX-XX-к. марксизмде гегелдик философиянын базасында философиянын предмети жөнүндө төмөндөгү эреже калыптанды: философия - бул бир адам ойломунун, коомдун жана жаратылыштын өнүгүшүнүн эң эле бир жалпы мыйзамдары жөнүндөгү илим.

XXI-к. ар түрдүү философиялык окууларда бул маселени чечүүдө башка дагы көптөгөн көз караштар бар болгон – тигил же бул окуунун алдыга койгон көйгөйлөрүнөн көз карандылыкта.

Азыркы мезгилде философиялык билим структурасында көбүнчө төмөндөгү 3-чиймеде берилген бөлүмдөрдү белгилешет (3-чийме).

Философиялык өнүгүүнүн узак тарыхында ар түрдүү окуулардын көлөмдүү саны калыптанган жана алардын ичинен ар түрдүү тайпаларды, мектептерди, агымдарды бөлүп карoого болот.

Онтологияда классификациялоонун негизги белгиси болуп болмуштун алгачкы башатынын мүнөздөмөлөрү саналат: саны (4-чийме) жана сапаты (5-чийме) боюнча.

Монизм - болмуштун бир гана алгачкы башаттык негизи бар дегенди жактаткандардын философиялык окуусу. Кийнки материалисттердин бардыгы (Демокрит, Дидро, Гольбах, Маркс) жана кийинки идеалисттер (Августин, Фома Аквинский, Гегель) монисттер болушкан деп эсептелген.

Дуализм - болмуштун алгачкы эки башатын жактаган философиялык окуу (негизинен материалдык жана идеалдык). Алгачкы дуалист- Аристотель. Ошондой эле дуалисттердин катарын Декарт менен Кант толуктаган.

Плюрализм – бул болмуштун көптөгөн алгачкы негиздери бардыгын (эки же андан көп) жактаган философиялык окуу. Негизинен плюрализм Байыркы дүйнөнүн философиясында кездешет. Мисалы: Эмпедокл алгачкы негиз катары төрт стихияны (Жер, От, Суу, Аба) жана эки күчтү (Сүйүү жана Кастык) эсептеген.

Философиялык окуулардын монизмге, дуализмге жана плюрализмге бөлүнүүсү мыйзам ченемдүү жана айдан ачык. Бирок бул алгачкы көз караш менен гана караганда ушундай сезилет, себеби мындай бөлүштүрүүнү реалдуу окууларга колдонууда классификациялоонун көптөгөн көйгөйлөрү жаралат. Мисалы: Демокритте көптөгөн атомдордун ар бири түбөлүктүү (жаратылбайт жана жок болбойт), демек, кандайдыр бир мааниде – өз алдынча «алгачкы негиз». Анда Демокритти плюралист деп санасак болот. Бирок анын бардык атомдор кандайдыр бир жалпы жаратылышка ээ – бул материалдык бөлүкчөлөр деген оюн эсепке алсак, анда алардын бардыгын бирдиктүү алгачкы негиз – материя деп атасак болот. Демек Демокрит бул жагынан баары бир монист. Экинчи жагынан, Демокрит бир гана атомдорду гана эмес, атомдор ичинде болгон жана үзгүлтүксүз кыймылда турган боштуктун бардыгын да мүмкүн деген. Мындай учурда боштукту Демокриттин философиясындагы экинчи алгачкы башталыш деп эсептөөбүз керекпи? Эгерде ошентип эсептесек, анда Демокрит монист эмес, дуалист болуп калат.

Ал эми көптөгөн окуу куралдарында жана энциклопедияларда Декарт жана Кант дуалисттер деп белгиленген. Бирок, чындыгында, алар дуалисттер эмес, монисттер, анткени алардын окууларында болмуштун алгачкы негизи Кудай. Ошого карабастан аларды дуализмге жакындатышат, себеби Кудай көңүлдүн борборунан алынып ташталып, Декарттын окуусунда философиялык талдоонун объекттери катары эки субстанция калат: материя жана аң-сезим, ал эми Кантта болсо - адамдык аң-сезим жана сырткы дүйнө (“өзү менен өзү зат”). Мындай учурда биз болмуштун алгачкы башталыштарынын санына эмес, карап чыгуунун баштапкы объекттеринин санына көңүл буруу менен негизги бөлүштүрүүнү алмаштырдык.

Ушундай эле көйгөйлөр көптөгөн башка философторду жана алардын окууларын талдоодо да келип чыгат.

Жогорудагы «монизм», «дуализм», «плюрализм» терминдери онтологиянын көз карашы менен аныкталып, бирок алар кээде гносеологияда жана социалдык философияда, болгондо да башкачараакмааниде колдонулат.

3-чийме

Азыркы философиянын негизги бөлүмдөрү



Философиялыксабактар

Логика

Этика

Эстетика

Илимий методология

Философия илими:
математика, астрономия, физика жана башка философиялык көйгөйлөр

Философиялык антропология

Маданият философиясы

Тарыхфилософиясы

Укук философиясы

Дин философиясы

Ж.б.

4-чийме

Алгачкы башталыштын саны боюнча философиялык окуулардын классификациясы



«Монизм», «дуализм», «плюрализм» терминдеринин онтологияда, гносеологияда жана социалдык философияда мүнөздөлүшү төмөндөгү таблицада берилген

1-таблица

«Монизм», «дуализм», «плюрализм» терминдери онтологияда, гносеологияда жана социалдык философияда

Онтологияда	Болмуштун алгачкы башталмасынын санынын мүнөздөмөсү
Гносеологияда	Тааануу булактарынын санынын мүнөздөмөсү
Социалдык философияда	Алдыңкы социалдык күчтөрдүн же социалдык факторлордун санынын мүнөздөмөсү

Алгачкы башталманын санына таянуу менен материализмди жана идеализмди ажыратышат.

5-чийме

Алгачкы башталманын сапаты жөнүндөгү философиялык окуулардын классификациясы



Материализм-болмуштун алгачкы башталмасынын негизи катары материяны (жаратылышты) тааныган философиядагы агым. Индияда материализм байыркы мезгилден бери эле чарвака мектебинде өнүгүп келген, ал эми Европа философиясында анын башатында Демокрит турат деп эсептелинет, бирок материализм багыты Агартуу доорунан (Дидро, Гольбах, Фейербах, Маркс жана башкалар) баштап гана маанилүү роль ойной баштаган.

Идеализм - бул болмуштун алгачкы башталмасы катары кандайдыр бир идеалдуу жанды, маңызды тааныган философиядагы агым.

Көрүнүп тургандай материализм жана идеализм бири-бирине карама каршы эки багыт.

Идеализм ич ара эки ири агымга бөлүнөт.

Объективдүү идеализм – бул болмуштун алгачкы негизи же башталмасы катары кандайдыр бир объективдүү жашаган, б.а. адамдык аң-сезимден көз карандысыз жашайт (Кудай, Абсолют, Идея, Дүйнөлүк Акыл-эс ж.б.), идеалдуу жан тургандыгын жактаган философиядагы агым.

Объективдүү идеализм Байыркы дүйнөдөгү көптөгөн мектептерде жаралган жана өнүккөн: Индияда (бардык ортодоксалдуу мектептер), Кытайда (конфуцийчилик жана

даосизм), Греция жана Римде (Пифагор, Платон, жаңы платончулар ж.б.), андан кийин Орто кылым доорунда, Кайра жаралуу жана Жаңы доордо. Немец классикалык философиясында (Гегелде) андан ары өнүгүп, толук калыптанып бүткөн формага келген.

Субъективдүү идеализм - бул болмуштун алгачкы негизи же башбашталмасы катары адамдык аң-сезим, адамдык «мен» таанылган философиялык агым.

Субъективдүү идеализм Байыркы Индияда пайда болгон буддизм философиялык окуусунда кеңири чагылдырылган. Европа философиясында субъективдүү идеализм, негизинен, Жаңы доордо өнүккөн. Европалык субъективдүү идеализмдин негиз салуучусу катары Берклини эсептөөгө болот. Ошондой эле бул агымга адатта Юмду, Кантты, экзистенционализм жана феноменология тарапкерлерин кошушат.

Философиянын тарыхында ушул үч багыттын ортосунда дайыма күрөш жүрүп келген. Ар түрдүү дооорлордо ар түрдүү мамлекеттердин маданиятында алдыңкы орунду бир туруп бирөө, бир туруп экинчиси ээлеп турган. Мисалы: Европа философиясында Байыркы доордо, Орто кылымдарда жана Кайра жаралуу доорунда объективдүү идеализм алдыңкы орунда болсо, Жаңы доордо (XVIII-XIX-кк.) - материализм, ал эми XX-к. субъективдүү идеализм алдыга чыкты.

Алгачкы башбашталманын санына карап бөлгөндөй, философиялык окуулардын алгачкы башбашталманын сапатына карай бөлүштүрүү классификациялоодо көптөгөн көйгөйлөрдү пайда кылат.

Кээ бир философиялык окуулар бир эле багытка кирбестен, ар түрдүү багыттардын элементтерин камтышат. Анда биздин алдыбызда ошол тигил же бул багытка тиешелүү деп санагандар да кездешет. Мунун негизи *башталыш, башат* бул окууда негизги ролду ойнойбу, анын изилдөө объекти эмне, башкаларга салыштырмалуу негизги жана аныктоочу болобу деген сыяктуу суроолор.

Мисалы: Платонду адатта объективдүү идеалист дешет (ошондой эле монист), бирок ал болмуштун алгачкы негизи же башбашталмасы сапатында бир гана идеяны эмес, ошондой эле Акыл-демиург сыяктуу идеалдуу жанды, маңызды, эң негизгиси материянын башынан эле жашагандыгын мүмкүн деп эсептеген. Демек, бул жерде объективдүү идеализм жөнүндө сөз кылуу кажетсиз жана бул мүнөздөмөнү Платондун окуусу үчүн сактап койсок болот, себеби анын окуусунда идеялар изилдөөлөр обьекти катары орун алган, анын онтологиясында идеалдуу образдар, нерсенин максаты жана себеби катары негизги ролду ойнойт.

Көбүнчө субьективдүү идеализмди класстарга бөлүштөрүүдө чоң көйгөйлөр жаралат. Атап айтсак, Берклиде болмуштун алгачкы негизи же башбашталмасы жана адамдык жандардын жаратуучусу Кудай деп эсептелет (б.а. биз бул жерде объективдүү идеализмди байкайбыз). Бирок анын окуусун көбүнчө субъективдүү идеализмге киргизишет, себеби изилдөөнүн башкы объектиси адамдык «мен» (жан) жана сырткы дүйнөнүн реалдуу бардыгы (жаратылыш) четке кагылат, б.а. болмуш бир гана Кудайдан жана адамдык жандардан турат. Лейбницти болсо негизинен объективдүү идеалист дешет, а бирок анын көз карашы да Беркли менен окшош. Тактап айтсак, Лейбницте болсо болмуштун алгачкы негизи же башбашталмасы болупКудай–монаддардын жаратуучусу (өзүнүн өнүгүшүндө «адамдык аң-сезим» стадиясына чейин жете алган кандайдыр бир «рухий атомдордордун») эсептелинген жана сырткы дүйнөнүн реалдуу жашоосу четке кагылган.

Мындай чиеленген абал Кантка дагы тиешелүү. Ар бир китебинде, ар бир окуу куралында Кант субъективдүү идеалист катары мүнөздөлүп келет. Анын субъективдүү

идеализмге кошулушунун бир себеби Кант боюнча, кандайдыр бир «баштапкы реалдуулуктун» тарабынан карап чыгуунун негизги объекти - бул адамдык аң-сезим. Андан да Кантты көбүнчө субъективдүү идеалист жана дуалист деп эсептегендиктери ачык эле карама-каршылык туудурат: эгер ал субъективдүү идеалист болсо, анда ал бир гана алгачкы башталышты - адамдык аң-сезимди таанышы керек эле; эгер ал дуалист болсо, анда ал алгачкы негиз катары эки нерсени тааныш керек.

Чындыгында эле Кант болмуштун алгачкы негизи катары бир гана Кудайды (объективдүү идеализм жана монизм) кабыл алат. Бирок өзүнүн окуусунда Кант Кудайды теореялык акыл-эстин алкагынан сырткары чыгарып койгондой, ошондо да карап чыгуунун негизги объектиси адамдык аң-сезим болуп кала берет. Ошон үчүн Кантты субъективдүү идеализмдин катарына кошушат. Бирок, Кант боюнча, болмуш адамдык аң-сезимден сырткары жаратылышты да камтыйт (нерсе өзүндө), ошондуктан да Кантты дуалист дешет. Бирок, Кант боюнча, жаратылыш таанып билүүгө болбойт, ошондуктан анын адамдардын көңүлдөрү бурулган окуусунда жаратылыш негизги орунду ээлебейт. Дал ушул нерсе анын субъективдүү идеалист катары мүнөздөмөсүн далилдейт.

Кала берсе буддизм философиясы жөнүндү бул чыныгы «субъективдүү идеализм» экендиги талашсыз деп далилдөө мүмкүн эмес: адамдык аң-сезим («мен») дхармалардын - өзгөчө «рухий атомдор» комбинациясы катары талкууланат. Демек, онтологиялык маанидеги чыныгы алгачкы негиздер болуп дхармалар саналат - булар объективдүү жашоого (жашоого) ээ, («дхармалардын агымы») кандайдыр бир идеалдуу объекттер. Ар бир айрым дхарма адамдын аң-сезими эмес. Буддизм философиясында адамдык аң-сезимдин биринчилиги жөнүндө тастыктоого орун жок, демек ал субъективдүү эмес, объективдүү идеализм.

Чынындыгында, экинчи жактан, дхармалар адамдык аң-сезимден сырткары жашай алаары же жашай албашы белгисиз бойдон калууда. Эгер жашай албаса, анда баары бир адамдык аң-сезим онтологиялык мааниде алгачкы болуп калат.

Философияда монизм алкагында туруп, материализм жана идеализмдин ортосундагы абалды ээлеген бир катар маанилүү багыттар бар.

Гилозоизм - жандуу жаратылышты да, жансыз жаратылышты да жандуу катары далилдешкен философиялык окуу. Гилозоизм байыркы мезгилде эле пайда болгон, мисалы: ал Фалестин, Гераклиттин, стоиктердин жана башкалардын окууларында негизги орунда болгон. Байыркы гилозоизм пантеизмдин теориялык пайдубалы катары кызмат кылган.

Пантеизмде - Кудай (идеалдык башталма) жана жаратылыш (материалдык башталма) окшоштурулган философиялык агым: жаратылыштан сырткары Кудай жок, ошондой эле Кудайсыз жаратылыш да жок. Пантеизм Кайра жаралуу доорунда пайда болгон, анын идеялары Н.Кузанскийдин, Дж. Брунонун орун алган, ал эми жаңы мезгилде пантеисттик идеяларды Шеллинг, Гегель, Соловьев сыяктуу философтордун окууларынан кездештирүүгө болот.

Деизм-Кудай дүйнөнүн жаратуучусу катары таанылып, бирок дүйнөнү түзүп, ага белгилүү мыйзамдарды киргизгени менен Кудай дүйнөнүн иштерине кийлигишпейт: дүйнө өзүнүн мыйзамдары боюнча жашайт деген көз караштагы философиялык агым.

Тактап айтканда, деизм объективдүү идеализмдин өзгөчө түрү, бирок ошол эле мезгилде ал объективдүү идеализмден материализмге өтүүдөгү өткөөл этап болуп эсептелет. Деизм XVII-к. пайда болуп, Агартуу доорунда кеңири жайылган. Деизмдин башатында Декарт, Ньютон, Локк, ошондой эле Вольтер, Руссо, Кант, Ломоносов турат.

Онтология жөнүндө айтсак, төмөндөгү бир канча терминдерди жана алар менен байланышкан түшүнүктөрдү бөлүп карообуз зарыл.

Космос-байыркы грек тилинен которгондо «тартип» дегенди билдирет. Космос же тартип байыркы философияда хаоско, баш-аламандыкка, тартипсиздикке карама-каршы коюлат.

Космология - дүйнөнүн түзүлүшү, б.а. дүйнө азыр кандай болсо, ошондой түрдө жөнүндө окуу. *Космогония* - дүйнөнүн келип чыгышы, аны азыркы абалга алып келүү менен анын

калыптанышы жана жөнүндөгү окуу.

Космогенез - дүйнөнүн пайда болушуу жана калыптануунун процессинин өзү.

Онтология үчүн, жогорудагы белгиленген агымдардан сырткары, болмуштун маңызы жөнүндөгү элестетүүлөр да негизги орунда: болмуш өзгөрүлмөсүзбү, туруктуубу, кыймылсызбы же өзгөрүлмөбү жана кыймылдуубу? Бул маселени чечүүнүн негизинде *метафизика* жана *диалектика* бөлүнүп чыгарышат. Бул терминдерди колдонууда алардын жок дегенде эки мааниси болгондуктан пайдалануучулар үчүн кыйынчылыктар жаралат: байыркы грекче же заманбап мааниде, ошондуктан бул терминдерди колдонууда кайсы мааниде айтылып жаткандыгын эскерте кетүү зарыл.

Диалектика - грек тилинен түздөн-түз которгондо «аңгемелешүү, талаш жүргүзүү искусствосу» дегенди билдирет, ушул мааниде бул термин байыркы мезгилден Жаңы доорго чейин пайдаланылып келген.

Немец классикалык философиясында, айрыкча марксизм философиясында, термин экинчи мааниге ээ болгон, т.а. болмуштун, анын калыптанышынын жана өнүгүшүнүн эң эле бир жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндө окуу, диалектиканын негизги эки идеялары: бардык кубулуштардын ич ара байланышы; болмуштун өзүнө таандык дүйнөнүн өнүгүшүнүн карама-каршылыктарына негизделген үзгүлтүксүз, чексиз.

Мындай мааниде диалектика метафизикага каршы. Ири өкүлдөрү: Шеллинг, Гегель, Маркс, Бергсон.

Бирок өнүгүүнүн өзү да ар түрдүүчө: «туюк айланадагы» өнүгүү катары (Шеллинг, Гегель) жана чексиз алдыга арыштаган кыймыл катары (Маркс, Бергсон) да талкууланат.

Метафизика-грек тилинен сөзмө сөз которгондо «физикадан кийин» деген маанини берет. АлгачАристотелдин философиясы метафизика деп аталган, Орто кылымдардан баштап жалпы эле философия аталган. Мындай мааниде бул термин азыркы күндө да тынымсыз колдонулат, б.а.

метафизика = философия.

Жаңы доордо “метафизика” термини дүйнөнүн өнүгүшү чексиз өзүнчө өнүгүү катары четке кагылганын изилдеген философиялык окуунун, б.а. диалектикага карама каршы окуунун да маанисин өз ичине камтый баштады (акыркы терминдин экинчи маанисинде) же

Метафизика= диалектикага каршы.

Эгер маанилер арасындагы мындай айырманы көрсөтпөсөк, чаташтык пайда болушу мүмкүн. Мисалы: Парменид жана Зенонду азыркы мезгилдеги сөздүн маанисинде метафизиканын негиздөөчүлөрү деп атоого болот (алар биринчилерден болуп чыныгы болмуш абсолюттук түрдө кыймылсыз жана өзгөрүүсүз экендигин илимий тастыктай башташкан), бирок аларды диалектиканын да негиздөөчүлөрү катары – диалектиканын байыркы грекче маанисинде (алар биринчилерден болуп өздөрүнүн философиялык

идеяларын далилдөөнү, негиздөөнү башташкан) эсептесек болот. Бул терминдин азыркы түшүнүгүндө метафизиктер деп XIX-к. чейинки көптөгөн философторун атасак жаңылышпайбыз.

Гносеология (таануу теориясы)-философиянын курамындагы үч негизги ири багыттын бири (3-чиймеде), ошондуктан анын пайдубалдык түшүнүктөрү жана негизги агымдары философиянын тарыхын окуп үйрөнүүдө өзгөчө маанилүү. Гносеологияда изилденүүчү негизги маселелердин бири дүйнөнү таанып билүү мүмкүндүгү. Көптөгөн материалисттик жана объективдүү идеалисттик окууларда дүйнөнү таанып билүү ыктымалдуулугун таанышса, анда көпчүлүк субъективдүү идеализмдин өкүлдөрү таанып билүү күмөн экендигин айтышат же таанып билүү мүмкүндүгүн четке кагышат (6-чиймеде).

Агностицизм-дүйнөнү таанып билүүгө дээрлик болбой тургандыгын тастыктган философиялык агым. Агностицизмдин байыркы европалык формасы болуп софистика жана скептицизм эсептелсе, жаңы мезгилде релятивизм позитивизмде өнүккөн.

Рационализм (латындын «ratio»-акыл-эс)-акыл-эс таануунун негизи экендигин, таануунун негизги куралы, ошондой эле чындыктын критерийи экендигин тааныган философиялык багыт. Рационализмдин негиздери байыркы философияда бар (Парменид, Платон жана башкалар), бирок рационализм философиялык багыт катары жаңы доордо калыптанып, анын ири өкүлдөрү Декарт, Спиноза, Лейбниц эсептелген.

Рационализм ирационализмге, ошондой эле сенсуализмге (эмпиризмге) каршы турат.

Иррационализм (латындын «irrationalis»-акыл-эссиз, бей-аң)- акыл-эстин таанып билүү күчүн чектеген жен такыр эле четке каккан, мында болмуштун маңызын акыл-эс таанып биле албайт деп түшүнгөн философиялык багыт. Көбүнчө иррационализмдин негизин субъективдүү идеалисттик окуулар түзөт. Мисалы: жашоо философиясы (Шопенгауэр, Ницше, Бергсон), экзистенционализм (Сартр, Камю, Хайдеггер) жана башкалар.

Сенсуализм (латындын «sensus»-сезим)-таануунун негизги булактары катары сезимди тааныган философиялык багыт, так ошол сезимдер чындыктын критерийлери болуп саналышат.

Сенсуализм бардык билимдер сезүү органдарынын маалыматтарынан чыгаарын көрсөтүүгө умтулат (мурда сезимдерде жок нерсе «акыл-эсте» да болбойт). Сенсуализмдин негиздери байыркы мезгилде эле куралган (Демокрит, Эпикур), бирок өзгөчө багыт катары сенсуализм Жаңы доордо калыптанган (материалистик сенсуализм - Гоббс, Локк, Дидро ж.б., ошондой эле идеалисттик сенсуализм - Беркли, Юм ж.а.). Агартуу доорунда рационализм жана сенсуализмдин карама-каршы туруусу философияда маанилүү роль ойногон (6-чийме).

Дүйнөнү таанууга болобу?



I-БӨЛҮК

БАЙЫРКЫ ДҮЙНӨ ФИЛОСОФИЯСЫ

I-БӨЛҮМ

БАЙЫРКЫ ЧЫГЫШ ФИЛОСОФИЯСЫ

I-БАП

Байыркы Кытай философиясы

Кытайда философия биздин эрага чейинки (б.э.ч.) III-VI-кылымдарда (к.к.) мифология негизинде жаралган. Мифтерде эле кийинчерээк философиялык ой-толгоонун предмети болуп калган көптөгөн идеялар жана түшүнүктөр пайда болгон. Биринчи кезекте бул болмуштун эки карама-каршылыктуу (полярдуу) күчү Инь жана Ян жөнүндө элестетүүлөр, б.а. аялдык жана эркектик башталыштар жөнүндө; Дао жөнүндө дүйнө багыт алган космикалык мыйзам же жол катары элес; бардык маңыздуулар турган беш стихия (от, жер, суу, металл, дарак) жөнүндөгү элестөөлөр; адам-микрокосм менен аалам-макрокосмдун (Пань-Гу жөнүндөгү миф) окшоштугу жөнүндөгү элестер ж.б..

Кытай философиясынын өнүгүшүнүн алгачкы периодунда философиялык багыттагы саны өтө көп болгон жана байыркы кытайлардын өздөрү жүзгө жакын мектептин болгондугун айтышат. Ушул мектептерди классификациялоого байыркы мезгилден бери эле аракеттер жүргүзүлүп, алардын ичинен эң эле белгилүүсү Кытай “тарыхынын атасы” Сыма Цян (б.э.ч. II-I-кк.) эсептелет. Ал байыркы Кытай философиясын алты негизги агымга бөлүп, кийинчерээк алардын ичинен эң эле негизгилерден болуп конфуцианчылык жана даоцизм эсептелген (2- таблица).

2-таблица

Байыркы Кытай философиясынын мектептери

Мектептер	*Негизги маселелери*
Инь-Ян мектеби	Жаратылыш философиясы (натурфилософия), Инь-Яндын жаратылышта пайда болушу жана алардын ич ара аракети
Конфуцианчылык	Саясий-этикалык көйгөйлөр
Моизм	Социалдык-саясий маселелер
Ысымдар мектеби	Семантика маселеси: ысымдар менен алар аталган объекттер, кубулуштар арасындагы байланыштар
Легизм	Коомдук жашоону башкаруунун мыйзамдары жана адамдарды башкаруу жолдору
Даосизм	Дао жана Дэнин маңызы жана жартылышы, алардын коомдо, жаратылыштакөрүнүшү

1.1. Конфуцианчылык

Конфуцианчылыктын негиздөөчүсү - Конфуций (Кун Цзы-«мугалим Кун»).

Өмүр таржымалы. Болжол менен б.э.ч. 551-479-жж. жашаган. Анча чоң эмес Лу падышачылыгында (азыркы Шаньдун провинциясынын аймагында) төрөлүп, анда өмүрүнүн көпчүлүк бөлүгүн өткөргөн. Аристократ, бирок кедейленген үй бүлөдөн чыккан. Он беш жашынан окуп баштап жакшы билим алып жана өзүнүн окуучулары окуган өз мектебин түзгөн (уламыш боюнча алардын саны көп миң болгон). Конфуций 50 жаш курагында жогорку чиновниктик чинге жетип, бирок саясий интригалардан кийин отставкага кетүүгө мажбур болгон, андан соң өзүнүн саясий-социалдык идеяларын практика жүзүндө ишке ашырууга үмүттөнүп, ар түрдүү мамлекеттерде өмүр өткөрдү. Бирок ойлогон аракеттери ишке ашпай, үйүнө кайтып, окутуучулугун уланткан.

Конфуций жашоосунун акыркы жылдарында өз окууларын андан ары өнүктүрүп, Кытай маданиятынын негизин түзгөн байыркы тексттерди редакциялаган жана комментарийлерди жазган.

Негизги эмгектери. Конфуцийдин мектебиндеги негизги изилденүүчү обьекттер болуп «алты канондор», б.а. байларга билим берүүнүн негизин түзгөн, кийинчерээк конфуцийчилик адабиятынын канондоруна кирген алты байыркы китеп болгон:

1). «И цзин» («Өзгөрүүлөр китеби» - төлгө китеби);

2). «Ши цзин» («Ырлар китеби»);

3). «Шу цзин» («Документтер китеби»);

4). «Ли цзи» («Ритуалдар жөнүндөгү жазмалар»);

5). «Юэ цзин» («Музыка китеби»-өзүнчө чыгарма катары сакталып калган эмес);

6). «Чунь-цу» («Жаз жана күз анналдары»-б.э.ч. 722-ж. жана 479-ж. аягы, б.а. Конфуцийдин дүйнөдөн өткөн мезгили менен бүткөн Лунун падышачылык убагы);

Конфуцийдин бул китептерге болгон мамилеси жөнүндө көптөгөн көз караштар жашап келет. Алардын бири боюнча, ал бардык «алты канондун» автору, ал эми экинчиси боюнча, ал биринчи беш китептин комментарийчиси жана редактору, бир гана «Чунь-цу» китебинин автору. Мүмкүн Конфуций «Чунь-цу» китебинин деле автору болбостугу ыктымал.

Конфуцийдин окуусу жөнүндөгү маалыматтардын негизги булагы катары Конфуцийдин шакирттери тарабынан түзүлгөн анын өзүнүн шакирттери менен аңгемелешүүсүн өз ичине камтыган «Лунь-Юй» («Аңгемелер жана корутундулар») китеби эсептелинет.

Орто кылымда жогорудагы аталыштагы китептерди өз ичине камтыган конфуцийчилик адабиятынын канондору же «Он үч китептик» калыптанган.

Философиялык көз караштары.*Философиялаштыруу комментарийлештирүү катары.*Өткөндүн маданий мурастарын өзүнүн окууучуларына жеткирүүгөнү Конфуций өзүнүн негизги милдети деп эсептеген, ошондуктан ал өзү жөнүндө мындай деп айткан: «Мен жаратпаймын, мен жеткиремин» («Лунь-Юй»). Бирок салттуу окууларды жана идеяларды жеткирүү менен аларды көпчүлүк учурда өзүнүн көз караштарынын негизинде жана адеп ахлактык эрежелерге ылайык интерпретациялаган. Анын эски окууларды жеткирүү жана комментарийлөө боюнча жаңы интерпретацияны жаратуу манерасы конфуцийчилер тарабынан мураска алынган жана алар үчүн салттуу көрүнүш болуп калган: конфуцийчилик дил баяндардын (сочинение) негизи тулкусу алардан да байыркы тексттерге комментарий берүүдөн турат.

Ысымдарды оңдоо. Байыркы Кытай маданиятында (байыркы башка цивилизациялар сыяктуу) «тилдин табигый теориясы» кеңири таркалган, бул теорияга ылайык ысымдар бул аттар атаган буюмдардын жана кубулуштардын идеалдуу маңызына дал келет. Бирок убакыттын өтүшү менен бул дал келүүчүлүк бузула баштайт (ысымдарды билимсиз, маданиятсыз адамдар колдонушат). Бул ысымдардын бузулуусу дүйнөдөгү акыбалдын начарлашына алып келет. Конфуций болжол менен айтканда ушундай эле көз карашка таянган.

Анын пикири боюнча, дүйнөдөгү тартипти калыбына келтирүү үчүн коомдо жана жаратылышта баарынан мурда ысымды оңдоо, б.а. буюмдарды лардын ысымдарына жараша өзгөртүү зарыл. Конфуцийден бир князь башкаруунун тиешелүү принциптери кандай деп сураганда, ал: «Башкаруучу – башкаруучу болуусу, министр – министр болуусу, ата – ата болуусу, бала – бала болуусу керек» - деген («Лунь - Юй»). Демек ошол башкаруучу болгон адам башкаруучу Даодой аракеттенүүсү керек, ал эми министр – Дао министринен үлгү алышы керек. Эгерде адам башкача кадам таштаса, ал башкаруучу же министрдин ордун ээлеп турган болсо деле, чындыгында ал башкаруучу же министр болуп саналбайт.

Этикалык-философиялык окуулары. Конфуций дүйнөнүн келип чыгышы жана түзүлүшү сыяктуу натурфилософиялык көйгөйлөргө кызыккан эмес (асмандагы жана жердеги). Конфуцийдин окууларында этикалык-философиялык окуулар өнүктүрүлгөн. Анда борбордук орунду Конфуций тарабынан иштелип чыккан «жаман адамга» карама-каршы коюлган (4-таблицада) «жакшы киши» («благородный муж») концепциясы ээлейт (3-таблица). Адамдын теги жана байлыгы эмес, анын адеби, жүрүм-туруму жакшы киши кылат.

3-таблица

«Жакшы кишинин» негизги сапаттары

Жэнь (адамгерчиликтүүлүк, гумандуулук)	Адамдар аралык өз ара мамиленин нравалык жана этикалык нормаларынын жыйындысы: «Өзүнө эмнени каалабасаң, ошону башка адамдарга да кылба», «адамды сүйүүгө чын дилинен умтулганадам, жамандык жасабайт» («Лунь Юй»)
Сяо (балдарынын сыйлоосу)	Улуулар жана жаштар аралык жүрүш–туруш нормаларынын жыйындысы: «Ата-энеге сый жана улуу агаларга урмат” («Лунь Юй»); мындан мамлекет чоң үй-бүлө катары талкууланып, бул жерде император – бул «ата», ал эми “чиновниктер – улуу агалар»: «Баландын сага кандай кызмат кылуусун кааласаң, сен да атаңа ошондой кызмат кыл. Кол алдыңда иштегендердин сага кандай кызмат кылуусун кааласаң, сен да башкаруучуңа ошондой кызмат кыл» («Ли цзи»)
Ли (этикет)	Жэндин конкреттүү ишке ашуусу жана аны бардык чөйрөлөрдө ишке ашыруунун усулу болуп саналган жалпы жашоо нормалары (үй-бүлөдөн мамлекетке чейин): «Этикетти билбестик (Ли) – демек жашоодон ордун табуунун мүмкүн эместиги (милдеттүү жүрүш-турушта)» («Лунь Юй»)

И (милдет, адилеттүүлүк)	Адам сөзсүз аткаруучу милдеттердин жыйындысы; жашоонун маниси өзүнүн кызыкчылыгы жана пайдасы үчүн да карама-каршы турса да же «максатсыз аракет» болуп саналса да милдетти аткарууда турат; милдеттүү аракеттин балуулугу жыйынтыгында эмес, аракеттин өзүндө турат; милдеттин негизи жэн болуп саналат
Мин (тагдырды билүү, же асмандын эрки)	Дүйнөдө биз башкара албаган күчтөр бар, ошондуктан бизди ийгилик же ийгиликсиздик күтөөрүнөн күмөн санабай, кандай болсо ошондой аткаруу керек, мындай аткаруу демек «минди билүү». «Минди билбеген адам жакшы адам боло албайт» («Лунь Юй»)

4-таблица

«Жакшы адам» жана «жаман адам»

Жакшы адам	*Жаман адам*
Мыйзам жана милдетти аткарат	Өзүнүн пайдасын гана ойлойт
Өзүнө талап коёт	Башкаларга талап коёт
Ал жөнүндө начар жыйынтык чыгарууга болбойт	Ал жөнүндө начар жыйынтык чыгарууга болот
Чоң иштерди ишенип тапшырууга болот	Чоң иштерди ишенүүгө болбойт
Башка адам менен келишип жашай алат, бирок алардын артынан түшпөйт	Башка адамдардын артынан түшөт жана алар менен келишип жашай албайт
Ага кызмат кылуу оңой, бирок кубандыруу кыйын, анкени ал керектүү нерсеге гана кубанат	Ага кызмат кылуу кыйын, бирок кубандыруу оңой
Ал башка адамдардын, мамлекеттин жана калктын жыргалчылыгы үчүн өлүмгө даяр	Ал өз жанын өзү кыят же казылган орго түшөт
Коркот: Асмандын буйругунан Улуу адамдардан Акылмандардын сөзүнөн	Асмандын буйругун билбейт, коркпойт. Улуу адамдарды четке кагат. Акылмандардын сөзүнө көңүл бурбайт

Окуусунун тагдыры. Конфуцийдин көзү өткөндөн кийин анын шакирттери жана жолун жолдоочулары анын окуусун ар түрдүү жайылткан сегиз ар түрдүү мектеп түзүштү. Алардын эки негизгилери: Мэн-цзы жана Сюнь-цзы мектеби.

Б.э.ч. II-к. эле Конфуций Кудай сыяктуу таанылып, конфуцианчылык диний өзгөчөлүктөргө ээ болгон. Бирок аны Кудай деп санабагандар деле аны Кудайдан берилген биринчи Устат катары көрүшкөн.

1.2. Даосизм (Taoism)

Өмүр таржымалы. Даосизмдин негиз салуучусу болуп уламыш боюнча Конфуцийдин улуу замандашы Лао Цзы («Улуу акылман» же «Улуу бала») эсептелет. Анын жашоосу жөнүндөгү маалымат дээрлик белгисиз. Уламыш боюнча, улгайган курakta Лао Цзы Кытайдан кетүүнү чечет жана ал өтүп бараткан чет жакка чыгуучу коргоо пунктунун коргоочуларынын башчысы Лао Цзыдан «Кытайга акылмандыгынын бөлүгүн таштап кетүүнү суранган. Лао Цзы макул болуп, «Дао-Дэ-цзин» китебин жазган. Азыркы окумуштулардын көз карашы боюнча, Лао-Цзы таптакыр болгон эмес, же болсо да Конфуцийден дээрлик кийинчерээк жашаган, ал эми «Дао-Дэ-цзин» болсо башка ар түрдүү авторлордун тексттеринин жыйындысы.

Даосизм философиялык окуу катары өзүнүн классикалык формасында (болжол менен б.э.ч. 369-286-ж.) Чжуан Цзы, Ле Цзы жана Ян Чжу жана алардын шакирттери менен жолун жолдоочуларынын эмгектеринде систематизацияланган жана иреттелген.

Даосизмдин философиялык идеяларынын негизинде б.д.ч. II-к. Орто кылым доорунда Кытайда негизги үч диндин бири болуп саналган, диний даосизмдин өнүгүүсү башталган (конфуцийчилик жана буддизм менен бир катарда).

Негизги эмгектери. Лао-Цзы. «Дао-Дэ-цзин», («Дао жана Дэ жөнүндө китеп»); Чжуан Цзы «Чжуан Цзы» («Чжуан устаттын китеби»); Ле Цзы «Ле Цзы» («Ле устаттын китеби»).

Философиялык көз караштары. Даосизмде негизги орунду Даонун болмуш маңызы катары жана Дэ Даонун көрүнүшү катары көйгөйлөрү ээлейт. Мифологияда кеңири колдонулуп келген бул эки термин, Кытай маданиятында кеңири таралып жана философиялык окууларында, ошондой эле даосизмдин арасында, ар түрдүү талкууланган.

«Дао-Дэ-цзиндеги» Дао жана Дэ жөнүндөгү окуулар. Дао-Дэ-цзинде Дао Бүт аалам же космикалык Мыйзам башкарылган Улуу жол катары түшдүрүлгөн, анын негизинде дүйнө жаралат, өнүгөт жана жок болот, бирок ошол эле учурда Дао - субстанция, б.а. ушул мыйзамдын негизи жана алып жүрүүчүсү. Мындан Даону бардык жандуунун субстанциялашкан мыйзам ченемдүүлүгү катары түшүнүүгө болот. Даого жакшылык күч - Дэ (жакшылык жасоочу) таандык, Дэнин жардамы менен Дао өзүн көрсөтөт.

Дао Асманга салыштырмалуу биринчи, Асман болсо Жерге салыштырмалуу биринчи, Жер болсо адамга салыштырмалуу биринчи жаралган.

Адам «Адам Жер мыйзамдарына баш иет»

↑

Жер «Жер Асман мыйзамдарына баш иет»

↑

Асман «Асман Дао мыйзамдарына баш иет»

↑

Дао «Дао өзүнө-өзү баш иет»

Дао – башынан эле жана принципиалдуу эки жактуу маңыз. «Дао-Дэ-Цзинде» төмөндөгү бири-бирине карама-каршы турган Даонун мүнөздөмөсүн табууга болот (5-таблица).

5-таблица

Даонун эки жактуулугу

Жалпыдан бөлөк, жалгыз	Жалпыны өзүнө камтыган, жалпыга кирген (сууга окшош)
Туруктуу, бир калыпта турган аракетсиз	Дүйнө менен бирге өзгөрмөлүү, аракеттеги
Таанууга жана кабыл алууга мүмкүн эмес	Тааануу жана кабыл алуу үчүн мүмкүн
Оозеки айтууга мүмкүн эмес, аты же ысымы жок	Символдор жана ысымдар аркылуу айтууга мүмкүн
Телосуз	Анын ички дүйнөсүндө жогорку чындык жана ишенимдүүлүккө ээ майда бөлүкчөлөр камтылган
Эң эле майда	Чексиз
Бош	Түгөнгүс
Асман жана Жерге башталманы берүүчү«болмуш эмести» жаратуучу	“нерселер караңгылыгынын” теги, нак «болмушту» жаратуучу

Мындан келди эки Дао жашай тургандай сезилет: ысымы жок «Болмуш эмес» (аны атоо менен биз аны Болмушка айландырабыз) жана аталышы бар Болмуш.

Болмуш эмес, биринчи кезекте, Асманды жана Жерди, ошондой эле Болмушту жаратат. Бирок болмуштун курамына кирген бардык нерселер туруктуу эмес, убактылуу гана жашашат жана жашоосун аяктаган соң, алар өзүнүн маңызы, жалгыз гана түбөлүктүү болуп саналган болмуш эмеске кайтып барышат.

Даосизмде космогониялык жана космологиялык идеялардын өнүгүшү. «Чжуан Цзыда» Дао космологиялык планда “формага келтирилген нерселер” дүйнөсүнөн мурда келген: “Нерселер арасында нерсе болбогон Дао нерсени нерсе кылат”, - деп айтылгандай, мурдагыдай эле алгачкы башталманы жараткан болот.

Мында болмуштун субстанциялык алгачкы башталмасы деп Ци (Дао-Дэ-цзинде бул түшүнүк жок) эсептелинет. Бул сөздүн (иероглифтин) байыркы мааниси - «курмандыкка чалынган күрүчтүн үстүндөгү буу», кийинчерээк бул термин төмөндөгү маанилерге ээ болгон: эфир, атмосфера, аба, дем алуу, рух, темперамент, энергия, жашоо күчү, материя жана башка.

Даосизмде Ци космологиялык мааниде алгачкы Хаосту (Жогорку Чек) түзүүчү универсалдуу субстанция катары түшүндүрүлөт. Дал ошол Циден эки карама-каршы күчтөр - Инь жана Ян (7-чийме) бөлүнүп чыгат жана беш стихия түзүлөт (От, Жер, Металл, Суу, Дарак) жана дүйнөдө болгон жана ушул стихиялардан турган нерселер пайда болот. Циде алар убакыт өтүшү менен кайра кайтышат. Дүйнөнүн болмушу стихиялардын туруктуу айлампасы катары түшүндүрүлөт (8-чийме).

Тааануу жөнүндөгү окуу. «Дао-Дэ-цзинде» тастыкталгандай, Даонунун билимдери бардык адамдарга эле эмес, эң бир акылдуу адамдарга гана жеткиликтүү. Бардык берилип кетүүлөрдөн арылган бул адамдар нерселердин кагылышуусунун артынан алардын гармониясын, кыймылдын артынан - кыймылсыздыкты, болмуштан - болмуш эмести көрүүгө жөндөмдүү. Дао билими унчукпоодон турат: «Билген адам сүйлөбөйт. Сүйлөгөн адам билбейт».

Адам жана коом жөнүндөгү окуу. Адам жана адам коому-бул жаратылыштын бөлүгү, ошондуктан алардын өнүгүүсүн Дао аныктайт. Зайыттын жолу Даону жана анын на ылайыктуу жашоону таанууда турат. Мындан Дао этикасынын негиздөөчү принциби - аракетсиздик келип чыгат: «Жогорку Дэге ээ адам аракетсиз жана аракетсиздикти ишке ашырат», ал «жакшы иш жасоого умтулбайт, ошондуктан ал жакшылык жасоочу».

Аракетсиздик принциби Даолук башкаруу концепциясынын негизин да түзөт. Жакшы башкаруучу- башкарууга кийлигишпеген жана табигый жол менен алып барылуусуна жол койгон адам: «Эң жакшы башкаруучу болупэл анын жашап жатканын гана билген башкаруучу» эсептелет, «өкмөт аракеттүү болсо, эл бактысыз болуп калат».

Окуунун тагдыры. Даосизм (конфуцийчилик менен, кийинчерээк буддизм менен бир катарда) байыркы жана орто кылымдагы Кытайдагы алдыңкы философиялык окуу болгон.

7-чийме

Инь жана Янь диалектикасы



8-чийме

Даосизм: беш стихиянын айланышы



Ич ара айлануу
Бирин бири жеңип чыгуу

II-БАП

Байыркы Индия философиясы

Индияда философия б.э.ч. I-миң жылдыктын орто ченинде ыйык китептерде – ведаларда чагылдырылган Веда мифологиясынын базасында пайда болгон. Ал эми Веда биздин эрага чейинки II миъ жылдыктын жарымы жана I миъ жылдыктын башында калыптанып, оозеки формада жашап келген.

6-таблица

Ведалар

Аталышы	*Негизги мазмуну*
Ригведа	Веда кудайларына багытталган 1017 гимндер(самхиттер) жыйнагы
Самаведа	Ригведа гимндеринин туура айтылышын сүрөттөө (курмандыкка чалуу мезгилинде)
Яджурведа	Ригведа гимндери айтылган туура ритуалдардын сүрөттөө
Атхарваведа	Кудайларга, демондорго, рухтарга карата айтылган дубалар жыйнагы

Б.э.ч. I-миң жылдыктын биринчи жарымында ыйык деп эсептелген тексттер пайда болгон (шрути адабияты), бул китептер «кудай тарабынан ачылган» катары эсептелген, б.а. адамдар кудайлардан алган (7-таблица).

Ыйык тексттерге смрити адабияты – ыйык тексттердин ар түрдүү комментарийлери жана түшүндүрмөлөрү - да кирет. Смрити адабияты «кудайдан ачылган» деп эсептелинбейт – бул китептер адамдар тарабынан кудайлашкан чындыктарды түшүндүрүү үчүн түзүлгөн. Смрити адабиятынын негизги жанры - сутралар. Дал ошол сутра жанрында көптөгөн байыркы философиялык трактаттар жазылган.

7-таблица

Ыйык тексттер системасы (шрути)

Текстер тиби	*Негизги мазмуну*
Ведалар	Гимндер жана дубалар, ритуалдарды сүрөттөө
Брахмандар	Ведага комментарийлер
Араньяктар (токой дебиштеринин китептери)	Дербиштерге арналган, ведаларга комментарийлер
Упанишаддар (жогорку билимге жетүү үчүн окутуучунун бутунун түбүндө отуруу)	Динмий-философиялык тексттер

Айрым философиялык ойлорду Ригведадан, өзгөчө анын акыркы бөлүктөрүнөн (онунчу мандалдан) кездештирүүгө болот. Бирок философиянын жеке калыптанышы жөнүндө бир гана байыркы упанишаддар менен байланышта айтууга болот.

Ригведада кезиккен негизги философиялык түшүнүктөрдүн, идеялардын катарына «пуруша», «рита» жана «сансара» түшүнүктөрүн киргизүү зарыл.

Пуруша-мифологиялык планда-хаостон жаралган алгачкы адам; аны курмандыкка чалуу дүйнөнүн (анын дем алуусунан шамал, бир көзүнөн-Күн, экинчи көзүнөн-Ай жана башка)жаралуусуна алып келген. Пуруша философиялык мааниде – дүйнөнүн баарын тешип өткөн ээсиз рухий башталма.

Рита-бул кандайдыр бир космикалык тартип, мыйзам же буюмдун мыйзам ченемдүү жолу. Рита - сезимдик дүйнөнүн пайда болушуна түрткү болгон, ал эми телолуу дүйнө-болгону Ританын көрүнүшү. Мындан Рита бир гана физикалык мыйзам эмес, ошондой эле бардык тирүү жандар баш ийген моралдык мыйзам да болуп саналат.

Сансара түз мааниде «бир нерсе аркылуу өтүү, тынымсыз кайрадан жаралып туруу» дегенди билдирет. Бул түшүнүк бардык жандуулардын төрөлүүсү жөнүндөгү элестөөлөргө негизделген, б.а. рухтарга ээ. Жан өлбөйт жана ал тело өлгөн соң адамдын, жаныбардын, өсүмдүктүн же кудайдын жаңы денесине көчүп алат.

Упанишадда жараткандын ролунда-дүйнөнүн жаратуучусу болуп Брахма(н) саналат, философиялык талдоо боюнча ал дүйнөнүн жогорку маңызы, бардык жандыктын кудайлашкан ээсиз башталмасы. Упанишадда Индия философиясындагы негизги түшүнүктөр болуп саналган «карма» жана «сансара» сыяктуу түшүнүктөр иштелип чыккан. Сансара (жандын көчүүсү) карма мыйзамына ылайык жүрөт. Карма түшүнүгү ведалардагы «рита» түшүнүгүнүн базасында калыптанган.

Карма - тагдырдын себептүү шартталган мыйзамы жана ошол эле убакта аракет менен пайда боло турган жана кандайдыр бир түрдөгү натыйжаны бере ала турган күч. Адам тарабынан (же кудай тарабынан дагы) жасалган ар бир кылык-жорук анын кармасына таасир этет - жакшы жакка же жаман жакка бурат. Азыркы жашоодогу ар бир жасалган жакшы кылык-жорук тигил же бул жашоосунда ушул адамда кандайдыр бир жакшылык болот деген түшүнүккө алып келет, ушуга эле окшош ар бир жаман кылык-жоруктун натыйжасы бактысыздык болот делет. «Карма» түшүнүгү Индия философиясынын бардык мектептеринде активдүү талкууланып жана колдонулуп, ар түрдүү мааниге ээ.

8-таблица

Карманын келип чыгышы жана маңызы

Карманын келип чыгышы жана маңызы	*Мектептер*
Карма мыйзамдарын Кудай түзөт, Кудай карма мыйзамдарына ылайык дүйнөнү жараткан	Ньяя, вайшешика
Карма мыйзамдары Кудайдан көз каранды эмес, бул мыйзам дүйнөнүн өзүнө таандык	Буддизм, жайнизм, санкхья, миманса

Бирок бардык философиялык мектептерде кармага бир гана жогорку сезимдердин таасиринде аткарылган иштер таасир көрсөтөт, камырабас жана чын дилден аткарылган иштер эч кандай кармалык таасирге ээ эмес жана мурдагы карманы дагы бузушу мүмкүн. Биздин азыркы тагдырыбыз бул мурдагы биздин жасаган иштерибиздин таасиринде пайда болгон карманын натыйжасы. Бирок биздин азыркы иштерибиз бул тагдырды жеңе алат: мындан бошонууга (карманын бийлигинен арылуу) – карманын бийлигинен кетүүгө белгилүү жол ачылат.

9-чийме

Байыркы Индия философиясы



Индия философиясынын мектептери. Болжол менен б.д.ч. VI-к. башында байыркы Индиянын өнүгүү процесси башталып, ар түрдүү мектептер жана багыттар калыптанган. Алар ортодоксалдуу жана ортодоксалдуу эмес болуп бөлүнөт (9-чийме).

Индиядагы *ортодоксалдуу багыттагы* философиялык мектеп деп ведаларды ыйык китеп катары таанып жана анын базасында өнүккөн мектептерди аташат. Ортодоксалдуу мектептердин ичинде бир гана ведалардын базасында өнүккөндөрү - миманса жана веданта, ошондой эле ведалардан сырткары башка билим булактарын да таанышкандар - ньяя, вайшешика, санкхья, йога.

Белгилей кетүүчү нерсе, веданта ө алдынча мектеп катары ортодоксалдуу мектептердин ичинен кечирээк өнүккөн - биздин доордун VII-VIII-к., б.а. Орто кылым дооруна туура келет. Ал эми Байыркы доордо ведантанын пайда болуу өбөлгөлөрү жөнүндө гана сөз кылууга болот (упанишад тексттери түрүндө, Бхагавадгиттер). Ортодоксалдуу эмес багыттар веданын аброюн четке каккандар жана алар башка булактардын базасында өнүккөн: буддизм, жайнизм, чарвака.

2.1. Ортодоксалдуу мектептер

Миманса (Mimansa)

«Миманса» терминининин («Mimansa») түздөн-түз котормосу - «ойлонуу», «изилдөө», б.а. кээ бир маселелерди сынчылдык менен изилдөө жана талкуулоо менен чечүү дегенди билдирет. Миманса өз ичинен негизинен эки агымга бөлүнөт: эң эрте пайда болгону - пурва-миманса, анын негизги маселеси веда ритуалдарын изилдөө болуп саналат. Ал эми кийинчерээк пайда болгону - уттара-миманса, анын негизги максаты тааануу процессин жана анын негизги формаларын изилдөө.

Негизги эмгектери. Джаймини. «Миманса-сутра» же «Джаймини-сутра» (б.д.ч. 200-ж).

Философиялык көз караштары.*Ведага болгон мамилеси.* Мимансанын баштапкы негизги максаты Ригведа гимндерин аткаруу жана Кудай үчүн курмандык чалууларды аткаруу, т.а. веда ритуалдарын рационалдуу негиздөөлөр эсептелет.

Индия философиясындагы башка бардык мектептер сыяктуу эле Мимансага ведалардын ыйыктыгына жана күнөөсүздүгүнө ишенүү мүнөздүү. Башка ортодоксалдуу мектептерде ведалардын ыйыктыгы жана аброю алар Кудай же кудайлардын сөзү катары берилгендигинде болсо, Миманса Кудай-жаратуучу же Кудай-жок кылуучу күч экендигин четке кагат. Мимансадагы ведалар түбөлүк жашайт, ал эч ким тарабынан жазылган эмес, аларды билүүгө гана болот, бирок жаратууга болбойт. Бул тезисти тастыктоо үчүн төмөндөгү аргументтерди келтирүүгө болот:

-эгер ведалар кимдир бирөө тарабынан түзүлсө, анда анын түзүүчүсү ведалардын өзү кандай сакталса ошондой сакталып калмак. Бирок Ведалар кимдир бирөө тарабынан жазылган деп эсептегендер да анын автору же авторлоруна ким деген суроого жооп берүүдө көз караштары дал келмек эмес;

-ведаларда ааламдан берилүүчү сыйлык менен ритуалдардын байланышы жөнүндө айтылат, бирок адамдардын ичинен эч бири муну айта алышы мүмкүн эмес.

Ведалардын түбөлүктүүлүгү жөнүндөгү тезисти рационалдуу негиздөөдө мимансанын өкүлдөрү сөз жана сүйлөмдүн түзүлүшүндөгү тыбыштардын өзгөчө жолун иштеп чыгышкан. Бул тыбыштар түбөлүктүү саналышат. Ар түрдүү аймакта, ар түрдүү мезгилде ар түрдүү адамдар бир эле тыбышты бирдей айтышат, демек, бул тыбыштар убакыттан сырткары. Кептеги үн тыбыштарын (адамдын же Кудайдын) айтуу Мимансада жаралуу катары эмес, жашаган объекттин “жарыгы” катары түшүнүлөт. Биз караңгы бөлмөдө киргенде, анда эч нерсе көрбөйбүз, бирок жарык (фонар) нурларынын жардамы менен биз бөлмөдөгү ар түрдүү предметтерди табабыз. Чыractын жарыгы предметтерди пайда кылды дегендик эмес, анткени алардын баары мурдатан эле бар болчу, болгону аларга урунган жарык нурлар бизге аларды табууга көмөк көрсөттү. Ведалардын тексттери турган сөздүн тыбыштары да дал ушундай.

Онтология. Физикалык жана сезим аркылуу кабылдануучу дүйнө реалдуу жашайт. Бирок бул дүйнө Кудай-Жаратуучунун ишмердигинин натыйжасы эмес. Дүйнөдө жашаган бардык объекттер карма рухуна туура келген материядан түзүлгөн. Карма мыйзамдары дүйнөдөгү эң жогорку мыйзам болуп саналат. Ал бир эле мезгилде болумуштун физикалык жана моралдык мыйзамы.

Тааным жана рух жөнүндөгү окуулар. Рух түбөлүктүү, өлбөс субстанция. Эгерде дене өлгөндө руху да өлсө, анда ведалардын каадаларын аткаруу маанисиз болуп калмак.

Рух дене менен кошулганда жана кандайдыр бир объект таануу органдарынын алдында турганда рухий аң-сезим пайда болот. Денеден бөлүнгөн рух реалдуу аң-сезимге эмес, ал аң-сезимдин мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Индия философиясынын көптөгөн башка мектептери сыяктуу мимансада таануу органдары сырткы кабыл алуудан - беш сезим органдары (көрүү, угуу, жыт сезүү, туйуу, даам сезүү) жана ички - бул акылдан (манас) турат.

Бошонуу. Ведаларда жазылганга ылайык жүрүш-туруш жана өз кызыкчылыгын гана ойлобой ведалардын ритуалдарын аткаруу акырындык менен карманы жок кылат жана дене өлгөн соң рухтун бошонуусуна мүмкүндүк жаратат. Бошонуу алгачкы мимансада кандайдыр бир жакшы нерсе катары түшүндүрүлгөн - жыргалга жетүү,

ийгилик абалы болсо, кийинчерээк - тескерисинче, б.а. төрөлүүнү токтотуу демек кыйынчылыкты токтотуу.

Ведада жазылган ритуалдардын бардык түрүн аткарууда адамдын рухунда кандайдыр бир жөндөмдүүлүк пайда болуп, ал жөндөмдүүлүк келечекте жагымдуу жемишин берет. Ошол жөндөмдүүлүк менен наркы дүйнөдөгү жашоодо ырахат алууга болот.

Ньяя (Nyaya)

Ньяя термини «эреже», «талкуулоо», «салыштырмалуу изилдөө», «логика» дегенди билдирет. Ньяя философиясында таануу жана логика маселелери негизги орунду ээлейт. Ньяядагы логика Индия философиясынын бардык системаларында кабыл алынган жана алар логикалык корутундуну таануунун ишеничтүү булагы сапатында кабыл алышкан. Ньяя онтологиясы вайшешик онтологиясына жакын.

Ньяя философиясынын негиздөөчүсү I-к. жашаган улуу акылман Готама (Гаутама) болгон.

Негизги эмгектери. Готама. «Ньяя-сутра».

Философиялык көз караштары.*Бошонуу.* Адамдык жашоонун негизги максаты бошонуу абалына жетүү, б.а. бардык кыйынчылыктан арылуу. Ал үчүн адамдык менди денеге жана башка нерселерге байланган көрүнүштөн кутултуу керек. Бул адамдык “мен” болгон реалдуулукту тааныганда гана мүмкүн. Бирок ушул реалдуулукту туура таанып билүүбүздүн аныктыгы же ишенимдүү болушу үчүн бизде болгон таануу жолдорун жана усулдарын изилдеп, алардын ичинен ишенимдүүлөрүн жана ишеничсиздерин бөлүп чыгарышыбыз керек.

Тааным теориясы жана логика. Тааным эки түргө бөлүнөт: шексиз же ишеничтүү жана шектүү же ишеничсиз (10-чийме). Ишеничтүү таануунун төрт түрү болушу мүмкүн: кабылдоо, логикалык жыйынтык, салыштыруу жана күбөлүк.

Кабылдоо. Биздин сезүү органдарыбыз менен объекттердин ортосундагы байланыштын эсебинен объекттерди түздөн түз таанып билүү кабылдоо болуп саналат. Кайсы бир сезүү органынын объектти кабыл алуусунан көз карандылыкта кабылдоону сырткы кабылдоого (көрүү, угуу) жана ички кабылдоого (манас-акыл) бөлүшөт.

Логикалык корутунду – бул бизге белгилүү болгон чыныгы ой-толгоолордон жаңы ой-толгоону жараткан таануунун кыйыр жолу. Мисалы: «Девадатта өлөт, анткени ал адам, бардык адамдар өлөт». Ньяя мектебинин корутунду жөнүндөгү окуусу бардык жагынан Европа логикасындагы ушуга окшош окууларга толугу менен дал келет (силлогизмдин бардык мүмкүн болгон фигуралары менен модустарын колдонбосо жана изилдебесе деле Аристотелдин силлогистикасына жакын).

Салыштыруу. Кээ бир бизге белгисиз болгон объекттин аталышы менен обьекттин өзүнүн ортосунда байланыш түзүүнү ишке ашырууга негизделген таануунун жолун салыштыруу деп аташат. Болгондо да бул объекттин ошол ат менен аталышы ошол объект менен башка бизне тааныш объекттин ортосундагы окшоштукту сүрөттөөнүн негизинде аталган. Мисалы: бизге гавайя жапайы уй дешсе, анда биз токойдон уйга жолуккан окшош жаныбарды көрсөк бул жаныбар гавайя деген жыйынтыкка келебиз.

Ошентип эч бир адам наркы дүйнөнү байкай албайт. Ошентсе да ишенүүчүлөр, кудайларга, ата-бабаларга, ыйык китептерге ишенүү менен бейиштин бардыгына же жандын көчүүсүнө ишенишет.

Күбөлүк (шабда). Биз абройлуу жактардан алган кабыл алууга мүмкүн болбогон объекттер жөнүндөгү билимдер күбө болуп саналат (ушуга эле окшош азыркы замандагы адамдар мектепте эле заттар атомдордон, ал эми атомдор элементардык бөлүкчөлөрдөн (электрондордон, протондордон ж.б.у.с.) тураарын билишет, бирок түздөн түз бул бөлүкчөлөрдү кабыл алышпаса да мугалимдер менен окумуштууларга ишенүү менен бул окуу менен келишишет).

Тануунун жеткиликсиз түрү болуп: эс, күмөн, катачылык, гипотетикалык аргумент эсептелет. Мындан сырткары ньяяда таануу процессинин түрлөрү жана ар түрдүү түзүлүштөрү изилденип каралат. Мисалы: максат (кандайдыр бир нерсе үчүн аракет жасоо), чындык үчүн аракет дискуссия, жеңүү үчүн аракет мелдеш, логикалык жыйынтыктагы катачылыктар жана талаш тартыштагы адилетсиздик жана башкалар.

Таанып билүү объекттери. Ньяяда таануунун ар түрдүү ыкмалары гана берилбестен, таанып билүүгө татыктуу объекттер да, б.а. бошонуу үчун эң эле бир маанилүүлөр, бөлүнүп көрсөтүлгөн. Аларга биздин «мен» (атман), телобуз, сезимибиз жана сезимибиз аркылуу кабыл алынуучу сапаттар (жыт, даам), адамдын таануу жөндөмдүүлүгү, манас-акыл, адамдын аракети, акыл мүчүлүштүктөрү, кайрадан төрөлүү (карма мыйзамы боюнча), ырахаттануу жана нааразы болуу сезимдери (оорулар), азап чегүү жана азаптан арылуу кирет.

Кудайга болгон мамиле. Ньяя Кудайдын жашоосун тааныйт. Ал жаралуунун алгачкы себеби, жашоонун көмөкчүсү жана дүйнөнүн бузуучусу. Дүйнө Кудай тарабынан бардык жандуулардын жыргалчылыгы үчүн түзүлгөн. Бирок бул жандуулардын баары өздөрү эркиндик алуу менен жакшы да, жаман да болушу мүмкүн, ошону менен өздөрүнө кайгы же кубанычты алып келишет. Бирок Кудайдын башкаруусу астында алардын баары эртеби кечпи өздөрүнүн жаратылышын жана реалдуулук жаратылышын таанууга жетишишет, ошондой эле азаптан кутулушат.

10-чийме

Ньяя: тааным түрлөрү



Вайшешика (Vaistsika)

«Вайшешика» деген аталыштын келип чыгышы «вишеша» деген сөз менен байланыштуу, «айырмачылык», «өзгөзчөлүк» деген маанини берет. Бул аталышты алгандыгынын себеби өзгөчө көңүл бурулган категория болуп, «бөлүү», «айырмачылык» саналат.

Ньяянын таануу теориясын бөлүшүү менен вайшешика ньяя философиясына жакын. Бул эки системанын негизги максаты индивидуалдуу «менди» бошотуу болуп саналат.

Вайшешиканын негиздөөчүсү б.э.ч. болжол менен IV-к. Канада жасалма аты бар Улука акылман (улук) эсептелет.

Негизги эмгектери. Канада. «Вайшешика сутра»; бул эмгекке көптөгөн комментарийлер.

Философиялык көз караштары.*Бошонуу.* Адамдык жашоонун негизги максаты индивидуалдуу «менди»ар кандай оорудан, азап чегүүдөн толук бошотуу. Азап чегүүнүн негизги себепчиси билимсиздик, ошондуктан бошонууга реалдуулукту туура таанууга жараша гана жетишүүгө мүмкүн.



Онтология. Реалдуулук таанууга мүмкүн болгон нерселер катары түшүндүрүлөт, б.а. сөздөр менен белгиленген. Бардык бул объекттер эки класска бөлүнөт:

1. «болмуш» деген сөз менен белгилөөгө мүмкүн болгон объекттер, б.а. бардык бар болгон объекттер (предметтер, рухтар, акылдар ж.б.);
2. «болмуш эмес» деген сөз менен белгилөөгө мүмкүн болгон объекттер, б.а. бардык жашабаган объекттер.

«Болмуш эмес» бардык жок нерселер жана фактылар катары түшүндүрүлөт. Нерселер өздөрүнүн төрөлүшүнө чейин жана өлгөндөн кийин «болмуш эмес болуп саналат». Эки нерсенин ортосундагы байланыштын жоктугу да «болмуш эмеске» кирет. Мисалы: абанын өң-түсүнүн жоктугу. «Болмуш эместин» акыркы түрүнө бир нерсенин экинчи нерседен айырмасы, мисалы: кумура кездеме болуп саналбайт, демек, «болмуш эмеске» кумуранын кездеме катары жашоосу кирет.

«Болмуштун», б.а. оң реалдуулуктун алты түрү бөлүнүп көрсөтүлөт: субстанция, сапат, аракет, жалпылык, өзгөчөлүк, маңыздуулук.

Субстанция кандайдыр бир материалдуу нерсе катары түшүндүрүлөт – бул сапатка ээ болгон (сапат 24 түргө бөлүнгөн), же аракет, таасир келип чыккан нерсе (аракет беш түргө бөлүнгөн -көтөрүү же жогорулатуу, түшүрүү же төмөндөтүү, кысуу, кеңейтүү, жүрүү). Сапат менен аракет субстанциясыз жашай албайт, субстанция - бул сапаттын жана аракеттин субстраты (алып жүрүүчүсү). Субстанциянын тогуз түрү белгилүү: беш физикалык жана төрт физикалык эмес. Ар бир физикалык субстанция тиешелүү сезүү органдары тарабынан кабыл алынуучу белгилүү сапатка ээ: жер - жыт, суу - даам, от (өң) - түс, аба - сезүү, эфир - үн.

Жер, от, суу жана аба субстанциялары атомдордон – түбөлүк болгон өтө майда бөлүнгүс бөлүкчөлөрдөн турат. Ошентип атомдордун өз алдынга төрт түрү бөлүнүп чыгат. Бешинчи физикалык субстанция – эфир (акаша) – үндү алып жүрүүчү болуп саналат. Эфир бөлүкчөлөрдөн турбайт, ал бирөө жана түбөлүктүү; биз үндү кабыл алганыбыз менен түздөн-түз эфирди кабыл ала албайбыз жана анын жашоосу логикалык жактан үндөрдүн жашоосунан алынып берилет.

Субстанциянын физикалык эмес формалары - мейкиндик, мезгил, рух, манас (акыл). Мейкиндик жана мезгил (эфир сыяктуу)-кабылданбай турган түбөлүктүү, жалгыз жана бардыгы кирген субстанция. Мейкиндиктин жашоосу жөнүндө биз «булжерде» жана «тигил жерде», «жакын» жана «алыс» деген түшүнүктөрдүн ортосундагы айырмачылыктардан билебиз, ал эми мезгил жөнүндө - өткөндөгүнүн, учурдагынын жана келечектегинин ортосундагы айырмачылыктардан билебиз.

Жан-рух - аң-сезим субстраты (алып жүрүүчүсү), ал түбөлүктүү жана баары кирген субстанция. Рухтун эки түрү бар: индивидуалдуу «мен» жана жогорку рух («Мен» же «Кудай»). Индивидуалдуу «Мендер» ар түрдүү денелерде болушат жана алардын ар бири өзөзүнчө. Жогорку рух («Мен») жалгыз жана дүйнөнүн жаратуучусу болуп саналат.

Манас (акыл)-бул өзгөчө субстанция, ички сезимдердин алып жүрүүчүсү, манастын (акылдын) жардамы менен индивидуалдуу рух анын ички ой-толгоолору кабыл алынат (кубанычы, кайгысы жана башка). Манас (акыл) өзүнүн жаратылышы боюнча атомдошкон, эч кандай бөлүктөргө ээ эмес, ал бир эле мезгилде бир гана ой-толгоого ээ боло албайт.

Кудай дүйнөнү түбөлүктүү атомдордон жараткан, бардык татаал нерселердин төрөлүүсү жана жок болуусу белгилүү атомдордун комбинацияларынын кошулуусунун жана кыйроосунун жыйынтыгы. Атомдор өзүнөн өзү кыймылдай алышпайт жана таасир бере алышпайт. Карманын мыйзамдары менен айкалышта, демек индивидуалдуу рухтардын моралдуу деңгээли менен айкалышта, дүйнөнү түзгөн Кудай бардык кыймылдарды негиздөөчү болуп саналат. Бул индивидуалдуу рухтардын эркиндикке жетүүсү үчүн абдан зарыл. Дүйнөнүн түзүлүү жана бузулуу этаптары дайыма бирин-бири алмаштырып турат.

Жалпылык - бир класстагы нерселердин жалпы жаратылышка ээ болушу жана анын жардамы менен алар ошол класска таандык. Ошондуктан бардык уйлар жалпы жаныбардык жаратылышка ээ, бардык идиштер идиштик жаратылышка ээ. Жалпы жаратылыш индивидуалдуу жаныбарлардын жана идиштердин дүйнөгө келүүсүнөн эле пайда болбойт жана кээ бир жаныбарлардын жана идиштердин өнүгүүсүнөн жок болуп кетпейт. Бул жаратылыш түбөлүктүү маңыз катары эсептелинип, ал индивидуалдуу нерселерден өзгөчө, бирок ошолордун ичинде болот.

Бул “жалпы жаратылыштар” жалпылыгынын даражасына ылайык төмөндөгүлөргө ажырашат:

- жуп - эң жалпы жана баарын кабыл алуучу (мисалы, «болмуш»)
- жуп жуп - ортолуктагы (мисалы , «субтануля»)
- жупсуз - төмөнкү (мисалы , «идиштик» , «жаныбарлык») ;

Жалпылыктын даражасынын жалпы жаратылышы төмөнкүлөргө бөлүнөт:

Өзгөчөлүүлүкк – нерселер арасындагы айырмачылыктын негизи. Көбүнчө биз нерселерди алардын ар кыл сапаттарына ылайык ажыратабыз. Бирок алагачкы элементтерди мынтип ажыратуу мүмкүн эмес болгон. Ушинтип, жердин эки атому өзүнүн сапаттары боюнча бири-биринен эч кандай айырмаланышкан эмес. Бирок булар эки башка атом болгондуктан, алардын ортосунда кандайдыр бир айырма болуш керек, ошого жараша алар бир эле атом эмес, ар башка атомдор. Дал ошол маңыздуулук реалдуулуктун өзгөчө түрү – өзгөчөлүүлүк деп түшүндүрүлөт.

Таандуулук – бирөөсү экинчисинде болуп турган эки маңыздуулуктун арасындагы түбөлүк үзгүлтүксүз жашоочу байланышы. Бул байланыш төмөндөгүлөрдү бириктирет:

- бүтүндүктү бөлүкчөлөр менен;
- сапат жана аракетти субстанция менен;
- жалпылыкты өзгөчө менен.

Алсак, кызыл түс розада болот , кыймыл - кыймылдаган денеде ж.б.

Таандуулуктан бириктирүү же туташтыруу деген түбөлүк жашоочу байланыштын түрүн ажыратуу зарыл. Бул бириктирүү – бул адатта өзүнчө жашаган эки нерсенин убактылуу, кокусунан болгон байланышы.

Вайшешика: реалдуулуктун жети түрү



Санкхья (Samkhya)

«Санкхья» термини «сан», «саноо», «эсеп кысап» деген мааниде которулат. Санкхья – байыркы Индия философиясындагы ортодоксалдуу мектептердин алтоонун бирөөсү. Санкхья философиясы – болмуштун негизги элементтеринин калыптануу тартиби боюнча саноо катары түзүлөт: адепки башталышынан – дүйнөнүн көп образдуулугуна чейин.

Салт боюнча санкхьянын негиздөөчүсү болуп б.э.ч. VII-к. жашаган акылман Капила эсептелет.

Негизги эмгектери. *Капила*. «Сакхья-сутра» жана «Санкхья-правачана-сутра». Капиланын жана анын шакирттеринин мындай эмгектери бизге чейин жетип келген жок. Сакталып калгандардын ичинен эң байыркысы Ишваракришнанын "Санкхья-карика" деген трактаты.

Философиялык көз-караштары.*Себептүүлүк теориясы.* Санкхья философиясы материалдуу себептердин жана натыйжаларынын өз ара байланышы каралган себептүүлүк теориясынын базасында түзүлөт. Себептүүлүк теориясынын негизги көйгөйлөрүнүн бири байыркы Индия философиясында көп талкууга алынган төмөнкү болуп эсептелет: себепте натыйжа ал пайда болгонго чейин боло алабы? Санкхьянын өкөлдөрү бул суроого оң жооп беришкен. Себеп жана натыйжа бир эле субстанциянын ачык жана ачык эмес абалы катары талкуулашкан. Ал эми натыйжа болсо бир объекттин (себептин) экинчи объектке(натыйжага) реалдуу айлануусунун жыйынтыгы. Мисалы: быштак сүттүн ага айлануусунан пайда болот. Бирок бул айлануу потенциалдуу жактан быштактын сүттө болгондугуна байланыштуу. Эгерде быштак менен сүттүн ортосунда мындай өз ара байланыш болбогондо, анда сүт балга же чопого ж.б. же ошол эле быштак балдан же чоподон ж.б. пайда болушу мүмкүн эле.

Дүйнөдөгү себеп жана натыйжаны таануу бизди бардык болгон нерселердин материалдуу баштапкы себебинин болгондугун таанууга алып келет. Мындай баштапкы себеп деп алар пракритини (материяны) эсептейт.

Онтология. Санкхья философиясында реалдуулуктун эки алгачкы түрлөрүнүн болушу тастыкталат, б.а. алгачкыларды: пракрити жана пуруши (12-чийме).

Пуруша – бул идеалдуу башталма, рух, таза аң-сезим, бийик «Мен» ал түбөлүк (жаратууга жана жок кылууга болбойт) жана пассивдүү.

Пракрити – бул «Мен эмес», материалдуу субстанция, ал түбөлүктүү (жаратууга жана бузууга болбойт) активдүү 3 гунадан: саттва, раджас жана тамастан турат (9-таблица).

9-таблица

Гуналар жана анын касиеттери

Гуна	*Жалпы мүнөздөмө*
Саттва	Бардык жыргалчылыктардын негизинде жатат жана бардык оң эмоциялардын булагы болуп эсептелет
Раджас	Бардык кыймыл жана өзгөрүүнүн, азап чегүүнүн, ошондой эле бардык терс эмоциялардын булагы болуп саналат
Тамас	Пассивдүүлүк, кош көңүлдүүлүк, караңгылык, маанисиздик, маңызсыздык булактарынын негизин түзөт

Гуналар адам тарабынан түздөн-түз кабылдана албайт, бул акыл жете турган маңыздар, алардын жашоосу жөнүндө биз алардын натыйжалары – тигил же бул гунанын артыкча даражада болушуна жараша бизде кубануу, азап чегүү же кош көңүлдүүлүктү пайда кылган физикалык дүүнөнүн объекттери аркылуу биз чечмелей алабыз.

Санкхья: космогониясы



Гуналар тең салмактуулук жана карама-каршы күрөшкөн абалда боло алышат. Пракритинин башталгыч абалында гуналар тең салмактуулук абалында болушат, алар аркандагы өрүлгөн жип сыяктуу.

Пракрити жана Пурушинин кагылышуусунан Пракритиде толкун башталат, гунанын мурдагы тең салмактуулугу бузулат, алар ар кыл комбинацияларга биригишип, обочолонушат, объекттер дүйнөсүн пайда кылышат. Бардык кыймылдын булагы болуп саналган раджас биринчи кыймылга келет, анын жардамы менен саттва жана тамас кыймылга келе башташат.

Дүйнөдө биринчи махат же буддхипайда болгон. Себеби бул алгачкы маңыздуулук бардык объект боло тургандардын түйүлдүгү болуп саналгандыктан, ал махат, б.а. улуу биримдик болуп эсептелет. Бирок ошол эле убакта ал буддхи да боло алат, башка сөз менен айтканда интеллект, анын алдында болмушту таанып билүү маселеси турат жана дүйнөнүн өнүгүшүнө түрткү берет. Анын пайда болушу саттвада гунанын артыкча даражада болушу менен байланыштуу.

Буддхинин өнүгүшү аханкаранын пайда болушуна алып келет. Анын негизги функциясы болуп «Мен жана Меники» деген сезим эсептелет.

Кайсы гуна негизги орунду ээлеп тургандыгынан көз карандылыкта аханкаранын 3 түргө бөлүнөт (10-табл.).

10-таблица

Гуналар жана аханкаралар

Үстөмдүк кылган гуна	*Аханкаралардын аракетинин натыйжасы*
Раджас	Алгачкы эки абалда болгон аханкаралардын айлануусу үчүн зарыл болгон энергия жана алардын продуктусу (натыйжасы) жаралат
Саттва	Таануунун беш органы пайда болот: угуу, сезүү, көрүү, даам, жыт билүү; Аракеттин же кыймылдын беш органы: Ооздо, колдордо, буттарда, ануста жана жыныс органдарында. Алар сөз, кармоо, кыймылдоо, тазалоо жана жаратуу функцияларын аткарат; таануу жана кыймыл органы болгон манас (акыл)
Тамас	Үндүн, сезүүнүн, өң-түстүн, даамдын жана жыттын потенциялары болгон беш назик элементтер жаралат Ушул беш назик элементтерден 5 буюм элементтери пайда болот: эфир (акаша), аба, от, суу жана жер

*Бошонуу.*Өзүнчө алганда адамдык «Мен» эркин жана өлбөс. Бирок билимсиздик жана наадандык таасиринде ал өзүн дене, сезимдер, акыл (манас) менен аралаштырат. Ошондуктан, мисалы: биздин денебиз азаптанганда, биздин «Менге» ошол өзү азаптангандай сезилет. Качан биздин «Мен» «Мен эместен» өзүнүн өзгөчөлүгүн сезгенде (башкача айтканда денени, сезимдерди жана манасты (акылды)), ал дүйнөнүн окуяларынын сезимсиз байкоочусу болуп, бошонуу абалына жетет. Бирок жөн гана бул чындыкты түшүнүү гана жетиштүү эмес, ал үчүн тарбиялануунун жана болмуштун жана биздин “Мендин”маңызы жөнүндө үзгүлтүксүз ой-толгоолорду жүргүзүүнүн узак жолун өтүү зарыл.

Бошонууга биз ушул дүйнөдө жашап туруп эле жетише алабыз - жашоодо же дене өлгөндөн кийин-тигил дүйнөдө.

Кудайга болгон мамиле. Төмөндөгү аргументтерди келтирүү менен санкхья философиясы Кудайга болгон ишенимди четке кагат. Биринчиден, Кудайдын жашоосу далилсиз. Экинчиден, Кудай менен байланышпай эле дүйнөнүн жаралышын жана жашап жатканын түшүндүрө алабыз. Санкхьянын кээ бир өкүлдөрү Кудайдын бар экенин таанышат, бирок дүйнөнү жаратуучу катары эмес, сезимсиз байкоочу катары.

Йога (Yoga)

Йога термини «биригүү», «катышуу», «тартип», «терең ой-толгоо», «кабылдоо» деп которулат. Йога - байыркы Индия философиясындагы ортодоксалдуу алты мектептин бири. Йоганын негизги өзгөчөлүгү болуп физикалык дүйнөдөн бошонууга жана жогорку «Менди» (пуруши - Космикалык аң-сезимди) таанып билүүгө жетишкен рухтун өзгөчө абалына жетишүү үчүн өзгөчө ыкмалардын системасын иштеп чыгуу болуп саналат. Ушул максатка аскетизм жана медитация (терең ой-толгоо) кызмат кылат. Йоганын көп идеяларын байыркы тексттерден тапса болот: ведаларда аскеттик практиканын натыйжасында сыйкырдуу жөндөмдүүлүктөргө ээ болуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө айтылса, байыркы упанишаддарда йога практикасы жана анын курамдык бөлүктөрү жөнүндө эскерилет, ал эми Бхагавадгитте болсо бошонуунун 3 жолу (карма-йога, джняна-йога жана бхакти-йога) айтылат.

Классикалык йоганын негиздөөчүсү болуп биздин эрага чейинки II-к. жашаган улуу акылман Патанджали эсептелет.

Негизги эмгектери. Патанджали. «Йога-сутра» («Патанджали-сутра»); Вьяса. «Йога-бхашья» (Вьяса-бхашья)-«Йога-сутрага» комментарийлер; Вачаспати. «Таттва вайшаради»-«Йога бхашьяга» комментарийлер.

Философиялык көз караштары.*Йога жана Индия философиясынын башка мектептери.* Йоганын маанисин жогорку чындыкка жетүү ыкмасы катары Индия философиясынын бардык мектептеринде - ортодоксалдуу жана ортодоксалдуу эмес мектептеринде - таанышат. Йоганы колдонуу философиянын практикалык таркалуусуна зарыл болгон дененин жана акылдын тазалануусунун жакшы жолу катары эсептешет. Мимансы жана чарвакадан тышкары, Индия философиясынын бардык агымдарында йогада иштелип чыккан ыкмалар колдонулат.

Санкхьянын таануу теориясын жана онтологиясын кабыл алуу менен йога философиялык окуу катары көп жагынан сакхья окуулары менен жуурулушкан. Мындай мааниде Йоганы санкхья теориясынын практикада колдонулушу деп эсептөөгө болот.

Бирок йога санкхьядан айырмаланып Кудайды бардык “менден” айырмаланган жогорку «Мен» катары бардыгын тааныйт.

Адамдык «Мендин» табияты. Өзүнчө алганда адамдык «Мен» таза аң-сезим болуп саналат. Бирок билбестиктен бул «мен» өзүн 3 гунадан: саттва (жыргалчылык булагы), раджас (кыймыл жана азап чегүү булагы) жана тамастан (пассивдүүлүк, көңүл коштук булагы) турган пракритинин (материянын) биринчи продуктусу болуп эсептелген читта-акыл менен теңдештирет.

Читта-акыл (пракритинин продуктусу болуу менен) өзүнөн өзү аң-сезимге ээ эмес, бирок «мен» менен бир катарда туруп, ал «менди» башкача күч менен чагылдырганда, акыл-эстүү болуп көрүнө баштайт. Читта тигил же бул рухий абалга келгенде, «мен» анда

чагылдырылат жана бул абалды өзүнүн жеке абалы катары эсептейт, б.а. «мендин» өзүн өсүп жана картайып, уйкуну, тетиктикти, кубанычты жана азапты ж.б. өзү сезип жаткандай сезилет (11-таблица).

Адамдык «Мен» сезимден, ички акылдан (манастан), эмпирикалык “менден” (аны менен кубаныч жана азап чегүү сезимдери байланышкан) турган физикалык жана назик дене менен байланышта. Физикалык жана назик дененин абалы читта-акылдагы тигил же бул гуналардын таасирин күчөтүп же алсыздандырып, ага таасир этет.

Бошонуу. Йоганын жогорку максаты бошонууга жетишүү. Патанджали бошонууга биздин «мендин» физикалык дүйнөдөн, анын ичинде биздин денени, акылды (манасты) жана эмпирикалык «менди» кошуп алганда, айырмачылыгын аңдап билүүнүн натыйжасында гана жетишүүгө мүмкүн деп эсептеген. Бул үчүн алардын функциясын чектеп же жок кылуу керек, мунун натыйжасында читта-акылдын тынчтанышы жүрөт да «мен» Кудайлашкан «Мендин» (пуруша) өздүк аң-сезимин жана ыкмасын өздөштүрүп алат. Кудайлашкан «Мен» анын мейкиндиктеги жана мезгилдеги себеп жана натыйжалуу түзүлүшү бар бардык физикалык реалдуулуктан жогоруда туруп, жамандык жана азап чегүү, өлүм жана жок болуу, талкалануудан тышкары турат.

11-таблица

Читтанын негизги беш абалы

Читта-акылдын абалы	*Жалпы мүнөздөмөсү*
Башаламан, тынчы жок	Акыл биринчи объект менен экинчи объекттин ортосунда адашат. Читта раджас жана тамас гуналарынын таасиринде болот. Сезгич объекттерге тартылат; жогорку күчкө умтулууну пайда кылат.
Начар, алсыз	Уйкудагы абал катары болот; читта тамас гунанын таасиринде болот; бул уйку абалына, жетишсиздикке, билбөөгө алып келет
Салыштырмалуу тынчтанган	Читта тамас гунанын таасиринен бошонот жана жакшы иштерди жасоочу жана таануу мүмкүнчүлүгүн түзүүчү раджас гунанын таасиринде калат
Чогулган, топтолгон, көнүл койгон	Акыл бир объектте – ой-толгоо предметинде токтоп калат, читта раджас гунанын таасиринен бошонуп, бир гана саттва гунанын таасиринин алдында калат
Токтоо	Рухий ишмердүүлүктүн бардык түрү токтоп, читта билинбеген тынч абалга же алгачкы абалында калат; бул экстаз абалы (эффективдүү эмес, элирип, өзүн-өзү унутуу даражасына жеткен абал).

Бошонууга жетүшүүнүн үч жолу бар болушу мүмкүн.

12-таблица

Бошонуу жолдору

Карма-йога	Активдүү аракеттенүү жолу
Джняна-йога	Таанып билүү жолу
Бхакти-йога	Кудайды сүйүү жолу

Читтаны гүлдөтүү жана тазалоо үчүн сегиз кошумча каражаттар колдонулат, б.а. алардын ар бирине белгилүү жүрүш-туруш эрежелери дал келет (13-таблица).

Кудурети күчтүү жөндөмдүүлүк. Йоганын жактоочулары йога менен шугулдануу адамга кудурети күчтүү жөндөмдүүлүккө жетишүүгө мүмкүндүк берет деп эсептешет: телепатия жана алдын ала көрүү жөндөмдүүлүгү, көрүнбөгөн абалда болуу

жөндөмдүүлүгү, бир эле мезгилде ар түрдүү жерде болуп калуу жана таш дубалды тешип өтүү, кандай гана жаныбар болбосун колго үйрөтүү. Бирок бул жөндөмдүүлүктөрдү өздөштүрүү йогада эч качан өздүк максатка багытталбайт.

13-таблица

Читтаны гүлдөтүү жана тазалоо үчүн сегиз жардамчы каражат

Каражат	*Негизги мазмуну*
Яма (карманuу)	1. Эч бир тирүү жандыкка жамандык келтирбөө 2. Уурулук кылбоо 3. Күчтүү сезимдерди жана сезимдик калоолорду көзөмөлдөө 4. Керексиз белектерди кабыл албоо
Нияма (маданият)	1. Сырткы тазалануу: жуунуу жолу менен денени тазалоо жана таза тамактарды гана колдонуу 2. Ички тазалануу: акылды адамдардын мүчүлүштүктөрүнө карабастан аларга жакшылык кылуу үчүн достук, сүйүү, жакшылык калоо, сергектикти тарбиялоонун жардамы менен тазалоо 3. Өзүнөн өзү, сырткы аракеттерсиз келүүчү нерселерге ыраазы болуу оң адаттары 4. Чыдоо, туруштук берүү (ачкачылыкка, ысыкка чыдоо) 5. Диний адабиятты үзгүлтүксуз окуу адаты 6. Кудай жөнүндөгү ой толгоо жана ага баш ийүү
Асаны (дененин абалы)	Ден–соолукту калыбына келтирүүгө жана сактоого, ооруларды алдын алууга, жашоо энергиясын сактоого жана нерв системаларын көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк берүүчү дененин туура абалы
Пранаяна (дем алууну көзөмөлдөө)	Акылды бир жерге чогултуу үчүн зарыл болгон дем алууну көзөмөлдөө
Пратьяхара (сезимди жок кылуу)	Сырткы объекттерден сезимдерди тазалоо жана акыл тарабынан сезимдерди көзөмөлдөө
Дхарана (көңүл буруу)	Белгилүү объектте читтаны каттоодо турган акылдын тартиби
Дхьяна (сырттан жайбаракат байкоо)	Көңүл бурулган объекттин тегерегинде жана жанында жүргөн ойлордун тең салмактуу агымы
Самадхи (чогулуу, топтолуу, көңүл коюу)	Бул даражада акыл сырттан жайбаракат байкоо объектине аябай терең киргендиктен анын формасын алып, өзүн жоготот

Кудайга болгон мамилеси. Патанджали теориялык көйгөйлөрдү кароодо аларды Кудай түшүнүгү менен байланыштырбайт. Анда Кудайга сыйынуу көбүнчө практикалык мүнөзгө ээ, себеби самадхи абалына жетүү каражаттарынын бири болуп саналат. Кийинчерээк йогада Кудай көйгөйү теориялык мүнөзгө өтөт. Анын ичинде Кудайдын бардыгын тыстыктоочу бир нече далилдер иштелип чыгат, мисалы:

- Кудайдын жогорку «Мен» катары жашоосу жана кудай жашайт деген түшүнүктөр ведаларда же башка ыйык китептерде айтылат, демек Кудай бар;
- дүйнөдө ар түрдүү даражада кандайдыр бир касиетке ээ көптөгөн ар түрдүү объекттерде, ошондой касиеттин жогорку даражасына жана ар түрдүү даражадагы кубаттуулукка ээ

болгон жандар бар. Жогорку деңгээлдеги объектинин жашоосу шарт. Демек чексиз таанууга жана абсолюттуу кубаттуу жан, б.а. Кудай болушу керек.

13-чийме

Йога жана анын Индия философиясындагы орду



2.2. Ортодоксалдуу эмес мектептер

Буддизм (Buddhism)

Буддизмдин негиздөөчүсү Сиддхартха Гаутама болуп, ал Будда деген наам алган, б.а. «билимдүү», «өнүгүп өскөн», «чындыкка жетише алган».

Өмүр таржымалы. Уламыш боюнча Гаутама б.э.ч. VI-к. жашаган. Ал падышанын (раджанын) уулу болгон, кыйынчылык билбей жыргалда жашаган, сүйгөн кызына үйлөнүп, андан уулдуу болгон. Бирок бир жолу сарайга кайтып келе жатканда болуп өткөн төрт жолугушуу бүт жашоосун түптамырынан бери өзгөрткөн. Ал оорулууну көрүп, бул дүйнөдө оору, дарттын жашоосун жана аны менен бирге азап тартуу бар экенин билген: алсыз карыны көрүп, жашоодо картаюунун бардыгын жана аны менен байланышкан азапты билген; аза күтүүнү көрүп жашоодогу өлүм жана азап, кайгыны билген. Акырында аскет-дербишке жолугуп, бардык жыргалдан баш тартуу жолу менен өзүнүн тагдырын өзгөртүүгө – өзүнүн кармасынын бийлигинен чыгууга аракеттенген адамдардын бардыгын билген. Ошентип Гаутама сарай менен үй-бүлөсүн таштап чыгып, Шакьямунинин аскет-дербишине айланган. Жети жыл токойдо жашап, жашоо жыргалынан баш тартуу толугу менен азап-тозоктон кутулууга мүмкүнчүлүк бербейт деген жыйынтыкка келүү менен бул жолдон баш тарткан. Өзүнүн акылын тынчсыздандырган ойлордон жана сезимдерден бошотуп, жердеги азап-тозоктун сырын узак ойлонуу менен көп нерселерге, Буддага айланууга жетишкен. Өмүрүнүн калган жашоосун жер кезүүгө жана өз окууларын жайылтууга арнаган.

Негизги эмгектери. Будда өлгөндөн кийин шакирттери анын азасына чогулушуп, Будданын окуусун талкуулашкан (I буддалык собор). Бул жерде анын үч шакирти сөз сүйлөп, алардын ар бири анын окуусунун ар бир бөлүгүнө токтолушкан. Кийинчерээк бул сүйлөнгөн сөздөр пальманын жалбыректарына жазылып, үч корзинага салынган. Ошондон улам будданын ыйык китептери «Трипитаки» же «Үч корзина (окуунун)» деп аталып калган.

Философиялык көз караштары. Буддизм окуусунун көңүлү борборунда адам турат. Ал эми буддизм философиясынын негизги көйгөйү жашоодогу негизги жана практикалык маселелерди радикалдуу чечүү - азап-тозоктон кутулуу, бул нерсе көнүмүш жашоодон (сансарадан) нирванага кеткенде гана мүмкүн, ошондуктан дүйнө жөнүндөгү салттуу философиялык суроолор (анын келип чыгышы, түзүлүшү, түбөлүктүүлүгү ж.б.), Будданын көңүлүнөн сырткары калган: дүйнө (сансара) дал ошол андан суурулуп чыгуу зарыл болгон нерсе.

Ортодоксалдуу Индия философиясында адам - түбөлүк рух менен костюм катары алмаштырыла турган дененин биримдиги деп эсептелинген. Будда мындай ойду кабыл алган эмес. Анын окуусу боюнча, адам – элементттердин беш тайпасынан – дхармалардан турат, алар, өз кезегинде бардык дене жана психикалык көрүнүштөрдү жаратышат. Бул дхармалар: 1) дене формасын; 2) сезүүнү; 3) түшүнүктөрдү, таанып-билүүлөрдү; 4) кармалык издерди; 5) аң-сезимди жаратышат. Буддизмдеги дхармаларды кандайдыр бир өз алдынча «рухий атом» деп талкуулоого болбойт. Анткени алар өзүнчө турганда мааниге ээ эмес, алар башкалар менен бир агымда, айкашканда гана мааниге ээ. Азыр силер бул китепти окуп, аны түшүнүүгө аракет кылып жатасыңар. Демек, бул силерде дене формасынын (китеп) дхармалары, сезүү (текстти көрүү) дхармалары, аң-сезим (текстти түшүнүү) дхармалары ж.б. «аракеттенет» же «көрүнөт». Кийинки көз ирмемде силер терезеге тигилесиңер: демек дхармалардын башка тобу «таасир этет». Биздин учурдагы жашообуздун өзү бул «дхармалардын агымы» болуп эсептелет. Ушундай агымдын негизинде – анын бардык өзгөрүлүп турушунда биздин калган жашообуз (өткөндөгү жана келечектеги) өтөт. Тактап айтсак, биздин бардык жашообуз дхармалардын бирдиктүү агымынын көрүнүшү болуп саналат.

Дхарма агымындагы бардык өзгөрүүлөр хаос түрүндө эмес, ич ара көз каранды пайда болуунун белгилүү мыйзамына (кармага) баш ийүү менен жүрөт. Буддизм философиясынын теориялык пайдубалын себептүүлүк дөңгөлөгү жөнүндөгү окуулар түзөт.

Азап-тозок чынжырынын 12 звеносу

(карма тарабынан жаратылган себептүүлүк дөңгөлөгү)

1. Жашоонун азап-тозогу (төрөлүү менен шартталган).
2. Төрөлүү (жашоого болгон умтулуу менен шартталган).
3. Жашоого умтулуу (объекттерге болгон байланууcу менен шартталган).
4. Байлануу (жакын саноо ж.б.) (буюм жана каалоо, эңсөө менен шартталган).
5. Эңсөө (сезимдик кабылдоо менен шартталган (тажрыйба)).
6. Сезимдик тажрыйба (объекттер менен сезимдик тийишүү менен шартталган).
7. Сезимге тиешелүүлүк (6 тааным органы менен шартталган).
8. Таануунун алты органы (организмдин өрчүүсүнүн түйүлдүк мезгили менен шартталган (денеден жана аң-сезимден турган)
9. Түйүлдүктүн өрчүүсү (алгачкы сезимдер менен шартталган)
10. Алгачкы сезимдер (өткөн мезгилдин элестери менен шартталган)
11. Өткөн мезгилдин элестери (чындыкты билбестик менен шартталган)
12. Будда окуусун же 4 жакшылык чындыкты билбестик.



«Себептүүлүк дөңгөлөгү» бизди азап-тозоктуу дүйнөгө үзгүлтүксүз жаралып турууга мажбурлайт. Эгер биз андан суурулуп чыгууну кааласак, биринчи, эмне кылуу зарыл – адегенде Будда көзү ачылган кезде таанып билген төрт жакшы туура чындык менен таанышып (14-таблица), андан соң куткаруунун сегиз тепкичтерин сактоо керек (15-таблица).

14- таблица

Төрт туура чындык

Жакшылык чындык	*Комментарийлер*
1. Жашоо бул азап тартуу	«Төрөлүү-бул азап тартуу, оору жана өлүм-бул азап тартуу, жакыныңдан айрылуу-бул азап тартуу, сүйбөгөнгө баш кошуу -бул азап-тартуу. Дүйнөдөгү бардык көрүнүштөр-бул азап тартуу»
2.Биздин азап-тозокторубуздун себеби-бул биздин каалообуз	Азап тартуунун негизги себеби - биз кандайдыр бир нерсени дайыма каалайбыз, бирок биз каалаганга жете албайбыз.
3. Азап тартуудан кутулуу үчүн каалоодон кутулуу керек	Биз кандайдыр бир каалоодон кутулаарыбыз менен каалообуз аткарылбай калгандыгы жөнүндөгү азапка түшпөй калабыз. Өзүңөрдү «Мерседес» алгым келген жок деп ишендирсеңер, анда жашооңор бир азап тартууга азаят
Каалоодон кутулуу үчүн Будданын куткаруучу сегиз баскычтуу жолун басып өтүү керек	Өзүңдү жетиштүү жагдайдан баш тартууга жөнөкөй эле салыштыруу менен ишендирсең болот, бирок адамдын тамактануу каалоосу токтобойт. Анткени бул каалоо жашоо каалоосу менен үзүлгүс байланышта.

15-таблица

Будданын куткаруучу сегиз бскычтуу жолу

Тепкичтери	*Комментарийлер*
1. Туура көз караштар	Төрт жакшы чындыкты жана бүтүндөй эле Будда окуусун билүү
2. Туура чечкиндүүлүк	Будда окуусу менен дал келтирип өзүңдүн жашооңду түзүүгө бекем багыт алуу
3. Туура кеп	Маңызсыз сүйлөшүүлөрдөн, каардуу сөздөрдөн, каргануудан,

	жалган айтуудан карануу
4. Туура жүрүш-туруш	Ишенимсиз каалоо-тилекти канааттандыруудан, уурулуктан, тирүүлүктү жок кылуудан баш тартуу
5. Туура жашоо образы	Жашоону бир гана туура, оң жолдо камсыздоо. Кала берсе жашоо жыргалчылыгын камсыздоо үчүн терс багыттагы киреше булактарына чуркабоо
6. Туура күч-аракет	Чындыктын жолунда гана калууга дайым аракеттенүү. Эски акылсыз ойлорду жок кылып, өзүндүн акылыңды жаңылар менен толуктоо
7.Ойдун туура багытталуусу	Бардык нерселер жана адамдык дене келип кетүүчү экендигин дайыма сезүү: менин денем алигиче «Мен» эмес. Дене сөөктөрдөн, кандан жана тарамыштардан турат; ал өлөт жана чириген массага айланат. Ал жөнүндө жана кандайдыр бир жоголгон буюмдар жөнүндө кайгыруунун кереги жок
8.Туура жыйынтыктоо, топтоо (4 баскыч)	Биринчи баскыч -акылды кубанычтан, бошонуудан, таза ой-жүгүртүүлөрдөн ырахат алуусу; экинчи баскыч -кубанычты жана тынчтыкты сезүү; үчүнчү баскыч - ашыкча кебелбестик, камырабастыкденеси бардык сезимден бошонуу, мындай кебелбестикти, камырабастыкты аңдап билүү; төртүнчү баскыч – аң-сезимди кебелбестиктен жана бошонуудан тазалоо, азап-тозоксуз жана бошонуусуз ашыкча камырабаган, кошкөңүл жана өзүн өзү карануу абалы

Бул жолдун акыркы баскычына жетип, изденген адам архат (сый-урматтуу адам) болуп калат жана нирванага бара алат.

Нирвана жана сансара. Адам жашаган денеге ээ же нерселердин дүйнөсү-бул эч бир маңызсыз, балким таптакыр реалдуу эмес (кыял, азгыруу, майя-сыйкырлуу) белгисиз нерсе. Анткени адам жашоосу-бул болгону дхармалардын агымы. Бул дүйнөдө жөнүндөгү ар бир ой-пикир бизди ага ан сайын бекемирээк байлайт жана куткаруу жолунан адаштырат, ошондуктан Будданын өзү да эч качан бул дүйнөгө таандык суроого жооп берген эмес. Чыныгы реалдуулук бир гана нирвана. **Нирвана** – бул күчтүү сезимдерди жана аны менен бирге азап тозокту басуу, бул кайра төрөлүүнү токтотуу, бул сансарадан чыгуу жолу, карма бийлигинен – себептүүлүк дөңгөлөгүнөн чыгуу жолу.

Нирвана – бул жашоонун жоктугу эмес, инсандын жашоо жолу жана формасы, ал «океан сыяктуу терең; тоо чокулары сыяктуу бийик; бал сыяктуу таттуу» ж.б. Нирвананын эмне экенин чындап түшүнүү үчүн жекече тажрыйбага гана кайрылуу мүмкүн.

Буддизм эволюциясы. Буддизм философиялык этикалык окуу катары жаралган, бирок Будданын өлүмүнөн кийин дин катары таанылып, Индиянын бардык аймагына жайылган. Б.д.ч. III-к. Ашок падышачылыгынын мезгилинде (Маурья династиясынан) буддизм Байыркы Индиянын мамлекеттик дини болуп калган.

Буддизмде б.д.ч. I-к. эки негизги багытка ажыроо жүргөн: **хинаянага** жана **махаянага** (16-таблица).

16-таблица

Хинаяна жана махаяна

Багыты	Аталыштын сөзмө сөз которулушу	Окуунун максатын	Нирванага жетүү	Нирванага жетүүгө болот

		түшүнүү	мүмкүндүгү	
Хинаяна	«куткаруунун тар жолу» же «кичинекей дөңгөлөктүү араба»	жекече кутулуу	бир гана чиркөөгө кетип	өлгөндөн кийин
Махаяна	«куткаруунун кенен жолу» же «чоң дөңгөлөктүү араба»	болушунча көп сандагы адамдарды куткаруу	дүйнөдө калып гана	өлгөндөн кийин – түбөлүккө, бирок тирүү кезде – жок дегенде бир аз убакытка

Мындан сырткары махаянада нирванага кетүүгө жөндөмдүү, бирок башка тирүү жандыктарга боорукердүүлүк кылып, аларды куткаруу жолуна салуу үчүн сансарада кармалышкан жандар - бодхисаттвалар (адамдар жана кудайлар, анын ичинде буддалар) жөнүндөгү окуулар активдүү өнүгө башташкан.

Жаңы эранын башталышында буддизм Түштүк-Чыгыш Азиянын көптөгөн өлкөлөрүнө жеңиштүү жүрүш баштаган. Жаңы эранын эки миң жылдыгында ал ушул көптөгөн өлкөлөрдө расмий түрдө таанылган дин катары кабыл алынган. Негизинен хинаяна түштүк аймактарга таркалса, махаяна чыгыш аймагында жайылган.

Буддизмдин философиялык мектептери. Будданын ишин улантуучулар анын окуулары камтылган философиялык идеяларды ар түрдүү өнүктүрүштү. Сансара жана нирвана, дхармалардын табияты, физикалык жана психикалык объекттердин реалдуу же иллюзиялуу жашоосу ж.б. жөнүндөгү талаш-тартыштар өзгөчө орунду ээледи.

Эң эле чоң белгилүүлүк жана аброй махаянанын эки мектебине – Мадхьямикага жана Йогочарага жана хинаянанын эки мектебине – Саутрантикага жана Вайбхашикага таандык болгон.

14-ийме

Буддизмдин байыркы философиялык мектептери



Ушул мектептердин бардыгы I-IV-кк., б.а. Байыркы дүйнөнүн акырында жаралса да, алар кечирээк - Орто кылымдарда өнүгүшкөн, ошондуктан алардын пайдубалдык идеялары китептин II- бөлүгүндө берилди.

Жайнизм (Jainism)

Жайнизм б.э.ч. VI-V-кк. Байыркы Индияда пайда болгон жана азыркы күнгө чейин Индияда жашап келген диний-философиялык окуу. Жайнизмдин негиздөөчүсү болуп Махавира («Улуу баатыр») жана Джина («Жеңүүчү», себеби ал өзүнүн сезимдерин жеңип бошонууга жетишкен) деген ысымдарда белгилүү болгон Вардхамана (биздин эрага чейинки VI кылымда) эсептелинет.

Джайнизмдин ичинде эки негизги багыт бар: шветамбарлар («ак кийимчендер») жана дигамбарлар («аба кийимчендер», «жылаңачталган»). Алар бир түрдүү

философиялык көз-карашка биригишкен, ал эми алардын арасындагы айырма диндик практиканын кээ бир маселелериндеги ажырымдар.

Негизги эмгектери. Б.э.ч. VI-к. түзүлгөн «Шветамбарлардын канону» (Махавиранын чыгармаларын өзүнө камтыйт). Дигамбарлар бул канондун байыркы бөлүмдөрүн гана таанышат.

Философиялык көз караштары. Жайнисттер кудайдын бардыгына ишенишбейт. Алар сырткы дүйнөнүн реалдуу жашоосун жана андагы көптөгөн объекттерди таанышат. Алар үчүн эки түбөлүк баш башталма же маңыздуулук бар (жаратылбаган жана бузулбаган): жандуу – живалар (рухтар, жандар) жана жансыз – материя, мейкиндик, мезгил, эфир түрүндө кездешкен адживалар. Жандын жашоосунун эки жолу: биринчиден, алар материя менен байланышта боло алышат – бул толугу менен жетилбеген болмуш, мында жан өзүнүн потенциалдуу сапатын жоготот жана кайгыруу абалына келет; экинчиден, жан материядан кутула алат – бул бардык жагы төп келишкен болмуш, жан жыргалчылык абалына келет (нирванага же мокшага). Мындай абалга жетүү бир гана аскеттик жүрүш-туруштун жана адеп-ахлактык нормаларды сөзсүз аткаруунун эсебинен ишке ашуусу мүмкүн. Булардын ичинен эң негизгиси – жандуунун баарына кичинекей да болсо жамандык жасабоо.

Ошого жараша дүйнөнү таануунун эки түрү: материя менен байланышта болгон жандарга туура келген кыйыр таануу жана бошонгон жандар үчүн интуитивдик тике таануу мүмкүн.

Башка философиялык мектептерге болгон мамиле. Реалдуулук көп образдуу, ал жөнүндөгү ар кандай ой толгоолор ошол ой-толгоолор жасалган белгилүү шарттарда пайда болгон. Демек, бардык ой-толгоолор чектелүү жана ар кимдин өзүнчө көз карашында тигил же бул реалдуулукту ар түрдүү бекитүү адилеттүү болушу мүмкүн. Мындан - жайнисттердин бардык философиялык окууларга болгон урматын көрүүгө болот.

Чарвака (Carvaka)

Чарвака терминин «материалист» термининин синоними деп санооого да болот. «Чарвака» сөзүнүн келип чыгуусу ачык эмес жана ошондуктан көптөгөн варианттарга ээ: биринчиден, «Чарвака» материализмдин идеяларын жайылткан алгачкы акылман философтун аты, экинчиден термин «чару» - «жагымдуу», «жеткиликтүү» жана «вак» - «сөз» дегенден келип чыккан, үчүнчүдөн «чарв» - «бар, чайна» деген мааниге ээ болуп, материалисттердин «же, ич, көңүл ач» деген урааны менен байланыштырылат. Бир катар индиялык авторлор чарвака окуусунун негиздөөчүсү катары Брихаспатини эсептешет, анткени аны козголоңчул веда гимндерин жана Махабхаратадагы жана башка эпикалык поэмалардагы материалисттик маанидеги сөздөрдү жараткан дешет.

Чарвака Байыркы Индия философиясынын бирден бир материлисттик багыттагы мектеби. Өнүгүүнүн алгачкы этабында бул окуу «локаята» («лока» – «бул дүйнө») деп аталып, б.э.ч. I-миң жылдыктын орто ченинде пайда болгон.

Негизги эмгектери. Бир нече гана үзүндүлөрү сакталып калган.

Философиялык көз караштары.*Таануу теориясы.* Таануунун ишенимдүү булагы болуп бир гана түздөн-түз сезимдик кабылдоо саналат, ал эми таануунун башка бардык кыйыр булактары (жыйынтык, башкалардын көрсөтмөсү ж.б.) ишеничсиз, көбүнчө

адашууга алып келет. Сезимдик кабылдоонун негизиндеги биздин тажрыйба бир гана дүйнөнүн - материалдык жана денелүү дүйнөнүн бардыгы жөнүндө кабар берет.

Кудайды (же кудайларды) сезүү органдарынын жардамы менен кабылдоого болбойт, ошондуктан анын бардыгы жөнүндө сүйлөгөнгө бизде эч кандай негиз жок.

Онтология. Бардык материалдык объекттер төрт элементтен: аба, от, суу жана жерден турат (Индия философиясынын көптөгөн мектептери бешинчи элементтин – эфирдин (акаша) бар экендигине ынанышса, бирок чарвака багытындагылар анын (эфирдин) жашоосун четке кагышат, анткени ал түздөн-түз кабылданбастан, логикалык жыйынтыктын жолу менен гана жетишилет дешет).

Дүйнөдөгү жашаган бардык объекттер (жандуу жана жансыздын баары), өз алдынча ушул элементтердин ар түрдүү комбинациясы болуп саналат. Эч кандай материалдуу эместер жок, анын ичинде руханийлер дагы. Материалдуу эмес рухту кабылдоого болбойт. Адамдар рух деп адашып атагандар, чынында, аң-сезимдүү тело. Мындай тастыктоолорду негиздөөнү биз өзүбүздүн күнүмдүк жашообуздан кездештиребиз, анда биз «Мен арыкмын», «Мен көрмүн» деп тез тез айтып турабыз. Эгер биздин «мен» денеден принципиалдуу айырмаланганда, мындай ой-пикирдер маанисиз болуп калмак.

Адамдык аң сезим материянын продуктусу болуп саналат. Өзүнчө алганда материянын элементтери (аба, от ж.б.) өз алдынча аң сезимге ээ эмес жана ушул элементтерден турган көптөгөн объекттер да аң сезимсиз. Бирок курамдык бөлүктөрү жок айрым алынган касиеттерден ушул курамдык касиеттерден пайда болгон объекттин көптөгөн мисалын келтирсек болот. Мисалы: бир эле мезгилде бетел, жаңгак жана акиташты аралаштырсак, кызыл түстөгү масса пайла болот, ал эми өзүнчө караганда бетелде да, жаңгакта да, акиташта да мындай түс жок. Салыштырмалуу адамдын денесинде деле ушундай: белгилүү жолдор менен жансыз эле элементтерден турган адамдык денеде аң сезим пайда болот. Ал денеден сырткары же денесиз жашабайт, ошондуктан өлгөндөн кийин аң сезим жоголот жана азап-тозокту же жыргалды сезүүчү эч нерсе калбайт.

Мындан, наркы дүйнөдө жыргалчылык түзүү эсеби менен кандайдыр бир диний ырым-жырымдарды аткаруу маанисиз. Өздөрүнүн жашоосу үчүн акча табуу үчүн адамдардын ишенчээктигинен пайдаланган ведаларга жана жрецтерге ишенүүгө болбойт.

Этика. Аң сезимдүү адам жердеги жашоодон болушунча көбүрөөк жыргалды, азыраак кайгы-капаны алууга умтулушу керек. Ошондуктан жакшы жүрүш-туруш деп жашоодон жыргалчылык алууга багытталган кылык-жоруктар, ал эми жаман жүрүш-туруш - азап тозокко алып келген кылык-жоруктар деп эсептелинет.

Жыргал алуу үчүн негизги каражат катары байлык эсептелет, ошондуктан баюуга умтулуу керек. Бирок мында байлык максат эмес, ал болгону каражат экендигин эстен чыгарбоо керек.

Чарвака мектебинин көптөгөн өкүлдөрү жыргалчылыкты алуунун негизгилери одоно сезимдик канаттанууну (ичүүнү, жегенди, жыныстык катнаштарды, жыргал жашоону ж.б.) эсептешсе, башкалары жакшы ырахат алууларды, мисалы искусствodон алынган, жакташкан.

2-БӨЛҮМ
БАЙЫРКЫ (ГРЕК-РИМ) ФИЛОСОФИЯСЫ

3-БАП

БАЙЫРКЫ ФИЛОСОФИЯНЫН ЭРТЕ ДООРУ

Байыркы Грециядагы философия б.э.ч. VI-V-Кк. жаралган. Башка өлкөлөр сыяктуу эле ал мифологиянын негизинде пайда болуп, аны менен узакка чейин байланышын сактаган (17-таблица).

17-таблица

Байыркы философиянын пайда болушу

Баскычтары	*Мезгили*	*Мазмуну*
Мифология	Б.э.ч. XVIII–IX-кк.	Олимп дооруна чейинки жана Олимп доорундагы мифтер
Философияга чейинки	Б.э.ч. IX–VII-кк.	Гомердин, Гесиоддун, орфиктердин, жети легендарлуу акылмандардын учкул сөздөрү (гномдордун)
Философия	Б.э.ч. VI-к.	Фалестин окуусунан баштап

Байыркы философиясынын тарыхын төмөндөгү дооорлорго бөлүүгө болот (18-таблица).

18-таблица

Байыркы философиянын өнүгүүсүндөгү негизги этаптар

Этаптары	*Мезгили*
Грек философиясындагы эрте доор	Б.э.ч. VII- V-к. ортосуна чейин
Грек философиясындагы классикалык доор	Б.э.ч. V-к. экинчи жарымы - IV-к. башталышынан биздин заманга чейин
Грек философиясындагы эллиндик доор	Б.э.ч. IV-к. экинчи жарымынан биздин эранын 529-жылдары

Жогоруда сөз кылгандай, Байыркы Греция философиясы мифологиянын негизинде жаралып, аны менен байланышты узакка сактаган. Байыркы философиясынын узакка созулган тарыхынын баарында мифологиядан алынган терминология белгилүү даражада сакталып калган. Ошентип ар түрдүү жаратылыштык жана социалдык күчтөрдү атоо үчүн кудайлардын ысымдары колдонулган: сүйүү Эрос же Афродита ысымдары (жер же асман) менен, акылмандык Афина ысымы менен, космикалык тартипти колдоо Эриниялардын – өч алуу кудайларынын ысымы менен ж.б. байланышкан.

Демек, философия менен мифологиянын өзгөчө тыгыз байланышы философиянын өнүгүшүнүн эрте дооруна туура келетгендиги табигый көрүнүш. Жашоонун бардык

негизин түзгөн төрт негизги стихия жөнүндөгү элестер (суу, аба, от, жер), аалам (космос) жана хаос идеялары (тартип), (аралашуу), ааламдын (космостун) түзүлүшү жана башка маселелер мифологиядан алынган.

Эрте доордун көптөгөн философтору болмуштун алгачкы негизи катары бир же бир нече стихияны эсептешкен, бирок алгачкы негиз стихиясы көбүнчө жандуу көрүнүш катары саналып (мисалы Фалестин Суусу), ал эми кээ бири акыл-эстүү (мисалы Гераклиттеги От-Логос) деп эсептелген. Бирок стихиялардан башка алгачкы негиз сапатында ар түрдүү маңызга ээ башка негиздер да сунушталган (19-чийме).

Көпчүлүк грек акылмандарын «стихиялык же бей-аң (аңкоо) материалисттер» деп атоого болот, себеби алар маңыз катары тандап алышкан алгачкы башталыштын (стихия, атомдор, гомеомериялар ж.б.) материалдык табияты болгон. Бирок ошол эле мезгилде «бейаң ((аңкоо) идеалисттер» деген аталышка ээ философтордун да болгондугу белгилүү. Алар боюнча дүйнөдөгү болмуштун алгачкы негизин кандайдыр бир идеалдуу маңыз же күч (Пифагордогу сан, Анаксагордун Дүйнөлүк акыл (Нус), Эмпедоклдун Сүйүү жана Душмандык ж.б.) түзөт.

Жалпы эле эрте доор үчүн натурфилософия (жаратылыш философиясы) жана космоцентризм мүнөздүү, б.а. философиядагы борбордук көйгөйлөрдүн бири Космос (аалам), анын түзүлүшү (космология) жана келип чыгышы (космогония) жөнүндөгү маселе болуп эсептелинет. Космостун (ааламдын) келип чыгышы жөнүндөгү маселе түздөн түз болмуштун алгачкы негизи жөнүндөгү көз караштар менен тыгыз байланышта.

Эрте доорго таандык философтордун эмгектеринен бир дагы эмгек толук бойдон саталып, азыркы күнгө чейин жеткен жок. Болгону кечки байыркы доордогу авторлордун эмгектеринин кээ бир үзүндүлөрү цитаталар түрүндө гана сакталып калган.

Гректердин колониясы көп болгон Кичи Азия областынын Иония аймагында алгачкы грек философиясы жаралган жана өнүккөн. Иониянын Батыш жана Чыгыш соода жолдорунун кесилишинде жайгашуусу Иония гректеринин көптөгөн Чыгыш окмуштуулары менен таанышуусуна өзгөчө шарт түзгөн. Ионияны перстердин басып алуусунан кийин бул жердеги философиянын өнүгүшү токтоп, көпчүлүк гректер жана алдыңкы ой-пикирдеги адамдар Жерортолук деңизинин батыш райондоруна кетүүгө аргасыз болушкан.

Философиянын өнүгүшүнүн экинчи географиялык борбору болуп курамына гректердин к сандагы шаар-полистери жайгашкан Сицилия аралы, Түштүк Италиянын райондору кирген Улуу Греция эсептелген. Азыркы мезгилде эрте доордогу бардык философторду көбүнчө Сократка чейинкилер деп атап келишет, б.а. Сократтан – кийинки классикалык периоддун биринчи ири философу – мурдагылар деп аташат. Бирок сөздүн туура маанисинде Сократка чейинкилер деп адатта б.э.ч. VI-V-кк. чейинки иониялык жана италиялык философияга тиешелүү философторду, ошондой эле б.э.ч. IV-к. «сократтык салтка» аралашпаган алардын жакынкы улантуучуларын атоо кабыл алынган (15-чийме).

3.1. Милет мектеби (Miletus Philosophy)

Байыркы Грециядагы биринчи философиялык мектеп - Милет мектеби (19-таблица). Милет - Батыш менен Чыгыштын ортосундагы жолдорунун кесилишинде жайгашкан Иониядагы шаар (Кичи Азиянын батыш району).

15-чийме

Байыркы философиянын эрте доору: мектептеринин классификациясы



16-чийме

Байыркы философиянын эрте доору:хронологиялык алкагы



19-таблица

Милет мектеби

Ысым	*Жашаган жылдары*
Фалес	Б.э.ч. 625-547-жж.
Анаксимандр	Б.э.ч. 610-546-жж.
Анаксимен	Б.э.ч. 588-525-жж.
Шакирттери	Милет перстер тарабынан талкаланган мезгилде, б.э.ч. 496-ж. чейинки мезгил

Фалес (Thales)

Өмүр таржымалдары. Фалести (б.э.ч. 625-547-жж.) - көптөгөн авторлор Байыркы Грециянын биринчи философу деп аташкан акылман-философ. Чынында ал көпөс болгон, жаш кезинде көп саякаттаган, Египетте, Вавилондо, Финикияда болгон жана бул жерлерде көп тармактар боюнча билим чогулткан. Биринчилерден болуп Грецияда күндүн толук тутулуусун (Ионияга) айткан, 30 күндөн бөлүнгөн 12 ай, 365 күндөн турган календарды киргизген, калган 5 күндү жылдын акырына койгон (ушундай эле календарь Египетте болгон). Ал математик (Фалестин теоремасын далилдеген), физик, инженер болгон; Милеттин саясий жашоосуна катышкан. «Өзүңдү таанып бил» деген белгилүү санат сөз дал ушул Фалеске таандык.

Аристотель Фалестин кантип байып кеткени жөнүндө кызыктуу уламыш айтып берген. Саякаттап жүрүп Фалес бардык мүлкүн коротот жана жердештери аны кедей, философия менен алектенүү ага киреше алып келбейт дешкен. Ошондо Фалес акылман дайыма байып кетиши мүмкүн экендигин далилдөөнү чечет. Ага белгилүү болгон астрологиялык изилдөөлөр боюнча ал ушул жылы зайтундун түшүмү мол болушун билип, Милет шаарынын жакасындагы бардык май чыгаруу жайларын ижарага алат, анын кожоюндарына көп эмес күрөө акысын берет. Качан гана түшүм жыйналганда, май чыгаруучу жайга алып келишет, ал эми Фалес, келечектеги монополист, иш акысын жогорулатуу менен дароо эле байып кеткен.

Негизги эмгектери. «Башталма жөнүндө», «Күндүн тутулушу жөнүндө», «Бирдей кыймыл жөнүндө», «Деңиз астрологиясы»-бир дагы эмгеги сакталган эмес.

Философиялык көз караштары.*Башбашталма.* Фалес стихиялуу материалист болгон жана болмуштун алгачкы негизи катары **сууну** эсептеген. Суу - аң-сезимдүү жана «кудайлашкан». Дүйнө кудайлар менен толгон, бардык жашоочулар жандуу болуп эсептелет; Дал ошол кудайлар менен рухтар – кыймылдын жана денеңин өзүнөн өзү кыймылдашынын булактары, мисалы: магнит темирди тартуу күчүнө ээ болгондуктан, ал рухка да ээ.

Космология жана космогония. Баары суудан жаралган, андан баары башталат жана ага баары кайтып келишет. Жер тегиз жана сууда калкып турат. Күн жана асман телолору суунун буулануышынан азыктанышат. Космостун (ааламдын) Кудайы болуп акыл-эс (логос) - Зевстин баласы эсептелет.

Анаксимандр (Anaximander)

Өмүр таржымалдары. Анаксимандр (б.э.ч. 610-546-жж.)-байыркы грек акылманы, Фалестин окуучусу. Көптөгөн авторлор Фалести эмес Анаксимандрдын өзүн Байыркы Грециянын биринчи философу деп аташкан. Анаксимандр күн саатын (гномон) ойлоп тапкан, Грецияда биринчилерден болуп географиялык картаны түзгөн жана асман сферасынын моделин (глобусту) жасаган, математика менен алектенген жана геометриянын жалпы очеркин жазган.

Негизги эмгектери. «Жаратылыш жөнүндө», «Жердин картасы», «Глобус»- бир дагы эмгеги сакталган эмес.

Философиялык көз караштары.*Башбашталма.* Анаксимандр дүйнөнүн алгачкы негизи катары апейронду эсептеген, ал түбөлүктүү (карылыкты билбейт), белгисиз жана чексиз материалдык башталма.

Космогония жана космология. Апейрондон эки жуп карама-каршылыктар бөлүнүп чыгат: ысык, муздак жана нымдуу, кургак; алардын комбинациясынан төрт негизги стихия: Аба, Суу, От, Жер жаралат, алардан дүйнөдөгү бардык нерселер пайда болот (17-чийме).

Эң оор стихия – Жер – бийиктиги негизинин үчтөн бирине барабар болгон цилиндрди пайда кылып, борбордо турат. Анын жогору жагында бир топ жеңилирээк стихия – Суу, андан ары – Аба жайгашкан. Жер дүйнөнүн борборунан орун алган жана абада калкып турат.

17-чийме

Анаксимандрдын космогониясы



От абадагы аралыктар менен бөлүнгөн үч сфераны пайда кылган. Айлана тегерегиндеги күчтөрдүн басымы жана үзгүлтүксүз кыймылдоосу оттук сфераларды бузду жана анын бөлүкчөлөрү айлана, тегерек формаларын түзүштү. Ошентип Күн, Ай, жылдыздар (18-чийме) калыптанды. Баарынан жерге жакыны жылдыздар, анан Ай, андан соң Күн. Мына ошентип дүйнөдөгү бардык жашоочулар бирдиктүүлүктөн (апейрондон) келип чыгат. Дүйнө кантип даралган жаралган болсо. анын жок болуусу да ошондой эле болот. Апейрондон карама-каршыларды чыгарууну Анаксимандр адилетсиздик жана жалган деп атайт. Биримдикке кайтууну чындык жана адилеттүүлүк дейт. Апейронго кайткан соң жаңы космогенез процесси башталат. Жаралуучу жана жок болуучу дүйнөлөрдүн саны чексиз.

18-чийме

Анаксимандрдын космологиясы



Жашоонун жана адамдын келип чыгышы. Тирүүлүк асман отунун таасиринде саздагы ылайдан – деңиз менен кургактыктын чегинде жаралган. Алгачкы тирүү жандыктар сууда жашашкан, андан соң алардын кээ бирлери өзүнүн сырткы кабырчыктарын таштоо менен кургакчылыкка чыгышкан. Адам өсүп жетилген курагына чейин алп балыктардын ичинде жаралып, өнүккөн. Андан соң алгачкы адам кургакчылыкка чыккан.

Анаксимен (Anaxsimenes)

Өмүр таржымалдары. Анаксимен (б.э.ч. 588-525-жж.) – байыркы грек философу, Анаксимандрдын окуучусу. Метерология, физика, астрономия менен алектенген.

Негизги эмгектери. «Жаратылыш жөнүндө» - эмгек сакталган эмес.

Философиялык көз-караштары.*Башбашталма.* Анаксимен Фалес жана Анаксимандр сыяктуу стихиялуу материалист болгон. Ал Анаксимандрдын апейрону сыяктуу абстрактуумаңызды баш башталма катары кабыл ала албаган, бардык жандыктын алгачкы баш башталмасы катары – Абаны тандаган – төрт стихиянын ичиненэң эле белгисизин жана сапатсызын.

Космология жана космогония. Анаксимендин ою боюнча бардыгы абадан пайда болгон. Ал бардык жашап өткөн, жашап жаткан жана жашай турган бардык жаралуунун булагы анын ичинде кудайдын жана кудайлашкандардын дагы, калгандары болсо (нерселер) абадан пайда болгондордон (анын окуусу боюнча) жаралышат. Аба билинбегени менен өзүнүн дайымкы калыбында баарына бирдей бөлүнгөн. Ысык, мыздак, нымдуулук жана кыймылдын таасиринде ал билине баштайт. Бардык болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн булагы болуп абанын кыймылы эсептелет. Мында негизгиси болуп анын суук жана ысык абалы саналат. Аба ысыган соң от – андан – эфир пайда болот. Муздаганда шамал, булут суу, жер, таштар (19-чиймеде).

19-чийме

Анаксимендин космогониясы

Коюлануу ⟶
Суюлуу ⟵

Анаксимен Күн, Ай, жылдызды бул оттон пайда болгон жаркырак, ал эми бул отту Жерден көтөрүлгөн нымдуулуктан пайда болду деп эсептейт. Башка булактар боюнча ал Күн, Ай жана жалдыздарды тез кыймылдан жарылып кеткен таштар деп тастыктаган.

Жер жана бардык асман телолору жалпак жана асманда калкып турушат. Жер кыймылсыз, ал эми жарык абанын катуу бороону менен кыймылдашат. Анаксимен Анаксимандрдын асман телолорунун жайгашуусу жөнүндөгү туура эмес элестетүүлөрүн оңдогон: Жерге жакын Ай турат, андан кийин - Күн, андан алысыраак - жылдыздар деген.

Жан, рух жөнүндөгү окуулар. Чексиз аба бир гана дененин алгачкы негизи эмес, жандын да башбашталмасы. Ошентип жан аба сымал, демек материалдуу дагы.

Кудайлар жөнүндөгү окуу. Анаксимендин пикири боюнча абаны кудайлар жараткан эмес, кудайлардын өздөрү абадан жаралган.

3.2. Эфес мектеби

Гераклит (Herakleitus)

Өмүр таржымалдары. Гераклит (б.э.ч. 544-480-жж.) – байыркы грек акылманы. Эфес шаарында төрөлүп ошол жерде жашагандыктан аны көбүнчө Эфестик Гераклит деп аташат. Падышалык ак сөөктөр тукумунан болгондугуна карабастан, ал дайыма кедей жана жалгыз жашаган. Гераклит (анын айткандары түшүнүксүз болгондуктан) Караңгы жана Ыйлап турган (адамдын баары жагы төп келишпегендигинен көбүнчө кайгыргандыктан) деген аталыштарды алып жүргөн. Гераклит - стихиялуу материалист жана диалектиканын негиздөөчүсү.

Негизги эмгектери. «Жаратылыш жөнүндө» - 130-дай гана үзүндүлөрү сакталып калган.

Философиялык көз караштары.*Башбашталма.* Гераклит бардык жандуунун алгачкы негизги катары Отту эсептеген. Ал материалдуу, түбөлүктүү жана жандуу (гилозоизм), андан сырткары – ал акыл-эстүү, ага Логос таандык. От эч ким тарабынан жаратылган эмес, бирок ал чеги менен жалындап жана чеги менен өчүп, дүйнөлүк мыйзамга баш ийет.

Диалектика. Дүйнөнүн принципиалдуу өзгөчөлүгү бул – бир калыпта турбоосу: «баары агат», «эки жолу бир гана дарыяга кирүү мүмкүн эмес». Мында Гераклит «чыныгы болмушту» түбөлүктүү жана өзгөрбөс деп эсептеген көпчүлүк байыркы философторго (Пифагорчулар, элеаттар ж.б.) каршы чыккан. Гераклиттин боюнча кирген маңыздуу өзгөрүү – бул өзүнүн карама-каршысына өзгөрүү (муздак ысыйт, ыссык муздайт). Карама-каршылыктар биримдүүлүктө жана түбөлүк күрөштө бар («күрөш - бул баарынын атасы жана баарынын үстүнөн падыша»).

Космология жана космогония. Дүйнөдө бардын нерсе оттон пайда болот жана бул оттун «төмөнгө болгон жол» жана оттун «жетишсиздиги» (20-чийме). Гераклиттин ою

боюнча космос түбөлүктүү эмес, «төмөнгө болгон жол» «жогоруга болгон жол» менен алмашат, ошондо бир эле учурда дүйнөлүк сот болгон (себеби от жандуу жана акыл-эстүү) дүйнөлүк өрттө бүтүндөй аалам күйүп кетет.

Гераклитте космогенезди (космостун пайда болу процесси) сүрөттөөнүн үч варианты белгилүү.

20-чийме

Гераклит: космогония

Климент Александрийский боюнча (III-к.)



Плутарх боюнча (I – II-кк.)



Марк Аврелий боюнча (II- к.)



Жан, рух жөнүндө окуу. Адамдардын жаны – от менен нымдуулуктун айкашы. Жандар суудан бууланган «нымдуулуктан» пайда болушат жана тескерисинче «суу жаралганда – жан өлөт». Жанда канчалык от көп болсо , ошончолук ага жакшы; адамдык аң- сезим - бул От (Логос).

Гносеология. Сезимдер, өзгөчө көрүү жана угуу, тааануу процессинде пайдалуу, бирок жогорку максат Логосту таанып билүүдө турат. Баардык адамдар акыл-эстүү болсо да, аны баары эле таанып биле албайт. Көпчүлүк адамдар мал сыяктуу тойгон, Логоско жетүүгө аракет да кылышпайт. Логоско жетишүүгө көп нерсени билүү, Гомер жана Гесиот сыяктуу устаттарга ишенүү тоскоол болот. Аз сандагы кишилер гана Логоско жетишип жана ага ылайыктуу жашашат.

Окуунун тагдыры. Гераклиттин Логос–От жөнүндөгү идеялары көп тараптан стоиктердин окууларынын негизин түздү. Диалектикалык идеялары өзүнө Кайра жаралуу доорунан тартып олуттуу маанаиге ээ боло баштады, андан соң Гегель жана марксизм философиясында колдонулуп, өнүгүүгө жетишти.

3.3. Пифагорчулук

Пифагорчулук – негиздөөчүсү Пифагор болуп саналган философиялык агым, андан кийинки өнүгүүсү пифагорчулук союзунун ишмердүүлүгү менен байланышкан. Байыркы грек философиясынын алгачкы өнүгүү доорунда пайда болгон бул агым байыркы доордун акырына чейин жашаган.

Пифагор (Pythagoras)

Өмүр таржымалдары. Пифагор (б.д.ч. 580-500–ж.ж.) – байыркы грек философу. Самос аралында (Ионияда) төрөлгөн, көп убакыт Египет жана Вавилондо жашаган, кээ бир маалыматтарга караганда Индияда болгон, андан соң Улуу Грециянын Кротон шаарына көчүп кеткен, ошол жерде өзүнүн мектебин – Пифагор союзун, илимий-философиялык жана саясий бирикмени негиздеген. Пифагорго «пифагордун теоремасынын» далилдөө жана математиканы эмпирикалык илимден теоретикалык илимге айландыруу тиешелүү, ошондой эле астрономиянын өнүгүүсүнө да өз салымын кошкон.

Эллинизм доорунан бизге Пифагор жөнүндө бир катар уламыштар жеткен, мисалы анын бели алтын экени, аны бир эле убакытта эки башка калаада көргөндөрү жөнүндө, ал тургай мурдагы жолу төрөлгөндөрү анын эсинде экендиги жана ал жерде Гермес кудайынын уулунун түрүндө биринчи пайда болгон экендиги айтылып келген.

Негизги эмгектери. Аталыштары да сакталып калган эмес.

Философиялык көз караштары.*Алгачкы баш башталма.* Пифагорду Байыркы Грециянын алгачкы идеалисти деп эсептесе болот, себеби болмуштун алгачкы башталмасы деп ал идеалдуу маңызды – сандарды (бүтүн натуралдуу сандарды) эсептеген. Сандардын ортосундагы пропорциялар дүйнөлүк гармонияны түзөт. Пифагордун ушул ойго кантип келгендиги жөнүндө уламыш сакталып калган. Бир күнү ал темир устакананын жанынан өтүп бара жатып, бирдей эмес салмакка ээ болгон барскандар (сомдогучтар) чыңоочко урулуп ар түрдүү деңгээлдеги үн чынарып жатышканын байкайт. Бул көз карандылык сандар менен чагылдырылса болот, демек «сандар нерселерге ээ» десек болот.

Сандар геометриялык фигуралар менен байланышта (үч - үч бурчтук менен, төрт - төрт бурчтук менен ж.б.). Бардык материалдык телолор турган беш стихия да сандар менен байланышта. Ошентип, Жер - кубдук форманын бөлүкчөлөрүнөн, От – тетраэддрден (төрт бурчтуу пирамидадан), Аба - октаэддрден (сегиз кырдуу), Суу -

икосаэддрден (жыйырма кырдуу) турат. Пифагордун философиясында бешинчи стихия (мифологияда болбогон) – эфир жөнүндө элес пайда болот; эфирдин бөлүкчөлөрү – додекаэддерден (он эки кырдуу) турат. Пифагор орфиктерге окшоп жандын башкага өтүүсүнө (метемпсихоз) ишенген.

Космология. Дүйнөнүн борборунда Жер (геоцентризм) турат, бардык асман телолору Жердин айланасында Эфирде кыймылдашат. Ар бир планета Эфирде кыймылдоо менен белгилүү деңгээлдеги бирдей үндү чыгарышат, биргеликте бул үндөр Пифагорго окшогон өзгөчө сейрек угууга ээ адамдар гана уга алган обонду («асман сфераларынын ыры») жаратышат.

3.4. Пифагордук союз

Пифагор тарабынан жаралган Пифагордук союз (20-таблица) илимий-философиялык мектеп жана саясий бирикме болгон. Бул жабык уюм, анын окуусу жашыруун болгон.

20-таблица

Пифагордук союз: өнүгүү доору

Доорлор	*Мезгилдери*	*Негизги өкүлдөрү*
Эрте доор	Б.д.ч. VI - IV к.к	Гиппас, Алкмеон
Орто (эллинисттик) доор	Б.д.ч. IV – I к.к	Филолай
Кечки (жаңы пифагореизм) доору	Б.д.ч. I – III к.к	Нумений

Бул союзга бир гана эркин адамдарды (аял, эркегине карабай, бирок көп жылдык текшерүүнү жана даярдоону, көп убакыт унчукпоо жагын сыноо менен) сыноодон өткөндөрдү алышкан. Пифагорчулардын мүлктөрү жалпы болгон. Жашоо образына көптөгөн талаптар, тамаш-ашта чектөөлөр жана ушуга окшогондор болгон. Пифагорчулар кара ниет сезимдерди жеңүүгө умтулушкан, достукту жогору баалашкан. Пифагорчулар көп убактыларын психотренигге, эске тутууну жана акыл жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө сарпташкан. Алардын жашоосунда маңыздуу орунду илим менен алектенүү ээлейт. Пифагорчулардын саясий көз караштары анык эмес, чынында алар аристократтык башкаруу формасынын жактоочулары болушкан. Кээ бир маалыматтар болунча алгачкы доордогу пифагорчулар Улуу Грециянын кээ бир шаарларында бийликке жетишкен. Бирок алар Кротон шаарында өздөрүнүн курултайына чогулушканда, душмандар курчап алып, аларды өрттөп ташташкан.

Көз караштары. Пифагорчулардын философиялык көз караштары ар түрдүү. Алардын көпчүлүгүнө жалпы болуп санды дүйнөнүн алгачкы негизи катары түшүнүү саналат. Көп пифагорчуларга сандардын мистикасы мүнөздүү.

Окуунун тагдыры. Жаңы платонизм аркылуу пифагорчулук платонизмге негизделген жана бардык кийинки Европа философиясына белгилүү таасир көрсөткөн. Андан тышкары, сандардын пифагордук мистикасы каббалага, натурфилософияга жана ар түрдүү мистикалык агымдарга таасир эткен.

3.5. Элей мектеби (Eleatic Philosophy)

Мектеп өзүнүн атын, көбүнчө анын ири өкүлдөрү: Ксенофан, Арменид, Зенон жашаган жана иштеген Элей шаарынан алган (21-таблица).

21-таблица

Элей мектеби

Философтор	*Жашоосунун болжолдуу мезгили*
Ксенофан	б.д.ч. 565-473 жж.
Парменид	б.д.ч. 504-501 жж., дүйнөдөн өткөн мезгили белгисиз
Зенон	б.д.ч. 490-430 жж.
Мелисс Самосский	б.д.ч. V-к.

Элеаттар биринчилерден болуп «болмуш», «болмуш эмес», «кыймыл» сыяктуу эң чекки жалпыланган философиялык түшүнүктөрүн колдонуу менен дүйнөнү рационалдуу түшүндүрүүгө аракеттенишкен. Эгер бул мезгилге чейинки философтор дүйнөгө болгон көз карашын айтуу менен гана чектелишсе, элеаттар болсо (өзгөчө Парменид жана Зенон) алгачкылардан болуп рационалдуу түрдө өзүнүн идеяларын айтып эле калбай, далилдешке аракеттенишкен. Биринчи болуп элеаттарда сезимдик жан дүйнөнү «чын эмес», «иллюзиялуу» балоо пайда болуп, ага «чын» акыл жетүүчү дүйнө карама-каршы коюлган.

Окуунун тагдыры. Элеаттардын изилдөөлөрү Платонго, Аристотелге жана бардык кийинки Европа философиясына таасир көрсөткөн, ал эми Зенондун апориясы болсо бүгүнкү күндө кызыгууну жана аны чечүүгө аракеттенүүнү ойготот.

Ксенофан (Xenophanes)

Өмүр таржымалдары. Ксенофан (б.д.ч. 565-473 ж.ж.) – байыркы грек философу. Иониядагы Колофон шаарында төрөлгөн, перстер анын мекенин басып алган соң көп убакыт тентиреп жүрүп, Улуу Грециядагы Элей шаарына орношуп, ошол жерде Элей мектебинин негиздөөчүсү болуп калат.

Негизги эмгектери. «Силлы» («Сатиралар») – бир нече ырлары гана сакталып калган.

Философиялык көз караштары. *Алгачкы башталма.* Ксенофанды стихиялуу материалист десек болот. Анда бардык маңыздын алгачкы башталмасы – **Жер**. Ал өзүнүн тамырлары менен чексиздикке узарат. Суу – жашоону жаратуудагы жердин шериги, жандар деле жерден жана суудан турат.

Космология жана космогония. Суудан булуттар пайда болот, булуттардан болсо – асмандагы жарыктар. Ай – бул тоголоктолгон булут. Күн ар күнү жаңы, ал суунун жалынга айланган буулануышынан пайда болгон учкундардын чогулуусу болуп эсептелинет.

Кудайлар жөнүндөгү окуу. Ксенофан адамдарды кудайлар жаратпайт, адамдар кудайларды өзүнүн образына жана окшоштуктарына карап (эфиоптордун кудайлары – кара, фракиялыктардын кудайлары – сары жана көк көздүү) жаратат деген ойду биринчи айткан. Гомер жана Гесиоддун кудайлары моралдык жактан бузулган жана адеп-ахлаксыз.

Чыныгы кудай денеси менен да, ойлору менен да ажалдууларга окшобошу керек. Ал баарын көрүүчү, баарын угуучу, баарын аңдоочу болуп саналат. Бул кудай – таза акыл, ал дүйнөнү өзүнүн акылынын күчү менен башкарат. Кээ бир маалыматтарга караганда

кудай жалпы бүтүн асман, башка маалыматтар боюнча - шарга жана космоско окшош: ал жалгыз, түбөлүктүү, бирбеткей жана өзгөрүлбөс. Чыныгы кудайды космос менен (болмуш менен) окшоштуруу жөнүндө пикир айткан Ксенофанды пантеисттик агымдын өкүлү катары эсептөөгө болот. Дүйнөнүн өзгөрбөстүгү жөнүндөгү бекемдөө Ксенофанды ушул терминдин акыркы маанисиде метафизиканын негиздөөчүсү катары белгилүү кылат.

Гносеология. Сезүүлөр, жалган сезимдер бизди көбүнчө алдап коет. Дүйнөнүн маңызын түшүнүү бир гана акыл–эстин жардамы менен ишке ашуусу мүмкүн. Акыл-эс дагы бизди убактысы менен алдап коюшу чындык, бирок акырындык менен адамдар чындыкка жетүүгө жакындашат.

Бирок жогорку жана абсолюттуу туура билимге бир гана кудай ээ. Адамдык таануу чектелүү, ал болгону гана субъективдүү көз караш. Бул бекемдөөлөр Ксенофанды скептикалык багыттын жактоочусу катары атоого мүмкүндүк берет.

Парменид (Parmenides)

Өмүр таржымалдары. Парменид (б.д.ч. 504-501-ж.ж. дүйнөдөн өткөн мезгили белгисиз) – байыркы грек философу. Элей шаарында (Улуу Греция) төрөлүп жана жашаган, пифагорчу Амин жана Ксенофандан окуган.

Негизги эмгектери. «Жаратылыш» жөнүндөгү поэмасынын негизги бөлүктөрү сакталып калган.

Философиялык көз караштары.*Болмуш жана болмуш эмес.* Өзүнүн окуусун Парменид Чындык кудайы (Дике) тарабынан берилген ачылыш катары көрсөтөт. Бирок, маңызы боюнча, поэмада дүйнөнү рационалдуу түшүнүп жетүү аракети жасалат. Пармениддин философиясынын негизги көйгөйү – болмуш жана болмуш эместин, болмуш жана ой-жүгүртүүнүн өз ара алакалары. Чындыкты бир гана акыл-эс аркылуу таанып билүүгө болот. Өз ойлорун айтуу менен гана чектелген философтордон айырмаланып, ал өзүнүн тезистерин биринчи кезекте болмуштун (жандуунун) бар экенин, болмуш эместин (жансыздын, боштуктун) жок экендигин далилдөөгө умтулган.

Парменид боюнча, акыл жете турган, ойлонууга мүмкүн гана нерселер булар реалдуу болгондор. Ал болмуш жана ой-жүгүртүүнүн айкалышын жар салган: «бир эле нерселер – зат жөнүндөгү ойлоо жана ойлоонун предмети». Болмуш жок, себеби аны «таанып билүүгө болбойт, сөз менен дагы айтууга мүмкүн эмес». Аны ойлонууга болбойт, себеби биз ойлоно баштасак, анда (ойдун жана анын заттарынын окшоштугунун күчүнө) жансыз болмуш эмес жандуу болмушка айлана баштайт.

Болмуш Парменид үчүн - ар кандай кыймыл жана өзгөрүү жок болгон, эч кандай боштукка жана бөлүктөргө ээ болбогон жалпы кыймылсыз шаар (Бирдиктүү). Себеби болмушту бөлүктөргө болмуш эмес гана бөлө алат, ал нерсенин өзү жок. Ушуга эле окшош бардык өзгөрүү бир нерсенин пайда болушун жана жок болушун божомолдойт. Бирок кандайдыр бир нерсе өзү жок болгон болмуш эместен гана пайда болуп, ошол болмуш эместе гана жок болот. Ушинтип, Пармениддин Гераклиттин диалектикасына каршы чыгып, метафизиканын биринчи теоретиги катары таанылат.

Өзгөрүү, кыймыл, көп түрдүүлүк Парменидде жалган, сезимдик дүйнөгө мүнөздүү болуп калат. Бирок сезимдик, иллюзиялуу дүйнө жөнүндө айтылган Пармениддин поэмасынын экинчи бөлүгү сакталып калбаган. Пармениддин чын, акыл жетүүчү жана иллюзиялуу сезимдик дүйнөнүн ортосундагы байланыш жөнүндөгү маселени кантип чечкени түшүнүксүз бойдон кала берет.

ЭлейликЗенон (Zeno of Elea)

Өмүр таржымалдары. Элейлик Зенон (б.д.ч. 490-430-ж.ж) – байыркы грек философу. Элей шаарында жашаган, Пармениддин шакирти болгон; ал баатырларча Тирания менен болгон урушта курман болгон.

Негизги эмгектери. «Талашуулар», «Философторго каршы», «Табият жөнүндө» - бир нече үзүндүлөрү сакталып калган.

Философиялык көз караштары. Бүтүндүк жөнүндөгү Пармениддин окуусун жактап, сезимдик болмуштун жана нерселердин көп түрдүү экенин четке каккан. Кыймылдын мүмкүн эместигин далилдеген апорияларды (кыйынчылыктарды) иштеп чыккан.

Зенондун апориялары. Мейкиндик өзүнүн түзүлүшү боюнча чексизге чейин бөлүнө турган (континуалдуу) же кандайдыр бир чекке чейин (дискреттүү) бөлүнө турган болушу мүмкүн, жана ошондо андан ары бөлүнө албаган майда мейкиндиктер пайда болот.

Эгер мейкиндик бир белгилүү чекке чейин бөлүнсө, анда төмөнкү апория колдонулат.

Учуп бара жаткан жебе

Учуп бара жаткандагы жебенин кыймылын карайбыз.

Жебе t убактысында мейкиндиктин белгилүү аралыгына ээ, мисалы үчтөн сегизге чейин.



Кыймыл – бул мейкиндиктеги орун которуш, демек, эгер жебе кыймылдаса, анда кийинки убакыт моментинде t^1 мейкиндиктеги башка аралыкка ээ болот – төрттөн тогузга чейин.



Мейкиндиктин ар бир аралык бөлүнбөйт, ошондуктан жебе ага ээ болот же ээ болбойт, бирок бир эле бөлүгүнө ээ боло албайт. Демек, жебе сегиз-тогуз аралыктын кандайдыр бир бөлүгүн өтө албайт, себеби бул аралык бөлүнбөйт. Анда t убактысынын учурунда жебе кыймылсыз 3-8 аралыгында, а t^1 убактысынын учурунда болсо кыймылсыз 4-9 аралыгында болот.

Жыйынтык. Эч кандай кыймыл жок, бир гана мейкиндиктин ар түрлүү аралыктарында кыймылсыз көрүнүш бар.

Эгерде мейкиндик чексиздикке чейин бөлүнсө, төмөнкү апория колдонулат.

Ахилл менен Ташбака

Башталуу шарты. Ахилл менен ташбака жолдо, бири биринен L аралыгында турушат. Алар бир эле убакта, бир эле багытты көздөй жөнөшөт (Ахилл болгон күчү менен чуркайт, ташбака болсо ташбакалык ылдамдыгы менен сойлойт).

Тезис. Ахилл эч качан Ташбакага жетпейт.

Далил. Ташбакага жетүү үчүн Ахилл кыймыл баштала электе аны Ташбакадан бөлүп турган L аралыгын чуркап өтүшү керек. Бирок ушул убакта Ташбака кандайдыр L^1 аралыгын өтүүгө үлгүрөт. Демек Ахилл эми Ташбакага жетиш үчүш биринчиден L^1 ж.б. аралыкты чуркап өтүшү керек. Бирок мейкиндик чексиздикке чейин бөлүнгөн соң, Ахилл жана Ташбаканын ортосунда аз болсо да, бирок Ахилл чуркашы керек болгон аралык кала берет.

Ахилл Ташбака

Жыйынтык. Ахилл эч качан Ташбакага жетпейт.

Ошентип мейкиндиктин чексиз бөлүнүшүнөн же мейкиндиктин бөлүнбөс аралыктарынын бар экенинен кыймылдын мүмкүн эмес экендиги жөнүндө жыйынтык чыгарсак болот.

Зенондун апориялары чын, акыл жетүүчү дүйнөдө кыймылдын мүмкүн эмес экендигин далилдөөгө кызмат кылышат, ошондуктан сезимдик, иллюзиялуу дүйнөдө кыймылдын бар экенин же тактап айтсак аны «көрүүгө мүмкүн экени» жөнүндөгү сезүү органдары тарабынан бизге билдирилген фактылар апорияларды четке какпайт.

Зенондун ой-жүгүртүүлөрүндө каталардын табылышы гана апорияны коректтүү түрдө четке кагуу деп эсептелиниши мумкүн.

3.6.Эмпедокл (Empedocles)

Өмүр таржымалдары. Эмпедокл (божомол менен б.д.ч. 490-430-жж.) – теги боюнча Акрагант (Сицилия) шаарынан болгон байыркы грек философу; пифагорчулар: Ксенофан жана Парменидин колунда окуган. Эмпедокл эпикалык акын, оратор, дарыгер, инженер жана философ катары белгилүү. Анын көп замандаштары Эмпедоклду тирүү кудай деп эсептешкен. Адамдар аны кудайлар тирүү убагында асманга алышты деп ойлошу үчүн, Эмпедокл өлүмүнүн жакындыгын сезип Этна вулканына өзүн таштаган.

Негизги эмгектери. «Тазалануулар», «Табият жөнүндө» - үзүндүлөр сакталып калган.

Философиялык көз караштары.*Алгач башталма.* Эмпедокл өзүнүн көптөгөн замандаштары катары – стихиялуу материалист. Бирок, эгер алар монист (бир стихия алгач башталма катары) болушса, эмпедокл – плюралист: анда дүйнө түзүлүшүнүн башталмасы болуп бардык төрт салттуу стихиялар эсептелинет («нерселердин төрт тамыры»). Стихиялар пассивдүү, дүйнөдө болуп жаткан бардык нерселер эки күчтүн - Сүйүүнүн жана Душмандыктын (Жек көрүүнүн) аракети менен түшүндүрүлөт. Сүйүү – бирдиктин жана жакшылыктын, Душмандык – көп түрдүүлүктүн жана жамандыктын себеби.

Космогония жана космология. Дүйнөдөгү өзгөрүүлөр – Сүйүү жана Душмандыктын түбөлүк күрөшүнүн натыйжасы, мында кээде бири, кээде башка күч жеңет. Бул өзгөрүүлөр төрт этапта өтөт (21-чийме).

Органикалык дүйнөнүн пайда болушу. Органикалык дүйнө космогенездин үчүнчү баскычында пайда болот жана төрт баскыска ээ: 1) жаныбарлардын айрым бир бөлүктөрү пайда болот; 2) кокустан жаныбарлардын айрым бир бөлүктөрү айкашып, жашоого жөндөмдүү организмдер жана жашоого жөндөмдүү жырткычтар пайда болот; 3) жашоого жөндөмдүү организмдер тирүү калышат, жашоого жөндөмсүз жырткычтар жок болушат (мында табигый тандоо жөнүндөгү ой бекитилген); 4) жаныбарлар жана адамдар көбөйүү жолу менен пайда болушат.

Гносеология. Негизги принциби – окшош нерсе окшош нерсе менен таанылат. Адам 4 стихиядан турган соң, анда сырткы дүйнөдөгү жер организминдеги жердин жардамы менен таанылат, суу – суу жана ошого окшоштордун жардамы менен. Нерселерден бөлүнгөн бөлүкчөлөр, сезүү органдарынын тешиктеринен киргенде, адамда сезүү пайда болот. Бардык 4 элементтер бирдей аралаштырылган кан кабыл алуунун негизги чөйрөсү болуп саналат.

Эмпедокл – *жандын башка денеге өтө алышы жөнүндө теориянын жактоочусу.*

Дүйнөнүн пайда болуусу 4 этапта өтөт.

Төртүнчү баскычтан соң биринчиге кайтуу жүрөт, ошентип белгисиздикке чейин.

21-чийме

Эмпедокл: космогония

3.7. Анаксагор (Anaxagoras)

Өмүр таржымалдары. Анаксагор (б.д.ч. 500-428-жж.) – теги боюнча Клазомен (Иония) шаарынан болгон байыркы грек философу, Периклдин чакыруусу менен Афинага келген, ал жерде көп убакыт жашап, иштеген. Душмандар Анаксагорду кудайга

ишенбөөчүлүктө айыпташкан; Перикл аны куткарып калган, бирок Анаксалор Ионияга кайтууга мажбур болгон.

Негизги эмгектери. «Жаратылыш жөнүндө» - үзүндүлөр сакталып калган.

Философиялык көз караштары.*Алгач башталма.* Болмуштун алгач башталмасы - бул гомеомериялар, «бардык нерселердин уруктары»; алардын ар бири белгилүү сапатка ээ болгон, майда, көрүнбөс бөлүкчөлөр болуп эсептелинет. Гомеомериялар түбөлүк жана өзгөрбөс. Анаксагордун принциби – «бардык нерсе бардык нерседе бар». Демек, бардык нерселер өзүндө гомеомериянын бардык түрүн камтыйт. Гомеомериялардан турган нерселердин касиети аларда кандай гомеомериялардын бар экендиги менен аныкталат. Ошентип отто жана темирде гомеомериянын башка түрлөрү бар болсо да отто – оттун гомеомериялары, темирде – темирдин гомеомериялары көп. Нерсенин өзгөрүүсү жана кандайдыр бир нерсеге айлануусу андагы бир гомеомериялардын башкасына алмашуусунда.

Бирок бул принцип гомеомериялардын өзүнө да таандык. Ар бир гомеомерия – бул көптөгөн майда гомеомериялар жана өзүнө бардык сапаттагы гомеомерияларды камтыйт, т.а. алтындын гомеомериясында темирдин, жездин, актыктын, суюктуктун ж.б. гомеомериясы бар. Гомеомериялар чексиз бөлүнө алат, гомеомерия канчалык майда болбосун, ал андан дагы майдараак гомеомериялардан турат.

Гомеомерия өзүнөн өзү пассивдүү. Кыймылдатуучу күч катары Анаксагор, дүйнөнү таанып билип, аны кыймылга келтирген Нус (Дүйнөлүк акыл) түшүнүгүн киргизет.

Космология жана космогония. Нус гомеомериялардын алгачкы башталмадагы аралашмасын, ысыкты – сууктан, жарыкты – караңгыдан ж.б. ажыратып, тегеректе айланууга алып келет. Борборунда бышык, нымдуу жана оор топтолуп - ошентип Жер пайда болот. Ысык, жарык, жеңил жана ошого окшоштор жогоруга умтулат – ушинтип Асман пайда болот. Жерди курчап турган эфирдин айлануусу, андан бөлүктөрдү бөлүп алат – ушинтип Күн, Ай, жылдыздар (кызыган таштар) пайда болот.

Гносеология. Бардыгы өзүнө карама каршысы менен таанып билинет: муздак ыссык менен, ширин – ачуу менен ж.б. Сезүүлөр – бул чындык эмес, гомеомериялар акыл менен гана таанып билинет.

Окуунун тагдыры. Анаксагор Демокритке жана Сократка түздөн түз таасир көрсөткөн. Анаксагордун Акыл жөнүндөгү окуусу Платон жана Аристотелдин философиясында өнүктүрүлгөн. Гомеомериялар жөнүндөгү окуу XX-к. чейин «талап кылынбаган бойдон» кала берген, бул убакта кванттык физикасы менен алектенген бир нече физиктер элементардуу бөлүкчөлөр Демокриттин атомуна эмес, Анаксагордун гомеомериясына окшош деген жыйынтыкка келишкен.

3.8. Атомизм (Atomism)

Атомизмдин негиздөөчүсү болуп Левкипп эсептелинет, бирок ал жөнүндө көп нерсе белгилүү эмес. Байыркы грек атомизми деп алды менен Демокриттин окуусу эсептелинет.

Демокрит (Demokritus)

Өмүр таржымалдары.Демокрит болжол менен б.д.ч. 460-370-жж. Жашаган. Абдера шаарында (Элладада) туулган. Ал көп саякаттаган: Египетте, Вавилондо, мүмкүн Индияда да жана Эфиопияда да болгон. Көп убакыт Афинада жашаган. Демокрит дайым адамдын жетилбегендигинен күлө бергендиги үчүн, аны Күлүүчү деп атап коюшкан.

Негизги эмгектери. Демокриттин билимдин ар түрдүү тармактар боюнча 70ке жакын дил баян жазганы белгилүү, бирок алардын бири да бизге жеткен эмес. Атомизмдин көйгөйлөрү «Чоң домострой», «Кичи домострой» ж.б. эмгектеринде чагылдырылган.

Философиялык көз караштары.*Алгач башталма.* Болмуштун алгач башталмасы болуп бөштук жана атомдор болуп эсептелинет жана алардын ичинде атомдор бар жана кыймылга ээ. Атомдор (сөзмө-сөз которгондо «бөлүнбөс») – нерсенин майда, бөлүнбөс бөлүкчөлөрү. Ар бир атом түбөлүктүү жана өзгөрбөс, атомдор жаралышпайт жана жок болушпайт. Атомдордун саны чексиз. Алар өлчөмү, формасы (шар сымал, пирамида сыңары, илгич сымал ж.б.) жана мейкиндиктеги орду менен айырмаланышат. Атомдор кыймылдуу, күн нурларында көрүнгөн чаңдар сыяктуу алар бөштукта калкышат жана «бийлешет».

Дүйнөдөгү бардык бар нерселер атомдордон жана бөштуктан турат. Нерселердин пайда болушу жана жок болушу – бул атомдордун жаралышынын жана бөлүнүшүнүн натыйжасы. Бардык нерселер убакыт өтүшү менен жок болушат, аларды түзүп турган атомдор болсо жашоосун улантышат. Төрт салттуу стихияны Демокрит алардан бардык нерселер түзүлгөн «орто баскычтар» деп эсептеген.Аба, суу жана жер ар түрдүү формадагы атомдордон турат, от болсо – бир гана шар сыяктуулардан.

Биринчи жана экинчи сапаттар жөнүндөгү окуу. Өзүнөн өзү атомдор түс, жыт, жылуулук ж.б. сапаттарга ээ эмес. Бардык сапаттар – биздин сезүү органдарыбыз тарабынан атомдорду кабыл алышыбыздын натыйжасы. Демокрит айткандай, бир адам бир нерсени таттуу деп кабыл алса, кийинки адам ачуу деп кабыл алышы мүмкүн. Мындан биринчи, т.а. объективдүү жашаган атомдордун сапаттары (форма, өлчөм, мейкиндиктеги орду) менен экинчи сапат – бул биринчи сапаттарды биздин субъективдүү кабыл алышыбыздын ортосундагы айырмачылыктарды талдоо жүргүзүү зарыл.

Космология жана космогония. Жалпысынан дүйнө – бул атомдордон турган дүйнөнүн чексиз саны болгон чексиз бөштук. Бөштукта көп атомдор болгон жерде алар бир бири менен кагылышып, андан космикалык бороон пайда кылышат. Анын борборунда оор атомдор топтолгон, жеңилирээк атомдор болсо четке чыгарылган. Ушинтип жер жана асман пайда болгон. Дүйнөлөр шар сыяктуу, жабык жана кабык менен («тери») курчалган. Биздин дүйнөнүн борбору болуп Жер эсептелинет; Күн, Ай, жылдыздар асманга таандык. Дүйнөнүн саны түгөнгүс; кээ бирлери эми пайда болду, башкалары өнүгүү абалында турат, үчүнчүлөрү – өлүп жок болушат. Биздин дүйнө гүлдөп өнүгүү абалында. Кээ бир дүйнөлөр бири-бирине окшош, башкалары ар түрдүү.

Детерминизм. Демокрит механикалык детерминизмдин негиздөөчүсү болуп эсептелинет. Дүйнөдө болуп жаткан ар бир нерсенин себеби бар (дүйнөдө болуп жаткан бардык нерсе атомдордун кыймылынын, кагылышуусунун, жармашуусунун ж.б. натыйжасы). Өзүнүн билимсиздигин жашыруу үчүн гана адамдар кокустукту ойлоп табышкан.

Жашоонун жана адамдын пайда болушу. Жандуу максатсыз жана кудайлардын аралашуусу жок эле жансыздан пайда болот. Жерден жана нымдуулуктан алгач жерде-сууда жашоочу жаныбарлар, андан соң - кургакчылыкта жашоочулар жаралган. Жашоого

жөндөмсүз жандыктар (көзү азиз жана укпаган, буту жана колу жоктор) курман болушкан, жашоого жөндөмдүүлөрү гана сакталып калышкан; алар туяк калтырышкан; бул акыркы жандыктардын арасында адам да бар .

Адамдар жана жаныбарлар укыймылдын булагы - жан; ал бардыгындай эле атомдордон турат (кыймылга ээ болгон шар сыяктуу). Дене өлгөн соң, жан урайт да жок болот.

Гносеология. Таануунун сезимдик («караңгы») жана рационалдуу (логикалык ой жүгүртүүлөрдүн негизинде) түрү болот. Дүйнөнү таанып билүүдө биздин сезимдерибиз (көрүү, угуу, жыт билүү, даам билүү жана сезүү) жардам берет. Нерселерден дайыма алардын образдары – бөлүнгөн атомдордон турган катмарлар бөлүнүп турат (агып чыгат). Ушул образдар адамдын сезүү органдарына келип түшкөндө, ал аларды кабыл алат. Ошондо окшош нерсе, окшош нерсе тарабынан кабыл алынат.

Бирок таанып билүүнүн өзүнүн чеги бар, себеби сезимдер өтө назик жана майда маңыздуулуктарды (атомго окшогондорду) таанып билүүгө жөндөмсүз. Ошондо бизге чыныгы таанып билүүгө жол ачкан акыл-эс жардамга келет.

Атомизмдин тагдыры. Демокриттин окуусу Эпикурга (Эпикур мойнуна албаган болсо да), андан кийин – рим философу Лукреций Карга да чоң таасир көрсөткөн. Бирок атомизм байыркы мезгилде популярдуу болгон эмес (ошентип стоицизм биздин доордун алгачкы кылымдарында эпикуреизмден жогору турган).

Орто кылымдар доорунда ал христиан дүйнөсүндө белгилүү болгон эмес, бирок андагы кээ бир ойлор мусулман философиясында (каламда жана сопучулукта) колдонулган.

Жаңы доордо атомизм Ньютондун физикасынын, кийинки дооорлордогу деизмдин жана материализмдин – биздин күнгө чейинки философиянын негизи болгон.

Физиканын кичи дүйнөсүнүн (кванттык механиканын) өнүгүшүнүн жардамы менен XX-к. нерсенин негизинде, андан соң бөлүнбөс бөлүкчөлөр (алардан элементардуу бөлүкчөлөр түзүлгөн, элементардуу бөлүкчөлөр же кваркалар) бар экенине күмөн саноолор пайда болду. Бирок бул маселе азыркы күндө да чечилбей келет.

4-БАП

БАЙЫРКЫ ФИЛОСОФИЯНЫН КЛАССИКАЛЫК ПЕРИОДУ

Грек философиясынын классикалык доору б.э.ч. V-к. экинчи жарымынан – б.э.ч. IV-к. башталышына чейинки убакыт үзүмүн өзүнө камтыйт (22-чийме). Бул доордогу маанилүү кубулуштарына софистика жана Байыркы Грециядагы үч улуу философтор: Сократ, Платон, Аристотелдин окуулары кирет.

22-чийме

Байыркы философиянын классикалык доору: негизги мектептери



4.1. Софистика (Sophistry)

«Софистика» жана «софистер» термини байыркы грек тилиндеги «акылмандык» деген сөздөн алынган. Сөзмө сөз которгондо «акылман, уста, билерман» дегенди билдирет.

Софистер – булар б.э.ч. V-IV-кк. биринчи жарымында жашашкан байыркы грек ойчулдарынын шарттуу аталышы. Софисттердин улуу жана кичүү муунга тиешелүү болгондугуна карата (“улуулар” жана “кичүүлөр”) бөлүштүрүү кабыл алынган.

Софисттер биринчи кезекте – акылмандыкты үйрөтүшкөндүктөрү үчүн акысын алган мугалимдер. Алар өз шакирттерин талаш-тартыштарды жана кыйынчылыктарды жеңүүгө үйрөтүшкөн. Аларды чындык эмес, каршылашты жеңип чыгуу кызыктырган. Акты ак, караны кара деп гана далилдөөгө гана жөндөмдүү болушпастан, акты кара деп, караны ак деп ынандырууга аракеттенишкендиктен, «софист» сөзү дайыма жемеде калган.

Софисттер риториканын (чечендиктин), тил жөнүндөгү илимдин өнүгүүсүндө чоң ролду ойношкон, алар тарабынан жаратылган ачылыштар логиканы иштеп чыгууда негизги стимул болгон.

Негизги эмгектери. Бизге чейин белгисиз софисттин «Эки тарткын кептер» деген гана эмгеги жеткен.

Философиялык көз караштары. Софисттер өздөрүнүн практикасын негиздөө үчүн гана философия менен алектенишкен. Алардын пикири боюнча, объективдүү дүйнөнү таанып билүүгө болбойт, б.а. агностиктер болушкан, ар биринин өзүнүн чындыгы бар жана ал шарттардан, убакыттан, аймактан (релятивизм) көз каранды деп эсептешкен. Ошондуктан жалпы баарына бир объективдүү чындык мүмкүн эмес. Объективдүү критерийлери болгон жакшылык менен жамандык да жашабайт: кимге эмне пайдалуу болсо, ал үчүн жакшы: «Оору оорулуу үчүн жаман болгону менен дарыгер үчүн жакшы. Өлүм өлүмгө кабылган адамдар үчүн жаман, ал эми ага керектүү буюмдарды саткан сатуучулар жана көр казуучулар үчүн жакшы».

Софисттер жаратылышты изилдөөгө дээрлик көңүл бурушкан эмес. Бирок алар мурда болуп көрбөгөндөй жаратылыш мыйзамдарын жана адамдын тастыктоосу менен пайда болгон коомдук мыйзамдарды биринчилерден болуп айырмалашкан.

Динге болгон мамилеси. Көптөгөн софисттер Кудайдын бар экендигине күмөн санашкан, ал эле эмес адамдар тарабынан ойлонулуп табылган деп четке кагышкан. Софистика жаратылышы боюнча догмага карама каршы багытталган, ал эми диндин баары догмалардын негизинде жаралат. Софисттер салттуу диний догмаларды бузуп жарууда негизги ролду ойношкон.

Азыркы мезгилде софизм деп логикалык жактан туура эмес ой жүгүртүүлөрдү, туура деп берилген тастыкталбаган далилдерди атайбыз. Байыркы Грецияда софизм деп талкууларды, логикалык жактан карама каршылыктары бар, б.а. парадокстарду аташкан. Тигилер да, булар да бир гана софистикада эмес, башка мектептерде да иштелип чыккан.

«Мүйүздүү» софизм

Биринчи жөнөтмө: Сен жоготпогон нерсең, сенде бар.

Экинчи жөнөтмө: Сен мүйүзүңдү жоготкон жоксуң.

Корутунду: Демек сен мүйүздүүсүң.

Негизги катачылык биринчи жөнөтмөнү чындын катары кабыл алгандыгында. (Бирок ал бир гана кимдедир ошол нерсе талаш-тартыш башталганча бар болгон болсо, чындык боло алмак).

Эватлдын софизми

Алдын ала келишүү: Эватл талаш-тартыш искусствосун Протагордон үйрөнөт, бирок өзүнүн окуусуна акыны ал биринчи жолу сот процессинде утканда ганатөлөйт.

Софизм пайда болуу мезгилиндеги абал: Эватл окуусун аяктаган, бирок акы төлөөнү каалабагандыктан, сотто катташпайт. Протагор төлөөнү талап кылат, Эватл баш тартат. Алардын ар бири өзүнүн аргументтерин алып чыгышат.

Протагордун аргументтери

Мен сени сотко берем, сот кандай чечим чыгарбасын сен мага төлөйсүң, себеби: эгер сот сен мага төлөйсүң деп чечим чыгарса, сен соттун чечими боюнча төлөйсүң; эгер сот сенин мага төлөшүң керек эмес деп чечим чыгарса, анда сен биздин келишим боюнча төлөйсүң.

Эватлдын аргументтери

Мени сотко бере бер, бирок сот кандай чечим чыгарбасын, мен сага төлөбөйм, себеби: эгер сот мени сага төлөшүм керек эмес деп чечим чыгарса, анда мен соттун чечими боюнча төлөбөймүн; эгер сот сага төлөшүм керек деп чечим чыгарса, анда мен сага биздин келишимибиз боюнча төлөбөймүн.

Кимдики туура? - Пратагордукубу же Эватлдыкыбы?
Көйгөй кайсы нерсе салмактуураак: соттун чечимиби же макулдашуубу - ушул маселенин так эместигинен келип чыккан.

4.2. Сократ (Socrates)

Өмүр таржымалдары. Жашоо мезгили - б.э.ч. 470-399-жж. Сократ Афинадан чыккан биринчи ири философ. Сократтын өзүнүн жашоосу - анын философиялык окууларынын чагылдырылышы. Сократтын атасы таш иштетүүчү скульптор болгон. Сократ дагы атасынын ишин уланткан. Апасынын кол өнөрчүлүгүн мурастап алгандыгын: апасы балдардын төрөлүүсүнө жардам берген сыяктуу ал чындыктын төрөлүүсүнө жардам бергендиги жөнүндө айтууну Сократ жакшы көргөн. Сократтын аялы – Ксантиппа - дүйнөлүк маданият тарыхына урушчаактыктын жана ажаандыктын үлгүсү катары кирген.

Афина жана Спартанын ортосундагы согушка Сократ чын дили менен катышкан, ал эми тынчтык мезгилде атуулдук милдетин ар-намыстуулук менен аткарган. Жашоо образы жөнөкөй жана талапка ылайыксыз болуп, убактысынын көбүн шакиттери менен аңгемелешүүгө бөлгөн, ал эми софисттерден айырмаланып акы алган эмес.

70 жан курагында абийирсиз жана жаштарды бузду деген жалаа менен күнөөлөнгөн, б.а. «мурдагы кудайларды жок кылбай, баш тартпай туруп, жаңыларын ойлоп табат" дешкен. Сот өлүм жазасына өкүм чыгарган. Шакирттери качуу жолдорун даярдаганы менен ал андан баш тарткан. «Мени адилетсиз соттошкону менен, – деген ал – атуулдун милдети – мыйзамга баш ийүү». Өмүрүнүн акыркы күнүндө ал өз шакирттери менен философиялык аңгемелешүү өткөргөн жана андан кийин уу ичип өлгөн.

Сократ дайыма «жалган акылмандарга» жана биринчи кезекте софисттерге каршы активдүү күрөшкөн. Ал чындыкка жетүүнүн жолун иштеп чыккан: аңгемелешүүчүгө суроо берүү менен аны туура жыйынтыкка келүүгө мажбур кылган.

Дельфиялык жрец-оракул (кудайдын эркин даңазалаган, багынуучу түрдө бардык суроолорго жооп берген адам) Сократтын суроолоруна жооп берүү менен, «Сократ элдин ичиндеги эң акылман» деген. Бул Сократты өтө таң калтырган, бирок төмөндөгү жыйынтыкка келген; ал өзүнүн акмактыгы жөнүндө билбейт, ал эми башкалар болсо ушуну да билбейт. Мындан Сократтын белгилүү тезиси жаралган: «Мен эч нерсе билбегенимди билем».

Негизги эмгектери. Сократ өз өмүрүндө бир да чыгарма жазган эмес (принциптин негизинде).

Философиялык көз караштары. Сократтын окуулары бизге анын шакирттеринин эмгектеринен гана белгилүү, бирок алар аны ар түрдүү баяндашкан. Ишенимдүү маалыматтарга боюнча төмөндөгүлөр кириши мүмкүн.

Сократ философиянын негизги милдети жаратылышты эмес, адамды таанып билүүдө турат деп биринчилерден болуп бекемдеген.

Сократ – рухтун көчүүсү жөнүндөгү окуунун жактоочусу.

Бизде болгон маалыматтарга таянуу менен Сократтын идеалист болгондугун так аныктоо кыйын. Бирок Сократтын ыкмасында анын шакирти Платон тарабынан ишке ашырылган идеализмдин болушу мүмкүн.

Сократ жакшылык кылуу жөнүндөгү окуну иштеп чыккан. Ошого ылайык адамдардын жакшылык менен жамандыктын бар экенин билүүсү жакшы адам катары калыптандырат.

- эр жүрөктүүлүк – бул өзүндөгү коркууну кантип жеңүүнү билүү;
- адилеттүүлүк – бул кудайлашкан жана адамдык мыйзамдарды кантип атарууну билүү;
- орточо талап кылуу – бул өзүнүн күчтүү сезимдерин башкарууну билүү

Бул окуу байыркы мезгилде эле сынга дуушар болгон (Аристотель ж.б.).

Окуунун тагдыры. Сократ акылмандыктын жана атуулдун үлгүсү болуп, кийинки философияга өтө олуттуу таасир көрсөткөн. Анын көптөгөн шакирттеринин бир катары ар түрдүү философиялык тармактарга таандык болгон жеке философиялык мектептердин (сократтык мектептерди) негиздөөчүлөрдөн болушкан (22-таблица).

22-таблица

Негизги Сократтык мектептер

Мектептер	*Ири өкүлдөрү*
Мегар мектеби	Мегарддык Евклид
Элида – эрет мектеби	Элидалык Федон
Киник мектеби	Антисфен, Диоген Синопский, Кратет, Менед
Кирен мектеби	Кирендик Аристипп

4.3. Платон (Plato)

Өмүр таржымалдары. Платон (б.э.ч. 427-347-ж.ж.) - улуу байыркы грек философу. Афинадагы ак сөөк үй-бүлөдөн чыккан. Платондун чыныгы аты - Аристокл, «Платон» - «кең далылуу» дегенди билдирген наам; философиянын жана маданияттын тарыхына ал ушул наам менен кирген. Өзүнүн негизги устаты деп Платон Сократты эсептеген. Сократтын өлүмүнөн соң, Платон көп кайгырган, андан соң көп саякаттап, Египетте, Финикияда, Вавилондо, Персияда жана Ассирияда болгон. Б.з.ч. 399-жж. мамлекетти кайрадан түзүү жөнүндөгү долбоорун ишке ашырууга үмүттөнүү менен Сиракузага кайтып келет. Сиракузанын башкаруучусу Улуу Дионисийге жолугат, алгач ага Платон жагат, а бирок кийин ага ачууланып (бир нече ушактан соң) Платонду кулчулукка сатууга буйрук берет. Платондун күйөрмандарынан бири аны сатып алат. Платон Афинага кайтып келип, Академия деген философия мектебин ачат. Андан кийин Платон эки жолу Сиракузага Кенже Дионисийге барат, бирок эч кандай өзгөрүш болбойт.

Негизги эмгектери. Бизге Платондун бардык дил баяндары жетти десек болот, бирок кээ бирлеринин Платон тарабынан жазылганына күмөн бар. Платонго бир монолог (Сократтын апологиясы), 34 диалог (23 аныk, 11 күмөндүү), 13 кат (көбү жалган болуп эсептелинет) тиешелүү деп эсептешет. Негизги философиялык чыгармаларына төмөнкүлөр кирет: «Протагор», «Пир», «Менон», «Федр», «Мамлекет», «Мыйзам». Бардык чыгармалар көркөм формада жазылган, диалогдорунун көбүндө негизги каарман катары Сократ эсептелинет.

Философиялык көз караштары. Платон - объективдүү идеализмдин негиздөөчүсү. Платондун философиясында борбордук орунду идеялар жөнүндөгү окуу ээлейт.

Идеялар жөнүндөгү окуу. Платон элеаттардан кийин эле чыныгы дүйнөнү - идеялардын туу чокусун – реалдуу эмес сезимтал телолуу дүйнөдөн айырмалайт. Бирок бүтүн жана бөлүнбөс эсептелинген Парменидин болмуш = ой жүгүртүүсүнөн айырмаланып, Платондун идеалдуу туу чокусу идеялардан турган рухий көпчүлүк.

Идея деген сөз Платондун мезгилинде адаттагыдай тилде «сырткы келбет, сырткы көрүнүш, тек, сапат, уруу, образ, форманы» билдирген. Платондун идеялары, маңызы боюнча, адамдык мээсинен алынган жана идеялар падышалыгында өз алдынча жашоого ээ болгон объективтештирилген түшүнүктөр.

Ар бир идея түбөлүктүү жана өзгөрбөс: идеялардын саны абдан чоң, бирок чексиз эмес. Конкреттүү объекттердин идеялары (адам, ит, мышык идеясы), мамиле жана касиет идеялары (сулуулуктун жана агартуучу каражат идеялары) математикалык объекттер жана адеп-ахлактык кубулуштар идеялары (бирдиктин жана эрдиктин идеясы), төрт стихиялардын идеялары жашайт. Бирок идеялар падышачылыгы - бул бир гана оң маанидеги маңыздардын дүйнөсү, ошондуктан жамандык жана кылмыш идеялары жашабайт.

Идеялар падышачылыгынын өзүнүн иерархиясы жана пирамидалык түзүлүшү бар; идеялардын ортосунда багынуу жана кошбагынуу мамилелери жатат. Пирамиданын төмөнкү жагында конкреттүү объекттердин идеялары орун алган, мисалы: жылкынын жана буканын. Анын жогору жагында жалпы идеялар, мисалы: төрт аяктуулар идеясы (жылкы жана бука түшүнүктөрү төрт аяктуулар түшүнүгүнүнө кошбагынат (бир убакта), анын жогорураак жагында - жаныбарлар түшүнүгү жайгашкан. Пирамиданын эң жогорку чегинде абстрактуу түшүнүктөр: эр жүрөктүүлүк жана сулуулук идеялары. Бирок 23-чиймеде алар көрсөтүлгөн эмес, себеби Платондун тексттеринде бири-бирине болгон мамилелер аныk эмес: жогорубу- төмөнбү же бир деңгээлдеби.

Пирамиданы туу чокусунда Платон кээ бир эмгектерин «Жакшылык», башкаларында «Биримдик» идеясы деп атаган бир гана жалгыз идея турат.

Сезимдик дүйнөнүн өзгөрүлмөлүүлүгүн, ар түрдүүлүгүн жана терс көрүнүштөрүн түшүндүрүүдө Платон материя («хора») деген түшүнүктү киргизүүгө мажбур болгон. Материя дене сыяктуу, бирок ал өлүк, формасыз жана таанып билүү мүмкүн эмес, материя түбөлүктүү. Мындан Платондун катуу эмес, дуализмдин элементтери да байкалган идеализмин байкоого болот.

Идеялар менен сезимтал дүйнөнүн нерселеринин ортосунда өз ара байланыш бар: идеялар нерсенин образы, ал эми нерселер идеяларга таандык; идеялар кандайдыр бир жол менен нерселерде бар болот, андан сырткары, идеялар нерселердин өнүгүүсүн аныкташкан максаттар деп эсептелет. Ошентип Платондун окуусунда телеологизмдин (грек тилинен «максат» дегенди билдирет) сыпаттары да таандык.

Идеялар пирамидасы



Космология жана космогония. Платон идея жана материя деген алгачкы башталмалар менен бир катарда Демиург-Акылдын бар экендигин айткан.

Демиург-акыл (же кудай) дүйнөнүн жаратуучу-түзүүчүсү болуп саналат, ал Дүйнөлүк рухту жаратат жана идеяларды максатка ылайыктуу себептер катары салуу менен материяны уюштурат, ал башка кудайларды да жаратат. Космос, Платондун айтуусу боюнча, «жанга жана акылга ээ тирүүлүк». Космостун денеси материалдуу, космос чектүү жана шар формасына ээ. Дүйнөнүн борборунда жер шары жайгашкан, анын айланысында Күн, Ай жана жылдыз планеталары курчап турган асман сферасы бар. Асман телолору – денеси жана руху бар кудайлар, ал эми кыймыл рухтар аркылуу ишке ашат.

Жан, рух жөнүндөгү окуусу. Адамдын жаны Дүйнөлүк рухтун калдыктарынан жаратылган. Дене өлгөн соң, анын жаны асманга көтөрүлөт да, (идеялардын туу чокусуна) ошол жерде болот. Анан жерге кайтып келип, жаңы төрөлгөн ымыркайдын денесине жайгашат ж.б.

Гносеология. Чыныгы окуу идеялар падышалыгында мүмкүн, ал эми сезимтал дүйнөгө карата - пикир гана болушу мүмкүн. Жан жаңы төрөлгөн ымыркайдын денесине жайгашканда, ал мурда билген бардык нерселерин унутат (чыныгы идеалдуу дүйнө жөнүндө). Бирок кээ бир адамдар кандайдыр бир нерселерди эстей алышы мүмкүн, мындан чыныгы билим – бул жан мурун билген нерселерди эстөө.

Мамлекет жөнүндөгү окуу. Платон адамдын тарыхындагы идеалдуу мамлекеттин биринчи үлгүсүн жасаган. Бул мамлекет адамдар үчүн эмес, өзү үчүн жаратылган.

Платон мамлекеттин пайда болушунун себебин адамдардын ортосундагы эмгектин коомдук бөлүнүшүндө турат деген. Кимде ким бир гана жумуш менен алек болсо, ал жакшы иштейт, ошондуктан адамдардын ишмердүүлүгүн бөлүштүрүү зарыл. Ар бир адам табиятынан белгилүү бир ишти аткарууга дайындалган. Идеалдуу мамлекетте жашоочулардын негизги үч тайпасы бар: башкаруучу-философтор. кароолчулар (аскерлер) жана дыйкандар менен кол өнөрчүлөр. Алардын кандайдыр бир тайпага кошулуусу келип чыгуу тегинен эмес, жөндөмдүүлүктөрүнөн көз каранды.

Кароолчулар жана башкаруучулар эч кандай жеке менчикке ээ эмес, алар коомдук жайларда бирге жашашат, бирге тамактанышат (жер ээлери менен кол өнөрчүлөрдүн салыгынын эсебинен) жана эч кандай башка сыйлыктарды алышпайт. Алардын үй-бүлөсү жок, себеби алардын аялдары жана балдары жалпы (жыныстык байланыштар чектелген, анткени алардагы жакшы менен жакшынын табышуусу – жакшы туяк калтыруу үчүн гана). Жаңы төрөлгөн балдар дароо эле тарбиячылардын колуна келип түшүшөт, ошол үчүн ата-энелери өздөрүнүн балдарын билишпейт. Платон мындай учурда бардык улуу адамдар бардык балдарга өздөрүнүн балдарындай мамиле жасайт деп баладай ишенген.

Окуунун тагдыры. Платон бүткүл Европа философиясына чоң таасир көрсөткөн: белгилүү мааниде анын идеялар жөнүндөгү окуусу жалпы эле идеалисттик философиянын негизин түзгөн. Орто кылымда платончулук XIII-к. чейин христиан философиясында чоң роль ойноп, кийинчерээк аристотелизм менен атаандаш (томизм түрүндө) өнүккөн. Платондун окуусуна болгон жаңы кызыгуу Кайра жаралуу доорунда, андан соң Жаңы доордо – айрыкча Гегельдин окууларында ойгонгон (толугураак 24-чийме).

4.4. Аристотель (Aristotle)

Өмүр таржымалдары. Аристотель (б.э.ч. 384-322-жж.) – байыркы улуу грек философу. Фракиянын Стагира шаарында (Эгей деңизинин жээгинде) туулган. Атасы – македониялык падыша Аминт Iнин ордо дарыгери болгон.

15жашында Аристотель жетим калып, табып абасынын (атасынын агасы) колунда калат. Аристотель жаш кезинде эле табигый илимдерге кызыккан.

Б.д.ч. 335-ж. Аристотель Афинага барып, Платондун академиясына өтөт, ошо жерде Платондун өлүмүнө чейин 20 жыл жашайт.

Устатынын өлүмүнөн соң Аристотель Афинадан кетип, көп жыл саякаттап жүрөт. Б.з.ч. 343-ж. Македония падышасы Филипптин чакыруусу менен Македониянын борбору Пеллуга келип, 3 же 4 жыл Филипптин мураскору – Александрды (Македонскийди) окутат.

Б.з.ч. 335-ж. Александрдын падышалыгынан кийин Аристотель 50 жаш курагында Афинага кайтып келип, өзүнүн Ликей деген (лицей) философиялык мектебин ачат. Аристотелдин шакирттери жана анын ишин улантуучуларды көбүнчө «перипатетиктер» (сейилдөөчүлөр) деп аташкан, себеби Ликейде философиялык билимди шалбаада сейилдеп жүрүп алышкан.

Платон: булактары жана таасирлери



Александр Македонскийдин өлүмүнөн соң Афинада Македонияга каршы партия утуп чыккан, Аристотелди кудайды жамандаган адам катары айыпташып, б.э.ч. 323-ж. ал Афинадан кетүүгө мажбур болгон.

Аристотель б.э.ч. 322-ж. Евбей аралында каза болот.

Аристотелди Байыркы Грециянын энциклопедисти деп атасак жаңылышпайбыз. Анын изилдөөлөрү ошол убакта белгилүү болгон билимдердин бардык тармактарын өзүнө камтыйт. Аристотель төмөнкү илимдердин: логиканын, психологиянын, биологиянын, саясат таануунун, экономиканын, тарыхтын, философиянын жана башкалардын негиздөөчүсү болуп саналат. Аристотель биринчилерден болуп илимди классификациялоо системасын сунуштаган (25-чийме).

25-чийме

Аристотелдин илимдерди классификациялоосу

Негизги эмгектери. Афинадан кетип жатып, Аристотель бардык иштерин шакирти Теофрастка калтырып кетет, андан анын акыркы шакирти - Нелейге өткөн. Жүз жылдан ашык убакыт аралыгында Аристотелдин эмгектери жер алдындагы сактоочу жайда катылып жаткан. Биздин доордун I-к. Римге келип түшүп, Андроник Родосский тарабынан системалаштырылып, басмадан чыккан.

Аристотелдин көптөгөн иштери (бары болбосо да) билимдин ар түрдүү тармагын камтыган, бирок көбү бир тилден экинчи тилге которулган, бизге белгилүүлөрү (байыркы грек тилинен - сирия тилине, сириядан - араб тилине, арабдан - еврей тилине, еврейден - латын тилине, латындан - азыркы европа тилдерине).

Философтя жаатындагы эмгектери бир китепке чогултулуп, «Метафизика» (сөзмө-сөз «физикадан соң») деген аталышта жарык көргөн, себеби бул дил баяндар жыйнагында ал китептен кийин «Физика» деген аталышта чыккан.

Кээ бир эмгектери жөнүндө айтчуу болсок, алар Аристотель жазгандыгына күмөн бар – мүмкүн, алар шакирттерине тиешелүүдүр. Аристотелдин чыгармаларынын кээ бир бөлүгү анын шакирттери менен бирге жазылган, алар бул эмгекке материалдарды тандап, системага салышкан, мисалы: грек полистеринин (шаар-мамлекеттери) тарыхы жөнүндө, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн тарыхы жөнүндө. Аристотельдин негизги эмгектерине төмөнкүлөр кирет:

Диалогдор: «Философия жөнүндө», «Эвдем», «Протрептик».

Логика (Органон): «Биринчи аналитика», «Экинчи аналитика», «Топика», «Софизмдерди жокко чыгаруу», «Талкулоо жөнүндө», «Категориялар».

Философия: «Метафизика».

Физика: «Физика», «Асман жөнүндө», «Жаралуу жана жок болуу жөнүндө», «Метеорология».

Биология: «Жаныбарлардын тарыхы», «Жаныбарлардын бөлүктөрү жөнүндө», «Жаныбарлардын кыймылдары жөнүндө», «Жаныбарлардын жаралышы жөнүндө».

Психология: «Жан жөнүндө».

Этика: «Никамах этикасы» , «Эвдем этикасы», «Чоң этика».

Саясат: «Саясат», «Афин политиясы».

Экономика: «Экономика».

Искусство илими: «Поэтика».

Оратордук искусство: «Риторика».

Философиялык көз караштары.*Философия тарыхы.* Аристотелди философиянын алгачкы тарыхчысы десек болот. Кайсыл маселени талдабасын, ал дайыма өзүнө белгилүү болгон ошол маселе боюнча мурдагы философтордун ойлорун баяндоодон баштайт. Белгилүү бир даражада биз Аристотелдин жардамы менен эрте доордогу байыркы грек философиясы жөнүндөгү маалыматтарга ээбиз.

Платонго болгон мамилелер. Аристотель дайым өзүнүн устаты Платонду жогору баалаган, бирок бул ошол эле учурда аны сынга алууга тоскоол болгон эмес, «Платон менин досум, бирок чындык кымбатыраак», - деген Аристотель.

Аристотель Платондун окуусунда сезимдик дүйнөдөгү конкреттүү нерселер менен идеялардын ортосундагы мамилелер жөнүндөгү суроонун түшүнүксүз жана чатышкан экендигин чоң сынга алат.

Логика. Аристотель – европа (классикалык) логикасынын негиздөөчүсү. Ал **туура ой жүгүртүүнүн үч мыйзамын** белгилеп, тартипке келтирген: окшоштук мыйзамы, үчүнчүнү жокко чыгаруу мыйзамын жана карама каршылыкка жол бербөө мыйзамын. Чындын жана жалгандын (европа маданиятында жалпы кабыл алынган) аныктамасы, силлогистиканы иштеп чыгуу (силлогизмдер – акылга тутулгандардын туура же туура эмес түрлөрү жөнүндөгү окуу) Аристотелге таандык.

Аристотелдин логика жөнүндөгү бардык эмгектери «Органон» деген китепге топтолгон – ал бардык философиялык багыттарды таанып билүүнүн зарыл куралы катары эсептелген.

Аристотель логиканы жекече илим катары эмес, бардык илимдерге киришүү катары (пропедевтика) эсептеген.

Метафизика (биринчи философия). Болмуш жөнүндөгү окуу. Аристотель – дуалист, ал эки өз алдынча алгачкы башталмаларды – материяны жана форманы бар деп эсептеген. Дөйнөдө жашаган бардык нерселер материядан жана формадан турат.

Бирок алардан алгачкы материяны жана алгачкы форманы ажырата алышыбыз керек. **Алгачкы материя** – формасыз белгисиз зат, адам таанып билбей турган, бирок бардык нерселердеги материя үчүн негиз болуп саналат. Өзүнчө алганда алгачкы материя пассивдүү, жансыз, нерсени жаратууга жөндөмсүз; ал түбөлүктүү, аны жаратууга жана жок кылууга болбойт. Материя нерселердин пайцда болушунун чыныгы мүмкүнчүлүгү, ал – кокустуктун, көп түрдүүлүктүн, нерселерди жаратуунун жана жок кылуунун булагы. Ар бир жаралган нерсе бир гана материя менен форманын биригүүсүнүн, материяга кандайдыр бир форманы берүүнүн натыйжасында жашай баштайт (болмуш боло баштайт).

Аристотелдин «форма» жөнүндөгү түшүнүгү Платондун «идея» жөнүндөгү түшүнүгүнө жакын. Форма – нерсенин идеалдуу маңызы – түргө же текке тиешелүү, бирок индивидуалдуу эмес. Бир жездин бир кертимине фыорма бергенибизде гана биз белгилүү бир нерсе алабыз: кумура, ваза, идиш ж.б. Форма – бир типтеги көптөгөн заттар үчүн жалпы негиз; ар түрлүү кумуралар (ар түрдүү конфигурациялары менен, ар түрдүү материалдардан ж.б.) бир жалпы кумуранын негизине ээ.

Материя жана форма конкреттүү нерселерде диалекттүү түрдө байланышкан: биринде форма катары болсо, анда башкасында материя катары болот. Демек ылай формага келтирилген материя – бул ылайдын формасы киргизилген жер. Бирок ылайдан жасалган кирпичти карасак, анда ылай ага кирпичтин формасы киргизилген материя катары таанылат. Өз кезегинде кирпич кирпичтерден курулган үй үчүн материя ролунда болот.

Ар бир нерсенин формасы ошол нерсеге карата болгон мамилеге жараша болот.

- анын маңызы;
- кыймыл булагы;
- себеби;
- максаты.

Аристотель боюнча **Алгачкы форма** бардык болмуштун жогорку маңызы сапатында, алгачкы кыймылдаткыч, алгачкы себептин жана жогорку максаттын катарында турат. Бирок алгачкы форма – бул өзүн өзү ойлогон кандайдыр бир Дүйнөлүк акыл.

Гносеология. Билимге болгон сүйүү – адамдардын жана жаныбарлардын тубаса касиети. Болмуш жана ой жүгүртүүнүн формалары аналогиялуу болгон соң, адам дүйнөнү таанып биле алат.

Аристотель боюнча таанып билүү процесси төрт баскычтан турат (23-таблица).

23-таблица

Таанып билүү баскычтары

Таанып билүү баскычтары	*Таанып билүү предметтери*
1. Айрым нерселерди жана алардын касиеттерин сезимдик кабылдоо:	Конкреттүү бирдиктүү нерселер
2. Тажрыйба – бир эле предмет жөнүндөгү көптөгөн элестетүүлөр	Айрым конкреттүү нерселердин көптүгү
3. Искусство (технэ) – көптөгөн нерселердин маңызы жөнүндө билим	Көптөгөн нерселерде болгон жалпы, алардын себептери жана максаттары , б.а. формалары
4. Философия (илим) – биринчи философия, б.а. метафизика, эң жогоркусу болгон илим	Бардык бар нерсенин жогорку формалары, алгачкы себептери жана жогорку максаттары

Аристотель боюнча билүү – бул биринчи кезекте жалпысын (формаларын, универсалийлерди), ошондой эле бар нерсенин себебин билүү. Бирок бул сезимдер менен эмес, бир гана акыл-эс менен жетишилет.

Физика (экинчи философия). Жалпысынан жаратылыш «бири экинчиси үчүн пайда болгон» бирдиктүү жандуу организм катары түшүнүлөт.

Космология. Космос сфера сымал жана чектүү болуп саналат, бирок анын сыртында алгачкы кыймылдаткычтан башка эч нерсе жок; космос түбөлүктүү жашайт. Дүйнөнүн ортосунда шар түрүндөгү жер турат, анын айланасында Ай, Күн, планеталар жана жылдыздар айланышат. Дүйнө эки бөлүккө бөлүнөт – ай астындагы жана ай үстүндөгү (чеги болуп Айдын орбитасы эсептелет). Айдын астындагы дүйнө бири-бирине айланууга жөндөмдүү болгон төрт элементтен (стихиядан) турат. Ай үстүндөгү дүйнө – бешинчи элементтен, өзгөрбөс жана башка элементке айлана албаган Эфирден турат. Ай астындагы дүйнө - дайыма болуп турган өзгөрүүлөрдүн, нерселердин пайда болуу жана жок болуу жайы, ай үстүндөгү дүйнө - түбөлүктүү маңыздар дүйнөсү.

Мейкиндикте кыймылдын бир нече түрү бар: түз жана айлана, тең жана тең эмес, үзгүлтүксүз жана үзгүлтүктүү. Айдын үстүндөгү дүйнөгө түбөлүктүүлүккө жана өзгөрүлбөс көрүнүшкө жакын болгон үзгүлтүксүз, бир калыптагы жана айлана сымал кыймыл мүнөздүү. Ай үстүндөгү дүйнө бир нече сфералардан турат, аларга бардык асман телолору жармашылган; Күн, Ай ж.б. Ошондуктан алардын өзү эмес, бул сфералар кыймылдашат. Четки сфераны - жылдыздардын сферасын - алгачкы кыймылдаткыч кыймылдатат, андан кыймылдар төмөнкү сфераларга жиберилет – жерге чейин, ал жерде айдын төмөнкү чегиндеги дүйнөнүн элементтеринин жетиле электигинен туура айлана кыймылы көптөгөн туура эмес кыймылдарга бөлүнүп кетет (26-чийме).

Аристотелдин космологиясы Кайра жаралуу дооруна чейин илимде негизги орунда турган.

Биология. Аристотелге биологиядагы бир нече конкреттүү ачылыштар таандык. Ал биринчилерден болуп жылдыздардай эле жандуу организмдер жана өсүмдүктөр да окуп үйрөнүүгө татыктуу деп айтуу менен жаныбарлардын 500 түрүн сүрөттөгөн жана алардын классификациясын сунуш кылган. Аристотель жандуунун төмөнкү түрлөрүнүн жансыздан өз алдынча пайда болушу жөнүндөгү идеяны божомолдогон.

Психология. Аристотель боюнча жан, биринчиден, материя, экинчиден - кудай менен байланышта. Бардык жандуу нерселер, дал ошолор гана жанга ээ. Жандын 3 түрү бар: өсүмдүк – тамактануу, өсүү жана өлүү функцияларын ишке ашырат; жаныбар –

жыргал жана жыргал эместикти сезүү функцияларын, ошондой кыймыл функциясын ишке ашырат; акыл-эс – ой жүгүртүү жана ойлоо интеллектуалдуулук функциясын ишке ашырат. Өсүмдүк бир гана өсүмдүк рухуна , жаныбар өсүмдүк жана жаныбар рухуна, адам үч рухка тең ээ.

Кудай бир гана акыл-эс рухуна ээ. Өсүмдүк жана жаныбарлар рухтары денеден ажырабайт – өсүмдүк жана жаныбарларда кандай болсо, адамдарда да ошондой. Бирок акыл–эстүү рух денеден ажыраган соң да жашашы мүмкүн. Аристотель рухтун көчүүсү жөнүндөгү окууну четке каккан.

26-чийме

Алгачкы кыймылдатуучу жана кыймылды өткөрүп берүү

Этика. Этика адамдык жүрүш-туруштун «туура нормаларын» жөнгө салат. Бул норма теориялык жактан гана чыгарылбастан, ал социалдык жашоонун өзгөчөлүктөрү менен шартталган. Адамдык жашоонун жогорку жыргалчылыгы – бул бакыт, ага бир гана жакшылык жасоочулар жетишиши мүмкүн. Адамга мүмкүн болгон жогорку бакытка философия менен алек болгондо жетишсе болот.

Саясат. Мамлекет табигый түрдө жаралган (жандуу организмге окшоп), адам – бул саясий жаныбар. Мамлекеттин (полистин) жогорку максаты, кандайдыр бир адамдай эле, «бактылуу жана жакшы жашоодон» турат. Мындан мамлекеттин негизги милдети – жакшы ойлуу атуулдарды тарбиялоо. Белгилүү болгондой, Аристотель ошол убакта болгон башкаруунун 150 формасын окуп, сүрөттөп берген. Ал башкаруунун жакшы формасы деп бай жана кедейлердин бөлүнүүсү жок болгон «политияны» эсептеген; жаман форма деп тирания жана чекки демократияны эсептеген.

Физикалык эмгек – кулдардын тагдыры, кулчулук «жаратылышынан» бар нерсе жана кулдар көбүнчө варварлар (гректер эмес) болуш керек. Эркин адамдардын иши – интеллектуалдуулук, саясий жана эстетикалык ишмердүүлүк.

Экономика. Аристотель биринчилерден болуп чарбалык жашоонун көрүнүштөрүн товардык чарба катары изилдеген; аны эмгектин натуралдык жана социалдык бөлүнүшү

жана алмашуу менен салыштырып көргөн, акчанын эки функциясын көрсөткөн (алмаштыруу каражаты катары жана нарк формасы катары).

Эстетика. Аристотель искусство деп адамдардын чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн өзгөчө түрүн жана бул ишмердүүлүктүн продуктусун түшүнгөн. Аристотельдин сөзү боюнча: «жаратылыш аткара албаган нерсени искусство кандайдыр бир өлчөмдө аткарат, кандайдыр бир өлчөмдө аны туурайт". Бирок мында сүрөтчү тартуу предметтин, анын жолдорун жана тууроо каражаттарын тандоодо эркин.

Окуунун тагдыры. Аристотель, Платон сыяктуу эле, кийинки философияга чоң таасир көрсөткөн. Ар бир башка дооорлордо анын мурастарынын ар бир бөлүгүнө болгон мамиле ар түрдүүчө болгондугу чындык. Ошентип эллинизм доорунан баштап биздин күндөргө чейин Аристотелдин логикасы философиянын бардык багыттарында рационалдуу таанып билүүнүн жалгыз зарыл куралы деп эсептелген. Аристотелдин логикасы мүмкүн болгон жалгыз логикалык илим катары XX-к. чейин классикалык эмес (Аристотелдик эмес) логиканын пайда болушуна чейин эсептелинген.

Аристотелдин космологиясынын базасында Птолемей (II-к.) өзүнүн космостун гелиоцентристтик үлгүсүн (аристотелдик-птоломейлик) иштеп чыккан. Ошол үлгү астрономиядагы XVI-к. Коперник тарабынан жасалган төңкөрүшкө чейин христиан жана мусулман дүйнөсүндө негизги болуп келген. Кайра жаралуу доорунун акырына чейин эксперименталдуу ыкманын негизиндеги илим негизделгенге чейин Аристотелдин физикасы колдонулган.

Аристотелдин метафизикасы эллинизм доорунда көптөгөн жана анча деле популярдуу эмес философиялык окуулардын бири болгон. Орто кылымдын алгачкы доорунда ал Европада белгилүү болгон эмес, бирок IX-XII-кк. мусулман жана еврей философиясында өнүгө баштаган, ал эми XIII-к. баштап (томизм түрүндө) Европада эң алгачкылардан болуп калган. Кайра жаралуу доорунда аны платонизм «сүрүп чыгара баштаган». Жаңы доордун философиясында метафизика бүтүндөй колдонулбай калган, акыркы «материя жана формалар» жөнүндө кеп козгогон ири философтордун бири, жаңы доордун философиясынын негиз салуучусу болуп эсептелген Фрэнсис Бэкон болгон. Азыркы философияда (XIX- XX-кк.) ал бир гана жаңы томизмде колдонулат (27-чийме).

4.5. Корутунду

Грек философиясынын өнүгүшүнүн баштапкы жана классикалык мезгилин жыйынтыктап жатып, философиянын бардык тарыхында чоң мааниге ээ болгон үч багытынын калыптануусун белгилесек болот (28-чиймеде).

Бирок көп учурларда монизм , дуализм жана плюрализмге таандык болуу милдеттүү болгон эмес, бул көрүнүштү биз төмөнкү чиймеден көрсөк болот (29-чийме). Ошого карабастан салттын күчтүүлүгүнөн көптөгөн философтор белгилүү багытка кыйшаюсуз баш ийишкен (Бул маалымат китептин 15-16 беттеринде берилген).

Аристотелдин булактары жана таасирлери



Материализмдин, идеализмдин жана дуализмдин калыптануусу

БАЙЫРКЫ ДООР



29-чийме

Байыркы грек философиясынын алгачкы башталмаларынын түрлөрү



5-БАП

БАЙЫРКЫ ФИЛОСОФИЯНЫН ЭЛЛИНДИК ДООРУ

Байыркы философиясынын эллиндик доору өтө узак убакытты өз ичине камтыйт: б.э.ч. IV-к. орто ченинен баштап (б.а. Александр Македонский басып алган аймактарды ээлеген «эллинизм дүйнөсүнүн» пайда болушунан баштап) байыркы доордун аягына чейин, т.а. 476-ж. варвар-германдардын басып алуусунан Римдин кулашына чейинки мезгилге чейин. Бирок бул мезгилде Рим экиге бөлүнүп калган болчу - Батыш жана Чыгышка (Византия), бирок Рим кулагандан кийин деле Византия жашоосун уланткан. Ошондуктан жалпы эле байыркы философиянын жана анын эллиндик доорунун акырын 529-ж. менен байланыштырышат. Ошол жылы Византия императору Юстиниандын буйругу менен акыркы бутпарастык философия мектеби, Афинадагы Платондун академиясы жабылат.

Эллинизм доорунда, бир жагынан, болуп өткөн дооpлордун философиялык окуулары улантылган (жаңы пифагорчулук, жаңы платончулук, перипатетизм ж.б.), ал эми башка тараптан - болгон окуулардын негизинде же аларга реакция катары бир катар жаңы окуулар пайда болгон (кинизм, стоицизм, скептицизм ж.б.) (24-таблица).

Б.э.ч. II-кк. Грецияны Рим басып алган. Ошондо басылып алынган гректер белгилүү мааниде басып алгандарды Рим маданиятынын бардык чөйрөсүнө чоң таасир көрсөтүп, Римдиктерди “баш ийдиришкен”. Рим маданиятынын бардык чөйрөлөрүндө: дин, адабият, архитектура, көркөм искусствосу ж.б. Грек философиясынын таасири астында Рим философиясы өнүгө баштаган. Римдиктер бир нече грек мектептеринин өнүгүшүнө чоң салым кошушканы менен өздөрүнүн өзгөчө окууларын жаратышкан эмес. Ошондуктан б.э.ч. I-к. VI-к. чейинки убакытта грек-римдик философия бар болгон деп айтууга болот.

Эллинизм доорундагы көптөгөн философиялык окуулардын ичинен негизги орунду этикалык көйгөйлөр ээлеген. Философиянын максаты бакытка жетишүү катары түшүнүлгөн. Ага жетүү бир гана тиешелүү жүрүш – туруш нормаларын сактаганда гана мүмкүн. Бирок адамдын өзүн кантип алып жүрүүсү жөнүндөгү суроону адам дүйнөнүн жаралуусунда (космосто) кандай орунга ээ дегенди түшүнгөндө гана чечүүгө болот.

Ошондуктан этикалык көйгөйлөрдүн талдоо түздөн түз жаратылыш жөнүндөгү окуулар менен байланышта болгон (24-таблица).

24-таблица

Эллиндик доордогу мектептердин классификациясы

Булактары	*Философиялык багыттары*	*Көрүнүктүү өкүлдөрү*
Софистика Элеаттар Демокрит Платон	Скептицизм	Пиррон Секст Эмпирик (рим)
Гераклит Кинизм	Стоицизм	Китиондук Зенон Сенека (рим) Марк Аврелий (рим)

Демокрит	Эпикурчулук	Эпикур Секст Эмпирик (рим)
Сократ	Кинизм	Антисфен, Диоген Синопский, Кратет
Пифагор	Пифагорчулук Жаңы пифагорчулук	Филолай, Ликон
Аристотель	Аристотелчилик(перипатетика)	Теофраст
Платон	Платончулук	Аркесилай, Карнеад,Афиналык Плутарх
Платончулук Пифагорчулук	Жаңы платончулук	Плотин, Порфирий, Ямвлих, Прокл

5.1. Скептика(Skepticism)

«Скептицизм» терминигректилиненкелипчыгып, «скепсис», «карапчыгуулар», «бирчечимгекелишпөөчүлүк», «чечүү, чечишүү», “тайсалдоо”дегенмааниде которулат. Күмөнбулуниверсалдууфилософиялыкпринцип, т.а.бардыкокуунунаныкэместигижөнүндөгүидеяларскептикалыкфилософиянынбагытыболупсаналат.

БайыркыскептикалыкбагыттыннегиздөөчүсүболупПирронсаналат; алэмиРимфилософиясындагыскептицизмдин белгилүүөкүлү- СекстЭмпирик.

Пиррон (Pyrrhon)

Өмүртаржымалдары.Б.э.ч. 360-270-жж.Элидашаарындатуулган. СофистБрисондонбилималган; ПирронгоакылманАнаксарх (АлександрМакедонскийдиндосу) чоңтаасиртийгизген. АларэкөөтеңАлександрмененкошожүрүшкөчыгышып,Индиягачейинжетишкен. МынаошолжердеПирронИндияфилософторумененбайланышкан.

Пирронскептицизмгемүнөздүүболгонкүмөнсаноопринцибинетаянган, ушунчалыктаянгандыктан «Пирронсенөлдүңбү» дегенсуроогодагы «билбейм» депжоопберген.

Негизги эмгектери. Ал принцип үчүн эч нерсе жазбаган.

Философиялык көз караштары. Пиррондун философиясындагы негизги көйгөй: адам кантип бактылуу боло алат? Пиррон аны чечүү үчүн үч суроого жооп берүү жетиштүү болот деп санаган.

1. Бизди курчап турган нерсе эмне?
2. Бизди курчап турганга кантип мамиле жасашыбыз керек?
3. Бул мамиле эмнеге алып барат?

Биринчи суроого жооп. Өзүнө чейинки философияларды карап чыгып, ар башка акылмандар дүйнөнүн жаралуусун жана маңызын ар түрдүү түшүндүрүшкөн жана алардын бирөөсүн тандоо оңой олтоң иш эмес деп Пиррон адилеттүү түрдө көрсөтө алган. Бардык нерсе көп баскычта, б.а. бул нерсенин ал нерседен ашык жери жок деген мааниде.

Мындан экинчи суроонун жообу келип чыгат. Биз ушул дүйнөдөгү бардык нерсе жөнүндөгү ой жүгүртүүлөрдөн өзүбүздү тыюубуз керек.

Мындан үчүнчү суроого жооп табылат. Бүтүндөй сыр билдирбестик, сезимсиздик, жымжырттык, б.а. бакыт.

Секст Эмпирик (SextusEmpiricus)

Өмүр таржымалдары.Болжол менен II-к. экинчи жарымында – II-к. башында жашаган. Анын өмүр таржымалы жөнүндөгү ишенимдүү факттар Секст дарыгер болгондугун далилдөө менен, ал эми Эмпирик деген кошумча ат экендигин тастыктоо менен гана чектелет.

Негизги эмгектери. «Пиррондун негиздөөлөрү», «Окумуштууларга каршы», «Математиктерге каршы».

Бул эмгектер байыркы скептицизм жөнүндөгү бирден-бир сакталып калган маалымат булактары болуп саналат.

Философиялык көз караштары.*Философиянын тарыхы.* Көптөгөн ар түрдүү философиялык окуулардагы жетишсиздиктерди негиздөө менен Секст өзүнүн эмгектеринде аларды бүт талдап чыккан. Ошондуктан анын китептери байыркы философия боюнча баалуу маалыматтардын булагы болуп саналат.

Скептикалык усул. Скептикалык усулдун негизинде карама-каршы ой-пикирлердин бирдей ишенимдүлүүгүнө жол коюу жатат. Бирок мындай учурда биринчиге карама-каршы болгон башка пикирдин тууралыгы деп эсептөөгө эч кандай негиз жок. Мындай абалдан чыгуунун эң жакшы жолу дегеле ар кандай ой-пикирлерден өзүн токтотуу. Дал ушунун өзү философиянын максаты болгон камырабастыкка жетишүүгө мүмкүндүк берет. Күмөн саноо принцибинин акырындап ишке ашыруу анын өзүнүн ой жүгүртүүлөрүнө да күмөн санооого чейин алып барат.

Секст Эмпирик айткандай, скептик практикада дүйнө кеткен жол менен кетүүсү керек. Бирок скептик дүйнө жана жол жөнүндө эч кандай пикирге ээ эмес. Ошентип скептиктеркудайлар бар дешет жана баш ийишет, бирок аларга ишенишпейт жана ошону менен «алды артын ойлобогон догматизмден» качышат.

Секст Эмпириктин логикалык ой жүгүртүүсү төмөндөгүдөй. Мисалы: ал кудай бар дегендерди абийирсиз деп айткан. Кудай бар деп эсептесек, бирок ошол эле учурда биз өзүбүздүн тажрыйбада дүйнөдө жамандык бар экенин билебиз. Анда, биринчиден, эгер кудай бардык нерсенин себепчиси болсо, анда ал дүйнөдөгү жамандыктын да себепчиси. Экинчиден, Кудайдын кудурети жана айкөлдүгү жөнүндөгү тезисти карап көрсөк, демек ал дүйнө жөнүндө кам көрөт, жакшылыкты жана тынчтыкты алып келет. Логикалык жактан бул жерде төрт вариантын болушу мүмкүн (25-таблица).

25-таблица

Скептикалык талкуулоо ыкмасы

	Кудай кудуреттүү	Кудай кудуреттүү эмес (алсыз)
Кудай мээримдүү	1. Дүйнөдөгү бардык жамандыкты четке кага алат	3. Дүйнөдөгү бардык жамандыкты четке кагууну каалайт, бирок жок кыла албайт

Кудай каардуу	2. Дүйнөдөгү бардык жамандыкты четке кага алат, бирок каалабайт	4. Дүйнөдөгү бардык жамандыкты четке кага албайт, каалабайт дагы

Бир гана 1-учурда Кудай адамдын баш ийүүсүнө татыктуу болгон мээримдүү, айкөл жана кудуреттүү жандык катары көрүнөт. Бирок бул вариантты кабыл алууга болбойт, себеби дүйнөдө жамандык бар.

3-чү жана 4-чү учурларда Кудай алсыз жандык катары, 2- жана 4-дө каардуу катары таанылат. Бирок Кудайдын 2-, 3-, 4- учурларын бекемдөөбүз бизди бактысыздыкка алып барат.

Скептицизмдин тагдыры. Скептицизм Орто кылым доорунда бүтүндөй унутулуп кеткен жана бир гана XVI-XVII-кк. Европа философиясында «жаңы пирронизм» катары жаралат. Ал схоластикалык усулдарды жана жалпы догматизмди (Эразм Роттердамский, Монтень) сынга алуулар менен байланышта чоң мааниге ээ болгон, кийинчерээк скептицизм Юмдун философиясынын негизи болуп калган, позитивисттердин жана Канттын агностицизмине да олуттуу таасир көрсөткөн.

5.2. Стоицизм (Stoicism)

«Стоицизм» («стоиктер») мектебинин аталышы алгачкы стоиктер чогулган Афинадагы «Стоя» (Ар түрдүү зал») портикасынын (үйгө жанаша курулган колонналар тиреп турган галерея) аталышынан келип чыккан. Мектеп Китиондук Зенон тарабынан болжол менен б.з.ч. 300- жж. негизделген.

26-таблица

Стоицизм тарыхындагы 3 доор

Доордун аталышы	*Мезгили*	*Ири өкүлдөрү*
Байыркы Стоя	б.д.ч. III-II-кк.	Зенон, Клеанф, Хрисипп
Орто Стоя	б.д.ч. II-I-кк.	Панетий, Посидоний
Соңку Стоя	I-II-кк.	Сенека, Марк Аврелий

Негизгиэмгектери.Бизгеэкибаштапкыдоордогустоиктердиндилбаяндарынынкээби рүзүндүлөрүганажеткен. БирокСенеканыништеринин көпчүлүгү, эңнегизгилери – «Луцилияганравалыккаттар» жана императорМаркАврелийдин «Өзүңмененжалгыз болуу» дегендилбаянысакталыпкалган.

Философиялык көз караштары.*Илимдердин классификациясы.* Стоиктер илимди логикага, физикага (натурфилософияга) жана этикага бөлүшкөн жана аларды бак жана жумуртка менен салыштырышкан (30-чийме). Ошентип, логика – бул бактын тосмосу, даректар – физика, даректагы мөмөлөр – этика; же жумуртка кабыгы – логика, агы – физика, сарысы – этика. Логика жаңылышууларды жок кылып, философ кандай ойлошу керек болсо, ошондой ойлоого үйрөтөт, ошондуктан логиканы билүү зарыл. Этика – бул жогорку илим, себеби өзүн татыктуу түрдө алып жүрүүгө тарбиялайт.

30-чийме

Стоицизмдин: илимдерди классификациялоосу





Логика жана гносеология. Стоиктер Аристотелдин логикасына таянышкан жана аны тил жаатында өзүдөрүнүн изилдөөлөрү менен байытышкан.

Бардык билимдердин булагы-сезүү. Сезүү жана кабыл алуулар биздин эсибизде топтолуп, объекттердин окшоштугун жана айырмачылыгын салыштырууга, алардын негизги белгилерин бөлүп, ошону менен түшүнүктөрдү пайда кылууга жардам берет. Мындан түшүнүктөр (жалпы) акыл сыртында өз алдынча бар боло алышпайт, реалдуу түрдө бир гана жеке нерселер бар.

Физика. Космос – тирүү, акыл-эстүү жана шар формасындагы материалдуу бүтүн нерсе, ал бештукта жайгашкан. Жалпы дүйнөдө эки башбашталманын түрү бар: пассивдүү материалдуу активдүү идеалдуу – бардыгына кире алчуу сперматикалуу логос (Кудай).

Космология жана космогония. Дүйнөнүн өзүнөн өзү өнүгүшү цикл боюнча жүрөт, ар бир цикл анда жашагандардын баары жалындап, отко айланганда Дүйнөлүк өрт менен аяктайт. Бардык идеялардын ургун камтыганчыгармачыл өрт-логос өзүнөн төрт стихияны жаратат, алардан – дүйнөдөгү бардык телолор. Аристотелдик космология кабыл алынган.

Бирок мында чыгармачыл өрт аба менен биригип “жалындуу демди” (пневманы) түзөт, ал дүйнөнүн баарын тешип өтүп жана аны бир бүтүнгө байлаштырат.

Логос дүйнөнү максатка ылайыктуу түзөт, бул жерде бардык бөлүктөрдүн өздөрунун милдети бар. Логос дүйнөлүк өнүгүүнү, ошону менен бирге дүйнөдөгү өтүп жаткандардын бардыгынын себептеринин чынжыры катары каралган (детерминизм) тагдырды башкаруучу табигый мыйзам болуп эсептелинет.

Антропология. Адам, жалпы эле космос сыяктуу, төрт стихиядан турат: дене – Жерден жана Суудан, рух – Абадан жана Оттон (пневмадан), рухтун оттуу бөлүгү – акыл-эс – дүйнөлүк акыл-эстин бир бөлүгү, ал эми рух – дүйнөлүк рухтун бир бөлүгү.

Этика. Адамдын жашоосунун эң чекки максаты – бакыт. Бакыт деп табият менен ынтымак-ирешкердикте жашоо эсептелинген жана ушундай гана жашоо жакшы жашоо деп саналат. Стоиктердин идеалы – дайыма жакшылык иштерди аткарган жана күчтүү сезимдерден арылган, тагдырына тан берген, жашоосу жана рухий абалы тышкы жагдайдардан көз каранды болбогон акылман (мындай акылмандын мисалы катары Сократты аташкан). Стоиктер бул дүйнөдө жамандыктын бар экендигин түшүндүргөн жана теодицейлердин ролун аткарган – Кудайды актачуу бир катар аргументтерди иштеп чыгышкан.

Окуунун тагдыры. Стоицизм эллиндик периоддун философиясынын өнүгүшүндө маанилүү роль ойногон. Анын бир катар идеялары неоплатонизмге өткөн, стоицизмдин идеялары (Логос жөнүндө окуу жана этика) христиандык философиянын, андан соң орто кылымдык мусулман философиясынын калыптанышына зор таасир көрсөткөн (32-чийме). Жаңы доордун философиясына да стоицизмдин кээ бир таасири байкалат: Декартка, спинозага ж.б. XX-к. стоицизмге делез кайрылган.

Стоицизм: булактары жана таасири



5.3. Эпикуреизм

Эпикуреизм – бул агымдын негиздөөчүсү болгон эпикурдун наамы менен аталган философиялык багыт. Эпикуреизмдин Рим философиясындагы көрүнүктүү өкүлү – Тит Лукреций Кар (б.э.ч. 99-55-жж.). Анын “Нерселердин табияты” деген поэмасы азыркы күндө эпикуреизм жөнүндөгү маалыматтардын жалгыз булагы болуп саналат. Эпикуреизмди жалпысынан эллиндик доордун атомизми деп мүнөздөөгө болот.

Эпикур (Epicurus)

Өмүр таржымалдары.Б.э.ч. 342/341-270/271-жж. өмүр кечирген. Самос аралында африкадан көчүп келген тургун мугалимдин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 14 жашынан баштап илим жана философия менен активдүү машыга баштаган. 18 жашында Афинага келип, андан соң Кичи Азияга көчүп барган.

Б.д.ч. 307-ж.Афинага кайтып барып, “Эпикур багы”деген мектепти негиздеген. Мектептин дарбасынын үстүндө “Жолоочу, сага бул жерде жакшы болот, бул жерде жогорку жырга бар!” – деп жазылган.

Эпикурдун урааны: “Байкалбастан жаша!”

Эпикурдун философиясы байыркы атомизмди өнүктүргөн, бирок Эпикурдун өзү дайыма анын философиясына болгон Демокриттин таасирин четке каккан жана Демокрит тууралуу, дегеле көпүлүк философтор терс ойдо болгон.

Негизги эмгектери. Эпикур 300 ашык китеп жазганы менен, анын болгону бир нече каттары менен үзүндүлө гана сакталып калган.Негизинен Эпикурдун окуусу Лукрецийдин "Нерселер табияты жөнүндө" поэмасы боюнча таанымал.

Философиялык көз караштары. Философиянын негизги максаты – бакытка жетүү.

Илимдер классификациясы. Эпикур илимди физикага, гносеологияга (Эпикурдун терминологиясында - каноника) жана этикага бөлүштүргөн. "Табигый илимдерсиз чыныгы ырахат алууга мүмкүн эмес," – деген ал.

Физика. Дүйнөдө баары атомдордон жана бошТуктардан турат. Атомдордун саны чексиз, бирок алардын түрлөрүнүн саны көз жеткис болгону менен чектелген. Атомдор бир гана формасы, көлөмү жана абалы боюнча эмес, салмагы боюнча да айырмаланышат. БошТук чексиз, бирок ал бардык багыттарда бирдей эмес, себеби атомдор сыяктуу алар жогортон төмөнгө түшөт.

Эпикурду Демокриттин бардык көрүнүштөрдүн себептүү шартталгандыгы жөнүндө тезистен келип чыккан фатализми канааттандырбайт (детерминизми).Адамдын эркинин эркин болушунун мүмкүндүгүн негиздөө үчүн Эпикур атомдор кыймылдаганда өз алдынча четтеп кетүүгө жөндөмдүү, ал эми бул болсо атомдордун кагылуушусуна алып келип, кокустук жаралат (индетерминизм) деген ойду айткан.

Дүйнөдө болгон бардык нерселер пайда болушат жана урашат, бирок атомдор түбөлүк жана өзгөрбөс.

Дүйнөнүн саны чексиз, алардын кээ бирөөлөрү биздин дүйнөгө окшош, башкалары окшобойт.

Гносеология (каноника). Бардык нерселерден үзгүлтүксүз алардын образдары келип турат. Нерселердин образдары биздин сезүү органдарыбызга кирип, бизде сезүүнү пайда кылат.

Нерселер өтө ичке жана кыймылдуу атомдордон турган рух аркылуу таанылат. Биздин денебизде баарында рух текши жайылгандыктан, сезимдер рухтун жакындан турган бөлүкчөлөрүн кыймылга алып келет, ал эми алар болсо кыймылды башкаларга өткөрүп берет. Рухтагы нерсенин образы ойлордо калат. Мында объекттердин индивидуалдуу белгилери өчүп кетет, жалпы гана касиеттер калат – дал ушинтип түшүнүктөр пайда болот.

Атеизм. Эпикур Кудайдын бардыгын четке каккан эмес, бирок алар дүйнө аралык мейкиндикте жашашат да ал жерде жыргал турмуш кечиришип, адамдардын иштерине киришишпейт, себеби кандай гана болбосун аралашуу аалардын тынч жашоосун бузат эле деп тастыктаган. Кудайларга ишенүү адамдын табияттын ага түшүнүксүз жана алар түшүндүрө албаган күчтөрүнүн астындагы коркунучунан, мындан тышкары, аркы дүйнөдөгү жазалоонун астындагы коркунучунан пайда болгон. Дүйнөнүн чыныгы түзүлүшү, кудайлардын табияты, рухтун өлбөстүгү жөнүндө билим аларга динсиз эле жашоого мүмкүнчүлүк түзөт.

Этика. Жашоодогу жогорку жыргал – ырахат алуу. Ырахат алуу, эң оболу, азап-тозоктун жоктугу (дегеле буга сезимдик канааттануу кирбейт). Ырахат алуунун негизги каржаты – бардык кыжалаттануулардан жана бейтынчтыктардан, коомдук жана мамлекеттик иштерден өзүн обочолотуу, тышкы шарттардан максималдуу көз

карандысыздык, зарыл эмес каалоолордок баш тартуу. Каалоо бир нече категорияларга бөлүнөт (28-таблица).

28-таблица

Каалоолор түрү жана ага талап кылынган мамиле

Каалоолор түрү	*Мисалдар*	*Талап кылынган мамиле*
Табигый жана зарыл	Жөнөкөй тамактар, суусундук, кийим ж.б. Достук, илим менен иришүү	Канааттандыруу зарыл
Табигый, бирок зарыл эмес	Жыныстык катнаш	Мезгил мезгили менен канааттандыруу
Табигый эмес жана зарыл эмес	Байлык, баалуу тамактар ж.б. Сый, урмат, ардак	Толугу менен баш тартуу

Эпикуреизмдин тагдыры. Эллинизм доорунун аягында эпикуреизмдин таасири олуттуу начарлаган: ал анын негизги атаандашы – стоицизм тарабынан четтетилген. Эпикуреизмдин этикалык окуусуна болгон кызыкчылык Кайра жаралуу доорунда кайрадан пайда болгон (Лоренцо Валло, Монтень ж.б.), ал эми XVII-XVIII-кк. Ал француз агартуучуларынын (Гассендинин, Дидронун, Ламетринин, Гольбахтын ж.б.) арасында кеңири жайылган. Бул бир гана атомизм Ньютондун физикасынын негизи болгондугу менен байланыштуу эмес, ошондой эле Эпикурдун гносеологиясына, этикасына жана атеизмге болгон кызыкчылыктардан келип чыккан.

5.4. Кинизм (Cynicism)

Мектептин аталышы Афинадагаы адыр жана анда “Киносарг” (түз которгондо “көрөгөч ит” же “ак ит”) гимнасиясынын (гимназиясынын) жайгашуусу менен байланышкан, мында алгачкы киниктер (кюникос -иттик) шугулданышкан, булардын аталышынан кинизм келип чыккан – “ит философиясы”, “ит мектеби”, бул мектептин улантуучуларын латынча циниктер деп аташкан.

Кинизмдин негиздөөчүсү – Антисфен (б.д.ч. 444-368-жж.), ал адегенде софист Горгийден, андан соң Сократтан окуган.

Эң эле белгилүү киник, Антисфендин окуучусу – Диоген Синопский (б.д.ч. 400-323-жж.),көбүнчө дал ошол Диогенди кинизмдин чыныгы негиздөөчүсү деп да аташат.

33-чийме

Киниктер мектеби



Негизги эмгектери.Киниктердин биринин дагы эмгеги бизге жеткен эмес. Болгону алардан үзүндүлөр гана сакталып калган.

Философиялык көз караштары. Киниктер болмуштун, таануунун ырааттуу, бүткөн теориясын иштеп чыгууга умтулушкан деле эмес. Алардын максаты, болжол менен, өздөрүнүн - киниктердин жашоо образын түзүү жана таркатуу, өздөрүнүн жашоодогу философиялык идеалдарына ишендирүү жана ишке ашыруу болгон.

Алардын философиясы – өздөрүн аң-сезимдүү түрдө коомдон тышкары коюшкан, жалпы коомдук жүрүш-туруштун нормаларынан четке кагуу менен мындай жүрүш-туруш менен өздөрүн көрсөтүп жана аны принцип катары санаган бозгундардын философиясы. Киниктер индивиддерди жалгыз өзүнө гана таянууга чакырышкан, жана бул жолду жогорку баалуулукка – руханий эркиндикке, дүйнөдөн жана башка адамдардан көз карандысыздыкка жетишүүнүн жалгыз жолу деп эсептешкен.

Алар байлык менен мансапты жек көрүшкөн жана аларды аморалдуу деп ойлошкон, “жыргалга батуунун өзун жыргап жек көрүшкөн”, ошондой эле билимдүүлүктү жана тарбиялуулукту да четке кагышкан. Мекенге болгон сүйүү менен алдыга умтулуп, **космополитизмди** пропагандалашкан, өздөрүн “дүйнө атуулдарыбыз” деп аташкан. Диоген “общинасыз, үйсүз, мекенсиз” деген коркунучтуу каргыш формуласын сыймыктануу менен өзүнө колдонгон.

Македониялыктар Фиваны – Кратеттин мекенин – басып алып, талкалаганда, андан Александр Македонский Кратет Фиванын жаңыдан куруп чыгарылышын каалабас беле деп суроо бергенде “Эмне үчүн? Жаңы Александр келет да кайрадан баарын талкалайт”, - деп жооп берген.

Кудайларга болгон мамиле. Киниктер кудайлардыгын бардыгын четке кагышпаганы менен, адам өзүнүн көз карандысыздыгын жоготуп албашы үчүн алардан эч нерсе сурабашы керек деп эсептешкен.

Киниктердин жашоо образы. Киниктер өтө жөнөкөй жашоо сүрушкөн, жылаңаяк жүрушкөн, одоно кездемеден жылаңач денеге кийиле турган “киниктердин плащын” кийишкен. Бир убакта Диоген бочкада жашаган (же чопо карапада); өзүн баш тартууларга көндүрүү үчүн статуялардан кайыр сураган. Диоген менен Александр Македонскийдин жолугушуусу жөнүндө аңгеме сакталып калган. Александр Македонский Афинага келип, Диоген менен жолугушууну каалайт. Эч кимге көңүл бурбастан аянтчада эс алып жаткан Диогенге ал “Эмнени кааласаң ошону менден сура”. Диоген: “Кач, күндү тоспо” – дейт. Ошондо Александр: “Эгерде мен Александр болбогонумда, анда Диоген болууну каалайт элем”, - деген экен.

Киниктердин идеалын Лукиандын (II-к.) “Өмүрлөрдү сатуу” деген чыгармасындагы Диогендин сөздөрү менен түшүнүүгө болот: “Адегенде өзүмү эркеликтен арылтам, өзүмдү иштегенге, жылаңач жерде уктоого, чийки суу ичүүгө жана эмне колго тийсе, ошону жегенге мажбурлайм. Сен өзүндүн байлыгыңды деңизге ыргытасын. Сен нике, балдар, мекениң жөнүндө кам көрүүнү токтотосун. Атаңды үйгө таштап, сен жылаңач тактада же эч ким жашабаган мунарада же чопо карапада жашайсын. Сенин түйүнүң эки тарабы тең жазылган буурчактар менен оролгон кагаздарга толтура болушу керек. Мындай жашоо образы сени улуу падышадан көрө бактылуураак кылат.

Одоно жана тарбиясыз болуш керек жана падышаларды да, жөнөкөй адамдарды да бирдей урушуу керек. Уялуу, жүрүш-туруш тартиби жана аларды сактоо жок болуш керек, уялып кызарууну түбөлүк бетиңен сүртүп ташта. Башкалар чет жерлерде жасай албаганды сен элдин алдында көрүнө жерлерде тайманбай жаса” (котормо авт.).

Окуунун тагдыры. Киниктердин окуусу көбүнчө стоиктердин жүрүш-турушуна таасир эткен; материалдык жыргалчылыкты жек көрүү жана киниктердин жашоо образы аскетизмдин христиандык идеалдарынын калыптанышына мүмкүнчүлүк түзгөн.

5.5. Академия (Akademy) же платонизм (platonism)

Академия Платон тарабынан б.з.ч. 387-жж. тегерегинде негизделген жана дээрлик миң жыл бою жашаган.

Римдиктер тарабынан Афинаны багындырууда (Сулланын жетекчилиги астында) б.з.ч. 86-ж. Академиянын имараты талкаланган, китепканасы жок кылынган жана бактары кыйылып ташталган. Император Марк Аврелийдин (белгилүү философ-стоик) буйругу боюнча Афинада төрт философиялык кафедра ачылганга чейинки, б.а. 176-ж. чейинки Академиянын тагдыры жөнүндө толук маалыматтар жок. Мындан кийин Академиядагы системалуу түрдө сабак өтүү калыбына келтирилген.

Академия 529-ж. император Юстиниандын буйругу боюнча ошол убакта христиандык Рим империясынын территориясындагы акыркы “бутпарас” философиялык мектеп катары жабылган. Ошондо бир катар академиктер Хосров падышанын сарайына көчүп кетишкен.

Кайра жаралуу доорунда Козимо Медичи Флоренцияда платондун Академиясын ачкан (1459-1521-жж.)

Платон Академияны пикирдештердин союзу катары (пифагарчулар союзун элестеткен) ачкан. Академиянын башында Академиянын мүчөлөрүнүн ичинен тандалып алынган схоларх турган. Биринчи схоларх Платон болгон жана ал бул кызматта өмүрүнүн акырына чейин турган.

Жашоо образы. Академияга кирип жатып анын мүчөлөрү дене жыргалчылыгына кумарлануудан, эт жегенден өзүн токтотууга, уйкуну чектөөгө ант беришкен. Өздөрүнүн негизги жумушу деп илим менен алектенүүнү эсептешкен.

Илимий изилдөөлөр. Академияда бир катар илимдердин үстүнөн активдүү иш алып барылган: философиянын, математиканын, астрономиянын, физиканын, этиканын ж.б. Өзгөчө математика боюнча изилдөөлөр маанилүү роль ойногон, бул жөнүндө Академиянын кире беришиндеги жазуу өзү эле айтып турат: “Геометр эмес кирбейт!” (котормо авт.) Мында Байыркы Академияга сандардын мистикалык тушундүрмөсү мүнөздүү болгон (пифагореизмге окшоп).

29-таблица

Академинын тарыхындагы негизги периоддор

Период	*Схолархтар*	*Изилдөөлөрдүн негизги багыттары жана мүнөздөмөсү*
Байыркы Академия, Б.д.ч. 386-264-жж.	Платон, Спевсипп (б.з.ч. 409-339-жж.) Ксенократ Полемон Кратет	Платондун ишин систематизациялоо жана комментарийлөө; диалектикалык талаш-тартыштардын техникасын иштеп чыгуу
Орто Академия, Б.д.ч. 264-214-	Аркесилай (б.з.ч. 315-240-жж.)	Салыштырмалуу скептицизм (пробабизм), стоиктер менен күрөш

жж.	Лакид Телеклет Гегесин	
Жаңы Академия	Карнеад (б.з.ч. 214-129-жж. Кратет Клитомах Ларисалык Филон (б.з.ч. 110-88 (?)	Илимдин мүмкүн эместиги принцибин, ошону менен бирге бардык догматизмди негиздөө: тоталдык скептицизмден баш тартуу; платонизм менен стоицизмдин жалпы негиздерин издөө
Б.з.ч. 86 - б.з. 176-ж. – IV-к. аягы	Академиялык салттагы тыныгуу Белгисиз	Адабий-риторикалык сабактар; жалпы билим берүү сабактарын окутуу
Жаңы платончул Академия, IV-к. аягы – 529-ж.	Афиналык Плутарх (432-ж.өлгөн) Сириан Прокл Марин Исидор Гегий Дамаский	Плотиноямвлих тибиндеги жаңы платончулуктун пайда болушу Жаңы платончулуктун өнүгүшү

5.6. Жаңы платончулук (Neoplatonism)

Жаңы платончулуктун негиздөөчүсү Плотин жана анын мугалими Аммоний.

Негизги өкүлдөрү	*Өмүр баяндарынан маалыматтар*	*Негизги эмгектери*
Аммоний, Саккас, 175-242-жж.	Александрияда төрөлгөн, ата-энеси чокундурган, бирок өзү бутпарас болгон	Эч нерсе жазган эмес
Плотин, 205-270-жж.	Ликополдо (Египетте) төрөлгөн. 28 жашында философияны окуй баштаган жна Аммонийден Александрияда 11 жыл билим алган, 40 жаштар курагында Римге көчүп келип, ал жерде мектеп негиздеген жана анда 25 жыл сабак берген	Эниеаддар (Тогуздуктар)
Порфирий, 232 - 301-ж. кийин	Тир шаарында төрөлгөн, Платондун окуучусу	“Плотиндин жашоосу”, “Христиандарга каршы”, Платондун жана Аристотелдин эмгектерине комментарийлер
Ямвлих, болжол менен 280 – 330-жж.	Сирияда жашаган жана төрөлгөн	“Пифагордун жашоосу”, “Кудайлар жөнүндө”, “Платондун теологиясы”,

		“Символдор жөнүндө”
Прокл, 410-485-жж.	Константинополдо төрөлгөн, Александрияда жана Афинада окуган, Платондун Академиясында сколарх болгон	“Теологиянын алгачкы негиздери ”, “Платондун теологиясы жөнүндө”, Комментарийлер

Философиялык көз караштары. Жаңы платончулукта платондук денелик сезимтал дүйнөнү сезимден жогорку дүйнөгө болушунча жогорку чекте карама каршы коюу ишке ашырылган. Негизги көңүл акыл-эстен жогору жана болмуштан жогору алгачкы башталыш жөнүндөгү окууга бурулган. Платондон кийин, жаңы платончулар баштапкы башталыш – бул Жалпы Биримдиктүү= Жыргалчылык деп эсептешкен. Аны акыл-эс менен таанууга болбойт, ал бир гана **акыл-эстен жогору экстаз абалы** менен таанылат. Ал эмне экенин айтууга болбойт, ал эмне эмес экенин гана тастыктоого мүмкүн, б.а. ага бир гана терс аныктамалар колдонулат.

Биримдик=Жыргалчылык, Платон айткандай, “эч нерседен кем эмес, өзүнө өзү ээ, эч нерсеге да муктаж эмес ”. Биримдик убакыттан тышкары, эч нерсеге умтулбайт, түбөлүк тынч абалда турат. Ал өзүн өзү билет, бирок таануу процессисиз, себеби ал үчүн билимсиздиктен билимге өтүү жок.

Биримдик=Жыргалчылыкты Платон Күн менен салыштырат. Күндөн жарык чыккан сымал, Биримдик=Жыргалчылыктан эманация (агып чыгуу, шоолалануу), чыгат да идеяларды камтыган Болмуш=Акыл (Нус) жаралат. Ошентип, Акыл, бир тараптан, көптүк, себеби анда көптөгөн идеялар бар, башка тараптан, ал – жалгыз. Акыл убакыттан тышкары жашайт. Ал өзүнүн мазмунун - идеяларын ойлоо менен өзүн өзү тааныйт, ошону менен бирге идеяларды жаратат. Бул процесс адатта эң эле жалпы идеялардан башталып, алардан башкалары пайда болот.

Эманациялардын Акылдын чегинен тышкары жайылышы **Дүйнөлүк жандын** пайда болушуна алып келет. Ал убакытты жаратат, ал эми өзү болсо убакыттын ичинде болот. Дүйнөлүк жан – өзү денесиз болгону менен сезимден жогору дүйнө менен сезимтал дүйнөнүн ортосундагы байланыштыргыч звено. Жан денелүү бардык объекттердин кыймылынын булагы болуп саналат. Дүйнөлүк акыл курамдык бөлүктөргө чачырайт: асмандын жаны, жылдыздардын жана планететалардын жандары, Жердин жаны, жаныбарларлардын, өсүмдүктөрдүн, адамдардын ж.б. жандары.

Биримдиктен чыккан, караңгылык менен түпсүздүк болуп калган өчкөн жарык бул материя, ал сезимтал, денелүү космосту жаратат. Убакыт боюнча жашоосу боюнча ал түбөлүктүү (убакыт барда ал дайыма жашайт).

34-чийме

Плотин: космогония

Биримдик=Жыргалчылык

↓

Болмуш=Акыл (Нус)

Дүйнөлүк жан

↓

Денелүү космос

Ямвлихте жана Проклда бул чийме бир кыйла татаалдашат, мисалы Биримдик менен Акылдын ортосундагы аралыкты сандар ээлейт.

Окуунун тагдыры. Жаңы платончулук башка байыркы философиялык агымдарга караганда көбүрөөк орто кылымдардагы христиандыкка жана батыш (Аврелий, Августин, Боэций, Эриуген ж.б.) жана чыгыш (Адександриялык Афанасий, псевдо-Дионисий, улуу капподокиялыктар: Улуу Василий, Григорий Богослов, Григорий Нисский ж.б.) христиан философиясына таасир көрсөткөн. Мистикалык түшүнүктөгү орто кылымдардагы мусулман философторуна, өзгөчө сопучулукка, ошондой эле ошол эле доордогу еврей философторуна олуттуу таасир көрсөткөн.

Жаңы платончулукка болгон кызыкчылыктын жаңы толкуну Кайра жаралуу доорунда пайда болгон (Плифон, Фичино, Бруно ж.б.). Жаңы доордо Берклиге, ал эми XIX-к. – Шеллинг, Гегель сыяктуу романтиктерге, XX-к. – Бергсонго болгон таасирин белгилөөгө мүмкүн. Жаңы платончулуктун идеялары орус философтору: Вл. Соловьевго, Флоренскийге, Франкка, Булгаковго, Лосевге таасир көрсөткөн.

3-БӨЛҮМ
I-КК. ХРИСТИАНДЫК ФИЛОСОФИЯ
6-БАП
ХРИСТИАНДЫК ФИЛОСОФИЯ

6.1. Христиандык философиянын калыптанышы

Христиандык б.э. I к. Палестинада, Рим империясынын чыгыш провинциясында пайда болуп, империянын бардык аймагына кеңири таркалган.

Бул дин жалгыз гана кудай бардыгын тааныгандыгынан башка “расмий” Рим кудайлары (Юпитер, Марс, Ромул ж.б.) христианчылыкта жалган кудайлар же жин, шайтандар деген түшүнүккө ээ болушкан. Рим атуулдары лоялдуулуктун белгиси катары кудайлашкан императорлорго жана Рим кудайларынын статуяларынын алдында ант беришсе, ал эми христиандар андай салт санааларды аткаруудан баш тарткандыгы үчүн Рим бийлигиндегилерге өтө шектүү көрүнүшкөн, ошондуктан I-III-кк. бийлик тарабынан христиандар куугунтукка алынган. (Алардын алгачкысы I-к. аягында Римдеги бардыгын күйгүзүп кеткен өрттөн кийин император Нерон шаардын өрттөлүшүндө христиандарды күнөөлөгөн). IV-к. башында христианчылык империянын аймагында императорлордун көнүлүн бура алган олуттуу күчкө ээ болгон. 313-ж. императорлор Константин жана Лициний христианчылыктын империядагы башка диндер менен укуктарынын теңелгендиги айтылган Милан жарнагын жар салды.

325-ж. христиандык Рим империясынын мамлекеттик дини деген император Константиндин жардыгы чыккан. IV-к. аягында (болжол менен 395-ж.) император Улуу Феодосий өзүнүн жардыгында бутпарас диндерди жана бутпарас храмдарды жабууну буйрук кылган. Ушундан кийин гана христиандык империядагы бирден бир расмий дин болуп калган. Ошол убакыттан баштапхристиандардын бутпарастарды куугунтуктоосу башталып, (ошондой эле мамлекеттин деңгээлинде да) бутпарас маданиятына, ошонун ичинде бутпарастык философияга каршы активдүү күрөш жүргүзүлгөн. 529-ж. император Юстиниан өзүнүн жардыгы менен эң акыркы бутпарастык философиялык мектеп – Афинадагы Платондук Академияны жапкан. I-III-кк. ар түрдүү тоскоолдуктарга байланыштуу христиандык философия акырын өнүккөн. Христиандыктын көрүнүктүүөкүлдөрү (Тертуллиан, Иустин, Татиан ж.б.) христиандар эч кандай философияга муктаж эмес, ошондуктан мурдагы бардык философия алынып салынышы шарт деп белгилешкен. Ал эми башкалары болсо христиандык ишенимди негиздөөдө жана түшүндүрүүдө философия жардам берет деп эсептешкен. Ошол эле учурда бутпарастардын идеяларын колдонууга да болот, мында адегенде аны алдын ала бутпарастык мааниден тазалап алуу керек дешкен. Христиандык философиянын калыптанышында иудей-эллинисттик философФилон Александрийскийдин илими маанилүү таасир көрсөткөн. Христиандык окуулардагы алгачкы философиялык идеяларды библия (жаңы инжилден) тексттеринен кездештирүүгө болот: Иоандын Евангелиясынан, Павел апостолдун (мификалык Ыйса пайгамбардын 12 шакиртинин; анын окуусун таратуучулардын бири) Кабарларынан. Христиан идеяларын философиялык түшүндүрүүгө жасалган алгачкы далаалаттар катары гностицизмди, Оригендин окууларын, апологетиканы жана патристиканы эсептөөгө болот (31-таблица).

31-таблица

Алгачкы христиандык философиянын багыттары

Багыты	*Чиркөөгө мамилеси*
Гностицизм	Ерестердин булагы катары айыпташкан.
I-IIк	
Ориген	Патристикага чоң таасир көрсөткөн, бирок бир катар маселелер

185-254-жж.	боюнча чиркөө тарабынан расмий түрдө айыпталган.
Апологетика	Таанылган жана колдонгон
II-Vкк.	
Патристика	Христиандык дин илиминин теориялык пайдубалы катары
V-VIIIкк	таанылган.

Христиандык окууларга ылайык адам жашоосунун негизги максатыбейиш жыргалчылыгын табуу болгондуктан, христиандык теология менен философиясындагы негизги орунду сотериология – куткаруу жөнүндөгү окуу, б.а. бейиш жыргылчылыгын табуунун жана кудайга жакындоонун жолдору жөнүндөгү илим ээлейт.

6.2. Филон Александрийский (Philo of Alexandria)

Өмүр таржымалы. Филон (б.э.ч. I-к. ортосу) - байыркы еврей теологу жана философу. Александрияда жашаган жана Иудей дин илимин карманган, бирок эллинисттик философияны өздөштүргөн. Филон биринчилерден болуп иудаизмдин диндик идеяларына философиялык маани берүүгө жана Ачылыш менен философияны бириктирүүгө аракеттенген.

Негизги эмгектери. «Жыргал жашоо жөнүндө» («О жизни созерцательной»), Эски осуяттардын китептерине комментарийлери (негизинен «Болмушка»).

Философиялык көз караштары. Библияны аллегориялык (каймана) түшүндүрүү. Филондун пикири боюнча грек философтору өз акылмандыктарын Платондун, Пифагордун, Зенондун окуулары каймана түрдө камтылган Эски Осуяттардан калпып алышкан. Кудай чындыгы "адамдын алсыздыгына" ылайыкташып, аллегориялык форманы алган, ошондуктан түшүндүрүүчүнүн негизги милдети - инжилдин тексттеринде жаткан терең философиялык жана диний маани-маңызды түшүнүү жана түшүндүрө билүүдө.

Космогония жана космология. Эски осуят кудайы Ягве (Иегова) Платондун Биримдик = Жыргалчылыгынан жогору жана анык чындык. Адамдарга белгилүү жагы анын жашоосу бар экени, бирок биз ал жөнүндө эч нерсе билбейбиз да, биле да албайбыз. Кээ бир тандалмалар мистикалык экстаз (элирип, өзүн-өзу унутуу даражасына жеткен абалда) абалына жетип, Кудайдын бар экенин сырттан гана байкоого жетишүүсү мүмкүн. Ошондо дагы кудайды аз аздап гана таануу мүмкүн.

Кудай дүйнөнү рухий жансыз күчтүн – логостун негизинде толуктап турат. Филон бул логосторду Плантондук идеялардай түшүндүрөт. Бул логостордун эң жогоркусу – Кудай Сөзү, бул кудай баласы, бардык идеялардын идеясы. Калган логосторду Филон ангелдер (периштелер) деп атаган. Логостордун жыйындысы идеялдуу, көрүнбөс жана акыл жете турган дүйнө. Денелик, сезимдик дүйнөнү кудай материядан идеялардын жардамы менен жараткан, ошондуктан формасыз пассивдүү терс башталмасы бар (37-чийме).

36-чийме

Христиан философиясынын калыптанышы





37-чийме

Филон Алекса



им жөнүндөгүлим (ант ...м - ...ененин биримдиги. Жан адамдагы кудайлык башталманы алып жүрүүчү; ал ...нгө чейин жашайт жана жана өлбөс, ал кыймылдын жана аракеттин булагы, анда адамдын жогорулашына жардам берген нерселердин баары камтылган. Адамдык дене материалдуу, демилгесиз жана эскиге негизделген, денеде адамды төмөнгө тарткан бардык начар нерселер бар, дене жан үчүн – зындан.

Этика. Адам денелүү абалы боюнча башынан эле күнөөкөр жандык, ким бир күн жашаса дагы күнөөлүү (таза эмес). Ошондуктан күнөөлүүлүгү жагынан алганда бардык адамдар Кудай алдында бирдей. Адамдык жашоонун максаты - кудайга окшошуу. Ошол үчүн тобо кылуу, дүйнөдөн алыстоо, аскеттик (дербиш) жашоо образы, кумарданууудан тазалануу зарыл.

Окуунун тагдыры. Филондун көз карашын ортодоксалдуу иудаизм тарабынан четке кагылган, бирок христианчылыкта өнүккөн, өзгөчө Климент Александрийский менен Оригенде байкалат (38-чийме).

38-чийме



6.3. Жаңы Осуяттардан

Айрым философиялык идеяларды Жаңы ...ндын Евангелиясынан жана жана апостол Павелдин каттарынан кездештирүүгө болот. Иоанн инжилдери Кудай Логосу – Сөз жөнүндөгү эскерүүдөн башталат: «Адегенде сөз болгон жана Кудайда сөз болгон жана Сөз Кудай болгон» (Иоани инжили). 1) Исус Христос – дүйнөнү сактоочу, Кудай сөзүнө (логоско) окшош.

Ошентип, мында Филон Александрийскийдики сыяктуу, Логос философиялык түшүнүгү менен (Гераклит, стоиктер жаңы Платончулар) адам кейпиндеги Кудай - Иисус Христос жөнүндөгү диний түшүнүктөр ортосунда көпүрө жаралат. Апостол Павелдин

каттарында жаңы диндин, б.а. христианчылыктын, мурдагы динге - иудаизмге жана бутпарастарга жана бутпарастык акылмандыкка болгон мамилеси жөнүндөгү көйгөйлөр каралат. Римдиктерге берилген Катында Апостол Павел мындай деп жазат: «Эч кандай эллин да жок, иудей да жок»: Христос баарын сактоо үчүн келди.

Бир катар каттарында Апостол Павел: бардык бутпарастык акылмандык, бардык философия – кудай акылмандыгынын алдында эч нерсе эмес, бутпарас философиясы бизге Ачылыш (откровение) үчүн берилген чыныгы жолдон ишенүүчүлөрдү адаштырып бурат деген. Бирок, экинчи жагынан, Апостол Павел кала берсе бутпарастар дагы Кудайдын табигый билимин алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу зарылдыгын тастыктайт: «Же көрүнбөс Ал, Анын түбөлүк күчү жана Кудай, Алар дүйнөнүн жаралышынан баштап жаралууларды кароо аркылуу көрүнгөн » (Римдиктерге кат). («Ибо. Невидимая Его, Вечная сила Его и Божество, от создания мира через рассматривания творений видимы»). Апостол Павелдин бул карама-каршы пикирдеги сөзү христиандыктын бутпарас философияга позитивдүү да жана ошондой эле терс да мамилесинин негизин түзөт (34-таблицада).

6.4. Гностицизм (Gnosticism)

«Гностицизм» - термини грек тилинен келип чыккан. «Гносис» «тааным», «билим» дегенди билдирет. Гностицизмге ар түрдүү диндерди жана философиялык окууларды синтездештирүүгө умтулуу мүнөздүү. Гностицизм I к. Сирияда же Александрияда пайда болгон. II к. кеңири таркалып, христиандык менен атаандаша алган. Гностицизмди христиандык, бутпарастык, семит-вавилондук (мандеизм) деген түрлөргө ажыратышат.

Гностицизмге жалпысынан бирдиктүү кудайлашкан башталма жөнүндөгү пикир мүнөздүү, андан бир катар эманациялардын жардамы менен иерархиялык түрдө уюшулган дүйнө пайда болгон. Кээде экинчи башталма сапатында (дуализм) Кудайдын карама-каршылаштары болуп саналган материя = караңгылык (мрак),(хаос) бардыгы божомолдонот. Ушундай же башка шартта дүйнө, аалам кудайдан өтө алыстаган сыяктуу каралат. Жаңы Платончулукта аралыктагы болгон нерселер Биримдик (Единое) менен материяны бириктирсе, ал эми гностицизмде – ажыратышат.

Христиандык гностицизм. Христиандык гностицизмдин ири өкүлдөрү болуп, Валентин, Василид жана Федот эсептелет. Василид боюнча эски осуят кудайы Ягве төмөнкү көрүнгөн асмандын периштелеринин башчысы болуп гана саналат (39-чиймеде). Ал жарыкчылык жана материядан (= караңгылык (мрак) = жамандык тамыры) жаралган биздин ааламдын жаратуучусу (демиург). Адам караңгы ааламдын жандыгы, бирок кээ бир адамдар (пневматиктер) космостун үстүндөгү чөйрөгө таандык рухка ээ.

Гносеология (тааным). Адамдын ички «менин» таанып билүүсү өзүндөгү бөлүнүүлөрдү жеңип чыгууга жана Асман (небесной) сферасы менен болгон ички биримдикти калыбына келтирүүгө мүмкүндүк берет. Бул үчүн гносис болуш керек, бирок ал кээ бир адамдарга гана мүнөздүү.

Гносистин маниси (Федот боюнча) төмөнкү суроого жооп бергенде гана түшүнүктүү болушу мүмкүн: «Биз кимбиз? Ким болдук? Кайсы жердебиз? Кайда ыргытылдык? Кандай аракеттенебиз? Кантип бошонобуз? Төрөлүү жана кайра жаралуу деген эмне?». Христостун жерге келиши пневматиктер тез жана натыйжалуу гносисти табуусу, жана рухий жан материянын туткунунан бошонуп, асманга кайтып чыгуусу үчүн дайындалган.

Окуунун тагдыры. Ерестердин (богомилдер, катарлар ж.б.), ар түрдүү дуалистик окуулардын өнүгүшүндө, пайда болушунда гностицизм өзгөчө негизги ролду ойногон. Гносис түшүнүгү Климент Александрийский, Ориген жана башкалардын окууларынын негизин түзгөн. Гностицизм Кайра жаралуу доорундагы герметизмге чоң таасир көрсөткөн. Ал эми жаңы мезгилде гностикалык мотивдер жана идеялар Шелингдин, Гегелдин, Соловьевдун, Бердияевдин эмгектеринен, ошондой эле теософиядан кездештирүүгө болот.

Василиддин космологиясы



Өмүр то лександрияда төрөлүп, узак куган жерде) мектебинде философия мектебин б ак берген. Кээ бир маалыматтарга караганда Ориген дене азгырыгынан качуу үчүн (самоскопление) денеге жаракат келтирүүнү киргизген. 231-ж. Александриялык эки синоддун (православ чиркөөлөрүн башкаруучу башкы мекеме) соттошуна кабылган. Алар Оригенди Александриядан кууп чыгууга жана аны пресвитер наамынан ажыратууга өкүм чыгарышкан.

Андан соң Палестинага келип, өзүнүн мектебин ачкан. Христиандарды куугунтуктоодо камалып, түрмөгө түшкөн жана ошол жерде кыйноолордун себебинен көз жумган.

Негизги эмгектери.“Жаратуу” («Творения»), “Цельске каршы”(«Против Цельса»).

Философиялык көз караштары.*Библиянын маанисинин 3 деңгээли.* Ориген Филон Александрийскийге окшоп, Библиянын маанисинин 3 деңгээли жөнүндөгү окууну иштеп чыккан.

- Денелик – так мааниде (буквальном)
- Жандык – адеп-ахлактык
- Рухий – философиялык мистикалык.

Эң тереңи болуп рухийлик эсепетелет.

Байыркы философияга мамилеси. Ориген Библиянын “рухий” мааниси жөнүндөгү өзүнүн түшүнүгүн өнүктүрүүдө ал бутпарас философиясынын идеяларына (стоицизм жана жаңы платонизмге) таянган. Мында ал христиандык ишеним окууларынын негизги жоболору үчүн негиздөөнү жана далилди издеген. Ал бутпарастык акылмандыкты христиандык идеяларды кабыл алууга даярдык деп эсептеген, ошондуктан өзүнүн окуучуларын окутууда ал байыркы философиядан, диалектикадан (логика), табигый илимдерден жана математикадан (айрыкча геометриядан) баштаган.

Космогония жана сотериология. Кудай убакытты жаратканга чейин Кудайды кабыл алууга жана Ага окшошууга жөндөмдүү белгилүү сандагы рухту (духту) жараткан (рухий

жанды). Алардын баарына адеп-ахлактык жактан эркиндик берилген. Бул духтардын бири өтө берилүү менен Кудайга жакындаган, башкача айтканда кудайлашкан Логоско айланган жана Кудайдын каарын алып жүрүүчүсү болуп калган. Бул кийинчерээк кудайдын баласы жерге кайтып келген көрүнүшкө алып келген рух, себеби Кудайдын түздөн түз көрүнүшү акылга сыйбаган нерсе. Адеп-ахлактык эркиндикти пайдалануу менен калган духтар өздөрүн ар түрдүү алып жүрүшкөн, мындан төмөнкү 3 түрдүү макулуктар пайда болгон.

32-таблица

Макулуктардын 3 түрү

Макулуктардын түрү	*Кудайга болгон мамилеси*
Периштелер (Ангелы) (ар түрдүү түрдө)	Кудайга жакындашкан (ар түрдүү күч менен)
Жин шайтандар (Демоны) (ар түрдүү түрдө)	Кудайга жүз үйрүшкөн (ар түрдүү күч менен)
Адамдар	Кудайга жакындоо менен андан алыстоонун ортосундагы кандайдыр бир тең салмактуулук.

Жаратуудагы негизги максат - Кудайдын толукталышына салым кошуу болгон, ошондуктан бир катар рухтардын уроосу Кудай тарабынан жооп катары аракеттинпайда болушуна түрткү болду. Кудай жаратылышына баш ийдирүү таасирлери мүнөздүү эмес, жана рухтар эркин, ал эми кыйрап же кулапбараткандар үчүн кудай физикалык дүйнөнү жаратат.Ал жакка Кудайды сүйбөй калган жана жанга айланып калган алгачкы түзүлгөн жандартүшүшөт. Бул жерде жандар жамандыктын натыйжаларын баштан кечиришет, бирок аларда жакшылыктын жолуна түшүү мүмкүнчүлүгү бар. Бул болсо мерт болгондорду айланууга алып келет жана аларды мурдагы абалга алып келет.Ошентип, физикалык дүйнө алардын оң жолго түшүүнүн жана калыбына келүүнүн каражаты гана болуп саналат. Биздин физикалык дүйнөбүзгө чейин ушундай эле дүйнөлөрдүн баш-аяксыз саны болгон жана кайсы бир дүйнөдө Кудайга кайрылбаган жандар бул мүмкүнчүлүктү кийинки дүйнөлөргө сакташат.

Оригендин космологиясы.



Ориген: башаттар жана таасир

мкүндүгүн тастыктайт, башкача айтканда бардык
ндар да, Кудайга кайта алуусун (апокатастасис) жана
бактылуулугун.

ригендин окуулары кийинчерээк калыптанган
гияынын маселеси катары тез таркалган. Айрыкча чиркөөнү талкуулоодо төмөнкү идеяларды пайдаланып келишкен.

- бардык жандарды сактоо мүмкүндүгү
- биздин дүйнөдөн мурда сан жеткис физикалык дүйнөлөрдүн болгондугу;
- Платондун жандын алдын ала бардыгы жана билимди “эскерүү” катары кабыл алуу жөнүндөгү окууларын өздөштүрүү;
- Кудайлашкан Логостун алып жүрүүчүсү катары кабыл алынган Христтин жанын жаратылган жан катары жөнүндөгү окуу (ортодоксалдык салт боюнча Христос “экинчи даражадагы ипостась” же Кудайдын Баласы деп түшүндүрүлсө, Оригенде болсо Кудайдын уулу бардык жактан Атасынан төмөн деп эсептелинет).

Окуунун тагдыры. 543-ж. император Юстиниандын жарлыгына ылайык Ориген еретик деп жарыяланган. Ага карабастан анын окуулары орто кылым философиясына жана көптөгөн чиркөө аталарына (Патристикого) чоң таасир тийгизген.

6.6. Апологетика (Apologetics)

«Апологетика» термини грек тилинен келип чыгып, «коргоочулук, жактоочулук, актоо, актануу» деген маанини билдирет. Апологетика деп христиандык окууларды коргогон, христиандык теологиядагы жана философиядагы бир агымды түшүнөбүз. . Негизинен христианчылыктын калыптануу жана бутпарастар менен күрөшүү доорунда пайда болгон (35-таблицада). Апологетиканын интенсивдүү өнүгүүсү II-Vкк., айрыкча 325-ж. христиандарды массалык куугунтуктоо мезгилине туура келет. Бул мезгилде “христиандык иудейлерди кызыктырган, эллиндер үчүн акылга сыйгыс жана өкмөт үчүн уруксат берилбеген” дин болуп саналат. Мындан христианчылыкты 3 багытта коргоо зарылдыгы туулган (33-табл.).

33-таблица

Апологетиктердин негизги багыттары

Даректери (адресат)	Максаттары
Иудейлер	Христин келиши Эски осуяттарда алдын ала айтылган жана христиандыкКудайдын эркы менен иудаизмдин ордуна келгендигин далилдөө.
Бутпарастар	Ачылыш чындыгын акыл-эс тилине которуу, башкача айтканда христиандык окууларга рационалдуу жана философиялык негиздөө берүү
Рим бийлиги	Өкмөткө болгон ак ниеттүүлүктү (лоялдуулукту) далилдөө.

Жеке философиялык идеяларды, биринчи кезекте, бутпарастарга каршы багытталган апологиялардан табууга болот. Мындагы негизги көйгөй – акыл эс менен ишенимдин, бутпарас философиясы менен христиандык окуулардын ортосундагы мамиле. Мындай көйгөйлөрдү чечүүдө эки карама каршы позициялар калыптанган (34-таблица).

34-таблица

Апологеттердин бутпарас философиясына болгон мамилеси

Терс мамилелер (Татиан, Тертуллиан)	Оң мамилелер (Иустин, Климент, Ориген, Августин)
Христиандык окуулар менен философиянын ортосунда эч кандай байланыш жок	Философия жана христианчылыктын тамыры бир; бир катар философиялык окуулардан айрым христиандык идеяларды табууга болот.
Философияны изилдөөнүн кереги жок жана ишеним үчүн өтө зыян	Философияны изилдөө менен ишенимдин чындыгын терең билүүгөзарыл.

35- таблица

Апологеттердин философиялык идеялары

Иустин – азапты көп тарткан киши, болжол менен 166 жолу соттолгон	Христиандыкменен философиянын тамыры бирдей - бул дүйнөгө кенен жайылган Кудайлашкан Логос. Ошондуктан христиандар деп Логос жашоосуна ылайык жашаган (Сократ, Гераклит) философторду да эсептөөгө болот. Логосту теориялык жактан стоиктер да таанышкан.
Татиан, IIк., Иустиндин окуучусу.	Бардык бутпарас философтору адеп-ахлаксыз жана түркөй болушкан. Христиандык акылмандык – философиялык окуулардын эң байыркысы.
Тертуллиан, болжол менен 150-222-жж.	Бутпарастык жана христианчылык, ишеним жана акыл эс, дин жана философия бири бирине туура келбейт. Ишеним чындыгын акыл эс менен таанууга болбойт, алар акыл эстен да жогору: «Ишенем (бир нерсеге) анткени маанисиз».
Александриялык Климент, болжол менен 150-215-жж.	Бутпарастык философия жана христиандык ишеним окуулары - бул даректын эки бутагы; христианчылыктын чындыгы-бутпарас окууларынын мыктылары - бул христиандыктын босогосу. Ишенимсиз билим, билимсиз ишеним болбойт. Ыйык жазуулардын маңызын терең түшүнүү үчүн анын аллегориялык талкуулоо керек.
Ориген, 185-254-жж. Климентгин окуучусу	Христиандык - бутпарас философиясынын мыйзам ченемдүү жыйынтыгы жана аягы, ошондуктан христиандыкты окуп үйрөнүүнү философиядан баштоо керек. Философия христиандык идеяларды негиздөөдөгү жана далилдөөдөгү эң жакшы каражат.
Августин, 154-430-жж.	Христиандык философиянын негиздери жаңы платонизм менен христиандыктын синтездөө жолу менен калыптанат. Ишеним, акыл эстин жогоркусу, алгачкысы деп тастыкталат.

Бутпарас философиясына каршы аргументтер

Ап. Павел: “Дүйнө Кудайды Кудайлык даанышмандыгы менен тааный албаганда Кудай көзү ачык, апенди чалыш кеңештер менен ишенүүчүлөрдү сактап калган, себеби Кудайдын анчалык деле акыдуу эмес кадамы деле адамдардан акылманыраак” (Коринфтиктерге алгачкы кат).

Татиан: “Сиздерде философияны үйрөнгөндөн кандай жакшы сапат пайда болду? Кудайдын буйруктарына баш ийүү жана өлбөстүктүн Атасынын мыйзамдарын кармоо менен адамдардын пикирлеринде негизделип жаткан бардык нерсени алып таштайбыз” (“Гректерге кайрылуу”).

Тертуллиан: “Философия жаратылыштын, Кудайдын иштеринин жана дүйнө даанышмандыгынын шашылыш түшүндүргүчү болгондуктан, ересь да философия аркылуу козголот. Бир эле нерсе дайыма эле философтор тарабынан да, еретиктер тарабынан да талкууланат жана тигилер да, булар да бирдей эле аргументтерди айтышат. Анда жамандык кайдан чыгат? Эмнеге жамандыктын болушуна жол берилет? Адамдын түп тамыры кандай? Ал кантип бул дүйнөгө келет? Валентин сунуш кылган суроо талкууланат: Кудай кайсыл тараптан келет? Ал өзү минтип жооп берет: Ой жүгүртүү менен Ачылыштан. Ушул адамдар үчүн диалектиканы, жаратуу жана уратуу искусствосун, өзүнүн божомолдоолорунда терең сүңгүп кирген, өзүнүн далилдеринде өтө кескин, араздашууларга түрткөн, өзүн өзү кыйнаган, баарынан баш тарткан жана дээрлик эч нерсе менен шугулданбаган искусствону жараткан Аристотель бактысыз”.

Колосстуктарга жазган катында ап. Павел мындай сандырак ой-пикирлердин кооптуулугу жөнүндө эскертпеди беле: “Силерди кимдир бирөө философия менен же куру бекер азгыруулар менен алаксытпашы үчүн силер Христтин эмес, адамдын берилгендиги менен карагыла”... “Афинанын Иерусалимге кандай тиешеси бар? Академия менен Чиркөөнүн ортосунда кандай келишим болушу мүмкүн? Еретиктер менен христиандар ортосундачы? Биздин кеңештер Кудайды жүрөктүн жөнөкөйлүгүнөн издөө керек деп өзүн өзү үйрөткөн Соломондун эшигинен келет. Ошондуктан стоиктердин, платончулардын жана диалектикалык идеялардын кошундусу болгон аралаш христиандыкты түзүүгө аракеттердин бардыгын жоготуу керек ”.Биз Иисус Христти ээликке алгандан кийин эч кандай кызыктыра турган диспуттарды каалабайбыз, биз Евангелий менен жаныбыз жай тапкандан кийин андан ары изилдөөлөрдүн кажети жок! Бизге биздин ишенимге кошумча эч кандай ишенимдин кереги жок. Себеби эң негизги ишенимге ээ болгондон кийин биз андан ары ишене түрган эчнерсе калбайт” (“Еретиктерге каршы билдирмелер жөнүндө)

36-таблица

Апологетиктер жана апологиялар

Кодрат, II-к.	Император Адрианга «Христиандарды коргоого грамота» (125-126-жж.)
Аристид, II-к.	Император Адрианга же Антонин Пийге багытталган «Апология»
Иустин–азап тарткан адам, болжол менен 166-ж. өлүм жазасына тартылган	«Iапология” (болжол менен 150-ж.), «IIапология» «Трифон–иудей менен сүйлөшүү»
Мелитон Сардийский, II-к.	Император – Марк Аврелийге багытталган «Апология» (болжол менен 170-ж.)
Татиан, II-к.	«Эллиндерге каршы» (болжол менен 170-ж.)
Минуций Феликс (Римактоочусу), II-к.	«Октавий» - апологиялык диалог, цецилия бутпарастын кол салуусунан христиандарды коргоо (177-ж.)
Афиногор,II-к.	Марк Аврелийге арналган “Христиандар жөнүндө арыз” (болжол менен 177-ж.)
Феофил Антиохийский, II-к.	Бутпарас Автоликке «Христиандык ишеним жөнүндө» (болжол менен 180-ж.)

Тертуллиан, болжол менен 150-222-жж.	«Апологетика», «Элдерге», «Скапулеге»
еп. Киприан, болжол менен 258-ж. өлгөн	«Идолдордун тополоңу жөнүндө китеп”
Климент, еп. Александрийский, болжол менен 150-215-жж.	«Протрептих» (“Эллиндерге насыят сөз; Тарбиячы; Строматтар ”)
Ориген, 185-254-жж.	«Цельске каршы» (III-к.)
Евсевий, еп. Кесарийский, 260-340-жж.	«Praeparatio evangelica» (IV-к.) “Demonstratio evangelica”(IV-к.)
Улуу Афанасий, 293-349-жж.	«Бутпарастарга айтылган сөз” (IV-к.) «Кудай-Күндүн көрүнүшү жөнүндө сөз» (V-к.)
Улуу Василий, 329-349-жж.	“Майрам күн” (V-к.)
Аврелий Августин, 354-430-жж.	«Кудайлар шаары жөнүндө» (410-ж. колдонулган)
Кирилл Александрийский, 444-ж. өлгөн	Юлиан отступниктин «Галилеянга каршы» аттуу памфлети боюнча трактат (VI-к.)

6.7. Патристика (Patristics)

Латын тилинен кирген термин, «pater» - «ата». Эрте христиандык доордогу ири философдордун жана өзгөчө чиркөөнүн атасы делген дин уламаларынын диний-философиялык окууларын патристика деп аталат. Дин уламаларынын окуулары христиандык ортодоксалдык теологиянын калыптанышында басымдуу роль ойногон. Негизинен патристиканын өнүгүшү III-VIII-кк. туура келет.

Христиандык окуулардын далилсиз жоболору курч диний-философиялык талаш-тартыштардын жазууларында, ошондой эле көптөгөн соборлордо, анын ичинде Дүйнөлүк (Вселенный) деп аталган собордо болуп өткөн дебаттарда бекитилген жана оңдолуп түзөлүп келген. Бул көйгөйлөрдүн жыйынтыктоочу чечими дал ошол Дүйнөлүк деп аталган собордо кабыл алынган.

Патристикада талкууланган негизги көйгөйлөрдө философиялык-теологиялык мүнөз байкалат:

- Кудайдын 3 жактуулугу жана ыйык ипостастар арасындагы катышы «(Троица жөнүндөгү талаш тартыштар)»;
- Христин жаратылышы – кудайлашкан, адамдык же кудайадамдык (христологиялык көйгөй);
- жыргал менен эркиндиктин катышы;
- акыл-эс жана ишеним катышы.

Патристика тарыхы 2 доорго: эрте (II-III-к.) жана бышып жетилгенге (III-VIII-кк.) бөлүнөт. Эрте патристика дооруна эмгектери кийинчерээк толук кабыл алынбаган же айрым бир маселелер боюнча көз караштары үчүн чиркөө куугунтукка алган (Тертуллиан, Александриялык Климент, Ориген, Евсевий Кесарийский) тигил же бул философ-уламалар дин таанытуучулар кирет. Алар чиркөө атасы эмес, болгону чиркөө жазуучулары болуп саналат.

Мындан сырткары патристиканы чыгыш жана батыш деп бөлүшкөн. Батыш чиркөө аталарынын окуулары (айрыкча Аврелий Августиндин) католиктик теология жана философиянын өнүгүүсүндө негизги ролду ойногон, ал эми чыгыш окуулары – православдык теология менен философияны өнүктүрүүгө чоң салым кошкон.

Католик чиркөөсүндө чиркөө аталарынын тизмесин аныктаган өзгөчө токтомдор

кабыл алынган, ал эми православ чиркөөлөрдө мындай мыйзамдуу токтомдор кабыл алынган эмес.

Августин. ***Өмүр таржымалы.*** Аврелий Августин Блаженный (354-430-жж.) - байыркы Рим философу, христиандык философияны негиздөөчүлөрдүн бири. Тогаст шаарында (Түндүк Африкадагы Рим колониясы) төрөлгөн. Анын апасы - христиан, атасы - бутпарас болгон. Ал алгач Тогаста, андан соң Карфагенде, Римде жана Медиоланумда (Миланда) окуган. Кичинесинен скептицизмге кызыгып, философияны өздөштүргөн.

42-чийме

Патристика классификациясы

философия менен христиандык окуулардын синтези. Ал платонизм жана жаңы платонизмдеги эң бийик идея - Биримдик = Жыргал - Кудай менен идеясын негиздейт. Бул идея болмуш жана жыргалчылыктын булагы жогорку чындык, жакшылык жана сулуулук деп белгилейт. Кудайлашкан үчөө (троица) – Кудай-Ата, Кудай-Уулу жана Кудай ыйык-Рух – платондук 3 жактуулук: Биримдик, Логос (Дүйнөлүк акыл) жана Дүйнөлүк Жан менен окшоштурулат.

Дал ошол бардык жаралгандар Кудайдын амири менен болгондуктан бардык жаралгандар жыргал. Ал эми жамандык жетишсиздик, жаракат катары түшүндүрүлөт.

Космология жана космогония. Кудай дүйнөнү жок жерден (болмуш эместен) жараткан жана дүйнөнүн жашоосу дайыма Кудай тарабынан тастыкталып турат. Эгер

кудайдын жаратуучу күчү түгөнсө, дүйнө дароо жоголот (өзүнүн жашоосун токтотот).

Дүйнө убакытта жана мейкиндикте чектелген, болгондо да убакыт менен мейкиндиктин өзүн дүйнө менен бирге Кудай тарабынан жаратылган (башкача айтканда дүйнө жаралганга чейин убакыт болгон эмес). Дүйнө жалгыз жана башка дүйнөлөр биздин дүйнө жаралганга чейин болгон эмес. Жаралган дүйнө иерархиялык түзүлүшкө ээ, мында ар бир зат дүйнөнүн түзүлүшүндө белгилүү, максатка ылайык орунга ээ. Жаралган дүйнөнүн төмөнкү жагында жансыз заттар жана акыл-эссиз нерселер; ал эми жогорку баш жагынды акыл-эстүү негиздер. Алардын Кудайга жакындашы же алысташы өздөрүнүн эркинен көз каранда. Мисалы: азраил өзүнүн жеке калоосу менен кудайдан бөлүнүп, андан соң адамдарды да күнөөгө батырган.

Гносеологиясы. Күнөө түпкүрүнө түшкөндөрдүн күнөөдөн арылуусу үчүн бир гана жол - кудайга биригүү. Ал үчүн 2 жол бар: акыл эс жана аброй жолу. Биринчи жол менен эң мыктысы Платон болгон байыркылар (христианчылыкка чейинки философтор) басышкан, алардын болгон. Дүйнө Кудайдын тарабынан жаралгандыктан, дүйнөнү изилдөө кудайды түшүнүүгө жакындоого мүмкүндүк берет.

Экинчи жол менен Кудайга ишеним шартында гана басуу мүмкүнчүлүгү бар башкача айтканда, бардык адамдарга берген кудайдын белеги (ачылыш, ыйык жазуулар, башкача айтканда Библия). Ушул жол менен гана кудайга жакындоого болот. Августин боюнча ишеним билимден жогору («түшүнүү үчүн ишениш керек»). Августинде таануунун жогорку ыкмасы катары эсептелген жаңы платондук экстаз жөнүндөгү окуу христиандык окуудагы жаркыроо жөнүндөгү окууга айланат.

Жан жана сатериология жөнүндөгү окуусу. Жан материалдуу эмес, ал өз алдынча субстанция, ал өлбөс. Адам жана Ева күнөөгө батканга чейин өздөрүнүн тандоосунда эркин болушкан: күнөөгө батса да, батпаса да. Күнөөгө баткандан кийин алар жана алардын кийинки муундары күнөө кылбай коё алган эмес. Христтин кечирим алуу үчүн мерт болушунан кийин Кудайдын тандап алган тандалмалар кайрадан күнөөсүз жашоого мүмкүнчүлүк алышкан.

Августиндин окууларынын ичинен кудайлашып алдын ала аныктоо жана жаргылчылык концепциясы негизги орунда турат. Кудай ар бир адам төрөлгөнгө чейин эле кээ бир адамды жакшы сапатту, куткаруучу жана жыргалда жашоочу катары алдын ала аныктап, кээ бирөөлөрүн жаман сапаттуу, азап кайгылуу, кыйналуучу мүнөздө жараткан. Адам жакшы сапатты (өзүн өзү сактап калууга эркти) Кудай ага тартуулаган жыргалчылык менен гана ала алат.

Коом жана философиянын тарыхы жөнүндөгү окуусу. 410-ж. Аларихтин армиясынын Римди басып алуусу бардык байыркы дүйнөнү титиретти жана Августиндин көңүлү мамлекеттин көйгөйлөүнө жана адам тарыхын динамикасын түшүүнүүгө бурулду. Өзүнүн «Кудайлардын шаары жөнүндө» деген эмгегинде Августин адамга таандык сүйүүнүн эки түрүн көрсөтөт, башкача айтканда аларга негизделген адамдык жалпылыктын эки түрүн ажыраткан (43-чийме).

43-чийме

«Эки шаар»



Чиркөө Кудайдын жердеги асман шаарынын образы, ал эми мамлекет - «карачылардын чоң шайкасы».

Августин боюнча адамзат тарыхы сызыктай мүнөзгө ээ: анын башталышы жанаакыры бар, андан төмөнкү этаптар бөлүнүп чыгат (37-таблица)

Августиндин этаптарга мындай бөлүштүрүүсүнүн канчалык баё болгонуна карабастан, философиянын тарыхын түзүүдөгү алгачкы кадам катары баалоого болот.

Окуунун тагдыры. Августиндин окуулары Орто кылымдын алгачкы периодундагы батыш европа философиясына чечкиндүү таасир көрсөткөн жана калыптанган жана кечки Орто кылым доорунда да таасирин көрсөтүүнү уланткан (томизм менен атаандаштыкта).

37-таблица

Адамзат тарыхынын этаптары

Биринчи доор	Адамдан Нойго чейин (Селкаптоого чейин)
Экинчи доор	Нойдон Авраамга чейин
Үчүнчү доор	Аврамдан Давидге чейин
Төртүнчү доор	Давидден Вавилондук туткунга чейин
Бешинчи доор	Вавилондук туткундан Христтин I жолу келүүсүнө чейин
Алтынчы доор (Азыркы мезгил)	Христтин I келүүсүнөн II жолу келүүсүнө чейин (башкача айтканда коркунучтуу соттон – акыр заманга чейин)

38-чийме

Августин: булактары жана таасирлери



алдын алып аныктоолору жөнүндөгү окуулары ушундай эле Кальвиндин - протестантизмдин бир негиздөөчүсүнүн окууларынын негизин түзгөн. XVII-к. Августиндин Паскальга көрсөткөн таасирин белгилеп кетүү зарыл. XX-к. азыркы

философияда герменевтика жана экзистенциализмде Августиндин идеялары чоң маанини ойногондугу белгилүү (38-чиймеде).

II-БӨЛҮК
ОРТО КЫЛЫМДАР ЖАНА КАЙРА ЖАРАЛУУ ДООРУНУН ФИЛОСОФИЯСЫ

Орто кылым философиясынын аймактары. Орто кылымда философия «географиясы» бир кыйла өзгөргөн: философия өнүгүүнү улантып гана чектелбестен (Индия, Кытай, Греция - Рим), анын чегинен чыгып, кеңири кулач жайды.

Байыркы дүйнө философиясын сөз кылганда, «батыш» (байыркы) жана «чыгыш» (Индия, Кытай) терминдерин кепте сөзсүз пайдаланууга болот. Ал эми Орто кылым доору үчүн «Батыш-Чыгыш» термини бир кыйла көйгөйдү пайда кылат. Алар биринчи кезекте мусулман жана еврей (еврей философиясынын негизги борбору ислам бийлиги менен башкарган аймактардан табылган) философиянын пайда болушу жана өнүгүүсү менен байланышкан. «Батыш философиясы» деген термин көбүнчө «Европа философиясы» деген термин менен синоним болуп калгандыктан, еврей жана мусулман философиясын аталган эки терминде колдонуу орунсуз. Ал эми «Чыгыш философиясы» деген мааниде колдонсок андан да бетер жаңылууга алып келебиз: биринчиден, мусулман жана еврей философиясы өзүнүн мазмуну жана мүнөзү жагынан Индия, Кытайга караганда Европага жакын. Экинчиден, мусулман жана еврей философиясынын бир катар борборлору территория жагынан алыскы батышта жайгашкан – Пиреней жарым аралында (мисалы: Кордовада).

Бул мезгилдеги маданиятка жана философияга дүйнөлүк диндер таасир эткендиктен, философиянын өнүгүшү жүргөн төмөнкү региондорду шарттуу түрдө белгилөөгө болот :

- будда дүйнөсү
- христиан дүйнөсү
- мусулман дүйнөсү

Орто кылымдын хронологиялык рамкасы (45-чийме*).* Адатта Орто кылым доору Европа тарыхындагы окуялардын базасында көрүнөт (башкача айтканда христиандык дүйнөдө). Анын шарттуу башталмасы Римди варварлардын басып алган 476-ж. эсептелинет. Эгер жеке байыркы философиянын өнүгүшүндөгү чек жөнүндө сүйлөй турган болсок, анда 529-ж. - акыркы бутпарастык мектептин жабылышы менен байланышкан мезгилди атасак тагыраак болот (Афинадагы Академиянын). Европалык Орто кылымдын аягы жана кийинки доор, башкача айтканда Кайра Жаралуу Доору – бул Италия үчүн XIV-к. ортосу, Түндүк Европа үчүн XVI-к. башы. Бирок тагыраак айтканда, Кайра жаралуу доору жалпы эле Орто кылымдын ордуна жалпы христиандык дүйнө үчүн эмес, анын кандайдыр бир бөлүгүнө - Орто жана Борбордук Европага гана келди.

Ал эми буддалык жана мусулмандык дүйнө үчүн Орто кылым доорунун башталышын жана аягын аныктоо быр кыйла кыйынчылыкты туудурат. Ошентип мында, Орто Кылым доорунун бүтүшүн бул жердеги региондордо Жаңы доордун маданиятынын учкундарынын пайда болушу менен байланыштырууга болот. Муну XIX-к. экинчи жарымында байкоого болот. Ушуга окшоштуруп эле буддизм жана мусулман дүйнөсүндө Орто кылымдын башталашын кеп сөзсүз эле V- же VI-к. менен да, жогоруда аталган даталар менен да байланыштырууга болбойт. Мусулман дүйнөсүнүн тарыхын VII-к. (исламдын пайда болушу менен) башталат. Ал эми буддизм дүйнөсүнө кирген Индия жана Кытай үчүн - III-VI-к., Япония үчүн - VI-VIII-к. туура келет (45-чиймеде).

45-чийме

Орто кылым доорунун хронологиялык рамкасы

БУДДИЗМ ДҮЙНӨСҮ

IIIIIIIVVVIVII… XIIIXIVXVXVI …XIXXX

Байыркы дүйнө Орто кылым Жаңы мезгил



Жалпы мүнөзү. Бардык аймактардагы орто кылым философиясы үчүн жалпы белги болуп анын теоборбордук мүнөзү жана теология менен тыгыз байланышы эсептелинет. Көбүнчө философия теологиянын рационалдуу түшүндүрмөсү сапатында каралат («Кудай кызматчысы»). Ошондуктан бул мезгилдеги философиялык окуулардын көпчүлүк бөлүгүн диндик философиялык деп атоого болот.

Алардын көңүлүнүн борборунда Кудай көйгөйү жана анын аалам менен, алгач адам менен ич ара мамилеси турган. Адамдык жаралуунун негизги маселеси куткарууга жетишүү (иудаизм, ислам, христианчылыкта – бейиш; буддизмде – нирвана). Мындан Кудайдын, адамдын жана ааламдын маңызы маселелер кызыгууларды жаратат (биз бул нерселер аркылуу Жаратуучу жөнүндө бир нерсени биле алабыз, себеби аларды Кудай жараткан).

Салыштырмалуу мүнөздөмө. Мусулман жана христиан дүйнөсүнүн философиясын көптөгөн факторлор бириктирип турат, башкача айтканда бирдей булактар – байыркы философия жана бири бирине жакын диндер: иудаизм, христиан, ислам. Христиандык, мусулман жана еврей философиясы коңшу аймактарда соода, согуш ж.б. мамилелердин негизинде өнүгүп келген жана ал коншуларга тез эле билинип калган, ошондуктан бул жерде ич ара таасир этүүлөр да байкалат десек жаңылышпайбыз. Мындай планда алып караганда бирдиктүү маданий-философиялык мейкиндик (христиандык, мусулман дүйнөсү) катары кароого да болот. Бул мейкиндик буддизм ааламынан бардык жагынан айырмаланат. XX-к. чейин христиандык-мусулман философиясы буддизм философиясына эч кандай таасир тийгизген эмес. Бирок XVII-к. аягында буддалык ааламдын батыш европалык философияга болгон таасири катталган.

Бул аймактагы философиянын дагы бир өзгөчөлүгү төмөндөгү башка шарттар менен да байланышкан. Христиан жана ислам өздөрү таркалган жерлерде бутпарас диндердин ордуна келип, аларды биротоло сүрүп чыккан. Христиан, еврей жана мусулман философиясы байыркы философиянын негизинде өсүп чыкса дагы, алардын өнүгүшө «Ачылыш диндеринин» таасири өтө күчтүү болгон (иудаизм, христианчылык, ислам) жана бул фактор философиянын мазмунунун бир топ өзгөрүшүнө алып келген. Ошондуктан Байыркы дүйнө философиясы менен Орто кылым философиясынын ортосундагы айырма дээрлик байкалат.

Буддизм дүйнөсү үчүн болсо кырдаал таптакыр башкача болгон. Буддизм ордосу болгон Индияда ал эч убакта жалгыз дин же үстөмдүк кылган дин болгон эмес, мындан чыкты, буддалык философиялык окуу «расмий» мамлекеттик философия деген статуска ээ боло алган эмес, веданта, джайнизм, йога ж.б. менен кошо жашап келген. Ал эми кээ

бир буддизм б.э. башталышында келип кирген Азиянын райондорунда жана өлкөлөрүндө (Кытай, Вьетнам, Корея, Япония ж.б.) ал мамлекеттик бийлик тарабынан колдоого алынганы менен, практикалык жактан эч качан үстөмдүк кылуучу дин болгон эмес жана жергиликтүү диндер жана алар менен байланышкан философиялык окуулар менен салыштырмалуу тынч жашоо менен аларга сиңип кетүүгө мажбур болгон. Мында буддизм жергиликтүү ишенимдер менен кандайдыр бир өлчөмдө ассимиляцияланган. Ошентип махаянада буддалык пантеонго жергиликтүү кудайларды киргизүү процесси активдүү жүргөн, мисалы Будданын ар түрдүү аватарлары менен аларды тогоштуруу жолу аркылуу. Ошондуктан Орто кылымда будданын дүйнөсүндө, бир жагынан, байыркы мезгилдерде пайда болгон буддалык эмес окуулар эркин өнүксө, экинчи жагынан, бир кыйла ырааттуу (“революциялык” эмес, “эволюциялык” мүнөздө) будданын жеке философиясынын өнүгүшү байкалат. Ошондуктан Байыркы дүйнө менен Орто кылымдагы философиянын ортосундагы айырмачылык анча билинерлик эмес.

Будда дүйнөсүндөгү жалпы философиялык окуулардын өнүгүүсүндө буддалык жана буддаллык эмес окуулар менен мектептердин ич ара таасирлери да өтө маанилүү ролду ойногон.

Ошондуктан христиан, мусулман жана будда дүйнөсү өсүү деңгээли жагынан бир кыйла айырмаланган. Негизгилери деп төмөндөгү 38-таблицадагы философиялык типтерди бөлүп кароого болот. 46-чиймеде Орто кылымдагы философиянын бөлүнүшү жөнүндө тагыраак маалыматтар камтылган .

38-таблица

Орто кылым философиясынын «типтери».

Аймак	*Философиянын «типтери»*	*Философиянын «типтеринин негизиндеги типтери» (подтиптер)*
Христиан дүйнөсү: «католиктик дүйнө» «православ дүйнө»	Христиандык	Батыш Европалык Византиялык
Мусулман дүйнөсү	Мусулмандык	Шиит-суннит
	Еврейлик	Суфий
Будда дүйнөсү: «хинаян дүйнөсү» «махаян дүйнөсү»	Буддалык	Хиноян философиясы
	Буддалык эмес	Махоян философиясы

46-чийме

Орто кылым философиясы



БУДДА ДҮЙНӨСҮНҮН ФИЛОСОФИЯСЫ

Жаңы эранын башында буддизм Индия аймагынан сырткары Түштүк-Чыгыш Азиянын көп өлкөлөрүнө таралып, дүйнөлүк динге айлана баштаган. Жаңы эранын II миң жылдыгында ал көптөгөн ушул мамлекеттерде расмий дин катары кабыл алынган. Болгондо да хинаяна түштүк аймактарда кеңири таркалган (Цейлон, Шри Ланка), ал эми махаяна болсо - чыгышта (Кытай, Корея, Япония, Монголия, Тибет ж.б.). Мында махаяна ээлеген аймагы жана колдоочулардын саны боюнча бир топ артыкчылыктарга ээ болду.

Будда дини Индияда пайда болгон мезгилден баштап эле улуттук диндер менен тынч жашоосун улантты: алгач Индиядагы индуизм (брахманизм) менен, Орто кылымда буддизм өзүнүн чегинен чыгып, башка аймактарга таркала баштаганда - башка улуттук диндер менен: Кытайда – конфуцийчилик жана даосизм менен; Японияда – синтоизм менен, Тибетте – бон дини менен. Махаянанын кеңири таралышына анын жергиликтүү диндерге каршы турбагандыгы гана эмес, ошондой эле алар менен синтезделип, жуурулушуп кеткендиги таасир эткен: будда пантеону ((айрым диндердеги кудайлар жыйынтыгы) жергиликтүү кудайларды да өз курамына киргизгендигинин эсебинен чексиз кеңейген. Мында алар тез-тез Будданын көрүнүштөрү менен жуурулушуп жана өздөрүн бодхисаттвам («существа, стремящиеся к просветлению») катары таанытышкан.

47-чийме

Будда дүйнөсүнүн философиясы



Ушулардын баары Орто кылымда, биринчиден, Индия жана Кытайда бир эле буддизм философиясы гана өнүкпөстөн, байыркы мезгилде эле улуттук диндер менен байланышып өнүккөн философиялык мектептер жана окуулар да болгондугун тастыктайт. Кытайдын маданий таасири тийген өлкөлөрдө (Япония, Корея ж.б.)

конфуциандык менен даосизм идеялары да таркалган. Экинчиден буддизм философиясы башка философиялык окууларга чоң таасир көрсөткөнү менен өз кезегинде ал бул философиялардын таасирине туш болгон.

Чыгыштын көптөгөн башка өлкөлөрүндө мисалы: Япония, Монголия, Корея, Вьетнам, Шри-Ланка ж.б. аймактарда бул доордо буддизм базасынын негизинде диндик философиялык окуулар өнүгө баштаган. Буддизмдин таркалышы жаңы агымдардын пайда болушуна алып келген. Алардын эң бир өзгөчө жана маанилүүсү чань - же дзен-буддизм философиясы (Кытай, Япония), ошондой эле Тибеттеги тантризм болгон.

7-БАП

ИНДИЯ ФИЛОСОФИЯСЫ

Индияда Орто кылым доорунда байыркы мезгилде пайда болгон ортодоксалдуу жана ортодоксалдуу эмес мектептер өнүгүүсүн уланткан, алардын ичинен ортодоксалдуу мектепке кирген **веданта** алгылыктуу орунда турган. Ал эми ортодоксалдуу эмес мектептерден арасынан **буддизм** өзгөчө өнүккөн.

48-чийме

Орто кылымдагы Индия философиясы: мектептердин эволюциясы



дин болуп калган буддизм менен байыркы брахманизмдин негизинде түзүлгөн улуттук дин - индуизмдин ортосунда күрөш жүргөн. XV-XVI-кк. индуизм басым жасап, азыркы мезгилде буддизм Индиядан сүрүлүп чыгарылган. Мындай процесс буддага тиешелүү философиялык мектептердин жок болуп кетишине алып келген. Бирок өз кезегинде буддизм философиясы көптөгөн башка философиялык мектептерге жана агымдарга чоң таасир эткен. Айрыкча маанилүү ролду буддизимдеги «боштук жөнүндөгү окуу» (шунья) ойногон.

Орто кылымдагы ортодоксалдуу мектептердин эволюциясынын мүнөздүү өзгөчөлүгү философиялык окуулардын узак убак ичинде синтезделиши эсептелет; мында кайсы бир мектептин жетишкендиги жалпынын энчиси болуп калган. Индиянын бардык философиялык мектептеринде йогада иштелип чыккан медитативдик көнүгүүлөр колдонулса, бардык ортодоксалдуу мектептерде болсо ньяя мектептеринде иштелип чыккан логика колдонулган. Мындай синтезделүүгө байыркы мезгилде эле пайда болгон салт бир топ даражада таасир эткен: жеке окууну жазуудан мурда бардык башка мектептердин окууларын сындоо керек болгон, ал эми бул болсо изилдөөнү жана талдоону талап кылган.

Ар түрдүү мектептердин философиялык окууларынын синтези жөнүндө сөз кылганда, биринчиден, ведантынын миманса менен, санкхьянын йога менен, вайшешиканын ньяна менен синтезин белгилөө зарыл.

7.1. Будда философиясы

Биздин кылымдын I-IV-кк. Индияда Орто кылымда активдүү өнүккөн бир катар буддизмдик философиялык мектептер калыптанган. Алардын ичинен Махаянанын эки жана хинаянанын эки мектеби негизги ролду ойноду (39-таблица).

39-таблица

Будда философиясынын мектептери

	Мектептер	Аталышынын мазмуну	Негиздөөчүлөрү
М	Мадхьямика	«Орто» деген сөздөнбаштап	Нагарджуна, II-к.
А	же	(Нагарджундун «Орто окуунун	
Х	шуньявада	карикалары” “Карики	
А		срединногоучения»	
Я		трактатынынаталышы);	
Н		«Боштукжөнүндөгүокуу» (Шунья)	
А	Йогачара	«Йогалар практикасы»;	Майтреянатх, IV-к.
	же	«Аң-сезимди реалдуулук катары	Васубандху, IV-к.
	виджнянавада	караган окуулар жөнүндө»	Асанга, IV-V-кк.
Х	Саутрантика	«Сутрду жактоочу» дегенден баштап	Кумаралата, II-кк.
И	Вайбхашика	«Вибхаша» трактатынын	Васумитра, I-II-кк.
Н		«түшүндүрүү», «сүрөттөө» дегенден	Васубандху, IV-к.
А		пайда болгон	
Я			
Н			
А			

Бул мектептердин ортосунда айрыкчатөмөнкү маселелер боюнча көз караштарында ажырым байкалат.

- Физикалык жана психикалык обьекттердин реалдуулугу же иллюзордуулугу (сезим алдоосунун негизинде чыныгы нерсенин бурулуп көрүнүшү) жөнүндө;
- Сансара жана нирвананын маңызы жөнүндө.

Будданын окуусу боюнча адам – бул болгону дхармалар жыйындысы, ал эми анын жашоосу кала берсе бардык жашоолордун (кайра жаралууларда) ырааттуулугу – бул драхмалар агымы, ташкыны. Бирок Будданын өзү биздин кабылдообузда өз алдынча физикалык жана психикалыктар катары элестетилген обьекттердин реалдуулугу жөнүндөгү суроого алардын куткаруу ишинде анчалык деле маңыздуу деп эсептебегендиктен жооп берүүдөн баш тарткан.

40-таблица

Реалдуулук жана иллюзордуулук

Мектептер	*Реалдуу жашайт*	*Иллюзия болуп саналат*
Мадхьямика	Бошту к	Рухий жана физикалык обьекттер
Йогочара	Рухий обьекттер	Физикалык обьекттер
Саутрантика	Рухий жана физикалык	—
Вайбхашика	обьекттер	

Махаянанын 2 мектеби (Мадхьямика жана йогочара) физикалык обьекттердин жашоосу иллюзия деп эсептегендиги жагынан жакындашат, бирок алар рухий обьекттердин жаратылышын талкуулоодо алардын көз караштарында ажырым байкалат.

Хинаянанын 2 мектеби (саутрантика жана вайбхашика) физикалык жана рухий обьекттердин жашоосун реалдуулук катары таанышат, бирок бул обьекттердин жашоосу жөнүндө кантип билебиз деген суроодо 2 бөлөк пикирге ажырайт. Саутраптиктин жактоочулары мындай обьекттердин жашоосу жөнүндө жыйынтык чыгарууда аң сезим ишмердүүлүгүн негиз катары карашат. Вайбхашиктин жактоочулары аң сезим ишмердүүлүгүн негиз катары карашпайт, алар мындай объекттерди түздөн түз кабыл алышат.

Хинаянанын 2 мектебинин философиясынын негизинде - саутрантиктин жана вайбхашикинин - Васубандху тарабынан жеңил гана иштелип чыккан (махаянанын ордуна келген) дхармалар жөнүндөгү окуусу (IV-к.) жатат. Васубандхунун пикирине ылайык бардык дхармалар (өткөн, азыркы, келечектеги) реалдуу жашайт: алар эч жактан пайда болбойт жана эч кайда жоголбойт. (Ошондой эле бардык физикалык жана психикалык обьекттердин реалдуу жашоосу негизделет). Бирок дхармалар ар түрдүү жашайт: азыркы дхармалар – көрүнүп турат, ал эми өткөндөгү жана келечектеги дхармалар – көрүнбөйт. (49-чиймеде).

Көрүнгөн жана көрүнбөгөн дхармалар.



Дхармалар өзүнүн абалы боюнча да айырмаланышат (41-таблица).

41-таблица

«Тынчсызданган» жана «тынча абалдагы» дрaхмалар

Дрaхмалардын абалы	*Алар түзүшөт*	*Аларга таандык*
Тынчсызданган же «Тынчсыздануу абалында болгондор»; “түзүлгөндөр”	Сансараны	Бардык дүйнөгө (эмпирикалык чындыкта)
«Тынчтангандар” «Түзүлбөгөндөр»	Нирвананы	Адамга гана

Бул жерде көрүнүп тургандай сансара жана нирвана бул бир эле дрaхмалардын эки ар түрдүү абалы. Сансара да, нирвана да бири бирине дал келбейт: дхарма «тынчсызданууу» абалында болгон учурда, нирвана башталбайт. Качан гана бардык дрaхмалар «тынч абалга» келгенде, сансара толук жоголот (50-чийме).

50-чийме

Сансара жана нирвана (хинаяна)



Махаянада бул көйгөйдү таптакыр башкача чечүү орун алган. Мында нирвана жана сансара негизиненбирдей деп эсептелген. Махаянанын жактоочулары ар бир жандуу жандыкта өзүн өзү жакшыртуу мүмкүнчүлүгү бар, мындан чыкты, ар бир жандыкта «Будда жаратылышы», б.а. нирвана болот деген идеяны жакташат. Демек мындан нирванын негизи сансарада жана аны болгону табуу керек (51-чийме).

51-чийме

Сансара жана Нирвана (Махаяна)



Мындай чечимдердин философиялык базасы болуп белгилүү Индия философу Нагарджундун (IIк.) боштук жөнүндөгү (шунья) окуулары саналат. Ушул эле окуулар мадхьяника (шуньявада) мектептеги физикалык жана психикалык обьекттердин жашоосу, б.а. алардын реалдуу жашоосун тануу жөнүндөгү көйгөйлөрдү «радикалдуу» чечүүнүн негиздери болуп эсептелет.

Нагарджун боюнча **шунья** – бул баарынан мурда психиканын абалы, боштукту сезүү. Мында субьект жана обьекттин, физикалык жана психикалык обьекттердин, реалдуулук жана реалдуу эместик, болмуш жана болмуш эместин ортосундагы айырманын жоктугу. Дал ушул абалда, анын пикири боюнча, бошонуу, б.а. нирвана абалына жетишүү мүмкүн.

Кийинчерээк «шунья» түшүнүгү болмуш маанисинде онтологиялык талкууга алынган. Анткени болмуш – бул дхармалар агымы. Бирок алардын баары кандайдыр бир туруктуу таянычынан ажыраган, бир дагы дхарма өз алдынча, обочодо жашай албайт жана алар бул "агымда" бири биринен көз каранды жана алар ошол агымды кандайдыр бир бүтүнгө айлантышат.Мындан келди, алардын бардыгы салыштырмалуу же б.а. бош. Болмуш өзгөрбөгөн туруктуу башталыш катары түшүндүрүлсө, анда анын маңызы боштукта.

Окуунун тагдыры. Жогоруда аталган бардык философиялык мектептер буддизмдик жана буддизмдик эмес философиянын, болгондо да бир гана Индияда эмес будда дүйнөсүндөгү башка мамлекеттердеги, өнүгүшүнө чоң таасир көрсөткөн. Айрыкча белгилей кете турганы Нагарджундун шунья жөнүндөгү окуусу; ал Индияда веданта, ал эми Кытай жана Японияда – чан – буддизм окууларында кызыктуу өнүгүү алды.

Андан тышкары, XIX-XX-кк. алар батыш философиясына (Шопенгауэр, Юнг, экзистенциализм, постмодернизм ж.б.) да олуттуу таасир көрсөттү.

7.2. Веданта (Vedanta)

«Веданта» терминин түздөн түз которгондо «ведалардын аягы», «ведалардын бүтүшү» дегенди билдирет. Алгач бул сөз менен ведаларга болгон диндик-философиялык комментарийлерди камтыган китептерди - упанишадарды аташкан. Кийинчерээк «веданта» термини упанишаддарга негизделген бардык окууларда жана идеяларда колдонула башталган.

Веданта миманса сыяктуу негизинен ведалардын жана ага ыктаган ыйык текстеринин аброюна таянат, ошондуктан анын көп тараптан мимансага өтө жакындыгы таң калыштуу деле эмес. Кээде аны «кечки миманса» («уттара-миманса») деп да аташып, миманса менен бир тайпага бириктиришет. Ведалык ритуалдарды түшүндүрүү негизги орунду ээлеген мимансадан айырмаланып, веданта ведалардын тексттеринде баяндалган кудайлашкан ачылыштарга философиялык интерпретация берүүгө аракеттенет.

Веданта өз алдынча философиялык мектеп катары VII-VIII-кк. пайда болгон жана Орто кылымдарда Индия философиясынын кеңири таркалган жана абролуу мектеби болгон.

Негизги эмгектер. Бадараяна (же Вьяса). «Брахма-сутра» («Веданта-сутра»), ошондой эле «Брахма-сутрага» ар түрдүү комментарийлер.

Философиялык көз караштар. *Веданта жана Индия философиясындагы башка мектептер.* Веданта өзүнүн өнүгүүсүнүн ар түрдүү этабында башка мектептердин ар түрдүү идеаларын кабылалган жана иштеп чыккан, биринчи кезекте эрте мимансанын (пурва-миманса), санкхьянын жана буддизмдин. Бирок мында буддизм ведантанын негизги идеялык каршылашы болуп саналат.

Өз кезегинде Веданта, Шанкара келген кезде, Индия философиясынын бардык багыттарына практикалык жактан олуттуу таасир көрсөткөн.

Өнүгүү деңгээли жана негизги агымдары. Ведантанын өнүгүшүн 3 негизги доорго бөлүүгө болот (42-таблица).

42-таблица

Ведантанын өнүгүү доорлору

Доорлору	*Өнүгүү стадиясы*	*Негизги тексттер*
Б.з.ч.VI-к.	Эрте же «поэтикалык прорицаниялар» (поэтикалык көзү ачыктык)	Упанишаддар
Б.з.VII-к.		Бхавадгиталар (Махабхарата текстеринин курамынын негизинде китептерге байланыштуу Индиякөлөмдүү эпосу)
Б.з.VII- VIII-кк.	Системалаштыруу	Брахма-сутра (Веданта-сутра)
Б.з.VIII-к. кийин	Иштеп чыгуулар	Коментарийлер

Ведантанын биринчи доору негизинен Байыркы дүйнөгө таандык болсо, экинчи жана үчүнчүсү - Орто кылымды камтыйт. Алгачкы баскычта кийинчерээк ведантанын философиялык идеяларынын негиздерин түзгөн текстер пайда болгон. Экинчи баскычта Бадараяна (же Вьяса) өзүнү трактатында ушул идеяларды системалаштырып, үчүнчүдө алар андан ары ар тараптуу өнүккөн.

Мында веданта мектептеринин ичинде өз алдынча көптөгөн агымдар пайда болуп, алардын негиздөөчүлөрүнө Шанкара, Рамануджа, Мадхва, Валлабха, Нимбарка ж.б. кирет.

Веда жана упанишаддардагы ведантанын идеялары. Ригведада бирдиктүү жогорку жана бардык ааламды камтыган маңыздын жашоосу - пуруши жөнүндөгү гимндер болгон; ал Ааламды тешип өтүп, өзү андан тышкары калат; дүйнөдө болгон бардык обьекттер (жандуулар да, жансыздар да) ушул маңыздын бөлүктөрү экендиги айтылат. Упанишадда жалпы ээсиз реалдуулук же жалпы дүйнөлүк рух – Брахман жөнүндөгү концепция бар. Дүйнө (же рухтар) ушул реалдуулуктан жаралуусун баштайт, анда жашайт жана ага кайра барат (дүйнө кыйраганда).

«Мен» жана Брахман катыштыгындагы көйгөйлөр. Ведантанын негизги көйгөйлөрүнүн бири – бул айрым обьекттер - жансыз заттар жана өзгөчө айрым адам рухтарынын (биздин «мен») Брахман менен мамилеси (52-чийме). Ведантанын үч мектеби бул суроого ар түрдүү жооп беришет (43-таблица).

43-таблица

Веданта мектептери.

Мектеп жана негиздөөчү	*Философиялык мүнөздөмө*	*Проблеманын чечилиши*
Адвайта-веданта Шанкара	Монизм	Адамдык «мен» менен Брахман абсалюттуу түрдө окшош
Вишишта-веданта, Рамануджа	Салыштырмалуу монизм	Адамдык «Мен» жана Брахман бири бирине жалпынын бир бөлүгү катары мамиледе
Двайта-веданта, Мадхва	Дуализм	Адамдык «Мен» жана Брахман таптакыр ар түрдүү нерселер (адамдык рухтар Брахмандан көз каранды экендигине карабастан)

52-чийме

Адамдык «Мен» жана Брахман





Демек, жөнөкөй адам реалдуу түрдө бар деп кабыл алган эмпирикалык дүйнөнүн маңызы жөнүндөгү маселе бул мектептерде ар түрдүү чечмеленген (44-таблица).

44-таблица

Брахман жана эмпирикалык дүйнө.

Мектеп	*Өз ара мамилешүү тиби*
Адвайта-веданта	Брахман гана реалдуу – дүйнө жана жеке адамдык жан же рух – бул иллюзия
Вишишта-веданта	Жансыз дүйнө жана адамдык жандар Брахман менен тыгыз байланышта, бул анын «бөлүктөрү», алардын баары биргеликте эмпирикалык дүйнөгө караганда жогорку катардагы реалдуулукту түзүшөт
Двайта - веданта	Жансыз дүйнө дагы, адамдык жан дагы бирдей реалдуу, бирок Брахмандан көз каранды

Ведантанын бардык мектептеринин ичинен Шанкаранын адвайта-веданта мектеби кеңири таркалган жана белгилүү. Ушул мектеп ведантаныналкагында өз алдынча мектеп болуп калыптанган.

Адвайта-веданта. Адвайта-ведантанын негиздөөчүсү Индиянын дин үгүтчүсү жана философу Шанкара (VII-VIII-кк башы). Эң кызыгы аны шакирттери Шива кудайынын так өзү деп эсептешкен.

Дүйнөдө жашаган көптөгөн обьекттер бирдей: алардын бары Брахмандар; дүйнөдө Брахмандан башка эч нерсе жок. Ар бир көп түрдүүлүк – бул илююзия – бул дүйнө өзүнөн-өзү иллюзия, ал Брахман кудайынын магиялык күчүнүн (майянын) жардамы менен пайда болгон иллюзия.

Шанкаранын пикири боюнча биз көптөгөн обьекттерди жана алардын түпкү маңызын өзүбүздүн билбестигибиз (авидья) менен кабылдайбыз, дал ошол биздин билбестигибиз Брахманды бизден жашырат жана ага дүйнөдөгү көптөгөн обьекттердин түрүн берет.

53-чийме

Веданта жана анын Индиядагы Орто кылым философиясындагы орду

Билбестиктен кутулуу менен, б.а. ведантанын негизин түзгөн билимдерди өздөштүрүү менен, биз бошонууга жетебиз. Бул үчүн адам төмөнкүлөргө милдеттүү:

- өзүнүн сезимдери менен акылынын үстүнөн текшерүүнү жүргүзүүгө;
- обьекттерге байлангандан баш тартууга (бардык обьекти сыйкырланган);
- бошонуу үчүн чындап аракеттенүүгө.

Ведантаны маалыматтуу устат жетекчилерден ар дайым ой жүгүртүү жана сырттан жай баракат байкоо жүргүзүү менен окуп үйрөнүү керек. Бул жол терең чындыкты аңдап жетүүгө алып барат: Мен - бул Брахман.

Мындан кийин деле жан көптөгөн дүйнөлөрдө болгон денеде болдгондугун улантса берет, бирок ушул учурдан баштап тулку да, дүйнөдөгү обьекттер да жанды кысмакка ала албайт, анткени ал өзүнүн чыныгы жаратылыш аңдап билди жана дүйнөнүн илюзиялуулугун түшүнүп жетти. Эми жан дүйнөдөн көз каранды эмес, демек дүйнө кыйынчылыктарынан кутулат. Андан сырткары, Брахман таза Жыргалчылык, анда жан да ошол абалда.

Шанкаранын философиялык идеяларынын өнүгүшүнө жана калыптанышына чоң таасирди будда философиясынын алкагында иштелип чыккан боштук жөнүндөгү окуулар (шунья) көрсөткөн (Нагарджуна жана мадхьямика же шунья-вада мектептери).

Окуунун тагдыры. Орто кылым доорунда веданта Индиядагы башка философиялык мектептерди сүрүп чыгара баштаган, азаркы учурда Индиядагы эң абройлуу жана кеңири таркалган окуулардын бири. Өзүнүн өнүгүшүндө ал көптөгөн мектептердин идеяларын өзүнө сиңирип, өз учурунда Индиядагы ортодоксалдуу жана ортодоксалдуу эмес мектептерге да чоң таасир көрсөтө алды (чарвака мектебинен башкасына).

8-БАП
КЫТАЙ ФИЛОСОФИЯСЫ

Орто кылымда Кытайда байыркы мезгилде пайда болгон даосизм жана конфуциандык философия өнүгүүсүн уланткан. Даосизмде үзгүлтүксүз түрдө айланып туруу жана заттардын айлануусу идеяга негизделген даос алхимиясы философиялык аспектиси өзгөчө кызыгууну жараткан. X-XIII-кк. **жаңы конфуциандык** пайда болуп, өлкөдө басымдуу философиялык окууга айланган. Жаңы конфуциандык даосизм жана буддизм идеяларынын негизинде калыптанган.

Будизм Кытайга б.э. алгачкы кылымдарында Индиядан келип, (негизинен махаяна түрүндө) буддизм философиясынын пайда болушуна жана өнүгүшүнө алып келген. VI-VIII-кк. буддизмде жаңы багыт - **чань-буддизм** багыты пайда болгон, бул атайын философиялык окуулардын пайда болушуна шарт түзгөн.

8.1. Жаңы конфуциандык (Neo-Confucianism)

Жаңы конфуциандык - бул XI-XII-кк. салттуу конфуциандыктын негизинде калыптанган жана XVII-к. чейин активдүү өнүккөн агым. Кененирээк мааниде жаңы конфуциандык деп конфуциандыкты жактоочулардын баарын жана XXI-к. чейинкилерди атоого болот.

Кытай маданиятында жана философиясында лидерлик ролду ойногон даосизм жана буддизмдин таасири жаңы конфуциандык доорун пайда кылган. Ошондуктан, бир жагынан, даосизм жана буддизм идеяларын сиңирген, экинчи жагынан, алардын бийлигине өз реакциясын билдирген. Ал эми анын өз алдынча идеялары VI-X-кк. пайда болгон.

Конфуциандыктын айрым идеялары VI-X XI-кк. пайда болгон, бирок анын алгчкы системалашкан баяндамаларын Чжоу Дуньинин жана анын шакирттери - бир туугандар Чэн жана Чжу Синин эмгектеринен табууга болот.

Алгач Чэн-Чжу мектептеринин окуулары расмий идеологияга карата мамилеси оппозициячыл роль ойногону менен, 1313-ж. баштап мыйзамдуу күчкө ээ болуп, бул статусту XX-к. башына чейин сактаган. Жаңы конфуциандык мектептери менен башка көптөгөн мектептер пайда болгон жана өнүккөн. Чен-Чжу мектептеринин негизги атаандашы XVI-XVII-кк. идеялык лидер болуп калган Лу-Вандын мектеби болгон.

Конфуций: «жаңы эч нерсе жараткан жокмун, болгону өткөндөрдүн гана сабагы» дегендей жаңы конфуциандык да акылман конфуциандык окууларынан башка жаңы эч нерсе жараткан жок. Болгону алар Конфуцийдин окуусунун маанисин терең түшүнүп жетишкендиги менен гана конфуций окууларынын мыйзамдарынын мурдагы жактоочуларынан айырмалынышкан .

«Лунь-Юй» («Аңгемелер жана Ой-пикир») тексти – конфуциандык окуулардын негизги – диндик-этикалык көйгөйлөргө арналган. Бирок жаңы доор философиянын башка бөлүктөрү болгон гносеология (тааным), онтологиянын (болмуш) өнүгүүсүн талап кылды, ошондуктан жаңы конфуцийчилер өздөрүнүн идеяларын негиздөөдө Конфуцийдин байыркы китептерине («Алты китептик») кайрылууга аргасыз болушкан. Жаңы конфуциандыктагы «Улуу чек» түшүнүгүнүн негизи болгон «Иц-зин» китептериндеги түшүнүктөр саналган.

Чжоу Дуньинин негизги эмгеги болуп графикалык «Улуу чек пландарына» кыскача берген комментарийиэсептелет. Улуу чек Ааламдын алгачкы себепчиси катары каралат, башкача айтканда эки карама-каршы күч - Янь жана Индин башталышы. Алардын алмашуусу 5 аалам күчтөрүн – Жер, Жалын, Дарак, Металл, Суу – жана аларга жараша материалдык стихияларды жана материалдык элементтерди жаратат. Ушул 5 күчтүн өз ара аракети «нерселердин караңгылыгына» алып келген, демек дүйнөдө баары жашайт, ошондой эле жакшылык жана жамандык (54-чийме).

Чжу Синин окууларында бул беш күч дүйнөнүн беш бөлүгүнө, беш жыл маалына, беш жакшылыкка ж. б. туура келет.

45-таблица

5 космостук күчтөр жана алардын айкалыштары

Жакшылык	*Аалам күчтөрү*	*Маал (мезгил)*
Адамгерчилик (жэнь)	Дарак	Жаз
Милдет, адилеттүлүк (и)	Металл	Күз
Этикет (ли)	От	Жай
Акылмандык (чжи)	Суу	Кыш
Ишеним (синь)	Жер	

Ишеним (Синь) – жердин өзүнүн мезгили жок, ошондуктан ар бир мезгилдеги он сегиз акыркы күнү ага туура келген.

54-чийме

Жаңы Конфуциандык: космогония.



Ошентип, Улуу чек бир гана болмуштун “материалдык башталма” эмес, ошондой эле асман, жер, адамды да өз ичине камтыган адеп-ахлактык башталма («ли»). Физикалык жана адеп-ахлактык мыйзамдар булл жерде айырмаланбайт. Кээ бир азыркы мезгилдеги кофуцийчилер бул жолду «моралдык метафизика» деп аташат.

Улуу чек тынчтык жана кыймылдын алмашып турушунун негизинде жаралат, болгондо да тынчтык бул жерде маанилүүрөөк, себебиУлуу чектин алгачкы маңызы менен туура келет. Адамада тынчтык “ ак дилдүүлүк, ишенимдүүлүк” катары көрүнөт, адамдын табигатына жана ага болгон ишеничинин билимине негизделген өтө акылмандык каалоолордун, ойлордун, аракеттердин жоголушуна алып келет. Мында жаңы конфуциандык даосизмдеги “аракетсиздик”концепциясы менен, буддизмдеги “берилип кетүүнү өчүрүү” концепциясы менен дал келет.

8.2. Чань (дзен) – буддизм философиясы

“Чань” санскрит сөзүнөн которгондо “медитация” – терең ой-толгоо дегенди билдирет. Уламыштарга караганда анын негиздөөчүлөрүнүн бири Индиядан чыккан Дамо

(Бодхидхарма) болгон, болжол менен 520-ж. Кытайга келген. Ал окутуучудан окуучуга өткөрүлүп берилип турган Будданын ыйык сакталган акылмандыгынын 28-улантуучусу деп эсептелген.

Философиялык көз караш. Анын окуусунун негизин «жүрөктөн жүрөккө» билим берүү ыкмасы түзөт. Ошондуктан чань-буддизм боюнча эч кандай жазма текстер болгон эмес. 4 негизги принциптеринин бири «жазма окууну жаратпа» болгон. Чандын жактоочуларынын пикирине ылайык, чындыкка ойлонуу менен далилдөө жолу менен жетүүгө болбойт, ошондуктан ал жөнүндө сөз кылуу пайдасыз. Жолоочу жолдо катуу чаңкаганда муздак суу жөнүндөгү жомок менен анын суусунун кандырууга болбойт, ал муну болгону оозго сууну ууртоо менен гана сезет. Чындыкка да адамдык тынсыздануу менен жетишүүгө болот. Балким бул болгону «капыстан жаркыроо»- сатори учурунда гана, б.а. нерсенин маанисине интуиция аркылуужетүү. Окуунун дагы бир принциптеринин бири «Жаратылышты аңдап көрүү жана Буддага айлануу». Сатори абалына жетүү үчүн өзгөчө ыкмалар колдонулган: окуучуну таң калтыруу, коркутуу, эмне кылуу керектигин билбей калуу абалына жеткирүү, күнүмдүк реалдуулук рамкасынан чыгаруу. Көптөгөн чань баяндамаларында берилген тапшырмага жооп бере албаган окуучуну көкүрөгүнө тээп, кээде таяк менен ургандыгы айтылат. Ушундан кийин окуучу сүйүнүч менен: «Эми мен түшүндүм», - деп кыйкырган. Бирок сатори абалына бир нерсеге суктануу менен карап жатканда медитацияны да колдонуу мүмкүн болгон (“дубалга каратып коюу” ыкмасы).

Белгилүү болуп калган чань окууларынын мыйзамдары - парадоксалдуу суроолор жана маселелер, мисалы: «Бир колдогу пахта деген эмне?» (Что такое хлопок одной руки), «Биринчи сакалдуу акылманда сакал болгонбу»?) ж.б. ушул максатта кызмат кылган.

Чандын философиялык пайдубалы болуп буддизм мектептеринде кабыл алынган, анын ичинде шуньявада, сансара жана нирванын окшоштуктары, бардык жерге батуучу Будданын табияты жөнүндөгү тезистер эсептелет. Ошондуктан “Бодхидхармдын батыштан келишинин себеби эмнеде? деген суроого Чань текстеринен жоопторду табууга болот. Мисалы: «Кипарис короодо» же «Тактайдын тиши чачты өстүрөт”. Бул жооптордун кээ бири реалдулукту берсе, мисалы кипарис короодо өсөт деген, ал эми тактайдын тишинин чачты өстүрүүсү фантастика экенинен кабар берет. Бирок кандай шарт болбосун жооп туура, анткени баарында будда бар. Ошондуктан бакытка жана бактысыздыкка бирдей караш керек, ким зыян келтирсе, жакшылык жаратат, бардык кыйынчылыктан кутулуу үчүн будда окууларына таянуу зарыл.

VII-к. чань мектебинде «түндүк» жана «түштүк» деген багыттарга ажыроо жүрдү, ал эми IX-X-кк. чандын алкагында беш үйдү жана жети мектепти белгилөөгө болот.

Окуунун тагдыры. Чань-буддизм окуусу Кытай аймагынан чыгып, VI-к. Вьетнамда, IX-к. Кореяда, XII-к. Японияда дзен-буддизм аталышы менен таркалган. XX-к. дзен-будизм Европада жана Түндүк Америкада, болгондо да бул аймактагы интелегенциянын арасында кеңири таркалган.

9-БӨЛҮМ
МУСУЛМАН ДҮЙНӨСҮНҮН ФИЛОСОФИЯСЫ

Орто кылымда христиан жана мусулман дүйнөсүнүн философиясын бир нече факторлор бириктирет, атап айтсак бирдиктүү маданий-философиялык мейкиндик. Алардын ичинен эң негизгилери катары төмөнкүлөрдү айтууга болот:

- Мусулман жана христиан философиясынын негизги базасы байыркы философия. Айрыкча өзгөчө таасирди орто кылымдардагы платончулук (жаңы плантончулук менен бирге) жана аристотелчилик (перипатетизм) көрсөткөн.
- Философия «Кудай кызматчысынын» ролун аткарып, анын негизги массасы бир кезекте теология идеяларды рационалдуу негиздөө, ошондуктан көптөгөн философиялык окуулар диндик философиялык идеялар менен синтезделген, жуурулушкан (Индуизм, христианство жана ислам менен). Ошентип христиандык иудаизмдин базасында, ал эми ислам – иудаизм жана христиандыктын базасында пайда болгон, ушундан философиялык жана теологиялык окуулардын бир кыйла жакындыгы сезилет.

55-чийме

Байыркы философиянын базасында өнүккөн орто кылым философиясы жана анын диндик булактары.



Иудаизмди, христиандыкты жана исламды көбүнчө «Ачылыш диндери» деп аташат, себеби алар өздөрүнүн ыйык китептерине негизделишкен - Эски Осуят, Инжилге (Эски Осуят+Жаңы Осуят) жана Куранга. Бул китептерге ишенгендер Кудайдан адамдарга берилген Ачылышы катары сыйынышкан.

Ушундай бардык кырдаалдар белгилүү деңгээлде христиан жана мусулман дүйнөсүндөгү орто кылымдагы философиясындагы көйгөйлөрдүн жана мамилелердин жалпылыгын аныктайт. Бул доордогу борбордук көйгөй билим, ишеним жана универсалдуулук көйгөйлөрү.

Билим жана ишеним проблемасы. Байыркы философияга мүнөздүү болгон таанууунун рационалдуу ыкмаларын колдонуу окумуштууларга Ачылышта баяндалган диндик окуулардын жоболору менен илимий изилдөөлөрдүн натыйжасынын ортосундагы карама каршы пикирлерди табууга түрткү болду. Билим жана ишеним проблемасынын

жаралуусу ушул жактан келип чыккан, тактап айтсак: эмне жогору - илимдин чындыгыбы же диндин чындыгыбы?

Универсалийлер. Универсалдуулук – бул белгилүү түрдөгү же тектеги конкреттүү бардык обьекттерге тийиштүү кандайдыр жалпылык. Мисалы: бардык конкреттүү жылкылар өзүнүн ар түрдүү өзгөчөлүгүнө крабастан, жалпы «Жылкылар» маанисине ээ. Орто кылымдын универсалий түшүнүгү Платондун окууларынын базасында, Аристотелдин окууларынын (материя жөнүндө) негизинде пайда болгон. Орто кылым үчүн төмөнкү маселелер: универсалдуулук өз алдынча жашайбы? (б.а. конкреттүү нерселерден сырткары) деген суроо түзөт. Универсалийлер реалдуу жашайт деп эсептешкен философтор (конкреттүү нерселерге чейин жана алардан сырткары, мисалы: Кудайдын эсинде) реалисттер, ал эми универсалийлер конкреттүү нерселерде жашайт жана жалпы аталышка ээ дегендер номиналисттер (аталыш) деп аталат.

9-БАП

МУСУЛМАН ФИЛОСОФИЯСЫ

VII-к. Аравия аймагында жаңы дүйнөлүк дин – ислам же мусулманчылык пайда болгон. Ал көп жагынан иудаизм жана христианчылыктын идеяларына негизденет. Исламдын негиздөөчүсү, Аллахтын элчиси менен мусулмандардын пайгамбары болуп Мухаммед (570-632-жж.) эсептелет. Исламдык окууларга ылайык 610-ж. өмүрүнүн аягына чейин Мухаммед Аллахтын жаңылыктарын адамдарга жеткирип турган. Мухаммед өлгөндөн кийин анын замандаш сакабалары ушул айтылгандардын баарын жыйнап – Куран китеби пайда болгон. Бул китеп мусулмандар үчүн ыйык жана Кудайлашкан жанылык. Андыктан Куран түбөлүктүү же дүйнөнүн жаралуусундагы Аллахтын жараткан белеги. Куран текстериндеги түшүнүксүз тексттер же карама-каршылыктар мусулман теологиясындагы ойлонууну, талкуулоону талап кылат. Исламдын ишеним окууларын рационалдуу түшүнүү аракеттери мусулман философиясынын өнүгүүсүнө таасир эткен байыркы (грек-римдик) философиянын методдорун жана идеяларын окуп үйрөнүүгө жана колдонууга алып келген.

VII-VIII-кк. арабдар мурда римдик жана византиялык колонизаторлордун бийлик астында болгон бардык түндүк жээктеги Африканын Пиреней жарым аралын, Сирияны, Палестинаны жана жакынкы Чыгыш райондорун (алгач рим «Византия колониясы» болгон) басып алууга жетишкен. Араб халифатынын курамына көптөгөн байыркы маданият кирип, бул мусулман дүйнөсүн байыркы философия менен таанышууга мүмкүндүк берген. Бирок байыркы философтордун эмгектери түп нускада эмес, которуу менен окулган. Ошонтип, Сирияда VIII-к. эле грек жана латын авторлорунун эмгектери Сирия тилине, андан араб тилине которо турган борбор ачылган. IX-к. Багдадда, Хк.-Кордоводо жаңы котормо борборлор ачылган. Бул которуулар байыркы философиянын кеңири таркалуусуна шарт түзгөн, бирок ошол эле учурда аны бурмалоого, кээде бир топ маанилүү бузууларга алып келген.

Мусулман философиясынын алгачкы формасы **калам** болгон, X-к. **мусулмандык перипатетизм** (аристотелчилик) өнүгүп, чыгыш жана батыш деген аталышта белгилүү болгон. Мусулман философиясындагы негизги орун **мистикалык философияга**, баарынан мурда **суффизмге** жана берилген.

9.1. Калам (Kalam)

«Калам» араб тилинен сөзмө-сөз которгондо «аңгеме» же «талкуулоо» дегенди билдирет. Бул сөз мусулман философиясында VIII-к. башынан XV-к. өнүккөн агымдын аталышы. Каламдын жактоочуларын *мутакаллимдер* деп аташкан.

Калам Исламдын диндик идеяларын рационалдуу негиздөөгө алгачкы аракеттерди ишке ашырат. Каламды көбүнчө «мусулман схоластикасы» деп аташкан. Орто кылымда христиан дүйнөсүндөгү Европа схоластикасы сыяктуу эле калам мусулман маданиятында «Кудай кызматчысынын» ролун ойногон.

Христиан философиясы сыяктуу эле Калам үчүн да байыркы философияга болгон эки жактуу мамиле мүнөздүү. Кээ бир мусулман ойчулдары бутпарас (байыркы) философиясын түшүнүү жана билүү ишеним чындыгын терең түшүнүү үчүн зарыл деп эсептесе, экинчилери философияны изилдөөнүн кереги жок жана ишеним үчүн зыян, анткени кудайлашкан ачылыш (Божественное Откровение (же Куран)) ишенүүчүлөр үчүн бардык зарыл нерселерди өзүнө камтыйт деп ойлошкон. Кээ бир араб авторлор каламга төмөндөгүдөй: бул “Кудайдын мааниси жана анын атрибуттары жөнүндөгү талкуулоочу жана философтордун метофизикасын четке кагуу үчүн исламдын мыйзамдары боюнча мүмкүн болгон нерселердин шарттары жөнүндөгү окуу”, - деген аныктама берген.

Калам тарыхында төмөнкү дооорлорун ажыратууга болот:

- **Алгачкы доор** – VII-к. аягы – VIII-к. башы.

Калам алгачкы доордо мусулман дин окуусунун алкагында жашаган. Андагы негизги орун иудаизм жана христиан өкүлдөрү менен талаш тартыш маселелерине, б.а. исламдын өсүп чыгуусуна теориялык пай дубал болгон диндер жөнүндө, берилген.

Бул мезгилдеги негизги талкууланууучу мамелелер болуп төмөнкүлөр эсептелген:

- Чоң жана кичине күнөөлөр, күнөөлөрдүн ортосундагы чектерди аныктоо жана чоң күнөөлөрдү жасаган адамдын статусу жөнүндө маселелер, б.акүнөө жасагандан кийин ошол адам ишенимдүү мусулман боюнча калабы?
- Кудайдын алдын ала аныктоо проблемасы, ислам догмаларына ылайык Аллах адам төрөлгөнгө чейин эле анын тагдырын алдын ала аныктайт, тактап айтканда буламда чыныгы ишеним кудайдан берилгенбе жана ал куткаруу табабы (бейиш жыргалчылыгына жетишеби?) же жокпу? Кудайдын алдын ала аныктоосу адам өзүнүн жасаган күнөөсү үчүн жооп берүүгө тиешелүү: эгер күнөө кылуу Аллах тарабынан аныкталган болсо, анда адам күнөөсү үчүн жооп бериши керекпи?

- **Мутазилит доору** – VIII-к. – X-к. ортосу.

Мутазилит доору Хасан-ал-Басри (728-ж өлгөн) жана анын шакирттеринин ишмердүүлүгү менен башталат.

Дал ошол мутазилиттер философиялык, теологиялык проблемаларды (Кудай менен адам мамилеси, дүйнөнүн алгачкы негизи ж.б.) изилдөө үчүн байыркы грек философторунун идеяларын жана методдорун колдонушкан. Ошондуктан, чындап айтканда, мусулман философиясынын тарыхы мутазилиттерден башталат, белгилүү даражада теологиядан бөлүнүү менен.

Мутазилиттер Курандын аллегориялык (абстарктуу түшүнүктүн конкреттүү образдар аркылуу көрсөтүү) таризде түшүнүүнү жактоо менен Куранды түздөн-түз түшүнүүгө каршы чыгышкан; Курандын жаратылган мүнөзүн жактоо менен анын түбөлүктүүлүгү жөнүндөгү тезиске каршы болушкан; Аллахка адамдык сапатты берүүгө (эрк, сөз, угуу сыяктуу) каршы чыгышкан. Алар кудайдын алдын ала аныктоо жөнүндөгү догмаларына каршы чыгышкан жана адам эркиндигинин көз карандысыздыгын жакташкан, демек алардын оюу боюнча адам өзүнүн кылык-жоругу үчүн жооптуу. Мутазилиттер дүйнөнүн атомдордон түзүлгөндүгүнө ынанышкан: атомдорду бири бирине раттылышпаган бөлүкчөлөр, алардын ар бири Аллахтын башкаруусу астында деп түшүнүшкөн. Мутазилиттердин активдүү талкуусундагы маселелердин бирине алгачкы жаралуу жана Кудай менен анын атрибуттарынын биримдиги кирет.

- **Классикалык доор** - XIII-XIV-кк.

Классикалык доордогу ортодоксалдуу каламдын негиздөөчүсү алгач өз ишин мутазилит катары баштаган ал-Ашари (873-874 же 935 же 941-жж.) жана Матуриди (941-ж. өлгөн), ошондой эле ушул доордун көрүнүктүү философторунун бири ал-Газали (1058-1059-1111) болгон.

1041-ж. халиф ал-Кодирдин указы ортодоксалдуу каламдын биротоло бекитилишине түрткү болгон, анткени анда «мусулмандык ишеним символу» жазылып, аны менен макул эмес жана талаш-тартыш көз караштарга тыюу салынган. Акыркысы баяндоого гана мүмкүндүк берген, ошондо дагы «кандайча экендигин сураба” деген негизинде. Бирок ошол эле учурда иудаизм жана христиандыктын өкүлдөрү менен болгон талаш-тартыш айрым мектептердин алкагында гана уланган.

Классикалык доордогу каламда аристотелдик логика (силлогистика) жана жаңы платондук онтология бекемделген. Ушул эле мезгилде байыркы грек философиясына болгон терс мамиле иштелип чыккан жана ал ал-Газалинин эмгектеринде чагылдырылган.

- **Кыйроо доору** – XIII-XIV-кк. Монголдордун баскынчылыгы менен мусулман маданияты жана философиясы өнүкпөй токтоп турган.

- **Кечки доор** – XV-к.

Каламдын өнүгүүсүндөгү кечки доордо негизинен мистикалык философия, адегенде эле сопучулук алкакта, өрчүгөн.

Ал-Ашари (al-Ashari)

Өмүр таржымалы. Абу-аль-Хасан ал-Ашари 873/874-ж. Басра шаарында төрөлүп, 935 же 941-ж. Багдадда көз жумган. Жашында мутазилиттерди жактаган, кийинчерээк ал Орто кылымдын жалпы философторуна мүнөздүү болгон акыл-эстин болжолдорун аброй менен менен (ыйык жазмалар) бириктирүүгө аракетенген.

Негизги эмгектери. «Калам окууларын колдоо».

Философиялык көз караштары. Ал-Ашари Куран тексттерин түздөн-түз түшүнүүгө да жана эркин аллегориялык түшүндүрүүгө да каршы болгон. Ошондой эле фатализмге (наркы дүйнөнүн бар экендигине ишендирүү) да, валюнтаризмге (мутазилиттер колдонгон) да каршы болгон.

Онтологиясы. Ал-Ашари жана анын шакирттери ааламдагы обьективдүү мыйзам ченемдүүлүктөргө жана ааламдын түбөлүктүүлүгүн четке кагышкан. Ааламды Аллах жараткан, ар бир көз ирмемде Аллах ааламга таасир этип турат, б. а. ааламдагы ар бир көрүнүш Аллахтын жеке чыгармачылыгынын натыйжасы. Эгер биз кездеменин кесиндисин кара боекко салсак, ал капкара болуп калат, бирок ал боекту сиңирип алганы үчүн эмес, болгону Аллах ушул көз ирмемде кездеменин кесиндисине капкара болуу касиетин берди.

Ошентип ал-Ашари дүйнөдөгү себеп жана натыйжанын болушун четке кагып, Кудай жаратылышы гана берген “адаттардын” гана бардыгына ынандырышкан. Ошондой эле Нилдин жыл сайын ташкындашы, Күндүн күн сайын жаркырап тийүүсү болгону көнүмүш «адат», Аллахөзү каалаган мезгилде өзгөртүп коюушу ыктымал.

Ал-Ашаринин мындай мамилеси сыйкырдуу, укмуштар көйгөйлөрүн карама-каршылыксыз, ырааттуулук менен чечүүгө мүмкүндүк берген. Сыйкыр бул жаратылыш мыйзамдарын бузуп жаруу, бирок жаратылыш мыйзамдары кудай тарабынан жаратылган, Демек сыйкырдуу көрүнүштөрдү жасоо менен Кудай өзүнүн мыйзамдарын өзү бузат. Бирок Ал-Ашаринин пикирине ылайык, Аллах ар бир көз ирмемде ааламды жаңылап жаратуу менен жана жаратылыш мыйзамдарын бузуп жарбайт, себеби ар бир жолу жаңы дүйнө жаңы мыйзамдары менен жаратылат.

Окуунун тагдыры. Ал-Ашаринин эмгектери классикалык жана ортодоксалдуу каламдын (исламдын суннит бутагы) калыптанышында чоң роль ойногон.

57-чийме

Каламдын өнүгүүсүнүн негизги доорлору





Өмүр таржымалы. Абу Хамид Мухаммад ибн Мухаммад ал-Газали 1058/1059-жж. Хорасан (Иран) шаарында төрөлүп, 1111-ж. ошол жерде көз жумган. Нишапур (Иран) жана Багдадда окуп, ошол эле жерде мусулмандык укуктар боюнча окутуучу болуп иштеген. Философияны окуп үйрөнүү менен иррационалдуу мүнөзгө ээ ишеним менен рационалдуу негиздерде түзүлгөн илим келише албайт деген жыйынтык жасайт. Бул жыйынтык анын рухий кризиске алып келип, окутуучулукту таштап, Сирияга кетет жана анда он бир жыл боюу өлкө кезген дербиштик жашоо өткөрөт. Кийин Багдадга кайтып келип, өзүнүн философиялык окууларын окута баштайт.

Негизги эмгектери. «Философтордун максаты», «Философторду жокко чыгаруу», «Билим критерийи же логика искусствосу», «Ишеним жөнүндөгү илимди тирилиши».

Философиялык көз караштары. *Перипатетизмди сындоо жана онтология.* Аль-Газали перипатетизмге ачык айкын каршы болгон, ал өзүнүн эмгектеринде, айрыкча «Философторду жокко чыгаруу» деген эмгегинде Аристотель, ал-Фараби жана Ибн-Синаны сындаган. Ал Аристотелдин дүйнөнүн түбөлүктүүлүгү жана андагы объективдүү мыйзам ченемдүүлүктөр идеясын кабыл алган эмес. Ал Кудай эч нерсе эместен дүйнөнү жараткан деген диндик концепцияны колдогон. Анын пикири боюнча, дүйнө мейкиндик жана убакыт менен чектелген, болгондо да мейкиндик жана убакыт болмуштун объективдүү жашоочу мүнөзүнө ээ эмес, болгону Аллахтын биздин аң-сезимибизде жараткан түшүнүктөрүнүн ортосундагы мамиле.

Гносеологиясы. Аль-Газалинин дүйнө-таанымында платончулуктун жана жаңы плантончулуктун таасирлери ачык байкалат.

Ааламда жашаган ар бир объектте идея түрүндөгү өлбөс жан болот. Ал бул обьект пайда болгонго чейин да жашаган, анан объектке көчүп өткөн жана бул объект өлгөндөн кийин да жашайт. Объекттен орун алганга чейин бул жан идеялар падышачылыгында жашап, Кудайды түздөн-түз кабыл алган. Адам кандайдыр бир нерсени окуп үйрөнгөндө, өзү үчүн ал кандайдыр бир жаңы нерсени окуп үйрөнгөн сыяктанат, ал эми иш жүзүндө мурда эмне болгонун эстейт, себеби адам ал нерсени төрөлгөнгө чейин эле билген, анан унуткан, ошондуктан таанымдын эң жакшы жолу болуп, өзүнүн жеке жанына кирүү. Дүйнөнү сезим менен жана рационалдуу кабылдоо бизге болгону гана толук эмес жана Кудай тарабынан түзүлгөн дүйнө жөнүндө кайчылаш билимди берет, бирок бизге Кудайды жана жогорку дүйнөнү жогорку чындык деп таанууга мүмкүндүк бербейт. Аларды түшүнүү үчүн экстаз (элирип, өзүн-өзу унутуу даражасына жетүү) абалында гана, б.а. индивиддин жеке рухий тажрыйбасына жараша таанууга мүмкүн. Мында адам өзүнүн

жанын тазалап, «дүүлүгүүнү өзүн өзү токтотуу кылычы менен өлтүрүп», бардык күчүн Кудайдын жаратуучу күчүнө буруу керек.

Окуунун тагдыры. Аль-Газалинин идеялары орто кылым философиясынын бардык өкүлдөрүнө, ошонун ичинде мусулман жана еврей (Маймонид), христиан (Луллий, Экхарт ж.б.) философторуна да чоң таасир калтырды. Бирок алар мусулман философиясындагы мистикалык багыттын - суфизмдин (сопучулуктун) өнүгүшүндө өзгөчө мааниге ээ.

Аль-Газали: булактары жана таасирлери



сулман перипатетизми

Көптөгөн мусулман филосоторунун көз караштарынын калыптанышына Аристотелдин (перипатетизм) окуулары таасир эткен. Аристотелдин айрым эмгектеринин жана аларга жасалган байыркы түшундүрмөлөрдүн сирия тилине которулушуVII-VIII кк. башталып, кийинчээрек сирия тилинен араб тилине которулган. Бул периоддо Аристотелдин окуулары чоң бурмалоолор менен белгилүү боло бошташган, бул болсо алгач Аристотелдин өзүнүн эмгектери эмес ага жазылган коментарийлердин, кээде ошол доордогу перипатетиктерге тиешелүү болбогон эле эмгектеринкоторулушунун себебинен болгон. Кээде Аристотелге башкалардын эмгектерин да (М: «Теология», чындыгында ал Плотиндин «Эннеадынан» алгынган эле бир үзүндү болгон) тиешелүү деп кошуп коюшкан.

IX-X-кк. - Багдадда жана X-к. - Кордовада (Пиреней жарым аралы) котормочулук борборлордун калыптанышына байланыштуу, Аристотелдин өзүнүн эмгектерин которуу боюнча активдүү иш башталган. Мындай котормо борборлордун ишмердиги мусулман перипатетизминин эки бутагынынын калыптанышына шарт түзгөн, адегенде чыгышы (IX-X-кк.), андан соң батышы (X-XII-кк).

Чыгыш перипатетизмдин башында ал-Кинди турган. Ал Басре жана Багдадда жашап, 873-ж. көз жумган. Чыгыш перипатетизмдин улантуучусу Ал-Фараби (950-ж. көз жумган)- келип чыгуу теги боюнча Орто Азиялык түрк, Багдадда окуп, кийин Сирияга кеткен. Аны арабдардын биринчи «философу» деп аташкан. Чыгыш перипатетизмдин ири өкүлдөрүнүн бири – Ибн Сина, европа транскрипсиясында Авиценна (980-1037).

Батыш перипатетизмдин баштоочусу Ибн Баджа (XI-к. аягы-1138-ж.) Сарагосто төрөлүп, акын, врач, математик, астроном катары белгилүү болгон. Ерес (үстөмдүк кылып турган динге каршы келген окуу) катары күнөөлөнүп, камакка алынып, соттолгон жана өлтүрүлгөн. Ибн Баджа Аристотелдин табыгый илимдер багытындагы эмгектерине бир топ комментарийлерди жазган. Ибн Баджанын идеяларын кандайдыр бир даражада Ибн Туфайл (1100-1185) уланткан. Анын чыгармаларынын негизин жаңы платончулук түзгөн. Ал еретик (ерестик жолун жолдоочу адам) деп эсептелип, «Абийирсиз окутуучу» аталыпкалган. Батыш перипатетизмдин ири өкүлдөрүнүн бири Ибн Рушд (1126-1198-жж.).

Ибн Сина, Авиценна (Avicenna)

Өмүр таржымалы. Абу Али Хусейн ибн Абдаллах Ибн Сина, латынча – Авиценна (980-1037) ошол мезгилде ири маданий борбор болгон Бухарадан алыс эмес жерде төрөлгөн. Бухарада философияны жана медицинаны окуган. Хорезм, Хорасан, Исфаган жана башка жерлерде врач, министр (визир) жана көптөгөн башкаруучу кызматтарда иштеген. Ибн Сина врач, акын, астроном, астролог, алхимик жана философ болуп, дарыгерлер падышасы, философтор падышасы деген ысымдарды алып жүргөн. Ибн Синаны көп жолу (ал-Газалиде) ерес деп күнөөлөшкөн.

Негизги эмгектери. Ибн Сина эки жүздөн ашуун китеп жазган, алардын ичинен белгилүүлөрү «Дарыгер илиминин эрежеси» деген эмгеги медицина илиминдеги негизги окуу курал болуп саналган. Бул окуу курал бир эле мусулман дүйнөсүндө эле эмес (латын тилине XII-к. эле.которулган), христиан ааламында да пайдаланылган. Негизге философиялык эмгегинде - «Шыпаа китеби» - энциклопедия мүнөзүндө жазылып, логика, физика, математика, метафизика жаатындагы маалыматтарды камтыган.

59-чийме

Мусулман перипатетизми: булактары жана таасирлери



Философиялык көз караштары. Ибн [illegible]н ишеним окууларын менен синтезделген жаңы платончулук менен перипатетизм идеяларын өнүктүргөн.

Онтологиясы. Дүйнөнү Кудай жараткан эмес жана ал эзелтен бери Кудайдын эманациялануу убагынан бери жашап келет, убакыттан көз каранды эмес жана убакыттан тышкары. Кудай, Ибн Синанын оюу боюнча, Аристотелдин жана жаңы платончулардын “Биримдик” окууларындагы “Алгачкы форма = Алгачкы себеп= Алгачкы кыймылдаткыч” касиетине ээ. Бир гана ал эң зарыл нерсе (“бардык тараптан эң зарыл нерсе”), калган объекттер болсо мүмкүн болгон нерселер жана алар Кудайдын амири менен гана

чындыкка айлана алышат - эманациялар иерархиясы аркылуу, б.а. Кудайдан чыккан агымдарга жараша (жаңыплатончулукта деле ошондой). Алгачкы Кудайдан түздөн түз чыккан эманациялардын бири Дүйнөлүк Акыл-эсти жаратат (Нус). Андан соңку эманациялар асман чөйрөсүндөгу акылды, жандарды, тулкуларды жаратат.

Аритстотель сыяктуу эле, Ибн Сина Кудайдын ишмердигин Кудайдын өзүн-өзу ойлонуусу катары түшүнөт (мышление Бога о самом себе). Ырааттуу эманациялардын натыйжасында пайда болгон жаратылыш, андан ары өз алдынча өнүгөт (Ибн Сина фатализм идеяларына жана Кудайдын алдын ала аныктоосуна каршы болгон).

Универсалийлер проблемалары. Ибн Синанын пикири боюнча, универсалийлер үчилтик негизден турат:

1) конкреттүү нерселерге чейин – Дүйнөлүк (Кудайлык) Акыл-эсте.
2) конкреттүү нерселерде – алардын маңызы катары
3) конкреттүү нерселерден кийин – адамдын акыл-эсинде.

Гносеологиясы. Жаратылышты жана конкреттүү нерселерди таанып билүүдө сезимдик тааным негизги ролду ойнойт. Акыл-эс, нерселерден сезимдик таасир алуулар менен салыштырганда, алардан жалпыны жана ар түрдүүлүктү ажыратат. Мында адамдык акыл-эске “андан (кудайлашкандан), акыл-эстен алынган айрым формалар элесте калат, себеби бул формалар сырттан келген”. Болгондо да Дүйнөлүк акыл-эстен адамдык акыл-эс таанымдынжогорку принциптерин алат.

Таануунун жогорку жолу – Кудайдын жаркырап туруусу, бирок бул жолду жалпы бары тааный бербейт, кээ бир гана адамдар таанышат.

Жан жөнүндөгү окуусу. Адамдык жан (Аристотель боюнча) форма сыяктуу, ал өлбөс, өлгөндөн кийин да жашоосун улантат. Дененин кайра тирилүүсү кескин четке кагылат. Аристотель сыяктуу эле Ибн Сина да жанды 3 типке бөлөт (46-таблица).

46-таблица

Ибн Сина боюнча жандын типтери

Жандын түрлөрү	Жанында болуу	Негизги функциялары
Өсүмдүктөр	Өсүмдүктөр, жаныбарлар, адамдар	Тамактануу, өсүү, көбөйүү
Жаныбарлар	Жаныбарлар, адамдар	Кыймыл, сезимдик кабылдоо
Акыл төмөнкүлөрдөн турат: а) практикалык күчтөрдөн б) ой-жүгүртүү күчтөрүнөн	Адам	а) акыл эсти дене менен байланыштырат б) форманы таанып билүү менен алектенет (маңыз)

Окуунун тагдыры. Ибн синанын философиялык окуулары мусулман жана европа патетизмине чоң таасир калтырган.

Ибн Рушд, Аверроис (Averroes)

Өмүр таржымалы. Абу-ль-Валид Мухаммад ибн Ахмад Ибн Рушд (Рошд) латынча – Аверроис (1126-1198) Кордовада төрөлүп (Пиреней жарым аралы), бул жер ири араб маданиятынын батыш борбору болуп саналган. Ибн Рушд теология, юриспруденция жана медицинаны окуп үйрөнгөн. Көп жыл Кордова жана Севилде сот (казы) болуп иштеген. Андан соң хан сарайда врач болуп иштеп, көп убакыт ийгиликтерге, атак даңкка жетишет, кийин хандын каарына калып, ал жактан куугунтукталган; анткени аны философиялык көз карашы боюнча еретик деп күнөөлөшүп, анын философиялык китептерин өрттөшкөн. Өмүрүнүн аягында Ибн Рушд кайра үйүнө кайткан. Ибн Рушд өмүр бою Аристотелдин жолун жолдогон жана грек философун кийинки мезгилдеги бурмалоолордон тазалоого аракеттенген. Замандаштары белгилегендей

«Аристотельжаратылышты түшүндүрсө, Ибн Рушд Аристотелди түшүндүрөт»,- деп айтышкан. Ал Комментатор деген атка ээ болгон.

Негизги эмгектери. Ибн Рушд элүүдөн ашуун эмгек жазды. Эң негизгиси Аристотелдин эмгектерине комментарийлерди жазган. Белгилүү философиялык эмгектери: «Төгүндөөнү төгүндөө» деген эмгеги ал-Газалинин «Философторду төгүндөө» деген эмгегине жооп болгон. Ошондой эле «Дин жана философиянын макулдашуусу».

Философиялык көз караштары. Онтология жана гносеологиядагы кээ бир маселелерди чечүүдө Ибн Рушд Аристотелдин окууларына таянган.

Универсалийлер маселелери. Универсалийлер көйгөйлөрүн чечмелөөдө Ибн Рушд Ибн Синанын позициясына таянган, башкача айтканда универсалийлердин 3 маңыздуулугун кабыл алган.

Ишеним жана билим проблемалары. «Дин жана философия макулдашуусу» деген эмгегинде Ибн Рушд «эки чындык» же «эки жактуу чындык» концепциясын иштеп чыккан жана бул концепция келечектеги философиянын тарыхынын өнүгүшүнө чоң салым кошкон.

Ал жазып калтыргандай «Ачылыш» («Откровение») бир гана философиялык ой-толгоо жүргүзбөстөн, иштин түпкү маанисинде аларды бизден талап кылат, же биз жаратылышты нерселердин баарын жаратуучунун жараткандыгын оюбузда бийиктикке көтөрүшүбүз керек. Бирок жок жерден эле философия жаратууну талап кылуу туура эмес, философия – байыркы илим, мында негизги ролду грек философтору ойногон, ошондуктан биз грек философиясын үйрөнүшүбүз керек дейт.

Андан сырткары Куран Жаратуучуну түшүнүүнү, жаратылышты акыл-эстин жардамы менен талкуулоону жана байкоону талап кылат. Бирок ар кандай ой-корутунду ойлонуунун натыйжасы, демек биз логиканы билишибиз шарт.

Талкуу процессинде биз жасаган жыйынтыктар Курандын түздөн-түз мааниси менен карама-каршы келиши мүмкүн, андай шартта аллегориялык талкуулоо керек болот. Эгер акыл-эстин жардамы менен Кудайды, жогорку чындыкты түшүнсөк, анда «Ачылыштын» (Откровениянии) эмне кереги бар?

Аристотель аргументтерди 3 типке бөлгөн: риторикалык, диалектикалык жана зарылдык. Ибн Рушд адамдардын аргументтерди кабыл алуу жөндөмүнө жараша 3 класска бөлгөн.

1. Жөнөкөй адамдар, акыл-эс менен эмес, элестетүүгө башкарылгандар; аларды риторикалык аргументтердин жардамы менен көндүрүүгө, ишендирүүгө болот. Мисалы: кандайдыр бир көчмөндү башка адамдарды тоноо жана өлтүрүү жакшылык эмес деген философиялык далилдерменен ишендире албайбыз (ал түшүнбөгөн).Куранды(Кудай Ачылышын (Божественное Откровение)) колдонуу менен мындай көчмөнгө жаман-түрүм үчүн Кудай тозокко түшүрүп, анын түбөлүк азап-тозоктору менен жазалайт деп ишендирүүгө болот.

2. Диалектикалык талкууга ылайык адамдар; алар Ачылыш үйрөткөн нерселер табыгый акыл-эс каршы келбейт, жана бул же тигил нерсеге эмне үчүн ишенүү керек экендигин негиздөө гана керек.Теологиянын функциясы - бизге Ачылыштан жа Курандан берилген дүйнө сүрөттөлүшү жана адам болмушу жөнүндөгү мааңыз башкалардан көрө чындыкка жакындыгын көрсөтүүчү диалектикалык актануларды табуу. Эгер теология болбогондо, адамдар филофиясы да, Ачылышы да жок алышмак.

3. Математика жана метафизиканын зарыл болгон далилдери гана ынандыра алган, башка эч нерсе канааттандырбаган окумуштуулар (философтор).

Окумуштуулар акыл-эс ишмердигинин жардамы менен болмуштун жогорку чындыгын таанышат. Алар төмөндөгүдөй жыйынтыктарга келишкент: Кудай жок нерседен дүйнөнү жараткан деген туура эмес, дүйнө түбөлүк жашайт жана ал Алгачкы форма жана Алгачкы материянын өз ара таасиринин натыйжасы. Бирок ушул чындыкты

билүү менен философтор калган бардык адамдар үчүн Кудай жөнүндөгү окуу философиялык чындык менен алмаштырууга мүмкүн болгон окуу деп санашкан.

Мындан **эки чындык** жөнүндөгү окуу келип чыгат: биринчиси - философиянын өзү, экинчиси - диндик, башкача айтканда бардык адамдар үчүн философиянын ордун басуучу философия. Философиялык чындык жөнүндө философ эместер эмнени айта алмак?.

Окуунун тагдыры. Ибн Рушддун «Эки чындык» окуусу мусулман жана христиан дүйнөсүндөгү теология бийлигинен философияны жана илимди бошотууда чоң роль ойногон. XIII-к. Париж университетинде авероизм негизги багыт катары окутулган (анын башчысы Сигер Брабантский).

9.3. Сопучулук, суфизм (Sufism)

«Сопучулук» термини араб тилинен «суф» - «жүн», ал эми сөзмө сөз которгондо «жүн кийим кийип жүрүүчүлөр»; б.а. одоно тигилген жүн кийимдери аскеттиктин жана жана дербиштиктин белгиси болгон. Сопучулук – Исламдагы VIII-IX-кк. жаралган мистикалык агым.

Сопучулук диндик – философиялык көз караштан бөлөк психотренинг жана аскеттик практиканын белгилүү системасын камтыйт. Сопулар умтулган негизги максат Кудай менен биригүү, мында Кудайды катуу сүйүү аркылуу жана экстаз абалында сезимталдык менен жетишүү мүмкүн. Бул үчүн сопучулукта адамды өлүк абалга жеткирүү, белгилүү бир сыйынуу формулаларын эсепсиз кайталай берүү, өзгөчө бийлер, анын ичинде бир нече саат бою ордунда тегеренүү практикаланып келет. Сопулар өз ойлорун учкул сөз, анекдот, эки маанилүү ыр түрүндөгү айтыштар аркылуу баяндашат.

Сопучулуктун башка философиялык жана диндик окуулар менен мамилеси сокурлар жөнүндөгү учкул сөзүндө баяндалат, мында сокурлардын пил эмне экендигин билүү тилеги. Сокурлардын ар бири пилдин кандайдыр бир бөлүгүн кармап көрөт да баш-аяксыз талаш-тартыштар башталат. Пилдин бутун кармап көрүү менен сокурдун бири аны колоннага окшоштурса, экинчиси пилдин капталын дубалга, үчүнчүсү куйругун кармап аркан жипке окшоштурган. Сопулардын пикири боюнча, ар түрдүү багыттагы философиялык, диндик окуулар чындыктын ар кайсы бөлүгүн гана көргөн сокурларга окшош, болгону пил бүтүндүн фрагменти гана экенин таанып билүүгө жөндөмсүз деген экен.

Сопучулуктун негиздөөчүлөрү болуп Египеттик Зу-н-Нун ал-Мисри жана багдаддык Абу Абдаллах ал-Мухасиби (IX-к). Ортодоксалдуу мусулман дин аалымдары X-XII-кк. сопуларды куугунтукташкан, бирок XIIк. ал-Газалинин ишмердиги жана окууларынын таасири менен сопучулук белгилүү даражада таанылган. Бирок суфизм окуусуна жол коюу талаш тартышы исламда азыркы күнгө чейин уланып келүүдө.

Сопучулуктун философиялык окууларын Сопучулуктун Улуу шейхи деген атка ээ болгон Ибн Арабинин (1165-1240) эмгектеринен табууга болот. Анын окууларында болмуштун биримдиги, б.а. Кудай (Жаратуучу менен Алгачкы башталыш) жана Жаратуучу жөнүндөгү сопучулук окуулары корутундуланган. Кудай бардык жерде жана баарында бар. Сопунун руху “көптүк чынжырын ыргытып салуусу”зарыл. Мындай сапат бардык материалдык обьекттерге, ошону менен кошо адамдык денеге да мүнөздүү. Ошондо гана абсолют менен, б.а. Кудай (Аллах) менен бириге алат.

Алардын мындай көз карашы көптөгөн фундаменталдуу проблемаларды кайрадан ойлонуп көрүүгө түрткөн. Мисалы: себептүүлүк проблемасы, убакыт жана түбөлүктүүлүктүн өз ара мамилеси жөнүндөгү проблемалар. Убакыт (мутакалимдер сыяктуу) атомго окшоп айрым көз ирмемдерден турат. Сопулардын пикирине ылайык убакыттын ар бир көз ирмеми бул түбөлүктүүлүктү каттоо (белгиси, аныктыгы). Ар бир көз ирмемде карама-каршы 2 көрүнүш жүрүп турат – жок кылуу жана бардык нерселердин пайда болушу – жыйынтыгында, убакыттын ар бир атому түбөлүккө кетет жана ошол эле көз ирмемде убактылуу катарга кайра келет. Ошентип, мезгил

түбөлүктүүлүк менен бирге жашап гана калбастан, түбөлүк жашоонун шарты да болуп саналат.

Окуунун тагдыры. Сопучулук мусулман философиясына (айрыкча кечки Орто кылым доорунда) чоң таасир калтырган.

10-БАП

ЕВРЕЙ ФИЛОСОФИЯСЫ

Орто кылымда еврей маданиятынын жана философиясынын негизги борборлору мусулман дүйнөсүнүн аймагынан орун алган: Вавилондо, Багдадда ж.б.; X кылымда еврей философиялык ойчулдардын негизги борбору болуп Кордова (Испания) эсептелген. Еврей философиясынын өнүгүшү мусулмандыктын чоң таасири астында жүргөн, ошондуктан X-XII-кк. еврей философтору өз эмгектерин араб тилинде жазышып, XIII-XIV кылымдардан баштап гана бул чыгармалар еврей тилине которулган. XIII-к. баштап мусулмандардын, XV-кк. христиандардын (арабдар Испанияны басып алган соң) куугунтугуктары еврей философиясынын өнүгүү борборлорун бүлгүнгө учураткан.

Орто кылымдык еврей философиясы өнүгүшү чыгыштагы теология базасында башталган, мында VIII-X-кк. эки негизги: раввиндик жана караимдик багыттар белгилүү болгон.

Караимдер көз караштары боюнча мутазилиттерге жакын. Караимдердин пикири боюнча Ыйык Жазмалар (иудей салтындагы – Эски Осуят жана Талмуд) акыл – эстин жардамы менен талкууланышы керек, ошондо дагы диний идеялар илимге каршы келбеген шартта. Караимдер кыймылынын белгилүү өкүлдөрүнүн бири Анан бен Давид (VIII-к).

Раввиндик багыттын алгачкы теологу, диндик идеяларды негиздөө үчүн философиялык окууларды жана ыкмаларды колдонгон өкүл катары Египеттеги Файюмдук Саадия (892-942) эсептелген. Анын далилдөөсү боюнча, Ыйык Китепте жазылган дин чындыгы жогорку чындык болот. Акыл-эске жеткен чындык диндик чындыкка каршы келбейт. Эгер Ачылышта (Откровениедеги) бул чындыктар бизге эле дароо берилгени менен, аны акыл эс акырындык менен өздөштүрөт, башкача айтканда узак күч жана көптөгөн кыйынчылыктар менен.

X-XIII-кк. Батыштагы (Испанияда) еврей философиясынын өнүгүшүндө 3 негизги багытты байкоого болот (60-чийме).

1. Жаңы платончулук – ири өкүлдөрү Соломон бен Иегуда (Ибн Гебироль же Авицеброн) (1020-1070).
2. Перипатетизм (аристотелизм)- ири өкүлдөрү – Моше (Моисей) бен Маймон (Маймонид) (1135-1204).
3. Мистикалык философия – коббала- анын өнүгүшүндөчоң роль ойногон өкүл - Моше де Леон (Монсей Леонский).

10.1. Жаңы платончулук

Ибн Гебироль. ***Өмүр таржымалы.*** Саломон бен Иегуда, же мусулмандык салттагы – Ибн Гебироль (1020-1070) - орто кылымдагы еврей ойчулу жана ал мусулман дүйнөсүндө кеңири белгилүү болгон. Европада Авицеброн деген ат менен белгилүү болгон. Ал Испаниянын Малага шаарында төрөлүп, өмүрүнүн көп бөлүгүн Сарагосто жашоо менен өткөргөн. Акын жана философ болгон.

Негизги эмгектери. Негизги эмгектеринин бири окутуучу менен окуучунун ортосундагы диалог түрүндө жазылган чыгармасы «Жашоо булагы» араб тилинде жазылган. Эмгектин түп нускасы жоголуп, еврей жана латын тилине которулган бөлүктөрү гана калган.

60-чийме

Орто кылымдагы еврей философиясы

Орто кылымдагы еврей философиясы



Философиялык көз карашы*.Онтологиясы.* Авицеброндун онтологиясы Кудай жөнүндөгү диндик көз караштарды жаңы платондун онтологиясы жана Аристотелдин форма жана материя жөнүндөгү окуулары менен бириктирүүгө аракет жасаганга негизделген. Аристотель боюнча, «Болмуш» 3 эле нерседен турат, тактап айтканда материя форма менен бирге, биринчи субстанция жана эрк аралык звеносу (тогоосу). Мында Кудай биринчи субстанция катары түшүндүрүлөт, Платондун жана жаңы платончулардын Бирдиктүү идеяларына негизделет.

Космогониясы. Космогониясында ааламды Кудай жараткан деген библиялык окуулар менен жаңыплатончулардын эманация жөнүндөгү окуулары синтезделген. Кудай Логос (мында Сөз бир эле учурда Кудайдын эркси) аркылуу эч нерсе эместен болмушту жараткан. Бул жаратуунун биринчи жана акыркы актысы, анын натыйжасы материя жана форманы камтыган Космостук акыл-эс болуп эсептелет. Андан ары космикалык процесс жаңыплатончулардын схемасындай уланат: Космостук акыл-эстен чыккан эманациянын натыйжасында Дүйнөлүк жан, Өзүнчө жандар, жаратылыш жаралат.

Жашаган бардык обьекттер – Кудайдан бөлөгү – материя жана форманын биримдиги, б.а. материалдуулук катары бир гана дене түзүлүштөр эмес, рухий маныздар да эсептелет. Мисалы: адамдык жан, периштелер жана башкалар. Материалдык обьекттер өздөрү турган материянын чеберчилик менен түзүлүшү боюнча айырмаланышат. Бул материя (материя, Аристотель айткандай эле, мүмкүнчүлүктөрдүн универсалдуу алып жүрүүчүсү) кабыл алган форма менен байланыштуу. Материяны “дене формасы” жана “рухий формасы” деп ажыратуу максатка ылайыктуу. Кудайды таанып билүү мүмкүндүгү экстаз абалында сезим жолдору (интуиция) аркылуу ишке ашат.

Окуунун тагдыры. Ибн Гебироль мусулман жана христиан философторунаазыраак таасир эте алды. Алардын ичинен өзгөчө Джордано Брунонун пантеисттик идеяларына таасир эткен.

10.2. Перипатетизм

Маймонид (Maimonides)

Өмүр таржымалы. Моше (Моисей) бен Маймон (1135-1204) көбүнчө Маймонид деген ат менен белгилүү философ, теолог, врач. Кордовада төрөлгөн; Араб - мароккандык халифаттын еврейлерди куугунтуктоосунан өз өлкөсүн таштап, Каирде жашаган жана 1187-ж.султан Салах-ад-Диндин (Саладин) лейб-дарыгери болгон.

Негизги эмгектери. Негизги философиялык эмгеги - «Адашкандарга жол көрсөткүч” («Путеводитель заблудших»). Бул эмгек устат жана окуучунун ортосундагы диалог формасында араб тилинде жазылган. Маймонид жашап турган мезгилде эле бул

чыгарма еврей тилине, кийинчерээк Европада – латын тилине которулган.

Философиялык көз караштары. Маймониддин окуулары өз алдынча жазылганы менен Аверроистин окууларына окшош. Анткени экөөнүн тең окууларынын негизин Аристотелдин эмгектери түзгөн.

Билим жана ишеним проблемалары. Маймонид Кудай чындыгы менен илим чындыгынын аралыгында карама-каршылыктын болушу мүмүкүн эмес, анткени алар "Кудайлашкан акылмандык болуп саналган булактан экөө тең агып чыккан",- деген. Бирок Маймонид акыл-эс чындыгын диндик чындыктан жогору коёт. Ал диндик чындыкты "акыл-эстин күчү менен табылган жана ыйык аталардан берилген жазма түрүндөгү чындык", - деп жазат. Ошондуктан илимий корутундуларга карама- каршы келген библиянын жоболорун аллегориялык негизде талкуулайт.

Онтологиясы. Маймонид Аристотелдин «ай астындагы дүйнө» («подлунный мир») идеясына толук кошулат, ал эми «ай үстүндөгү дүйнө» («надлунный мир») идеясында талаш-тартышка барат. Ошентип Маймонид дүйнөнүн түбөлүктүүлүгүн танат да, дүйнө Кудай тарабынан жаралгандыгына кошулат.

Маймониддин еврей философиясын грек философиясы менен синтездөө менен жетишкен акыл-эс ишенимден жогору идеясы еврей дин таануучуларынын нааразылыгын жараткан. Анын окуулары өрттөлүп ташталган. Маймониддин окууларына "каршы" жана "бирге" күрөшү XIII-к. чейин жүргөн. 1305-ж. бул маселе өтө курчуп кеткендиктен, раввиндердин синоду синагогиядан ажырап калуу коркунучу астында 25 жашка чыга электерге философия менен алектенүүгө тыюу салды.

Окуунун тагдыры. Орто кылымда Маймониддин окуусу каббаланын, батыш европадагы схолостиканын, Улуу Альберт жана Фома Аквинскийдин окууларына чоң таасир көрсөткөн. Жаңы доордо Спинозага да таасир эткен.

10.3. Каббала (Kabballa)

«Каббала» терминин еврей тилинен которгондо «жомок», «уламыш» дегенди билдирет. Каббала – узак убакыт жашыруун болгон (эзотериялык) мистикалык окуу.

Келип чыгуусу жөнүндө уламыш. Каббаланын маңызын түзгөн жашыруун билимдин келип чыгышы боюнча эки уламыш белгилүү. Биринчи божомол боюнча, Моисей Синай тоосунда Ягва кудайы менен жолуккан кезде алган. Бирок Кудай ага диний Осуяттаржазылган тактайды еврей элине алып келип берген болсо, каббала билимдерин тандалгандарга гана кабарлаган. Кийинчерээк бул билимдер терең сыр катары катылып, ишенимдүү гана шакирттерге берилген. Экинчисинде (апикрифтик "Енох китебине" таянуунун негизинде) бул билимди адамдар периштелерден алышкан, б.а. алар асмандан адамзат кыздарына үйлөнүү үчүн түшкөн кезде.

Негизги эмгектери.*Сефер Ецира.* «Жаратуу китеби» байыртадан эле белгилүү болгон, (I-II-кк. дилбаяндарда эскерилген) Зехер же Зогар. «Жарык, жылтыроо жана жаркыроо" деген китеби XIII-к. Европада белгилүү болгон. Бул мезгилде Леондук Моше (Моисей Леонский) аны Испанияга алып келген. Кээде Моисей да бул китептин автору катары аталып жүрөт.

Философиялык көз караштары. Каббаланын философиялык окуусу Эски Осуяттагы ааламды Кудай эч нерседен жараткандыгы жөнүндөгү окууну платондук жана жаңы платондук космогония менен бириктирүүгө аракет жасаган. Мындай аракет бир катар параметрлери боюнча Оригендин жана гностицизм окууларын элестетет.

Космогониясы. Кудай жөнөкөй, бир тектүү жана белгисиз бүтүндүк (Платондун Бүтүндүк идеясына окшоп). Мындай мааниде Ал ааламда жашаган кандайдыр бир нерсе, б.а. Кудай - кандайдыр бир нерсе - Эн-Соф.Жогорку себеп сымал, бардык нерсе анда болгондуктан, Кудай - бул бардык нерсе. Ааламды Кудай жаратса, анда Кудай дүйнөнү жоктон жаратат.

61-чийме

Маймонид: булактары жана таасирлери



Эн-Соф – бул биринчи (алгачкы) жарык. Алгач ал ушул мейкиндикте болгон жана бардык мейкиндикти жарык менен толтурган. Бирок кандайдыр бир башка нерсе болуусу үчүн ал өзүн өзү концептрациялап, бошту кту жараткан. Ушул бошту кту андан агып чыккан өзүнүн жарыгы менен толтуруп, Кудайдын жоголуу чегинде – акырындык менен алсызданган.

Бул жарыкчылыкта алгачкы болуп Адам Кадмон – алгачкы адам, жалпы жаратуунун прототиби болуп саналган адам пайда болгон. Адам Кадмон аркылуу 10 сефирот (сфера) эманацияланган. Алар аркылуу Кудай ачылат, ошондуктан аны таануу мүмкүн. Сефироттор Адам Кадмондун космикалык телосунун элесин берген. Алар бири-бирине үч тараптуу баш ийишип, үч жолку биримдик пайда болуп, ушул үч катмардын жалпы жыйынтыгынын натыйжасында жана сегиз сефироттун гармониясы 10-сефирди сефириоттун негизинде үч дүйнө жашайт (47-таблица).

47-таблица

Каббаланын үч дүйнөсү

Дүйнө	Дүйнөнүн жайгашуусу	Калк
Берия дүйнөсү	биринчи (жогорку) дүйнөнүн жаралуусу же ички Асман	Акыл жетүүчү рухтар
Йицира дүйнөсү	экинчи жаралган дүйнө же сырткы асман	жука денелүү периштелер
Азия дүйнөсү	үчүнчү жаралган дүйнө, элементтер дүйнөсү же жаратылыш	адамдар

Бул үч дүйнөдөн жогору алгачкы образдар дүйнөсү – Ацилут дүйнөсү, б.а. Адам Кадмон турат. Ушул жаратылган үч дүйнө ага көчүрмө катары тиешелүү. Кудайлашкан жарыктын агымы эң төмөнкү баскычында материяга куюлуп, өчүп бараткан жарыкка айланат. Себеби жарык – бул жакшылык, караңгы – бул жамандык, ошондой эле караңгылыкта каардуу духтар, б.а. кулап бараткан периштелер бар. Анткени алар күнөөгө батып, асмандан куулган.

Каббала усулдары. Каббала мистикалык окуулардын андан ары өнүгүшүнө чоң таасир тийгизген, айрыкча Каббола өзгөчө адистешкен кабаллабык ыкмалар менен.

Каббалистердин пикири боюнча, Библияда, өзгөчө Тордо (Монсейдин 5 китеби) сырдуу билим катылган. Аларды өзгөчө ыкмалардын жардамы менен гана чечмелеп окууга болот (гематрия, нотарикон, тамура). Гематрия (мистика сандары) төмөнкүлөрдөн турат: ар бир еврей алфавитинин тамгасына (алар 22) төмөндөгү принцип боюнча сан туура келет: а-1, б-2 жана башка. Экинчи ондуктагы тамгаларга – 10, 20 жана башка. Үчүнчүсүнө - жүздүктөр. Сөздүн же башка тилдеги сөздөрдүн маанисине бардык тамгалардын суммасы эсептелет. Ошентип, бул ыкма менен 666 санына Библияда (Апокомерсистеги) антихрист деген аталыш чечмеленген. Бирдей суммадагы сандардын тилдик аталышы мистикалык өз ара байланыш болуп саналат.

Окуунун тагдыры. Каббала Орто кылымдагы мистикалык окууларга чоң таасир көрсөткөн. Ошондой эле кечки - азыркы мезгилге чейин таасир көрсөтүп келет.

Каббала космологиясы

Падыша
Даңк
Салтанат
Негиз
Адилеттүүлүк
Жакшылык
Сулуулук
Акыл эс
Акылмандык
Таажы
Адам Кадмон



Каббала: булактары жана таасири

Байыркы доор



6-БӨЛҮМ
ХРИСТИАН ДҮЙНӨСҮНҮН ФИЛОСОФИЯСЫ

11-БАП

ВИЗАНТИЯ ФИЛОСОФИЯСЫ

Византиянын жашоо доору (Чыгыш Рим империясы) 395-ж. баштап камтыйт, б.а. император Улуу Феодосий көз жумуп, анын эки баласы 1453-ж. түрктөр Костантинополду талап-тоноп алганга чейин Рим империясын экиге бөлүп алып, башкарганга чейинки мезгилди.

Византия байыркы маданият жана философиянын түздөн-түз улантуучусу. Мында маданий салт-санаалар менен ажырым болушу, котормо менен байланышкан көйгөйлөр болушу мүмкүн эмес эле, себеби грек тили Византиянын мамлекеттик тили болгондуктан жана дээрлик бардык эмгектер грек тилинде жазылган.

Бирок христианчылыктын мамлекет дин катары киргизилиши бутпарастык менен күрөшүү максатында саясий жана күч ыкмалары колдонула баштаган: бийликтин буйругу менен бир гана бутпарас чиркөөлөрү жабылбастан, бутпарастык ишенимдерге тыюу салынган, ошондой эле бутпарас философиялык мектепда жабылып, 529-ж чейин жашаган Афинадагы Платон Академиясы акыркылардан болуп жабылган.

Бийликтин философияга болгон мындай мамилесинин эки себеби болгон: биринчиден, ар түрдүү философиялык окуулардын алкагында теореялык деңгээлде христианчылыкты сындоо жүүп турган; экинчиден болсо, дал ошол философиялык окуулар жана ыкмалар христиан теологиясындагы көптөгөн агымдардын пайда болушунун негизин түзгөн.

Христиандыктагы ар түрдүү агымдарынын (монофизиттер, дифизиттер, иконоборецтер, иконасүйүүчүлөр) өкүлдөрү менен болгон айыгышкан күрөш IV-XX-кк. чейин уланып, Византиянын бардык аймагын камтыган. Бул күрөш көбүнчө калктын чоң катмарын өз ичине тартып, императорлук армия менен басылган толкундоолорго, көтөрүлүштөргө, граждандык согуштарга алып келген. Чиркөө соборлорундагы теологиялык талаш тартыштар теологиялык аргументтердин негизинде эмес, императордук колдоонун жардамы менен чечилген. Теологиялык конфликттердин империя жашоосу үчүн кыйроо алып келерин сезген бийлик идеялогияны өзгөртүү саясатын жүргүзүп, философиялык окуулардын эркин өнүгүшүнө жана рационалдуу изилдөө ыкмаларына чек койгон.

Мындан византиялык философиясынын төмөнкү өзгөчөлүктөрү пайда болгон:

- Диндик проблематика практикалык жактан толук чөктүрүлгөн: философиялык идеялар жана методдор теологиялык проблемаларды талкуулоодо гана дээрлик колдонулган;
- Ишенимдин акыл-эстен жогору турушу: Ыйык Жазмалар жана Ыйык Уламыштар илим (философия) аброюнан жогору турган.

Византия философиясынын тарыхын үч негизги доорго бөлүүгө болот:

1. Эрте – IV-к.- VII-к биринчи жарымы.
2. Орто – VII-к. экинчи жарымынан XII-к. чейин.
3. Кечки - XIII-XV-кк. (64-чийме).

Эрте доордо Византияда эллинизм доорунун байыркы философиясынын идеялисттик окуулары өнүгүшүн уланткан. Ошол эле мезгилде христиандык ишеним окуулары менен философиялык идеялардын синтезделүү иштери активдүү жүргөн; христиан философиясынын тарыхында бул мезгил *патристика дооруна* тиешелүү. Бул

мезгилдин ири өкүлдөрү – Псевдо-Дионисий Ареопагит жана Максим Исповедник (580-662).

Ортоңку доордо батыш европалык схолостиканын негизинде жаралган византия схолостикасы пайда болгон жана өнүккөн. Патристика доорунун аякташы жана схолостикалык доордун келиши эң биринчи кезекте Иоанн Дамаскиндин (675-750) ысымы менен байланышкан. Анын эмгектеринде православ ишеним окуулары, ошол доордун илимий, философиялык билимдери системалаштырылган. Иоанн Дамаскин үчүн мүнөздүү өзгөчөлүк Аристотелдин философиялык идеяларына кайрылуусу, ошондой эле каралып жаткан маселеде анын логикасын кеңири пайдалануусу. Бул доордогу дагы бир ири өкүлдөрдүн бири Михаил Пселл (1018-1096) жана анын шакирти Иоанн Итал (XIк. экинчи жарымы).

Кечки доордо Византия философиясындагы кызыктыруучу агымдардын бири катары мистикалык исихазм окуулары саналган.

64-чийме

Византия философиясы: негизги этаптары
Эрте доор: IVк. – VII-к. биринчи жарымы



Исихазм (Hesychasm)

Исихазм термини грек тилинен которгондо «тынчтык», «жымжырттык», «аша кечүүчүлүк» дегенди билдирет. Башка мистикалык окуулар сыяктуу эле исихазмдин негизги максаты - Кудай менен биримдиктен адамдын максималдуу мүмкүндүккө жетишүүсү. Ал үчүн аскетик (дербиштик) жашоо образынан бөлөк, көбүнесе йогадагы жана сопучулуктагы окшош көнүгүүлөрдү элестеткен көнүгүүлөрдөн турган, психотренингдин өзгөчө системасы сунушталат. Мисалы: сыйынуу сөздөрүн көп ирет кайталоо, дем алуу жана кан айланууну жөнгө салуу. Бул психотренинг системасын египет жана синайлык дербиштер (Макарий Египетский, Евагрий, Иоанн Лествичник) IV-VII-кк. иштеп чыгышкан. Исихазм техникасын классикалык сүрөттөөнүXI-к. жашаган Константинополь чиркөөсүнүн монахтарынын бири Симеондун чыгармаларынан кезиктирүүгө болот.

Исихазмдын философиялык идеялары **Григорий Паламдын** (1296-1359) чыгармаларында чагылдырылган жана системалаштырылган, ошондуктан исихазм философиялык окууларын көбүнчө *паланизм* деп аташат. 1351-ж. паланизм Влахерн православ чиркөөсүндө расмий окуу катары таанылган.

Григорий Паламдын окуусундагы негизги тезис боюнча исихасттардын көнүгүү системасын аткарган дербиш (аскет) Кудайдан чыккан шоолалануу - «Фавор жарыгын», б.а. Евангелияда айтылгандай апостолдор Фавор тоосунда көргөн жарыкты көрө алган экстаз абалына жетүүсү мүмкүн.

Исихазм



Бул Кудайдан таркаган жарыкты Григорий Палан чындап болгон, ал иллюзиялуу эмес, ошондой эле ал жаратылган жана буюм эмес деп түшүндүргөн. Бул Кудайга гана тиешелүү сапат, ал Кудайсыз жашабайт. Ошол эле учурда Аристотелдин негиз жана жашоо жөнүндөгү окуусундагыдай Григорий Палам Кудай негиз катары өзүнө келет, ага адамдар жете албайт деп тастыктайт. Анда Кудайдын жаралуу формасы болгон Кудайлашкан энергия дүйнөнү тешип өтүп, даам аны кабыл алса болот деп ишенген.

Окуунун тагдыры. Исихазм орто кылымдагы орус жана XX-к. башындагы философияга, т.а. “имяславие”, “аттар философиясы” кыймылына (П.Флоренскийдин, С.Булгаковдун, А.Лосевдин көз караштарына) чоң таасир калтырган.

12-БАП

БАТЫШ ЕВРОПА СХОЛАСТИКАСЫ

Римдиктерди варварлардын 476-ж. басып алышы Орто кылым доорунун башталышы эсептелет да, бул басып алуулар Европа үчүн V-VIII-кк. жүргөн элдердин Улуу орун алууларынын бир гана эпизоду болгон. Бул доор тарыхта «караңгы кылым» аталышына ээ. Бул доордо чыгыштан батышка чоң сандагы ар түрдүү уруулар көчүшкөн – негизинен германдар жана славяндар. Мурдагы Батыш Рим империясынын урандыларында жаңы улуттук мамлекеттер калыптануусу жүргөн, бул процесс IX-X-кк. аяктаган.

Орто кылымдагы Батыш Европа философиясы «схоластика» деген аталыш менен белгилүү. Орто кылымдык философия формалдуу түрдө V-к аягында башталат деп айтылганы менен Батыш Европада «караңгы кылымдын» социалдык-саясий себептеринен негизинен болгон деле эмес. Бул мезгилдеги жалгыз маданий борбор болуп христиандык чиркөөлөр эсептелген, алардын китепканаларда байыркы тексттер, анын ичинде философиялык маанидеги текстер да сакталган жана көчүрүлүп берилип турган.

Батыш Европа схолостикасынын ырааттуу жана ситемалашып өнүгүшү XI-к. башталган. Орто кылым тарыхында төмөнкү доорлорго бөлүүгө болот.(66-чиймеде)

1. Эрте доор.
   а)схолостика алдында (чейин)(«караъгы кылым» доору)- V-VIII-кк.
   б) эрте схолостика IX-XII-кк.
2. Жетилген же жогорку схолостика – XIII-к.
3. Кечки схолостика XIV-XV-кк.

Схолостика доорундагы бардык философиялык чыгармалар латын тилинде жазылган, себеби ал мезгилде латын тили бир эле чиркөө тили эмес, илимдин эл аралык тили болуп саналган.

V-XI-кк. философиялык түзүмдүн негизги базасы болуп жаңыплатончулук кызмат кылып, негизинен Аврелий Августиндин идеялары жайылган. Жетилген же кечки схолостикада перипатетизм окууларына таянышып, Фома Аквинский (томизм) белгилүү болгон.

12.1 Схоластикага чейинки V-VIII-кк.

Байыркы философиядан орто кылымдык схоластикага өтүүдөгү негизги фигура болуп Боэций (480-524) эсептелип, аны «акыркы римдик жана биринчи схоласт» деп аташкан. Дал ошол Боэций жаңыплатончуПорфирий койгон универсалийлер проблемасын биринчилерден болуп чечмелеген. Бири-бирине карама-каршы келбеген маңыз жөнүндөгү Платон жана Аристотелдин философиялык окууларынын далилин Боэцийден табууга болот. Анын сакталып калган эмгектери демократиялык мүнөзгө ээ, бирок кийинки мезгилдерде Боэций христиандык догматика жана теологиялык маселелерине арналган бир нече чыгармалардын автору экендиги белгилүү болду.

Боэций Аристотелдин логика боюнча негизги чыгармаларын латын тилине которгон жана алардын кээ бирөөлөрүнө коментарийлерди жазган. Европада XIII-к. чейин Аристотелдин эмгектерин белгилүү кылган котормолор жалгыз Боэцийге таандык.

Кескин дедуктивдүү натыйжаларга ээ болгон Аристотелдин логикасы (силлогистика) схоласттар үчүн рационалдуу ой-жүгүртүүнүн негизи болуп саналган. Силлогизмдин туура модустарын колдонуу жөнөтмөлөрүнүн туура шарттарында чыныгы корутундуну алуунун кепили. Ошентип Ыйык жазма жана Ыйык Уламыштардын ар бир сүйлөмү абсолюттуу чындык болуп саналса, анда алардын жөнөтмөлөрүн колдонуу тиешелүү силлогизмдерге улам улам бардык жаңы чындыктарды алуу үчүн жол ачып берет. Логиканын натыйжасына жана логиканын мыйзамдарына ишенүү кээ бир

схоласттардын ич ара карама каршылык туудурган Инжилдин кээ бир жоболоруна болгон ишеничине шектенүүнү жаратты, башкалары болсо логиканын мыйзамдарына күмөн санап калышты.

66-чийме

Батыш Европа схолостикасы: өнүгүү доорлору



Схоластиканын калыпта одор (480/490-570) чоң таасир көрсөткөн. «Институции» деген өзүнүн эмгегинде ал кечки байыркы доордогу билим системасы жөнүндөгү идеяларды андан ары өнүктүргөн. Билим берүү системасы анын чыгармасында «жети эркин искусство» деп аталып, «үч бурч» жана «төрт бурч» («квадрат») болуп бөлүнгөн (67-чийме).

67-чийме

Үч бурч жана төрт бурч (Тривиум и квадрииум).

Арифметика Геометрия

Төрт бурч
(Квадриум)

Музыка Астр

Грамматика, диалектика жана риторика бирдиктүү комплекске биригет, анткени алардын баары белгилүү мааниде Логос жөнүндөгү илим болуп саналат: грамматика табигый илимди изилдеп, логика - тилдин жардамы менен туура талкуулоо, ал эми риторика - сөздүн ишенимдүү, көркөм, туура түзүлүшү. Бул сабактардын бири-бири менен бир бүтүнгө байланышы - буларды баары диспутка ийгиликтүү катышууга зарыл-негиздөөнүн, далилдөөнүн, жада калса ар кандай идеяларды жазуунун негизги формасы (анткени ал мезгилге көптөгөн илимий текстер диалог формасында түзүлгөн же «макул же каршы» принцибинин негизинде, башкача айтканда тезис – антитезис - жыйынтык).

Арифметика, геометрия, музыка жана астрономия математикалык илимдердин комплекси, себеби музыка да, асман телолорунун кыймылы да (т.а. асман телолору жабышкан сфералар) гармония законуна баш ийет, бул болсо математиканын обьекттеринде, анын ичинде сандарда чоң орду бар. Бул мыйзамдар математика тилинен орун алган, мисалы: пропорциялар теориясы.

«Жети эркин искусствodон» турган билим системасы бардык Европа аймагында Кайра Жаралуу дооруна чейин жалпы кабыл алынган система болгон.

Схолостика философиясын чагылдырган эмгектердин бири Исидор Севильскийге (570-636) таандык. Ал философ, дин таануучу, Севилдин (Испания) архиепискобу болгон. Анын 20 китептен турган чыгармасы «Этимология» деп аталып, байыркы мезгилде кеңири таркалган, Платон менен стоиктер ж.у.с. таянган «тилдин жаратылыштык теориясыны» идеясына негизделген.

Бул теорияга ылайык сүйлөгөн тилибиздеги ар бир обьектинин аты бул обьектинин маанисине дал келет. Платонго ылайык, бардык нерселердин аталыштарын Кудай же өзгөчө акылман адамдар берген, себеби алар буюмдун маңызын түшүнүшкөн. Ушундай эле көз карашты Инжилден да табууга болот. Нерсенин аталыштарын изилдөө (башкача айтканда этимологиясын) ар кандай обьектти, жада калса Кудайды таанып билүүнүн каражаты болуп саналат. Псевдо-Дионисий Ареопатеттин белгилүү эмгектеринин бирөө «Кудайлардын аталыштары жөнүндө» деп аталат жана ал Кудай атрибуттарын жана аны менен байланышкан аталыштарды изилдөөгө арналгандыгы да бекеринен эмес. Ошондуктан «Жети эркин искусствону» изилдөөнүн башатында алгачкы сабак болуп граматиканын эсептелгендигине таң калууга болбойт.

Аристотельаталыштардын келип чыгышына карама-каршы пикирде болгон. Анын пикири боюнча, аталыштар нерселердин «далилдениши боюнча» айтылат, б.а. адамдардын өз ара келишими боюнча жана аталыштын нерсенин маңызы менен эч кандай байланышы жок. Аристотелдин бул идеясы эрте схолостика доорунда белгисиз болчу. Жетилген жана кечки схоластика доорунда гана бул идея жайылган.

Исидор Севильскийдин филологиялык корутундулары жана божомолдору бейаңдыктан кабар берип, азыркы лингивистиканын позициясынын сынына дуушар болгон. Ошого карабастан анын «Этимологиясы» Европа философиясынын өнүгүшүндө чоң роль ойногон. Ошондой эле бул эмгекте байыркы авторлордун жоголуп кеткен көптөгөн цитаталары жана ссылкалары келтирилген. Бул эмгек номинализм багытынын өнүгүшүнө да таасир эткен, анткени номиналистердин пикири боюнча жалпылык (универсарийлер) нерселердин аталыштарында жашайт.

“Караңгы убакыттардын” доорунда жашаган, эстеп кетүүгө арзырлык дагы бир философ - англосак монахы Бо да Достопочтенный (673-735).

12.2. IX-XII-кк. эрте схоластика

IX-XII-кк. Европа үчүн улуттук мамлекет жана анын маданиятынын калыптануу учуру болгон. XI-к. аягында Крестүүлөрдүн жүрүшү башталып, мусулман дүйнөсү менен (мусулман жана еврей) жана алар аркылуу байыркы философия менен таанышууга жол ачылган. Бул көрүнүш европа маданиятынын жана философиясынын өнүгүшүнө чоң түрткү болуп, кээде XII-к. шарттуу түрдө «алгачкы Ренесанс» деп да атап жүрүшөт. Бул мезгилде Европада алгачкы университеттер ачылып, кийинки философиялык жана илимий ойлоолордун өнүгүшүнүн борборлоруна айланган.

IX-к. эрте доордун эң бир кызык философторунун бири - Эриуген жашаган. Ал жаңы платонизм жана христиандык ишеним окууларын оригиналдуу синтездеген.

Ал эми схоластиканын системалык өнүгүүсү XI-к. башталган. (68-чиймеде). Бул мезгилдин белгилүү философтордун бири - Ансельм Кентерберийский. Ал Кудай болмушун рационалдуу далилдеп берүүгө алгачкылардан болуп аракеттенген.

Сен-Виктор жана Шартрдын мектептеринин ишмердиги схоластиканын өнүгүшүндөгү негизги этабы болуп калган. Шартр мектебинин негиздөөчүсү болуп, епископ Фульбер (1028-жылы көз жумган) эсептелген. Бирок анын гүлдөп өнүгүү мезгили XII-к.а туура келип, бир туугандар Шартрдык Бернар жана Тьер, Конштук Гильомдун ысымдары менен байланышкан. Шартр мектеби негизинен платонизмдин идеяларын өнүктүргөн. Нерселердин аталыштары алар атаган обьекттердин маңызы менен байланышкан деп түшүндүрүшкөн. Мындай байланыш көптөгөн конкреттүү обьекттер жана алардын аталыштары аларга туура келген универсарийлерден (идеялардан) келип чыккан деп түшүндүрүлөт.

Сен-Виктор мектеби Шамполук Гильом тарабынан XI-к. негизделген жана анын ири өкүлү - Гуго-Сен-Викторский (1096-1141). Бул мектептин ишмердүүлүк багыты – мистика. Гуго-Сен-Викторский өзүнүн «Дидаскалион» деген эмгегинде көрүнүп турган сезимдик кабылдануучу дүйнө көрүнбөгөн дүйнөнүн белгиси катары: «Бүткүл ушул дүйнө Кудай жалгыз жазган китеп сымал нерсе»,-деген. (Весь этот мир нечто вроде книги, написанной перстом (же сөөмөй же жалгыз) Божьем).

XII-к. ири философу Пьер Абеляр (1079-1142).

68-чийме

Батыш Европа схоластикасынын эрте доору
Байыркы философия



IX-XII-кк Эрте схоластика



Иоанн Скотт Эриуген (Iohn Scotus Erigena)

Өмүр таржымалы. Иоанн Скотт Эриуген (810-877) IX-к. алгачкы ири батыш европа философу келип чыгуусу боюнча Шотландиялык (Скотт Шотландиялык деп которулат), ал өмүрүнүн көп бөлүгүн Парижде өткөргөн, анткени Ареопагитикти грек тилинен латын тилине которуу үчүн котормочу катары чакырылган. Анын автору болуп Дионисий Ареопагит эсептелип жүрөт.

Негизги эмгектери. Эриуген Ареопагитикти которуу менен гана чектелбестен, ага комментарийлерди жазган, андан сырткары Максим Исповедниктин (ири византия комментарчысы: Ареопагитикке) эмгектерине, Григорий Нисс, Августин жана Боэцийдин эмгектерине коментарийлерди жазган. Негизги эмгектери «Кудайдын алдын ала аныктоолору жөнүндө» («О божественном предопределении») жана «Жаратылыштын бөлүнүүсү жөнүндө» («О разделении природы»). Булл эки чыгарма теъ чирке тарабынан: биринчиси 855-ж. Эриуген тирүү кезинде эле экинчиси XIII-к башында айыпталган. 1684-ж. Эриугендин бир катар эмгектерин Ватикан «Тыюу салынган китептердин индексине» киргизген.

Философиялык көз караштары*.Билим жана ишеним проблемалары*. Эриуген тура акыл-эс-чыныгы абройго карама-каршы келбейт эле «чыныгы аброй (авторитет) тура акыл-эске карама-каршы келбейт» анткени алардын экөө теъ бир эле булактан, чынында кудайлашкан акылмандыктан келип чыгат деген. Бирок акыл-эс биринчи (алгачкы) болуп саналып, «аброй чыныгы акыл-эстен жаралат, бирок акыл-эс эч качан абройдон жаралбайт» деген пикирде болгон.

Универсалийлер проблемалары. Универсалийлер проблемаларын чечмелөөдө Эриуген реализм позициясында турган. Анын пикири боюнча түрлөр жана тектер (роды) башкача айтканда жалпыны кеъ же тар түшүнүүлөр реалдуу жашайт. Ошондуктан ар бир тек (род) өзүнүн түрү боюнча бүтүн жана толук чагылат башкача айтканда «төрт буттуулар» «ит», «мышык», «уй» түрүндөгү мааниде. Ар бир түр толук конкреттуу нерсенин маанисин берет. Мисалы мышыктын түрү конкреттүү мышыктардын баарын элестетет.

Тектер жана түрлөр 2 жаратылыш сыяктуу конкреттүү нерселерди билдирсе, алардын жашоосу чыныгы реалдуу болуп саналат.

Онтологиясы. Эриугендин онтологиясы Ареопагитиктин жана жаңы платончулуктун базасында түзүлүп, андан Кудайдын жалгыздыгын жана жаратуучулугун тааныган пантеистик идеяларга негизделет. Эриугендин пикири боюнча Кудай адамдаргажаратылыштын 4 тибин ачып берет (69-чийме).

69-чийме

Эриугендин 4 жаратылышы

I жаратылыш: жаратуучу жана жаралбаган
(Первая природа: творящая и нестворенная)
Жогорудагы болмуштун бардык аныктамаларынын жана категорияларынын болушу негизи Кудай. Ошентип Кудай эч нерсе эмес. Кудай эч бир нерсе эмес ошондой эле өзү үчүн да эч кандай акыл жеткис. Эч нерсе эмес бардык болмуштун үстүндө болгондо гана өзүн сезет. Бул бардык көптүк, жекелик, белгилүүлүктүн үстүндөгү Кудайдын реалдуу биримдиги болуп саналат. Философиялык акылга ал үч жактуулукту ачат: Ата-Болмуш, Бала-Логос, Ыйык-Дух-Жашоо.

Экинчи жаратылыш: жаратылган жана жаратуучу
Кудай Акылы же Логос, ал – Кудай баласы, бул Кудай өзүн жаратуучу жана өзүнүн жараткандарын өзүнө ачуучу. Бул жерде Кудай алгачкы образдар, бардык жашоочу нерселердин алгачкы себепчисинин, идеялардын (тек жана түр) жыйынтыгынын негизинде жаралат. Мында алгачкы бирдиктүү маңыздын майдалануу процессии башталып, бардык белгилүү көптүктүн башталышы коштолот. Ыйык дух булл идеялардын кыймылдуу себептерди жасайт, ал үчүнчү жаратылышты түзгөн индивидуалдуу обьектилерден жаралат.

Үчүнчү жаратылыш: жаратылган жана жаратуучу эмес
Идеялардын негитзинде жаралган.
Дене буюмдары жанан материалдык дүйнө. Дене же материалдуулук, конкретүү нерселер болгон көрүнүш. Биз буюм деп эсептеген нерселер, болгону акыл жетүүчү каражаттардын жыйынтыгы: чоңдугу, формасы, өъү-түсү мында буюдардын көптүгү жана материалдуулугу илюзордуу, ал эми жалпылыгы жана жекелиги гана реалдуу

Төртүнчү жаратылыш: жаратылбаган жана жаратуучу эмес
Кудай
Бардык буюмдун максаты жана акыркы себепчиси. Төртүнчү жаратылыш биринчи жаратылышка окшош, алар маниси боюнча айырмаланбайт, Кыймыл багыты боюнча гана айырмаланат: жекеден көптүккө жана көптүктөн жекеге

70-чийме

Эриуген: булактары жана таасирлери
Байыркы



Окуунун тагдыры. Эриуген маданияттын өнүгүшүнө чоң таасир көрсөткөн. Анын философиялык жана диндик идеялары Орто кылымдагы философиянын андан ары өнүгүүсүнө жана платончулукка таасир берген. Кайра жаралуу доорунда анын идеялары пантеизмдин калыптанышынын негизин түзгөн (70-чийме).

Ансельм Кентерберийский (Anselm Canterbury)

Өмүр таржымалы. Ансельм д' Аоста (1033-1109) белгилүү үй-бүлөдөн чыгып, апасы көз жумган соң өз үйүн таштап, Франциянын көптөгөн чиркөөлөрүн кезип жүргөн, 1060-ж. монах убадасын кабыл алып, 1093-ж. Кентерберия епископу болгон.

Негизги эмгектери. «Монологион», «Прослогион», «Сабаттуулук жөнүндө», «Чындык жөнүндө», «Эркин тандоо жөнүндө», "Азезилдин кулашы жөнүндө" жана «Троица жөнүндө» ж.б.

Философиялык көз караштары. *Универсалийлер проблемасы.* Универсалийлер проблемасын чечүүдө Ансельм акыркы реализм позициясында турган, б.а. универсалийлер конкреттүү буюмдардан сырткары, өздөрүнө чейин эле Кудай акылында жашаган. Кимде ким универсалийлерди (Мисалы «адам», «ат», «бука» сыяктуу) реалдуу жашоосун тааныбаса, кимде ким ар түрдүү адамдар бир "адам" менен байланышта экендигин түшүнбөсө, ал эч качан Кудайдын үч бетте жашоосун түшүнбөйт.

Дүйнөдө жашаган бардык нерселер Кудайдын акылынын жана идеяларынын негизиндеги Кудайдын жаратуусу. Бул идеялар Кудайдык ойлору болгон, ошондуктан алар түбөлүк жашайт. Дүйнөнүн жаралуусу жана бардык буюмдар Кудай Сөзүнүн жардамы менен жаралган. Кудай сөзү адамзат сөзүнөн айырмаланат, бирок ошондой болсо да буюмдардын аттары менен биздин аң-сезимибиздеги буюмдар жөнүндөгү түшүнүктөр (универсалийлер) жана реалдуу дүйнөдө жашаган конкреттүү ошол буюмдардын ортосунда белгилүү байланыштар бар.

Билим жана ишеним проблемалары. Адам акыл-эс жана ишенимге ээ. Жогорку чындык Ачылышта көрсөтүлгөн жана адамга ишеним аркылуу берилет. Акыл-эс адам үчүн биринчи кезекте ишеним чындыгын терең түшүнүү үчүн керек. Мында Августиндин аркасынан кайталаган Ансельмдин чакырыгы белгилүү: «**Түшүнүү үчүн ишенем!**». Мындан Кудайдын бардыгын, анын үч жактык биримдигин далилдөөгө болгон аракеттерде көрсөтүлгөн, Ачылышты рационалдуу түшүндүрүүгө умтулуу пайда болгондугун байкоого болот.

Кудай бардыгын далилдөө. Ансельм Кудай жашоосунда 4 далилин иштеп чыккан жана ал апостериордук жана априордук (71-чийме) болуп экиге бөлүнгөн. 4 апостериордук далилдөөлөрү «Монологион» деген эмгегинде жазылып, анда Кудайдын себеп катары бардыгыбыз көрүп жүргөн натыйжалар аркылуу далилденет. Априордук далилдер «Прослогион» деген эмгегинде берилип, «онтологиялык аргументтер» деген аталышты алып калган.

Ансельмдин далилдери көптөгөн кайчы пикирлерди жараткан (о.э. анын көзү тирүү кезинде эле). Фома Аквинский онтологиялык аргументтерди четке каккан, бирок апостериордук далилдерди тааныган. Жаңы доордо Декарт менен Лейбниц анын онтологиялык аргументтерин жаңы формада кайра жаратышкан. Кант ага каршы чыккан.

Окуунун тагдыры. Ансельм Кентерберийскийдин эмгектери орто кылымдык схоластиканы талкуулоонун ыкмаларын жана проблемаларын аныктоодо таасирдүү орунда болгон. Аны көбүнчө «схоластиканын атасы» деп да аташкан, анткени ал анын калыптанышына чоң таасир көрсөткөн. Философиянын тарыхы үчүн өзгөчө мааниге анын Кудай Болмушун рационалдуу далилдөө аракеттери ээ болгон.

71-чийме

Кудай бардыгынын далилдери

1. Жыргалчылыктын көптөгөн түрлөрү жана даражалары бар. "Алардын бардыгы зарыл болгон кезде ар түрдүү жыргалчылыктагы бир эле нерсе деп ойлонулган нерсе эң жогорку жыргалчылык деп түшүндүрүлгөн кандайдыр бир нерсе аркылуу жыргалчылыктар деп эсептелинет. Анда ал өзү аркылуу жыргалчылык болот, себеби ар кандай жыргалчылык ал аркылуу ... Бирок бийик даражадагы жыргалчылык ошондой эле жогору даражада чоң дагы. Ошентип, кандайдыр бир нерсе, өтө жакшы жана өтө чоң, б.а. бардык болгон нерселерден жогору турган нерсе бар ".
2. "Кандайдыр бир нерсе - бул өтө чоң чоңдук, себеби бардык өтө чоң чоң нерсе бул кандайдыр бир өзү аркылуу өзү өтө чоң нерсе аркылуу. Мен кандайдыр бир дене сыяктуу жерге байланышкан чоңдук жөнүндө айткан жокмун, бирок канчалык чоңураак болгон сайын, ошончолук жакшыраак жана акылмандык сыңары сыйга татырлык". Жогорку жыргалчылыктан бөлөк эч нерсе жогорку чоңдугу болбогондуктан, ошол кандайдыр бир нерсе эң чоң жана эң жакшы, б.а. бар нерселердин эң жогоркусу экендиги зарыл".

Априордук далилдер

1. Кудай “андан ары эле[illegible]дыр бир нерсе.... Албетте, андан ашыра элестете алынбаган нерсе ойдо гана болбойт. Бирок жок дегенде ойдо деле бар болсо, өзүнө анын чындыгында канчалык чоңдугун элестетсең болот.Демек, андан чоңду элестетүүгө болбогон нерсе ойдо болсо, анда бул андан чоң нерсени элестетүүгө болбогон нерсе андан чоң нерсени элестетүүгө болбой турган нерсенин өзү. Бирок мындай болушу мүмкүн эмес. бирок андан да чоң нерсени элестетүүгө болбогон нерсе ойдо да, чындыкта да бар”

Пьер Абеляр (Peter Abelard)

Өмүр таржымалы. Пьер Абеляр (1079-1142) - француз философу, теолог, жазуучу жана акын. Дворяндык үй-бүлөдөн чыгып, мурас эмгектеринин баш тартып, кичи инилерине калтырып, Парижге окууга кеткен. Роцелин жана Шаннолук Гильомдон таалим алган. 1113-жылы Парижде өзүнүн жеке мектебин ачып, ал жерде жогорку ийгилик менен окутуучулук кылган. 1114-1118-ж Нотр-Дан мектебинин кафедрасын башкарган. Анын базасында кийинчирээк француз университети ачылган. Ушул доордо Элоизага болгон сүйүү трагедиясын тарыхы башталып, анын аягы чагын кыркып монах болу менен аяктаган. Кийинки жылдары Аблер ар түрдүү монастрларда жашап, ар кайсы жерде окутуучулук кылган. 1121-ж. Суассондогу чирке «Ыйык Троица» жөнүндөгү Абелярдын тезистерин айыптап, анын трактатын өрттөөгө аргасыз кылган. 1140-ж. Санседеги Собор Абелярдын христиандык чындыкты таануудагы акыл-эстин аздыр-көптүр ролу деген көз карашын айыптайт. Абеляр Рим панасына даттанууга жөнөп, жолдо ооруп каза болот.

Негизги эмгектери. «Менин бактысыздыгымдын тарыхы» (Өмүр баян), «Христиан теологиясы», «Теологияга киришүү», «Кудайдын бирдиктүүлүгү жана үчилтик», «Бар жана жок», «Философтун, иудейдин жана христиандардын ортосундагы субхат», ошондой эле өз кезегинде Аристотелдин логикасына да коментарийлер жазган Боэций жана Порфирийдин эмгектерине «Глоссы» деп аталган коментарийлер.

Философиялык көз караштары.*Универсалий проблемасы.* Универсалийлер проблемаларын чечүүдө Абеляр ашкере реалистик Шамполук Гильомдун позициясына да, ашкере номиналисттикРосцелиндин позициясына да каршы чыккан, ошол эле учурда концептуализм деген аталышты алган өзүнүн окусун иштеп чыгат. Бул окууга ылайык, конкреттүү жеке нерселер гана реалдуу жашайт, бирок универсалийлер эмес. Ал эми универсалийлер белгилүү бир түшүнүк (концерты) сыяктуу адамдын акылында жашайт. Универсалийлер адамдын акылдын абстракциялоо мүмкүнчүлүгүнө ылайык айрым бир заттарды сезим менен кабыл алуусунун негизинде пайда болушат. Адамдын акылы көптөгөн конкреттүү нерселердин жалпы касиеттерин аныктоого жөндөмдүү. Муну менен адамдык акыл материядан бөлүнгөн нерселердин формасын ачык эмес (күңүрт) түрдө кабылдоого жөндөмдүү. Ал эми ачык түрдө бул формалар же идеялар Кудай акылында гана жашайт.

Билим жана ишеним проблемасы. Ар бир изилдөөнүн баштапкы пункту күмөн деп санаган жана окумуштуунун негизги жумушу акыл-эс жолу аркылуу күмөндөн чындыкка жетүү деп эсептеген. Бул диалектиканы (логиканы) ырааттуу жана туура колдонууда гана мүмкүн. Диалектикалык акыл-эс - бул дайымкы изденүүдөгү жана Ыйык Жазуудагы тастыкталган далилди да аны тереңирээк түшүнүү үчүн күмөндөөгө алып келген акыл-эс. күмөндү жакындатуу (жылдыруу) же ыйык жазмаларды бекемдөө, бирок анны тереъ

түшүнүү максатында. Диалектикалык акыл-эс демейки адамдык акыл-эстен жогору туруу менен кудайлашкан Логоско жакындоого мүмкүндүк берет. Ошондуктан диалектикалык акыл-эс демейки акыл-эс үчүн абсурд (кеңкелестик) сыяктуу сезилген кээ бир христиандык чындыктарды таанууга жөндөмдүү (мисалы: Кудайдын 3 биримдиги (триединство Бога). Демек, акыл-эс ишенимдин негизи болуп саналып, мындан Абелярдын белгилүү «Ишениш үчүн түшүнөм» тезиси келип чыккан.

Акыл-эс теологиянын малайы эмес, анын жеке ыкмалары жана максаттары бар. Акыр аягында акыл-эс ишмердиги, анын бардык жетишкендиги ишеним чындыгын терең түшүнүүгө кызмат кылат (72-чийме).

Окуунун тагдыры. Абелярдын философиялык идеялары европа философиясындагы рационализмдин калыптануусуна түрткү берди.

72-чийме

Абеляр: акыл-эстин 3 түрү



12.3. Жетилген (жогорку) схоластика

Жетилген жогорку схоластиканын өнүгүү доору (XIII) төмөнкү өзгөчөлүктөр менен мүнөздөлөт (73-чийме). Биринчиден, бул мезгилдеи европа схоластикасынын негизги өнүгүү борборлору болуп университеттер, алардын философиялык факультеттери эсептелген (ал мезгилде искусствонун артисттик факультеттери деп аталышкан). Бирок философтордун (жалпы эле окумуштуулар) басымдуу көпчүлүгү **клириктер** болушуп, калгандары **монахтар** болгон. Жетилген жана кечки Орто кылымдагы философия жана илимдин өнүгүүсүндө негизги орун XIII-к. баштап пайда болгон эки кедей ордендердин өкүлдөрү - доминикандыктар менен францискандыктарга таандык болгон. Экинчиден, жетилген схоластиканын өнүгүшүнө византия, мусулман жана еврей орто кылым философиясы таасир эткен. Алар менен таанышуу Крестүүлөр жүрүшүнүн аркасында жана жер жерлерде котормо борборлорунун, өзгөчө Толедодо, аракетинин натыйжасында ишке ашкан. Үчүнчүдөн, V-XII-к европа философиясындагы негизги агым платончулук (жаңы платончулук) болуп эсептелсе, анда XIII-к. баштап Орто кылымдын аягына чейин аристотелчилик философтору (перипатетизм) эң негизги ролду ойногон. Бирок бир катар философ-францискандарга (Александр Гэльский, Бонавентур, Дунс Скот) христиандык дүйнө караштын базасында жаңы платончулук менен аристотелчиликти айкалыштыруу (кошуу) аракеттери болгон.

XIII-к. башында Аристотелге болгон мамиле терс тарапка бурулган. 1209-ж. Париж собору Аристотелдин эмгектерин сактоого, жазып алууга жана окууга тыюу салуу чечимин чыгарган. Бирок Александр Гэльский өзүнүн теологиялык ой-жүгүртүүлөрүн негиздөө үчүн Аристотелдин ар түрдүү идеяларын жана аргументтерин колдонгон. Аристотелдин айрым идеялары Бонавентура лакамы менен белгилүү, францискан орденинин генералы Иоанн Фиданцанын (1221-1274)эмгектерде чагылдырылган, бирок анын окуулары жалпысынан жаңыплатончулукка жакын. Схоластикалык аристотелчиликтин алгачкы ири өкүлү катары доминикандык Улуу деп аталган Альберт Больштедтти (1193-1280) айтууга болот. Орто кылымдагы перипатетизмдин туу чокусу - Фома Аквинскийдин томизм окуусу (1225-1279). Томизмге аверроизм каршы турган. Бул мезгилдеги улуу философтордун бири францискандык Роджер Бекон (1210/1214-1292) жана Дунс Скот (1270-1309).

Фома Аквинский (Thomas Aguinas)

Өмүр таржымалы. Фома (Тома) Аквинский (1221-1274) же Аквинат (көбүнчө ушундай аташат) граф Ландольфо Аквинскийдин баласы болгон. Алгач Фома Монте Кассино аббаттыгында, андан соң Неаполдогу университетте окуган. 1244-жылы Доминикан орденине кирип, кийинки жылы Альберт Больштед окуган Париж университетине жөнөп, кийин Альберттин жолу менен Кельн университетине кеткен. 1252-жж. Фома Парижге кайтып, бакалавр анан магистр, кийин теологиянын доктору (1257) болгон. Ал Парижде 1259-ж. чейин окутуучулук кылып, көптөгөн эмгектерин ушул жерде жазган. Кийинчерээк доминикан орденинин салтына ылайык, ал көп жыл Европада саякаттаган, көптөгөн ири университеттерде болгон. Тез эле аны Парижге Сигер Брабантский башында турган аверроизм менен каршы күрөшүү үчүн чакырышкан. 1274-ж. Фома Аквинский Түштүк Испаниядагы Фосанова монастрына жакын жерде көз жумган.

Фома ортодоксалдуу схоластиканын ири систематизатору болгон жана өзүнүн окуусун - томизмди түзгөн, бул окуунун негизги идеясы - христиандык ишеним окуулары менен Аристотелдин идеяларын ырааттуу жана системалык түрдө синтездөө.

73-чийме

Жетилген же жогорку схоластика



Фома Аквинский Периште доктор деген ардактуу ысымды алган.

Негизги эмгектери. «Бутпарастарга каршы сумма», «Теологиянын суммасы» (бүтпөй калган), «Чындыктын талаш маселелери жөнүндө», Боэцийдин «Троица жөнүндө» («Үчилтик жөнүндө») деген эмгегине коментарийлер, «Дүйнөнүн түбөлүктүүлүгү жөнүндө», «Теологиялык интеллекттин бирдиктүүлүгү жөнүндө». Бардык эмгектери латын тилинде жазылган.

Философиялык көз караштары.*Билим жана ишеним проблемасы*. Билим жана ишеним, акыл-эс жана Ачылышгармония абалында турат, бири-бирин толуктайт жана бири-бирине карама-каршы эмес. Адамдын «Ачылыш» аркылуу алган диндин чындыгы жөнүндө сөз кылганда, Фома алардын кээ бири, мисалы: Кудайдын үч бирдиги жөнүндөгүсү, адамдын акыл-эсине жеткиликтүү эмес, мындай шартта ар бир гана ишеним керек. Кудай бардыгы жөнүндөгү башка чындыктарды акыл-эстин таануусу мүмкүн жана акыл-эсибиздин жардамы менен биз талдай да жана далилдей да алабыз (74-чийме). Бирок ошол эле учурда акыл-эс адашуусу мүмкүн жана качан гана философиялык идеялар Ачылышка карама каршы келсе, анда философтор туура эмес.

Универсалийлер проблемасы. Универсалийлер проблемаларын чечүүдө Фома Аквинский орто заар реализм позициясына таянып, универсалийлердин үч түрдүү жашоосун айткан:

1) конкреттүү нерселерге чейин – Кудай акылында;

2) конкерттүү нерселерде;

3) конкреттүү нерселерден кийин – адам акылында

Фоманын идеяларындагы“универсалийлер” жөнүндөгү түшүнүк маңызы боюнча Аристотелдин «форма» түшүнүгү менен айкалышат; универсалийлер (форма сыяктуу эле) тиешелүү (ылайык) нерселердин маңызы катары талкууланат дейт. Бирок маңыздардын баары эле чындыкта жашай алышпайт. Бир гана Кудай үчүн анын маңызы менен жашоосу дал келет, кандай гана маңызды болбосун аны чындыкка ашыруу үчүн Кудайдын жаратуу актысы (маңыздын жашоосун, болмуш актысын) зарыл, мында маңыз жашай баштайт.

Онтологиясы. Томизмдин негизинде Аристотелдин Алгачкы форма менен дүйнөнү түзүүчү - христиандык (Эски Осуяттык) Кудайды бири бирине сиңирип, жалгаштыруу жатат. Абсолюттуу түрдө актуалдуу болуп бир гана Кудай эсептелет (бир гана ал үчүн маңыз менен жашоо дал келген). Потенциалдуу дегенди али аныкталбаган, өзгөрүлмө, бүтпөгөн, ошондой эле бардык жагы төп келбеген деп түшүнгөн. Кудай түпкү жана телосуз форма катарында эң жогорку активдүүлүккө жана актуалдуулукка ээ, ал эми биринчи материя дегенибиз – ал пассивдүү потенциалдуулук. Биринчи материя Кудайга көз каранды эмес жана жердеги эч кандай иштерге катышпайт, ал иштеп материя менен форманын өз ара аракеттери аркылуу гана аныкталат. Бардык жандуунун чындыгы Кудайдан алган, болмуштук деңгээлден көз каранды, демек, анын Кудайлашууга катышуу деңгээлинен; Кудай – жыргалчылык, демек бардык жан үчүн жыргал. Адам жамандык деп эсептеген нерселер – бул катачылык, болмуштун толук эместиги.

Антропологиясы. Орто кылымдык көз карашка ылайык адам материалдык дене жана материалдык эмес жандын биримдиги (аралашмасы) деп түшүндүрүлгөн. Фоманын пикири боюнча, жан менен дене бириккенде гана адамдын индивидуалдуу калыптануусу аяктайт. Мында акыл-эс (интеллект) болушунча таасир этет – «адамдык күчтүү жаратылыш». Бул идеяны ал бардык акыл-эстүү адамдар үчүн инсандык эмес, коллективдүү жашоонун бардыгын тастыкташкан аверроисттер жана Платондон кийин эле тело жан үчүн “караңгы зындан” деп эсептешкен платоник-августчулар менен күрөшүүдө далилдеген.

Кудай болмушун далилдөө. Фома Аквинский адамдык тажрыйбага жана чындыкты байкоолорго негизделген кудай болмушунун 5 далилин иштеп чыккан (74-чийме). Мында ал көбүнчө Аристотелдин ой-толгоолоруна таянган, Аристотель сыяктуу эле “жаман чеги жоктукту” тан албайт.

74-чийме

Кудай болмушунун далилдери

1. Космологиялык

Бул дүйнөдө жашашкан бардык обьекттер, дайыма өзгөрүшөт, кыймылдашат. Бардык кыймыл бул потенциянын актка өтүүсү, бирок обьект качан гана активдешкенде гана кыймылга келет. Мисалы: дарак потенцияда жылуулукка ээ, бирок аны активдуштирүү үчүн от зарыл. Бир эле нерсеге бир жле учурда акт да же потенция да болуу мүмкүн эмес (актта жылуулук болуу потенцияда мындай болбойт). Демек, кыймылга келген бардык нерселер башка бир нерсе аркылуу кыймылга келет. Бул бизди Аристотель тастыктаган кыймылсыз Биринчи кыймылдаткыч идеясына алып келет. Ошол гана нерсе Кудай деп аталат.

2. Казуалдык (себептүүлүк)

Сезимдик нерселер дүйнөсүнөн биз кыймыл себептеринин тартибин, эрежесин табабыз. Нерсе өзүнөөзү себеп боло албайт, себеби анда өзүнөн мурда өзү болушу керек эле, бирок бел нерсенин болушу мүмкүн эмес. Демек, бардык нерсенин себеби - андан сырткары. Себептердин чынжыры менен чексизге чейин барууга мүмкүн эмес, бирок себепти токтотуу кыймылды токтотуу дегенди билдирмек. Эгерде себеп чынжыры менен чексиз жүрүүгө мүмкүн болсо, анда биринчи себеп да, акыркы кыймыл да болмок эмес. Демек, бардык себептердин себеби -ушул гана шарт менен шартталган биринчи себептин бардыгынын мүмкүндүгүн ишенүү зарыл. бул Кудай деп аталат.

3. Онтологиялык

Дүйнөдө жашагандардын ичинде кокусунан пайда болгон нерселер да бар, б.а. болушу да, болбошу мүмкүн нерселердин ичинде. Эгерде баары болбогондо, анда жашоочу катары эч нерсе калмак эмес. Бирок эмне жашаса да, дайыма жашап туруусунун кандайдыр бир негизи бар. Анда, эгер кандайдыр бир моментте эч нерсе жашабаса, анда анда кийин да эч нерсе пайда болмок эмес. Бул абсурд (кеңкелестик) жана биздин тажрыйбабызга карам-каршы келет.

Демек, кандайдыр бир белгисиз нерсе бар болуш керек, а зарылдык болсо бул өзүнө өзү керек болгон жеке зарылчылык. Ошол нерсе Кудай деп аталат.

4. Догматикалык (жогорку толук деңгээлине жараша).

Реалдуулуктан биз чынчылдыгы, ак пейили, ак көңүлү, кемтиксиз деңгээли боюнча айырмаланган жашоочулардын градацияларын (бир нерседен 2 нерсеге ыраат менен өтүү) табабыз. Бирок градация фактысынын өзү максималдуу толуктукту, ак көңүлдүктү, ак пейилдүүлүктү түшүндүрөт. Бирок чындыктагы максималдуулук болмушта да максималдуу (Аристотель боюнча). От жылуулук концентратынын максималдуулугу катары, бардык күйүүчү телолордун себепчиси.

Демек, төп келишкендиктин, ак-көңүлдүн, ак-пейилдин себепчиси бар. Ал Кудай деп аталат.

5. Теологиялык (максатка ылайыктуу).

Жада калса жаратылыш телолору, б.а. акыл-эси жок обьекттер, кандайдыр бир максатка, маарага жетүүгө талпынуу менен жакшы жыйынтыктарга жетүү үчүн өздөрүн ушундай алып журүшөт. Таң каларлыгы, бул сокур кокустуктун жыйынтыгы эмес, болгону биле туруп жасалган жыйынтык. Бирок аң-сезимсиз ар кандай обьект максатка башкача аракеттенүүсү мүмкүн эмес, аң-сезимдүү бирөө тарабынан башкарылат (эгер биз учуп бараткан жаанын огун көрсөк, демек аны аткан жаачы бар экендигин божомолдойбуз).

Демек, жаратылышта болуп жаткандын баарын максатка багыттап турган акыл-эстүү жан бар. Ал Кудай деп аталат.

Космологиялык, казуалдык жана теологиялык далилдер борборлошкон айлана системасы менен графикалык түрдө сүрөттөлүшү мүмкүн, мында айлананын борбордо турганы Жерди билдирсе, сырткы айлана Алгачкы кыймылдаткычты түзөт. Бул Аристотелдин дүйнө картинасын чагылдырган чийме байыркы доордо эле колдонулган.

Окуунун тагдыры. Фома Аквинский каза болгондон 4 жылдан кийин (б.а. 1279-ж.) доминикан ордени томизмди өздөрүнүн расмий философиясы катары таанышкан.

1323-ж. католик чиркөөсү Фоманы мыйзам катары бекитип (мыйзамдаштырып), анын чыгармаларын ыйык жазмаларга киргизип, 1567-ж. чиркөөнүн бешинчи атасы деп таанылган.

1879-ж. Лев XIII папанын жарлыгы менен томизм католик чиркөөсүнүн расмий окуусуна айланып, XIX-XX-кк. томизм базасында азыркы батыш философиясынын бир агымы болгон – жаңы томизм өсүп чыккан.

Азыркы мезгилде философия тармагынын жаатындагы адистер арасында Фома Аквинский орто кылымдык схоластиканын ири өкүлү катары бир добуштан таанылып келет.

75-чийме

Фома Аквинскийдин: агымдары жана таасири





Оксфор
менен 1292-ж. Англияга кайтып келген. 1278-ж. францискан ордениинин тепералы аскуз жазаланып, түрмөгө түшүп, өлүмүнө аз калган мезгилде ганабоштондукка чыккан. Ал Укмуштуу доктор ысымын алып жүргөн.

Негизги эмгектери. «Чоң баян», «Кичи баян», «Үчүнчү баян». Алардын баары латын тилинде жазылып, акыркы экөөнүн үзүндүлөрү гана калган. Таанымал эмгектери «Илимдин кадыр баркы жана анны арттыруу жөнүндө», «Жаңы Органон», «Соломондун үйү» же «Жаңы Атлантида» ж.б.

Философиялык көз караштары.*Билим жана ишеним проблемалары*. Илим жана дин бири-бирине карама-каршы келбейт, философиянын негизги максаты ишенимди негиздөөгө мүмкүндүгүндө турат. Ошондой эле азыркы мезгилде сыйкыр болбойт, анда еретиктерге жана ишенимсиздерге кайрылуу үчүн чындыкты негиздөөнүн жана далилдөөнүн натыйжалуу (философиялык) жолу гана калат.

Гносеологиясы. Бекондун пикири боюнча, чындык - бул мезгилдин баласы, ал эми илим - бир же эки окумуштуунун эмес, жалпы эле адамзаттын кызы, ошондуктан жаңы муун эски муун кетирген катачылыктарды оңдоого милдеттүү. Роджер Бекон чындык жолундагы тоскоолдуктар болгон адамдык түркөйлүктүн негизги себептерин тактайт (48-таблица).

48-таблица

Адамдык билбестиктин себептери

Күмөндөр абройго ишенүү
Белгилүү көз караштарга узак мезгилдик адат
Жамааттын вулгардык аңкоолугу.
Баарын билгендиктин маскасы астында бекитилген окумуштуулардын түркөйлүгү

Ушундай өлүм коркунучу бар чумадан адамзат тегинин бардык кыйынчылыктары келип чыгат, себебиошонун айынан эң пайдалуулар, акылмандыктын улуу жана келишкен күбөлөрү, илим жана искусствонун бардык сырлары таанылбастан калат. Бирок андан да жаманы ушул 4 себептен сокур болгон адамдар өздөрүнүн жеке билбестиктерин сезишпейт, болгон күчү менен аны коргошот жана сакташат, себеби ага дары табуу таба алышпайт. Андан да эң жаманы – бул адашууга терең сүңгүп кирип, чындыктын толук жарыгындабыз деп боолгошот.[1] Аристотелге баш ийип, аны адамдардын арасындагы өтө төп келишкен деп саноо менен, Роджер Бекон Аристотелден кийин да илимдин өнүгүүсү улана берерин тастыктайт (49-таблица).

Роджер Бекондун пикири боюнча, таанымдын үч булагы бар: аброй, аргумент (логикалык жыйынтык) жана тажрыйбага негизделген эксперимент (76-чийме). Аброй далилсиз так, толук эмес. Эгер логикалык жыйынтыкка келсек, ал тажрыйбага таянбаса өз өзү менен ал жетишерлик эмес, себеби софизмди далилдөөдөн айырмалоонун мумкунчулугу жок. « Бардык билим жана искусстводогу ой жүгүртүүлөр,

[1]Дүйнө философиясынын онтологиясы: 4т. Т.1. Б.863

кыялдануулардан жогору тажрыйба жүргүзүү алуу мүмкүнчүлүгү турат жана бул илим – бардык илимдердин канышасы»- деп жазган Роджер Бекон.[2]

Ал тажрыйбанын эки түрүн ажыратат: *ички* жана *сырткы.*

Адам ички тажрыйбаны Кудай Ачылышы аркылуу алып, ал аркылуу биз жаратылыштан жогору, кудайлашкан чындыкты таанууга жетешебиз. Тышкы тажрыйбаны болсо биз сезүү органдары аркылуу алабыз, ал аркылуу жаратылыш чындыктарын таанууга келебиз. Бардык илимдер дал ушул тажрыйбага негизделиши керек.

Бекон бардык илимдердин ичинен өзгөчө орунду математикага берет. Ал өзүнүн эмгектеринде теологдор кээде математиканы шектүү деп санашканын белгилейт, себеби ал «чиркөөнүн аталарына белгисиз бойдон калуу бактысыздыгына» ээ болгон, ошого карабастан ал абдан негиздүү жана пайдалуу. Илимдин практикалык түрдө эң чоң пайдасын Роджер Бекон баарынан жогору баалаган.

Кызыгы Роджер Бекон диндин келип чыгышын астрологиялык (ал мезгилдеги тарыхый илим) түшүндүрүүгө аракет жасаган. Ал өзүнө белгилүү диндердин көпчүлүгүн бөлүп: христиандык, иудаизм, ислам, халдей (мүмкүн зороастризм) ж.б. Алардын келип чыгышын белгилүү жылдыздардын жана планеталардын абалы менен түшүндүргөн. Анын ичинен христиандыктын келип чыгышын ал Юпитер менен Меркурийдин белгилүү биригүүсү менен байланыштырган.

Окуунун тагдыры. Бекон өз замандаштарына өтө таасир бере алган эмес, бирок аны Жаңы доор илими жогору балаган. Роджер Беконду азыркы илим түзүлгөн эксперименталдуу усулдардын баштоочусу катары эсептөөгө болот. Анын пикири боюнча бардык илимдин максаты - жаратылыштын үстүнөн адамзат бийлигинин үстөмдүк кылуусу. Ошондуктан «Билим- бул күч» деген белгилүү ураан да ага таандык.

49-таблица

Илим, анын предмети жана пайдасы

Илим	Предмети жана мүмкүн болгон пайда
Жалпы теоретикалык илим	Жеке илимдер аралык мамилени түшүндүрөт жана алар үчүн алгачкы түшүнүктөрдү берет; өзү жеке илимдердин
Философия (метафизика)	жыйынтыгы, натыйжасында түзүлөт
*Практикалык илимдер*Математика	Жаратылышты изилдейт Сан жана чоңдуктарды изилдейт; үйлөрдү жана шаарларды курууга, убакытты жана аянттарды ченөөдө, өлчөөдө, машина курууда өтө зарыл
Механика (практикалык геометрия)	Анын жардамы менен келечекте учуучу аппараттар, о.э. ат чегерилбей кыймылдаган арабалар,калагы жана жел айдоочу жок сүзгөн кораблдер түзүлөт
Оптика (келечекте)	Жарыкты жана анын таркалышын изилдейт; Р. Бекондун өзү көз айнек жасап, телескоп жана микроскоптун принциптерин тапкан
Астрономия	Жылдыздардын жаратылыштык күчтөрүн изилдейт
Оордук, салмак жөнүндөгү илим	Элементтерди изилдейт, себеби анын негизги ойногон ролу оордон жеңилди айырмасын аныктоо
Алхимия	Жансыз теллуристикалык түзүлүштү жана алардын элементардуу айкалышынын бардык мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө. Бир элементти экинчиге айландырууну үйрөнүү мүмкүндүгү (нарксыз металды алтынга же күмүшкө айландыруу).
Биология (жер иштетүү)	Органикалык обьекттерди изилдейт, б.а.өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды

[2]Философия тар. келтирилген. М., 1941, Б. 472.

Медицина	Адамдын организмин, анын ден-соолугун, дартын изилдейт
Эксперменталдуу илимдер	Ар түрдүү илимдин практикалык натыйжаларын көрсөтөт; Астрономиялык байкоолордун негизинде жердеги
Астрология	окуялардын келечегин, учурдагы абалын жана өткөндөгүсүн таанып билүүгө мүмкүндүк берет
Магия	Жашоо эликсирин түзүүгө ж.б. мүмкүндүк берет

Дунс Скотт (Duns Scotus)

Өмүр таржымалы. Иоанн Дунс Скот (1270-1308) Шотландиядагы Дунс кыштагында төрөлгөн. 12 жашында францискандар орденине кирип, 25 жашында поп болгон. Билимди Оксфорд жана Парижден алган, ошол университеттерде окутуучу болгон, өмүрүнүн аягында Кельнге окутуучулукка жөнөтүлүп, ошол жакта көз жумган. Ал кылдат Доктор (доктор Субтилис) деген ысымга кылдат ажырата билгендигинин аркасында жеткен.

76-чийме

Роджер Бекондун: тааным жолдору



ган
комм риж
маал
ын
са фия
жана ала ары
жана өзд тан алар бири-бирине карама каршы келбейт (50-таблица). л (Фома Аквинскийден айырмаланып) акыл-эстин жардамы менен далилдөөгө болобут деп эсептеген. Талаш-тартыштар чек аралык проблемаларды, кайсы сабакка таандык экендиги анык эмес проблемаларды талкуулоодон келип чыккан дейт. Демек, бул талаш-тартышты токтотуу үчүн алардын чөйрөсүн жана изилдөө усулун тактоо зарыл.

50-таблица

Философия жана теология

Изилдөө усулдары жана чөйрөлөрү	**философия**	**Теология**
Изилдөө предмети	Болмуш негиз сымал жана ага караштуу бардык нерселер андан чыгарылып турат	Ишеним предметтери
Идеяларды негиздөө жолдору	Катуу далилдүү – демонстрациялык процесс	Ишендирүү жолу (ссылкааркылуу абройго, сезимдик кошо кайгыруу)
Логика	Табигый логика	Табигыйлыктан жогору турган логика
Чындыкка жетишүүнүн	Абстрактуулук	Ачылыш (Откровение)

негизги усулу

Негизги максат Билим үчүн билим Куткарууга дуушар болуу

Бөлүнүү жөнүндөгү окуулар. Талаштан качуу үчүн биз колдонгон түшүнүктөрдү тактоо зарыл. Ушундай максатка **бөлүнүү доктринасы** - Дунс Скоттун окууларынын өзгөчө кызыктуу бөлүгү - кызмат көрсөтөт. Ал реалдуу, формалдуу жана модалдуу бөлүнүүнү ажыраткан. Демек, айтсак, эки адамдын ортосунда мисалы, Сократ менен Платондун, реалдуу айырма жашайт, интеллект жана эрк аралыгында – формалдуу, шам жарыгы менен күн жарыгынын аралыгында – модалдуу (жаркыроо деңгээлине жараша) айырма бар. Бул айырмалардын реалдуулукта жана акыл-эсте орду бар.

Бир пикирге келүү үчүн өтө жөнөкөй түшүнүктөрдөн, б.а. талашка алып келбей турган түшүнүктөрдөн баштоо керек. Бирдемени түшүнүү үчүн айырманын майда чүйдөсүнө чейин териштирбей, б.а. аларды эске алганда эле бир нерсе алардагы жалпыга көңүл бурганда табуу менен таануу мүмкүн. Жалпыны аныктоо менен биз акыр аягында эң жөнөкөй түшүнүккө - "негизги" түшүнүккө келебиз жана ал Кудайга, о.э. адамга жакындаштырылат. Бирок адам келечекте негиз же маңыз болуу менен о.э. ойлонуучу жандык катары эсептелинет. Бирок адамдык таанымдын обьекти болуп эмне эсептелет? Дунс Скоттун пикири боюнча, адамдык акыл-эс баарынан мурда жөнөкөй маңызды тааныйт, себеби ал материалдуу да, идеалдууда да, жалпыда да, айрымда да бар. Өзүнүн аң сезиминин жардамы менен адам бардык ааламды ичине батырат, бирок маңыз түшүнүгү боюнча жыйынтык чыгарууда биз дүйнөнү начарлатабыз. Ошондуктан философтордун реалдуулукту, анын байлыктарын негиздөөдөгү доо талаптары негизсиз жана ар бир жекече илим белгилүү мааниге өз алдынча, жекече изилдөө предметине ээ. Биздин куткаруу проблемаларыбыз менен алектенген теологиядагы өз алдынча.

Универсалийлер проблемалары. Дунс Скот номиналист болгон. Ааламдын жаралуу процессин Дунс Скот жалпыдан жекеге, белгисизден белгилүүгө, төмөндөн жогоруга өтүү катары элестеткен. Ошондуктан дал ошол конкреттүү, жеке обьекттер жаратуунун туу чокусу жана максаты болуп саналат. Андан сырткары Дунс Скот жекелик материя жана форманын биригүүсүнүн натыйжасы гана эмес деп эсептеген. Анткени форма жеке өзгөчөлүктү эмес, түр өзгөчөлүгүн гана берет. Анда бир түрдөгү конкреттүү обьекттердин ортосунда кандай айырма бар экенин кантип түшүндүрүүгө болот?

Аристотелдин жана жалпы эле перипатетиктердин пикири боюнча,бардык болгон жеке объект материя жана форманын биригүүсү болуп саналат. Мисалы: ат материя жана форманын биригүүсүнөн туруп, «жылкы» түшүнүгүн берет (77, а-чийме). Дунс Скоттун пикирине ылайык, конкреттүү обьекттер өзгөчө индивидуалдашкан актынын натыйжасында пайда болгон (77, б-чийме).

Дунс Скоттун окуусу боюнча, индивидуалдуу обьекттердин пайда болушунда материя менен форманын биригүүсүнөн сырткары Кудай тарабынан жаратылган өзгөчө индивидуалдаштыруучу актынын болушу зарыл. Дал ушул актынын негизинде конкреттүү обьект ошол түрдөгү башка обьекттерден айырмаланган өзүнүн жеке өзгөчөлүгүнө ээ болот.

77, а-чийме

Перипатетиктердин окуусу боюнча индивидуалдуу обьекттердин пайда болушу



77, б-чийме

Дунс Скоттун окуусу боюнча индивидуалдуу обьекттердин келип чыгышы



Окуунун тагдыры. [illegible] дисканчыларга өзгөчө таасир көрсөткөн (анын жолун жолдоочуларды «скотчулар» деп аташкан), алар томисттер менен талаш-тартыштарды жүргүзүшкөн.

Мейстер Экхарт (Eckhart)

Өмүр таржымалы. Иоганн Экхарт (1260-1327/1328) Мейстер (Майстер)[1] деген аталыш менен белгилүү немец теологу жана философу. Рыцардык үй-бүлөдөн чыккан, ал 15 жыл доминикан орденине өткөн, чиркөөдө теологияны өздөштүргөн. Парижде (болжол менен 1277-ж.) жана Страсбургда окуган, анан Кёлнда[2] – Улуу Альберттин окуучуларынан болгон. 1293-94-жж. Экхарт Сорбоннада окутуучулук кылып, тез эле Богемияда башкы викарий болуп иштеген, кийин Страсбургда, Парижде, Кёлнде окутуучулук кылган.

1326-ж. Кёлн епископу, Экхарттын идеяларынын укуктук тууралыгын текшерүү максатында комиссия түзүп, анын жыйынтыгы бир жылдан соң Авиньонго$_3$ жөнөтүлгөн. Экхарт да өзүн коргоо үчүн ошол жакка барган, бирок буга жетише албай калган. Анын өлүмүнөн кийин папа Иоан XXII 1329-ж. Экхарттын 28 тезисин айыптап, 17 еретик деп тапкан. Бирок Экхарт өлүм алдында өзүнүн еретикалык идеяларынан баш тарткандыгын кабарлашкан.

1278-ж. доминикан ордени томизмди өздөрүнүн расмий философиясы деп таанышкан болсо да, баары бир добуштан колдошкон эмес. Тактап айтканда, Германияда Улуу Альберттин шакирттеринин ичинде жаңы платондук салтты менен анын мистикалык тенденцияларын өнүктүрүү уланып турган. Алар өз таасирлерин Экхарттын окууларына да тийгизип турушкан. Мында Аристотелдин Дүйнөлүк акыл жөнүндөгү (бир эле учурда болгон нерселердин Биринчи себеби, да, Жогорку максаты да, Биринчи формасы да боло алган) окуулары менен бириктирилген.

Негизги эмгектери. «Үч бөлүктүү эмгек» (биринчи жолу 1924-ж. чыккан), «Изилдөөлөр», «Рухий үгүттөр»[3].

Философиялык көз караштары.*Биримдик жөнүндөгү окуу*. Экхарттын окууларынын негизги борборун адам жана Кудай, табигаттан жогору жана табигый дүйнөлөр **биримдиги** идеясы түзөт. Жаратуу эркти жана идеясы Кудайга таандык болгондуктан Дүйнө жашайт. Бул биримдик идеясы жаңы платончулардын жана христианчылардын биримдик идеясы менен байланышат. Бирок Экхартта биримдик – бул жашоонун өзү, ал жашоонун диндик маңызы жана адамдын жашоо максаты.

Кудай биримдик болмушунун жана таанымдын өзү. Кудай бул - интеллект, өзүн-өзү тааануу болмушу болуп саналат: «Кудай бул акыл-эс, акыл эстүү тааным, анын болмушунун негизи» (мында Экхарт боюнча Кудай аристотелдик дүйнөлүк Акылга окшош). Кийинчерээк Экхарт өзүнүн көз карашынын өзгөргөндүгүн айтат: Кудай жашагандыгы үчүн таанып билбейт, тескерисинче «Кудай бар, ошон үчүн тааныйт».

[3] Бул үгүттөр немец тилинде жазылган, себеби алар латынь тилин билбеген монахиняларга арналган.

Евангелийдеги: «Башталышында Сөз болгон жана Сөз Кудайда болгон жана бул Сөз Кудай болгон» деген түшүнүктөргө таянуу менен Экхарт мындай жыйынтыкка келген, чынында башталышында сөз болгон болсо, анда төп келишкендиктер иерархиясында тааным жогорку орунда турат, андан соң негиз жана болмуш башталат. Айтылган Сөздө болмуш да жана болмуш эмес да жашырылган. Мында Кудай жөнүндө аны таза интеллект катары айтсак, анда ал болмуш эмес. Бирок ал жөнүндөболмушту жараткандыгы үчүн гана болмуш деп да айтууга болбойт. Албетте, ал жаратылган да эмес, ал "таза болмуш" катары, б.а. бардык болгондун себеби - бардык болгондор үчүн башкалары да бар (Мында Экхарттагы Кудай Аристотельдин Биринчи себебине окшойт). Кудайлашкан жана адамдык интеллект болгону менен интеллект дайым бирдей. Акыл-эс болгон үчүн адам Кудайды өзүнүн акыл-эси менен түшүнө албаса да башынан эле Кудайга катышы бар. Кудайды түшүнүү үчүн адам Аны менен жуурулуусу абзел. Бул адамдык жашоонун негизги маңызы, себеби Кудайдан тышкары нерсенин мааниси жок. Бул нерсени Экхарт өзүнүн "боштук жөнүндөгү окуусунда" түшүндүрөт.

Боштук жөнүндөгү окуу. Адамдын маңызы башка жаратылгандар сыяктуу эле Кудайдын табылгасы. Ошондуктан эгерадам өзүн табууну кааласа Кудайга кайрылуусу керек. Бул процесс интеллект болгон адамдын рухунда башталат.От болуп жанып, акыл-эс Кудай идеясына сүңгүп кирет. Бирок "Кудай менен ээрип кетүү үчүн адам өзүнүн жаратылышынан, өзүнөн алыс, ошонун ичинде адам тарабынан түзүлгөн Кудайдын образынан алыс кетүүсү керек. Ал үчүн жан дүйнөнү «боштук» каптоосу шарт (78-чиймеде). Адамдык жан дүйнөдө "рухтун кедейлиги" орун алып, "жан өлүшү" керек, анда зат аттуу болбошу абзел. Дүйнө табигый жана андан жогорулардын биримдиги болгондуктан, биз өзүбүздүн рухубуздан табигый нерселерди кубалаган сайын биздин рух табигыйдан жогорку нерселер менен толуп баштайт. Өзүбүздүн акыл-эсибизден адамдык нерселерди айдап чыгуу менен биз ошол эле учурда андан кудайлашкандарды да бошотобуз. «Бош» болуу демек «Кудайга толуу».

78-чийме

Жан-дүйнөнү бошотуу



Диндин айтканы же Кудай рө турган адамдар жердеги эч нерсеге кам көрбөйт, эч нерсеге байланы үлк жана бийлик кызыктырбайт. Кала берсе Кудайдын кыйноолорун, сыноолорун алар кубануу менен кабыл алышат жана даттанышпайт. Андай адам эмне жасаса ошонун баарында кудайлашкан мөөрдү таштайт, себеби анын аракети - Кудайдын аракетинин жеңиши. Кудай жолундагы адам эч нерсе каалабайт, Кудай эмне кааласа ал да ошону каалайт.

Экхарттын боштук жөнүндөгү окуусу билим жана ишеним проблемаларын өзгөчө чечүү болуп саналат. Эгер Фома Аквинский билим жана ишеним гармониясы жөнүндө айтса, аверроистер - Дунс Скот жана Уильям Оккам акыл-эс жана ишенимдин бири-бирине сыйышпагандыгын белгилешет, ал эми Экхарт адамдык акыл-эс Кудай менен мамиледеги атайын курал экендигин айтат.

Окуунун тагдыры. Экхарттын мистикасы анын шакирттери тарабынан өнүктүрүлүп, ага көптөгөн философтор ошондой эле орус ойчулдары кайрылышкан (79-чиймеде). Ал эми Кудай жана адамзат, табигый жана табигаттан жогору нерселердин

биримдиги жөнүндөгү окуусу Николай Кузанский (дин көз карашында), ошондой эле пантеизмдин калыптануусунда чоң роль ойногон.

79-чийме

Экхарт: булактары жана таасири



2.4. Кечки схолостика

Кечки схолостика XIV-XV-кк. өз ичине камтыйт, б.а. бул мезгилде Италия Кайра жаралуу дооруна өткөн. Бул тарыхый доордо Европадагы көптөгөн мамлекеттерде ири элдик көтөрүлүштөр өтүп турган. Рим католик чиркөөсүнүн атуулдук бийлик менен болгон көп жылдык күрөшү духовенствонун жеңилүүсү менен аяктаган. XIII-к. аягында француз королу Филип IV (Сулуу менен) менен папанын ортосунда абал курчап, жыйынтыгында француз армиясы Римди басып алып, папа Бонифаций колго түшүрүлгөн (ал туткунда өлгөн). Папанын тагы Римден француз шаары Авиньонго көчүрүлгөн (“Авиньон туткуну” 1303-ж. - 1337-ж. чейин созулган). Бул мезгилде чиркөөгө жана апостолдун жакырчылыкка чакырган францискандардын чакырыктарына кол салуулар курчуган. XIVк. 20-жылдарында Европада жаңы саясий конфликт пайда болгон, папа Иоан XXII менен папанын каршылыгына карабай такты өзүнө ыйгарып алган император (герман элиндеги Ыйык Рим империясы) Людвиг Баварскийдин ортосунда каршылык курчуган.

Жетилген схоластикадан кечки схоластикага өтүүдөгү өткөөл мезгилдин өкүлдөрү Уильям Оккам (1288-1349) папанын атуулдук бийликти сындоосуна каршы күрөш алып барган. Анын шакирттери - оккамчылар Жан Буридан (1290-1358), Жан Жанден (1324-ж өлгөн) ж.б. кечки схолостикада көрүнүктүү ролду аткарышкан. Марселлий Падуанский (болжол менен 1280-1342) өзүнүн саясий теорияларында Оккамдын императордук бийлик башчылыгы жөнүндөгү идеяларды өнүктүргөн. Анын пикири боюнча, ишеним акыл-эстен бөлүнүшү керек сыяктуу чиркөө мамлекеттен бөлүнүшү керек, болгондо да чиркөө мамлекетке баш ийиш керек. Бирок Марсилийдин пикири боюнча, атуулдук бийлик да кудайлашкан түшүнүктөрдөн ажырашы керек. Мамлекет адамдардын акыл-эсине жана тажрыйбасына негизделген нак адамдык башкаруу. Мамлекетте эң жогорку катарда монарх да же башка башкаруучу эмес, эл тарабынан түзүлгөн мыйзам турушу керек. Аны мындай саясий жана аверроистик көз карашы үчүн папа еретик деп жарыялап, куугунтукталып (Оккан сыяктуу), Людовик Баварскийге качыпкетүүгө аргасыз кылган. Аны менен Италияга каршы жүрүшкө чыгып, жеңиш менен кайтышкан, антипапа аталган Иоанн XXIIни тактан кулатууга катышкан.

Кечки схоластикадагы негизги орун жана мистикалык көз караштар Мейстер Экхарттын жана анын шакирттеринин окууларына таандык. Мисалы: шакирттери Иоганн Таулерге (1300-1361) жана Генрих Сузого (1296-1366-жж).

Оккам (Ockham)

Өмүр таржымалы. Уильям Оккан (1288-1349) Лондондон алыс эмес жерде Оккан кыштагында туулган. 20 жашынан францискан орденине кирген. Оксфорддо билим алган, 1324-жылы Авиньондогу францискан чиркөөсүнө көчүп келген. Папа Иоанн XXII аны ерес деп күнөөлөгөн, 1328-жылы ал айласыздан Авиньондогу папага күрөшүп турган император Людовик Баварскийге качып келген. Уламыштарга караганда Оккам императорго: «Сен мени кылыч менен корго, мен сени сөз менен коргойм», - деген. 1349-ж. Уильям Оккам холера оорусунан көз жумган.

Негизги эмгектери. «Бардык логиканын суммасы», «Сырдуулук жөнүндөгү трактат» («Трактат о таинствах»), «90 күндүк эмгек», «Папа Иоан XXII адашуусунун компендиуму» ж.б.

Философиялык көз караштары.*Билим жана ишеним проблемалары.* Оккам үчүн философия жана теологиядагы толук чек койгон мүнөздүү. Философия – кудай "кызматчысы" эмес, анткени диндик чындык рационалдуу түрдө далилсиз. Акыл-эс ишенимге колдоо көрсөтүүгө жөндөмсүз. Теология – илим эмес, бир гана ишеним менен байланышкан жоболор комплекси. Адамдын акыл-эс жана ишеним чөйрөсү кесилишпейт, алар эки бөлөк жана түбөлүк ошондой калат. Бул проблеманы чечүүдөгү Оккандын лозунгу «Ишенем жана түшүнөм».

Универсалийлер проблемалары. Оккам «терминизм» деген аталыштагы номинализмдин өзгөчө вариантын иштеп чыккан. Платон жана Аристотелдин жолун жолдоочулардын идеялары жана формалары (универсалийлери) индивидуалдуу конкреттүү нерселер дүйнөсү жана Кудайдын кандайдыр бир таасири негизги ролду ойнойт. Бирок Оккам эгер Жараткандын күчү чексиз болсо, анда ал кандайдыр бир таасирге муктаж эмес, көптөгөн конкреттүү нерселерди өзүнүн кудайлык эрки менен эле жаратмак деп эсептеген. Мында дүйнө көптөгөн индивидуалдуу обьекттерден туруп жана жалпы эмес ошолор гана (идеялар, формалар, универсалийлер) илимдин изилдөөчү предмети боло алат. Универсалийлер болмушту түшүндүрүү үчүн зарыл эмес, ошондуктан биздин дүйнөнүн картинасынан чыгарып таштоого болот. "Нерселерди өзүбүзгө зарыл болгондон ашыкча көбөйтүүнүн кереги жок" деген Оккамдын тезиси "Оккамдын ага-инилери" деген аталышты алган (бул принцип кийинчерээк платончулукту жана аристотелчиликти сындоонун негизги куралы болуп калган). Универсалийлер буюмдарда жана буюмдарга чейин да болгон эмес, алар болгону терминдер, бир эле термин менен аталган бардык объекттердин ортосундагы окшоштуктарды каттоочу, заттардын, буюмдардын белгилери.

Окуунун тагдыры. Кечки схоластика доорунда Оккамдын окуусу көпчүлүккө таасир этип, анын шакирттеринин саны арбып, алар «оккамчылар» деп аталышкан. Ал эми «жаңы жол» кыймылы схоластикадагы «эски жолго», б.а. схоластикага карама-каршы келет. Бул кыймыл XVII-к. эмпиризмдин калыптануусуна өз таасирин тийгизген.

Буридан (Buridan)

Өмүр таржымалы. Жан Буридан (1290-1358) - француз философу, Оккамдын шакирти. 1328-ж. Париж университетинин артисттик (философ) факультетинде окутуучулук кылган.

Негизги эмгектери.Буридандын чыгармаларынын көпчүлүгү Аристотельдин чыгармаларына комментарийлер болгон, алар суроо түрүндө жазылган. Анын алгачкы эмгектери XV-XVII-кк. жарыяланган.

Философиялык көз караштары.*Табыхый илим идеялары.* Жан Буридан теология менен такыр алектенген эмес, анын көнүл борборунда табихый илимдер турган. Алардын

ичинен ал физиканын андан ары өнүктүрүүдө чоң роль ойногон жана Аристотелдин кыймыл жөнүндөгү окуусуна карама-каршы келген импульс жана күч жөнүндөгү окууларды өнүктүргөн.

Эрктин эркиндиги проблемасы. Буридандын бардык идеяларынын ичинен чоң көңүлдү бурган аргументтери эрктин эркиндиги жөнүндөгү жана аларды иллюстациялоочу “Буридандын эшеги” деп аталган тезистер болгон. Бул боюнча кайчы пикирлер болгондугуна карабай, дүйнөлүк маданият тарыхында бул тезистер Буридандын ысмы менен байланышат.

Анын түпкү маңызы мындай: эки боолангan чөптүн ортосунда турган эшекти элестетебиз. Бул эки боо чөп абсолюттуу бирдей, оң жактан да сол жактан эшектен да бирдей аралыкта турат. Эгер бардык жандуу жандыктан шарт коюу себеби болгондо, анда эшек ачкадан өлмөк, себеби анда жей башташ үчүн боо чөптүн кайсынысын таандоосуна негиз жок. Демек реалдуу жашоодо бир да эшек мындай шартта өлгөн эмес, анткени анын да эрк эркиндиги бар.

12.5. Европа схолостикасындагы билим жана ишеним проблемалары

Христиандыктын биринчи эле кылымдарында 2 негизги позиция калыптана баштаган:биринчи теологдор Кудайды түшүнүүгө аракет кылбай эле жөн эле ишенсе болот, себеби адамдык акыл-эс мындай принципке жөндөмсүз дешсе, экинчилери, кандай гана ишенүүчү болбосун анын негизги максаты – Кудайды түшүнүүгө максималдуу жакындоо. Дүйнөнү – Кудай жараткандыгына байланыштуу, дүйнөнү таануу менен биз Кудайды да тааныйбыз. Өздөрүнүн дүйнө изилдөөсүндө алар байыркы философия менен христиандык ишеним окууларын айкалыштырууга арналган. Бирок таанымдын рационалдуу усулдарын колдонуу диндик окуулардын ичинде карама-каршылыктарды пайда кылган. Ошентип, мусулманчылыкта да, христианчылыкта да бирдей актуалдуулукка ээ ишеним жана билим проблемалары пайда болгон, т.а. эмне жогору: илим чындыгыбы же дин чындыгыбы?

Бул проблема тааным жолдору боюнча маселе сыяктуу айтылса деле болмок, анда суроо туулат: Акыл-эстин жардамы менен дүйнөнү жана Жаратканды таануу үчүн бизде ишеним болушу керекпи? Же рационалдык дүйнө өздөштүрүү бизди ишенимге алып клеби? Биринчи сурооого оң жоопту Аврелий Августин, Ансельм Кентерберийский «Түшүнүү үчүн ишенем» деп жооп беришсе, экинчи сурооого Пьер Абеляр жана анын шакирттери «Ишеним үчүн түшүнөм» деп жооп беришкен. Фома Аквинский окууларында бул эки көз караш синтезделген. Ал бири-бирине карама-каршы келбеген ишеним жана акыл-эс гармониясы жөнүндөгү тезисти сунуштайт (эгер карама-каршылык табылган болсо, анда биз ой жүгүртүүдө биз адашканбыз). Бул көз караштардын баарын бириктирип, акыл-эс ишенимге кызмат кылат жана кызмат кылуусу керек деген («философия – кудай кызматчысы»).

Мусулман философу Аверроис (Ибн Рушд) билим жана ишеним проблемаларын чечүү үчүн «эки чындык» теориясын сунуштаган. Бул теорияга ылайык, илим чындыгы дин чындыгынан жогору, бирок илим чындыгы аз эле адам түшүнүүгө жөндөмдүү, ал эми калган бардыгына диндик идеялар пайдалуу, ошондуктан алар жашоого укуктуу жана алар эл алдында четке кагылбашы керек. XIII-XV-кк. 2 чындык теориясы Европада кеңири таркалган. Сигер Брабантский, Дунс Скот, Уильям Оккам бул көз караштан четтешип, акыл-эс жана ишеним эч кандай жалпылыкка ээ эмес жана акыл-эс ишенимге жардам бербейт деген. Мындан башка да курч маселелер: Дүйнө түбөлүк жашайбы же аны кимдир бирөө жаратканбы? Адамдын жеке жаны өлөбү же өлбөйбү? Эрк эркиндиги барбы же адамдын ар бир аракетин кудай аныктайбы? деген суроолор курч талкууларды пайда кылган.

12.6. Орто кылымдагы философиядагы универсалийлер проблемасы

Универсалийлер - бул белгилүү түрдөгү же тектеги бардык конкреттүү обьекттерге тиешелүү жалпы касиет. Мисалы: мурда айтылгандай эле бардык конкреттүү аттар конкреттүү жеке айырмалыктарына карабай жалпы «жылкылыгы» бар, алар ошол үчүн «ат» болуп саналат.

Орто кылымда универсалийлер түшүнүгү Платондун идеялар жөнүндөгү окууларынын базасында пайда болгон. Ал белгилүү түрдөгү конкреттүү идеялар алардын идеялдуу үлгүсү болуу менен жаратылышын, андан сырткары бул нерселердин себептерин жана максаттарын аныктайт, бул окууга болжол менен Аристотелдин форма жөнүндөгү идеялары жакын.

Орто кылымдагы универсалийлер проблемаларын биринчилерден болуп жаңы платончу Порфирий өз эмгектеринде көрсөткөн. Бирок бул идея Боэцийдин Порфирийдин эмгектерине жазган комментарийлери аркылуу белгилүү болгон.

Порфирий 3 маселени койгон:

1) Универсалийлер (б.а. түрлөр менен тектер: жаныбарлар, адам, ат ж.б.) өз алдынча жашайбы (конкреттүү нерселерден сырткары)?

2) Эгер жашаса, денелик (тулку бой түзүлүшү) түзүлүштөбү же денеси жоктордобу?

3) Эгер алар денелик эмес түзүлүштө болсо, анда алардын жаратылышы сезимдик нерселер менен бирдейби?

80-чийме

Орто кылымдагы философиядагы ишеним жана билим проблемалары

ымда
өзгө рону
чечмелөөдө бардык фил на номиналисттер болуп (82-83-чиймелер) бөлүнүшкөн.

Реалисттер – Универсалиилер конкреттүү нерселерден сырткары реалдуу жашайт деп эсептешкен философтор.

Номиналисттер (латын «потен»-«ат, аталыш») конкреттүү нерселерден сырткары жалпы сөздөрдө (аталыштарды) гана жашайт башкача айтканда белгилүү түрдөгү нерселердин аталыштары.

Реалисттердин көз карашы боюнча, конкреттүү аттардан (жылкы) сырткары жана аларсыз бардык жылкыларга тиешелүү «жылкылык» реалдуу жашайт, ар түрдүү «төрт

буттуу» жаныбарлардан сырткары «төрт буттулук» жашайт. Номиналисттердин көз карашы боюнча, конкреттүү обьекттерден сырткары эч кандай «жылкы» же «4 буттуулар» жок, болгону аталыштар «ат», «4 буттуулар» ж.б..

Реалисттер менен номиналисттердин эле ортосунда күрөш жүрбөстөн, бул агымдардын ичинде да жүрдү. Алар эки лагерге бөлүнүшүп, «өтө берилген» жана «мелүүн» деп аталышты. Өтө берилген реалисттер катары IX-XIIкк. Эруигенди, Шартр жана Сен Виктор мектептеринин мүчөлөрүн, Ансельм Кентерберийскийди эсептөөгө болот. Берилген реалисттер негизинен Платон жана жаңы Платончуларга таянган. Мүнөздүү өзгөчөлүктөрү универсалийлердин конкреттүү нерсеге чейин жана андан сырткары реалдуу жашоосун таануу менен гана чектелбестен, универсалийлерди жаратуучу кудай жана конкреттүү жаратылган нерселер аралык звено катары түшүнүшкөн.

Универсалийлер Кудай акылынын үлгүсү, ага ылайык конкреттүү нерселер жаралат. Мындан жалпы тектүү универсалийлердин негизин жалпы майда түр түзөт (мисалы: «4 буттуулар» жалпы – ат, уй, ит – майда түр). Универсалийлердин түрүн конкреттүү предметтер берет (мисалы: ат). Мында универсалийлер жогорку катардагы, кээ бир айрым объекттерге салыштырмалуу реалдуу болуп саналат.

Мелүүн реализм Аристотелдин жана перипатетиктердин окууларына жакын. Тактап айтсак, жалпы (форма) деген конкреттүү нерселердин мазмунун түшүндүрөт (ар бир конкреттүү нерсе материя жана форма биримдиги). Мелүүн реализм тарапкерлери эсептешкендей универсалийлер конкреттүү нерселерде жашашат (81-чиймеде).

Мелүүн реализмдин өзгөчө варианты Фома Аквинскийдин позициясында бар, ал Ибн-Сина сыяктуу универсалийлердин үч түрдүү жашашын тааныган:

1) конкреттүү нерселерге чейин – Кудай акылында
2) конкреттүү нерселерде
3) конкреттүү нерселерден кийин – адам акылында

Берилген номинализмдин негиздөөчүсү Росцеллин (болжол менен 1050-1110) болгон. Анын оюу боюнча, конкреттүү нерселер гана жашайт, ал эми алардан сырткаркы нерселердин баары -ошол нерселерге таандыкт жалпы түрдөгү - бул сөздөр гана, тыбыштардын ырааттуу тизмеги.

Мелүүн номинализмдин жактоочулары универсалийлер адамдык акыл-эсте жашайт деп тааныкан. Мелүүн номинализмдин өздүк вариантын – концептуализмди Пьер Абеляр сунуштаган: универсалийлер адам акылында түшүнүк (концепти) сыяктуу белгилүү маанини камтып жашайт. Жеке нерселерди сезимдик кабылдоонун базасында пайда болгон акыл ишмердигин абстракциялайт (булл ой түшүнүктөн көрүнөт). Бирок Абеляр боюнча, бул түшүнүк таза түрдө Кудай акылында гана жашайт, т.а. бул позицияны мелүүн реализм деп да, реализм менен номинализмдин ортосундагы аралык позиция деп да кароого болот.

Мелүүн номинализмдин дагы бир өкүлү Дунс Скот жана Уильям Оккам. Оккамдын “терминизм» деп аталган окуусу эң кызыктуу. Оккам боюнча, конкреттүү жеке обьекттер гана реалдуу жашайт. Ошондой эле жаратуучулук күч чексиз болгондуктан, Ал эптештирүүчү универсалийлер звенолорго муктаж эмес, өзүнүн Кудайлык эркинин акты менен көптөгөн конкреттүү нерселерди жасоого жөндөмдүү.

Универсалийлер нерселерде жана нерселерге чейинкиде да жок, алар терминдер, нерселердин белгилери гана. Терминдер сөз аркылуу бир эле термин менен аталган бардык объекттер арасындагы окшоштукту каттайт. Бирок бул терминдер кокусунан эле эмес, аларда адамдык акыл-эстин белгилүү абалында окшош нерселердин үстүнөн менталдык операцияларды жасоодо кандайдыр бир кыскартылган белгилер сыяктуу пайда болгон.

Католик чиркөөнүн окуулары үчүн берилген реализм да, номинализм да бирдей коркунуч туудурган - айрыкча Кудай Үч биримдиги жөнүндөгү ойлорго.

81-чийме

Универсалийлердин 3 түрдүү жашоосу



82-чийме

Европалык схоластикадагы реализм жана номинализм



Универсалийлердин жашоосу
Универсалийлер жашайт



13-БАП

КАЙРА ЖАРАЛУУ ДООРУНДАГЫ ЕВРОПАЛЫК ФИЛОСОФИЯ

Кайра жаралуу доорунун (Ренессанстын) башталышын адатта XIV-к. ортосуна, ал эми аягын - XVII-к. 40-жж. (биринчи англис революциясы убагына) тиешелүү деп

санашат. Италиялык Кайра жаралуу (XIV-к. - XVI-к. башы) жана Түндүктөгү Кайра жаралуу же Реформалар доору (XVI-к. - XVII-к. башы.) деп бөлүү кабыл алынган.
Италия Кайра жаралуу доорунун баштапкы булагы "Кудайдын комедиясы" деген чыгарманын автору Данте Алигьери (1265-1375) эсептелинет. Кайра жаралуу доорунун башталышы дагы эки башка акындардын чыгармачылыгы менен байланыштуу – Франческо Петрарканын (1304-1374) жана Джованни Боккаччонун (1313-1375). Алардын чыгармаларында эле Кайра жаралуу доорунда чиркөө бутпарас деп куугунтуктаган байыркы маданиятка кызыгуу ачык көрүнгөн. Байыркы маданияттын кайра жаралуусу – бул жолу Евангелий колунда болгон адамдар тарабынан (таза христиандар тарабынан) доордун урааны болуп калган, ошондон анын аталышы пайда болгон (бирок аталыш кийинчерээк берилген).

Кайра жаралуу доорунун мүнөздүү касиети - атайын ренессанстык көз караштардын - гуманизмдин пайда болушу менен байланыштуу (Франческо Петрарка, Джованни Боккаччо, Лоренцо Валло, Пико де ла Мирандола, Эразм Роттердамский, Себастиан Бранд, Томас Мор, Франсуа Рабле, Мишель Монтень ж.б.)

XIV-XV-кк. Константинополдун кыйрашы менен 1453-ж. аяктаган түрк-византиялык согуштар көп сандаган билимдүү гректерди качып кетүүгө (анын ичинде Италияга да) аргасыз кылган жана алар байыркы жана орто кылымдык тексттердин көпчүлүгүн өздөрү менен кошо ала кетишкен. Бул көрүнүш италиялык окумуштуулардын байыркы грек тили менен жана грек философтору менен, биринчи кезекте Платон жана Аристотель менен, алардын чыныгы эмгектеринин жаңы котормолору менен жана жаңы окуп чыгуу менен кененирээк таанышууга мүмкүнчүлүк түздү. Натыйжада жаңы **ренессанстык аристотелизм** (Падуанский университет, тагыраагы Петр Помпонацци (1462-1524) жана **ренессанстык платонизм** (Флоренциядагы Платондун Академиясы, тагыраагы Пико де ла Мирандола (1463-1494) пайда болгон. XIII - XV-к. схоластика негизинен перипатетизм нугунда өнүккөндүктөн (биринчи кезекте томизмдин), Кайра жаралуу доорунда платонизм схоластика менен күрөштүн байрагы болуп калган жана аны менен шугулдануу өзгөчө кеңири жайылган. Бирок тигил же бул доордун платончулугу өзүнө бардык жаңы платончулук менен орто кылымдык-христиандык ашыра кабаттоону, ошондой эле көп сандагы философиялык-магиялык көз караштарды камтыган.

Платончулук менен жаңы платончулуктун идеяларын акырындап өнүктүрүү **пантеизмдин** пайда болушуна алып келген. Анын ири өкүлдөрүнө Николай Кузанский, Джордано Бруно, Якоб Бёме кирет.

Кайра жаралуу доору илимдин тездик менен өнүгүшү (табигый илимдердин) жана анын аброюунун бир кыйла өсүшү менен мүнөздөлөт. XV-к. **натурфилософиянын** (табият философиясы) активдүү өнүгүшү жүргөн. Анын өнүгүшүнүн баштапкы стадиясында магиялык жана мистикалык элестетүүлөр үстөмдүк кылган, бирок XVI-к.

изилдөөнүн негизги объекти болуп табияттын өзүнүн мыйзамдары эсептелген. Көптөгөн адашуулар, туура эмес жыйынтыктарга карабастан натурфилософия ортокылымдык илим менен заманбап илимдердин ортосундагы өткөөл звенонун ролун ойногон жана кийинкилерге пайдубал катары кызмат кылган. Көбүнчө натруфилософия гилозоизмдин жана пантеизмдин идеяларына таянган. Көрүнүктүү натурфилософтор - Парацельс жана Бернардино Телезио.

84-чийме

Кайра жаралуу доорундагы европалык философия: булактары жана негизги багыттары



XV-XVII-кк. улуу географиялык ачылыштар евр ын башталышы болуп калган жана ал өз учурунда “христиан дүйнөсүнүн” алкактарынын бир кыйла кеңейишине алып келген. Ушул эле ачылыштар теологияга, илимге жана философияга билинерлик таасир көрсөткөн. Ошентип, теология үчүн жаңы теодицея көйгөйү (Кудайды актоо) бүтүндөй бир көйгөйгө айланган, эгерде Христос баарын сактоо үчүн жерге келген болсо, анда эмне үчүн элдердин көпчүлүгү ушул мезгилге чейин куткарылган эмес – Христостун келгендигинен 1500 жыл өтсө да алар бул жөнүндө эч нерсе билишпейт?

Улуу географиялык ачылыштар географияны түп-тамырынан бери өзгөрткөн: Магелландын жерди айланып чыгышы байыркы-орто кылымдагы Жер жалпак түрдө деген элестетүүнү жокко чыгарып, Жер – шар формасында экендигин далилдеген.

XVI-XVII-кк. астрономияда космологияны бүтүндөй өзгөрткөн революция жүргөн: мурдагы дүйнөнүн борбору Жер деген электетүүнүн ордуна (*геоцентризм*) дүйнөнүн борбору Күн деген (*гелиоцентризм* – Николай Коперник, Галилео Галилей) жана Жалпы эле дүйнөдө эч кандай борбор жок деген элестетүүлөр (*ацентризм* – Джордано Бруно) келген. Иоганн Кеплердин жана Галилео Галилейдин эмгектеринде жаңы илимдин негизи болгон **эксперименталдык усул** негизделген.

Кайра жаралуу доорунда социалдык-саясий көз караштар жаатында бардык жактан төп келишкен коомдун идеалдуу үлгүсүн түзгөн **утопизм** (Томас Мор, Томмазо Кампанелла) жана турмуштук практикага негизделген жана коомду башкаруунун көйгөйлөрүн утилитардык-прагматикалык чечүү жолдорун көрсөткөн Никколо Макиавеллинин окуусу өзгөчө орунду ээлеген.

13.1. Гуманизм

Гуманизм – Кайра жаралуу доорунун руханий жашоосундагы өзгөчө кубулуш. Кайра жаралуу доорунда бул терминдин маниси азыркы заманга караганда принципиалдуу түрдө жаңыча мааниге ээ болгон. Мында “гуманизм” “гумандуулукка” – “адамды сүйүү” деген мааниге жакыныраак.

XVI-XVII-кк. илимдерди “кудайлашкан илимдер” жана “адамдык илимдер” бөлүштүрүү кабыл алынган, болгондо да акыркы аталганга грамматиканы, риториканы, адабиятты жана поэзияны, тарыхты жана этиканы киргизишкен. *Гуманисттер* деп дал ушул илимдерди жакшы билген билимдүү адамдарды аташкан. XIV-к. Экинчи жарымынан баштап классикалык адабиятка өзгөчө маани берилген (байыркы грек жана римдик-латын адабиятына). Грек жана латын жазуучулары адамзаттын чыныгы окутуучулары деп эсептелинген, өзгөчө Вергилийдин (“Кудайлар комедиясында” ал Дантеге Тозокко жана Тазалоочу жайга коштоочу болуп кызмат кылган) жана Цицерондун аброю жогору турган. Бул мааниде гуманисттердин бирөөсүнүн – Гермолай Варвардын (1453-1493) тезиси кызыктуу: “Эки улуу мырзаны гана тааныйм: Христосту жана адабиятты”.

Алгачкы гуманист **Петрарка** деп саналат (1304-1374). Өзүнүн заманындагы бузулгандыктын жана кудайсыздыктын себептерин талдоо менен, ал алардын эки себебин жана алар менен күрөшүүнүн ыкмаларын көрсөткөн (51-таблица).

51-таблица

Гуманизмдин булактары

Бузулгандыктын себеби	*Күрөшүү ыкмасы*
“Натурализм” менен, б.а. арабдардан, т.а. Аверроисттен алынган табият жөнүндөгү окуу менен шугулдангандык	Кайрадан адамга жана адамдын жанына кайрылуу
Рационалдуу ой жүгүртүү усулу, б.а. диалектика жана логика менен кызыкдарлык	Гуманитардык илимдерге жана алардын усулдарына кайрылуу зарыл

Гуманисттердин көңүлүнүн борборунда адам турат, бирок ал “күнөөлөр толтурулган карапа сыңары эмес” (Орто кылымдарга мүнөздүү), “Кудайдын образы”боюнча түзулгөн Кудайдын эң эле төп келишкен жакшыртылган чыгармасы катары. Адам, Кудай сыяктуу, жаратуучу жана дал ушунда анын милдети камтылган. Бул маанидеги программа катары Джаноццо манеттинин “адамдын жетишкендиктери жана артыкчылыгы” трактатын эсептесек болот (1396-1459). Мындан “адамдын жетишкендиктери” жөнүндөгү узак убакытка созулган дискуссия орун алган. Адамдарды байлыгына же мансабына же анын ата-тегинин жасаган жакшы жумуштарына карата баалабастан, анын өзүнүн турмуштагы жетишкендиктерине карата баалоо керек деген идея негизги идеялардан болгон. Инсанды, индивидди жогору баалоо индивидуализмге алып келген.

Ири италиялык гуманисттерге **Лоренцо Валло** (1407-1457) кирет. Тексттерди талдап жатып ал Рим империясын Рим епископторуна мураска калтырган император Константиндин (III) мурасы болгон сыңары “Константиндин белеги” деп аталгандын жалгандыгын тастыктаган. Чындыгында VIII-к. гана пайда болгон бул документте папалардын мамлекеттик бийликке болгон дооматтары негизделген.

Өзүнүн философиялык көз караштары боюнча Лоренцо Валло эпикуреизмге жакын болгон. “Чыныгы жыргалчылык катары ырахат алуу жөнүндө” трактатында ал Табияттын жана Кудайдын бирдейлиги жөнүндөгү пантеисттик тезиске таянган. Кудай берген табият жамандыктын булагы боло албайт, бирок канааттанууга умтулуу адамдын жаратылышында жатат, ал жаратылыштын талабы. Демек, эч кандай сезимтал канааттануу адеп-ахлаксыз болушу мүмкүн эмес. Лоренцо Валло индивидуалист болгон: башка адамдардын кызыкчылыгын болгону алар жеке канааттануу менен байланышкандыгы үчүн гана эсепке алуу керек деп эсептеген.

Түндүк Кайра жаралуунун ири өкүлү – **Дезидерий Эразм** (1467-1536), ал бул наамды Роттердамда туулгандыгы үчүн алган. Ал өзүн Лоренцо Валлонун окуучусумун деп санаган, Томас Мордун жана башка гуманисттердин досу болгон. Дезидерий Эразм байыркы тилдерди жакшы билген жана байыркы жана инжилдеги тексттерди сын көз менен талдоо көп көңүл бурган. Анын таасири жана аброю жалпы эле Европада теңдешсиз болгон. Эразмдын "Акмакчылыкка мактоо" деген эмгеги өзгөчө белгилүүлүккө жетишкен, мында адамдардын ар түрдүү кемчиликтери, алды менен билимсиздик, сындалган. Адамдаржын жашоо шарттарын жакшыртууну ал билим берүүнү жайылтуу менен байланыштырган. Эразм Роттердамский схолатиканы жана схоласттарды аёсуз сындаганы менен өзүнүн философиялык окуусун сунуштаган эмес.

Түндүк Кайра жаралуусунун маданиятында жана философиясында француз философу **Мишель Монтень** өзгөчө орунду ээлеген (1533-1592). Анын орто кылымдык догматизм менен күрөшүнүн туусу скептицизм болуп калган. Ал философиялык ойлонуу – бул шектенүү деп эсептеген. Этикалык көз караштары боюнча эпикуреизмге жакын болгон.

13.2. Философиялык-магиялык элестетүүлөр

Кайра жаралуу доорунун магиялык элестетүүлөрүнө "Герметикалык корпус" (Corpus Hermetikum), "Халдиялык оракулдар" жана "Орфтордун гимни" жыйнактарында негизги идеялары баяндалган герметизм өзгөчө таасир эткен.

Байыркы доордун кечки периодунда түзүлгөн "Герметикалык корпустун"автордугу Гермес Трисмегистке таандык деп айтылат жана аны байыркы египеттик акылмандык кудайы Тот менен, байыркы гректердин Гермеси менен, байыркы римдик Меркурий менен, кээде жөн эле байыркы акылман менен окшоштурушат. Бул жыйнактын китептеринен табууга мүмкүн болгон библиялык ишеним окуулары менен кээ бир дал келүүлөр патристиканын бир нече өкүлдөрү (мисалы, Августин) аларды библиялык патриархтар убагында жашаган кандайдыр бир бутпарас пайгамбарлардын чыгармасы деп эсетөөгө түрткү болгон. Бул көз карашты Кайра жаралуу доорунун көптөгөн философтору колдошкон. XV-к. "Герметикалык корпустун" байыркы грек тилинен латынга которулушу бул тексттердин кеңири жайылышына мүмкүнчүлүк түзгөн.

"Герметикалык корпуста" Кудай кандайдыр бир денесиз жана башаяксыз жан катары берилет. Бир бүтүн, бардык бөлүктөрүнөн ажыраган "бардык буюмдардын башталышы жана тамыры" жана адамдарга жарыктын образында келет да, мында башынан эле ага караңгылык "Поймандр" ("Кудайлашкан пастырь") каршы турат, дүйнөнүн жаралышы жөнүндө айтып берет. Кудай менен дүйнөнүн ортосунда аралык баскычтардын иерархиясы бар. Кудай өзүнүн биринчи туулган Уулун - Логосту (Акылды жана Сөздү), андан соң (ошол эле субстанциядан) Акыл-эстүү Демиургду (дүйнөнү куроочу)Ю, кийин денесиз адамды – Антропосту (85-чийме) жараткан.

Логос Караңгылыкка таасир этип, аны тартипке келтирет, Төмөнкү Табиятты жараткан стихияларды (Отту, Сууну ж.б.) түзөт. Акыл-эстүү Демиург Жогорку Табиятты: жети асмандагы планеталык чөйрөлөрдү жана алардын Башкаруучуларын жаратат. Ушул Жогорку табияттын чөйрөсүнө Логос көтөрүлүп, Демиург менен биригет, алар асмандагы чөйрөлөргө айлана турган кымыл беришет, ал эми акыркылардын кыймылы Ай астындагы дүйнөгө кыймыл жаратат (б.а. Төмөнкү Татиятта - Жерде). Натыйжада бардык эс-акылсыз тирүү жандыктар пайда болушат (себеби Логос дүйнөнү таштап кеткен) жана алардын баары эки жыныстуу.

Антропос жаратууда катышууну каалайт да кудайдын уруксаты менен жети асмандагы чөйрөнү кесип өтүп (мында Башкаруучулардан табияттын бир бөлүгүн алып), Айдын чөйрөсүндө болуп калат да Төмөнкү Табиятты (ай астындагы дүйнөнү) көрөт. Өзүнүн чагылышын суудан көрүп калып, ага ашык болуп калат, ошону менен бирге ал Табиятты, Табият адамды сүйүп калат. Өзүнүн суудагы чагылышы менен биригүүнү

самап, Антропос жерге түшөт. “Табият өзүнүн сүйгөнүн кучагына алды, алар бири бирин сүйүү менен биригишет”.

Антропос менен Табияттын союзунан (Башкаруучулардын жети планеталарынын таасири астында) алгачкы жети адамдар төрөлөт, алардын ар бири эки жыныстуу болгон (күйөө-аял). Кийнки космикалык доордо Кудайдын каалоосу менен бардык тирүү жандыктар бир жыныстуу болушкан. Денелүү дүйнөгө рухий жана эс-акылдуу жан Антропостун түшүп келүүсүнөн адам пайда болгондуктан, ар бир жердеги адамдын эки тараптуу – денелүү, рухий жаратылышы бар. Адам материянын түйүндөрүнөн бошонгондо жана денесиз абалга кайтканда гана куткарылышы мүмкүн. Бошонуу жолу – өзүнүн жеке табиятын таанууда, эс-акылга (интеллектке) негизделген нерсени түшүнүүдө. Эс-акыл Кудайдын кандайдыр бир бөлүгү болгондуктан, өзүн өзү таануу Кудайды таануу процесси. Караңгылыктан тазаланган Жан Кудайдын Эс-акылы менен биригет: “Эгерде сен жашоодон жана жарыктан чыккандыгыңды жана алардан жаралгандыгыңды билсең, сен жашоого кайтып келесиң”.

“Герметикалык корпус боюнча” дүйнөнү жаратуу



“Герметикалык корпуска” “Халдей оракулдары” жакын. Китеп III-к. бери жашап келген болсо да, анын автору деп болжол менен алганда б.з.ч. XII-VI-кк. жашаган зороастризмдин байыркы перс дининин негиздөөчүсү Заратуштраны (Зороастраны) эсептешкен. Китепте зороастризмдин анын Жарык жана Караңгылыктын алгачкы дуализми менен таасири өтө сезилерлик. Чыгарманын негизги максаты – теургияда – “кудай тарабынан жасалгандыкта”, б.а. кудайларга таасир этүүдө. Практикалык колдонууну максат кылган (дүйнө жыйноо, ден-соолук, бийликке жетишүү ж.б.) кадимки магиядан айырмаланып, теургиянын максаты жанды дененин туткунунан жана тагдырдын бийлигинен куткарууда турат.

“Орфтун гимнин” байыркы грек акыны, легендарлуу Орфей түзгөн деген ишеним бар. Орфтун салты Пифагордун жана Платондун убагында чындыгында болгон. Бирок “Орфтун гимни” орфизмдин чыныгы элементтерин камтуу менен, кечки байыркы окуулардын да издерин, мисалы стоицизмдин, алып жүрөт.

13.3. Ренессанстык платонизм

Кечки схоластикада үстөмдүк кылган аристотелчиликке карама каршы Кайра жаралуу доорунда платонизм менен кызыгуунун жаңы толкуну каптаган. Перарка, Аристотелди канчалык сыйлабасын, Платонду салыштыргыс андан жогору койгон. Платонизмди жайылтууда грек Георг Гемист Плифон (болжол менен 1355-1450) чо роь ойногон. 1438-ж. Ал Ферраро-Флорентия соборго келген, бирок собордун крулушу бүткөндөн кийин деле Италияда калган. Анын жеке концепциясы Платон менен жаңы платончу Проклдун, дагы бир катар зороастризм идеяларынын синтезин түзгөн.

1459-ж. Флоренция герцогу Козимо Медичи Платон Академиясын негиздеген. Плифондун кеңеши менен Академияда грек тексттерин которуу менен алектенишкен, ошондой эле мында лекциялар окулган жана ар түрдүү талаш-тартыштар уюштурулган. Флоренциянын герцогу, илимпоздордун, сүрөтчүлөрдүн жана акындардын белгилүү колдоочусунун Лоренцо Медичинин (Мыкты) башкаруу убагында Академия гүлдөп өнүккөн. Ошол убакта Академияны Марсилио Фичино (1438-1499) жетектеген. Лоренцо Медичинин убагындагы Академиянын көрүнүктүү өкүлү – Пико де ла Мирандола болгон. Ал платончулуктун, аритотелчиликтин жана христиандыктын жаңы ситезин түзүүгө умтулган.

XV-к. аягында Платондун бардык белгилүү эмгектери латын тилине которулуп, алар ошол убактагы окумуштууларга чындап жеткиликтүү болуп калган. Ренессанстык платонизм ошол убакта болгон салттарга ылайык Платондун жеке окуусунун жана жаңы платончулуктун аралашмасы болуп калган, болгондо да бардык орто кылымдык жаңы катмарлары менен кошо, мындан сырткары, бул аралашма башка дагы ар түрдүү философиялык-магиялык идеяларды өзүнө камтыган.

Фичино да, Мирандола да жаратылышты таанууга өзгөчө көңүл бурушкан, аларды натурфилософиянын негиздөөчүлөрү деп атоого да болот, бирок бул философия магиянын, герметизмдин, каббаланын, нумерологиянын идеяларында кураштырылган философия эле.

13.4. Пантеизм

Пантеизм – бул Кудай менен табият бирдей, бири бирине толугу куюлушкан деп каралган философиялык окуу.

Пантеисттердин көз карашына ылайык, кудайдан сырткары табият жок, бирок ошол эле учурда табияттан тышкары Кудай да жок. Пантеизмдин окуусу материализм менен идеализмдин ортосундагы абалды ээлеген философиялык окуу. Бирок пантеизмден материалисттик жана идеалисттик түшүндүрмөлөрдү ажыратууга болот (86-чийме).

86-чийме

Пантеизм: негизги түрлөрү



“Пантеизм” термини болгону XVIII-к. пайда болгон болсо да, пантеисттик идеялар Байыркы дүйнөнүн философиясында – батыш философиясында да, чыгыш философиясында да бар болчу. Бирок Байыркы дүйнөдө политеизм (көп кудайлуулук) өкүм сүргөндүктөн жана Кудайды жалгыз дүйнөлүк рух катары элестетүү дале болсо таркала элек болгондуктан, байыркы замндагы мындай идеяларды пантеизмге тиешелүү деп айтуу жаңылыштык, болгону алар гилозоизм менен мүнөздөлөт (бардык жаратылыштын жандуулугу жөнүндөгү элестетүүлөр). Ошондуктан жеке пантеисттик идеялардын жаралышы жөнүндө Орто кылымдардан башталган деп айтсак жаңылышпайбыз, себеби дал ошол доордо, биринчиден, жалгыз Кудайдын бардыгы, экинчиден, бул Кудайдын инсандык мүнөзү (өзүнүн эркн, каалоосу ж.б. бар) жөнүндө элестетүүлөр же көз караштар үстөмдүк кыла баштаган.

Николай Кузанский (Nikolas of Cusa)

Өмүр таржымалы. Николай Кребс (1401-1464) – Кузанский (Кузанец) деген жасалма аттуу адам Мозель дарыясынын жээгинде жайгашкан Куза айылында (Германияда) балыкчынын үй бүлөсүндө туулган. Гейдельберг, Кёльн, Падуан университеттеринде окуп, ал жерлерде юриспруденцияны, байыркы тилдерди, математиканы жана астрономияны окуп, үйрөнгөн.

87-чийме

Пантеизм: өнүгүүнүн негизги этаптары



1426-ж. – ал дин кыймылдоруна 1448-ж. – кардинал, 1450-ж.баштап – жалпы эле Гер папа лега

Николай Кузанский өзгөчө математикага, анын ичинен чексиздик көйгөйүнө кызыккан (математикада олуттуу ачылыш жасабаганы менен); ал тажрыйбага таянган билимди жана эксперименталдык илимдин маанисин колдогон; юлий календарын алмаштыруунун долбоорун сунуштаган; христиан чиркөөлөрүн (католик жана православ) бириктирүүнү жактаган.

Негизги эмгектери. “Окумуштуу билимсиздик жөнүндө”, “Католиктик маклдашуу жөнүндө”, “Кудайды издөө жөнүндө”, “Кудайуулу жөнүндө”, “Окумуштуу билимсиздиктин апологиясы”, “Башат”, “Кудайды көрүү жөнүндө”, “Берилла жөнүндө”, “Мүмкүн-болмуш жөнүндө”, “Акылмандыкка аңчылык жөнүндө”, “Разат алуунун туу чокусу жөнүндө”. Бардын эмгектери провинциалдык латынь тилинде жазылгандыгы анын эмгектеринин анчалык деле белгилүү болбой калгандыгынын бирден бир себеби болуп эсептелинет.

Философиялык көз караштары.*Онтология жана пантеизм.* Николой Кузанскийдин онтологиялык окуусу ортокылымдык платонизмдин базасында өнүккөн жана анын пантеизмге болгон тенденциясын ишке ашырган. Анын окуусунда Кудай менен Аалам бирдей, Кудай=Аалам Абсолюттук болмуш жана Абсолюттук максимум катары түшүнүлөт.

Байыркы философиядагы “баары бардыгында бар” жөнүндө идеясы (мисалы Анаксагордун) Кузанскийдин минимум менен максимумдун дал келиши жөнүндөгү анын

окуусунда андан ары өнүктүрүлгөн. “Абсолюттук максимум бул - бар болгон биримдик; анда баары бар, себеби ал – максимум; ага эч нерсе каршы келбегендиктен, аны менен минимум да дал келет. Ошону менен ал бардык нерселерде болот ” (Авт. котормосу)[1]
Чексиздик үчун максимум жана минимумдун туура келүү мүмкүнчүлүгүн Кузанский математикалык мисалдардан келтирет. Геометриялык ар түрдүү үч фигуралардын бирдейлиги Кудайдын үч биримдигинин мүмкүндүгүн көрсөтүү үчүн колдонот (88-чийме).

88-чийме

Үч биримдиктин мүмкүндүгү
(түз сызыктын, айлананын жана үч бурчтуктун)

Бурч чоңойгон сайын (a1 < a2 < a3) карама каршы жаткан үч бурчтуктун жактары чоңоёт.



А = 180 үч бурчтук түз сызыкка айланат.

[1]Кузанский Н. Об ученом незнании. Сочинения в 2 т. Т. 1. М., 1979, с. 51

Тегеректин радиусунун көбөйүүсүнө жараша (R1 < R2 < R3 < R4) айлананын ийрилиги кичирейет. Чексиздикке барабар радиуста (R = ∞) айлананын ийрилиги нөлгө барабар. Демек, айлана бир түз сызыкка айланат. Мындан тышкары, чексиз тегеректе бардык чекиттер борбор боло алат, ал эми догоо, хорда, радиус жана диаметр бири бири менен дал келет.

Тааануу теориясы. Кузанецтин пикири боюнча, тааануу процесси негизинен белгисиз менен белгилүүнү, аныкты анык эмес менен салыштырууда турат. Алардын ортосундагы белгилүү бир туура келүүлөрдү табуу менен биз чындыкка жетишебиз. Ошондуктан жөнөкөй акыркы нерселер жөнүндө ой жүгүрткөнүбүздө, чындыкты табуу оңой эле, ал эми татаал акыркы нерселер жөнүндө – кыйынчылык жаралат, бирок аны табуу мүмкүн. А бирок биздин изилдөө объектибиз чексиз нерселер болгондо, аны эч кандай салыштыруу менен аныктоо мүмкүн эмес, ошондуктан ал нерсе биз үчүн белгисиз боюнча кала берет. Чексизди чекки адамдык акыл менен принципиалдуу жетүүгө мүмкүн эместигин тастыктоо менен Николай Кузанский ал чексиз чындыкка жакындоо катары тааануу процессинин зарылдыгын белгилейт. Мындай өзүнүн тааануу эрежесин ал “окумуштуу билимсиздик” деп атаган.

Анын гносеологиясынын негизинде карама каршылыктар чексиздикте дал келет, жана Кудай чексиз болгондуктан, жаратылган дүйнөдө бири бирине карама каршы коюлган бардык айырмачылыктар Кудайда дал келишет, себеби Анда минимум менен максимум туура келет.

Кузанский боюнча, Аалам = Кудай тааануу процесси төрт этапты басып өтөт (52-чийме).

52-чийме

Тааануу этаптары

Тааануу түрү *Аткарылуучу функция*

1. Сезимдик таануу	Акыркыны жана бир жолкуну кабыл алат
2. Акыл-эс	Карама каршылыктарды бөлүшөт
3. Акыл	Карама каршылыктарды бириктирет
4. Интеллектуалдык интуиция	Карама каршылыктардын дал келишин түздөн түз байкайт

Адам жөнүндө окуу. Көпчүлүк гуманисттер сыңары, Николай Кузанский адамды микрокосм катары түшүнгөн. Бир тараптан, ал реалдуу турдө жашаган башка объекттердей эле микрокосм, себеби “бардыгындагы баары”. Бишка тараптан алсак, аң-сезими бар атайын микрокосм, анда бардык нерселердин, анын ичинде Кудайдын, периштелердин, жаныбарлардфын, жансыз буюмдардын, образдары камтылган. Адамда ошону менен бирге атайын адамча бардык дүйнө көрсөтүлгөн.

Окуунун тагдыры. Кузанецтин идеялары пантеизмдин андан ары өнүгүшүнө (Джордано Бруно, Спиноза), ал эми анын минимум жана максимум жөнүндөгу окуусу - чексиз кичи чоңдуктар жөнүндө окуунун өнүгүшүнө олуттуу түрдө таасир эткен (89-чийме).

89-чийме

Николай Кузанский: булактары жана таасири



13.5. Натурфи

XV-XVI-кк. Даратылышты изилд лософиянын (табият философиясынын) жаралышына алып келди. Адегенде натурфилософия магиялык

элестетүүлөрдүн алкагында, андан кийин магия менен илимдин жуурулушуусу жүргөн, болгондо да натурфилософияны көпкө чейин “натуралдык магия ”деп атап жүрүшкөн. Магия менен илим бири бирине туура келбей турган карама каршылыктар катары элестеткен азыркы кездеги адамдардын көз карашында бул тастыктоо таң каларлык жана түшүнүксүз болмок. Бирок илим менен магиянын бир катар жалпы өбөлгөлөрү бар, т.а.төмөндөгү бекем тастыктар:

- болмуштун табигый жана табияттан тышкары чөйрөлөрүндө объективдүү жана үзгүлтүксүз аракеттеги мыйзамдары бар;
- адам бул мыйзамдарды таанууга жөндөмдүү;
- бул мыйзамдардын негизинде адамдар табигый же табияттан тышкары күчтөргө жана объекттерге өзүнүн максаттарына жетүү үчүн таасир этүүгө мүмкүнчүлүк берген технологиялар иштелип чыгышы мүмкүн. Мисалы: рудадан металлды эритип алуу жана Шайтанды чакыруу процесси – булар болгону эки ар башкача технологиялар.

Натурфилософияга, өзгөчө эрте түрүнө, герметизм, каббала, сандардын мистикасы (пифагореизмдин базасында пайда болгон нумерология) чоң таасир көрсөткөн.

Орто кылымдарда жана Кайра жаралуу доорунда окшош объекттердин жалпы табияты жана ички байланышы жөнүндөгү идеяга негизделген **жагымдуу (симпатиялуу) магия** (окшоштук магиясы) өзгөчө роль ойногон; философиялык деңгээлде мындай окшоштук бардык окшош объекттер бир эле универсалийге тиешелүү деп түшүндүрүлгөн. Ошол убактагы магиялык-натурфилософиялык көз караштардан “симпатиянын” жана “антипатиянын” ортосунда, демек, окшош жана ар түрдүү предметтердин ортосунда космикалык күчтөрдүн бар болушу жөнүндө элестетүүнү белгилөө зарыл. Окшош объекттердин ортосундагы же алардын ортосунда аракеттенген “симпатиянын” ички байланышынын күчү менен бир предметке таасир этүү менен биринчиге окшош экинчи предметке да таасир этүү мүмкүн. Мындан азыркы адамдарды таң калтырган ошол убактагы медицинадагы ыкманы белгилесек болот, ошол убакта жүрөктү жүрөктүн формасындагы жалбыректар менен, бөйрөктү – бөйрөк формасындагы жалбыректар менен дарылашкан. Ушуга жле окшош кызыл таштардын жардамы аркылуу кан агууларды, сары таштар менен – сарык оорусун ж.б.у.с. айыктырышкан.

Мындай көз карашта бардык дүйнө бир бүтүндөй сезилген, анын ар түрдүү бөлүктөрү бири бирине жана жалпы эле дүйнө менен окшош. Бул пантеизм же гилозоизм базасында, ошондой эле байыркыдан келген “баары баарында бар” принциби менен түшүндүрүлгөн.

Бул көз карштарда өзгөчө ролду жер телолорунун жана окуяларынын асман телолору менен (эң оболу планеталардын жана зодиакалдык жылдыздардын асмандагы абалы менен) болгон байланышын бекиткен астрология ойногон. Жердегилердин жана асмандагылардын мындай параллелизминин прогрессивдүү маанисин ошол убакта аристотелдик-птоломейлик дүйнө сүрөттөмү үстөмдүк кылып турган деп адекваттуу түшүндүрсө болот. Анда жер астындагы дүйнө ай үстүндөгү дүйнөгө принципиалдуу түрдө карама каршы коюлган. Аристотелде болмуштун бул эки бөлүгү ар түрдүү элементтерден турат деп эсептелген (ай астындагы дүйнө – төрт стихиядан: Абадан, Суудан, Жерден жана Оттон, ал эми ай үстүндөгү дүйнө - бешинчи стихиядан - Эфирден); булардын ичиндеги жалпы идея – буларда табияттын ар түрдүү мыйзамдары аракеттенет ж.б.

Натурфилософиянын негизги идеяларынын бири **адам – бул микрокосм** дегенде турат, ошондуктан ал Аалам менен байланышкан деп эсептелинген: алаканда планеталарга туура келген адырларды көрсөтүшкөн, ал эми зодиакалдык жылдыздар адамдын ар кандай дене бөлүктөрү менен туура келген. “Герметикалык корпуста” алгачкы жети адамдын пайда болушу, мындан адамдардын жети тибинин пайда болушу

планеталык чөйрөлөрдүн жети Башкаруучуларынын таасири менен байланыштуу; ооруларды дарылоо жылдыздардын абалына тууралануп ишке ашырылган ж.б.
Астрологиялык идеялар менен ошол убакта кеңири таркаган алхимия байланыштуу. Алхимиктер алдына эки негизги максаттарды коюшкан: бир заттарды экинчисине айландырууга жетишүүнү (мисалы колодон – алтынды же күмүштү), ошондой эле түбөлүк жаштык тартуулачуу эликсирди алууну. Алхимиктер колдонушкан негизги химиялык заттар туура келген асман телолору менен жуурулушкан (сымап - Меркурий менен, күмүш – Ай менен); алхимиялык реакцияларды жасоо үчүн убакыт планеталардын, зодиакалдык жылдыздардын абалына жараша тандалып алынган ж.б.

Эрте натурфилософиянын көрүнүктүү өкүлдөрүнө - платончулар **Фичино** жана **Мирандола**, ошондой эле **Парацельс** кирет. XVI-к. Экинчи жарымында кечки натурфилософия калыптанган, анын негизги максаты табиятты окуп үйрөнүүдө турган. Бул этапта ломбардчы Дж. Кардано маанилүү кадам жасаган. Натурфилософияны Джордано Бруно, Т.Кампанелла өнүктүргөн. Анын эң эле белгилүү өкүлү **– Б.Телезио.**

Парацельс (Paracelsus)

Өмүр таржымалы. Теофраст фон Гогенгейм (1493-1541) Парацельс деген жасалма ат менен таанымал болгон. Швейцарияда төрөлгөн, Ферари университетин аяктаган: белгилүү врач, химик, философ болгон, кара китепчи деген атка конгон, себеби Гётенин Фаустунун прототиби деп эсептелинген.

Анын окуусу магиялык идеяларга сугарылганы менен ал медицинанын, химиянын жана илимий методологиянын өнүгүшүнө олуттуу салым кошкон. Ошол учурда медицина толугу менен Гиппократтын, Галендин жана Авиценнанын аброюна таянган. Бирок, Парацельс өзүнүн студент-дарыгерлерине айткандай, “окуу али бир дагы дарыгерди жараткан эмес”. Өзүнүн Базель университеттиндеги окутуучулук ишин ал медицина жана химия боюнча китептерди ачыктан ачык өрттөө менен баштаган. Ал биринчилерден болуп студенттерди оорулуунун төшөгүнө алып келип, ооруларды китеп боюнча эмес, практика жүзүндө үйрөнүүгө мажбурлаган.

Ал латын тилинде эмес, эне тилинде сабак өткөн жана мындай сабак өтүүгө укукту бар дили менен коргогон.

Философиялык көз караштары. Аалм – жалпы бир жылдыздуу (астралдык) жан менен жандандырылган бир бүтүн жалгыз организм. Жан көзгө көрүнбөс, мейкиндиктеги белгилүү бир орун менен байланышпаган; бирок дал ошонун аракети баарын жаратат, бардык кыймыл-аракеттин жана өзгөрүүлөрдүн булагы болуп эсептелет. Адам – Аалам сыңары микрокосм болгондуктан, биз табиятка магия менен таасир этүү каражаттарын табышыбыз мумкүн. Өзүбүздүн кыялыбызда (бирок фантазиябызда эмес!) образдарды жаратуу менен биз биздин ой-пикирибиздин астралдык телолорун түзөбүз, ал белгилүү бир шарттарда материалдык телолорго да таасир этиши мүмкүн.

“Космикалык тело” төрт салтуу элементтерден (суудан, абадан ж.б.) түзүлгөн, бирок, мындан сырткары, анын курамына алхимиялык башталыштар: сымап, күкүрт жана туз кирет. Сымап тирүүнүн өзгөрүштөрүн камсыз кылган өзгөргүс рух, күкүрт бардык тирүүнү жаратат, туз болсо бекемдиктин, денелүүлүктүн негизи. Адамда сымап – рухка, туз – денеге, ал эми күкүрт болсо – жанды дене менен байланыштырган жанга туура келет. Адамдын организминдеги процесстер бул үч алхимиялык башталыштардын химиялык реакциялары катары каралат. Оорулар бул башталыштардын нормага ылайык катыштыктарынан четтөө деп түшүндүрүлөт. Баарын өзүнө камтый алган чоң илим – бул медицина, ал адамды изилдейт, ал эми адам болсо - ааламдын “таажысы”

Окуунан тагдыры. Парацельстин окуусу Бёменин мистицизмине, ал аркылуу – Шеллингдин философиясына олуттуу таасир көрсөткөн. Парацельстин идеялары XIX-XX-кк. окультизмдин өнүгүшүндө мааниси зор болгон.

90-чийме

Парацельс: булактары жана таасири

БАЙЫРКЫ ДООР ЖАНА ОРТО КЫЛЫМДАР ДООРУ



Телезио (Telesio)

Өмүр таржымалы. Бернардино Телезио (1509-1588) неополитандык падышачылыктагы Козенца шаарында төрөлгөн. Философияны жана математиканы окуп үйрөнүү менен Падуан университетин аяктаган, андан соң римге барган жана ал жерде табигый илимдерди үйрөнгөн. Табиятты пратика жүзүндө таануу максатында Козенцада өзүнүн жеке Академиясын негиздеген (Телезионун же Козентиндик академияны), кийинчерээк анын үлгүсүндө бир катар илимий коомдор пайда болгон. Телезио жүргүзгөн схоластикалык философияны сынга алуу папа бийлигинин жардыгы менен Телезионун академиясын жабылышына алып келген.

Негизги эмгектери. “Жеке башталыштарына жараша нерселердин табияты жөнүндө” (латын тилинде жазылган).

Философиялык көз караштары. *Мурдагы философторду сынга алуу.* Окумуштуунун негизги максаты – табияттын мыйзамдарын изилдөө. Бардык өзүнөн мурдагы философторду (байыркы жана орто кылымдардагы) Телезио “дүйнөнү өздөрүнүн ээн баштыгы менен ойлоп тапкандыгы” үчүн айыптаган: “ал (дүйнө) куралган нерселерге (мүмкүн) алар ээ болгон касиеттерден башка чоңдуктарды жана абалды, аларда болгон (мүмкүн) жетишкендиктерди жана күчтөрдү бербестен, алардын оюу боюнча ээ боло турган касиеттерди өздөрүнүн жеке ой толгоолору боюнча беришкен ” (авт. котормосу)[1]

Табияттын Кудай тарабынан анын бардын мыймаздары менен жаратылганын моюнга алуу менен, Телезио окумуштуу табиятта болгон гана нерселерди изилдөөсү керек, б.а. табияттын өзгөргүс мыйзамдарын, деп белгилеген. Мындай изилдөөнүн негизинде дедуктивдик усул (жалпы кабыл алынган жоболордон логиканын эрежелери боюнча жаңы чындыктарды алуу) эмес сезимдерге негизделген тажрыйба болушу керек.

Онтология. Табияттын негизинде материя жатат. Ал түбөлүк жана өзгөргүс, бир түрдүү жана сапатсыз; дүйнөдө материянын саны өзгөргүс. Ал мейкиндикти эч кандай боштук калбай тургандай толтурган жана анда бир нерсе экинчисине тыгыз жармашып турат. Өзүнчө алганда материя өзгөргүс жана пассивдүү. Бардык өзгөрүүлөр бири бирине карама каршы күрөшүп турган эки күчтөрдүн же башталыштардын – **ыссыктын** жана **муздактын** таасири астында жүрөт. Бул эки күч башынан эле бар, денесиз жана жандандырылган, бирок алар материясыз жана материядан тышкары жашай албайт, өзүн

өзү сактоогоумтулуу аларга мүнөздүү, ошрндуктан алар материя үчүн “бир аялга эки күйөөнүн” сыяктуу күрөшөт. Бул эки күч сезүүгө жөндөмдүү.

Табият материя менен бул эки күчтөн жаралган. Ыссык күндөн, ал эми – суук жерден жаралган, ошондуктан эки дүйнө – ай астындагы (борбору - жер) жана ай үстүндөгү үзгүлтүксүз күрөш жүргүзөт, күндүн ыссыгы жерди “күйгүзүүгө” умтулса, жер – күндү “тоңдүрүүга” аракеттенет. Өзгөчө бул күрөш дүйнөлөрдүн ортосундагы чек арада курч жүрөт. Бирок “материянын бир дагы бөлүгү толугу менен бир башталыштын ээлигинде болушу мүмкүн эмес, мында жеңилген бөлүгүнө эч нерсе тийбей калат. Бирок көбүнчө материянын эки бөлүгү тен эки дүйнөгө таандык абалда болот. Алар үзгүлтүксуз өз ара согушушат жана кезек кезеги менен бири жеңилип, бири жеңип турат” (авт. котормосу)[2].

Нерселердин сапаттык өзгөчөлүгү аларда ыссыктын же сууктун көптүгү менен түшүндүрүлөт. Ыссык нерсени кеңейтет жана, демек, андагы тыгыздыкты азайтат, түстү жана тунуктукту, кыймылды берет. Суук коюулууну жаратып, тыгыздыкты көбөйтөт, караңгылыкты, тунук эместикти, кыймылсыздыкты жана тынчтыкты берет. Ыссык көп болгон асман тез кыймылдайт, ага чексиз айланма кыймыл мүнөздүү. Жерде болсо анда суук көп болгондуктан “кыймылдын тоңуп калуусу билинет”, ошондуктан жерде бардык

[1]Телезио Б. О природе вещей в соотвествии с её собственными началами //Антология мировой философии: В 4 т. Т. 2. М., 1970, 123-б.

[2]Ушул эле эмгекте. 129- б.

нерселер чекке багыт алуу менен “эс алуу үчүн жасагандай” бир түз сызыкта кыймылдайт.

Адам жөнүндө окуу жана таануу теориясы. Адамдын денелүү зат катары негизги кураштыргыч бөлүгү – бул анын **руху.** Бирок бул рухту Телезио материянын өзгөчө бир түрү, өзгөчө бир назик, жылуу, кыймылдуу жана сезимтал зат катары түшүндүрөт. Анын негизги орду – бул адамдын мээси, андан ал нервдер боюнча бардык денеге таркайт. Адамдын денесинен тышкары болгон заттар биздин рухубузга таасир этет, анын кеңейишин жен кысылышын жаратып, бул нерселер нервдер менен берилет. Ыссык канчалык көп болгон сайын, бул кыймыл ошончолук интенсивдүү болот. Дал ошону менен ар түрдүү нерселерди кабыл алуудагы айырмачылык түшүндүрүлөт. Дене өлгөн соң рух да өлөт. Бирок мындай рухтан бөлөк адам Кудай адамдарга тартуулаган денесиз жана өлбөс рухка да ээ.

Этика. Башынан эле өзүн өзү сактоого умтулуу мүнөздүү болгон адамдын материясы ыссыктын жана сууктун күчтөрү менен каныккандыктан, бул касиет ар бир адамга тиешелүү. Адам өзүн өзү сактоого мүмкүнчүлүк берген бардык нерсени сүйөт, ал эми бул нерсеге тоскоол болгондорду жек көрөт. Бул тараптан бардык адамдар бирдей болгондуктан, алар бири бириндеги бул сезимди сыйлап, тан алышы керек. Гумандуулук – бул адамдардагы эң жакшы сапат.

Окуунун тагдыры. Телезионун идеялары Кампанеллага, Бруного, Жаңы доордо – Фр. Беконго жана Декартка олуттуу таасир көрсөткөн (91-чийме).

91-чийме

Телезио: булактары жана таасири





13.6. Мистицизм Бёме (Böhme)

Өмүр таржымалы. Якоб Бёме (1575-1624) белгилүү немец мистик-философу, анын жасалма аты – Тевтоникус (Тевтондук философ). Теги боюнча дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн, айыл мектебинде окуган, андан соң өтүкчүгө окуучу болгон. 1599-ж. окууну аяктагандан кийин ал Герлицте өзүнүн бут кийим ишканасын ачкан. Үйлөнгөн, алты баланын атасы.

1612-ж. Бёме өзүнүн биринчи китебинин – "Авроранын" кол жазмасын бүтүргөн. Анын бир тааныши 1613-ж. авторго айтпай туруп кол жазманын көчүрмөсүн таркатып жиберген. Текст лютерандык пасторлорго белгилүү болуп, Герлицтеги баш пастор чиркөө кафедрасынан Бёмени кооптуу еретик деп жарыялаган. Кол жазма жок кылынып, Бёмеге жазууга тыюу салынган. 1618-ж. (Германиядагы отуз жылга созулган согуш башталганда) досторунун суранычы боюнча Бёме кайрадан жаза баштаган жана бир катар трактаттарды жазган, мындан тышкары, өзүнун окуучулары жана достору менен тынбастан кат жазышып турган. Бул тексттер активдүү көчүрулуп жазылып жана таркатылып турган. Ушул жылдары ал өзүнун жашоо образын өзгөртүп аялы менен биргеликте токуу жиптерин сата башташкан, Германияда көп саякаттаган. Узгүлтүксүз жолдо жүрүү жана нерв жактан кыйналуу кооптуу ооруп калууга алып келген.

1624-ж. Бёменин "Христоско жол" аттуу биринчи эмгеги басмага берилген. Баягы эле Герлицтеги пастор бул жөнүндө билип калып, аны кайрадан куугунтукка алган. Бёмени куугунтукка алуу анын өлүмүнөн кийин да токтогон эмес, Бёменин мүрзөсүнүн үстүнө достору коюп кеткен крест бузулуп, жулунуп ташталган.

Жашоосунда Бёме бир нече мистикалык көрүнүштөрдү көргөн жана аларды жана алар аркылуу жетишкендиктерин Бёме китебинде чагылдырган.

Жалпысынан Бёмени мистик, пантеист жана диалектик катары мүнөздөө жөндүү, аны көбүнчө теософ деп да аташат.

Негизги эмгектери. "Аврора же атып бараткан таңкы нур" (1612, 1634-ж. басмадан чыккан), "кудайлашкан жашоонун үч принцибин сүрөттөө" (1619), "Адамдын үч тараптуу жашоосу жөнүндө" (1620), "Иисус Христосту адамга айландыруу жөнүндө" (1620), "Алты теософиялык моменттер" (1620), "Чыныгы психология же жан жөнүндө кырк суроо" (1620), "Жакшы тандоо жөнүндө" (1621-1623), "Улуу сыр же Моисейдин биринчи китебине түшүндүрмө" (1623), "Christosophia, же Христоско жол" (1624).

Философиялык көз караштары. *Тааануу жөнүндө окуу.* Кудайды рационалдык тааануунун жардамы менен тааныууга мумкүн эмес, бирок адам анын руху Кудай менен "жарыктанган жана жалындаган" болсо, кудайлашкан жашоону кармап алышы мүмкүн. Бул жерде Бёмеде Экхарттын көз караштары байкалат: адам өзүнүн жаратылган табиятын унчукпоого мажбурлашы, өзүнун жеке каалоолорунан, Кудайды көрүүгө тоскоол болгон өзүнө көрүнүүлөрдөн жана угуулуулардан баш тартуусу керек. "Өзүңдөгү каалоолор жана сезүүлөр өчкөндө, сага түбөлүк угуу, көрүү жана сүйлөө ачылат. Кудай сен аркылуу угат жана көрөт.... " Эгерде сен унчукпай калсаң, анда сен табияттан жана макулуктан мурда Кудай болгон жана Ал табият менен макулукту жасаган нерсеге айланасын; сен жеке каалагандан, көргөндөн, уккандан мурда Кудай сенден көргөн жана уккан нерсе менен угасың жана көрөсүң"[1]

[1] Бёме Я. Christosophia, или путь к Христу. СПб,1994, 101-б.

Мындай тааануу өзгөчө абалда, адамга мистикалык көрүнүүлөр болгондо гана, ишке ашат. Мындай абалда ачылган нерсени кадимки тил менен дээрлик айтып берүү мумкүн

эмес, ошондуктан мындай “көрүүлөрдү” жеткирүү үчүн Бёме көп сандагы мистикалык метафораларды, шарттуу белгилерди, каймана айтууларды колдонот. Натыйжада анын тексттери караңгы жана түшүнүксүз.

Карама каршылыктар жөнүндө окуу. Бёме үчүн дүйнөнү тааануу Жаратуучуну тааануунун бир ыкмасы, “нерсенин одоно кабыгынын артынан опасыз порфираны тааануу”. Биз бардык Кудай жаратканды таанысак дагы, адам Жаратуучуну толугу менен таанып чыгышы мүмкүн эмес. Бирок ошентсе да Анын маңызын түшүнүүгө жакындашсак болот. “Рух” абалында туруп адам жаратылган дүйнөдөн (табияттан) “эки сапатты: бири жакшылык, экинчиси жамандык – көрөт. Алар бул дүйнөдө бардык күчтөрдө, жылдыздарда жана стихияларда, бардык эле жаратылгандарда бар, кандайдыр бир бүтүн сыяктуу бири биринен ажырагыс; табияттагы жашоодо бул эки сапатты камтыбаган бир дагы жаратылган жан жок ”. Мындай сапатка аптап менен суук, аба менен суу, ачуу менен таттуу ж.б. кирет. Бир бирмдикте болуу менен карама каршы сапттар үзгултүксүз күрөшүп келет. Дал ошолор жаратылган дүйнөдө болгондун баарын жаратат, алардын бирге жашоосу менен табиятта бардыгы өнүгөт: “өзүнчө жүрүшү, чуркашы, агымы, ойгонушу жана өсүшү бар”. Бёменин айтышы боюнча, бир гана чектен чыккандарга периштелер жана шайтандар кирет, алар өздөрүнө жараша жакшылыкта жана жамандыкта жашашат (92-чийме).

Бардыгы жаралган бул түбөлүк эки тараптуу негизди Бёме өзүнүн кечки эмгектеринде Түпсүздүк же Улуу мистерия деп атаган (Mysterium Magnum). Бул жарык менен караңгылык төгүлгөн, азыр бардык жандуулардын карама каршы сапаттарынын булагы болгон хаос.

92-чийме

Жаратылган дүйнөнүн структурасы

Табияттан тышкары – Ыйык Үчтүктү табабыз, ал “табияттын ... жана анда баары болот...”.

Ыйык Үчтүк жөнүндө окуу. Кудайлашкан Ыйык Үчтүк “жансыз тынчтык сыңары. Анда болушу мүмкүн болгон эч нерсе жок. Бул түбөлүк тынчтык, баш аяксыз Түпсүздүк. Бул максат да, орун да эмес, мындан эгер издесек эч нерсе таппайбыз... Ал сырт кебетеден ажыраганан да, жарык да, караңгылык да жок, бул кандайдыр бир магиялуу эрк сыяктуу, биз аны сезбешибиз керек, себеби ал бизди адашууга алып келет. Бул эрктин жардамы менен биз кулак салчуу үнсүздүгүнөн бөлөк башталышы жок, себеби ал табияттан тышкары, Кудайдын негизин түшүнөбүз”

Ыйык Үчтүк жөнүндө окууну Бёме өзүнүн эки китебинде баяндаган (53-таблица). Мында ал чиркөөнүн салттарынан бир топ четтеген. Кудайлашкан Үчтүктүн ар бир бети анда өзгөчө принциптин ишке ашуусу катары каралган, ал эми Үчтүк жалпысынан

“салтанаттуу, кайнап, кыймылдап турган жан жана өзүндө бардык күчтү камтыйт”. Өзүндө Түпсүздүктүн баштапкы, бирок пайда болгон эмес эркин ишке ашыруучу Кудай-Ата өзүнүн карама каршылыгын – Түпсүздүк негизи болуп калган негизсиз жан - Кудай-Уулду жаратат. Рухта болсо бул эки карама каршылык пайда болот, өзүнүн түзүлүшүн алат жана мында табиятты жаратуу процесси башталат (кан-жандуу, дайыма Кудайга таандык сүйлөнгөндөн айырмаланып Кудай Сөздөн бөлүнүп айтылган).Ушинтип болмуштун түбөлүк калыптануу жана жаралуу процесси өтөт (убакыттан тышкары) (93-чийме).

93-чийме

Теософия



Ы[illegible]каралган табияттын негиз[illegible]циптер жатат. Демек ада[illegible]ияты таануу Кудайды таануунун жолу. [illegible]ча, дүйнөнү жаратуу процесси Кудайга өзүнүн жеке маңызын таануу үчүн керек. Периштелер менен адамды Кудай өзүн өзү тааануу органы катары жасайт: “Бул Түпсздүктүн көздөрү биздин көздөрүбүз, жана ал өзүнүн өзү үчүн күзгү болуп эсептелет” [1]

[1]Бул цитата Я.Бёменин “Иисус Хритосту адамга айландыруу жөнүндө” эмгегинен алынган

“Жакшы тандоо жөнүндө” деген ишинде Үчтүккө дагы София кошулат – Кудайдан келген Акылмандык. София (түбөлүк Карадалы Кыздын кебетесинде) Үчтүктүн кебетеси, бирок Эгерде “Кудайдын Жүрөгү” (Иисус Христос) адам болбогондо, Ыйык Акылмандык толугу менен эч качан периштелер тарабынан тааныл[illegible]ган эмес.

Жамандыктын теги. Кудайлашкан Үчтүктүн маңызы жана жаратылган дүйнөнүн жаралышы жөнүндөгү Бёменин ой-толгоолорунан мындай логикалык жыйынтык чыгарсак болот: өзүнчө алганда жарыкты да, караңгыны да, жакшылыкты да, жамандыкты да камтыбаган Ал (Кудайлашкан Үчтүк) ошол эле учурда тигинин да мунун да булагы болуп саналат. Бирок Бёменин өзү мындай жыйынтык чыгарган эмес, тескерисинче Ал жөнүндө “жакшы да, жаман да эмес, жалпы түбөлүк жакшылыкты жараткан алгачкы башталышсыз эрк ” катары бир нече жолу айткан. Анда жамандык кайдан чыгат? Бёме жамандык ушул гана жаратылган дүйнөдө бар, ал өзүнүн бой көтөрүүчүлүгү менен Кудайга каршы чыккан Люцифердин кулашы менен пайда болот деген. Люцифер Кудайдын колунан чыккан “сонун жерди” – бейиш дүйнөнү булгаган, аны ал “азап менен кайгынын жана өлүмдүн дүйнөсүнө” айланткан. Дал ушул катастрофа адамдын күнөөгө батышынын себеби болуп калган, адам күнөөгө өзүнүн күнөөсүнөн эмес, “шайтан жугузган уунун артынан баткан”.Бирок жаратылганга (Кудай Сөзү менен айтылган) зыян келтирүү мүмкүн, бирок аны жок кылууга мүмкүн эмес, убакыттын өтүшү менен ал кайрадан тирилет: “себеби Христтеги болгон Кудай кайрадан өзүнүн денесинен аны жаратат”.

Адам жөнүндө окуу. Бёме боюнча, адам Кудай жараткандардын ичинен эң жакшысы, бардык жаратылгандардын ккожоюну. Кудайдын колунан адам периште сымал таптаза бойдон чыккан, күнөөгө батуу аны караңгылыкка түрткөн. Бирок Христтин адамга айланышы кайрадан жаралууга үмүт берет. Күнөөгө баткан адам да өзүнүн кудайга

окшоштугун жоготкон эмес. Адамдын эң жогорку жөндөмдүүлүгү – таанууга жөндөмдүүлүк – Кудайдын сүйүүсүнүн натыйжасы. Кудай тарабынан ага берилген өзүнүн маңызын түшүнүү менен адам барган сайын жогорулайт.

Өз учурундагы натурфилософиялык жана астрологиялык көз караштарда Бёме адамды микрокосм катары түшүндүрөт. Анын эмгектеринде маанилүү орунду эки жыныстуу Алгачкы Адам (Адам) жөнүндөгу окуу ээлейт. Адамдын "бейиштегидей абалга" кайтышы андагы эркектик жана аялдык башталыштардын биригиши менен да байланышкан.

Окуунун тагдыры. Мистицизм жана Бёменин Түпсүздүк жөнүндөгү окуусу көптөгөн андан кийинки философторго, өзгөчө немец романтиктерине, Шеллингге, Гегелге жана Фейербахка, ошондой эле көптөгөн орус философторуна олуттуу таасир эткен (94-чийме).

53-таблица

Кудайдын Үчтүктүүлүгү

Принциптер	*"Кудайлашкан маңыздын үч принциби жөнүндө" (1619)*	*"Жакшы тандоо жөнүндө"*
Биринчи: Кудай Ата	Ачуу жин жана каарануу же коркунуч-жалын кагып турат; бул алардын материалдаштырылышына "сыртка" умтулган таза энергия.	"Баштапкы эрк түбөлүк Ата тарабынан чакырылат"
Экинчи: Кудай Уул	Каардуу жалынды бардык объективдештирүүгө жана ишке ашырууга чейин сүйүүнүн жарыгына айландырган Уулду кудай-Ата жаратат.	Анын жалгыз же туулган Уулу тарабынан Түпсүздүктүн табылган, билинген экри чакырылат, себеби ал - Түпсүздүк негизи болгон негизсиз маңыз.
Үчүнчү: Кудай Ыйык Рух	Кудайдын "Болсун!"деген чыгармачыл сөзү угулат; "жашырылган Кудай" "келип көрүнгөн Кудай болуп калат; Мында "таанылбас" "таанылуучуга кирет".	Уулунун айтылган эрки аркылуу негизсиз эркти же маңызды чыгаруу Рух тарабынан чакырылат, себеби ал жасалган маңызды өзүнөн ишке жана жашоого эркти Атасы менен Баласынын жашоосу катары чыгарат.
Кудайлык Акылмандык (София)	(бул эмгекте мындай принцип мүнөздөлбөйт)	Жана чыккан нерсе – бул түбөлүк эч нерсени алгандай кубаныч, себеби мындан Атасы, Уулу жана Рух өздөрүн көрөт жана ичкертен өздөрүн табышат, жана ал Кудайлык Акылмандык же Көрсөтмө тарабынан чакырылат; "Кудайдын деминен чыккан күч"

13.7. Социалдык философия

Кайра жаралуу доорунда социалдык-коомдук көз караштарда, өзгөчө мамлекеттин жана мамлекеттик бийликтин маңызы жөнүндө көз караштарда принципиалдык өзгөрүүлөр жүргөн (95-чийме). Орто кылымдарда Августиндин, Фома Аквинскийдин жана башка теологдордун окууларына негизделген теократтык көз караштар үстөмдүк кылган. Алардын көз караштарына ылайык, апостол Петр аркылуу келип, Иисусту Христостун улантуучусу болгон римдик папанын бийлиги бардык атуулдук бийликтен жогору турат деп эсептешкен. Бардык падышаны "Кудай тандаган", бирок ал бийликти бир гана чиркөөнүн колунан алышы керек: чыныгы падыша же император ж.б. болуш үчүн дин кызматкерлери тарабынан жасалган "сыйпоо" аземин өтүш керек.

XIV-XV-кк. жогорку атуулдук бийлик үчүн өзүнүн күрөшүндө чиркөө бир катар жеңилүүлөргө учураган. XIV-к. эле Уильям Оккам жана Марсилий Падуанский атуулдук

бийликтин чиркөөнүн үстүнөн тургандыгы жөнүндөгү идеяны айтып чыгышкан, ал эми Падуанский чиркөөнү мамлекеттен бөлүү зарылдыгын жарыялаган. Бирок социалдык-коомдук көз караштардагы радикалдуу төңкөрүш XVI-XVII-кк. гана жүргөн, ал көбүнесе Европада протестантизмдин өнүгүшү жана диний согуштар менен байланыштуу болгон.
Мамлекет жана мамлекеттик бийлик жөнүндө өтө оригиналдуу жана өз убагынан бир топ алдыга озуп кеткен идеяны италиялык (флоренциялык) философ **Никколо Макиавелли** айткан.

Жаралып жаткан абсолютизмдин теоретиктеринин бири француз юристи Жан Баден (1530-1596) болгон. Диний согуштар доорунда ал диний ишенимди сактоо идеясын колдогон жана күчтүү падышалык бийликти талап кылган. Башкаруунун эң жакшы формасы – мураскорлук монархия: падыша мыйзамдын жана укуктун булагы деп саналат, бирок ал өзү да мыйзамдарды сыйлашы керек. Бадендин ар түрдүү эл үчүн ар түрдүү башкаруу ыкмасы туура келет деген идеясы өтө кызык: түндүктүк элдерди күч менен, түштүктүктөрдү – дин менен, ортодогу мамлекеттерди – эс-акылдын жардамы менен башкаруу зарыл деген.

94-чийме

Бёме: булактары жана таасири



“Табигый укук” идеясы голландиялык юрист Гуго Гроция (1583-1645) тарабынан сунушталган жана өнүктүрүлгөн. Бул концепция Жаңы доордун башындагы жана Агартуу доорундагы социалдык философияга олуттуу таасир көрсөткөн.

Кайра жаралуу доору социалдык философия жаатында дагы бир өзгөчө агымды – утопизмди жаратты, анын көрүнүктүү өкүлдөрү Тома Мор жана Томмазо Кампанелла.

95-чийме

Кайра жаралуу доорундагы социалдык философия

ОРТО КЫЛЫМДАР ДООРУ



Макиавелли (Machiavell)

Өмүр таржымалы. Никколо Макиавелли (1469-1527) Флоренцияда төрөлүп, өмүрүнүн көпчүлүк бөлүгүн ошол жерде өткөргөн. Ал мамлекеттик кызматкер болгон (14 жыл Флоренция республикасында чет элдик жана аскерий иштер Коллегиясында катчылык кызматты ээлеген); Леонардо да Винчинин жана Микеланджелонун досу. 1512-ж. Герцог Медичи Флоренциянын түнөн бийликке жетишкен, башка абакка алынган Флоренция мамлекетинин көптөгөн кызматкерлеринин ичинде Макиавелли да болгон, түрмөгө камалган, кийин айылга сүргүнгө айдалган. Дал ошол жерде ал өзүнүн көптөгөн социалдык-саясий эмгектерин жараткан.

Негизги эмгектери. "Падыша" (башка котормолорунда "Князь"), "Тит Ливиянын биринчи декадасы жөнүндө ой-толгоолор", "Флоренциянын тарыхы".

Философиялык көз караштары. *Саясаттын автономиясы.*Макиавеллинин окуусундагы маанилүү жаңылык саясатты изилдөөнүн таптакыр өз алдынча чөйрөсү катары караганда турат. Мында биринчи жолу башкаруу көйгөйлөрү диний, теологиялык, философиялык жана этикалык окуулардан көз карандысыз каралат. Макиавллиде таптакыр "Кудай эркине" шилтеме жок, тагдыр жөнүндө айтканда, аны менен күрөшүүнүн ыкмаларына өзгөчө көңүл бөлөт: ал христиандык моралдык баалуулуктарга жана жашы сапаттарга таянып ("жакындарга сүйүү", "баарын кечирүү", "момундук" сыяктуу) өзүн кантип алып жүрүү керек экендиги жөнүндө эч нерсе айтпайт. Падышанын да, анын жандоочуларынын да жүрүш-турушу "жанды куткаруу" менен эмес, болгону жеке кызыкдарлык менен гана байланыштуу. Саясат чөйрөсү толугу менен автономдуу, бул "саясат үчүн саясат" деген.

Ренессанстык маданияттын адамы болгондуктан, Макиавеллиде падышанын туура жүрүш-турушунун үлгүсү деп эң оболу байыркы римдиктерди атаган (көбүнчө республикалык периоддогу).

Саясаттык реализм. Макиавеллинин социалдык-саясий окуусун саясий реализм деп атоого болот. Ал адамдарды башкаруу адамдын чыныгы табияты жөнүндө билимге негизделиши керек. Табияты боюнча адам жакшы да, жаман да эмес, бирок анын байкоосунда адамда жаманжык басымдуулук кылат. Демек, билгич саясатчы адамдардын оң сапаттарынан көрө көбүнчө алсыз жагы менен жетишпегендиктерин эсепке алуусу керек.

Адамдын табиятына токтолсок, адамдар көбүнчө мүлкүн жоготкондон көрө атасынын өлүмүн тезирээк унутушат деп бир нече ирет белгилеген. Ошондуктан адамдардын өз ара күрөшү жеке менчикке жетишүү жөнүндө сөз болгон жерде өзгөчө

курчуйт. Мындай күрөш мыйзам ченемдүү жана ал пайдалуу натыйжа бериши мүмкүн (мисалы дал ошол күрөш Римди эркиндикке чыгарган, б.а. республикага).

Макиавелли христиандыкты анын момундукка чакыргындыгы үчүн сынга алган, ал адамдын кызыкчылыгын асманга каратуу менен жердеги жумуштардан алагды кылат. Бардык гуманисттердей эле Макиавелли да адамдарды алардын жеке иштери жана кылган кызматы боюнча баалаган, ошондуктан бирөөнүн эмгеги менен жашаган пайдасыз дворяндыкка кескин каршы чыккан.

Макиавелли үчүн саясий идеал – Рим республикасы – ички тартипти бир нече жүздөгөн жылдары сактап калган жана басып алынган өтө чоң территорияларда ошол тартипти жайылта алган, кубаттуу жана стабилдүү түзүлүш. Башкаруун республикалык формасында ар бир атуул мамлекеттин келечеги жана тагдыры үчүн жооптуу. Бирок ал үчүн учурдук шарттарда башкаруунун эң бир жакшы формасы мураскор монархия деп эсептейт. Мамлекеттин негизинде эч кандай моралдык нормалар менен байланышпаган күч жатат, ошондуктан мамлекеттик зардуктоо же мажбурлоо аппаратына, эң оболу армияга муктаж. Ал жалданма армияга караманча каршы болгон жана жалпыга тиешелүү аскердик милдеттенмени сактоону жактаган.

Идеалдуу падыша. Идеалдуу падыша – бул “түлкү жана арстан”, ал адамдардын сүймөнчүгүнө да ээ болуш керек, ошол эле учурда адамдар андан коркушу да керек. Бирок мындай сапатка ээ болуу кыйынчылыкка тургандыктан, эң эле оңоюу жандоочуларын дайыма коркунучта кармаш керек.

Зарыл болсо монарх (өзгөчө бийликке келгенде) өтө катаал чараларды көрүш керек же көрүшү мүмкүн. Мисалы бүтүн бир элди башка жака көчүрсө, эски шаарларды бузуп, жаңысын курса, байларды кедейге айлантып, кедейлерди байытса болот. Мамлекеттин стабилдүүлүгүн жана тартибин сактоо жөнүндө сөз болгондо, бардык чаралар туура. Мисалы, эгер козголоңдун чыгышы мүмкүн болгондугу байкалса, анда бул козголоңду башкаруусу мүмкүн болгон эч кандай күнөөсү жок бир нече ондогон адамдарды алдын ала өлүмгө буюруу миңдеген адамдардын өлүмүнө алып келген козголоңго жол берүүдөн көрө жакшыраак.

Окуунун тагдыры. Макиавеллинин окуусу кийинки социалдык философиянын өнүгүшүнө олуттуу таасир тийгизген жана бүгүнкү күнгө чейин таасир этүүдө. Бирок эгер мурда “”макиавеллизмди” саясаттагы принципсиздик жана аморалдуулук менен байланыштырышса (XVII-XIX-кк.), анда бүгүн изилдөөчүлөрдү анын жасаган бийликтин технологиясынын талдоосу көбүрөөк кызыктырат.

Утопизм (Utopianism)

Утопизм – идеалдуу коомдун ар түрдүү үлгүлөрүнүн жана долбоорлорунун жыйындысын камтыган социалдык философиядагы багыт (96-чийме). Бул агымдын аталышы Томас Мордун “Утопия” деген китебинин атынан келип чыккан. “Утопия” деген сөз байыркы грек тилинен которгондо “жок болгон жер” дегенди билдирет.

Утопиянын байыркы варианттары байыркы философиялардан орун алып, анда идеалдуу коомдун бардыгы байыркы убактарда калган “алтын доор” катары каралган. Биринчи философиялык утопия катары Платондун *идеалдуу мамлекетин* эсептесек болот. Утопиялардын бир варианты христиандардын “Кудайдын жердеги падышалыгы” жөнүндө кыялдануларында да бар.

Орто кылымдарга бардык социалдык азап-тозоктордун себеби биринчи кезекте адамдардын күнөөлүүлүгү менен, андан соң чыныгы ишенимден баш тартуусу менен байланыштуу деп түшүндүрүү мүнөздүү (мында ар бир диндин же сектанын өкүлдөрү чыныгы ишеним деп өздөрүнүн ишенимин эсептешкен). Ар түрдүү диний коомдордун алкагында практика жүзүндө идеалдуу коомдун “кертимдерин” түзүүгө аракеттерди ишке ашырууга далалаттануу жүргөн. Мындай аракеттер кийинки периоддордо да байкалган, мисалы Реформациялоо периодунда – Томас Мюнцер (1490-1525) Германиядагы Букаралар согушу учурунда анабаптисттик коммунаны түзгөн.

Кайра жаралуу доорунда жердеги идеалдуу мамлекеттин үлгүсү пайда болгон, мында социалдык эзүү, жакырчылык жана адамдардагы мүчүлүштүктөр акыл-эстүү мамлекеттин жана атуулдарды туура тарбиялоонун эсебинен жоюлган. Кийинчерээк буларга илимди өнүктүрүү да кошулган (Т.Кампанелла).

Жаңы доордо - XVIII-к. жана өзгөчө XIX-к. – утопиялык социализм алкагындагы көптөгөн эмгектер (Сен-Симондун, Фурьенин, Оуэндин) пайда болгон, мында өндүрүштүк каражаттарга коомдук менчиктин зарылдыгына жана өндүрүлгөн продукцияны адилеттүү бөлүштүрүүгө акцент жасалган.

К.Маркс менен **Ф.Энгельстин** эмгектеринде адамзаттын өнүгүшү түздөн түз **коммунизмдин** пайда болушуна алып келет деген идея айтылган, мында өндүрүш каражаттарына коомдук менчик болот, жамааттык мамиле өкүм сүрөт, коомдо материалдык жыргалчылык болуп, андан ар бир коомдун мүчөсү “керектөөсүнө жараша гана” алат. Бирок коммунизм социалдык революцияларды башынан кечирет. Бул идеяны ишке ашырууга аракеттенүү Россияда, андан кийин бир катар башка мамлекеттерде жүргөн. Бирок алардын баары жеңилүүгө учурашкан.

Ренессанстык утопизмдин өнүгүшү Т.Кампанелланын жана Т.Мордун аттары менен байланышкан. Буларга Фр.Беконду кошууга болот, себеби анын идеалдуу коомунун үлгүсү жалпысынан ренессанстык утопизмге туура келет, бирок Фр. Беконду Жаңы доордун биринчи философу деп саноо кабыл алынган.

Томас Мор (More) (1478-1535) – англис гуманист, философ жана мамлекеттик ишмер (1529-1532 – Англиянын канцлери). Падыша Генрих II англиялык чиркөөнү римдик пападан көз каранды эмес, өзүн болсо – англиялык чиркөөнүн башчысы деп жарыялаганда, Мор мындай нерсени кабыл алуудан баш тарткан, ошонун негизинде мамлекеттик чыккынчы деп табылып, түрмөгө камалган жана өлтүрүлгөн. 1886-ж. Католиктер чиркөөсү аны ыйыктардын сабына кошкон, 1935-ж. – мыйзамдаштырылган.

1516-ж. Томас Мор идеалдуу коом чагылдырылган өзүнүн “Утопия” деген трактатын жарыкка чыгарган. Мында бардык адамдар бирдей, жеке жана менчик жок, бир гана өндүрүш эмес, турмуш да коомдоштурулган. Эмгек – ар бир атуулдун милдети, жумушту бөлүштүрүү коомдун керектөөлөрүнүн жана атуулдардын жөндөмдүүлүктөрүнүн негизинде бөлүштүрүлөт. Эмгек күнү алты эле саатка созулат, себеби ден соолукту чыңдоого, ырахат алууга жана көнүл ачууга жетишерлик убакыт жана күч калыш керек. Эң оор жана жагымсыз жумуштарды кул статусун алган кылмышкерлер аткарышат. Керектөөчүлүк буюмдар керектөөгө жараша бөлүштүрүлөт, себеби “Утопияда” акча жок. Бул коомдо материалдык жыргалчылык өкүм сүрөт да, мүчүлүштүк жок, бирок мындай абал эмненин эсебинен жетишилгендиги түшүнүксүз бойдон калган. Саясий түзүлүштүн негизи тандоо жана улуулук принциптери боюнча түзүлгөн. Утопиялыктар ар түрдүү кудайларга ишенүүгө жол берет, бирок атеизмди четке кагышат.

Томмазо Кампанелла (Campanella) (1568-1639) – италиялык философ жана саясий ишмер, 1561-ж. – доминиканчыл-монах. Бир нече жолу ересь деп айыпталган. 1598-ж. испандык бийликке каршы козголоңдун башында турган, колго түшүрүлүп, өмүр бою абакка кесилип, түрмөдө 27 жыл отурган. Түрмөдө өзүнүн дил баяндарын, анын ичинде “Күн-Шаар” деген эмгегин жазган. Бул идеалдуу мамлекетте баары бирдей, жеке менчик, үй бүлө жок, балдар мамлекет тарабынан тарбияланышат, баары эмгектенишет, жумушчу күн болгону төрт саатка гана созулат. Илим жигердүү түрдө өнүгөт жана анын жетишкендиктери жашоону жеңилдетүүгө багытталат жана эмгек адамдарды сүйөт. Бул мамлекеттин падышасы – жрец-окумуштуулар, анда Күн-Кудайга ишенүү өкүм сүрөт.

МІІІ-БӨЛҮМ
ЖАҢЫ ДООРДУН ФИЛОСОФИЯСЫ

7-БӨЛҮК
XVII-XVIII-кк. ФИЛОСОФИЯСЫ

Жаңы доор маданиятынын пайда болушу. Жаңы доор деп Европада болжол менен XVII-кк. (Кайра жаралуу доорунан кийин) башталып, азыркы мезгилде да уланып жаткан мезгил аталат. Так жаңы доордо азыр биз жашап жаткан технологиялык цивилизацияга негизделген жаңы түрдөгү маданият пайда болгон (97-чийме).

Европада (адегенде Батыш Европада) Жаңы доор маданиятынын пайда болушу жана андан жаралган илим жана техникадагы кескин алдыга умтулуу, илимий жана философиялык ой-жүгүртүүлөрдүн мүнөзүнүн принципиалдуу өзгөрүшү адамзат тарыхындагы таң каларлык жана түшүндүрүү кыйын болгон көрүнүш болуп саналат.

Жаңы доордун алгачкы философу болуп эсептелген Френсис Бекон жаңы доор маданиятынын түзүлүшүндөгү чечүүчү ролду 3 улуу ачылыштар: китеп басуу, компас жана ок дары ойноду деп айткан. Бирок бул бардык ачылыштар Европага Чыгыштан - Кытайдан - жана арабдардын кийлигишүүсү (кеңирээк - мусулман элдеринен) аркылуу келген. Бирок ошондой болсо да Европага чейин Чыгышта белгилүү болгон ачылыштар маданияттагы революциялык кайра өзгөртүүлөргө алып келбеген. Кагаз Кытайда б.з.ч. I к. ойлоп табылган, китеп басуу, (ксилография түрүндө) жок дегенде VIII-к., тамганы терип китеп жазуу болсо XI-к. бери белгилүү. Тамганы терип, китеп басуу Кытайдын өзүндө анчалык деле кеңири жайыла алган эмес. Бул нерсенин себебин андагы жазуунун иероглифтик түрү менен түшүндүрүлөт: колдонулуучу иероглифтердин көптүгү (10 жана 100 миң) китеп басуунун негизи болгон шрифттерди терип басууну колдонуу натыйжасыз жана абдан кымбат кылып койгон. Кытайлыктар XI-к. бери компас эмне экендигин билип туруп, чоң узундуктагы деңиз жээктерге жана көптөгөн кемелерге ээ болуп туруп, Улуу географиялык ачылыштарды жасоого жана дүйнөнү багындырууга аттанбагандыгын биринчиден, негизинде консерватизмдин апологеясы менен конфуцийчилик жаткан алардын менталдык өзгөчөлүгү менен түшүндүрүүгө болот. Башка себеби өз жерлеринен башка жерге кеткиси келбөө сыяктуу кытайдын аң-сезиминде микро жана макро дүйнөнүн бирдейлиги жөнүндөгү идея тамырлаган. Алар үчүн терезе астында турган гүлдүн шүүдүрүмүнүн тамчысын же өз жан дүйнөсүн үйрөнүү алыска саякаттоого караганда дүйнөнү таануунун татыктуу жолу болгон. Компас деле саякатттоодо гана эмес, көбүнчө геомантияда – үйлөрдү, башка имараттарда салууга, анын ичинде өлүктү көмүү үчүн жерди тандоодо колдонулган. Ок дарынын (IXк кеч эмес) пайда болушу, балким, Кытайдын согуш ишинде эч кандай өзгөрүш жараткан эмес, себеби Кытайдын өзүндө да, Кытайга коңшу өлкөлөрдө деле бутунан башына чейин темирге курчалган, атылма куралдарынан башкаларына жеңилбеген рыцарлар болгон эмес. Ок-дары колдонуп, сепилдерди басып алуу маселеси да Орто кылымдагы Кытайларда актуалдуу болгон эмес. Бирок эмне үчүн бул ачылыштар эч болбосо мусулман дүйнөсүндө кеңири жайылган эмес? Же эмне үчүн ок-дары Индияга Кытайдан келип, китеп басуу менен компас келбеген? Же эмне үчүн Индияда XVII-к. эле ойлоп табылып жана практикада (англичандар менен урушта) колдонулган ок, ракеталары (XX-к. «катюша» жана «фау» предтечалары) андан ары да өнүгүп, Индия цивилизациясынын андан аркы өнүгүшүнө таасирин тийгизген эмес? Бул түрдүү суроолорду чексиз бере берсе болот. Илимдин өнүгүшүнүн азыркы этабында ишенерлик жооп бере албайбыз, болгону бул көрүнүштөрдү ар түрдүү түшүндүрүүнү, гипотезаларды гана жанына жайгаштыра алабыз. Бирок жер шаарындагы ар түрдүү цивилизациялардын өнүгүшүн салыштырсак, жыйынтыгында Европадагы Жаңы доор маданиятынын жаралуусу башка доорлордо жана аймактарда аналогу болбогон уникалдуу окуя десек болот. Жердин башка бөлүктөрүндөгү Жаңы доор маданиятынын жаралышыдепXIX-к. экинчи жарымын атасак болот жана бул Европа маданиятынын таасиринде жүргөн (97-чийме).

97-чийме

Жаңы доордун маданияты: хронологиялык рамкалар



Философиянын өнүгүү аймактары. Жаңы доор мезгилинде христиан дүйнөсүнүн географиялык алкагы белгилүү даражада кеңейгени байкалат. Ал европалыктардын согуштагы басып алуулары (Америкада десек) аркылуу, ошондой эле соода-сатык, маданияттын (биринчи учурда миссионердик) акырындык менен күчөп өсүү жолу жана көп учурларда дагы деле согуштун «катышуусу» (мисалы, Индияда ошондой болгон) аркылуу өткөн. Натыйжада XIX-к. аягында – XX-к. башында байыркы элдердин көпчүлүк бөлүгү эле эмес, будда жана мусулман дүйнөлөрүнүн көпчүлүк өлкөлөрү европалыктардын бийлиги астында калган (бизди биринчи учурда кызыктырган философиялык ойлордун борбору болгон өлкөлөрдүн ичинен өзүнүн саясий көз карандысыздыгын Кытай жана Япония гана сактап калган). Бирок ошол мезгилдеги европалыктардын саясий үстөмдүгү бардык эле жерде христиан дини жана европалык маданияттын үстөмдүгүнө жана европалык философиянын жайылуусуна алып келген эмес. Бул нерсе европалыктардын көпчүлүгү көчүп жайгашкан жана так европа маданияты үстөмдүк кылган аймактарда гана болгон, мисалы, Түндүк Америкада (ал жерде XVIII-к. эле агартуучулардын философиясынын пайда болушу жана өнүгүшү аныкталган). Башка аймактарда, мисалы, ошол эле XVII-к. баштап акырындык менен Улуу Британиянын таасирине түшүп, ал эми XIX-к. экинчи жарымында анын колониясына айланган Индияда XX-к. жарымына чейин эч кандай европа философиясынын белгилүү таасири аныкталбаган.

Ошентип, Жаңы доор мезгилиндеги философиянын тарыхын үйрөнүүдө «христиан дүйнөсү» термини өзүнүн мурунку маанилүү милдетин жоготот. XVII-XX-кк. будда жана мусулман дүйнөсүнүн философиясына христиан дүйнөсүнүн философиясы, жадакалса Европа философиясы да эмес, Европа маданият аймагынын философиясы (Европадан сырткары Түштүк Американы да камтыйт) каршы турган, анын артынан азыр «чыгыш философиясы» аталышына бириктирилген будда менен мусулман дүйнөсүнүн философиясына карама-каршы «батыш философиясы» деген наам бекитилген.

Жаңы доордогу батыш жана чыгыш философиясынын өз ара байланышы. Жаңы доор этабы – бул будда дүйнөсүнүн жана батыш (европа) философиясынын мектептеринин өз ара таасири жөнүндө сөз кылууга боло турган философия тарыхындагы биринчи доор. Өткөн бардык мезгилдерге салыштырмалуу аларга туура келген окуулар ортосундагы кээ бир айрым параллелдер, тигил же бул философтун, тигил же бул окуу менен боло турган таанышуусу жөнүндөгү божомолдорду гана айтуу мүмкүн. Бирок аныктуу белгилүү болгондой, XVII-XVIII-кк. Европада индиялык упанишаддар, кээ бир конфуцийлик жана буддалык тексттер белгилүү боло баштайт. Лейбниц жана Берклиге таянып (XVII-к. аягы – XVIII-к. башы), буддизм жана ведантанын идеяларынын кээ бир таасирин коркпой божомолдой берсек болот. Упанишадардын Шопенгауэрдин философиясына (XIX-к. I жарымы) болгон таасирин упанишаддардын өздөрү тарабынан да таанылган. XIX-к. ортосунан чыгыш философиясынын батыш философиясына болгон таасири өзгөчө күчөйт - европалыктардын ар түрдүү чыгыш окууларынын маани-маңызына терең сүңгүп кириши жана европалык маданияттын аймактарында ушул окуулар жөнүндөгү маалыматтарды таркалышына жараша.

Кырдаалдын парадоксалдуулугу (адат болуп калуусу) тескерисинче батыш философиясынын чыгыш философиясына болгон кайтарым таасири, т.а. XXк. экинчи жарымында, болгондо да анчалык эле билинерлик эмес кечирээк байкалат. XIX-XX-кк. чыгыш маданиятындагы алгылыктуу өзгөрүштөр (алардагы заманбап технология цивилизациясынын калыптануусуна алып келген) дал ошол Европа маданиятынын таасиринин негизинде ишке ашкан.

Жаңы доордогу батыш философиясынын калыптанышы. Европа маданиятынын жана жаңы мезгилдеги батыш философиясынын калыптанышына ар түрдүү факторлор таасирин тийгизген. Алардын манилүүлөрүнүн бири тез-тез жана алыскы деңизге сүзүүлөр. Кайра жаралуу доорунда башталган «деңиз» жана «океандарга» саякаттоо бир гана географиянын (б.а. «жерди сүрөттөө») өзгөрүшүнө эмес, «христиан дүйнөсүнүн» алкагын кеңейтүүгө да алып келген. Башка цивилизациялар жана маданияттар менен таанышуу европалык маданияттын жаңы түрдөгү маданият катары, ошого эле окшоп - Жаңы доордун философиясы жана илиминин андан ары өнүгүшүнө түрткү берген. Жердеги көпчүлүк адамдардын табигый түрдө, б.а. мамлекеттик түзүмдөн тышкары жашап жаткандыгы жөнүндөгү факт мамлекеттин келип чыгуусу жөнүндөгү көйгөйдү койгон жана король бийлигинин кудайлашкан булагы жөнүндөгү теориянын ордуна VII-к. аягы – VIII-к. «коомдук келишим» теориясы келип чыккан. Адам коомундагы («табигый абал» жана «жарандык коом») өнүгүүнүн эки баскычы тарыхый ойлордун жана тарыхтын философиясынын андан ары өнүгүшүнө түрткү болуу менен XIX-к. эволюция идеясынын жана историзм принциптеринин пайда болушуна жана жайылышына алып келген.

Жаңы мезгилде Европада илим өзүнүн мурдагы мүнөздүү белгилерин жоготкон. Илимий теориялар мурдагы дооролордун аброюнун негизинде эмес (Байыркы жана Орто кылым дүйнөсүндө болгондой), эксперименталдык усул (Г.Галилей тарабынан негизделген) базасында түзүлө баштаган. Эгер мурда илимий ачылыштар окумуштуулардын кызыгуусун канааттандыруу үчүн жасалган болсо, азыркы убакта (практикада колдонууга өтүп) болсо алар мурдагыдан көбүрөөк практикада колдонула баштады - өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуучу техникалык түзүлүштөрдү алардын базасында иштеп чыгуу үчүн (мында белгилей кетчүү нерсе илимдеги эксперименталдык усулдун жана илимий ачылыштарды практикалык колдонуунун зарылдыгы VIII-к. Роджер Бекон тарабынан негизделген, бирок ал мезгилде европа маданиятынын өзгөрүүнө анчалык деле салым кошкон эмес).

Жаңы мезгилде илимдин өнүгүшү менен, өзгөчө Ньютондук механиканын, мурдагы аристотелдик-птоломейлик дүйнө картинасынын ордуна XVIII-XX-кк. аралыгындагы адамдардын дүйнө таануусунда үстөмдүк кылган ньютондук–картезиандык жаңы багыт келген. Дүйнөнүн бул механикалык картинасынын мүнөзү табияттын илимий түшүндүрүүсүнөн кудайды акырындык менен сүрүп чыгарууга алып келген (деизмде Кудай болгон дүйнөнүн чегинен чыгарылган, андан соң материалисттик окуулардан таптакыр четке кагылган). Европа маданиятына параллель түрдө коомду секуляризациялоо процесси жүргөн (агартуу мезгилинде скептика жана эркин ойлоо өнүгүүсү аркылуу атеизм XIX-XX-кк. кеңири жайылган). Натыйжада мунун бардыгы чиркөөнүн мамлекеттен бөлүнүүсүнө (көпчүлүк заманбап жогору өнүккөн өлкөлөрдө) жана билим чөйрөсүн чиркөөнүн түздөн-түз таасир этүүсүнөн бөлүнүп чыгуусуна алып келген.

XVII-XVIII-кк. европалык маданияттагы өлкөлөрдө акырындык менен рационализм жайылып, аны менен бирге Агартуу доорунда бекемделген адамдын аң-сезимине жана билимдин чексиз күчүнө болгон ишеним кулач жайган. Адамдын аң-сезими жана илимий методологияны болмуштун бардык чөйрөсүндө пайдалануу жаратылыштын бардык сырларын таанууга, ошондой эле аң-сезим жана табигый башталмалардын негизи социалдык жашоону кайра түзүүнү ишке ашырууга өбөлгө түзгөнгөндөй сезилген. Бирок XVIII к. аягында Кант тарабынан (немец классикалык философиясы) адамдын аң-сезими, жаратылышы жөнүндө суроо коюлуп, «теориялык аң-сезим» чектери көрсөтүлгөн. Бардык сырткы дүйнө, анын ичинде жаратылыш, мындай мамиледе таанып билүүгө мүмкүн болбогон «нерсе өзүндө» принцибине болуп калган. Социалдык жашоону «Эркиндик, Теңдик, Боордоштук» агартуучулук лозунгдардын негизинде рационалдык түрдө кайра түзүү аракеттери практика жүзүндө Улуу француз революциясы учурунда кандуу террор жана диктатурага алып келди. XIX-XX-кк. ушул жана ушул сыяктуу окуялар эле адамдардын аң-сезиминин чексиз күчүнө болгон

ишенимди белгилүү деңгээлде жок кылган жана батыш философиясындагы иррационализмдин калыптануусуна таасирин тийгизген.

Жаңы доордогу батыш философиясынын периодизациясы (мезгилдештирүү). Жаңы мезгилдин жалпы дооорлорунун алкагында Батыш философиясынын өнүгүшүнүн бир нече этабын бөлүп кароого болот. Салттуу жана кеңири жайылгандары болуп төмөнкү мезгилдештирүү эсептелет (54-таблица).

Мезгилдештирүүнүн графикалык түрү 98-чиймеде көрсөтүлгөн. Бул материалдын мындан кийинки баяндоосу дал ушул мезгилдештирүүнүн негизинде жүрөт.

54-таблица

Жаңы доордогу Батыш философиясы:
хронологиялык жана географиялык алкактар

Дооорлордун аталышы	*Хронологиялык алкактар*
Жаңы доор башындагы Европа философиясы	1600-ж. 1688-ж. 2-англис революциясына чейин
Агартуу доорундагы европалык жана түштүк америкалык философия	1688-ж. 1789-жж. Улуу француз революциясына чейин
Немец классикалык философиясы	1770-жж. XIX-кк. ортосуна чейин
Азыркы батыш философиясы	1830-ж. азыркы мезгилге чейин

98-чиймеде

Жаңы доордогу батыш философиясы: хронологиялык алкактар



14-БАП
ЖАҢЫ ДООРДУН БАШТАЛЫШЫНДАГЫ ЕВРОПАЛЫК ФИЛОСОФИЯ (XVII-к.)

Ар түрдүү дооорлордун хронологиялык алкактары дайыма шарттуу түрдө бөлүнөт. Бирок «Жаңы доордун башталышы» деген мезгилди аныктоо аябай татаал. Маданият тарыхында Жаңы доордун башталуу датасы катары көпчүлүк учурда I Англия революциясы башталган 1640-ж. эсептелет, бирок философия тарыхында Жаңы доордун башталышы катары тоголок датаны, т.а. 1600-ж. эсептөө ыңгайлуу. Ошондуктан бул мезгилдин философиясы "Жаңы доордун башталышынын философиясы" же "XVII- к. философиясы" деген аталышка ээ.

Кийинки доор философия тарыхында өзгөчөлөнүп турган доор – бул Агартуу доору. Анын башталышын 1698-ж. экинчи Англия революциясы менен байланыштырат, бирок кээде XVIII-к., т.а. 1700-ж. тууралашат. Жаңы доордун башталышындагы бир катар ири философтордун жашоо мезгили бул хроникалык алкактарга туура келбейт (99-чийме). Ошондуктан бул философторду ушул бапка киргизүүнүн бирден бир себеби - алардын философиялык окууларынын мүнөздөмөлөрүндө (55-табл.). Ушул эле түшүнүктөрдүн негизинде кээ бир алардын замандаштары (**Галилей,Кампанелла**) Кайра жаралуу дооруна киргизилген.

99-чийме

Жаңы мезгилдин башындагы философия
(Хронологиялык алкактар)



14.1. Френсис Бекон (Bacon)

Өмүр таржымалы. Френсис Бекон (1561-1626) - англис философу жана мамлекеттик ишмер. Кембридж университетин жана юридикалык мектепти бүтүргөн. 1584-ж. общиналар палатасына шайланып, ал жерде 20 жыл иштеген. 1613-ж. Фр. Бекон Король дворунун башкы прокурору, 1617-ж. мөөр сак болгон. Ушул эле жылы король аны Верулам барону титулу менен, кийинчерээк Сент-Олбандык виконт титулу менен сыйлаган. 1621-ж. лорддор палатасы аны коррупциялыкта жана паракорчулук менен айыптаган. Соттун чечими боюнча Фр. Бекон мамлекеттик кызматтардан четтетилип, өмүрүнүн аягына чейин илим менен алектенген. Бекондун жашоосунун көп бөлүгү Кайра жаралуу доорунун шарттуу хронологиялык алкагынын ичинде өткөнү менен анын окуусунун мүнөзү боюнча көптөгөн философтор аны жаңы мезгилдин биринчи философу деп санашат.

Негизги эмгектери. «Адеп-ахлактык жана саясий очерктер» (1597), «Байыркылардын акылмандыгы жөнүндө» (1609), «Жаңы органон, же жаратылышты чечмелөө үчүн чыныгы көрсөткүчтөр» (1620), «Илимдердин кадыр-баркы жана ашыкча апыртуулары жөнүндө» (1623), «Жаңы Атлантида» (1624).

Философиялык көз караштары*.Теология жана философия (илим)*. Бекон теология менен философияны (илимди) кескин карама-каршы койгон. Бул билимдин таптакыр бөлөк эки түрдүү чөйрөлөрү жана алардын бирөөсү экинчинин ишине аралашпашы керек, б.а. ал «эки чындык» теориясынын жактоочусу болгон.

55-таблица

Жаңы мезгилдин башталышындагы философиянын негизги жаңылыктары (новации)

Жаңылыктар (новациялар)	Философтор
Илимдеги эксперименталдык усулдун өнүгүүсү жана философиялык негизделүүсү	Ф. Бекон, Ньютон
Жаңы илимий методологияны иштеп чыгуу	Ф. Бекон, Декарт, Ньютон, Локк
Дүйнөнүн жаңы механикалык картинасын, негиздерин (ньютондук – картезиандык) жана аны менен байланышкан деизмдин калыптанышы	Декарт, Ньютон
Тааным теориясындагы 2 карама-каршы багыттардын, рационализм жана сенсуализмдин жаралуусу жана өнүгүшү	Декарт, Спиноза, Локк
Агартуу идеологиясынын жаралуусу	Локк
Социалдык философиянын аймагында а) коомдун өнүгүүсүнүн 2 баскычы жөнүндөгү окуунун жаралышы (табигый түзүлүшү жана жарандык коом); б) Мамлекеттин “келишимдик келип чыгуусу” жөнүндөгү окуунун жаралышы («коомдук келишим» теориясы)	Гоббс, Локк

Илимдин практикалык пайдасы. Бекон китеп басуу, ок-дары жана компастын ойлоп табылышы адабиятта, согуш ишинде жана навигациядагы иштерди бүткүл өзгөртүп салган деп белгилеген: бул өзгөрүүлөр өз учурунда адам ишмердүүлүгүнүн калган бардык тармактарындагы көптөгөн өзгөрүүлөргө түрткү берген. Бир да империя, бир да секта, бир да жылдыз адамзатка мынчалык чоң таасир тийгизген эмес. Бирок, маданияттын тарыхын окуп жатып, биз илим адамзаттын тарыхындагы күнүмдүк жашоого аз таасир тийгизгенин көрө алабыз. Муну өзгөртүү зарыл: илим жана алынган билимдер практикада өз жемишин бериши керек, техниканын жана өндүрүштүн өнүгүүсүнө өбөлгө түзүп, адамзаттын жашоосун жеңилдетүү абзел.

Адамзат акылынын жаңылышуулары. Илимдин өнүгүшүнө адам акылынын ар түрдүү жаңылышуулары тоскоол болот, т.а. чындыктын туура эмес образдары: Бекон аларды «идолдор» же «элестер» деп атайт. Ушундай жаңылышуулдардын 4 түрүн бөлүп чыгып, Фрэнсис Бекон Роджер Бекондун изи менен барат (48-таблицадан баштап).

56-таблица

Адам акылынын жаңылышуулары.

Тек идолдору	Адам акылынын чектелгендиги жана сезүү органдарынын жетиле электиги негиз болот, мисалы бул адамдын жаратылышты өзүнө окшош кылып кароонун негизинде байкалат. Бул нерсе бардык адамдарга таандык.
Үңкүр идолдору	Тарбиялоонун спецификалык шарттарынын негизинде ар бир адамда үңкүр идолдору жекече пайда болгон; бул учурда ар бир адам дүйнөгө өз үңкүрүнөн карагандай болуп калат.

Базар идолдору	Адамдар арасындагы сүйлөшүү формасы биринчи кезекте тилдин так эместиги, сөздү туура эмес колдонуу аркылуу базар идолдору жаралат; адамдардын көпчүлүк тайпасына таандык
Театр идолдору	Абройго болгон сокур ишеним аркылуу, өзгөчө өзүнүн жасалма (искуственный) формасы менен театралдык көрсөтүүлөргө окшогон салттуу философиялык окуулардын негизинде театр идолдору пайда болгон; адамдардын көпчүлүк тайпасына таандык.

Бир гана ошол «идолдордон» бошонуп, Бекондун айтуусу боюнча «аброй кызы эмес», «убакыт кызы» болгон илимдин өнүгүү жолу менен алдыга жылууга болот. Илимий билимдер акырындык менен окумуштуулардын ишмердүүлүгүнүн негизинде топтолот.

Индуктивдүү усул. Илим ыкмага жана экспериментке негизделүүсү шарт. Бекон бардык ыкмаларды жарык берүүчү (таза билим берген) жана жемиштүү (түздөн-түз пайда берген) деп бөлгөн жана тажрыйбалардын түрдүү варианттарына талдоо берген. Ал таанып билүүнүн индуктивдүү усулун түзүп жана өнүктүргөн, мында илимдин жалпы мыйзамдары конкреттүү эксперименттердин натыйжасында чыгарылышы керек деген (тактап айтканда жекеден жалпыга).

Мурда үстөмдүк кылган дедуктивдүү усул индуктивдүү усул менен алмаштырылышы керек деп эсептеген (бекиткен). Бекон боюнча, жаңы чындыктар жалпыга бирдей болгон аныктамалардан логикалык тыянак чыгаруу аркылуу жетишүү мүмкүндүгүн тастыктаган (жалпыдан жекеге).

Индуктивдүү усулду колдонууну конкреттештирүү менен Бекон таблицалар системасын колдонууну сунуштаган.



рату ндө
мисалы: ысык жөнүндө биз “бар болуу таблицасын” түзүүдөн башташыбыз керек. Мында ыссык бар болгон бизге маалым жаратылыш касиеттери жана объекттери (күндүн жарыгы менен метеорит) орун алат. Андан соң “жок болуу таблицасын” түзүүгө өтөбүз. Мындан биринчиге окшош болгон, бирок ысык жок (ай жарыгы, албарсты, шайтан оту) касиеттер орун алат. Кийинки кадамыбызда бир эле касиет (бул учурда ысык) ар түрдүү деңгээлде көрсөтүлгөн (күндүн жарыгы, оттун жарыгы) “деңгээлдер таблицасын” түзөбүз. Эми туура суроолорду берип, ысыктын жаратылышын таанууга болот. Мисалы, ысык бир гана асман феномени болуп саналабы? Жок, бар болуу таблицасына караганда ысык асманга да, жер обьекттерине да таандык. Бардык асман телолору ысыктыкка ээби? Жок, биз Айда андай касиеттин жоктугун көрүп турабыз ж.б.

Онтологиясы. Фр. Бекондун онтологиясы жалпы жөнүнөн перипатетизм агымында өнүгөт: бардык материалдык обьекттер материя жана формадан түзүлөт деп эсептейт.

Фр. Бекон: булактары жана таасирлери



Социалд… …фия. Б… …юттук монарх… …борборлошкон мамлекеттин жактоочусу болгон. Ал дворяндыкты анын керексиздиги үчүн сындайт. Калк – бул дүрбөлөңдүн туруктуу булагы, бирок козголоңдун себеби – улуу ачкачылык жана улуу нараазычылык, ал эми акыркысы муктаждыктан, чоң салыктардан, жакырлануудан пайда болот. Бул оор күндөрдүндарысы - өндүрүш жана сооданы өнүктүрүү, салык жана бажыны жеңилдетүү, ысырапкерчиликти токтотуу. Бекондун социалдык-саясий идеалы анча чоң эмес «Жаңы Атлантида» деген утопикалык эмгегинде сүрөттөлгөн. Жалпы жонунан бул өлкө заманбап Англияга окшоп кетет, бирок мамлекет жашоосундагы башкы орунду «Саломондор үйү» - акылмандар уюму ээлейт (келечектеги европа илим академияларынын үлгүсү). Илимдин өнүгүшү жана техникалык ойлоп табуулардын көптүгү атлаттардын жашоосун жеңилдештирет. Алардын арасында бай жана кедейлер, класстар жана сословиелер бар болсо да, жакырдык, ал аркылуу келип чыккан кемчиликтер жок.

Окуунун тагдыры. Бекондун идеялары батыш философиясынын өнүгүшүнө, биринчи учурда Гоббс, Декарт, Ньютонго белгилүү таасирин тийгизген.

14.2. Гоббс (Hobbes)

Өмүр таржымалы. Томас Гоббс (1588-1679) - англис философу, Жаңы доордогу материализмдин негиз салуучуларынын бири. 1608-ж. Оксфорд университетин аяктаган соң, аристократиялык үй-бүлөгө үй-бүлөлүк мугалим болуп эмгектенип баштаган. 1640-ж. монархиянын жактоочусу болгондуктан биринчи англис революциясынын башталышында Францияга көчкөн. 1651-ж. Кромвел диктатурасынын мезгилинде ушул диктатураны идеологиялык жактан негиздөөгө аракеттенгени Англияга кайтып келген. Реставрация доорунда (Карл Iнин мезгилинде) мурун Карл I менен күрөшкөн парламентти сындап чыккан.

Негизги эмгектери. «Табигый жана саясий мыйзам элементтери» (1640), «Философиянын негиздери» трилогиясы: «Дене жөнүндө» (1655), «Адам жөнүндө» (1658), «Жаран жөнүндө» (1642). Анын белгилүү эмгектеринин бири «Левиафан же чиркөөлүк жана жарандык мамлекеттин материясы, формасы жана бийлиги» (1651).

Философиялык көз караштары*.Илимге болгон мамилеси.* Фр.Бекон сыяктуу эле Гоббс илимдин милдети адамдын жаратылыштын үстүнөн үстөмдүгүн жогорулатууда, «жашоо жыргалчылыктарынын эсебин көбөйтүүдө» турат деп эсептейт. Бирок Фр.Бекондон айырмаланып, окумуштуунун негизги милдети жаратылышты таануу эмес, коомду - жарандык согуштарды алдын ала токтотуу максатында, ошондуктан ал адам менен мамлекеттин жаратылышына көп көңүл бурган. *Онтологиясы.* Гоббс философия тарыхындагы механикалык материализдин концепциясынын алгачкы түзүүчүсү. Анын көз карашында жаратылыш (материя) өз ара көлөмү, фигура, абалы жана кыймылы аркылуу айырмаланган материалдык телолордун жыйындысы. Материя жаратылбайт жана жок кылынбайт, ал түбөлүктүү. Кыймыл материянын өзүнө таандык (аны түшүндүрүү үчүн бизге алгачкы кыймылдаткычтын кереги жок). Кыймылды таза механикалык катары, т.а. телолордун жайлашуусу катары түшүнгөн. Бир телонун башка телого болгон кыймылы «түрткү» аркылуу жиберилген.

Бардык телонун пайдубалдык касиети – бир мейкиндикти ээлөө жана ошол мейкиндик менен жайылуу. Бирок бул учурда узундукту дененин узундугу менен чаташтырбоо керек; ошол эле кыймылдап жана кыймылдабай турган тело кыймыл жана кыймылсыздыктын өзү эмес. Узундук (мейкиндик), кыймыл жана кыймылсыздык – бул акциденциялар, т.а. биздин телолордун касиеттерин эмес, алардын өздөрүн кабыл алуу формасы.

Этика. Гоббс бир бүтүн жана универсалдык «адамдын жаратылышы» бар деп эсептеген. Бул жаратылыштын табигый мыйзамдары аркылуу биринчи учурда адамдын бардык кылык-жоруктары түшүндүрүлөт. Адамдын жаратылышында өзүн-өзү сактоо, керектөөлөрүн жана жыргалчылыктарын канаттандыруу бар. Ошондуктан адам үчүн «жыргалчылык» деп каалоо жана күчтүү тилек эсептелсе, «жамандык» деп жек көрүү жана жийиркенүү эсептелет. Жакшылыкка жетүүгө өбөлгө түзгөн - изгилик, бөгөт болгондор - мүчүлүштүк катары каралат.

Жарандык дүйнө бийик жыргалчылык болсо, ага жардам берген жарандык жакшылык кылуучулар адептин табигый мыйзамдарына дал келишет. Ошентип, социалдык мыйзамдар жалпы жонунан жаратылыштын бөлүгү болгон адамдын табиятында негизделет. Мындан социалдык мыйзамдардын негизи табигый мыйзамдан келип чыгат.

Социалдык философия. Кайра жаралуу доорундагы улуу георграфиялык ачылыштар европалыктарга жердеги көпчүлүк калк мамлекеттик түзүлүштөн сырткары (алгачкы коом шартында) жашаарын табууга жол ачкан. Бул факт өзүнүн курчтугу менен окумуштуулардын алдына мамлекеттин келип чыгуу көйгөйүн койгон. Ал эми жаңы доордогу революциялар, эң алгач биринчи англия революциясы, король бийлигинин кудайлашып келип чыккандыгына болгон ишенимди жокко чыгарган. Гоббс мамлекетти кудайлашкан түзүлүш катары эмес, адамдар тарабынан жаратылган «жасалма тело» катары белгилеген. Адамзат тарыхында ал эки негизги баскычтты бөлүп чыгарган: мамлекетке чейинки («Табигый абал») жана мамлекеттик. Табигый абалда адамдар бытыраңкы жашашат жана «ар бири баарына каршы» («адам-адамга - карышкыр» принциби боюнча) согуш абалында болушат. Мамлекеттин келип чыгышы жөнүндөгү суроону карап отуруп, Гоббс Агартуучулук мезгилинде кеңири жайылып жана өнүккөн «коомдук келишимдин» теориясынын негиздерин түзө баштаган.

Мамлекет жалпы тынчтык жана коопсуздук максатында адамдар арасындагы ыктыярдуу келишимдин натыйжасында түзүлгөн. Бул учурда жарандар өздөрүнүн эркин өздөрү чектешкен жана өздөрүнүн укуктарынын бөлүгүн өкүмдарга жана мамлекет органдарына беришкен. Өкүмдарга (башкарууга) тынчтыкты жана жалпы жыргалчылыкты жактоо милдети жүктөлгөн. Элдин жыргалчылыгы – бул мамлекеттин жогорку максаты: бул үчүн мамлекет борборлошкон жана бир бүтүн болушу керек. Башкаруунун эң жакшы формасы – бул монархия.

Окуунун тагдыры. Гоббстун идеялары Агартуучулук доорундагы философияга чоң таасирин тийгизген: материализмдин өнүгүшүнө да, мамлекет жөнүндөгү окуунун түзүлүшүнө да (101-чийме).

14.3. Декарт (Descartes)

Өмүр таржымалы.Рене Декарт (1596-1650) - француз философу, математик жана табият жагынан окумуштуу адам болгон. Теги боюнча атактуу дворян үй-бүлөсүнөн, ал 9 жыл Ла-Флеш иезуит колледжинде окуган (гуманитардык илимдерди, теологияны жана өзгөчө кызыгып математиканы окуган). Андан кийин Пуатьедеги университетте укукту окуган, ал жерден бакалавр наамын алган. 1618-ж.Декарт Голландияда испандарга каршы согушуп жаткан Француз армиясына кошулган. Голландия бул мезгилде эркин ойлуулук жана кандай динге болсо да жол коюу менен айырмаланып турган, ошондуктан Декарт армиядан кетип, ушул эле өлкөдөотурукташып, 20 жыл бул өлкөдө жашаган жана өзүнүн эмгектеринин көп бөлүгүн ушул жерде жазган. Декартка Галилейдин үстүнөн жүргүзүлгөн процесс, анын көз караштарынын еретикалык деп табылгандыгы катуу таасирин тийгизген, себеби Декарт анын көз караштарын жактаган. Декарттын эмгектерин окууга тыюу салган Лейден университетинин профессорлору менен да мамилеси келишкен эмес. 1649-ж. Декарт швед ханышасы Христинанын сунушун кабыл алып, Стокгольмго көчүп келип жана көп өтпөй ошол жерде көз жумат.

101-чийме

Жаңы доордун башталышы.

Гоббс: булактары жана таасирлери



Д (аналитикалык геометри өзгөчө оптикада (жарык кону), механикада (ине ачылыштарды жасаган доор философиясынын *рационализмдин* негиздөөчүлөрүнүн бири.

Негизги эмгектери. «Усул жөнүндөгү ойлор» (1637), «Метафизикалык ой жүгүртүүлөр» (1641), «Философиянын башталышы» (1644).

Философиялык көз караштары*.Теологияга болгон мамилеси.* Чындыгында Декарт бир да эмгегинде теология көйгөйлөрүн козгобойт. Бардык теологиялык изилдөөлөр акырында жанды сактоо максатына келип токтолот. Бирок ал «Усул жөнүндөгү ойлордо» белгилегендей асманга жол билимсиздерге да, билимдүүлөргө да бирдей ачык. Бул жерден Декарт өзү ачык көрсөтпөгөн жыйынтыкты чыгарсак болот: теологияны окуу түбөлүк жыргалчылыкка ээ болуу үчүн маанилүү эмес. Декарттын өзү болсо теологияга кызыгуусунун жоктугун негиздеп, башка кеңири жайылган идеяга басым жасайт: диний чындыктар биздин түшүнүгүбүздөн жогору (алар Ачылышта берилген, болгону аларга ишенүү керек), ошондуктан «мен эч качан аларды өзүмдүн алсыз ой-жүгүртүүм менен түшүнө алмак эмесмин».

Онтологиясы. Декартты дуалист десек болот. Болмуштун негизинде ал 2 түрдүү субстанцияны карайт – адамдын аң-сезимин жана материяны. Бирок Декарттын оюу боюнча субстанциялар Кудай аркылуу жаратылган, ошондуктан бул окуу обьективдүү идеализмдин бир варианты болуп саналат.

Декарт субстанция деп өзүнүн жашоосу үчүн эч нерсеге муктаж болбогонду айтат, ошондуктан жалгыз субстанция – бул Кудай. Ошондой болсо да адам аң-сезими жана материя субстанция катары мүнөздөлөт. Себеби жаратылган башка нерселерден айырмаланып, алар өзүнүн жашоосу үчүн башка жаралган обьекттердин жардамына муктаж болушпай, бир гана «Кудайдын жөнөкөй жардамына муктаж болушат». Бул субстанциялардын негизги мүнөздөмөлөрү төмөнкүлөр (57-таблица).

57-таблица

Аң-сезим жана материя

Аң-сезим	Материя
Түздөн-түз берилген	Сезим жана элестетүү менен кыйыр ачылат
Атрибут (ажырагыс касиет) – бул ойлонуу	Атрибут – бул мейкиндик (3 багыт боюнча: узундугуна, тереңдигине, туурасына)
Созулган эмес, бөлүнбөс жана бөлүктөрү, белгилүү формалары (фигуралары) жок.	Бөлүктөргө бөлүнөт, белгилүү фигурага, бөлүктөрдүн жайгашуусуна кыймылга ээ

Материя бардык мейкиндикти толтуруп турат, т.а. боштук жок. Кыймыл дайыма салыштырмалуу – бул бир дененин же бөлүкчөнүн (корпускуланын) башкасына салыштырмалуу болгон кыймылы: мындан: дүйнөдө абсолюттук тынчтык жок деген жыйынтык чыгат, себеби бардык денеге карата башка денелер кыймыл жасашат. Жарык,

ысык жана башка сезим аркылуу кабыл алынуучу сапаттарды Декарт материалдык денелердин касиети эмес, биздин бул денелерди кабыл алуу (восприятия) өзгөчөлүктөрүбүз деп эсептеген, т.а. бизде жарык, ыссык деп атаган сезимдерди ойготкон алардын фигуралар жана кыймылдар.

Космология. Жаратылыш алгач хаос абалында болгон. Бирок Кудай башталышынан эле материалдык бөлүкчөлөргө бурганактаган борбордон качма кыймылын тартуулаган, так ошол нерсе уюшкан жана тартипке келтирилген мамлекеттин жаралышына алып келген. Бардык жаратылган бөлүкчөлөр алгач бирдей болушкан. Айланып жүрүүчү кыймыл процессиндеги бири бири менен болгон сүрүлүүнүн натыйжасында бөлүкчөнүн 3 негизги майда бөлүгү пайда болгон, алардан өз убагында түрдүү табият денелери пайда болгон (58-таблица).

58-таблица

Бөлүктөр жана алардан пайда болгон нерселер

Бөлүктөрдүн түрү	*Денелер*
Бөлчөк, чексиз, кичине сыныктар	Күн жана кыймылдабаган жылдыздар
Учтуу, шаар түрүндөгү, аябай кыймылдуулар	Асман
Чоң, чектерге ээ, аз кыймылдуу	Жер, планеталар, кометалар

Хаостон дүйнө калыптанып жаткандагы процесс жаратылышка Кудай берген механика мыйзамдарына ылайык жүргөн, бирок түзүлүү процессинин өзүнө Кудай өзү киришкен эмес. Дүйнөнүн ичинде Кудайга орун берилбейт. Ал дүйнөнүн сыртына чыгарылат. «Кудай кайсы жерде?» деген суроого Декарт «эч жерде» деп жооп берүүгө мажбур болгон. Ошону менен бул жерде деизмдин негиздери түптөлө баштайт.

Биология жана антропология. Механикалык жактан Декарт бир гана жансыз табиятты эмес, жандуу табиятты чечмелейт. Жаныбардын организми – булчуңдары, тарамыштары, муундары тиштүү дөңгөлөктүн жана рычагдардын ж.б. ролун аткарган автомат. Мээден бүт дене боюнча жип сыяктуу нервдер созулат жана алар аркылуу тышкы дүйнөнүн предметткеринен мээге таасир этилип, мээден булчуңдарга команда берилет. Бирок механика аркылуу ойлоо ишмердүүлүгүн түшүндүрүүгө болбойт жана бул Декарттын аң-сезимди өзгөчө субстанция деп атаганынын себептеринин бири болуп эсептелет. Денени механизм катары аң-сезимге (жанга) карама-каршы коюу Декарттын алдына алардын адамдагы өз ара байланышынын көйгөйүн койду. Ал, сезүү органдарынын маалыматтары (механикалык таасирлер) аң-сезимге шишик сыяктанган безде жөнөтүлөт деп белгилеп, аны механикалык жол менен чечүүгө аракет кылган.

Усул жөнүндөгү окуу. Дүйнөнүн илимий таанымы курч ыкмаларды колдонууга негизделиши керек. Бул нерсе кээ бир чындыктардын кокустан табылышынан алардын систематикалык жана максатка багытталган «өндүрүшкө» өтүүгө өбөлгө түзөт. Эгер Фр. Бекон илимдин негизи деп тышкы дүйнөнүн предметтерине таандык болгон тажрыйбаларды эсептесе, Декарт негизги көңүлүн адам акылынын ишмердүүлүгүнө, адам акылы таянып иштей турган эрежелерди издөөгө бурган. «Акылды башкаруу эрежелери» китебинде ал ушундай 21 эрежени сунуштайт. «Усул жөнүндөгү ой-жүгүртүүдө» баарын төрткө топтойт (59-таблица).

59-таблица

Акыл башкаруу эрежелери

Биринчи эреже	Мен чындык деп эсептегенди гана чындык деп эсептөө. Тактап айтканда шашмалыктан жана шек саноодон алыс болуп жана менин акылыма анык жана так көрүнгөн, шек санатпаган пикирлерди гана кабыл алуу.
Экинчи эреже	Мен тараптуу каралып жаткан кыйынчылыктардын ар бирин мүмкүн болушунча жана анын чечилүүсү үчүн канча керек болсо,

	ошончо бөлүккө бөлүү.
Үчүнчү эреже	Ирети менен ойлоо, жөнөкөй кабыл алууга оңой болгон предметтерден баштап, акырындык менен баскычтар аркылуу татаалыраактарды таанууга аракеттенүү.
Төртүнчү эреже	Эч нерсени унутуп койбогонуна ишенимдүү болуш үчүн, бардык жерде толук тизмени жана жалпы обзорун түзүү

*Гносеология жана рационализм.*Биринчи эреже ошол эле учурда акыркысы да: ошондон баары башталып, ошону менен да баары бүтөт. Бирок эң анык жана шек санатпаган бул эмне? Мезгил мезгили менен биздин сезимдерибиз бизди алдайт. Демек, дүйнөдөгү бардык нерсе биз ойлогондой эмес деп божомолдосок болот. Билимдин башка булагы - биздин акылыбыз. Ачык, таза акыл, мисалы, математиканы жаратат. 2+2=4 бардык учурларда, түштө да, өндө да айта алабыз. Бирок математика билими деле кандайдыр бир жаман жин тарабынан ойлоп табылган мистификация болушу мүмкүн?

Шек саноо пайдалуу жана зарыл, себеби ал чындыкка жетүүдөгү сөзсүз боло турган баскыч. Бардык нерседе шек санаса болот, бирок бул үчүн бары бир шек санаган,ойлогон, ой-жүгүрткөн адамдын болушу зарыл. Ушундан Декарт өзүнүн «Ойлонуп жатам, демек, мен жашап жатам» деген талашсыз, белгилүү тезисин жаратат. Бул тезис анык болгону үчүн ал биздин акыл-эс үчүн эч кандай шек жаратпай турган ачык жана так чындыктардын үлгүсү болуп калат. Экинчи жактан, дал идеянын аныктыгы акыл үчүн чындыктын жогорку критерийи болот. Декарт адамдын акылында идеянын 3 түрүн ажыратат (60-таблица).

60-таблица

Адамдын акылындагы идеялар

Идеялардын түрү	*Идеялардын мүнөздөмөсү*
Тубаса	Адамдын аң-сезиминдеги мурдатан эле бар болгон болуп аныкталат.
Кийин пайда болгон	Тыштан келет жана ойлонгон субьекттердин сыртанда жайгашкан нерселерге таандык
Жаратылган	Адамдын өзү аркылуу түзүлгөн идеялар

Тубаса идеялар адам акылында түйүлдүк сыяктуу түрүлгөн түрдө болот. Алардын ичинен эң маанилүүсү болуп адамды жана бүткүл дүйнөнү жараткан баарын билген, өзгөрүлбөгөн, чексиз, түбөлүк субстанция катары караган Кудайдын идеясы. Кудайдын жакшылыгы – Ал жараткан – адам дүйнөнү таанууга жөндөмдүүлүүгүнүн кепили, т.а.дүйнөнү жаратып жатканда болмуштун пайдубалдык мыйзамдары катары киргизген идеялары. Ушул эле идеяларды, биринчи кезекте математикалык мыйзам жана аксиомаларды, Кудай адамдын аң-сезимине киргизген. Илим менен алектенген адамдын акылында алар ачылып, так жана анык болуп калышат (102-чийме). *Этика.* Декарттын этикалык көз-караштары да рационализмдин базасында түзүлөт: ойлоп жаткан адам сезимдердин эзүүсүнөн үстүнөн аң-сезимдин бийлигин орнотуу. «Жандын шыктануулары (страсти)» деген эмгегинде адептин негизги өзүнүн эрежелерин (максимдерди) түзгөн (61-таблица).

61-таблица

Адептин эрежелери

Биринчи эреже	Менин өлкөмдүн каада салт жана мыйзамдарына баш ийүү, бул диндин көлөкөсүндө Кудай мага билим алууга шарт түзгөн, жаш кезимден эле мени мен жашаган коомдо адамдар арасындагы жайылган жана баары аркылуу кабыл алынган көз караштар аркылуу багыттап турган»

Экинчи эреже	Тандалган позициялары шектүү болсо да, алардын ишеничтүү болушу үчүн катуулук, чечкиндүүлүк жана туруктуулук жолун улантуу керек.
Үчүнчү эреже	Тагдырга караганда өзүн жеңүү, дүйнө тартибин эмес өзүнүн каалоолорун өзгөртүү; ойлорубуздан башкалары биздин колубузда эмес экенине ишенүү.
Төртүнчү эреже	Менин бардык жашоону аң-сезимди өрчүтүүгө жана мүмкүн болушунча мен өзүмө усул боюнча чындыкты таануу үчүн алга жылуу

*Окуунун тагдыры.*Декарттын ар түрдүү идеялары бардык кийинки батыш философиясынын өнүгүшүнө олуттуу таасирин тийгизген. Ошентип, Декарттын дуализми өзгөчө агым – окказионализмде өнүккөн, бирок башка философтор, жадакалса өзүн Декарттын шакирти деп эсептеген Спиноза тарабынан да кабыл алынган эмес. Декарттын окуусундагы деизм жана механцизмдин негиздери жигердүү түрдө Ньютондун окуусунда, андан кийин көптөгөн агартуучулар тарабынан өнүктүрүлгөн. Декарттын рационализми Жаңы доордун бардык рационализминин негизине жайгашкан, бирок XVIIк. аягында философияда буга карама-каршы болгон сенсуализм окуусу пайда болот (кененирээк 103-чиймеде).

102-чийме

Декартын онтология жана гносеологиясы



14.4. Спиноза (Spinoza, d'Espinoza)

Өмүр таржымалы.Бенедикт (Барух) Спиноза (1632-1677) Амстердамдагы еврей эмигранттарынын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 7 жылдык еврей окуу жайын бүтүргөн, ал жерде байыркы еврей тилин үйрөнүп, Инжил жана Талмудду окуган, андан соң эркин ойлуулугу менен даңкы чыккан Франсис ванн-ден-Энден мектебине өткөн, ал жерде латын тилин, физиканы, математиканы, табият таанууну окуган. Ушул жерде Дж.Бруно, Фр. Бекон, Т. Гоббстын эмгектери менен таанышкан. Декарттын эмгектери ага өзгөчө таасирин тийгизген, келечекте Спиноза өзүн Декарттын шакирти (картезианчы) деп эсептеген.

103-чийме

Декарт: булактар жана таасирлер





Иуд
четтетилге
(еврейлерд
кылууга кел
Спиноза баш тартат. 1656-ж. Раввиндер кеңеши аны (түбөлүк) четтетүүгө жана каргышка калтырган. Спиноза алгач ван-ден-Энденге окутууда, андан соң (өмүрүнүн акырына чейин) – оптикалык айнектерди жылмалап, тегиздөө аркылуу жашоого акча тапкан. Раввиндер шаар магистратына Спинозанын үстүнөн нараазычылык айтып, аны коркунучтуу атеист катары айдап жиберүүнү талап кылышкан. Спиноза Амстердамдан кетүүгө мажбур болгон. Алгач ал ар түрдүү айылдарда тентиреп жүргөн, андан соң 1670-жылы Гаагага көчүп келген.

Биринчи эмгегинин жарыкка чыгышы («Метафизикалык ойлор колдонуу менен геометриялык иреттте баяндалган Декарттын философиясынын принциптери») Спинозага тез эле атак алып келген. 1673-ж. Спиноза расмий динге чабуул жасабаса гана Гейделберг университетинин кафедрасын жетектөөнү сунушташкан, бирок ал баш тарткан. Ошол эле жылы Франция падышасынын атынан өзүнүн чыгармаларынын бирин падышага арнаса, ага жөлөк пул берилет деп сөз беришкен, бул нерсеге ал: «Мен өзүмдүн чыгармаларымды бир гана чындыкка арнайм» деп жооп берген. Спиноза 1677-ж. кургак учуктан каза тапкан.

Негизги эмгектери. «Метафизикалык ойлор колдонулуп, геометриялык иреттте баяндалган Декарттын философиясынын принциптери» (1663), «Богословиялык–саясий трактат» (1670-ж. анонимдик түрдө басып чыгарылган), «Этика» (өлүмүнөн соң 1677-ж. басып чыгарылган), «Саясий трактат» (өлүмүнөн соң 1677-ж. чыгарылган).

Философиялык көз караштары*.Декартка болгон мамилеси.* Спиноза өзүн картезианчы деп эсептегени менен ал көп учурларда чынында эле Декарттын изинен барса да, принципиалдык суроолордун бир нечесинде ал андан өтө узактап кеткен: Спинозада Декарттын дуализиминин ордуна ырааттуу монизм, деизмдин ордуна пантеизм байкалат. Бирок Декарттын артынан Спиноза рационализмди өнүктүргөн. *Онтологиясы.*
Спинозага катуулук үлгүсү катары (бул мезгилдеги башка философтор сыяктуу) математика жана өзүнүн философиялык эмгектери (“...Декарттын философиясынын принциптери”, «Этика») эсептелген. Спиноза Евклиддин геометриясынын үлгүсү боюнча, т.а. аныктоолорду берип, баштапкы постулаттарды (аксиомаларды) көрсөтүп, алардын базасында далилдөө менен теоремаларды түзгөн. Спинозанын философиясындагы негизги орунду субстанция түшүнүгү ээлеген. Ал бул түшүнүктү төмөндөгүчө аныктаган.

“Өз өзүнүн себеби катары мен негизи өзүнө бардыкты камтый алган, б.а. жаратылышы бар болгондой көрүнгөндү эсептейм” (Этика. Ч.1. 1 аныктама).

“Субстанция деп өз өзүнчө жашаган жана өзү аркылуу көрүнгөн, б.а. аны көрсөтүү үчүн ал нерсе жарала турган башка нерсе талап кылынбаган нерсени түшүнөбүз” (Этика. Ч.1 3 аныктама).

Субстанциянын бул аныктамасы Декарттыкына жакын, бирок Декарт эки субстанциянын (материя жана аң-сезимди) бар экенин жана алар жашоо үчүн сырткы себепке, т.а. Кудайга муктаж болгондугун айткан. Спинозада бул карама-каршылык четке кагылат: өз-өзүнүн себеби болгон бир гана субстанция бар. Ал бир эле учурда Кудай да, жаратылыш да, тактап айтканда Кудай=Жаратылыш (пантеизм). Бул субстанция төмөндөгүчө:

1) эркин, себеби бир гана өзүнүн жаратылышынын күчүнө жараша аракет жасайт жана жашайт;

2) түбөлүк (убакыттын башына жана соңуна ээ эмес), себеби анын жашоосу анын негизинде камтылган;

3) чексиз (мейкиндикте);

4) бөлүнбөс жана бөлүктөргө ээ болбогон.

Субстанция атрибуттардын чексиз санына ээ жана модустардын чексиз эсебинде байкалат.

«Атрибут деп негизинин курамдык бөлүгү катары акыл каралган субстанцияларды түшүнөм» (“Этика”. Ч.1. 4 аныктама). Субстанциянын ар түрдүү атрибуттары окшош эмес, бири биринен көз карандысыз, алардын ар бири субстанциянын чексиздигин көрсөтөт. Бул атрибуттардын чексиз санынын ичинен адамдарга экөөсү гана белгилүү: узундук жана ойлоо. «Модус» деп субстанциянын абалын, б.а. башкада жашап жана ошол башка аркылуу көрүнгөндү эсептейм” (“Этика”. Ч.1. 5 аныктама). Модустар атрибуттардын кандайдыр бир ишке ашуусун жана алардын конкреттелишин көрсөтүшөт. Модустар *чексиз* жана *аяккы* болушат. Чексиз модустар атрибуттар жана аяккы модустар ортосундагы аралыкта болушат. «Ойлоо» атрибуту «чексиз аң сезим» жана «чексиз эрк» деген, «узундук» атрибуту болсо «кыймыл жана кыймылсыздык» деген чексиз модустарында көрүнөт. Чексиз модустардын базасында кандайдыр бир жол менен бардык аяккылар, т.а. ар түрдүү, конкреттүү телолуу нерселер, ойлор, көрүнүштөр пайда болушат. Бирок чексиз модустардын аяккыларына өтүүсүн Спиноза түшүндүрбөйт. Ал бардык конкреттүү аяккы модустар өзүнүн себеби катары кандайдыр бир аяккыга ээ жана ошентип чексиздикке чейин улана беришин эскертип коёт.

Субстанциялар (Кудай=Жаратылыш) өзүнүн атрибуттары менен «жаратуучу табиятты» түзүшөт, ал эми модустар, б.а. аяккы нерселердин дүйнөсү «жаратылган табият» болуп саналышат. Жаратуучу табият – бул себеп, жаратылган табият болсо – бул себептин натыйжасы: мында жаратуучу себепсиз натыйжа жашай албайт, себеп болсо өзүнүн маңызына ылайык ошол натыйжаны жаратпай коё албайт. Ошентип жаратылган табиятта жашаган бардык нерселер – аяккы телолуу нерселердин (модустардын) дүйнөсүндөгүлөр - себеп-шартуу, мыйзам ченемдүү жана керектүү болуп эсептелет, эч кандай кокустук жок; ошону менен Спинозанын окуусу боюнча дүйнөдө катуу детерминзм өкүм сүрөт.

Гносеология. Спинозанын ою боюнча негизинен дүйнөнү таанууга болот. Бирок бул биздин аң-сезимибизде болгон кээ бир тубаса идеялар бардыгынан (Декарт болжолдогондой) жана биздин аң-сезимибизге тышкы дүйнөнүн нерселеринен түшкөн таасирлерден эмес (Фр. Бекон, Гоббс ж.б. эсептегендей).

Адамдык аң-сезим жана башка бардык ойлор (аяккы модустар) «чексиз акыл» модусунун, акыркысы болсо өз учурунда – «кудайлашкан ойлоо» атрибутунун көрүнүшүнүн натыйжасы. Ошол сыяктуу эле бардык конкреттүү көрүнүштөр жана нерселер, ошондой эле адамдык дене (аяккы модустар) «кыймыл жана кыймылсыздык» чексиз модустары аркылуу «узундук» атрибутуна көтөрүлүшөт. Өзүнчө атрибуттар бири-бири менен өз ара аракеттенишпейт жана бири бири менен байланышы жок. Ошентип, аяккы модустардын эки тармагы - “ойлордун” жана “заттардын жана кубулуштардын” - бири биринен толук обочолонгон болушат. Анда кантип биздин ойлор нерсе жана көрүнүштөр жөнүндөгү билимди камтый алат?

Көйгөйдүн чечими атрибуттардын маңызын түшүнүүдө турат: ар бир атрибут окшош деңгээлде, толугу менен Кудайлашкан субстанцияны (Кудай = жаратылыш) билдирет. Демек бир атрибуттун бардык модустары башка атрибуттун модустарына дал келиши керек. Ошондуктан, биздин адамдык ойлорубуз (аяккы модустар) башка аяккы модустарга - нерсе жана кубулуштарга - дал келиши керек: “Идеялардын ирети менен байланышы нерселердин ирети жана байланышындай” (“Этика”. Ч.1. 7 теорема).

Мындан жалган ойлор жана идеялар негизинен жок, артык жана азыраак адекваттуу деп бөлсө болот деген парадоксалдуу жыйынтык чыгат. Спиноза таануунун ар түрдүү даражалары катары түшүндүрүп, таануунун 4 түрүн бөлүп чыгарат: 1. Ой-пикир; 2. Сезимдик тааануу (элестетүү); 3. Рационалдуу тааануу; 4. Интуитивдик тааануу (62-табл.). Кудай=Табияттан чыгуучу нерселердин элестетилген интуитивдик тааануу эң жогоркусу болуп эсептелет.

Этика. Спинозада адам аң-сезимине кайрылуу, анын маанисин жана чектерин түшүнүүгө аракет жасоо (Декарт, Фр. Бекон, Ньютондо болгондой) илимий методологияны жаратууга умтулбайт. Көптөгөн байыркы ойчулдардай эле, Спиноза философиянын негизги максаты катары бакытка ээ болуу деп эсептейт, ал үчүн өтө берилгендиктен бүтүндөй кутулуу керек. Бирок жашоодо бардык нерсе өз ара байланышта жана себеп шарттуу болгондуктан, мындай кутулуу үчүн жаратылыш өзү эмне экенин жана адамдын табияты өзүнчө кандай экенин түшүнүү керек. Мындан: жаратылышты тааануу - бул өздүк максат эмес, каражат десек болот. Спинозанын урааны: «Ыйлабоо, күлбөө, артка кайрылбоо, бирок түшүнүү!» болуп калган.

62-таблица

Спиноза: таануунун түрлөрү

Тааануу түрү	*Булак*	*Мүнөздөмө*	*Тааануу объекти*
Ой-пикир	Башка адамдардан кулак учунда угуп билебиз	Адекваттык эмес: (мисалы, уламаларга типтүү болгон Ыйык Жазуунун абройуна болгон шилтемелер)	Негизсиз объекттер
Сезимдик тааануулар	Сезимдер	Бир аз адекваттуу; анык эмес, элес-булас, «иретсиз образдар»	Конкреттүү нерсе жана көрүнүштөр (Петр, бул кайың, бул жамгыр); жалпы түшүнүктөр (дарак, адам, жаап жаткан жамгыр)
Рационал-дык тааануу	Акыл-эс	Адекваттуу: математика жана физикага тийиштүү болгон илимий тааным, бирок башка чөйрөлөрдө жолугат	Сан, форма, кыймыл ж.б. идеясы: идеялар ортосундагы жана өзгөчө себеп-натыйжалуу идеялар
Интуитив-дик тааануу	Интуиция	Абсолюттук түрдө адекваттуу; так жана анык: Кудай=табият субстанциясынан чыккан нерселердин көрүнүүсү	Нерсе жана көрүнүштөрдүн маңызы

Өз жаратылышын тааануу адамга өзүнүн берилгендиктерин моюн сундурууга жол ачат, ошондо адам алардын кулу болбой, эркин болуп, өз эрки менен «Эркиндик - таанылган зарылдык!» деген жаратылыш мыйзамына ылайык иш тута алат.

Окуунун тагдыры. Спинозанын монизми, пантеизми жана рационализми Шеллинг жана Гегель сыяктуу немец классикалык филсофиясынын өкүлдөрүнө

көрүнүктүү таасирин тийгизген, ал эми анын динди сындоосу агартуучулардын антиклерикалдык ишмердүүлүгүнүн теоретикалык негизи болуп берген (105-чийме).

104-чийме

Спиноза: онтология жана гносеология



баштайт. 1672-ж. Падыша коомунун мүчөсү катары (оптика жаатында болгон изденүүлөрү жана айнек телескоп жаратканы үчүн) тандалган. 1687-ж. анын «Табигый философиянын математикалык башаты» деген эмгеги жарыкка чыгат, анын жардамы менен Кайра жаралуу доорунда башталган илимий революция бүткөн: классикалык физика жана анын базасында дүйнөнүн жаңы картинасы (Ньютон картезиандык) жаралган. 1690-ж. башында Ньютондун үйүндө өрт чыгып, анын бардык жазуулары күйүп кеткен. Бул трагедиядан көп жылдар бою катуу чарчагандыктан жана нервдеринин катуу чарчагандыгынын себептеринен Ньютон андан ары илим менен алектенбей койгон.

1696-ж. Ньютон Англиядагы Монета короосунун кароочусу болуп, 1699-ж. анын башкаруучусу болуп дайындалган, ошол себептен окутуучулук жумушун таштап, Кембриджден Лондонго көчүүгө мажбур болгон. Ал эки жолу парламенттин мүчөсү болуп тандалган, бирок ал иште жигердүү катышкан эмес. 1703-ж. аны Падыша коомунун президенти кылып шайлашкан.

Ньютон (Лейбниц менен паралелдүү түрдө) интегралдуу жана дифференциалдуу эсептөөнү ойлоп тапкан: оптикада бир нече ачылыштарды жасаган; ал жараткан классикалык-механика теориясы жаңы доордогу илимий теориялардын үлгүсүнө айланган.

105-чийме

Спиноза: булактары жана таасири



түстөрдүн жан
фило 1687, экинчи
(1704 түнөн кийин «
жана стүнөн байкоолор» деген эмгеги басылып чыга

Философиялык көз карашартары*.Онтология.* Ньютондун дүйнө картинасында жаратылыш чоң механизмге (сааттардыкы сыяктуу) айланып калат. Бардык жаратылыш денелери боштукта (мейкиндикте) кыймылдап жана кыймылсыз болгон майда бөлүнбөгөн бөлүкчөлөрдөн – корпускулдардан түзүлөт. Дүйнөдө болуп жаткан бардык нерселердин негизинде бүткүл дүйнөлүк тартылыш мыйзамы жатат; тартылуу күчү денелердин салмагына түз пропорцианалдуу жана алардын ортосундагы аралыктын чарчысына тескери пропорциялуу, же тактап айтканда:

$$F=G\frac{m_1 m_2}{D^2},$$

бул жерде F – тартылуу күчү, G – гравитациялык туруктуулук, m_1 жана m_2 – эки телонун салмагы, D- ошол эки дене ортосундагы аралык.

Ньютондун оюу боюнча, тартылуу күчү боштук аркылуу аракет жасайт. Ньютон тартылуу күчүнүн табияты жөнүндө болсо, өзүнүн аныктай албагандыгын, ал эми «гипотезаларды ойлоп таппай тургандыгын» айткан.

Бардык бөлүкчөлөрдүн кыймылы жана алардан түзүлгөн денелер динамиканын үч мыйзамына баш ийишет (63-таблица).

63-таблица

Динамиканын мыйзамдары

Динамика закондору	*Жаралуу тарыхы*
Биринчи мыйзам (инерция мыйзамы). Бардык дене таасир этүүчү күчтөр ал абалды өзгөртмөйүнчө тынчтык же бир калыптагы түптүз кыймыл абалында болот.	Анын үстүндө Галилей жана Декарт иштеген, Ньютон анын формулировкасын тактаган
Экинчи мыйзам. Дененин салмагынын анын ылдамдоосуна болгон көбөйтүндүсү аракеттеги күчкө барабар, ылдамдоонун багыты болсо күчтүн багыты менен туура келет.	Мурун Галилей тарабынан түзүлгөн
Үчүнчү мыйзам. Кыймылга дайыма тең карама-каршылык дал келет же башка айтсак: эки дененин бири бирине	Биринчи болуп Ньютон тарабынан түзүлгөн

болгон кыймылы дайыма көлөмү боюнча тең болот жана карама-каршы жактарга багытталган.

Жаратылыштын максатка ылайыктуу түзүлүшү, аны менен болгон дүйнөлүк гармония бул дүйнөнүн жаратуучусу - акылдуу жана кудуреттүү Алла Тааланын бар экени жөнүндө айтып турат. Биз ал жөдүндө эч нерсе айта албайбыз, андан тышкары ал жашайт.

Бирок теология көйгөйлөрү баары бир Ньютонду кызыктырган. Өмүрүнүн аягында ал инжилдеги пайгамбарларды чечмелөө менен алектенген.

Мейкиндик жана убакыт жөнүндөгү окуу. Бардык денелердин кыймылы мейкиндикте жана убакытта ишке ашат. Ньютон **абсолюттук** жана **катыштыкмейкиндик** жана **убакыт деген** түшүнүктөрдү киргизген.

Катыштык мейкиндик – бул өлчөө куралдары (сызгыч, метр ж.б.) аркылуу өлчөнө турган денелер ортосундагы аралык, катыштык убакыт болсо – бул сааттар аркылуу өлчөнө турган ар түрдүү окуялар ортосундагы убакыт.

Абсолюттук мейкиндик жана убакыт – булар чыныгы бар нерселерден көрө математикалык абстракциялар. Алар материалдык денелер менен өз ара аракеттешишпейт жана аларга эч кандай таасири жок, өздөрү да таасир алышпайт. . Алар бир түрдүү жана чексиз (мейкиндик – үч багыт боюнча, б.а. узундук, тереңдик жана кеңдикте, убакыт – бир багыт боюнча, б.а. өткөндөн келечекке). Ньютондун абсолюттук мейкиндик жөнүндөгү ойлорун түшүндүрүп жатып, бул мейкиндик Декарттын координаталардын тор сызыгы (сетка) менен белгиленгенин жана телолордун бардык орун которуулары ушул тор сызыгынын фонунда байкалышы мүмкүн экенин божомолдосок болот. Бирок аларды бир гана Абсолюттук байкоочу (Аала Таала) байкай алат.

Илимий усул. Ньютон анын мезгилинде кеңири жайылган натурфилософиянын чыныгы илимин карам-каршы койгон. Ал жаратылышты түшүндүрүү үчүн көптөгөн негиздерди жана күчтөрдү ойлоп тапкан натурфилософ жана метафизиктердин божомолдоруна каршы чыккан (тактап айтканда Декарттын куюндарынын абстарктуу теориясына).

Ньютон фантазия жана божомолдордун ордуна жаратылышты изилдөөнүн тажрыйбага таянган катуу илимий усулу келиши керек деп эсептеген. Илимий мыйзамдар көптөгөн эксперименттин маалыматын жалпылаган индукция жолу аркылуу түзүлүшү керек жана болгондо да бул мыйзамдар математикалык туюнтмаларга мүмкүндүк беришет, жана алар жалгаштырылган теориялык билим системасына жалпылануусу мүмкүн. Белгилүү мыйзамдардын ичинен дедуктивдүү жол менен жаңы конкреттүү билимдер алына алат (106-чийме).

Илимий методологияны өнүктүрүп жатып, ал өзүнүн «философиялык ойлоо үчүн эрежелер» системасын сунуштаган. Ньютондун (Декарттыкынан айырмаланып) эрежелери болмуштун түзүлүшү – «онтологиялык божомолдору» менен тыгыз байланышта (64-таблица).

64-таблица

Философиялык ой-жүгүртүү үчүн эрежелер

Эреженин мазмуну	*Онтологиялык божомол*
1. Көрүнүп турган жаратылыш кубулуштарын (Оккамдын устарасы) түшүндүрүүгө жетиштүү болгон себептен ашыкчасынын кереги жок.	*Табияттын жөнөкөйлүгү:* Жаратылыш эч нерсени жөндөн жөн жасабайт, аз нерсе менен кылууну болгонду көп нерсе менен кылуу ашыкчалык: себеби жаратылыш жөнөкөй нерселердин ашыкча себептерине ыгы жок сарптай

	албайт.
2. Бир эле көрүнүштөрдү, мүмкүн болушунча бир эле себептер менен түшүндүрүшүбүз керек	*Жаратылыштын бир түрдүүлүгү*: жаратылыш ар түрдүү жерлерде бир түрдүү – очоктун отундагы жана күндөгү жарык, адамдын жана жаныбардын дем алышы бир себепке ээ
3. Акырындык менен чоңойууга да, кичирейүүгө да жол бербеген, биздин эксперименттерибиздин чегинде бардык денелерден көрүнгөн денелердин касиеттери универсалдуу деп каралышы керек	*Жаратылыштын бир түрдүүлүгү*
4. Эксперименталдык философияда жалпы индукция жолу аркылуу чыгарылган ой-пикирлерди, башка кубулуштар табылганга чейин элестетиле берген карама каршы божомолдордун бардыгына карабастан чындык же чындыкка өтө жакын ойлор деп кароо керек . Ушуга жараша бул ой-пикирлер же тактайт, же четтетүүгө алып келишет.	*Жаратылыштын бир түрдүүлүгү жана жөнөкөйлүгү*

106-чийме



z)

лы.Гот ц (1646- ги, ыхчысы Лейпциг деп профессорунун уулу, өзү Лейпциг университетин аяктаган, ал жерде укук жана философияны; Йен университетинде математиканы окуган. 1666-ж. укук докторунун даражасын алган. Окутуучулук кесибинен баш тартып, Лейбниц 1668-ж. Майн курфюрстуна юрист жумшуна орношкон; 1672-1676-жж. дипломаттык тапшырма менен Парижге сапар тарткан, 1673-ж. Англияга барып, анда Падыша коомунун мүчөсү болуп тандалган. 1676-ж. Ганноверск герцогуна алгач сарайдагы китепканачы, андан соң историограф жана юстициянын жашыруун кеңешчиси катары жумуш аткарган. Ал көп

саякаттаган, бүткүл Германияны, Италияны жана башка өлкөлөрдү кезип чыккан. 1700-ж. Париждеги илимдер академиясынын мүчөсү жана Берлиндеги илимдер академиясынын негизделүүсүнүн инициатору катары анын президенти болуп шайланган. Петербургдагы илимдер академиясы да Лейбництин көмөгү менен 1711-ж. Петр менен болгон жолугушууда ага Академия түзүүнү кеңеш бергени үчүн түзүлгөн. Лейбниц илимдин бир нече түрүндө белгилүү ийгиликтерге жетишкен: математикада дифференциалдык жана интегралдык эсепти иштеп чыккан, физикада күчтүү сактоо мыйзамын түзгөн, геологияда жер жана күн системасынын келип чыгуусу жөнүндөгү эволюциялык окууну сунуштаган, биологияда эволюция теориясын (механикалык негизде) иштеп чыккан, тарых жана юриспруденция боюнча бир нече эмгектери бар: математикалык (символикалык) логиканын негиздөөчүсү болуп саналат.

Негизги эмгектери. «Метафизика жөнүндөгү ойлор» (1685), «Жаратылыштын жаңы системасы» (1695), «Адамдын акыл-эси жөнүндөгү жаңы тажрыйбалар» (1704), «Теодицея» (1710), «Монадология» (1714).

Философиялык көз-караштары*.Болуп өткөндөргө болгон мамилеси*. Лейбниц өзүнүн философиялык иштеринде байыркы, орто кылымдык жана заманбап окуулардын жаңы синтезин жаратууга аракет кылган. Өзүнүн концепциясын ар түрдүү философиялык багыттар элдеше ала турган келечектик борбор катары мүнөздөнгөн. Ошентип, дүйнөгө болгон механикалык көз-караштын өнүгүшү дүйнөнү түшүндүрүүдө себептердин кыймылы менен эле чектелип, байыркы жана орто кылым философиясында кеңири колдонулган максат түшүнүгүн (ошону менен бирге аяккы максатты) жок кылган. Лейбниц болсо адамдын жана бардык жандыктардын ишмердүүлүгүнүн максатка таянган мүнөзүн байкап, дүйнө жөндүү түрдө Кудай тарабынан түзүлгөн деп эсептеп, максат түшүнүгү керектүү деген ойго келген. Декарттай эле Лейбниц да жалпы жөнүнөн дүйнө жана андагы бардык өзүнчө организмдер «чоң механизмге» окшош деп айткан. Бирок Лейбниц дүйнөдө да, ар бир өзүнчө организмде да Кудай аркылуу белгиленген белгилүү аяккы максаты бар экенин байкаган. Ошондуктан механика мыйзамына баш ийген бардык механизмдердин аракеттери берилген максатка жетүүчү жол болуп эсептелет.

Рационализм (Декарт, Спиноза) жана сенсуализм (Локк) ортосундагы күрөштө Лейбниц ортодогу позицияны ээлейт: жаңы төрөлгөн бала – бул «таза такта» деген тубаса Декарттын идеяларын жана Локктун тезисин четке кагып, адамда бир катар маанилүү идеяларды («Мен», «Окшоштук», «болмуш» ж.б.) кабыл алуучу тубаса жөндөмдүүлүктүн бардыгын тастыктаган.

Онтология. XVII-к. рационализминде реалдуулуктун акыл жетчүү (чындап бар болгон дүйнө) жана сезим менен кабыл алынма (феноменалдуу дүйнө, иллюзия же кубулуштар дүйнөсү) деген дүйнөлөргө бөлүнүшүнүн байыркы салттары (элеаттар, Платон ж.б.) улантылып, өркүндөтүлгөн. Ушул эле идеяларды Лейбниц өзүнүн философиялык окуусунда - монадологияда – обьективдүү жана субьективдүү идеализмдин элементтерин бириктирип, өнүктүргөн. Ал алгач Кудай болгондугун (алгачкы монаданын), т.а. реалдуулуктун жаратуучусу Кудай деп эсептегедиги үчүн Лейбницти обьективдүү идеалисттерге кошсок болот. Бирок башка жагынан Лейбницти субьективдүү идеалист десе да болот, себеби ал материалдык дүйнөнү иллюзия деп эсептейт, ал эми Кудай жараткан болмуш болсо монаддардын, кабыл алууга жөндөмдүү болгон жана өнүккөндө адамдын аң-сезиминин стадиясына чейин жете алган жандуу атомдордун жыйындысына айланып калат жана так ушул жан атомдору Лейбництин философиясындагы изилдөөнүн негизги обьекти болуп саналат.

Сезим аркылуу кабыл алынуучу дүйнө (телолуу, физикалык, материалдык) бул учурда болгону биздин кабыл алуубуздун феномени болуп калат. Бирок ушул феномен бардык монаддарды жаратканы үчүн Лейбниц дүйнө жөнүндөгү иллюзиялык көрүүлөрдү «жакшы негизделген» деп эсептеген (ошону менен табигый илимдердин бардыгы далилденет).

Лейбниц материалдык дүйнөнүн иллюзиядан тургандыгы, феноменалдуулугу жөнүндөгү идеяларга акырындап келген. Декарттын материясынын негизги атрибуту - узундук касиетин жана мейкиндикти анализдеп жатып, Лейбниц мейкиндик – бул бир убакытта жашаган нерселердин ирети, демек, ал нерселердин өз ара мамилесинен жаралган кандайдыр бир нерсе деп белгилеген. Ошондуктан мейкиндик (узундук) – бул онтологиялык негиз жана өзүнчө обьект эмес, болгону нерселер ортосундагы мамиле, демек, бул биздин аң-сезимибизде катталган турган нерселер аркылуу жаралуучу элес. Убакыт жөнүндө деле ушундай эле пикирди айткан. Мындан эгер тирүү жандыктар болбогондо мейкиндик жана убакыт Кудайдын оюнда гана жашамак деген жыйынтык чыгарсак болот.

Бирок биз да күндөлүк тажрыйбанын позициясынан өзүнчө деп эсептеген нерселер (жансыз нерселер жана тирүү жандыктар), чындыгында биздин аң сезимибиздин феномени гана; алардын «телолуулугу» же «материалдуулугу» мейкиндик жана убакыт сыяктуу «жакшы негизделген феномен» болуп саналат. *Монадалогия.* Реалдуу, акылга сыйган дүйнө өзүнчө субстанциялардын чексиз санынан - «күчтөрдүн борборлорунан», «рухий атомдордон» же «монадалардан» (грек тилинен «monas» - бирдик) турат. Бардык бар нерселер – бул же монаддар же монаддардын жыйындысы. Монадалар *жөнөкөй* жана *бөлүнбөс* болушат; ошондуктан алар узун болуп, мейкиндикте боло алышпайт, себеби мейкиндик чексиз бөлүнүүчү, монаддар болсо – булар «метафизикалык чекиттер». Алар түбөлүктүү жана жок болбос, т.а. табигый жол менен жаралып жана жок болуша албайт: алардын бар болушу бир гана Кудайдан көз каранды.

Монада – бул рухий субстанция, ал жигердүү анын ишмердүүлүгү өздөштүрүүлөрдүн (перцепциялардын) алмашуусунан турат, жаңы өздөштүрүүгө болгон умтулушу менен байкалат. Окшош жаратылышка ээ болуп, кабыл алуусу менен айырмаланып, бардык монаддар бири-биринен айырмаланышат. Эгер ушул айырмалар болбогондо, алар бири бирине дал келип, бир бүтүн субстанция (Лейбниц тарабынан түзүлгөн «**айырмаланбагандардын окшоштугу**» принциби) болуп калышмак.

Өзүнүн өнүгүүсүндө монаддар дүйнөнү кабыл алуу аныктыгы даражасы боюнча иерархия түзүп, ар түрдүү стадияларды өтүшөт (107-чийме). Монадалардын өнүгүшү **үзгүлтүксүздүк мыйзамына** ылайык болот: жаратылыш секириктерди жасабайт. Жогорку баскычтарды бир гана кабыл алууга (перцепцияга) эле эмес, аң-сезимге да (апперцепция) ээ болгон монаддар ээлейт. Аларга адамдын жаны, руху (интеллект) кирет.

Монаддар өз өзүнө жетиштүү, алар сырттан таасир алышпайт жана ала да алышпайт: «Монаддар бир нерсе кирип же чыга турган айнектерге такыр ээ эмес” [4]. Ошондуктан алар сырткы таасирден өзгөрүшпөйт жана сырттагы нерселерге (монаддарга да) эч таасир бере алышпайт. Бирок бардык монаддардын индивидуалдык өнүгүүсү алдын ала болмуштун түзүлүшүнө Кудай тарабынан киргизилген план - «**алдын ала түзүлгөн гармония**» принциби боюнча жүрөт. Ошентип, мисалы А жана В менен белгиленген эки адам бири бири менен жолуккандан кээ бир сезимдерди (бирин-бири көрүшөт, сөзүн угуп түшүнүшөт) туюшса, бул эки дал келген агрегаттын (адам А жана адам В) курамындагы монаддар өзүнүн индивидуалдык өнүгүшүндө экөөндө тең бир убакытта окшош сезимдер, ойлор пайда боло турган баскычка жеткендигин билдирет. Ар бир монада өзүндө бүтүндөй дүйнөнү чагылдырып, «ааламдын тирүү күзгүсү» болуп эсептелет.

Биология жана антропология. Биздин аң-сезимибизде өзүнчө нерсе болуп көрүнгөн монаддардын жыйындысы кокустан болгон топтолуш эмес, бир жогорку монада аркылуу бир бүтүнгө бириктирилген агрегат (система). Ар бир монада тирүү болгондуктан, биз жансыз деп эсептеген телолор деле чындыгында тирүү. Монаддалар түбөлүктүү болгону үчүн тирүү жандарды өлүмү жана жаралышы да жок, болгону монадалардын прогрессивдүү жана регрессивдүү өнүгүшү бар.

---

[4]Лейбництин бул идеялары индиялык философия менен үндөш: ведантанын жана буддизмдин. Лейбниц доорунда европалыктардын индиялык философия менен тааныштыгы башталган, бирок Лейбництин бул философияга таянышы жөнүндөгү эч кандай маалыматтар жок.

Мүмкүн болгон дүйнөлөр жөнүндөгү окуу. Лейбництин мүмкүн болгон дүйнөлөр жөнүндөгү окуусу өзгөчө. Теориялык жактан көптөгөн ар түрдүү дүйнөлөр бар болушу мүмкүн. Бул мүмкүн болгон дүйнөлөр бир гана өзүндөгү обьекттерди жыйындысы менен гана эмес, өзүнүн болмушунун кемтиксиздиги менен да айырмалана алат. Ошентип, мүмкүн болгон дүйнөлөрдүн биринде Сократ гана, үчүнчүсүндө – Платон гана болгон, төртүнчүсүндө – экөө тең жок болгон, дүйнөнүн биринде Сократ түрмөдөн качуудан баш тартып, уу ичип өлгөн, башкасында – качууга макул болгон ж.б.

Кудай кемтиксиз, ошондуктан ал жараткан дүйнө эң сонун тартиптеги түрдүү дүйнөлөрдүн көп түрдүүлүгүн камтыйт. Кудай бул дүйнөгө бул дүйнө жетише алган эң жогорку билим жана бакыт, жакшылыкты берген. Ошондуктан биздин дүйнө – бул мүмкүн болгон дүйнөлөрдүн эң жакшысы.

Дүйнөдө жамандыктын бардыгы - бул

- адамдардын жетилбегендеринин натыйжасы (метафизикалык жамандык);
- адамдар аткарышы керек болгон максаттардын аткарылбаганын натыйжасы (моралдык, жамандык);
- көп жамандыкка уруксат бербөө же көп жыргалчылыкка жетүү каражаты (физикалык жамандык).

Окуу таржымалы. Лейбництин монаддар жөнүндөгү окуусу – бул Жаңы доор философиясындагы эң оригиналдуулардын бири. Өз өзүнчө монадология андан ары өнүкпөгөн болсо да, Лейбництин көптөгөн идеялары немец классикалык философиясынын өнүгүшүнө, XX-к. – феноменологиянын өнүгүшүнө таасирин тийгизген (108-чийме).

14.7. Локк (Locke)

Өмүр таржымалы. Джон Локк (1632-1704) – Англия философу. Адвокаттын үй-бүлөсүндө туулган. Оксфорддо окуп магистр даражасын алган, андан соң ошол эле жерде грек тили жана риторикадан сабак берген. Алган билимине канааттанбай (көбүнчө бул схоластикалык перипатетизм болгон) медицина, физика жана химияны үйрөнө баштаган. 1688-жылы Лондодогу Падыша коомунун мүчөсү болуп тандалган. 1672-жылы үй табыбы, үй тарбиячысы болгон, андан соң Реставрация доорундагы оппозициянын лидери жана көрүнүктүү саясий ишмери болгон лорд Эшлинин (келечектеги Шефтбер графы) катчысы болуп иштеген.

107-чийме

Монадалардын иерархиясы



Жөнөкөй же жылаңач монаддар
бардык обьекттерде бар
анык эмес сезимдерге ээ Механика мыйзамы боюнча Кудай аркылуу башкарылат(кыймыл күчү жана жөнөтүү мыйзамдары)

Бул мезгилде Локк саясий ишмердүүлүккө жигердүү катыша баштаган. 1675-ж. лорд Эшли лорд-канцлер кызматынан кеткенден кийин Локк Францияга картезианчылыкты үйрөнүү үчүн кетет. 1679-ж. Англияга кайтып келип, Лорд Эшли менен бирге иштешүүнү улантат. 1682-ж. лорд Эшли Голландияга качууга мажбур болгон,1683-ж. Локк анын артынан кеткен. Ал Англияга «Даңктуу революциядан» кийин гана 1689-ж. кайтып келген жана калган жашоосун илимий окууларга багыштаган.

Локктун көңүл борборунда – гносеология жана социалдык философиянын (саясат, этика, жана педагогиканын) көйгөйү.

Негизги эмгектери. «Адам акыл-эси жөнүндөгү тажрыйба» (1690), «Мамлекеттик башкаруу жөнүндөгү эки трактат» (1690), «Дин эркиндиги (кандай динге болсо да жол коюу) жөнүндөгү жазуулар» (1691), «Тарбиялоо жөнүндөгү ойлор» (1693).

Философиялык көз караштары*.Онтологиясы*. Локк деист болуп эсептелет: дүйнө Кудай тарабынан жаралганын таанып, ал бар болгон телолуу дүйнөнү жалпы жонунан материалдык жана механикалык жактан түшүндүргөн. Ушул дүйнөнүн түзүлүшү жөнүндөгү анын таануусуна Ньютон чоң таасир тийгизген.

108-чийме

Лейбниц: булагы жана таасири



Гносеолог нын көйгөйлөрүнө Локк «Адамдын аң-сезими жөнүндөгү тажрыйба» деген негизги эмгегин багыштаган. Эгер Фр. Бекон, Декарт жана Ньютон өзүнүн көңүлүн илимий методологияга, тактап айтканда дүйнөнү илимий таанууда аң-сезимдин туура колдонушуна бурган болсо, Локктун борбордук темасы болуп адамдын өзүнүн аң-сезими, анын чектери, жөндөмдүүлүгү жана функциялары эсептелет. Анын окуусунда негизги ролду «идея» түшүнүгү ойнойт.

«Идеянын» түшүнүгү – бул философиянын тарыхындагы татаал жана көн маанилүү түшүнүктөрдүн бири болуп саналат. Философия терминологиясына Платон тарабынан киргизилген термин Локктун мезгилине чейин бир далай транформацияланып калган. Ошондуктан аныктап кетүүчү нерсе, Локк адамдын аң-сезиминде бар, адамдык ойлоонун обьекти болгон - сезимдик нерселердин образдары, абстракциялар (мисалы, сан, чексиздик ж.б.) жана ойлор (сүйлөм аркылуу билдирилген) - нерселерди идея деп атайт.

Декарт менен тартышып отуруп, Локк акырын менен эч кандай тубаса теориялык да (илимий мыйзам), практикалык да (моралдык принциптер) идеялар жок, ошондой эле адам Кудайдын тубаса идеясына ээ эмес деген идеяны тастыктайт. Адамдын аң-сезиминдеги бардык идеялар тажрыйбадан келип чыгат. Жаңы төрөлгөн баланын жаны – бул кагаздын ак барагы же «таза такта» («tabula raza») жана акыл-эс башкарган бардык материал жашоодон алынган тажрыйбадан пайда болот.

Идеялар *жөнөкөй* (бир сезүү органынан – үн, түс ж.б. алынган) жана *татаал* (бир нече сезүү органдарынан алынган) болушат. Ошентип, алманын идеясы бир нече жөнөкөйдөн: шар түрүндөгү форма, жашыл түс ж.б. турган татаал болуп эсептелет.

Тажрыйба бизге сезимдер келген *тышкы* жана биз рефлексия менен иштешкен (биздин жаныбыздын ички ишмердүүлүгү, ойлордун кыймылы) *ичкиге* бөлүнөт.

Тышкы дүйнөдөгү обьекттер адамдарда жөнөкөй идеяларды (сезимдерди) пайда кылат. Аларды талдоо менен Локк *алгачкы* жана *экинчи* сапаттардын теориясын өнүктүрөт. Идеялар аларга туура келген обьекттердин касиеттери менен окшош болушат - алгачкы сапаттар, б.а. ошол берилген обьекттерге обьективдүү түрдө таандык болгон: узундук, фигура, тыгыздык, кыймыл, т.а. алгачкы сапаттар болуп эсептелет. Окшош болбой калышы да мүмкүн – булар обьекттердин өзүнө таандык болбогон, тактап айтканда экинчи сапаттар болуп эсептелет; алар биринчи сапаттарды: түс, үн, жыт, даамды субьективдик кабыл алуубузду көрсөтүшөт. Бул материалдан адам акыл-эси бириктирүү, карама-каршы кылуу, абстракташтыруу жолу мене иш тутуп, татаал идеяларды түзүшөт.

Адамдын акылындагы идеялардын ичинен Локк анык жана анык эмес, реалдуу жана фантастикалуу, өзүнүн прообраздарына дал келген жана дал келбегендерди бөлүп чыгат. Нерселер идеяларга дал келгенде да таануу чыныгы болуп калат. Ошентип сенсуализмдин негизин түптөп жатып, Локк сезимдер - таануунун булагы жана дагы так ошолор (Декарт айткандай акыл-эс эмес) чындыктын критерийи болуп саналат деп белгилеген.

Таануу процессин ал биздин идеяларыбыз ортосундагы макулдашылгандык же макулдашылбагандыкты кабыл алуу жана түшүнүү катары карайт. Эки идея ортосундагы макулдашылгандыкты интуитивдик жактан жана далил аркылуу түшүнүүгө болот. Ошентип биз интуитивдик түрдө ак менен кара - ар башка түстөр экенин, айлана үч бурчтук эмес экенин, үч же экиден чоң жана эки менен бирдин суммасы экенин билебиз. Ал эми идеялардын окшоштук жана айырмасын так жана ачык түшүнө албаганыбызда бизге далилдер, т.а. айтканда бизди кызыктырган идеяларды бир же бир нече башкалары менен салыштыра турган арадагы кадамдар керек болот. (Мисалы: эгер биз А жана В окшоштугун белгилегибиз келсе, биз алган А = С жана В = С экенин аныктайбыз, мындан А = В экени белгилүү болот. Ошентип акырында далил да интуицияга негизделет.

Биздин аң-сезимибиздеги идеялардын макулдашылгандыгы же макулдашылбагандыгы жөнүндө сөз болуп жаткан учурларда интуиция жана далил аракетке келет. Бирок таануу процессинде мындай идеялардын сырткы дүйнө обьекттери жана макулдашылганы же макулдашылбаганы да өтө белгилүү. Бул сезимдик таануу аркылуу ишке ашат. Ошентип, Локк таануунун үч түрүн белгилейт (65-таблица).

65-таблица

Таануу түрлөрү

Таануу түрү	*Таануунун анык обьекттери*
Интуитивдик: эки идеялардын дал келүү же дал келбешинин так жана анык кабыл алынышы	Бул түрдө бир өзүбүздүн бардыгыбызды, жашообузду тааныйбыз
Демонстративдик: рационалдык далил	Математика, Кудайдын болмушу
Сезимдик жана сенситивдик	Сырткы нерселердин бар экени

*Этика.*Акырындыкменен өзүнүн окуусун өнүктүрүү менен Локк ал убактагы моралдуу идеялардын тубасалыгы жөнүндөгү атактуу концепцияны сындайт. Ал ар бир калктын жамандык жана жакшылык жөнүндөгү элестетүүлөрү ар түрдүү, ошондуктан бардык адамдар тубаса идеяларга ээ деген ой негизсиз деп белгилеген. Чындыгында жакшылык – бул жыргалчылык берген же аны көбөйткөн, азапты азайтып, жамандыктан сактаган нерсе. Жамандык болсо азап тарттырып же аны арттырат. Жыргалчылкты жок кылат. Өз-өзүнчө жыргал жана азап тажрыйбада жетилүүчү сезимдердин жөнөкөй идеялары. Бакыт – бул жыргалдын максимуму жана азаптын минимуму. Бакытка умтулуу – бул бардык түрдөгү эркиндиктин негизи, эркиндик болсо кыймыл жасоонун мүмкүндүгү жана жөндөмдүүлүгүндө жана аракеттен өзүн-өзү токтотууда турат.

Локк адамдар өзүнүн жашоосунда көбүнчө жетекчи кылып алган мыйзамдарды үч топко бөлөт (66-таблица).

66-таблица

Социалдык мыйзамдар

Мыйзамдардын түрү	*Белгиленген мыйзамдарга ылайык кылган иштердин баасы*
Кудайлашкан мыйзамдар	Бузуу: күнөө Аткаруу: милдет же карыз
Жарандык мыйзамдар	Бузуу: кылмыш Аткаруу: күнөөсүздөр
Жалпы кабыл алынган ойлордун мыйзамы	Бузуу: кемчилик Аткаруу: жакшылык көрсөткүч

Бардык адептин негизинде адамдар Ачылыш аркылуу алган Кудайлашкан мыйзамдар жатат, бирок бул мыйзамдар негизинде жарандык жана коомдук жалпы ой-пикирлер түзүлгөн адамдын «табигый акыл-эс» мыйзамы менен сыйыша алат.

Социалдык философия. Локк - конституционалдык монархиянын жактоочусу, бирок падыша бийлиги кудайлашкан негизге ээ эмес дейт. Гоббска окшоп ал мамлекет «коомдук келишимдин» негизинде келип чыккан деп эсептейт. Бирок табигый абалда «адам адамга - карышкыр» деген мамиле өкүм сүрөт деп белгилеген Гоббстан айырмаланып, Локк ал жерде (адам адамга - дос) деген мамиле үстөмдүк кылган деп айткан.

Бардык адамдар тең жана көз карандысыз болгондуктан, эч ким жашоого, ден-соолукка, эркиндикке ж.б. адамдардын мүлкүнө зыян келтирбеши керек. Демек, табигый укуктарга: жашоого укук, эркиндикке укук, менчикке укук жана бул укуктарды коргоого болгон укук кирет.

Окуу таржымалы.Локктун окуусу - агартуучулардын бардык философиясынын булагы, дал аны көбүнчө алгачкы агартуучу деп аташат. Локктун окуусу философиядагы сенсуализмдин мындан аркы өнүгүшүнө негиз түзүп берген. Мындан сырткары, белгилей кетүүчү нерсе анын адам укуктары жөнүндөгү окуусу либерализм идеологиясынын түзүлүшүнө түрткү болгон (109-чийме).

109-чийме

Локк: булагы жана таасири



15-БАП
АГАРТУУ ФИЛОСОФИЯСЫ

15.1. Эң негизги жаңылануулар

Агартуу Доору деп экинчи (мыкты) Англия революция (1688-1689) менен Улуу Франция революциясынын (1789-1794) ортосундагы мезгилди эсептешет. Бирок, эгер Францияда революциядан кийин Агартуу доору бүтсө, башка бир катар өлкөлөрдө ал XIXк. башталышын камтыйт (110-чийме).

Агартуу доорунун хронологиялык алкагында англис философтору Европанын субъективдик идеализминин негиздөөчүсү Дж. Беркли (1685-1753), байыркы скептицизм жана агностицизмди (заманбап негизде) кайра жараткан Д. Юм (1711-1776) жашап жана иштешкен. Көптөгөн социалдык-саясий көз караштар боюнча Д. Юм агартуучуларга жакын болсо, анын өзүнүн философиялык окуусу Дж. Берклинин окуусундай принципиалдуу түрдө агартуучулардын философиясынан айырмаланат. Ушул эле доордо белгилүү Европа мистиги жана чиркөө адамы Э. Сведенборг жашап жана эмгектенген.

Бирок Агартуу доорунда алдыңкы орунду агартуучулардын философиясы ээлейт (111-чийме). Ал Англияда жаралган, негиздөөчүлөрү - Дж. Локк, көрүнүктүү өкүлдөрү - Дж. Голланд (1670-1722). А. Коллинз (1671-1729) жана Дж. Пристли (1733-1804). Агартуу философиясынын өнүгүшү Европа өлкөлөрүндө да жана АКШда да жүрүп жаткан. Америка агартуучуларынын ичинен АКШ идеологиясынын түзүлүшүндө көрүнүктүү ролду ойногондордун ичинен биринчи учурда Б. Франклинди (1706-1790), Т. Пейн (1737-1809), Т. Джеферсондорду (1743-1826) атай кетүү керек. Немец агартуучуларынын ичинен өзгөчө көрүнүктүү ролду Г.Э Лессинг (1729-1781) ойногон, немец классикалык философиясыннын негиздөөчүсү Кантты да (1724-1804) (кээ бир эскертүүлөр менен) агартуучулардын катарына кошсо болот. Белгилүү Россия агартуучуларынын катарына А.Н. Радищев (1749-1802) жана Н.И. Новиков (1744-1818) кошулат. Ошондой эле Агартуу идеясы Польшада, Венгрияда, Югасловияда, Румынияда да өнүккөн.

Франция агартуусунун ишмерлерине Ш.Л, Монтескье (1689-1755), Вольтер (1694-1778), Ж.Ж. Руссо (1712-1778), Д. Дидро (1713-1784), Ж.О. де Ламетри (1709-1751), К.А. Гельвеций (1715-1771), Э.Б. де Кондильяк (1715-1780), П.А. Гольбах (1723-1789) кирет.

Агартуучулардын идеяларын таркатууда жана белгилүү кылууда негизги ролду тексттин 17 томунда жана иллюстрациялардын 11 томунда Францияда чыгарылган (1751-1780) «Энциклопедиялар же илимдердин, искусстволордун жана өнөрлөрдүн түшүндүрмө сөздүгү» ойногон. Бул идеянын дем берүүчүсү жана редактору болуп Д.Дидро жана Д. Аламбер эсептелген. Дээрлик бардык француз агартуучулары бул ишке катышышкан.

Өзүнүн окуусун белгилүү болушуна умтулуп, агартуучулар өзүнүн идеяларын коомдук кеңири катмарына жеткиликтүү боло турган түрдө билдирүүгө аракет кылышкан. Бул мезгилде философиялык жана илимий көйгөйлөрдү талкуулоо мода болгон, жадакалса ак сөөктөр салондорунда да талкууланган. Бул мезгилдеги философиянын ролун эс алып, Агартуу доорун көбүнчө философия кылымы деп аташкан. Агартуучулар адамдар бактысыздыктарынын (жана биринчи учурда социалдык кырсыктардын) себеби адамдардын билимсиздигинде деп эсептешкен. Ошондуктан аны чечүү үчүн адамдарды агартуу, т.а. сабаттандыруу керек болгон – бул доордун аталышы да ушул себептен. Бирок бул учурда сөз коомдун жогорку катмарын агартуу жөнүндө болуп жаткан, ал үчүн мамлекеттин башында маалыматтуу монархтын турушу керек болгон. Ошондуктан ошол доордун философтордун негизги маселеси монархтарды агартуу болгон. Бул тармактагы жетишкендиктер да башкалардан бөлөкчө болгон: Европа монархтарынын арасында сабаттуу болуу модага айланган. Алардын көбү философтор менен жазышып, аларды өзүнүн сарайына чакырышып, аларга жөлөк пул белгилеп турушкан.

Агартуучулардын окуусундагы негизги орунду адамзаттын жашоосун жакшы жакка өзгөртө алган адам акыл-эсинин күчүнө болгон ишенүү ээлеген. Бул идея Канттын: «Өзүңүн акылың менен жашоо эрдигине ээ бол!» деген тезисинде орун алган.

Агартуучулардын ишмердүүлүгүндө башкы орунду адамдын эркин өнүгүшүнө жол тоскол дин жана чиркөөнү сындоо ээлеген. Христиан чиркөөсүнө айтылган «Кара мүртөздү жанчуу» деген Вольтердин сөздөрү доордун белгилүү лозунгу болгон. Диний скептицизм жана эркин ойлуулукту өнүктүрүүгө стимул берген сарказм жана шылдың уруштун негизги куралы болгон. Бирок дайыма эле бул сын атеизмдикке алып келген эмес, себеби ошол эле Вольтер «Эгер кудай болбогондо, аны ойлоп табуу керек эле» деп айткан. «Акыл-эс доорунун» рухунун көрсөткүчү деп Б. Паскальдын: "Кудай же бар же жок экени шексиз: мындай учурда варианттар бар" деген Кудай жөнүндөгү белгилүү пикирин эсептесек болот (67-таблица).

67-таблица

Паскалдын ою

	Кудай бар	*Кудай жок*
Мен Кудайга ишенем	Түбөлүктүү жыргалга ээ болсо болот	Эч нерсе жоготпойм
Мен Кудайга ишенбейм	Түбөлүктүү жыргалды жоготсо болот	Эч нерсе жоготпойм

Ошентип, эгер Кудай жок болсо, мен ага ишенип эч нерсе жоготпойм, эгер Ал бар болсо, ага ишенбей көп нерсе жоготом, ишенген болсок - көп нерсеге ээ болобуз. Ошондуктан керек болор деп ишенип коюу керек.

Философ – агартуучулардын Кудайга ишенип же аны четке кагуусу (атеизм) алардын философиялык көз карашы менен - деизмге же материализмге берилгендиги менен байланышта. Доордун биринчи жарымында философияда деизм (Вольтер, Монтескье, Руссо) үстөмдүк кылган, XVIII к. жарымынан баштап материализм жана атеизм жигердүү өнүгө баштайт жана акырындык менен (Дидро, Ламетри, Гольбах ж.б.) үстөмдүк кылуучу позицияны ээлеген.

Деизм – бул дүйнөнүн жаратуучусу болуп Кудай таанылган философиялык окуу, бирок дүйнөнү жаратып жана белгилүү мыйзамдарды белгилегенден кийин Кудай такыр бул дүйнөнүн иштерине кийлигишпейт.

Деисттердин көз-карашы боюнча дүйнө саатчы – Кудай тарабынан жаратылган жана жүргүзүлгөн чоң саат механизмине окшош. Бул механизмдин максатка ылайыктуу түзүлүшү аны жараткан саатчынын – Кудайдын бар экенин айгинелейт. Деизм материя боштукта (мейкиндикте) жайгашкан жана механика мыйзамы боюнча өз ара аракеттенишкен бөлүнбөс бөлүкчөлөрдөн (корпускула жана атомдордон) турган деп түшүндүрүлгөн Ньютондун дүйнөнүн механикалык картинасынын базасында пайда болгон.

Эгер дүйнөнүн деисттик картинасында Кудай дүйнөнүн сыртына чыгарылып салынса, материалдыкта болсо ал таптакыр керексиздиги үчүн дүйнөдөн четтетилип салынат (78-табл.). Бул доордун материализми бардык жаратылыш көрүнүштөрүнө механика мыйзамынын базасында түшүндүрмө берүү менен көбүнчө механикалык мүнөзгө ээ болгон.

Агартуу доорунда адам коомунун өнүгүшүнүн мыйзамдарын жана өзгөчөлүктөрүн алардын жашоосунун материалдык шарттары – географиялык чөйрө менен бириктирүүнүн алгачкы аракеттери орун алган: бул Монтескьенин «географиялык детерминизм» концепциясы.

Бул доордо негиздери Т. Гоббс жана Дж. Локктун эмгектеринде байкалган мамлекет келип чыгышынын келишимдик теориясы өнүгүп жана бүтүрүлгөн. «Коомдук келишим» жөнүндөгү окуу акырындык менен толук кандуу Ж.Ж.Руссо тарабынан өнүктүрүлгөн. Агартуучулардын ишмердүүлүгү идеялык жактан Улуу Француз революциясын даярдаган; дал ошолордун идеялогиясында «Эркиндик, Теңдик, Боордоштук» деген белгилүү лозунг түзүлгөн. Алардын бактысына жараша, бул доордун улуу философтордун бири да революцияга чейин жашап, акылдын салтанатына

негизделген эркиндикке, теңдикке, боордоштукка болгон чакыруулары практика жүзүндө эмнеге айланганын көрбөй калышты.

68-таблица

Агартуу доорундагы философиянын маанилүү новациялары

Жаңылануулар	Философтор
1. Субъективдүү идеализмдин өнүгүшү	Беркли
2. Жаңы философиялык скептицизм жана агностицизмдин пайда болушу жана өнүгүшү	Юм
3. Дин жана чиркөөнү сындоо, диний скептицизм жана эркин ойлуулуктун, андан соң атеизмдин кеңири жайылышы	Вольтер, Дидро, Гольбах,Ламетри, Кондильяк
4. Деизмдин кеңири жайылышы (Ньютон механикасынын базасында пайда болгон)	Вольтер, Монтескье, Руссо, Кант
5. Механикалык материализмдин (Ньютон механикасынын базасында) пайда болушу жана кеңири жайылышы	Дидро, Д‘ Аламбер, Ламетри, Гольбах, Кондильяк
6. Сенсуализмдин жаралышы жана кеңири жайылышы, материалистик жана идеалисттик мааниде да	Локк, Кондильяк, Беркли, Юм
7. Сенсуализм жана рационализмдин карама-каршы келүүсү (таануу теориясы негизи сенсуализмдин базасында түзүлөт, бирок рационализм да адам акылынын чексиз күчү жөнүндөгү тезис үчүн теоретикалык пайдубалдын ролун ойнойт)	Руссо, Дидро, Кондильяк ж.б. бир жагынан сенсуалист, башка жагынан рационалист болуп эсептелишет
8. Социалдык философияда: а) географиялык детерминизм концепциясынын пайда болушу (иштеп чыгылышы адамдык коомго табигый илимдердин эксперименталдык усулун колдонуу менен байланышта);	Монтескье
б) «коомдук келишим» теориясынын мындан аркы өнүгүшү	Руссо

110-чийме

Агартуу доору: хронологиялык рамкалар



111-чийме

Агартуу доорундагы философия

Англия	Франция	АКШ	Германия	Германия
Беркли				
Юм				
Голланд	**Монтескье**	Франклин	Лессинг	Радищев
Коллинз	**Вольтер**	Пейн	**Кант**	Новиков
Пристли	Ламетри	Джефферсон		Козельский
	Руссо			
	Дидро			
	Гельвеций			
	Кондильяк			
	Гольбах			

.2 ***ж*** туу ло по Ло кай «е суб Кл

жашаган.

Берклинин чыгармачыл ишмерүүлүгү XVIII-к. Агартуу дооруна тура келсе да, Берклинин өзүн агартуучулардын катарына кошуп болбойт.

Негизги эмгектери. «Көрүү жаңы теориясынын тажрыйбасы» (1709), «Адам билиминин башталмалары жөнүндөгү трактат» (1710), «Филонус жана Гилас ортосундагы үч сүйлөшүү» (1713), «Алсифрон, же Майда философ» (1732), «Сейрис же философиялык ой-жүгүртүүлөрдүн жана изилдөөлөрдүн Максаты» (1744).

Философиялык көз караштары*.Онтология.* Берклинин философиясы өзүнө обьективдик жана субьективдик идеализмдин өзгөчө комбинациясын камтыйт: обьективдиги - себеби реалдуулуктун жаратуучусу деп Кудай таанылат жана субьективдик себеби - реалдуу деп көпчүлүк адам аң-сезимин (жандын) бар экени гана таанылат. Байыркы философиядан уланып келген болмуштун реалдуу акылга сыйган жана иллюзиялуу, сезимдик кабыл алуу дүйнөлөргө бөлүнүшүн улантып, Беркли (Лейбництей эле) материалдык телолуу дүйнөнүн бар экенин четке кагат. Беркли: «Жашоо – бул кабыл алынуу» деп белгилеген («Esse estpercipi»). Ошондуктан Болмуш жөнүндөгү окуу сыяктуу онтология Берклиде такыр жок. Берклинин концепциясын Локктун материалисттик сенсуализмине карама-каршы болгон идеалисттик сенсуализм катары бааласак болот.

Беркли Локктой эле биздин аң-сезимибиздеги бар нерсенин мүнөздөмөсү үчүн «идея» терминин колдонот. Бардык идеяларды ал *тышкы* жана *ичкиге* бөлөт (69-таблица).

69-таблица

Сырткы жана ички идеялар

Идеялардын түрү	*Сырткы*	*Ички*
Булак	Сырттан, сезүү органдарынан келет	Аң-сезимдин ичинде пайда болот, т.а. акылдын кыймылынын натыйжасы болуп саналат
Аталышы	Сезимдер	Ойлор

Тааануу процесси идеялар бар жерде гана ишке ашат. Бирок идеялар сезим жана ойлоо жок жерде боло алышпайт.

Ошондой эле идеялар *жөнөкөй* жана *татаалга* бөлүнүшөт. Биз адаттагыдай эле нерсе деп атагандарыбыз бир катар жөнөкөйлөрдөн турган татаал идеялар (мисалы, алманын идеясы жашыл түс, тегерек форма, алма даамы идеяларынын жыйындысы). Биз колдонуп жаткан бардык түшүнүктүү сөздөр ар түрдүү идеяларды, т.а. анын тышында эмес, биздин аң-сезимибизде гана жайгашкан кандайдыр бир нерсени билдирет. Ошондуктан биз, мисалы, убакыт жана мейкиндик (узундук) жөнүндө сүйлөп жатканда, биз чындыгында биздин аң-сезимибиздеги идеялар жөнүндө айтып жатканыбызды эске алуу зарыл. Ушул тезисти негиздеп жатып, Беркли кызыктуу далил келтирет: эгер убакыт биздин аң-сезимибиздин тышкары болсо, анда эмне үчүн азап чегүү убактысы көп созулуп, ырахат алуу убактысы бир заматта өтүп кетет? Ушул сыяктуу эле биз телолордун узундугун баалап жатып, биз өзүбүздүн субьективдүү кабыл алуубуз аркылуу иш жүргүзөбүз: алыстаган телолор кичине, жакын телолор – чоңураак, ушундай эле себептен линза (көз айнек, дүрбү ж.б.) аркылуу караганыбызда чоң болуп көрүнөт, нерселер өзүнүн өлчөмүн өзгөртүшөт; андан сырткары ар түрдүү адамдар бир эле обьекттин өлчөмдөрүн ар түрдүү баалашат.

Ырааттуу түрдө өзүнүн көз карашын өркүндөтүү менен Беркли биринчи (алгачкы) жана экинчи (кийинки) сапаттардын теориясын (Галилей, Локк ж.б.) сындайт. Бизде тигил же бул сезимдерди ойготуучу нерселер жок болгондуктан нерселерге обьективдүү түрдө таандык болгон (биринчи – узундук, оордук, форма ж.б.) жана биринчи сапаттардын (экинчи – түс, даам, жыт ж.б.) субьективдүү кабыл алынышы катары таанылгандарды сапаттарга бөлүү маанисин жоготот. Биринчи да, экинчи да сапаттар – бул болгону сезимдер.

Ар түрдүү сезимдердин (көрүү, угуу, даам сезүү ж.б.) ортосундагы байланыш да обьективдик мүнөзгө ээ эмес: бир гана тажрыйба жана адаттын күчүнө биз сезимдердин белгилүү жыйындысын ал нерсе реалдуу түрдө жок болсо да, тигил же бул нерсе катары кабыл алабыз. Эгерде ал бар болуп жана ушул сезимдер комплексинен кандайдыр бир сапаты менен айырмаланганда деле биз аны кабыл ала албайт болчубуз, себеби сырттан келген бардык нерселерди сезим катары сезүү органдары аркылуу кабыл алабыз.

Чындыгында, обьективдүү түрдө бар болгон жана бизден сырткары жашаган нерселер жөнүндөгү элести сезимдердин булагындай түшүндүрүүнүн кереги жок. Түштү көрүү жана жиндилердин жөөлүүсүнүн фактылары тастыктагандай, сезимдер сөзсүз сырттан келиши керек эмес, алар аң-сезимдин ичинде деле пайда боло алышат.

Ошондой эле Беркли бир гана конкреттүүлөрдүн бар экенин айтып, *абстрактуу идеялардын* бардыгын четке кагат: биз «адамды», «даракты» же «узундукту» кабыл албайбыз, дайыма «ушул адамды», «ушул даракты», «ушул предметтин узундугун» гана кабыл алабыз. Берклинин ою боюнча, абстрактуу идеялар – булар коркунучтуу иллюзиялар. Муну менен Беркли схоластикалык реализмге каршы болбостон, ошондой эле андан да көбүрөөк ага заманбап болгон Декарттын, Ньютондун жана Локктун

деизминин материалисттик тенденцияларына каршы чыгат. Ал көңүлүн Ньютондун «абсолюттук узундук жана убакыт» түшүнүгүн сындоого, бирок андан «материя» же «материалдык субстанция» түшүнүгүнө көбүрөөк көңүл бурат, Беркли жогоруда аталган акыркы түшүнүк болмушту түшүнүүгө эч кандай жардам бербейт, ошондуктан анын кереги да жок. Анын кабыл алынышы материализм, атеизм жана кудайсыздыкка алып барганы үчүн ал зыяндуу да болот. Ошондуктан андан дегеле баш тартуу керек.

112-чийме

Беркли: булагы жана таасири



Ушинтип Берклини ар ка ң-сез ба ат өз ка ан ке. ртосундагы айырма эмне менен түшүндүрөлүт? Ушул акыркы ид болуп эмне эсептелет? Эмне үчүн бул идеялар стабилдүү, регулярдуу жа илген мүнөзгө ээ? Бул көйгөйдү чечип жатып, Беркли адамдар өзүнүн жа салып жана сактоосу үчүн белги катары адамдын аң-сезимине сез көн Кудайды өзүнүн онтологиясына кошот. Бул кадам Берклини дагы бир көйгөйдү – дүйнө туруктуулугунун көйгөйүн чечүүгө жол ачат. Адамдар кайсыдыр бир нерсени кабыл алууну токтотуп коюшканда, ал жоголбойт (мурунку ойлордо айтылгандай), себеби ал нерсе Кудайдын аң-сезиминде жашоону улантат.

Окуунун тагдыры. Берклинин идеялары Европа философиясына, өзгөчө заманбап (XIX-XX-кк.) философиясынын мындан аркы өнүгүшүнө; жашоонун философиясына, эмпириокритицизм (махизм), феноменология, экзистенционализмге белгилүү салымын кошкон (112-чийме).

15.3. Юм (Hume)

Өмүр таржымалы.Давид Юм (1711-1776) - англис тарыхчысы, публицисти, экономисти жана философу. Эдинбургдагы анча деле бай эмес шотландиялык дворяндын үй-бүлөсүндө туулган, Эдинбург университетин аяктаган. Кийинчерээк анын «Адам жаратылышы жөнүндөгү трактат» деген башкы философиялык чыгармасында баяндалган «адам жаратылышы жөнүндөгү жаңы илимди» ал 18 жашында ойлогон. Бирок бул эмгектин жарыяланышы көзгө алынган эмес. Юмга атак-даңкты «Моралдык жана саясий тажрыйбалар» гана алып келген. Академиялык чөйрөдө Юмга өтө шектенүү менен карашчу, ошондуктан анын университетте окутуучу болуп орношом деген аракеттери ишке ашпаган. 1746-ж. тарта ал дипломатиялык иш менен алек болгон. 1763-1766-жж. чейин Парижде жашап, бир катар француз агартуучулары (Дидро, Д. Аламбер, Гельвеций ж.б.) менен достошкон. 1769-ж. ал отставкага чыгып, өзүнүн туулган жерине кайтып келип, бир гана илим менен алектенген.

Негизги эмгектери. «Адам жаратылышы жөнүндөгү трактат» (1739-1740), «Моралдык жана саясий тажрыйбалар» (Эссе),(1741), «Англиянын тарыхы: 8 томдук» (1753-1762).

Философиялык көз карашы*.Онтология.* Юм сырткы дүйнөнүн бар экендигине кошулуп, биз бул дуйнө жөнүндө эч нерсе билбейбиз биле да албайбыз деп белгилеген. Ал жаңы европалык скептецизм менен агностицизмдин негиздөөчүсү болуп эсептелет.

Гносеология. Юмдун окуусунан негизги орунду гноселогия көйгөйлөрү ээлейт. «Трактаттын» биринчи тому адегенде «Адам акыл-эс жөнүндөгү тажрыйба» деп аталган, анын мындай аталышы тек гана символ болуп калган, себеби Локктун белгилүү трактатынын (1690) аты да ушундай болчу, Лейбництин трактаты (1704) болсо «Адам акыл-эси жөнүндөгү жаңы тажрыйбалар» деп аталган.

Ньютонго жаңы физиканы түзүүгө жол ачкан эксперименталдык усулдун жетишкендиктерин белгилеп жатып, Юм эми ушул эле усулду колдонуп, адам жаратылышы жөнүндөгү жаңы илимди жаратыш керек, бул аябай маанилүү маселе, себеби адам жаратылышын тааныгандан соң биз:

- анын үстүнөн үстөмдүк кыла алабыз;
- сырткы дүйнөнү таанып билүү процесси кандай жүрүп жатканын жана ушул дүйнө жөнүндөгү биздин билимдерибиз канчалык негиздүү экенин түшүнө алабыз;
- туруктуу негиздеги илимдердин жаңы системасын түзө алабыз деп айткан.

Адам акыл-эсиндеги бардык нерсени идеялар деп атаган Локк жана Берклиден айырмаланып, Юм аны кабыл алуулар деп атайт жана башталышынан аларды «таасирлерге" жана «идеяларга» бөлөт (70-таблица). Алардын ортосунда эки гана өзгөчө айырма бар: *даражасы* жана *ирети* боюнча.

70-таблица

Таасирлер жана идеялар

Кабыл алуулар	*Даража боюнча*	*Ирети боюнча*
Таасирлер	Аң-сезимге эң күчтүү күч жана аныктык менен кирет: булар сезимдер, ой-толгоолор, эмоциялар ж.б.	Биздин аң-сезимибизде биринчи болуп пайда болушат
Идеялар	Ойлоо жана ой-жүгүртүүдөгү таасирлердин алсыз үлгүлөрү	Биздин аң-сезимибизде экинчи болуп (таасирден кийин) пайда болот

Сезимталдык менен ой жүгүртүүнүн ортосундагы айырма минимумга чейин алып келинет: сезүү менен биз ачык образдарга, ойлогондо – алсыз идеяларга ээ болобуз; адегенде биздин аң-сезимибизде таасирлер, андан соң алардын базасында идеялар түзүлөт. Ошондой эле идеялар *жөнөкөй* (кызыл түс, ачуу даам ж.б.) жана *татаал* (алмадан болгон жалпы таасирлер). Идеяларда жөнөкөй жана татаал болушат; бирок эгер жөнөкөй идеялар – бул таасирлердинбозомтук көчүрмөлөрү болсо, татаал идеялар - татаал таасирлердин көчүрмөсү да жана акылдагы жөнөкөй идеялардын комбинациясынын натыйжасы да боло алышат (71-таблица).

71-таблица

Жөнөкөй жана татаал кабыл алуулар

Кабыл алуулар	*Таасирлер*		*Идеялар*
Жөнөкөйлөр	Жөнөкөй**таасирлер**		Жөнөкөй идеялар
Татаалдар	Татаал**таасирлер**		Татаал идеялар

Татаал идеялардын жаралышы өткөн убакытта орун алган идеялар менен таасирлерди жана тааныш идеялардын жаңы комбинациясын түзүүгө мүмкүндүк

берген элестетүүлөрдү чагылдырууга мүмкүндүк берген эске тутуу менен байланышкан. Каалаган идеянын аныктыгын (чындыктын) текшерүү үчүн ага дал келген таасирди көрсөтүү керек. Бул жөнөкөй идеялар жана татаал идеялардын чагылдырылышы деп эсептелген татаал идеяларга кыйынчылык деле туудурбайт. Бирок татаал идеялар аң-сезимдин ишмердүүлүгүнүн натыйжасы да боло алат. Алардын аныктыгын (чындыгын) текшерүү үчүн алардын кантиппайда болушун түшүнүү керек.

Биздин аң-сезимибиздеги ар түрдүү кабыл алуулар ортосунда белгилүү байланыш, кандайдыр бир «тартылуу» (Ньютондогу телолор ортосундагы тартылууга окшош) бар. Ушул байланыштын жардамы менен бизде кандайдыр бир сезимдердин стабилдүү комплекттерин дайыма кабыл алуу (тагыраак айтканда алма – бул дайыма белгилүү түс, форма, даам ж.б.) «адаты» пайда болот; ар түрдүү кабыл алуулар биздин эске тутуубузда да салыштырмалуу стабилдүү орношкон. Стабилдүү байланыш идеялар ортосунда да байкалат: бир идея, албетте, артынан башканы ээрчитет. Идеялар ортосундагы бул байланыш Юм тарабынан түзүлгөн *ассоциация принцибинде* чагылдырылат. Бирок, эгер Ньютондо тартылуу күчү дайыма жана ар жерде - ар кандай физикалык телолор ортосунда кыймылда болсо, Юм идеялардын ассоциативдик «тартылуусу» - бул «жумшак кыймылдагы күч», себеби элестетүү аны үзүп салышы мүмкүн деген. Бир идеядан экинчи идеяга өтүү үч негиз аркылуу ишке ашат (72-таблица).

72-таблица

Идеялардын ассоциациясы үчүн негиздер

Негиздин түрү	*Мисалдар*
Окшоштук	Портрет бизди анын ичинде сүрөттөлгөн адамдын эстөөгө мажбур кылат
Убакыт жана мейкиндиктеги жакындык	Кемедеги якордун көтөрүлүшүн көрүп, анын сүзүп кетип жатканын элестетебиз;
	Өзүбүздүн мектептеги дарсканабызды эстегенде коңшу дарсканаларды; коридор, бардык мектептин имаратын ж.б. эстейбиз
Себеп – натыйжалык байланыш	От жөнүндө ойлогондо, биз сөзсүз чыгып жаткан ыссык жана түтүн жөнүндө да ойлойбуз

Жыйынтыктап жатып, Юм идеялардын мындай «тартылуусунун» кыймылы баарына ачык, бирок анын себептери белгисиз жана «адам жаратылышынын алгачкы сапаттарына» тиешелүү болушу керектигин байкаган.

Юм – номиналист. Берклидей эле ал жалпы, абстрактуу идеялар жана таасилердин бардыгын четке кагат жана бул логикалык түрдө анын окуусунда сүрөттөлгөн: ар бир идея таасирдин алсыз образы эле болгондуктан, анда таасир сыяктуу эле идея дайыма конкреттүү жана менчик мүнөзгө ээ. Анда «жалпы» идеялар (адам, дарак, мышык ж.б.) деген эмне жана алар кайдан чыгат? Биздин аң-сезимибизде пайда болгон идеялардын ичинен акырындык менен кээ бир окшоштуктар байкалат (мисалы: ар түрдүү конкреттүү адамдардын идеялары). Бул окшоштук ал идеяларга бир эле аталышты – сөз же атты мисалы: «адам» берүүбүзгө мүмкүндүк берет. Мындан кийин берилген сөздү (атты) колдонгондо биз конкреттүү адам жөнүндө айтып жатсак да жана бардык адамдарды көз алдыбызга келтире албасак да, ар түрдүү адамдарды карап жатканда пайда болгон адаты өзүбүздө ойготобуз. Ушул идеялар ушул учурда биздин

аң-сезимибизде реалдуу түрдө жок болсо да, алар даяр тургандай жана эгер каласак биз алардын ар бирин көрө алабыз (113-чийме).

113-чийме

Жалпы аттардын жаратылышы



Ошентип, жалпы аттарды колдонуу биздин аң-сезимибиздин ишин кыскартууга жол ачат: алардын жардамы менен биз ар жолу көптөгөн окшош идеяларды карап чыгуудан (көбүнчө алардын көтүгүнөн карап чыгуу мүмкүн эмес) кутулабыз. Биздин аң-сезимибиздеги идеялардын ортосунда мамиленин эки түрү болот, аларды биз нерсени тастыктап же четке кагып жатып пикирибизде (сүйлөмдөрдө) чагылдырабыз. Биринчиси - логикалык ырааттуулук мамилеси: мында бир идеялар башкаларынан бүтүндөй чыгат (мисалы, теоремалардан, аксиомалардан) жана бул карама-каршы эместиктин логикалык мыйзамында негизделет. Экинчиси – «факттар» жөнүндөгү жыйынтык. Факттар жөнүндөгү жыйынтыкты биз биздеги кабыл алуулардын негизинде (мисалы биз чыгышта күндүн жогорку бөлүгүн көрсөк, «күн чыгып жатат» деген жыйынтыкка келебиз) чыгарабыз. Бирок азыркы убакта сезбей (кабыл албай) жаткан нерсе жөнүндө ойлоп жатканда оңой эле карама-каршы фактыларды ойго келтире алабыз, («күн эртең чыгат» жана «күн эртең чыкпайт»). Факттар жөнүндөгү мындай жыйынтык себеп жана натыйжа мамилесинде негизделген. Сырткы дүйнөнүн (т.а. биздин аң-сезимибиздин сыртындагы) обьекттеринин ортосунда ушундай мамиленин реалдуу түрдө бар экендиги жөнүндөгү ырастоону Юм ката деп эсептеген, себеби натыйжа:

- себеп деп эсептелген нерседе жок болот;
- себеп деп эсептелген нерсеге окшош эмес;
- себеп деп эсептелген нерседен логикалык жактан чыгарыла албайт.

Юмдун ою боюнча, себеп–натыйжалык байланыш психологиялыкнегизге ээ: биздин аң-сезимибизде дайыма мейкиндикте жана В менен жакын болгон А кубулушунан кийин пайда болгон В кубулушун биз Анын натыйжасы деп кабыл алабыз, оттун түтүнү (В) оттун (А) натыйжасы эмес: ал отто жок, отко окшобойт жана анын пайда болушун логикалык жактан оттон чыкпайт. Бирок аң-сезимибиздеги түтүндү кабыл алуу отту кабыл алгандан кийин ишке ашат, анын үстүнө от жана түтүндү кабыл алуу мейкиндикте жакын жайгашкан. Бул таасирлердин мындай ырааттуулугуотту кабыл алууда туруктуу түрдө түтүндү күтүү ассоциациясын жаратат. Күтүү ассоциациясы адатка айланат, адат болсо келечекте дайыма А орун алган жерде В нын пайда болушуна болгон ишенимди жаратат. Так ушул ишеним ар түрдүү обьекттерге жана кубулуштарга себеп-натыйжа мамилесин кошууга негиз болот (114-чийме).

Бирок психикалык көрүнүштөрдүн ортосунда чындыгында эле себеп-натыйжалык мамилелер бар:

- таасирдерден идеялардын жаралышы (71-таблица);
- ассоциациялар принциби боюнча бир идеялардын башка идеялардан жаралышы (72-таблица)
- Чыныгы илим деп себеп-натыйжалык байланышты окуган илимдер эсептелгендиктен, чыныгы ушул наамга татыктуу бир гана илим бар – ал психология. Психологиянын базасында башка илимдер да түзүлө алат: этика, жарандык тарых, диндин тарыхы.

Антропология. Адамдын жаратылышы өзгөрбөс жана бардык адамдарга окшош. Психика чөйрөсүндө себеп-натыйжалык байланыш колдонгондуктан, адамдын бүтүн психикалык жашоосу так аныкталган жана эч кандай эрк экендиги жок. «Субстанция» түшүнүгүн сындоо боюнча Юм (Берклиге каршы) жандын жашоосун психикалык тынчсыздануулардын ээси субстрак катары кароону таанууну четке каккан. Адам – «биринин артынан бири» келген түрдүү кабыл алуулардын тизмеги же бир боосу.

Социалдык-саясий көз караштары. Юм падыша бийлигинин «Кудайдан» келип чыккандыгы жөнүндөгү орто кылымдык окууну четке каккандай эле, анын мезгилинде белгилүү болгон мамлекеттин «келишимдик» пайда болуу теориясын четке каккан. Ал мамлекет үй-бүлөнүн негизинде жана акырынын өнүгүшүнүн натыйжасында жаралган деп божомолдогон. Падыша бийлиги өзүнүн башталышын согуш башчыларынын институнан алат бийликтин мыйзамдуулугунун адам алдындагы даражасы ага болгон «адаттын» натыйжасы жана ушул бийликтин убактысынын (жана анын колундагылар тарабынан кабыл алыынышынан) көз каранды.

Окуунун тагдыры. Юмдун философиялык идеялары, өзгөчө анын скептицизим жана агностицизми европалык субъективдик идеализмдин мындан аркы өнүгүшүндө көрүнүктүү ролду ойногон (115-чийме).

114-чийме

Себеп-натыйжалык байланыш жөнүндөгү элестеттүүлөрдүн жаралышы



115-чийме

Юм: булагы жана таасири
Жаңы доордун башталышы

Ньютон	Локк	Лейбниц	Беркли

ЮМ



73-таблица

Жаңы доордун философиясындагы «идея» түшүнүгү (Декарттан Юмга чейин)

Философтор	*«Идея» терминин түшүнүгү*
Декарт	Идеялар - бул адам акылындагы ойлор, кээ бир идеялар (көбүнчө илимдин мыйзамдары) тубаса болуп эсептелет.
Локк	Идеялар адамдын ойлонушунун кайсы болбосун обьектери («элестетилген», «түшүнүк» ж.б.), эч кандай тубаса идеялар жок.
Беркли	Идеялар - адамдын ойлоосундагы бардык обьекттер («сезүүлөр», «ойлор» ж.б.), эч кандай тубаса идеялар жок.
Лейбниц	Эч кандай тубаса идеялар жок, бирок кээ бир пайдубалдык идеяларды кабыл алуу үчүн болгон тубаса жөндөмдүүлүктөр бар («мен», «окшоштук», «болмуш» ж.б.).
Юм	Идеялар – адам аң-сезиминдеги кабыл алуунун 2 түрүнүн бирөөсү, алар ойлонуудагы жана ой-жүгүртүүдөгү таасирлердин (сезүүлөрдүн) алсыз образы болуп эсептелет жана идеялараркылуу жаралышат; эч кандай тубаса идеялар жок.

15.4. Сведенборг (Swedenborg)

Өмүр таржымалы. Эмануэль Сведенборг (1688-1722) – швед табият илими жагынан окумуштуусу жана философ-мистиги болгон. Анын атасы Еспер Сведберг Король гвардиясынын епископу жана полк попу болгон. Эмануэль Упсаль университетин аяктаган, гуманитардык (философия жана филологияны) жана табигый-так (математика, астрономия, физика, минералогия ж.б.) илимдер менен көп алектенген. Окуусун бүтүрүү үчүн Англия, Голландия, Франция жана Германия боюнча саякаттап, ал жердеги ири университеттерге барган. Үйүнө кайткандан соң физика жана математика жаатындагы изилдөөлөрдүн натыйжасы баяндалган китепти жарыялаган. Бул эмгеги адистер тарабынан жогору бааланган жана падыша КарлXII жаш окумуштууга маанилүү мамлекеттик кызматты – падышалык тоо коллегиясынын өзгөчө асессор кызмат ордун сунуштайт. Жаңы илимий эмгектери жана бир нече маанилүү ачылыштары 1719-ж. аны дворян наамына көтөрүүнүн негизи болду, ушул себептенанын фамилиясы Сведенборгго өзгөртүлдү. 1734-ж. Сведенборгдун илимий жетишкендиктери Европада таанылган, ал

европалык көптөгөн илимий академиялардын (Стокгольмдогу жана Санкт-Петербургдагыны кошуп алганда) мүчөсү болуп тандалган.

1743-1745-жж. Сведенборгдо руханий кризис жүргөн: ага «кош көрүнүү» жана «үндөр» угула баштайт, ал рухтар жана периштелер менен сүйлөшө баштайт. Анын натыйжасы катары - табигый илимдер көйгөйлөр диний идеялардын негизинде: Жаратуучунун «пикири» жана «максаттары» менен байланышта, каралган мистика философиялык мүнөздөгү эмгектер жарыяланган. Ушул мезгилден баштап, Сведенборгду мистик жана «көзү ачык» деп атасак болот.

1747-ж. Сведенборг өзүнү жаңы окуяларга багыштоо үчүн мамлекеттик кызматтан кеткен.

1749-ж. баштап мистицизмдин мындан аркы өнүгүшүндө маанилүү ролду ойногон мистикалык-теологиялык чыгармалары жарык көрө баштайт.

Негизги эмгектери. «Асман сырлары» (1739-1756); «Асмандар жана рухтар дүйнөсү жана тозок жүнүндө» (1758), «Кудайлашкан сүйүү жана Кудайлашкан акылмандык жөнүндөгү периште акылмандыгы» (1763); «Кудайлашкан кудурет жөнүндөгү периште акылмандыгы» (1764); «Ачылыштардын апокалипсиси» (1766); «Чыныгы христиандык дин» (1771). Бардык бул эмгектер латын тилинде жазылып, Лондон жана Амстердамда чыгарылган.

Философиялык көз караштары. Сведенборг өзүнүн жашоосунун биринчи жарымында негизинен Декарт, Ньютон, Локктун идеяларында негизденип, дүйнөнүн механикалык картинасын өнүктүргөн. Бирок философия үчүн анын экинчи – мистикалык – доору кызыгыраак. Өзүнүн негизги милдети деп бул мезгилде Сведенборг өзүндөгү кош көрүнүүлөргө негизденип, Библияга чыныгы чечмелөө берүү жана өзүнүн жашоосунда асман жана тозокко барганда рухтар дүйнөсүндө ага ачылгандарды сүрөттөдө деп эсептеген. Рухтар дүйнөсүндөгү Сведенборг айткан көптөгөн көрүнүштөрү уникалдуу болуп эсептелет, т.а. ошол убакытка чейин бир да мистиктин аңгемесинде кездешкен эмес. Сведенборгдун кээ бир тастыктоолору, жумшак айтканда, кызыктай логикага ээ. Сведенборгдун кош көрүнүүлөрүн толугу менен сүрөттөө жана талдоо көп орунду ээлейт, ошондуктан төмөндө рухтардын жашоосунун бир нече мисалдар гана келтирилет.

Космогониясы. Кудай Сведенборгдун окуусунда бардык бар нерсенин негизи жана анын башталмасы катары көрүлөт. Бул Кудайлашкан башталмадан сүйүүнүн Жыргалчылыгы жана ишенимдин Чындыгы, алардан болсо асман жана периштелер (асмандарды түзгөндөр) келип чыгат. Бардык бар нерсе же жашоо Кудайлашкан башталмадан келип чыгат жана да алар аркылуу колдоого алынган; Кудайлашкан башталма менен бул байланышты жоготкон бардык нерсе кыйрап жана жок болот. Жаратуучудан баш тарткан, чындыкты жалганга, жакшылыкты-жамандыкка алмаштырылган бардык жаратуу ошону менен жашоону өлүмгө, асманды-тозокко алмаштырат.

Космологиясы. Болмуш борборунда Кудай жайгашкан бир катар сфералардан турат, ага жакын сфералар – булар асмандар, андан соң жаратылыш дүйнөсү, эң алыскылары – тозок. Асмандар эки падышачылыкка, үч асманга жана сан-санаксыз периштелер коомуна бөлүнүшөт.

Эки падышачылык - бул Асмандык падышачылык (ички) жана Руханий падышачылык (тышкы). Алар периштелердин эки түрү: асмандык (ички же жогорку) жана руханий (сырткы же төмөнкү) аркылуу түзүлгөн. Алардын ортосундагы айырма – кудайлашкан башталманы (дайыма кудайдан чыгып турган) кабыл алуу усулунда да жана даражасында да кезигет. Биринчилер Кудайлашкан башталманы «көбүрөөк ичкерирээк» кабыл алса, экинчилер «азыраак ичкерирээк» кабыл алышат. Кудайдан алынган Кудайлашкан сүйүү жогорку периштелерде асмандык сүйүү – Кудайга болгон сүйүүгө, төмөнкү периштелерде - руханий сүйүүгө – жакындарга болгон сүйүүгө айланып кетишет. Мында төмөндө турган периштелер Кудайлашкан чындыкты алгач эске тутум жана ойго кабыл алышат, андан соң гана жашооосунда колдонушат, жогорку периштелер болсо

алардын үстүнөн ойлонуп отурбай эле аткарууга киришет. Ушундай айырманын натыйжасында алар бирге жашап жана сүйлөшө алышпайт, алардын ар бири өзүнүн падышачылыгында жашашат. Периштелер ортосундагы сүйлөшүү жана жогоркулардын төмөнкүлөргө болгон таасири асмандык-руханий периште коомдорунун негизинде ишке ашат. Бир нечеден жүз миңдеген сандагу периштелерден турган периштелик коомдор сфераны түзө алышат. Алар аларды түзгөн периштелердин кемтиксиздик даражасына жараша кудайдан ар түрдүү аралыкта жайгашышат. Ошол эле мезгилде ар бир ушундай сфера бүтүн ааламга: *ички* – эң сонунга, *сырткы* - азыраак сонунга окшош болушат.

Асмандагы жашоо жердегиге окшош (бардык периште коомдорунда): периштелердин дене жана кийимдери, үй жана сейил бактары, башка жогорураак периштелердин үгүттөрүн угуу үчүн бара турган чиркөөлөрү бар. Бирок алардын жашоосунун «материалдык» түзүүлөрү жердегиден жакшыраак. Ал эми периштелердин жүзүнүн жана денесинин сулуулугу (алардын кийиминин түсү деле) алардын ички сонундугунан көз каранды.

Асманда да дүйнөнүн төрт тарабы бар жана кудай жайгашкан тарап чыгыш болуп эсептелет. Мында Сведенборг периште кайсы тарапты карабасын, анын бет маңдайында Кудай (чыгыш) болот. (“Тозокто да ошондой, бирок ал жерде «тозок рухтары” кайда карабасын, бет алдында батыш болот»). Асманда сүйлөшүү ой аркылуу болот, ошондуктан ал жерде анткорлонуу жана жалган мүмкүн эмес. Бирок мындай «ойду окуу» жетишкендик даражасы бирдей болгон «тең» рухтар арасында ишке ашырыла алат. Ар түрдүү деңгээлдеги рухтар бири-бирин кабыл алышпайт (көрүшпөйт да) – бир гана алардын сүйлөшүшү үчүн атайын чаралар (мисалы, Кудайдын уруксаты) көрүлбөгөн болсо гана жетишүү мүмкүн.

Окуу тагдыры. Сведенборгдун философиялык-мистикалык идеялары философияга (Шеллинг, Соловьев, Блаватская), көркөм адабиятка (Борхес, Лермонтов, Даль, Андрей Белый, Даниил Андреев) жана ошондой эле мистицизмдин кийинки өнүгүшүнө көрүнүктүү таасирин тийгизген.

15.5. Агартуучулар философиясы

Вольтер (Voltaire)

Өмүр таржымалы.Вольтер каймана атында белгилүү Франсуа Мари Аруэ (1694-1778) – француз жазуучусу, публицист жана философ, Франция агартуусунун көрүнүктүүү өкүлү. Бай нотариустун үй-бүлөсүндө туулган, иезуит коллегиясында окуган, андан соң укукту үйрөнгөн. Франция регентине карата эркин ойлуу ырлары жана сый-урматсыз мамилеси үчүн провинцияга айдалган, 1717-ж. 11 айга Бастилия түрмөсүнө камалган. Түрмөдө 1718-ж. сахнада ойлонуп жана атакка жетишкен «Эдип» трагедиясын жазган. 1726-ж. экинчи жолуБастилияга камалган, андан соң үч жылга Франциядан айдалып, Лондондо жашаган, анда Фр. Бекон, Беркли, Локк, Ньютондун окуулары менен таанышкан. Францияга кайтып, чоң атакка жетишкен бир катар пьесалар менен “Ньютондун философиясынын негиздери” деген философиялык трактатты жазат. Мадам де Помпадурдун көмөгү менен королдун кечиримин алып, Франциянын историографы болуп дайындалган; 1746-ж. француз Академиясынын мүчөсү болуп тандалган. 1750-ж. билимдүү монах болгусу келген пруссиялык падыша Фридрих IIнин чакыруусу боюнча Вольтер Берлинге келет. Үч жылдан кийин үйүнө кайтып келип, ал Пруссиянын казармалык тартибин мазактап күлгөн. 1756-ж. баштап анын «Энцилкопедиядагы» иши башталат. 1755-ж. Вольтер Женевадан алыс эмес жердеги «Отрада» деген жерди менчикке алып жана ошол жерде жашоосунун акыркы жылдарын жашап өтөт. 1778-ж. ал Париждеги өзүнүн акыркы пьесасын коюуга келет, ал жерде Вольтер менен триумфалдык жолугушуу уюштурулат; үч айдан кийин Вольтер көз жумат.

Негизги эмгектери. «Философиялык каттар» (1733), «Метафизикалык трактат» (1734), «Ньютондун философиясынын негиздери» (1740), «Калктардын адеби жана руху жөнүндөгү жалпы тарыхтын тажрыйбалары: 7 томдо» (1756-1769), «Дин эркиндиги

жөнүндө трактат» (1763), «Философиялык сөздүк» (1764), «Тарыхтын философиясы» (1765), философиялык повесттер: «Бабуктун кош көрүүсү» (1746), «Задиг» (1748), «Кандид же оптимизм» (1759), «Ачык майрым» (1767) ж.б.

Философиялык көз караштары*.Онтологиясы.* Вольтер деист жана материя боштукка (мейкиндикте) жайгашкан жана механика мыйзамы боюнча өз ара аракеттешкен бөлүнбөс бөлүкчөлөрдөн (корпускулалар) турган деп таанылган Ньютондун дүйнө жөнүндөгү механикалык картинасынын жактоочусу болгон. Дүйнө чоң саат механизмине окшош жана анын түзүлүшү аны жараткан «саатчынын» т.а. Кудайдын бар экени жөнүндө айтып турат.

Гносеологиясы. Вольтер Локктун материалисттик сенсуализминин жактоочусу болгон.

Социалдык-саясий көз карашы. Кудайдын – дүйнөнүн Жаратуучусунун бар экенине кошулуп, Вольтер биз кудайдын ишмердүүлүгү жана анын дүйнөнүн иштерине болгон киришүүсүнө баа берүүгө акыбыз жок деп эсептеген. Адамдын тарыхы – бул адамдар тарабынан кылынган иш деп божомолдоп, ал жамандыктын булагы - адамдар деп тастыктаган.

Адам – бул коомдук жандык, жана коомдогу жашоо адамдын жаратылышына дал келет: “ Өзү жалгыз жашаган адам ойлоо жана түшүндүрүү жөндөмдүүлүгүн жакынкы убакытта жоготуп коймок. Ал жаныбарга да айланып калуу даражасына да жетиши мүмкүн”. «Кең пейил жапайылар» жана «табигый абалды» идеялдаштырган Руссо (ж.б. агартуучулар) менен тартышып, Вольтер: «Эч качан бизде жаныбар болуу каалоосун бизде ойготуу үчүн мындан көп акыл жумшалган эмес; силердин эмгектеринерди окуп, төрт буттап баскым келет. Бирок мен бул адатты калтырганыма алтымыш жыл болду жана мен ага, бактысыздыкка жараша, кайтуум мүмкүн эместигин сезип турам: мен кыймылдоонун бул табигый жолун сиз менен мага караганда татыктуураак адамдарга калтырам»[1], - деп жазган.

Мамлекеттик башкаруунун эң мыктысы деп Вольтер конституциялык монархияны эсептеген; коомдун бир тараптан кедей жана билимсиздерге, экинчи жактан – бай жана билимдүүлөргө бөлүнүшүн адамдардын жаратылышына дал келген жана сөзсүз боло турган деп эсептеген.

Атеизм жана диний фанатизмди сындоо. Вольтер атеизмге да, диний фанатизмге да каршы чыккан: «Атеизм жана фанатизм» – бул коомду жеп жана тыта турган эки жырткычтар: бирок атеист өзүнүн адашууларында анын тырмактарын кырккан акылын сактап кала алат. Фанатик болсо анын тырмактарын кайрап турган ар дайымкы акылсыздыктын таасири астында болот” [5]. Кудайга ишенүү керек деп эсептөө менен («Эгер кудай жок болгондо, аны ойлоп табуу керек болчу»!) Вольтер төрттөн үч бөлүгү ойлоп табылган деп аталган динге жана бир катар кылмыштарга себеп болгон чиркөөгө чабуул жасайт; анын урааны болуп: «Кара мүртөздү жанч!» болуп калган.

Лейбницти сындоо. Өзүнүн «Кандид» повестинде Вольтер Лейбництин окуусун шылдыңдайт. Повесттеги каармандардын бири – Панглосс ар түрдүү жамандыктарды (уруш, жер титирөө) көргөндө дайыма: «Биздин дүйнө – мүмкүн болгон дүйнөлөрдүн ичинен эң мыктысы», - деп кайталай берет. Бирок мында Вольтер эмне үчүн Лейбництин биздин дүйнөбүздү «мүмкүн болгон дүйнөлөрдүн ичинен эң мыктысы» деп айтканын түшүнбөгөн же түшүнгүсү келбеген.

Окуунун тагдыры. Вольтер өзүнүн жеке окуусун жараткан эмес, бирок ал философияга, биринчи кезекте, деизм жана материалистик сенсуализм пропагандасына, ошондой эле өзүнүн скептицизм жана эркин ойлуулугуна белгилүү таасирин тийгизген (116-чийме).

116-чийме

Вольтер: булагы жана таасири

[1] Дүйнөлүк философия онтологиясы. ;т. Т.2. М., 1970, с. 555

[5]Дүйнөлүк философия онтологиясы. ;т. Т.2. М., 1970, с. 556

Жаңы доордун башталышы.



Монтескье (Montesguieu)

Өмүр таржымалы.Шарль Луи де Секонда барон де Ла Бред и де Монтескье (1689-1755) – француз жазуучусу, тарыхчы жана философ; Франция агартуусунун көрүнүктүү ишмерлеринин бири. Бордонун тегерегинде төрөлгөн; адегенде Бордодон юридикалык илимдерге ээ болгон, андан соң Парижде окуган. 1714-ж.президентке кеңешчи, 1716-1728-жж. чейин Бордо парламентинин президенти болгон. 1727-ж. аны Франция академиясынын мүчөсү кылып тандашкан. 1729-ж. Монтескье Европа боюнча саякатка жөнөгөн; 1731-ж. Францияга кайтып келип, Бред чепсарайына орношкон, ошол жерде чыгармалардын үстүндө иштеп, өмүрүнүн соңуна чейин жашаган. Монтескье «Энциклопедиялар ...» менен жигердүү иштешкен.

Негизги эмгектери. «Персиялык каттар» (1721,автору жашыруун түрдө жарыяланган), «Римдиктердин улуулугу жана кулашынын себептери жөнүндөгү ой-жүгүртүүлөр» (1733), «Дүйнөлүк монархия жөнүндөгү ой-жүгүртүүлөр» (1733), «Мыйзамдардын руху жөнүндө» (1748).

Философиялык көз караштары*.Онтологиясы.* Монтескье – деист, дүйнө Кудай тарабынан жаратылган, дүйнөнүн мыйзамдары түбөлүктүү жана өзгөрүлбөс.

*Гносеологиясы.*Негизинен Монтоскье Локктун материалистик сенсуализминин жактоочусу болгон.

Социалдык-саясий көз караштары. Монтескьенин көңүл борборунда – социалдык-саясий көйгөйлөр турат жана аларды талдоо үчүн ал биринчи учурда ошол убакта табигый илимдер жаатында кеңири таанууга ээ болгон эксперименталдык усулду колдонот. Бул мезгилде илимдердин практикалык пайдасы анык болуп калган: илимий ачылыштардын базасында өндүрүш, соода, деңизде сүзүү, медицина ж.б. өнүгө баштайт. Монтескье эсептегендей, ушулардын негизинде кийинки урпактардын жашоосу азыркыга караганда жеңилирээк жана бактылуурак болот. Бирок бул үчүн олуттуу социалдык кайра куруулар керек.

Утописттерден айырмаланып ал идеалдуу коомдун үлгүсүн түзбөйт. Макиавеллидей эле Монтескье иштердин реалдуу абалына жана ар түрдүү өлкөлөрдүн – байыркы (Рим, Греция) жана ошондой эле ага заманбап болгондордун да саясий жашоосунун тажрыйбаларына кайрылат. Бирок Макиавеллиден айырмаланып, социалдык көрүнүштөрдү түшүндүрүү үчүн Монтескье себептердин жалпы комплексине (тарыхый, саясий, физикалык, географиялык, моралдык) кайрылат. Бардык агартуучулардай эле адам жаратылышы билимдин жайылышы, мыйзам жана социалдык мекемелердин жакшырышынын негизинде өркүндөтүлгөн деп эсептеп, ал өзүнүн көңүлүн «адам жаратылышына» туура келген жана акыл-эске негизделген мыйзамдарды иштеп чыгууга арнайт.

Социалдык көрүнүштөрдү талдап жатып, Монтескье коомдун жашоосун Кудайлашкан кудурет жана абал башкарбайт, адам тарыхынын негизинде жаратылыш мыйзамдарындай эле обьективдүү мыйзамдар жатат деп эсептеген. Адамдардын бул мыйзамдар боюнча иштебегендери чын, «кээ бир акыл-эстүү жандыктар өзүнүн табияты боюнча чектелген, ошондуктан да адашышат, башка тараптан алардын табияты боюнча аларга өз каалоосу боюнча иш тутуу мүнөздүү». Мындан: адамдар үчүн мыйзамдын эки түрү иштейт (74-таблица).

74-таблица

Мыйзамдын негизги түрлөрү

Мыйзамдын түрү	*Келип чыгышы*	*Кыймыл сферасы*
Физикалык (Табигый)	Жаратылыш мыйзамдары катары кудай тарабынан түзүлгөн	«Табигый абал» (мамлекеттке чейинки) жана жарандык коом (мамлекет)
Социалдык	Адамдар аркылуу түзүлгөн	Бир гана жарандык коом (мамлекет)

Мамлекетте социалдык мыйзамдардын үч түрү пайда болот (75-таблица).

75-таблица

Социалдык мыйзамдардын түрлөрү

Мыйзам түрү	*Кыймыл чөйрөсү*
Эл аралык укук	элдер аралык мамилелер
Саясий укук	башкаруучу жана башкарылуучулар ортосундагы мамилелер
Жарандык укук	жарандар ортосундагы мамиле

Монтескье эл аралык укукту акыл-эске негизделген, саясий жана жарандык укукту – ушул акыл-эсти айрым учурларда жумшоого негизделген деп эсептеген.

Географиялык детерменизм. Монтескьенин борбордук идеяларынын бири ар түрдүү мамлекеттердин ички мыйзамдары (саясий жана жарандык укук) ошол мамлекетте жашаган адамдардын руху (менталдуулугу) менен тыгыз байланышта деген тезиси болгон. Улуттун духу болсо өз учурунда алгач географиялык чөйрө, т.а. климат, географиялык шарт, жердин сапаты, жашоо образы (жер иштетүүчүлөр, мергендер, мал багуучулар), ошондой эле дини, адеби жана үрп-адаты ж.б. менен аныкталат, ошондуктан «аябай эле сейрек учурларда бир элдин мыйзамдары башкасы үчүн жарактуу боло алат»[1].

Түштүк өлкөлөрүндөгү ысык климат адамдарга алсыздандыруучу таасир тийгизет, ошондуктан ал жердеги адамдар назик, организмдери алсыз жана сезимтал, адамдары тартынчаак болушат. Түндүк өлкөлөрүндө суук климат болгону үчүн адамдардын организми чың, чыдамкай. Түндүктүктөр чоң күчкө ээ, демек кайрат жана эрдикке ээ жана аларда шектенүү жана саясатчылык аз болот. Ошондуктан Азиянын ыссык өлкөлөрүндө кулчулук руху өкүм сүрөт жана алар үчүн башкаруунун деспоттук түрү туура келет. Мээлүүн климаттуу өлкөлөргө болсо *монархиялык* жана *республикалык* башкаруу формасы туура келет (76-таблица).

76-таблица

Башкаруу түрлөрү

Башкаруу түрү	*Бийлик мүнөзү*	*Этикалык негиздер*
Республикалык	бийлик же бүтүндөй элдин колунда же бир бөлүгүндө болот	жакшы иш жасоочу
Монархиялык	Бийлик бир адамдын колунда болот, бирок коюлган мыйзамдардын негизинде башкарат	абийир

Деспоттук	Бийлик бир адамдын колунда болот жана ал өзүнүн эрки боюнча башкарат	коркуу

Бийликти бөлүү. Ар бир мамлекеттин ичинде мыйзам чыгаруу, аткаруучу жана соттук бийлик бар. Кыяматтык менен жаман ишке пайдалануу болбошу үчүн бул үч бийлик бөлүнүп турушу жана бири-бирин көзөмөлдөшү керек.

Эркиндик. Адамдын эң негизги максаты – эркиндик. Бирок саясий эркиндик бул көңүлүн каалаган нерсени кылуу эмес. Мыйзамдар бар мамлекетте, т.а. коомдо «Эркиндик - бул мыйзам тарабынан эмнеге уруксат болсо, ошону кылууга болгон укук; Эгер жаран мыйзам тарабынан уруксат этилбегендерди кыла алганда, анын эркиндиги жок болмо, себеби ошол эле нерсени башка жарандар деле кыла алмак».[2]

Окуунун тагдыры. Монтескьенин бардык идеяларынын ичинен философиянын мындан аркы өнүгүшүнө анын «географиялык детерминзми» таасирин тийгизген. Бул XIXк. өзгөчө «географиялык мектепти» жараткан, анын базасында болсо XXк. геосаясаттын концепциясы пайда болгон (117-чийме).

117-чийме

Монтескье: булагы жана таасири



[1] Монтескье Ш. Рухтар мыйзамы жөнүндө. Дүйнөлүк философия онтологиясы. Т 2., М., 1970, с.539
[2] Жогоруда. С. 542

Руссо (Roussean)

Өмүр таржымалы.Жан Жак Руссо (1712-1778) – француз жазуучусу жана философ, жаңы педагогиканын жаратуучусу, франция агартуусунун көрүнүктүү өкүлү.

Женевада саатчынын үй-бүлөсүндө туулган; тагасынын – кальвинист попунун үй-бүлөсүндө тарбияланган. Руссо 16 жашында үйдөн кетип, Швейцария жана Франция боюнча тентиреп жүрүп, акыры ал үчүн досуна, энесине жана сүйүктүүсүнө айланган мадам де Варанстын үйүндө баш калакалар жер табат. Бул аялдын кеңеши боюнча кийинки бир топ жылдар бою өз алдынча окуп билим алган. 1741-ж. Руссо Парижге барып, Дидро ж.б. энциклопедисттер менен таанышып, алар менен «Энциклопедияда» иштеше баштайт. 1750-ж. Дижон илимдер академиясы «Илим жана искусствонун кайра жаралышы адептин жакшырышына түрткү болгонбу?» деген темада мыкты сочинениеге конкурс жарылайт. Руссонун «Илими жана искусстволор жөнүндөгү ой-жүгүртүү» наамындагы сочинениясы эң мыкты деп табылып, анын жарыяланышы болсо ага атак алып келет. 1758-ж. энциклопедисттер менен идеологиялык жактан келишпестиктер (өзгөчө Вольтер менен) пайда болуп, алар менен алаканы үзөт. «Коомдук келишим жөнүндө» деген эмгегинин жарыяланышы анын атеисттер тарабынан да, Париждеги жана Женевадагы кудайга ишенүүчүлөр тарабынан да сындоого алып келген. Бир нече жыл Руссо бир жерден башка жерге көчүүгө мажбур болгон, Юмдун чакыруусу боюнча Англияга келген, бирок тез эле Юм менен тартышып кетип, Францияга кайткан жана кийинчерээк ошол жерде көз жумган.

Руссонун этика жаатындагы изилдөөлөрүн Кант жогору баалап, аларды «Моралдын Ньютону» деп атаган, мамлекеттин келип чыгуу көйгөлөрү боюнча Руссонун эмгектери улуу Француз революциясы, өзгөчө Робеспьер жана анын жактоочулары үчүн теоретикалык пайдубал катары кызмат кылган.

Негизги эмгектери. «Илим жана искусство жөнүндөгү ой-жүгүртүү» (1750), «Адамдар ортосундагы теңсиздиктин пайда болушу жана негиздери жөнүндөгү ой-жүгүртүүлөр» (1755), «Саясий экономия» (1758 - мурда «Энциклопедия" үчүн жазылган макалалар, «Юлия же Жаңы Элоиза» (1761), «Коомдук келишим жөнүндө, же саясий укуктардын принциптери" (1762), «Эмиль же тарбия жөнүндө» (1763).

Философиялык көз караштары.*Онтологиясы.* Руссо материалдык дүйнөнүн бар экенин кудай тарабынан жаратылганын таанып, деист болгон.

Гносеологиясы. Материалисттик сенсуализмдин идеяларын карманып, Руссо адам нерселердин маңызын түшүнө албайт деп эсептеген. Ал акыл-эстин жана теориялык ойлонуунун маанисин жана дүйнө тааныуудагы алардын ролун басаңдаткан.

Социалдык-саясий көз караштары. Руссо негизги көңүлүн социалдык-саясий проблематикага жана өзгөчө теңсиздик көйгөйүнө бурган. Ал теңсиздикти эки түргө бөлгөн (77-таблица).

77-таблица

Теңсиздик түрү	Теңсиздиктин түрлөрү Мүнөздөмө	Булагы
Табигый же физикалык	Айырма жашта, ден-соолукта, телолуу жана акыл күчтөрүндө же жан дүйнө сапаттарында	Адам жаратылышы
Адептик же саясий-(социалдык)	Айырма байлык жана социалдык абалында (бирөөлөрү - бай, сыйлуу, бийликке ээ, башкалары - кедей, жек көрүлгөн, баш ийүүгө мажбур)	Жеке менчик жана мамлекеттик түзүлүш

Руссо бир нече жолу «табигый абалда» (мамлекеттин жаралышына чейин) социалдык теңсиздик жок деп белгилеген, ал жерде бир гана физикалык теңсиздик болгон: адам өзүнүн жаратылышы менен биргеликте жана сырткы дүйнө менен гармонияда болуп, «тынч жана күнөөсүз өмүр» кечирген. Бирок адамда өзүн жакшыртуу жөндөмү бар,

ошондуктан да ал мурдагы абалынан чыгып кеткен. Бул нерсе бир жагынан илимдердин гүлдөн өнүгүшүнө, өндүрүштүн жана адамдардын жакшы сапаттарынын өнүгүшүнө, башка жагынан - жаңылуулардын жана кемчиликтердин өсүшүнө алып келген, адам болсо «өзүнүн жана жаратылыштын үстүндөгү тиранга» айлана баштаган.

Социалдык теңсиздиктин жаралышынын себеби жеке менчик мүлктүн пайда болушу болгон: «Өзүнүн жер тилкесин бөлүп алып, «бул меники» деп жана ошого ишене турган жөнөкөй адамдарды таап, аларды ишендирген биринчи адам жарандык коомдун чыныгы негиздөөчүсү болгон. Эгер ошол учурда бир адам чыгып, аңды толтуруп жана чектөөлөрдү алып салып, ошол жердегилерге: «бул жалганчыны укпагыла, эгер жер тартуулары – барыбызга, жер болсо – эч кимге таандык эмес экенин унутпашыңар керек» деп айтканда, көптөгөн кылмыш, согуш жана өлтүрүү, бир канча апааттардан жана шумдуктардан адамзатты куткарып калмак". Менчик жер элөөлөрү бардык жерди каптап калганда, алардын мындан аркы көбөйүшү коңшу жерлердин эсебинен болгон. Бул учурда көпчүлүк адамдар жерлеринен айрылып калышкан жана байлардан да күн көрүүгө мажбур болушкан; ушинтип өкүмдарлык жана кулчулук пайда болгон.

Мамлекеттин келип чыгышы жөнүндө. Адам эркин болуп төрөлгөн, бул адамдын өзүнүн жаратылышынан келип чыгат жана анын биринчи мыйзамы – өзүн-өзү сактоо үчүн кам көрүү. Эч бир адам башкалар үстүнөн табигый бийликке ээ эмес жана күч эч кандай укук бербейт, ошондуктан бардык мыйзамдык бийликтин бирден бир негизи болуп адамдар ортосундагы келишим эсептелет. Мамлекет коомдун бардык мүчөлөрү ортосундагы жалпы келишимдин натыйжасында пайда болот. Мамлекет менен аны түзгөн жеке жактардан жаралгандыктан, өзүнүн жараандарынын кызыкчылыгына каршы болгон кызыкчылыктарга ээ боло албайт (дене өзүнүн мүчөлөрүнө зыян келтире албагандай эле). Коомдук келишим бардык жараандар ортосунда теңдүүлүктү орнотот. Алар келишимге бир эле шарттарда келишет жана бир эле укуктарды колдонуу керек. Мыйзам чыгаруунун максаты жараандарды эркиндикке жана теңдүүлүккө жеткизүү болуп эсептелет: «бир да жаран башканы сатып ала алчуудай байып кетпеши керек жана эч бири өзүн сата тургандай кедей болбошу керек». Мамлекеттин келишим түрдө пайда болгону жөнүндөгү окуу падыша бийлигинин кудайлашкан мүнөзү жөнүндөгү ойлорду жок кылган. Бул жерден революциялык жыйынтык чыгат: эгер өкүмдар өзүнүн милдетин керектүү түрдө аткарбай жаткан болсо, аны тактан түшүрүп же башкага алмаштырууга болот. «Эркиндик. Теңдик. Туугандык!» Француз революциясынын ураанына айланган.

Окуунун тагдыры. Руссонун көп идеялары андан аркы өнүгүшүн XIX-к. философиясында тапкан: анын эткалык көз-караштары Кант, Фихте, Фейербахтын этикасына; социалдык-саясий көз караштары – социалисттик концепциялардын өнүгүшүнө, культурологиялык көз-караштары маданият философиясынын түзүлүшүнө таасирин тийгизген.

Дидро (Diderot)

Өмүр таржымалы.Дени Дидро (1713-1784) – француз жазуучусу жана философ. Агартуунун көрүнүктүү ишмерлеринин бири, «Энциклопедиянын» уюштуруучу жана редактору. Ланграда оокаттуу кол өнөрчүнүн үй-бүлөсүндө туулган. Алгач ошол жердеги иезуит колледжинде окуп, андан соң Парижге көчкөн, Сорбонна колледжин аяктап, искусство магистринин наамын алган (1732). Парижде Д.Аламбер, Руссо, Кондильяк менен таанышкан. Нан табуу үчүн котормочулук менен алектенген, атай кетсек англис философу Шефтсберинин «Абийир жана изгилик жөнүндө тажрыйба» деген эмгегин которгон; анын таасири астында өзүнүн «Философиялык ойлор» деген биринчи философиялык эмгегин жазган. 1746-ж. Париж парламентинин токтому боюнча Дидронун ушул китеби өрттөөгө буйрук кылынган. 1749-ж. «кооптуу ойлорду» жайылткаңы үчүн ал камакка алынып, аз убакытка Венсен сарайына камалган. 1751-ж. «Энциклопедиянын» басып чыгаруу башталган, анын идеялык демөөрчүсү болуп Руссо эсептелген.

1773-ж. Дидро Екатерина IIнин чакыруусу боюнча Петербургга келип, реформалардын долбоорлорунун үстүндө иштеген; ошол эле жерде ага Петербургдагы Илимдер академиясынын жана Көркөм академиянын ардактуу мүчөсүнүн наамын беришкен. Бир жылдан кийин Дидро Голландияга кеткен, андан соң Францияга кайтып келген.

Негизги эмгектери. «Философиялык ойлор» (1746), «Аллеялар, же скептиктин сейили» (1747), «Көрө ала тургандарга насыят катары көзү азиздер жөнүндө кат» (1747), «Жаратылышты түшүндүрүү жөнүндөгү ойлор» (1753), «Д.Аламбердин Дидро менен болгон сүйлөшүүсү» (1769), «Д.Аламбердин түшү» (1769), «Материя жана кыймылдын философиялык принциптери» (1770).

Философиялык көз караштары.*Динди сындоо.* Өзүнүн алгачкы чыгармалрында эле Дидро христиандык догмаларды жана диний калп ишенүүлөрдү сындаган. Ал Инжилдеги ар түрдүү шумдуктарды, Библиянын кудайлашкан мүнөзүн шек жаратуу менен далил катары «бузук айлананы" көрсөткөн: Ыйык Жазуунун кудайлашкан келип чыгуусун ким белгилейт? Чиркөө. Анын тастыктары эмнеге негизделген? Ыйык Жазууда.

Дидронун көз-карашы боюнча Инжилдеги аңгемелер байыркы мифтерге эле окшош. Өкүнгөн күнөөлүүлөрдүн өзүн-өзү кыйноолорун сүрөттөп жатып, ал: «Ким аларды бул кыйноолорго өкүм чыгарды? …. Алар акаарат келтирген Кудай … Бирок бул Кудай ким? Жакшылыктын ордосу... Жакшылыкка толгон Кудай ушул бактысыздардан көз жашынан ырахат алабы?» деп белгилеген.

Онтология. Алгач Дидро деист болгон, бирок 1749-ж. баштап материализм менен атеизмдин позициясында турган. Кудай тарабынан жаратылган жана андан кийин кыймылсыз жана өзгөргүс деистердин жаратылышын Дидро түбөлүк кыймылда жана өнүгүүдө болгон дүйнөнүн матеиалисттик дүйнөсүнө карама-каршы койгон. Деизмге ылайык, Кудай жаратылыштын сыртына чыгарылат, себеби дүйнө жаратылгандан соң, ал анын жашоосуна кийлигишпейт, Дидродо болсо Кудай керексиз болуп калган (78-таблица).

78-таблица

Жаратылышты түшүндүрүү үчүн Кудайдын керексиздигин негиздөө

Кудай төмөндөгүдөй катары керек эмес	*Негизделүүсү*
Дүйнөнүн жаралышынын себеби	Материя өзүндө өзүнүн жашоосунун себебине ээ болгондуктан
Дүйнөдөгү тартиптин булагы	Материя өзүн тартипке салган мыйзамдарга ээ болгондуктан
Кайсы бобосун кыймылдын булагы (Алгачкы кыймылдаткыч)	Кыймыл - материянын касиети болгондуктан

Механицизмдин жактоочулары кыймылды – чыныгы механикалык аракеттенүү деп түшүнүп, бардык дененин кыймылынын булагы катары ушул дененин сыртындагы жайгашкан кандайдыр бир нерсени таанууга мажбур болушкан жана дал ушул акырында аларды алгачкы кыймылдаткыч – Кудайдын идеясына алып келген. Дидро кыймылды кененирээк түшүнөт: аны бир гана мейкиндиктеги орун которуштуруу катары эмес, өзгөрүү, көбөйүү жана жок болуу катары да түшүнөт. Материя элементтердин чексиз санынан турат, алардын ар бири өзгөчө сапатка ээ. Материалдык бөлүкчөлөрдүн ички карама каршылыгы жана ар түрдүүлүгү бардык кыймыл жана өзгөрүүнүн булагы болуп эсептелет.

Дидро материяны жалгыз бар субстанция деп эсептеп, **монист** болгон. Адам ээ болгон аң-сезим жогорку уюштурулган материянын касиети болуп эсептелет, анын пайда болушу адамдын биологиялык түр катары түзүлүшү, органикалык материянын татаалдашуусу жана өнүгүшү менен байланышта. Дидрону эволюциялык теориянын кээ бир идеялары

мурдатан эле таң калтырган.

Гносеология. Дидро Локктун материалистик сенсуализминин жактоочусу болгон, дүйнөнү таанып билүү мүмкүндүгүн белгилеп, Берклинин идеалисттик сенсуализмине жана Юмдун агностицизмине каршы чыккан.

Окуунун тагдыры. Дидро материализмдин жана атеизмдин андан ары өнүгүшүнө, өзгөчө Фейербахка чоң таасирин тийгизген.

8-БӨЛҮМ
XVIII-К. ЯАГЫНДАГЫ - XIX-К. БАШЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ
16-БАП

НЕМЕЦ КЛАССИКАЛЫК ФИЛОСОФИЯСЫ

Европа философиясынын өнүгүшүндөгү негизги этап немец классикалык философиясы болгон. Анын негиздөөчүсү Иманиул Кант болсо, И.Т.Фихте, Ф.В. Шеллинг, Р.В.Р. Гегель жана Л.Фейербах аны өнүктүрүшкөн. Немец классикалык философиясы XVIII-к. 70-жж. баштап (И.Канттын чыгармачылыгындагы оор мезгилден баштап) жана XIX-к. акырына чейинки мезгилди – Шеллингдин өлүмү жана Фейербахтын жигердүү философиялык ишмердүүлүгүнүн бүткөн мезгилин камтыйт (118-чийме).

118-чийме

Немец классикалык философиясы: хронологиялык алкактар



Немец классикалык философиясынын бардык агымдарынын тамырлары Канттын философиясына кетет. Бирок анда ар түрдүү элемент жана тенденциялардын бардыгы анын базасында объективдүү жана субъективдүү идеализмдин, жадакалса материализм сыяктуу бардык мүмкүн болгон философиялык окуулардын өнүгүшүнө мүмкүндүк берген (119-чийме).

119-чийме

Немец классикалык философиясы: негизги агымдар



Өмүр таржымалы. Иманиул Кант (1724-1804) Кёнигсбергде туулуп, өмүрүн баарын эле ошол жерде өткөргөн (азыркы Калининград). Кол өнөрчүнүн үй-бүлөсүнөн, ал Кёнигсберг университетинде окуп, анда бакалавр даражасын алган (1740), 1747-ж. 1754-ж. чейин репетитор болуп иштеген. 1755-ж. магистрдик диссертациясын жактаган жана Кёнигсберг университетинде доцент болуп, 1770-ж. кийин баштап (доктордук

диссертациясын жактагандан кийин) профессор болуп иштеген. Жашоосунун акырында көзү азиз болуп калган.

Канттын чыгармачылыгында эки мезгил: оор абалга чейинки (1770-ж. чейин) жана оор абал байкалат. Оор абалга чейин ал көбүнчө табият илими көйгөйлөрү менен алектенген, оор абалда анын критицизмдин философиялык доктринасы түзүлгөн.

Негизги эмгектери. *Оор абалга чейинки мезгил.* «Жалпы табигый тарых жана асмандын теориясы» (1755), «Жер титирөөлөрдүн себеби жөнүндө» (1756), «Шамалдар теориясы» (1756), «Физикалык монадология» (1756), «Силлогизмдин 4 түрү жөнүндөгү жалган акылмандыктар» (1762), «Сонун жана жогорку баалангандардын сезими үстүнөн байкоолор» (1764), «Сезимдик жана интеллигибелдик дүйнөнүн принцип жана формалары жөнүндөгү» доктордук диссертация.

Оор абал мезгили: «Таза акыл-эстин сыны» (1781), «Илим боло ала турган бардык келечектеги метафизикага болгон пролегомендер» (1783), «Практикалык акыл-эстин сыны» (1788), «Ойлоо жөндөмүнүн сыны» (1790), «Бир гана акыл-эстин чектериндеги дин» (1793), «Түбөлүктүү дүйнө жөнүндөгү трактат» (1795).

Философиялык көз караштары. Оор абалга чейинки мезгил. Табигый илимдердин көйгөйлөрү менен алектенип жатып, Кант бир нече олуттуу ачылыштарды жасаган. Анын бул жааттагы маанилүү жетишкендиктери төмөнкүлөр болгон:

- күн системасынын келип чыгышы жөнүндөгү асмандык теорияны иштеп чыккан, ага ылайык, күн жана планеталар тартылуу күчүнүн негизинде чаңдын чоң газ сыяктуу булутунан түзүлгөн; бул теория Лапластын «Дүйнө системасын баяндоо» деген эмгегинде кайра түзүлгөн (1796), аталган теория XIXк. «Кант – Лапластын гипотезасы» деген аталышта кеңири таанылган:
- куюлуу жана тартылуунун натыйжасында Жердин суткалык айланышы басаңдашы далилдеген.

Оор абал мезгили – «тунук акыл» жөнүндөгү окуу. Кант өзүн окуусунун негизги идеяларын «Тунук акылдын сынында» эле түзгөн. Анын көңүл борборунда гносеологиянын көйгөйлөрү турат жана өзүнүн таануу, тагыраак айтканда «таза» жана «теоретикалык акыл-эси жөнүндөгү» окуусун ал **трансценденталдык логика** деп атаган.

Онтологиялык суроолордо өзүнүн көз караштары боюнча Кант - деист, демек объективдүү идеялист да болуп эсептелет: ал үчүн Кудайдын – дүйнөнүн Жаратуучусунун бар экени шексиз. Бирок Кудайдын бар экени жөнүндөгү көйгөй – бул теориялык эмес, практикалык акыл-эстин суроосу. Таза акылдын алкагында туруп, биз объекттердин сырткы дүйнө жана адамдык аң сезим деген эки түрү бар экенине шектене албайбыз. Мында биздин акыл-эсибиздин бардыгы күмөнсүз. (Декарттын «Ойлоп жатам, демек жашап жатамын» эстесек), тышкы дүйнөнүн объекттеринин бардыгын биздин акыл-эске сырттан келген нерселер катталган сезим органдары аркылуу билебиз. Ушинтип, таза акылдын алкагында Кант дуалист катары көрүнөт, ал эми карап чыгуунун негизги объекти жана түпкү реалдуулугу болуп адам аң-сезими эсептелгендиктен, Кантты субъективдүү дуалист десек да болот.

Биздин сырткы дүйнөнүн объекттери жөнүндө билгенибиз – булар алардын аң-сезимибиздеги образдары, чагылуулары, көрүнүштөрү гана болгондуктан, теориялык акыл-эс бул объекттерди биздин аң-сезимибиздеги алардын чагылууларынан ажырата алышы керек. Ошондуктан Кант төмөндөгү түшүнүктөрдү киргизет.

«Өзү менен өзү нерсе» - бул өзү менен өзү кандай болсо, ошондой болгон сырткы дүйнөнүн (же бүтүндөй дүйнөнүн) объекти. «Биз үчүн нерсе» - биздин аң-сезимибиздеги сырткы дүйнөнүн (же бүтүндөй дүйнөнүн) образы (көрүнүшү).

Өзү менен өзү нерсе – трансценденталдык маңыз, т.а. биздин мүмкүн болгон тажрыйбанын чегинен тышкары жайгашат, себеби тажрыйба жана тажрыйбаны билдирген теориялык таанууда биз көрүнүш менен (биз үчүн нерсе) гана иш жүргүзөбүз.

Сырткы дүйнө жана андагы объекттер («өзү менен өзү нерсе») сезимдик маалыматтардын булагы болсо да, ал Кант боюнча сезим менен да, акыл-эс аркылуу да тааныла албайт, ошондуктан Кантты **агностик** деп атасак да болот. Сезимдик тажрыйба жана акыл-эстик таанууунун сыртында, Кант боюнча, Кудай, өлбөстүк жана эркиндик сыяктуу өзү менен өзү нерселер бар. Кант аларды акылга сыйган маңыз жана акыл-эс предмети, бирок бул учурда акыл жете албай турган деп эсептейт. Бул Канттын агностицизм жөнүндөгү тезисин тастыктайт. *Таза акыл-эстин борбордук көйгөйү.* Биз ээ болгон дүйнө жөнүндөгү кандай гана болбосун билим пикирлерде (сүйлөмдөрдө) чагылдырылат. Ал эми бардык пикирлерди, бир жагынан, аналитикалык жана синтетикалык, башка жактан - априордук жана апостериордукка бөлсө болот.

Аналитикалык пикирлер – бул кээ бир объект жөнүндө бекитилген, бул объект жөнүндө түшүнүктө алдын ала эле камтылган ой-пикирлер. Мисалы: «Бардык денелер узундукка ээ (протяженность)». Бул ойлоо аналитикалык, себеби (материалдык) дененин түшүнүгүнө «узун болуу" касиети кирет жана эч кандай узун болбогон объектти дене деп эсептөөгө болбойт. Аналитикалык ойлоолор – тавталогиялар, алар бизге объект жөнүндө жаңы маалымат беришпейт.

Синтетикалык пикирлер – бул кээ бир объект жөнүндөгү бекитилген, ошол объект жөнүндөгү түшүнүктө камтылбаган ой-пикирлер. Мисалы: «Кээ бир ак куулар кара». Бул ойлоо синтетикалык, себеби «Кара болуу» сыпаты «ак куу» түшүнүгүнө кирбейт.

Аналитикалык пикирлерде объект жөнүндө бекитилгендер логикалык жактан ушул объект жөнүндөгү түшүнүктөн келип чыгат; синтетикалык ойлоолордо объект жөнүндөгү бекитилгендер ушул объекттин түшүнүгүнө кошулат, аны менен синтезделет.

Априордук пикирлер – бул тажрыйбага чейинки жана тажрыйбадан сырткары ойлоолор, т.а. ылайыктуу тажрыйбага чейин болгон жана андан көз каранды болбогон.

Апостериордук пикирлер – бул тажрыйбадан кийинки ойлоолор, т.а. өзүбүздүн тажрыйбабызда бир нече билгенибизден кийин айтылган жана ушул тажрыйбалык билимди сүрөттөгөн ойлоолор.

Априордук деп бардык аналитикалык пикирлер эсептелет, мисалы, Австралиянын ачылышынан кийин айтылган «Кээ бир ак куулар кара» деген ойлоо апостериордук болуп эсептелет.

Бардык ой-пикирлерди ушул эки негиз боюнча бөлүү ойлоолордун мүмкүн болгон төрт түрүн бөлүп чыгууга жол ачат (79-таблица).

79-таблица

Ойжүгүртүүлөрдүн түрү

Түрлөрү	*Аналитикалык*	*Синтетикалык*
Априордук	1) аналитикалык жана априордук	3) синтетикалык жана априордук
Апостериордук	2) ~~аналитикалык жана апостериордук~~	4) синтетикалык жана апостериордук

Бирок, Кант боюнча, талдоочул апостериордук пикирлер (2) мүмүкүн эмес, себеби талдоочул ойлоолор тажрыйбадан эч көз каранды болбойт, демек дайыма априордук (1) гана болушат. (Эгер ошол объект жөнүндөгү аныкталгандар ошол объекттин түшүнүгүндө камтылса, тажрыйбага кайрылуу маанилүү болбой калат). Синтетикалык апостериордук пикирлердин (4) бар экени шек туудурбайт жана көйгөй жаратпайт: биз тажрыйбадан бир объект жөнүндө бир нерсени билебиз, андан соң ушул объект кээ бир касиеттерге ээ деп белгилейбиз, бул нерсе болсо логикалык жактан бизде бар ушул объект жөнүндөгү түшүнүктөн келип чыкпайт. Ушул сыяктуу «ак куу» деген түшүнүктөн ак куулардын кандай түстү болушу келип чыкпайт. Австралиянын ачылышына чейин европалыктардын тажрыйбасы бир гана ак түстөгү ак куулардын бар экенин айткан,

Австралияны ачкандан кийин европалыктар кара ак куулар дагы болорун билишкен.

Аларда биз ылайыктуу тажрыйбаны алганга чейин жана андан көз карандысыз эле объект жөнүндөгү түшүнүккө логикалык жактан ушул түшүнүктөн чыкпаган кээ бир касиеттерди кошкон, синтетикалык априордук ойлоолор мүмкүнбү?

Синтетикалык априордук ойлоолор бир гана бар болуп эле калбай, таанууда негизги ролду ойношот: алар илимдин бардык мыйзамдары. Мисалы, биз бардык экителонун ортосунда түздөн түз алардын салмагына пропорционалдуу жана аралык квадратына тескери пропорционалдуу тартылуу күчү аракеттенет (дүйнөлүк тартылуу мыйзамы) деп айтып жатканыбызда, биз бул мыйзам бардык телолор ортосунда аракеттенишин бекитебиз. Бир жагынан, тартылуу касиети тело түшүнүгүнө кирбейт жана логикалык жактан андан чыгарылбайт, демек бул пикир синтетикалык, башка жагынан, биздин адамдык тажрыйбабыз чектелген жана бардык бар телолордун касиеттерин камтыбайт, демек бул априордук пикир. Бирок мындай жалпылык жана зарылдык формасы илимдин башка бардык мыйзамдарында да бар.

Мындан айланасында таза акылдын бардык калган көйгөйлөрүнүн талдоосу жөнүндө сөз болгон Канттын философиясынын негизги көйгөйү келип чыгат: синтетикалык априордук ойлоолор кантип мүмкүн болот?

Илимдин үч негизги чөйрөгө бөлүп, Кант ушул суроону конкреттештирет: синтетикалык априордук ойлор математика, теоретикалык табият таануу, метафизикада кандайча мүмкүн?

Кант адамда таанып – билүү жөндөмдүүлүгүнүн үч түрүн: **туюм, акыл-эс,акылды** байкайт – алардын ар бирин ылайыктуу билим чөйрөсүндө негизги деп эсептейт (80-таблица).

80-таблица

Адамдын тааныш – билүү мүмкүнчүлүктөрү

Тааныш-билүү жөндөмдүүлүгүнүн түрү	*Мүнөздөмө*	*Билим чөйрөсү*
Туюм	Сезүүлөргө, сезимдик ой-толгоолорго болгон жөндөмдүүлүк	Математика (арифметика жана геометрия)
Акыл-эс	Түшүнүү жана ойлоолорго болгон жөндөмдүүлүк	Теориялык табият таануу
Акыл	«Идеяларга» чейин жеткизүүчү ой корутундуулоого болгон жөндөмдүүлүк	Метафизика

Синтетикалык априордук ойлоолор математикада кандайча мүмкүн? Математика деп Кант бир гана арифметика жана геометрияны түшүнгөн, ошондуктан бул суроо бир гана алар үчүн коюлган. Математикалык билимдин элементтерин (геометриялык фигура жана сандар) ал түшүнүк деп эмес, же мейкиндиктин (геометрия) же убакыттын (арифметикада) сезимдик ой-толгоолоруна негизделген ачык көрүнгөн элестетүүлөр же сезимтал ой-толгоолор деп эсептеген. Мында мейкиндикти жана убакытты объективдүү бар болгон өзүнчө негиз (Ньютондун салтындагыдай абсолюттук мейкиндик жана убакыт катары) же материалдык телолордун касиеттери (Ньютондун салыштырмалуу мейкиндиги жана убакыты катары) деп эсептеген эмес. Кант боюнча, *мейкиндик – бул сырткы сезимдик ой-толгоолорунун априордук формасы,* т.а. адам үчүн тубаса болгон, сырткы дүйнө объекттеринен алынган сезимдик таасирлерди уюштуруу жана кабыл алуу жолу. Биз сырткы дүйнө объекттери жана алардын ортосундагы мамиле кандай түзүлгөн билбейбиз (мунун баары “өзү менен өзү нерселер”). Бирок качан биздин сезүү органдарыбыз сырткы дүйнөдөн кандайдыр бир сезүүлөрдү алганда, сезимдик тааныш – билүүнүн деңгээлинде эле бул сезүүлөр сырткы кабыл алуунун мейкиндиктин априордун

формасынын эсебинен салыштырмалуу жайгашкандай жана бул объекттер өздөрү белгилүү мейкиндиктик мүнөздөмөгө (узундук, кеңдик, тереңдик) ээдей элестейт. Ушундай эле, *убакыт да - ички сезимдик ой-толгоолордун априордук формасы*.

Субъектке - адамга таандык болгон, сырткы (мейкиндик) же ички (убакыт) сезимдик ой-толгоонун формасында аң-сезимибизге сырттан, объективдүү бар дүйнөдөн келген сезимдик маалыматтардын синтези Кантта *трансценденталдык апперцепция* деп аталат (120-чийме).

Математиканын (геометрия жана арифметиканын) мыйзамдары транценденталдык апперцепция процессинде сезимдик ой-толгоо формаларынын эсебинен жалпылык жана керектүүлүк формасын алат. Дал ушул формаларга (мейкиндик жана убакыт) ылайык синтетикалык ойлоолор априордук болуп эсептелет. Эгер биздин акылыбыз башкача уюшулганда, бизге мурун белгилүү болгон математика мыйзамдары жалпы жана керектүү көрүнмөк эмес.

120-чийме

Трансценденталдык апперцепция



Синтетикалык априордук пикирлер теориялык табият илиминдеринде кантип болушу мүмкүн? Теориялык табият таануу - акыл-эс аракетинин борбору. Акыл-эске таза априордук түшүнүктөр катары 12 категория (биримдик, көпчүлүк, бүтүндүк, реалдуулук, субстанция, себептүүлүк ж.б) таандык. Бардык ушул категориялар изилденген объекттерге эмес, акыл-эстин өзүнө таандык. Таануу процессинде сезимдик ой-толгоолор менен акыл-эс категориясы менен биригүү (синтез) жүрөт. Ушинтип, табият илимдеринин мыйзамдары жалпылык жана керектүүлүк формасын, т.а. синтетикалык, априордук ойлоолордун формасын алышат. Мындай синтездин маанилүү өбөлгөсү аң-сезимибиздин бир бүтүндүгү болуп эсептелет. Ал алгач, акыл-эс бардык жаратылыш объекттерди сырткы дүйнө объекттерине эмес, акыл-эстин өзүнө таандык болгон 3 мыйзамга, т.а. субстанцияны сактоо мыйзамы, себептүүлүк мыйзамы, субстанциялардын өз ара аракеттенишинин мыйзамына баш ийет деп ойлогонунан көрүнөт.

Ушинтип, теориялык табият илими дүйнөнүн картинасын («нерсе биз үчүн») кураштырат, мында ал жаратылыш объекттеринен эмес, акыл-эстин форма жана мыйзамдарынан келип чыгат. Ошондуктан «өзү менен өзү нерсе» жана «биз үчүн нерсе» окшош эмес. Жаратылыш объекттери өзү менен өзү бизге белгисиз жана таанылгыс болуп кала берет.

Синтетикалык априордук ойлоолор метафизикада кандайча мүмкүн? Метафизика (теориялык философия) - акыл-эстин аракет области. Кант акыл-эсти идеянын жаралышына алып келе турган ой корутундусун чыгарууга жөндөмдүүлүк катары түшүнөт. Кант боюнча, идея – бул шексиздик жөнүндөгү түшүнүк. Бирок биз өзүбүздүн тажрыйбабызда алган бардык нерсе дайыма шартталган болгондуктан, идеялар

тажрыйбада сезим аркылуу кабыл алууга мүмкүн болбогон деп эсептелинет. Акыл-эс үч идеяны пайда кылат (121-чийме):

- ✓ бардык шартталган психикалык көрүнүштөрдү шартсыз түрдө жалпы өтүмдүү жан жөнүндөгү идеяны;
- ✓ себеп менен шартталган кубулуштардын (себеп жана натыйжа) чексиз катарынын шартсыз түрдө жалпы өтүмдүү дүйнө жөнүндөгү идеяны;
- ✓ бардык шарттуу кубулуштардын шартсыз себеби катары Кудай жөнүндөгү идеяны.

121-чийме

Шартсыз жөнүндөгү 3 идеянын акыл тарабынан жаралышы: трансценденталдык негиздер (т.а. жандын тышындагылар)



Өзүбүздүн таж[illegible]штар менен гана иш жүргүзөбүз, ошондуктан мүмкү[illegible]

✓ психология деп бардык шартсыз психикалык жалпы өтүмдүү жан жөнүндө эмес, бардык шартталган психикалык көрүнүштөр жөнүндөгү илимди түшүнөбүз;

✓ табигый илимдер деп шартсыз бүтүндөй катары дүйнө жөнүндө (бул акыркы өзгөчө таза акылдын антиномиялары менен далилденет: дүйнөнү бир бүтүндөй катары түшүнүүгө аракет кылуу бизди карама-каршылыкка алып келет (81-таблица) эмес, дүйнөдө болуп жаткан шартталган жана айрым кубулуштар жөнүндөгү илимди түшүнөбүз.

Бардык шартталган кубулуштардын шексиз себеби катарКы Кудай жөнүндөгү илим мүмкүн эмес. Кудайдын бар экени – бул ишенимдин эмес, акыл-эстин көйгөйү.

81-таблица

Таза акылдын антиномиясы

Тезис	*Антитезис*
1.Дүйнөнүнубакыт боюнча башталышыбар жана ал мейкиндикте чектелген.	1.Дүйнө убакыттан башталбайт жана ал мейкиндикте чектелбейт
2. Дүйнөдө кайсы гана болбосун татаал субстанция жөнөкөй бөлүкчөлөрдөн турат, дегеле бир гана жөнөкөй нерселер же жөнөкөйдөн түзүлгөн татаалдар эле бар.	2.Дүйнөдө бир да нерсе жөнөкөй нерселерден турбайт жана дүйнөдө эч кандай жөнөкөй жок.

3.Жаратылыш мыйзамдары боюнча себептүүлүк, ал аркылуу дүйнөдөгү бардык кубулуштар чыгарылуучу жалгыз себептүүлүк эмес. Кубулуштарды түшүндүрүү үчүн эркин себептүүлүк да керек.	3.Эч кандай эркиндик жок, дүйнөдөгү бардык нерсе жаратылыш мыйзамдары боюнча ишке ашат.
4.Дүйнөгө анын бөлүгү же анын шартсыз себеби катары зарыл маңыз таандык	4.Эч жерде - дүйнөдө, дүйнөдөн сыртында да анын себеби сыяктуу эч кандай абсолюттук керектүү негиз жок

- **Комментарий**. «Таза акылдын сынында» Кант биз дүйнөнү шартсыз бир бүтүн катары ойлоого аракет кылганда ойго келе турган 4 антиномияны (чечилгис карама-каршылыктарды) белгилейт. Анын ою боюнча, бул дүйнөнү бир бүтүн катары түшүнүү мүмкүн эместигин тастыктайт. Антиномияны түзүү үчүн ал байыркы доордун философиясында талкуулоо жана талаш-тартыштын предмети болуп келген болмуштун эң пайдубалдык мүнөздөмөлөрүн тандайт.

  Ар бир антиномия эки карама-каршы сунуштардын жубу катары түзүлгөн: тезис жана анын четке кагылышы – антитезис катары.

Теориялык акыл-эстин чөйрөсүндө Кудайдын бар экенин далилдөө мүмкүн эмес, ал эми орто кылымдагы белгилүү далилдер (Фома Аквинскийдин беш далили) Кант четке каккандай эле жокко чыгарылышы мүмкүн.

Этика. Этиканын (адамдын милдеттүү жүрүм-турумунун) жана Кудайдын бар экени жөнүндөгү көйгөйлөрдү Кант алгач «Практикалык акыл-эсти сындоо» деген эмгегинде талдайт. «Таза акыл» жөнүндөгү окуу бул учурда «практикалык акылды» негиздөө жана түзүү үчүн зарыл теориялык пайдубал болуп калат.

Канттын этикасынын (Агартуу доорунун бардык этикасындай эле) негизги көйгөйлөрүнө эркиндик жана зарылдык көйгөйлөрү кирет. Адам, бир жагынан, жаратылыш дүйнөсүндөгү «кубулуштардын» бири эле («биз үчүн нерсе») жана бардык кубулуштардай эле кубулуштар дүйнөсүндө үстөмдүк кылган зарылдыкка баш ийет. Бирок, башка жагынан, адам акылга сыйган «өзү менен өзү нерселердин» катарына кирет, адептик аң-сезимдин субъекти болуп эсептелет, ошондуктан, ал эркин. Мындан адам бир тараптан зарыл кубулуш, экинчи жактан - эркин маңыз (өзү менен өзү нерсеге окшоп) катары эсептелинет.

Руссого окшоп, Кант ар бир адам, ар бир инсан максаттын максаты болуп эсептелет, ошондуктан инсан бардык маселени, жадакалса жалпы жыргалчылыкка жеткендеги маселелерди чечүүдө каражат боло албайт. Мындан эки эрежеге ээ болгон Канттын *категориялык императиви* келип чыгат:

- «… сени башкарып жатканда сен жалпы мыйзам болуп калышын каалай турган максимага ылайык иш тутуу керек»;
- «… сен дайыма адамзатка өзүңүн жүзүңдө жана башка бирөөнүн жүзүндө койгон максатка катары жана эч качан ага каражат катары мамиле кылбай тургандай иш тут».

Бирок өзүнүн жүрүм-турумунда кескин императив жолунан барып, адам бул нерсени 2 себеп аркылуу жасайт:

а) биринчиден, эмпирикалык жөндөмдүн күчүнө жараша өзүн адептүү тутуу (мисалы, автобуста, жаңы эле чыккан кемпирди көрүп, аяп, ага орун бересиз).

б) экинчиден, адеп-ахлактык милдетти түшүүнүүнүн күчүнө жараша (мисалы, сиз кемпирге орунду жардам берүү максатында бошотпойсуз, себеби ордунуздан туруп жатып да, сиз ушундай кылышыңыз керек экенин түшүнөсүз, сиз өзүңүздү ушундай алып жүрүшүңүз зарыл, себеби жүрүм-турумдун эрежеси баары үчүн мыйзам катары болушу үчүн так ушундай болушу керек).

Биринчинин кылган ишин Кант *легалдык*, ал эми экинчинин *моралдык* деп ажыратат.

Бирок бизге тажрыйбабыз көрсөткөндөй эле жашоодо моралдуу жана моралдуу эмес жүрүм-турум, ошондой эле бакыт жана бактысыздыктын ортосунда түздөн-түз байланыш жок. Тескерисинче, биз көбүнчө байкагандай эле чоң ийгиликке принципсиз, жаман, моралдык жактан бузулгандар жетишет. Ал эми адептик милдетке баш ийип жашагандар өзүнүн тарбиялуулугунан жапа чегип, жакырчылыкта жашап, башкалар тарабынан таанылышпайт жана башкалар. Бул абал адилет дал келүүнү талап кылган биздин адептик аң-сезимибизге карама-каршы. Бирок мындай дал-келүүчүлүк кубулуш дүйнөсүндө жок болгондуктан, аны акыл жетүүчү дүйнөдө бар деп эсептейбиз. Адилеттикти кепили бир гана Кудай боло алат.

Окуунун тагдыры. Канттын таасиринде бардык немец классикалык философиясы өнүккөн, XIX кылымдын аягында жаңы кантчылык пайда болгон, андан сырткары Кант жашоо философиясына, феноменологияга, позитивизм жана башка көптөгөн агымдарга чоң таасирин тийгизген (123-чийме).

16.2 Фихте (Fixte)

Өмүр таржымалы. Иоганн Готлиб Фихте (1762-1814) – немец коомдук ишмери жана философ. Дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган, барон фон Милицтин жардамы менен гимназияга тапшырып, аны аяктагандан соң 1780-ж. Иен университетинин теология факультетине тапшырган. 1792-ж. Канттын эмгектеринин таасиринде «Бардык ачылыштарды сындоонун тажрыйбасын» жазган. Бул чыгарма Кант тарабынан макул табылып жана анын өтүнүчү менен басылып чыгарылган. Эмгек анонимдүү түрдө жарыяланганы үчүн көпчүлүк аны Канттын өзүнүн чыгармасы деп ойлошкон. Кант бул эмгектин чыныгы авторун айткандан соң, Фихте дароо атактуу болуп калат. 1794-ж. Гётенин сунушу боюнча ал Йен университетине профессор кызматына чакырылган, бирок 1799-ж. бир нече этиятсыз пикирлери үчүн атеизм пропагандасында айыпталып, кызматтан четтетилген. 1800-ж. баштап Фихте негизинен Берлинде жашап жана иштеген, 1810-ж. Берлин университетинин биринчи тандалып дайындалган ректору болгон. 1814-ж. госпиталда жараланган жана оорулуу солдаттарды караган аялынан тиф оорусун жуктуруп, андан көз жумган.

Фихтенин чыгармачылыгында 2 негизги периодду бөлүүгө болот: 1800-ж. чейин жана кийин. Философиянын биринчи этабында Фихте субъективдик идеализмге, экинчисинде объективдик идеализмге жакын.

Негизги эмгектери. «Бардык ачылыштарды сындоонун тажрыйбасы» (1792), «Жалпы илим үйрөнүүнүн негиздери» (биринчи версиясы 1794-жылы жарыяланган, иштеп бүтүрүү жана кайра иштеп чыгылышы Фихтенин өмүрү боюнча уланган, анын 15тен ашык редакциясы белгилүү), «Окумуштуунун милдети жөнүндөгү ой-жүгүртүүлөр» (1794), «Табигый укуктун негиздери» (1796), «Адеп жөнүндө окуунун системасы» (1798), «Адамдын милдети» (1800), «Чыныгы доордун негизги касиеттери» (1806), «Жыргал жашоого болгон жол» (1806), «Немец улутуна болгон кептер» (1808).

122-чийме

Илимий мыйзамдардын жалпылык жана керектүүлүк булактары

Байыркы доор

Орто кылым жана кайра жаралуу доору

«Мен» түшүнүгүнөн келип чыккан өзүнүн концепциясын түзөт. Фихтенин окуусунун дал ушул бөлүгү кызыктуу жана өзгөчө болуп эсептелет. Фихте «практикалык акылды» башкаруусунда жайгашкан суроолорду – моралды жана мамлекеттик-саясий түзүлүштү изилдөөнү биринчи планга койгон жана мында негизги орунду эркиндик, милдет, адептик жүрүм-турум көйгөйлөрү ээлейт. Бирок бул учурда ал (Канттай эле) «практикалык акыл» «теориялык акылдын» бекем пайдубалына таянышы керек деп эсептеген. Ошондуктан өзүнүн изилдөөсүн дал ошондон баштаган.

123-чийме

Кант: булагы жана таасири



Илимди окуу. Философия, Фихте эсептегендей, бардык калган илимдердин негизги пайдубалы болушу керек, т.а. «илим жөнүндөгү илим», ошондуктан Фихтенин «Жалпы илим үйрөнүүнүн негиздери» деген трактаты так илимдин көйгөйлөрүнө арналган. Илимдин принципиалдуу өзгөчөлүгү анын систематикалык экенинде: анда бир идеялар башкаларынан жаралат, бардык жаңы киргизилген тезис башкаларга – мурда далилденгендердин жардамы менен негизделиши керек. Демек, илимдин негизинде чыныгы жана анык абалдардын бир бүтүн жыйындысы же керек болсо кандайдыр бир мурунку абал болушу керек. Бирок адамга эмне аныгыраак, анын өзүнүн аң-сезимиби, анын «Мениби»? Биздин аң-сезимибиздин («Мендин») бар экени жана ишмердүүлүгү ар бирибиз үчүн шексиз: анын үстүнө биздин «менибизди» ой жүгүртүүнүн объекти кылып, биз дайыма ушул «мендин» чегинде калабыз. Ошондуктан философия дал аң-сезимди үйрөнүүдөн башталышы керек. Бирок алдыбызда бул маселени коюп жатып, изилдөө объектин тандоого ар түрдүү караса болот.

«Мендин" түрлөрү. Фихтенин окуусунун манисин түшүнүү үчүн бир нече убакытка анын философиясын баяндоодон четтеп, бир нече аң-сезимдер («мендер») ортосунда айырмачылыктарды көрсөтүшүбүз керек.

Ар бир аң-сезимди изилдөөчү үчүн алгачкы жана аныгыраак изилдөө объекти – бул анын өздүк, индивидуалдык, эмпирикалык «мени». Бирок менин аң-сезимимден бөлөк дагы башка адамдардын аң-сезимдери («мени») бар. Демек менин «меним» көптөгөн адамдардын «менине» кирет. Кант да, Фихте да бардык адамдык «мендер» өз ара «майда-чүйдөлөрдө» айырмаланып, өзүнүн пайдубалдык касиеттери боюнча окшош (жадакалса так бирдей) деген божомолдон келип чыгышкан. Бул учурда Фихте бардык адамдык мендерден сырткары жаткан жана алардын маанилүү касиеттерин аныктаган кандайдыр Абсолюттук аң-сезим – «Мен» бар экенин жактайт. Бул Абсолюттук аң-сезим Фихтеде Кудайлашкан аң-сезимдин статусуна ээ болот (124-чийме).

124-чийме

Адамдык жана Абсолюттук аң-сезим



Фихтенин философиясында изилдөөнүн алгачкы объекти болуп анын өздүк «мени», негизсиз адамдын «мени» же бардык адамдык «мендердин» көпчүлүгү да эмес, Абсолюттук аң-сезим – «Мен» эсептелет.

Критицизм жана догматизм. Фихте бардык философиялык окууларды эки тайпага: критицизмге жана догматизмге бөлөт (125-чийме). Изилдөөсүн аң-сезимден

баштаган окууларды Фихте, Кант сыяктуу, критицизм деп атаган, ал эми изилдөөнү дүйнөнү үйрөнүүдөн баштаган окууларды (сырткы аң-сезимге карата) догматизм деп атайт. Критицизмге Канттын окууларын жана өзүнүн жеке окуусун, догматизге - калган окууларды киргизет.

Ушинтип критицизмдин догматизмден артыкчылыгын Фихте кыйыр, кыймылсыз материянын негизинде активдүү аң-сезимди түшүндүрүү мүмкүн эмес, ушул эле учурда активдүү аң-сезимдин негизинде кыйыр материяны көрсөтүү жана түшүндүрүү мүмкүн.
Материалистер жана объективдүү идеалисттер сырткы реалдуу түрдө бар материалдык дүйнө деп эсептешет, Кант болсо « өзү менен өзү нерсе» деп атайт (анын жашоосунун аң-сезимдин сыртында жана андан көз карандысыз жашашын таанып), Фихтеде аң-сезим («Мендин») мазмуну эле болуп калгандыгын эске алганда бул тастыктоонун мааниси түшүнүктүүрөөк болот. Мында ал Канттын «өзү менен өзү нерсесинен» айырмаланып, аң-сезим үчүн тааныла турган болуп калат.

125-чийме

Критицизм жана догматизм



Аң-сезим жөнүндөгү окуу. Аң-сезимдин жигердүү ишмердүү мүнөзү аң-сезимдин берилген эмес, тапшырылганында байкалат. Демек аң-сезим даяр, бүткөн деп кароого болбошун (Декартта болгондой), бизге ой-толгоо үчүн берилгендигин билдирет. Аң-сезим өзүнүн ишмердүүлүгүндө өзүн жаратат, өнүгүүнүн бир нече баскычын басып өтөт (126-чийме).

Биринчи баскычта иштеп турган жигердүү субъект, интуитивдүү түрдө өзүн байкап жана өзүнүн окшоштугун, т.а. Мен = Мен экендигин түшүнөт.

Өнүгүүнүн *экинчи баскычында* өзүнүн аракетинде «Мен» өзүнүн карама-каршысын - «Мен эмести» жаратат. Бул «Мен эмес» жаралышы жөнөкөй ойлоо – адамдык «Мен» аркылуу түшүндүрүлбөйт, ал белгилүү даражада акыл-эссиз, т.а. мазмуну менен аң-сезимге жетпей турган болуп эсептелет жана ошондуктан бул аракеттин продукттары («Мен эместин» мазмуну) жөнөкөй ойлоодо, өзү менен өзү аң-сезимдин сыртында жашаган нерселер катары кабыл алынат. Муну менен бирге «Мен» «Мен эмес» тарабынан «түрткү алат». Аң-сезим аныктаган түшүнүктөр аркылуу биз бул түрткүнүн жаратылышын жана ал биздин «менге» кантип таасир этишин түшүнө албайбыз, бирок сезе алабыз. «Мендин» «Мен эмеске» багытталышы «мендин» субъектин, т.а. аракеттенүүчү, таануучу аң-сезим ролунда, ал эми «Мен эмес» болсо объектин, т.а. таанып билүүнүн предмети болгон аң-сезимдин ролунда экенин билдирет. Бул учурда субъект өзүн объектке карама-каршы коёт. Дал ушул себептен объект “Мен”- субъектке карата «Мен эмес» ролун ойнойт.

Үчүнчү баскычта детерминациядан, чектөөлөрдөн, “Мен” жана “Мен эмес аныктамасынан көрүнгөн биринчи жана экинчи баскычтардын синтези жүрөт. Бул учурда «Мен» өзүн «Мен эмес» болбогон «Мен эмеске» карама-каршы болгон бардык нерсе катары – бир бүтүн, алгачкы, Абсолюттук «Мен» чегинде көрүнөт (126-чийме).

126-чийме

«Мен» жана «Мен эмес» диалектикасы



Үчүнчү баскыч



Өнүгүүнүн үчүнчү баскычында адамдык эмпирикалык «мен» пайда болот. Мен эместин мазмунун түзгөн нерселерди жана объекттерди жаратуу баштапкы абсалюттук “мен” аркылуу баамдалбай, ойлонбостон чыгарылгандыктан, бардык бул объекттер биздин “мен” үчүн башка, “менден” айырмаланган сыяктуу көрүнөт. Биздин “мен” алар менен баскыч баскычы менен - сезүү жана акыл-эс аркылуу таанышат. Биздин жүйөөлүү маанибизге ушул бардык объектер өз-өзүнчө – биздин сыртыбызда жана бизден көз-карандысыз жашагандай көрүнөт. Чындыгында болсо алардын баары “мендин” – таза аң-сезимдин туудурган нерсеси. Бул нерсени бир гана философтор түшүнө алат жана алар дал ошол “менди” абсолюттук чек катары түшүнүү максатын алдына коюшат. Бирок ага акырындык менен гана жакындоого болот, жетүү мүмкүн эмес. Ага жетүү – жок кылуу, т.а. бул сыяктуу аң-сезимди токтотууну билдирет. *Этикалык жана социалдык саясий көз карашы.* Фихтенин этикалык окуусунда негизги орунду «эркиндик» түшүнүгү ээлейт. Этиканын негизги көйгөйү – эркиндик менен зарылдыктын ортосундагы карама-каршылык (127-чийме).

127-чийме

Эркиндик аракет катары

1. «Мен» 2. «Мен»… n «Мен» …



Эгер теориялык-таануу аракетинде «мен эмес» «менге» таануу объекти катары таасир этсе, моралдык-практикалык планда «мен эмес» «менге» «мен» тарабынан карама-каршы аракетти пайда кылган белгилүү «түрткү» берет. Мында «мен эмес» «мен» жеңүүгө аракет кылган тоскоолдуктун ролун ойнойт: «мен эместин» аракети «мен эместин» жеринин эсебинен өзүнүн чегин кеңейтүүгө аракет кылып жаткан “мендин” аракетине түрткү болот. Бирок «мен» да жана «мен эмес» да чексиз болгондуктан, бул процесстин бүтүшү эмес, «мендин» аймагынын чексиз кеңейиши гана мүмкүн.

82-таблица

Жаңы доор философиясында эркиндик түшүнүгү

Философтор	*Эркиндикти түшүнүгү*
Спиноза	Дүйнөдөгү бардык нерсе топтолгон, ошондуктан чыныгы эркиндик жок. Бирок адам зарылдыкты таанып, болмуштун таанылган мыйзамдары боюнча жашай алат. Эркиндик – таанылган зарылдык.
Руссо	Адам эркин төрөлгөн жана эркин болуу – бул адамдын табигый укугу. Адам коомунун өнүгүү процессинде бир адамды башка адам тарабынан кул кылуу (алардын эркиндигин тартып алуу)жүрөт. Адилет мыйзам чыгаруунун (коомдук келишимдин) максаты болуп бардык жарандын максималдуу эркиндикке жетишиши эсептелет.

Кант	Адам башка ккубулуштар арасындагы кубулуш катары («биз үчүн нерсе») зарылдыкка баш ийет. Адам трансценденталдык маңыз, т.а. «өзү менен өзү нерсе» катары эркин.
Фихте	Эркин болуу – бул өзүн эркин кылуу демек. Эркиндик -зарылдыкты тааануу боюнча аракет жана бир бүтүн Абсолюттун алкагында “мен эмес” аймагынын эсебинен “мендин” аймагын салыштырмалуу түрдө кеңейтүү аракети.

Адам үчүн эркин болуу – бул өзүн эркин кылуу демек, т.а. өзүн эмпирикалык «менинде» (адамдык индивидуалдык аң-сезимде) “мен эместин” чектерин сүрүп салуу. Адамдын (акыркы жандыктын) бул аракети – анын өзүн-өзү тааануу процессинде чексиз Абсолюттун аракетинин зарылдык курамы. Мындан,Фихте боюнча, эркиндик «Мендин» зарылдыкты тааануу жана «Мен эместин» аймагын кичирейтүү аракети болуп саналат.

Ошондуктан адамдын жүрүм-турумунун эң жаман формасы болуп аракетсиздик эсептелет, себеби мында адам нерсенин,“Мен эместин” деңгээлинде калып калат жана өзүнүнүн милдетин ишке ашыруудан баш тартат. Адамдын көп түрү бар («Эмпирикалык мендер»), алардын ар бири өзүнүн максат жана идеалына ээ, бул нерсе алардын ортосундагы конфликттин чыгышына алып келери шексиз. Бул конфликтте эң мыктысы, адептүүрөөгү утат, себеби бул Кудайлашкан дүйнөдөгү (Абсолюттагы) эрежелерге дал келет.

Адам коомунун өнүгүүсүндөгү прогресс эркиндикти көбөйтүүдөн турат жана ар түрдүү тарыхый дооорлордо эркиндиктин ар түрдүү даражалары болгон.

Адамдардын көп экендиги укук жана мамлекеттин пайда болушуна алып келет. Ар бир адамга эркиндик берилген, бирок, башка адамдар арасында жашап жатып, ал башка адамдын эркиндигин тааануу менен өзүнүн эркиндигин чектеши керек: ушинтип укук жаралат. Мындан сырткары, ар ким, жеке менчикке ээ болуп, өзүнүн эмгегинин жемиштери менен жашашы керек. Мамлекет коомдук келишим жолу аркылуу жаралат жана бардык жарандарга жакшы жашоону, т.а. ишке жөндөмсүз жарандарга – жашоону, иштөөгө жөндөмдүүлөргө – ишти жана адилеттүү маянаны камсыз кылышы керек (128-чийме).

128-чийме

Фихте: булагы жана таасири



Окуунун тагыры. Фихтенин идеялары биринчи учурда анын шакирти Шеллингге, ал аркылуу Гегельге таасирин тийгизген. Фихтенин XIX к. немец романтиктерине да таасири болгон, ал эми XX к. Фихтенин бир катар идеялары феноменология, психоаналитикалык философия жана башка агымдардын идеяларына окшош болгондугун белгилесе болот.

16.3. Шеллинг (Schelling)

Өмүр таржымалы. Фридрих Вильгельм Йозеф Шеллинг (1775-1854-жж.) немец философу, пастордун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Классикалык гиманазияны аяктагандан соң Тюбинген семинариясында Гегель менен окуган, 1796-ж. 1798-ж. чейин Лейпцигде жана Дрезденде табигый илимдерди үйрөнгөн. 1798-ж. Фихте менен иштешип, Йен университетинде сабак бере баштайт, 1799-ж. Фихте кызматтан айдалгандан кийин, анын ордуна профессордук кызматын ээлеген. 1803-ж. чейин, андан соң бир нече университеттерде, 1841-1847-жж. чейин Берлин университетинде иштеген.

Негизги эмгектери. «Трансценденталдык идеализмдин системасы» (1800-ж.), «Искусство философиясы» (1802-1803) (83-таблица).

Философиялык көз-карашы*.Өнүгүүнүн негизги периоддору.* Шеллингдин чыгармачылыгында өнүгүүнүн беш мезгилин: натурфилософия, трансценденталдык идеализм, окшоштук философиясы, эркиндик философиясы, жаңылык философиясынажыратууга болот. Өзүнчө кээде алгачкы периодду - «фихтеликти» белгилешет.Бул учурда Шеллинг Фихтенин катуу таасиринде болгон (1795-1796) (83-табл.). *Натурфилософия мезгили* (1797-1799). Өзүнүн философиялык изилдөөлөрүн фихтианец катары баштап, Шеллинг бардык жаратылышты “Мен эмеске” жеткирүү (Фихтеде орун алгандай) жаратылыштын бардык өзгөчөлүгүн жоготууга алып келет деген. Бирок бул учурда жаратылыш деген эмнени билдирет? Белгилүү деңгээлде Фихтенин таасири астында калса да, Шеллинг Фихтенин философиясын ырааттуу объективдүү идеализм буруп кеткенге кадам жасайт.

Шеллинг бул көйгөйдүн төмөнкү чечимин сунуштайт: Жаратылыш жана Рух (акыл, Абсолюттук «мен») - белгилүү бир бүтүн. Демек жаратылышты түшүнүү үчүн Рух үчүн колдонгон үлгүнү колдоно берсек болот. Фихтенин Рухтун «негизи» катары «таза жигердүүлүк» жөнүндөгү тезисин кабыл алуу менен Шеллинг Рухтун «таза жигердүүлүк» идеясын Жаратылышка өткөрөт. Анда ал ишкердүү жана өнүгүүчү болуп калат – ушуну менен Шеллинг жаратылыш диалектикасы же объективдүү диалектика жөнүндөгү окууну түптөй баштайт.

Жаратылыш реалдуу жана объективдүү түрдө бар, ал кандайдыр бир бирдиктүү жана бир бүтүн, «аңдан тышкары акылдын» продукту, «болмушта катып калган кайсы бир акыл». Бул акыл Жаратылыш ичинде аракеттенет жана аны анын аракеттеринин максатка ылайыктуулугу аркылуу байкаса болот. Ошондой эле анын өнүгүшүнүн негизги максаты аң-сезимди, аны менен акыл-эсти ойготуу болуп эсептелет. Фихтедей эле, таза «Мен» өзүнүн өнүгүшүндө аны чектеген «Мен эмеске» туш келген, аракеттеги (деятельная) Жаратылыш («акылдан тыш акыл»), Шеллинг боюнча, өзүнүн өнүгүү процессинде аны чектеген өзүнүн чегине туш болот. Жаратылыштын өнүгүшүнүн ар бир баскычында биз позитивдүү күчтүн аракетин жана ага карама-каршы аракеттеги жагымсыз, терс күчтү – алардын өз ара аракеттешүүсүнүн ар түрдүү фазаларында байкайбыз. Жаратылыштын өнүгүшүнүн биринчи баскычында позитивдүү жана негативдүү күчтөрдүн кагылышуусу материяны, экинчисинде – «универсалдуу механизмди», б.а. карама-каршы күчтөрдүн аракеттенүүсүнө ылайык материалдык дүйнөнүн динамикалык өнүгүшүн жаратат. Жаратылыштагы күчтөрдүн карама-каршылыгын белгилеп жатып, Шеллинг табигый илимдеги ошол убакытта ачылган полярдык күчтөрдүн (магнетизмдеги полюстар, оң жана терс электрдик заряддар, ошол сыяктуу окшош полярдуулук химикалык реакцияларда жана органикалык дүйнөнүн процессинде байкалат) ачылышына таянган. Андан да жогорураак баскычтарга көтөрүлүүдө Жаратылыштын жалпы өнүгүшү болот жана ар бир звено бир бүтүн «жашоо чынжырчасынын» түзүүчүсү болуп эсептелет. «Адам баскычында» акыл-эс жана аң сезим пайда болуп жана ошону менен өнүгүүнүн мурунку баскычтарында уктап жаткан «акылдан тыш» акылдын ойгонушу жүрөт. Адам Жаратылыштын өнүгүшүнүн негизги максаты болуп калат, себеби дал адам аң-сезими аркылуу ал өзүн түшүнөт. Анын үстүнө бул түшүнүү логикалык жактан жана бир бирине каршы келбей ойлогон акыл-эстин алкагында мүмкүн эмес, бул үчүн нерселерде карама-каршылыктын бир бүтүндүгүн көрө

алган Акылдын аракети керек. Мындай акылга бардык адамдар эмес, бир гана философиялык жана чыгармачыл генийлер ээ.

Шеллингдин Жаратылыш диалектикасы философиянын мындан аркы өнүгүшүнө белгилүү таасирин тийгизген, биринчи кезекте Гегелдин философиясына, ал аркылуу Маркска ж.б. таасир тийгизген. Бирок анын натурфилософиясынын конкреттүү түзүлүшү унутулуп кеткен, себеби табигый илимдин андан аркы өнүгүшү менен жокко чыгарылган.

Трансценденталдык идеализмдин мезгили (1800-1801). Бул мезгилде Шеллинг Жаратылыштын өнүгүшү Рухтун (Акылдын) пайда болушуна алып келиши көрсөтүлгөн мурдагы эмгеги философиялык системаны куруу маселесин жарымына чейин эле чечет деген жыйынтыкка келет, эмгектин экинчи жарымы Рухтан Жаратылыштын кантип пайда болушун, б.а. кандай жол менен Акыл Жаратылышка келе алышын көрсөтүүдөн түзүлөт (129-чийме).

Шеллинг төмөнкүчө ой жүгүртөт: «Мен» - (Рух, Акыл) баштапкы жигердүүлүк, өзүн чексиздикке жайгаштырган эрк. «Мендин» аракети ойлоодон турат, бирок жалгыз бар болгон нерсе «Мен» деп эсептелгендиктен, анын ойлонуу предмети бир гана ошол өзү боло алат. Бирок мындай аракеттин продукту пайда болушу үчүн «Мен» ошону менен бирге өзүнө чектерди коюп, өзүнө бир нерсени карама-каршы коюшу керек. Ушундай чекке туш келип, жигердүүлүк аң-сезимдүү болуп калат; аны Шеллинг баштапкы «чыныгы аракеттен" айырмалап "идеалдуу ишкердик» деп атайт (129-чийме).

129-чийме

Трансценденталдык идеализм



Өзүнүн карама-каршысын, өзүнүн чегин («Мен эмести») жараткан (пайда кылган) субъекттин аракетинен - баштапкы "Менден" жаралган философиянын түзүлүшү бизди субъективдүү идеализмге (Фихтенин философиясына) алып келет. Жаратылыштын реалдуу түрдө бар экенин, т.а. «Мен эместен» келип чыккан философиянын түзүлүшү бизди «Мен эместин» «Менден" көз каранды эместиги жөнүндө жыйынтык чыгарууга мажбур кылат жана Шеллинг «реализм» деп аталган философияга алып келет. Эгерде биз эки мүмкүнчүлүктү тең эске ала турган болсок, субъективдүү идеализм менен реализмдин синтези, т.а. «идеал-реализм» же «трансценденталдык идеализм» келип чыгат.

Бир эле учурда аң-сезимдүү жана аң-сезимсиз болгон баштапкы аракет бардык бар нерселерди жаратып, Рухта да, жаратылышта да бар болот. Шеллинг бул аңсыз-аңдуу жигердүүлүктү эстетикалык деп түшүндүрөт.

Объективдүү дүйнө (жаратылыш) бул примитивдүү поэзия болгондуктан руханийликти түшүнбөйт, демек ал өз-өзүн да түшүнө албайт. Адам искусствосундагы мыкты чыгармалар космостук күчтүн, б.а. жаратылыштын чыгармаларындагыдай эле ошол мыйзам ченемдүүлүк боюнча, ошондой эле шифрди өзүнө камтып жаратылат. Мындан, болмушту таануу ачкычы - искусство философиясы, ал эми искусствонун өзү «жалгыз жана түбөлүк Ачылыш» болуп калат. Философия интеллектуалдык ишкердиктин өзгөчө түрү катары саналуу адамдар үчүн эле түшүнүктүү, ал эми искусство бардык аң-сезимге ачык. Ошондуктан дал искусство аркылуу бардык адамзат жогорку чындыкка жете алат. Качандыр искусство (мифология) алкагында жаралган философия болсо, убакыт өтүшү менен жаңы мифологияны жаратуу жолу аркылуу кайра «поэзия мухитине» кайтуусу керек.

Окшоштук философиясынын мезгили (1801-1804). Эгер мурун Рух менен Жаратылыштын окшоштугу жөнүндөгү ой Шеллингдин философиялык түзүмдөрүнүн өбөлгөсү болгон болсо, окшоштук философиясынын мезгилинде бардык философиянын негизги көйгөйүнө айланат. Бул жерде баштапкы субъект жана объект айырмаланбаган «Абсолют» түшүнүгү болот (130-чийме).

130-чийме

Окшоштук философиясы



Бул Абсолютта бардык карама-каршылыктар дал келет, бирок ошонун өзүндө эле бул карама-каршылыктарды дифференциялоо жана четтетүү башталмалары болот: жана ушул Абсолют Кудай болуп эсептелет. Ошону менен Шеллинг «Эстетикалык пантеизм» деп атоого болгон пантеизмдин позициясына болуп калат. Окшоштуктун ичиндеги субъект жана объекттин карама-каршылыгын Шеллинг чийме түрүндө чагылдырган (131-чийме).

131-чийме

Шеллингдин чиймеси

+	+
A = B	**A = B**
A=A	

Бул жерде «+» белгиси, сол бөлүгүндө субъективдүүлүк, оң жагында – объективдүүлүк басымдуулугун билдирет, «A=A» болсо тең салмактуулук объективдүү жана субъективдүүлүктүн айырмаланбашын, магниттик уюлдардын борбору сыяктуу тең салмактуулуктун кайсыдыр бир абалын билдирет.

Мындай мамиледе ушул «чексиз окшоштуктан» ажыратылган жана чектүүлүктүн (өзүнчө ойлордой эле, өзүнчө предметтердин да) жаралуу көйгөйү негизги кыйынчылыкты туудурат. Платондун окуусундагыидеялар жөнүндө Шеллинг Абсолютта эле кээ бир идеялардын четтелүүсүнүн пайда болушу пайда болот, б.а. так ошолоракыркы нерселердин себеби болуп калышат. Бирок Абсолютта «баары баарында бар» (т.а. ар бир идея калгандарында бар болот), ал эми нерселер дүйнөсүндө, т.а. сезимдик кабыл алынуучу объекттер бири-биринен ажыраган түрдө көрүнүшөт (132-чийме). Бирок алар мындай түрдө биз үчүн биздин эмпирикалык аң-сезимибизге гана көрүнөт. Чектүүнүн чексизден түзүлүү процессин ал Кудайдын «бөлүнүү» процесси катары түшүндүрүп, гностицизм рухунда чечет.

Эркиндик философиясынын мезгили (1805-1813). Бул мезгилдин борбор көйгөйү болуп Абсолюттан дүйнөнүн жаралышы, идеалдуулукменен материалдуулуктун, субъективдүүлүкменен объективдүүлүктүнортосундагы тең салмактуулуктун бузулушу жөнүндөгү маселени эсептелген. Шеллинг бул нерсени түшүнүүгө болбой турган жана рационалдуу түрдө чечмеленбей турган алгачкы иррационалдуу акт деп белгилейт.

132-чийме

Чексиз жана чектүүнүн мамилелештиги



1. **Абсолюттук жана чексиз окшоштук Кудай же Абсолют**



2. Кээ бир идеяларды четтетүү, бирок алардын ар бир бардыгында болгондо

Кудай же Абсолют



2. Объекттер өзүнчө сымал болушат, бирок бул түрдө алар биздин эмпирикалык аң-сезимибизге гана көрүнүшөт

жаратылыш

Анын себеби (Кудайга) Абсолютка башынан эле **эркиндиги менен эрк** негизги жөндөмдүүлүгү катары мүнөздөмө таандыгында жатат. Абсолютта кара сокур башталма (Түпсүз ор) катары - иррационалдык эрк да, жарык рационалдык да бар; алардын ортосундагы конфликт мурдатан бери бар, алардын ортосундагы күрөш болсо Кудайдын жашоосу демектир. Жарык, жакшы башталманын жеңиши Кудайлашкан инсандын түзүлүшүнө алып келет, ал эми жагымсыз терстер, Кудай тарабынан жеңилүүгө учурагандардын баары бомуш эместин чөйрөсүнө куулат.

Адамда ошондой эле акылга сыйган жана акылга сыйбаган башталмалар, эркиндик жана зарылдык, жакшылык жана жамандык бар. Өзүбүздө бул эки башталманы байкап, биз өзүбүздөгү инсандыкты акылга сыйган түрдө: өзүбүздөгү бардык жакшы нерселерди өнүктүрүп жана бардык терс нерселерди жок кылып, ошону менен бирге Кудайлашкан инсанга жакындашабыз.

83-таблица

Шеллинг: өнүгүүнүн негизги мезгилдери

Мезгилдин аталышы	*Хронологиялык алкактар*	*Негизги эмгектери*
«Фихтеандык»	1795-1796-жж	Философиянын мүмкүн болгон формасы жөнүндө (1794) «Мен» философиянын принциби катары (1795) Догматизм жана критицизм жөнүндөгү философиялык катар (1795)

Натурфилософия	1797-1799-жж	Жаратылыш философиясына идеялар (1797) Дүйнөлүк жан жөнүндө (1798) Жаратылыш философиясынын системасынын биринчи сүрөттөмөсү (1799)
Трансценденталдык идеализм	1800-1801-жж	Трансценденталдык идеализмдин системасы (1800)
Окшоштук философиясы	(1801-1804-жж)	Менин философиялык системамын баяндалышы (1801) Бруно, же нерселердин Жаратылыштык жана Кудайлашкан башталмалары (1802) Искусство философиясы (1802-1803) Илимдердин жалпы методологиясы жана энциклопедиясы (1803) Академиялык окуунун усулу жөнүндөгү лекциялар (1803) Философия жана дин (1804)
Эркиндик философиясы	1805-1813-жж	Адам эркиндигинин негизи жөнүндөгү философиялык изилдөөлөр (1809) Штутгарттык аңгемелер (1810)
Ачылыш философиясы	1814-1854	Мифология философиясына киришүү Мифология философиясы Жаңылык ачуу философиясы (бул эмгектердин баары Шеллингкайтыш болгондон кийин жарыяланган)

Ачылыш философиясынын мезгили (1814-1854). «Иррационалдык каалоо» катары болгон баштапкы Кудайлашкан эрк адам акылы үчүн таанылбас болуп эсептелет. Бирок белгилүү бир даражада «тажрыйбада», т.а. мифологияда жана башка бардык диндерде адам тарабынан жетишилет. Алар аркылуу Кудай өзүн адамдарга таанытат, ошондуктан Кудайга жетүү жолу ушул сыяктуу ачылыштарды түшүнүү аркылуу ишке ашат. Бул жерде Шеллингдин философиясы, бир жагынан, теология менен кошулуп, башка жагынан, келечектеги культрологиялык изилдөөлөр үчүн философиялык пайдубалды түзөт.

Окуунун тагдыры. Шеллингдин философиялык идеялары немец романтиктерине, жашоо философиясына (өзгөчө Ницшеге), Кьеркегордун окуусуна, экзистенционализмге жана маданият философиясынын өнүгүшүнө чоң таасир тийгизген. Бирок анын өзгөчө олутуу таасирин Гегелдин окуусунан байкоого болот. XIX к. ортосунда Гегелдин атагы Шеллингди көмүскөдө калтырган, азыркы убакытта да Шеллингдин окуусу толук үйрөнүлгөн эмес. Белгилеп кетүүчү нерсе, Шеллингдин окуусунун белгилүү таасири астында орус философторунун, биринчи учурда Соловьев жана Флоренстин окуулары калыптанган (133-чийме).

133-чийме

Шеллинг: булагы жана таасири





16.4. Гегель (Hegel)

Өмүр таржымалы.Георг Вильгельм Фридрих Гегель (1770-1831) – немец философу. Штутгартта ири чиновниктин үй-бүлөсүндө туулган. Гимназияны аяктагандан кийин 1793-ж. Тюбинген семинариясында (Шеллинг менен) окуп, аны аяктаган соң чиркөө карьерасынын ордуна мугалимдик кесипти тандаган. 1799-ж. (атасынын өлүмүнөн кийин мурас алып) ал Йен университетине барат, ал жерде Шеллингдин лекцияларын уккан, ошол эле жерде диссертациясын жактаган. 1802-1803-жж. Шеллинг менен бирге «Сындуу философиялык журналды» басып чыгарган, анын ичине өзүнүн эмгектерин да кошуп койгон. Ушул эле жылдарда ал өзүнүн биринчи ири чыгармасы «Рухтун феноменологиясы» үстүндө иштейт.

Согуштун айынан пайда болгон көйгөйлөр Гегелди Йенди таштап, алгач Бамбергге, андан соң Нюрнбергге көчүүгө мажбур кылган. Нюрнбергде гимназиянын директору болуп иштеген (1808-1816), дал ошол мезгилде ал «Логика илимин» жазган. 1816-1818-жж. Гегель Гейдельберг университетинде профессор болуп, 1818-ж. өмүрүнүн акырына чейин Берлинде (бир нече жыл университеттин ректору болгон) иштеген. Дал ошол Берлинде иштеген мезгилде Гегелдин эмгектери кеңири таанылган жана Гегелдин абройу белгилүү даражада жогорулаган.

Негизги эмгектери. «Фихте менен Шеллингдин философиялык системалары ортосундагы айырма» (1801), «Рухтун феноменологиясы» (1807), «Логика илими» (1812-1816), «Философиялык илимдердин энциклопедиясы» (1817), «Укук философиясы» (1822).

Гегелдин көзү өткөндөн кийин анын шаркирттери анын лекцияларынын жазуусун: «Тарых философиясы боюнча лекциялар», «Эстетика», «Дин философиясы боюнча лекциялар», «Философиянын тарыхы боюнча лекцияларын» жарыкка чыгарышкан.

Философиялык көз карашы. Гегель **объективдүү идеализмдин** ырааттуу жана кеңири жайылган системасынын жаратуучусу, болгондо да бул системанын түзүү идеалисттик диалектика усулу аркылуу жүргүзүлөт. Ушул системаны түзүүдө да, диалектикалык усулду иштеп чыгууда да Гегель Шеллингдин бир нече пайдубалдык идеясына (өзгөчө Шеллингдин натурфилософия мезгилиндеги) таянган.

Гегель системасы. Гегель реалдуулукту (же жалпысынан болмушту) кандайдыр бир абсолюттуу идеалдуу маңыз – Дүйнөлүк акыл, Логос, Рух, Аң-сезим, Субъект катары түшүнөт жана аны Абсолют деп атайт. Абсолюттун негизги касиети – чыгармачыл жигердүүлүк, өнүгүү, кеңири жайылуу. Өзүнүн өнүгүшүндө ал жашоонун ар түрдүү формаларында көрүнүп же жайылып жана ушул эле учурда негизги максатка – өзүн-өзү таанууга умтулуп, ар түрдүү баскычтарды басып өтөт (134-чийме).

Абсолюттун триада түрүндө түзүлүшү Европа философиясында[1] эзелки жана салттык негизге ээ жана Христиан Троицасы жөнүндөгү окууга барып такалат[2]. Гегелде

Абсалюттук идеядан Жаратылыш же Жаратылыштан – Рух кантип жаралышына түшүндүрмө жок; ал ушундай жаралуу жөнүндөгү фактын өзүн эле белгилеп коёт. Мисалы, «Рухтун феноменологиясында» ал Абсолюттук идея өзүнүн мазмунун таанып, «өзүнөн өзүн Жаратылыш сапатында эркин коё берүү менен чечилет» деп айтат.

Ошондой эле Духтун жаралышы жөнүндө айтып жатып, ал мында Абсолюттук идея өзүнүн башка болмушун жеңип, жаратылыштан кетет жана Абсолюттук рух сапатында өзүнө өзү кайтып келишин байкайт.

Мында эске алынуучу нерсе, Гегель боюнча, Абсолюттун бардык жайылуу процесси убакытта ичинде болбойт, түбөлүктүүлүктө жайгашкан убакыттын тышкары мүнөзгө ээ. Дал ушундан жаратылыштын түбөлүктүүлүгү[1] жөнүндөгү жыйынтык келип чыгат; убакыттын жүрүшү жөнүндө Рухтун өнүгүшү менен байланышта болгон адам тарыхынын окуяларына салыштырмалуу айта алабыз.

---

[1] Чындыгында мындай көрүнүш бир гана европалык философияда гана кездешпейт. Ортокылымдык буддизмде Тримурти - Будданын үч тулкусу жөнүндөгү окуу иштелип чыккан.

[2] Гегелдеги үч курамдык бөлүктүн өз ара аракети процесси Бёменин окуусун эске салат: бир тараптан, Троицадагы үчтүктүн өз ара мамилеси, башка жактан - Троица менен жаралган дүйнөнүн , б.а. жаратылыштын өз ара мамилеси.

134-чийме

Абсолюттун өнүгүү баскычтары



О… …ирөдөгү өнүгүүгө да ан… …тук идея менен Жаратылыштын түбөлүктүү … …иримдиги) жана дагы бул карама-каршылыктардын түбөлүктүү натыйжасы (синтези) – Рух боло алат. Гегелдин негизги идеясы соңку натыйжа (синтез) анын жаралуу процессинен ажыратылып, карала албашында «жылаңач натыйжа» - «өлүк» деп эсептейт ал.

Философиялык билимдин структурасы. Абсолюттун өнүгүшүнүн 3 негизги стадиясына философиянын 3 бөлүгү туура келет (84-таблица).

84-таблица

Абсолюттун өнүгүү стадиясы жана философиянын структурасы

Өнүгүү стадиясы	*Мүнөздөмө*	*Философиянын бөлүктөрү*
Абсалюттук идея	«болмуш өзүндө»	логика
Жаратылыш	башка болмуш же «башка үчүн болмуш»	жаратылыш философиясы
Рух	«болмуш өзүндө жана өзү үчүн»	рух философиясы

---

[1] Дүйнө жаралган, азыр да жаралууда жана түбөлүк жаралган; ушул түбөлүктүүлүк биздин көз алдыбыщга дүйнөнүн сакталышы формасында көрүнөт (Гегель. Чыгармалар. М-Л., 1934. Т.2. С.22 (котормо авторлордуку)

Ошентип, Гегелдин өзү жаратылыш убакыттан тышкары өнүгөт деп эсептеген эмес. Бирок анын философиялык окуулары XIX к. ар түрдүү табигый илимдерде табияттын өнүгүшү жөнүндө ар түрдүү концепциялардын пайда болушуна көмөк көрсөткөн. Мисалы теологияда, космогонияда, Дарвиндин эволюция жөнүндөгү окууларында.

[2] 134 чиймеде бул мамиле бүтүн сызык менен берилген.

Абсолют өзүнүн өнүгүшүнүн ар бир стадиясында философиянын ар бир бөлүгүнүн ички түзүлүшүн аныктаган өнүгүүнүн бир нече этабын басып өтөт. Натыйжада философиянын жалпы түзүлүшү төмөндөгүдөй абалга келет (135-чийме).

Философияда Абсолюттук рухтун формасында чыккан Абсолюттук идея өзүнүн маңызын таанып жана ошону менен «өзүнө кайтып келет». Ошондуктан бул жерде анын өнүгүү процесси аяктайт, ал эми Гегелдин системасы бүтүп калат: туюк айлананы жаратып, «аягы» «башы» менен биригет (134-чийме). Башка жагынан, Гегель колдонгон усул чексиз кыймылды (карама-каршылардын түбөлүк күрөштүн натыйжасы катары) божомолдонгон диалектикалык усул болгондуктан, бул кыймыл туюк айлана боюнча чексиз кыймыл болуп калат.

135-чийме

Гегелдин философиялык системасы



Логика. Гегелдин мезгилинде логика бир гана адамдын ой жүгүртүүсүнүн мыйзамдары жана формал[illegible]епителген. Бул илимий дисциплинанын (классикалы[illegible]гика) маанисин таанып, Гегель анын кемчиликтерин белгилеген: биринчиден, формалдык логика бир гана адам ой жүгүртүүсүнүн (акылынын) мыйзамдары жана формалары менен иш жүргүзгөндүктөн, [illegible]н [illegible]и коюу зарыл; экинчиден, Абсолюттун негизи кыймыл жана өнүгүү болуп эсептелип турса да, формалдык логика ой жүгүртүүнүн кыймылсыз формалары менен иш жүргүзөт.

Мындан бардык нерселердин негизи жөнүндөгү, т.а. Абсолюттун өнүгүү мыйзамдары жөнүндөгү илимге айлана турган жаңы **диалектикалык логиканы** жаратуу маселеси пайда болот. Болмуш жана ой жүгүртүүнүн баштапкы окшоштугуна ылайык Гегелдин философиясында диалектикалык логика бир эле учурда онтология да (болмуштун өнүгүшү жөнүндөгү окуу), гносеология да (таануунун өнүгүшү жөнүндөгү окуу) жана логикада да (ойлоонун мыйзам жана формалары жөнүндөгү окуу) боло алат:

Логика = онтология = гносеология

Гегелдин көз карашы боюнча ойлонуу таянган түшүнүктөр үзгүлтүксүз кыймылда жана өз ара байланышта болушат, алар өзүнүн карама-каршылыгына айланып, дайыма өзгөрүп, бир бирине «өтүп» же «агып» турушат. «Логика илими» эмгегинде ал философиялык категориялар: «болмуш», «эч нерсе», «калыптануу», «сапат», «сан», «өлчөм» сыяктуу жалпы түшүнүктөрүнүн - философиялык категориялардын кылыптанышы жана өз ара байланышы жөнүндөгү маселени карайт. Бирок бул көйгөй Гегель тарабынан өтө формалдуу түрдө ар түрдүү деңгээлдеги триадаларды түзүү

жолу менен чечилет. Бардык бул триадалар Абсолюттун жалпы структурасын кайталаган тезис-антитезис-синтез деген окшош структурага ээ. Биринчи триада (элементардык же биринчи катардагы) төмөнкү түшүнүктөрдөн турган абсалюттук башталманы түзөт:

Биринчи триада (I) — 1. Болмуш
2. Эч нерсе
3. Калыптануу

Бирок ушул триаданын мүчөлөрү ортосундагы мамилени көрсөтүү үчүн эң жакшысы төмөнкү чиймеге кайрылуу керек.

136-чийме

Биринчи триада (I)



Болмушту бардык аныктамаларынан ажыраган бир нерсе, бир гана «болуу» касиетине ээ болгон «таза болмуш» катары ойлоону баштоо менен, ошону менен бирге биз да ошол эле бир нерсе же белгилүүгө окшоп ой жүгүртүүгө мажбур болобуз, б.а. **Эч нерседен** айырмаланып турганга окшоп. Ушинтип, таза болмуш өзүнүн карама-каршысын, өзүнүн жокко чыгарылуусун (тезис антитезисти) жаратат. Бирок мында Болмуш жана Эч нерсе (тезис жана антитезис) бир-бирин өз ара чектеп жана өз ара аныктап, биримдикте болушат. Баштапкы биримдиктин алкагындагы алардын өз ара аракеттенүүсү, алардын бир-бири менен болгон күрөшү синтезге – триадалардын (мында – «Калыптануу») жаңы мүчөсүнүн пайда болушуна алып келет.

Синтездин натыйжасында пайда болгон 1 триаданын үчүнчү мүчөсү (I.3) принципиалдуу түрдөгү жаңы болуп эсептелет, ал тезиске да, антитезиске да тиешелүү боло албайт. Мында, синтез антитезистен айырмалангандыктан, ал ага карата жокко чыгаруу түрүндө болот – бул «жокко чыгарууну жокко чыгаруу". Эсепке алынуучу нерсе, жокко чыгарууну жокко чыгаруу - синтездешүү стадиясында тезис ээ болгон, бирок антитезисте - биринчи эле жокко чыгарууда жок болгон бир нече касиеттер ордуна келишет.

Жалпысынан алынган бул биринчи триада белгилүү бир биримдикти көрсөтөт жана өзүнүн антитезиси – **экинчи триаданы** (дагы деле «элементардык» же биринчи катардагы) жаратат.

137-чийме

Экинчи триада (II)

Экинчи триада (II) - II. 1. Ушундай сыяктуу бар болмуш
II. 2. Аягы бардык (чектүүлүк)
II. 3. Чексиздик

же муну чийме түрүндө чагылдырса болот
Экинчи триада





Эми карама-каршылардын, т.а. биринчи жана экинчи элементардык триадалардын күрөшү жана биримдиги өзүнүн синтезин – **үчүнчү триаданы** («элементардык» же биринчи катардагы) жаратат.

Үчүнчү триада (II) - ┌ III. 1. Өзү үчүн болмуш
├ III . 2. Бирөө жана көпчүлүк
└ III. 3. Түртүү / тартылуу

Чийме түрүндө бул төмөндөгүчө көрүнөт

138-чийме

Үчүнчү триада (III)



139-чийме

«Сапат» триадасы

Ушул биринчи катардагы 3 триаданын ар бири белгилүү бир бүтүндүктү көрсөтөт жана өз учурунда экинчи катардагы триаданын (триадалардын триадасы) бир мүчөсү – Сапат катары көрүнөт (139-чийме).



140-чийме

«Болмуш» триадасы

Бирок Сапат өз учурунда үчүнчү тартиптеги жалпы триаданын – болмуштун биринчи мүчөсү гана (140-141-чиймелер).



141-чийме

Болмуш

I
1. Болмуш
2. Эч нерсе
3. Калыптануу

II
1. Ушул сыяктуу бар болмуш
2. Чектүүлүк
3. Чексиздик

Сапат –

		III	1. Өзү үчүн болмуш 2. Бирөө жана көпчүлүк 3. Түртүлүү / тартылуу
Болмуш	Сан –	I	1. Таза сан 2. Үзгүлтүксүз жана дискреттик өлчөм 3. Сандык чектөө
		II	1. Сан 2. Экстенсивдик жана интенсивдик белгилүү сан 3. Сандык чексиздик
		III	1. Түз өлчөмдүк мамиле 2. Тескери өлчөмдүк мамиле 3. Даражалык мамиле
	Өлчөм –	I	1. Атайын сан 2. Атайын коюлган өлчөм 3. Дүйнөдө болмуш өзү үчүн
		II	1. Өзүнчө өлчөмдөрдүн мамилеси 2. Өлчөмдөр мамилесинин негизги катары 3. Өлчөмсүз
		III	1. Негиздин түзүлүшү 2. Анын факторлорунун тескери мамилеси катары Абсолюттун айырмаланбагандыгы 3. Негизге өтүү

Бирок Болмуш төртүнчү катардагы триада –Абсолюттук идеянын биринчи мүчөсү гана болуп эсептелет.

Абсолюттук идея – Болмуш / Негиз / Түшүнүк

Ал эми Абсолюттук идея эң жогорку – бешинчи тартиптин – Абсолюттун биринчи мүчөсү болуп эсептелет (134-чиймеде).

Абсолют – Абсолюттук идея / Жаратылыш / Рух

Мында Гегель түшүнүктөрдүн өнүгүшү «абстарктуудан – конкреттүүгө», т.а. эң эле жалпы түшүнүктөрдөн, ошондуктан мазмуну боюнча азыраактардан анча деле жалпы эместер, ошондуктан мазмуну боюнча байлар пайда болот деген принцип боюнча болорун көрсөткөн. Түшүнүктөрдүн мазмунун «байышы» кедей бир тараптуулардан биримдикте карама-каршы түшүнүктөрдү да камтыган байларга өтүү жолу аркылуу ишке ашат.

Формалдык логиканын көз-карашы боюнча карама-каршылыктар мүмкүн эмес болуп эсептелет; эгер түшүнүктүн мазмунунда карама-каршы сапаттар бар болсо, мисалы, «тегерек жана квадрат» («тегерек квадрат» же «квадраттуу тегерек»), анда мындай

түшүнүктүн көлөмү бош болуп эсептелет – анда бир да элемент жок: эгерде карама-каршы нерсе айтылган сөз болсо (А жана А эмес), ал дайыма калп. Гегель болсо окшоштук мыйзамы (А=А) жана карама-каршылыкты кетирилбестиги жөнүндөгү мыйзамдары (А нын А эмес экени туура эмес) сыяктуу формалдык (Аристотелдик) логиканын пайдубалдык мыйзамдарын четке кагат. Анда Абсолюттун негизи өнүгүү, түзүлүү болгондуктан ар бир объект (түшүнүк) Гегелде өзүнө окшош да, окшош эмес да болуп калат: себеби өнүгүү процессинде объект өзүнүн өз окшоштугун сактап, кээ бир касиеттерин жоготуп, башкаларына ээ болот[1]. Ушинтип, өзүн Абсолюттук идея жана анын башка болмушу – Жаратылыш катары көрсөткөн Абсолют өзүнө окшош да окшош да эмес (А=А жана А=А). Гегелдин көз-карашы боюнча, окшоштук жана айырма өз өзүнчө жашай алышпайт, алар дайыма өз ара байланышта, бул бир бүтүн мамиленин эки тарабы. Ошондуктан окшоштук жөнүндө айтып жатып, айырманы да унутпоо керек, айырма жөнүндө айтып жатып окшоштукту айтуу зарыл.

Жаратылыш философиясы. Жаратылыш Абсалюттук идеянын башка болмушу болгондуктан, Гегель боюнча Жаратылышка Абсолюттук идеяныкындай эле жалпы мыйзам таандык. Ошондуктан жаратылыш философиясы триадалардын ошол эле принциптери боюнча түзүлөт жана механика, физика жана органикадан турат. Механикада Гегель мейкиндик, убакыт, материя, кыймыл жана башка түшүнүктөрүн, физикада – ысык, үн, стихия жана башка түшүнүктөрүн, органикада – организмдин, жаратылыштын геологиялык жана өсүмдүктүк түшүнүктөрүн карайт.

Жаратылыш философиясы – Гегелдин философиясынын анча деле ийгиликтүү бөлүгү эмес. Бул бөлүк аз жана анча жакшы эмес иштелип чыккан, анын көпчүлүк идеялары мындан аркы гегелчилер тарабынан да кабыл алынган эмес.

Рух философиясы. Бул Гегель философиясынын кызыктуу бөлүктөрүнүн бири, философиянын андан ары өнүгүшүнө, айрыкча маданият философиясына чоң таасирин тийгизген.

Гегель Рухту өзүнүн башка болмушунда, материалдуулуктун туткунунда, т.а. Жаратылышта болуп, кайра өзүнө кайтып келген Абсолюттук идея катары түшүндүрөт. Ошону менен дух Абсолюттун өнүгүшүнүн жогорку этабы болуп калат, ал Абсолюттук идея менен Жаратылыштын синтези болуп эсептелет. Абсолют дал Рухта өзүн түшүнөт (дароо болбосо да), ошондуктан да Рух туюк айлана боюнча өткөн өнүгүүнүн бир эле учурда чекки жана башкы этабы болуп эсептелет (134-чийме).

Мурдагыдай эле Рух жана ал жөнүндөгү окуу триаданы түзүшөт, мында бул:

Рух – Субъективдүү дух; Объективдүү дух; Абсолюттук дух

Бул триаданын ар бир мүчөсү өз учурунда – триада (142-чийме).

Субъективдүү рух өзүнүн өнүгүшүндө төмөнкү баскычтарды өтөт:

Субъективдүү рух – Антропология; Феноменология; Психология

Рух Гегель тарабынан феноменологиядагы өзүн тааануу стадиясынан баштап гана *өзүнө кайтып келген* Абсолюттук идея катары мүнөздөлөт (II.1. 142-чийме).

Объективдүү рух төмөнкү стадияларды өтөт:

Объективдүү рух — Укук; Моралдуулук; Адептүүлүк

Объективдүү Рухтун өнүгүшү мамлекеттин пайда болушу менен ийгиликтүү аяктайт (Б.III.3. 142-чийме).

[1]Мисалы адам өзүнүн бардык өмүрүндө өнүгүүнүн бардык баскычтарын басып өтөт, адегенде ал - жаңы төрөлгөн адам, андан кийин - жетилген курак, андан соң - карылык. Чоң киши болуу менен ал жаш баланын кылыктарын жоготуп

башка касиеттерге ээ болот. Демек чоң кишиге айлануу менен ал бала менен бирдей болбой калат. Башка жактан алсак, ал киши ошол эле адам болгондуктан, ал өзү менен өзү бирдей.

Бул жерде биз тарыхтын пайда болушу жөнүндө сөз болот жана бул убакыт ичинде боло турган чыныгы өнүгүү. Тарых, Гегелдин сөздөрү боюнча, «дүйнө жөнүндөгү ой-пикир». Адамдык тарых, Гегелдин ою менен, «Рухтун убакыт ичинде өз өзүн ачуусу» деп түшүнүлдүрүлсө, анда дүйнөлүк тарых өзүнүн «акылдуу планына» ээ болгон, Дүйнөлүк акыл ээ болгон ойлогон нерсенин ишке ашырылышы катары түшүндүрүлөт. Ошондуктан бизге жамандык катары сезилген бардык нерсе (кылмыш, согуш, төңкөрүш ж.б.) чындыгында алмашуучу жана дагы өнүгүүнүн кайсыдыр бир баскычында керектүү учур болуп эсептелет. Гегелдин «Укук философиясында» түзүлгөн: «Бардык чындык түшүнүгү бар, бардык түшүнүгү бар - чындык» деген белгилүү тезиси ушундан келип чыгат.

Дүйнөлүк адам тарыхынын кыймылы эркиндиктин көбөйүшү жана акылдын өсүү процесси деп түшүндүрүлөт. Тарых өнүгүүнүн 3 баскычын өтөт.

Чыгыш коому (баары кул болуп эсептелет)

Тарых ——— Грек-римдик дүйнө (айрым индивиддер эркиндикке ээ болот)

Герман–христиандык дүйнө (баары эркин)

Тарыхта эркиндик катары таанылып Абсалюттук идея Абсалюттук духтун баскычында өзүн кийинки триадага ачып, өзүн-өзү тааануу процессинде өзүнө кайтып келет.

Абсалюттук дух ——— Искусство
Дин
Философия

Искусстводо Абсолют өзүн сезимдик ой-толгоо (эстетика) аркылуу, динде – ишенимдин элеси аркылуу, философияда - таза түшүнүк аркылуу тааныйт. Бул баскычта Абсолют бүтүндөй өзүнүн негизин тааныйт – өнүгүү процесси жабылат (134-чийме, 85-таблица).

85-таблица

Дүйнөлүк тарых, искусство, дин жана философиянын негизги өнүгүү баскычтары

Дүйнөлүк тарых	*Искусство тарыхы*	*Дин тарыхы*	*Философиянын тарыхы*
Чыгыш коому	Чыгыш искусствосу	Чыгыш дини	
Грек-римдик коом	Классикалык искусство	Грек дини	Античтик грек философиясы
Герман-христиандык коому	Романтикалык искусство	Христиандык дин	Орто кылым христиан философиясы Заманбап германия философиясы

Абсолют жана Кудай. Абсолют Гегелде бардык бар нерсенин булагы жана жаратуучусу болуп калат жана бул мааниде ал христиандык Кудай-Атанын түшүнүгүнө жакын. Бирок андан айырмаланып, Абсолют башынан эле (Абсолюттук идея жана Жаратылыштын стадиясында эле) инсан эмес, эркке жана аң-сезимге ээ болбойт, мунун баарын адамда гана (Рух стадиясында) табат. Алгачкы Абсолюттун аракети эркин эмес, ал ага ичкертен таандык болгон мыйзамдарга баш ийет, т.а. ал зарылдык (керектүү).

142-чийме

Дух философиясы: структуралык элементтери

I. Антропология ⟶ I
1. Жаратылыштык жан
2. Сезүүчү жан
3. Чыныгы жан

А. Субъективдүү Рух →	II. Феноменология →	II	1. Аң-сезим 2. Өздүк аң-сезим 3. Акыл
	III. Психология →	III	1. Теоретикалык дух 2. Практикалык дух 3. Эркин дух
Б. Объективдүү Рух →	I. Укук →	I	1. Менчик 2. Келишим 3. Укукту бузууга болгон укук
	II. Мораль →	II	1. Пикир жана күнөө 2. Ой-максат жана жакшылык 3. Жакшылык жана жамандык
	III. Адептүүлүк →	III	1. Үй-бүлө 2. Жарандык коом 3. Мамлекет
С.Абсолюттук Рух →	I. Искусство II. Дин III. Философия		

Ошондуктан адамдык рухтун узак өнүгүү процессиндеги адамдын аракетинен гана, анын жогорку көрүнүшүн Гегель философиянын өнүгүүсүнөн байкайт, Абсалют өзүнүн маңызын түшүнө баштайт жана эркиндикке ээ болот. Адамга болсо философия көнүмүш аң-сезимдин деңгээлинен жогорулап жана Абсолюттун көз – карашына катар турууга жардам берет.

Окуунун тагдыры. Гегель тирүү кезинде эле анын атагы дүйнөлүк деңгээлге жеткен, анын философиялык окуусу болсо Германияда XIX-к. аягына чейин үстөмдүк кылган. Бирок Гегелдин өлүмүнөн кийин аны улантуучулар (гегелчилер) бир нече багыттарга бөлүнүп кетишкен. Алардын бир бөлүгү биринчи учурда Гегелдин системасын сактоого (ортодоксалдык гегелчилик), башкалары – системанын өнүгүшүнө (эски гегелчилик), үчүнчүлөрү – анын усулун, т.а. диалектиканын өнүгүшүнө (жаңы гегелчилик) умтулушкан: акыркы агымга Маркс кошулган. XIX-к. аягында XX-к. башында жаңы гегелчилик пайда болуп, анын айрым идеялары экзистенционализмдин калыптанышына таасир эткен (143-чийме).

143-чийме

Гегель: булагы таасири

Античтик жана орто кылым философиясы **Немец классикалык философиясы**





Людвиг Андреас Фейербах (Feuerbach)

Өмүр таржымалы.Людвиг Андреас Фейербах (1804-1872) – немец философу. Баварияда белгилүү юристтин үй-бүлөсүндө туулган. Гимназияны бүтүрүп, Гейдельберг университетинин теология факультетине тапшырган, андан соң Берлинге көчүп келген, ал жерде ага чоң таасир тийгизген Гегелдин лекцияларын уккан. Берлин университетин бүтүргөндөн кийин 1828-ж. Гегелдин духунда жазылган диссертациясын Эрланген университетинде жактаган; андан соң ошол университетте сабак берген. 1830-ж. жашыруун түрдө индивидуалдык адам жанынын өлбөстүгү идеясын четке каккан, адам тукумунун өлбөстүгүн гана айтып, «Өлүм жана өлбөстүк жөнүндөгү ойлор» деген китебин жарыялаган. Китеп конфискацияланган, ал эми автору Фейербах экени белгилүү болгондон кийин аны сабак берүү укугунан ажыратышкан. 1836-ж. үйлөнгөндөн кийин Фейербах эч жакка чыкпай, бир бөлүгү анын аялына таандык, анча чоң эмес фарфор фабрикасы бар болгон кыштакта жашаган. 1859-ж. фабрика банкрот болуп, өмүрүнүн акыркы жылдарын Фейербах чоң муктаждыкта өткөзгөн.

Негизги эмгектери. «Гегелдин философиясынын сындоосуна» (1839), «Христиандыктын негизи» (1841), «Келечек философиясынын негизги абалы» (1843).

Философиялык көз караштары*.Өнүгүүнүн негизги периоддору.* Өзүнүн философиялык эволюциясында Фейербах объективдик идеализмден (гегелчилик) материализмге (механикалык түрткү) чейинки жолду басып өткөн.

Диндин жана объективдүү идеализмдин сыны. Фейербахтын философиясында негизги орунду диндин талдоо жана сындоо ээлейт. Ал дин адамзат тарыхында негизги ролду ойнойт жана аны жөн эле алып салуу мүмкүн эмес, бирок анын келип чыгышы жана маңызын түшүнүп алып, жеңсе болот деп белгилеген. Диндин жаралышы адамдын билимсиздиги менен эле байланышкан (агартуучулар акцент кылган) эмес, «адамдын жаратылышы» жана анын жашоосунун шарттары менен байланышта. Адамдын эркине баш ийбеген жаратылыш стихияларына болгон анын алсыздыгы адам өзү ойлоп тапкан фантазиялардан жубатууну издешине алып келет. Ушинтип адамдын ойлоруна жана ниеттерине дал келген кудайлардын образдары пайда болот. Диндин сыры, Фейербахтын көз карашы боюнча, адам «өзүнүн маңызын обңектештиргендиги» жана бул объекттештирилген негиз субъектке, негизге, т.а. Кудайга айланышында жатат. Ошону менен динде «адам экиге бөлүнөт: ал Кудайды кандайдыр бир карама-каршы перседей өзүнө карама-каршы коёт. Кудай - адам эмес, адам – кудай эмес: Кудай чексиз, адам – чектүү жандык: Кудай – кемчиликсиз, адам – кемчиликтүү: кудай түбөлүктүү, адам ажалдуу: Кудай бардык нерсени кыла алат, адам күчсүз: Кудай ыйык, адам күнөөлүү. Адам жана Кудай чектегилерди түзүшөт»[1]. Диндин жалгандыгы – адам өзүнүн адамдык

негизин башка- кудайлашкан катары кабыл алышында. Бирок дин адам Кудайга кайрылып жатып, ошону менен бирге өзүнүн негизине кайрылганда чыныгы болот. Диндик культу четке кагып, Фейербах ага адамдын культун карама-каршы коёт: «адам адамга Кудай» (homohomini: deusest). Диндин жана философиялык идеализмдин тектештиги жөнүндө жыйынтыкка келип, Фейербах Гегелдин философиясын сындайт. Болмуш жана ойлоонун окшоштугун четке кагып, Фейербах Гегель философиясынын пайдубалдык жана баштапкы тезисине сокку берет. Гегель философиясынан эле баш тартпастан, ал Гегель диалектикасын да четке кагат. *Антропологиялык материализм.* Фейербах – материалист, анын көз карашы боюнча, болмуштун чыныгылыгын таануу жаратылыштан же материядан баштоо керек. Жаратылыш мейкиндик жана убакытта чексиз болуп эсептелет; мейкиндик жана убакыттын сыртында эч нерсе жок, бирок жаратылыштын да сыртында мейкиндик да, убакыт жок. Фейербахтын көңүл борборунда адам турат, ошондуктан анын окуусу **антропологиялык материализм** наамын алган. Адам материалдык жана акыл-эстүү болуп эсептелген психофизиологиялык жандык катары каралат. Анын негизин акыл, эрк жана жүрөк (сезим) түзөт. Анын үстүнө ар түрдүү тарыхый дооорлордо жана ар түрдүү маданияттарда анын негизи өзгөрбөйт.

[1]Дүйнөлүк философия онтологиясы. 4 томдук. 3 т. М., 1971, с.445-446 (котормо авт.)

Этикалык жана социалдык-саясий көз карашы. Адамдык аракеттин кыймылдаткыч күчү бакытка умтулуу болуп эсептелет. Бирок адамзаттын сыртында адам бактылуу боло албайт жана жашай да албайт, ошондуктан өзүнүн бактысына умтулуу адамды өзүмчүлдүктүн алкагынан чыгууга жана бардык адамзаттын бактысы жөнүндө кам көрүүгө мажбур кылат.

Окуунун тагдыры. Фейербахтын идеялары материализмдин жана атеизмдин өнүгүшүнө түрткү болгон. Өзгөчө анын таасири классикалык марксизм жана орус философторунун бир катарына – марксисттерге да, марксист эместерге да тийген.

144-чийме

Фейербах: булагы жана таасири



4- бөлүк
ЗАМАНБАП ФИЛОСОФИЯ (XIX-XX-КК.)

9-БАП
ЗАМАНБАП БАТЫШ ФИЛОСОФИЯСЫНЫН ЖАЛПЫ КӨЙГӨЙЛӨРҮ
17- БӨЛҮМ

Заманбап философия мүнөздөмөсү

17.1. Региондору жана хронологиялык алкактары

XIX-XX-кк. философиясын «заманбап философия» деп аташат.

Дүйнөлүк философияны анын өнүгүшү боюнча мезгилдерге жана региондоргоажыратуу учурунда Жердин ар түрдүү райондорундагы ар түрдүү элдердин философиясы жана маданиятты бирдей эмес өнүгүшү көйгөй жаратат.

Мурда белгилегендей эле, эгер Байыркы дүйнө доору болжол менен Батыш жана Чыгыш үчүн дал келсе, Орто кылымдар доору мусулман жана будда дүйнөлөрү үчүн христиан дүйнөсүнө караганда таптакыр башка хронологиялык алкактарга ээ (145-чийме). Орто кылымдын бүтүшү жөнүндө будда жана мусулман дүйнөсүндөгү өлкөлөр үчүн аларда Жаңы доор маданиятынын пайда болушунан, христиан дүйнөсүндөгүдөй XVII-к. эмес, XIX-к. экинчи жарымынан баштап айтсак болот.

Ушул акыркы датадан баштап «заманбап философиянын» мүнөздөмөсүн (XIX-XXк. батыш философиясы үчүн салттык) Чыгыштын бул эки аймагынын философиялык окууларына да тиешелүү десе болот. Ошону менен «заманбап философиянын хронологиялык алкактары анын өнүгүүсүнүн бардык негизги аймактарына» формалдуу түрдө дал келет. Ушуну менен бирге эки олуттуу кырдаалды белгилей кетүү керек.

Биринчиден, Кайра жаралуу доорунан баштап, «христиандык дүйнөнүн» географиялык алкактары Европаны чектеринен тышкары жайылган. Жаңы доордогу философияны талдоо үчүн олуттуу болгон дүйнөлүк маданияттын өнүгүшүнүн жалпы жүрүшүн карап жатып, биринчи кезекте, XVII-XI-кк. Европа маданияты Түндүк Америкада үстөмдүк кылгандыгын белгилей кетүү керек. Бул нерсе «христиандык дүйнөнүн маданияты» термининен «Европа маданият аймагынын маданияты» терминине өтүүнү, ошондой эле «христиан дүйнөсүнүн философиясы» термининен «Европа маданиятынын аймагынын философиясы» терминине өтүүнү да талап кылган. Акыркынын синоними дагы деле «батыш философиясы» деген термин болуп калган (145-чийме). Ал эми ага карама-каршы болгон мусулман жана будда дүйнөсүнүн философиясын «чыгыш философиясы» деп бириктиришкен.

Экинчиден, XIX-к. чыгыш философиясында жаңы окуулардын пайда болушу же мурдагылардын бүтүндөй өзгөрүлүшү катталган эмес (Индияда ортодоксалдуу мектептердин, өзгөчө веданталардын, ортодоксалдуу эместерден – джайнизмдин өнүгүшү уланат; Кытайда - жаңы конфуцийчилик, даосизм жана чань-буддизмдин өнүгүшү, Тибетте - тантризмдин, Японияда - дзен-буддизмдин, мусулман дүйнөсүндө – калама жана суфизмдин өнүгүшү уланат). Ушул эле мезгилде ар түрдүү чыгыш окууларын синтездөө аракеттери болгон. Ушул аймактар үчүн принципиалдуу жаңы көрүнүш болуп аларга XX-к. Батыштын философиялык окууларынын кириши эсептелген.

Социалдык саясий себептерге (өзгөчө ал жерде коммунистикалык жана социалистик партиялардын пайда болушу) ылайык бир нече аймактарда марксизм жана жаңы марксизм жайылган (Кытайда «социалисттик төңкөрүштүн» утушунан кийин жаңы марксизмдин бир түрү «расмий философиянын" статусуна ээ болгон). Л.Н.Толстойдун «жамандыкка күч аркылуу каршы чыкпоо жөнүндөгү» окуусу Индияда М.К.Гандинин саясий ишмердигинин теориясына жана практикасына таасирин тийгизгенин белгилей кетсек болот. Андан сырткары, XX-к. экинчи жарымында кээ бир «чыгыш» философтору чыгыштын да, батыштын да мамилелерин жана жетишкендиктерин, проблематикасын эске алган синкреттик философиялык окууну жаратууга аракет кылышкан. Мындай

аракеттерди батыш университеттеринде билим алгандар жасаган (мисалы, конфуцийчилик, буддизм жана батыш философиясынын синтезин ишке ашырууга аракет кылган япон философу Нисида Китаронун (1870-1945) окуусу).

Чыгыш философиясы заманбап батыш философиясына абдан чоң таасирин тийгизген (145-чийме): бул таасирдин башталышы XVII-XVIIIкк. баштап байкалат, бирок XIX-XIX-кк. анын таасири өзгөчө олуттуу болуп калган. Ушинтип XIXк. башталышында Индия уппанишаддарынын Шопенгауэрге болгон түз таасирин, XIXк. экинчи жарымында – буддизм жана конфуцийчиликтин Толстойго болгон таасирин белгилесе болот, андан сырткары ушул мезгилде индия-тибеттик окууларда түзүлгөн **Блават теософиясы** деген мистикалык багыт пайда болот. XIX-к. аягынан баштап, XX-к. боюнча веданталардын, йога, буддизм жана дзен-буддизмдин жашоо философиясы, прагматизм, экзистенционализм, психоаналитикалык философия (өзгөчө Юнг жана анын жолун жолдоочуларына), феноменология жана дагы постструктурализм жана постмодернизм сыяктуу батыш философиясынын агымдарына болгон жалпы таасирлери байкалат.

17.2. Батыш философиясынын жалпы мүнөздөмөсү

Заманбап батыш философиясы деп немец классикалык философиясынан кийин жана белгилүү бир даражада анын базасында өнүккөн философия аталат. Жолун жолдоочулардын саны, коюлган маселелердин мүнөзү жана аларды чечүү жолу аркылуу айырмаланган он чакты агым жана багыттарды өзүнө камтыйт. Негизги агым жана мектептер болжолдуу хронологиялык алкактары менен 146-чиймеде көрсөтүлгөн. Бул китептеги философия тарыхы боюнча берилген материалдын баяндамасын төмөндөгүчө түзсө болот.

Биринчиден, бардык мектеп жана багыттардын клссификациясын түзүп жана ушул классификациялоо аркылуу материалды баяндаса болот. Бирок бүгүнкү күндө мындай жалпы тарабынан кабыл алынган классификациялоо жок, ал эми аны жаратуу кыйынга турат. Ушинтип, кээ бир мектеп жана агымдар «генетикалык сыпат», мисалы, «структурализм → постструктурализм → постмодернизм» же «феноменология → экзистенционализм → герменевтика» боюнча топтолушат (147-чийме), башкаларын – изилдөөнүн негизги объекти боюнча, үчүнчүсүн – усул боюнча бөлсө болот. Бирок алгылыктуу классификациялоо муну менен түзүлбөйт.

Экинчиден, историзмдин принциби менен барып, материалды ошол мектеп жана агымдын пайда болуу убактысына (эч болбосо мезгили) ылайык жайгаштырса болот. Бирок бир катар агымдар (мисалы жашоо философиясы, позитивизм ж.б.) белгиленген мезгил ичинде же анын кандайдыр бир бөлүгүндө бар болушкан жана мында бирге өнүгүүнүн бир нече баскычын өтүшкөн; ошондуктан баяндоонун мындай түрү алардын баяндоосун үзгүлтүккө алып келмек.

145-чийме

Дүйнөлүк философиянын жалпы өнүгүшү: хронологиялык алкактар





Үчүнчүдөн, материалды ички генезисин карап, башка айрым мектептер боюнча баяндаса болот. Сынакта көбүнчө дал мектептер жөнүндөгү суроо берилиши эске алынып, бул китепте акыркы усул тандалган. Бирок мектептер, алардын пайда болуу мезгили жана алардын бир бирине болгон идеялык жакындыгы да эске алынып жайгаштырылат.

86-таблица

Заманбап батыш философиясынын негизги периоддору

Мезгил	*Жылдар*	*Негизги окуялар*
Биринчи - «антропо-центрикалык»	1830-1865	Немец классикалык философиясынын өнүгүшү улана берет (Шеллинг, Гегель, Фейербах) болжол менен 1850-жылга чейин; эски гегелчиликтин пайда болушу, гүлдөшү жана өчүшү; жаш гегелчиликтин пайда болушу, гүлдөшү жана өчүшү; классикалык позитивизмдин (1830- XIX-к. акыры) пайда болушу, гүлдөшү жана өчүшү; жашоо философиясынын пайда болушу (Шопенгауэр – болжол менен 1818-ж.); классикалык марксизмдин пайда болушу; Кьеркегордун философиясы (1842-1855)
Экинчи - когнитивдик	1865-1920	Жаңы кантчылыктын пайда болушу, гүлдөшү жана өчүшү (1865-1920); эмпириокритицизмдин пайда болушу, гүлдөшү жана өчүшү (махизмдин); жаңы позитивизмдин (логикалык позитивизм) пайда болушу:

		прагматизмдин пайда болушу; марксизм-ленинизмдин пайда болушу; жашоо философиясынын (Ницше, Бергсон, Дильтей, Шпенглер) гүлдөшү; феноменологиянын пайда болушу (гусерль); психоаналитикалык философиянын пайда болушу жана гүлдөшүнүн башталышы (Фрейд, Юнг); герменевтиканын өнүгүшү (Дильтей); жаңы томизмдин пайда болушу;
Үчүнчү - лингвистика -лык	1920-1970	Жаңы позитивизмдин гүлдөшө жана өчүшү (логикалык позитивизм); прагматизмдин гүлдөшө жана өчүшү; марксизм – ленинизмдин гүлдөшү; жаңы томизимдин өнүгүшү; жашоо философиясынын өнүгүшү жана өчүшү (Бергсон); экзистенционализмдин пайда болушу, гүлдөшө жана өчүшү; феноменологиянын (Гуссерль, сарт, Хайдегер) өнүгүшү; герменевтиканын (хайдегер, гадамер) өнүгүшү жана гүлдөшү; структурализмдин пайда болушу, гүлдөшө жана өчүшү; постструктурализмдин пайда болушу жана гүлдөшү; постмодернизмдин пайда болушу
Төртүнчү - постмодерн	1970-азыркы мезгил	Марксизм жана марксизм – ленинизмдин өчүшү; психоаналитикалык философиянын өнүгүшү; феноменологиянын өнүгүшү; герменевтиканын гүлдөшү; постпозитивизмдин (лингивистикалык философиянын) пайда болуу жана гүлдөшү; аналитикалый философиясынын пайда болуу жана гүлдөшү; постструктурализмдин гүлдөшү жана өчүшү; постмодернизмдин гүлдөшү жана өчүшү

146-чийме

Заманбап батыш философиясы: хронологиялык алкактар





147-чийме

Заманбап батыш философиясы: генезис жана өз ара байланышы



Заманбап батыш философиясынын булагы жана өзгөчөлүктөрү

18.1. Заманбап батыш философиясынын булактары

Заманбап батыш философиясы мурунку философиянын базасында өсүп жетилгени чын, бирок бир гана жаңы схоластика жана биринчи кезекте жаңы томизм (XIX-XX-кк. жаңы схоластиканын алкагындагы салымдуу агым) орто кылымдын философиясынын уланышы болуп эсептелет. Схоластиканын пайда болушу да XIX-к. Жаңы доордун жаңылыктары менен тыгыз байланышта болгон, т.а. анын рационализмине болгон романтикалык реакциянын агымында өткөн, немец классикалык философиясынын бир катар идеяларын сиңирип алган.

Заманбап башка окуулардын көпчүлүгү мурдагы Жаңы доор окууларынын, т.а. Жаңы доор башталышындагы жана Агартуу доорундагы окуулардын жана дагы немец классикалык философиясынын негизинде пайда болгон. Ушуну менен бирге заманбап философиядагы кээ бир агымдар немец классикалык философиясынын кээ бир окууларынын (Жаңы кантчылык, жаңы гегелчилик, марксизм ж.б. (148-чийме) түздөн-түз өнүгүшүн көрсөтөт, башкалары болсо аларды ар түрдүү аспекттерде (жашоо философиясы, экзистенционализм, прагматизм, постмодернизм ж.б.) «жеңишет».

Ар бир заманбап окуу немец классикалык философиясынын бир нече идея жана жетишкендиктеринен пайдаланып жана анын кээ бир тараптарын жана идеяларын өнүктүрүп, ошол эле учурда анын башка идеяларын четке кагышат (87-таблица). Бир нече маанилүү параметрлер боюнча мындай заманбап окууларды немец классикалык философиясын, кээде жалпы жонунан Жаңы доордун бардык философиясынын «четке кагылышы» катары бааласа болот. Ушинтип, заманбап философияда (жашоо философиясында, экзистенционализмде, постмодернизмде ж.б.) кеңири жайылган ирроционализмди бардык мурдагы рационализмдин «четке кагылышы» деп эсептесек болот.

148-чийме

Заманбап философиядагы немец классикалык философиянын идеяларынын өнүгүшү



87-таблица

Заманбап философиядагы изилдөөлөрдүн негизги объекттери

Философиядагы агым	Изилдөөнүн негизги объекти
Жашоо философиясы; Кьеркегордун философиясы; экзистенционализм; философиялык антропология	Бардык күчтүү каалоо, ички сезимдери, максаттары жана идеалдары менен адамдын жеке жашоосу
Психоаналитикалык философия; постструктуарлизм; постмодернизм	Адамдык психика жана андагы аңсыз, аңдуу (рационалдуу) жана аңсыз (иррационалдуу) ортосундагы мамиле
Феноменология; логикалык позитивизм; лингивистикалык философия; аналитикалык философия; структурализм; герменевтика	Бизге тил аркылуу ачылган адамдык аң-сезим жана ошондой эле тил да
Классикалык позитивизм; эмпириокритицизм; прагматизм; жаңы кантчылык	Тажрыйбанын базасында өнүккөн (субъективдик жана интер-субъективдик) методология жана адамдык тажрыйба
Марксизм	Адамзаттын бүткүл дүйнөлүк – тарыхый тажрыйбасы (практика) жана жалпы коомдук өнүгүүнүн мыйзамдары

18.2. Заманбап философиянын мүнөздүк өзгөчөлүктөрү

Заманбап философиянын олуттуу сыпаттардын санына төмөнкүлөрдү кошсо болот:

- «практицизм» - чыныгы жашоого (индивидуалдык жана социалдык, материалдык жана руханий) болгон багыттуулук;
- «эволюционизм» - эволюция, жаратылыш, коом жана адамдык таануу идеясынын кеңири жайылышы;
- «релятивизм» - бардык адамдагы бар (азыркы убактагы) билимдин салыштырмалуулугунун идеясы;
- «сциентизм» - башка илимдер, биринчи кезекте табигый илимдер менен, гуманитардык илимдердин ичинен – психология, логика жана лингивистика менен болгон тыгыз байланышы;
- «рационализм» жана «иррационализм» - ушул багыттардын курчуган күрөшү.

Практицизм. XIX-к. экинчи жарымында – XX-к. башында өтө абстракттуу, практикалык жашоодон да, табигый илимдерден да бөлүнгөн идеалисттик окуулар өзгөчө жайылган. Дал ушундай окуулар (биринчи кезекте-гегелчилик) көбүнчө европалык жана түндүкамерикалык университеттерде окутулган. Философияда бир нече жаңы агымдардын пайда болушу философиянын ушул «схоластикалык» мүнөзүн жеңүү аракети катары көрүлөт. Позитивизм, марксизм, прагматизм, жашоо философиясы, экзистенционализм жана башкалар - ар бири өз өзүнчө чыныгы адам жашоосуна кайрылуу менен ушул абалды өзгөртүүгө аракет кылган. Позитивизм (классикалык мезгилдеги жана эмпириокритицизм), прагматизм жана марксизм тажрыйба менен практиканы көңүл борборуна коюу менен аларды таанунун негизи жана максаты катары

жарыялаган. Мында алар, бир жагынан, эмпиризмдин идеяларынын өнүгүшүн уланткан, кээ бирлери XVII-XVIII-кк. философиясында эле камтылган (Фр. Бэкон, Локк, Беркли, Дидро ж.б.), башка жагынан - тажрыйба менен практиканын түшүнүгүн башкача түшүндүрүшкөн. Марксизм алгач адамзаттын жалпы дүйнөлүк-тарыхый тажрыйбасына кайрылган, башка философиялык мектептер болсо ар бири өзүнчө – индивидуалдык же интерсубъективдик тажрыйбага жана адамзат ички сезимдерине акцент жасашкан.

XVIII-к. философиясынан бери келе жаткан адамзаттын акылынын чексиз күчү жөнүндөгү тезис жана бардык негизги социалдык көйгөйлөр илимдин өнүгүшүнө ылайык чечиле алат деген көз карашы XIX-к. сциентизм идеологиясынын негизинде жаткан. Ошондуктан позитивизм, прагматизм, жаңы кантчылык, феноменология ж.б. үчүн негизги маселе илимий таануунун жаңы методологиясын иштеп чыгуу болуп калгандыгы таң каларлык эмес. Марксизм болсо илимий таануудагы өзүнүн методологиясын сунуштап, социалдык жашоонун өнүгүшүнүн ачылган мыйзамдарына ылайык анын өзүн өзгөртүүнү негизги максат кылып койгон.

Эволюционизм жана убакыт. XIX-к. экинчи жарымынан баштап, илимде, философия жана маданиятта жалпысынан жаратылыштын жана адамдын өнүгүшү (эволюция) жөнүндөгү идея жалпы таанылган.

Албетте, өнүгүү идеясы философияда мурда да талкууланып келген. Анаксимандрдын, Эмпедоклдун, Гераклиттин, стоиктердин ж.б. окууларын эске алсак деле жетиштүү, бирок байыркы философияда болмуш өнүгүшү болгон болсо да, ал туюк айланадагы өнүгүү катары түшүндүрүлгөн (мисалы 20-21-чиймелер).

Коомдун тарыхый түз өнүгүү концепциясы биринчи Августинде пайда болгон (37-таблица). Бирок анда бул, биринчиден, «баштан акырына чейинки» өнүгүү, т.а. башы жана акыры бар; экинчиден, «табигый мыйзамдар» аркылуу эмес, Кудайдын эрки боюнча ишке ашырылат, үчүнчүдөн, Августин бөлүп чыгарган коомдогу жашоонун мезгилдери өнүгүүнүн эмес, күн көрүүнүн мезгилдери, себеби алардын ичинде социалдык жашоодогу эч кандай принципиалдык өзгөрүүлөр жок. Ушинтип, заманбап мезгил (христиан биринчи жана экинчи келишинин ортосунда), негизинен, экинчи келүүнү күтүү гана. Эч кандай адам аракеттери (индивидуалдык же социалдык) бул мезгилди кыскарта да,узарта да албайт.

XVII-XVIII-кк. өнүгүү идеясы европалык философияга таркай баштайт. Ушинтип, Декарт өзүнүн «куюндар теориясында» заманбап жаратылыштын калыптанышын түшүндүргөн механикалык гипотезаны, Лейбниц болсо монадологияда – монаддардын эволюциялык өнүгүшү жөнүндөгү гипотезаны сунуштайт. Бирок көбүрөөк «табигый абал» баскычынан «жарандык коомго» чейинки адамзаттын тарыхый өнүгүшү жөнүндөгү идея жайылган жана өзгөчө мааниге ээ болгон. Дүйнөнүн бибилиялык картинасынын таасиринде болгон европалыктардын аң-сезимине өнүгүү идеясы жат болгон. Буга далил катары XVIII-к. ар түрдүү жаныбарлардын (динозавр сыяктуу) сөөктөрү табылганда жана аларды изилдөө башталганда, бул жаныбарлар «ташкынга чейинкилер», т.а. Дүйнөлүк ташкынга чейин жашагандар жана кемеге Ной албай койгондор деп мүнөздөлгөн. Ошондуктан XIX-к. эволюция идеясынын бекемделиши жана жайылышы философияда, илимде жана жалпысынан маданиятта революциялык кайта өзгөрүүлөргө алып келген.

Фихтенин жана Шеллингдин окууларында философиялык негизделген, андан соң Гегелдин философиясында ырааттуу иштелип чыккан эволюциялык өнүгүүнүн концепциясы XIX-XX-кк. экинчи жарымындагы табият илимдеринде: биологияда (Дарвиндин эволюциялык теориясы), геологияда (жердин ар түрдүү катмарларын түзүү концепциясынан баштап Вернадскийдин планетардык эволюциясы жөнүндөгү окууга

чейин), астрономияда (Ааламдын ысык өлүмү концепциясынан баштап чоң Жарылуу теориясына чейин) ж.б. илимдерде бекем негизге ээ болгон. Марксизмде туюк айланадагы өнүгүү жана түз өнүгүү концепцияларынын биригүүсү жүрүп, бул спираль түрүндөгү өнүгүү жөнүндөгү окууну пайда кылган (149-чийме).

149-чийме

Өнүгүү концепциясы

1. Туюк айланадагы өнүгүү **2. Түз өнүгүү**

3.Спираль түрүндөгү өнүгүү

Эволюциянын же прогрессивдик өнүгүүнөн түшүнүгү убакыттагы өзгөрүүнү болжолдогондуктан, бул акыркы түшүнүк өзүнө көңүл бурдура баштаган. Убакыт – бул сезимдик ой-толгоонун априордук формасы деген Канттын тезиси объективдүү жана субъективдүү убакыттын түшүнүктөрүнүн дифференциясын жана акыркысынын жаатында изилдөөлөрдү жараткан болсо да четке кагылган. Жалпысынан азыркы мезгилде убакытка тиешелүү төмөнкү түшүнүктөр бар (150-чийме).

150-чийме

Убакыт түшүнүгү



Объективдүү физикалык убакытты түшүнүүдөгү негизги жаңылыктар табигый илимде болгон жана катыштык жана абсолюттук убакытты ньютондук дифференциациялоону жеңүү жана анын абсолюттук убакыт жөнүндөгү окуусунан бүтүндөй башка тартуу менен байланышта. Бул нерсе Эйн-штейндин катыштык теориясын иштеп чыгуусу аркылуу ишке ашкан; бул теорияда мейкиндик жана убакыттын өз ара байланышы жана алардын материя (салмак) жана кыймыл менен болгон байланышы, ошондой эле жарыктын ылдамдыгына жакын болгон ылдамдыктарда убакыттын салыштырмалуу басаңдашы мүмкүн экендиги («эгиздердин парадоксу») айтылат.

Социалдык илимдердин жаатындагы негизги жаңылык объективдүү тарыхый убакыт түшүнүгү болгон жана дал ошол тарых, маданият жана жалпы жонунан адам болмушунун негизи катары карала баштаган, т.а. социалдык реалдуулук тарыхый катары сүрөттөлө баштаган. Бул тенденция өзүнүн тастыктоосун жалпы тарыхтын өнүгүшүндө илимий дисциплина катары, археологияда, этнографияда (алгачкы уруулларды изилдеген), илимдин тарыхына болгон кызыгууда (көбүнчө, позитивизмде) жана маданияттыын тарыхында (культрологиянын пайда болушуна түрткү болгон) алган.

Философияда тарыхый убакыт жашоо философиясындагы базалык түшүнүктөрүнүн бири болуп калган (мисалы, Ницшенин «Түбөлүктүү айлануу» жөнүндөгү окуусунда, Бергсондун «чыгармачыл эволюциясы» жөнүндөгү окуусунда, Шпенглердин «Локалдык маданияттардын организм катары өнүгүшү» жөнүндөгү окуусунда). Ал адамзат тарыхынын периоддоштуруусунун ар түрдүү концепцияларын жаратууга негиз болуп берген: марксизмде (коомдук-экономикалык формациялары

жөнүндөгү окуу) позитивизмде (коомдун өнүгүшүнүн 3 баскычы жөнүндөгү Конттун окуусу, Спенсердин эволюциялык окуусу), Тейяр де Шардендин эволюционизминде, Сорокиндин окуусунда, Тойнбинин тарыхый-культурологиялык концепциясында, орус космизминде (Федеров, Соловьев, Вернадский, Циалковский, Чижевский) ж.б.

Убакыт жөнүндөгү (объективдүү да, субъективдүү да) заманбап элестетүүлөрдүн негизги өзгөчөлүгү болуп бир тараптуу: өткөндөн келечекке («убакыт жебеси») багытталган катары мүнөздөлүшү эсептелет. Бирок муну менен бирге кээ бир карама-каршы көз караштар бар. Бергсон өзүнүн субъективдүү убакыт жөнүндөгү окуусунда субъекттин аң-сезиминдеги эске-тутум аркылуу дайыма «өткөн убакытка кайтуу» жана ар түрдүү убакыт катмарларынын бирге жашоосу болот. Заманбап физикада болсо объективдүү онтологиялык убакыт тескери багытта аккан (мисалы, антидүйнөдө) болмуш чөйрөсү жөнүндөгү гипотезалар бар.

Билимдин салыштырмалуулугунун идеясы. Эволюционизм концепциясынын жана тарыхый убакыт түшүнүгүнүн жайылышы Европа маданиятында жана философиясында адамдын бардык билиминин салыштырмалуулугу, т.а. адамзаттын ар бир өнүгүү баскычында анын толук эмес, жарым жартылай жана бүтүн эмес жана ошондой эле бүтүн болмуш жөнүндөгү билимдин толук жыйындысындай эле абсолюттук чындыкка жетип болбостугу жөнүндөгү идеяны бекемдөөгө түрткү болгон. Биринчи О.Конттун позитивизминде анык түзүлгөн бул идея андан соң заманбап философияда ар биринде өз-өзүнчө көрүнүп, дээрлик бардык багыт жана мектептеринде бекемделе баштаган (151-чийме). Ушинтип, алардын биринде объективдүү дүйнөдөгү адамдын аң-сезиминдеги адекваттык чагылуу катары **объективдүү чындыктын** бар экени жөнүндөгү идея орун алган жана абсолюттук объективдүү чындык жете алгыс болсо да, чексиз жакындоого болот. Мисалы, жаңы марксизмде (айрыкча марксизм-ленинизмде) дүйнөдө таанылбай турган эч нерсе жок, бирок дайыма бүгүнкү күндө тааныла элек нерселер бар экени жөнүндөгү тезис бекитилген (Ленин). Башка агымдарда **чындыктын субъективдүүлүгүнө** же б.а. ар түрдүү субъективдүү чындыктардын бирдейлигине акцент жасалган, мисалы Ницшенин жашоо философиясында «перспективдик борбор» жөнүндөгү окуусу менен, ошол сыяктуу эле постструктурализмде жана постмодернизмде да. Прагматизм бул мааниде бир аралыктагы (промежуточное) агым катары көрүлөт, мында чындык чыныгы объективдүү жана субъективдүү да статусту албай, интерсубъективдүү, т.а. айрым субъекттер тайпалары үчүн чындык болуп калат. Ушул сыяктуу көрүнүштөр жаңы позитивзмдин чындыкты конвенция катары (субъекттер ортосундагы келишим) түшүндүрүлүшүндө кездешет.

151-чийме

Чындыктын түрлөрү



Өнүгүү идеясы. XIX-XX-кк. табигый жана гуманитардык илимдерде да жалпы жонунан болмуштун жана анын түрдүү чөйрөлөрүнүн өнүгүү (эволюция) идеясы бекитилген.

Математизация. XIX-XX-кк. илимдин кеңири математикалаштырылышы жүргөн, анын үстүнө бул нерсе бардык табигый илимдерге жана салттуу түрдө гуманитардык деп эсептелген бир катар дисциплиналар үчүн да мүнөздүү.

Илимдердин дифференциациясы жана интеграциясы. XIX-XX-кк., бир жагынан, илимдердин дифференциациясы, алардын майда жана адистештирилген дисциплиналарга «бөлүү» уланган, башка жагынан, XIX-к. экинчи жарымында аракетке келген, XX-к. илимдердин интеграциясына жана синтезине болгон тенденция (т.а. ар түрдүү илимдердин «кошулган жериндеги» дисциплиналар көрүнө баштаган: физикалык химия, биохимия, информатика ж.б. сыяктуу) ачык боло баштаган, азыркы мезгилде болсо илимдеги революциялык ачылыштар дал ошол жааттардан күтүлөт.

Дүйнөнүн структуралоо. XX-к. дүйнөнүн түзүлүшү жөнүндөгү элестетүүлөр принципиалдуу түрдө өзгөргөн. Ушинтип, чыгыш философиясында жана маданиятында байыртан бери эле келе жаткан салттуу түрдө дүйнөнүн түзүлүшүнөн микродүйнө (адам) жана макродүйнө (Аалам, Космос) бөлүнүп чыккан жана алардын окшоштугу жөнүндөгү идея үстөмдүк кылган (152-чийме). Батыш философиясында бул идея байыркы мезгилден Жаңы доорго чейин кеңири таркалган, бирок ал байыркы философиянын алгачкы мезгилинде, андан соң Кайра жаралуу мезгилиндеги натурфилософияда үстөмдүк кылган. Байыркы философиянын классикалык мезгилинен баштап, Жаңы доорго чейин батыш философиясы жана маданиятында башкы орунду аристотель-птоломейлик дүйнө картинасы ээлеген, анда дүйнө ай астындагы жана ай үстүндөгүгө бөлүнгөн (153-чийме).

Табигый илим жана философия. Заманбап философиянын өнүгүшү тыгыз түрдө табигый илимдин жана бир катар гуманитардык илимдердин (алгач психология, логика жана лингивистика) өнүгүшү менен байланышта, бирок бул байланыш «түз» “аныk” болбосо да. Ошондуктан алгач философияга чоң таасирин тийгизген заманбап илимдин өзгөчөлүктөрүн белгилесек.

Мында анын ар биринде өзүнүн мыйзамдары бар жана алардын ортосунда принципиалдуу айырмачылыктар (стихияларды пайда кылуу курамы боюнча ай астындагы дүйнө - Эфирден, ай үстүндөгү – Аба, От, Суу, Жерден турат) бар деп эсептелген.

152-чийме

Болмуштун структуралык деңгээлдери (Байыркы дүйнө мезгилинен Кайра жаралуу дооруна чейин)



153-чийме

Болмуштун структуралык деңгээлдери (аристотель-птолемейлик дүйнө картинасы)



Ньютондук-картезиандык дүйнөнүн механикалык картинасында (XVII-XIX-кк.) ай астындагы дүйнө менен ай үстүндөгү дүйнөнүн, ошондой эле микродүйнө менен микродүйнөнүн ортосундагы принципиалдүү айырмачылык жокко чыгарылган, себеби ага ылайык бардык бар нерсе атомдордон турат жана бир эле мыйзамдарга баш иет (өзүнчө атом да, атомдордун көптөгөн санынан түзүлгөн бардык өлчөмдөгү тело да). Бирок XIX-к. баштап, XX-к. үстөмдүк кылган идея өзүнө жол сала баштаган: болмуш менен материянын ар түрдүү структуралык деңгээлдерин бөлүп чыгаруу зарыл болгон. Бул учурда 3 негизги деңгээлди бөлүп чыгаруу туура болот, болгондо да «санап бөлүү чекити» болуп адам эсептелет (154-чийме)[1].

Макродүйнө – өзүнүн ченемдери боюнча адам менен өлчөмдөштүрүлгөн объекттердин дүйнөсү, **мегадүйнө** – адам менен салыштырылгыс чоңдуктагы объекттердин дүйнөсү, **микродүйнө** – адам менен салыштырылгыс кичинекей объекттердин дүйнөсү. Адамды өлчөө бирдиктери (метр, фут, киллограммдар) өз маанисин жоготкондогу өлчөмдөрдүн мындай айырмачылыгы жөнүндө сөз болуп жатат.

154-чийме

Болмуштун түзүлүштүк деңгээлдери (XX-к.)

Ушинтип, жылдыздар ортосундагы аралыкты метр жана километрде ченөө маанисиз болот, бул жерде ченөөнүн жаңы бирдиги – жарыктык жыл, т.а. жарык бир жыл ичинде басып өтүүчү аралык колдонулат (күнгө жакын жайгашкан жылдыз андан болжол менен 11 жарыктык жыл аралыгында жайгашат). Ошондой эле микродүйнө үчүн да бирдей: молекулалардын, атомдордун, элементардык бөлүкчөлөрдүн өлчөм жана салмактары да өзгөчө ченөө бирдиктерин талап кылышат.

[1]Бардык изилденип жаткан кубулуштарда структуралык дуңгээлдерди бөлүпчыгаруу зарылдыгы жөнүндөгү жалпы тезис структурализмде жана сисьтемалардын жалпы теориясында негизделген жана иштелип чыккан.

Болмуштун бардык үч деңгээлдери тыгыз байланышта жана бир нече пайдубалдык мыйзамдар алардын баарына таасир этишет. Бирок, белгилүү болгондой, ушул деңгээлдердин ар биринде өзүнүн атайын мыйзамдар топтомдору иштейт экен, ошондуктан мегадүйнөнүн жана микродүйнөнүн кубулуштарын микродүйнөнүн мыйзамдары жана түшүнүктөрү аркылуу түшүндүрүү мүмкүн эмес экен.

Дүйнөнүн механикалык картинасынын кыйрашы. XX-к. дүйнөнүн эски ньютондук–картезиандык механикалык дүйнө картинасы кыйроого учураган. Ошондой болсо да ал бүтүндөй жокко чыгарылган эмес, көрсө чындыгында ал негизинен макродүйнөнү изилдөөгө негизделген. Анын ордуна жаңы жалпыраак дүйнө картинасы бекитилген: ал мегадүйнөнү изилдөөдө пайда болгон:

- мегадүйнө – физика жана астрономиядан алынган, космология жана космогониянын жетишкендиктеринде негизделген;
- микродүйнө – кванттык механика жаатындагы жетишкендиктерге негизделген.

Башка илимдердин философияга болгон таасири. Табигый илимдеги жана бир катар гуманитардык илимдердеги конкреттүү ачылыштар жана аларда негизделген ар түрдүү концепциялар жана окуулар заманбап философияга белгилүү таасирин тийгизген: кээ бирлери кандайдыр бир философиялык идеяларды тастыкташкан, башкалары философиядагы өзгөчө мектеп жана багыттардын, же эч болбосо ушул мектептер ичиндеги идеялардын өзгөчө түрлөрүнүн пайда болушуна стимул берген, үчүнчүлөрү «убакыттын духунун» жана заманбап илимий парадигманын жалпы калыптанышына түрткү болгон жана алар аркылуу тигил же бул философиялык окууларга таасир этишкен.

Философиянын жана башка илимдердин өнүгүшүндөгү жалпы тенденция жана параллелдери жөнүндөгү кабар берген бир нече кызыктуу дал келүүлөрдү байкоого мүмкүн. Табигый илимдердеги жана философиядагы изилдөөлөр дүйнөнүн жалпы картинасындагы негизги роль субъектке жана адамдык аң-сезимге таандык экенин жана ошондой эле табигый илимдердин өнүгүшү философияда рационализмге жана иррационализмге олуттуу таасир эткенин көрсөткөндөгү өзгөчө кызыктуу жана принципиалдуу түрдө маанилүү болуп калат.

Заманбап дүйнө картинасындагы субъект. 1927-ж. Нильс Бор кванттык механикада изилденген микродүйнөнүн объекттерин сүрөттөө үчүн **кошумчалык принцибин** түзгөн, мунун себеби жарыктын жаратылышынын көйгөйүн бир түрдүү образ аркылуу чечүүгө болбостугу жөнүндө жыйынтык болгон. Кээ бир учурларда жарык өзүн бөлүкчөлөрдүн (корпускулдардын) ташкыны, башка учурларда – толкун сыяктуу өзүн алып жүрөт. Бул принцип жарыктын корпускулярдык–толкундук дуализмин далилсиз тастыктайт жана аны өз ара бири бирин жокко чыгаруучу түшүнүктөр (бөлүкчөлөрдүн да, толкундун да агымы катары) аркылуу «кошумча» сүрөттөөнү талап кылат. Бордун өзү бул принциптин пайда болушун ушул макродүйнөдө жайгашып, микро дүйнө көрүнүштөрүн түшүндүрүү аракеттери менен байланышта деп эсептеген, а.т.:

- биринчиден, макродүйнөнү изилдөөдө пайда болгон түшүнүктөр аркылуу микродүйнө кубулуштарын түшүндүрүү аракеттери менен (т.а.Ньютондун салтынын уландысы катары дүйнөгө болгон дифференциацияланбаган мамиле, болмуштун принципиалдуу түрдө ар түрдүү түзүлүштүк бөлүнүшүнөн баш тартуу);
- экинчиден, болмуштун субъект жана объекттин бөлүнүшү менен байланышта болгон (субъектке жана объектке бөлүнүштүн терс жыйынтыктары жөнүндө европалык философияда Ницше эле айткан жана бул идея феноменологияда, экзистенционализмде, прагматизмде ж.б. кармап калынган) адам аң-сезиминдеги түшүнүктөрдүн пайда болушунун жалпы татаалдыктары менен;
- үчүнчүдөн, микродүйнөнүн кубулуштарын байкоо жана сүрөттөөдө биз макродүйнөгө тиешелүү болгон көзөмөлдөөчү жана көзөмөлдөө каражаттарынан абстракциялана албайбыз.

Бор «кошумчалык принциби» макродүйнө объекттерин сүрөттөөгө туура келбестен жана дагы жалпы методологиялык мааниге ээ; заманбап илим чындыгында эле билимдин ар түрдүү чөйрөлөрүндө кеңири таркалган. Философияда болсо аны алгач

джайнизм жана суфизмде орун ээлеген ар бир философиялык окуу болмуштун белгилүү чегин гана туура сүрөттөйт, ал эми аны түшүнүү үчүн бардык ошол окууларды кабыл алып гана жакындоого болот деген концепциясы менен салыштырууга болот. Заманбап батыш философиясында ушуга окшош принципти бир гана субъективдик же интерсубъективдик чындыкты тааныган окууларды жана дагы ар түрдүү, бир-бирине карам-каршы окуулардын бирге жашоо мүмкүндүгүн таанууга даяр болгон XX-к. «плюрализмдин» жалпы деминде байкоого болот.

Башка анык окшоштук төмөнкүдө турат. Байкоочунун жана байкоо каражаттарынын дүйнөнүн физикалык картинасынан чететтилбестиги байкоочунун аң-сезиминде түшүнүктөрдүн пайда болуу татаалдыктарындай эле дүйнөнүн кайсы болбосун картинасын биле туруп субъективдүү, б.а. «субъекттин көздөрү менен көрүлгөн» дүйнөнүн картинасына айландырат. Дүйнөнүн объективдүү картинасына болгон бардык жакындоо, субъективдүүлүктүн картын азайтуу аракети субъекттин жана анын аң-сезиминин өзгөчөлүктөрүн окууну талап кылат. Ошону менен эле көңүл борборунда субъектин өзү, анын таануу жөндөмдүүлүктөрү жана аң-сезим түзүлүшү болот. Дал ушул нерсе заманбап батыш философиясында ишке ашкан. Чыгыш философиясында (өзгөчө индияныкында) субъект аң-сезими менен башынан эле көңүл борборунда болгон жана дал ушунун өзү заманбап батыш философиясынын чыгыштыкына катуу көңүл бурушунун себеби болгон.

Субъекттин дүйнөнүн заманбап картинасынан чететтетилбестиги жөнүндөгү тезис дагы бир 1930-ж. заманбап физикадагы Пауль Гейзенбергдин «белгисиздик принциби» аркылуу тастыкталат. Бул принципке ылайык, бардык микробөлүкчө үчүн бир эле убакытта анын координаттарын (мейкиндиктеги абалын) жана импульсун аныктоого болбойт: ушул эле нерсе башка байланыштуу өлчөмдөрдүн башка жуптарын да тиешелүү (энергия жана убакыт, кыймыл санынын учуру жана бурч).

1970-ж. ааламдын «ийкем ыңгайлашуу" деп аталган, т.а. ар түрдүү физикалык константалар арасындагы катыштыкты изилдөө «антроптук принципти» тикелөөгө алып келген. Көйгөйдүн маниси «ийкем ыңгайлашууну» түзгөн (төрт пайдубалдык өз ара аракеттердин өлчөмсүз константалары сыяктуу же гравитациялык туруктуулук, Планканын туруктуулугу, электрондун заряды, электрон жана протондун салмагы, жарыктын ылдамдыгы сыяктуу өлчөмдүү константалар) физикалык туруктуулуктардын сандык маанилери теориялык жактан негизделген эмес: алар тажрыйбадан алынган жана бир биринен көз карандысыз пайда болгон жана кандайдыр бир физикалык туруктуулуктун конкреттүү өлчөмүн кабыл алуу интуитивдүү башталмаларда гана болот. Бирок мында суроо жаралат: эгер өлчөмдөр башкача болгондо, Аалам кандай болмок?

Көрсө, эгер ушул өлчөмдөр кичине болсо да (10-15%) өзгөрсө, Аалам жаралбай калышы мүмкүн экен. Башкача айтканда дүйнөнүн байкоочусу болуп эсептелген – адам жашаган аалам пайда болмок эмес. Ушинтип, адамдын пайда болушу Ааламдын пайдубалдык мыйзамдары менен ажырагыс байланышта. Мындан «антроптук принцип» келип чыгат, азыркы учурда анын эки аныктамасы бар.

Алсыз антроптук принцип: биздин байкообуз керек болгон нерсе адамдын байкоочу катары бар болушу үчүн керек болгон шарттарды канаатандырышы керек.

Күчтүү антроптук принцип: Аалам анда эволюциянын кээ бир баскычында байкоочу бар боло тургандай болуш керек.

Ушинтип, заманбап табигый илим жана физиканын өнүгүшү таанып билүүчү субъектти көңүлдүн фокусуна коюп, философия менен паралель жүргөн.

Рационализм жана иррационализм. Жаңы доордогу Кантка чейинки философиянын дээрлик баары адам үчүн болмуштун (рационализм тезиси) «тунуктук» же «абсолюттук тааныла билүү» принцибинде түзүлгөн. Канттын философиясында сырткы дүйнөнүн, т.а. «өзү менен өзү нерсе» принципиалдуу таанылбастыгы жарыяланган жана дагы адамдын ой жүгүртүүсүнөн (транценденталдык диалектиканын)

«сырлар катмары» алып салынган. Болмуш Ой жүгүртүү менен бирдей болгон деп Гегель эсептеген, ошону менен болмуштун «аныктыгы» менен «тунуктугу» калыбына келтирилген.

Көп жагынан Кантка таянган заманбап философиядагы алгачкы тезис болуп көбүнчө кайра болмуштун «тунук эместиги», «таанылбастыгы» жөнүндөгү (жашоо философиясы, феноменология, экзистенционализм, позитивизм (эмпириокритицизм) ж.б.) идея болуп калат. Болмуш адам тааный да жана жете да албаган «өзү менен өзү нерсе» болуп калат, ошондуктан философия ага түшүнүктүү болгон адам аң-сезиминдеги кубулуштардын дүйнөсүнө (феномендерге жана ноумендерге) жана адамдык ички туйгуларына кайрылат. Бирок алар да көбүнчө рационалдуу аң-сезимге жеткиликсиз деп жарыяланат жана интуитивдүү түрдө гана таанылуучу болуп калат.Белгилей кетүүчү кызыктуу нерсе, рационалисттик да жана иррационалисттик да маанай философияда табигый илимдердин өнүгүү жолу аркылуу колдоого алынат.

Рационализм. XIX-к. жалпы жонунан табигый илимдер жаатындагы ачылыштар жана алардын негизинде жасалган, адамдын жашоосун жеңилдеткен көптөгөн техникалык табылгалар Европа маданиятында сциенисттик маанайдын түзүлүшүнө жана жалгыз илимий деп кабыл алынган заманбап табигый так методологияны иштеп чыгууга жол ачкан. Бул XX-к. рационализмдин мындан аркы өнүгүшүнө жана түздөн-түз классикалык позитивизм менен марксизмдин өнүгүшүнө жана пайда болушуна, XX-к. башталышында – структурализмге жана системалардын жалпы теориясынын пайда болуушуна жана өнүгүшүнө, ошондой эле жаңы марксизмдин өнүгүшүнө (марксизм-ленинизмге да) таасир эткен. Бирок XIX-к. аягында – XX-к. башында эле ушул позитивдик-сциенисттик акылдын багыттуулугунун абсолютизациясы «жаратылыш жөнүндөгү илим» жана «рух (маданият)» жөнүндөгү илимдердин жана алардын методологияларынын (рационалистик жана иррационалистик) кескин карама-каршы болушуна алып келген.

Иррационализм. XX-к. бою табигый илимде рационализм принциби үстөмдүк кылган болсо да, философияда иррационализмге болгон тенденция күчөгөн. Анын өнүгүшү бир нече фактор менен байланышкан. Эң негизгилери төмөнкүлөр: *биринчиден,* илимдердин математикалаштырылышы жана дифференциациясы ар бир «тар» илимий дисциплинанын андан да «жабык» жана баары үчүн түшүнүксүз болушуна алып келген, ушул жаатта иштебегендер (өзгөчө философ-гуманитарлар) үчүн алардын көз карашында дээрлик «эзотерикалык» билим мүнөзүнө ээ болгон. Мунун натыйжалары – бир жагынан «табигый жана таза» гуманитардык илимдердин методологиялары принципиалдуу түрдө чектелүүсү, экинчи жагынан, философияда ирроционализм тенденциясынын күчөшү жүргөн. Макродүйнөгө тиешелүү болгон дүйнөнүн мурдагы механикалык картинасынын (адам үчүн «ачык» жана «тунук» болгон) кыйрашы постструктурализмде жана постмодернизмде сыяктуу агымдарда XX-к. аягында өзүнүн максимумуна жеткен ушул тенденциянын өнүгүшүнө түрткү болгон.

Экинчиден, илимий ачылыштарды согуш максатында колдонуу, өнөр жайдын интенсивдүү өнүгүүнүн ж.б. натыйжасы болгон экологиялык кризис адегенде батыш маданиятында сциенисттик маанайларды жок кылды, андан соң алардын урашына алып келди. Бул болсо натыйжасында адам психикасындагы акылдан тышкары жана иррационалдык көйгөйлөргө жана аң-сезимдин феномендерине болгон кызыгуунун жогорулашына мүмкүндүк берди жана алар жашоо философиясында (Дильтей, Бергсон, Шпенглер ж.б.), феноменологияда (Гуссерль, Хайдеггер, Сартр ж.б.), психоаналиткалык философияда (Фрейд, Юм, Фром ж.б.), экзистенционализмде (Бердьяев, Шестов, Ясперс, Хайдеггер, Сартр, Камю ж.б.), XX-к. аягында болсо – постструктурализмде жана постмодернизмде чагылдырылган, андан сырткары, көңүл борборунда адам аң-сезиминин феномендери турган чыгыш философиясынын (индиялык жана кытайлык) агымдарына болгон кызыгуунун көтөрүлүшүнө алып келген (биринчи кезекте, буддизмде жана ведантада).

Заманбап философияга табигый жана гуманитардык илимдердин таасири жөнүндө айтууда бир нече олуттуу ачылыштарды бөлүп көрсөтсө болот (88-таблица).

88-таблица

XIX-XX-кк. илимдердин жетишкендиктеринин философияга болгон таасири

Башка илим жана маданияттагы окуялар	*Илим жана маданиятка таасири*	*Философиянын өнүгүшүнө таасири*
XIX-к. Жалпы жонунан табигый илимдер жаатындагы ачылыштар жана алардын негизинде адамдын жашоосун жеңилдетүүчү көптөгөн техникалык ачылыштар (темир жол, пароход, автомобиль, аэроплан, телефон, радио, фото сүрөт, кино, граммафон ж.б.)	*XIX-XX-кк.* Европа маданиятында сциенисттик маанайдын түзүлүшүнө таасир эткен: заманбап табигый так методологиянын жана аны жалгыз илимий деп эсептөөчү мамиленин иштеп чыгылышына жол ачкан	*XIX-к.* Түздөн түз классикалык позитивизмдин, марксизмдин жана табигый илимдер материализмин (өзгөчө, «вульгардык» же физиологиялык) пайда болушуна жана өнүгүшүнө таасир эткен XIX-к. менен XX-к. чеги Жаңы кантчылыкта «жаратылыш жөнүндөгү илимдер» менен «рух (маданият) жөнүндөгү илимдердин» жана алардын методологиясын кескин карама-каршы коюлушуна алып келген *XIX-XX-кк.* Рационализмдин өнүгүшүнө жол ачкан *XX-к.* Структурализм жана системалардын жалпы теориясынын пайда болушуна жана өнүгүшүнө, жаңы марксизмдин өнүгүшүнө жол ачкан
Илимдерди дифференциялоонун жалпы процесси	Айрым илимдердин өнүгүшүнө жана ар түрдүү илимдерде «тар адистердин» бирин-бири түшүнбөстүгүнүн күчөшүнө алып келген	*XIX-XX-кк.* Ирроционализмдин өнүгүшүнө мүмкүндүк түзгөн
XIX-к. – Биология: Табигый тандоо принцибине негизделген Дарвиндин эволюциялык теориясынын жаралышы жана кеңири жайылышы; Мендель тарабынан тукум-куучулук мыйзамынын ачылышы	*XIX-к. аягы-XX-к.* Илимде да, маданиятта да эволюция идеясынын бекитилишине жол ачкан: бардык жандуу жаратылыштын бир бүтүндүгү жөнүндөгү идеянын бекитилишине мүмкүндүк берген	*XIX-к. аягы – XX-к.* Социал-дарвинизм жана геосаясат агымдарынын жаралышына таасир эткен. Бергсондун чыгармачыл эволюциясынын (жашоо философиясы) концепциясына, де Шардендин эволюционизмине, орус космизминин идеяларынын түзүлүшүнө таасир эткен
XIX-к. – Химия	Бардык жаратылыштын	Диалектика мыйзамдарын

Менделеев тарабынан элементтердин периодикалык системасынын ачылышы	бир бүтүндүгү жөнүндөгү идеянын тастыкталышына жол ачкан	тастыктап, табигый так материализм жана марксизмдин бекитилишине түрткү берген
XIX-к. – Физика Энергияны (Джоуль) сактоо мыйзамынын ачылышы: электро-магниттик талаалардын (Максвеллдин электромагниттик теориясы) ачылышы: термодинамиканын жаралышы жана өнүгүшү	*XIX-к.аягы –XX-к.* XIX-XX-к. аяккы чегинде физикадагы жалпы кризиске түрткү болгон: историзмдин принцибинин жаңы тастыкталышын берген «убакыт жебеси» түшүнүгүнүн пайда болушуна алып келген; «Ааламдын жылуулук өлүмү» концепциясынын пайда болушуна алып келген	*XIX-к. аягы-XX-к.* Философияда «феноменологиялык» бурулушка жана «зат» жана «материя» түшүнүктөрүнүн дифференцияцияланышына түрткү берген: Ааламдын эволюциясынын концепциясынын өнүгүшүнө жана «Чоң жарылуу» теориясынын түзүлүшүнө таасир эткен
XIX-к. – Математика Эвклиддик эмес геометриянын жаралышы	*XX-к.* Салыштырмалуулук теориясынын түзүлүшүнө таасир эткен, ага ылайык мейкиндик эвклиддик эмес түзүлүшкө ээ: интуиционисттик математиканын жана классикалык эмес логиканын пайда болушуна түрткү берген	*XX-к.* Феноменология жана логикалык позитивизмдин өнүгүшүнө таасир эткен
XIX-к. – Тил илими Тилдин улуттук менталдуулук жана дүйнө картинасы менен болгон байланышынын ачылышы (Гумбольддун улуттун духунун көрүнүшү катары тил жөнүндөгү окуусу); тилдин тайпаларынын жалпы тамырлардан өнүгүшүнүн жалпы закон ченемдүүлүктөрүнүн, «тил үй-бүлөлөрүнүн» бар экенин (индо-европалык тил бүлөсүнүн биринчи реконструкцияларынын жаралышы) ачылышы	*XIX-XXкк.* Жалпы жонунан тил жана белгилерге болгон жалпы кызыкчылыктын жогорулашына таасир эткен; семиотиканын (белгилер жөнүндөгү илим) пайда болушуна түрткү берген; Историзмдин жалпы принцибин тастыктаган: Тил илими жана семиотиканын мындан аркы өнүгүшүнө түрткү берген	*XX-к.* Тил проблематикасына болгон жалпы кызыкчылыктын өнүгүшүнө таасир эткен; Хайдеггердин окуусуна, Гадамердин герменевтикасына, лингивистикалык философияга, постструктурализмге жана постмодернизмге таасир эткен; Структурализмдин пайда болушуна жана өнүгүшүнө таасир эткен
XIX-XX-кк. аягы - Физика Физикада жалпы кризис:	*XX-к .* Эски механикалык (ньютондук-	*XIX-к аягы – XX-к.* Философияда «феноменологиялык»

радиоактивдүүлүктүн ачылышы: электрондун жана атомдун татаал түзүлүшүнүн ачылышы: салыштырмалуулуктун жеке жана жалпы теориясынын ачылышы; кванттык физиканын жаралышы; радионун ачылышы	картезиандык) дүйнөнүн картинасынын кулашына жана жаңы физика жана астрономиянын пайда болушуна түрткү берген; радиотүйүндүн жаралышы: практикалык жашоодо электрдик токтун кеңири пайдаланылышы	бурулушка түрткү берген: эмпириокритицизм (позитивизмдин экинчи баскычы), прагматизмдин, феноменологиянын түзүлүшүнө таасир эткен: жаңы марксизмдин (марксизм-ленинизм) өнүгүшүнө түрткү берген
Математика жана логика Математикадагы кризис (математиканын негизинде парадокстордун табылышы); логикалык парадокстордун белгилүү болушу: Васильев тарабынан «элестетилген логика» жөнүндөгү окуунун жаралышы; Фрегенин антипсихологизми жана ал тарабынан логикалык семантиканын негиздеринин иштеп чыгарылышы	Математиканын негизделүү көйгөйлөрүнүн иштеп чыгылышына, математикада жаңы багыттардын пайда болушуна түрткү берген: классикалык эмес логикалардын пайда болушуна түрткү берген; тилдик жана логикалык проблематикага болгон кызыгууга стимул берген; информатиканын пайда болушуна жана өнүгүшүнө түрткү берген	Жаңы позитивизмдин (логикалык позитивизм) жана Гуссерлдин феноменологиясынын түзүлүшүнө таасир эткен
Психология жана психиатрия Сокур сезим жаатындагы изилдөөлөр; Фрейд тарабынан психоанализ усулунун иштеп чыгылышы	Сексуалдык проблематиканы илимий катары бекитилишине (XX-к. Башынан баштап) түрткү берген, коомдо «сексуалдык төңкөрүштү» дарылоо усулу катары психоанализмдин кеңири таркалышы (1960-жылдарда) Маданият жана искусстводо («дадаизм», «сюреализм» ж.б.) акылдан жалпы кызыгуунун өсүшүнө түрткү берген	Психоаналиткалык философиянын (фрейдизм, жаңы фрейдизм, юнгианчылык) жаралышына алып келген; экзистенциализмдин, постмодернизмдин, постструктурализмдин өнүгүшүнө таасир эткен
Лингивистика Де Соссюрдун концепциясы	Теориялык тил илиминин, семиотиканын жана логиканын (логикалык семантика) өнүгүшүнө таасир эткен	Структурализмдин түздөн-түз өбөлгөсү болгон; жаңы позитивизмге жана постпозитивизмге (лингивистикалык жана аналитикалык философияга)

		таасир эткен
XX-к. –XX-к. биринчи жарымынын жалпы окуялары. Илимий ачылыштарды согуш максатында колдонуу (уулоочу заттар, аэропландар ж.б. биринчи дүйнөлүк согушта). *XX-к. экинчи жарымы* Илимий ачылыштарды согуш максатарында колдонуу (башкарылуучу ракеталар, атомдук бомбалар ж.б. - экинчи дүйнөлүк согушта); күүлөнгөн өндүрүштүк өнүгүүнүн натыйжасы болгон экологиялык кризис	*XX-к.* Маданиятта сциенистик маанайларын (настроение) үзгөн, бул нерсе болсо адам психикасындагы акылдан тыш жана иррационалдык көйгөйлөрүнө жана аң-сезимдин феномендерине болгон кызыгуунун өсүшүнө түрткү болгон; маданиятта сциенисттик көңүлдөрдүн кулашын алып келген, бул нерсе өз учурунда батыш, өзгөчө чыгыш маданиятына салттуу болбогон ар түрдүү диндерге болгон кайрылуулар менен байланышкан мистицизм менен динчилик деген жаңы толкундардын көтөрүлүшүнө түрткү берген	*XX-к.* Иррационализмдин өзгөчө Бергсон жана Шпенглердин жашоо философиясынын Хайдегер жана Ясперстин экзистенционализминин өнүгүшүнө түрткү берген Иррационализмдин өзгөчө: - Сартр, Камюнун экзистенционализминин: - постструктурализм жана постмодернизмдин: - чыгыш философиясына болгон кызыгуунун мындан аркы өнүгүшүнө түрткү берген
XX-к – илим жалпысынан Илимдердин интеграция процессинин күчөшү	Кошумча принциптин жалпы методологиялык принципке айланышына таасир эткен	*XX-к. экинчи жарымы* Синергетиканын пайда болушу жана дисциплиналар ортосундагы изилдөөлөрдүн методологиясынын иштеп чыгарылышына таасир эткен
XX-к. - Физика жана астрономия Дүйнөнүн жаңы картинасы (боровскилик-эйнштейндик) жаралган; ядердик энергиянын ачылышы; кошумчалык принциби, белгисиздик принциби, антроптук принцип; «доплеровдук натыйжа» жана «галактикалардын жүгүрүү (разбегание) көрүнүшүнүн ачылышы», «Чоң жарылуунун» космогониялык концепциясынын жаралышы. Ракета куруунун пайда болушу	Согуш жана тынч максаттарда колдонулган ядердик энергияны колго алуу ишке ашкан Жаратылыштын өнүгүшүндө историзм концепциясын тастыктоо; Радиотелескоптор аркылуу космосто жерден сырткары цивилизациялардын издерин издөө	Болмуштун 3 түзүлүштүк деңгээлин (микродүйнө – макро дүйнө – мега дүйнө) бөлүп чыгышына түрткү берген; системалардын жалпы теориясынын өнүгүшүнө таасир эткен; субъектке, анын аң-сезимине жана Ааламдагы адамдын ордуна болгон кызыгуунун күчөшүнө түрткү берген; «космикалык ой жүгүртүүнүн» жана космизмдин өнүгүшүнө таасир эткен

XX-к. – Химия Жашоонун бардык чөйрөлөрүндө колдонулган жаңы материалдардын жаралышы; ракетага отундардын пайда болушу	Айыл-чарба продукцияларынын түшүмдүүлүгүнүн жогорулашы Космонавтиканын пайда болушуна таасир эткен	Ааламдагы адамдын ордун жана көйгөйдүн орношуна жана орус космизминин өнүгүшүнө түрткү берген
XX-к. – Биология Генетиканын пайда болушу, ДНК жана РНКнын ачылышы, мутация теориясынын иштеп чыгылышы	Жердеги бардык жандардын тектештиги жөнүндөгү элестетүүлөрдүн тастыкталышы; клондоштуруу мүмкүндүгү; Дарвиндин эволюция теориясы кошумчаланган	Адамдын келип чыгышы жөнүндөгү теологиялык концепциялардагы өзгөрүүлөргө алып келген
XX-к – Тил илими Сепир-Уорфтун лингивистикалык салыштырмалуулук концепциясы (тилдин улуттук менталдуулук жана дүйнө картинасы менен байланышы); салыштырма–тарыхый тил илиминин өнүгүшү (компаративистиканын)	Историзмдин концепциясын тастыктаган, жасалма интеллектин көйгөйлөрүн изилдөөгө таасир эткен	Философияда тил проблематикасынын өнүгүшүнө (феноменологияга, герменевтикага, психоаналитикалык философияга, постструктурализмге жана постмодернизмге) таасир эткен
XX-к . – Культурология Маданияттардын өнүгүшү жөнүндөгү Шпенглердин концепциясы Хейзингинин «маданияттын келип чыгышы жөнүндөгү оюндук (игровая) теориясы»	Культрологиянын өзүнчө дисциплина катары пайда болуп жана өнүгүшүнө түрткү берген: Европа маданиятына мүнөздүү болгон евроцентризмди жеңүүгө таасир эткен, башка маданияттарга болгон кызыгуунун өсүшүнө түрткү берген; культурология, тил илими жана искусство илиминин өнүгүшүнө таасир эткен	Европа философиясына мүнөздүү болгон европоцентризмди жеңүүгө таасир эткен, чыгыш философиясына болгон кызыгуунун өсүшүнө түрткү берген *XX-к. - экинчи жарымы* Витгенштейндин тилдин оюндук (игровой) теориясынын түзүлүшүнө жана жалпы лингивистикалык философияга таасир эткен
XX-к.- Информатика Компьютерлердин пайда болушу	Акыл эмгегиндеги белгилүү өзгөрүүлөр: маалыматты жөнөтүү, иштеп чыгуу, сактоо, байланышуу ыкмаларындагы кескин өзгөрүүлөр	Философияда жасалма интелект көйгөйүн койгон: жан жана интеллекттин байланышы

10-БӨЛҮМ
ЗАМАНБАП БАТЫШ ФИЛОСОФИЯСЫ

19-БАП
ЖАРАТЫЛЫШ ЖӨНҮНДӨГҮ ИЛИМДЕРДЕН – РУХ ЖӨНҮНДӨГҮ ОКУУЛАРГА

19.1. Позитивизм

«Позитивизм» термини латын «positivus»-«оң» дегенден пайда болгон француз «positivism» деген сөзүнөн келип чыгат.

Сөздүн кеңири маанисинде «позитивизм» термини – Жаңы доордо калыптанган батышевропалык аң-сезимдин жалпы маданияттык орношуусу. Бул орношуунун өзгөчөлүгү болуп аң-сезимдин багыты мурдагы дооорлордо (өзгөчө Орто кылымда жана Кайра жаралуу доорунда) жогорку чындык деп эсептелген «наркы дүйнөгө» эмес, бизди курчап турган «позитивдүү» чындыкка, жердик реалдуу дүйнөгө каратылганы эсептелет. Бул «акценттердин орун алмашуусу» философияга: көйгөйлөрдүн коюулушуна жана алардын чечилишине да таасирин тийгизген. Жаратылыш, т.а. чыныгы физикалык дүйнө жаратылган катары кабыл алынбай калат, ошондуктан Кудайды көрүнүүсү катары да, жаратылышты таануу Кудайды таануу эмес, адамдын кубатын жогорулатуу каражаты болуп калат. Адамга Кудай тарабынан берилген өзүнчө субстанция катаркы «жан» түшүнүгүнүн ордуна жогорку уюшулган материянын касиети катары «аң-сезим» түшүнүгү келет.

Философия тарыхында «позитивизм» аталышы XIX-к. 30-жылдарында пайда болуп, биздин күнгө чейин сакталган өзгөчө философиянын багытынын белгиси катары бекиген. Позитивизмдеги изилдөөнүн негизги предмети болуп илимий таануу, анын логикасы жана методологиясы эсептелет.

Позитивизмдин өбөлгөлөрү. Позитивизмдин пайда болушу Жаңы доордогу илимдердин, биринчи кезекте, табигый илимдердин өнүгүшү менен байланышкан. Жаңы методологиянын (биринчи учурда – эксперименталдык усулдун) ырааттуу колдонулушу өндүрүштүн мүнөзүн принципиалдуу өзгөрткөн техниканы жаратууга өбөлгө түзгөн бир нече илимий ачылыштарга алып келген - XVII –XVIII-кк. биринчи өндүрүштүк төңкөрүш болгон. XIX-к. көптөгөн техникалык ачылыштар аны өзгөртүү менен адамдын күнүмдүк жашоосунда колдонула баштаган. Агартуу доорунда пайда болгон адам акылынын чексиз кубаты жөнүндөгү тезис XIX-к. жаңы тастыктоо менен негиздөөгө ээ болгон. Анын үстүнө, эгер XVIII-к. социалдык жашоодогу өзгөрүүлөргө болгон үмүт агартуу, илимди жайылтуу менен байланышта болгон болсо, XIX-к. – адамдын жашоо шартын жана ишмердигин жакшыртуу менен материалдык чындыкты жаңычы пайда кылган илим жана техниканын өнүгүшү менен байланышта болгон. Табигый илимдердеги ийгилик жана жетишкендиктер бизди курчап турган дүйнө жөнүндөгү позитивдүү жана чыныгы болгон билимдер жогору баалана баштаган.

Позитивизм философиялык багыт катары өзүнүн өнүгүшүндө үч негизги баскычты басып өткөн, андан соң позитивизм – XX-к. аягы – XXI-к. башындагы философиядагы абройлуу агымдардын бири болгон позитивизмдин ордуна келет (89-90-табл.).

89-таблица

Позитивизм: өнүгүү мезгилдери

Мезгил	*Хронологиялык рамкалар*	*Философтор*
Биринчи - классикалык	1830-ж. – XIXк. аягы	О. Конт Дж.С.Миль Г. Спенсер
Экинчи - эмпириокритицизм же махизм	XIX-к. аягы - XXк. башы	Э.Мах Р. Авенариус
Үчүнчү - жаңы позитивизм же логикалык позитивизм	1920 – 1950/60-жж.	М.Шмек, Р. Карнап, Ф.Франк, У ван О.Куайн
Постпозитивизм	1960-70-жж. - азыркы мезгил	К. Поппер, К.Кун, И. Лакатос, К. Хюнберг, П.Фейерабенд

90-таблица

Позитивизм: философиянын изилдөө объекти жана маселеси

Мезгил	*Изилдөөнүн негизги объекти*	*Философиянын негизги маселеси*
Классикалык	Чындыктын фактылары (Конт) жана өзүн-өзү байкоонун маалыматтары (Милль)	Чындыктын фактыларынан алардын «жашыруун себептеринин» - жаратылыш мыйзамдарынын чыгарылышы; логика жана илимий методологиянын иштеп чыгарылышы
Эмпириокритицизм	Сезимдик тажрыйба («нейтралдуу элементтер» болуп эсептелген сезимдердин агымы)	Сезимдик тажрыйбанын базасында илимий түшүнүктөрдүн пайда болушу, илимий ишкердиктин психологиясын изилдөө жана илимий методологиянын иштеп чыгылышы болуп жаткандай изилдөө
Жаңы позитивизм	Тилдик формалар жана ой жүгүртүүнүн формалары	Аны тилде көрсөтүлүшү мүмкүндүгү аркылуу билимди анализдөө: логика жана илимий методологиянын иштеп чыгылышы

Классикалык позитивизм. Позитивизмдин негиздөөчүсү болуп ушул терминди киргизген француз окумуштуусу жана философу О.Конт (1798-1857) эсептелет. Конт илимдин максаты деп позитивдик билимдин – “илимий фактылардын” , т.а. биз жашаган реалдуу дүйнөгө тиешелүү болгон байкоо жана эксперименттердин маалыматтарынын жыйындысын жана систематизациясын жарыялаган. Бир гана ушул факттардын базасында жаратылыш мыйзамдарынын кайрадан түзүп чыгуу мүмкүн. Илим тарыхында илимий факттардын жыйындысынын үзгүлтүксүз өсүшүн байкап, Конт илимдин өнүгүүсүнүн бардык баскычында биздин дүйнө жөнүндөгү билимибиздин принципиалдуу түрдө толук эмес жана чектелген, демек салыштырмалуулугун белгилеген. Конт “илимий факттардын” базасында түзүлүшү керек болгон **социологиянын** (социалдык физика) – коом жөнүндөгү илимдин негиздөөчүсү болгон.

Конт эсептегендей мурдагы философия (метафизика) негизинен ар түрдүү реалдуу эмес акылга сыйган жандыктарды талдоо менен алектенген, ошондуктан бул “негативдүү” билим. “Позитивдүү” философия болсо “илимдин теориясы” болуп, илимий изилдөөнүн логикасы жана анын методологиянын менен алектениши керек .

Ушул программаны ишке ашырууда чон ийгиликтерге Конттун шакирти – Дж.С.Милль (1806-1873) жетишкен . Конттун изи менен Милль да чыныгы илим байкоо жүргүзүлгөн факттардын базасында жана андан чыгарылган жаратылыш мыйзамдары аркылуу түзүлүшү керек деп эсептеген. Ал илимий методологиянын өзгөчө индуктивдик усулун иштеп чыгарылышына өзгөчө көңүл бурган. Философия “тажрыйба философиясына” айланыш керек жана ар бир аныктама тажрыйба маалыматтары тарабынан тастыкталганда гана илимий деп кабыл алынат.

Милль Конттон айырмаланып тажрыйба чөйрөсүнө “аң-сезимдин” факттарын, т.а. өз алдынча байкоо маалыматтарын да кошкон. Мындай факттарды психология изилдейт жана Милль аны базалык илим деп эсептейт. Ал “аң-сезим принцибин” түзгөн, анын оюу боюнча, акыл жеткен нерселер гана чыныгы бар деп эсептелет. Классикалык поитивизмге “табигый-так илимдер материализминин” өкүлдөрү: К. Фогт, Я. Молешотт, К. Бюхнер жакын болгон.

Конт (Comte)

Өмүр таржымалы. Огюст Конт (1798-1857) – француз окумуштуусу жана философу. Европада ал мезгилде эң мыкты окуу жайы деп эсептелген Париждеги Политехникалык мектепте окуган (1814-1816), бирок республикачылардыкындай көз караштары үчүн четтетилген. 1817-1822-жж. ал мезгилдеги белгилүү француз утопист К. А. де Сен-Симондун жеке секретары болуп иштеген. Кийинчерээк Конт Политехникалык мектепте сабак берген жана ошол жерде окулган лекциялардын негизинде табигый илим тарыхынын биринчи систематикалык баяндамасы болгон өзүнүн алгачкы эмгегин жазган. Бул эмгекте илим тарыхы Конт тарабынан түзүлгөн өнүгүүнүн негизги мыйзамы – “үч баскыч мыйзамында” негизделет. Конт – позитивизм менен социологиянын негиздөөчүсү.

Негизги эмгектери. “Позитивдүү философиянын курсу” (1830-1842).

Философиялык көз караштары*.Позитивдүү жана негативдүү философия.* Конт илимий изилдөөнүн предмети бир гана эмприкалык түрдө берилген чындык - чыныгы дүйнө (кубулуштар дүйнөсү) боло алат. Ушундай негиздер жөнүндөгү ар кандай философиялык ой-пикирлер, “өзүменен өзү нерсе”, “алгачкы себеп” сыяктуу эле, Конт “негативдүү философияга” кошуп, илимий деп эсептебеген. Ошентип, мурда топтолгон философиялык илимдин көпчүлүк бөлүгү Контто динийлер менен бир тайпада болуп калат жана “фиктивдүү” деген бааны алат. Бирок, Конт боюнча “фиктивдүү” билим да кокустан пайда болгон жана жөн эле ойлоп табылган нерсе эмес: илимдеги мурда болуп өткөн билим, ошондуктан анын пайда болушу илимий же “позитивдүү” илимдин пайда болуу жолундагы маанилүү баскыч болуп эсептелет.

Үч баскычтын мыйзамы. 1822-ж. эле Конт өзүнүн өнүгүүнүн негизги мыйзамын – “үбаскыч мыйзамын” түзгөн, ал аны өзүнчө адамдын, бардык адам коомунун жана ар бир илимдин өнүгүшүнө тиешелүү деген: алардын баары өзүнүн өнүгүшүндө: теологиялык, метафизикалык жана позитивдикти үч баскычты басып өтөт.

91-таблица

Коом жана илимдин өнүгүшүнүн үч баскычы

Өнүгүү баскычы	*Мүнөздөмө*
Теологиялык	Жаратылыш кубулуштары табияттан тышкары турган күчтөрдүн максатка багытталган аракети – Кудайлар жана Кудайды эркиаркылуу түшүндүрүлөт
Метафизикалык	Жаратылыш көрүнүштөрү абстракттык принцип жана түшүнүктөр аркылуу түшүндүрүлөт, Кудайдын эркинин ордуна

	табигый себептер коюлат: эгер жаратылыш кубулушун жалпы мыйзамдарга бириктирүү мүмкүн болсо, ал түшүндүрүлгөн болуп эсептелет
Позитивдүү	Илим сөздүн чыныгы маанисинде пайда болот, ал табылган илимий фактыларды сүрөттөө жана классификациялоо менен алектенет, анын үстүнө бул классификация ушул фактылардын өзүнө мүнөздүү болгон негиздерде түзүлөт; абсолюттук илим жана бардык бар нерсенин чекки себептерине жетүүгө мүмкүн эместигин түшүнүү пайда болот

Бул мыйзамды индивид колдонуу менен, биздин ар бирибиз балалыкта – теолог, жаш кезде – метофизик жана физик, бойго жеткенде – позитивист болгонбуз деп айтсак жаңылышпайбыз. Адамзат тарыхына жалпысынан жана илимге карата ушундай эле сыяктуу.

Илимдердин классификациясы. Илимдин өнүгүшүнүн өзгөчөлүгү ар бир илимий дисциплинанын ушул 3 баскычты өз алдынча басып өтүшүндө жана бул илимдердин өнүгүшүнүн өзгөчө тартиби бар. Себеби бир илим башкасы үчүн пайдубал болот. Биринчи болуп бул үч баскычты астрономия өткөн жана физика үчүн, физика болсо – химия үчүн негиз болгон. Андан сырткары, ар бир илим изилдөөнүн мүнөздүү усулдарына ээ (155-чийме).

155-чийме

Илимдердин жана алардын усулдарынын классификациясы



Конт байкоо жүргүзүүнү сезимдик кабыл алуунун акты катары түшүнөт, анда кабыл алынган кубулуш жалпы мыйзамга келтирилет, ошондуктан байкоо жүргүзүү байкоо жүргүзүлүп жаткан кубулуштар тууралуу гипотезаны чыгаруу менен байланышта болот. Эксперимент изилденүүчү кубулуштун жасалма кайра чагылдырылышы. Дал ушул себеп менен экспериментти биологияда колдонуу дайыма эле натыйжа бере бербейт, себеби биология жашоо аракетине киришүү менен байланышкан, ал тирүү организмди жок кылышы мүмкүн. Мындан салыштыруу - бир эле биологияда негизги ыкма болбостон, ал социологияда да негизги болуп эсептелет.

Коом жөнүндөгү окуу. Илимий чөйрөгө биринчи жолу ушул терминди киргизип, коом жөнүндөгү өзүнүн окуусун Конт“социология” деп атаган, Анын көз-карашы боюнча, коом жөнүндөгү окуу үчүнчү – позитивдүү өнүгүү баскычына өтөт. Ушул өнүгүү баскычында коом жөнүндөгү окуу (социология) башка илимдердей эле илимий фактыларды топтоп, алардын классификациясы менен алектениши керек. Адам тарыхынын чөйрөсүндө ачылган «позитивдүү» мыйзамдардын биринчиси деп ал өзүнүн “үч баскыч” жөнүндөгү мыйзамын эсептеген (92-таблица).

92-таблица

Коомдун өнүгүшүндөгү үч баскыч

Баскыч	*Тарыхый доор*	*Мүнөздөмө*
Теологиялык	Европалык орто кылым	Социалдык мыйзамдардын Кудайлашкан келип чыгуусуна болгон ишеним базасында коомдун бардык мүчөлөрүнүн макулдугу

Метафизикалык	Реформация жана Агартуу мезгили (XVI-XVIII-кк.)	Коомдук келишимдердин кулашы, себеби ар түрдүү философиялык окуулар жалпы түзүлүштүн сыйышпас принциптерин сунушташкан
Позитивдүү	Заманбап мезгил (XIX-к.)	Коом жөнүндөгү позитивдүү билимдин базасында коомдук келишимдин кайра түптөлүшү

Социологиянын мыйзамдары факттардын негизинде чыгарылгандыктан, алар табигый-так илимдердикиндей эле талашсыз, ошондуктан коомдук келишимдин негизи боло алат. Социологдор коомдун башкаруучусу болуп, чиркөө адамынын ордун ээлеши керек. Социология бул учурда бир гана илим эмес, дин да (“позитивдүү”) болот.

Эмпириокритицизм (махизм). Позитивизм өзүнүн өнүгүүсүнүн экинчи баскычында “эмприокритицизм” (“тажрыйбанын сындуу изилдениши”) же анын негиздөөчүсү Австрия физиги жана философу Э. Махтын (1838-1916) атына “махизм” деген наам алган. Ушундай идеялар бир эле убакытта Р. Авенариус (1843-1896) тарабынан да айтылган.

Эмприокритицизмдин жаралышы жана белгилүү болушу табигый илимдердин өсүшү менен байкалган бир катар көйгөйлөр менен байланышкан. XIX-к. химиянын, биологиянын, физиологиянын жана башка табигый илимдердин гүлдөп өсүшү мурдагы «түшүндүрүүчү үлгүсү» өзүнүн универсалдык мүнөзүн жоготууга алып келген: бардык химиялык, биологиялык жана башка кубулуштар механиканын мыйзамдары боюнча атомдордун кыймылы катары түшүндүрүүгө мүмкүн эмес болуп калган.

Махизмдин калыптанышына XIX-XX-кк. аяк чениндеги “физикадагы кризиси” өзгөчө таасир эткен. Бул убакытка мурдагы ньютондук-картезиандык дүйнө картинасына “жатпаган”, жадакалса ага карама–каршы болгон бир катар ачылыштар жасалган болчу.Ушинтип, материянын бөлүнгүс атомдордон турган зат менен болгон салттык бирдейлиги зат эмес, ошондуктан материя дагы эмес электромагниттик талаалардын статусун түшүнүксүз кылган. Салмактын азайышы (заттын жарык таратууга өтүшү) мүнөздүү болгон радиоактивдүү элементтердин ачылышы физиктерде “материя жок болуп кетти” деген жыйынтыкка алып келди. Ушул эле жыйынтыкка атомдордун татаал структурасын ачуу (электрон жана атомдун ядросу табылган) да түрткөн.

Илимдин түшүндүрүүчү бөлүгү “илимий эмес” деп жарыяланышынын эсебинен махизм физикадагы киризисти жеңген. Эгер Конт илим фактылардын негизинде болуп жаткан кубулуштардын “жашырылган себептерин ”издеш керек деген болсо, Мах себептүүлүк принцебинен баш тартып, аны каралап жаткан кубулуштардын **сыпаттарынын функционалдык көз карандылыгы** түшүнүгүнө алмаштыруу керек деп эсептеген. Илимдин маселесин фактыларды сүрөттөө жана классификациялоо,т.а. алардын сыпаттарынын өз ара байланышын каттоо деп эсептеген.

Бирок эмпириокритицизмде факт деп (мындан илимдин предмети деп) бизге “сезимдердин агымы” катары берилген адам аркылуу түздөн түз кабыл алынган - анын сезимдик тажырыйбасы эсептелген. Бул учурда сезимдер бир гана дүйнө жөнүндөгү бардык илимдин булагы катары эмес, жалпы тажрыйбаны “тышкы”(физикалык)жана “ичкиге”(психологиялык) бөлүүгө жардам берген “нейтралдык элемент” катары да түшүндүрүлөт. Илимий негиздөөгө ээ болбогон тажрыйбанын ушул бөлүнүшү ар кандай метафизикалык окуулардын (материалисттик да, идеалистик да) пайда болушуна жана натыйжасы катары алардын ортосундагы чексиз жана маанисиз талаш-тартыштарга алып келген.

Бул бөлүүдөн баш тартып, биз: адатта сырткы дүйнөнүн нерсеси деп аталган нерсе болгону “сезимдердин комплекси” , ал эми комплекстердин артында тургандар бизге түшүнүксүз, ошондуктан ал жөнүндөгү ар кандай ой-толгоолор илимий эмес. Мында

“атом”, “субстанция”, “материя” жана башкалар Канттын “өзү менен өзү нерсесиндей” эле илимий эмес түшүнүктөр.

Мах Ньютондун абсолюттук мейкиндик жана убакыт жөнүндөгү түшүнүгүнөн да, Ньютондун кыймылды түшүндүрүүсүнөн да баш тартат. Анын ордуна ал өзүнүн “салыштшрмалуулук принцибин” сунуштайт, ага ылайык бардык телонун кыймылы башка телолорго салыштырмалуу гана аныкталат.

Махта мындай мамиленин теориялык негизи болуп ал тарабынан түзүлгөн “ой жүгүртүүнү үнөмдөө” принциби (“Оккамдын устарасын” эстеткен) болуп калган.

Окуунун тагдыры. Махизм логикалык позитивизмдин пайда болушуна түздөн-түз таасир эткен, ошондой эле бардык батыш философиясынын жалпы “феноменологиялык бурулушунда”өзүнүн ролун ойногон. Андан сырткары махизмдин XX-к. башындагы көптөгөн ири философтордун, мисалы Эйнштейндин, философиялык көз-карашына болгон таасирин белгилей кетүү керек.

Неопозитивизм. Неопозитивизм – XX-к. батыш философиясындагы негизги агымдардын бири. Неопозитивизмдин өзгөчө багыт катары пайда болушу М. Шлик (1882-1936) тарабынан жетектелген Вен ийриминин ишкердиги менен байланышкан; идеялык жана уюшулган биримдик катары неопозитивизм 1930-ж. түзүлгөн. Неопозитивизмде биринчи планга илимдин тилинин талдоосу, бардык түшүнүлө турган жана биринчи кезекте илимий билимдин тилде көрсөтүлүү көйгөйлөрү коюлган.

Неопозитивизм алкагында позитивизм өнүгүп жана ийгиликтерге жетишкен, ошол себептен да неопозитивизмди көбүнчө акыркы менен окшоштурушат.

Бул мезгилде логикага өзгөчө көңүл бурулган жана бул нерсенин эң негизги себеби бир катар парадокстордун (чечилбеген карама-каршылыктар) ачылышы жана түшүнүлүшү болгон. Бул изилдөөлөрдү XIX-XX-кк. аяк чениндеги математикадагы кризис баштап берген. Ага биринчи кадам XIX-к. биринчи жарымында немец математиги Г. Кантор тактыктын үлгүсү болуп эсептелген математика, эч кандай негизге ээ болбой эле «абада асылып тургандыгын» тапканда жасалган. Мисалы, математика үчүн пайдубал болгон сан түшүнүгүнүн аныктамасы анык эмес бойдон калган. Математикага негиз салуу максатында Кантор өзүнүн көпчүлүк (кечирээк “эң жөнөкөй” деп аталган) теориясын жараткан. Бирок бул көпчүлүк теориясы парадокстору камтышы билингендиктин “Кантордун бейишинде” болуу аягына чыккан. Кийинки кадам логикалык парадокстордун ачылышында болгон, бул андан да олуттуу болгон, логика математикалык ой-жүгүртүүнүн жана далилдердин негизинде жатат.

Логикалык позитивизмдин өнүгүшүндө негизги ролду негиздери 1920-ж. башында Англия философу жана математиги Б. Рассель (1872-1970) жана немец философу Л. Витгенштейн (1889-1951) тарабынан жасалган **логикалык атомизм** концепциясы ойногон. Махизмдин эң так билим деп бир гана сезимдик тажрыйба – “баштан өткөн факттар” эсептелет деген тезисин кабыл алып, неопозитивисттер чыныгы илимий деп ушул тажрыйбаны каттаган жөнөкөй сүйлөмдөрү, б.а. чын экендиги практикада текшерилген сүйлөмдөр эсептелет деген жыйынтыкка келишкен; бул “протоколдук” же “атомардык” сүйлөмдөр.

Бирок 1930-ж. эле позитивисттер илимдин негизине субъекттин сезимдик тажрыйбасын жана башынан өткөзгөндөрүн гана сүрөттөгөн гана сүйлөмдөрдү коюу болбошун түшүнүп, базалык деп “нерсенин тили” эсептелген **физикализм** концепциясына өтүшөт. Бул тилде субъект тарабынан сезимдик кабыл алынган сырткы дүйнөнүн кубулуштары сүрөттөлөт, субъекттин жеке башынан өткөргөндөрү эмес. Ушинтип, мисалы, өздүк ой-толгоолор тилинде белгилүү бир учурда “мен үшүп жатам”, “мен ысып жатам” дей алабыз. “Нерсе тилинде” болсо биз “градусниктин жебечеси +23 градусту көрсөтүп жатат” десек болот. Бирок бул тилде да “абанын температурасы +23 градус” деген сүйлөм протоколдуу эмес, себеби түздөн-түз кабыл алынуучу болуп эсептелген “температура” жана “градус” деген түшүнүктөрдү камтыйт.

Бирок позитивисттер бир гана протоколдук сүйлөмдөрдү колдонуп, илимий

билимдин системасын түзүү мүмкүн эместигин байкашкан, ошондуктан илимий сүйлөмдөрдүн көпчүлүгү **верификация** жана **редукцияпринциптеринин** жардамында кеңейет. Верификация принцибине ылайык чыныгы илимий деп чын экендиги практикада гана текшериле турган сүйлөмдөр эсептелет, ал эми андай сүйлөмдөргө протоколдук сүйлөмдөр же протоколдукка алып келине турган (редукциялана турган) сүйлөмдөр кирет. Протоколдук сүйлөмдөрдү редукциялоо, эгер ал логиканын эрежелери боюнча (жыйынтык эрежелери) жүргүзүлсө туура болот.

Калган бардык сүйлөмдөр илимий эмес деп таанылып, жана дагы туура эмес түзүлөн деп жарыяланган, демек алар үчүн "чыныгы" же "жалган" деген мүнөздөмөлөрдү колдонууга болбойт. Мындан радикалдуу жыйынтык чыккан: мурунку философия (метофизика) илимий эмес, себеби туура эмес түзүлгөн сүйлөмдөрдөн негизделген.

Бирок көп өтпөй неопозитивизм тарабынан жарыяланган "философиядагы революция" кулагандыгы белгилүү болгон, себеби анын методологиялык негиздери ишенерлик эмес болгон. Ушинтип верификация принцибинин өзү верификацияланбаган болуп чыккан, демек (ушул критерияларга ылайык) илимий эмес болгон.

Окуунун тагдыры. 1950-1966-жж. неопозитивизм негиздүү сынга алынган жана заманбап философиясындагы алдыңкы багыт катары ордун жогото баштаган, 1960-ж. соң ал өзүнчө багыт болбой калат. Анын ордуна постпозитивизм келет.

Постпозитивизм. Постпозитивизм (сөзмө-сөз "позитивизмден кийин") логикалык позитивизмге болгон сындуу реакция катары пайда болгон. Сындын негизги объекти "эмпиризмдин догмасы" болгон. Постпозитивизмдин өкүлдөрү тилдин "эмприкалык" жана "теориялык" терминдерин чектөөгө болбостугун көрсөтүшкөн. Жадакалса "нерсе" тилинин терминдери "теориялык жүктөмгө" ээ, т.а. алардын мааниси керектүү кубулуш жана процесстерди изилдөөдө колдонулган илимий теориялардан көз каранды. Жалпы эле позитивизмдегидей, постпозитивизмде да негизги орунду тарых көйгөйлөрү жана анын өнүгүү мыйзамдарын изилдөө ээлейт.

19.2. Марксисттик философия (Marxism)

Марксисттик философия – өзүнө саясий экономияны жана ошондой эле илимий коммунизмди камтыган марксизмдин бир-бири менен тыгыз байланыштагы үч бөлүгүнүн бири. Марксистик философия коомдун жашоосунда өзгөчө мааниге ээ, себеби ал XIX-XX-кк. активдүү жүргүзүлгөн жана көп жагынан ошол мезгилдеги алдыңкы окуяларды аныктаган (Россиядагы социалисттик революцияны, XX-к. Россияда, социалисттик лагердин өлкөлөрүндө социализм жана коммунизмди куруу аракеттерин), коммунизмди куруу үчүн болгон революциялык күрөштөртөрдүн – практикалык социалдык иш-аракеттердин теориялык пайдубалы болгон.

Маркс (Marx), Энгельс (Engels).

Өмүр таржымалдары. Карл Генрих Маркс (1813-1883) – немец философу, публицист, коомдук ишмер. Адвокаттын үй-бүлөсүндө туулган, гимназияны бүтүргөндөн кийин Бонн (1835-1836) жана Берлин (1836-1841) университетинде окуган.1837-ж. Гегелдин окуусу менен танышкан жана жаш гегелчилерге кошулган.1843-ж. философия боюнча доктурдук философиясын жактаган. 1841-1843-жж. ага чон таасир тийгизген Фейербахтын эмгектери менен таанышкан. 1842-1843-жж. либералдык көз караштары менен айырмаланган "Жаңы рейндик газетада" иштеген. Газета бийлик тарабынан жабылгандан кийин Парижге көчүрүп барган, ал жерде "Немец-француз бир жылдыкта" иштешкен, ушул жерде Энгельс менен таанышып, достошуп калган.

Фридрих Энгельс (1820-1895) - немец философу, публицист, коомдук ишмер. Текстиль фабрикантынын үй-бүлөсүндө туулган; гимназияда окуган; атасынын кыстоосу менен коммерциялык ишкердик менен алектенет. 1840-1841-жж. Берлинде аскердик милдетин аткарган, бош убактарында Берлин университетиндеги лекцияларга барган. 1842-1844-жж. Англияда жашап жана иштеген, ал жерде жумушчулардын оор абалы

менен таанышкан жана ал жөнүндө “Немец-француздук бир жылдыкка” макала жазган.1844-ж. Париж аркылуу үйүнө кайтып жатып, жылдыктын басмаканасында Маркс менен танышкан; ушул мезгилден баштап алардын биргеликтеги теориялык жана ревалюциялык-практикалык ишмердиги башталат.

1847-ж. Бельгияда Маркс менен Энгельс “Коммунистердин союзун” түзүшөт, анын программалык документи “Коммунистик партиянын манифести” болгон. Европадагы 1848-1849-жж. буржуазиялык төңкөрүштүн утулушунан кийин Маркс жана Энгельс Англияга кетип, Лондондо орношушкан. 1864-ж. Маркс жана Энгельстин түздөн-түз катышуусу менен “I-интернационал” пролетариатынын биринчи эл аралык уюму түзүлдү, анын жетектөөчүлөрү да алар болгон. Болжол менен 1897-ж. баштап өмүрүнүн акырына чейин Маркс саясий экономиянын көйгөйлөрүн изилдөө менен алектенген, анын натыйжасында Маркстын негизги эмгеги “Капитал” түзүлгөн.

Марксистик философиянын негизги идеялары Маркс жана Энгельс тарабынан биргеликте иштелип чыгарылган, бирок марксизм философиясына арналган эмгектин көп бөлүгү Энгельс тарабынан жазылган.

Негизги (философиялык) эмгектери. К.Маркс жана Ф.Энгельс: “Ыйык үй-бүлө” (1845), “Коммунистик партиянын манифести”(1848).

К.Маркс; “Философиянын жакырдыгы” (1846) ”Саясий экономияга сынга карата “(1859)”, “Капитал”(1857-1863).

Ф.Энгельс; “Анти-Дюринг”(1876-1878), “Жаратылыш диалектикасы” (1873-1895; бүтпөй калган, өзүнчө макала жана шилтемелер түрүндө калган , “Үй-бүлө, жеке мүлк жана мамлекеттин келип чыгышы ” (1884), “Л.Фейербах жана немец классикалык филасофиясынын аягы” (1886).

Философиялык көз-карашы. Марксистик философия 2 өз ара байланыштагы бөлүктөрдөн; **диалектикалык материализм** (жаратылыш жана таануу жөнүндөгү окуу) жана **тарыхый материализмден** (коом жөнүндөгү окуу) турат.

Диалектикалык материализм. Диалектикалык материализм, бир жагынан, гегелдик идеалистик диалектиканын материалисттик кайра иштеп чыгылышы, башка жагынан - мурдагы метафизикалык (биринчи кезекте Фейербахтын) материализмдин диалектикалык иштеп чыгылышы катары пайда болгон.

Диалектикалык материализмдин негизги идеялары төмөнкүлөр.

- Материя (жаратылыш) биринчи, ал эми адамдык аң-сезим экинчи жана материядан жаралат, аң-сезим жогору уюшулган материянын касиети, материянын өнүгүшүнүн жеткиликтүү жогорку деңгээлинде пайда болот. Бул учурда Кудай, Гегелдин Абсолюттук идеясы, Дүйнөлүк акыл жана башкалар сыяктуу жаратылыш үстүндөгү идеялдык негиздердин бар экенин четке кагылат.
- Материя түбөлүктүү, жаратылбас жана жок кылынбас; анын негизги касиеттери - кыймыл, өзгөрүү, өнүгүү. Кыймылсыз материя жок, материясыз кыймыл жок. Мында кыймыл абсолюттуу, кыймылсыздык (кыймылдын кээ бир “учуру”катары түшүнүлгөн) салыштырмалуу. Материянын кыймылы мейкиндикте жана убакытта ишке ашырылат, ошондуктан аларды материядан бөлүп салууга болбойт (Ньютондун абсолюттук мейкиндик жана убакытындагыдай). Материянын эвооюциясынын жалпы жүрүшүнүн чагылдырган кыймылдын бир нече формасы (механикалык, физикалык, химиялык, биологиялык, социалдык) бар.
- Материянын жана бардык объекттердин өнүгүшү Гегель тарабынан ачылган мыйзам ченемдүүлүктөрдүн базасында түзүлгөн материалисттик диалектиканын үч мыйзамына ылайык ишке ашат (93-табл.).

93-таблица

Диалектиканын 3 мыйзамы

Мыйзам	*Мыйзамдын мааниси*

1. Карама-каршылардын бирдиги жана күрөшүү мыйзамы	Бардык өнүгүүнүн ички булагын көрсөтөт
2. Сандык өзгөрүүлөрдүн сапаттыктарга өтүү жана тескерисинче болуу мыйзамы	Өнүгүүнүн механизмин көрсөтөт
3. Жокко чыгарууну жокко чыгаруу мыйзамы	Өнүгүүнүн жалпы багытын көрсөтөт

Мында диалектиканын мыйзамдары жаратылыш, коом жана адам ой жүгүртүү чөйрөлөрүн камтыган болмуштук универсалдык мыйзамдары катары түшүндүрүлөт.

Диалектикалык материализм табигый илимдердин ачылыштарына таянып жана алардын негиздөөгө философиялык пайдубалды сунуштап, XIX-к. табигый илим менен байланышта болгон. Ушинтип материянын түбөлүктүүлүгү жана анын чексиз кыймылы энергия сактоо жана айландыруу мыйзамы менен, Менделеевдин мезгилдик таблицасы менен, жандуу жаратылыштын эволюциясынын дарвиндик теориясы менен байланышта, мисалы материя, кыймыл, мейкиндик жана убакыттын үзгүлтүксүз байланышы жөнүндөгү философиялык идея өзүнүн тастыкталышын XX-к. башында Эйнштейндин салыштырмалуулук теориясынан тапкан.

Марксисттик философиянын *гносеологиясы***чагылдыруу теориясы** катары мүнөздөлөт, анын мааниси – таануу процесси сырттан келген белгилүү таасирлердин адам аң-сезиминде чагылдырылышы катары түшүндүрүлүшүндө. Ушуга окшош көз-караштарды Маркска чейинки материализмде да байкаса болот. Марксисттик гносеологиянын өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөр;

- тануу процесси диалектиканын үч мыйзамына баш ийет деп эсептелет;
- теориялык жана эмприкалык (өзүнө сезимдикти да кошкон) тануу ортосунда сапаттык айырма жүргүзүлөт; теориялык тануу акыркынын базасында түзүлсө да, эмприкалыкка алып келине албашы айкын болот. Теориялык тануу жалпы түшүнүктөрдү (аң-сезим сыртында жашабаган) пайдаланат, өзүнө эксперимент жана байкоолордун келечектеги натыйжаларын айтып турган гипотезалардын пайда болушун камтыйт;
- абсолюттук жана салыштырмалуу чындык ортосундагы диалектикалык байланыш аныкталат; абсолюттук чындыкка (жалпы болмуш жөнүндөгү толук билим катары) жетип болбойт, өнүгүүнүн ар бир баскычында биз салыштырмалуу чындыктар менен гана (т.а. болмуштун өзүнчө бөлүктөрү жөнүндөгү толук эмес билим менен) иш жүргүзөбүз, бирок тануу процессинде салыштырмалуу чындыктардын топтолушу бизге абсолюттук чындыкка чексиз жакындоого жол ачат.
- чындыктын критериясы болуп адамзаттын коомдук практикасы эсептелет, практика болсо тануунун негизи жана максаты болуп саналат.

Тарыхый материализм. Коом жөнүндөгү марксисттик окуу – тарыхый материализм – бул коомго материалисттик диалектиканын жайылышынын натыйжасы. Материянын биринчи жана аң-сезимдин экинчилиги жөнүндөгү тезис социалдык философияда коомдук болмуштун биринчилиги жана коомдун аң-сезимдин экинчилиги жөнүндөгү тезис катары айкындалат.

Коомдук болмуш айрым индивиддердин же жалпы коомдун эркинен жана аң-сезиминен көз-карандысыз жашаган материалдык коомдук процесстердин жана мамилелердин жыйындысы катары түшүндүрүлөт.

Коомдук аң-сезим коомдук болмуштун чагылышы катары түшүндүрүлөт.

Коомдук болмуштун негизинде саясий жана идеялогиялык *надстройкалар* түзүлгөн коомдун чыныгы базисин биргеликте түзүшкөн *өндүргүч күчтөр* жана *өндүрүштүк мамилелер* жатат.

Илим, философия, саясат, искусство жана башкалар менен алектенгенден мурда адам жеп, ичип кийинип жана көбөйүшү керек. Бул үчүн алар ар түрдүү керектелинүүчү (тамак, кийим ж.б) заттарды өндүрүшү керек. Өндүрүү процессинде адамдар (өзүнүн каалоосуна карабай) белгилүү өндүрүштүк мамилелерге түшүүгө жана ага жеткиликтүү болгон ар түрдүү өндүргүч күчтөрдү колдонууга мажбур. Өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүнүн мүнөзү жана деңгээли жалпы жонунан өндүрүштүк мамилелердин түрүн аныктайт. Өндүргүч күчтөрдүн жана өндүрүштүк мамилелердин бирдиги **коомдук экономикалык формацияны** аныктаган өндүрүштүн ыкмасын аныктап берет. Адамзат тарыхында беш негизги коомдук экономикалык формациялар бөлүнөт; 1) байыркы; 2) кул ээлөөчү; 3) феодалдык; 4) капиталисттик; 5) коммунисттик, анын биринчи фазасы болуп социалисттик болуп эсептелет.[1]

Бир формациядан экинчисине өтүү - социалдык ревалюция демектир. Социалдык революциянын негизинде өнүккөн өндургүч күчтөр менен өндургүч күчтөрдүн мындан аркы өнүгүшүн токтотуп жаткан, өзүнүн убагын жашап бүткөн, эски өндүрүштүк мамилелердин ортосундагы конфликт жатат (өндургүч күчтөрдөгү сандык өзгөрүштөрдүн жыйындысы акырында жаңы сапат-жаңы өндүрүштүк мамилелердин пайда болушуна алып келет[2]).

Жалпысынан коомдун өнүгүшү “жок кылууну жок кылуу мыйзамына” ылайык болот: байыркы формацияда – антагонисттик эместе - өндүрүү каражаттарына болгон (жалпы жакырчылык менен байланышкан) коомдук менчик бар болгон, теңдик, коллективизм, боордоштук жана өз ара көмөктөшүү мамилелери орун алган. Кул ээлөөчүлүк, феодалдык жана капиталисттик формациялары антагонисттик болуп эсептелет, өндүрүү каражаттарына болгон жеке менчиктикке негизделет, бул жерде класстардын күрөшүнүн, атаандашуу жана касташуу мамилелеринин орду бар. Коммунисттик формацияда алгачкы формациянын кээ бир касиеттери жаңы деңгээлде калыбына келтирилет: коммунисттик формация антагонисттик эмес, анда өндүрүү каражатарына болгон (жалпы жыргалчылыкта негизделген) коомдук менчик, теңдик, коллективизм, бордоштук жана өз ара көмөктөшүү мамилелери өкүм сүрөт (156,чийме).

Антагонисттик формацияларда социалдык өнүгүүнүн негизги кыймылдатуучу күчү болуп бир гана биримдикте бар болгон класстардын урушу (кулдар жана кул элөөчүүлөрдүн, феодалдар жана букара дыйкандардын, буржуазия жана пролетариаттын) эсептелет. Класстардын жана класстар ортосундагы күрөштөрдүн себеби - өндүрүү каражатына болгон жеке менчик.

Мамлекет класстардын куралы катары пайда болот жана алардын кызыкчылыктарын коргоо үчүн колдонулат. Класстар жок болгон коммунисттик коомдо мамлекет өзүнүн функцияларын коомдук уюмдарга өткөрүү менен акырындап жок болушу керек.

---

[1]Кийинчерээк Маркс, Чыгыштын тарыхы менен таанышкан соң, бул европалык тарыхка негизделген периоддорго ажыратуу Азия мамлекеттери үчүн туура келбейт жана “азиаттардын өндүрүш ыкмасы” деген түшүнүктү киргизүүгө мажбур болгон. Бул периоддоштуруу Европадагы кул элөөчүлүк жана феодалдык формацияларга да болжол менен туура келет .

[2]Ал тездик менен жана секирик сымал (феодализмден капитализмге жана капитализмден коммунизмге) жана акырын, жүздөгөн жылдарга созулган (кул ээлөөчүлүк формацияга, кул ээлөөлчүлүктөн феодалдыкка өтүү) болушу мүмкүн.

Окуунун тагдыры. Марксизмдин тарыхында эки этап байкалат:

1) классикалык, болжол менен 1848-ж. баштап (“Коммунистикалык партиянын манифести” жарыкка чыккан жыл) 1895-ж. чейинки (Энгельстин өлгөн жылы) Маркс жана Энгельстин ишмердиги менен байланышкан:

2) Неомарксизм мезгили - 1895-ж. азыркы күнгө чейин.

Неомарксизмдин салымдуу агымдарына төмөнкүлөр болгон:

а) марксизм-ленинизм, XX-к. Россияда өнүкөн (Ленин, Сталин,совет философтору);

б) 1930-1940-жж. түзүлгөн жана андан аркы өнүгүшүн Женева,Париж жана АКШ да алган (Хорхаймер,Адорно, Маркузе, Хабермас), Германиядагы франктфурттук мектеп.

Марксизм – бул философиялык окуу, анын адамзаттын социалдык – саясий жашоосуна тийгизген түздөн-түз таасири маанилүүжана көрүнүктүү болгон. XX-к. дал ошол марксизм адамзатты социалдык эзүүдөн жанаи эксплуатациядан куткаруу жолунда болгон революциялык күрөштүн байрагы болгон жана дал ошол марксистик идеологиянын негизинде алгач Россияда (1917жылы Октябрь төнкөрүшүнөн кийин), экинчи дуйнөлүк согуштан кийин социалисттик лагердин башка өлкөлөрүндө социализмди жана коммунизмди түзүү жүргөн. Бирок XX-к. марксизмдин кеңири жайылышы анын СССРдин расмий идеологиясы болушу менен байланышта болгон.1991-жылы Советтер Союзунун кулашынан кийин марксизмдин саясий мааниси тез эле төмөндөгөн.

156-чийме

Марксизм:тарыхтын мезгилдешүүсү



19.3. Жаңы кантчылык (Neokantianism)

Жаңы кантчылык - 1860-ж. аягында Германияда пайда болгон жана 1870-1920-жж. Европада (Россияда да) кеңири жайылган идеалисттик философиялык агым. Анын башталышын көбүнчө “Кайра Кантты көздөй!”деген белгилүү лозунг жарыяланган О.Либмандын “Кант жана эпигондор”(1865) деген эмгегинин жарык көрүшү менен байланыштырышат. Жаңы кантчылыкты ошондой эле жаңы критицизм же реализм деп да аташат.

Жаңы кантчылык - ар түрдүү агымдардын жыйындысы (157-чийме), алардын алгачкысы физиологиялык жаңыкантчылык болгон, эки ири мектептери - маргбургдук жана бадендик(фрейбругдук) мектептер болгон.

157-чийме

Жаңыкантчылык: хронологиялык алкактар





Жаңыкантчылыктын өбөлгөлөрү. XIX-к. орто ченинде “расмий” философия менен табигый илимдер ортосундагы айырмачылык мурда болуп көрбөгөндөй курчуган. Германиядагы университеттерде ал учурда Абсолюттун трансформациясы жөнүндөгү Гегелдин окуусу үстөмдүк кылган болсо, табигый илимдерде дүйнөнүн ньютондук-картезиандык түшүндүрүлүшү бийлик жүргүзөн. Акыркыга ылайык, бардык материалдык обьекттер бөлүнгүс атомдордон турат, ал эми дүйнөдө болуп жаткан бардык нерсе, механика жана башка табигый илимдер мыйзамы боюнча түшүндүрүлгөн. Мындай мамиледе Кудайга да, Абсолютка да дүйнөдө орун жок болгон жана алар жөнүндөгү философиялык окуулар керексиз болгон. Деизм эскиргендей көрүнгөн жана табият илими жагынан окумуштуу адамдар “материализм жана идеализм үстүндөгү” позициянорун алуу менен жана мурдагы метафизиканы жок кылган чачыранды материализм же позитивизмге келишкен. Ал мамиле да бул мамиле да философия элитасын “иштери жок” калтырышкан, классикалык позитивизм да бул мезгилде Германияда белгилүү болгон эмес. “Эки жактан, бир тараптан илимий негизсиз философия коркунучу, башка жагынан - философиялык жактан каралбай калган илим коркунучу” пайда болгон[1]. Жаңыдан пайда болуп жаткан неокантчылык философия жана табият илиминин жаңы бирикмесин жаратуу аракетин кылган. Бул учурда негизги көңүл таануу теориясына бурулган..

Физиологиялык неокантчылык. Физиологиялык неокантчылыктын ири өкүлдөрү - **Отто Либман** (1840-1912) жана **Фридрих Альберт Ланге** (1828-1875). Физиологияык менен неокантчылыктын жаралышынын шарттуу датасы - 1865-ж., XIX к. аягында ал “сахнадан акырындап түшө баштаган”.

Негизги эмгектери.О. Либман: “Кант жана эпигондор” (1865), Фридрих Альберт Ланге: “Материализмдин тарыхы” (1866).

Философиялык көз караштары.Физиологиялык неокантчылыктын өнүгүшүнө өзүн чачыранды материалист деп эсептеген белгилүү окумуштуу Г.Гельмгольцтун (физик, химик, физиолог, писихолог) изилдөөлөрү түрткү берген. Сезүү органдарынын (көрүү, угуу ж.б) аракетин изилдеп жатып, ал 1865-ж. эле Канттын философиясы менен заманбап табият илими ортосундагы окшоштуктарды белгилеген, т.а. сезүү органдарынын түзүлүшүнө **априоризмге** “физологиялык”[2] негиз боло алган адамзаттын кабыл алуусунун өзгөчөлүктөрүн берет.

Либман, андан бир аз кийинчерээк Ланге, сезимдер физиологиясындагы ачылыштарга жана гипотезаларга таянып,ушул идеяны кармап калып жана өнүктүрүшкөн. Ушинтип физиологиялык некантчылык пайда болгон, анда Канттын априоризми адамдын физикалык-писхиалык уюштурулушу жөнүндөгү окуусу катары түшүндүрүлөт.

Маргбург мектеби. Маргбург мектебинин негиздөөчүсү жана жетекчиси **Герман Коген** (1842-1918) болгон, бул мектептин ири өкүлдөрү - **Пауль Наторп** (1854-1924) жана **Эрнст Кассирер** (1874-1945). Мектеп XIX к. аягында (шарттуу датасы-1871) жаралган жана биринчи дүйнөлүк согуштан кийин ураган.

Негизги эмгектери. Р.Коген: “Канттын тажрыйба теориясы” (1871), “Канттын немец маданиятына болгон таасири”(1883), “Чексиз кичинелердин принциби жана анын тарыхы”(1883); “Эстетиканын Кант тарабынан негизделиши”(1889).П.Наторп: “Платондун идеялар жөнүндүгү окуусу”(1903), “Так илимдердин логикалык негиздери”(1910), “Жалпы писхология”(1912).

---

[1] К.Свасьян. Жаңы кантчылык / / Жаңы философиялык энциклопедия. 4 Т. Т.3. М., 2001, 56 б.

[2] Бул идеяны кийинки учрдагы ачылыштардын материалдарында түшүндүрүү жеңилирээк. Көздүн торчосунда эки типтеги рецептор бар: “колбачалар” жана “таякчалар”. Алар түнкү жана күндузгу көрүүнү камсыздашат. “Колбачалар” биз дүйнөнү ар түрдүү түстө кабыл алабыз, “таякчалар” болсо ак-кара түстө гана көрсөтө алышат. Ошону менен бул көздүн түзүлүшү оприордук түрдө биздин түнкү жана күндүзгү дүйнө кабыл алуубузду аныктайт. (Котормо авт.)

Э.Кассирер: “Субстанция жөнүндөгү түшүнүк жана функция жөнүндөгү түшүнүк.Таануу сындоочу пайдубалдык суроолорду изилдөө “(1910),”Тануу жана чындык. Субстанция жөнүндөгү түшүнүк жана функция жөнүндөгү түшүнүк”(1912), “Символикалык формалардын философиясы”(1923-1929).

Философиялык көз караштары. Коген өзүнүн маселеси деп “Канттын ревизиясын” жарыялаган,ошондуктан биринчи кезекте “орто кылымдын өкүнүчтүү мурасы” катары Канттын “өзү менен өзү нерсе”түшүнүгү четке кагылган. Бирок Кантта Кудай да, бизге (биздин сезүү органдарыбызга) сезимдер келе турган сырткы дүйнө да трансценденталдык негиздер,т.а. “өзү менен өзү нерселер”. Эгерде биз аны Канттын философиясынан алып салсак, анда эмне калат? Бир гана таануу субъекти катары адам, таануу жөндөмдүүлүктөрү жана процесстери калат. Кант теориялык акылда тануунун үч деңгээлин: туюм жөндөмдүүлүгү, акыл-эс жана акылды бөлүп чыгарат. Бирок сырткы дүйнөнү “өзү менен өзү нерсе”катары четке кагып, биз ушул менен туюм жөндөмдүүлүгүнүн таануу статусун өзгөртөбүз; ал бизге сырткы дүйнө жөнүндө маалымат бербейт, демек, трансценденталдык апперцепция да жана башка канттык түшүнүктөр да маанисин жоготот. Шартсыз жөнүндөгү (жан, дүйнө жана Кудай жөнүндөгү) идеяларды жараткан Канттын акыл жөнүндөгү окуусу да белгилүү бир деңгээлде маанисин жоготкон. Себеби “дүйнө” жана “Кудай” - бул “өзү менен өзү нерселер”, ал эми “жан” түшүнүгү модадан чыгып кеткен, анын ордуна ал мезгилде “аң-сезим”түшүнүгү, бир аз кийинчерээк “психика” (“аң-сезимди” жана “аң-сезимсизди” камтыган) түшүнүгү коюлган. Ушинтип, Канттын изилдөө обьекттеринин ичинен көңүл бурууга татырлык болуп теориялык табият илиминин негизи болгон акыл-эс гана калган (158-чийме жана 121-чийме).

Неокантчылар убакыт агымында жетекчиликке алган “аң-сезим”же “ойлонуу” түшүнүгүн бир гана акыл-эсти эмес, ошондой эле Канттын “акылынын” кээ бир белгилерин камтыйт, алардын ортосунда эми чектөөчү белги коюлбайт. Аң-сезим жана сезимдик таасирлер бар болсо - алардын статусу гана өзгөрөт. Ушинтип, аң-сезим неокантчылардын изилдөө объекти катары Канттын теориялык акыл түшүнүгүнө жакын десек болот.

158-чийме

Кант жана Маргбург мектеби: трансценденталдык негиздер (т.а. аң-сезимдин чегинде жайгашкандар)



Неокантчылар аң-сезим, ошондой эле теориялык табият таануу табият обьекттеринен (“өзү менен өзү нерселерден”) эмес, өзүнүн жеке формаларынан жана мыйзамдарынан “дүйнө картинасын”(Канттын терминологиясындагы “нерсе үчүн”) курайт деген Канттын идеясына басым жасашкан. Мында Кант “биз үчүн нерселер” жана “өзү менен өзү нерселердин” окшош эместиги жөнүндө жана акыркынын таануу мүмкүн эместиги жөнүндө жыйынтык чыгарган. “Өзү менен өзү нерселерди” четке каккан неокантчылар үчүн бул жыйынтык эч кандай маанеге ээ болгон эмес. Алар ишенчээк адамдар “дүйнөнүн картинасы ” катары кабыл алган кээ бир “картиналарды” аң-сезим аркылуу конструкциялоо идеясына басым жасашкан.

Алардын көз-карашы боюнча, таануу процесси сезимди кабыл алуудан эмес, “дүйнөдөн-субьектке” кадамынан эмес, суроо койуп жана аларга жооп берген субъекттин аракетинен башталат. Субьектте субьектке бир нерселерди “быдылдаган” кандайдыр бир массив же сезимдердин (келип чыгышы белгисиз) жалпы фону болот. Белгилүү сезимдерди белгилөө менен, субьект “Бул эмне”деген суроону коёт жана “Бул кызыл”деп тастыктайт десек болот. Эми “ушуну” туруктуу нерсе катары, т.а. аны аныктоо процессинде пайда болгон (“Бул кызыл, тоголок, ширин, бул - алма”) “функционалдык биримдиктин” предмети катары кураштыруу башталат. Мындай “затташтыруу” ойлонуу жана аң-сезим менен жасалат, ал операциялар үчүн ылайык материалдарды гана берген сезимдерде камтылган болбойт (159-чийме). Бул кураштыруу аракетинде негизги ролду тил ойнойт.

159-чийме

Аң-сезимдин предметтештирүү ишмердиги



“Алманы - “Зат” катары биздө[illegible]лок, ширин сыяктуу сезимдерди ойготкондондугу үчүн биз тааныйбыз.

Аң-сезимдин кураштыруучу аракети таза түрдө математикада байкалат, мында изилденүүчү объекттер максималдуу түрдө сезимдик материалдан кутулган, ошондуктан бул жерде бардык түрдөгү объектти жаратса болот. Кантта мейкиндик жана убакыт сезимдик ой-толгоолордун априордук формасы түрүндө көрүнөт, алардын базасында геометрия жана арифметика жаралат, ошондуктан адам үчүн бир геометрия (евкмодик) жана бир арифметика мүмкүн. XIX к. экинчи жарымында геометриялардын чексиз саны камтылган евклиддик эмес геометрия иштелип чыккан. Бирок, эгер адам аң-сезими көптөгөн геометрияларды жарата алса, анда, демек, геометириянын негизинде сезимдик ой-толгоолордун (мейкиндик) априордук формасы жатпайт. Бардык геометрия болгону аң-сезимдин кураштыруу аракетинин натыйжасы гана. Мейкиндик деле аң-сезим тарабынан кураштырылган түшүнүк гана, бул нерсе евклиддик эмес геометрия аркылуу сүрөттөлгөн мейкиндиктин башка түрү орун алган Эйнштейндин салыштырмалуулук теориясында тастыкталган.

Бир гана геометрия эмес, бардык илимий теория - бул аң-сезимдин жеке мыйзамдары боюнча ишке ашкан, анын кураштыруу аракетинин натыйжасы. Мындан бардык заманбап илимий теориялар жана аларда колдонулган “атом”, “күч”, “энергия”

жана башка ушул сыяктуу түшүнүктөр орто кылымдык “универсалийлердей” же аристотелдик “формалардай ”эле “дүйнөгө”, “чындыкка” же “өзү менен өзү нерселерге”, катыштыгы бар. Булардын баары биздин сезимдерибизге жармаштырылган “этикеткадай” эле (Кассирер), ошондуктан илимдин негизи фактылар да эмес, сезимдер да эмес. Илим сезимдик таасирлерди унификациялоонун (бир түргө келишинин) белгилүү бир ыкмасы катары калыптанат, ал эми илимий мыйзамдар жана теориялар бизге априордук түрдө (тажрыйбага байланышсыз эле) берилген, алар мурдатан эле биздин аң-сезимибизге киргизилген жана факттар менен таасилерден мурда болгон.. Ушинтип, изилдөөгө татыктуу болгон жалгыз объект болуп логикалык мыйзамдар жана ойлоонун формалары болуп калат, аларга ылайык “дүйнөнүн картинасынын” тигиндей же мындай кураштырылышы философиянын маселеси ушул априордук формаларды изилдөөдө, т.а. философия илимдин методологиясы менен алектениши керек;ана Коген эсептегендей, Канттын эмгектеринде ишке ашат. Дал ошолор биздин сезимдерибизди объекттештирген илимий билимдин логикалык системасында өзүнүн чагылышын табышат, ошондуктан негизги ачылышы акыл-эстин 12 категориясын таба алганында, анын үстүнө Кант бул нерсени Ньютондун окуусун талдап жатып жасаган[1].

Бирок, эгер илимий теория аң-сезимдин бир эле априордук формаларынын көрүнүшүнүн натыйжасы болсо, анда эмне үчүн илим тарыхында ушул сыяктуу көптөгөн теорияларды табабыз?

XIX-к. аягында – XX-к. башында абсолюттук чындыкка жетүүгө болгон (же жалгыз туура илимий теорияны жаратууга болгон) умтулуу же үмүт Гегелдин философиясы жана бирге көмүлгөн; илимде жана философияда Конттон келген бардык билимдин **салыштырмалуулугу** жөнүндөгү тезис бекитилген. Бирок философиянын “кан жанына” гегелчиликтен өнүгүү жана тарыхый убакыт түшүнүгү кирген. Ошондуктан неокантчылар аң-сезимдин кураштыруу аракети жөнүндөгү суроону коюп, аны тарыхый катары карашкан: ар бир жаңы илимий концепция мурдагылардын базасында (мындан алардын илимдин тарыхына болгон кызыгуусу) жаралат. Бирок бул процесс чексиздикке умтулган жана абсолюттук же соңку, чындыкка жетип болбойт.

Маргбург мектеби илимий методологиянын жана табигый илим тарыхынын көйгөйлөрүн иштеп чыгууда зор салым кошкон.

Баден мектеби. Баден (фрейбургдук) мектебинин лидерлери **Вильгельм Виндельбандт** (1848-1915) жана **Генрих Риккерт** (1863-1936) болгон. Мектептин жаралышынын шарттуу датасы деп 1894-ж. же ошол жылдан баштап Виндельбандт баалуулук философиясын иштеп чыгуу менен жигердүү алектене баштаган 1903-ж. деле эсептесе болот.

Негизги эмгектери. В.Виндельбандт: “Жаңы философия тарыхы” (1878-1880), “Прелюдиялар” (1884), “Философия тарыхы” (1892), “Тарых жана жаратылыш жөнүндөгү илим” (1894), “XIX жүз жылдыктагы немец руханий жашоосунун философиясы”(?), “Гегелчиликти жаңылоо” (1910).

Г. Риккерт: “Билим предмети” (1892), “Түшүнүктөрдүн табигыйилим билим берүүнүн чектери” (1896), “Философия систамасы” (1921).

Философиялык көз-караштары*.“Жаратылыш жөнүндөгү илим” жана “Рух жөнүндөгү илим”.* Маргбург мектебинде көңүл табигый илимдерге бурулса, Баден мектебинин өкүлдөрү үчүн болсо изилдөөнүн негизги объекти тарыхый илимдер (өзгөчө тарых, исскуство жана моралды изилдеген), алардын методологиясынын өзгөчөлүгү болгон. Виндельбандт “жаратылыш жөнүндөгү илим” жана “рух (маданият) жөнүндөгү илимдин” принципиалдуу айырмачылыгы жөнүндөгү тезисти ортого чыгарган, ал эми Риккерт аны кийинчерээк өнүктүргөн. Алардын негизги айырмалары 94-таблицада келтирилген.

Жаратылыш жөнүндөгү илим” жана “рух жөнүндөгү илимдер” ортосундагы айырмачылыкты түшүндүрүп жатып, дүйнөлүк тартылуу мыйзамы бул телолордун бир да

индивидуалдык өзгөчөлүктөрүнө карабастан, бардык материалдык телолорго тиешелүү болот.

---

[1] Кассирер Канттын аң-сезим категориясын жалпы ой-жүгүртүү формалары деп эсептеген эмес. Мындай категорияларга сан, чоңдук, мейкиндик, убакыт, себептүүлүк, өз ара аракет ж.б. түшүнүктөрдү киргизген. (Котормо авт.)

94-таблица

“Жаратылыш жөнүндөгү илим” жана “дух жөнүндөгү илим”

Мүнөздөмө	*Жаратылыш жөнүндөгү илимдер*	*Рух жөнүндөгү илимдер*
Илимдердин мисалдары	Физика, химия, биология	Тарых, этика, искусство илими
Мүнөз	Номотетикалык	Идиографикалык
Изилдөө объекти	Табият жана табигый мыйзамдар	Маданиятты өнүктүрүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү жана маданий объекттер
Изилдөө предмети	Жалпы, кайталанган окуя жана кубулуштар	Индивидуалдык, кайталанбаган окуя жана кубулуштар
Изилдөө усулу	Генерализацияланган	индивиддештирүүчү
Тааануу максаты	Окуя жана кубулуштардын жалпы класстарын камтыган, мыйзам жана жалпы түшүнүктөрдүн чыгарылышы	Окуяларда жана кубулуштарда индивидуалдык жана спецификалыктарды ортого чыгаруу

Бул мыйзамды калыптандырып жатып физик алмалар жана планеталар, картина жана роялдар ортосундагы айырмачылыктар абстракцияланат; ал үчүн бул нерсе белгилүү салмакка ээ болгон жана бир-биринен белгилүү бир аралыкта жайгашкан “материалдык телолор”. Бирок тарыхчы Улуу француз революциясына кайрылганда, ал, албетте, буга чейин да башка революциялар да болгонун эстейт, бирок аларда болгон ошол жалпы нерсе аны кызыктырбайт. Эң негизгиси Карл Інин да, Людовик XVIнын да башы алынган. Башкысы француз революциясындагы уникалдуулук - Людовик XVI гильотинада өлтүрүлгөн жана ушул жазалап өлтүрүүгө алып келген бир катар уникалдуу окуялар болгондугу маанилүү.

Анын үстүнө “жаратылыш жөнүндөгү илимдер” жана “дух жөнүндөгү илимдер” ортосундагы негизги айырмасы объектте эмес, предметте, изилдөөнүн усулунда жана максатында. Эгер биз адамзаттын тарыхында кайталануучу окуялар жана жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрдү издей баштасак, анда табигый илим дисциплинасын: тарыхты социалогияны алабыз. Ал эми акыркы муз доорун “тарых жактан”, т.а. анын уникалдуу мүнөздөмөлөрү жактан изилдеп, биз “Жердин тарыхына” келебиз.

Бирок изилдөө объекттериндеги айырма баары бир маанилүү. Жаратылыш объекттерин изилдегенде адам сырткы дүйнөнүн алдында болот, маданий объекттерди изилдеген – өзүнүн алдында өзү турат, себеби маданий объекттер адам тарабынан жаратылган нерселер. Өзүнүн “рухунун” аракетинин ушул “жемиштерин” изилдеп жатып, адам өзүн өзү таанып, өзүнүн маңызын түшүнөт.

“Жаратылыш жөнүндөгү илимдер” менен “рух жөнүндөгү илимдердин” өз ара мамилеси жөнүндөгү айтып жатып, бардык илимдер (анысы да, мунусу да) адамзат аң-

сезими тарабынан жаралгандыктан маданияттын бөлүгү жана маданий объект болуп эсептелишин эсибизден чыгарбашыбыз керек.

Риккерт Виндельбандттын концепциясын өнүктүрүп жатып, илимдердин классификациясын татаалдаштырган, мүнөздөмөлөргө “жалпылаштыруучу” жана “индивидуализациялоочу”, жана дагы “баалоочу” жана “баалабоочуларды” кошкон, бул нерсе классификацияны Баден мектебинде иштелип чыккан “баалуулук теориясы менен” байланыштырат. Натыйжасында анда илимдин 4 түрү пайда болгон (95-таблица).

95-таблица

	Илим түрлөрү	
	Жалпылаштыруучу	**Индивидуализациялоочу**
Баалоочу	Социология, экономика	Тарых
Баалабоочу	Классикалык табият илими	Эволюциялык биология, геология

Баалуулуктар теориясы. Виндельбандт өзүнүн негизги маселесин “баалуулук теориясын” иштеп чыгууда деп эсептеген жана ошол менен 1903-ж. тарта активдүү алектене баштаган. Бул нерсе тарыхый (уникалдуу) окуялардын чындап түшүнүү (анын ою боюнча) кээ бир жалпы адамзаттык баалуулуктардын призмасы аркылуу гана мүмкүн экендиги айтылат.

Билим сүйлөмдөрдө чагылдырылат, т.а. тастыктоолордо же четке кагууларда: “А бул В” же “А В эмес”. Бирок жалпы грамматикалык формада сүйлөмдөр пикирлерди да, баалоолорду да чагылдырылышы мүмкүн. “Алма кызыл” деген сүйлөм пикирди чагылдырат: бул жерде ойлонуп жаткан субъект өзүнүн бир элестетүүсүнүн мазмунун (“алма”) башкасы (“кызыл”) менен салыштырат. Баалоо – башкача болот. Биз “Бул алма жакшынакай” дегенибизде “көрүүчү жана сезүүчү субъекттин” элестетүүнүн мазмунуна болгон реакциясы орун алат. Баалоо бизге объекттин өзүнүн (же “алма” элестөөсүнүн мазмунун) касиеттери жөнүндө эч кандай маалымат бербейт. Ал биздин ага болгон адамдык мамилебизди чагылдырат. Өзгөчө маданий объекттердин (адам тарабынан жаралган) баалоолору маанилүү, себеби дал ушул баалоолордо “рух жөнүндөгү бардык илим” түзүлгөн.

Бирок бир нерсени баалоо үчүн биз баанын кээ бир критерийлерин “баанын масштабдарын”, баалуулуктар системасына ээ болушубуз керек.

Алар кай жерден алынат жана эмнеге негизделет? Алар адам аң-сезиминде бар болгон нормалар же априордук принциптер менен байланышта. Жана дал “нормативдик аң-сезим” маданий баалуулуктарды изилдеген “дух жөнүндөгү илимдин” негизинде жатат. (Табигый илимдер изилдеген жаратылыш объектери эч кандай баалуулуктар менен байланышы жок. Нормативдик аң-сезим өзүнүн баалуулуктар системасына негизделип, “керектүүлүк (мажбурдук)” бааларын чыгарат: “Бул ушундай болушу керек”, мында жаратылыш мыйзамдары маанаге ээ болуп турганда: “Башкача боло да албайт”.

Адам аң-сезиминде априордук түрдө болгон бардык нормалардын ичинен Виндельбандт философиянын үч негизги бөлүмү негизделген үч негизги “областты” ажыратат (160-чийме).

Норманын системалары (Виндельбандттын да, Риккерттин да ою боюнча) түбөлүктүү жана өзгөргүс, т.а. тарыхый эмес жана бул мааниде аны таануунун кандайдыр бир абстракттуу субъектине таандык деп эсептесек болот. Бирок индивидуалдуулуктардын жана изилдөө процессинин жүрүшүнүн чындап шарттарынын таасиринин эсебинен “эмпирикалык” субъекттер тарабынан конкреттүү баалоолор чыгарылганда, ошол баалар бир биринен айырмаланышы мүмкүн.

160-чийме

Философия жана аң-сезим нормалары



Окуунун тагдыры. Неокантчылык жалпысынан ага заманбап болгон жана XX к. андан аркы философиясына, феноменологияга жана экзистенционализмге олуттуу таасир көрсөттү. Мында Баден мектеби заманбап таануу теориясында жана маданият философиясында өзгөчө маанилүү ролду ойногон (161-чийме).

161-чийме

Германиядагы неокантчылык: негизги агымдар

Артка Кантты карай!



19.4. Прагматизм (Pragmatism)

“Прагматизм” термини “практика” деген грек сөзүнөн келип чыккан, “иш” же “аракет” дегенди билдирет. Прагматизм – бул философиялык багыт, мында практика (тажрыйба) негизги методологиялык принцип катары көрүнөт, ал эми ар түрдүү окуу жана теориялардын практикалык натыйжалуулугу алардын чындыгынын критерийи катары кабыл алынат.

Прагматизмдин эң негизги идеялары XIX-к. аягында АКШда жаралган, бирок ал философияда агым катары калыптанышы жана өзгөчө жайылышы ошол эле Европада XX-к. биринчи жарымында болгон. Анын үстүнө АКШда 1930-ж. прагматизм дээрлик расмий философиянын ордун ээлеп турган. Прагматизмдин негиздөөчүсү болуп америкалык окумуштуу **Чарльз Пирс** (1839-1914) эсептелип, анын өнүгүшүнө болсо чоң салымды америкалыктар **Уильям Джеймс** (1842-1910) жана өзгөчө прагматизмдин өзүнүн вариантын - инструментализмди жараткан **Джон Дьюн** кошкон.

Негизги эмгектер. Пирс Ч.: “Кантип биздин идеяларды анык кылса болот” (1878). Джем У.: “Психологиянын негиздери” (1890), “Ишенимге болгон эрк” (1897), “Диний тажрыйбанын көп түрдүүлүгү” (1902), “Прагматизм” (1907), “Плюралистикалык Аалам” (1909);

Дьюн Д: “Философиядагы реконструкция” (1920), “Тажрыйба жана жаратылыш” (1925), “Чындыкты изилдөө” (1929).

Философиялык көз-караштары. XIX-к. аягында – XX-к. башында өтө абстракттуу жана жашоодон алыс идеалисттик окуулар өзгөчө таркалган. Дал ошолор европалык жана түндүк америкалык университеттерде окутулган. Прагматизм “философиянын реконструкциялоо” боюнча өзүнүн программасын койгон, ага ылайык философия адам

алдында өзгөчө кыйын (көйгөйлүү) учурларда, өзгөчө татаал жагдайларда пайда болгон маселелерди чечүү усулу болуш керек.

Мында адамдар жашаган чыныгы дүйнө анын тажрыйбасында адамдын “башынан өткөн” нерсе катары, ал эми адамдын жашоосу адамдык аң-сезимде болгон “ички сезимдердин агымы” катары түшүндүрүлөт. Мындан, сырткы дүйнөнүн бар экени, анын өзгөчөлүк жана закон-ченемдүүлүктөрү менен байланышта болгон бардык философиялык жана табигый илимдин проблематикасы маанилүү эмес катары алынып коюлат. Сырткы дүйнө деген өзү эмне, кай жерден пайда болду, негизинде эмнелер бар сыяктуу суроолор маанилүү эмес болуп калат, маанилүүсү – сырткы дүйнө кантип бизге (биздин тажрыйбабызда) таасир этет жана биз керектүү жыйынтыктарды алуу үчүн кандай иш жүргүзүшүбүз керек. Мындан атактуу “**Пирс принциби**” келип чыгат: мында объект жөнүндөгү түшүнүккө ушул объект менен болгон аракеттерден келип чыккан бардык практикалык натыйжаларды карап чыгуу аркылуу жетүүгө болот. Аң-сезим тилдин жардамы менен тилди колдонуу аркылуу иштеши жөнүндө сөз кылып жатып, Пирс тилдин белгилер катары жаратылышына көп көңүлүн бурган жана ошону менен бирге XX-к. өз алдынча илимге айланган **белгилердин жалпы теориясынын** негизин (семиотика же семиология) түптөгөн.

Адам аң-сезими прагматизмде сырткы дүйнөгө “ыңгайлашуу куралы” катары, адамга жашоо үчүн күрөшүүдө[1] керек болгон нерсеси (Джемс белгилегендей, акыл – адамдын жашоо чөйрөсүнө үйрөнүүдөгү функционалдуу динамикалык куралы) катары түшүндүрүлгөн. Ошондуктан аң-сезимдин маселеси дүйнөнү таанууда эмес, ийгиликтүү аракеттерди негиздөөдө.

96-таблица

Прагматизмде аң-сезимдин негизги маселеси

Философия	*Аң-сезимдин негизги маселеси*
Пирс	Ийгиликтүү аракеттерге тоскоол болгон шектенүүлөрдү четтетүү
Джемс	Максатка жетүүгө керек болгон каражаттарды тандоо
Дьюн	Проблематикаык абалды чечүү үчүн каражаттарды тандоо

Аң-сезимде иштеп чыгарылган бардык нерсе, т.а. идеялар, теориялар, түшүнүктөр аракеттер үчүн куралдар жана жабдыктар гана. Биздин түшүнүктөрүбүз жана теорияларыбыз сырткы дүйнөнү канчалык туура сүрөттөйт деген суроону коюу пайдасыз жана маанисиз. Алардын баалуулугу – алар тигил же бул практикалык натыйжаларды алууга жардам беришинде. Ошондуктан *чындык керектүүлүк* (Дьюн) катары түшүндүрүлөт, демек, бардык теория же окуу, эгер алар пайда келтирсе, чыныгы деп эсептелет.

Прагматизмдин бул логикасын төмөнкү мисал менен түшүндүрсө болот. Ушинтип, байыркы заманда жана Орто кылымда оорулар адамдын денесине жаман рух кирип алгандан пайда болот деп эсептелген. Эгерде, жаман күчтөрдү кууп жиберүү ишин аткарып жатып, биз оорулууну сакайта алсак, оорунун бул “теориясы” чыныгы. Эгерде биз оорулууну заманбап дарылар менен дарыласак, заманбап медициналык теория чыныгы болуп калат. Эгерде эки теория тең ишке жараса, алардын принципиалдуу түрдө бирге чыгыша албашына карабастан, экөөнү тең чыныгы деп эсептесе болот. Бир нече атаандашкан теориялар ортосундагы тандоо алардын практикалык натыйжалуулугу аркылуу аныкталат.

Башка жагынан, кайсыдыр бир теория ой жүгүртүүгө негизделген болуп калса, т.а. андан эч кандай пайда чыкпаса, ал чыныгы катары баалана албайт.

Прагматикалык мамиленин ырааттуу колдонулушу Джеймсти анын көз-карашы боюнча адамга шексиз пайданы алып келген диний ишенимдин актоого алып келген.

Окуунун тагдыры. Прагматизм 1930-ж. АКШда үстөмдүк кылган философиялык окуу болгон болсо да, XX-к. экинчи жарымында ал сахнадан түшө баштайт. Ал эми 1970-ж. тарта прагматизм аналитикалык философия (постпозитивизм) тарабынан сүрүлүп

чыгарылган, бир нече гносеологиялык жана социалдык көйгөйлөрдүн чечимине аз эмес таасир тийгизген.

XX-к. философиядагы лингвистикалык проблематикага болгон жалпы кызыгууну эсепке алып, Пирстин семиотиканын идеяларын иштеп чыгуудагы салымын белгилей кетүү керек.

19.5. Психоаналитикалык философия (Philosophy of Psychoanalysis)

Психоанализ – негизинен **З. Фрейд** тарабынан иштелип чыккан, неврoздорду дарылоо практикасындагы терапиянын өзгөчө усулу. Психоанализдин негизинде XX-к. психологияда жана психиатрияда бир нече агымдар пайда болгон. Алардын кээ бирин жөн эле белгилүү илимдердин алкагында гана адистешкен эле эмес, психоаналитикалык философия катары мүнөздөсө да болот: психология жана психиатрия жаатында жасалган идеялар менен ачылыштар бул жерде культурологиялык жана философиялык корутундулоо алган. Биринчи кезекте бул фрейдизмге, неофрейдизмге жана аналитикалык психологияга тиешелүү.

Психоаналитикалык философияда изилдөөнүн негизги объекти болуп адамдын психикасы эсептелет. Ал физикалык дүйнөнүн касиеттерине (органикалык да, органикалык эмес да, ошондой эле адамдын организминин физикалык, химиялык ж.у.с. сапаттарга) келтирилбеген, өзүнүн жаратылышына, иштешинин жана өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүнө ээ деп каралат. Психика мында ар түрдүү катмарлардан турат деп түшүнүлөт, алардын негизгилери - *аң-сезим* жана *аң-сезимсиз*. Психоаналитикалык философияда негизги орунду аң-сезимсиз жөнүндөгү: анын жаратылышы жана келип чыгышы, аң-сезим менен өз ара аракети, аң-сезимсиздин айрым адамдардын жана жалпы эле коомдун жашоосундагы ролу жөнүндөгү окуу ээлейт.

Психоанализдин уюшулган калыптанышы Венада Фрейддин айланасына анын пикирлештери топтолгондо 1902-ж башталган. 1908-ж. Эл аралык психоналитикалык уюмдун биринчи конгресси болгон, анын биринчи президенти болуп К.Т. Юнг (1909-жыл) шайланган. Фрейдизм психологдор менен психоаналитиктер арасында кеңири жайылып, Батыштын билимдүү адамдарынын арасында бир топ белгилүү болгон.

Бирок 1911-ж. эле Фрейддин шакирти Альфред Адлер (1870-1937) устатынын доктринасынын бир нече борбордук жоболоруна каршы чыккан. Адлер балдардын социалдык ориентациясы (социалдашуу) боюнча өзүнүн бир нече институтун негиздеген.

1913-ж. Юнг менен Фрейд ажыраган жана Юнг “аналитикалык психологиянын” жана психологдордун юнгиандык ассоциациянын негиздөөчүсү болуп калган.

1920-1930-жж. неофрейдизм өнүгө баштаган, анын белгилүү өкүлү **Э. Фромм** (1900-1980) болгон.

XIX–XX-кк. батыш философиясынын жалпы өнүгүшүн карап жатып, психоаналитикалык философиянын эволюциясында кандайдыр бир «айлана» байкалгандыгын жана адамды талкуулоодо классикалык позитивизм тарабынан жеңилгендей (XIX-к. экинчи жарымында кеңири жайылган) түшүндүрүлгөн салттуу философияга кандайдыр бир деңгээлде кайтуу жүргөнүн байкоого болот. Бардык идеялисттик метафизика үчүн салттуу болгон “жан” жана дуализм үчүн - “жан” жана “телолор” түшүнүктөрүнөн баш тартып, классикалык позитивизм аң-сезим жөнүндө материянын касиети катары элестөөнү киргизген. Фрейд болсо адамдын психикасынын аракети бир гана физикалык жана химиялык себептер аркылуу түшүндүрүлө албайт, бул жерде спецификалык биологиялык же физиологиялык факторлор да эске алынуусу зарыл деген жыйынтыкка келет.

Неофрейдисттер жана юнгчулар (ар бири өзүнчө) Фрейддин “биологизмин” (“физиологизмин”) жеңе башташкан. Эгерде Фрейд аң-сезимсизде негизги ролду ар түрдүү жана эң оболу сексуалдык каалоолор (т.а. биологиялык жана физиологиялык факторлор) ойнойт деп эсептесе, неофрейдисттер маданий жана социалдык факторлорду

маанилүүрөөк деп эсептешкен. Юнгчулар индивиддеги аң-сезимсизди онтологиялык статуска ээ болгон жалпы адамзаттык коллективдик аң-сезимсиздигинин көрүнүшү катары түшүндүрүшкөн (162-чийме).

Психоаналитикалык философия философиялык антропологиянын (адам жөнүндөгү окуу) өнүгүшүнө чоң салым кошкон.

Психоанализ өзүнүн өнүгүшүндө лингвистика жана тил философиясы менен тыгыз байланышкан. Биринчиден, сезимдик образдардын, эмоционалдуу ички сезимдердин жана каалоолордун интерпретациясы анда кептин жардамы аркылуу болот; экинчиден, психоанализ тил – бул экинчи сигналдык система деген тезисти кабыл алат жана сөздөр ички сезимдердин символикалык чагылдырылышы катары түшүндүрүлөт. Тил илиминин жана тил философиясынын бир топ жетишкендиктерин колдонуп, психоанализ бул жаатка өзүнүн чыныгы салымын кошкон. Психоанализдин Ясперске, Хайдеггерге жана философиялык герменевтикага болгон таасири да ошондон.

Психоанализдин Батыштын жалпы маданиятына: культурологияга, искусство (өзгөчө сюреализмге), искусствого жана искусство таануу илимине, адабиятка жана адабият таануу илимине, социологияга жана социалдык психологияга, этнографияга, педагогикага ж.б. болгон зор таасирин белгилей кетүү зарыл.

Фрейд (Freud)

Өмүр таржымалы. Зигмунд Фрейд (1856-1939) – австриялык психиатр жана психолог (улуту боюнча еврей). Вен университетинин медицина факультетин бүтүргөн; бир нече жылы жогорку нерв аракетинин физиологиясынын жана невропатологиянын көйгөйлөрүн изилдеп, физиологиялык лабораторияда иштеген. 1896-ж. медициналык практика менен алектенген. Стажировкаларды француз бейтапканаларында – алгач Ж. М. Шарконун жетекчилигинде, андан соң неврoздорду дарылоо үчүн гипнозду көп колдонгон И. Бернхеймдин жетекчилигинде өткөн. Шарконун “психикалык травмасынын” концепциясы жана дарылоонун усулу катары гипноз көп жылдар бою Фрейддин дарыгерлик ишмердигинин негизи болгон.

162-чийме

Психика жөнүндөгү элестетүүлөрдүн эволюциясы





1890-ж. ортосуна Фрейддин өзүнүн концепциясы жана анда негизделген “психоанализм” аталышын алган дарылоо усулу түзүлгөн. Бул концепцияга ылайык себептери органикалык бузулуу да эмес жана “психикалык травмалар” да эмес, балалыкта пайда болгон жана сокур сезимге кысып чыгарылган күчтүү каалоолор, биринчи кезекте, сексуалдык каалоо – *либидо* болуп эсептелген неврoздор бар болот. Кийинчерээк Фрейддин либидо түшүнүгүнө агрессивдүү (деструктивдик) каалоо кошулат.

Психиатрияда невроз менен жабыркаган ооруларды изилдөөнүн базасында жасалган ачылыш жана жыйынтыктарын Фрейд акырындык менен ар түрдүү социалдык көйгөйлөрдү изилдөөдө психоанализ усулун колдонуп, бүтүндөй коомго жайылта баштайт. Ушуну менен бирге ал өзүн философ деп эсептебеген болсо да, культурологиялык жана философиялык корутундулардын деңгээлине чыгат.

1938-ж. Австрияга кылынган фашисттик Германиянын аншлюсунан кийин Фрейд Лондонго көчкөн жана ал жерде кийинки жылы көз жумган.

Негизги эмгектери. “Түштөрдү жоруу” (1899), “Адабий чыгармачылык жана тирилген түш” (1907), “Леонардо да Винчи. Балалык эскерүүлөр” (1910), “Тотем жана табу” (1913), “Монсей жана Микеланджело” (1914), “Гёте; ойлоп табылган түрдө жана чындык түрүндө балалык эскерүүлөр” (1917), “Жан жыргатуу принцибинин башка жагын боюнча” (1920), “Салмактардын психологиясы жана адамдык Мендин талдоосу” (1921), “Мен” жана “Ал”(1923), “Бир иллюзиянын келечеги” (1927), “Достоевский жана атаны өлтүрүү” (1928), “Маданиятка болгон канааттанбоо” (1930), “Адам Моисей жана монотеисттик дин” (1939).

Философиялык көз карашы*.Аң-сезимсиз жөнүндөгү окуу.* Фрейдге чейин психикалык чөйрөсү аң-сезимдүү чөйрөсү менен гана окшоштурулган, ошондуктан анын негизги жетишкендиктеринен бири деп илимий карап чыгуу киргизген “*аң-сезимсиз*” (кийинки эмгектеринде Фрейд аны “Ал” деп атайт) түшүнүгүн эсептесе болот. Фрейддин көз-карашы боюнча, *аң-сезимсиз* биздин көпчүлүк аракеттерибиздин артында, алгач фантазия, түш, унутулган таасирлердин (аңдуунун сферасынан чыгарылган) артында турат.

Аң-сезимсиздин түшүнүүгө биринчи кадам Фрейд үчүн түштөрдү талдоо болгон, аң-сезимдүү “Мен” жигердүүлүгүн жоготкондо, аң-сезимсиздин аракети өзгөчө эркин көрүнөт. Фрейд түштөрдөн эки негизги катмарды бөлгөн. Алардын биринчиси анык, ачык мазмун, дал ошону түш көргөн адам айтып берет. Бирок анын артынан экинчи – жабык катмар бар, ал түштүн чыныгы мазмунун көрсөтөт жана анын туура түшүнүлүшү атайын аракеттерди, психоанализ усулунун колдонулушун талап кылат. Биздин аң-сезимдүү “Менибиз” каалоо жана азгыруулардын бир нечесине цензура коюп коёт, ошондуктан түштө көрүнүп, бул каалоо жана азгыруулар символикалык, укмуштуу, шифрделген формага ээ болуп калат.

Адамдын психикасы анын жашоосунда болгон бардык окуялардын жана бардык каалоолордун издерин сактайт. Бирок психиканын үстүндө, аң-сезимде баары калбайт. Тескеринче, алардын көбү кетип калат, т.а. сокур сезим жакка сүрүлүп чыгарылат. Ал жерде биздин “Мендин” “цензурасы” өтпөй калган бардык каалоо жана азгыруулар, т.а. адам өзүнүн социалдашуу процессинде өздөштүргөндөр бар. Социалдашуу активдүү

түрдө балалык жана жаштыкта өтөт жана дал ушул мезгилде сокур сезим жакка өзүн өзү сактоо, тукумду улантуу жана башка инстинкттерден келген ар түрдүү өз эрки менен болгон импульс жана каалоолордун күчтүү жана “массалык түрдө” сүрүп чыгаруу жүрөт. Алардын ичинде негизги орунду сексуалдык кызыгуу (либидо) ээлейт, аны коомдо уяттуу жана күнөө деп баалашат, ошондуктан мындай түрдөгү кызыгуулар аң-сезимдүү “мен” чөйрөсүнөн сокур сезим чөйрөсүнө сүрүлүп чыгарылат: мында алар коом тарабынан “адептүү”деп эсептелгенге алмаштырылат (сублимация кылынат). Мындан түш көргөн учурларда көрүнгөн, биринчи көргөндө “күнөөсүз” деп эсептелген образдар Фрейд тарабынан “уяттуу” эротикалык кызыгуулардын символдору катары түшүндүрүлгөн. Сублимациянын спецификалык түрлөрү деп ал дин жана искусствону эсептеген.

Фрейд боюнча, либидо жаш балада деле болот. Балалык сексуалдуулук менен эротизмдин аныкталышы Фрейддин коомдун эсин оодарган ачылыштарынын бири болгон. Ал баланын төрөлүшү, т.а. эненин организми менен болгон бир бүтүндүктөн өзүнчө жашоого өтүү - бул өзүнчө эле психикалык травма. Бала үчүн канааттануунун (мисалы, көкүрөк жана бакканда - тамактын) булагы болгон эне эротикалык кызыгуунун биринчи объекти болуп калат. Үчтөн бешке чейинки куракта эркек балдарда “Эдип комплекси”: өзүнүн энесин (сексуалдык шерик катары) ээлеп алуу каалоосу жана ушул мааниде өзүнүн атасын - “атаандашын” өлтүрүүгө болгон умтулуу калыптана баштайт. Атасы тараптан боло турган жазадан коркуу (кастрация комплекси) ошол кызыгуунун сүрүп чыгарылышына жана бир аз алмашышына алып келет. Жаш бала атасынан кутула албагандыктан, ал анын инсандыгын калыптандырган эркектин кыялынын белгилерин жана моралдык чектөө жана буйруктар системасын кабыл алып, атасына окшошо баштайт.

Фрейд эсептегендей, адамзаттын өнүгүшүнүн алгачкы баскычында (адам үйүрүндө) уулдары чынында эле аталарын өлтүрүп, энелерин ээлеп алышчуу экен. Андан кийин кылган иштеринде өкүнүп, уят жана коркуу сезимдерин туюп, атасынын ордуна тотемди коюп, ага сыйына башташат. Ушинтип, адамдар аталарынын ордун баскан Кудайга ээ болушкан. Натыйжада, ар бир эркекте – анын урпагында – бир гана “Эдип комплекси” эмес, атасына болгон күнөлүүлүк жана өкүнүү сезимдери бар, ал эми маданиятта ошондоп коргоо издеп, бирок андан коркушкан Кудай пайда болгон.

Психиканын структурасы. Фрейдде инсандын структурасы жөнүндөгү элестетүүлөрдүн өнүгүшүндө эки баскыч байкалат. Адамдын психикасынын алгачкы баскычында үч негизги курам: аң-сезимсиз, аң-сезимге чейинки жана аң-сезим бөлүнүп чыгат (163-чийме).

163-чийме

Психиканын түзүлүшү: “биринчи топика”

Ан-сезимсиз «Кире бериш бөлмө»	Аң-сезимге чейинки «Холл»	Аң-сезим «конок бөлмөсү»
Түшүнүлбөйт да, вербалдашпайт да	Потенциалдуу түрдөаң-сезим жетерлик жана вербалдашат	Активдүү түрдө вербалдашат жана түшүнүлөт

1920-ж. Фрейдде адам психикасынын башка түзүлүшү жөнүндөгү элес калыптанат (164-чийме), анда төмөнкү областтар бөлүнүп чыгат.

- “Ал” (Ид) – аң-сезимдүүдөн (Менден) сүрүп чыгарылган каалоо жана кызыгуулар менен толтурулган аң-сезимсиздин чөйрөсү, алардын ичинде негизги орунду сексуалдык каалоолор ээлейт. Бул адамдагы аморалдык жана эгоисттик башталма. Анда “жан жыргатуу принциби” үстөмдүк кылат.

• “Жогорку - Мен” (Супер - Эго) – коом тарабынан өзүнүн мүчөлөрүнө белгиленген моралдык жана жүрүм-турумдук тыюу жана жоболорунун чөйрөсү, бул милдет жана ынсап чөйрөсү, ички цензор - тыюу, алар ар түрдүү сырткы абройлордун (мисалы, атанын авторитети) “ичкери” алып кирилишинин эсебинен калыптанат. “Жогорку - Мен” 5 жашта, балада уят жана күнөө сезимдери пайда боло баштаганда калыптанат. “Жогорку - Мен” “Алдан” келген агрессивдик жана сексуалдык импулстарын “алып алат”, бул умтулууларды авторитеттердин талаптарына туура келбегендиги үчүн өз күнөөсүн сезип өкүнүү угрызения совести транформациялайт.

• “Мен” (Эго) – “Эки от ортосунда” турган аң-сезимдүү чөйрө: бир жагынан ага – “Ал”, башка жагынан – “Жогорку - Мен” басым жасайт. Дал ушул “Мен” “Алдан” келген импульстарды коомго алууга боло турган (приемлемые) алкактарга багыттайт, аларды цивилизациялуу жол менен ишке ашырууга жол ачат. Эгер бул болбой калса – инсанда да, жалпы коомдо да ар түрдүү неврoздор пайда болот. Фрейдизм үчүн социалдык катаклизмаларды (уруш, революция ж.б.) коомдук неврoздордун көрүнүшү катары түшүндүрүү мүнөздүү. “Алдын” сырларына психоанализдин жардамы менен жетүү “Менге” анын үстүнөн үстөмдүк кылып, аны колго алууга жол ачат. Мындан Фрейддин: “Ал” болгон жерде, “Мен” болуш керек!”- деген урааны келип чыгат.

Эгер “Алда” “жан жыргатуу принциби” үстөмдүк кылса, “Менде” “реалдуулук принциби” орун алат.

164-чийме

Психиканын түзүлүшү: “экинчи топика”



Ал”, “Мен” жана “Жогорку - Мен” Фрейд тарабынан бир гана адамдын жеке тажрыйбасынын натыйжасы катары эмес, ата-бабалардан келген “индивиддин архаикалык мурасы” катары түшүндүрүлөт. Алар өзүнүн көрүнүшүн индивиддердин “комплекстеринде” да, социалдык даражаларда: диндерде, искусствodo жана социалдык сезимдерде табышат.

Эрос жана Танатос жөнүндөгү окуу. Адам жаратылышынын негизинде, Фрейд боюнча,бир катар “кызыгуулар”, “энергиялар” же инстинкттер жатат. Бул “кызыгуулардын” маңызы жана булагы Фрейдде анык эмес боюнча кала берет жана алар жөнүндө “мифтик жандыктар” катары жазат. Белгилүү мааниде бул фрейддик түшүнүктөр “жашоого болгон эрк” (Шопенгауэр), “бийликке болгон эрк” (Ницше), “жашоолук умтулуу” (Бергсон) сыяктуу жашоо философиясынын пайдубалдык түшүнүктөрүнө жакын. Фрейд ушул кызыгуулардын ичинен негизгилери деп экөөнү бөлгөн: жашоо инстинкти (Эрос кызыгуусу) жана өлүм инстинкти (Танатос кызыгуусу) (97-таблица).

97-таблица

Эрос жана Танатос

	Эрос	*Танатос*
Мүнөз	конструктивдик	деструктивдик
Чагылдырат	жашоого жана сүйүүгө болгон эркти	өлүмгө жана агрессивдүүлүккө болгон эркти
Алып келет	жаратууга жана өнүгүүгө	жок кылууга, өлтүрүүгө жана өзүн-өзү өлтүрүүгө

Максат	органикалык дүйнөнүн өнүгүшү	адамдардын жана бардык жандуулардын органикалык эмес абалга кайтышы

“Эрос кызыгуусу” жана “Танатос кызыгуусу” түшүнүктөрүн Фрейд бир гана өзүнчө адамдарга эмес, аларда үстөмдүк кылган кызыгуулар боюнча бөлүштүрүп, жалпы коомдорго жана маданияттарга да колдонгон.

Окуунун тагдыры. Аң-сезимсиздин жана сексуалдык кызыгуулардын көйгөйлөрүнүн изилдениши жана коюлушу, сублимация көрүнүшүнүн ачылышы, психоанализ усулунун негиздеринин иштеп чыгылышы жана дагы башка нерселер Фрейддин кызматы болуп эсептелет. Фрейддин көптөгөн негизги идеялары (“Эдип комплекси”, атанын архаикалык өлтүрүлүшү, сексуалдык кызыгуулардын үстөмдүгү жөнүндөгү окуулар) аздан соң фрейдчилер тарабынан да четке кагылган болсо да, Фрейд бир эле заманбап психологиянын эмес, жалпы жонунан батыштын философиясынын жана маданиятынын өнүгүшүнө чоң таасир тийгизген (165-чийме).

165-чийме

Фрейд: булагы жана таасири



Неофрейдизм. 1929-1930-жж. АКШда өзгөчө жайылган неофрейдизм өнүгө баштаган. Анын белгилүү өкүлдөрү: К. Хорни, Г.С. Салливан, Э. Фромм. Кээде неофрейдизмдин чыныгы башталышы болуп 1941-ж. Фроммдун “Эркиндиктен качуу” деген китебинен жарык көрүшү эсептелет.

Неофрейдисттер Фрейддин аң-сезимсизиндеги биологиялык башталманын, өзгөчө сексуалдык кызыгуулардын үстөмдүк кылышы жөнүндөгү идеясынан баш тартышкан. Алар индивид жана коомдун жашоосуна, неврoздордун калыптанышына социалдык жана маданий факторлор чоң таасир тийгизет деп эсептешкен. Ар бир маданият өзүнүн жеке “идеялогиялык өзөгүнө” ээ, ал балдардын тарбиясына жана улуулардын жүрүм-турум формаларына чечүүчү таасирди тийгизет, ошондуктан неофрейдисттерде изилдөөнүн негизги объекти болуп инсандар арасындагы мамилелер болот.

Неофрейдизм толук кандуу окуу болуп эсептелбейт, алардын өкүлдөрү адам инсандыгынын жаратылышынын түшүндүрүлүшү менен байланышта болгон көптөгөн маанилүү суроолордо бир бири менен көз караштары келишпей калган. Философия үчүн маанилүү болуп Фроммдун окуусундагы идея жана жыйынтыктар эсептелет.

Фромм (Fromm)

Өмүр таржымалы. Эрих Фромм (1900-1980) - немец-америкалык философ жана психоаналитик, неофрейдизмдин көрүнүктүү өкүлү. Гейдельберг университетин аяктаган, ал жерде социологияны окуган. Психоанализ менен Берлиндеги психоаналитикалык

институтта социалдык изилдөөлөр Институтунун кызматчысы болуп иштеп жүрүп таанышкан. 1933-ж. фашисттердин бийликке келгенден кийин АКШга көчкөн, андан соң Мексикада (1949-1974) алар тарабынан жаратылган психоанализ институтунда иштеген. 1970-ж. ортосунан тарта Швецарияда жашаган.

Негизги эмгектери. "Эркиндиктен качуу" (1941), "Адам өзү үчүн" (1947), "Унутулган тил" (1951), "Дени сак коом" (1955), "Адамдык деструктивдүүлүктүн антологиясы" (1973), "Ээ болуубу же бар болуубу?" (1976).

Философиялык көз караштары. Фромм тарыхый өнүгүү процессинде адам өзүнүн биологиялык "биринчи" жаратылышын жоготкон деп эсептеген. Анын ордуна "экинчи" пайда болот, мында чечүүчү ролду социалдык байланыш жана мамилелер ээлейт. Ушул "экинчи жаратылыштын" (бардык адамдарга бирдей болгон) негизинде кандайдыр бир өзгөрбөс туруктуу сапаттар эмес, баштапкы жана чечилбес карама-каршылыктар – экзистенциалдык дихотомиялар жатат (98-таблица)[1].

98-таблица

Экзистенциалдык дихотомиялар

Адам жаратылыштын бөлүгү жана анын мыйзамдарына баш иет, алардын өзгөртө албайт	Адам дайыма жаратылыштын чегине чыгат, экинчи жаратылыштын (маданияттын) өзүнүн жеке «кол аркылуу жаратылган» дүйнөсүн жаратат
Адам дүйнөлүк жалпылыктан четтетилген, дүйнө менен гормониядан ажыратылган жана ошондуктан үйсүз	Адам дүйнө менен болгон гармонияга (үйгө кайтууга) умтулат жана ошондуктан дүйнө менен мамилелешүүдөгү эч качан акыркы (окончательный) болбогон жаңы формаларды дайыма жаратат
Адам чектүү жана ажалдуу	Өзүнүн чектүү жана ажалдуулугу жөнүндө билип туруп, өзүнүн көп эмес кылымында өзүн келиштирүүгө аракет кылып, адам түбөлүктүү баалуулук жана идеаларды белгилейт
Адам жалгыз өзүнүн башка адамдардан айырмаланып турушун түшүнбөйт	Адам башка адамдар менен ошондой эле мурдагы жана келечектеги урпактар менен болгон пикирдештикке (солидарность) умтулат

[1]Дихотомия - түз маанисинде "экиге бөлүнүү" дегенди билдирет.

Экзистенциалдык дихотомиялардын алып таштоого болбойт, ар бир адам өзүнүн жашоосу менен аларга жооп берет. Адамдын жаратылышы адамдын дүйнөгө болгон түшүнүктүү мамилеси катары карала турган ушул жоопто көрүнөт. Мындай жооптор деп Фромм позитивдүү (эркиндик, чындык, адилеттүүлүккө болгон умтулуу) да, негативдүү (жек көрүү, садизм, конформизм, нарциссизм) да жоопторду карайт. Адамга мүнөздүү болгон бул белгилер биологиялык инстинкт болуп эсептелбейт, Фромм аларды "мүнөздө тамыр жайган күчтүү каалоолор" деп атайт.

Адамдын мүнөзү болсо Фромм тарабынан "алар аркылуу адам жаратылыштык жана адамдык дүйнө менен мамилешкен бардык инстинктивдүү эмес умтулуулардын салыштырмалуу стабилдүү системасы" катары аныкталат. Мүнөз адамда инстинкттердин ордун басат, ал социалдашуу процессинде калыптанат жана темперамент сыяктуу ээ болгон психофизикалык касиеттерге караганда адамдын жүрүм-турумуна чоң таасир тийгизет, ошондуктан адамдын альтруист же садист болушу анын сангвиник же меланхолик экенинен эмес, анын мүнөзү кандай калыптангандыгынан, т.а. анын мүнөзүндө кандай күчтүү каалоолор тамыр жайганынан көз-каранды. Чечилиши керек болгон учурларда өзүнүн мүнөзү аркылуу автоматтык түрдө же "инстинктивдүү түрдө" өзүнө мүнөздүү болгон жүрүм-турумду көрсөтөт (сараң – акча топтой баштайт, ысырапкор – акчаларын чачат).

Адам - социалдык жандык, ал коомдо жашайт, кайсыдыр бир урууга, этноско, кланга же класска таандык болот. Ар бир мындай коом өзүнүн мүчөлөрүндө коомду сактоо жана нормага ылайык тиричилик аракети үчүн керек болгон спецификалык сапаттарды иштеп чыгат. Биринчи социалдашуу үй-бүлөдө – "коомдун психикалык агентинде" ишке ашат. Балалыкта үйрөнгөн жүрүм-турум нормалары жана эрежелери кийинчерээк индивид тарабынан аңдалбайт, ошондуктан адам кайсы коомдо чоңойбосун (бул диктатура же тоталитардык коом болсо да) көпчүлүк адамдар андагы үстөмдүк кылган мыйзам жана эрежелерди нормага ылайык, табигый жана оң деп кабыл алышат.

Ар бир тарыхый доор өзүнүн "социалдык мүнөзүн" иштеп чыгат. Ушинтип, мисалы, заманбап индустриялуу коом тартипти, пунктуалдуулукту талап кылат, ошондуктан ушул коомдун мүчөлөрүндө ошондой сапаттар иштелип чыгат. Бирок бул алгачкы доордогу (өндүрүштүк революцияга чейин) адамдарда болгон ачыктык, арам ою жоктук, спонтандуулук сыяктуу сапаттарды жоготуу эсебинен ишке ашкан. Индустриалдык доордо адамдар автоматка айлана башташат жана өздөрүнө да, жалпы эле жаратылышка да коркунучтуу болуп калышат.

Окуунун тагдыры. Фроммдун идеялары саясатчылар, социологдор, адабий интелегенциялар чөйрөсүндө белгилүү болгон, бирок философтордун бирөөсүнө да олуттуу таасир тийгизбеген.

Юнг (Jung)

Өмүр таржымалы. Карл Густав Юнг (1875-1961) – швейцар психолог жана психиатр. Базель университетинде медицина факультетин аяктаган, андан соң Цюрихте психиатриялык бейтапканада иштеген, кечирээк Цюрих университетинде психологияны окуткан. 1902-ж. "Оккульттук феномендер деп аталгандардын психологиясы жана патологиясы жөнүндө" деген доктордук диссертациясын жактаган. 1907-ж. ал З. Фрейд менен таанышат жана психоанализдин активдүү жактоочусу жана жайылтуучусу болгон. Юнг Эл аралык психоаналитикалык уюмдун биринчи президенти жана ушул уюмдун журналынын башкы редактору (1909-1913) болуп тандалган. 1913-ж. Юнг менен Фрейд жеке жана теориялык келишпестиктердин натыйжасында ажырашкан. 1916-ж. Юнг өзүнүн "Психологиялык клубун" түзөт. 1920-ж. баштап ал адамдын психикасынын маанисин жөнүндөгү өзүнүн өй-пикирин текшерүү максатында көп жер кыдырган.Ошол максатта ал Алжирде, Тунисте, Мексикада, Кенияда, Индияда, Цейлондо болгон. Юнг тарабынан иштелип чыккан коллективдүү аң-сезимсиз жөнүндөгү окуу европалык жана америкалык психологдордун арасында кеңири таркалган "комплекстүү" же **аналитикалык психологиянын** негизинде жаткан. 1933-ж. Юнгдун башчылыгында юнгиандык уюм (эл аралык психиатерапевдик коом) түзүлгөн, 1948-ж. болсо Цюрихтин жанында биринчи "К. Г. Юнгдун институту" түзүлгөн, азыркы мезгилде ушул сыяктуу бир нече институт иштеп турат.

Юнг өзүнүн окуусун далилдөө максатында ар түрдүү мистикалык жана оккульттук окууларга кайрылган, чыгыштагы диний-философиялык концепцияларга чоң маани берген, акыркы эки он жылдыкта аны гностицизм жана алхимия өзгөчө кызыктырган. Ошондуктан анын идеялары бир гана психологдордун арасында эмес, башка илимдердин өкүлдөрүнүн арасында да кеңири жайылгандыгы таң калыштуу эмес. Анын үстүнө алар илимден алыс адамдарга да белгилүү болгон жана Юнг аларда "гуру" деген репутацияга ээ болгон.

Фрейд сыяктуу эле Юнг дагы өзүнүн окуусун орулууларды дарылап жатканда алган эмпирикалык тажрыйбанын негизинде иштеп чыккан, андан соң культурологиялык жана философиялык жалпылоолордун деңгээлине көтөрүлгөн.

Негизги эмгектери. "Ассоциативдик психологиянын очерктери" (1906), "Dementia Praecox психологиясы" (1907), "Метаморфоздор жана либидонун символдору" (1912), "Психологиялык түрлөр" (1921), "Мен жана аң-сезимсиздин ортосундагы мамиле" (1928), "Биздин күндөрдөгү жан көйгөйү" (1931), "Психология жана алхимия" (1944), "Рухтун

символикасы” (1948), “Иовго жооп” (1952), ““Алтын Гүл сырына” комментарий” (1929), “Бардо Тходолго” психологиялык комментарий” (1935).

Философиялык көз караштары*.Фрейдди сындоо.* Жалпысынан Фрейддин идея жана жетишкендиктерин жогору баалап, Юнг бардык маданият жана аң-сезим кубулуштарынын физиологиялык факторлорго, өзгөчө сексуалдык факторлорго тиешелүү кылынышы менен кескин түрдө макул болбогон. Фрейд адамдар жашоосунда сексуалдуулуктун ролун ашыкча баалаган деп болжолдоп, Юнг сексуалдуу комплекстерди маанилүү, бирок бирден-бир жалгыз эмес деп эсептеп, “сексуалдуулукту ордуна коюш керек”: алардын маанисин азайтпоо да, чоңойтпоо да керек” деп айткан.

Коллективдүү аң-сезимсиз жөнүндөгү окуу. Юнгдун философиялык жана культурологиялык идеяларынын базасы деп анын терең психология жаатындагы изилдөөлөрүн, өзгөчө ал иштеп чыккан коллективдик аң-сезимсиз (“Бирдей Дух”, “Бирдей аң-сезим”) жөнүндөгү окуусун эсептейбиз.

Адам психикасы Юнг тарабынан анда ар түрдүү комплекстерге толо индивидуалдык адамдык “мен” (“эго”) - *аң-сезим* жана **архетиптердин** системасын түзгөн *коллективдик аң-сезимсиз* өз ара аракеттешишкен кандайдыр бир энергетикалык система катары түшүнүлөт. Бул система бардык адамдар үчүн жалпы болот, бул бардык адамдарда бар болгон жана ата-бабалардан мурас кылып алынган инсандан тышкары психикалык субстрат. Индивидуалдык аң-сезимдин калыптанышы бул жеке “Мендин” коллективдик аң-сезимсизден обочолонуу процесси, т.а. тектик адамдык негизден (166-чийме).

Архетиптер жөнүндөгү окуу. Адамдын негизин түзгөн архетиптер – алар “инстинктердин автопортреттери”, алар бардык адамга таандык болгон инстинктивдүү жүрүм-турумдун схемаларын аныкташат. Архетиптер конкреттүү маданий образында жана конкреттүү адамдардын ички тажрыйбасынын образдарында ишке ашышат жана пайда болушат. Адамзаттын өнүгүшүнүн алгачкы баскычтарында алар сезим сыяктуу түрдө көрүнүшөт; анын спонтандуу көрүнүштөрү менен заманбап адам да, мисалы түшүндө көрө алат.

166-чийме

Индивидуалдык аң-сезим жана коллективдик аң-сезимсиз

Бирок Юнгда архетиптердин жаратылышы анча деле түшүнүктүү болгон эмес. Бир жагынан, бул архетиптердин системасы адамзаттын өнүгүшүнүн кайсы болбосун баскычында ага таандык болгон кандайдыр бир өзүнчө психикалык субстанция. Башка жагынан, ал – “жаратылышты архаикалык таануунун” натыйжасы, т.а. биздин ата-бабаларыбыз тарабынан жыйналып, символикалык формада, биринчи кезекте мифтер

жана диний окуяларда (Юнгдун ушул окууларга болгон кызыгуусу да ушундан келип чыгат) чагылдырылган ички жана сырткы жашоонун социалдык тажрыйбасы. Маанилүү архетиптердин катарына ал “Улуу Эне” жана “Улуу Ата”, “Персона” жана “Көлөкө”, “Өздүк” жана ушул сыяктууларды кошот.

“Улуу Эне” (Анима) эмоционалдык башталма менен байланышкан аялдыктын архетиби, “Улуу Ата” (Анимус) рационалдуу башталма менен байланышта болгон эрдиктин (мужественность) архетиби. Ушул эки архетип аялда да, эркекте да алардын жүрүм-турумуна таасир этип, ар түрдүү даражада көрүнө алат (99-100-таблица).

99-таблица

Анима жана эркектер

Аниманын үстөмдүк кылышы	жүрүм-турумду аялдыкына окшотуп (чечкинсиз, логикасыз, кежир) коет.
Гармониялуу өрчүгөн Анима	психиканын терең катмарлары менен ийгиликтүү өз ара аракеттешүүгө жол ачат.

100-таблица

Анимус жана аялдар

Анимустун үстөмдүк кылышы	алардын жүрүм-турумун эркектикине окшотуп (агрессивдүү, өзүнө-өзү ишенген) коёт
Гармониялуу өрчүгөн Анимус	акыл-эс менен, максатка багыттанып аракеттенүүгө жол ачат

Персона – бул биз өзүбүздүн жашообузда ойногон социалдык ролдорубуздун жана ар түрдүү жагдайларда биз кийген бет каптардын жыйындысы, бирок ушул бет каптардын жыйындысы да адамдын чыныгы “мени” эмес. Көлөкө – бул “биздеги төмөн адам”, т.а. биздин комплекстерибиз (ошондой эле сексуалдык), коркууларыбыз, инфантилдик каалоолорубуз жана агрессивдик кызыгууларыбыздын жыйындысы. Адам көбүнчө бул жагымсыз сапаттарды (бардык маданияттарда айыпталган) өзүнө тан алгысы келбейт, ошондуктан аларды башка адамдарга таңуулашат. Көлөкөнү алып таштоо мүмкүн эмес, аны менен болгон жолугушууга чыдоо өтө кыйын. Бирок көлөкө менен байланышта болгон невроздор жана кайгыруулардан кутулуунун жалгыз жолу – аны берилген нерсе катары кабыл алууну үйрөнүү, бирге жашоого көнүү. Ушул жол аркылуу гана адамдын өзүнүн терс сапаттарын башкаларга таңуулосун токтотууга болот.

Юнг боюнча, архетиптердин эң маанилүүсү – **Өздүк**. Бул Кудайдын психологиялык образы, жалпы инсандын борбору, кайсы болбосун индивидуалдуулуктун жалпы негизи. Көпчүлүк чыгыш диний-философиялык окуулардын адепттери өзүнүн жеке инсандыгынан, өзүнүн жеке “менинен” медитация жана йогалык практика процессинде алаксып, Өздүктү түшүнүүгө жана түздөн-түз кабыл алууга умтулушат. Өздүккө жетүү самадха абалында ишке ашат. Өздүктүн, б.а. тектик адамдык “Мендин”, индивидуалдык “менге” (индивиддешүү) интеграциялашуу процесси невроздордон айыгууга, ички карама-каршылык жана көйгөйлөрдү чечүүгө жол ачат, адамга ички бүтүндүккө ээ болууга жардам берет. Бул жол дээрлик чексиз, ошондуктан анын символу квадраттын ичине сызылган айлана боло алат.

Архетиптердин трансформациясы. Архетиптер чоң, жаксыз, ошону менен бирге эмоционалдуу кубатталган энергияга ээ; аны сезгенде адамдар архетиптерге коркуу жана сестенүү менен карашат. Анын бузулушу чоң кыйроолорго алып келиши мүмкүн, ошондуктан аны контролдоо жана керектүү нукка багыттоо абдан маанилүү. Мурун архетиптердин энергиясы көбүнчө адамдарга архетиптерди ачышкан жана ошол эле учурда адамдардан алардын чыныгы негизин бекитишкен диний ыйык символдорго трансформацияланат. Архетиптердин зор күчү алдында коркуу адамдарды адамзаттын

жалпы тарыхынын жүрүшү бою батыш цивилизациясына мүнөздүү болгон рационалдуу ойлонууну өнүктүрүүгө мажбур кылган.

Архетиптердин трансформациясы өзүнчө жеке адамдардын да, жалпы коомдун да жашоосунда негизги ролду ойнойт. Мурун ал сонун, гармониялуу, символикалык (буддистик, христиандык) космостун картиналарынын жаралышына алып келген, ал жерде адам өзүнүн белгилүү ордуна ээ болгон, ошондуктан да жакшы жашоого ээ боло алган. Протестантизм менен башталган диний ишенүүлөрдүн рационалдык талдоосу (“ыйык дубалдардын чабуулу”) коллективдик аң-сезимсиздин кокустан боло турган бузулууларына карата алсыз болгон кудайсыз материалисттик цивилизациянын (“символикалык жакырдыгы” менен) пайда болушуна алып келген. Бул болсо социалдык деңгээлде уруштарга, төңкөрүштөргө, бунттарга менен эзүүнүн башка түрлөрүнө алып келет, ошондой эле тоталитардык идеялогиялардын пайда болушуна, индивидуалдык деңгээлде болсо – психикалык мүчүлүштүктөргө шарт түзөт.

Бирок Юнг рационалдуулуктан баш тартууга жана ойлонбостон эле чыгыш окуу ларын жана практикаларын көчүрмөлөөгө чакырбайт. Эгер батыш маданиятында “Бир бүтүн рухтун” (коллективдик аң-сезимсиздин) дүйнөсү жетишерлик бааланбаса, чыгыш маданиятында – “аң-сезимдүү дүйнө” бааланбайт. Ошондуктан бул маданияттын ар бири бир беткей, ушул эки көз караштын да гармониялуу биригишине умтулуу керек.

“Синхрондуулук” концепциясы. Юнгдун дагы бир кызыктуу концепциясы – бул синхрондуулук жөнүндө окуу (167-чийме). “Синхрондуулук” түшүнүгү Юнг тарабынан көрөгөчтүк (индивид тарабынан түздөн-түз кабыл ала албай турган кубулуштарды, мисалы, алыс аралыктагы окуяларды “көрүү” жана башынан өткөрүү) феноменин түшүндүрүү үчүн киргизилген.

Юнгга ылайык, адамдын психикасы менен реалдуулук ортосунда өзгөчө байланыш – себептик эмес (каузалдык), окуяларга бир эле учурда (синхрондуу түрдө) чыныгы (физикалык) дүйнөдө да, адамдардын психикасында да көрүнүүгө жол ачкан маанилүү байланыш бар. Юнг бул нерсе көрөгөчтөрдүн коллективдик аң-сезимсизге кайрылуусу аркылуу ишке ашат, анын болсо өз учурунда физикалык реалдуулуктун маанисине түздөн-түз кирүүгө мүмкүндүгү бар.

Коллективдүү аң-сезимсиз үчүн мейкиндик жана убакыт салыштырмалуу, ал эми архетиптер болсо Дүйнөлүк рухтун бир формалары катары түбөлүктүү,б.а. убакыттан сырткары болуп эсептелет. Бул идеялар Юнг тарабынан бир гана көрөгөчтүктү эмес, башка ар түрдүү парапсихологиялык кубулуштарды, ошондой эле байыркы магияны түшүндүрүү үчүн колдонулган.

167-чийме

Синхрондуулук жаратылышы

Окуунун тагдыры. Юнгдун окуусу идеалисттик философиялык антропологиянын жана заманбап мистицизмдин бир нече агымдарынын өнүгүшүндө маанилүү ролду ойногон. Анын “коллективдик аң-сезимсиз” концепциясы бир гана психологдорго жана философторго эле эмес, культурологдорго, тарыхчыларга, этнографтарга, аймак таануучуларга, ошондой эле Батыштын көркөс сөз интелленгенциясына чоң таасирин тийгизген (168-чийме).

Синхрондуулук жөнүндөгү окуу көп жагынан XX-к. жаралган астрологиянын базасы болгон, себеби адамдардын жашоосу жана тагдыры менен эч кандай себеп-натыйжалык байланышка ээ болбогон жылдыз жана планеталардын асмандагы

жайгашуусу адамзат тагдырын айтууда колдонууга боло тургандыгын логикалык жактан түшүндүрүүгө жол ачкан.

168-чийме

Юнг: булагы жана таасири



19.6. Неотомизм (Neo-Thomism)

Неотамизм – Фома Аквинскийдин философиясында негизделген заманбап философиялык агым (101-табл.). 1879-ж. Лев XIII папанын энцикликасы жарыкка чыккан, мында томизм Ватикандын расмий философиялык доктринасы катары жарыяланган. Бир катар католик институттары (Ватикандагы ыйык Фоманын Академиясы, Париждеги Католикалык институту, АКШ дагы Нотр-Дам университети ж.б.) томизмди өнүктүрүү жана пропагандалоо боюнча борборлорго айланышты. Мында томизмди өзгөрбөгөн түрдө (памотамизм) сактоо аракеттери менен бирге неотомизмдин пайда болушуна алып келген,томизмдин жаңылануусу жана реконструкциясы жүргөн.

101-таблица

Неотомизимдин ири өкүлдөрү

Философтор	*Жашоо жылдары*	*Өлкө*
Этьен Жильсон	1884-1978	Франция
Жак Маритен	1882-1973	Франция
Эмерих Корет	1919-ж. туулган	Австрия
Карл Ранер	1904-1984	Германия
Кароль Войтыла (папа Иоанн Павел II)	1920-ж туулган римдик папа – 1978-жылдан	Польша

Неотомизим XIX-XX-кк. философиясынын көп идеяларын сиңирип алган. Заманбап философиялык идеяларды ассимиляциялоо процесси жигердүү түрдө католицизмди жаңыртууга багыт алган II Ватикандык собордон (1962-1965) кийин жүрө баштаган.

Азыркы мезгилде неотомизм католицизмдеги маанилүү жана абройлуу философиялык агым болуп эсептелет.

Философиялык көз караштары.*Онтологиясы.* Неотомизмде (томизмдегидей эле) христианчылык үчүн пайдубалдык болгон дүйнө Кудай тарабынан жок нерседен жаратылгандыгы жөнүндөгү тезис сакталып калган. Фома Аквинскийдей эле Жильсон да, Маритен да Кудайда гана маңыз менен жашоонун же бар болуунун (экзистенция) ортосунда дал келүүлөр орун алган деп белгилешкен. Жаратылган дүйнөдөгү бардык объекттер үчүн алар негиздери кудайдын акылында жайгашып, бар болуудан мурда келишет. Дүйнөнү жаратып жатып, дүйнөгө жеке экзистенциалдык жетишкендикти тартуулап, Кудай аларга жашоону берет. Жаратылган дүйнөнүн ар бир объекти форма (негизи) жана материянын бирикмесин көрсөтөт. Материя бул учурда Кудай тарабынан жаратылган формага ээ болгондо гана чыныгы боло турган пассивдүү башталма, чыныгы мүмкүнчүлүк катары түшүндүрүлөт.

Жаратылган дүйнө ирархиялык тартипке ээ (169-чийме).

169-чийме

Жаратылган дүйнөнүн ирархиялык түзүлүшү

эсептелет. Бирок жаратылган дүйнө - Кудайдын жаратуусу болгондуктан, бул дүйнөнү изилдөө адамга Жаратуучунун өзү жөнүндө да бир нерселерди билип алууга жол ачат.

Неотомизимдин таануу теориясында онтологиялык жана логикалык чындык байкалат. **Онтологиялык чындык** жаратуучунун ою жаратылган объекттин маңызына ылайык түзүлөт. **Логикалык чындык** адамды таануу жөндөмдүүлүктөрү менен байланышкан,ошондуктан дайыма чектелген жана субъективдүү. Кандай гана болбосун бар объект ар түрдүү жактан карала алат. Ушинтип, мисалы итти изилдеп жатып, физик - анын физикалык өлчөмдөрүн, химик - анын организминде болуп жаткан химиялык процесстерди, биолог - биологиялык процесстерди, писихология - анын жүрүм-турумун изилдеши керек. Жыйынтыгында, ар түрдүү табигый илимдердин көз караштарын бириктирип, биз белгилүү объект жөнүндө азыраак же көбүрөөк так илимий натыйжага ээ болобуз. Бирок илимий таануу жалгыз өзү эле эмес, андан сырткары күндөлүк, диний философиялык жана диний дагы бар, ошондуктан бир гана ушул бардык көз караштарды бириктирип, ар кандай объекттер жөнүндө толук кандуу билимге ээ боло алабыз. Мындан

неотомисттердин пайдубалдык жыйынтыгы келип чыгат: *илим* бир жагынан жана *философия менен дин илими* башка жагынан бир бирин толуктап турушу керек. Ачылыш адамдарга Кудайдан – дүйнөнүн Жаратуусунан алгандыктан, дүйнөнүн илимий изилденишинин натыйжаларынын жана Ачылышынын ортосунда олуттуу карама-каршылыктардын болушу мүмкүн эмес. Ушинтип Фома Аквинскийдин илим жана ишенимдин гармониясы жөнүндөгү окуу негизделет.

Адамдын таануу процессинин өзү изилденип жаткан объекттердин "дематериализациясы", т.а. алардын "материядан" кутулушу жана чыныгы "формага" жетүүгө болгон жакындоо катары түшүндүрүлөт. Сезимдик таануу ар түрдүү сезимдик образдарды пайда кылат, интеллект болсо аларды кайра иштеп чыгат жана "формаларды" түшүнүүгө максималдуу түрдө жакындоого жол ачкан түшүнүктөрдү жаратат. Мында кээ бир неотомисттер (Жильсон, Маритен) адамда тануунун априордук формалары бар экенин четке кагышкан, башкалары (Корет, банер) Канттын философиясына, феноменологияга, философиялык герменевтикага кайрылып, "формаларды" таанышкан.

Адам жөнүндөгү окуу. Адам жан жана дененин бирикмеси катары түшүнүлөт, анда жан жаңы форма түзүү принцибинин ролун аткарат, демек инсандын негизи болуп эсептелет. Ар бир конкреттүү адамдын индивидуалдуулугу дене - материалдык башталма менен байланышкан. Ар бир жанга "табигый мыйзам" таандык, ага ылайык жакшылык кылып, жамандыктан качуу керек. Бул, жанга таандык болгон интенция - Кудайга умтулуу менен байланышкан. Бул интенция болсо адамдын чыгармачылык жана маданият жаратуучу ишмердигинин негизи болуп эсептелет.

Коом жөнүндөгү окуу. Неотомизмде христианчылыкта салттуу болгон (Августинден бери келе жаткан) адамдык коомду жана мамлекетти "жердеги шаар" катары түшүнүү сакталып калынат. Бул "шаар" өзүнчө адамдардан турат, бирок ошол эле учурда ар түрдүү мезгил жана учурларда ар башкача түшүндүрүлө турган, өзүнүн максат жана принциптери менен инсандан тышкары түзүлүш. Азыркы мезгилде ушул принциптерди ишке ашыруу менчиктин ар түрдүү формаларына жол коюудан, "класстык дүйнөнүн" идеясында, б.а. коомдун ар түрдүү катмарларын жараштыруудан, демократикалык эрикиндиктерди кеңейтүүдөн түзүлөт. Неотомизимдин негизги тезиси жалпы адамзаттык маданий баалуулуктардын приматтарынын бекитилишинен турат. Католиктик чиркөөнүн (жердеги "асмандык шаардын" аналогу) негизги милдети - адамдардын жашоосуна жогорку руханий баалуулуктарды киргизүү.

170-чийме

Неотомизим жана анын булактары



20-БӨЛҮМ

ЖАШОО ФИЛОСОФИЯСЫНАН – ГЕРМЕНЕВТИКАГА

20.1. Жашоо философиясы (Philosophy of Life)

Жашоо философиясы - XIX-XX-кк. Европа философиясынын негизги агымдарынын бири. Анда “материядан да”, “духтан да” айырмаланган, мында “жашоо” түшүнүгү интуитивдүү түрдө жетилүүчү жалпы реалдуулуктун башаты катары борбордук орунду ээлейт.

Жашоо философиясынын бир нече негизги идеялары немец философу А.Шопенгауэрдин (1788-1860) эмгектеринен орун алган. Анын окуусуна ылайык, болмуштун негизинде иррационалдык, сокур жана башка перседе эч кандай негизге ээ болбогон күч - “жашоого болгон эрк” жатат, жашоо болсо аны объекттештирүүнүн чексиз көптүгү. Ага философия генийинин интуициясы гана жете алат, бирок көркөм гений деле аны түшүнүүгө жакындаша алат. Бул идеялар жашоо философиясынын ири өкүлү - Ф.Ницшенин (1844-1900) чыгармачылыгында өнүккөн. Бул агымдын дагы бир баскычы француз философу А.Бергсондун (1859-1941) аты менен байланышкан, анда жашоо космикалык күч, “жашоого умтулуу” катары түшүндүрүлөт жана анын маани өзүн өзү тынымсыз кайра чагылдырууда жана формаларды жаратууда.

Жашоо философиясынын *тарыхый варианты* немец философтору **В.Дильтейдин** (1833-1911), Г.Зиммелдин (1858-1918), **О.Шпенглердин** (1880-1936), испан философу Х.Ортега-и-Гассеттин эмгектеринде өнүктүрүлгөн. Аларда изилдөөнүн негизги объекти болуп адамдын маданияты, баштапкы иррационалдуу күчтүн көрүнүшү катары түшүндүрүлгөн анын ар түрдүү формаларынын келип чыгышы жана негизи эсептелет.

Жашоо философиясынын алкагында калып, бул философтордун ар бири жашоо жана маданият жөнүндөгү өзүнүн түшүнүгүн сунуштаган (102-таблица).

102-таблица

Жашоо жана анын түшүнүгү

Философтор	*Жашоонун түшүнүгү*
А. Шопенгауэр (1788-1860)	Жашоо – сокур, иррационалдык жана башка перседе эч кандай негиз ээ болбогон, болмуштун алгачкы негизинин – «жашоого болгон эрктин» көптөгөн объекттешүүсү.
Ф.Ницше (1844-1900)	Жашоо болмуштун баш-аламан калыптанышынын көрүнүшү: бардык жандуулар атаандаштары менен жашоо үчүн күрөштө өзүн-өзү бекемдөөгө умтулуу аркылуу көрүнгөн «бийликке болгон эркке» ээ; ал жеңип алынган мейкиндикке баалуулуктун ар түрдүү баскычтарын тартуулоо менен иерархиялык түрдө уюштурат; өнүгүүнүн жогорку баскычында – адамда – ал өзүнө-өзү кайрылат жана ошондо анын кулоо процесси башталат.
А.Бергсон (1859-1941)	Жашоо – бул космикалык күч, «жашоо умтулуусу», анын маани – өзүн-өзү үзгүлтүксүз кайра иштетүү жана ар түрдүү жаңы формаларды жаратууда.
В. Дильтей (1833-1911)	Жашоо – бул тарыхый-маданий реалдуулукта болгон адамдын болмушунун ыкмасы: маданияттын бардык кубулуштары тарыхта жүрүп жаткан (действуүий) «объективдүү рухтун» көрүнүшү; аларда интуитивдүү түрдө, бирок акырына чейин жетишбей турган адамдын маани ачылат: дайыма жакындап барууга мумкүн, бирок толук кандуу таануу болбой турган жашоонун «акыркы

	сыры» кала берет.
Г.Зиммель (1858-1918)	Жашоо – бул рационалдуу усулдар жана каражаттар менен туура түшүнүлбөй турган чыгармачыл калыптануу процесси: ага ички сезимдер аркылуу гана жетүүгө болот. Дал ушул жашоонун уникалдуу ички сезимдери маданияттын ар түрдүү формаларында объекттештирүүгө ээ болушат.
О. Шпенглер (1880-1936)	Жашоо – бул сокур баш-аламан күчтүн көрүнүшү. Анын «чулп этүүлөрү» жана «бузулуулары» маданиятты жаратат, алардын ар бири өнүгүүнүн ар түрдүү баскычын өтө турган жандуу жана бүтүн организм. Жалпы адамзаттык маданият жок, айрым, өз алдынча маданияттар эле бар.

Шопенгауэр (Schopenhauer)

Өмүр таржымалы. Артур Шопенгауэр (1788-1860)- немец философу, ишкердин үй-бүлөсүндө туулган. Атасынын өлүмүнөн кийин атасынын айтуусу боюнча алектенген ишкердиктен баш тартып, Геттинген университетине окууга тапшырат; ал жерден ал табигый илимди жана философияны окуган, өзгөчө ага Платон жана Кант таасир калтырган. 1811-ж. ал Берлинге көчүп келип, ал жерде уккан Вольфтун лекциялары Шопенгауэрдин жүрөгүнөн орун тапкан эмес. 1813-ж. Йен университетинде анын келечектеги окуусунун методологиялык негиздери сүрөттөлгөн "Жетишерлик негиздөөнүн төрт кырдуу тамыры" деген докторлук диссертатциясын жактаган. 1818-ж. анын "Дүйнө эрк жана элес катары " деген негизги эмгегинин биринчи бөлүгү жарыкка чыгат, анда (европа философиясында биринчи болуп) индиялык философиянын, өзгөчө упанишад жана буддизимдин таасири анык байкалат. Китеп ийгиликке жеткен эмес жана анын тиражынын көп бөлүгү макулатурага кеткен.

1820-1831-жж. ал Берлин университетинде доцент милдетинде сабак берген. Ал жерде ал Гегель менен атандаш болуп, өзүнүн лекцияларын Гегелдин лкециялары болуп жаткан саттарга койгон. Бирок бул күрөштө жеңилип калган, себеби студенттер анын лекцияларына келбей коюшкан. Шопенгаугэрдин башка университеттерде лекция окуйм деген пландары да ишке ашпай калган.

1831-ж. ал Берлинге кеткен (холера эпидемиясынан качып) жана жеке жашоосун алып барган, андан кийин Франфурт-на-Майнеде отурукташкан. Өмүрүнүн акырында гана анын "Parerga und Paralipomena"деген китеби жарык көргөндөн кийин, ал жаштыгында кыялданган дүйнөлүк атак жана белгилүүлүккө жетишкен.

Негизги эмгектери. "Жетишерлик негиздөөнүн төрт кырдуу тамыры" (1813), "Дүйнө эрк жана элес катары: 2 томдук" (1. том-1818, 2том-1849), "Көрүү жана түс жөнүндө"(1816), "Жаратылыштагы эрк жөнүндө "(1836), "Адамдык эрктин эркиндиги жөнүндө"(1839), "Моралдын негизделиши жөнүндө"(1840), "Parerga und Parali pomena"("Парер жана паралипомена", б.а эскертүүлөр жана толуктоолор) (1851).

Философиялык көз караштары. Шопенгауэр - субъективдүү идеалист, өзүнүн окуусунда немец классикалык философиясынын, платонизимдин жана индия философиясынын бир катар идеяларына таянган. Өзүнүн негизги идеялык атаандашы деп Гегелди эсептеген, анын идеяларын көп (өзгөчө гегелдик системанын диалектика жана телеологизм жөнүндөгү окуусун) сындалган.

Дүйнө элес катары. Денелүү, сезим менен кабыл алынуучу дүйнө Шопенгауэр тарабынан объективдүү түрдө бар болгон эмес, аң-сезимде субъекттин көрүнүшү жана элестетилиши катары түшүндүрүлөт. Ошол элестетүүлөр артында тургандарды Шопенгауэр (Канттын изинен барып) таанып билүүгө болбой турган "өзү менен өзү нерсе"катары түшүндүрөт, ошондуктан дүйнө аны көргөн көз, уккан кулак пайда болгондон кийин анан дүйнө боло алат. "Биринчи ачылган көздөн, ал курт-кумурскага таандык болсо да, андан жалпы дүйнөнүн болмушу көз каранды. Бирок мында "өзү менен

өзү нерсенин”бардыгы жөнүндө факт - бизден сырткары жана бизден көз карандысыз - шексиз анык болуп эсептелет.

“Жашоого болгон эрк”жөнүндөгү окуу. “Өзү менен өзү нерсенин” негизи Шопенгауэрде сокур жана башка эч нерседе негизге ээ болбогон, өзүнүн ишке ашуусун чексиз формаларда же Шопенгауэр айткандай “объектешүүдөн”алган “жашоого болгон эрк” болуп калат.

Жашоого болгон эрк сокур жана максатсыз, эч кандай негиз жана чекке ээ эмес. Бул нерсе анын ар түрдүү объектешүүсү ортосундагы дайымкы күрөштүн булагы болот, объектешүүлөр башкалардын үстүнөн абсолюттук үстөмдүккө умтулушат жана бул нерсе “баары баарына каршы” деген түрдө уюшулган: алардын өзүнүн ирархиясы (Платондун идеяларынын иерархиясына окшош) бар. Төмөндө жаратылыштын “жашоо күчтөрү” турат, иерархиянын жогорку баскычында - таанууга жөндөмдүү болгон адам - акыл-эстүү жандык ээлейт. Тилекке каршы, көпчүлүк адамдар ошол жаатта чектелген жөндөмдүүлүккө ээ болушат жана философиялык гений гана интуитивдүү түрдө жашоонун маанисине жете алат.

Жашоо жөнүндөгү окуу. Ар бир адамдын жашоосу - **трагедия.** Адам баштапкы эрктин көрүнүшү болгон умтулуулар жана каалоолордун таасири астында калган. Анын үстүнө бул көрүнүштөр эрктин жогорку объектешүүсү катары адамда абдан күчтүү болушат. Бирок бул учурда адамдын жашоосу маанисиз жана максатсыз: кубануу деп аталган нерсе бул кайгылардын убактылуу жок болушу. Бирок бул “кубануу”доорунан кийин сөзсүз жаңы кайгы келет. Эгер ал келбесе адамда зеригүү пайда болот.

Адам үчүн үстүнөн бийлик кылып турган сокур “жашоого болгон эрк”менен күрөшүүнүн жалгыз жолу өзүнүн каалоолорунан баш тартып, өзүнүн жашоого болгон эркин азайтып, ошону менен азап чегүүлөрдүнт булагынан кутулса болот. Бирок бул учурда Шопенгауэр азап чегүүдөн кутулуунун жолу болгон өзүмчүлдүктөн жана өзү жөнүндөгү өзү кам көрүүдөн кутулуп, башкалардын кайгысына ортоктош болуп, алар жөнүндө кам көрө баштаганда,б.а. альтруист болгондо, моралдуу мааниге ээ болот. Мында Шопенгауэр буддизмге да жакындап кетет.

Окуунун тагдыры. Шопенгауэр көркөм маданияттын көптөгөн өкүлдөрүнө, өзүнөн кийинки философторго: жашоо философиясына, экзистенциолизмге, феноменологияга, интуитизмге ж.б. чоң таасирин тийгизген (171-чийме).

171-чийме

Шопенгауэр: булагы жана таасири



Ницше (Nietzsche)

Өмүр таржымалы. Фридрих Ницше (1844-1900) – немец филологу, жазуучу жана философу. Пастордун үй-бүлөсүндө туулган, гимназияны аяктагандан кийин Бонн жана Лейпциг университеттеринде окуган, ал жерде классикалык филологияны үйрөнгөн. Лейпцигде ага чоң таасир тийгизген Шопенгауэрдин «Жашоо эрк жана элес катары» деген чыгармасы менен таанышкан жана ошол эле жерде Р. Вагнер менен доштошкон, анын музыкасын адамзатты жаңылоонун куралы деп эсептеген. 1869-1879-жж. Ницше Базель университетинде классикалык философиясынын профессорунун ордун ээлеп турган.

Ницшени бала чактан бери өзүн-өзү жоготуу, кусуу, убактылуу сокурдукка алып келген коркунучтуу баш оорулар кыйнаган. 1879-ж. оорунун айынан ал сабак берүүнү токтотууга мажбур болгон; туура келген климатты издеп Швейцария, Италия, Франция боюнча саякат кылган жана ал жерлерде өзүнүн мыкты китептерин жазган. 1889-ж. баштап анын чыгармачылык ишмердиги аяктаган: рухий оорулар аны жиндилер үйүнө алып келет, бул жерде Ницше соңку күндөрүн өткөргөн.

Жалпы жонунан Ницшенин философиясы **субъективдүү идеализмге** киргизсе да болот, бирок ал иррационализм катары мүнөздөгөн.

Негизги эмгектери. «Музыканын рухунан трагедиянын жаралышы» (1872), «Өз убагында эмес ой жүгүртүүлөр» (1873), «Адамдык, өтө адамдык» (1878-1880), «Таң жарыгы» (1881), «Кубанычтуу илим» (1882), «Заратуштра ушинтип айткан» (1883-1885), «Жакшылык жана жамандыктын аркы жагы» (1886), «Антихристианин» (1888), «Ессе Homo» автобиографиясы (1888), «Идолдордун күүгүмү» (1889); Ницшенин өлүмүнөн кийин анын «Бийликке болгон эрк» деген китеби жарыяланган (1901).

Философиялык көз караштары*.Өнүгүү мезгилдери.* Ницшенин чыгармачылыгында өнүгүүнүн үч негизги периодун бөлүшөт (103-таблица).

103-таблица

Өнүгүүнүн үч периоду

Жылдар	*Мүнөздөмө*
1872-1873	Шопенгауэр жана Вагнердин жолун улаган
1874-1880	Вагнер жана Шопенгауэрдин ортосундагы болгон олуттуу келишпестиктер; табигый илимдерге болгон кызыгуу жана позитивизм менен болгон жакындашуу
1881-1889	Вагнер менен болгон достугунун бүтүндөй бүтүшү; бийликке болгон эрк окуусунун иштеп чыгарылышы

Философиялык талкуу усул катары. Ницше өзүн профессионалдуу философ деп эсептеген эмес жана өзүнүн окуусун «адистердин философиясына» түздөн-түз карама-каршы койгон. Алардан айырмаланып, ал философиялык системанын түзүүгө, изилдөөнүн жана окутуунун белгилүү усулун иштеп чыгууга умтулган эмес. Ал өзүнүн көз-караштарын «тараткан», алардын карама-каршы эместиги, өз ара байланышы жана негизи жөнүндө ойлонбогон, ошондуктан Ницшенин негизги эмгектери афоризмдердин жыйнагы катары түзүлгөн, ал атайын көп маанилүү жана эки маанидеги терминдерди колдонгон, алардын ар түрдүү маанилери менен «ойноп», «көбүнчө»жана атайын адамды шок кылып, аны жолдон адаштырат. Ницшенин максаты – жашоо жана анын мааниси жөнүндөгү өзүнүн түшүнүгүн жана сезимдерин чагылдыруу. Ницше боюнча, бардык кубулуштун баалоо ар түрдүү көз-караштардан, ар түрдүү «перспективдүү борборлордон» же «күчтөрдүн борборлорунан» жаралып чыгарылат жана ошондуктан эч кандай абсолюттук чындык жана жалгыз туура көз-караш жок. Ал өзүнүн жашоого болгон мамилесин билдирет, аны окурмандын ою кызыктырбайт - бул нерсе ар бир адамдын жеке иши.

Жашоо жөнүндөгү окуу. Ницшенин философиялык идеяларынын калыптанышына Шопенгауэрдин «Дүйнө эрк жана элес катары» деген эмгеги чоң таасир эткен. Жашоону болмуштун алгачкы негизи болгон баш-аламан иррационалдык күч – «жашоого болгон эрк» катары түшүнүү Ницшенин окуусунда негизги орунду ээлейт.

Ал пайдаланган негизги түшүнүктөр – «дүйнө», «жашоо», «нерсе», «пайда болуу», «адам». Бардык ушул түшүнүктөр анда көп маанилүү болгон жана колдонуунун конкреттүү контекстинде белгилүү мааниге ээ. Бирок жалпы жонунан алар төмөндөгүчө мүнөздөлөт. Дүйнө – бул үзгүлтүксүз калыптануу, ошондуктан «болмуштун пайда калыптанышы» деген салттуу философиялык түшүнүктүн ордуна Ницшени «калыптануунун болмушу» дегенди коёт. Болмуштун маанисиздиги анын негизи бул бир бир нече жолу жашагандын «түбөлүктүү кайтуусу», кайталануусу жана жаңылануусу экендигин түшүнгөнүбүздөн кийин байкалат. **Калыптануу** - таза жана үзгүлтүксүз кыймыл, биз нерсе деп кабыл алганыбыз пайда болуу хаосундагы туруктуулук учуру. Дүйнөнүн негизинде пайда болуунун кыймылдаткыч күчү болгон **эрк** (жашоого болгон эрк) жатат, ошондуктан эрк - болмуштун анын динамикалуулугундагы негизи. Бирок ошол эле учурда эрк сезим жана ар т урдүү касиеттери менен күчтүү каалоо, ушул каалоодогу негизги нерсе - өздүк "Менди" кеңейтүүгө умтулуу, «бийликке болгон эрк». Жашоо - организм катары түшүнүлгөн дүйнө жана субъект кандай тааныса ошондой дүйнө.

Адам - эволюция процессинде пайда болгон биологиялык организим, ошондуктан адамда «алынган түрдө» анын эволюциясынын бардык баскычтары болот. Өнүгүү процессинде (демек жашоо үчүн болгон күрөштө да) организм курчап турган дүйнөгө болгон ыңгайлашуунун улам татаалдашкан формаларын иштеп чыгат. Эң алгач адам дене болуп эсептелет; бирок жогорку катмары интеллект болгон иерархиялык түзүлүш, бирок төмөнкү жашоо жөндөмдүүлүктөрүн жана инстиктерин сактоо үчүн керек болгондугунан интеллект маанилүү. Интеллект дүйнөнү таанууга жөндөмсүз жана ал аны тааныбайт, организимдин практикалык керектөөлөрү үчүн зарыл деңгээлде аны схемалаштырат. Өзүнүн метафоралуулугунун жана образдуулугунун эсебинен ойлонуу адамды чындык менен байланыштырат, бирок жашоо менен байланышы жок илимий түшүнүктөр бул нерсени аткара алышпайт.

Жашоо – белгилүү бир бүтүндүүлүк, ошондуктан Ницше салттуу философиялык «субъектке» жана «объектке» (тануучуга жана таанылуучуга) бөлүүнү четке кагып, Сократка чейинки философияга (анын болмуш жана ойлоого бөлүнбөгөндүгү менен) кайрылат жана аны бардык мурдагы философиялык ойлордон бир топ жогору коёт.

Этика. Ницшенин окуусунда Батыштын салттуу моралдык балуулуктарынын ашыкча бааланышы орун алган. Анын ою боюнча, христианчылык өзүнүн кайгыны бөлүшүү, ырайымдуу болуу жана кызмат кылууга болгон чакырыктары менен маанилүү жашоо инстинкттерин жоготуп, адамды бузат. «Христианчылык алсыз, төмөн, көрүнүксүз нерселер тарабында турат, өзүнүн идеалын жашоону сактоо инстинктерине каршылыгы боюнча түзгөн: христианчылык жогорку руханий баалуулуктарда күнөөкөрлүктүк, азгырылууну, адашууну сезүүгө үйрөтүү менен руху өтө күчтүү натуралардын да акыл-эсин өлтүргөн»[1]. Бирок Ницше «Биздин күндөрдө Кудай өлгөн!»- деп жарыялаган. Демек бул ураан жаңы доордун, баалуулуктун жаңы системасынын менен пайда болгондугун, жаңы адам - «сверхадам», «ак саргыл айлакер» жаралгандыгын билдирет. Жашоо үчүн укукка күчтүүлөр гана татыктуу; «Алсыз жана көрүмсүздөр жок боло берсин - биздин адамды сүйүүбүздүн биринчи насыяты. Алардын жок болуусуна жардам берүү да керек». Ницшенин сверхадамы «жакшылык жана жамандыктын үстүндө», өзү жараткандардан сырткары, бардык моралдык нормалардын сыртында турат.

Ницшенин сверхадамы - баш ийүүнү билдирген «кулдук моралдын» кишендерин үзгөн жана адамдын мыйзамдарына каршы чыккан күчтүү инсан, «үйүрдүн» чектеринен сырткары турган аксөөк[2]. Бирок бул ошондой эле рухтун аксөөгү, б.а. искусствону жакшы түшүнүп жана аны терең кабыл алууга жөндөмдүү болгон кеңири билимдүү адам.

Ницше өзүнүн концепциясынын алкактарында эрктин эркиндиги көйгөйүнүн өзгөчө чечимдерин сунуштаган. Бардык жасалган иштер шартуу болгондуктан, эрктин чыныгы эркиндиги жок, демек, чындап айтканда, эч бир адамдын кылган иштерине моралдык баалоо жүргүзүлө албайт. Адамдын жүрүм-турумунун ар түрдүү формалары бир эле бийликке болгон эркти ар түрдүү беткапта көрсөтөт, бирок ал ар адамда ар түрдүү көрүнөт (104-таблиц).

Маданият жана искусство жөнүндөгү окуу. Ницше өзүнүн биринчи эмгегинде эле байыркы грек маданиятын талдап, анда эки башталманы: «дионисийлик» жана «аполлондукту» бөлгөн. Дионисийлик-сезимдик күчтүү каалоо, чыгармачыл энергиянын жаңжалын, ден-соолук күчүн чагылдырган жашоо трагедиясына кубанычтуу түрдө «ооба» деп айта алуу жөндөмдүүлүгү менен байланышта болгон иррационалдык, караңгы башталма.

---

[1]Ницше Ф. Антихристианин / /Ницше Ф. Чыгармалар: 2 б.
[2]Ницшенин сверхадамы Байрондун романтикалык каармандарына жакын.

104-таблица

Бийлике болгон эрк жана анын көрүнүштөрү

Адамдын типтери	*Бийликке болгон эрктин көрүнүшү*
Алсыздар	Эркиндикке болгон эрк катары
Күчтүүлөр	Көбүрөөк (чоңураак) бийликке болгон эрк катары; эгер ага жете албай калса, адилеттүүлүккө болгон эрк катары
Эң күчтүүлөр	Чындыгында башканын эркин басууга болгон умтулууну бекитип турган адамзатка болгон сүйүү катары

172-чийме

Ницше: булагы жана таасири



Апаллондук башталма - ачык, айкын, рационалдык, аны менен болмуштун маанисин өлчөм жана гармония аркылуу чагылдыруу аракеттери байланышкан. Сократтан жана Платондон баштап дал апаллондук башталма философияда чагылдырылган, ошондуктан дал ошол жерден адамзаттын кулашы башталат. Заманбап маданият декаданс (кулоо) доорун көрүп жатат. Интеллекттин жаш өзгөчөлүгүнө жараша ролдору адамдын негизги

жашоо инстинкттеринин алсырашына алып келип, дүйнө менен болгон бир бүтүндүк сезимин жок кылган.

Окуунун тагдыры. Ницшенин окуусу жашоо философиясына, экзистенциализмге, постмодернизмге, ошол эле көркөм интеллигенцияга чоң таасирин тийгизген. Ницшенин кээ бир идеялары, өзгөчө «сверхадам» («ак саргыл айлакер») жөнүндөгү окуусу фашизимдин идеологиясында, бирок бир топ бурмалоолор менен колдонулган.

Бергсон (Bergson)

Өмүр таржымалы. Анри Бергсон (1859-1941) - француз жазуучу, писихолог жана философ (теги боюнча еврей). Парижде музыканттын жана композитордун үй-бүлөсүндө туулган. Кондорсе лицейин аяктаган, ал жерде математикага, философияга жана музыкага кызыгып, алектенген. Андан соң жогорку нормалдуу мектепти бүтүргөн; кийинчерээк бир нече лицейлерде жана жогорку окуу жайларында сабак берген. 1889-ж. Сорбоннада чоң ийгилик менен эки докторлук диссертацияларын жактаган. 1900-1914-жж. Коллеж де Франста профессор болгон, 1911-1915-жж. - АКШ, Ангилия, Испанияда лекция курстарын окуган.

1914-ж. француз Илимдер академиясынын мүчөсү жана Моралдык жана саясий илимдер академиясынын президенти болуп тандалган. 1927-ж. адабият боюнча Нобель сыйлыгынын лауреаты болгон.

Өзүнүн бүткүл жашоосунда Бергсон иудейлик динге ишенген, бирок жашосунун акырында католицизм иудаизмди толуктайт деген жыйынтыкка келген, бирок чокунган эмес. 1937-ж. жазылган өзүнүн мурас кагазында ал: «Ой жүгүртүүлөр мени иудаизмдин толук бүтүшү болгон католицизмге алып келди. Мен дүйнөнү баса турган антисемитизмдин коркунучтуу толкуну кантип бир нече жылдар бою даярдалып жатканын көрбөгөнүмдө католицизмди кабыл алмакмын. Мен эртен куугунтуктала тургандардын арасында калууну кааладым»- деп жазган. Париж фашисттер тарабынан басылып алгандан кийин бардык еврейлер каттоодон өтүшү керек болгон. Бергсонго нацисттер тарабынан «урмат көрсөтүлгөн» - аны каттоодон бошотушкан. Бирок ал бул «урматтан» баш тарткан. 1941-ж. 4-январында пневмониядан көз жумган, немец комендатурасында каттоо үчүн кезекте көп саат күтүп туруп, өпкөсүнө суук тийгизип алган.

Бергсондун философиясы, бир жагынан, жашоо философиясынын өнүгүшү катары бааланса, башка жагынан, ал заманбап философиядагы өзгөчө багыт - интуитивизмдин негиздөөчүсү болуп эсептелет.

Негизги эмгектери. «Материя жана эске тутуу» (1896), «Чыгармачыл эволюция» (1907), «Руханий энергия» (1919, кеп, доклад, элдин астындагы чыгуулардын жыйнагы), «Узак убактык жана бир убакта болгондук» (1922), «Мораль жана диндин эки булагы» (1932), «Ой жана кыймылдоочу» (1934, кеп, доклад жана чыгып сүйлөө жыйнагы).

Философиялык көз караштары.*Позитивдик метофизика.* Позитивисттердей эле Бергсон өзүнүн алдына конкреттүү тажрыйбага таянган «позитивдүү метафизиканы» түзүү маселесин койгон. Бирок ошону менен бирге ал жаңы метафизика философиянын жана анын проблематикасынын негизги белгилерин сакташы керек деп эсептеген. Махизмдегидей эле (классикалык позитивизмден айырмаланып) тажрыйбаны Бергсон адамдык кабыл алуу жана ички сезим катары түшүндүрөт. Ошондуктан Бергсондун философиясында негизги ролду психология ойнойт (аны жадакалса «психологиянынметафиги» деп да аташкан). «Позитивдүү метафизиканы» түзүү маселесин чечип жатып, ал «тажрыйбаны тазалоо» максатын койгон, ал үчүн «аң-сезимдин түздөн-түз маалыматтарына» кайтуу керек деп эсептеген.

Бергсон өзүнүн алгачкы эмгектеринде психологиянын жана философиянын маалыматтарына таянып, көп философиялык көйгөйлөр узак убактык менен созулгандыкты, динамикалык менен статистикалыкты, сан менен сапатты, детерминизм менен эркиндикти алмалаштыруунун натыйжасында пайда болушун көрсөтүүгө умтулган.

Убакыт жөнүндөгү окуу. Бергсондун философиясында маанилүү орунду ал

тарабынан алгачкы эмгектеринде эле иштеп чыгарылган убакыт концепциясы ээлеген. Бергсондун убакыт жөнүндөгү окуусу, бир жагынан, Канттын таасири астында, башка жагынан, – анын Кант менен болгон ички талаш-тартышынын натыйжасында түзүлгөн. Ньютон жана анын жолун жолдоочулар убакытты жаратылышта объективдүү түрдө бар катары карашкан. Кант жана Бергсон болсо **субъективдүү убакытка**, т.а. субъект тарабынан башынан өткөрүлгөнгө кайрылышат. Бирок, эгер Кантта убакыт аң-сезимдин (ички ой-толгоолордун) априордук формасы түрүндө болсо, Бергсондо убакыт – бул ички тажрыйба аркылуу жете турган жана ички тажрыйбанын мазмуну болгон аң-сезимдин түздөн-түз факты. Биз көңүлүбүздү өзүбүздүн психикалык жашообуздун, өзүбүздөн жашап өткөндөрүбүздүн дүйнөсүнө бурганыбызда, биздин «ички сезимибиз» же «алгачкы интуициябыз» жашоо – бул ички сезимдердинтуруктуу алмашып туруусу же агымы экендигин байкашыбызга жол ачат. Анын үстүнө жашоонун ар түрдүү үзүмдөрүндө (балалык, бойго жеткендик жана карылык) убакыт биз тараптан башкача кабыл алынат; бир эле жашта, бирок ар түрдүү шарттарда убакыт ар түрдүү өтөт: биз бир жакка шашылып жана бир жактан кечигип жаткандыгыбызда ал зымырык куштай тез өтөт, бир нерсени күтүп жатканыбызда ташбака сыяктуу сойлойт (173-чийме).

Бергсон убакытты таза **узактык** катары түшүндүрөт, анын маанилүү мүнөздөмөсү – бөлүнбөстүк жана бир бүтүндүк, себеби анда өзүнчө учурларды бөлүүгө болбойт: «Биздин аң-сезимдүү жашообуздун башынан акырына чейин бөлүнгүс болуп созулган ички жашообуздун токтобогон ыргагы гана бар». Анын үстүнө бул узактык, Бергсон боюнча, мурдагы (эске тутумда сакталган) менен азыркынын, аң-сезимдин ар түрдүү абалдарынын бири бирине ар дайымкы өз ара сиңишүүсүн, үзгүлтүксүз өнүгүү жана пайда болууну билдирет.

173-чийме

Объективдүү жана субъективдүү убакыт

Объективдүү убакыт

Субъективдүү убакыт (узактык)



Узактык же субъективдүү убакыт объективдүү убакыттан – «реалдуулуктун физикалык сүрөттөлүшүнүн элементинен» олуттуу түрдө айырмаланат. Объктивдүү убакыт Бергсонду аз кызыктырган, бирок кийинчерээк (өзгөчө «Чыгармачыл эволюцияда») ал узактык ошондой эле бүтүндөй Ааламга таандык болгон онтологиялык мүнөздөмө да болуп эсептелет, болгондо да реалдуулуктун ар түрдүү деңгээлдеринде узактыктын ар түрдүү ритмдери бар деген гипотезаны ортого чыгарган.

Аң-сезим жөнүндөгү окуу. Аң-сезим, Бергсондун ою боюнча, ички сезимдердин көп катмарлуу агымы: бул үзгүлтүксүз, ар дайым өзгөрүүчү чыгармачыл чындык[1].

Бул агымды, бул өзгөргүчтү субъективдүү убакыт, т.а. узактык жана үзгүлтүксүздүк, мурдагы менен азыркынын ар дайымкы өз ара аракети бириктирип, бекемдеп турат. Мында ушул агымдын (аң-сезимдин) ар дайымкы өз ара сиңишкен катмарлары бир бүтүнгө «биригет». Аң-сезимде андай катмарлар көп: эң тереңдерден (рефлекске чейинкилер) жана үстүндө жайгашкандар – интеллектуалдууларга чейин. Дал акыркылары инсандын социалдык жашоосу менен байланышкан. Терең катмарларда эч кандай мыйзамдар жок, түздөн түз факттар гана бар, алардан эң маанилүүлөрү – узактык жана эркиндик. Үстүндөгү деңгээлдерде гана себептүүлүк мыйзамдары иштейт. Эркиндик мамилесиндеги адамдын оомалыгы бир аз Канттын көз карашын эстетсе дагы, бирок алар адам кай жерде же кандай мамиледе эркин жана эркин эмес жөнүндөгү суроолорду ар түрдүү чечишкен (105-таблица).

105-таблица

Кант жана Бергсон боюнча адамдын эркиндиги

Тезис	*Кант*	*Бергсон*
Эркиндик статусу	Практикалык акылдын постулаты	Аң-сезимдин түздөн-түз факты
Адам эркин	«Өзү менен өзү нерсе» (трансценденталдык негиз) катары	Аң-сезимдин терең катмарларында (т.а. сокур сезимде)
Адам эркин эмес (керектүүлүккө багынган)	Башка кубулуштар ичиндеги кубулуш («биз үчүн нерсе») катары	Аң-сезимдин үсткү катмарларында, т.а. интеллектуалдууларда

Интуиционизм. Аң-сезим «кыймылдоочу үзгүлтүксүздүк» катары интеллект аркылуу түшүндүрүлө албайт, ал тажрыйба менен, алгачкы интуиция аркылуу гана түшүнүктүү. Таануунун биринчи кадамы болуп «чыныгы кабыл алуу» эсептелет жана андан кийин ишке ашуусу субъекттин социалдык тажрыйбасы менен байланышта болгон практикалык операцияларды ишке ашырган интеллект орун алат.

Тааануу прцессинде дене менен өзгөчө мээнин ролун изилдеп, Бергсон мээ өзү менен өзүнчө эч кандай элестөөлөрдү жаратпайт, ал болгону кыймылдын куралы, каражаты болуп эсептелет деген жыйынтыкка келет. Жалпы жонунан дене да ошондой ролду аткарат: ал дайыма «азыр» менен, азыркы учур менен байланышта, ошондуктан аң-сезимди ориентациялайт, анын аракетин практикалык керектүүлүк жана маселелерге байлайт.

Чыгармачыл эволюция жөнүндөгү окуу. Бергсондун философиясында негизги орунду ал иштеп чыккан чыгармачыл эволюция жөнүндөгү окуу ээлейт. Анын көз карашында Аалам бүтүн, жандуу, өнүгүүчү организм болуп калат. Бул окуунун баштапкысы болуп жашоодогу умтулуу түшүнүгү, анын булагы Жогорку аң-сезимде же

---

[1]Бергсонго чейин аң-сезимдин ички сезимдердин агымы катары каралышы Серен Кьеркогордо да болгон, бирок Бергсон анын эмгектерин билген эмес. Ушуга окшош, Берксондон көз каранды эмес, ойго У.Джеймс - прагматизмдин негиздөөчүлөрүнүн бири - жана Гуссерль - феноменологиянын негиздөөчүсү да келген. Котормо авт.

Кудайда. Эволюциялык процесс – бул жашоодогу умтулуу менен жана ага бөгөт болгон кыйыр материянын үзгүлтүксүз күрөшү. Бул күрөш дароо эле көп багыт боюнча, ар түрдүү параллелдүү сызыктар боюнча өтөт; материянын каршы турушу күчтүрөөк болуп, жашоолук умтулууну жеңип койгон сызык туюк болуп калат: ушул жерде туюк айлана боюнча айлануу пайда болгон. Жашоолук умтулуу материядан күчтүү келген жерде илгери адымдаган прогрессивдүү өнүгүү жүрөт. Бергсон жашоолук умтулуу кыймылынын үч негизги багытын карайт: сезимталдык, интеллект жана инстинкт, акыркы экөөсүнө көңүлүн бурат. Интеллект жана инстинкт башынан эле жашоонун ар түрдүү формасы болуп эсептелет, карама-каршы функциялары жана максаттары менен. Инстинкттин базасында интуиция өнүгөт, интуиция да «арам ою жок болуп алган, өзүн-өзү түшүнгөн, өзүнүн предмети жөнүндө ой жүгүртө алган жана аны чексиз кеңейте алган» бир инстинкт.

106-таблица

Интеллект жана интуиция

	Интеллект	*Интуиция*
Изилдөө объекти	Уюшулбаган кыйыр материя, нерселер ортосундагы мамиле	Жандуу системалар жана жашоо процесстери
Аракеттин	Рационалдуу: «өлүк	Иррационалдуу: түздөн-түз

мүнөзү	түшүнүктөрдү» түшүнүү жана механикалык фабрикациялоо	кабыл алуу
Аракеттин максаты	Механикалык ойлоп табуулар, жасалма куралдарды жасоо	Жашоолук умтулууга жетүү жана аны өнүктүрүү

Бирок мында интеллект жана инстинкт таза түрдө, бир-биринен көз карандысыз жашай алышпайт; алар дайыма өз ара аракеттенишип жана бир-бирине өз ара сиңишип турушат. Биздин адамдык коомдо интеллект бар, бирок дагы да сонунураак адамзатта өзүнүн толук өнүгүшүнө жетип, гармонияда боло алышат. Бирок заманбап адамдын абалы бул мааниде үмүтсүз эмес: өзүнүн мээсин, тилин өнүктүрүп, социалдык жашоонун шартын жакшыртып, адамды жансыз кылуучу автоматизмден кутула алат. Адамдын жаныбарлардан негизги айырмасы – адамдаинтуициясынын жана чыгармачылыкка болгон жөндөмдүүлүктүн өнүгүшүндө. Ошону менен бирге адам жашоолук умтулууну кабыл алып жана аны андан ары өнүктүрө ала турган жалгыз жандуу жандык болуп саналат, демек дал адам Ааламдын мындан аркы жашоосунун кепили жана прогресстин зарыл шарты болуп эсептелет. Дал ушул мааниде адамды эволюциянын максаты деп кабыл алсак болот.

Келечек философиясы. Бергсон ар түрдүү философиялык окуулардын негизинде жеке интуициялар жатат жана алардын синтезин жаратып, биз келечектин философиясына келе алабыз деп эсептеген.

Маданият философиясы. Чыгармачыл эволюция жөнүндөгү окуунун базасында Бергсон «Моралдын жана диндин эки булагы» деген эмгегинде коомдун эки түрү же маданияттын эки түрү: *ачык* жана *жабык* жөнүндөгү окууну иштеп чыгат (107-таблица). Жабык коомдор эволюциялык процесстеги туюктар, ачыктары – үзгүлтүк өнүккөндөр катары түшүндүрүлөт. Ал мораль жана дин жабык коомдо инсансыз болуп эсептелет, ачык коомдо өзүнчө адамдар – анын өкүлдөрү болот деп болжолдогон жана ушул адамдардын үлгүсү катары байыркы грек акылмандарын, Израилдин пайгамбарларын, христиан мистиктерин эсептейт.

107-таблица

Жабык жана ачык коомдор

Формалар жана функциялар	*Жабык*	*Ачык*
Мораль жана диндин формалары	Статикалык	Динамикалык
Моралдын булактары	Инстинкт: адаттардын, социалдык талаптарга баш ийген жүрүм-турумдун туруктуу стереотиптеринин системасы	Интуиция: сверхрационалдуу мистикалык эмоция, ага ылайык адам улуу моралдык инсандардын чакырыктарына жооп кайтарат
Моралдын функциялары	Коомдук солидарлуулукту, эрежелерди жана тартипти камсыздоо, жетекчинин абсолюттук бийлигине баш ийүү	Адамзатка жана Кудайга болгон сүйүүнүн өсүшү
Диндин булактары	Инстинктке жакын болгон мифтик чыгармачылык жөндөмдүүлүк	Кудай менен болгон түздөн-түз «контакттар» (мистикалык элестер)
Диндин функциялары	Адамды ажал коркунучунан жана белгисиздик жана таанылбастык аймагынын кең экендиги жөнүндөгү интеллекттин	Кудайга, адамдын негизи жана дүйнөдөгү адамзаттын тагдырына (предназначение) жетүү

	жыйынтыктарынан коргоо	
Коомдо үстөмдүк кылган уюмдун формалары	Авторитаризм, катуу субординацияга жана элементтердин координациясына умтулуу	Демократия
Коомду бириктирген принцип	Национализм	Адамзатка болгон сүйүү
Мораль жана диндин максаты	Жабык коомду (кичине социалдык тайпага салыштырмалуу) сактоо	Бардык адамзат жана бүтүн Ааламды сактоо жана өнүктүрүү

Окуунун тагдыры. Бергсондун философиялык идеялары Европа жана өзгөчө XX-к. француз философиясына чоң тасирин тийгизген. Бергсондун кээ бир идеяларын П. Тейяр де Шарден, А. Тойнби, Дж. Сантаяндын жана башка заманбап философтордун чыгармачылыгына тийгизген таасирин байкоого болот.

Дильтей (Dilthey)

Өмүр таржымалы. Вильгельм Дильтей (1833-1911) – немец философу, жашоо философиясында жана герменевтиканын өнүгүшүндө көрүнүктүү ролду ойногон. Дин кызматкеринин үй-бүлөсүндө туулган. 1852-ж. Гейдельберг университетине тапшырган, ал жерде бир жыл бою теологияны үйрөнүп, андан соң Берлинде окуган. 1864-ж. диссертация жактаган, 1868-ж – Килде профессор болуп, 1882-ж. – Берлинде философия профессору болгон.

XIX-к. аягына чейин Дильтей анча деле белгилүү эмес философия профессору болгон, XX-к. гана анын эмгектери керектүү түрдө бааланган.

Негизги эмгектери. « Рух жөнүндөгү илимге киришүү» (1883), «Сырткы дүйнөнүн реалдуулугуна биздин ишеничибиздин келип чыгышы жана анын негиздүүлүгү жөнүндөгү маселердин чечимдерине” (1890), «Сүрөттөөчү психология» (1894), «Ички сезим жана поэзия» (1905), «Илимдерде жана рухта тарыхый дүйнөнүн түзүлүшү» (1910).

Философиялык көз караштары*.Аң-сезим жөнүндөгү окуу*. Жаңы доордун философиясында, өзгөчө XIX-к. эң таанымал, классикалык позитивизмде тааануу субъекттинин ролунда кандайдыр бир «акылдын абстракттуу» тааануучусу катары адам каралат. Бирок Дильтей интеллектуалдык аракетти психиканын башка аспектеринен бүтүндөй абстракциялап, адамдын жашоосунан бөлүп алууга болбойт деп эсептеген. Дильтейдин окуусунда изилдөөнүн негизги объекти – «каалоочу, сезүүчү, элестетүүчү жандык катары» бир бүтүн адам болуп калат. Адамдын ой жүгүртүү процесси бул учурда эмоция, каалоо, ички сезимдер менен байланышкан катары каралат: «Мен ойлоп жатам, мен каалап жатам, мен корком» (ошону менен бирге «аң-сезим» түшүнүгү Фрейдде болгондой эле «психика» түшүнүгү менен жакындашат). Адам бир нерсе жөнүндө жөн эле ой жүгүртө албайт, ал дайыма бул нерсени белгилүү убакытта, кандайдыр бир шарттарда жана кандайдыр бир жан абалында аткарат.

Мындай көз карашта тааануу процессин ишке ашырган аң-сезим психикалык ички сезимдин бир бүтүн комплекси катары түшүндүрүлсө, кайсы болбосун интеллектуалдык ишмердик болсо – психикалык жашоого тиешелүү болгон жана ой жүгүртүү процесси менен бирге жүргөн аракеттин мотивдери, эмоциялары менен үзгүлтүксүз байланышта болгон нерсе катары түшүндүрүлөт.

Дильтейдин негизги идеясы – ошондой түшүнүлгөн аң-сезим тарыхый шартталган(обусловленный) болуп эсептелгендигинде, себеби эмоция, мотивация жана башка психикалык кубулуштар ар түрдүү тарыхый дооорлордо бирдей эмес болушу мүмкүн[1].

Дильтейдин аң-сезим жөнүндөгү окуусунун дагы бир маанилүү касиети анын

феноменологиялык түшүндүрүлүшүндө. Дильтей (башка субъективдүү идеалисттердей эле) бардык сырткы дүйнө бизге феномен, т.а. аң-сезимдин факты катары эле берилген деп белгилейт. Аң-сезимдин ичинде бул «сырткы дүйнө» биздин жеке «менибизге» - «ички дүйнөгө» (эмоция, каалоо, интеллектуалдык процедуралары менен кошо) карама-каршы турат (174-чийме).

174-чийме

Орто кылымдар доорунда жаратылышты изилдөөнүн максаты Жаратуучуну Анын жараткандарын таануу аркылуу тааныу, ал эми акыркы максаты болуп - бейишке жетишүү болгондугун биз байкай алабыз. XIX к. жаратылышты изилдөөнүн максаты адамдын жаратылыштын үстүнөн бийлигин жогорулатуу жана анын жердеги жашоо шарттарын жакшыртуу болуп калган. мындай мотивиндеги айырмачылыктар интеллектуалдык аракеттин өзүнө олуттуу таасир этет.

Аң-сезимдин (психиканын) түзүлүшү

Бирок эгер башка субъективдүү идеалисттер (өзгөчө Беркли жана Юм) «сырткы дүйнө» - бул жөн эле сезимдик феномен деп эсептешсе, Дильтейдин ою боюнча, «ички» жана «сырткы» дүйнө ортосундагы айырма, жалпы эле "тышкы дүйнө" түшүнүгү эмбрион баскычында башталган «каршылык көрсөтүү тажрыйбасында» жаралат. Өзүнүн телолуулугунун чектеринде камалган, ичинен түпөйүл, аракеттеги субъект анын каалоолоруна каршылык көрсөтүүчү кандайдыр бир ар дайымкы таасир этүүчү карама-формалардын бар экенин түшүнөт. Дал ушул нерсе адамда ага карата кээ бир сырткы жана андан көз-каранды болбогон объекттердин бар экени жөнүндөгү элестетүүнү пайда кылат. (Чындыгында биз биздин «ички дүйнөбүздө» кээде ар дайымкы таасир этүүчү «карама-каршы туруучу формалары», мисалы ар түрдүү тыюулар бардыгын көрө алабыз. Бирок бул суроо бир гана психоаналитикалык философияда коюлуп жана изилденген[1])

Гуманитардык билимдин өзгөчөлүгү. XIX-к. табигый илимдер жаатындагы прогресс жана алардан түшкөн практикалык пайда ачык-айкын жана талашсыз болгон, себеби дал табигый илимдер ошол мезгилде илимий билимдин (өзүнүн чагылышын классикалык позитивизмде тапкан) идеалы болгон. Бирок табигый илимдин методологиясы гуманитардык методологиядан айырмаланышы анык жана анын бир чөйрөдөн башкасына өтүшү мүмкүн эмес. Мындан гуманитардык билимдин – табигый-так илимге карама-каршы өзгөчөлүгү жөнүндө суроо пайда болот. Бул көйгөй неокантчылыкта (Баден мектеби) жана Дильтейде да негизги орунду ээлеген.

Аны Дильтей адам аң-сезиминин маңызын өзүнүн түшүнүү базасында жана анда «сырткы» жана «ички дүйнөгө» бөлүүдө чечкен (108-таблица).

«Сырткы дүйнө» табигый илимдерди изилдейт жана алар сырткы кабыл алууга негизделген, «ички дүйнө» болсо гуманитардыкты («рух жөнүндөгү илимдерди») изилдейт жана ички кабыл алууга негизделген.

Окуунун тагдыры. Дильтей иштеп чыккан ички дүйнөгө «жетүү» жана тексттерди «түшүнүүгө» болгон көз караш герменевтиканын өнүгүшүнө белгилүү таасирин тийгизген.

Шпенглер (Spengler)

Өмүр таржымалы. Освальд Шпенглер (1880-1936) – белгилүү немец философу, тарыхчы жана публицист, маданият заманбап философиясынын негиздөөчүлөрүнүн бири болгон. Табигый илимдерди жана математиканы Мюнхенде, Берлинде жана Галлда окуган. 1908-1911-жж. Гамбургдагы гимназияда тарых жана математиканы үйрөнгөн, 1911-ж. Мюнхенге көчкөн, ал жерде эркин адабиятчы катары иштеген.

[1]Тагыраак айтканда, Фрейдде. Мында "Мен" "Ал" жана "Сверх Мен" тарабынана каршылыкка учурайт. Котормо авт.

108-таблица

Ички жана сырткы кабыл алуу

	Тышкы кабыл алуу	*Ички кабыл алуу*
Илимдин түрлөрү	Табигый илимдер	Гуманитардык илимдер
Тааныу предметтери бизге берилген	Сырттан жана бөлүнгөн түрдө	Ичтен жана бир бүтүн
Тааныу	Бир мааниде аныкталган	Бир мааниде аныкталган

объекттери	элементтердин чектелген санына чектелген санына келтирилет	элементтердин чектелген санына чектелген санына келтирилбейт
Тааныу объекттерине салыштырмалуу	Гипотезалар аркылуу алардын ортосунда байланышты конструкциялоого болот.	Гипотезалар аркылуу алардын ортосунда байланыш конструкциялоого болбойт
Изилдөө усулу	Биз жаратылышты түшүндүрөбүз, т.а.а анда-санда учурай тургандарды жалпы мыйзамга алып келсек болот	Жан дүйнөгө биз өзүбүздүн жашоо тажрыйбабызга негизделип жетебиз

1918-ж. анын негизги «Европанын батышы» деген эмгегинин биринчи тому жарык көргөн жана Шпенглер дароо эле белгилүү болуп кеткен. Аны көргөндө адамдар урмат менен: «Мына Европанын батышы келе жатат» деп сүйлөшкөн, 1920-жж. ал көпчүлүк немецтер үчүн «ой пикирди бийлөөчү» ролун аткарган, ошол мезгилде ал консервативдик–улуттук идеялардын маанайында бир нече макала жарыялаган. Фашизмдин бийликке келердин астында Шпенглер өзүнүн көз карашы боюнча аларга жакын болгон, бирок 1933-ж. фашисттер бийликке келгенден кийин Шпенглер алар менен иштешүүдөн баш тарткан. Өзүнүн «Чечимдер жылдары» деген китебинде ал антисемитизм менен «тевтондук кыялдануулардын» үстүнөн күлгөн; натыйжасында бийликтин чечими боюнча китеп жок кылынган, саясий басмаларда болсо Шпенглердин атын эске алууга да тыюу салынган. Шпенглер Ницшенин идеяларынын катуу таасирин алып, бир нече жыл бою Ницшенин фондунда иштеген. Бирок 1935-ж. Ницшенин окуусун фашисттер тарабынан бурмаланышына каршылык белгиси катары ал Ницшенин фонду менен болгон тыгыз мамилелерин үзөт. Фашисттер Шпенглерди контрреволюционер деп жарыялашат. Шпенглер өзүнүн жашоосунун акыркы күндөрүндө байыркы дүйнөнүн көйгөйлөрү менен алектенген.

Негизги эмгектери. «Европанын батышы» (1том – 1918, 2том - 1922), «Пруссачылык жана социализм» (1920), «Саясий милдеттер жана немец жаштары» (1924), «Герман империясынын кайра түптөлүшү» (1924), «Адам жана техника» (1931), «Чечимдер жылдары» (1933).

Философиялык көз караштары. Шпенглердин окуусунда негизги орунду адам маданиятынын көйгөйлөрү[1] ээлейт.

[1] "Культура" термини лат. сөзүнөн келип чыккан, кыргызчага которгондо *иштеп чыгуу* дегенди билдирет. Адегенде бул термин-сөз кууш мааниде колдонулган, Байыркы Римде *культура* (тектеш сөз *культивациялоо)* деген сөз жер иштетүүгө байланышкан. XIX к.гана "экинчи жаратылыш" катары түшүндүрүлө баштады, маданият дүйнөсүнө адам тарабынан жаралган жана иштелип чыккандын баарык киргизишип калышкан. Маданияттын ырааттуу жана системалуу философиялык талдоосу Агартуу доорунда гана башталган (Руссо, Вико, Гердер ж.б.). Котормо авт.

Шопенгауэр, Ницше, Бергсондун изинен барып, ал болмуштун негизинде сокур жана иррационалдык «жашоого болгон эрк» жатат деп эсептеген. Ал адам коомдорунун (өлкөлөр, мамлекеттер, элдер) жашоо ишмердиги менен байланышта болгон ар түрдөгү маданият түрүндө көрүнөт, «объекттешет». Ошол эле учурда ал маданиятты ички бир бүтүндүүлүккө ээ жана дагы башка «организмдерден» айырмаланып эле турбастан, аларга каршылык көрсөтө ала турган «организм» катары түшүнөт.

Гегельге, Маркска жана адамзаттын глобалдык өнүгүшүнүн жана дүйнөлүк маданияттын бир бүтүн «даңгыр жолунун» бар экендиги жөнүндөгү концепциясынын башка жактоочуларына карама-каршы болуп, Шпенглер эч кандай жалпы адамзаттык маданият жок жана өзүнчө маданияттар гана болгон жана ошолор эле бар деп белгилеген. Бир-биринен көз-каранды болбогон көптөгөн маданияттардын бар экендиги жөнүндө факт алардын бары бир бүтүн башталма же негиз – «жашоого болгон эркке» ээ экендиги жөнүндө айтат. Ушуну менен бирге ар бир маданиятта ал өз-өзүнчө ишке ашат,

объекттешет. Ар бир маданият – бул жашоонун бардык чөйрөлөрүндө: экономикалык, саясий, укуктук, көркөм, диний, философиялык жана башкаларда өзүнүн айтылышын жана көрүнүшүн алган белгилүү бир бүтүндүк.

Алардын ар бири өрчүүнүн баскычтарын (жалпы жонунан бир нече миң жылдыктарды камтыган): балалык, бойго жеткендик жана карылыкты өтүшөт; өлгөндө маданият цивилизацияга айланат, т.а. өнүмсүз, өсүүгө жөндөмдүүлүгүн жоготкон, «тереңдикке эмес», бир гана «кеңдикке» өнүккөн болуп калат (цивилизациялар мисал катары империя мезгилиндеги Байыркы Рим жана заманбап Европаны келтирүүгө болот). Адамзаттын тарыхында Шпенглер жети өлүп бүткөн маданиятты эсептейт: азыр жашаган батыш-европалык маданиятты ал өлүп бара жаткан (цивилизация баскычында) деп эсептеген, Шпенглер ошондой эле жаңы «орус-сибирдик» маданияттын пайда болушу жөнүндө алдын ала айткан; ал аны изилдейин деген, бирок бул ниетин ишке ашыра албай калган (109-табл.).

109-таблица

Маданияттын түрлөрү

Маданияттын түрлөрү	*Мүнөздөмө*
1. Египеттик	Өлүк (жансыз)
2. Индиялык	Жансыз
3. Вавилондук	Жансыз
4. Кытайдык	Жансыз
5. Грек-римдик (аполлондук)	Жансыз
6. Византия-арабдык (магикалык)	Жансыз
7. Майя	Жансыз
8. Батыш-европалык (фаустовдук)	Жок болуп жаткан (цивилизация баскычында)
9. Орус-сибирдик	Пайда болуп жаткан

Шпенглердин культурологиялык концепциясынын көрүнүктүү кызматы болуп **евроцентризмди жеңүү** эсептелет. Шпенглерге чейин Европалык изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгү дүйнөлүк маданият жөнүндө айтып жатканда да, грек-римдик, европалык орто кылымдык, Кайра жаралуу доорундагы европалык, Жаңы доордук европалык маданияттардын өнүгүү тилкелерин кароо менен европалык маданияттын материалдарынын негизинде иштешкен. Ошондуктан төмөнкү тогуз маданияттын бөлүнүшү жана анын Шпенглер тарабынан конкреттүү түшүндүрүлүшү башка окумуштуулар тарабынан олуттуу жана негиздүү сындындалышына алып келген болсо да, чыныгы дүйнөлүк маданияттын жалпы жыйынтыкталган картинасын берүү аракети жогору баалаган.

Окуунун тагдыры. Шпенглер иштеп чыккан маданият концепциясы XX-к. маданият философиясынын өнүгүшүнө зор таасирин тийгизген.

20.2. Кьеркегор (Kierkegaard)

Өмүр таржымалы. Серен Кьеркегор (Киркегор) (1813-1855) – дат жазуучусу, протестанттык теолог жана философ. Анын атасы экинчи никесинде өзүнүн кызматчысына үйлөнгөн ишкер болгон. Серен үй-бүлөдөгү жети баланын акыркысы болгон; анын беш акеси көз жумушкан, тирүү калгандардын акыркысы убакыт өтүшү менен лютерандык епископ болгон.

Серен Кьеркегор 1840-ж. Копенгаген университетинин теология факультетин аяктаган. 1841-ж. тымызын шылдыңдоо көйгөйүнө (байыркы грек жана романтикалык концепциялардын материалынын негизинде) арналган диссертациясы үчүн магистр даражасын алган.

Регина Ользенге болгон сүйүүсү Кьеркегордун жашоосунда олуттуу так калтырган.

Алар үч жыл бою кудалашкан боюнча жашап, бирок кийин ал кызга нике шакегин кайтарып берген. Регина өзү бул нерсени төмөндөгүчө баалайт: «Ал мени Кудай үчүн курмандык кылды». Кьеркегор болсо бул нерсе боюнча: “Эркектер аялзаттын артынан гений, батыр, акын болушат, бирок эч качан аялынын артынан эмес - деп байкаган. «Эгер мен Регинага үйлөнгөнүмдө, мен эч качан өзүмдөй боло албайт элем», - деп жазган.

Негизги эмгектери. Кьеркегордун чыгармачылыгында ошол мезгилде жазылган эмгектеринин мүнөзүнө ылайык беш период бөлүнөт (110-таблица).

110-таблица

Кьеркегор: чыгармачылыктын мезгилдешүүсү

Мезгил	*Негизги эмгектери*
1832-1841-жж.	«Дале жашап жаткандын жазууларынан» (1838), «Шылдың түшүнүгү жөнүндө» (1841)
1842-1846-жж.	«Же-же» каймана атында жарыланган (1843), «Насыйкат кептер» (1842); «Коркуу жана дирилдөө» (1843), «Кайталоо» (1843), «Майданын философиясы» (1844), «Коркуу түшүнүгү» (1844), «Жашоо жолунун баскычтары» (1845), «Жыйынтыктоочу илимий эмес корутунду» (1840)
1845-1846-жж.	«Корсардагы» газеталык полемика
1847-1850-жж.	«Сүйүү иши» (1847), «Христиандык кептер» (1848), «Өлүмгө болгон ооруу» (1849), «Христианчылыкка киришүү» (1850)
1851-1855-жж.	«Мгновение» газетасында антиклерикалдык проповеддерди жарыялаганда 1855-ж чейин эч нерсе жазган эмес

Философиялык көз-караш*.«Чыныгы» христианчылыкты кайра түптөө.* Кьеркегор өзүнүн негизги милдети деп азыркы мезгилге карама-каршы болгон «чыныгы» христианчылкты кайра түптөөнү эсептеген. Бул идея анын жашоосунун да,чыгармачылыгынын да негизги багытын белгилеген. Ал азаптардан чектелген жыргалчылыктагы жашоо «чындыктын атынан күбө болууга» жол коё албайт. Чындыкты жардылыкта, кемсинтүүдө жашагандар, каргыш жана жамандык астында калгандар алып жүрүшөт. Ал христианин болуу - «кудайсыз кылым керип асып койгон сүйүүнү куткарууга аракет кылуу» деп эсептеген. Өзүнүн философиялык эмгектеринде ал биринчи кезекте романтикалык теологиядагы (Новалис, Шлейермахер) христианчылыкты бурмалоого жана христиан кудайынын Гегелдин окуусундагы Абсолюттук идея менен жакындашуусуна каршы чыккан.

Акыркы ой Кьеркегорго жаккан эмес, себеби бир жалгыз конкреттүү объекттер, анын ичиндеГегелдеги адамдын инсандыгы өзүнүн маанилүүлүгүн жоготуп, жалпынын эле бир көрүнүшү болуп калган.

Инсан жана Кудай. Кьеркегордун философиясында негизги болуп инсанменен Кудай, бирдиктүү жана Жалгыздын өз ара мамилесинин көйгөйлөрү эсептелет. Кьеркегор адам жалгыз катары коомдон, т.а.тектештен жана жалпыдан жогору деп эсептеген. Ушуну менен адам кескин түрдө уруу индивидден көбүрөөк мааниге ээ болгон жаныбарлардан айырмаланат. Жаратылган дүйнөдөгү адамдын негизги орду жана абалы-бул адамдын кудайдын образы боюнча жаратуунун натыйжасы.

*Экзистенциянын түрлөрү.*Кьеркегор өзүнүн бир катар эмгегинде адамдын экзистенциясынын үч: эстетикалык, этикалык жана диний түрү жөнүндөгү окууну өнүктүрүп жана жакшырткан. Жашоонун ар бир түрү **таптакыр үмүт үзүүнүн** өзгөчө түрү жана инсандынөзгөчө мүнөзү, т.а. «мен» менен байланышта (111-таблица). Кьеркегор үмүт үзүүнүн бар экенин адамдын жогорку артыкчылыгы, «биздин руханий улуулугунун» белгиси деп эсептеген. «Адамдын жаныбарлардан артыкчылыгы-таптакыр үмүт үзүү бардыгы» христианиндин табигый адамдан артыкчылыгы - ал аны түшүнө

алышында, христианиндин жыргалчылыгы - үмүт үзүүдөн кутула алышында”.[1]

Экзистенциянын түрлөрүн да ал инсандын өнүгүү баскычы катары балаган. Жыргалдарды издөө, кандайдыр бир этикалык милдеттемелерсиз эстетикалык идеалдарды ээрчүү жашоону бош жана маанисиз кылат, ал эми ички сезимдердин агымын билдирген «менди» - фрагментардык жана байланышта болбогон кылып коёт. Этикалык жашоого өтүү биздин «мендин» бардык фрагменттерин бир бүтүнгө байлоого, т.а. өзүн жалпы инсан катары таанууга жол ачат. Бирок адамдын жашоосу чектүү (жана дал биздин ажалдуулугубуз аркылуу бизге тун күнөө келген), бул нерсе биздин жашообузду маанисиз кылат. Кудай дүйнө жана өзүн таштап кеткендигин аңдап билүү коркуу менен дирилдөөгө чагылдырылган. Чыныгы адамдык жашоо ишеничте гана мүмкүн; мында чыныгы уникалдуу адамдык инсандын уникалдуу, жалгыз Кудай менен жолугушуусу жүрөт. Ишеним парадоксалдуу, рационалдык далилге ээ эмес, ошондуктан ишенимде жашоо бул дайыма адеп-ахлактык эрдик.

Кьеркегордун эң жакшы көргөн каарманы библия патриархы Авраам болгон, анын тарыхына ал өзүнүн эмгектеринде дайыма кайрылган. Кудай менен союз түзгөн Авраам Кудайдын Авраамдын аяыы Сарадан бир нече жылдык никеден кийин төрөлгөн Исаак

---

[1]Кьеркогор С. “Өлүмгө оору” / / Кьеркогор С. Коркунуч жана дирилдөө. М., 1993, 256 б.

аттуу уулун сыйлыкка алган. Бирок Исаак жигит болгондо, Кудай Авраамдан өзүнүн баласын курмандыкка чалууну талап кылат. Авраам макул болуп, айтылган жерге барып, Исаактын үстүнөн бычакты көтөргөндө, периште пайда болуп, Авраамга Исаактын ордуна курмандыкка чалууга козуну көрсөтөт. Кьеркегордо Авраамдын жүрүм-туруму чексиз баш ийүү жана ишенимдин эрдигинин үлгүсү катары көрүнөт: адам Кудайдын биринчи талабы боюнча өзүнө эң кымбат болгон нерсени курмандыкка чалганда гана толук түрдө Кудайдан үмүт кылат. Ошондо жана болгону ошондо гана Кудай ырайым кылат.

Окуунун тагдыры. Кьеркегордун көп идеялары Ницшенин идеялары менен окшошуп кетет, бирок Ницше дүйнөлүк атак жана белгилүүлүккө тирүү кезинде эле жеткен болсо, Кьеркегордун идеялары XIX к. гана белгилүү болгон. Анын эмгектеринин орус тилге болгон биринчи котормосу жана анын чыгармачылыгынын биринчи сындуу изилдөөлөрү орус философторунун калемине таандык. Кьеркегордун идеялары өзгөчө таасирди экзистенциализимдин түзүлүшүнө жана өнүгүшүнө тийгизген.

111-таблица

Кьеркегор: экзистенциянын түрлөрү

Экзистенциянын түрлөрү	*Үмүт үзүүнүн түрлөрү*	*«Мендин» мүнөздөмөсү*
Эстетикалык	«Мүмкүндүн үмүтсүздүгү»: мүмкүн гана эстетикалык мааниге ээ, ал эми келген, чындык ага ээ эмес	Өздүк «менден» кутулууну жана башка кандайдыр бир (сулуулук, акыл, талантка ээ) өздүк «менге» ээ болууну каалоосу фрагментардык болуп эсептелет, «көз ирмемдердин кумуна чачылып куюлуп кетет», бул учурлар кокустан болот жана эч нерсе менен байланышпаган.
Этикалык	«Умүтсүздүк - чакыруу»; же «кайраттуу үмүтсүздүк»: өзү менен өзү болууну каалоо, «мендин» үзгүлтүксүздүгүнө жетүү; мында адам	Моралдык жоопкерчилик «мендин» фрагменттерин бир бүтүнгө «байлайт», «мен» - кокустан жашоо шарттарынажараша инсан менен боло тургандар эмес, аң-сезимдүү эркин чечимдин натыйжасы болуп эсептелет, ошондуктан, мисалы, мурдагы өтүп

	өзүнүн «менинин» тургузушунда өзүнүн күчүнө жана мүмкүнчүлүктөрүнө таянат жана Кудайга кайрылууну каалабайт.	кеткен болуп калбайт, себеби «мен» бардык мурдагы кылыңгандар үчүн өзүнүн жоопкерчилигин сезет.
Диний	«Абсолюттук үмүтсүздүк» же «экзистенциалдык үмүтсүздүк»; адамды дүйнө менен да, өзү менен өзүн да эмес, Кудай менен жалгыз калтырат.	«Мен» дүйнөнүн жана өзүнүн Кудай тарабынан ташталып кеткендигин ачат, т.а. өзүнүн чагылышын коркуудан, үмүтсүздүктөн, кабатырдан табуучу абсолюттук эркиндикти көрсөтөт (алгач өзүнүн ажалдуулугу жана өзүнүн эркиндиги менен туура колдоно албагандыгы себебинен); бул жерде ишенимге ээ болуу мүмкүнчүлүгү пайда болот.

20.3. Феноменология (Phenomenology)

Феноменология (феномендер жөнүндөгү окуу) – XX-к. философиясындагы оригиналдуу жана салымдуу багыттарынын бири. Феноменологиянын пайда болушуна Декарттын, Лейбництин, Берклинин, Канттын жана Маргбург мектебиндеги неокантчылардын идеялары түрткү болгон. Феноменологиянын жаралышына олуттуу салымды Дильтей кошкон. Бирок феномонологиянын өз алдынча окуу катары негиздөөчүсү **Э.Гуссерль**. Э.Гуссерлдин феноменологиянын идеялары менен тааныш экендиги анык болбосо да буддизмдин философиясы менен жалпы белгилерге ээ.

Гуссерлдин философиясынын базасында жана өзгөчө анын таасиринде феноменология заманбап философиянын татаал көп пландуу агымы катары өнүккөн. Ушуну менен бирге кээ бир изилдөөчүлөр Гуссерлдин **феноменологиялык идеализмин** (М.Хайдеггер, Р.Шпет) өнүктүрө башташса, башкалары анын этикалык, маданий-тарыхый, онтологиялык жана ошол сыяктуу көйгөйлөрүн изилдөөгө колдонуп, **феноменологиялык усулду** (М.Шелер, Н.Гартман, П.Гикер) өнүктүрүшкөн. Феноменология XX-к. бир нече философиялык окууларына, биринчи кезекте, экзистенциализм жана герменевтикага чоң таасирин тийгизген.

Феноменологиянын негизинде эки пайдубалдык идея жатат:

- биринчиси, ар бир адам ар кандай ойлонуусу үчүн чын аң-сезимге ээ (Декарттын «Ойлоном, демек жашайм» дегенин мисал келтирүүгө болот).
- экинчиден, аң-сезимден сырткары (сырткы дүйнө) бардык нерсени таануунун каражаты аң-сезим болгондуктан, ар кандай объекттер же факттар чынында биз аркылуу биздин аң-сезимибизде тартылып, чагылдырылган болсо гана таанылат жана аңдалат.Демек, биз тааныгандын баары, чындап келсек,объекттин же чындык фактысынын өзү эле эмес, алардын аң-сезимде көрүнүшү, б.а. феномендер же көрүнүштөр.

Биринчилерден болуп бул идея Кант тарабынан калыптанган жана анын терминологиясы менен бул жагдайды төмөндөгүчө сүрөттөөгө мүмкүн: биздин аң-сезимибиздин жардамы менен тааныгандын баары «өзү менен өзү нерсе» эмес, дайыма «биз үчүн нерсе» болуп саналат. Ал эми Гуссерль феноменологияны андан ары өнүктүрүп, Канттын «өзү менен өзү нерсе» дегенин четке каккан. Эгер биздин аң-сезимибиз кандайдыр бир «өзү менен өзү нерсе» менен иштесе, (анын тааныбастыгын, б.а. аң-сезимден сырткары экендигин белгилеп) анда «биз үчүн нерсе» сыяктанат, б.а. аң-сезим феномени сыяктуу. Эгер аң-сезим «өзү менен өзү нерсе» менен иш алып барбаса, анда акыркысы аң-сезим үчүн жок нерсе.

Мындан төмөндөгүдөй жалпы тыянак чыгарса болот: Платондун мезгилинен баштап европа философиясында үстөмдүк кылган таануучу субъектке жана тааныluучу объектке болгон кескин карама-каршылык четке кагылышы керек, б.а. ар кандай тааныluучу объект болгону аң-сезимдин феномени.

Көндүм жашоодо жана табигый илимдерде биз аңкоо «табигый түзүлүш » иш алып барабыз, мында сырткы дүйнө бизге объективдүү жашаган нерселердин, алардын касиеттеринин жана мамилелеринин жыйындысы катары кабылданат. Адамга каршы турган объективдүү дүйнөгө ойлонуучу субъекттин иштөөчү аң-сезими багытталган. Феноменологиянын аң-сезим иш алып баруучу жана болгону ал менен гана иш алып баруусу мүмкүн жалгыз реалдуулук феномендер же аң-сезим кубулуштары деп эсептелинет. Мындай көз карашта объективдүү дүйнөнүн нерселери менен психикалык ички туйгуулар ортосундагы айырмачылыктар белгилүү мааниде өчүп кетет: тигилер да, булар да аң-сезим иштөөчү материал болуп калышат.

Феноменологдун маселеси болуп аң-сезимдин өзүнүн ишмердигин изилдөө болуп саналат: чыныгы аң-сезимдин негиздүү актыларын жана структурасын табууда, бул актылардын формаларын жана стуктураларын анын мазмунунан айырмалоо керек. Бул үчүн өзүңдүн аң-сезимиңди атайын усулдардын жардамы менен (феноменологиялык редукция) тазалоо зарыл.

Феноменологиялык редукция процессинде «чыныгы аң-сезимге» келсек, биз таза аң-сезим мейкиндикте кайра ордуна келтирүүгө жана жок кылууга болбой турган феномендер агымы экенине ынанабыз. Биз аны жогору жакка туруп же андан тышкары жерден «жогорудан», «төмөндөн» же «каптал жагынан» көрө албайбыз (ал үчүн аң-сезим өзүнүн чегинен чыгып, аң-сезим функциясын токтотуу менен аң-сезим болбой калышы керек); «агым менен сүзүп чыгып» гана ага жетүүгө мүмкүнчүлүк бар. Бирок биз аны изилдеп жатып, анын өзүнүн структурасы жана салыштырмалуу тартиби бар экендигин байкайбыз, дал ошонун өзү анын элементардуу бирдиктери катары айрым феномендерди бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк жаратат.

Окуунун тагдыры. Феноменологияда жүргүзүлгөн «чыныгы аң-сезимдин» структурасын изилдөө мазмункалыптандыруу жана коммуникация процесстерин, түшүнүү мүмкүнчүлүгүнүн өзүн тааныууга жакындоого мүмкүндүк берди жана заманбап компьютеристиканын актуалдуу көйгөйлөрүн – «жасалма интеллект» көйгөйүн изилдөөдө чоң ролду ойноду. Феноменология XXк. бардык батыш философиясына чоң таасир көрсөткөн, айрыкча экзистенциализмге, герменевтикага, постмодернизмге. Бул

таасир өтө жогору болгондуктан, батыш философиясындагы «феноменологиялык бурулуш» жөнүндө айтууга болот.

Гуссерль (Husserl)

Өмүр таржымалы. Эдмунд Гуссерль (1859-1938) - белгилүү немец философу, теги боюнча еврей (соодагер үй-бүлөсүнөн), Германияда төрөлгөн жана жашаган. 1868-1876-жж. гимназияда окуп, алгылыктуу ийгиликтерди жарата алган эмес. Гимназияны аяктаган соң Лейпциг жана Берлин университеттеринде окуп, астрономия, математика, физика жана философияны изилдеген. 1882-ж. математика боюнча диссертациясын коргогон. Философияга болгон кызыгуу Берлиндеги белгилүү математик К. Вейершрасска ассистент болуп иштеп жүргөндө байкалган. Чынында Гуссерлди философияга бир гана математикалык көйгөйлөргө философиялык таризде (өңүттө) ой-жүгүртүүлөр эмес, жаңы осуятты терең изилдөө алып келген. Анын пикирине ылайык, философия «чыныгы, адилет жашоодо Кудайга баруучу жолду табууга» мүмкүндүк берген илим деп саналат. Гуссерль 1886-ж. Венада белгилүү философ Ф.Брентанонун лекциясын угуп, андан соң бүт өмүрүн философияга арнаган. 1887-ж. Галл университеттинде докторлук ишин коргоп, 1901-1916-жж. - Геттингенде, 1916-1928-жж. - Фрайбургда окутуучулук кылган. Гуссерль жашоосунун акыркы жылдарында улутчул тартиптин тарапкерлери тарабынан куугунтукталган. Ал жумушунан бошоп, андан соң Фрайбург университетинин профессорлорунун катарынан таптакыр чийилип ташталган. Моралдык кысымга карабастан өмүрүнүн аягына чейин (1938-ж. чейин) чыгармачылык ишин уланткан.

Немец элинин эски салты боюнча профессор көз жумса, университеттин мунарасынан университеттин желеги түшүрүлгөн. Бүт дүйнөгө белгилүү окумуштуу Гуссерльге, Фрайбург университетинин ардактуу профессоруна бул нерсеге да уруксат беришкен эмес.

Негизги эмгектери. «Арифметиканын философиясы. Психологиялык жана логикалык изилдөөлөр» (1891), «Логикалык изилдөөлөр. 2 томдук» (1900-1901), «Убакыттын ички аң-сезиминин феноменологиясына» (1904-1905 лекциялар), «Философия катуу талаптуу илим сыңары» (1911), «Чыныгы феноменология идеялары» (1913), «Париж докладдары» (1924), «Картезиандык ой-жүгүртүүлөр» (1931), «Европа илиминин кризиси жана трансценденталдуу феноменология» (1936).

Философиялык көз караштары. XIX-к. аягы – XX-к. башы илимдин кризиси (физика, математика) менен башталган, бул болсо иррационализмдин жана скептицизмдин ар түрдүү жаңы багыттарынын жаралышына жана кеңири жайылышына алып келген. Иррационализм менен скептицизм илимдин өзүнүн жоболорунун чыныгылына жана таптакыр чыныгы билим алуунун мүмкүндүгүнө койгон талаптарына күмөн жаратышкан. Гуссерль рационализм идеалдарын коргоп чыккан бирден бир өкүлдөрдөн болгон. Анын максаты - **философияны катуу талаптуу илим** катары түзүү болгон, ал үчүн алынган билимдин ишенимдүүлүгүн камсыздоочу ой-жүгүртүүнүн жаңы каражаттарын жана усулдарын иштеп чыккан.

Абсолюттук түрдө **ч**ыныгы билимдин (математика жана логика) бардыгына ишенген Гуссерль бул билимдин табиятын изилдөөгө аракеттенген. Бирок ал үчүн төмөнкү суроого жооп бериш керек: кантип абсолюттуу чындык (логика мыйзамдары жана математикалык жоболор) адамдын жекече аң-сезиминде пайда болушу жана жашашы мүмкүн? Адамдын жеке, убактылуу, чектелген аң-сезиминин илимий билимдин абсолюттуу, идеалдуу, убакыттан тышкары мазмунуну менен катыштык көйгөйү Гуссерлдин өмүрүнүн акырына чейин толкундатып келген.

Антипсихологизм. Гуссерль математикалык жана логикалык мыйзамдар биздин тажрыйбабыздан көз карандысыз абсолюттуу чындык болуп саналат деп эсептеген. Ошондуктан ал өзүнүн «Логикалык изилдөөлөр» деген эмгегинде логикадагы психологизмди катуу сынга алган. Психологизмдин өкүлдөрү ой жүгүртүүнүн психикалык процессинин мыйзам ченемдүүлүктөрүнөн логикалык мыйзамдарды

чыгарууга аракеттенишкен, ошону менен бирге анын мыйзамдарынын чыныгылыгын жеке аң-сезимдин психологиялык өзгөчөлүктөрүнөн, дегеле жалпы эле адамдын аң-сезиминен көз карандылыкка коюп. Гуссерль логикалык мыйзамдардын салыштыруусуз, абсолюттуу мүнөзүнө таянып, чындык аң-сезимди түзгөн таануу актарынын идеалдуу мазмунуна, ой-жүгүртүү областына таандык экендигин белгилеген. Түшүнүк актысынын маниси «2+2=4» - чындык, ал эч бир башка эмпирикалык факторлордон, субъекттин эч кандай психологиялык өзгөчөлүктөрүнөн (каалоосу, маанайы), эч кандай физикалык таасирлерден көз каранды эмес. Гуссерлдин чыныгы билимдин табиятын изилдөө аң-сезимдин идеалдуу структурасын изилдөөгө кайрылууга мажбур кылды, бул болсо акыр аягында феноменологиянын түзүлүшүн болдирген.

Феноменология. Гуссерль үчүн феноменология – бул феномендер жана аң-сезим дүйнөсүн изилдөөчү илим, б.а. аң-сезимге ар түрдүү таануу акттарында берилген предметтер. Кант сыяктуу эле Гуссерль өз изилдөөлөрүн тааным процессин талдоо менен баштаган. Ал биздин дүйнө картинасынын негизинде жаткан, эч кандай негизсиз текшерилбеген түшүнүктөрдү жана элестетүүлөрдү (сыналбаган биздин дүйнөлүк картинанын негизинде жаткан) колдонууда сынчыл мамиле жасоо талабын койгон.

Биринчи катарда «объективдүү реалдуулук» же «чындык» түшүнүктөрү сынга кабылган. Гуссерль бул түшүнүктөрдү “кашаага алып жазуудан” баш тартууну талап кылган.

Толук мааниге негизделген биздин аң-сезимдин табигый же аңкоо багыты дүйнөнү субъективдүү, б.а. аң-сезим дүйнөсүнө, аң-сезимден сырткары объективдүү, б.а. касиеттер жана мамилелер дүйнөсүнө бөлөт. Философ адам катары нормалдуу жашоо өткөрүү үчүн ошол багытты кабыл алууга аргасыз. Бирок философ катары ал мындай багыт таанылуучу субъекттин өзүнөн кошумчалануусун жана өзүн-өзү тааануунун зарыл мүнөздөмөсү эмес экендигин түшүнүүсү шарт. Ошондуктан андан кутулуу керек, бул эпохе[1] - бардык табият тааануунун, философиянын жана толук маанинин сырткы дүйнө менен адамга карата аңкоо-реалисттик идеяларын “кашаага алуу” ыкмасын колдонуу менен жетишилет.

Феноменология доору объективдүү реалдуу дүйнө жөнүндөгү ой пикирден карманууда (өзүн-өзү тыюуда) (көптөгөн философиялык окуулар таанымдын негизги объекти болуп саналат) жана аң-сезимдин абалын «жабыркаган субъективдүүлүк» деп эсептөөдөн баш тартууда.

Бул доордун шарапаты менен бардык мейкиндик жана убакыт ааламы, жеке «мен»

[1] Грекче “токтотуу, токтоо, талкуулоодон баш тартуу” дегенди билдирет.

сыяктуу, аң-сезимдик феномен сапатында элестелет, ойлонуучу, баалоочу, кабылдоочу “маани берилүүчү” объекттер катарында. Ошентип Гуссерль үчүн дүйнөнүн чеги аң-сезимдин (маанинин) чеги менен дал келет.

Кийинчерээк жазылган эмгектеринде эпохе феноменологиялык редукциянынын даярдоо этабынын ролун ойнойт. Анын жыйынтыгында аңкоо таанымдык багыттын ордуна феноменологиялык келген: адам сырткы дүйнөнүн предметтеринен өздүк аң-сезиминдин жашоосунуна көңүл бурган.

Жыйынтык катары чыныгы аң-сезимдик феноменге жол ачылган, б.а. акыл-эс жеткен жана таанылган объекттерге. Феноменология физикалык эмес, дүйнөнүн интенционалдык түзүлүшүн изилдейт, анын предмети чын курчап турган дүйнөнүн объективдүү мыйзамдары эмес, болмуштун маңызы.

Гуссерль «интенционалдуулукту» (бул түшүнүктү Гуссерль Ф. Брентанодон алган. Өз учурунда Брентано орто кылымдык «intentio» - «өзүнөн айырмаланган» дегенди билдирген сөзгө таянган) “ бир нерсеге багыттуулук” катары түшүнгөн. Биздин аң-сезимибиз интенционалдуу, ал дайыма объектке багытталат. Биз дайыма нерсе жөнүндө ойлонобуз, аны баалайбыз, кандайдыр бир нерсени элестетебиз. Ошентип, интенционалдуулукта эки моментти бөлүп көрсөтүүгө болот: предметтик багыт (багыт объектиси) жана багыттуулуктун өзүн (175-чийме). Интенционалдуулук аң-сезимдин зарыл, априордуу идеалдуу структурасы. Таанымдын интенсионалдуу актын талдап

жатып, Гуссерль анын 2 негизги учурун бөлүп көрсөтөт: **ноэма** жана **ноэзис**. Ноэма – предмет тараптан каралган, аң-сезим актын мүнөздөйт, ага акттын «эмнеси”туура келет. Ноэзис – багыттуулуктун өзүнүн мүнөздөмөсү, ага актынын “кантип” дегени дал келет (176-чийме).

175-чийме

Интенционалдуу акт



176-чийме

Ноэма жана ноэзис



Мисалы, сүйлөмдө берилген аң-сезим үч актын карайбыз:

1. «Эшик жабык.»;
2. «Эшик жабык!»
3. «Эшик жабыкпы?»

Бул үч кырдаалда тең бир эле “материя” менен иш алып барабыз, аң-сезим акты бирдүктүү «эмне» дегенге багытталган: «эшик» жана «жабыкпы» кандайдыр бир аң-сезим феномендери. Бирок биз бул “эмнеге” аң-сезим кантип багытталган нерсеге кайрылсак, анда бул жерде айырмачылык байкалат: биринчисинде - тастыктоону, экинчисинде - басымды, үчүнчүсүндө - суроону.

Гуссерль «Логикалык изилдөөлөрүндө» маанинин өзгөчө концепциясын сунуш кылган, аны аң-сезим актысынын идеалдуу мазмуну менен байланыштырган. Мында маани берилген «эмнеге» бардык кошбагытталган акттарда сакталган окшоштук. Маани (маңыз) түшүнүгү феноменологиянын бирден-бир негизги түшүнүктөрүнөн болуп калды. Андан соң Гуссерль ар түрдүү субъекттердин концептуалдык чиймесине (“маанилер дарагы”) кирген ар түрдүү маанилердин окшоштугу жөнүндөгү жана ар түрдүү маанилердин катыштыгы жөнүндөгү маселелерге көп көңүл бурган, бул нерсе ага ар түрдүү объекттердин бири бирин түшүнүшүү ж.б. көйгөйүн түшүндүрүүгө мүмкүнчүлүк берген.

Илимий таануунун объективдүүлүк көйгөйлөрү. Бирок феноменологиялык көз караш илимий билимдин идеалдуу мазмунун (ушул маанинин) жана илимий билимдин маанисин баштан кечирген субъективдүү аң-сезимдин объективдүүлүгүнүн катыштыктын баштапкы көйгөйүн чечүүгө бизге кантип жардам берет? Ал үчүн Гуссерль изилдөө акцентин субъекттердин индивидуалдуу аң-сезиминен жалпы адамдык аң-сезимге, объективдүү дүйнө жалпы интенция дүйнөсү катары саналган кандайдыр бир универсалдуу субъекттин аң-сезимине которот. Эми объективдүү дүйнө интерсубъективдүү чөйрө катары (бардык субъекттер үчүн жалпы) түшүндүрүлүп калды. Мында жеке “Мен” интерсубъективдүүлүк негизинен орун ээлейт.

Өзүнүн акыркы, бүтпөй калган эмгегинде Гуссерль биримидктин дагы бир негизги - тилдин, “маанинин тело менен куроонун” алып жүрүүчү болуу мүнөздөмөсүн белгилейт. Тил маанини алып жүрүүчүсү, материалдык объект катары ар түрдүү субъекттер үчүн

жалпы ткандын өзүнө, демек объективдүү (жеке аң-сезим позициясынан) дүйнөгө (интенсионалдык, акылжеткен объекттер дүйнөсүнөн), кошулуп кеткен. Жалпы объективдүү дүйнөгө тилдик белгинин тиешелүүлүгү идеалдуу маанинин объективдүүлүгүнүн кепили жана шарты болуп калат жана түшүнүшүүгө жана сүйлөшүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ошентип, илимий билимдин мазмунун тузгөн объективдүү маанилер өзүнүн негизделишин тилдин алып жүрүүчүсү болгон субъекттин (адамзаттын) тажрыйбасынан алат.

Европалык илимдин кризиси жана аны жеңүү. Гуссерлдин субъектинен объективдүү илимий билимдин (билимдин маанилүү мазмунунан) алынып ташталышы менен европалык илимдин кризиси байланышкан. Ушул кризисти талдоодо негизгилердин бири болуп “жашоолук дүйнө”, б.а. адамдын өзү тиешелүү болгон дүйнө, түшүнүгү эсептелет. “Жашоолук дүйнө” түшүнүгүнүн киргизилиши аң-сезимдин табигый багытына кайтуу, тышкы дүйнөнүн көз карандысыз бардыгынын чын экендигине ынануу деп эсептөөгө болот. Бирок “объективдүү” дүйнө феноменологиялык редукцияланган аң-сезим алкагында өзүнүн укуктарын тикелөө менен феноменологиялык актануууну алат.

Адамдар дүйнөсү - аң-сезим дүйнөсү деген өзүнүн неги зги жобосуна негизденип, Гуссерль ар кандай иш-аракет (илим да) жогоркудай мааниде субъективдүу деп белгилеген.Европа илиминдеги жана жалпы эле руханий маданияттагы кризисти жеңүүнү Гуссерль анын принципиалдуу субъективдүүлүгүн моюнга алуу менен байланыштырат. Гуссерль философия субъекттен алып таштоону жеңип, адамзатты кризистен алып чыгат жана аны “өзүнүн астында абсолюттук теориялык көз ачылуунун негизинде абсолюттук жоопкерчиликке жөндөмдүү” адамзатка айлантарына үмүттөнгөн.

177-чийме

Гуссерль: булактары жана таасирлери



20.4. Экзистенциализм (Existentialism)

Экзистенционализм же жашоо философиясы – XX-к. таасирдүү философиялык багыттардын бири. «Existentia» термини латын тилинен алынып, «жашоо», «турмуш» дегенди билдирет.

Экзистенционализм философиясында негизги орунду адамзат жашоо көйгөйү (экзистенция) ээлеген. Бул жашоонун трагедиялуулугуна басымды экзистенциализм «үмүтсүздүк философиясы» менен жасаган, ал эми чыгармачылыкты "бул дүйнөдөн алып чыгуу ыкмасы" деген түшүнүк аны «чыгармачылык философиясы» деп атоого мүмкүндүк берет. Экзистенционализм өзүнүн өнүгүшүндө жашоо философиясынын идеяларына, Кьеркогордун субъективдүү идеализмине жана Гуссерлдин феноменологиясына таянган.

Экзистенционализм Биринчи дүйнөлүк согуштун алдында пайда болгон жана 1960-ж. орто ченине чейин агым катары жашаган.

Экзистенционализмдин өнүгүшү бир нече этаптардан турат (112-таблица).

112-таблица

Экзистенционализмдин өнүгүшүнүн негизги этаптары

Доор	*Өлкө*	*Философтор*
1-дүйнөлүк согуштун асты	Россия	Н.Бердяев, Л.Шестов
1-дүйнөлүк согуштан кийин	Германия	М.Хайдеггер, К.Ясперс, М. Бубер
2-дүйнөлүк согуш мезгили жана андан кийин	Франция	Ж.П.Сартр, Г. Марсель, А.Камю, С де Бовуар, М.Мерло-Понти
1940-1950-жж.	Испания	Х. Ортега-и-Гассет
	Италия	Н. Аббаньяно, Э.Пачи,
	АКШ	У.Лоури, У.Баррет, Дж.Эди

Экзистенционализм философиялык агым катары дээрлик бирдей эмес. Өзгөчө олуттуу айырма диний жана атеисттик экзистенциализм ортосунда жашайт (113-таблица).

113-таблица

Диний жана атеисттик экзистенционализм

Диний	*Атеисттик*
Бердьяев, Шестов,	*жеке атеисттик*
Марсель,	Сартр
Ясперс, Бубер	*шарттуу атеистик*
	Камю,Хайдеггер

Шарттуу атеистик экзистенционализм жөнүндө сүйлөп жатканда Камю менен Хайдеггер Ницшенин «Кудай өлдү!» деген тезисин кабыл алуу менен Кудайсыз жашоонун мүмкүн эместигин тастыкташкандарын айта кетүү зарыл.

Негизги эмгектери.Н.А. Бердияев: «Эркиндик философиясы» (1911), «Чыгармачылыктын маани-си» (1916), «Эсхатологиялык метафизиканын тажрыйбасы» (1947).

М.Хайдеггер: «Болмуш жана убакыт» (1927).

Ясперс: "Философия», 3 томдуу (1-том – «Дүйнөдөгү философиялык ориентация», 2-том – «Экзистенциянын ордуна келүүсү», 3-том – «Метафизика»), «Тарыхтын маани-си жана милдети» (1949).

Ж.П.Сартр: «Болмуш жана эч нерсе» (1943), «Экзистенционализм – бул гуманизм» (1943). Көптөгөн экзистенционалисттер, айрыкча француздар, өздөрүнүн философиялык идеяларын көркөм формада, роман, пьеса, эссе формасында чагылдырышкан.

Философиялык көз караштары*. Экзистенция жөнүндөгү окуу.* Экзистенционализмдин борборунан (жашоо философиясы катары) адам жана анын

жашоосу (экзистенциясы) көйгөйү орун алган. Бирок адам болмушун рационалдуу усул менен, болгондо да табигый илимдер усулу менен түшүнүүгө болбойт, ал интуитивдүү түрдө жетишилет. Жашоо философиясындагыдай сыяктуу адам болмушу ички уйгу-туйгу ойлор (б.а. өз башынан өткөрүү) агымы түрүндө изилдөөчүнүн алдында турат, ага бир гана изилдөөчүнүн өзү эле тартылбастан, ал анда (коомдо) жашайт. Адам жашоосун талдоо үчүн экзистенционалисттер адамдык абалды аныктоочу төмөндөгүдөй «модустар» (түрлөр): «коркуу», «үмүт», «үмүт үзүү», «чечкиндүүлүк» сыяктуу түшүнүктөрдү колдонушкан. Жашоо философиясынан айырмаланып экзистенционализм транценденттүү маңызга басым жасайт. Мындагы адам жашоосунун терең сыры бир жагынан, дайыма багыттуулугунда (интенционалдуулугунда), экинчи жагынан ачык айкындуулугунда, б.а. жабык эместигинде. Диндик экзистенционализмде (Бердияев, Марсель, Ясперс, кийинчерээк Хайдеггер) бул транценденттүү маңыз кудай катары түшүнүлүп, бирок аны рационалдуу прогноздоо түшүнүү, прогноздоо, сүрөттөө мүмкүн эмес. Ал сыр, биз аңдап түшүнө албай турган сыр, болгону аны тилде, поэзияда, мифте гана айта алабыз. Атеисттик экзистенционализмде (Сартр, Камю) бул транценденттүү маңыз эч нерсе эместик катары түшүнүлүп, алар өздөрүнүн маселеси катары бул маңыздын иллюзордуулугун ачууну эсептешет (178-чийме).

178-чийме

Экзистенциянын интенционалдуулугу

Адамдык жашоо ⟶ кудай /эч нерсе эместик

Адамдагы дагы бир өзгөчөлүк – анын өлүмү, демек экзистенциянын аягына чыгуучулугу (диндин экзистенционализмде жандын өлбөстүгү, жердеги жашоонун аяктоосу таанылган). Төрөлүү жана өлүм аралыгында камтылган экзистенциянын аягы эле адамдын жашоосун трагедияга айлантууга жетишерлик. Өлүмдөн качып кутулуунун мүмкүн эместиги бизди жашоого башкача көз караш менен кароо, аны баалоо, анын маңызын терең түшүнүүгө түртөт. Хайдеггер «Убакыт убакыттан жаралат» - деген (179-чиймеде).

179-чийме

Экзистенциянын багыты

Адам жашоосу жөнөкөй көз караш менен

Төрөлүү ⟶ Өлүү

⟵ Экзистенционалдык көз караш менен

Адамзат жашоосу дайыма убакыт агымы менен агат, бирок бул объективдүү, космикалык, көңүл кош убакыт эмес,(Ньютондук абсолюттуу убакыт тибинде), ал адамдык тынчсызданууу, изденүү, үмүттөнүү менен байланыштуу болгон тарыхый-инсандык,. Ар бир индивид конкреттүү кырдаалдын жана белгилүү маданият алкагында жашайт; ал өзүнүн жашоосун алып барат, жыйынтыгында бул дүйнө артта калат (заброшен). Анын коолоосу кандай гана болбосун, ал өзү жашап жаткан дүйнө менен эсептешүүгө мажбур. Анын тигил же бул биологиялык жана психологиялык белгилери, тигил же бул социалдык тайпага же этноско таандык экендиги, белгилүү бир маданий-тарыхый кырдаалда болгондугу - адамга сырттан жана анын коолоосунан тышкары байланган объективдүү мүнөздөмөлөр жана шарттар болуп саналат. Жана мунун баардыгы экзистенциянын «кырдалдуулугу», «убактылуулугу» «аяктоочулугу» менен байланышкан, натыйжада адамзаттык «болмуш - дүйнөсүнүн» трагедиялуулугун тереңдетет.

Эркиндик жөнүндөгү окуу. Экзистенционализмдеги негизги орунда эркиндик көйгөйү турат. Анын маңызы «Экзистенция» түшүнүгүнүн базасында түшүндүрүлөт жана анын негизги мүнөздөмөлөрүнүн бири болуп транценденцияга «багыттуулук», («интенционалдуулук»), (транценденттүү маңыз) эсептелет. Ал эми диндик

экзистенционализм эркиндикти Кудайдан гана алууга болот, ал эми) транценденция - бул эч нерсе эмес деп санаган атеисттик экзистенционализм эркиндикти адам үчүн өзүн өзү тандоого , б.а. бул дүйнөдө эч нерседен көз каранды болбогон өзүнүн маңызын (Сартр) тандап алуу мүмкүнчүлүгү деп түшүнөт. Мында эркиндик, эгерде адам өзүн инсан катары тандап алса, анда ал адам көтөрүүгө аргасыз болгон оор түйшүк катары болуп калат. Бирок адам бул тандоону четке кагуусу да мүмкүн, анда адам башка бардык адамдар сыяктуу өз алдынча болуп калат. Ошондо ал жоопкерчиликсиз, эч нерсени чечпеген, коомдук механизмдин бир буралмасына айланат жана бейинсан, анонимдүү, Бердияевдин сөзү менен айтканда « объективдешкен дүйнөгө» батат.

Транценденция көйгөйү. Өзүн инсан катары тандоонун оордугу атеисттик экзистенционализмде инсан дайыма жалгыз экендиги менен татаалдаштырылат. Объективдешкен . дүйнөдөгү баарлашуу: сүйүү,достук ж.б. - нагыз баарлашуу эмес, жасалмалуулук акмактык, эки жүздүүлүк менен коштолгон. Эч нерсе эместин алдында туруп, адамдык жашоонун маанисиздигин, аяктоочулугун таануу менен, инсан ошондой эле абалдагы башка инсанга карата үмүтсүздүктү, ишенимсиздикти туят. Камю ырастагандай эле, инсандар чыныгы мамилени көз ирмемге гана түзүшөт: «абсурддуу бунт» мезгилинде «абсурддуу дүйнөгө» каршы болууга чейин. Марсель ж.б. баш болгон диндик экзистенция бул көйгөйдү башкачараак талкуулашат. Алардагы сүйүү транценденттүү, Кудайга жарып чыгуу же башка адамга чыгуу Кудай алдында ишке ашырылат. Бирок буга рационалдуу же акыл менен жетишүү мүмкүн эмес.

Диний жана атеисттик экзистенционализмдин көз карашында объективдешкен дүйнөгө жарып чыгуу мүмкүн: ал диний, көркөм философиялык чыгармачылык чөйрөдө ишке ашырылат. Мында «чыгармачылык үчүн» чыгармачылык эске алынат, себеби чыгармачыл чөйрөгө «объективдешкен дүйнө" кирери менен , эң жок дегенде чыгармачылыктын продуктунан кандай пайда алууга болот деген ойлор келгенде (акча, кадыр-барк, даңк, аброй), биз деле ошол объективдешкен дүйнөдө болуп калабыз.

Окуунун тагдыры. Экзистенционализм (айрыкча чыгармачылык жөнүндөгү окуулар) XX-к. жазууларга, сүрөтчүлөргө, көркөм интеллигенциянын өкүлдөрүнө - Пикассого, Сент-Экзюпериге, Хемингуэйге ж.б. чоң таасир эткен.

Экзистенционализмдин көптөгөн идеялары XX-к. жаңы багыттын - герменевтиканын калыптанышына олуттуу таасир көрсөтө алган.

Хайдеггер (Heidegger)

Өмүр таржымалы. Мартин Хайдеггер (1886-1976) XX-к. орто ченине чейинки ири немец философу. Ал экзистенционализм менен философиялык антропологияга олуттуу салым кошкон (ал бул багыттарга эч кандай тиешеси болбогон эмес болсо дагы). Хайдеггер философиялык герменевтиканын негиздөөчүлөрүнүн бири болуп саналат.

Дыйкандын үй-бүлөсүнөн чыккан Хайдеггер 1909-1911-жж. иезуиттик теологияны Фрайбургдагы колледжде үйрөнгөн, андан соң философияны Фрайбург университетинде Рикерттин жаны кантчыларынан үйрөнгөн. 1913-ж. докторлук диссертацияны жактаган, ал эми 1915-ж. ошол жерде философиядан мугалим болуп иштей баштаган. 1916-ж. Фрайбург университетине Гуссерль ишке чакырылган, Хайдеггер болсо анын философиялык семинарында ассистент болгон. 1923-1928-жж. Маргбугда иштеген, бирок 1928-ж. Фрайбургга - өзүнүн окутуучусу Гуссерлге кайтып келген, ал Хайдеггерди өзүнүн кафедрадагы улантуучусу катары кабыл алганды каалап жүргөн. 1933-ж. (Германия бийлигине фашизм келген) Хайдеггер фашистик партияга кирген жана бир жыл ичинде университетте ректор болгон. Хайдеггердин бул кызматта жүргөндө айтышына караганда, ал чын жүрөгүнөн фашизимдин идеяларына тилектеш болгон, Гитлердин жеңилүүсүнөн кийин анын Германияда сабак берүүсүнө 1951-ж. чейин тыюу салынган. Кийинчерээк ал 1933-ж.немец элинин фашисттердин тартиби учурунда руханий дүйнөсүнүн жаңылануусуна чын жүрөгүнөн үмүттөнгөндүгүн түшүндүргөн. 1951-ж. расмий түрдө Хайдеггер пенсияга кеткен жана өзүнүн илимий изилдөө ишмердигин

улантуу менен бийик тоолордо жашай баштаган. 1975-жылы Хайдеггердин жазуу топтомдору чыга баштаган, бул принципиалдуу ага болгон мамилени өзгөрткөн. Азыр чындыгында ал XX-к. чыгаан философторунун бири болуп эсептелинет.

Негизги эмгектери. «Болмуш жана убакыт» (1927-ж), «Метафизика эмне деген»? (1929), "Кант жана метафизика көйгөйлөрү" (1929), «Платондун чындык жөнүндө окуусу» (1942), «Гуманизм жөнүндө кат» (1943), «Тапталбаган чыйыр жолдор» (1950), «Метафизикага киришүү» (1953), «Философия деген эмне?» (1956), «Тилге жол» (1959), «Ницше» (1961), «Техника жана бурулуш» (1962), «Кылым жолдору» (1967).

Философиялык көз караштары*.Негизги периддору*. Хайдеггердин чыгармачылыгында 2 периодду ажыратышат: эрте (1930-ж) кечки, алардын ортосундагы өткөөлдөр «акыл-эстеги бурулуш» менен байланышкан. Эрте периодду феноменологиядан экзистенционализмге өтүү, кечкини – «герменевтикалык» деп мүнөздөөгө болот.

Хайдегердин философиядагы борбордук темасы «болмуштун маңызын адекваттуу аныктоочу онтология» болгон. Бирок бул эки период ар түрдүү калыптанган жана чечилген. Биринчи периоддо Хайдеггер таануу субъектин - болмуш маңызынын көйгөйлөрүн чечүүгө аракеттенгендерди изилдөө менен алектенсе, экинчи периоддун негизги маселеси болуп турмуштун өзүнөн өзү ачылуусу эсептелинген.

Эрте период. Турмуштун мазмунун түшүнүш үчүн биз эң оболу, ал өзү аныкэмнени түшүндүргөнүн билип алышыбыз керек. Ошол анык нерсе адам, демек биздин астыбызда адамды түшүнүү маселеси турат.

Ушул периоддо Хайдеггер феноменлогиялык идеяларынын күчтүү таасирине туш болгон. Ошондуктан ал адамдардын акыл-эсин феноменологиялык тааризде феномендердин топтому (ой толгоолор агымы) деп түшүнүк берген. Бирок Дильтейдин таасири астында феноменологиялык тазаланган акыл-эсти гана изилдөөлөр менен токтоп калбастан (Гуссерль иштегендей): адамдарды анын жашоосу менен өмүр сүрүшүн чогуу алуу менен (экзастенцияларды) бүтүн жан катары кароо керек деген бүтүмгө келген.

Хайдеггер мындайча ойлонгон. Эң оболу адам жөн гана өмүр сүрөт, болмушка ээ болот, анын ошол болмушу **чыныгы өмүр**, б.а. акыл-эс факттарынын агымы, «биринчи адамдын жашоосунун ой-толгомдору». Бирок бул кандайдыр бир абстракттуу же абсолюттук болмуш эмес, чындыгында өмүр ар дайым «**ушул жерде болмуш» же «болмуш ааламда»**, б.а. өмүр сүрүү жашоонун ар кандай шарттарына, убакытка байланган. Адам мамиле жасаган бардык объекттер (акыл-эс факттары) анын турмушунда болгон ар дайым «ага берилген» нерседей болот. Ошол үчүн адам башка объекттердин арасындагы жөн эле объект эмес.

Өзүнүн өмүрүнүн бардык учурунда адам белгилүү бир жашоо жагдайларында болот, ал жашоого «ташталган» жана ал менен тыгыз ич аракетте. Чыныгы жашоо убакыт ичинде өтөт, ал конкреттүү, кокустан пайда болгон, уникалдуу жана кайталангыс. Так ошол өмүр универсалдуу чындык жана ал адамдын чыныгы болмушун түзөт. Бул «ушул жерде болмуш» өзүнөөмүр сүрүүнү аңдап билүү фактын жана бул өмүр сүрүүнүн маани-маңызын түшүнүүнү камтыйт. Бирок бул түшүнүк туптуура болушу шарт эмес, анда бир топ катачылыктар болушу мүмкүн, ошондуктан биз феноменологиялык же герменевтикалык талдоо жүргүзүшүбүз керек, мында биз адаттагыдай салттуу ой жүгүртүүлөр көндүмдөрүнөн арылышыбыз керек.

Хайдеггер субъектти өз алдынча, дүйнөдөн обочолонгон, болгону өзүнүн тажрыйбасында бул дүйнөнүн объекттери (буюмдар) жана башка субъекттер менен белгилүү бир мамилеге түшкөн нерсе катары бир караганга чукул каршы чыккан. "Башкалар" менен бардык жолугушуулар, Хайдеггердин оюу боюнча, ар дайым «чогуу болмуш» контекстинде болгон, мындай жолугушуулар башынан эле болушу мүмкүн. «Ушул жерде болмуштун» негизги өзгөчөлүгү - бул учурда өзүнүн бар болуу, ишке ашырылуу мүмкүнчүлүгү. Бирок, башка тараптан караганда, бул башка, мурда болбогон

нерсенин калыптануу мүмкүнчүлүгү. Ошону менен бирге адам өзүнө берилген объекттерди өзгөртүшү, башка субъекттерге таасир этиши, өзүн жана дүйнөнү өзгөртүшү мүмкүн, адамдын өмүр сүрүүсүнүн эң бир маанилүү касиети ал өзүнүн жашоосун өзгөртүү боюнча долбоорлорду үзгултүксүз түрдө курууда турат.

Бирок бул «болмуштун мүмкүнчүлүгү» адам үчүн жөн гана «ачык» эмес, ошол эле учурда өзүнүн ачылуусу жана белгисиздиги менен коркунучтуу, аны аңдап билүү биздин "бул жерде болмушубуздун" убактылуу экендигин түшүнүүгө алып келет, б.а. жашоонун ар бир көз ирмеми тез өтүп кетчүү нерсе, бул нерселердин бардыгына чекти Өлүм коёт. Себеби Өлүм болмуштун субъекттеринин бардык мүмкүнчүлүктөрүнүн жолун тосот. Бул нерсени аңдап билүүдө пайда болгон коркунуч жана ызалануу туура эмес жана жеке өзүнүн эмес багытынын натыйжасы болуп саналат. Ар бир адамдын астында «бар же жок болуу», б.а. өзүн издеп табууже жоготуу тандоосу турат. Мындай тандоодо эң биринчи эркиндик турат. «Өзүн тандоо» өзүнүн өлүмүнүн астында ишке ашат жана ал өзүнүн өмүрүнө өзү жоопкерчиликти алат.

Бул үчүн өлүм ар кандай учурда келиши мүмкүндүгүн түшүнүү зарыл. Мындай абалда адам катуу кабатыр алат жана сарсанаа болот, анын жашоосу мазмуну жок жана максатсыз болуп калат. Мына ошондо анын астында тандоо ачылат. Биз мындай көйгөйдөн коркокчо качып, анын реалдуулугун танып, ал жөнүндө унутууга далалаттанышыбыз мүмкүн. Мындай учурда биз чыныгы жашоону тандабастан, биздин «мен» баналдуу болуп калат да, инсандык касиеттен арылган "үйүлгөн топтун адамы" дүйнөсүндө адашкандарга айланабыз. Чыныгы жашоо (өзүнүн жеке экзистенциясын, өзүнүн чыныгы «менин» тандоо) бул өмүрдө Өлүмгө бетме-бет, Эч нерсе эмеске бетме-бет турат. Ушул нерсе гана адамга турмуштун убактылуу экенин көтөрүүгө мүмкүнчүлүк берет, ушул нерседе гана адамдын болмушунун мазмуну ачылат.

Буга байланыштуу биздин өз туугандарыбызга болгон камкордугубуз чыныгы же чыныгы эмес болушу мүмкүн (114-таблица).

114-таблица

Жакындар жөнүндө камкордук

Камкордуктун түрү	*Камкордугубуздун мааниси*
Чыныгы эмес камкордук (жөн гана чогуу өмүр сүрүү)	Өзүбүзгө жакыныбыз жөнүндөгү камкордукту алабыз
Чыныгы камкордук	Жакыныбызга «өзүн тандоого» жардам беребиз, демек өзүнө жоопкерчиликти алууга жардамдашабыз

Убакыт көйгөйү. «Ушул жерде турмуш» азыркы учурда ишке ашырылат. Бирок адамдык жашоонун негизги белгиси келечектегини боолголоо, бирок ошол келечек жөнүндө камкордук өткөндүн негизинде түзүлөт. Өтүп кеткен, азыркы жана келечектеги адам үчүн темпоралдуу, адамдан тышкары жашаган катары убакыттын маанисин ачып берет

Кечки период. Бул периоддо Хайдеггердин чыгармачылыгында негизги тема болуп «турмуштун ачыктыгы» көйгөйү болгон, б.а. Болмуш өзүн-өзү кантип ишке ашырат жана анын Болмуштун өзүнүн окуяларында, чындыкта, тилде кантип ачылышы.

Хайдеггер философ-досократтар чындыкты Болмуштун өзүнөн өзү ачылышы катары түшүнүшөт деп ырастайт. Платон физикага метафизиканы киргизген: себеби Болмуштун алгачкы негизи ой жүгүртүү (Дүйнөлүк акыл) деп эсептеген жана анын мазмуну катары болгон, чындыгында, «физикалык», «табияттык» объекттерге айланып кетишкен. Жана чындык идеяларга ой жүгүртүүлөрдүн мазмунунун туура келиши катарында түшүнө баштады. Ошентип, жана тилге туура келтирилген, тилдин жардамы

менен ой-жүгуртүү ишке ашырылган. Адамдын оюн тилсиз түшүнүүгө мүмкүн эмес, бирок тил да ой-жүгуртүүгө бир топ чектөөлөрдү коёт: «мурас сөздөр» жана, бизге эмнени айтсак болорун же болбосун билдирчү ар түрдүү эрежелерди. Натыйжада биз тилибиз менен Болмушту сүйлөбөй, жөн эле маанилүү нерселер жөнүндө сүйлөйбүз. Бирок Болмуш маанилүүлөрдөн өзүн аныктап ачып бербейт, ал өзүн жеке инициативасы боюнча гана ачып берет. Жана бул ачылыш тилде, бирок илимий эмес, философиялык эмес, а поэзиялык тилде жүрөт. «Тил – Болмуштун үйү. Анда адамдар жашайт. Ойчулдар жана акындар – ошол жашоонун сакчылары".

Дол ошол акындарга гана Болмуш өзүнүн сырын ачып берет, өзү жөнүндө ошол акындар аркылуу сүйлөйт. Болмуштун бийлигиндеги гана адам чындыкты кабыл алууга даяр жана эркин.

Герменевтикалык чөйрө. Хайдеггер Болмушту мүмкүнчүлүк катарында түшүндүргөндүктөн, герменевтикалык чөйрө улам пайда болуп турган жаңы интерпретациялардын кандайдыр бир жазыла турган түрмөгү болуп калды, мында ар бир түрмөк мурдагы тажрыйбанын негизинде түзүлгөн жаңы тажрыйбаны алуу жана аңдап билүү. Ошондуктан мындай чөйрө жоют тоштоону талап кылган жаман, кемчилик эмес. Тескерисинче, эң акыркы интерпретацияны алуу менен биз Болмуштун эң биринчи, алгачкы, изилденип жаткан оюъектке тиешелүү маанисин түшүнүшүбүз мүмкүн.

Окуунун тагдыры. Хайдеггердин философиясы экзистенциализмдин өнүгүүсүнө чоң таасирин тийгизген, антропологиялык философияга, аналитикалык философиянын тилинин окуусуна; андан сырткары, Хайдеггер жана анын окуучусу Гадамер философиялык герменевтиканын негиздегендер болуп саналышат.

Сартр (Sartre)

Өмүр таржымалы. Жан-Поль Сартр (1905-1980) – француз жазуучусу жана философу, экзистенциализмдин эң бир көрүнүктүү өкүлү. 1924-1928-жж. Париждеги Жогорку нормалдуу мектепте окуп, ошол жерде философияны үйрөнгөн. Андан кийин Гавра жана Лиондо окутуучу болуп иштеген (1931-1933). 1933-1934-жж. атайын берилүүчү стипендияны алып Берлинде эмгектенген, ал жерде Гуссерлдин, Хайдеггердин, Ясперстин эмгектери менен таанышкан жана алардын өзү менен да баарлашкан. 1936-1939-жж. Парижде окутуучу болгон. Экинчи Дүйнөлүк согуштун башында (1939) армияга чакырылып, а 1940-ж. немецтерге туткунга түшкөн жана ал жерде бир нече ай болгон. Андан кийин туткундан бошотулуп, Парижге кайтып, окутуучулук ишин улантуу менен бир эле учурда Каршы туруу (Сопротивление) кыймылына катышкан. Мерло-Понти менен биргеликте «Социализм жана эркиндик» деген тайпа түзгөн, ошол мезгилде марксизмдин олуттуу таасирин сезген.

1943-ж. Сартр өзүнүн эң биринчи «Болмуш жана Эч нерсе» философиялык ишин жарыккачыгарган. 1950-ж. Сартр саясий сол канат кыймылын түзүүгө аракет кылган, «Жаңы заман» деген журналды негиздеген; 1960-1970-жж. сол-радикалдык бунтардык кыймылынын идеологу болгон, маоизмдин жана кытай «маданият революциясынын» идеялары менен кызыккан. Ушул жылдары Фидель Кастро жана Че Геварой менен Куба шаарында, Хрущев менен – Москвада жолугушкан. Сартр өзүнүн көз караштары боюнча экзистенционализмге жакын Симона де Бовуэр деген таанымал жазуучуга үйлөнгөн.

Негизги эмгектери. Өзүнүн философиялык идеяларын Сартр философиялык трактаттарында, макалаларында жана эсселеринде, ошондой эле көркөм формада романдарында, пьессаларында баяндаган.

Философиялык эмгектери. «Трансценденция Эго» (1936), «Эмоция теориясынын шилтемдери» (1939), «Элестетүү. Элестетүүнүн феноменологиялык психологиясы» (1939), «Турмуш жанаЭэч нерсе. Феноменологиялык онтология очерки» (1943), «Экзистенциализм – бул гумандуулук» (1946), «Диалектикалык эсти сындоо». 2 томдо (1 т. – 1960-ж., 2 т. - 1980-ж.). *Романдары:* «Жүрөк айнуу» (1938), "Жетилген курак" (1945), «Отсрочка» (1945). *Пьессалары:* «Чымындар» (1943), «Шайтан жана кудай»

(1951), «Некрасов» (1956), «Альтондун затворниктери» (1960).

Философиялык көз караштары*.Феноменологиялык онтология.* Сартр өзүнун негизги философиялык темасын “Болуу деген эмне?” деген суроо түрүндө аныктаган. Ушул көйгөйү чечүүдө ал феноменолог катары ойлонгон (Гуссерлдин таасири астында). Ошол себептен ал классикалык позитивизм же марксизм сыяктуу агымдар үчүн мүнөздүү болгон эскирген жалган ишенүүдөн арылыш керек деген. Негизги жалган ишенүү деп дүйнөнүн бардыгы жөнүндө божомолдоо - бизден тышкары жана бизден көз карандысыз, анын оюнча, “буюмдар” дүйнөсүнө сүңгүп кирүү.

Сартрдын феноменологиялык онтологиясы – бул адамдын жашоо онтологиясы (экзистенция). Философиянын тарыхында жашоонун көйгөйү маңыздын көйгөйү менен тыгыз байланышта болгон. Атеисттик экзистенциализимди өнүктүргөн Сартрда Кудай же Абсолют менен байланыштуу, маңыз менен жашоонун катыштыгы жөнүндөгү бардык салттуу көйгөйлөр алынып ташталган жана бул жерде сөз адамдын жашоосу жөнүндө гана болгон. Анын эң башкы тезиси - адам үчүн маңыздан мурда жашоо болот. Жалгыз гана жашап жаткан адам өзүнүн жашоосунун маңызын таба алат, болгондо да жашоосунун маңызын табуу адамдын өз эркы менен жана терең ойлонуп тандоосунун натыйжасы болот. (Дал ушул тезис Сартрдын анын бардык концепцияларынын ядросу болгон эркиндик жөнүндөгү окуусунун негизи болгон жана төмөндө дал ушул тезис талкууланат).

Сартрдын окуусун түшүнүү кыйын, иретсиздик байкалат жана ар кандай каршылыктар кездешет. Сартрдын феноменологиялык онтологиясынын борборунда (Хайдеггердей эле) болуп активдүү суроолорду туудурган субъект турат, аныгыраак айтсак – активдүү, суроолорду жараткан аң-сезим. Бул аң- сезим ар дайым интенцияга багытталган, аң-сезимдин ар бир интенционалдык актында трансцендирлөө жүрөт, б.а. аң-сезимдин өзүнүн жеке чегинен чыгуусу. Философиялык, суроолорду жараткан аң-сезимдин биринчи ачылышы предметтик дүйнөнү пайда кылган ар түрдүү феномендердин жашоосунун бардыгынын фактын табууда .

180-чийме

Аң-сезимдитрансцендирлөө

Интенционалдык акт



Биро ын көз карашынан ал нда трансцендирлөөдө биз аң-сезимдин чегинен чыкпайбыз, болгону жөн бирдиктүү аң-сезимдин алкагында экиге бөлүктү белгилейбиз: кандайдыр бир активдүү, суроо туудуруучу аң-сезимди жана пассивдүү, жооп берүүчүаң-сезимди - берилген суроолорго жооп берүүчү «предметтикдүйнө».

181-чийме

Аң-сезимдин структурасы



егизги модусун белгилейт: тик дүйнө” өзунун курамындагы феномен ката экиге бөлүнөт, б.а. жогорку эки модустун кайсынысына киргендигине жараша (182-чийме) .

182-чийме

Аң-сезим модустары жана предметтик дүйнө

Аң-сезим



Сартр элестетүүнүн аракетинин натыйжасы кабыл алуунуну аракетинен келип чыкпайт деп бир нече ирет баса белгилеген. Элестетүү процессинде аң-сезим буюмдун түрүн жаратат, болгондо да эч кандай кабыл алуу болбогондой аракеттенет. Элестетүүдө пайда болгон феномендер активдүү субъекттер тарабынан берилген суроолорго жооп катары эсептелинет. Дал ушинтип "өзүндөгү дүйнөнү" куруу, түзүү, конструкциялоо жүрөт (183-чийме).

183-чийме

«Өзүндөгү дүйнөнү» конструкциялоо
АҢ-СЕЗИМ



итрукцияланган предметтик дүйнө («өзүнд
дусу (элестетүү) болгондуктан, аны **адамды**
т. Бирок аң-сезим дүйнөгө багытталып, ал э
аныкталса, анда интенционалдык акттарда аң-сезим өзүн-өзү
дайым жаңылап бычып, кайтадан бул дүйнөнү өзгөртүп жатат, ошону менен бирге өзүн-өзү да өзгөртүп турат.

Турмуштун түрлөрү. «Болмуш жана эч нерсе» китебинде Сартр болмуштун бир нече түрлөрүн белгилейт, алардын эң негизгиси - «өзүндөгү болмуш», «өзү үчүн болмуш» жана «башка үчүн болмуш» (115-таблица). Бирок өзүнүн талдоосун ал эки кошумча, бирок белгилүү бир мааниде пайдубалдык түшүнүктөрдү: болмуштун феномендерин жана феномендердин болмушун изилдөөдөн баштаган. Ошентип биз биз алдыбызда турган креслону кабыл ала алабыз жана ошону менен бирге биздин аң-сезимде креслонун болмуш феномени пайда болот. Бирок биздин аң-сезим феномендин болмушуна да багытталышы мүмкүн - эгерде биз креслонун адаттагыдай жерде жок болгондугун көрсөк, мында аң-сезимдин интенционалдык акты креслонун жоктугуна багытталат. Биздин аң-сезимибизде жок болгон бар болгон феномендердикиндей эле болмушка ээ, болгондо да бар болгондордукунан кем эмес реалдуу болмушка.

Болмуштун жоктугу же **Эч нерсе** Сартрдын феноменологиялык онтологиясында өтө маанилүү ролду ойнойт. Анын китебинде «Эч нерсе» деген терминдин китептин аты болуп калгандыгы да бекеринен эмес. Дегеле Сартр Эч нерсенин (же Болмуш эместин) болуу көйгөйүн алып чыккадардан Парменидадан (Байыркы доор философиясындагы) кийинки биринчи философ. Сартрдын карап чыгуу объекти адамдык аң-сезимдин феномендери болгон себептен болмуш феноменинин «жок болуусу» болмуш феноменинин бар болуусундагыдай эле реалдуу. Заманбап терминологияны колдонуп, Сартрдын "предметтик дүйнөсү" – бул адамдын аң-сезиминде параллель же/жана ырааттуу жашаган ар кандай виртуалдуу реалдуулар (кабыл алуу жана элестетүү дүйнөлөрү) деп айтууга болот. Аларды салыштырып көрсөк, бир эле "объект" же феномен кээ бир виртуалдуу реалдуулукта болсо, башкасында – жок экендигине ынанабыз. Анын жоктугун табуу жашоону туудурат, же болмушту же "жоктуктун" феноменин.

«Өзүндөгү болмуш». Болмуш типтерин өзүнүн системасына тизип жатып, Сартр Эч нерсеге окшош «жөнөкөй болмуш» түшүнүгүнөн баштаган. Эч кандай башка нерсе бул тепкичте жок, керек болсо ушул «жөнөкөй турмуштан» бөлөк кандайдыр бир суроолордун коюлушунун өзү маанисиз. Бирок феноменологиялык редукциянын

натыйжасында ой жүгүртүүчү субъекттин аң-сезиминде «жөнөкөй болмуш» түшүнүгүнүн пайда болушу маанилүү. Эгерде жогоруда философиялык ой-жүгүртүүчү аң-сезимдин биринчи ачылыш жасашы - предметтик дүйнөнү табуусу деп белгилеген болсо, анда мында феноменологмиялык редукция андан ары кетет - субъект өзүнүн алдына мындай суроо койгондой болот: ушул «предметтик дүйнөнүн» арт жагында эмне бар? Жана төмөндөгүдөй жооп алат: «жөн эле турмушту», «бош болмушту» же Эч нерсени.

Бул болмуш чындыгында бопбош болгондуктан, анын ичинде эч кандай бөлүгү да, эч кандай айырмачылыктар да жок. Демек, бул жерде болмуштун өзүнө өзү тиешеси жок, бир гана анын касиети, ал бар болуу (жашоо). Так ошондуктан ал «өзүндөгү болмуш» катары эсептелинет. Чыныгы менен ал таптакыр бош болгондуктан, ал эч кандай жигердүүлүккө ээ эмес.

«Өзү үчүн болмуш».«Жөнөкөй болмуштун» жогоруда аталган мүнөздөмөлөрүн табуу суроо берүүчү аң-сезимге өзүнүн бул "жөнөкөй болмуштан" кандайча айырмаланышын түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ушул айырмачылыкты белгилеп жана каттап, суроо берүүчу аң-сезим өзүнө, өзүнүн табиятына кайрылат, ошону менен бирге өзүн жеке изилдөө объекти катары көрсөтөт жана өзүн рефлекстүү болмуш катары таануу менен өзүнүн активдүүлүк жана интенционалдуулук (объектке багытталгандык) сыяктуу пайдубалдык касиеттерин тааныйт. Ошентип ал өзүнүн бир гана "өзүндөгү болмуш" гана эмес, ошол эле учурда "өзү үчүн болмуш" экендигин аңдап билет. Мында өзүнө өзү изилдөө объекти катары кайрылуу менен, аң-сезим өзүн "мен - объект" (б.а. изилдөө предмети катары) жана "мен - субъект" (б.а. "мен - объектти" изилдегендер катары) катары ажыратат. Эгерде «мен - объект» менен «мен - субъект» айырмаланса, алар бирдей эмес болуп калат, ошондуктан алар бирине-бири каршы чыгат, «мен» жана «мен эмес» бири бирине карата. Мындай учурда ан-сезимдин экиленишинин өзү жокко чыгаруу же "негация" зарядын берет, себеби "менден" айырмаланган "мен эмес" Тигил же кандайдыр бир башка менен таптакыр окшош. Ошону менен рефлекстөөчү аң-сезим болмушту деконстркуциялоо мумкүнчүлүгүн ачат, б.а. анын үзгүлтүксүз кайрадан башкача жасоону, өзгөрүүнү, жаңыны пайда кылууну жана азыркынын жок болушун.

Өзүнүн ичинде «мен» менен «мен эмести», т.а. Башканы ажыратуу менен, аң-сезим, ушул үлгү же болбосо айырмалоо жолу менен, өзүн ал багыттала турган «бок турмуштан» айырмалайт. Кийинки кадамыбызда мурунку, алгач Эч нерсе менен окшош баштапкы «жок турмуш» андан айырмалана баштайт: мурдагы бирдиктүү «бош болмуштун» ордуна биз эми позитивдүү жана негативдүү болмушту тааныдык (б.а. бар болуу болмушу жана жок болуу болмушу). Көрсө аң-сезим мында конструкциялоочу жана деконструкциялоочу күч, ал болмушту түзөт жана жокко чыгарат. Аң-сезим болмушту жокко чыгаруучу күч болгондуктан, аны "болмуштун эч нерсеси" деп да мүнөздөөгө болот. Мында позитивдүү болмуш (бар болуу болмушу) бир кичинекей аралча, аны негативдүү болмуш (жок болуу болмушу) курчап турат.

Мындай көз карашта аң-сезим таза мүмкүнчүлүк, болмуш толтурулбаган болуп калат. Так ошол үчүн аң-сезим деген Эч нерсе – таза потенция жана таза эркиндик.

Эркиндик жөнүндө окуу. Эркиндик деген адамдын маңызын аңдап билүүгө мүмкүнчүлүк берген шарт. Адам бул абсурд дүйнөгө ташталып салынгшан жана «эркиндикке дуушар болгон». Өзүнүн эркиндигин жоготуп, адам адам болуудан калат, Эч нерсеге кайрылат. Өзүнүн эркиндигинин аркасынан адам өзүнүн өмүрүнө жооптуу. Бул жолдо ийгиликтердин гана эмес, ар кандай адашуулардын да болушу анын жеке тандоосунун натыйжасы. Сиз менен болгон нерсеге башка адамды күнөөлүү кылуу пайдасыз. Эмне гана болбосун – сиз буга өзүнүздүн кылык-жоруктарыңыз менен татыктуусуз жана алар үчүн өзүңүз жооптуусуз. Ар кандай учурда сиз өзүңүздүн жашооңуздун "долбоорун" өзгөртүшүңүз мүмкүн же башка жолду тандасаңыз болот. Бирок ар дайым ал сиздин тандооңуз.

«Башка үчүн болмуш». Сартрдын феноменологиялык онтологиясындагы негизги новация "башка үчүн болмуш" түшүнүгүн киргизгендигинде. Башка менин

субъективдүүлүгүмө киргенде гана менин аң-сезимим аркылуу табылат. Демек азыр «өзүң үчун болмуш», «башка үчүн болмуш» болуп калат. Мында мендик «мен” өзү үчүн өзү борбор болбостон, болгону бул башканын жашоо долбоорунун кандайдыр бир элементи гана болгондугун таң калуу менен табат. Башка - бул мен көргөн адам эмес, бул мени көрүп жаткан адам. Мында «мен» деген өзүнүн буюмдун денгээлине түшкөндүгун сезет.

Бул мени шал кылат, Башканын «мен» деген көз карашы менен уятты, онтойсузданууну, тартынчаактыкты сезет. Сартрдын бир пьессасынын персонажы айткандай, «Тозок - бул башкалар”. Башканын бардыгы мени эркиндигимди алып жатат. Адамдар өздөрү эркин болуш үчүн башкалардын эркиндигин алууга умтулушат. Азыр «мен» биздин эркиндигибиз башкалардан, алардын эркиндиги – бизден көз каранды экендигин аңдап түшүнөт. Демек, өзүмүн жеке эркиндигиме умтулуп жатып, мен башкалардын эркин болуусун каалашым керек.

Окуунун тагдыры. Сартр көбүнчө философ-экзистенционалисттерге чоң таасир көрсөткөн, айрыкча Камюга. Ошол кездеги чыгармачылык интелегенцияга да (жазуучуларга, сүрөтчулөргө, режиссерлорго ж.б.) анын окууларынын чоң таасири тийген.

115-таблица

Сартр: болмуш типтери

Болмуш типтери	**Болмушка мүнөздөмө**
«Өзүндөгү болмуш»	Өзү менен биргеликте алынган буюмдардын болмушунун ыкмалары. Бул болмуш аң-сезимге муктаж эмес жана ага жөндөмдүү деле эмес; аң-сезим бул ждүйнө менен бир катарда жашайт, бирок ошол эле учурда ал менен эч кандай байланышы жок.
«Өзү үчүнболмуш»	Аң-сезим дүйнөнү аныктайт (аны конструкциялайт), мында ал өзүнүн маңызы Эч нерсе эместигин тааныйт, абсолюттук эркиндик жана абсолюттук потенция; мендик «мен» жашоонун «долбоорун» эркин түзөт, өзүнүн маанисин эркин тандайт.
«Башка үчүн болмуш»	Менин субъектиме мени - субъектти өзүнүн объектине айландырган Башка киргенде, анда менин болмушумда Башка пайда болот жана «өзүүчүн болмуш», «башка үчүн болмушка» айланат. Мында мендик «мен» өзүн Башканын жашоо долбоорунун кандайдыр бир элементи (борбору эмес)катары сезет. Бул мени шал кылат, башканын көз карашы астында “мен” уятты, онтойсузданууну жана алсыздыкты сезет. Башканын бардыгы менин эркиндигимди алып жатат. Адамдар өзүнүн эркиндигин сакташ үчүн башкалардын эркиндигин алгысы келет. Биздин эркиндигибиз башкалардан көз каранды, алардын эркиндиги бизден. Андыктан өзүмүн эркиндигине умтулуп жатып, мен башкалардын эркин болуусун каалоого милдеттүүмүн.

20.5. Герменевтика (Hermeneutics)

«Герменевтика» термини грек тилинен которгондо «түшүндүрүү, түшүнүк берүү» дегенди билдирет. Бул терминдин негизинде Байыркы гректердин кудайы Герместин – адамдарга кудайлардын кабарларын жеткирүүчү жана аларды түшүндүрүп берүүчү, чечендиктин кудайынын жана кудайлардын кабарчысынын аты жатат.

Герменевтиканын негизги көйгөйү - бул **түшүнүү көйгөйү**. Герменевтикалык идеялардын өнүгушү узак убакыт аралыгында жүргөн - Байыркы дүйнө доорунан баштап (караңыз: 116-табл. жана 184-чийме). Бул нерсе, бир тараптан, XX- к. жалпы герменевтиканын өзгөчө гуманитардык дисциплина катарында пайда болушуна, башка

жагынан - философиялык герменевтиканын философиядагы өзгөчө багыт катары пайда болушуна алып келген.

Жалпы жана философиялык герменевтиканын калыптанышына **Ф.Шлейермахердин** (1768-1834) жана В. Дильтейдин (1833-1911) изилдөөлөрү олуттуу таасирин тийгизген. Философиялык герменевтика XX- к. экинчи жарымында калыптанган жана анын негиздери немец философтору М. Хайдеггердин жана Х.Г.Гадамердин эмгектеринде баяндалган.

Герменевтиканын өнүгүүдөгү негизги этаптары. Байыркы дүйнө цивилизациясында эле экзегетика – адамдар кудайлардан алган диний ыйык текстерди түшүндүрүү жана түшүнүк берүүчү салты пайда болгон. Булардын ичинде: оракулдардардын сөздөрү, «ыйык акылсыздардын» - акындардын тексттери, пайгамбарлар тарабынан алынган ыйык туюмдардын жана ачылыштардын баяндары болушу мүмкүн. Мындай тексттер кылдат сакталган жана муундан муунга максималдуу так берилген. Кээде мындай тексттердин маанисиөбашынан эле түшүнүксүз жана түшүндүрүүгө муктаж болгонболгон, убакыттын өтүшү менен таптакыр түшүнүксүз болуп калган. Себеби сүйлөшмө жөнөкөй тилдин өнүгүүсү менен диний ыйык тексттердин тили өлүктилге айланып калышкан (мисалга алсак санскрит, латынь, байыркы еврей жана грек тилдери). Диний тексттер адамдарга кудайлар жөнүндө айтып берген, кудайлар менен сүйлөшүү каражаты колдонулгандыктан, адамдык моралды, укукту, коомдун социалдык түзүлүшүн .ж.б. негиздегендиктен, буларды туура түшүнүү адамдардын жакшы жашоосу үчүн зарыл деп эсептелинген, ошондуктан ар бир байыркы маданияттын алкагында диний тексттердин интерпретациясынын ар түрдүү усулдары жана жолдору болгон. Мисалы оракулдардын сөздөрүн, адатта, көбүнчө ошол оракулдар кызмат өтөгөн храмдын жрецтери түшүндүргөн.

Бир эле текстти түшүндүрүүдө (жалпы жана ар түрдүү маданий салттардын алкагында) бир нече атандашкан экзегез (түшүндүрмө) мектептери болгон. Эски осуяттын тексттерин түшүндүрүүнүн христиан жана иудей салттары бири биринен бир топ айырмаланышкан, же, мисалы алгачкы христиан доорунда христиан салттарынын алкагында инжил тексттерин түшүндүрүү боюнча эки мектеп пайда болгон: Антиохиялык, мында акцент тексттерди туура тарыхый түшүнүүгө жасалган жана Александриялык. Анын өкүлдөрү тексттердин туура маанисине кошумча, башка тереңирээк - айтсак, аллегориялык маани берүү далаалаттанышкан. Орто кылымдарда (жетилген схоластикада) бул тексттерди түшүндүрүүнүн 5 тиби мүмкүн экендигин белгилешкен.

Христиан теологиясында жана философиясында герменевтика көйгөйлөрүнүн өзгөчө орунду ээлегендигинин дагы бир себеби бардык текст сөздөн турат, ал эми Иисус Христос алгачкы Сөздүн өзү эле (Логостун).

Европа маданиятында ак сөөк герменевтиканын пайда болушу жөнүндө байыркы грек цивилизациясынын классикалык доорунда пайда болгон деп айтууга болот, мында Гомердин поэмаларын туура түшүнүү көйгөйлөрү актуалдуу болуп калган, себеби аны окуп үйрөнүүдөн белгилүү даражада ошол убактагы билим берүү системасы куралган, ошондой эле Гомердин чыгармалары жалпы эле грек маданиятында чоң ролду ойногон. Кечки байыркы доордо жана Орто кылымдарда философиялык тексттерди, өзгөчө Платон менен Аристотелдин тексттерин туура түшүнүү жана туура баяндоо өтө актуалдуу маселелерден болуп калган, себеби алардын мааниси котормочулар жана көчүрүүчүлөр тарабынан көбүнчө бузулуп калган.

116-таблица

Батыш Европа герменевтикасынын өнүгүүсүнүн негизги этаптары

Доор	*Түшүндүрүүнүн типтери*	*Авторлору*	*Текстердин типтери*
Байыркы доор:	Диний экзегетика;	Жрецтер;	Диний тексттер, көрүүлөр жана

Эрте; Классикалык, Кечки	Ак сөөк экзегетика; Еврей экзегетикасы;	философтор: Филон;	ачуулар; Гомердин поэмалары; Эски Инжилдеги тексттер;
	Христиан экзегетикасы;	Ориген, Тертулиан, Татиан, Августин,	Инжилдеги жана философиялык тексттер;
	Ак сөөк экзегетика;	Плотин, Прокл, Ямвлих ж.б.	мурунку философтордун тексттери (Платондун, Аристотелдин ж.б.)
Орто кылымдар	Христиандык экзегетика (католиктик)	Боэций, Исидор Севильский, Ансельм, Абеляр, Фома Аквинский, Дунс Скот	Ыйык жазуу (Инжил); Ыйыкуламыштар; байыркы философтордун тексттери
Кайра жаралуу	Католиктик экзегетика; Протестанттык экзегетика Ак сөөк экзегетика	Католик теологтор, Лютер, Кальвин де ла Мирандола, Лоренцо Валло	Инжил: Ыйык уламыш Ыйык жазуу; ар кандай байыркы тексттер
Агартуу	Протестанттык экзегетика	Пртестанттеологдор	Ыйык жазуу; протестант теологдордун тексттери
XIX-к.	Жалпы герменевтика	Шлейермахер, Дильтей	Ар кандай тексттер
XXк	Философиялык герменевтика	Хайдеггер, Гадамер	Ар кандай тексттер, адамдын герменевтикалык тажрыйбалары

Кайра жаралуу доорунда 2 негизги маселени чечүү менен герменевтика дүркүрөп өнүккөн. Биринчиден, байыркы тексттерди, б.а. башка тарыхый доорлор жана башка маданият (бутпарас) алкагында болгон тексттерди туура окуп чыгуу үчүн жаңы ыкмаларды жана усулдарды табуу зарыл болгон. Экинчиден, “Ыйык уламышты” четке каккан протестантизмдин өнүгүшүнө байланыштуу библиялык тексттерди жаңыча интерпретациялоо жана окуу маселеси келип чыккан. Биринчи маселени чечүү жарандык же ак сөөктөр, ал эми экинчисин чечүү - теологиялык протестанттык герменевтиканын калыптанышына алып келген. Мындай изилдөөлөр азыркы лингвистиканын (тил илиминин) калыптанышына чоң таасир көрсөткөн.

XIX-к. жалпы герменевтиканын өзүнчө ар кандай тексттерди изилдөө менен шугулданган илимий дисциплина катары калыптана баштаган. Мында Шлейермахер жана Дильтей өзгөчө чоң эмгек сиңирген.

Шлейермахер (Schleiermacher)

Өмүр таржымалы. Фридрих Эрнст Даниель Шлейермахер (1768-1834) – немец философу жана протестанттык теолог – йен романтиктер ийримине жакын болгон. 1794-1802-жж. - диний үгүттөөчү, 1804-1807-жж. – Галл университетинин философия жана теология профессору. Университет жабылгандан кийин Берлинге кайткан, ал жерде 1810-ж. Берлинде ачылган университетте теолог профессорунун кызматын ээлеген. 1811-ж. илимий Академиясынын мүчөсү, 1814-ж. - секретарь болгон.

Негизги эмгектери. «Билимдүү адамдарга, аны жек көргөндөргө дин жөнүндө сөз» (1799), «Монологдор» (1800), «Ишенүү доктринасы» (1822), сөз башы, комментарийлер жана эскертүүлөрү менен Платондун диалогдорунун котормолорунун жана диалектика, этика, эстетика жана герменевтика лекцияларынын басылмалары (1804-1828).

184-чийме

Философиялык герменевтиканын калыптануу этаптары
Байыркы доор



Шлейермахердин философиясын н жөнүндө кеп кылганда, 3 периодду белгилеп өтүшүбүз зарыл. Биринчиден, ал динге романтикалык интерпретацияны, экинчиден, Платондун эмгектерин жаңыча окууну сунуш кылган, үчүнчүдөн, жалпы герменевтиканын негизин иштеп чыккан.

Шлейермахердин дал ошол герменевтика жаатындагы жетишкендиктери эң бир маанилүү.

Герменевтика. Шлейермахер герменевтика – бул «түшүнүү эрежелеринин өз ара байланышы» жөнүндөгү окуу деп эсептеген, ал эми анын максаты - ар кандай жазма тексттерди туура түшүнүүгө жетишүү боюнча методологияны түзүү. Ал үчүн текст – бул **эки бирдиктүү маани**, бир тараптан, ал тилдин кандайдыр бир бөлүгү, башка жактан, индивиддин чыгармачылыгынын продукту. Мындан герменевтиканын астында турган эки жактуу маселе пайда болот: бир тараптан, тексттерди лингивистикалык (грамматикалык), башка тараптан, психикалык (техникалык) изилдөө.

Лингивистикалык талдоодо текст тил системасынын бир бөлүгү, объективдүү бар болгон тилдик структуралардын жана мыйзам ченемдүүлүктөрдүн алып жүрүүчү, мындай талдоо текстерди ошол эле доордо жана ошол эле тилде жазылган башка тексттер менен салыштырууну талап кылат. Психикалык талдоодо болсо негизги акцент субъектти

куроочу бөлүктөрүнө, б.а. автордун өзүнө тиешелүү болгон тексттин жеке стилистикалык өзгөчөлүгүнө, тилдин катуу эмес эрежелерине баш ийбеген сүйлөмдөр комбинацияларына бурулат.

Тексттин субъективдүү куроочуларын таануу изилдөөчүнүн текстке «сүңгүп кирүү» усулу менен, б.а. автордун ой-пикирине, ой-толгоолоруна, максатына терең сүңгүп кирүү менен ишке ашырылат. Текстти туура түшүнүү - бул искусство, бул чыгарманын жалпы маанисине интуиция менен "катуу карануу" (караңыз: 185-чийме). Шлейермахерде чыгармачылыкты түшүнүү искусствосунун мумкүндүгү төмөндөгүчө негизделген: кандайдыр бир үстүртөн жеке «рух» бар, автордун да (текстти түзүүдө), изилдөөчүнүн да (бул текстти талкулоодо) аракетинде мына ушул "рухтун" жашоо ишмердигинин кандайдыр бир белгиси бар.

185-чийме

Чыгармачылыкты түшүнүү



Изилдөөчүнүн максаты (Шлейерм у боюнча), текстти жазган автордун өзүн өзү түшүнгөндөн да жакшыраак түшүнүү болуп эсептелинет.

Шлейермахердин эң чоң алгылыктуу ийгилиги болуп «герменевтикалык тегерикти» киргизгенинде. Ал тексттин баарын түшүнүү үчүн анын бөлүктөрүн түшүнүү маанилүү экендигин, бирок, эреже катары, ошол текстин бөлүгүн түшүнүү үчүн анын баарын түшүнүү зарылдыгын байкаган.

Мисалы: мейли бизде a, b, c, сөзүнөн турган A сүйлөмү бар. Биз A сүйлөмүнүн маанисин туура түшүнүү үчүн анын курамындагы р бир сөздү түшүнүбүз керек.
Демек A мааниси = a мааниси + b мааниси + c мааниси.

Бирок ошол эле мезгилде сөздүн маанисин түшүнүү үчүн жалпы сүйлөмдүн маанисин түшүнүү абзел. Ушинтип герменевтикалык тегерек пайда болот.

186-чийме

Герменевтикалык тегерек



Сапаттуу жана жөнөкөй мисал катары омонимдерди (айтылышы бирдей, мааниси ар түрдүү сөздөрдү) алсак болот. Орус тилинде «лук» деген сөз эки маанини түшүндүрөт, бири куралды түшүндүрсө, экинчиси жашылчаны. Бир гана бул сөздүн сүйлөмгө (же сөз айкашына) кириши бизге анын кайсы мааниде колдонулуп жатканын билдирет. (Салыштырып көргүлө: "Лук далеко стреляет" деген сүйлөм менен "Лук очень едкий" деген сүйлөмдү).

Карап чыгуу объекти катары бир нече сүйлөмдөн турган жалпы абзацты алалы. Абзацтын жалпы маанисин түшүнүү үчүн ошол абзацтагы ар бир сүйлөмдү туура түшүнүшүбүз керек, бирок ошол эле мезгилде ар бир сүйлөмдү туура түшүнүү үчүн, биз абзацтын жалпы маңызын «кармап» калышыбыз керек. Эми объект катарында бир макаланы же автордун китебин алсак, дагы эле ошол герменевтикалык тегерек: бир бүтүндүн жалпы маанисин түшүнүү үчүн аны курапгандарды түшүнүү керек, ал эми кандайдыр бир курагандын маанисин түшүнүү жалпы маанисинен көз каранды болушу мүмкүн. Кандыйдыр бир автор тарабынан жазылган текст ошол автордун жалпы чыгармачылык мурасынын бир бөлүгү болуп эсептелинет. Ошон үчүн анын бир макаласын же китебин туура түшүнүү үчүн ошол адамдын бардык ишин билүү керек.

Мисалы: автор өзүнүн кандайдыр бир эмгегинде кээ бир терминге жалпы колдонулбаган, өзүнүн жеке оюн берүүсү мүмкүн, анда анын бардык иштерин талдоодо жогоруда аталган термин өзгөчө, “автордук” мааниде колдонулушу мүмкүн экендигин эске алышыбыз керек. эске алыш керек.

Дильтейдин герменевтиканы өнүктүрүүгө салымы. Герменевтика жаатындагы Шлейермахердин идеялары немец философу Дильтейдин чыгармаларында андан ары өнүккөн. Ал Шлейермахердин архивине камкор адамдардын бири болгон жана «Шлейермахердин өмүрү» деген монография жазган.

Дильтей өзүнүн идеяларына таянуу менен аң-сезим тарыхый шартталган, ошондуктан «герменевтикалык тегеректи» талдоодо айрыкча акцентти төмөндөгүлөргө койгон. Текст бул бир жеке адамдын «чыгармачылык рухунун» көрүнүшү болгондуктан, аны туура түшүнүү автор жашаган жана чыгарма жазган доордун рухун туура түшүнө алганыбызда гана мүмкүн. Бул болсо ылайыктуу тарыхый-маданий дооролордун рухун терең изилдөө жана таануу зарылдыгына алып келет. Ошол эле учурда доордун рухун түшүнүү ошол дооролорго таандык чыгармалардын рухун түшүнсөк гана мүмкүн.

Дильтейдин ою боюнча, түшүнүү Өмүрдү анын бирдиктүү кароо менен таануунун бирден бир адекваттуу жолу, анын маанисине жакындоонун жана ага кандайдыр бир маани-маңыз берүүгө мүмкүнчүлүк берүүнүн ыкмасы. Өмүр, тирүү тирүүлөр тарабынан гана таанылышы мүмкүн. Дильтей Өмүр деп тарыхый-рухий болмушту түшүнөт. Өзүнүн бир топ чыгармаларында түшүнүүнүн жолдору жөнүндө айтып жатып, ал интуицияга жана иррационалдууга акцент жасоо менен ал мындай сапаттардын түшүнүү жана рационалдуу ой-жүгүртүү менен байланышын белгилейт.

Дильтей биринчи болуп түшүнүү көйгөйү жөнөкөй гана таануу теориясынын көйгөйлөрүнүн бири эмес, ал жалпы эле гуманитардык илимдин негизи экендигин эрежелештирген. Балким ошон үчүн Гадамер Дильтейди философиялык герменевтиканын негиздөөчүсү деп атагандыр.

Окуунун тагдыры. Жалпы герменевтиканын андан ары өнүгүшү философиянын чегинен чыгып кеткен: анын өнүгүшү ар кандай тексттердин интерпретациялоонун жолдору жана эрежелери жөнүндөгү окуу катарында уланган. Герменевтиканын адабиятка киришүүдө өзгөчө мааниси бар. XX-к. акырында герменевтика семиотика - белгилер жөнүндө жалпы илим менен жакындашкан. Мында герменевтикалык усулдар жана принциптер бир гана сөз менен жазылган тексттерди талдоодо колдонула баштабастан, сүрөттөрдү, кинофилимдерди, ырларды ж.б. талдоодо да колдонулган.

117-таблица

Жалпы жана философиялык герменевтика

	Жалпы герменевтика	Философиялык герменевтика
Илим катары статусу	Методологиялык (гуманитардык билимдин методологиясы)	Онтологиялык (болмуштун маңызы жөнүндө окуу)
Илимдер арасындагы орду	Жардамчы дисциплина	Герменевтика = философия
Герменевтиканын маңызы	Тааануу жолу	Болмуш жолу
Изилдөө объекти	Ар кандай текстер	Ар кандай текстер; Кадимкидей тил катары; Адамдын жашоосунун ыкмасы
Изилдөө предмети	Өмүр бирдиктүү жана тарых катары, ар түрдүү дооролордун руху жана анын текстерде берилиши	Адамдын тажрыйбасыгерменевтикалык катары
Изилдөө максаты	Текстердин чыныгы	Адамдын дүйнөгө болгон

маанисин жаңылоо мамилесин талдоо

Философиялык герменевтика

Философиялык герменевтика өзгөчө философиялык багыт катары XX-к. Хайдегердин “Болмуш жана убакыт” деген чыгармасынын жана анын кийинчерээк жазган чыгармаларынын негизинде пайда болгон. . Бирок өзүнүн концептуалдык эрежелениши Хайдеггердин окуучусу – Х.Г.Гадамердин «Чындык жана усул» деген ишинде каралган.

Хайдеггер мындан жыйынтык чыгарган: адамдын болмушу башынан эле «**түшүндүрүлмө болмуш**». Өзүнүн эрте чыгармачылык периодунда ал фактылык герменевтика менен иштеген: адам – таануу субъекти болмуштун маанисин таанууга умтулгандыгын көрсөткөн көйгөйлөрдү изилденген, бирок болмуштун маанисин түшүнүү башынан эле анда бар. Кечки периоддорунда анын көңүл борборунда күтүүсүз жерден, эң оболу поэтикалык тил аркылуу болуп өткөн болмуштун тарыхта өзүнөн өзү ачылуусу болгон. Хайдеггердин түшүнүгү боюнча герменевтика – бул философия.

Гадамер (Gadamer)

Өмүр таржымалы. Ханс-Георг Гадамер (1900-ж. төрөлгөн) – немец философу; аны философиялык герменевтиканын негиздөөчүлөрүнүн бири катары эсептешет. Адегенде Бреслауда, андан кийин Маргбургда (П.Ноторп менен Н. Гартмандан колунда) окуган. 1929-ж. докторлук диссертация жактаган. 1920-ж. Хайдеггердин лекция жана семинарларына катышкан. 1928-1938-жж. Маргбург жана Киля университеттеринде, 1939-1947-жж.- Лейпцига университетинде, 1947-1948-жж.- Франфуртта, 1949-ж. - Гейдельбергде сабак берген. 1960-ж. «Чындык жана усул» деген китеби жарыкка чыккандан кийин Гадамер кеңири белгилүү болуп калган. 1968-ж. кийин ал 20 жыл чет өлкөдө сабак берген (АКШда көбүрөөк).

Негизги эмгектери. «Чындык жана усул» (1960), калган иштери ар түрдүү философиялык жана адабий тексттерди изилдөөлөргө герменевтикалыкусулдардынпрактикалык тиркемеси катары берилген.

Философиялык көз караштары*.«Усул» жана «чындык» жөнүндө окуу*. Гадамер табигый жана гуманитардык илимдерди (Дильтей, Хайдеггердин артынан) принципиалдуу чектөө иш аракетин улантканалардын табияттагы жана дүйнөгө болгон мамилесиндеги айырмачылыктарын көрсөткөн. Китептин аталышына чыгарылган «усул» терминин ал табигый илимдерди жана алардын методологиясын белгилөө үчүн колдонгон. Ал “усул” аркылуу бардык нерсени эле түшүнүүгө мүмкүн эместигин бир нече ирет белгилеген. Болгондо да «усул» адамдык болмуштагы негизги чөйрөлөрдү түшүнүүгө жакындоого да мүмкүнчүлүк бере албайт (мисалы: чыгармачылыкка, тарыхка жана тилге); «усул» колдонгондон кийин өтө чоң кескин жаңылыш өзгөрүштөр болуп кеткен. Алардын чындап таануунун бирден бир жолу герменевтикалык талдоо жасоо, себеби бул нерсе «чындыкты» табууга багытталган.

Гадамер үчүн философиялык герменевтика – бул эң оболу тексттерди түшүнүү, чечмелөө, интерпретациялоо. Түшүнүүнүн өзү адамдын дүйнөгө болгон мамилесинде турат, бул «адамга берилген дүйнөнүн алгачкы маалыматтарынын формасы», ошондуктан ар кандай текстичечмелөөдө, баарынан мурун, адамдын өзүн жана анын маанисин түшүнүүдөгү жол.

Герменевтиканын максаты ар кандай тексттен анын кандай маалымат берип жатканын табууда турат. Жана бул «баары» автор эмне жөнүндө маалымат бергиси келгенге же кандайдыр бир окурман андан бир нерсени чыгарууга жөндөмдүү экендигине такабайт. Бул «баары» тексте объективдүү бар болгон “предметтүүлүк” сапатында каралат. Бул болмуштун бизге жеткиликтүү жагы. Гадамер өзү айткандай: «Түшүнүктү болушу мүмкүн болмуш - бул тил».

Тил - бир өзгөчө реалдуулук. Адамдык болмушунун эң маанилүү чөйрөсү – бул тил. Тил өзгөчө реалдуулук, анын ичинде адам өзүн "табат". Тилде адам өзүн-өзү да жана дүйнөнү да түшүнөт.

Гадамердин бул идеясынын негизиндеги анык факт тилди өздөштүрүп жаткан ар бир адам аны индивидден тышкары объективдүү жашаган жана индивидгедаяр маалымат катары кабыл алгандыгында турат. Мында биз колдонгон, ойлонгон жана сүйлөгөн тил жана анын структуралары адамдын ой жүгүртүүлөрүнө жана дүйнөнүн сүрөтүн түзүүдө таасирин тийгизет. Хайдеггер тил аркылуу берилген дүйнөнүн «алдын ала түшүндүрүлүүсү» жөнүндө айтып өткөн. Бул идеяны өнүктүрүп жатып, Гадамер адамдан орун алган болмушту «алын ала түшүнүү» жөнүндө белгилеген. Ал «акыл эс» менен түшүнүүнү (рефлекстүү) жана «алдын ала акыл-эс» менен түшүнүүнү (акыл-эс менен түшүнүүдөн мурда боло турган) бөлүп көрсөткөн.

Герменевтикалык тегерек. "Герменевтикалык тегерек" түшүнүгү Гадамерде жаңы интерпретациялоо алат. Ар кандай текстти түшүндүрүүгө киришип жатып, интерпретациялоочунун кандайдыр бир даражадагы «алдын ала түшүнүүсү» болот. Ал, биринчиден, тилди билет, экинчиден, маданий салттарга негизделген бул тексте болгон интерпретациялар менен тааныш.

Френсис Бекон өз учурунда адамдын акылында «идолдордун» болушун табуу менен аларды адамдын акылынан чыгарып, биздин акыл-эсти тазалоо талабын койгон. Мындай аракеттин пайдалуу экендигин мойнуна алуу менен Гадамер башка бир нече жолдор менен жүргөн: биздин идеяларды (идолдорду) үзгүлтүксүз кайрадан карап чыгууну, эскирген чындыктан баш тартып, аны бүгүнкү күндө биз үчүн эң жакшы деп эсептелинген жаңысы менен алмаштырууну талап кылат. бардык эскирген ишениятерден толугу менен кутулуу мүмкүн эмес - болгону аларды башкалар менен алмаштырууга мүмкүн деген.

Текстти окуп жатып тексттин каршыланышынан пайда болгон биздин алдын ала түшүнүүбүздөгү кээ бир туура эместиктер, каталар менен кездешебиз . Бул нерселерди табуу менен, интерпретациялоочу текстти алдын ала түшүнүүнүн экинчи долбоорун, андан кийин үчүнчүсүн, ошентип чексиз сандагы долбоорлор түзүлөт. Бирок текстти алдын ала түшүнүү чөйрөсүндөгү ар бир өзгөрүш тексттин баарын кайрадан жаңылап окуп чыгууну талап кылат, ал эми ар бир жолу кайрадан окуп чыккандан кийин текст аны түшүндүрүүнүн ушул ыкмасына "кыжырданат", бизге жаңыча каршылык көрсөтөт. Ошентип жаңы өтө так божомолдорду алууга багытталган интерпретациялардын чынжыры пайда болот

Мындай көз карашта текст түзгөн автор кокустан пайда болгон фигурага айланып калат; ал текстти жаратканы менен, текст кийинчерээк өз алдынча жашоодо жашайт. Текст өзү жаралган доор менен туш тарабынан байланган. Интерпретациялоочу болсо бул тексттен ошол доор менен байланыштырган маанинин катмарларын издейт. Бирок текст маданий жана тарыхый факт болуу менен андан аркы дооорлордун бардыгына таасирин тийгизет. Ошондуктан парадоксалдуу жагдай пайда болот: биз текст түзүлгөн учурдан канчалык узак болсок, ошончолук туура жана так интерпретацияны алышыбыз мүмкүн.

Бирок бул нерсе биздин бүгүнкү күндө текстке берген интерпретациябыз «акыркы сөз эмес экендигин» эместигин түшүндүрөт, алардын ордуна жаңы тууралары келет. Хайдеггерде пайда болгон "интерпретациялардын жандырылма түрмөгү» жөнүндөгү элестин өзүн кийинчерээк Гадамер өнүктүргөн, бул нерсени, талашсыз, «XX-к. рухунун» калтырган жаңы изи деп эсептөөгө болот. «XX-к. рухунун" маданиятында биздин билимдердин салыштырмалуулугу жана философиянын бардык тарыхында философтор үзгүлтүксүз издеген абсолюттук чындыкка жетүүгө мүмкүн эместиги аныкталган.

Мындан жыйынтык чыгарсак, азыркы тексттерди туура чечмелөө – практика жүзүндө мүмкүн эмес иш.

Окуунун тагдыры. Гадамердин «Чындык жана усул» аттуу китебинин жарыкка

чыгышы менен «герменевтикалык жарылуу» болгон. Көптөгөн китептерде, макалаларда, сан санаксыз философиялык конференцияларда жана конгресстерде «түшүнүү» көйгөйү талкулоонун негизги предмети болуп калган.

118-таблица

Герменевтикалык тегерекке түшүнүк берүү

Философтор	*Герменевтикалык тегерек*
Шлейермахер	Бүтүн текстин (сүйлөмдүн, макаланын, китептин ж.б.) жалпы мааниси анын курамдык бөлүктөрүнүнмаанисинен көз каранды, ал эми курамдык бөлүктөрдун мааниси - жалпы тексттин маанисинен көз каранды
Дильтей	Текст - бул бир жеке адамдын «чыгармачылык рухунун» көрүнүшү, ал эми текстти туура түшүнүү индивид жашаган жана чыгарма жазган ошол доордун рухун туура түшунгөндө гана мүмкүн, өз учурунда доордун рухун түшүнүү ошол доордо жаралган тексттерди түшүнгөндө гана мүмкүн
Хайдеггер	Тексттин интерпретациясы улам жаңы интерпретацияларды алып турган кандайдыр бир жазылма түрмөк, анда ар бир түрмөк эски тажрыйбанын базасында жаралган жаңы тажрыйбаны алуу жана түшүнүү
Гадамер	Ар бир тексттин интерпретациясы мурдагы интерпретациялар менен аныкталган, бирок ар бир интерпретациянын акты анын звеносун түзүү менен салтка киргизилген

21-БАП
СТРУКТУРАЛИЗМДЕН - ПОСТСТРУКТУРАЛИЗМГЕ

21.1. Структурализм (Structuralism)

Структурализм - XX-к. пайда болгон жана изилденүүчү объекттин структурасын изилдөөгө негизделген, б.а. объектте элементтерди жана ар түрдүү деңгээлдердеги кичи системаларды, ошондой эле элементтер, кичи системалар ортосундагы жана жалпы эле система ичиндеги катыштыктарды табууга негизделген, гуманитардык илимдердеги (лингвистикадагы, семиотикадагы, этнографиядагы, философиядагы ж.б.) талдоо усулу.

Бул усулду колдонуу бир катар илимий дисциплиналардын ичинде өзгөчө багыттардын пайда болушуна алып келди, мисалы структуралык лингивстиканын , структуралык этнографиянын. Бирок бир суроо ачык бойдон калат: структурализмди философиянын өз алдынча багыты десек болобу, же структурализмди философиялык изилдөөлөрдө гана колдоно алабызбы?

Структурализм жана системаларынын жалпы теориясы. Структурализм жөнүндо сүйлөп жатып, анын XX-к. философиядагы жана табигый илимдердеги системалуу мамиле, системалуу талдоо, системалардын жалпы теориясы сыяктуу багыттар менен окшоштугун белгилей кетүүбүз зарыл. Системалык мамиледе “система” түшүнүгү жана аны менен тыгыз байланышкан “структура”, “элемент”, “кичи система” түшүнүктөрү борбордук түшүнүктөр болуп эсептелинет. Структурализмди анын кечирээк пайда болгондугуна жана узак убакыт ичинде өз алдынча өнүгүп келгендигине, системалардын жалпы теориясы пайда болгондон кийин деле өзүнүн өзгөчөлүгүн белгилүү бир даражада сактап калгандыгына карабастан жалпы системалуу мамиленин жеке бир көүнүшү же учуру деп атоого болот. Башка тараптан караганда, азыркы учурда системалуу мамиленин өнүгүшүнө структурализмдин билинерлик таасири байкалбайт. Ошентип мында “абада учуп жүргөн идеялардын” ар түрдүү эки багытынын (гуманитардык жана табигый илимдерди) так өзү тууралуу сөз кылуу мүмкүн. Системалар жөнүндөгү, т.а. космостун тартипке келтирилгендиги жөнүндөгү алгачкы ой-жоруулар, демек алар жөнундө системалуу билимдин зарылдыгы жөнүндөгү маалыматты байыркы доордогулардан кезиктиребиз (Платондо, Аристотелде, Евклидде ж.б). Жаны убакытта бул идеялар философиялык иштерде да (Спинозада, Лейбницте, Кантта, Шеллингде, Маркста), табигый илимдерде да (К.Линнейдин классификациясы, Дарвиндин эволюция жөнүндөгү теориясы, Менделеевдин мезгилдик системасы ж.б.).

1913-1917-жж. орус доктору, революционер жана философ Александр Богданов (1873-1928) “Жалпы уюштурулган илимдер (тектология)” аттуу китебин чыгарган, анда азыркы системалуу мамиленин негизги идеялары калыптандырылган. Чындыгында Богдановдун бул иши XX-к. экинчи жарымында гана белгилүү болгон жана өзүнүн деңгээлинде бааланган. Ошондуктан системалардын жалпы теориясында жана системалык мамиленин калыптанышында австриялык биолог Людвиг фон Берталанфинин 1940-ж. акырында иштелип чыккан (1901-1972) программасы чоң роль ойногон,. Системалык мамиле билимдин ар кандай чөйрөсүндө кеңири колдонула баштаган, себеби практика жүзүндө бардык объект система катарында каралышы мүмкүн (чийме 187).

Анын өзгөчө тил илиминде колдонулушу өзгөчө жемиштүү болгон, бир жагынан, XX-к. жаңы илимий дисциплинанын - семиотиканын пайда болушуна түрткү болгон, башка жактан - структуралык лингвистиканын жана ага таянган жалпы эле структурализмдин өнүгүшүндө белгилүү роль ойногон.

Структурализмдин өнүгүүсүндөгү тарыхый этаптар. Структурализмдин өнүгүүсүндө төмөнкү периоддорду белгилесек болот (119-таблица).

119-таблица

Структурализмдин өнүгүүсүндөгү негизи периоддор

Жылдары	Периоддор	Изилдөөчү обңект
1920- 1940	предструктурализм	Тилдин жана адабий

		чыгармалардын структурасы.
1940-1980	структурализм	Тилдегит, аң-сезимдеги жана аң-сезимсиздеги, адабияттагы, ар кандай текстердеги жана жалпы эле маданияттагы структуралар.
1970- азыркы убакыт	Постструктурализм (неоструктурализм)	Структуралардын алкагынан чыгып кеткендер.

Предструктурализм периоду. XX-к. башында швейцариялык лингвист Фердинанд де Соссюр (1857-1913) өзүнүн Женевада окуган лекциялар курсунда (1906-1911) тилге белгилүү бир структурадагы система катарында мамиле жасоо сунушун киргизген. Бул тилди структуралык талдоо усулу Роман Якобсондун (1896-1982) жана Николай Трубецкойдун (1890-1938) эмгектеринде андан ары өнүккөн, алардын өз алдынча изилдөөлөрү жана эмгектери акырындап структуралык лингвистиканын келип чыгуусуна алып келген.

1920-1940- жж. орус жомокторунун сюжеттерин изилдөө боюнча адабиятка киришүүдө структурализмдин идеяларынын өнүгүүсү башталган, мында өтө чоң ролду В. Проппанын (1895-1970) эмгектери ойногон.

Структрализм периоду. 1940-ж. структуралык усулду колдонуу чөйрөсү кенейген. Мына ушул убакытта сөздүн кууш маанисиндеги структурализм негизделген, б.а. изилденип жаткан объекттин структурасын изилдөөгө негизделген, гуманитердык илимдердеги өзгөчө талдоо усулу катары

Клод Леви-Стросс (1908-ж.) аны акырындап алгачкы маданияттарды (этнография боюнча) изилдөөдө колдоно баштаган, Ролан Барт болсо (1915-1980) - адабиятта жана массалык маданиятты изилдөөдө, Жак Лакан (1901-1981) - психоанализ чөйрөсүндө, Мишель Фуко (1926-1984) - тарых илиминде колдонушкан. 1960-жж. структурализмди маданият семиотикасында Юрий Лотман (1922-1933) жана ал жетектеген Тартуско-Москва семиотикалык мектеби тарабынан кеңири колдонула баштаган.

Негизги эмгектери. Барт Р: “Жазуунун нөлдүк даражасы” (1953), “Мифология” (1957), “Семиологиянын элементтери” (1964), “Система жана мода” (1967).

Лакан Ж: “ Айнектин стадиясы жана анын “Мен” функциясынын калыптанышындагы ролу” (1949), “Психоанализдеги тил менен речтин функциясы жана талаасы” (1953), “ Реалдуу, символдуу, кыялдануу” (1974-1975) аттуу семинар.

Леви Стросс К: “Раса жана тарых” (1952), “ Кайгылуу тропиктер” (1955), “Структуралык антропология” (1958), “Бүгүнкү тотемизм” (1962), “Уйрөтүлбөгөн ой” (1962), “Мифологикалар” (1964-1971), “Беткаптар жолу” (1975), “Структуралык антропология - эки” (1973), “Алыстан көз караштар” (1983).

Фуко М: “Аң-сезимдүүлүк жана аң-сезимсиздик: аң-сезимсиздик тарыхы жана классикалык кылым” (1961), “Канттын антропологиясынын генезиси жана структурасы” (1961), “Клиниканын төрөлүшү: дарыгердин көз карашынын археологиясы” (1963), “Сөздөр жана буюмдар: гуманитардык илимдердин археологиясы” (1966), “Билимдин археологиясы” (1969), “ Күзөтүү жана жазалоо. Түрмөнүн жаралышы” (1975), “Бийликтин микрофизикасы” (1977).

Философиялык көз караштары. Гуманитардык билимдин ар кандай чөйрөлөрүндө структуралисттик изилдөөлөрдүн жалпы белгиси - бул изилденип жаткан объект, эң оболу, спецификалык тил же ошол тилде “жазылган” текст деп түшүнүлөт. Бул текст же тил өзүнүн элементтери менен, ар кандай деңгээлдеги туруктуу подсистемалары менен, элементтердин арасындагы, элементтер менен подсистемалар ортосундагы белгилүү бир катыштыктары менен, ички структурага ээ болгон кандайдыр бир система деп каралат. Бул тилди же текстти изилдөөдө лингвистикада иштелип чыккан усулдарды колдонушат. Ал эми Лакан болсо (өзүнүн структуралык периодунда - 1950-60-жж.)

адамдык психикадагы аң-сезимсиздикти тилдик-структуралык параметрлери менен түшүнүүгө жана түшүндүрүүгө умтулган; Лотман жана анын окуучулары маданий объеттердин жана кубулуштардын кеңири санын текст катары түшүндүрүшкөн. этнорафия жаатында Леви-Строссанын жана анын окуучуларынын изилдөөлөрү байыркы маданияттагы бинардык оппозицияларды бөлүп көрсөтүүгө багытталган (табият - маданият; эркек - аял, бышкан - чийки, өсүмдүк - жаныбар ж.б.). Мында туугандык мамиле жана үй-бүлөлүк-нике мамилелери, мифтер жана ритуалдар, жасалгалардын жана татуировкалардын мүнөзү ж.б. сыяктуу алгачкы уурулардын жашоосунун ар кандай жактарын коомдо аң-сезимсиз иштеп турган жана маанилүү социалдык маалыматтарды берип турган өзгөчө “тилдер” катары каралган.

Окуунун тагдыры. Структурализм XX-к.интеллектуалдуу жашоосунда олуттуу роль ойногон, ал илимий талдоонун өзгөчө методологиясын, анын базасында билимдин ар түрдүү чөйрөлөрүндө изилдөөлөрдүн өзгөчө усулдарын иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берди (188-чийме) . Бирок 1980-ж. баштап структурализм постсруктурализм тарабынан четке кагылган.

21.2. Постструктурализм (Poststructuralism)

1970-ж. структурализмдин негизинде поструктурализм (неоструктурализм) пайда болгон - анын өтө өнүккөн мезгилинде. Бул убакытта бир катар француз структуралисттери поструктурализмге өтүп кетишкен (Барт, Лакан, Фуко ж.б.), поструктурализдин идеяларын Жиль Делез (1925-1995), Жак Деррида (1930), Жан-Франсуа Лиотар (1924), Юлия Кристева (1941-ж.) сыяктуу француз авторлору карманып жана андан ары өнүктүрүшкөн. 1980- ж. баштап поструктурализм структурализмди толугу менен кысып, чыгарып жиберген.

Поструктурализмди, бир тараптан, структурализмдин ырааттуу өнүгүүсүнүн натыйжасы катары карасак, башка тараптан, аны басып өтүү же тануу, жокко чыгаруу катары бааласак да болот.

Структурализм сыяктуу, постструктурализм дисциплиналар аралык жана эл аралык кубулуш болуп эсептелинет, өзгөчө Франция жана АКШ таралган.

187-чийме

Системалык мамиленин жана структурализмдин өнүгүүсү
Байыркы доор



188-чийме

Структурализм: колдонуу чөйрөлөрү



Негизги эмгектери. Барт Р. “Белгилер империясы” (1986), “Текстте ” (1973), “Эдгар Понун бир новелласына тексттик талдоо” (1973).

Делез Ж: “Маанинин логикасы” (1969), “ Фуко” (1986), “Философия деген эмне?” (1991), “Сын жана клиника” (1993).

Деррида Ж: “Жазуу жана айырма” (1967), “Грамматология тиешелүү кандайдыр бир нерсе” (1967), “Шпоралар. Ницшенин стили” (1978), “Почта открыткасы. Сократтан Фрейдге чейин жана ары” (1980), “Мыйзамдын күчү” (1994), “Башканын монолингвизми” (1996).

Лиотар Ж.Ф: “Постмодерндин абалы” (1979), “Талаш” (1983), “Интеллегенциянын склеби” (1984).

Фуко М: “Күзөтүү жана жазалоо. Түрмөнүн жаралышы” (1975), “Бийликтин микрофизикасы” (1977), “Сексуалдык тарыхы. 3томдо” (1976-1984).

Философиялык көз караштары. Структурализмден постструктурлизмге өтүү жолундагы негизги этап катары 1968-ж. май айында Францияда болуп өткөн коомдук-саясий толкундоолор эсептелинет. 1968-ж майда Франция шаарындагы коомчулуктагы политикалык толкундоолор болгон. Ошол мезгилде пайда болгон “Структура көчөгө чыкпайт жана баррикадаларды курбайт” деген тезис маданиятта ээсиз жана объективдүү бар болгон структураларды изилдөө социалдык процесстерди түшүнүү үчүн эч нерсе деле бербейт дегенти билдирет.

Постструктурализм (структурализмден айырмаланып) субъекттен көз каранды эмес иштердин катуу объективдүү акыбалын чыгарууга аракет жасабайт, аны структуранын ичиндеги туруктуу оппозицияларды издөө кызыктырбайт ж.б. Постструктурализмдин көңүл борборунда структуралардын “ички жагы” (тескери жагы), б.а. структуралардын калыптанышына таасир эткен субъекттеги нерсе (189-чийме). Мында субъектти ойлоочу, кабатыр болуучу, аракет кылуучу, максималдуу жыргалга жетүүгө умтулуучу жана эркин каалоолору бар катары карасак болот.

Структуралардын “ички жагы” структуралардын чек арасынан чыккандар бардык нерселер болушу мүмкүн, ушул себептен изилдөө объекти катары иреттин ордуна кокустук, бүтүндүктүн ордуна бүтүн эмес, ээсиз логиканын ордуна- жеке эмоциялар менен кабатыр болуусу мүмкүн. Структурадан “түшүп” калуу структурага чейин

(байланышсыз “атом” топтому) же структурадан кийин (“магмалар”) чөйрөсүндө жүрүшү мүмкүн. Ушуну менен структура туруктуу бүтүндүк катары структурадан мурда болгон жана аны мураска алган туруктуу эмес жана баш-аламан фрагменттүүлүк менен каршы коюлган. .

189-чийме

Структура жана анын “ички жагы”

сттер (Фуко, Барт, Леви Стросс ... ireттүү ... ретсиз, башаламан чөйрө каршы турат деп ... мында структурализмде изилдөө объекти “тартип, ирет”, же структура болсо, ал эми постструктурализмде структуранын чегинен сырткары жаткан “башаламандык” болуп калат (190-чийме).

190-чийме

Структурализм жана постструктурализм: изилдөө объектиси

Структурализм



Постструктурализм

Интертекстуалдуулук көйгөйү. Азыркы адабият таанууда интертекстуалдуулук - субъекттин ан сезимде ар түрдүү тексттердин ич ара аракеттенүү көйгөйүн кароодо постструктурализм өзгөчө кеңири колдонууга жана өнүгүүгө ээ болду.

Бул жерде постструктурализм өзүнүн текстти талдоонун жана интерпретациялоонун жаңы усулун сунуштоо менен герменевтика менен тыгыз байланышып, ошол эле учурда катуу күрөшкө түшкөн. Герменевтика текстти адекваттуу, объективдүү түшүнүүгө умтулат, мында ар түрдүү субъекттер тарабынан ар түрдүү маданий-тарыхый дооорлордо тигил же бул субъекттин “окуп чыгышынан” көз каранды болгон, тексттин маанисиндеги ар түрдүү катмарларды бөлүп көрсөтөт. Мисалы, Гадамердин оюу боюнча, текстти учурга ылайык, эң эле “толук” жана “туура” түшүнүү мурдагылардын базасында ишке ашырылат.

Поструктурализимде болсо, эң оболу, тексттин айрым бир субъекттин түшүнүшү жөнүндө, демек текстти окуп жатканда пайда болгон субъективдүү ассоциациялар жөнүндө болот. Сартрдын айтканы боюнча, кандайдыр бир тексттеги үзүндү Гегелде кездешкен идеяны, ал эми Гегелдин идеясы Платондун кандайдыр бир оюн, ал эми аталган ой Аврелий Августиндин эмгегинде жолугушу мүмкүн. Бул тарыхый ассоциация бул субъекттин аң-сезиминде “убакыт менен кабарлашууга” алып келет. Башка тексттин үзүндүсү азыркы чет элдик автордон окулган идеяны эске салат, андан биз азыркы маданияттардын кандайдыр бир “үндөшүүсүн” табабыз. Жазма тексттин ылайыктуу үзүндүсү биздин эске тутуубузда картинаны, скульптураны, фильмди, спектаклды, ырды ж.б. пайда кылса, анда маданияттын ар түрдүү чөйрөлөрүнүн ортосундагы, жазма тексттердин адабий, философиялык, илимий, юридикалык ж.б. жанрларыдын ортосундагы үндөшүүнү пайда кылышы мүмкүн (191-чийме).

Мындай мамиледе автордун бүтүн, бирдиктүү тексти бузулат, өзүнчө көп фрагменттерге бөлүнөт, алардын ортосундагы байланыш окуучунун субъективдүү ассоциациясына караганда бир кыйла азыраак. Автордук текстти ушундай бөлүүнү же **деконструкциялоону** талдоонун принцибине же усулуна франциялык изилдөөчү Деррида киргизген. Бул деконструкция маңызы “айтылбаганды” “айтылгандан” изилдөөдө,

тексттеги карама каршылыктарды, конфликттерди жана байланышсыздыктарды табууда, болгондо да алардын терең өбөлгөлөрүнө батыштык ой жүгүртүүлөрдү жана философияны киргизүүдө турат.

191-чийме

Постструктурализмде субъекттин текстти интерпретациялоосу



Ошентип, герменевтикада [illegible] дук[illegible] үстүнөн түзүлгөн интерпретациялары менен кандайд[illegible]кст болсо, максаты – болушунча туура интерпретацияны алуу болсо[illegible]рализмде башка, мурда жазылган текст болгону субъекттин жеке ой-жүгүртүүсү үчүн жөн гана шылтоо болуп калат, ал эми анын максаты – ошол текст боюнча жеке аң-сезимдин ойлорун “сыртка чыгаруу” болуп эсептелет. Ошондуктан постстуктурализм багытында жазылган иштер, бир тараптан, тигил же бул изилденүүчү объекттин (вербалдуу же вербалдык эмес тексттин, социалдык кубулуштун ж.б.) өзгөчө талдоого алуу болсо, башка тараптан, бул нерсе талдоо катары кабыл алынбайт, ал кийинки рационалдуу талдоо үчүн материал катары кабыл алынат.

Окуунун тагдыры. Структурализмди ашып өтүүгө болгон аракет, постструктурализмге өнүгүшүнө түрткү берген, 1980-ж. жана өзгөчө 1990-ж. андан да кененирээк тенденцияны жаратты - жалпы эле азыркы бардык философияны (“постмодерн доорунун философиясын”) ашып өтүүгө болгон аракет постмодернизмди пайда кылды. XX-к. башына постсруктурализм (жалпы эле постмодернизм) өзүн философиядагы жок болуп бараткан багыт катары элес калтырат жана акырындан сценадан түшөт.

21.3.Постмодернизм (Postmodernism)

Постмодернизм термини латынча “post” – “кийинки” жана “modernus” - “азыркы”, ошол эле латын сөздөрүнөн “постмодерн” термини келип чыккан. Азыркы убакытта “постмодернизм” термини XX-к. акырындагы философиянын өзгөчө багытын билдирет, ал эми “постмодери” термини - заманбап цивилизациянын өзгөчө доорун түшүндүрүү, ошондой эле ошол доордогу маданияттагы жана илимдеги өзгөчө багыттарды белгилөө үчүн колдонулат.

“Заманбап” термини жана анын аналогдору менен туунду сөздөрү өзгөрүлмө, туруксуз, колдонуу контекстинен жана ошол терминди колдонуп жаткан субъекттен көз каранды болгон маанидеги сөздөрдүн катарына кирет. Ошондуктан “модерн” же “модернити” терминдеринин “азыркы доор” маанисинде ар түрдүү убакыттарда жашаган ар түрдүү авторлор тарабынан бир нече жолу маданият жана философиянын тарыхында колдонулушу таң каларлык эмес.

Бул терминди колдонуу дайыма ошол авторлор жашаган доордогу жана мурда болуп өткөн дооорлордо болбогон маданияттагы жаңы принципиалдуу көрүнүштөрүн белгилөөгө кызмат кылган. Алсак, мисалы: бул термин V-к. христиан теологдору тарабынан жаңы христиан доорун мурдагы бутпарастыкка карама каршы коюу үчүн колдонулса, ал эми Жаңы доордо философ-агартуучулар Агартуу доорунун новацияларын мурдагы феодалдык тартипке каршы коюу үчүн колдонушкан. Ошого ылайык термин “постмодерн” жаңы новацияларды каттоо үчүн, модернден кийин келген “андан да жаңыраак” модерн доорунун салтттары менен бөлүнүүгө кызмат өтөгөн.

XX-к. “постмодерн” жана “постмодернизм” терминдери кеңири жайылышы кылымдын ортосунан катталат. 1960-ж. “постмодерн” термини эң биринчи архитектура менен байланышкан, кийинчерээк ал ар кандай чөйрөлөрдө (сүрөттартууда, адабиятта, психологияда, тил теориясында ж.б.) колдонула баштаган. Мында ар кандай авторлор

модерн доорунун ар түрдүү мезгилдик алкактарын, ошондой эле модерн доорун көрсөтүшкөн, бирок көбүнчө модерн доорунун башталышы XX-к. таандык деп белгилешкен.

Постмодернизм европалык жана түштүкамерикалык философияда философиялык багыт катары XX-к. аягында пайда болгон. Биринчи бул терминди философия жаатында Жан-Франсуа Лиотар (1924-ж. туулган) "Постмодерндин абалы" деген эмгегинде колдонгон, мында ал учурдук коомдун "постмодернисттик абалы" жөнүндө сүйлөөнү сунуштаган.

Постмодернизм эч кандай уюштурулган эрежелештирүүнү ала албаган өтө көп түрдүү агым. Постмодернизмдин булагы катары постструктурализмди эсептесек болот, анын алгачкы өкүлдөрү – франциялык пострструктуралистер (Барт, Фуко, Лакан, Делез ж.б.) эсептелинет. 1080-1990-жж. постмодернизмдин рухунда көп изилдөөчүлөр аракеттене баштайт: француздар - "деконструкция философиясынын" негиздөөчүсү болуп эсептелинген Жак Деррида (1930) менен Жан Бодрийяр (1929), мурда аналитикалык философиянын алкагында жүргөн америкалык Ричард Роти (1931).

Постмодернизмдин өнүгүүсү менен анда "өзүнүн тамырын" издөө боюнча тенденция пайда боло баштаган. Бул нерсе изилдөөчүлөрдү постмодернизм идеялык мааниде 1950-ж., андан да мурда - 1930-ж. пайда боло баштаган деген тыянакка алып келди. Анда постмодернисттердин катарына француз философу Жорж Батай (1897-1962-жж.), а постмодернизмдин кийинкиге жол көрсөтүүчүлөрүнүн катарына – М.М. Бахтин (1895-1975), "кечки" Л. Витгенштейн (1889-1951) ("тил оюндарынын" негиздөөчүсү катары), ошондой эле Й. Хейзинг (1872-1945) (маданияттын "оюн табияты жөнундөгү концепциялнын автору катары), Гуссерль жана Хайдеггер ("жашоо дүйнөсү" окуусу менен), Сартр (дүйнөдөгү болмуш окуусу менен), булардан сырткары Ницше, Кант ж.б. кирген. Дегеле постмодернизмди негиздөөчүлөрдүн катарына тигил же бул философту киргизүү постмодернисттердин өздөрүнүн ичинде дайыма эле субъективдүү жана бирдей боло бербейт.

Азыркы учурда постмодернизм дисциплиналар аралык жана эл аралык кубулуш болуп эсептелинет, бирок Франция менен АКШ өтө өнүккөн.

Негизги эмгектери. Барт Р: "Белгилердин империясы" (1970), "С/З" (1970), "Текстен рахат алуу" (1973), "Эдгара Понун бир новелласынын тексттик талдоосу" (1973).

Батай Ж: "Ички тажрыйба" (1943), "Күнөөлүү" (1944), "Ницше жөнүндө" (1945), "Адабият жана кастык" (1957), "Атеологиянын суммасы" (1972).

Бодрийяр Ж: "Буюмдардын системасы" (1968), "Символикалык алмаштыруу жана өлүм" (1976), "Азгырык" (1979), "Фаталдуу стратегиялар" (1983), "Кастыктын тунуктугу" (1990).

Делез Ж: "Ницше" (1965), "Маани логикасы" (1969), "Фуко" (1986), "Философия деген эмне?" (1991), "Сын жана клиника" (1993).

Деррида Ж: "Жазуу жана айырма" (1967), "Шпоралар. Ницшенин стилдери" (1978), "Почта открыткасы: Сократтын Фрейдге чейин жана андан ары" (1980), "Мыйзамдын күчү" (1994), "Башканын монолингивизими" (1996).

Лиотар Ж.Ф.: "Постмодернанын абалы" (1979), "Тартыш" (1983), "Интеллигенция склепи" (1984).

Фуко М: "Күзөтүү жана жазалоо. Түрмөнүн жаратылышы" (1975), "Бийликтин микрофизикасы" (1997), "Сексуалдуулук тарыхы. 3 т. " (1976-1984).

Философиялык көз караштары. Постструктурализм структурализмди жеңип өтүүгө аракеттенүүдөн пайда болсо, ал эми постмодернизмди андан да кеенирээк тенденция - жалпы эле заманбап философиянын "модерн доорун" жеңип өтүүгө умтулуу катары карасак да болот. Бирок берилген тезистин декларациясына карабастан, постмодернизмде азыркы философияда практика жүзүндө мурда болгон бардык багыттардын изи байкалат. Постмодернизмди экинчи миң жылдыктын аягында

адамдын маданиятка болгон философиялык ой-толгоолору катары, ошол эле учурда бул доордо адамдын өзүн кандай сезүүсүнүн билдирүүсү катары кароого мүмкүн.

Постмеодернизмдин негизинде Жаңы доордун пайдубалдык идеяларынан жана идеалдарынан аң-сезим менен баш тартуу жатат. Постмодернизмдин алдында акыл-эстин жана салттардын зордук-зомбулугунан кутултуу маселеси турат. Постмодернисттердин окуусунун көбүнчө тартыштуу, карама-каршылыктуу экендигин өздөрү сездиби жокпу, бирок алар сезген болсо, анда бул нерсени мүчүлүштүк же акыл-эсти "жеңип чыгуунун" дагы бир өзгөчө ыкмасы деп эсептешкендигин айтуу кыйын.

Көбунчө акыл-эстин иш аракети тилде же тил аркылуу билингендиктен, бул багытта тил көйгөйлөрү олуттуу маселе болуп эсептелинет. Булардын карап чыгуусунун пайдубалы Витгенштейндин "тил оюндары" теориясы жана Хейзингдин маданияттагы оюн теориясы болгон. Алардын көз караштары менен туура келген бир катар идеяларды постмодернисттер герменевтикадан, семиотикадан, тил философиясынан алышкан.

Эркиндик жана оюн. Постмодернисттер негизги максатыбыз - эркиндик деп жарыялашкан. Экзистенциализмде буюмдардан, милдеттерден, кээ бир салттардан ж.б. "эркиндик" көмөкчү мүнөздөгү түшүнүк болсо, алардын негизгиси "...үчүн эркиндик", б.а. өзүн өтүп жаткан бардык нерсеге өзүнө жоопкерчиликти алуучу инсан катары тандоо үчүн боорбору "эркиндик үчүн". Постмодернизмде, текерисинче, кандай гана эмнеден гана болбосун эркиндик, биринчи кезекте ар кандай басмырлоодон, жоопкерчиликтен, зомбулуктан. Ошондуктан постмодернизмде ар кандай нормаларды жана салттарды (диний, саясий, этикалык, эстетикалык, методологиялык ж.б.) четке кагуу орун алган, ар кандай абройлордон баш тартуу жарыяланган. Постмодернизмде өзгөчө орунду акыл-эстин "зомбулугу", Жаңы доордун философиясында бекитилип калган рационалдуулуктун салттары менен күрөшүү каралган.

Абсолюттук эркиндик жөнүндөгү лозунг, кандайдыр бир эрежелерге баш ийүүнү каалабоо постмодернисттерди өздөрүнүн идеалы катары адамдардын күтүүсүз иш аракетин, анын ичинде аң-сезимди да эсептөөсүнө алып келди. Спонтандык деп жарыялашкан нерсе ошону менен бирге эле аң сезим да. Бул иш аракет "иш" катарында каралбай, "оюн"катарында, т.а. аң-сезимдин иш аракети "тил оюуну" катарында кабыл алына баштаган. Мында постмодернисттер оюн абсолюттук түрдө күтүүсүз болушун байкабайт, эгерде кандайдыр бир эрежелер жок болсо, оюн мүмкүн эмес. Бар болгон нормаларды, адамдын турмушундагы салттарды жана эрежелерди талкалоо менен постмодернисттер аларды таптакыр жок кылууга мүмүнчүлүгү жок, алар болгону жаңы өздөрүнүн - оюндун эрежелерин киргизишет. Постмодернисттерге чыгармаларына мүнөздүү ыкма текстти ыраатуулук менен кеңири жайылтуудан баш тартып, көбүнчө бири бири менен байланышпаган, байланышса да жөн эле үстүртөн ассоциативдүү байланышы болгон фрагменттерге бөлүүдө турат, мунун өзү текст түзүүнүн эрежелерине алып келет. "Зомбулук" менен күрөшүү каражатын күтүүсүздүккө кайрылууга окшош өзүнө жаңы чынжырларды илүүкатары баалоого болот - бул жолу күтүүсүздуктун зомбулугун.

"Оюндун" идеясы адамдын жеке иш аракети катары ар кандай авторлордо ар кандай ар түрдүү чөйрөлөрдө ар түрдүү баяндалган.

"Үстүнкү" философиясы. Делездо философия жогору жана терең маанисин жоготкондугу үчүн оюнга айланган, философ мындан ары болмуштун маңызына сүңгүп кирбеши керек, жөн эле анын үстүндө бит жана кене сыяктуу жөрмөлөп жүрүшү керек. "Ницше" жана "Маани логикасы" аттуу эмгектеринде Делез философиянын тарыхында философторду алардын алдыга эмне максат койгондугунан көз карандылыкта 3 түрдүү типке ажыраткан (120-таблица).

120-таблица

Философтордун үч тиби (Делез боюнча)

Философтор	Философиянын максаты	Мүнөздөмө
Платондон Ницшеге	Күндөлүк жашоодо жаткан	"маниакалдуу –

чейинки көпчүлүк философтор	жогорку принциптерди тааануу; акыл эстин аракети менен жогорку принциптин алдынан тосуу	депрессиялуу Платондук идеализм”
Ницше, Сократка чейинкилер	Адамдын жашоосунун көрунбөгөн тереңдигин изилдөө; акыл-эстин чек арасынан чыгуу; “тыюу” салынгандар боюнча сапар.	“досократтык философиянын шизофрениясы”.
Стоиктер, каниктер, постмодернисттер	“Жогоркулар” менен да, “тереңдиктер” менен да байланышы жок болгон автономдуу “үстүңкүлөрдү” изилдөө	“бурмаланган”

Ошентип, бардык мурдагы философтор болмуштун беткейликтин ары жагында бекинген маанисин тапканга аракет кылышса, Делез болсо үстүнөн бөлөк бир нерсенин бардыгын жөн эле танат. Философтун “битке” айланышын, ал эми философиянын “бурмаланганга” айлануусу философияны бардык олуттуу мааниден ажыратат, ал “көңүл ачуу” статусуна ээ болуу менен бул мааниде оюн болуп калат. А бирок постмодернизм олуттуу социалдык көйгөйдү - адамзатты “зомбулуктан” арылтабыз деп ант берген эле го!

“Үстүнкүнүн” артына жашырынган жана аны жараткан мыйзам ченемдүүлүктөрдү изилдөөдөн баш тартуу менен, постмодернисттер жамандыкты көргөндө көзүн жаап алган жаш балага окшошуп калышкан. “Үстүңкүнүн” үстүндө эч нерсе жок, ал таптакыр автономдуу деп канча жолу жарыяласаң да, бул нерсе “тереңдикти” деле, “жогоркуну” деле жок кылбайт, албетте эгер алар чынында бар болгон болсо. Алардын бардыгынын бир далили болмуштун мыйзамдарын ачкан, бул мыйзамдарды колдонгон илимдин жетишкендиктери, б.а. учурдагы цивилизация эмнеге негизделип, эмненин негизинде ал жашап келерин көрсөткөн болуп эсептелинет. Алардын жоктугун далилдөөгө окшош кандайдыр бир нерселер мурда жарыяланган болсо да, эч ким анын жоктугун түбүнө жетип, аныктай элек.

Чындык жөнүндө окуу. Чындыкка, философияга, илимге болгон бир аз башкача мамиле Ортинин эмгектеринде байкалат. Ар кандай билим тил менен берилет, ал эми , чындык болсо реалдуу дүйнөгө эмес, бирөөлөр айткандарга, тексттерге тиешелүү мүнөздөмө. Тил менен жазылган тексттердин чындык дүйнө менен эч кандай байланышы жок. Чындык өзү сүйлөбөйт, адамдар гана сүйлөйт, болгондо да өздөрү жараткан тилде. Чындык - бул бир тексттерди башкасы менен салыштырууда байкалган тексттердин касиети. Чындык ачылбайт, ал сүйлөө жана жазуу процестеринде жаралат.

Мындан төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарсак болот, жалпы эле адамзат, өзгөчө окумуштуулар бардык нерсени билүүгө тырышуудан баш тартып, бардык алынган чындыктардын ар кандай ишке ашырууну тырмышуудан баш тартыш керек жана философияда, илимде, искусствodo ж.б. табылып алынган чындыктардын салыштырмалуулугун тан алышы керек.

Ар кандай чындык шектүүнүүгө жана деконструкциялоого кабылышы жөндүү.

Постмодернизм себептүү-натыйжалык байланыштарын табууга куралган дүйнөнүн табигый илимдик сүрөтүн четке кагат; аны бийликке курал катары кызмат кылган догма, кыялдан чыгарылган жок нерсе деп жарыялашат. Мындай сүрөттөрдүн учу кыйыры жок санын түзүү, болгондо да алардын бирөө да чындык боло албайт, мүмкүн, себеби ал дайыма тил колдонулуучу адамдын каалоосунан, керектөөсүнөн көз каранды. Дүйнөнүн

сүрөтүн куруу процесси башка ар кандай интеллектуалдуу иш аракет сыяктуу эле оюн, тил оюну деп жарыяланат.

Философиялык деконструкция. Француз философу Деррида деконструкция – бул бүтүн текстти талкалоого алып келген максат, жалпы принцип жана талдоо усулу. Бул деконструкция маңызы "айтылбаганды" "айтылгандан" изилдөөдө, тексттеги карама каршылыктарды, конфликттерди жана байланышсыздыктарды табууда, болгондо да алардын терең өбөлгөлөрүнө батыш ой жүгүртүүлөрү менен философиясын киргизүүдө турат.

Постмодернисттер, өзгөчө Деррида, ар кандай тексттин бирдей туура же бирдей туура эмес чексиз сандагы интерпретацияларын жаратуу мүмкүндүгүн тастыкташат. Муну менен алар Ницшенин ушуга окшош идеяларынан четтеп кетишкен. Бирок Ницшеде ар бир субъект өзүнүн бардык көйгөйлөрдү көрүп билүү жана аларды өзүнүн баалоо мүмкүнчүлүгүн жараткан "келечектүү борбор" катары жарыяланса, постмодернизмде болсо андан ары демократиялаштыруу жүрөт: ушуга чейин кандайдыр бир биримдикти элестеткен субъекттин өзү кандайдыр бир маселелерди чечүүдө эми көптөгөн бири бири менен байланышпаган көз караштарга, ассоциацияларга, позицияларга бөлүнүп кеткен.

Тилге каршы козголгон. Постмодернизмде эң бир кызыктуу көйгөй – бул тилдин менен дискурстун бийлигине каршы "козголоң". Барт белгилегендей, тил өзүнүн жеке дүйнөсүн классификациялоону сунуштайт, айтылчуунун жана айтылбай турган нерселердин чегин көрсөтүп берет, ал эми айтылышы мүмкүн болгон нерсе үчүн анын кандай айтылышына жараша татаал терминдерден арылтат (мисалы: грамматикалык же стилистикалык нормаларга таянып). Тилдин диктатурасынан сактануунун бир ыкмасы катары Барт "тилдик анархияны" сунуштаган, б.а. коомдо ар кандай табигый тилдерди колдонууну, сөздөрдүн бекитилген маанисинен баш тартып, буюмдардын көп аттуулугун кеңири колдонууну (б.а. бир эле буюмду таптакыр башка башка аттар менен атоону). Белгилер жөнүндөгү илим, Барттын ою боюнча, белгилер менен оюн жөнүндөгү илим болушу керек.

Ушул "белгилер менен оюн" идеясына бекем таянуу менен постмодернисттердин искусство чыгармаларында атайын билип туруп стилдерди жана жанрларды аралаштыруу, атайлап аттарды жана күндөрдү эстен чыгаруу жүрөт, адабий чыгармаларында башкы каармандар жок, баяндоолордун ирети саны жок чегинүүлөрдүн эсебинен бузулган ж.б. Максаты - салттар унутулган, эрежеси жок өмүр, мурда жаралган бардык нерселерге шылдыңдап мамиле кылуу жана аларга пародияларды чыгаруу. Эң башкы баалуулук ырахат берүүгө жөндөмдүү жаңылыктар болуп эсептелинет. Постмодернизм кокустуктун апологиясы болуп калган, ал эми "үстүнкү" философия өзүнүн терең маанилүүлүгүн жоготуп, адабиятка, болгондо да көңүл ачуу үчүн адабиятка айланган. Бирок постмодернистер бир нерсени эстен чыгарган: ар кандай жаңы нерсе, ошондой эле жаңылыктын артынан сан санаксыз түшуп алуу тез эле жадатат.

Окуунун тагдыры. 1980-1990-жж. өтө чоң кызыгууну жараткан постмодернизм, азыркы мезгилде өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн жоготкон. Жекече караганда, бузуу же талкалоо жана деконструкция өзү үчүн эмес, жаңыны куруу үчүн орун даярдоодо жакшы. Постмодернисттер өздөрүнүн китептерине жана макалаларына киргизишкен интелектуалдык оюндар алардын өздөрү сымал интеллектуалдардын тар чөйрөсүнө гана түшүнүктүү жана жеткиликтүү, ошондуктан интелегенциянын кеңири чөйрөсүнө чоң таасирин тийгизе алган жок.

5-БӨЛҮК

11-БӨЛҮМ
X-XIX-КК. ОРУС ФИЛОСОФИЯСЫ

Хронологиялык жана география-этникалык алкактары. Орус философиясынын тарыхын изилдөө, эң оболу, бир топ көйгөйлөрдү чечүү менен байланышкан, алардын ичинен эң негизгиси деп, биринчиден, хронологиялык алкактар көйгөйлөрүн, анығыраак айтсак орус философиясынын кайсы убакытта пайда болгонун, экинчиден, орус жана россиялык философиянын географиялык-этникалык алкактар көйгөйүн атоого болот.

Жалпы хронологиялык алкактар. Орус философиясынын пайда болуу убагы жөнүндө маселеге ар түрдүү көз караштар бар, алардын ичинен негизгилери төмөндогүлөр:

- Орус философиясы XI-к. - Орус жергесине христиандык келгенден баштап пайда болгон жана анын өнүнүшүндө эки чоң периодду белгилесек болот: орто кылымдык орус философиясы – XI-XVII-кк. жана Жаңы доордогу орус философиясы - XVIII-XXIкк.;
- Жаңы доордогу Россия маданиятынын калыптануу периодундагы орус философиясынын жаралышы жөнундө айтсак да болот, б.а. XVIII-к – Агартуу доорундагы, болгондо да анын гүлдөп өсүшү XIX-XX-кк. туура келет.

192-чийме

Орус философиясы: хронологиялык алкактары

ып, орус философиясынын “башталышынын” кой -XVII-кк. көптөгөн диний философиялык чыгармаларды таза философиялык деп эсептөөгө болобу же алар философиялык ой-жүгуртүүлөрдүн элементтери бар теологиялык чыгармалар эле болуп калабы? Бул эки көз караштардын жактоочулары өздөрүнун позицияларын жактоо үчүн бир топ салмактуу аргументтерди келтиришкен. Бул окуу китебинде орто кылымдагы ойчулдардын жалпы философиялык көз караштарынын жалпы мүнөздөмөсү берилген, негизги авторлор, алардын идеялары жана жазуулары белгиленген жана алар талаш-тартыштын предмети болушат.

Географиялык-этникалык алкактар. Орус элинин жана орус философиясынын ойлорунун тарыхы менен байланышкан дагы бир олуттуу көйгөй болуп адегенде Россия империясынын, андан соң СССРдин курамына кирген элдердин ич ара мамилесинде турат. Ошол учурда жашап жана эмгектенген, бирок элдери Россиянын курамына кирбеген, ошондой эле россиянын карамагында болуп туруп, ачык эле башка маданиятка тиешелүү ойчулдарды (мисалы тажик Ибн Синаны (980-1037), орто кылымдык армын жана грузин философторун) орустардын гана эмес, дегеле россиялык философиялык ойчулдарга киргизүү керек эместир, мисалы И. Кантты. Бирок ошол эле мезгилде Россия атуулдугун алгандыгы боюнча эле эмес, ошондой эле орус философторуна бардык ой-пикири жана ички дүйнөсү боюнча жакын, Россияда туулуп жана эмгектенген поляк Г.Г. Шпетти, грек-армянин тектүү Г.И. Гурджиевди, атасы жартылай швед, жартылай немец, апасы – жартылай орус, жартылай полька болгон В.Ф. Эрнди же еврей тектүү Л. Шестовду (Л.И.Шварцманды) жана С.Л. Франкты кигизсек болот. Булардын баары жөн гана орус маданиятынын алкактарындагы инсандар жана философтор катары

калыптанышпастан, ошол эле учурда философиянын анын өнүгүшүнө чоң салым кошушкан.

Өзгөчө үч славян элдеринин - орустардын, украиндердин жана белорустардын ич ара карым-катнаштарын карап жатып, ар түрдүү ойчулдардын орус философиясына тиешелүүлүгү жөнүндө маселени чечүү кыйынчылык туудурат. Бул элдер, негизинен XIII-XIV-кк. Киев Русу мамлекетинин курамына кирген чыгыш славян урууларынын базасында түзүлгөн. Алардын өз алдынча этнос катары өзүнчө бөлүнүшү жана калыптанышы IX-XIII-кк. – моңголдордун басып алуусунан кийинки периодго туура келет. XVII-XVIII-кк. алар бир жалпы мамлекетке биригишкен (Россия-СССР), XX-к. аягында алар өз алдынча мамлекеттерге жаңылап бөлүнүшкөн (Россия, Украина, Белоруссия). Мындан эки негизги суроо пайда болот:

- Киев Русу учурундагы ойчулдарды орус философторунун катарына же жок дегенде философиялык ойлонгндордун катарына киргизүүгө туурабы?

- мамлекеттик биримдик доорундагы украиналык жана белоруссиялык ойчулдарды орус же жок дегенде россиялык философтордун катарына кошуу туурабы?

Мисалы: Совет доорунда Жаңы доордун россиялык философу деп украиналык ойчул Григор Саввич Сковороданы (1722-1794) эсептешкен, ал өз учурунда неоплатонизмдин өзгөчө вариантын түзгөн. Азыркы убакытта бул көз караш украиналык жана орус философияны тарыхын изилдөөчүлөрдүн ортосунда талашка түшүүдө.

Бирок " Орус философиясынын алтын доору" Жаны доорго туура келери талашсыз, тактай айтканда XIX-XX-кк. Башына. Ал эми бул периодго бул суроолор маанилүү эмес болуп калат, себеби бул периоддогу орус ойчулдарынын көпчүлүгү улуту боюнча орус деп эсептелишкен.

Жаңы доордун орус философиясын периоддорго бөлүү көйгөйү. Жаңы доордун орус философиясы (XVIII-XXI), өз учурунда бир нечеге периоддорго бөлүнүшү мүмкүн (193-чийме). Керек болсо бул суроону чечүүдө ар кандай көз караштар болушу күтүлөт. Батыш философиясын периодизациялоого таянуу менен "Агартуу доорунун философиясын" (Россияда анын хронологиялык алкактары катары XVIII-к. Ортосу жана XIX-к. Башталышы эсептелинет) жана "азыркы философияны" (1830-ж. баштап азыркы күнгө чейин) бөлүүгө болот. Агартуу доорундагы философия деген периодду бөлүп көрсөтүү Россияда эч кандай талаш тартыштарга алып келген жок. Бул жерде белгилей кетчүү нерсе - бул анын Россияда Батыш Европага караганда кечирээк болгону, жана анын бүтүшү Франциядагыдай XVIII-к. эмес, Германиядагыдай, Испаниядагыдай жана бир нече европалык өлкөлөрдөгүдөй XIX-к. башына туура келет.

Бирок Россия үчүн " азыркы философияны" периодизциялоодо ар түрдүү көз караштар болушу мүмкүн. Маданияттын жана философиянын өнүгүсүнө олуттуу таасир көрсөткөн социалдык-саясий көйгөйлөрдүн себебинен орус маданиятынын тарыхынан үч периодду бөлүп көрсөтүүгө болот:

- XIX-к. – XX-к. башындагы маданият, өз учурунда "алтын кылымга" (1830-XIX-к. акырына чейин) жана "күмүш кылымга" (1900-1917-жж. чейин) бөлүнөт;
- Совет периодунун маданияты - 1917-1991-жж. (мындай периодизациялоо үчүн орус совет маданиятын жана чет элдик орус маданиятын ажыратуу талап кылынат);
- Совет периодунан кийинки периоддогу (1991) – азыркы учурдагы маданият, б.а. XXI-к. башы).

193-чийме

Орус философиясын жалпы периодизациялоо: хронологиялык рамкасы

Орто кылым философиясы

Жаңыдоордунфилософиясы

Четөлкөдөгүорусфилософиясы

X XIXVIIXVIII

988 1700 . . XIX алтынкылымкүмүшкылым XX XXI

1800 1836 1850 1900 1917 1991 200

Агартуу доорунун философиясы

XIX-к. философиясыXX-к. баш. философия Совет философиясы

Совет доорунан кийинки философия

Бирок орус философиясынын өнүгүшүнүн ички мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн себептеринен “заманбап период” бул орус маданиятынын жалпы өнүгүшүндөгү убакыт алкактарына өтө жакшы туура келбейт. Орус философиясынын тарыхында XIX-XX-кк. эки негизги периодго ажыратылат: XIX-к. философиясы жана XX-к. философиясы. Мында 1990-ж. алардын ортосундагы билинерлик чек, же болбосо тоголок дата болгондугу үчүн эмес, бул жыл XIX-к. ири философу В. С. Соловьевдун өлгөн жылы үчүн. Бул эки периоддун ичинде дагы бөлүнүүлөр бар.

XIX-к. философиясын 2 периодко бөлүшүбүз мүмкүн: кылымдын биринчи жана экинчи жарымы.

- XIX-к. биринчи жарымынын философиясы: аныгыраак айтканда бул периоддун башталышы деп 1836-ж. (П.Я.Чаадаевдин “Философиялык каттарынын” Биринчиси жарыкка чыккан) - XIX-к. ортосуна чейин (шарттуу турдө – 1850-ж. чейин) белгилөөгө болот;
- XIX-к экинчи жарымынын философиясы: болжол менен 1850-1900 жж.;

XX-к. философиясы 3 периодго бөлүнөт:

- 1900-1917-жж.; б.а. Октябрь революциясына чейин;
- 1917-1991-жж., б.а. Октябрь революциясынан баштап жана СССРдинурашына чейин;
- 1991-ж. баштап азыркы убакытка чейин (совет доорунан кийинки период).

XIX-к. философиясына же жок эле дегенде XIX-к. экинчи жарымына «орус философиясынын алтын доору» деген мүнөздөмөн берүүгө болот, ал эми 1900-1917 жж. «орус философиясынын күмүш доору» десек жаңылышпайбыз. Булардан сырткары, «совет доорундагы» жеке советтик философиянын (1991-ж. чейин СССРде өнүккөн) жана чет элдик орус философиясынын айырмасын белгилөө керек (XX-к. ортосуна чейин эмиграцияда өнүккөн).

22-БАП
ОРУС ФИЛОСОФИЯСЫНЫН АЛГАЧКЫ ӨНҮГҮҮ ДООРУ

2.1. Орто кылымдардагы орус философиясы

Киев Русу доору (XI-XIII-кк.).

Киев Русундагыяң эле бир алгылыктуу жана маанилүү чыгармалардын жана окуулардын катарына митрополит Иллариондун (XI-к) «Мыйзам жана жакшылыктуу иш жөнүндө сөз» деген чыгармасы кирет; мында ал тарыхтын философиясынын маанилүү маселелерин көтөргөн жана гнесология көйгөйлөрүнө арналган Орусиядагы биринчи трактат «Митрополит Никифордун Владимир Монохмахка каты» (XIIк) жарыяланган.

Москва доору (XIV-XVII-кк).

Москвалык доордо XVII-к. диний-философиялык дүнүйөкорлор окуусу (Иосиф Волоцкий) жана дүнүйөкор эмес (Нил Сорский), андан сырткары "Москва - Үчүнчү Рим" деген социалдык - политикалык концепциянын пайда болгонун белгилей кетүү зарыл.

Дүнүйөкор эместик концепциясы Орус православ чиркөөсүндө диний-этникалык окуу катарында XV-XVI-кк. түзүлгөн. Бул агымдын акылман кеңешчиси жана жетекчиси Нил Сорский болгон, анын көрүнүктүү жактоочулары - Вассиан Косой (Патрикеев), Артемий Тронцкий, Максим Грек.

Дүнүйөкор эместер чиркөөнүн жөнөкөй адамдардын жашоосуна киришпө идеяларын жакташкан, өздөрүн адеп-ахлактык жактан жакшыртууга, күнөөкөрлөрдү жана еретиктерди кечирүүгө үндөшкөн, чиркөөнү карапайым калктан байлыктарды чогултуудан баш тартууну сунуш кылышкан.

Дүнүйөкорлордун башчысы Иосиф Волоцкий болгон. Алардын эң көрүнүктүү жактоочуларына митрополиттер Макарий, Даниил, Философей кары кирген. Иосифчилер чиркөөнүн мамлекеттин жашоосунда активдүү аралашуусун каалашкан, чиркөөнүн ырым-жырымдарын жана эрежелерин так аткарууга жетишишкен, андан сырткары еретиктерди катуу жазалоону талап кылышкан. Узакка созулган күрөштүн натыйжасында иорсифчилер жеңишке жетишишкен - 1525- ж., бир чогулушта Максим Грек айыпталган, 1531-ж. Вассиан Косой жазага тартылган.

Иосифчилер өздөрүнүн негизги маселеси деп мамлекеттик башчынын рухий аброюн бекемдөө жана падышачылык бийликтин кудайлык мүнөзү болгондугу жөнүндө тезисти жактоону эсептешкен. Бул агымдын алкагында биринчи жолу монах Филофей жазып чыккан белгилүү "Москва - Үчүнчү Рим" деген концепциясы пайда болгон. Салтка ылайык Экинчи Рим деп аталган Константинополду 1453-ж. түрк аскерлери басып алган. Бул православ Византия толугу менен ураганын билдирет. Москва мамлекетин Византиянын рухий мураскору деп эсептөө менен Филофей төмөндөгүдөй кайрылган: "Эки Рим кулады, Үчүнчү - турат, Төртүнчүсү - боло албайт".

Москва доорундагы орус философиясынын ой-толгоолорунун өнүгүшүндө Византиядан келген исихазм (Сергий Радонежский, Нил Сорский, Епифаний Премудрый ж.б.) маанилүү ролду ойногон, алар XX-к башында дин таануу илиминде “имяславие” сыяктуу кызыктуу багыттын өнүгүшүн стимулдаштырышкан жана анын негизинде "аттардын философиясы" өсүп чыккан.

22.2. Агартуу доорундагы орус философиясы

XVII-к. акырындагы – XVIII-к. Башындагы Петрдун кайта куруулары орус маданиятынын батыш европалык маданиятка жакындаштырууга алып келди. Бул нерсе орустардын негизиндеги агартуучулардын идеяларын өнүктүрүүдөн орун тапты. Көрүнүктүү орус агартуучуларына М. В. Ломоносов, Н. И. Новиков жана А.Н. Радищев кирет.

Михаил Васильевич Ломоносов (1711-1765)- XVIII-к. көрүнүктүү орус илимпозу, табияттаануу илими жагынан окумуштуусу. Архенгельск областында балыкчынын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1730-ж. Москвага чейин жөө басып келип, Славян-грек-латын академиясына өткөн. Адегенде 1735-ж. Петербург илимдер академиясына окууга, андан соң Германияга (Марбург университетине) жөнөтүлгөн. 1741-ж. Петербургга кайткандан кийинИлимдер академиясында иштеген. Бир топ маанилүү ачылыштарды жана ойлоп табууларды ишке ашырган. М. В. Ломоносов - Москва университетинин негиздөөчүсү (азыркы учурда анын атын алып жүрөт).

Ломоносов өзүнүн философиялык көз караштары боюнча Ньютонго окшогон типтеги деист болгон, демек ал ааламды Кудай жараткан деген ойдо болуу менен Кудай мындан ары табияттын ишине аралашпайт деп эсептеген, ошондуктан Ломоносов табиятка материалисттик мүнөздө түшүндүрмө берген. Бардык табигый телолор эң эле майда бөлүкчөлөрдөн турат, бирок буларды Ньютон сыяктуу корпускулалар деп атабастан, тескерисинче Лейбинц сыяктуу монадалар же атомдор деп атаган. Лейбинцтен айырмаланып бул монадаларды ал материал деп эсептеген. Ломоносов биринчи жана экинчи сапаттар жөнүндөгү окуунун өзүнүн вариантын өнүктүргөн, заттардын жана кыймылдын сакталышы жөнундөгү мыйзамды негиздеген.

XVIII-к. Россияда Батыштан келген массондук кеңири таркалган. Анын адамдын өзүн өзү жакшыртуу зарылдыг жөнундөгу идеялары агартуучулардын идеялары менен Н. И. Новиковдун (1744-1818) эмгектеринде айкаштырылып чагылдырылган.

Радищев А.Н.*Өмүр таржымалы.* Радищев Александр Николаевич (1749-1802) - көрүнүктүү орус жазуучусу, философ, саясий ойчул. Бай дворяндын үй-бүлөсүндө туулган, 1762-ж. ал Екатерина II Паждык корпусуна тандалган, ал эми 1766-ж. жаш дворяндардын курамында Германияга окууга жөнөтүлгөн, Лейпциг университетинин юридикалык факультетинде лекция уккан. Ошол эле мезгилде ал франциялык агартуучуларынын иштери менен да таанышкан.

Россияга 1771-ж. кайра келгенден кийин мамлекеттик кызматта болгон. 1790-ж. ал өзүн бүтүндөй адабиятка арноону чечип, отставкага чыккан, бул ишти ал кызмат менен биргеликте эле алып барган.

1790-ж. " Петербургдан Москвага саякат" деген китеби жана "Эркиндик" одасы жарыкка чыккандан кийин Радищев камакка алынган жана өлүм жазасына тартылган. Кийинчерээк бул жаза он жылдык Сибирге, т.а. Усть-Илимскке, сүргүн менен алмашкан. Сүргүндө жүргөн мезгилде ал өзүнүн негизги философиялык ишин - "Адам жөнүндө, анын өлүмү жана өлбөстүгү жөнүндө" эмгегин жазган. 1797-ж. (Павел I падышачылыгы учурунда) ага Борбордук Россияга кайтып келүүгө уруксат берилген, бир нече жыл ал Малоярославецтин алдындагы атасынын чарбасында жашады (полициянын көзөмөлүндө). Александр I Радищевге бир гана кайтып келүүгө эле уруксат бербестен, аны мыйзамдарды түзүү боюнча Комиссияга кызматка чакырган жана 1801-ж. сентябрда Радищев кызматка келген. Бул мезгилде Радищев (Пушкин мүнөздөгөндөй “Александр күндөрү – эң жакшы башталыш”) бир катар мыйзам чыгаруу долбоорлорун түзгөн, бирок баары бир анын ойлору ишке ашпай калды. Жада калса ал Комиссияда бирге иштешкен өзүнүн коллегаларынан арасында да көмөккө же түшүнүүгө ээ болгон эмес. 1802-ж. Радищев уу ичип, өзүн өзү мерт кылган.

Негизги эмгектери. Маблинин китебинен котормосу "Гректердин тарыхы жана жыргалчылыктын себептери жана гректердин таалайсыздыгы жөнүндө ой-жүгүртүүлөр" (1773);" Ф. В. Ушаковдун жашоосу" (1789), "Эркиндик" одасы (1880 ж); " Тобольскто

жашаган досума кат " (1782); "Петербургдан Москвага саякат" (1790); "Адам, анын өлүмү жана өлбөстүгү жөнүндө" (1809); "Он жетинчи жүз жылдык" (1790);"Менин ээлигимди сүрөттөө" (1800); мыйзам чыгаруу долбоорлору (1801-1802).

Философиялык көз караштары. Философиялык көз карашы боюнча Радищевди деисттерге киргизсек болот. Радищевдин негизги сочинениеси - анын сүргүндө жазган "Адам, анын өлүмү жана өлбөстүгү жөнүндө" китеби. Агартуу доорунун рационализминин духунда ал бул ишинде адамдын рухунун өлүмдүүлүгүнүн жана өлбөстүгүнүн пайдасына ар кандай аргументтерди караган. Окуурманга ал үчүн ишенерлик сезилген көз карашты тандоо сунушталат. Бирок Радищевтин өзүнүн тандоосу жөнүндө белгилүү бир даражада китептин аягындагы ураанга ишене турган болсок, анда анын оюу боюнча, түбөлүктүүлүк – бул кыял эмес.

Социалдык-саясий көз караштары. Радищевдин социалдык-саясий көз караштарынын калыптанышына ар түрдүү теориялык окуулар гана эмес, ошондой эле реалдуу жашоосунун көптөгөн факторлору таасир эткен: бул анын жеке тажрыйбасы жана дүйнөлүк тарыхтагы окуялар (XVIII-к.болуп өткөн эки англис революциялары, көз карандысыздык үчүн америкалык согуш, француз революциясы) жана, албетте, өзү катышкан же күбө болгон Россиядагы окуялар. Акыркыларында, эң оболу, Екатерина IIнин (1766) либералдык-агартуу долбоорлорун жана алардан баш тартууну белгилөө зарыл (1767-1768), белгилүү бир деңгээлде бул окуялар анын “билимдүү монархтарга”, ошондой эле Е.Пугачевдун кол башчылыгы астында 1773-1775-жж. уюштурулган Крестьяндар согушуна болгон ишеничин талкалады. Жаш кезинде Радищев падышанын чексиз бийлигине караманча каршы болгон. Маблинин китебинин котормосуна жазган өзүнүн "Эскертүүсүндө" ал падышанын чексиз бийлигин “адамдын жан дүйнөсүнө эң карама каршы абал” деп атаган. “Эркиндик” одасында “улуу Кромвелди (англис революциясын жетектеген жана Карл Іни өлүм жазасына тартууну чечкен), Вашингтонду (эркиндик үчүн болгон америкалык согуштун көрүнүктүү ишмерин) даңктаган жана Россиядагы болочок революцияны кубаттаган. “Ф.В. Ушаковдун жашоосунда” революциянын себеби - колунда барлардын бийлигинин деспотизми деген идея негизделген.

Падышанын чексиз бийлигин сынга алууну өзүнүн белгилүү эмгеги - "Петербургдан Москвага болгон саякат" деген китебинде ишке ашырган. Бул китеп жолдо жүрүп жазылган кыскача баяндамалар формасында жазылган, бирок тандалган маршруттун өзү көп маанилүү: автор Екатерина Інин Петербургдан Москва аркылуу түштүккө жасалган белгилүү саякатынын башталышын кайталап, "Падышанын артынан” барат, бирок боёлгон фасаддар менен "потемкиндик айылдардын" жалган тынчтыгынын артында императрицанын жолунда Радищев элдик кайгы-мунду чыныгы сүрөтүн жана кулдардын өздөрүнүн кожоюндарына болгон жек көрүү сезимдерин ачат. Китеп өзүнүн замандаштарына өтө чоң таасир тийгизген жана Россияда 1917-ж. чейин тыюу салынган.

Өмүрүнүн акырында Радищевтин көз караштары олуттуу өзгөрүштөргө учураган. "Дүйнөдөгү кулдук" баары бир атуулдук согуштан жакшыраак деген жыйынтыкка келген. 1790-жж. иштеринде, т.а. "Он сегизинчи жүз жылдык" одасында, ал элди "кандуу агымдан" кармап калчуу жалгыз күч бул билимдүү монархтар деп айтат.

Мамлекет жөнүндөгү окуу. Мамлекет жөнүндөгү окуусунда мамлекеттин пайда болушу жеке менчиктин пайда болушу жана ошонун натыйжасында калк арасындагы теңсиздиктин жаралышы менен байланыштырып, Радищев Руссонун жолу менен барат. Радищевдин оюу боюнча, мамлекеттин пайда болушуна алып келчүү коомдук келишим калктын көпчүлүк бөлүгүн жыргалчылык менен камсыздоодо, мыйзамдуулукту сактоодо жана атуулдарды коргоодо камтылган. Коомдук келишимди түзүүдө эл зордук зомбулукка, кулчулукка (крепосттук укук), кыйналууга макул болушу мүмкүн эмес, себеби бул адамзаттын табигый укуктарын бузуу деп эсептелинет. Ошодуктан мамлекеттин укукка каршы аракети элге аны сындоо мүмкүнчүлүк берет.

Тарыхты ал "эркиндик" менен "кулчулуктун" алмашуусу деп түшүнөт: "Азаптан

эркиндик туулат, эркиндиктен – кулчулук...". Радищев социалдык революциялардын маңызын түзгөн "эркиндик" үчүн күрөш көбүнчө “кулчулуктун” калыптанышына алып келерин айкын көруп билген. Бул ырастоо Кромвелдин диктатурасы жана якобинецтердин диктатурасы менен тастыкталган.

Радищевдин социалдык идеалы - эркин жана тең укуктуу адамдар коому, алар өздөрүнүн эмгегинен жаралган мүлктүн толук кандуу ээлери. Жер аны иштеткен адамдардын ортосунда бөлүштүрүлүшү керек: “өзүнө баарын эгет, өзүнө орот". Эч кандай сословиелик айырмачылыкка жана артыкча укуктуулукка орун берилбеши керек. Ал Россия үчүн эң жакшы мамлекеттик түзүлүштүн формасы шаарлардын өз эрктери менен федерацияга биригиши – вечелик жыйналышы менен республикалар – деп эсептеген. Ушуга окшогон биригүү Новгород жана Псковдо X-XVI- кк. болгон.

Окуу тагдыры. Радищевдин идеялары, эң оболу анын кара тамандыкты сындоосу Россиядагы коомдук-саясий, биринчи кезекте революциялык (декабристтерге, народниктерге, анархисттерге, марксисттерге ж.б.), ойлордун андан ары өнүгүшүнө чоң таасир эткен.

23-БАП

XIX- к. БИРИНЧИ ЖАРЫМЫНДАГЫ ОРУУС ФИЛОСОФИЯСЫ

Азыркы орус философиясынын башатында декабристтер турган. Алардын калемине бир нече философиялык иштер таандык. Өздөрүнүн философиялык көз караштары боюнча алар ар түрдүү агымдарга жана мектептерге кирген. Алардын ичинен бирөө дагы өзүнүн жеке өзгөчө философиялык окуусун түзө алган эмес, бирок алар өзүнүн философиялык көйгөйлөргө болгон кызыкдарлыгы менен рухий маданияттын ушул чөйрөсүнө билимдүү адамдардын көңүлүн бурууга белгилүү даражада жетише алышкан. Декабристтердин эң кызыктуу иштерине алардын социалдый-саясий багытталган эмгектерикирген. Мында, эң оболу француз агартуучуларынын идеяларынын чагылышын камтыган П.И. Пестелдин "Орус чындыгын" жана Н. М. Муравьевдун конституция боюнча үч долбоорун атап кетүү зарыл.

Бирок азыркы орус философиясынын биринчи философу деп көз каршы боюнча декабристтерге жакын болгон, бирок кууш чөйрөсүнө кирбеген П.Я. Чаадаевди эсептесек болот. XIX- к**.** башында Батышта философиянын тарыхы модалуу тема болуп турган жана ага арналган көп сандагы эмгектер жарык көргөн. Россияда бул чөйрөдөгү биринчи иштерден болуп Чаадаевдин “Философиялык каттары" саналат. Мында Россиядагы философиянын тарыхына негиз түптөлгөн. 1836-ж. - ошол каттардын биринчи жарык көргөн жылын - азыркы орус философиясынын башталышы деп эсептөөгө болот.

Биринчи жолу Чаадаев тарабынан коюлган Россиянын тагдыры, анын жалпы адамзаттын тарыхындагы орду жана маани‌си жөнүндө тема кийинки бардык орус философиясын жанып өткөн: славянофилдердин жана батышчылардын окуусун, Герцендин "крестьяндык социализмин", Леонтьевдин "византизм" концепциясын, Соловьевдун, Ильиндин ж.б. "орус идеялары" жөнундөгү окуусун, евразиячыл Трубецкойдун жана Карсавиндин окууларын ж.б. Анын кээ бир издерин Лениндин айрым алынган өлкөдө – Россияда социализмди куруу мумкүнчүлүгү жөнүндөгү окуусунан табууга болот.

23.1. Чаадаев П.Я.

Өмүр таржымалы.Чаадаев Пётр Яковлевич (1794-1856) - орус саясий ойчулу, философ, публицист. Теги боюнча - дворянин. 1808-1811-жж. Чаадаев Москва университетинде окуган, ошол жерде А. С. Грибоедов, ошондой эле келечектеги декабристтер И. Якушкин, А. И. Тургенев, ага-ини Муравьевдор менен таанышкан. Чаадаев 1912-ж. Ата-Мекендик согуштун катышуучусу болгон. Ахтыр гусарлар полкунун курамында бардык аскерий компанияларды өткөн да Парижге чейин жеткен. 1814-ж. мекенине кайытып, масондук ложага кирген. 1817-ж. гвардиялык корпустун командиринин адьютанты болуп дайындалган. Замандаштарынын айтуусу боюнча, Чаадаев Петербургдагы жаштардын арасында эң бир көрүнүктүү адамдардын бири болгон. А. Пушкин өзүнүн каарманын Чаадаев менен салыштыруусу бекеринен болгон эмес: "Экинчи Чаадаев, менин Евгениим", дал ушул Чаадаевге Пушкин өзүнүн “Чаадаевге”деген ырын арнаган. Шеллинг Чаадаев жөнүндө: "мен билген акылдуулардын ичинен эң акылдуусу” деп жылуу пикир айткан.

1819-ж. Чаадаев "Ыракат союзуна" кабыл алынган, 1821-ж. аскер кызматынан отставкага кеткен, ошол эле жылы ал декабристтердин Түндүк коомуна кирген, бирок алардын ишине жигердүү катыша алган эмес, алардын ыкмаларына шектенүү менен караган. Декабристтердин көтөрүлүшүндө түздөн түз катышкан эмес, себеби 1821-1826-жж. чет өлкөдө болгон.

Ага өтө чоң таанымалдыкты 1829-1831-жж. жазылган "Тарыхтын философиясы жөнүндө каттары" алып келген (француз тилинде жазылган 8 кат). Жалпысынан бул каттарды "Философиялык каттар" деп аташкан. Биринчи кат 1836-ж. "Телескоп"

журналында жарык көргөн жана бат эле бийлик төбөлдөрүнүн каршылыгын туудурган. Наполеон менен болгон уруш бир гана патриоттук сезимдин жана улуттук өзүн өзү тааануунун өсүшүнө гана эмес, ошондой эле Россияны көрүнүктүү абройлуу европалык державалардын катарына кошту. "Биринчи катта" камтылган Россия жана орус тарыхы жөнүндө болгон катуу сын пикир ошол учурда бекилген расмий көз караштарга түздөн түз карама каршы келген. Николай I "Телескоп" журналынан бул катты окуп, мындай деп жазган: “макаланы окуп чыгып, анын мазмуну акылынан ажыраган адамга туура келген текебер маанисиздиктин аралашмасы экенине ынандым”, " Улуу урматтунун буйругу” менен Чаадаев акылынан ажыраган деп айыпталып, үй камагына алынган жана врачтардын көзөмөлүндө болгон (бир жарым жыл ичинде). Бул "катты" басып чыгарууга уруксат берген цензор кызматынан айдалган, журнал жабылган, ал эми анын редактору Надеждин Н.И. сүргүнгө айдалган. Бул эмгекти басып чыгарууга жана ал жөнүндө кандайдыр бир пикир же сунуш жазууга тыюу салынган. Күнөөлөгөндөрү үчүн Чаадаев жооп кылып "Жиндинин аппологиясын" жазган, бул китеби көзү тирүүсүндө жарык көргөн эмес.

Кийин Чаадаев (камак менен дарыгерлик көзөмөл алынган соң) Москванын идеялык жашоосунда активдүү катышкан: батышчылар жана славянофилдердин талаш-тартышына чоң салым кошкон. Аны батышчылардын идеологдорунун бири десек болот. Бирок кийин өмүрүнүн акырына чейин бийликтин тыюу салуусунан эч кандай макала жазган эмес.

Негизги эмгектери: "Философиялык каттар" (1835), "Жиндинин апологиясы" (1837-ж. автор көз жумгандан кийин жарык көргөн), каттар, афоризмдер.

"Философиялык каттарынын" жарык көрүү тарыхы кызык. Экинчи жолу "Биринчи каты" 1906-ж. "Философиянын жана психологиянын маселелери" журналында жана "Чаадаевтин каттары жана дил баяндарынын топтомунда" жарык көргөн. Экинчи, үчүнчү, төртүнчү, бешинчи жана сегизинчи каттары 1935-ж. "Адабияттык мурас" журналында жарык көргөн, алтынчы жана жана жетинчи каттары 1989-ж. гана басмадан чыккан. Мына ошентип, 1989-ж. ""Философия маселелери” журналына тиркеме" сериясында " П. Я. Чаадаев. Дил баяндарынын" ичинде биринчи болуп каттардын толук жыйнагы “Философиялык каттар басылып чыккан.

Философиялык көз караштары*.Тарых философиясы*. XIX-к. башында тарых философиясы Батышта модалуу болгон тема болуп калган, ага арналган көп сандаган жумуштар чыккан. Россияда болсо тарыхтын философиясы боюнча биринчи эмгектерден болуп "Чаадаевтин философиялык каттары" эсептелинет. Бул каттарды адекваттуу баалоо үчүн (өзгөчө “Биринчи катын”) бир нече факттарды эске алуу керек, бул каттар жазылып жаткан мезгилде Россиядагы билимдүү адамдарга Россиянын тарыхы керек болсо жалпы Батыш Европанын тарыхына караганда караганда дээрлик белгисиз болгон же начар билишкен. "Философиялык катттар" жазылып жаткан учурларга В. Н Татищевдин, М. М. Щербатовдун жана Н. М. Карамзиндин эмгектери гана жарык көргөн болчу. Н. М. Карамзиндин "Россия мамлекетинин тарыхы" деген эмгеги коомчулукта орус тарыхына чоң кызыкчылыкты жараткан эмгек эле.

Чаадаев ошол мезгилде кеңири жайылган адамдын табигый укуктары жана мамлекеттин келишимдик келип чыгышы жөнүндө агартуучулук идеяларга шектенүү менен караган. Ал - эң оболу диний, тагыраак айтсак, христиан ойчул. Ошондукан ал мыйзамдарды өзүнчө түшүнүү менен аларды үчкө бөлөт: физикалык (табият мыйзамдары), адеп- ахлактык жана адамдык. Мыйзамдар Кудай тарабынан белгиленген, ал эми адам болсо аларды тануусу жана аткаруусу зарыл. Адамдын көзү көрбөй калганда гана адам өзүн кандайдыр бир мыйзамдардын түзүүчүсүмүн деп санашы мүмкүн.

Чаадаевде адамзат бир улуттун же индивиддердин органикалык биримдиги деп түшүндүрүлөт, ал эми адамзаттын тарыхы - ойлордун жана идеялардын ортомчулугу аркылуу көрүнүү менен ишке ашырылып жаткан зарыл процесс. Азыркы мезгилде адамзатка оор - өздөрүнүн карым-катнаш жасабагандыгында, Россиянын башындагы

бактысыздыгы анын жалпы адамзаттык тарыхтан бөлүнгөндүгүндө, алыстагандыгында турат: "Биз эч качан башка элдер менен бирге кеткен эмеспиз, биз адамзаттын улуу бир катмарына кирген эмеспиз, Батышка же Чыгышка да, тигиге да, буга да эч бирине берилген эмеспиз. Биз убакыттын тышкары жашайбыз жана жалпы адамзаттын дүйнөлүк жаралуусу бизге тийип өткөн эмес".

"Биз жөнүбүздө мындай десе болот: биз элдердин арасындагы жат нерсебиз. Биз адамзаттын курамына кирбеген элдердин катарына тиешелүүбүз, алар убакыт агымы менен дүйнөгө кандайдыр бир улуу сабак берүү үчүн гана жашашат. Албетте, бизге берилүүчү ошол насыят из калтырбай өтүп кетпейт, бирок биз адамзаттын ичинде өзүбүздү качан табарыбызды жана биздин тагдырларыбыз болуп өткөнчө биз дагы канчалык азап-тозок көрөөрүбүздү ким эсептеп чыгарын ким билет".

Мындай Чаадаевдин "Биринчи каттагы" Россияга болгон терс мамилеси кийинчерээк жумшарган. 1930-ж. Францияда болгон революция аны белгилүү бир даражада Батышты идеализациялоодон баш тартууга мажбур кылган. 1835-ж. ("Биринчи кат" басмадан чыккандан бир жыл мурда) өзүнүн А.И. Тургеневге жазган катында ал мындай деп белгилейт: "Россия эгерде өзүнүн жөндөмүн түшүнсө, өзүнө ак көңүл ойчулдардын демилгесин өткөрүп алышы керек, себеби анда кыйбастык, шыктануунун идеялары жана Европага болгон кызыкчылыктар жок... Россия улуттук саясатты жүргүзүү үчүн өтө эле улуу; өзүмчүл болуу үчүн бизди Кудайдын кудурети өтө күчтүү кылып жаратып койгон, себеби кудурет күч улуттардын кызыкчылыктарынан тышкары койгон жана бизге адамзаттын кызыкчылыгын тапшырган". Ушуга окшош ойлор "Жиндинин апологиясында" да өнүктүрүлгөн. Мында Россиянын тарыхый өткөндөрүнүн түшүмсүздүгү кандайдыр бир мааниде анын жыргалчылыгы болуп саналат. Мына ошону менен Россия келечектин улуу маселелерин аткаруу үчүн эркин рухка ээ болгон деген жыйынтыкка келген.

Башкаруунун формасы жөнүндөгү маселеге кайрылганда, Чаадаев ал ар бир өлкөдө географиялык факторлордон көз каранды экендигин белгилеген. Россия жөнүндө төмөндөгүчө жазган: "Биз кеңири мейкиндиктердин геологиялык түшүмүбүз, ал жакка бизди белгисиз борбордон качма күч алып барып таштаган". Чаадаевдин бир нече сөздөрүнөн анын башкаруунун эң жакшы формасы монархия деп эсептегендигин билүүгө болот. Бирок ошол эле убакытта ал залимдикти айыптаган: "залимдик менен башкаруу элдин акылын бузат". Ал крепосттук укукка караманча каршы болгон, аны "эл үчүн эң бир зыяндуу көрүнүштө чексиз бийликти өтө жийиркеничтүү колдонуу". Чаадаев үчүн залимдик жана крепосттук түзулуш менен күрөшүүнүн бирден бир жолу бул реформалар. "Мен таандык болгон урпак, - дейт, - реформалар, европалыктарга окшош башкаруу системалары жөнүндө кыялданышкан.., бирок мен аларга (декабристтерге) окшоп кылмыш жолу менен ишке ашырууну тандабастан, жөн гана алар менен ой бөлүшкөндүгүм үчүн бактылуумун" (отормо автордуку).

Чаадаев европалык төңкөрүштөрдүн (1830-1840-жж) замандашы болгон. Ал алар жөнүндө ортозар бийликке алып келген адамзаттын варварчылыкка жана анархияга түшүүсү катары айткан.

Чаадаевдин учурунда социалисттик идеялар өтө кеңири таркаган. Бул көз-караштар Чаадаевке жат болгон, бирок анын жазууларынын ичинен дагы деле изилдөөчүлөрдүн башын ооруткан бир фразаны табууга болот: "Социализм туура болгону үчүн эмес, анын душмандарынын туура эмес болгондугу үчүн утуп чыгат".

Окуунун тагдыры. Чаадаевдин идеяларыXIX-к. орус философиясынын өнүгүүсүнө чоң таасирин тийгизген (195-чийме). Эң алды менен алар батышчылар менен славянофилдер ортосунда Россиянын тагдыры жөнүндө талаш-тартышты жаратышты. Канчалык парадокс туудурбасын, тигилер да, булар да өздөрүнүн негизги жоболорун Чаадаевден алышкан.

23.2. Славянофилдер жана батышчылар

Батышчылар жана славянофилдер – XIX-к. ортосундагы идеологиядагы жана философиядагы эки карама каршы күчтөр (121-табл.).

Алардын көз-караштарындагы дал келбөөчүлүк Россиянын тагдырына тийиштүү. Батышчылар өнүгүүнүн бир гана жалпы адамзаттык жолу бар деп эсептешкен, болгондо да мында батыш өлкөлөрү бардык калгандардан озуп өткөн. Ошондуктан Россия Батыштан үйрөнүшү керек. Славянофилдер болсо, Россиянын өзүнүн менчик өнүгүү жолу бар деп эсептешкен. Ал жол орус элине православдуулуктун таасири менен байланышкан.

121-таблица

Батышчылар жана славянофилдер

Талаш-тартыш маселелери	*Батышчылар*	*Славянофилдер*
Философиялык өбөлгөлөр	Шеллингдин жана Гегелдин идеализми	Чыгыш (православ) патристикасы
Дүйнөлүк өнүгүүнүн концепциясы	Өнүгүүнүн бир гана жалпы адамзаттык жолу бар	Ар кандай элдерде ар түрдүү өнүгүү жолу болушу мүмкүн (локалдык маданияттар концепциясы)
Россиянын тарыхый жолу	Россия Батыш барган жол менен бара жатат, бирок бир аз артта калган	Россиянын Батыштан айырмаланган өзүнчө өнүгүү жолу бар
Петрдун кайра түзүүлөрүнө көз караштары	Оң: алар Россиянын жалпы өнүгүүсүн тездетишти	Терс: алар Россияны өзүнүн жолунан түртүп чыгарып, батыштыкы жолуна жакындатышты
Динге жана чиркөөгө болгон мамилелери	Көңүл кош	Позитвдүү
Православиеге мамилелери	Кескин	Оң: анда руханий жана социалдык жашоонун негизин көрүшкөн
Крепосттук укукка мамилелери	Терс: дворяндарды агартуу жана адеп-ахлактык жакшыртуу жолу менен барып андан кутулууга болот	Терс: крестьяндарды “жогортон”, б.а. падыша бийлигинен бошотуу жолу менен андан кутулууга болот

Славянофилдер. **К**өрүнүктүү славянофилдердин катарына Алексей Степанович Хомяковду (1804-1869-жж), Иван Васильевич Киреевскийди (1806-1856-жж), Константин Сергеевич Аксаковду (1817-1860-жж), Юрий Федерович Самаринди (1819-1876-жж) киргизүүгө болот.

Философиялык көз караштары. Философиялык көз караштары боюнча славянофилдер идеалист-мистиктер, дин менен философияны, аң сезим жана ишеничти жараштыруунун жактоочулары – бирок христиан-православдык көз караштардын негизинде - болушкан. Алар таануунун жогорку формасы деп Ачылышты эсептешкен. Ошондуктан алардын кээ бирөөлөрү өздөрүнүн көз караштарын ырастоо үчүн Шеллингдин философиясына кайрылышкан жана Гегелдин философиясына сын пикирлери менен каршы чыгышкан. Алардын чыгармачылыгында негизги орунду позитивизмди анын жан дүйнөсүздүгү жана атеизми үчүн сындоо ээлеген.

Социалдык-саясий көз караштары. Славянофилдер Россиянын коомдук–саясий жашоосундагы айрым көрүнүштөрдү сынга алышкан, сөз эркиндигин жана сот эркиндигин жакташкан, крестьяндарды “үстүртөн” (сатып алуп жана аз маз жер бөлуп берип) бошотууга умтулушкан. Бирок мында падышанын чексиз бийлиги Россияны башкаруунун чыныгы жана ага эң эле туура келген формасы деп эсептешкен.

Славянофилдерге Россиянын тарыхый өткөндөрүн сонун кылып көрсөтүү мүнөздүү болгон. Орус маданияты жана саясий жашоосу жеке өзүнчө, батыштыкынан айырмаланган жол боюнча өнүгүп баратат деп эсептешкен. Россиянын тарыхый жолунун өзгөчөлүгүн алар "орус мүнөзүнүн" өзгөчөлүгү жана чыгыш чиркөө аталарынын окууларына негизделген православдыктын таасири менен байланыштырышкан (динге ишенимди, аскетизмди, момундукту, падышага баш ийгендикти камтыйт). Ошондуктан алар өздөрүнүн иштеринде дин көйгөйлөрүнө көп көңүл бурушкан.

Алар Россиянын тарыхый миссиясын Батышты православиенин руху жана коомдук орус идеалдары менен жөнгө салуудан көрүшкөн, Европага анын ички жана сырткы саясий көйгөйлөрүн христиандык принциптерине ылайык, б.а. а тынчтык жолу менен, эч кандай төңкөрүшсүз элечечүүгө жардамдашууда турат деп эсептешкен.

Батышчылдар. Көрүнүктүү батышчылдарга П.Я. Чаадаев, Николай Владимировича Станкевич (1813-1840), ошондой эле Тимофей Николаевич Грановский (1811-1848) кирет. Мындан сырткары, батышчылдардын идеялары белгилүү бир даражада Александр Иванович Герцендин (1812-1870), Виссарион Григорьевич Белинскийдин чыгармаларында чагылдырылган.

XIX-к. орус философиясынын өнүгүшүндө 1832-ж. Станкевич тарабынан түзүлгөн адабий-философиялык ийрим (“Станкевич ийрими”) өтө чоң ролду ойногон. Станкевич бул убакта студент эле. Ийрим 1837-ж. чейин иштеген. Ар кандай убакытта анда Аксаков, Бакунин, Белинскийлер мүчө болушкан. Ийримде негизги көңүл классикалык немец философиясын окуп үйрөнүүгө бурулган.

Россия батыш европалык элдерден жалпы адамзаттын өнүгүү жолунан артта калып бара жатат деп болжолдоо менен, батышчылар Россия европа илимдерин жана билимдеринин жемишин, эң биринчи кезекте батыш философиясын адамдын жашоодогу максаты жана ага жетүүгө жол көрсөткөндөй өздөштүрүүсү зарыл деп эсептешкен. Мында Чаадаевге, Станкевичке, Грановскийге жана Белинскийге жаш кездеринде эле Шеллинг жана Гегелдин идеализми, ал эми бой жеткен Белинский менен Герценге - Фейербахтын материализми жакын болгон.

Батышчылдар динге анчалык деле кызыгышкан эмес жана бир катар маселелерде орус православ чиркөөсүн сынга алышкан.

Алардын баары саясий эркиндикти бийик баалашкан, бирок Чаадаев, Станкевич жана Грановский революциялык кайра жаралууларга каршы болушкан жана "жорук жосундарды, салт-санааларды жумшартууга" ишеничти, крепосттук укукту жок кылууну, социалдык жашоону жакшыртууну алар агартууну жана реформаны жайылтуу менен байланыштырышкан.

Белинский жана Герцен социалдыктын чындыкты кайра жаратуу, жаңылоо төңкөрүш жасоо жолу менен ишке ашуусу зарыл деп эсептешкен. Аларга утопиялык социализм идеялары жакын болгон. Ал эми Герцен болсо өмүрүнүн акыркы жылдарында социализмдин өзгөчө - "крестьяндык" формасын өнүктүргөн. Экөө тең Россиядагы революциялык идеялардын өнүгүүсүнө чоң салым кошушкан : Белинский өзүнүн "Ата мекендик каттар" жана "Замандаш" журналында жарыяланган макалалары менен, Герцен болсо Лондондогу "Эркин орус типографиясындагы" ишмердиги менен.

Герцен А.И. ***Өмүр таржымалы***. Александр Иванович Герцен (1812-1870)-жазуучу, революционер жана философ. Орустун бай помещигиИ.Я. Яковлевдин никесиз туулган уулу, ал бул өмүрдөгү адилетсиздикти,т.а. крепосттук укукту, эрте таанып билген. 14жашында эле декабристтердин өлүмүнөн кийин өзүнүн досу Н. П. Огарев менен алардын өлүмү үчүн өч алууга, падыша бийлигине каршы күрөшүүгө ант беришкен. 1829-

1833-жж. Москва университетинин физика-математикалык бөлүмүндө окуган. Ошол жерде социалисттердин окуулары меенн таанышкан. Герцен менен Огаревдун айланасында революциялык маанайдагы студенттердин ийрими ачылган. 1834-ж Герцен Огарев менен камакка алынып, сүргүнгө жөнөтүлгөн. 1840-ж. Москвага кайткан, андан кийин Петербургга көчүп барган, 1841-ж. - кайрадан сүргүнгө айдалган (Новгородго). 1842-1847-жж. Москвада иштеп жана жашаган жана бул жерде өтө көп курч публицистикалык макалаларды, көркөм жана философиялык чыгармаларды жазган. Ошол эле убакытта ал батышчылдар менен, өзгөчө Белинский жана Грановскийлер менен жакындашкан, славянофилдер менен талаш-тартыштарда катышкан.

1847-ж. чет өлкөгө кетип калып, ал жерде падыша өкмөтү менен “эркин” сөздүн жардамы менен күрөшүү үчүн калууну чечкен. 1853-ж. Лондондо1855-1869-жж. чейин “Полярдык жылдыз " обозрениеси чыгып турган “Эркин орус типография" негиздеген. Бул жерде 1857-1867-жж. Огарев менен биргеликте Россияда революциялык идеялардын өнүгүшүнө зор салым кошкон “Колокол” саясий газетасын чыгарып турушкан. 1860-ж. башында " Жер жана Эркиндик" революциялык уюмду түзүүдө катышкан.

Негизги эмгектери: "Илимдеги дилетантизм" (1843), "Табиятты изилдөө жөнүндө каттар" (1844-1846), "Наркы жээктен" (1848-1849), "Жаштар менен болгон сүйлөшүүнүн тажрыйбасы" (1858).

Философиялык көз караштары*.Табиятка жана тарыхка болгон көз караштары*. Герцендин табиятка болгон көз караштарын диалектиканын элементтери бар материализм катары мүнөздөсөк болот. Гегелдин окуулары менен таанышып (биринчи сүргүнгө айдалган жылдары эле), Герцен Гегелдин материалисттик позициялардан “окууга” аракет кылган. Гегелдин диалектикасын "алгебранын революциясы" катарында, жашоону революция жолу менен кайта куруу зарылдыгын философиялык негиздөө бийик баалап, ал Гегелди иделизми үчүн, ойду же идеяны табияттан жана тарыхтан жогору койгондугу үчүн сынга алган. Герцен философия, эгерде табигый билимдердин мааламаттарына таянса гана, жашоонун гармониялаштыра турган башатынын ролун ойноору мүмкүн деп эсептеген. Өз учурунда табигый илимдер, эгерде алар чачылган, иретсиз маалыматтардын топтому болуп калууну каалабаса, анда ал философияга өзүнүн методологиялык жана дүйнө таануу негизи катары таянышы керек.

Гегелдин изи менен философиянын тарыхын Герцен мыйзам ченемдүү кубулуш деп караган, бирок Гегелден айырмаланып ал бул процессти гегелдин философиясынын пайда болушуна даярдануу деп эсептеген эмес.

Социалдык-саясий көз карашатары. Жаш кезинде Герцен өзүнүн социалдык-саясий көз караштары боюнча батышчылдарга жакын болгон. Алар сыяктуу эле Россия Европага окшоп өнүгүүнүн жалпы жолу менен баратат деп эсептеген. Бирок эмиграция жылдары Батыштагы чыныгы абал, капиталисттик өнүгүү жолунун шумдуктары менен таанышуу анын көз караштарын өзгөрткөн. 1848-ж. Европадагы революциянын утулушу ага өзгөчө таасир тийгизген. Герцен Россиянын капиталисттик өнүгүү жолу менен барышы зарыл эмес, Батышта өкүм сүргөн коомдук жашоонун сасыткы формаларына келүү үчүн капиталисттик жолдун бардык кыйынчылыктарын жеңип чыгуу маанисиз деген жыйынтыкка келген.

Россия бул кыйынчылыктарды жандап өтүп, түз эле социализмге жетишиши мумкүн, себеби Россиянын элдик турмушунда Европадан көрө көбүрөөк социалистикалык идеялдарга дал келген касиеттер сакталып калган деп эсептеген. Жана эң негизгиси, Россияда крестьяндык община (коом), ага ылайык коомдук жер ээлиги сакталып калган. Эгерде анын үстүнөн мамлекеттик эзүүнү токтотсо, анда байлардын жер элөөчүлүгү жана община эркин өнүгүгө. Бул нерсе жашоонун адилет түзулүшүнө алып баруу менен социалисттик идеалдарды ишке ашырат (крестьяндык социализм). Мындай кайра курууда орус жашоосунда өтө чоң ролду Батыш ойчулдарында терең философиялык иштеп чыгарылган социалисттик идеология ойношу мүмкүн.

Герцен социалисттик кара жаралуулар Батышта биринчи жүрүшү мүмкүн, ошонун

аркасынан жана анын таасири менен Россияда ишке ашырылат деп божомолдогон. Бирок баары бир адегенде Россияда болушу мүмкүн деп ойлогон.

Окуунун тагдыры. Герцендин революциялык жана социалдык-саясий окуулары XIX-XX-кк. башындагы бардык орус интеллигенциясынын көз карашына, өзгөчө бардык орус революционерлерине, жада калса “крестьяндык социализм” концепциясын кабыл албагандардын да баарына олуттуу таасир (194-чийме).

194-чийме

Герцен: булагы жана таасири, башы.



24- БАП

XIX-К. ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫНДАГЫ ОРУС ФИЛОСОФИЯСЫ

XIX-к. экинчи жарымында бир катар өз алдынча жана бир бири менен күрөшкөн философиялык жана социалдык-саясий агымдар түзүлгөн. Шарттуу турдө аларды экиге бөлсөк болот: материалистик (же ошого жакын) жана идеалисттик. Мында материалисттик окуулар жалпысынан түздөн түз батышчыларга жакын революциялык теория менен практика менен байланышкан. Ошол эле учурда идеалисттик окуулардын тарапташтары жашоону революциялык кайра курууга каршы чыгып, башкача реформалардын жактоочулары болушкан. Алардын көпчүлүгү славянофилдерге жакын жакын эле (195-чийме).

195-чийме

XIX-к. орус философиясы



Бул жерде орус жазуучуларынын философиялык идеяларын, өзгө
Л.Н.Толстойдун, Н.Я.Данилевскийдин “Россия жана Европа”деген китебинде баяндалган философиялык-культурологиялык концепциясын, К.Н.Леонтьевдин “византизм” концепциясын, Н.Ф. Федеровдун “орус космизмдин” негизин түзгөн "жалпы иш" окуусун атап кетүүгө болот. Орус жаңы кантчылыгы - Л.М. Лопатин, А.И. Введенский ж.б. жөнүндө эскербей кетүү мүмкүн эмес.

Ошол эле периоддо "теософия" атын алган жана чыгыш (индия-тибеттик) философиясынын негизиндеги Е.П. Блаватскаянын мистикалык окууларынын калыптанышы жүргөн. Бул Блаватская Чыгышка баргандан түзүлгөн, андан кийин (1870-ж.) АКШ жана Европада жайылган ошондуктан бул окууну орус философиясына киргизүү кыйынчылыкты жаратат.

Орус идеалисттик философиясынын XIX-к. туу чокусу болуп В.С. Соловьевдун "жалпы биримдик философиясы" эсептелинет. Өз учурунда ал XX-к. бардык орус идеалисттик философиясына жана “күмүш доордун” маданиятына өтө чоң таасирин тийгизген (1900-1917).

24.1. Материалисттик жана революциялык окуулар

Чернышевский Н.Г.*Өмүр таржымалы.*Николай Гаврилович Чернышевский (1828-1889) - публицист, адабияттык сынчы, философ. Саратовдо дин кызматкеринин (поптун) үй - бүлөсүндө төрөлгөн, алгач диний семинарияда окуган, андан соң (1846-1850) Санкт-Петербург университетиндеги тарых-философиялык бөлүмүндө окуусун уланткан. 1851-1853-жж. Саратов гимназиясында окутуучу болуп иштеп, 1853-ж. Петербургга көчүп кеткен. 1855-ж. Чернышевский магистратура диссертациясын жактаган, анда материалисттик эстетиканы өнүктүргөн. 1853-ж. "Ата-Мекендик катар" журналы менен кызматташкан. Андан кийин "Замандаш" журналында иштеп, кийинчерээк аны жетектеген.

1850-ж. ортосунда Чернышевский россиялык революциялык-демократиялык кыймылдын лидери болду. Ал материализмди жана атеизмди, крепосттук укукту жоюуну пропагандалоо менен активдүү катышкан. 1861-ж. крепосттук укукту жоюу боюнча реформадан кийинал бир нече ирет бул реформанын талоончулук мүнөзүн сынга алган жана элдик революцияга үндөгөн, анын таасири астында "Жер жана эркиндик" аттуу жашыруун революциялык коом түзүлгөн.

1862-ж. Чернышевский камакка алынган жана Петропавлов чебине камалган. 1864-ж. ал жети жылга Сибирге жайгаштыруу менен мөөнөтсүз сүргүнгө айдалган. 1883-ж. Сибирден Астраханга көчүрүшкөн. Өмүрүнүн акырында ага Саратовко кайтып келүүгө уруксат берилген.

Негизги эмгектери. "Чындыкка искусствонун эстетикалык мамилеси" (1855), "Философиядагы антропологикалык принцип" (1860), "Эмне кылуу керек?" романы (1863), "Адамдык билимдин мүнөзү" (1885).

Философиялык көз караштары. *Материализм.* Чернышевскийдин философиялык көз караштарынын калыптанышына Гегелдин диалектикасы жана Фейербахтын материализми чоң таасирин тийгизген. Маркска окшоп эле ал гегелдин идеалисттик диалектикасын материалисттик маанайда кайра карап чыгуу зарылдыгы жөнүндөгү жыйынтыкка келген.

Табият өзү менен өзүнчө жашайт, ал эч ким тарабынан жаратылган эмес, материалдуу жана үзгултүксүз кыймылдап жана өнүгүп турат. Материя өлбөйт, ал бир формадан башка формага өтүп турат. Адам - материалдык нерсе, анын эч кандай жаны жок, аң сезим - бул материяда өнүккөн касиет.

Социалдык-сясий көз караштары. Чернышевский коом жөнүндөгү окуусунда Фейербахтын антропологиялык материализминин өтө күчтүү таасири астында болгон. Коомду ал индивиддердин жыйындысы деп түшүнгөн, ошондуктан коомдун иштөө мыйзамдарын адамдардын жеке жашоосунун туундулары деп эсептеген. Коомдук түзүлүштүн эң сонун формасы деп социализмди эсептеген: себеби адамдардын көпчүлүгү – бул эмгекчилер болгон соң, анда коомдук кызыкдарлык дал ошол эмгекчилердин кызыкдарлыгын ишке ашыруу турат. Андыктан көп адамдар - бул эмгекчилдер, коомдун кызыгуусу ошолордун кызыкчылыгын ишке ашырууда турат.

Россия капиталисттик өнүгүү жолун буйтап өтүп, социализмге келиши мумкүн, себеби коомдук жашоону жеке менчиксиз уюштуруу жана адамды адам тарабынан эксплуатациялоону токтотуу үчүн негиз болуучу крестьяндык түзүлүш дале болсо өлкөдө сакталып калган деп божомолдогон. Бирок мындай секирүү, эгерде Россияда алдыңкы катардагы коңшулаштар, т.а. социализмге өткөн мамлекеттер болсо гана мүмкүн. Эгерде бул шарт ишке ашпаса, анда Россиягасоциалисттик эмес, бир гана демократиялык революция гана мүмкүн.

Этика. Чернышевскийдин этикалык көз караштарын "акылдуу өзүмчүлдүк" катарында мүнөздөсөк болот: ар кандай адам бул өмүрдө өзүнүн жеке бактысына умтулат, бирок акыл-эстүү жан болуп туруп, ал мында башка адамдардын да кызыкчылыгын эске алуу зарылдыгын (жалгыз бактылуулук жок) түшүнөт. Ошондуктан ал өзүнүн кылык-

жоруктарын жакшыртууга аракеттени керек жана милдеттүү. Мындай жакшырууга умтулуу анын өзүнө гана эмес, жалпы эле коомго пайда алып келет.

Эстетика. Чернышевский искусство коомго кызмат кылууга арналган деп түшүнгөн жана ошол мезгилде кеңири жайылган "чыгармачылык чыгармачылык үчүн" деген теорияны сынга алган. Ал искусство адамдын башка ишмердиктеринин формасындай эле жашоого адамдардын керектөөлөрүнүн негизинде келип чыгат жана жашоонун тарыхый шарттары менен түздөн түз байланышкан деп эсептейт. Сүрөтчүнүн милдети жашоону туура чагылдырууда, көрүүчүдө, окуурманда, угуучуда ж.б. жашоону акыл-эстүү, адилеттүү жана гумандуу башатта кайра курууга умтулуу аракеттерин козгооодо турат.

Окуунун тагдыры. Чернышевскийдин идеялары алды менен Писаревге жана Добролюбовго, ошондой эле XIX-к. экинчи жарымындагы бардык орус революционерлерине чоң таасирин тийгизген.

24.2. Анархизм.

Грек тилинен келип чыгып "анархизм" термини "ээн баштык", "бийликсиздик" дегенди билдирет, XIX-к. ортосунда идеялык агымды атап калган. Анына эң негизги себептерине социалдык теңсиздик, адилетсиздик, бир адамды экинчиси эксплутациялашы кирет, ошол учурда мамлекет - мамлекеттик типинен жана башкаруусунан көз карандысыз болуп эсептелген. Анархизмдин жактоочуларына П.Ж. Прудон, М.Штирнерге окшогон ар түрдүү европалык ойчулдар эсепке алына берген. Бирок анархизмдин ири теориктерине жана анын лидерлерине орус ойчулдары М. А. Бакунин жана П. А. Кропоткин кирген.

XIX- XX-кк. башындагы революциялык кыймылда анархизм менен марксизмдин ортосунда чоң күрөш жүргөн, өзгөчө мамлекетти кулатуу ыкмасы жана жолдору жөнүндөгү маселелерде (122-таблица).

122-таблица

Анархизм жана марксизм мамлекет жөнүндө

Көйгөйлөр	*Анархизм*	*Марксизм*
Мамлекеттин маңызы	Мамлекет –бул зордук аппараты, элди эзүүчү курал	Мамлекет – бул үстөмдүк кылуучу класстынэксплуатациялануучуларды эзүү үчүн зордоо аппараты, эзүүчү курал
Мамлекеттин келип чыгышы	Мамлекет түбөлүк жашабайт, ал коомдун өнүгүсүнүн белгилүү бир стадиясында пайда болот	Мамлекет түбөлүк бар болбойт, ал класстардын пайда болушу жана антагонисттик формациялар (кул ээлөөчүлүк, феодалдык жана капиталисттик) пайда болгондо туулат
Мамлекет жоголушу	Мамлекеттин эң бийик деңгээлде өнүгүүсүнөн башкасы керек эмес, эмнеге дегенде адамдар жардамдашууга кызыктар	Коммунистикалык формациянын төмөнкү деңгелинде – социализмде – өзүнүн маңызын өзгөртүү менен мамлекет сакталат, бирок ал коммунизмде жок болуп кетет
Мамлекетти жок кылуу кылуу жолу	Күчкө салып жок кылуу	Коммунизмди курууда көз карандылыкта мамлекет өлөт – анын кызматтары акырындык менен өзүн-өзү башкаруу органдарына өтөт
Мамлекеттин жоголушуна болгон өбөлгөлөр	Мамлекеттин тарыхый өтмө мүнөзүн жана анын терс жактарын түшүнүү	Өндүргүч күчтөрдү бийик денгээлге жеткирүү жана коммунистик өндүргүч мамилелерди куруу

Бакунин М.А. ***Өмүр таржымалы.*** Михаил Александрович Бакунин (1814-1876) - публицист, философ жана революционер. Байдын үй-бүлөсүндө туулган, 1828-1832-жж. артиллериялык мектепте окуган. Аны бүтүп, офицер болуп армияда кызмат өтөгөн (1832-1834), бирок 1835-ж. отставкага чыккан. Ошол убакытта ал Белинский менен жакындашкан, Станкевичтин ийримине кирген жана (Кант, Фихте, Гегель) немец классикалык философиясын окуп баштаган, Гегелди жогору баалаган. 1840-ж. Берлинге окуганы кеткен, ал жерде солгегельянчылар менен таанышкан. Гегелдин философиясынан ал уроо чексиз өнүгүү процессинде зарыл момент катары талкуулоо үчүн - демек анын түшүнүгүндө уроо, бузуу чыгармачыл күч болуп калган - философиялык база тапкан. эсеби жок өнүгүүнүн кубулушунун бузулушунун эң керектүү учурдун түтшүндүрмөсүн Германиядан ал Бельгияга көчүп барган, андан кийин Францияга, ошол жерде Прудон, Маркс жана Энгельс менен таанышып, аларга жакындашкан, революциялык күрөшкө кирген.

Бакунин түздөн түз 1848-1849-жж. революцияда катышкан, Прага жана Дрездендин баррикадаларында согушкан, 1849-ж. камакка алынган жана эки жолу соттолгон (Саксониянада жана Австрияда), өлүм жазасына тартылган, кийин мындай өкүм камак жазасы менен алмаштырылган. 1851-ж. орус бийлигине өткөрүп беришкен, 1851-1857-жж. Петропавловск чебинде камак жазасын өтөгөн. 1857-ж. Сибирге жайгашуу менен сүргүнгө айдалган (Томск, Иркутск). 1861-ж. ал Япония жана АКШ аркылуу качып, Англияга жетип барган. Кийин Италияга, андан кийин Швейцарияга көчүп өткөн, революциялык иштерде активдүү катышкан, бир нече убакыт Герцендин "Колокол" журналы менен кызматташкан. Бакунин жетилген куракта өзүнүн көз караштары боюнча материалист жана анархист болгон. Анын анархиялык ишеничтери 1860-ж. ортосуна барып бышып жетилген. 1861-ж. ал I Интернационалга (Эл аралык жумушчулар жолдоштугу) кирген, ал жерде Маркс менен күрөштү баштаган. 1868-ж. өзүнүн жеке уюмун - жашыруун "Социалисттик демократиянын эл аралык альянсын" түзгөн. Качан бул жөнүндө билишкенде, аны бөлүп жаруу аракети үчүн 1872-ж.I Интернационалдан чыгарышкан. Бакунин 1870-ж. Лиондо, 1874-ж. Болоньеде болгон көтөрүлүштөрдө активдүү катышкан, Париж коммунасын активдүү колдогон.

Негизги эмгектери: "Федерализм, социализм жана антителеологизм" (1867), "Мамлекеттүүлүк жана анархия" (1873), "Кудай жана мамлекет" (1882).

Философиялык көз караштары. Бакуниндин философиялык көз караштары гегелдик идеализмден материализмге жана атеизмге чейин татаал эволюцияны өткөн, анын негизинде, ал божомолдогондой, инсанды интеллектуалдык жактан бошотуу мүмкүн. Ал чиркөөнү эзүүчүлөр мамлекетинин кызматчы аялы деп сындаган, ал эми Кудайды болсо "өлүк абстракция" жана "абсолюттук боштук" деп эсептеген.

Социалдык-саясий көз караштары. Адамзаттын тарыхында Бакунин социалдык өнүгүүнүн маанилүү шарттары катары 3 негизги элементти бөлүп көрсөткөн: "1) адамдык айбандык, 2) ой жана 3)козголоң. Биринчисине чынында социалдык жана менчик экономия; экинчисине – илим; үчүнчүсүнө – эркиндик туура келет".

Гегель жана Маркска окшоп эле Бакунин мамлекетти өзүнүн өнүгүшүнүн белгилүү бир этабында коомду уюштуруунун бир ыкмасы деп эсептеген. Коом жана мамлекет окшоштук эмес: коом дайыма бар, а мамлекет - жок. Гегелден өзгөчөлөнүп, Маркс менен макул болгон Бакунин мамлектти эзүүчүлүктүн жана зордук зомбулуктун аппараты катарында түшүнгөн, мамлекет – бул жамандык, бирок бул жамандык тарыхый акталган жана өтмө. Бирок марксизм мамлекеттин социализмдин өнүгүшүнө жараша секинден өлүшүн айтса, Бакунин мамлекетти жок кылууну, кайсы түрдөгү болбосун мамлекеттик бийликке каршы революциялык күрөштү талап кылган.

Мамлекеттик бийликтин кереги жок, себеби адамдар ансыз деле бир-бирине жардам бергенге кызыкдар. Ошондуктан коомдо өзүн өзү башкаруу өкүм сүрүүсү зарыл. Айрым индивиддер жана элдер өздөрүнүн каалоосу менен эркиндик, теңдик, бир

туугандык жана адилеттүүлүк принциптеринин негизинде бир жалпы союзга биригиши керек. Эгерде мамлекет жана ага тиешелүү бийлик структуралары (армия, полиция) жок кылынса, ошондой эле мураскор жеке менчик жоюлса, жерлер дыйкандар общинасына өткөрүлүп берилсе, фабрикалар – жумушчулар ассоциацияларына берилсе, нике жана үй-бүлө жоюлса, балдар биргеликте тарбияланса ж.б. инсандын социалдык жактан бошотулушу мүмкүн.

Бакуниндин социализмге болгон мамилеси да өзгөчө жана анын идеялары ошол мезгилде кеңири тараган. Ал социализмсиз эркиндик - бул адилетсиздик, а эркиндиксизсоциализм – бул кулчулук деп эсептеген. Бакуниндин бул идеялары өзүнүн далилин орустардын тарыхынан тапкан.

Окуунун тагдыры. Революционер-анархисттер өздөрүнүн иш аракетинде Бакуниндин идеяларын практика жүзүндө колдонушкан, ал эми Кропоткиндин эмгектеринде теоретикалык жактан өнүгүү алган.

Кропоткин П.А. ***Өмүр таржымалы***. Петр Алексеевич Кропоткин (1842-1921) - орус саясий ойчулу, философ, революционер, анархизмжин теоретиги жана пропагандисти. Ал байыркы князь уруусунан (Рюриковичтерге) чыккан. 1857-ж. Паждар корпусуна кирген, ал жерде тез эле эң жакшы тарбияланууучулардан болуп калган. 1861-ж. ал эң жакшы окуучу катарында жана корпустун уставына ылайык фельдфебель даражасын алып, Александр IIнин камер-пажы болгон. 1862-ж. корпусту бүткөндөн кийин анын астында жаркын келечек турган, өзүнүн кызмат орду сапатында борбордук гвадиялык полктордон тандаса болмок, бирок Кропоткин Сибирге, Амур казак аскердигине кеткен, ал жерде Иркутск крайынын генерал-губернатору М.С. Корсаковдун астында өзгөчө тапшырмалар боюнча чиновник болгон. М.С. Корсаковдон мурунку Н.Н. Муравьевдун убагында эле ал жерде жаштардын, прогрессивдүү ойлонгон чиновниктердин тайпасы пайда болгон. Алардын күч-аракеттери социалдык институттарды жана мекемелерди реформалоого багытталган. Кропоткин ал ишке жан-дүйнөсү менен киришип кеткен, 1863-ж. ал сүргүндөр жана түрмөлөр системасын өзгөртүү долбоорун жана жергиликтүү өзүн өзү башкарууну өнүктүрүү боюнча долбоорду түзгөн. Амур крайы жана Маньчжурия боюнча бир катар саякаттарды жасаган, Россияда биринчи болуп ошол жерлердин географиялык сүрөттөлүшүн түзгөн.

1867-ж Кропоткин отставкага чыккан, Петербургга кайткан жана университеттин физика-математикалык факультетине кирген. Ошол эле убакытта ал география жаатында изилдөөлөр менен алектенген, ал жерде чоң ийгиликтерге жетишкен; 1868-ж. ал географиялык коомдун мүчө болуп тандалаган, бир аз өтүп физикалык география бөлүмүнүн секретары болуп калган.

1870-ж. башында Кропоткин Европага саякатка кеткен, ал жерде Бакуниндин көз караштары менен жана I Интернационалдын иштери менентаанышкан. Россияга кайтып келери менен ал жашыруун революциялык кыймылга кирген, "Чайкачылар" тайпасына кошулган. 1874-ж. ал камакка алынып, Петропавловскчебине камалган. Эки жылдын кийин ал качып кетип, чет өлкөдө жашырынган, ал жерде кырк жыл жашырынган. Ал жерде Кропоткин европалык жана орус революцияларында активдүү катышкан; өзүнүн анархисттик иштерин жазган, жумушчулар астында сүйлөгөн, орус революционерлери менен тыгыз байланышта болгон. Бакуниндин өлүмүнөн кийин Кропоткин анархизмдин эл аралык кыймылынын баарына таанымал лидери болуп калган. Революциялык ишмердик аны дагы камакка алып келди, бул жолу ал француздардын Клерво түрмөсүнө 5 жылга камалган. Камактан чыккандан кийин Англияда калган.

Эмиграция жылдары Кропоткин революциялык иштер менен эле алектенбестен, ошондой эле өзүнүн илимий ишмердигин уланткан: "Британдык энциклопедияга"(200 ашык),"Географиялык журналга" ж.б. макалаларды жазган, Лондондун географиялык коомунун иштеринде катышкан, 1893-ж. Британия илимий ассоциясынын мүчөсү болуп тандалган.

1917-ж. Россиядагы февраль революциясынан кийин ал өз мекенине кайткан. Ал

жерде Октябрь революциясынын жана Атуулдук согуштун күбөсү болгон. Кропоткин бир нече жолу большевизмдин лидерлери, анын ичинде В.И.Ленин менен жолугушкан. Андан сырткары, Кропоткин Ленинге арналган бир катар каттарды жазган, ал жерде жалпы бюрократизациянын коркунучтуулугу жөнүндө эскерткен, кооперацияны, коомдун экономикалык жашоосун жөнгө салуунун ийкемдүү ыкмалары ж.б. жөнүндө айткан.

Негизги эмгектери: "Нан жана эркиндик" (1892), "Анархизм. Анын философиясы жана анын идеалы" (1900), "Мамлекет жана анын тарыхтагы ролу" (1904), "Анархия жана анын философиясы" (1905), "Анархизмдин адеп-ахлактык башаты" (1906), "Коммунизм жана анархия" (1919), "Козголоңчунун сөзү" (1921), "Азаркы замандагы илим жана анархия" (1921).

Философиялык көз караштары. Негизги көңүлүн Кропоткин социалдык-саясий көйгөлөргө бурган, андан сырткары ал анархизмдин жакшы теоретиги катары да таанымал болгон. Эгерде Бакунин өзүнүн иштеринде мамлекетти бузуу керек деген ойду кайталоо менен анын терс касиеттерине көңүл бурган болсо, ал эми Кропоткин болсо адамзаттын тарыхындагы жалпы жолун түшүнүүгө, ар түрдүү формадагы коомдук түзүлүштөрдөгү мамлекеттин ролун аныктоого, адамзат ишке ашырууга умтулган жагымдуу идеалды негиздегенге аракет кылган.

Кропоткиндин социалдык-саясий көз караштары позитивизмдин жана дарвинизмдин таасирин башынан өткөргөн. Позитивизмдин жалпы маанайына ылайык ал социалдык чөйрөдө табигый илимдердин "эмприкалык усулун" колдонууга аракеттенген. Мында адамдын тарыхы коомдун табигый эволюциясынын натыйжасы катары караган.

Кропоткин **"өз ара жардамдын биосоциологиялык мыйзамын"** негиздеген жана адамзаттын тарыхын ал **мындай "өз ара жардамдын" ар түрдүү формаларынын алмашуулары** катары түшүндүргөн. Адамзаттын тарыхы тоталдуу мүнөзгө ээ эмес: цивилизациянын өнүгүүсү бир нече ирет ар кандай убакыттта жердин ар түрдүү райондорунда башталган. "Египет, Азия, Жер ортолук деңизинин жээктери, Борбордук Европа ирети менен тарыхый өнүгүүнүн очогу болуп турушкан. Ар бир жолу өнүгүү алгачкы уруудан башталып, кийин айыл коомуна өткөн, кийин эркин шаарлардын мезгили келди, акыры мамлекетке келген, анын убагында баары токтоп калган" [1] (котормо авт.).

Ар бир мындай периоддо туруп калуу тенденциясы аракетте болот. Мындан социалдык өнүгүүгө жолтоо болгондорду жоготкон социалдык революциялардын зарылдыгы жаралган. Социалдык түзүлүштүн эң жогорку формасы деп эркин өндүрүштүү общиналардын ассоциациасын элестеткен "анархиялык коммунизмди" эсептеген.

Мамлекет - бул коомдук түзүлүштүн тарыхый өтүп туруучу формасы. Мамлекеттин пайда болушу менчик жерлердин пайда болушу менен байланыштуу жана мамлекеттин бар болушуна, биринчи кезекте, жер ээлөөчүлөр жана алар менен байланышкан социалдык тайпалар кызыкдар: "Жалпы жонунан алганда мамлекет жер ээлөөчүлөр, аскер, сот жана дин кызматкеринин ортосунда түзүлгөн ич ара камсыздандыруу коому, ич ара камсыздандыруу алардын ар бирине элдин үстүнөн бийлик менен камсыз кылуу жана кедейлерди эксплуатациялоону камсыздоо үчүн түзүлгөн"[2]. Мамлекеттик түзүлүштүн негизги өзгөчөлүгүн Кропоткин "өкмөттүк борборлоштуруудан" же "пирамида түрүндө уюштуруудан" көргөн. Жүздөгөн жылдар аралыгында мамлекеттик бийликтин формалары өзгөрүүдө, бирок мамлекеттин негизи - бир класстын башка класс тарабынан эксплутациялашын колдошу - дайыма сакталып келет.

---

[1],[2]Кропоткин П.А. Хлеб и воля. Современна наука и анархия. М., 1990.

Мамлекеттин түзүлүш, анын көз карашы боюнча, укук жана адилеттүү сот менен менен тыгыз байланышта. Мында адилеттүү сотту ал "мыйзамдаштырылган өч алуу" деп мүнөздөйт. Укук жана адилеттүү сот үстөмдүк кылуучу класстардын бийлигин колдоого кызмат кылат, ошентип мамлекеттикиндей эле функцияларды ишке ашырат.

Окуунун тагдыры. Кропоткиндин теориялык идеялары кандайдыр бир өлчөмдө

Россиядагы, башка мамлекеттердеги революционерлердин - анархисттердин ишмердиктеринде практика жүзүндө ишке ашкан.

24.3. XIX-к. экинчи жарымындагы идеалисттик философия

Данилевский Н.Я. *Өмүр таржымалы.* Николай Яковлевич Данилевский (1822-1885) - биолог, культуролог жана философ. Теги боюнча дворян үй-бүлөдөн, 1837-1842 жж. Царкосельскийдеги лицейде окуган, ал эми 1843-1847-жж.Петербург университетинин физика-математика факультетинде окуп, ботаника магистри даражасын алган. Социализмдин идеялары менен кызыгып кетип, петрашевчилерге кошулган, түрмөгө алынган, Петропавловскчебинде 100 күн жазасын өтөгөн. Андан кийин Петербургдан чыгарылып ташталган. Вологдада жана Самарада чиновник болуп кызмат кылган, 10го жакын илимий - практикалык экспедицияларда катышкан. 1864-ж. Крымда жашаган, ал жерде Никитский ботаникалык багынын мүдүрү болгон. Славянофилдер (Аксаков, Страхов менен) жана Л. Н. Толстой менен достук мамиледе болгон.

Негизги эмгектери: "Россия жана Европа" (1869), "Дарвинизм.Сын пикирдүү изилдөө" (1885, бүткөн эмес).

Философиялык көз караштары. Өзүнүн көз карашы боюнча Данилевский обьективдүү идеалист болгон.

Культурология. Данилевский Гегелге каршыэч кандай бир жалпы цивилизация жана адамзаттын өнүгүшүнүн бир жалпы жолу жок деп эсептеген. Чындыгында адамзаттын ар түрдүү маданий-тарыхый типтери, б.а. цивилизациялар гана бар (ал 13 түрүн белгилейт: египет, кытай, еврей, грек ж.б. маданияттары), булардын ар бир өзгөчө организмге окшош – идеалдуу форманын жана органикалык материянын биримдиги. Организмге окшоп эле алар балалык, толгон курак, картаюу, өлүм стадияларын басып өтөт. Ар бир цивилизациянын өзгөчөлүгү бар, өлүп бара жатып ал өзүнүн мүнөздүү касиеттерин жана өзгөчөлүктөрүн башкаларга өткөрүп бербейт.

Ар бир цивилизация адамдын идеяларын өзүнчө билдирет жана ишке ашырат. Мына ошо ойлордун жыйындысы гана жалпы адамзаттын ойлорунун билдирилиши деп саналышы мүмкүн. Дүйнөдө бир маданияттын үстөмдүк кылышы анын талкаланышына алып келиши мумкүн, ошондууктан дүйнөлүк монархия да, дүйнөлүк республика да прогресске бирдей зыян.

Данилевский өзүнүн эмгектеринде роман-герман жана славян цивилизацияларына өзгөчө көңүл бөлгөн. Акыркысы эми түзүлүп жаткандыгын көрсөткөн. Жалпысынан айтканда батыш европалык маданиятты жогору баалап, Данилевский анын агрессивдүү экенин адилеттик менен көрсөткөн жана дүйнөлүк тең саламатттыкты сактап туруу үчүн Жалпы славян союзун түзүүгө үндөгөн.

Дарвинизмге сын пикир. Өзүнүн “табигый дин илими" концепциясында Данилевский дарвинизмди, өзгөчө табигый тандоо - эволюциянын кыймылдатуучу күчү катары жөнүндөгү тезисин сындаган. Данилевскийдин көз карашы боюнча, органикалык табияттын жана өзгөчө акыл-эстүү жандардын пайда болушу жогорку акыл-эстин (Кудайдын) иш-аракети менен гана түшүндүрүү мүмкүн.

Окуунун тагдыры. Данилевскийдин идеялары XX-к. гана өз алдынча илимий дисциплина катары жаңыдан калыптана баштаган маданият философиясында жана культурологияда жетишерлик бааланган. Ал көп жактан Шпенглердин ойлорунан мурда таң калдырса да, культурологиянын "негиздөөчүсүнүн" даңкы Шпенглердин өзүндө калган.

Леонтьев К. Н. *Өмүр таржымалы*.Константин Николаевич Леонтьев (1831-1891) - жазуучу, социолог, философ. Дворян үй-бүлөдө төрөлгөн. Адегенде гимназияда, андан кийин Москва университетинин медицина факультетинде окуган (1850-1854). Бул окуу жайды Крым согушунда катышуу үчүн (аскер доктор болуу үчүн) мөөнөтүнөн мурда аяктаган. 1863-ж. Бери дипломаттык кызматта болгон. 1871-ж. каттуу ооруп калып, кызматтан кетип, кайра динге келген, ар кайсы чиркөөлөрдө жашаган. 1880-1887-жж.

цензура комитетинде иштеген, андан кийин таптакыр жумуштан отставкага чыккан да, Оптина чөлүнө кеткен. Ал жерде 1891-ж. чачын алып, монах (чиркөө кызматчысы) болгон. Андан кийин Троица-Сергиев лаврасына өткүсү келген, бирок жолдо ооруп калып, кайтыш болгон.

Негизги эмгектери. "Византизм жана славянчылык" (1876), "Эл менен жакындоону кантип түшүүнү керек?" (1881), "Чыгыш, Россия жана славянство" (1885-1886), "Улуттук саясат дүйнөлүк революциянын курал катарында: "О.И. Фруделге каттар" (1889).

Философиялык көз караштары. Леонтьевтин негизги идеясы болмуш жана жашоо теңсиздиги, теңдикке умтулуу – болмуш эмеске, өлүмгө жол; теңсиздикти жана ар түрдүүлүктү Кудай өзү каалайт дегенде жатат. Дүйнөдө сүйүү жана мээрим болуш үчүн анда жамандык менен азаптануу болушу керек, сулуулук жана жарык болуш үчүн караңгылык жана мүчүлүштүк болушу зарыл.

Жалпысынан өмүр жана андагы ар кандай өнүгүү үч негизги фазаны басып өтөт: "алгачкы жөнөкөйлүк" - "гүлдөгөн татаалдык" - "экинчи аралаш жөнөкөйлөтүү". Бул мамилени адамзаттын тарыхына колдонгон Леонтьев эң бийик жашоонун фазасын, т.а. "гүлдөгөн кыйынчылыкты" башкаруунун деспоттук формалары менен байланыштырган, ал эми төмөндөгү "экинчи аралаш жөнөкөйлөтүү" фазасын демократиялык башкаруу менен байланыштырган. Демократиялык коомдор өтө татаал да эмес жана өтө сулуу да эмес. Татаал коомдор "византизмпринциптерине" тууралануп, а.а. зордукчул күчтөрдүн белгилүү бир жыйындысы менен, деспоттук уюштурууну талап кылат. Бул башталыштар мамлекетке карата падышанын чексиз бийлиги, динге карата - византиялык православ христианчылык, этикага карата – жер жыргалчылыгына умтулуудан баш тартуу катары түшүнүлөт. Византизм принциби ошондой эле коомдо теңсиздиктин жана катуу иерархиянын, бекем тартиптин, момундуктун жана баш ийгендиктин бар экендигин түшүндүрөт. Прогресске ишениш керек, бирок прогресстин маңызы - теңсиздик менен азап тартууну жок кылуу эмес, алардын бир формасын башкасына алмаштыруу.

Окуунун тагдыры. Леонтьевдин идеялары көптөгөн орус философторуна олуттуу таасирин тийгизген: Соловьевго, Бердяевге, Ильинге ж.б.

Достоевский Ф.М. ***Өмүр таржымалы.***Достоевский Федор Михайлович (1821-1881) – жалпы дүйнөгө таанымал улуу орус жазуучусу, публицист, философ.

Аскер дарыгеринин үй-бүлөсүндө туулган; анын атасынын Федор Михайловичтин эки анча чоң эмес айылдары болгон, ошол жерлерге ал өтө каттуу тартип койгон. 1839-ж. крестьяндар анын зордук зомбулугун көтөрө алышпай, аны өлтүрүп коюшкан. Бул окуя келечектеги жазуучуга чоң таасирин тийгизген.

1838-1843-жж. Достоевский Санкт-Петербургдагы Аскер-инженерлик училищада окуган, аны бүткөн соң бир жыл инженерлик ведомстводо иштеген. 1844-ж. кызматын таштап, чыгаан жазуучу болду. 1845-ж. анын биринчи "Кедей адамдар" деген романы жарык көрдү, ал Достоевскийге тез эле коомдун демократиялык катмарында белгилилүүлүктү жана популярдуулукту алып келген. Ошол эле убакытта ал социалисттик ойлорго кызыгып, петрашевчилердин ийрими менен жакындашкан. 1849-ж. В.Г. Белинскийдин "кылмыштуу" катын тараткан үчүн камакка алынган жана өлүм жазасына тартылган. Кийинчерээк жаза он төрт жылдык сүргүн менен алмаштырылган, андан кийин армияда катардагы аскер болуп кызмат кылууга мажбур болгон. 1859-ж. адегенде Тверде, андан кийин Петербургда жашаганы уруксат алган. Өзүнүн философиялык ойлорун жазуучу романдарында, макалаларында жана чогулуштарда сүйлөгөн сөздөрүндө, ошондой эле күндөлүк каттарында чагылдырган.

Негизги эмгектери."Өлүк үйдөн каттар" (1861), "Өкмөттөн жашыруун болгон каттар" (1864), "Кылмыш жана жаза" (1866), "Келесоо" (1868), "Жаш өспүрүм" (1871), "Жиндер" (1872), "Ага-ини Карамазовдор" (1880), "Пушкин жөнүндө сөз" (1880).

Философиялык көз караштары. Сүргүнгө жана армияга келген жылдары Достоевскийдин аң сезиминде бурулуш болгон, ал революциялык ойлордон жана

"батышчылдыктан" алыстаган, “почвенничествонун" позициясына өткөн (почва – кыртыш, жер, "Өзүнүн элинин тамырына, орус маанайын билүүгө, элдин рухун моюнга алууга кайтуу"). Орус рухунун негизги касиети деп Достоевский "дүйнөлүк боорукердикти", улуттук идеалдын сапатында “жалпы адамдык идеялардын” бардыгын эсептеген.

Достоевскийдин кыйналган адамдык рухтун бардык карама каршылыктары жана умтулуулары менен "түпсүз тереңдигин" чебер изилдөөсү, аң-сезим астынын тереңдигинин көркөм талдоосу дүйнөлүк маданиятка жана философияга өзгөчө таасир тийгизген. Адамдык болмушунун принципиалдуу өзгөчөлүгүн Достоевский жан бүлүндүргөн каалоолордун жана ышкыбоздуктун карама-каршылыгынан көргөн.

Достоевскийдин бардык чыгармачылыгында чиелешкен кыйын суроо бар: Кудай барбы? Өзүнүн бир катар романдарында ал Кудайга ишенүүдөн баш тартуу адамдын жан дүйнөсүнө канчалык дүрбөлөң саларын жана “эгерде Кудай жок болсо, анда баарын жасоого мүмкүн” деген принцип боюнча жашоочу атеисттер кандай кылмыштарга жөндөмдүү экендигин көрсөтөт. Бирок мында Достоевский морализатордук менен алектенген да жок, ал мындай адамдарга сын пикир айткан да жок. Чындыгында ал аларды түшүнүүгө, алардын ишеничтен баш тарткандыгын, кийинчерээк андан ишеничсиздиктин, күнөөнүн, кылмыштын трагедиялары пайда болорун ачып көрсөтүүгө умтулат. Бардык Достоевскийдин “кудайдан баш тарткан” каармандарынын ичинен бир гана Раскольников (“Кылмыш жана жаза”) ишеничке ээ болот жана православ чиркөөсүнө кайтат. Достоевскийдин башкы каармандарынын арасында ишеним маселеси эч кандай мааниге ээ болбогон “баш-аламан атеисттер” жок. Анын башкы каармандары – бул маселелер боюнча жан дүйнөсүндө чексиз күрөш жүргөн адамдар (Иван Карамазов, Ставрогин).

Достоевскийдин философиялык көз караштарын жалпысынан христиандык гуманизм деп мүнөздөсөк болот. Анда ар бир адамдык жашоонун жана инсандын баалуулук идеясы өз чегине жеткирилген. Иван Карамазовдун атынан айтылган Достоевскийдин эч кандай дүйнөлүк гармония, эч кандай бейиш, эгерде алар жок дегенде бир кыйналган жаш баланын көз жашына турбаса, анда алар акталышы мүмкүн эмес деген сөздөрү жалпы белгилүү болуп калды. Адамзаттыкты сактоону ал сүйүүнүн, мээримдүүлүктүн жана сулуулуктун христиандык идеалдарынан көргөн (“сулуулук дүйнөнү сактап калат”). Ар бир конкреттүү айрым адам абсолюттук түрдө шартсыз жана эркин болушу керек деп эсептейт жазуучу. Бирок мында ар бир адам кандайдыр бир мистикалык жол менен белгисиз бир адамзат менен да, Кудай менен да байланышкан жана алардын астында ар бир кылган ишине да жана дүйнөдө болуп жаткан иштерге да жоопкер (бул акыркы идея экзистенционализмдеги негизги идея болуп калат).

Окуунун тагдыры. Достоевскийдин философиялык идеялары кийинки философторго: Соловьевго, Л. Шестовго, Н. Бердяевге, Ницшеге жана Фрейдге, экзистенциалисттер Сартрга, Камюга жана көптөгөн башка философторго өтө чоң таасирин тийгизген .

Толстой Л. Н. ***Өмүр таржымалы.*** Лев Николаевич Толстой (1828-1910) – дүйнөгө таанымал улуу орус жазуучусу, публицист жана философ. Дворян үй-бүлөдө төрөлгөн, атасынан граф титулун мураска алган. Балалыгында үйдө билим алган, 1844-1847-жж. Казань университетинде адегенде философия, андан кийин юридикалык факультетте окуган. 1851-ж. университетти бүтпөй туруп, аскер кызматына кирген, үч жыл Кавказда кызмат өтөгөн. 1854-1855-жж. Севостополдун коргоодо катышкан. 1856-ж. чет өлкөгө кеткен, ал жактан кайтып келип өзүнүн Ясная Полянадагы чарбачылыгы менен алектенген жана анда бир нече реформаларды жүргүзүүгө аракет кылган, т.а. крестьяндарды крепостнойлук көз карандылыктан бошоткон. 1859-ж. Ясная Полянада мектеп ачып, ал жерде өзү сабак берген.

1850-ж. ортосунан 1870-ж. ортосуна чейин адабий эмгек менен шугулданган, ага дүйнөлүк даңк алып келген бир катар романдарды жазган жана жарыкка чыгарган. 1870-

жж. акырында ал диний-этикалык издөөнүүлөрүн күчөткөн. Христиандык дин таанууну окуп үйрөнүүгө сүңгүп кирип кеткен, чыгыш философиясына (буддизмге, конфуцианчылыкка) кызыккан. Бул убакытта Толстой бир нече макалаларды жана диний-философиялык трактаттарды жазган, мында социалдык чындыктагы жана христиандыктын бир катар догматтарынын жетишпестиктерин курч сынга алган. 1901-ж. Ыйык Синод Толстойду христиан дининен чыгарып, чиркөөдөн ажыраткан. 1910-ж. ал үйүнөн жашыруун чыгып кетип, жолдо катуу суук өтүп, ошондон каза болгон.

Негизги эмгектери. Романдары: "Согуш жана тынчтык" (1869), "Анна Каренина" (1875-1877), "Жекшемби" (1899), Россияда падышачылык периоддо чыгарууга мүмкүн болбогон, бирок кол жазма түрүндө кеңири таркаган жана чет өлкөдөн чыгып, белгилүү болгон макалалары жана трактаттары: "Кечирим суроо" (1811), 1880-ж. жазылгандар: "Дин илимине догматикалык сын", "Менин ишенимим эмнеде?", "Кудайдын падышалыгы биздин ичибизде".

Философиялык көз караштары.*Тарых философиясы.* Тарыхтын философиясынын көйгөйлөрүн (анын кыймылдатуучу күчүн, мыйзамдарын, инсандын жана элдердин тарыхтагы, эркиндиктеги жана зарылдыктагы ролун ж.б.) жекече түшүнүүТостойдун “Согуш жана тынчтык” романында толугу менен чагылдырылган. Мында өзүнүн идеяларын бир гана каармандарынын оозуна салбастан, ошондой эле көбүнчө “автордун атынан” да сюжеттик баяндаманын жалпы жүрүшүндө философиялык кириндилер болуп эсептелген айрым баптарында айтылат. Белгилүү бир мааниде романдын бардык материалы бул идеялардын иллюстрациясы катары кызмат кылат, конкреттүү тарыхый периоддо белгилүү бир мыйзам ченемдүүлүктөрдүн көрүнүшүнүн мисалы болуп калат. Толстой тарыхый өнүгүүнүн кыймылдатуучу жана чечүүчү күчү - бул белгилүү адамдар эмес, элдик масса деген ойго келген. Негизги тарыхый окуялар бир гана айрым адамдардын эрки менен болбойт, чынында ошол окуялардын көптөгөн катышуучуларынын "эрктеринин кошулуусунун" натыйжасында болууда.

Диний-этикалык көз караштары. 1870-1880-жж. Толстойдун жан дүйнөсүндө терең кризис жүргөн. Анын натыйжасында дүйнөлүк маданиятта “толстойчулук” катары таанымал диний-этикалык көз караштары калыптанган. Өзүнүн эмгеги менен жашабаган жашоонун үстү катмарынын жашоосун Толстой адилетсиз, ак эмгек менен жашабагандар деп эсептеген, себеби, анын оюу боюнча, ар бир адам өзүнүн нанын таап жеш керек, ошондуктан бир гана эмгекчилердин жашоосу гана акталышы мүмкүн (биринчи кезекте крестьяндардын) деп эсептеген. Толстой кордоо менен эксплутация, адилетсиздик менен эзүү бар дүйнөнү айыптаган. Бул жашоо кайра курулуусу керек, бирок мындай кайра куруу таптакыр тынчтык жолунда болушу керек. Зордук зомбулук жооп катары жаңы зордук зомбулукту жаратат, ошондуктан алар менен күрөшүү аракеттеги ыкма болуп эсептелинбейт. Тамыры менен христиандык жана буддалык дин таанууларга терең кеткен "Жамандыкка күч менен карама-каршы турбоо" жөнүндөгү тезиси “толстойчулукта” борбордук орунду ээлеген жана дүйнөгө таанымал болгон, ошондой эле практика жүзүндө ишке ашырылган. "Жамандыкка күч менен карама-каршы турбоо" деген Толстойдун жана анын жолун улоочулардын түшүнүгүндө мамлекеттин бийлигинин зомбулугун нейтралдаштырган жана мамлекеттик бийликти колдоого (армия, полиция, салыктарды төлөөдөн баш тартуу ж.б.) катышуудан толугу менен баш тартуу боюнча чаралардын комплексин колдонуу менен активдүү аракет катары түшүнүшкөн.

Окуунун тагдыры.XX-к. Россияда жана кээ бир чет мамлекеттерде толстовчулук коому пайда болгон. Алардын кээ бирөөлөрүон жылга чейин жашаган. Толстойдун "Жамандыкка күч менен карама-каршы турбоо" жөнүндө окуусу XX-к. жарымында Индиянын саясий лидериМ. Гандинин колонияга каршы күрөшүнүн теориялык пайдубалы болуп калган. Болгондо да бул тактика Индияга эркиндикти жана көз карандысыздыкты алып келген эң бир ийгиликтүү тактика болду.

Фёдоров Н. Ф.*Өмүр таржымалы.*Николай Федорович Федеров (1829-1903) - улуу орус ойчулу, орус космизминин негиздөөчүсү. Князь П. И. Гагариндин никесиз туулган

баласы болгон, ошондуктан ал өзүнө чокундуруп ат койгон атасынын атын жана фамилиясын алган. Балалыгын атасынын чарбасында өткөргөн, 1849-ж. Тамбов гимназиясын, андан кийин Одессадагы лицейдиаяктаган (1852-ж. чейин). 1854-1868-жж. уезддик училищаларда өз алдынча билим алууну катуу күчөтүп, тарыхтан жана географиядан сабак берген. 1867-ж. Федоров Москвада жашап жана иштеген, 1874-1898-жж. Румянцев музейинин китепканачысы болуп, ал эми өмүрүнүн акыркы жылдарында Тышкы иштер министрлигинин китепканасында иштеген. Федоров музей жана китепканаиштеринин өнүгушунө өтө чоң салым кошкон. Биринчилерден болуп Румянцев музейинин китептеринин каталогун түзгөн. Эл аралык китеп алмашуу жөнүндө идеясын айткан. Ал провинцияларда бир катар маданият борборлорун жана көргөзмөлөрдү түзүүнүн демилгечиси болгон.

Федоров - орус философ жандууларынын арасындагы плеяданын бири болгон, аскеттерче өмүр сүргөн, өзүнүн бардык айлык акыларын муктаждарга таркаткан, ар кандай мүлк, керек болсо китептер да, күнөө деп билген. Анын окумуштуулугу жөнүндө легенда бар: Федоров Румянцевдин 10 миң томдон турган китепканасынын бардык китептеринин мазмунун билет дешкен. Өмүрүнүн акыркы жылдарын өзүнүн окуусунун системага келтирүү менен алек болгон, бирок акырына чейин жеткирүүгө чамасы жеткен эмес. Өлүмүнүн алдында өзүнүн архивин окуучуларына өткөрүп берген, алар агайынын үч томдук китебин (сочинения) жарыкка чыгарууга даярдашкан. Үч томдуктун биринчи эки тому жарык көргөн (1906-1913) болчу. Федоровдун окуусу "жалпы иштин философиясы" деген наам алган, ошондуктан ошол китептерге дал ушундай наам берилген.

Федоровдун жумуштарынын диний багыттуулугунан анын чыгармаларын совет учурунда жарыка чыгарууга мүмкүн эмес эле, ошондуктан алар окурмандарга 1980-ж. гана жеткиликтүү болду.

Негизги эмгектери. 1995-ж. баштап 2000-ж. чейин басып чыгарылган чыгармалардын 4 томдугу.

Философиялык көз караштары. Өмүрүнүн акырына чейин кийинчерээк өнүктүргөн өзүнүн окуусунун негизги идеяларына Федоров 1851-ж. эле келген. Анын маңызы эволюциялык өнүгүшүнүн эс-акылды жаратууга умтулууда жатат. Эс-акылдуу адамдарда табият өзүн өзү түшүнүүгө жетет, өзүн өзү башкарууга келет. Мындай кийин эң негизги маселе болуп мурда сокурлуктун жана эссиздиктин айынан бузулган нерселердин кайра түзөтүү болуп эсептелинет. Бул бузулгандарды кайра тикелөө жана андан аркы табияттык процесстерди аң сезим менен жөнгө салуу, демек, космосту максатка ылайыктуу жаңылоо адамзаттын алдында турган ал жасоого тиешелүү маселе, "жалпы иш".

Адамдын табияттын үстүнөн үстөмдүгүндө илимдин жана техниканын өнүгүшү негизги ролду ойногон. Мындай сциентисттик акылдын багыттуулугуна XIX-к.экинчи жарымы көптөгөн тастыктоолорду берген. Өзгөчө Федоров үчүн табияттын баш-аламан күчтөрүнө адамдын таасирин эте алуу мүмкүнчүлүктөрүн далилдеген маалыматтар маанилүү болгон. Мисалы АКШдан келген артиллерияны мөндүр менен күрөшүү үчүн колдонуу боюнча тажрыйбалар жөнүндөгү маалымат аны өтө кубанткан. Бул маалыматтын Федоров үчүн маанилүүлүгү согуш жана талкалоо үчүн куралдын тынчтык максатында колдонулушунда турган.

Бирок Федоров - диний ойчул; табият, дүйнө, адам ал үчүн - булар Кудай жараткан нерселер. Бир гана Кудай табиятка акыл-эстүү заттардын пайда болушуна алып келген эволюциялык өнүгүүнү мыйзамдарын киргизген, дал ошон үчүн Кудай адамдарды өзүнүн образында жана окшоштуруп жаратканын айтышыбыз мүмкүн. Федоровдо бул идея дагы бир жаңы интерпретацияны алган: Кудай дүйнөгө биринчи кезекте адам аркылуу таасир эте алат, ошондуктан адамдын милдети чыгармачылык болуп калат. Мисалы исскуство чөйрөсүндө бул табиятты тууроодон - "тууроо исскуствосунан" - "жашоо чыгармачылыгына" өтүү.

Федоровдун окуусунун негизги мааниси төмөндөгүдө турат. Эгерде христиан ишеним окуусунда Кудай бейиштин жаратуучусу болсо, өлгөндөрдү тирилтүүн үшке ашырса, анда, Федоровдун оюу боюнча, адам гана бул көйгөлөрдүн баарын чечүүгө тийиш.

Өзүнүн өнүгүү жолу менен бара жатып, адам барган сайын табияттын үстүнөн көбүрөөк үстүмдүк кылууга гана жетишпестен, ошондой эле адамдын организмин жаңылап түзүлүшүнө да жетишет. Адамга карата табияттын күчү тарабынан келтирилген сокур негизги жамандыкты Федоров өлүм деп эсептеген жана адамдын негизги милдети аны жеңүүдө турат. Болгондо да мында азыр жашап жаткандардын өлбөстүккө жетишүүсү жөнүндө эле эмес, "аталардын", б.а. көптөгөн жылдар мурда көзү өткөндөрдүн тирилүүсү жөнүндө сөз болуп жатат. Муну үчүн, биринчиден, Федоров айткандай, кандайдыр бир жол менен ал телолор түзүлгөн бардык ушул атомдорду жана молекулаларын чогултуу зарыл. Экинчиден, Федоров тирилүүнү адамдын өзүнүн урпактарына өткөрүп берген тукум куучулук маалыматтары боюнча өзүнүн ата-бабаларын калыбына келтирүү катары ойлонушкан: уулу атасын өзүнөн жасаган сыңары тирилтет, атасы – өзүнүн атасын, ошентип эң биринчи адамга чейин.

Адамзаттын тарыхынын акыр заман менен бүтүшүн Федоров бул бир мүмкүн болгон варианттардын бири, болгондо да эң эле начары деп эсептеген, бирок аны билимге жетишкен адамзаттын гана качып өтө алуусу мүмкүн. Федоровду христиан дининдеги жеке өзүн сактоо идеясы канааттандырбайт (б.а. айрым индивиддер тарабынан бейишке жетишүү) жана ал жалпы сактоо зарылдыгына басым жасайт. Мында асмандагы падышалык адамдардын эс акылы иш аракети себептүү жерде болуш керек,.

196-чийме

Эрте христиандык философия
Федеров: башы жана таасири



Адамдын эң негизги өзгөчөлүгү ал бир гана акыл-эстүү жан эмес, ошондой эле адеп-ахлактуу нерсе. Федоров жаңы насыяттын негизин түптөгөн, ал бир гана өзүмчүлүктөн баш тартууну гана эмес, ошол эле альтруизмди да жоюуга үндөгөн баш тартууга чакырат, анткени бирөөнун альтруизми сөзсүз түрдө башкалардын эгоизмин кызыктырат. Ал өзүнүн этикалык"өзүң үчүн эмес, бирөөлөр үчүн эмес, баары менен жана баары үчүн" жашоо деген "формуласын" сунуштайт

Окуунун тагдыры. Федоровдун идеялары орус философиясындагы жаңы багыттын -"орус космизминин" - пайда болушуна негиз болгон (Соловьев, Циалковский,

Вернадский, Чижевский), андан тышкары алар өз таасирин Толстойго, Бердяевге, Булгаковго жана Федотовго тийгизген.

Соловьев В. С. ***Өмүр таржымалы.***Владимир Сергеевич Соловьев (1853-1900) - XIX-к. акыны, публицисти жана философу. Анын атасы - С.М. Соловьев өтө чоң орус тарыхчысы. В.С. Соловьев 1873-ж. Москва университетинин тарых-филология факультетин бүткөн. Андан кийин дагы бир жыл Москва диний академиясында окуган. 1874-ж. "Батыш философиясынын кризиси. Позитивисттерге каршы" деген магистрлик диссертациясын жактаган. Андан кийин Москва университетинде философия кафедрасында доцент болуп иштеген. 1875-1876-жж Лондондо жашаган, китепканаларда мистикалык адабияттарды изилдеп, Россияга кайткан соң Москва университетинде сабак берүүнү улантканы, 1877-ж. Петербурга көчүп кеткен, ал жерде элге билим беүү Министрлигинин Окумуштуулар комитетинде иштеген жана Петербург университетинде жана Жогорку аялдар курсунда сабак берген. 1880-ж. "Абстрактуу башталыштарга сын пикир" деген темада докторлук диссертация жактаган. 1881-ж. народоволецтер тарабынан Александр II өлтүрүлгөн кийин Соловьев публика астында лекцияларды окуган, мында ал падышаны өлтүргөндөрдү айыптап, Александр IIIдөн аларды христиан идеяларынын адеп-ахлагын эске алуу менен кечирүүнү суранган. Мындан кийин Соловьев отставкага чыккан жана публицистикалык ишмердик менен алектенген.

Негизги эмгектери. "Толук билимдин философиялык башаттары" (1877), "Жашоонун рухий негиздери" (1882-1884), "Улуу тартыш жана христиан саясаты" (1883), "Тарых жана теократиянын келечеги" (1886), " Достоевскийдин элесине үч сөз " (1881-1882), "Россия жана аалам чиркөөсү" (1889-ж., француз тилинде), "Россиянын улуттук маселелери" (1883-1891) макалалар цикли, "Боорукердикти актоо" (1894-1895), "Үч аңгеме" (1889-1900).

Философиялык көз караштары. Соловьевтун окууларын **пантеизмдин элементтери менен объективдүү идеализм** катарында мүнөздөөгө болот. Анын философиялык көз карашатарына мистикага жакындыгы жана жеке мистикалык тажрыйбасы чоң таасир тийгизген, бир нече жолу ал өз жашоосунда Софиянын - Кудайдын акылманы жана түбөлүк назикги - элесин элесин көргөн. Софиянын образы ар кандай учурларда ар башка түшүндүрүлүп, анын философиялык окууларында башкы ролду ойногон.

Соловьевдун философиялык концепциясы "жалпы бирдейлик философиясы" деген наам алган. Аны түшүнүү үчүн анын негизинде бүтүндүк жана дүйнөнүн биримдүүлүгү турганын эске алыш зарыл (жалпы эле болмуш). Болмуштун эң маанилүү бөлүгү болуп адамзат саналат. Өзүнчө бир бүтүн жана айрым организм болуу менен ал бир гана тарыхый субъект болуп калбастан, ошондой эле космикалык процесстин да субъекти жана анын жашоосунун мааниси ааламдагы өзүнүн милдетин аткарууда - Жакшылыкка кызмат кылуу, адеп - ахлактуу тартипти орнотууда турат.

Аныктык жана болмуш. Болмуштун алгачкы башаты, Соловьевдун оюу боюнча бул Аныктык, Кудай же Абсолют, болгондо да бул башат неоплатонизм жана каббаланын маанайында жакшы Эч нерсе деп түшүндүрүлөт.

Соловьевдун Аныктыкгы болмуш менен бирдей эмес (пантеизмден айырмаланып), Аныктыктын эманациясынын болмушу жана натыйжасы болуп эсептелинбейт (ушундай эле ой-пикир неоплатонизмден да орун алган). Аныктык болмуштан тышкарысында жайгашкандай, бирок ошол эле учурда болмуш аныктыктын көрүнүүсү (мындай аныктык жана жашоо түшүнүктөрүнүн ортосундагы айырма бизге Фома Аквинскийди эске салганы менен анын оюу менен толук дал келбейт).

Аныктык жана таануу. Аныктыкты эс-акылдын жардамы менен рационалдуу усулдардын жардамы аркылуу жетишүүгө мүмкүн эмес, ошондой эле ал эркке же сезимге да түшүнүксүз, себеби бул таануунун ыкмалардын ар бири бизге Абсолюттун кандайдыр бир чегин өзүбүз үчүн ачууга мүмкүндүк берет. Жалпысынан Абсолютка интеллектуалдык интуициянын - адамдын ички тажрыйбасынын жардамы менен гана

жетишүү мүмкүн.

Соловьев ички тажрыйбаны ар дайым бүтүн жана конкреттүү катары түшүндүрөт. Так ошол ички тажрыйбасынын мистикалык акттарында ички тажрыйбанын чексиз маанисинин конкреттүү бүтүндүгүн анын бүтүн жалпылыгында кандайдыр бир "кармап алуу" же "интуитивдүү жетишүү" ишке ашат. Мындай акт дайыма өзүнүн өздүгүн түшүнүү, бирок биздин индивидуалдуу "мен" деген адамдын алы жетпей турган Абсолюттун айкын көрүнүшү. Дал ошон үчүн өздүк "мендин" чексиз тереңдигине сүңгүп кирүү бизди өзүбүз жөнүндө да, Абсолют жөнүндө да чыныгы билимге жетишүүгө алып келет. Мында таануучунун жана таанылуучунун, б.а. чыныгы жалпы бүтүндүктүн, тааануунун субъектиси менен объектисинин дал келүүсү орун алган.

Бирок биз бул жол менен көңүл эргиген абалда, ишенич себептүү кабыл алган нерселерди балким кийинкилер акыл-эстин менен рационалдуу усулдардын жардамы менен түшүндүрүшү мүмкүн.

Мисалы, аң сезимибизде “элес” катары жашаган сырткы дүйнө бизге көптөгөн элементтер (атом-күчтөр же монадалар) түрүндө, "бардык реалдуулуктун акыркы негизин түзгөн аныктыктар менен себептердин, түбөлүктөр менен өзгөрүлбөстөрдүн көптөгөн элементтерин жыйындысы. Алардан бардык предметтер, ар түрдүү кубулуштар, ар кандай реалдуу болмуш түзүлгөн. Ал эми өздөрү, бул элементтер келечекте түбөлүк жана өзгөрүүсүз болуу менен бөлүнгүс жана ажырагыс". Бирок бул дүйнө жөнүндөгү элес индивидуалдуу адамдын аң сезиминде Абсолюттун таасири астында пайда болгондуктан, албетте, мындай көптүк Абсолюттун өзүнө тиешелүү экендигин божомолдосок болот (197-чийме).

Аныктык жалпы биримдик катары. Атомдор – адамдын аң-сезиминде (тааануу субъектине) элести туудуруп, таптакыр эле "механикалык" таасир этүүчү күчтөр эмес. Бул нерсе болушунун себеби алардын өздөрүндө таасир этүүгө аракеттенген кандайдыр бир ички умтулуу (динамикалык күчү) бар, жана субъекттерге таасир этүү менен алар өздөрү бул аракетти кабыл алышат, курчап турган чөйрө жөнүндө кандайдыр бир элеси болот, демек аң-сезимге ээ. Ошентип менен алар жөн эле ээсиз калган күчтөр гана эмес, алар жандуу нерселер[1].

[1]Ушундай эле көз караш Лейбницте да кездешет. Соловьевдун “монада” терминин колдонгону да бекеринен эмес.

197-чийме

Индивидуалдуу «мен» жана Абсолют



Ар кандай жандын мааниси (анын мүнөзү) идея, анын ички ишке ашырылуусу – субъективдүү идея, тышкы ишке ашырылуусу – объективдүү (башка жандарга болгон сырттан мамилесинен билинген) идеясы бар. Мында Соловьевдун идеяларынын артында көнүмүш түшүнүктөргө жакын кандайдыр бир нерсе (Платонго жакын) айтылган.Идея менен түшүнүктөрдүн ортосунда, анын ичинде баш ийүү же түр менен тектин ортосунда кадимки логикалык катыштыктар бар. Ошентип бул пирамидасынын туу чокусу шартсыз жыргалчылык же сүйүү идеясы деп эсептелинет.

Бирок Платондо төмөндөгүлөр болгон эмес: Соловьевдун оюу боюнча, ар кандай идеяга өзгөчө жан туура келет (атом-күч же монада). Жана ушул жандар идеялар менен түшүнүктөрдүн катыштыктарынын эсеби менен өз ара биригишип, тайпаларды түзүшөт

Мында "төмөнкү" жандар (жогоркуларга – тектикке багынуу менен) жандуу организмдердин клеткаларынын ролунда чыгышат, ал эми алардын белгилүү бир жыйындысы органдарды же “дененин бөлүктөрүн” пайда кылышат, алардын идея-түшүнүктөрү тек түшүнүгү болот. Өз учурунда бул "органдар" андан да татаалыраак организмдин курамына кирет. Эң "бийик" зат үчүн – “органдардан” же “бөлүктөрдөн” пайда болгон татаал жана бүтүн организм үчүн жалпы түшүнүк болуп жыргалчылык же сүйүү эсептелинет. Бул зат - христиан Кудайы же Христос, ал эми бардык болмуш анын метафизикалык организми болуп калат.

Ар бир конкреттүү адам же анын "мени" организмдин, б.а. адамзаттын курамында айрым бир "клетка" катарында түшүндүрүлөт, ал эми адамзаттын өзүн метафизикалык кудайлашкан организмдин бир "органы" менен салыштырууга болот.

"Логос" жана "София" Кудайдын эки аспекти катары каралган. Логос - бул активдүү, биримдиктин аракеттеги башаты, София болсо - бул көптүк, ага биримдиктин күчү таасирин тийгизет жана ошонун таасири менен реалдуу биримдик болуп калат.

Мындан Аныктыктын (Кудайдын, Абсолюттун) жалпы түшүнүгү пайда болот. Соловьевдо ал "Бирдиктүү жана баары", "түбөлүк биримдик", "көптүктөгү биримдик” катарында түшүндүрүлөт.

Онтология жана космология. Абсолют өзүн табиятта көрсөтөт жана мында чындыгында формалардын көптүгү келип чыгат, алар потенциалдуу түрдө "биримдиктүү көптүктө" камтылган (198-чийме).

198-чийме

«Көп нерсе бирдикте» жана «көп нерсе бирдиктен тышкары»

Материя, табият ошол Аныктык жашай турган формасы болуп калган (бул идея аны дүйнөнүн жаралышы жөнүндөгү христиандык окуулардан, т.а. Фома Аквинскийдин окуусунан принципиалдуу түрдө айырмалайт) . Табият Кудайдын органикалык денеси катарында түшүндүрүлөт. Ар кандай өнүгүп бүтпөгөн түрдөгү материалдык обьектте "Кудайдын учкуну" бар.

Бардык пайда болгон көптөгөн формалар бирмдикте жашашат, анын алып жүрүүчүсү дүйнөнүн жаңы болгон – София эсептелинет. Кечирээк жазган эмгектеринде Соловьев эки түшүнүктү айырмалап көрсөтөт: Софияны - Кудайдын акылманы жана дүйнөнүн жаны. Дүйнөнүн жаны анда бул материалдык дүйнө менен Кудайды байланыштыруучу звено болуп калат. Бири биринен ажырап турган көптөгөн объекттердин пайда болушу бул биримдиктин (Кудайдын ичинде) ичинде жашоо менен, алар ээ болгон эркиндиктен алардын ашыра колдонуусунун натыйжасы деп эсетеген. "Индивидуализация күнөөсүнө" батып, алар Кудайдан обочолонуудан азап чегишет. Адамдын улуу милдети - бардык космосту бириктирип, табиятты Кудайга кайтаруу менен Кудай менен кайрадан биригүүдө (199-чийме (3).

199-чийме

«Көп нерсени бирдикке» чогултуу стадиясы



Дүйнөлүкмамле
кетти түзүү

Алгачкы
биримдикке кайтуу

Бирок муну үчүн эң биринчи адамзат менен биригүү, "кудай адамдык биримдикке" жетишүү зарыл. Бул багыттагы негизги кадам болуп, биринчиден, православ жана католик чиркөөлөрдүн биригиши, экинчиден дүйнөлүк мамлекетти түзүү саналат (199-чийме (1),(2).

Окуунун тагдыры. Соловьев кийинки орус философиясынын өнүгүшүнө (Бердяева, Флоренскийге, Шестовго, ага-ини Трубецкойлорго ж.б.), ошондой эле жалпы эле "күмүш доордун" маданиятына да өтө чоң таасирин тийгизген (200-чийме).

200-чийме

Соловьев: башаты жана таасири



12-БӨЛҮМ

ЗАМАНБАП ОРУС ФИЛОСОФИЯСЫ

25-БАП

XX-К. ОРУС ФИЛОСОФИЯСЫ

25.1. Жалпы мүнөздөмө

XX-к. орус философиясында үч период өздөрүнүн өзгөчөлүктөрү менен бөлүнүп чыккан. Бул, биринчи кезекте, Россияда болгон социалдык-саясий окуялары, ошондой эле Соловьевдун философиялык идеяларынын таасири менен байланыштуу.

Биринчи период - "күмүш доор" (1901-1917)

XX-к. башталышы орус маданиятынын жана философиясынын эркин жана дүркүрөгөн өнүгүшү менен мүнөздөлөт. В.С. Соловьевдун "жалпы биримдик" философиясы ага-ини С.Н. жана Е.Н. Трубецкойлордун эмгектеринде түздөн түз өнүгүү тапты, бирок башка орус философторуна да (Бердяевге, Флоренскийге, Франкка, Булгаковго ж.б.) жана философиялык ой жүгүртүшкөн адабиятчыларга да (Мережковскийге, Розановго, Белыйга ж.б.) чоң таасирин тийгизген.

Бул периоддун философиясынан борбордук орунду мурдагыдай эле ошол убакытта "орус идеясынын" дискуссиясынын формасын алган Россиянын тагдыры жөнүндөгү көйгөйлөр сактап калды. 1887-1888-жж. Соловьев тарабынан киргизилген бул түшүнүк. орус интелегенциясынын тегерегинде кеңири талкууланган. Бул маселелер дикуссиясында Трубецкойлор, Розанов, Франк, Ильин, Вяч. Иванов, Карсавин ж.б. сыяктуу орус интеллигенциясынын өкүлдөру активдүү катышкан (Бул көйгөйдүн дискуссиясы “күмүш доордун” хронологиялык алкагынан чыгып, XX-к. ортосуна чейин чет элдик орус маданияты үчүн актуалдуу болуп калган).

Мамлекеттин тагдырына кам көргөндөр, орус падышачылыгында өкүм сүргөн тартипке каршы тургандар жана жаш максимализм көптөгөн орус философторун жаш кезинен марксизмдин кадыр-баркынын жогорулашына салым кошууга мажбур кылган (Бердяев, Булгаков, Франк), бирок биринчи орус революциясы (1905-1907) аларды социалдык революциялардан жана материалистик окуулардан буруп, алардын кызыкдарлыгын диний-идеалисттик изденүүлөргө багыт берген. Ошол учурдагы орус интелегенциянын көптөгөн өкүлдөрүнүн мындай “аң сезимдин бурулушунда” өтө чоң ролду П.Б. Струве ойногон, ал 1890-ж. марксизм жана позитивизм менен шугулданган эле.

Орус православ чиркөөсүнүн жана анын жогорку иерархтарынын консерватизмине нааразылыктар Диний-философиялык чогулуштардын (Мережковскийдин, Розановдун, Бердяевдин ж.б.) 1901-ж. Санкт-Петербург шаарында башталган ишмердиги астында "жаңы диний аң сезим" аттуу жаңы агымдын жаралышына алып келди.

Бердяев жана Шестовдун эмгектери экзистенциализмге негиз салган. Франк адамдын “философиялык жашоосуна” арналган "тирүү билим" концепциясын түзгөн. Анын идеялары кийинчерээк Н. И. Лосскийдин окууларында өнүгүү тапкан. Христиандык неоплатонизм В.Ф. Эрндин иштеринде жаңыдан иштеп чыгарылган. Г.Г Шпет феноменологияны өнүктүргөн. Орто кылым доорунда эле Византиядан келген исихазмдын базасында XX-к. башында Россияда "аттар философиясы" деген жаңы кызыктуу жана өзгөчө (философия имени) агым пайда болгон (Флоренский, Булгаков, Лосев, Эрн). Ошол эле убакта "орус козмизми" да өнүккөн (Циолковский, Вернадский).

"Күмүш доор" периодунда Блаватскийдин теософиясы, ошондой эле Гурджиевдин жана анын окуучусу Успенскийди"төртүнчү жол" агымы түрүндөгү мистицизм кеңири таралган.

Ошол убакытта Плехановдун, Богдановдун (Малиновскийдин), Лениндин, Луначарскийдин эмгектеринде ишке ашырылган орус марксизминин өнүгүшүн (анын

андан аркы окуялардагы маанисин эске алуу менен) белгилей кетүү зарыл.

Экинчи – совет - периоду (1917-1991).

Бул доор эки параллель багытка бөлүнөт: эмиграциядагы орус философиясы (1917-1950) жана Россиядагы жеке "совет философиясы".

Эмиграциядагы орус философиясы. 1917-ж. Октябрь революциясынан кийин Россияда философияны өнүктүрүү үчүн абал начарлап кеткен, көптөгөн көрүнүктүү философтор эмиграцияланышкан (кээ бири өз эркы менен, кээ бири зордук менен – 123-табл. караңыз). Алардын ар бири мекенинен, досторунан жана туугандарынан, көнүп калган жашоо шартынан ж.б. айрылып, жеке кайгыны башынан өткөзүшкөн. Бирок " чет өлкөдөгү орус " философиясынын борбордук темасы Россиянын трагедиясы жалпы дүйнөлүк катарында же Россиянын дүйнө жүзүнө берген кайгылуу сабагы катары каралган. Ушуну менен "орус идеясынын" кийинки талкуулары байланышкан. Бул көйгөй Ильин менен Бердяевдин чыгармачылыктарында өзгөчө өнүктүрүлгөн. Ушуну менен эле "евразиячылык" концепциясынын түптөлүшү да байланышкан. Бул концепциянын негиздөөчүлөрү деп Н. С. Трубецкойлорду жана Флоровскийди атасак болот, ошондой эле Карсавиндин эмгектеринде да өнүктүрүлгөн. Евразиячылыкта Россияда болгон катастрофа Россиянын "батышчылдардын" же европалык жол менен кетпестен, Россияга туура келбей турган жол менен кетишинин натыйжасы деп бааланган. Евразиячылдар Россия Батыш жана Чыгыштын "көрүшө турган орду", батыш жана чыгыш маданияттарынын өзгөчө синтезин жаратып, дүйнөдө өзүнүн өзгөчө өнүгүү жолу бар деп эсептешкен. Мында орус маданияты мурдагы эки евразия маданиятка - эллиндик жана византиялык маданияттаргатаянган.

Орус философ-эмигранттарынын басымдуу бөлүгү ар кандай диний философиянынар түрдүү мектептерине киришкен, ал эми иш жүзүндө болсо маңызы "күмүш доор" периодунда эле калыптанган идеяларды ошол периоддо өнүктүрүшкөн. Ошондуктан "Россия тагдыры" темасы аларда ар кандай өзүнчө түшүнүккө ээ болгону менен, бирок дайыма диний көз караштар алкагында чагылдырылган. Алардын баарына совет бийлигин жана анын аракеттерин кабыл албагандык мүнөздүү, бирок Экинчи дүйнөлүк согуш жылдары алардын көптөрү мекенчил позициясын алган.

Так ушул философ-эмигранттар чөйрөсүндө биринчи жолу орус философиясынын тарыхын систематизациялап изилдөө иши башталган (Зеньковский, Лосский, Бердяев).

Россиядагы совет философиясы. Россияда калып калган "күмүш доор" периодунун философторунун тагдыры ар түрдүү түптөлгөн, алардын кээ бирөөлөрү (Шпет, Лосев) репрессияга кабылган (Флоренский, Шпет, Лосев, Чижевский ж.б.). Бирок 1920-ж. акырларында алардын баары өздөрүнүн “марксисттик эмес маанидеги” философиялык иштерин жарыялай албай калышкан. Натыйжасында, мисалы, Флоренский ушул убакытта техника жана искусство жаатындагы гана иштерин, Шпет - лингвистика жана филология жаатындагы, Лосев болсо эстетикага тиешелүү гана иштерин жарыкка чыгарган.

Болжол менен 1930-жж. мамлекетте жалгыз гана туура жана илимий деп эсептелген марксизм-ленинизм, марксизм-ленинизм-сталинизм түрүндөгү марксисттик философия гана жалгыз жеткиликтүү болушу мүмкүн жагдай түзүлгөн. Марксизм мында динге айланып калган, коммунизм болсо адамдар миңдеген жылдар боюу кыялданган "Кудайдын жердеги падышачылы" болуп калган. Россиянын уникалдуу тарыхый тагдыры жөнүндөгү тезис жаңыча интерпретация алган. Россия - бул бардык адамзат үчүн жакшы келечекке жол сала турган мамлекет. Илимий негизде, коомдун өнүгүшүнүн “ачылган мыйзамдарынын” базасында "жаркын келечекти" түзүү илимий социалдык оптимизим үчүн негиз берген жана ушул идеяларга чын дилден ишенген адамдарды өзүнө тартты. Дал ушулар совет философторунун "уюткусун" түзүшкөн. Бул периоддогу философиялык ойлордун негизги иштери жалпы философиянын тарыхын марксизмдин көз карашы менен “кайра карап чыгуу” багытында жүргүзүлгөн. Өзүнүн масштабы менен мүнөзү боюнча бул иштерди байыркы мурасты христиан жана мусулман философиясында кайра иштеп чыгуу менен салыштырсак болот. Бирок, тилекке каршы, натыйжалары боюнча буларды

катар коюуга да мүмкүн эмес.

Бирок мындай шарттарда да көптөгөн таланттуу адамдар ийгиликке жетише алышты. 1930-1960-жж. орус космизми андан ары өнүгүүсүн улантылган (Вернадский, Чижевский). Д . Л. Андреевдин "Дүйнө розасы" аттуу (1947-1957) камакта жазылган, бирок 1991-ж. жарык көргөн чыгармасы бул периоддогу эң эле көрүнүктүү мистикалык жумуш болуп калды. "Марксизмдик" эмес мазмундагы оригиналдуу чыгармаларга М.М Бахтиндин маданият философиясына, тил философиясына жана герменевтикага арналган китептери жана макалалары кирет.

1960-1980-жж. "Хрушевтун кышкы жылуулугу" себептүү философиялык ой бир аз эркиндикке жетишкен. Ушул эле доордо М. К. Мамардишвилинин оргиналдуу философиялык идеялары өнүккөн. Э.В. Ильенков гегель диалектикасын өзүнүн түшүнүгүндө тизмектеген. Ю.М. Лотман жана ал жетектеген Тартус-Москва мектеби семиотиканы жана маданият философиясын иштеп чыгууда активдүү катышкан. Ушул эле жылдары системалардын жалпы теориясы, философиялык антропология, логика жаатында активдүү иштер жүргүзүлгөн. Жалпысынан, идеологиялык басмырлоо аз болгон “көмүскө чуңкурларда” активдүү философиялык ишмердик жүргөн.

Россиядагы совет периодундагы философия жөнүндө сүйлөгөнүбүздө философиялык идеялар ири жазуучулар менен акындардын, театр менен кино режиссерлорунун, композиторлор менен сүрөтчүлөрдүн көркөм чыгармаларында чагылдырылгандыгын эске алуу керек.

Үчүнчү – совет доорунан кийинки - периорд (1991-ж.-азыркы күнгө чейин). Бул доор болгону жыйырма жылды түзөт, ошондуктан философиянын өнүгүшүндө башкача, өзгөчө белгилүү айырмаларды белгилөө мүмкүн эмес. Өзгөчөлөнгөндөрдүн катарына төмөнкүлөрдү киргизсек болот:

- биринчиден, марксисттик философия өзүнүн расмий ордун жоготуу, ал эми "жалгыз туура илимий философия" болбой калган жана ар дайым ар тараптан сын пикирге кабылып турат;
- экинчиден, азыркы убакытта орус философторунун ар кандай идеалисттик окууларга кызыгуулары өскөн (совет дооруна контрасттыкта мистикалык окууларга болгон кызыкчылык өзгөчө байкалат);
- үчүнчүдөн, советтик доордо идеологиялык себептерден окуп үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк болбогон бардык философиялык мурастарга маани берүү жүрүүдө (Батыш менен Чыгыштын ири философторунун негизги эмгектери басмадан чыгууда, феномонология, экзистенциализм, психоаналитикалык философия боюнча конференциялар өкөрулүп, макалалар жазылып жатат);
- төртүнчүдөн, постмодернизмге чоң кызыккандык байкалды жана философиялык окуулардын ага мүнөздүү "плюрализми" жайылды.

123-таблица

Россиянын мамлекеттик бийлиги жана философтордун тагдыры
Россия падышачылыгы

Философ	*Жашаган жылдары*	*Философтун тагдыры*
Радищев А.Н.	1749-1802	1707-ж. камалган, өлүм жазасына тартылган, он жылдык сүргүн менен алмаштырылган, 1797-1801-жж. Атасынын чарбасында полициянын көзөмөлүндө жашаган, 1801-ж. аны мамлекеттик кызматка кайтарышкан, 1802-ж. өзүн-өзү өлтүргөн
Чаадаев П.Я.	1794-1856	1836-ж. “Улуу урматтуунун буйругу менен” акылдан азган деп жарыяланган, үй камагына алынган жана

		дарыгердин байкоосунда бир жарым жыл болгон, өмүрүнүн акырына чейин өзүнүн эмгектерин басып чыгарууга укугу жок болгон
Герцен А.И.	1812-1870	1834-ж. революциялык ишмердиги үчүн камалган жана 1840-ж. чейин сүргүнгө айдалган.1841-1842-жж. экинчи жолу сүргүн болгон; 1847-ж. баштап чет өлкөдө жашаган
Бакунин М.А.	1814-1876	1848-1849-жж. европалык буржуазиялык революцияга катышкан, 1849-ж. камакка алынган жана эки жолу соттолгон (Саксонияда жана Австрияда); камак жазасы менен алмашкан өлүм жазасына тартылган; 1851-ж. орус бийлигине өткөрүлүп берилген; 1851-1857-жж. Петропавловский чебине камалган, андан соң Сибирге айдалган, андан качып кетип, чет өлкөдө жашоого мажбур болгон
Достоевский Ф.М.	1821-1881	1849-ж. революциялык ишмердиги үчүн камакка алынган жана өлүм жазасына тартылган, бирок мындай жаза төрт жылдык сүргүн менен алмаштырылган, кийин бир нече жыл армияда катардагы жоокер кызмат өтөгөн
Лавров П.Л.	1823-1900	1866-ж. революциялык ишмердиги үчүн камалган жана сүргүн болгон, 1870-ж. сүргүндөн чет өлкөгө качкан.
Чернышевский Н.Г.	1828-1889	1862-ж. революциялык ишмердиги үчүн камакка алынган жана Петропавловск чебине камалган, 1864-ж. жети жылдык сүргүнгө айдалган жана Сибирге чексиз мөөнөткө көчүрүлгөн, 1883-ж. Астраханга өткөзүлгөн
Кропоткин П.А.	1842-1921	1874-ж. революциялык ишмердиги үчүн камакка алынып, Петропавловск чебине камалган, эки жылдан кийин качып, чет өлкөдө жашырынган; Францияда камакка алынып, беш жылга түрмөгө камалган, бошотулгандан кийин 1917-ж. чейин Англияда жашаган; 1917-ж. февраль ревалюциясынан кийин Россияга кайткан.
Ленин В.И.	1870-1924	1887-ж. революциялык ишмердиги үчүн (студенттик тартипсиздикте катышкандыгы үчүн) камакка алынган жана 1888-ж. чейин сүргүндө болгон, экинчи жолу 1985-ж. 1900-ж. чейин сүргүндө болгон, мындан кийин чет өлкөгө кетип, ал жактан 1905-ж. кайтып келген, 1907-ж. чет өлкөгө эмиграцияланган, ал жактан 1917-ж февраль революциясынан кийин бүтүндөй Россияга кайткан
Бердяев Н.А.	1874-1948	1898-ж революциялык ишмердиги үчүн (студенттик

		тартипсиздиктерде катышкандыгы үчүн) университеттен четтетилген, 1900-ж. Вологодск губерниясына үч жылга сүргүнгө айдалган
Франк С.А.	1877-1950	1859-ж. марксизмди пропаганда кылганы үчүн Россиядан чыгарылган
Сорокин П.А.	1889-1968	1906-ж. революциялык ишмердиги үчүн камакка алынган, бирок кайра кое берилген жана полициянын көзөмөлүнө катталган

Советтик Россияда

Разанов В.В.	1856-1919	Россияда ачкачылыктан өлгөн
Циалковский К.Э.	1857-1935	Россияда жашаган – СССР, репрессияга кабылган эмес
Вернадский В.И.	1863-1945	Россияда жашаган – СССР, репрессияга кабылган эмес
Мережковский Д.С.	1865-1941	1919-ж. нелегалдуу түрдө Россиядан эмиграцияланган
Шестов Л.	1866-1938	1920-ж. өз каалоосу менен Россиядан эмиграцияланган
Новгородцев П.И.	1866-1924	1920-ж. өз каалоосу менен Россиядан эмиграцияланган
Струве П.Б.	1870-1944	1918-ж. өз каалоосу менен Россиядан эмиграцияланган
Лосский Н.О.	1870-1965	1922-ж. күч колдонуу менен Россиядан эмиграцияланган
Булгаков С.Н.	1871-1944	1923-ж. күч колдонуу менен СССРден эмиграцияланган
Бердяев Н.А.	1874-1948	1920-ж. камакка алынган, бирок коё берилген, 1922-ж. күч колдонуу менен Россиядан эмиграцияланган
Франк С.Л.	1877-1950	1922-ж. зордук менен Россиядан эмиграцияланган
Вышеславцев Б.П.	1877-1954	1922-ж. зордук менен Россиядан эмиграцияланган
Гурджиев Г.И.	1877-1949	1919-ж. кийин өз каалоосу менен Россиядан эмиграцияланган
Шпет Г.Г.	1879-1937	1935-ж. камакка алынып жана сүргүнгө айдалган, 1937-ж. экинчи жолу камакка алынган жана он жыл абакка кесилген, андан кийин атууга өкүм кылынган. Өлгөндөн кийин акталган
Зеньковский В.В.	1881-1962	1919-ж. өз каалоосу менен Россиядан эмиграцияланган
Карсавин Л.П.	1882-1952	1922-ж. зордук менен Россиядан эмиграцияланган, 1940-ж. Вильнюста иштеген, СССРге Прибалтиканын кошулушунун натыйжасында совет атуулу болгон, 1947-ж. же 1948-ж. камакка алынган жана Түндүк Уралга сүргүнгө айдалган, 1950-ж. Коми АССРнин

		Коми майыптар лагерине сүргүн болгон, ал жерде туберкулездон өлгөн
Флоренский П.А.	1882-1937	1928-ж. Москвадан үч айга айдалган, 1933-ж. камакка алынып, он жылга кесилген, 1937-ж. экинчи жолу лагерде соттолуп, атууга буйрук чыккан, 1958-ж. толугу менен акталган
Ильин И.Н.	1883-1954	1922-ж. зордук менен Россиядан эмиграцияланган
Федетов Г.П.	1886-1951	1925-ж. өз каалоосу менен Россиядан чыгып кеткен
Сорокин П.А.	1889-1968	1917-ж. Октябрь революциясынан кийин үч жолу камакка алынган,1922-ж. Россиядан күч менен эмиграцияланган
Бахтин М.М.	1895-1975	1929-ж. камакка алынып, 5 жылга лагерге кесилген, катуу оруу менен оруп калганы үчүн өкүм сүргүн менен алмаштырылган, сүргүн мөөнөтү бүткөн соң 1936-ж. ага чоң шаарларда жашоого тыюу салынган, 1965-ж. Подмосковьеде, 1971-ж. Москвада жашаган
Лосев А.Ф.	1897-1988	1930-ж. камакка алынып, он жылга лагерге кесилген, бирок 1932-ж. бошотулган 1933-ж андан соттуулугу алынган жана анын атуулдук укуктары калыбына келтирилген
Чижевский А.Л.	1897-1964	1936-ж. же 1942-ж. (так маалымат сакталган эмес) камакка алынган; 1950-ж. баштап Карагандада жашаган 1958-ж. акталган
Андреев Д.Л.	1906-1959	1947-ж. камакка алынган, жыйырма беш жылга абакка кесилген, 1957-ж. бошотулган

25.2. Н. А. Бердяев.

Өмүр таржымалы. Николай Александрович Бердяев (1874-1948) - орус диний философу, жазуучу жана публицист. Аны XX-к. көрүнүктүү орус ойчулдарынын катарына киргизсек жана дүйнө жүзүндөгү эң көрүнүктүү орус философу деп атасак болот.

Киевде укум-тукуму менен аскер үй-бүлөсүндө төрөлгөн, ошондуктан жаш кезинде Киев кадеттик корпусуна окууга киргизишкен. Бирок аны бүткөндөн кийин аскер мансабынан баш тарткан жана 1894-ж. Киев университетинин табият факультетине кирген, бир жылдан кийин юридика факультетине которулган. Ушул жылдары ал марксизм менен алектенип, революциялык иштер менен шугулданган. 1898-ж. камакка алынган жана университеттен чыгарылган. 1900-ж. Вологдага сүргүнгө айдалып, ал жерде 1903-ж. чейин полициянын көзөмөлүндө болгон. Ушул убакытта ал марксизмден көңүлү калып, идеалистик философияга кызыга баштаган.

1904-ж. Бердяев Санкт-Петербурга келген, ал жерде Мережковский менен таанышкан жана достошкон. Анын таасири астында ал "жаңы диний аң сезимдин" талдоону жана өнүктүрүүнү жүргүзө баштаган. 1908-ж. Москвага көчүп кеткен.

Бердяевдин философиялык идеяларынын жана руханий өмүрүнүн калыптанышына үч орус революциясы чоң таасирин тийгизген. 1905-1907-жж болгон биринчи орус революцияларын катуу кайгыруу менен кабыл алып, ушул периоддогу өзүнүн чыгармаларында социалдык маселелерди чечүүдөгү "сол" да, "оң" да орус радикализмине каршы чыккан. 1917-ж. февраль революциясын Россиянын жаңылануусу үчүн зарыл деп саноо менен ал жалпысынан жактыруу менен кабыл алган. Бирок мында

"улуу белгисиздикке киришүү" баш аламандыкка жана талкалануга алып келүү коркунучу бар деп көрсөткөн. 1917-ж. Октябрь революциясын ушул убакытта марксизм менен кызыкпай калгандыгы үчүн ал кабыл алган эмес. Бирок бул нерсе анын 1917-1922-жж. коомдук ишмердик менен жигердүү шугулдануусуна таасирин тийгизген эмес: университетте сабак берген, көп жолу эл алдында лекцияларды окуган, Руханий маданияттын эркин академиясын ачкан ж.б. Ошол убакытта эки жолу камакка алынган, биринчи жолу 1920-ж., бирок Ф. О. Дзержинскийдин өзүнүн сурагынан кийин анын буйругу менен бошотулган, экинчи жолу - 1922-ж. башка философтордун тайпасы менен революцияга каршы турган ишмердиги үчүн Россиядан эмиграцияланган.

1922-1924-жж. ал мугалимдик ишмердик менен алектенип, Берлинде, ал эми 1924-ж. Францияда (Парижден ыраак эмес жерде) жашаган. 1925-1940-жж. Бердяев "Жол" деген журналдын – эң ири жана эң маанилүү "орус чет өлкөлүк" диний-философиялык басмасынын редактору болгон. Ал көптөгөн белгилүү Батыш диний ойчулдар менен да биргеликте иш алып барган. Ошол жылдары Бердяев батыш европалык философтордун бир катары менен жакындан таанышкан. 1947-ж. Кембридж университети Бердяевге теология доктору деген наам ыйгарган. Бердяев 1948-ж.үйүндө, жазуу столунда кайтыш болгон.

Негизги эмгектери. "Коомдук философиянын субъективизми жана индивидуализми. Н.К. Михайловский жөнүндө сын этюд" (1901), "Философиялык чындык жана интеллегенциялык чындык" (1909-ж., "Вехи" жыйнагында), "Эркиндик философиясы" (1911), "Чыгармачылыктын мааниси. Адамдын актоо тажрыйбасы" (1916), "Тарыхтын мааниси. Адам тагдырынын философиялык тажрыйбасы" (Берлин, 1923), "Жаңы орто кылым. Россия жана Европа тагдырлары жөнүндөгү ой-жүгүртүү" (Берлин, 1924), "Эркин рух философиясы. Христиандыктын проблематикасы жана апологиясы" (Париж, 1927-1928), "Адамдын милдети жөнүндө. Парадоксалдуу этика тажрыйбасы" (Париж, 1931), "Эсхатологиялык метафизиканын тажрыйбасы. Чыгармачылык жана обьективация" (1947), ал кайтыш болгондон кийин жарык көргөн эмгектери: "Өзүн өзү таануу. Философиялык өмүр баяндын тажрыйбасы" (Париж, 1949), "Орус коммунизминин мааниси жана башаты" (Париж, 1955).

Философиялык көз караштары.*Философиянын тарыхы.* Бердяев эч качан өз алдына жалпы эле орус философиясынын тарыхын изилдөө маселесин койбосо да, кээ бир эмгектеринде ал Чаадаевден Ленинге чейин бардык тарыхтын баарын талдап чыккан. Ошондуктан аны эң биринчи орус философиялык ойлорунун тарыхчысы десек жаңылышпайбыз.

Инсан жөнүндөгү окуу. Бердяевтин бардык өмүр жолундагы чыгармачылыгынын борборунда этикалык көйгөйлөр жатат, адамзаттын жашоосунун мааниси, Кудай менен адамдын мамилеси, эркиндиктин, чыгармачылыктын жана сүйүүнүн маңызы сыяктуу көйгөйлөрдү диний аң сезим аркылуу караган. Бердяевдин философиясынын маанилүү учуру болмушту эки чөйрөгө дифференциялоосу эсептелинет (124-чийме).

124-чийме

Адам болмушунун эки чөйрөсү

Аты	*Болмуш чөйрөсү*	*Адам болмушунун мүнөздөмөсү*
"Кесардын падышачылыгы"	Телолуу "дүйнө" эмпирикалык ишмердик катары, адамдын иштеши үчүн шарт катары; "зарылчылык падышачылыгы". "табияттын падышачылыгы"; "объективация дүйнөсү"	Кулчулук, кастык, ажыроо, жарылуу
"Кудайдын падышачылыгы"	Чыныгы дүйнө, идеалдуу болмуш же "космос"; "Эркиндиктин падышачылыгы"	Сүйүү, эркиндик, чыгармачылык

Адамды Бердяев экиленген дене менен жандан турган зат катарында түшүнөт (салттуу христиандык маанайда): болгондо да биринчи күнөөнүн күчү менен жан дененин туткунунда. Адамдын эң башкы максаты трансцендированияда, жанды ушул туткундан бошотууда турат: "кулчулуктан эркиндикке, "дүйнөнүн" кастыгынан космикалык сүйүүгө чыгуу" (201-чийме). Бул үчүн негизги ыкма – чыгармачылык, башынан эле адамдын жанында чыгармачылыкка жөндөмдүүлүк бар, себеби Кудай адамды өзүнүн образында жана өзүнө окшош кылып жараткан. Чыгармачылык жана эркиндик ажырагыс болуп байланышкан: "чыгармачылыктын сыры бул эркиндиктин да сыры".

201-чийме



Сүйүү чыгармачылык жана эркиндик менен ажыралгыс болуп байланышкан, болгондо да Бердяев сүйүүнү бир гана руханий катарында түшүнгөн эмес. Бул жерде Бердяев эки миңдик европалык салтка (Платондон башталып, бардык христиан философиясын жанып өткөн) каршы чыккан, XX-к. маданияттын реалияларын кабыл алуу менен, илимдеги жыныс жана жыныстык сүйүү темасындагы, аныгыраагы секс темасындагы, көйгөйлөрдү талкуулоого кирген. Бердяев өздөрүнчө алганда эркек жана аял сөздүн толук маанисинде Кудайдын окшоштугу болуп эсептелинбейт деп тастыктайт. Алар сүйүү менен биригип гана кудайга окшош бир бүтүн инсанды түзүшөт. Сүйүү - бул дайыма чыгармачылык, ал башкача бир жаңы өмүрдү пайда кылат. Сүйүү себебинен адам "зарылчылыктын падышачылыгынан" "эркиндиктин падышачылыгына" чыгышы жүрөт. Мында сүйүп калган адам үчүн сүйгөн адамынын чыгармачылык мааниси ачылат.

Инсанжана коом. Чыгармачылык, эркиндик, сүйүү – булар, Бердяевдин оюу боюнча, гонозиси бар, өзгөчө тандалып алынган акылмандарга, гностиктер айткандай ыйыктар үчүн гана эмес, ар бир адамга таандык байлык. Ошондуктан ар бир адам өзүнүн ичинде Кудайдын образын табууга, ачууга жана чын болмуш же "Кудайдын падышачылыгы" чөйрөсүнө чыгууга жөндөмдүү. Бул кубулуш абдан индивидуалдуу жана ар бир адам бул жолдон өзү өтөт. Эч бир коомдук- саясий жашоодогу өзгөрүүлөр ага принципиалдуу таасирин тийгизе албайт, анткени бардык социалдык жашоо “Кесардын падышачылыгына” кирет. Ошондуктан эч кандай коомдук прогресс (Агартуу оорунан бери европалык социалдык философиянын башкы максаты болгон) эч кандай реалдуу мааниге ээ эмес. Ушул позициядан бир катар өзүнүн эмгектеринде, өзгөчө "Тарыхтын мааниси" китебинде Бердяев адам социалдык жан деп түшүнгөн кээ бир философторду (марксисттерди, социалисттерди ж.б.) талкалаган, аларда адамдын милдети "Кесардын падышачылындагы" адамдын татыктуу жашоосу үчүн шарттарды түзүүгө - бирок көбүнчө келечектеги урпактарга – келип такалган. Мындай көз карашта азыр жашап жаткан адамдар "жакшы келечек" курууда курал болуп калат. Бердяев мындай позицияны принципиалдуу түрдө кабыл алган эмес.

Индивид үчүн эркиндиктин башка тарабы да бар – бул жоопкерчилик, болгондо да бардык болгон нерсе үчүн гана эмес, болбогон нерсеге да. Адам өзүнүн жеке ишке ашпаган чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүнө, өзүн-өзү жок кылуусуна, өзүнүн тагдырынын баркына жетпегендигине жоопкерчиликтүү.

Эркиндик онтологиясы. Бердяевдин эмгектеринде "эркиндик” түшүнүгү оригиналдуу онтологиялык негиздөө алган. Адамдын жанынын бир касиети сыяктуу, анын индивидуалдуу эркиндигинен мурда адамдын телосуна жана жанына, б.а. “табият падашычылыгына” салыштырмалуу гана эмес, ошондой эле “Кудай падышачылыгына да

салыштырмалуу" биринчи кандайдыр метафизикалык эркиндик болгон. Бул эркиндик Кудайга керек, бирок бул Кудайдан да эмес жана Кудай ага кожоюн да эмес. Ал түбөлүк Эч нерседен келген (Бёменин "Түпсүздүк" түшүнүгүн эске салат), капкара иррационалдуу мүнөзгө ээ жана ал кастыктын булагы. Бирок эркиндик ичинен Кудайдын сүйүүсүнө айланган - мына ушунда Христостун курмандыгынын космикалык жана метафизикалык маанисин турат жана ушул нерсе адамзаттын жана кудайдын кайгысынын негизин түзөт. Салттуу христиан философиясын бул кайгынын көрө билбестигиүчүн Бердяев жемелеген.

Бул идеяларды Соловьевдун баштапкы Эч нерседен башталган окуулары менен салыштыруу кызыктуу. Бирок Соловьевдо жамандыктын дүйнөдө жашашынын себеби дүйнөнүн Кудайдан бөлүнүп калуусунда деп караган, а Бердяевде болсобаштапкы Эч нерсе Кудайга окшош эмес. Соловьевдо дүйнөнүн Кудайдан бөлүнүп калуусунун бирден бир себеби эркиндиктен ашыра чаап колдонуу (индивидуализация күнөөсү) деп түшүндүрүлөт, бирок бул күнөөнү ошол кудай менен бир болгон көптөгөндөр да жасашкан. Бирок Кудайдын өзү - бул ошол "жалпы биримдиктеги көптүк", демек, Кудай бул "бөлүнүп" калууга ыраазы болгон, каалаган эмес же алдын ала албай калган деп болжолдоого болот. Ар кандай эки болжолдордотең жамандыктын бул дүйнөдө болушунун себеби - бул Кудай болуп калууда. Бердяев бул үмүтсүздөндүргөн чечимди монизмден кечип жана дуализмге кирип, алдын алган.

Окуунун тагдыры. Бердяевтин окуулары экзистенциализмге жана персонализмге чоң таасирин тийгизген.

25.3.Шестов Лев

Өмүр таржымалы. **Лев Исаакович Шварцман** (1866- 1938) - Лев Шестов деген жашыруун (псевдоним) ат менен таанымал орус философу жана адабиятчы.

Киевте бай фабриканттын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Москва университетинде окууган, а окуусун Киевте (1889) бүткөн. Ишчилердин мыйзамынын көйгөйлөрүнө арналган диссертация жазган, бирок ал цензура менен кайтарылган. Бир нече жыл үй-бүлөлүк фабрикасын башкарган. Мына ушул убакытта ал ички дүйнө кризисин баштан өткөргөн, ушул нерсе анын келечектеги чыгармачылык жолун тандап берген. 1895-1914-жж. чет өлкөдө жашаган (Германия, Австрия, Франция). 1914-1918-жж. Москвада жашап, "Искусство дүйнөсү" деген журнал менен иштешкен, Москвадагы психологиялык коомдо мүчө болгон. 1918-ж. Киевке көчүп кеткен, ал жерде Элдик университетте философиядан лекция окуган. 1919-ж. Симферополь университетинде окутуучу болуп иштеген. Ал эми 1920-ж. (үй-бүлөсү менен) чет өлкөгө, т.а. Константинополго көчүп кеткен. 1921-ж. Парижде жашаган, Сорбоннада Россия бөлүмүндө сабак берген (1922-1936).

Батыш ойчулдарынын көбү менен тааныш жана дос болгон (Хайдеггер, Бубер, Леви-Брюль ж.б. менен).

Негизги эмгектери. "Толстойдун жана Ф. Ницшенин окууларындагы жакшылык: Философия жана үгүт" (1900), "Достоевский жана Ницше. Кайгы философиясы" (1903), "Негизсиздик апофеозу (адогматикалык ой-жүгүртүүлөрдүн тажрыйбасы)" (1905), "Башталышы жана бүтүшү" (1908), "Улуу арапалар" (1912), "Ачкычтар бийлиги" (Берлин 1923), "Иова таразаларында. Рухтарга (жандарга) саякат" (Париж, 1929), "Киркегард жана экзистенциалдык философия. Куру талаага айтылган сөз" (Париж 1929), анын өлүмүнөн кийин басылгандар: "Афина жана Иерусалим" (1951), " Sofa fide" (жалан гана ишеним менен") (Париж, 1966).

Философиялык көз караштары*.Трагедия философиясы.* Шестовдун көңүлүнүн борборунда адам жана анын өмүрү турат жана философиянын негизги маселеси - бул өмүрдүн маңызын табуу деген. Шестовдун өткөн бардык чыгармачылында жылаңачталган чындык "тирүү өмүр" менен кандайдыр бир "абстрактуу башталыштарды" –дүйнө тартиби менен моралдын абстракттуу системасын, б.а. адамга эс-акылы жана илим аркылуу таңууланган кандайдыр бир принциптерди карама каршы коюу жүргөн. Алардын ичинде эң негизги ролду дүйнөнүн тартипке келтирилгендиги, андагы адамдар үчүн

жеңип чыгууга мүмкүн болбой турган кандайдыр бир "объективдүү" мыйзамдардын (табиятта, социалдык жашоодо жана ой-жүгүртүүлөрдө) аракети ойнойт. Алар адамды тушайт, аны алсыз кылат, айрыкча анын мыйзамдарына баш ийип жашоодо жана ойлонгон аракетинде. Анда чындап болгон адам эч кайсы мыйзамдарга баш ийбейт: өмүр алдын ала айткыс, ал эми ой-жүгүртүү болсо иррационалдуу жана күтүүсүз. Мындай карама-каршылыкты Шестов бир нече жазуучулардын жана философтордун чыгармачылыгынан байкаган: Шекспирде, Толстойдо, Достоевскийде, Ницшеде ж.б. Мисалы, Достоевскийдин "Үйдүн астынан кат" романындагы баш каармандын эң негизги жана кайгылуу чыр-чатагын Шестов төмөндөгүдөн байкаган: бул каарман мурда өзүнүн өмүрүндөгү негизги иш деп жакшылыктын жана адилеттүүлүктүн идеялдары үчүн күрөштү эсептеген, бирок чындыгында анын бардык жашоосундагы эң бир маанилүү иш деле болуп чыкпагандыгын аңдап билет. Чындыгында, бул идеалдар адамдын жашоосун маанисиз жана куру бекер өткөрүү кылып коёт. Бирок муну ой жүгүртүү менен далилдөөгө болбойт: акылга негизделген далилдерге таянып, биз ар дайым акылдын туткуну болуп калабыз. Бир бир абстрактуу принциптин ордуна башкаларын түзөбүз. Ошондуктан каарман тапкан жалгыз жол акыл-эстүүлүк менен талашсыздыкка каршы иррационалдуу козголоңдо, б.а. "эки жерде эки төрт" дегенге каршы. Мында Достоевскийдин каарманы акыл-эстүү далилдер макул болуу жана баш ийүүнүн пайдасына сүйлөп жаткан жерде да, абсолюттук макул эместикке жана абсолюттук зордукка өзүнүн укугун сактап калат.

"Афина жана Иерусалим" деген эмгегинде бул жашоого болгон эки көз карашты ачык түрдө бири бири менен байланыштырат (рационалдуу детерминизм менен иррационалдуу эркиндикти), буга ылайык философия (Афинанын) жана дин менен (Иерусалимдин). Шестов эң негизги максаты табияттын, коомдун жана таануунун мыйзамдарын издөө болуп эсептелинген батыш философиясынын бардык агымдарына сын пикир менен карап, терс мамиле жасаган. Анын көңүл борборунда индивидуалдуу адамдык жашоо турат. Бул нерсе Шестовтун философиясында эч кандай акыл-эс жана илимдин жардамы менен түшүнүүгө болбой турган, адамдын жашоосуна кош көңүл караган абсурд да, трагедия да катарында каралат.

Шестов жеке сактануу үчүн жалгыз жол чыгармачылыкта деп эсептеген. Ал эми анын чыгармачылыгынын кечки периодунда динде да деген. Дал ошол Ачылыш анык чындыкка жана эркиндикке алып келет, чыныгы адамдык жашоо ишеним менен гана келет дейт Шестов (Sola Cide).

Шестовдун чыгармачылыгынын бир өзгөчөлүгү болуп адамдын белгисиз туңгуюк келечегине, адам менен Кудай ортосундагы ыйык байланышка (трансценденттүү, наркы дүйнөлүк, болмуштун абсолюттук башаты менен) ишенич эсептелет. Кудай менен бетме-бет көрүшкөндө гана адам өзүнүн жашоосунун толук чындыгына жетишет жана анын маанисин түшүнөт.

Окуунун тагдыры. Шестовдун философиялык окуусунун экзистенциализмдин бардык негизги идеяларын өзүндө камтыйт жана бул багыттын азыркы батыш философиясында өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизген.

25.4.Франк С. Л.

Өмүр таржымалы.Семен Людвигович Франк (1877-1950) - белгилүү орус философу. Дарыгердин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Москва университетинин укук таануу (юридика) факультетинде окуган; гимназияда окуган жылдарында эле революциялык идеяларга кызыккан, ал эми студент кезинде болсо революциялык ишмердик менен алектенген. 1899-ж. марксизмди пропаганда кылгандыгы үчүн сүргүнгө айдалган (университеттер жайгашкан шаарларда жашоого укугу жок болгон). Германияга кеткен, ал жерде Гейдельберг жана Мюнхенде лекцияларды уккан, андан кийин 1901-ж. Казань университетине мамлекеттик сынак тапшырган, бир нече жыл бою немец тилинен философия боюнча адабияттарды (тагыраак айтканда Шлейермахердин эмгектерин

которгон) которуу менен алектенген, бир нече журналдардын жарык көрүүсүнө салым кошкон, ошол эле убакытта П. Струве менен менен таанышкан жана ал ага чоң таасирин тийгизген.

1906-ж. окутуучулук иш менен алектене баштаган: алгач гимназия астындагы жогорку курстарда, андан соң 1912-ж. баштап Санкт-Петербург университетинде сабак берген, 1917-ж. Саратов университетинин тарых-философия факультетинин деканы болгон. 1921-ж. - Москва университетинин философия профессору болгон, ошол эле убакытта Бердяев менен бирдикте Руханий маданият академиясында иштеген. 1922-ж. Көптөгөн адамдардын ичинде Советтик Россиядан чет өлкөгө чыгарылып ташталган. Германияда иштеген жана жашаган. 1930-1937-жж. Берлин университетинде лекция окуган, 1937-ж. фашисттер тарабынан Германиядан чыгарылып, Францияга, андан кийин 1945-ж. Англиягакөчүп кеткен.

Негизги эмгектери. "Маркстын баалуулуктарынын теориясы" (1900), "Философия жана өмүр. Философия маданияты боюнча этюддар жана шилтемелер" (1910), "Билим предмети. Абстракттуу билим негиздери жана чектери " (1915), "Адамдын жаны" (1917), "Кумирлердин кыйроосу" (Берлин 1924), "Жашоонун мааниси" (Берлин, 1926), “Коомдун руханий негиздери. Социалдык философияга киришүү” (1930), "Акыл жеткис. Дин философиясына онтологиялык киришүү" (Париж, 1939), "Караңгыдагы жарык. Христиан этикасындагы жана социологиясындагы тажрыйба" (1949), "Кудай биз менен. Үч ой жүгүртүү" (1946), "Чындык жана адам. Адам болмушунун метафизикасы" (1949-ж. жазылып, 1956-ж. жарык көргөн).

Философиялык көз караштары. *Реалдуулук метафизикасы*. Франктын бүт чыгармачылыгында борбордук орунду неоплатониктер менен анын христиан улантуучуларынын, эң оболу Николай Кузанскийдин, системасына туура келген кандайдыр бир болмуштун системасын куруу ээлейт. Франк болмуштун бир нече деңгээлин же чындыктын түрлөрүн бөлүп көрсөткөн.

125-таблица

Реалдуулуктун түрлөрү жана болмуштун деңгээли

Реалдуулук түрлөрү	*Ушул реалдуулукка тиешелүү объекттер*	*Объектердин темпоралдык мүнөздөмөсү*
Эмпирикалык жана материалдык	Буюмдар (материалдык объекттер), адамдык тело	Убактылуу
Менталдуу	Сезим, тилек, иллюзия, артык көрүү	Убактылуу
Идеалдуу	Сандар, геометрикалык формалар, түшүнүктөдүн жана пикирлердин жалпы мазмуну	Убакыттан тышкары, бирок болмуштун алгачкы эки түрүндө келечекте, өткөндө жана учурдук мезгилде ишке ашат
Шартсызболмуш же кудайлык	Кудай	Убакыттан тышкары

Бул төрт деңгээл жалпысынан неоплатондук болмуш градациясы менен дал келет: Бирдиктүү - Акыл - Дүйнөлүк рух – Материя. Бул реалдуулуктун ар бир деңгээли бири бирине салыштырмалуу автономдуу, бирок ошол эле убакытта, Франк (Кузанскийдин пантеизм маанайында) кудайлык болмуш чындыктын бардык түрлөрү үчүн "бардыгын камтыган биримдик" экендигин белгилеген. Кудай ар бир адамда бар, адамзаттан тышкары Кудайдын өзү жок, Кудай бизде жана биз менен, бирок ал ар бир жеке адам катарыбизден тышкары да ар. Кудай бул ар бир адамга жана жалпы эле дүйнөгө ички маани жана баалуулук берген руханий абсолют.

Таанып-билүү жөнүндө окуу. Батыштын рационалисттик салтынан айырмаланып (алды менен Гегелдин) бул руханий Абсолют XIX-XX-кк. орус идеалисттик

философиясында (өзгөчө Соловьевдон баштап) таза акыл катарында, "абстракттуу башталыш" катарында эмес, Абсолюттуу инсан катары түшүнүлөт, Абсолюттуу инсанды түшүнүү үчүн рационалдуу жана иррационалдуу таанып-билүү усулдарынколдонуу керек (сезим, мистикалык интуиция ж.б.).

Дүйнөнү тааныу сезүү органдары, акыл (рационалдуу) аркылуу жана интуиция (трансрационалдуу) менен ишке ашат. Эң акыркы болмушту тааныунун жолу трансцендирлөө – өзүнөн тышкары чыгуу менен байланышкан, мында субъект менен объекттин жуурулушуусу жүрөт, б.а. дүйнө менен анын кудайлык маңызы менен, ушул нерсе аны биримдик катарында кабыл алып, өзүнөн тышкары болмушта катышууга мүмкүндүк берет. Бул билүү жолун (бомуш менен кошо катышуу) Франк "тирүү билим" катарында мүнөздөгөн.

Бирок мында "өзүнөн өзү тышкары болмуш" Франкта феноменологиялык мааниге ээ болгон, себеби бул адамга анын тажрыйба жолунда жана аны кабыл алуусунда берилген болмуш. Бул көз караштан, биздин аң-сезимибизде чагылган менен чагылдырылып жаткан объекттин ортосунда эч кандай айырма жок, б.а. биздин аң-сезимибизде жашаган элес - бул ошол объекттин өзү. Мындан келди, таанып-билүү процесси бул ошол объектти мистикалык тааныу болот. Бул нерсе балким адамдын өзү - болмуштун бир бөлүгү, ал эми анын аң сезими - бул абсолюттук болмуштун ичиндеги мамилелердин жеке системасы болгондугу гана үчүндүр. Мындай көз караштa ар бир адамдын жаны Ааламдын күзгүсү болуп калгандай, ал бардык болмушту толугу менен чагылдырууга жөндөмдүү, жана ар түрдүү адамдардын ички дүйнөсүн убакыттын ошол үзүмүндө аларга берилген "тереңдиги" жана камтуусунун "кеңдиги" менен айырмаланышат.

Инсан жана Абсолют. Мындай көз караштa Инсан бул Абсолюттун (Кудай) окшоштугу, натыйжада, "анын өзү гана, жалгыз гана ал чындыктын жалгыз гана адекваттуу берилиши". Ар бир адамдын адеп-ахлактык парзы жеке инсандын рухий, чыгармачыл ишмердигинин өсүшүндө.

Бирок мындай "болмуштун жалпы биримдиги" позициясынан караганда адамдын өлүмү жана башаты Кудай боло албаган жамандыктардын дүйнөсүндө жашоосу болгон эки глобалдуу маселе чечилгис бойдон калат. Франк бул маселелердин аны канааттандыра турган чечимин тапкан жок, ошондуктан ал теги жана милдети таптакыр эле түшүнүксүз болгон табышмактуу “жалпы биримдиктеги жараканын болгондугун констатациялоого мажбур болгон.

Окуунун тагдыры. Франк феноменологияга, экзистенциализмге жана персонализмге таасир тийгизүү менен азыркы батыш жана орус философиясынын өнүгүүсүнө чоң салым кошкон.

25.5. Аттар философиясы

Аттар философиясы - бул орус диний философиясынын бир агымы, П.А. Флоренский (1882-1937), С.Н. Булгаков (1871-1944), А.Ф. Лосев (1893-1988), В.Ф. Эрн (1882-1917) тарабынан өнүктүрүлгөн. Орус прослав дин илими жана монах практикасынын алкагында жүргөн ат берүү жөнүндөгү талаш-тартыштар базасында пайда болгон.

Ат берүү боюнча диний талаш-тартыштар схимонах Иллариондун "Кавказ тоолорунда. Эки кары зайыттардын Жараткан менен Иисус Христоско сыйынуу аркылуу ички биригүү жөнүндөгү аңгемеси же азыркы жолоочулардын руханий ишмердиги" (1907) деген китеби жарык көргөндөн кийин келип чыккан. Бул китепте борбордук орунду сыйынуу убактысындагы ишенген адам болгон өзгөчө абалды сүрөттө ээлейт. Исихиазмдин (же паламизмдин) теориясына жана тажрыйбасына таянган Илларион белгилүү бир көнүгүүлөр системасын аткарган аскет экстаз абалына жетиши мүмкүн, мындай абалда ал Кудайдан шоолаланып түшкөн жарыкты көрүү жөндөмдүүлүгү бар - демек Евенгелдин айтуу боюнча бул жарыкты - "Фавор жарыгын", бул жарыкты,

Евангелиеде белгиленгендей, апостолдор Фавор тоосунан көргөн. Бул жарык Григорий Палама тарабынан адамдын кабыл алуусуна ылайыкталган Кудайдан келген энергия, Кудайдын өзүнүн көрүнүүсү деп талкууланган, ошол эле учурда Кудайдын өзү адамдар таптакыр жете албас нерсе. Паламизм православ чиркөөнүн расмий кабыл алынган окуусу болуп таанылган. Имяславиедеги (атыңдын даңкы) тегерегинде негизги талаш-тартыш жаралган борбордук маселе болуп Кудайдын Атынын маанисинин түшүндүрмөсү болгон, аныгыраак айтканда ал Кудайдын күчүбү же Кудайдык негизби, же тигил да, бул да эмеспи, а балким жөн эле адамдар берген аталышпы?

Демек, Кудайдын атына сыйынуулар жана аны ыйыкка айлантуу бар болгону идолдорго сыйынуу жана ересь.

Бул маселени чечүүдө дин таануучулар арасында эки карама-каршы лагерь түзүлгөн. Алардын биринин башында (ат даңктоо) Афондогу (Грецияда) Пантелеймоновдордун чиркөөсүнүн орус иеросхимонахы Антоний (Булатович) турган. Ал: "Кудайдын бардык атттары - Кудай тарабынан ачылган чындык, - Кудайдын өзү" , - деген. Экинчи лагердин (ат менен күрөшүүчүлөр) лидерлери - архиепископ Антоний (Храповицкий), архиепископ Никон (Рождественский) жана профессор С.В Троицкий. Дал ушул акыркы аталгандардын позициясын Ыйык Синод өзүнүн1913-ж. 18-майдагы, катында колдогон, анда ат даңктоону ересь деп жарыялаган.

Бирок Ыйык Синоддун ушундай чечими бул маселени диний-философиялык аспектте ой-жүгүртүүлөрдү өнүктүрүүгө, б.а. “аттар философиясын” өнүктүрүүгө тоскоол боло алган жок. Бир тараптан, Ыйык Синоддун жана орус православ чиркөөсүнүн иерархтарынын консерватизми мурдатан эле орус интеллигенциясынын олуттуу бөлүгүндө бир топ нааразычылыкты жаратып келген. Тактап кетсек, жогорудагыга жооп катары башында биз айткан "жаңы диний аң сезим" агымы пайда болгон (мережковский, Бердяев ж.б.). Аттар философиясынын пайда болушу бул жалпы тенденциянын өнүгүшү болуп калды. Башка тараптан, орус философиясындагы аттардын философиялык талдоосу ошол убакта жалпы эле батыш философиясына мүнөздүү жана лингвистика менен семиотиканын өнүгүшү менен байланышкан жалпы тил жана белгилердин көйгөйүнүн толкунунда жүргөн.

Кудайдын атынын түшүндүрмөсү ат даңктоодо өзүнүн тамыры менен илгерки кудайдын аттарын урматтоо салттарына кирип кетет. Мындай өрүнүш христиандыктын чек арасынан көп эле чыгып кеткен (хронологиялык да, “географиялык да”). Авестте бардык "Гимн-Ахура-Мазде" иш жүзүндө Жакшылык баш кудайынын аттарына жана анын мистикалык маанисине арналган. Каббалачылардын күч-аракеттеринин бир топ бөлүгү Кудайлардын жана периштелердин чыныгы аттарын табууга арналаган. Мусулман философиясында токсон тогуз "Аллахтын сонун аттары" жана жүзүнчү – жашыруун аты жөнүндө окуу бар. Христианчылыкта Кудайдын аттары жөнүндө тема Дионисий Ареопагит, Григорий Палам, Максим Исповедниктен ж.б. баштап бардык мистикалык кудай таанууда негизги тема болуп калган. ж.б.

Бирок Кудайдын аттарынын көйгөйү, өз кезегинде, өзүнүн тамыры менен андан да жалпы аттардын маанисинин көйгөйүнө кирип кетет. Ат көптөгөн маданияттарда жана Байыркы дүйнөнүн же дегеле алгачкы дүйнөнүн ишеним системаларында маанилүү роль ойнойт. Көптөгөн элдердин ишеничи боюнча адамдын аты анын жандарынын бирөө болуп эсептелинет экен (египеттиктерде, Месопотамия жашоочуларында ж.б.) жана ат жөнүндөгү билим ага ошол ат таандык болгон адамдын үстүнөн бийликти берет экен, ушундай эле бутпарас кудайларынын чыныгы аттарына карата да ишенич болгон.

Аттарга болгон мындай көз караш аттар менен алар атаган объекттердин ортосунда, бул ат турган тыбыштар менен кандайдыр бир онтологиялык жандар (же алардын касиеттеринин) ортосунда ажырагыс байланыш жөнүндө божомолдордон келип чыккан. Философияда мындай көз караш ар кандай ойчулдардан жана ар түрдүү философиялык окууларда негизделген жана түшундүрүлгөн: ведантада, конфуцийчиликте, каббалада, сопучулукта, исиахазмда ж.б., ал эми Байыркы Грецияда -

Гераклитте, стоиктерде жана Платондо. Бирок Байыркы дүйнө философиясында эле карама-каршы идеялар да пайда болгон: аттар жөн эле аталган объекттин шарттуу белгилери жана алардын аталган объекттер менен эч кандай байланышы жок деп эсептешкен. Байыркы Кытайда мындай көз карашты Сунь-Куан (б.з.ч. 4-3 кк), Байыркы Индияда – ньяя мектеби жактаган, Байыркы Грецияда муну Аристотель негиздеген. Аристотелдин ушундай көз карашы Жаңы доордо Европа маданиятында (лингвистикада, логикада, философияда ж.б.) тастыкталып, кабыл алынган.

Ушинтип "аттардын күрөшүүчүлөрү" жана Ыйык Синоддун чечими "Жаңы убакыттын маанайында" иш жүзүнө ашырылган. Ошол эле учурда ат даңктоо агымынын тарапташтары Байыркы дүйнөнүн жана Орто кылымдардын маданиятында басымдуулук кылган салтты өнүктүрүшкөн.

Европа салтында сөзгө жана анын маңызына болгон бир даалай кызыгуу бул христианчылыктын эрте доорунда Сөз (Логос) Христоско окшоштурулгандыгына менен байланышкан. Ошондуктан Кудайдын сөзү жана Кудайдын аты шарттуу белги катары талкууланышы мүмкүн эмес эле.

Айрыкча бул тенденция дин кызматкери Павел Флоренскийдин чыгармачылыгында кездешет. Анын тил менен болмуштун ортосунда шарттуу эмес, субстанционалдуу менен байланыш бар деген. Сөз жана аттар бул тышкары багытталган болмуштун энергиясын алып жүрүүчүлөр, болмуштун көрүнүшүнүн бир формасы: тилдик белгилерде адамга болмуш ачылат жана мында таануучу адам менен таанылуучу (болмуштун) энергияларынын ич ара аракеттенишүүсү жүрөт.

Павел Флоренский “Ойлордун суу бөлгүчүндө” деген китебин түзгөн өзүнүн "Аттар" деген эмгегинде жана башка шилтемелеринде сөздүн курамына кирген тыбыштар онтологиялык маңыздар менен да, адамдын психикалык абалы менен да түздөн түз байланышта экендигин, алардын адамга (угуучуга) таасир этүүгө жөндөмдүү экендигин бир нече ирет белгилеген. Мындан тышкары Флоренский кандайдыр бир атттарды алып жүргөн адамдар негизги ролду ойногон тарыхый-маданий окуялардын же бул “аттардын туусу астында” жүргөн окуялардын ортосунда белгилүү бир байланыш бар деген (мисалы “Варфоломей” деген ат жана XVII-к. Францияда болгон “Варфоломеев түнү”).

Флоренскийге ат даңктоодогу: "Кудайдын аты бул Кудайдын өзү, бирок Кудай Кудайдын аты эмес" – деген белгилүү сөздөр таандык.

Тил жана аттар жөнүндө окуу дин кызматкери Сергей Булгаковдун "Аттар философиясы" деген китебинде терең негиздөө алган. Соловьев, Бердяев, Франк жана көптөгөн орус ойчулдары айткандай эле Булгаковдун философиясындагы борбордук тема болуп Абсолют (Кудай) менен адамдын, айрым инсандын өз ара мамилеси эсептелинет. Булгаков алардын ажырагыс байланышын, адамдын негизи менен болмуштун терең биримдигин белгилейт. Мына ошол "терең биримдиктин” эсебинен ар бир адам өзү менен өзү менен болуу, өзүнүн негизин “буруп салуу", өзүнүн үнүн табууга жана аны Ааламга "угузуу" мүмкүнчүлүгүнө ээ. Тилди түзүүчү сөздөр (аттар) адамдар арасында ылайыктуу буюмдарды атаган кокустан же “келишим менен” түзүлгөн "шарттуу белгилер" эместигин белгилеген. Сөздөр объективдүү түрдө жашайт жана болмуш менен байланышкан, алар адамдар тарабынан, адамдар аркылуу түзүлүшөт, ошондуктан атты "атоо" кандайдыр бир мааниде ат коюулуучуну жаратуу, демек, болмуштун сөзгө чейинки, логикасыз караңгылыктан белгилүү жана акылга сыярлык жарыкка буюмдун өзүнөн өзү көрүнүшү. Ушуну менен Булгаковдо сөз антропокосмикалык маңыз болуп калган.

Аттар философиясына өнугүшүнө А.Ф. Лосев олуттуу салым кошкон. Анын калемине дагы бир "Аттар философиясы" жана " Буюм жана ат" деген эмгектер таандык. Өзүнүн көз караштары боюнча Лосев платонизмге жана неоплатонизмге жакын болгон, ошондуктан аталган менен аттын түздөн түз байланышы бар сыяктуу аттардын платондук түшүндүрмөсү өтө жакын экендиги таңкалыштуу деле эмес.

Бирок Лосевде ат коюу акты пайдубалдык онтологиялык мүнөз алган. Дал ушунда конкреттүү болмуштун Абсолюттан туулушу келип чыгат. Бул актты Алгачкы маңыздын

(Абсолюттун)өзү ишке ашырат. Бул нерсе Алгачкы маңыздын өзүн өзү көрсөтүү, өзүнөн тышкары жерде өзүн көрсөтүү жана ошону менен өзүн өзү тааныу сыяктуу ички керектөөлөрү менен байланышкан. Бирок Алгачкы маңызга Эч нерсе гана карама-каршы турат, ошону менен ал Башка болмуш онтологиялык статусун алат жана Лосевдин системасынын алгачкы дуализмди туулат, ошондуктан "тышкарыда" өзүн көрсөтүү Алгачкы маңыз үчун "меонго айлануу" дегенди билдирет. Ат коюу акты, ошентип, Башка болмуштагы маанисизге жана караңгыга маани берүү ыкмасы, ошол жерде ар кандай күч менен ишке ашырылып, маани буюмдарда ар түрдүү даражада талкуу алат (алардын касиеттеринде көрүнүү менен).

Өзүнүн иштеринде Лосев бир гана сөздүн табиятына белгилүү бир философиялык интерпретацияны гана берген жок, ошондой эле семиотиканын пайдубалдык түшүнүктөрүнүн бир бүтүн жана жалпы системасын иштеп чыккан. Тилекке каршы, башка орус ойчулдарындай эле анын идеялары Россиянын өзүндө да, Батышта да көп убакыт аралыгында белгисиз жана начар изилденген бойдон кала берген.

ФлоренскийП.А.*Өмүр таржымалы.*Павел Александрович Флоренский (1882-1937) - белгилүү орус диний уламасы, диний философ жана окумуштуу.Москва университетинде физика-математикалык факультетте окуган, ошол эле учурда тарых - философия факультетинде философиядан лекцияларга катышкан (1900-1904). Университетти бүткөн соң Москва Диний академиясына (1904-1908) кирген. 1911-ж.Дин кызматкери болуп калган. 1914-ж. магистрлик диссертация жактаган. 1912-1917-жж. Москва диний академиясында адегенде доцент катары, андан кийин профессор катарында сабак берген. 1918-ж. Исскуство жана Троица-Сергиев Лавранын эстеликтерин сактоо боюнча комиссиянын мүчөсү болгон жана 1921-1924-жж. Жогорку көркөм техникалык магистрликтин профессору, ал эми 1921-ж. баштап ВСНХ СССР Главэнергосунда жана Мамлекеттик эксперименталдык электротехникалык институтта илимий кызматкер болуп иштеген. 1928-ж. Нижний Новгородго сүргүнгө айдалган, сүргүндөн үч айдан кийин кайтып, мурунку жеринде иштеген. 1933-ж. камакка алынып, он жылга эркинен ажыратылган жана лагерге сүргүн болгон. 1937-ж. экинчи жолу камалган жана өлүм жазасына тартылган. 1958-ж. толугу менен акталган.

Негизги эмгектери. "Чексиздиктин символдору жөнүндө" (1904), "Чындык эстелиги жана тастыктоолор" (1914), "Идеализмдин мааниси" (1914), "Культ философиясынын очерктери" (1918), "Иконостас" (1922), "Символикалуу сүрөттөмө" (1922), "Геометриядагы курулай элестетүү" (1922), "Аттар" (1988). Флоренский физика чөйрөсүндө бир катар иштерди жазган, айрыкча диэлектрика боюнча чоң китеп жазган (1924).

Философиялык көз караштары. Флоренскийдин философиялык окуулары негизинен православ көз караштар алкагында куралган. Көбүнчө Соловьевдун жалпы биримдик философиясын өнүктүрүү үсүндө эмгектенсе да, бир нече маанилүү маселелерде андан бир топ айырмаланат.

Жалпы биримдик жөнүндөгү окуу. Флоренскийдин оюу боюнча дүйнөгө багытталган ойлордун иши болмуштун азыркы кездеги абалы "кулаган болмуштун" абалы экенин табат. Дүйнө бизди астыбызда майдаланган, анык эмес, салыштырмалуулук жана шарттуулук сазы катары көрүнөт. Муну барын көрүп туруп, аң сезим таянуу үчүн кандайдыр бир "бут алдынан кыртышты", кандайдыр бир туруктуу нерсени табууга аракет кылат, б.а. шартсыз башталышты - чындыкты табууга аракеттенет. Азыркы абалдагы болмуштун негизги өзгөчөлүгүн Флоренскийдин антонимдүүлүктөн (карама-каршылыктан) издейт жана бул болмуш "зыяндуу", дүйнөнүн үстүнөн жарака кеткен жана мунун себепчиси күнөө жана кастык деп эсептелинет. Аларды жеңип чыгуунун бирден бир жолу – бул ишеним жана сүйүү. Флоренскийди ойго салган суроолордун бири: бул жердеги зыяндуу, жаратылган болмуш менен зыянсыздын ортосунда кандай байланыш бар?

Флоренский "байланыштыруучу звено" сапатында 2 тилкени көрсөткөн:

"Кудайдын - дүйнөгө" жана "дүйнөдөн - Кудайга" (202-чийме).

"Кудайдын - дүйнөгө" тилкесинин мааниси жаратылган дүйнөнүн түзүүчүсү Кудай экендигинде. Бул дүйнөдө Кудайдын ою жана Кудайдын образы ишке ашууда, мына ушул нерсе жаратылган болмушка маани берет. "Дүйнөдөн - кудайга" деген экинчи тилкенин маңызы ар бир жаратылган инсан Кудайды, кандайдыр бир “сүйүү биримдигин” түзүү менен бири бирин сүйүүгө жөндөмдүү.

Флоренскийде ар бир реалдуу жаратылган инсанга башынан эле Кудай тарабынан салынган кандайдыр бир сүйүү “атомундай” жана кудайлашкан маанидей идеалдуу инсан туура келет. Мында сүйүүнү Флоренский болмуштун жакшы бириктирүүчү күчү катарында түшүнөт, ошондуктан дал ошол бир - бирине болгон сүйүү себебинен жаратылган айрым инсандар “көп жактан бириккен жан” болуу менен кандайдыр бир "сүйүүнүн биримдигине" өз ара байланышат.

202-чийме

Кудай жана адамдар болмушу



Бирок ошол эле учурда жаратылган инсандарга тиешелүү сүйүү Кудай менен дагы байланыштырат. Мындан сүйүү онтологялык түшүндүрмө алат: сүйүү – бул "Чиркөө же Христостун денеси" демек жана "Эстелик жана Чындыктын тастыктоосу".

Флоренскийдин ою боюнча “көп жактан бириккен жандын”өзү инсан болуп саналат, мына так ошону ал София (Кудай акылманы) деп атаган. Сүйүүнүн күчү менен бул бирмдикке чогулган айрым инсандар өзүүнүн маңызы боюнча бири бирине окшош, ошол эле учурда алар айырмаланган жана өз алдынча инсандар болуп кала беришет. София болочоктогу инсан болсо да, ар бир жеке инсан менен биримдиктин ичинде окшоштукта болот. Мына ошентип ар бир бөлүк (т.а. көптүктүн элементи) бир бүтүнгө номерлик окшош болуп калат. Флоренский боюнча, бөлүкчөлөр менен бүтүндүк ортосундагы байланыштын мындай тиби жалпы биримдик принциби.

Конкреттүү метафизика. Өзүнүн дүйнө жөнүндөгү окуусун Флоренский **"конкреттүү метафизика"** деп атаган. Сезимтал телолуу дүйнөнү Флоренский Кудайдын оюнун көрүнүүсү жана ишке ашуусу, болгондо да толугу менен көрүнүүсү деп түшүнгөн. Демек дүйнөгө көрүнгөндөрдөн жана келгенгендерден сырткары (идеаялардан, руханий жандардан ж.б.) эч кандай башка ой жок. Бирок, башка тараптан, бардык дүйнөдө жашагандар өздөрүндө Кудайдык маанини алып жүрөт, алар Кудайдын образынын көрүнүшү, демек, эки биримдиктүү (сезүү- духовный) болуп эсептелинет. Мындан бардык дүйнөгө келгендер символдор ктары деген түшүдүрмө келип чыгат: "Болмуш бул Космос жана Символ" - дейт Флоренский.

Өзүнүн конкретүү метафизикасында ал руханий жандарга мейкиндиктик жана убакыттык мүнөздөмөлөрдү берүү менен болушунча руханий дүйнө менен сезимтал дүйнөнү жакындаштырат. Бирок руханий дүйнө үчүн алар "оркойо чыккан" жана "оодарылган", “күзгү сымал” болуп калат: бул дүйнөдө убакыт тескери багытта жүрөт, натыйжа себептен мурда болот, мында тескери перспективага орун берилген ж.б. Чындыгында руханий жана телолуу дүйнө Флоренскийде эки ар түрдүү дүйнө эмес, бир эки биримдиктүү деп саналган. Ошону менен бирге ал алгачкы адамдардын ой жүгүртүүлөрүнүн кээ бир өзгөчөлүктөрүн тирилтет (муну өзү да байкаган). Символдордун ичинен тилдик белгилер негизги ролду ойношот, ошондуктан Флоренский “ат

даңктоочулар менен “ат менен күрөшүүчулөрдүн” ортосундагы болгон талаш-тартышка ынтызарлык менен назар салган. Жана өзүнүн "Аттар философиясында" унчукпастан "ат даңктоочуларга" кошулган.

Бирок жердеги болмуштун асмандагыга бүтүндөй "күзгүдө чагылгандай" окшоштугуна идеалдуу сезимтал болмуш учурунда гана орун берилиши мүмкүн. Биздин болмуш - бул күнөлүү жана бузулган дүйнө, мунун натыйжасында руханий дүйнө менен сезимтал дүйнөнүн тиешелүү мамилесинин бузулушу жүрөт. Дал ошол үчүн жер жүзүндөгү кубулуштардан Кудайдык ойду биз ката көрөбүз, чыныгы шарттуу белгилер чындыгында бизге берилген эмес жана аны башынан түзүү, түзөтүү биздин негизги милдетибиз. “Реалдуулукту жаркыратып көрсөтүү менен” чиркөө дал ошол милдеттерди чиркөө культунда аткарууда.

Маданият типтери жөнүндө окуу. Адамдык маданиятты Флоренский эки башталыштын күрөшү катары караган: Баш аламандыктын жана Кудайлык Логостун. Ал адамзаттын тарыхында маданияттын эки тиби – ренессанстык (кайра жаралуу) жана ортокылымдык (126-таблица) - ритм менен алмашып турат деп божомолдогон.

Маданияттын биринчи тиби Баш аламандылыктын бийлиги менен мүнөздөлөт, ал эми анын башкы мыйзамы - бул өздөрүнө берилген болмуштун бардык чөйрөлөрүндө энтропиянын (т.е. белгисиздиктин, Баш аламандыктын) өсүш мыйзамы, энтропиянын өсүшү жалпы теңдешүүгө алып келет, демек өлүмгө дагы. Бирок Баш аламандыкка тартип орнотуучу Кудайлык Логос карама-каршы турат, орто кылымдык маданияттын негизги мыйзамын энтропияны азайуу жана тартипти өстүрүү мыйзамы деп атоого болот..

Орто кылымдын негизги күчү ишенич болгон, ал культту аныктайт, ал эми культ-ылайыктуу маданиятты жараткан дүйнөнү түшүнүүнү. XX-к. башында ренессанстык маданияттын кезектеги периоду акырына жетип, анын ордуна орто кылым маданияты келмекчи.

126-таблица

Маданияттын эки тиби жана алардын мүнөздөмөсү

Ренессанстык (кайра жаралуу)	Орто кылымдык
Бытырагандык	Бүтүндүк жана уюушумдуулук
Индивидуализм	Жыйынтыктуулук
Кыймылсыздык	Динамикалуулук жана диалекттүүлүк
Пассивдүүлүк	Активдүүлүк
Интеллектуалдык башталыш	Эркин башталуу жана прагматикалуулук
Иллюзионизм	Реализм
Аналитикалуулук	Биримдүүлүк
Абстракттуулук	Конкреттүүлүк
Үстүртөндүк	Тереңдик

Окуунун тагдыры. Флоренскийдин философиялык окуулары "күмүш кылымдагы"орус философиясында чоң роль ойногон жана "чет өлкөдөгү орус" философторуна олуттуу таасирин тийгизген. Совет учурунда Россиянын өзүндө анын окуулары басмадан чыгарылган эмес жана 1980-ж. баштап гана анын китептери менен макалалары системалуу түрдө жарык көрө баштады. Совет доорунан кийинки учурда гана анын окууларына көңүл бурулуп,анын идеялары талдоого алынып, изилдене баштады.

25.6. Ленин В.И.

Өмүр таржымалы. Ленин (Ульянов) Владимир Ильич (1870-1924) - көрүнүктүү саясий жана коомдук ишмер, марксизм теоретиги. Дворян үй-бүлөдө төрөлгөн, саясий көз караштарынын калыптанышына анын народоволец-революционер агасынын өлтүрүлүшү олуттуу таасир эткен. Гимназияны аяктаган соң, 1887-ж. Ленин Казань университетине

тапшырган, бирок көп өтпөй эле студенттик тартипсиздиктерде катышкандыгы үчүн камакка алынган жана кыштакка полициянын көзөмөлүндө сүргүнгө айдалган. 1888-ж. ага кайра кайтууга уруксат берилген, бирок университетте окууга тыюу салынган. 1891-ж. экстерн түрүндө Петербург университетине укук факультетине сынактарды тапшырган. Ушул жылдары эле ал профессионалдуу марксист-революционер болуп калган эле. 1895-ж. ал экинчи ирет камакка алынган жана сүргүнгө айдалган, 1900-ж. сүргүнү бүткөн соң чет өлкөгө эмиграцияланган. Биринчи орус революциянын (1905-1907)жылдарында Россияга кайтып, бирок ал жеңилип калгандан кийин кайрадан чет өлкөгө кетип калган, ал жактан февраль революциясынан кийин 1917-ж.бүтүндөй келген.

1903-ж. Ленин Россиянын социал-демократиялык большевиктер партиясынын жол башчысы болгон, жана бул партия Октябрь революциясынын натыйжасында 1917-ж. өлкөдөгү бийликке келген, жана ал Совет мамлекетинин биринчи жетекчиси болгон. Ленин III Интернационалды – жумушчулардын эл аралык революциялык уюмун - түзгөн.

Лениндин философиялык эмгектери марксизмди жаңы тарыхый шарттарда өнүктүрүүгө арналган жана негизинен полемикалык мүнөздө болгон. Философия менен системалуу жана профессионалдык мүнөздө эч качан алектенген эмес, ошондой болсо да анын идеялары неомарксизмдеги жаңы агымдын – марксизм-ленинизмдин калыптанышына олуттуу таасир тийгизген. Бул философиялык окуу совет бийлигинин учурунда (1917-1991) Россияда жалгыз мүмкүн болгон жана басымдуулук кылган агым болуп эсептелген.

Негизги философиялык эмгектери. "Материализм жана эмпириокритицизм" (1909), "Карл Маркс" (1914), "Философиялык дептерлер" (1914, философия тарыхы боюнча конспекттер жана шилтемелер жыйнагы), "Империализм –капитализмдин өнүгүшүнүн эң жогорку стадиясы" (1915), "Мамлекет жана революция" (1917), "Коомунизмдеги "солчулуктун" жаш балдар оорусу " (1920).

Философиялык көз караштары. *Диалектикалык материализм.* Ленин табият илиминде физикадагы жаңы ачылыштар менен байланышкан кризис пайда болгон доордо иштеген. Диалектикалык материализмге таянуу менен физиктердин: "Материя жок болуп кетти", -деген "кыйкырыгына" ал төмөндөгүчө жооп берген: " Материя эмес, биз мурда материя деп түшүнгөндөрүбүздүн чеги жоголду"- деп. Ал материянын гносеологиялык аныктамасын негиздеген: материя бул аны чагылдырган аң сезимде

Таанууну ал Абсолюттук чындыкка чексиз жакындоого умтулган, бирок ага эч качан толук жетишүүгө мүмкүн эмес тарыхый процесс деп түшүнгөн. Бирок бул идея агностицизмди билдирбейт, дүйнөдө тааныбай коюуга мүмкүн болбогон эч бир нерсе жок, болгону биз али таанып биле элек гана нерселер бар деп белгилеген. Өнүгүүнүн ар бир этапбында бизде болгон билимтолук эмес, билимдин кандайдыр бир бөлүгү – салыштырмалуу чындык. Абсолюттук чындык салыштырмалуу чындыктын жыйынтыгынан куралат. Чындык объективдүү: бул адамдан көз каранды болбогон биздин элестетүүлөрүбүздүн мазмуну, бул биздин аң-сезимибизде сырткы, объективдүү дүйнөнүн чагылдырылышы.

Тарыхый материализм. Капитализмдин азыркы анын этапта өнүгүүсүн талдап жатып, капитализм жаңы, акыркы Ленин бир чечимге келген, капитализм өзүнүн өнүгүшүнүн акыркы өнүгүү стадиясына – имперализмге кадам койду деген жыйынтык жасаган. Бул доор социалисттик революциялардын жана коомдун жаңы коомдук-экономикалык формацияга - биринчи стадиясы социализм болот коомунизмге өтүү мезгили болушу керек.

Марксизмдин дүйнөлүк революция зарылдыгы жөнүндө идеясын колдоо менен социализм ар түрдүү мамлекеттердин экономикалык жана саясий өнүгүшүнүн текши эместигинен адегенде бир нече, жок дегенде айрым алынган бир өлкөдө жеңип чыгат деген жыйынтыкка келген. Россия экономикалык өнүгүшү боюнча Батыштын ири өлкөлөрүнөн артта калып жатса да, бир гана анда социализмди куруу мүмкүн, себеби Россияда уникалдуу саясий кырдаал түзүлгөн: учурдагы эң алдыңкы философиялык –

теория (идеология) – марксизм менен куралданган коммунисттик саясий партиянын жетекчилиги астындагы пролетариат – коомдук класстын эң алдыңку саясий партиясы бар. Лениндин бул тыянагын бардык орус философиясына мүнөздүү Россиянын өзгөчө миссиясы же тагдыры жөнүндөгү идеяны өнүктүрүү деп кароого болот.

Окуунун тагдыры. Россияда Октябрь революциясынын жеңишинен кийин жана Ленин талашсыз лидерлигинде ошол убакта бийликке келген большевиктердин арасында неомарксизмдин Ленин түзгөн варианты Россияда 1991-ж. чейин басымдуулук кылган философиялык окуу болуп калган.

25.7.Орус космизми

Космизм- бул бүткүл космос өнүгүүнүн жалпы процессинде болгон бирдиктүү структуралык түзүлүш (тирүү зат) катары каралган философиялык агым. Өзүнчө алганда космосту жалпы тирүү организм катары кароо жөнүндөгү элестетүүлөр байыркы философияга, тактап айтканда платонизмге келип такалат. Эволюция теориясын космоско колдонуу иш аракети Батышта XIX-к. бар болчу, бирок өз алдынча философиялык багыт катары космизм Россияда өзүнүн өнүгүүсүн алган (чийме-203).

Орус космизминин башатында Н.Ф. Федоров тарган. Акылдуу жандар аркылуу табият өзүн өзү тааныйт жана өзүн өзү башкарат деген жыйынтыкка келген. Анын көңүлүнүн борборунда адамдын өлүмдү жеңип чыгуу жана адамдын чексиз түбөлүк жашай алуу мүмкүнчүлүгү көйгөйү турган.

Бул идеялар В.С. Соловьев, К.Э. Циолковский, В.И. Вернадский, А.Л. Чижевский тарабынан өнүктүрүлгөн. Эң бир кызыктуусу космизмдин мындай идеяларын бир гана философтор менен табигый илимдер окумуштуулары эмес, ошондой эле көркөм интеллигенциянын өкүлдөрү – акындар жана жазуучулары өнүктүрүшкөн (В.Ф.Одоевский, Н. Заболоцкий, А. Платонов ж.б.).

Орус комизминин башкы идеяларынын бири болуп адамзаттын космикалык милдети жөнүндөгү тезис эсептелинет. Табият механикалык эмес, биологиялык мыйзамдар менен өнүгүүчү бир жалпы жана бүтүн организм катарында жана адамзат бул организмдин бөлүгү деп түшүндүрүлөт. Адамдар – бул өнүгүүнүн мүнөзүн түшүнүүгө жана алар менен бирдиктүү аракеттене алышкан акылдуу жандар.

Соловьевдо сырткы дүйнө адамдын аң сезиминде жеке жоопкерчилиги жок күчтөр эмес, жандар катары эсептелген атомдук күчтөрдүн көптүгү катары ачылат (монадалардын). Алар жалпы бир "космикалык организмдин" "клеткаларын", тайпаларга топтолушуп – бул организмдин органдарын же кандайдыр бир бөлүгүн түзүшөт. Ошондой эле "клеткалар" айрым адамдар эсептелинет, ал эми жалпы адамзат - кудайдын метафизикалык организминин органы. "Күнөө индивидуализациясына" түшүү "Кудайдан бөлүнүп калууга" алып келди - адамзаттын милдети космостун баарын бириктирүү жана аны менен биригип туруп, Кудайга табиятты кайтарып берүүдө турат.

Буга окшош бир нече идеаларды Циолковский (1857-1935) өзүнүн философиялык иштеринде өнүктүргөн. Циолковскийде болмуштун алгачкы негизин атом-рухтар (идеалдуу атомдор, алгачкы рухтар) түзөт. Булар сезимталдыгы бар болгон эң эле жөнөкөй жандар. Адамдык "мен" анда тирүү заттарда болгон "атом-рухту" сезүү катары түшүндүрүлөт. Бардык тирүү жаныбарлардай эле адам бири бири менен ымалада жашаган мындай атомдордун союзу. Ошентип, бардык дүйнөдө жашагандар тирүү болуп эсептелинет, ал эми биз тирүү эмес табият катары кабыл алгандар уюшулбаган материянын убактылуу абалы. Демек өлүм да жок, же ал дайыма жаңы төрөлүү менен куюлушуп турат.

203-чийме

Орус космизми

Философиялык өбөлгөлөр



Космос - бул бирдиктүү тирүү организм. Чексиз убакытта жана чексиз мейкиндикте мындай чексиз сандагы организмдер жашашы мүмкүн. Материянын жашоосунун маанисинЦиолковский адамзаттын цивилизациясыбири болгон космикалык цивилизациянын сөзсүз пайда болушу жана өсүшү менен байланышкан акыл-эстин бийлигинин үзгүлтүксүз жана чексиз өсүшүнөн көргөн. Мында бардык космостун тагдыры ушундай цивилизациялардын иш-аракетинен көз каранды. Бул идеялар анын ракета куруу жаатындагы ишмердигинин философиялык пайдубалы болуп калды. Адамзаттын милдети - космоско чыгуудажана аны өздөштүрүүдө. "Жер адамзаттын бешиги, бирок түбөлүк бешикте жашоого болбойт" деген Циолковскийдин сөздөрү элдин оозунан түшпөй калды.

Орус космизминин ичиндеги конкреттүү концепциялардын арасынан, эң биринчи кезекте, Вернадский тарабынан иштелип чыккан (1863-1945) антрпокосмизм концециясын белгилөө зарыл, мында табигый (космикалык) жана адамзаттык (социалдык) иш-аракеттер биримдикте бир процесстин "эки тарабы" же " эки стадиясы" катары каралган. Бул концепция Вернадский түзгөн биогеология жөнүндөгү илимине, биосферанын ноосферага өтүшү жөнүндөгү окуусуна табигый-илимий негизделген. Жерде болуп жаткан табияттык жана социалдык процесстерди ал космос менен тыгыз байланышта караган.

Буга окшош идеяларды келечекте Циолковский окуучусу болгон А.Л. Чижевский (1897-1964) да өнүктүргөн. Эң чоң статистикалык материалда ал Жердин биосферасына жана социалдык процесстерге (эпидемияга, революцияларга, диний кагылышууларга ж.б.) күн активдүүлүгүнүн таасирин көрсөткөн. Ал космикалык энергия биосферадагы бардык жашоо процесстерине шарт түзөт деп эсептеген.

Космикалык энергиялардын Жердеги тирүү заттарга болгон биохимиялык энергиясын жана мындан – жердеги тарыхый жер окуяларга таасири жөнүндөгү идеялар тарыхчы Л.Н.Гумилевдун пассионардык этнегенез теориясында чагылдырылып, иштелип чыккан.

Космизмдин мистикалык түрү Д. Л. Андреевдин "Дүйнөнүн розасы" (1906-1959) китебинде да өнүктүрүлгөн.

А

Абсолют (лат. absolutus - шартсыз). Абсолюттун философиялык маанисн – бул түбөлүктүү, чексиз, сөзсүз, ар тараптан телегейи тегиз жарашкан, эч кимден жана эч нерседен көз каранды эмес бир нерсе. Бул бир нерсе бүтүндөй ааламды кармап турат жана аны жаратат. Илимий көз караш менен караганда абсолют болуп жаратылыш, анын эч нерседен эана эч кимден көз карандысыз жашоосу, ички закондору, өсүп өнүшү, жалпы чексиз аалам болуп саналат. Абсолют – идеалисттик философиянын көз карашы боюнча кандайдыр бир бардык нерсени жараткан, ааламды түзгөн биринчи себепкер. Гегелдин философиясы боюнча абсолют – «абсолюттук идея», «абсолюттук ой пикир», «ааламдык акыл эс», ал эми Фихтенин философиясында – «Мен» - менин ой пикирим, ички дүйнөм. Дин боюнча абсолют – бул кудай.

Абстрактуулук (лат.өзүнчө бөлүнүп ажырап, алыстап ой жүгүртүү) - тарыхый көз караш менен философияга көз салсак бул терминди биринчи болуп илимге Аристотель киргизген. Терминдин философияда колдонулган негизги маанисн – бул илим жолунда жаратылышты, коомду, ар түрдүү кубулуштарды изилдөөчү, изилдеп жаткан ар кандай объектилердин, предметтин көп жактуу, ар тараптуу касиеттеринин байланыштарынын, сапаттарынын ичинен эң негизгисин бөлүп алып, анан өзүнчө ой жүгүртүп талдоочулук дегендикке жатат. Ошол кубулуш, предмет, объект жөнүндө өзүнчө бөлүнүп түзүлгөн түшүнүк, аны чагылдырган ой жүзүндөгү пикир элес. Илимде адамдын жаратылышты, коомду изилдөөдө, анын накай ички маңызын, мыйзамдарын ачууда абстракциянын ролу өтө чоң, ансыз илим өзүнүн максатына жете албайт. Адамдын ой жүгүртүүсү конкреттүү предметтен абстракциялык деңгээлге чейинки жолду басып өтүп, ал предмет жөнүндө түшүнүктү пайда кылат. Абстракция өзүнүн ички тыянагы боюнча жаратылыштын, коомдун жана анын кубулуштарынын мыйзамдырын чагылдырат. Абстаркция материалисттик же идеалисттик түрдө болушу мүмкүн.

Аверроизм – Аверроэстин (Ибн-Рушд 1126-1198-жж.) жана анын окуучуларынын философиялык көз караштары, окуусу. Аверроэстин философиялык көз карашы, окуусу Аристотелдин натурфилософиялык концепциясына негизделип, аны уланткан. Ал Аристотелди бардык философиялык көз карашы, окуусу Аристотелдин натурфилософиялык концепциясына негизделип аны уланткан. Ал Аристотелди бардык философтордон жогору баалаган. Авероэстин оюу боюнча, Аристотелдин окуусу чындыктын эң жогоркулугу, ошондуктан адамзаттын эң акылынын жеткен чеги, материя жана форма өз алдынча болушпайт. Кудай деген жаратылышты жаратпайт, болгондо гана боло турган мүмкүнчүлүктү ишке ашырууга шарт түзөт. Кыймыл – бул түбөлүктүү нерсе. Авероэс илим менен диндин ортосундагы карама каршылыктын үч философиялык ойду айткан: 1) материалдык дүйнө, аалам түбөлүк нерсе; 2) дүйнөнүн бүт кубулуштары бири-бири менен ич ара себептүү, керектүү байланышта; 3) жаратылышта ар кандай нерсе өлөт, өтөт, ошондой эле адамдын жаны да өлөт, өтөт. Өлбөгөн өчпөгөн жалгыз адамга эмес, бүтүндөй адамзатка таандык. Авероизмдин негизги маңызы болуп – өлбөгөн-өчпөгөн бул жалпы адамзатка таандык акыл-эс. Ой-пикир, муундан муунга өткөн, ар бир адамдан жогору турган интеллект, ошол аркылуу муундардын ортосундагы тыгыз байланыш бар. Ошондуктан, акыл-эс бир адамга эмес, бүткүл адамзатка, бардык адамдарга тиешелүү, жалгыз адам ошол бүткүл адамзатка тиешелүү акыл-эстин бир бөлүгүн алып жүрөт. «Акыл-эс – бул жалпы, объекттивдүү, бардык адамзатка бирдей жана жалгыз адамдын аң-сезиминен орун алган деп түшүнүү – бул аверроизм».

Агностицизм – бул термин философия илиминде байыртадан бери колдонулуп келе жатат, болгондо да илимге тескери, карама-каршы мааниде. Бул терминдин негизги маанисн – адам бизди курчап турган жаратылышты, коомду, анын ички сырын, закондорун аып биле албайт, адамда андай жөндөмдүүлүк жана мүмкүнчүлүк жок деп тыянак кылынат. Агностицизм азыркы мааниде немец философу И.Канттын, англиялык философ Д.Юмдун чыгармаларынан орун алган. Агностиктердин оюу боюнча, билбейм,

бизди курчап турган объекттивдүү дүйнө, аалам барбы же жокпу, аны биз сезимибиз менен чагылдырабызбы, туябызбы, биздин сезим органдарыбызга таасир этеби же жокпу, аны биз билбейбиз делип тыянак кылышат. И.Канттын оюу боюнча, объективдүү дүйнө, аалам, жаратылыш бар, бирок ал эки, бири-биринен бөлүнгөн, бирине бири өтпөгөн түрүнөн (бөлүктөн) турат. Бир бөлүгү бул адам биле ала турган, ички сырын ача ала турган бөлүгү. Аны И.Кант – «веүи для нас» - бизге тиешелүү, биздин окуп үйрөнүүгө мүмкүнчүлүгүбүз бар нерселер деп атаган, ал эми дүйнөнүн экинчи бөлүгү – «Өзүнөгү нерсе» - бизге дайыма жабык, эч качан анын ички сырын, закондорун окуп билүүгө адамдын мүмкүнчүлүгү да жок, күчү да жетпеген деп айткан. Агностицизмге тыгыз, жакын турган философиялык теориялардан болуп, скептицизм, прагматизм эспетелинет.

Адекваттуулук – кыргызча котормосу «дал келүүчүлүк», «бирдей», «окшоштук» деген мааниде. Бул термин философия илиминде эле эмес бардык илимдерде колдонулат. Анткени ал жаратылышты, ааламды, коомду окуп билүү, ички сырын, закондорун ачуу теориясы менен тыгыз байланышта. Адекваттуулук – бул биздин билимибиз өзүнүн ички жыйынтыгы, тыянагы боюнча ошол биз изилдеп жаткан предмет, объектт менен так дал келүүчүлүгү, чындыгы жагынып бири-бирине туура келүү. Адекваттуулук – мазмуну боюнча объективдүү, абсолюуттук. Конкреттүү чындыктар менен дал келет.

Академия – бул байыркы Грецияда, Афинадан алыс эмес жерде, биздин эрага чейин (б.э.ч.) 387-жылдары, гректин көрүнүктүү философу Платон тарабынан түзүлгөн философиялык мектеп, ойчул-философтордун очогу катары негизделген. Бул философиялык мектептин аты байыркы гректердин жомогунун негизги каарманы Академдин (Академус) атынан коюлган. Платондун академиясы философ-ойчулдардын борбордук мектеби, Платон өзү 40 жылдан ашык жетекчилик кылып өзүнүн окуучуларын тарбиялаганына байланыштуу, ошол кул ээлөөчүлүк доордун аристократтарынын идеологиясы, философ-ойчулдардын, байыркы идеалисттердин пайдубалы, таянган, ишенген борбору катары кызмат кылган. Ошого байланыштуу, академия миң жылдар бою философтордун материалисттик жана идеалисттик көз карашынын күрөшүнүн борбору болуп келген. Академиянын негиз салуучусу Платон кайтыш болгондон кийин бул мектеп 300 жылдан ашык жашаган. Академия өзүнүн тарыхында 3 түрдүү мезгилден өткөн: байыркы, ортоңку жана жаңы. Байыркы Академия бүтүндөй Платондун объективдүү идеалисттик – теориялык философиясына байланыштуу болуп, анын эң негизги философиялык идеясын таратуунун борбору болуп келген, анын «ар кандай реалдуу нерсенин (бытие) негизи болуп, эч кандай өзгөрүлбөй турган түбөлүктүү идея (сезимдүү ой-пикир) болуп эсептелет» - деген философиялык оюу ишке ашырылып келген. Акырындап байыркы Грецияда кул ээлөөчүлүк коомдун басаңдай башташына байланыштуу Академия абалы сезим менен акыл чындыкка жетүүгө мүмкүнчүлүгү бар дегенди четке кагып, таанып, скептицизмдин жолуна өтүп, анан биротоло эклектицизмге өтүп кетет. Академия б.з.ч. I-к. өзүнүн жашоосун токтотот, бирок ал негиз салган философиялык көз караш, агым ушул күнгө чейин уланып келе жатат.

Аксиология - кыргызча түшүндүрмөсү кененирээк айтканда – бул кымбаттуулук, баалуулук, көөнөрбөс, өлбөс-өчпөс, кылымдар карыткан табияттан, адамдардын колунан жаралган, адамдардын бири-бири менен болгон мамиледен пайда болгон баалуу, ажайып ачык турган, адамдардын турмушунун негизинде келип чыккан реалдуу айкындык. Аксиология – бул философия илиминин кымбат, баалуу деген түшүнүктүн философиялык жактан түшүндүрүлүүсүн, анын пайда болушунун, анын коомдогу ээлеген ордун үйрөтүүчү илим, философия илиминин ичиндеги анын бир бөлүгү. Кымбат, баалуу түшүнүгү тарыхтын илимдин өнүгүшүндө көп жолу адамдардын, коомдун мамлекеттин, ааламдын негизин, буюмдардын накта негизин, адамдардын колунан жаралган материалдык жана руханий чыгармачылыктын маңызын баалай билүүдө келип чыккан. Бул түшүнүккө тарыхый көз чаптырсак, ал байыркы доордо эле пайда болгон, ал Сократтын заманына таандык, ошондой эле ар кандай түшүнүктөрдө болуп келген. Кымбат баалуу деген – бул адамдардын ишмердигинин кызматындагы абал. Кымбат

баалуулукка болгон мамилени, кымбат баалуулуктун деңгээлин адамдын коомдук турмушта адамды курчап турган, анын турмуштук негизин түзгөн чөйрөгө болгон мамилеси аркылуу ченөөгө болот. Табияттын кубулуштары, табигый нерселер адамдын чыгармачылык эмгеги чегерилгенде гана ал кымбат – баалуулук касиетке ээ болуп, анын сапаттарын камтый алат. Кымбаттуулук – бул коомдук касиет жана анын ажырагыс бөлүгү, ал адамдан ажырабайт. Кымбат баалуу болуш бул адамдын адеп-ахлактык, коомдук-саясий, ишмердүүлүк сапаттары аркылуу мааниге ээ болот. Баалуулук – ишмердик аркылуу аныкталынат. Кымбат баалуулук ар түрдүү болушу мүмкүн, айтсак: оң же тескери, объективдүү жана субъективдүү, материалдык жана руханий, жалпы адамзаттык жанажекече, этикалык жана эстетикалык. Кымбат баалуулук баалоо аркылуу аныкталынат, ал эми баалоо адамдын ишмердүүлүк касиетинин бөлүнгүс касиети. Баалоо – бул табияттын жана коомдун, дүйнөнүн баалуулугун сезе билүүнүн куралы, баалоодо коомдук жана жекече баалуулуктун биримдиги ачылып көрсөтүлөт.

Алхимия - пайда болушу байыркы Кытайга, Египеттиктерге, Ассириялыктарга, Индиялыктарга жана башка өлкөлөргө таандык илим. Бул өлкөлөрдө байыртадан бери алтынды жана күмүштү алуу жана иштетүү, ошондой эле жездин эритмесине күкүрттүн жылтырак түсүн жана башка заттарды аралаштырып, жасалма жолу менен алтынга жана күмүшкө окшоштуруп жасоо жолу белгилүү болгон. Мындай жол менен алтынга окшош эритиндилерди алуу. Металлдарды башка бир металлдарга жасалма жол менен айландыруунун далили катары эсептелинет. Орто кылым химиянын аталышы, анткени ошол убакта арабдар ушундай деп – алхимияны айтышкан, себеби алхимия арабча – «ал» же «аль» жана химия деген сөздөн турат. Алхимиктер делип, азыркы убактагы илимий химиянын пайда болушуна чейинки химиктер аталышкан, мындай аталыш, б.э.ч. I-к. Александрияда башталып, Батыш Европада XVI-к. чейин улантылган. Алхимиктердин негизги максаты – асыл эмес металлдарды жана коргошунду асыл заттарга – алтынга жана күмүшкө бир сыйкырдуу жол менен, философиялык терең ойдун жардамы менен айландыруу болуп эсептелет. Бул философиялык терең ой, бийик кыялдануу – нерсе кандайдыр бир сыйкырдуу касиет, ал оорунун бардык түрлөрүн айыктыра алат, жаштык мезгилин да кайра жаратат, «жашоонун, турмуштун дарысы» делип эсептелинген. Алхимиктердин илимге жасаган аракети, чыгармачылык иштери азыркы илимий химиянын пайда болушуна көп өбөлгө түзүп, көптөгөн материалдарды топтоп, ага шарт түзүп, анын өз алдынча илим болушунун башталышы болуп эсептелинет.

Альтернатива – латынчадан которгондо экөөнүн бирөө деген мааниде. Бул түшүнүк байыркы латындардан бери колдонулуп келе жаткан кеңири түшүнүк. Анткени ал азыркы түзүлгөн шарттан чыгуунун ар кандай мүмкүнчүлүгү бар деген маанини берет, башкача айтканда, кандайдыр бир проблеманы чечүүдө эки мүмкүнчүлүктүн бирин, же андан да көп шарттардын бирин тандап алуу мүмкүнчүлүгү бар экендигин көрсөтөт. Бул термин философияда гана эмес, башка илимдерде да: саясатта, экономикада, турмуштук практикада кеңири колдонулат.

Альтруизм - илимий терминди француз философу, позитивизмдин негиз салуучусу О.Кант тарабынан философияда колдонулууга киргизилген. Мааниси боюнча – башка бирөө дегенди түшүндүрөт. Бул терминдин негизги философиядагы маңызы этикада колдонулат да өзүнүн керт башын ойлобой, башка бирөөлөр жөнүндө кам көрүү, ошонун жыргалчылыгы үчүн өз кызыкчылыгын кечип, өзүн курман кылууга даяр деген маанини берет. Альтруизм мазмуну боюнча эгоизмге карама каршы. Альтруизмдин илимий маңызын түшүнүүдө жана аны этикалык маанисин ачууда аны коомдун ички түзүлүшү жана анын деңгээли менен тыгыз байланыштыруу зарыл, анткени анын ички мааниси түздөн түз коомдун түзүлүшүнө байланыштуу. Айтсак, эгерде коомдук турмуш жеке менчиктин негизинде түзүлсө, ал эми альтруизм этикалык жагдайы боюнча дин менен тыгыз байланышта болуп, өзүнө жакын адамдарды сүйө билүү, алар жөнүндө кам көрүү, алардын кылган күнөөсүн кечирүү, ж.б. деген мааниде болуп, коомдун ички негизги сырын жашырат, ал эми коомдук турмуш, жалпы элдик менчиктин негизинде

болсо анда альтруизм мазмуну боюнча адамга анын таптык, улуттук, расалык мүлк жана социалдык жактан айырмачылыгына жана абалына карабай бардык жактан кам көрүү дегендикти билдирет.

Аналогия – бул илимий термин, грек тилинен которгондо – окшоштук, туура келүү, ылайык келүү деген мааниде. Аналогия деген түшүнүк бул ар кандай нерселердин бири-бирине кандайдыр бир белгилери, касиеттери, сапаттары же көп жактары менен окшоштугу, ал эми калган жактары менен айырмачылыгы. Аналогия деген термин негизинен ааламды таанып билүүдө, ошондой эле ар кандай табигый же коомдук кубулуштарды, окуяларды башка бир кубулуштар, окуялар менен салыштырууда колдонулат. Ар кандай нерселерди, кубулуштарды, окуяларды, заттарды бири-бири менен салыштырганда, алардын ортосунда көптөгөн, көп жагынан бири-бирине окшоштук, туура келүүчүлүк чыгат, ошонун өзү аналогия болот, бирок бул нерселер, окуялар, кубулуштар бири-бирине дал келип, айырмасы жок дегендикке жатпайт. Байыркы Грецияда аналогия дегенди сандык жагынан окшоштугу, пропорциялуулук деп түшүнүшкөн, ал эми орто кылымда ар башка нерселердин жалпы аталышын айтышкан. Аналогия салыштырылган нерселердин окуялардын жана кубулуштардын ички бүт тамырына байланыштуу, чындык же туура эмес тыянакка алып келиши мүмкүн болушунча салыштырылып жаткан нерселердин, буюмдардын негизги белгилерине көптөгөн жалпы сапаттарына, касиеттерине негизделиш керек. Аналогия азыркы илимдин өсүшүнүн деңгээлинде окшоштук теориясы катары, моделдештирүүдө, моделдерди даярдоодо колдонулат, айтсак, ЭВМ же компьютерлерди түзгөндө. Алсак, мээнин же компьютердин иштешинин аналогиясы бирдей, бирок бардык жагынан эле дал келбейт, же болбосо айбанаттардагы тандалма окшоштугу. Ч.Дарвиндин табигый тандалма теориясын түзүүгө негиз болгон, ошондой эле суунун үстүндөгү толкунду байкоо үндүн жарыктын таралышынын закондорун ачууга негиз болгон. Алар көп жагынан окшош, бирок бирдей эмес. Аналогия илимде чоң мааниге ээ, анткени буга аналитикалык геометрия, математикалык логика илимдери далил болот, бул илимдердин пайда болушуна аналогия чечүүчү мааниге ээ.

Анимизм – латын тилинен орус тили аркылуу кыргызча котормосу – «жан», «рух», «ички дүйнө». Бирок анимизмдин илимий мааниси боюнча кыргызча – «жан» дегенди гана билдирет. Анимизмдин дүйнө, ааламга болгон көз караш катары пайда болушу, адамзаттын тарыхый басып өткөн жолунда алгачкы коомдун мезгилинде чыккан. Анимизм – ошол убактагы адамдардын түшүнүгү боюнча жан адамдардан, табияттан, ар кандай нерселерден, жаныбарлардан бөлүнүп, өзүнчө бир сыйкырдуу, баарынын үстүнөн карап, аларга жан, кыймыл берип, башкарып туруучу, көзгө көрүнбөгөн бир күч деп эсептешкен. Жан деп түшүнүшкөн, байыркы доордогу адамдар, бардык жан жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн, адамдардын бардык нерселердин башталышы, алардын эң негизги аракет, кыймылдаткыч күчү деп ойлошкон. Анимистик көз караштын чыгышынын себеби болуп, алгачкы коомдун тарыхый өсүш деңгээли, коомдук өнүгүштүн, өндүргүч күчтөрдүн өнүкпөгөндүгүнүн эсебинен, табияттын, коомдун, ар кандай алардын кубулуштарынын ички сырын, себептерин, закондорун түшүнүү дегендиктен келип чыккан түшүнүк. Ошол себептен алгачкы доордогу адамдар жан өзүнчө, денеден ажырап, өз алдынча жашайт, ал өзүнчө пайда болот да өзүнчө өлөт деп ойлошкон. Өлүм деген бул жандын денени таштап кетишти деп эсептешкен. Ушундай себептердин негизинде бардык элдерде ушул убакка чейин жеткен кээ бир бир үрп-адаттар, алсак, өлгөн адамдардын жаны бизди – тирүүлөрдү көп нерселерден сактап жүрөт, ал жан биздин бакты-таалайыбызга көп таасирин тийгизет деп эсептелинет. Эгерде алгачкы коомдун башталышында адамдар табияттын кубулушуна сыйынышса, кийинчерээк алар өздөрүнүн өтүп кеткен жакындарынын элесине сыйынышкан, ал эми кийинчерээк шамандар пайда боло баштакан – шаманизм. Шаманизм – анимизмдин эң жогорку жеткен деңгээли болуп эсептелинет. Анимисттик көз караш диндин пайда болушунунун негизги башталышы болуп саналат. Анимизм аягында политеизмди (көп кудайга ишенүү), кийин монотеизмди (бир кудайга ишенүү) пайда кылды.

Антиномия (кыргызча котормосу каршылыктар деген мааниде) – бул ой жүгүртүү убактысында, ар кандай нерсени, кубулуштарды талдаган мезгилде пайда болуучу карама-каршылык, болгондо да бирдей түрдө негизделинген пикир. Бул философиялык түшүнүк байыркы грек философтору ой-дүгүртүү убактысында пайда богон жана ушул түшүнүктүү Платон менен Аристотель өздөрүнүн философиялык ой-жүгүртүүсүнүн убагында көп пайдаланышкан. Антиномия деген философиялык түшүнүккө И.Кант (немец философу) көп көңүл бурган жана анын колдонулушна тереңделип анализделинишине өз салымымын кошкон. Кант өзүнүн философиялык тезистерин негиздөө үчүн пайдаланган. Канттын оюу боюнча акыл-ой, эс өзүнүн сезүү тажрыйбасынын чегинен сыртка чыгып кете албайт жана жашыруун нерселерди таанып биле албайт деп түшүндүргөн. Канттын далилдөөсү боюнча, бир эле мезгилдин ичинде антиномиянын негизинде ар кандай нерсени туура деп да (тезис), же аны танса (антитезис) да болот, айтсак: аалам, дүйнө чектүү – аалам, дүйнө чексиз; Ааламда дүйнөдө жашоо тиричилик эркиндиги бар – ааламда, дүйнөдө жашоо, тирчилик эркиндиги жок; Ааламдын, дүйнөнүн биринчи себепкери (кудай) бар ааламдын, дүйнөнүн биринчи себепкери жок ж.б. Гегелдин айтуусу боюнча Канттын ой-жүгүртүүсүндө диалектиканын кээ бир элементтери бар. Канттын катасы карама-каршылыктар адамдын акыл-эсинде ой жүгүртүүсүндө гана болот деп ойлогонунда, ал эми кеңири карасак карама-каршылыктар бардык нерселерде, кубулуштарда, элестетүүлөрдө, түшүнүктөрдө, пикирлерде болот. Антиномия философиялык ой-жүгүртүүдө карама-каршылыктар катары кокусунан пайда болгон эмес, же болбосо философтордун субъекттивдүү каталары катары кароого болбойт, анын пайда болушу ааламдын ички сырын ачып билүүдө, анын закондорунун негизин таанып билүүдө ойчул окумуштуулардын философтордун изденүүсү, ал табияттын, адамдардын ой-жүгүртүүсүнүн диалектикалык мүнөзү ар кандай нерселердин кубулуштардын изилденүүсүндөгү бир деңгээл. Алардын ички жана сырткы түзүлүштөрүнүн өз ара тыгыз байлыныштарын, билүүгө тыгыз байланыш.

Антропогенез (грек anthropos – адам, genesis – чыгышы, пайда болушу, жаралышы) – адамдын пайда болушу жана анын өсүп-өнүгүүсүнүн процесси. Дарвин, Гексли, Геккель далилдешкендей, адам эң жогорку сапаттагы адамга окшош маймылдан чыккан. Ф.Энгельстин көрсөткөнү боюнча, маймылдын адамга айланышынын эң негизги себепчи күчү болуп коомдук эмгек, ишмердүүлүк маналат. Адамдын пайда болушу нечен миң жылдарга созулган жана көптөгөн баскычтар аркылуу өткөн жөнөкөй аңчылык, табигый куралдарды системалык түрдө пайдаланууудан баштап, жасалма эмгек куралдарын системалык түрдө даярдоого чейин, ал эми коомдук өнүгүштүн чыгышы аң-сезимдин жана тилдин пайда болушу шарт түзүп, адамдардын азыркы анатомиялык тулку бой мүчөсүн калыптандырды.

Антропологизм (грек anthropos – адам, logos - илим) – адам жөнүндөгү илим. Адам эмне жана ким экенин түшүнүүдө, табияттын эң жогорку деңгээлде, табият өзү жараткан жана анын өзгөчөлүктөрү, сапаттары жалаң гана табияттын өзү менен аныкталынат деген илимдеги концепция. Мындай илимдеги кадам, адамдын маңызын түшүнүүдө, адам менен табияттын ортосундагы тыгыз байланышты көрсөтүүдөгү зарылдыктан келип чыккан. Мындай түшүнүк адамдын түпкү маңызын түшүнүүдөгү адамдын жанын анын денесинен бөлүп экөөсүн эки башка, барабар катары караган дуализмге жана идеалисттик түшүнүккө каршы жасалган кадам. Ошондой эле бул концепция феодализмге жана идеалисттик түшүнүккө каршы жасалган кадам. Ошондой эле бул концепция феодализмге жанга динге каршы багытталган. Анткени, феодализм жана дин адамдын анын табигый жаратылышына сыйышпаган нерсе. Адамдын маңызын илимий жактан түшүнүү – адам жалаң гана табияттын жартакан эмес, ал коомдун өсүп-өнүгүшүнөн пайда болгон. Адам – бул табияттын да, коомдун да өсүшүндө пайда болгон эң жогорку деңгээлдеги жан, адамдын келип чыгышында коом чечүүчү ролду ойнойт.

Антропоцентризм – бул теория илимий эмес, диндик идеалисттик түшүнүк, анткени бул түшүнүк боюнча адам ааламдын борбору жана аалам түзүлүшүнүн акыркы

чеги, максаты катары каралат. Антропоцентризм теология менен тыгыз байланышта. Коперниктин, Дж.Брунонун илимге киргизген жаңылыктары (гелиоцентристтик жана геоцентристтик ааламдын системасы), Дарвиндин илимий окуусу жана башка илимдеги ачылыштар бул теориянын илимий жактан туура эместигин далилдешти. Илимдин далилдөөсү боюнча, жер ааламдын түзүлүшүнүн борбору эмес, ал күн системасынын ичинде башка планеталар катары өз огунда айланып жүрөт. Ошондуктан, адам ааламдын борбору жана адам түзүлүшүнүн акыркы чеги жана максаты деген көз караш илимий жактан туура эмес.

Апейрон (гр. Apeiron - чексиз) – бул илимий түшүнүк, байыркы грек ойчулу Анексимандр тарабынан, дайыма кыймылда болуп турган материяны чексиз, бир жактуу эмес, көп сапаттуу экендигин көрсөтүү үчүн илимге киргизилген. Байыркы грек ойчулу Анксимандрдын оюу боюнча бардык чексиз ар түрдүү нерселер, ааламдагы баардык дүйнөлөр «апейрондон» карама-каршылыктарынан бөлүнүп чыгуу жолуу менен жана алардын ортосундагы күрөштүн негизинде пайда богон. «Апейрон» жөнүндөгү түшүнүк, байыркы Грециядагы материализмдин, ошол убактагы материяны кандайдыр бир нерсеге окшоштуруп түшүнгөнгө караганда салыштырмалуу чоң жетишкендик болгон. «Апейрон» пифагорейизмде сырткы көрүнүшү жана түзүлүшү боюнча эч нерсеге окшобогон, бардык нерселердин чексиз башталышы жана негизи катары эсептелинген.

Апория (гр. aporia – аргасыз, айласыз шарт) – бул түшүнүк, байыркы грек философиясында өтө оорчулук менен чечиле турган маселени билдирген. Апория кандайдыр бир нерсенин же түшүнүктүн ичинде болгон карама-каршылыктын негизинде келип чыккан. Бул түшүнүк, Зенон Элейскийдин ой-жүгүртүүсүнүн негизинде пайда болгон жана ошондон аталып калган. Апорияда негизинен кыймыл мүмүкн эмес деген ой жөнүндө сөз болот. Зенон өзүнүн «Дихтомия» жана «Ахилл жана Ташбака» деген апорияларында мындайча ой-жүгүртөт: кандайдыр бир аралыкты өтүш үчүн ошол аралыктын жарымын өтүш керек, ошентип, ошол жарым чексиз же болбосо: эң күлүк адам Ахилл Ташбаканы кууп жете албайт, анткени, Ахилл ташбака турган жерге жеткиче, ташбака өз ордунан жылып, кандайдыр бир аралыкка алдыга кетип калат. Ошентип, алар да чексиз аралыкка бара беришет. Ушундай ой-жүгүртүүлөрдүн негизинде, Зенон кыймыл мүмкүн эмес деген тыянакка келген. Байыркы грек ойчулу кыймылда карама-каршылык бар экенин туура сезип, бирок карама-каршы болгон моменттердин өз ара биримдигин түшүнгөн эмес, б.а. убакытты эске албай койгон, анткени Ахилл ошол эле убакта Ташбакага караганда көп аралыкты басып өтөрү эске алынбай калган. Апория философиялык ой-жүгүртүүдө чоң маанаге ээ.

Априорлор (лат. apriori – башынан, мурун эле) – бул термин идеалисттик философияла колдонулат да, бир нерсе же табияттын, коомдун кубулуштары жөнүндө түшүнүк, билим күндөлүк тажрыйбага чейин эле, же андан көз карандысыз эле пайда болот дегенди түшүндүрөт. Мындай ой-жүгүртүү апостериори принцибинен – түшүнүк, билим тажрыйбанын негизинде келип чыгат деген пикирге карама-каршы турат. Мындай каршы ойчулдук Канттын философиясына тиешелүү, анткени, Канттын оюу боюнча түшүнүк билүү-сезимдин кабыл алуу жардамы аркылуу алынса, анда ал чындык эмес, ал эми чын билим, билүү бул сезимдик тажрыйбадан тышкары, ага чейин алынган билим. Мындай ой-жүгүртүү илимий жактан билимдин негизин аныктоого карама-каршы турат.

Араб философиясы – бул орто кылымдагы мусулман динин кабыл алган, араб тилин илимдин тили катары пайдаланышкан Чыгыш элдердин философиялык илимдерди иштеп чыгышкан окууларынын жыйынтыгы. Араб философиясынын чыгышы, адамдын эркинин эркиндиги жөнүндөгү суроолордон жана жараткандын касиеттеринен баштап, диндин чегинен чыккан, андан калса анын кээ бир ыйык бузулбас эрежелирне шек келтирген алгачкы кадам аттуу мутазилиттердин (өзгөчөлөнгөндөр) илимий ишмердүүлүгүнө байланыштуу. Араб философиясынын негизинде «неоплатонизм» жана «аристотелизм» жатат. Араб философиясына биринчи жолу аристотелизмдин негизги концепцияларын колдонууну киргизген ойчул Ал-Кинди баштоочусу болуп саналат. Араб

философиясынын андан ары өсүп-өнүгүшү Аль-Фараби жана Ибн-Синанын философиялык көз караштары негизинен, ошол убактагы Ислам дининин кылгандыгынан, шартка байланыштуу, аристотелизм менен чагылдырган. Диндик-идеалисттик багыттагы араб философиясынын өкүлү Аль-Газали болгон, анткени ал Чыгыштын натуралисттик жана рационалисттик философ ойчулдарын сынга алган. Араб философиясынын көрүнүктүү өкүлү Ибн-Рушд (Аверроэс) болгон. Ибн-Рушд араб философиясын аристотелизмден жана неоплатинизмден тазалап арытпастан, ал өз алдынча философиялык системаны негиздеген, анткени натурфилософиялык пантеизмге жан тарткан. Ал акылдын ишенимден артыкчылыгын далилдеп жана диндин кызматкерлеринин философия илиминде акысы жок экендигин далилдеген. Ибн-Рушд өзүнүн философиялык көз караштарында ошол мезгилдеги коомдун алдыңкы катмарларынын динден кутулуусунун аракетин көрсөткөн.

Аскетизм (грек. Askeo - көнүгүү) – бул моралдык же диндик идеалга жетиш үчүн максат кылып, мүмкүнчүлүктүн болушунча жыргалчылыкты четке кагып, кабыл албай, өзүнүн талабын канаатандырганга жетишке аракет кылуу. Аскетизм биринчи жолу Грецияда пайда болуп, андан кийин теория жактан Байыркы Чыгышта калыптанган. Аскетизм алгачкы христианстводо өз турмушун башкалардан жашыруун түрдө өткөрүп, өзүн өзү кыйнап, ачкачылыкта жана бир нерсеге ишенүүчүлүктө жүргөн адамдарды атаган. Аскетизм бара-бара өзүнүн мазмунун өзгөрткөн. Илимий жактан аскетизм эткиканын акылдан ашкан, чектен чыккан, туура эмес көрүнүшү катары каралып, моралдык элестетүү катары саналат.

Атеизм (грек. а – тескери мааниде – жок; кудай. Кудай жок же, Кудай деген түшүнүктү четке кагуу) – бул түшүнүк диндик көз карашты кабыл албоочулук, табияттан сырткы нерсеге ишенбөөчүлүктүн (кудайларга тигил дүйнө ж.б.у.с.) бир багыты. Атеизм коомдун тарыхый өсүшүндө. Өз мезгилиндеги билимдин, илимдин жетишкен деңгээлин чагылдырган жана таптардын, таптык катмарлардын кызыкчылыгын жактаган түшүнүк катары кызмат кылган. Атеизм динге каршы күрөшүүдө коомдогу прогрессивдүү күчтөрдүн күрөшүн чагылдырган. Атеизм материализм жана коомдук турмушка, табиятка материалисттик көз караш менен тыгыз байланышта. Атеизм кул ээлөөчүлүк доордо пайда болгон, эң мурун Байыркы Грецияда ошого байланыштуу. Илимий көз караш катары, Грек тилинде таралды. Ошол убактагы атеизмдин өкүлдөрү болуп Фалес, Анаксиман, Гераклит, Демокрит, Эпикур, Левкипп, Лукреций Карлар эсептелинет. Байыркы Грециядагы атеизм мазмуну боюнча жөнөкөй, акылдын күчүнө таянган, көп убактарда аягына чыкпаган мүнөздө болгон. Орто кылымда атеизм анчалык өнүгө алган эмес. Атеизм марксисттик-лениндик илимде эң жогорку деңгээлде өнүккөн, анткени пролетариат менен эмгекчи элдин түшүнүгүн, талабын чагылдырган. Социализмдин убагында атеизм коомдо үстөмдүк кылуучу жумушчу жана дыйкандар табынын официалдуу идеологиясы болуп калган, буга мисал катары мурдагы Советтер Союзу азыркы Социалисттик коомдогу өлкөлөрдүн өнүгүшү.

Атрибут (лат. attribuo – кошумча касиет) – бул ар кандай нерселердин, кубулуштардын ажырагыс, аны коштогон. Кошумча касиети. Ансыз ал нерсе жашай албайт. Атрибутту илимдин тарыхый өнүгүүсүндө ар кандай ойчулдар анын маңызын ар кандай түшүнүшкөн. Алсак, Декарт атрибутту субстанциянын негизги касиети катары караган, ал эми Спиноза субстанциянын өлчөмү жана ойлоосу деп эсептеген XVIII-к. француз материалисттери материянын атрибуту катары өлчөмдү жана кыймылды эсептешкен. Илимий жактан, мындайча деп атрибутту түшүнүү негизинен туура. Мисалы, материянын атрибуту – бул кыймыл, кыймыл материянын ажырагыс касиети, анткени материя кыймылсыз болбойт, материя кыймылсыз жок. Же болбосо адамдын атрибуту бул адамдын иш ишмердүүлүгү жана аң-сезими. Адам акыл эс менен кыймыл аракет кылбаа, иш жүргүзбөсө, ал башка айбандардын айырмасы болбойт. Адамдын ажырагыс касиети – бул аң-сезими жана анын ишмердүүлүгү.

Аалам – бул бизди курчап турган бардык жаратылыш, түгөнгүс мейкиндикте жана убакыттагы сансыз көптөгөн ар түрдүү сапаттагы материянын түрлөрү. Аалам – бул бүтүндөй материалдык дүйнө, бардык материалдык объекттилердин жалпы жыйынтыгы. Азыркы мезгилдеги ааламды изилдөөгө колдонулуучу куралдардын көрсөтүүсүнө караганда. Ааламда ар түрдүү нерселердин бирдей болуп бөлүнүп жайгашпаганы, анда ар кандай бүтүндөй системалар: жылдыздар, галактикалардын топтошкону байкалат. Материянын структуралык түзүлүшү же анын даана бир эле мыйзамы бардык ааламда бирдей деп санашка болбойт, анткени материя сапаты боюнча сансыз көп түрдө жана анын закондору ар кандай мейкиндик-убакыттык масштабда ар башка, бир өңчөй эмес.

Адам – биологиялык жана социалдык жандык, тарыхый процесстин субъекттиси, б.а. биосоциалдык эволюциянын продуктысы (HomeSapiens өкүлү). Адам – адамзат тукумунун бир өкүлү, тиги же бул адам коомунун жекеси. Индивид катары адам социалдык мамилелердин продуктысы, анын жүрүм туруму өзү жашаган коом тарабынан аныкталат жана анда инсан катары калыптанат. Экинчи жактан адам – өзгөчө белгилерге ээ болгон белгилүү индивидуалдуулукту алып жүрүүчүш. Инсан катары адам социалдык маанилердин субъекти, б.а. ал «коомду пайда кылган», коомдогу мамилелерди «жараткан» аракет кылуучу катары эсептелет.

Адептүүлүк, адеп-ахлактык – коомдук турмушта адамдардын жүрүш-турушун бардык жактан жөнгө салуу милдетин аткарган коомдук институт, коомдук аң-есзимдин бир түрү. Адеп-ахлактыкта коомдук турмуштагы жүрүш-туруштун сапаттары чагылдырылат жана бекемделинет (жагымдулук, жакшылык, жамандык, кара ниеттүүлүк ж.б.у.с.). адептүүлүк же адеп-ахлактык адамдардын жүрүш-утурушунун, жалпы жашоосунун, бири-бирине жана коомго болгон мамилелеринин жыйындысы болгон чегин көрсөтөт. Адептүүлүктүн мүнөзү коомдук экономикалык түзүлүш менен аныкталынат. Адеп-ахлактын өлчөмү, мүнөзү таптардын, коомдун катмарларынын, элдердин улуттардын кызыкчылыгын чагылдырат жана жактайт. Адеп-ахлактык жалаң гана жүрүш-туруштун өлчөмүнүн системасы эле болбостон, ошондой эле адамдардын руханий көрүнүшүнүн, таптардын, коомдук катмарлардын жана элдин ички дүйнөсүнүн өзгөчөлүгүнүн мүнөздөйт. Адеп-ахлактык адам коому менен бирге пайда болгон, б.а. мамлекет жана укук чыкканга чейин пайда болгон жана узун тарыхый жолду басып өткөн, коомдук түзүлүштүн жана өндүрүштүн өзгөрүлгөнү менен кошо өзгөрүлүп турат. Адеп-ахлактык чектер жана мамилелер түбөлүктүү нерсе эмес жана какылдан. Ойдон пайда болгон, ал коомдун өзүнөн пайда болгон реалдуулук, адамдын жүрүш-турушу коомдук пикирдин күчү менен жөнгө салынып, башкарылып, тартипте турат. Ааадеп-ахлактык адамдын жүрүш-турушун, тартибин чектеп башкаруунун түрүнө кирет, ал эми укук, салт, адат менен айкалышып турат. Эгерде укукта адамдардын жүрүш-турушу атайлап жазылып, чектелинип, бекемделинип жана турмушка атайын уюмдар аркылуу ишке ашырылса, ал эми адеп-ахлактык талабы турмушта эл массасынын өзүнүн практикасында, алардын өз ара мамилелеринин жүрүшүндө, турмуштук-практиканы жана тарыхый тажрыйбаны чагылдыруунун негизинде коомдук турмушта сакталып, ишке ашырылып келет, ага коомдук ой-пикирдин күчү менен көз салынып, колдоого алынып турат. Моралдык нормалар (чектер) массалык адаттын күчү менен коомдук ой-пикир аркылуу колдоого алынат. Ал бардык адамдар тарабынан ар бир адамга, эч ким эстен чыгарылбай көзөмөлдүн алдында болот.

Аң-сезим – бул жогорку уюшулган «ой жүгүртүүчү материянын» (адам мээсинин) материалдык дүйнөнү духовный образда чагылдыруу касиети. Аң-сезим адамдардын практикалык кайра түзүүчү ишмердүүлүгүнүн негизинде пайда болуучу жана өнүгүүчү өзгөчө информациялык чагылтуу. Ал көзгө көрүнбөгөн адамдын маанайы, сезими, сар санаасы, ою, идеясы, ишенимдери, баалуулуктары, нормасы стереотиптери ж.б. катары жашайт да аң-сезимдин мазмунун анын элементин түзөт. Аң-сезим ар дайым коомдук мүнөзгө ээ, анткени ал коомдон сырткары пайда болбойт. Анын элементтери адамдар тарабынан биргелешкен коомдук практика жана мамиле процессинде иштелип

чыгат жана тилдин жардамы менен белгиленип жана билдирилет. Ар бир жеке адамдын индивидуалдуу аң-сезими менен бирге ар түрдүү коомдо тарыхый жактан коомдук аң-сезим пайда болот. Аң-сезим менен бытиенин мамилеси: бытие жана аң-сезим тыгыз байланышкан жана өз ара таасир этип турат, аң-сезим духовный жактан бытиенин системасынын элементи жана ал элемент катары өзүнүн системасына карата экинчиликте түшүнүлөт, б.а. жалпысынан мындай айтсак болот: бытие аң-сезимди аныктайт.

Б

Базис жана надстройка – кыргызча деле ушундай аталышы ыңгайлуу. Базис жана надстройка – бул бүтүндөй бир коомдун өз ара ажырагыс жана тыгыз бир бири менен байланышта болгон эки жагын көрсөтүп туруучу философиялык түшүнүктөр базис жана надстройка коомдун экономикалык жана ой пикир (идеясы) мамилелеринин байланышын ачык дааны көрсөтөт. «Базис» деген түшүнүк коомдун өндүрүштүк мамилеелеринин, анын экономикалык түзүлүшүн, негизин көрсөтүп турат, ал эми «надстройка» деген коомдо экономика менен катар эле коомдук ой пикир (идеялар). Уюмдар жана уюмдук мамилелердин бар экендигин көрсөтөт. Надстройкалык идеяларга, ой пикирлерге саясий, укуктук, моралдык, көркөмдүк, философиялык-диндик ой пикирлер кирет. Бул идеялар коомдук аң-сезимдин түрлөрү делип да аталат. Бул идеялар жана көз караштар, коомдо үстөмдүк кылган экономикалык мамилелерди, коомдун экономикалык түзүлүшүн экономикалык негизин чагылдырат. Надстройкага идеологиялык мамилелер да кирет. Идеялар, уюмдар жана мекемелер надстройка делип аталышынын себеби, анткени булар өзүнүн ички мазмуну боюнча коомдук-экономикалык түзүлүшүнүн негизин чагылдырат жана анын негизинде пайда болот. Базис надстройкага салыштырганда биринчи, негизи жана анын ички мазмунун аныктоочу.

Болмуш - бул философиялык түшүнүк, бул түшүнүк адамдын аң-сезиминен тышкары, ошол аң-сезимден көз карандысыз болгон объективдүү ааламдын, дүйнөнүн, материянын бардыгын чагылдырат. Болмуш – бул кандайдыр бир бар болгон реалдуулук жөнүндөгү жалпы түшүнүк. Болгон жана болуп турган реалдуулук – бул бүтүндөй аалам, дүйнө, жаратылыш, табият жана коом жана алардын ар түрдүү өсүп-өнүгүүлөрү, кубулуштары. Жок нерсе реалдуулукка жатпайт, ошондуктан болмуш боло албайт. Коомдук турмушка карата бытие «коомдук бытие» деген түшүнүк менен коомдогу реалдуулукту чагылдыруу катары колдонулат. Коомдук бытие бул коомдогу объекттивдүү турмушту, коомдун өсүшүн тарыхый тепкичтерине, коомдун өсүп-өнүгүүсүнүн формаларын түрлөрүн, материалдык негизин – коомдук өндүргүч күчтөр менен коомдук өндүрүш мамилелердин өз ара байланыштарын, аларга жараша адамдардын арасындагы болгон мамилелерин, коомдук ишмердүүлүктүн түрлөрүн бүтүндөй коомдогу реалдуулукту чагылдырып көрсөткөн түшүнүк. Коомдук бытие коомдогу реалдуу турмуштун бардык тармактарын камтыган, чынында болуп жаткан турмуштун ажырагыс бөлүнбөс шарттарын чагылдырган философиялык түшүнүк. Бытие, коомдук бытие аң-сезимге салыштырганда анын мазмунун, негизин пайда кылып аныктоочусу катары саналат. Аң-сезим бытиени, коомдук бытиени чагылдырат.

Бирдиктүүлүк жана карама-каршылыктардын күрөшүү – объективдүү материалдык жана субъективдүү ички дүйнөнүн жалпы диалектикасынын негизги «очогу», «уюткусу», маңызы жана адамдын аң-сезиминин таанып билүүсү. Ар кандай объектинин ичинде карама каршылык камтылган. Карама каршылык – илимде ар тараптын өз ара биримдикте болгон жагдайларын, бирин бири биротоло четке какпагандыгын, болгондо да, ар башкалардын эле ичинде эмес, бир эле мамиле катнашта болуп, бири бирине өтүп, айкалышып бирдиктүүлүктө болгонун билдирет. Карама каршылыктар бирдиктүүлүксүз, ошондой эле бирдиктүүлүк карама каршылыксыз

болбойт. Карама каршылыктардын бирдиктүлүүгү салыштырмалуу убактылуу, ал эми карама каршылыктардын күрөшү чексиз. Бул мыйзам бардык кыймылдардын эч кандай сырткы күчтүн таасирисиз эле объективдүү ички «булактын» негизинде жана кыймыл өзүнчө кыймылда болорун түшүнүүгө мүмкүн берет. Аталган мыйзам өзүнчө болуп жаткан кыймылдардын жана табияттын кубулуштарынын өсүп-өнүгүшүн, тарыхый-коомдун жүрүшүнүн булагын аныктап көрсөтөт, ошондой эле философиялык жалпы мыйзамдардын ичинен ошолордун чордону, уюткусу экенин билдирет.

Бирдиктүүлүк жана көп түрдүүлүк – бул философиялык түшүнүктөр. Аалам, дүйнө бир жана ошол эле учурда көп түрдүү. Ааламдын бирдиктүүлүгү, анын материалдуулугуна, б.а. аалам өзүнүн негизинде материалдуу, ошондуктан ал бардыгында бирдей жана бирөө гана андан башка аалам дүйнө жок. бардык ааламга болгон нерселер (предметтер), кубулуштар кыймылда болуп турган материянын ар кандай түрлөрүн жана касиеттерин көрсөтүп турат. Ааламда материянын айкын-ачык түрлөрү болбогон, анын касиеттери же касиеттеринин көрүнүшү жана өз ара байланыштары болбогон эч нерсе жок. ааламдын бирдейлиги нерселердин (предметттердин), кубулуштардын жалпы байланыштарында чагылдырылып турат, ошондой эле бардык материялардын түрлөрүндө, кыймыл, мейкиндик, убакыт, өзүнчө өсүп-өнүгүү жөндөмдүүлүгү сыяктуу универсалдуу ажырагыс бөлүгү аркылуу көрүнүп турат. Бирок ааламдын бирдиктүүлүгүн анын бардык түзүлүшү бирдей, бир түрдүү деп түшүнүүгө болбойт. Табиятта, б.а. материалдык ааламда сансыз көп сапаттагы ар түрдүү деңгээлдеги материянын түзүлүшү бар, алардын ар биринде материянын ар түрдүү сапаттарга, касиеттерге, түзүлүштөргө ээ жана кыймылдын ар башка, өзгөчө закондоруна баш ийет. Бул ааламдын, дүйнөнүн көп түрдүүлүгү.

Бүтүндүк - объекттин ички биримдүүлүгү, анын курчап турган дүйнөдөн бөлүнүшү жана ушундай касиеттерге ээ болгон объектинин өзү. Аталган мүнөздөлүштүн баарын абсолюттук эмес, салыштырмалуу мааниде түшүнүү зарыл, анткени объектт өзү чөйрө менен көп түрдүү байланышта жашайт жана аны менен биримдикте. Андан сырктары кайсы, бир объекттин бүтүндүгү жөнүндөгү ой-жүгүртүү тарыхый жактан өтмө мааниге ээ, илимий ой-жүгүртүүнүн өнүгүүсү менен шартталган.

Философиянын тарыхындагы бүтүндүк жөнүндөгү түшүнүктүн трактовкасында эки тенденция бөлүнүп көрүнөт: бүтүндүк бул – толуктук, объекттин бардык касиеттеринин, жактарын жана байланыштарын бардык жактан камтуу жана бүтүндүк – объекттин ички шартталышы, анын өзгөчөлүгүнүн, уникалдуулугунун аныкталышы (бул мааниде бүтүндүк маңыз түшүнүгүнө жакындашат). Бүтүндүк түшүнүгү - изилдөөнүн милдети, объект жөнүндө синтетикалык билим алуу учурунда жана объект татаал абалда болгонунда чоң роль ойнойт.

Бүтүн жана бөлүк – предметтердин жыйындысы менен байланыштарынын ортосундагы мамилени философиялык категориялар, алар бул предметтерди бириктирет жана предметтердин байланышынын жоктугуна алып келбей турган жаңы касиеттердин, мыйзам ченемдүүлүктөрдүн пайда болушуна алып келет. Бөлүк – өзүнүн жыйындысы менен жаңы, татаал предметтерди түзүүчү заттар. Бүтүн тигил же бул предметтердин бөлүктөрүнүн дал келүүлөрүнүн жыйындысы катары каралат. Механикалык ой жоруулар боюнча бүтүн – бул өзүнүн бөлүктөрүнүн эң жөнөкөй суммасы. Бөлүктөрдүн байлныштарынын ар түрдүү типтерине, ар түрдүү типтеги бүтүндүк дал келет. Түзүлүштүн, жашоонун өнүгүүнүн байланыштарына бири-бири менен тыгыз байланышкан бүтүндүктүн структуралык, функционалдык жана генетикалык типтери дал келет. Бүтүндүк татаал ички түзүлүшкө ээ болгон объекттилердин жалпыланган мүнөздөлүшү, көп түрдүү байланыштагы бөлүктөрдүн биримдиги.

В

Валюнтаризм (лат.voluntas – эрк, эрктүүлүк) – философиядагы идеалисттик агым, анткени, ал табияттын, коомдун объективдүү мыйзамдарын четке кагып, ааламдын,

бүтүндөй жашоонун негизин эрк түзөт жана аныктайт деген тыянак чыгарышат, ошондой эле эрктин өзү курчап турган чөйрөгө байланышпайт деген бүтүндүккө келет. Валюнтаризм объективдүү идеализм формасында көрүнөт, анын өкүлү Шопенгауэр жана субъекттивдүү идеализм түрүндө, анын өкүлү Ницше болуп саналат. Объекттивдүү волюнтаризмдин пикири боюнча бүтүндөй жашоонун негизинде «Бүткүл ааламдык, дүйнөлүк эрк», «Жашоого умтулган эрк» жатат, ал эми субъективдүү валюнтаризмдин оюу боюнча биринчи, негизги кыймылдаткыч күч болуп жалгыз, өзүнчө болгон эрк «Мен» болуп саналат. Илимий көз караша менен караганда бүткүл жашоонун негизинде, анын биринчи себеби эрк эмес, тескерисинче эрк табияттын жана коомдун объективдүү мыйзамынын негизинде пайда болгон адамдын табияттык жана коомдук өсүшүндө өзүнө сиңирип алган сапаттарынын бир көрүнүшү.

Г

Гедонизм (гр. hedone – ырахаттануу, жыргоо) – бул этикалык теория, моралдык талаптардын изилдөө принциби, бул изилдөөдө жакшы деген түшүнүк – бул адамга жыргалчылык алып келүү же аны азаптан айрылтуу, бошотуу, ал эми жамандык, балээ, бактысыздык – бул азапта болуу, азапты кошо алып жүрүчүүлүк. Гедонизм теориясынын негизинде адамдын эң башкы кыймылдаткычы адамга табият берген жана анын кыймыл-аракетин аныктоочу – ырахат болуп саналат деген түшүнүк жатат. Гедонизм адеп-ахлактык принцип катары адамдарга ушул жердеги турмушта сүйүнүчкө аракет кылууну, ага мүмкүн болушунча, өзүнө жана башкаларга аябай көп канаттануу алууну максат катары санашат. Гедонизм идеясы байыркы Грецияда чыккан, анткени алар ыракаттанууга жетүү бул эң жогорку жыргал деп санашкан.

Географиялык чөйрө (гр. ge – жер жана gtapho - жазуу) - география жер жөнүндөгү илим, ал эми географиялык чөйрө деген термин философиялык түшүнүк. Географиялык чөйрө – бул коомдун кандайдыр бир өнүгүүсүнүн деңгээлинде коомдук түрмуштун процессине ылайык жана коомдун жашашына зарыл шарт түзүп турган жаратылыштын жандуу жана жансыз заттарынын жана кубулуштарынын (жердин сырткы атмосферасынын төмөнкү бөлүгү, гидросфера, жер кыртышынын үстүнкү бети, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү) жалпы жыйындысы. Коомдун өнүгүшүнө ылайык географиялык чөйрө жөнүндөгү түшүнүк да өзгөрүлүп жана кеңейип турат. Коомдун алгачкы өнүгүү деңгээлинде адамдар турмуш тиричилигинде негизинен табигый каражаттарды пайдаланышкан (жапайы өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды, кыртыштын байлыгын). Коомдун өнүгүшүнүн кийинки мезгилинде географиялык чөйрөнүн эмгек каражаттарынын түзгөн табигый байлыктары көбүрөөк мааниге айлана баштайт, б.а. жердин пайдалуу кең байлыктары, энергия ресурстары ж.б.у.с. Географиялык чөйрө коомдун турмушунда чоң мааниге ээ.

Геополитика – бул мамлекеттердин жана мамлекеттердин блокторунун территориялык-мейкиндиктеринин өзгөчө абалдарынын локалдык, регионалдык, континенталдык жана глобалдык эл аралык процесстерге тийгизген таасиринин ордун жана тарыхый түрлөрүн көрсөткөн эл аралык мамилелер жөнүндөгү негизги теориялардын бири. Геополитика жер шаарынын, аба ырайынын, жер кыртышынын, пайдалуу жер байлыктарынын, өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын, күндүн өзгөчө жагымдуулугунун чарбанын ар тараптуу болушуна, өндүргүч күчтөрдүн өсүү темпине, маданий турмуштун умтулуу багытында өнүгүшүнө, социалдык уюмдардын түрлөрүнө жана саясий түзүлүшкө тийгизген таасиринин өзгөчөлүктөрүн көрсөткөн теория. Геополитика экономикалык жана саясий географияга шылтап, мамлекеттин ар түрдүү экспансиясын (басып алуучулугун) актаган саясий докторина. Геополитика биринчи дүйнөлүк согуштун убагында пайда болгон. Бул теориянын негизинде немец географы Рацелдин мамлекет «турмуштун жашоо мейкиндиги», «табигый чек араны кеңейтүү» үчүн күрөш жүргүзүүчү уюм деп караган идеялары жатат. Геополитика теориясы фашизмдин ачык-айкын мамлекеттик саясаты болгон жана анын баскынчылык саясатын актаган.

Ошону менен катар, азыркы мезгилде геополитика теориясынын кээ бир саясий күчтөрдү, жана саясий топторду салыштырып, аларды чындыктын багытында кароо байкалат.

Гилозоизм (гр. hyle – нерсе жана zoe - жан) – бул материянын бардык түрлөрүн жандуу деп эсептеген философиялык окуу. Бул философиялык окуунун (илимдин), пикири боюнча жан. Ошондуктан, сезимдүүлүк жаратылыштын бардык нерселерине тийиштүү. Гилозосттер болуп биринчи грек материалисттери: Фалес. Анаксимандр, Гераклит, Демокрит, Д.Бруно кээ бир бир француз материалисттери (Робине) жана башкалар. Гилозозим деген философиялык термин биринчи жолу XVII кылымда ишке кирген. Бул философиялык окуунун пикири боюнча, материянын бардык түрлөрү сезимдүүлүккө жана ой-жүгүртүүгө жөндөмдүү: жандуу жансыз материялардын бардыгы. Ал эми чындыгында сезимдүү ой жүгүртүүлүк, аң-сезимдин жалаң гана эң жогорку сапаттагы органикалык (жандуу) материянын – мээнин касиети.

Гипотеза (гр.hypothesis – негиз, божомолдоо) – бул илимий термин, ошондуктан, илимий чөйрөдө көбүнчө «гипотеза» делип эле айтылат. Гипотеза – акыл-ой корутундусунун системасынын жардамы аркылуу, көптөгөн фактылардын негизинде объекттилердин болушу, кубулуштардын себеби же байланыштары жөнүндө божомол чечимге келүү, бирок бул чыгарылган тыянакты бардык жактан туура дешке болбойт. Гипотеза – зарылчылыгы көбүнчө илимди изилдөө мезгилинде. Качан кубулуштардын ортосундагы болгон байланыш ачык-айкын болбогондо, көптөгөн шарттары, кырдаалы белгилүү болсо да, мурдагы алдыда болгон, өткөн убактагы же учурдун айрым мүнөздөрүнүн негизинде келечектеги кубулуш жөнүндө болжолдоп тыянак чыгаруу.

Гносеология (гр.gnosis- окуу, logos- таанып билүү) – бул термин кыргызча деле философия илиминде «гносеология» делип колдонулат. Гносеология – субъект менен объекттинин башкача айтканда изилдөөнүн үстүндө иштеп жаткан адам менен ошол адам изилдеп жаткан кандайдыр бир предметтин, процесстин, кубулуштун ортосундагы байланышты, адамдын изилдөө процессин, билимдин чындык менен болгон байланышын, адамдын ааламды, дүйнөнү таанып-билүү мүмкүнчүлүгүн, билимдин чындыгын жана аныктыгын көрсөткөн философия илиминин бөлүгү. Гносеология – адамдын ааламды, дүйнөнү таанып билүүдө ага болгон мамилесин анын башкы шартын жана жалпы негизин изилдейт.

Гуманизм (лат.humanus - адамкерчиликтүүлүк) – бул термин кыргызча деле «гуманизм» деп, бардык илимий жана саясий тармактарда колдонулуп жүрөт. Гуманизм – бул адамдын адамдыгын жана укугун сыйлоо, адамдардын жыргалчылыгы жөнүндө кам көрүү өсүшүнө коомго жагымдуу шарттарды түзүүнүү, ж.б.у.с. камтыгы. Биринчи башталышында гуманизмдин идеялары эл массасы тарабынан, эзүүгө каршы уюшпаган түрдө болгон күрөштө иштелип чыккан. Ал эми Кайра Жаралуу доорунда (XV-XVI кк) гуманизм ой-пикир катары калыптана баштайт. Кайра жаралуу доорунда гуманизмдин ири өкүлдөрү Петрарка, Бокаччо, Леонардо да Винчи, Коперник, Бруно, Ф.Бэкон, Эразм Роттердамский ж.б. адамдын эркиндигин, адамдын ырахаттануу үчүн укугун. Бул турмушта талаптарын канаттандырарын көтөрүп чыгышып, диндик аскетизмге каршы чыгышкан. Чыныгы гуманизм – бул адамды адам эзүүнү, социалдык жана улуттук теңсиздикти жоюу, ошондой эле бардык адамдардын арасында таптык, улуттук, расалык айырмачылыкка карабай тең укуктуулук идеясынын салтанаттанышы, коомдо инсандын ар тараптан жана гармониялык өсүшүнө шарт түзүү. Адамдын жыргалчылыгы үчүн кам көрүү жана адамдын адамдык турпатын сыйлоо болуп саналат.

Д

Даосизм (“дао” жөнүндө окуу, же “жол”, “мыйзам”) – Кытайда б.э.ч. VI-V-кк. пайда болгон. Даосизмге негиз салуучу байыркы кытай философу Kfj-Wps болуп саналат, ал табиятты ээрчип, турмушта табигый жашоого үндөгөн. Лао-Цзынин негизги ой-пикири анын «Дао-де-Цзын» деген китебинде жазылган. Даосизм бардык нерселер өзүнүн «жолу», «мыйзамы» даонун гана негизинде пайда болуп, өсүп-өнүгүп турат деген идеяны

таратышкан. Дао бардык процесстердин, кубулуштардын негизин түзөт деп эсептешкен. Ааламда, дүйнөдө өзгөрүлбөгөн нерселер жок жана алар өзүнүн өзгөрүүсүндө өзүлөрүнүн карама-каршысына өтүп кетет. Адам нерселердин табигыйлыгына чоң көңүл буруш керек. Даосизм үстөмдүккө жана эзүүгө каршы чыгып, биринчи алгачкы коомго кайра кайрылууга үндөгөн, ошол доордогу турмушка кайра кайрылууну самашкан. Даосизм ааламга материалисттик көз караштын багыты болгон. Даосттордун оюу боюнча турмуштун табигый мыйзамдарын сактоо адамга «өзүнүн табигый бүтүндүгүн сактоого» мүмкүндүк берер, ошондой эле адамдын акылмандыкка жетишүүсү жана чындыкты таанып билүүсү зарыл деп эсептешкен.

Деизм (лат.deus - кудай) – бул окуунун өкүлдөрү ааламдын жаратылышынын биринчи себепчиси катары кандайдыр бир белгисиз кудай деп моюндарына алышат. Ошону менен катары. Деизмдин көз карашы боюнча, ааламды кудай жараткандан кийин, андан ары, кудайдын кийлигишүүсүз, аалам өзүнүн ички закондорунун негизинде өсүп-өнүгүп турат. Деизм коомдо феодалдык-чиркөөнүн дүйнөгө болгон көз караштары үстөмдүк кылып турган мезгилде атеисттердин бир жашыруун түрү, ал эми материалисттер үчүн динден кутулуунун амалы болгон. Деизмдин өкүлдөрү Францияда – Вольтер, Руссо, Англияда – ДЖ.Локк, Ньютон, Россияда – А.Н.Радишев, И.П.Пнин болушкан.

Демиург (гр.demiurgos – сөзмө сөз – (уста)), ал эми маниси боюнча – жараткан, жасап чыгарган дегенди билдирет. Бул термин идеалисттик философияда (Платондун идеалисттик философиясында) ааламды, дүйнөнү жараткан жасаган кудай тууралуу бир аныктама катары оорун ээлейт. Ушундай мааниде бул терминди өзүнүн философиясында немец философу Гегель да колдогон.

Демография (гр.demos – эл жана grapho – жазуу, эл, калкты жазуу) – мамлекеттеги, өлкөдөгү эл, калк жөнүндөгү илим. Демография илими калкты жана анын бүтүндөй өзгөрүүлөрүн, ошондой эле анын кээ бир топторунун сандык жана сапаттык мүнөздөрүн изилдейт. Бул илим калктын жалпы санын, географиялык жактан бөлүнүп жайгашканын, калктын таптарга жана коомдук топторго, жынысы жана жашы, улуту, тили боюнча бөлүнүшүн, үй бүлөлүк абалын, маданий деңгээлин изилдейт. Демографиянын эң негизги борборун ээлеген маселе – бул калктын кайрадан толукталып туруу процесси – калктын ичиндеги төрөлүшү, өлүшү, үйлөнүүлөр. Орточо жашынын узактыгы, ошондой эле калктын миграциясы (өлкөгө сырттан элдин кириши). Ушуларга таасир кылуучу факторлору, андан келип чыккан натыйжасы.

Демократия (гр.demos – эл, калк жана kratos – бийлик) – бул башкаруунун негизги бир түрү, коомдун мамлекеттин жана бийликтин саясий жана социалдык жактан уюшканы, көбүнчө мамлекеттин республикалык түрү менен байланышкан, өсүп-өнүгүп жана тарыхта акырындык менен илгерилеп турган саясий режим. Демократиянын негизги принциби болуп, бардык граждандык, жыныстык, айырмачылыгына, улутка, өңү-түсүнө карабай саясий, экономикалык жана маданий турмушта бирдей укукту пайдаланышы, коомдун саясий турмушунун бардык жактарына катышышы. Демократия атуулдарды турмуштун бардык жактарында мыйзамдын негизинде алардын эркиндигин камсыз кылат, өзгөчө алар тең укукта шайлоого катышып жана шайланууга укуктуу.

Детерминизм жана индетерминизм – бул түшүнүктөр кыргызча деле философияда ж.б. илимдерде ушул эле «детерминизм» жана «индетерминизм» делип колдонулат, анткени булар илимий терминдер. Бул терминдер философия илиминде себептүлүк орду жана ролу боюнча карама-каршы концепциялар. «Детерминизм» деген термин – бул бардык кубулуштар кандайдыр бир себептин негизинде, шартында болот деген түшүнүк аталат. Туруктуу детерминисттердин оюу боюнча себептүүлүк объекттивдүү түрдө болот деп эсептешет да, ааламда, дүйнөдө себепсиз, шартсыз эч нерсе болбойт деген тыянакта. «Индетерминизм» - детерминизмдин карама-каршысы жана себептүүлүктү жалпыга таандык экендигин четке кагат. Детерминизм идеялары байыркы эле философияда пайда болгон, өзүнүн ачык даана белгисин байыркы атомистикалык

илимий түшүнүктө чагылдырышкан. Детерминизм концепциясы өзүнүн өсүп өркүндөөсүн жана негиздөөсүн жаңы доордогу (мезгилдеги) материалисттик философияда жана табийгый илимдерде уланткан (Ф.Бэкон, Галилей, Декарт, Ньютон, Ломоносов, Лаплас, Спиноза ж.б.).

Диалектика (гр. dialectical – маектешүү, талдап ой жүгүртүү). Тарыхый, биринчи башталышында «диалектика» деген сөз байыркы гректерде табият жана анын кубулуштары, коомдук турмуш ж.б.у.с. жөнүндө маектешүүнү, ой жүгүртүүнү, алардын негизи тууралуу талаш-тартыштар болгон. Диалектика деген түшүнүк акырындап, тарыхый өнүгүүдө чоң өзгөрүлдү. Азыркы мезгилде философия илиминде диалектика деген түшүнүк табияттын, коомдун, ой-жүгүртүүнүн жалпы мыйзамдары жөнүндөгү илим, жалпы материалдык дүйнөнү, адамдардын ой-пикирлерин таанып билүүсүнүн ыкмасы. Диалектика таанып-билүүнүн ыкмасы катары, материалдык дүйнөнүн негизин «карама-каршылык» аркылуу карап, карама-каршылык анын өзгөрүүсү, кыймылы жана өсүүсү деп эсептейт. Карама-каршылыктар жөнүндөгү окуу катары диалектика ар кандай өсүп-өнүгүүнүн, өзгөрүүнүн кыймылдаткыч күчүн ачып көрсөтөт. Диалектиканын эң негизги принциби болуп – бул бүтүндөй объективдүү дүйнөдө ар кандай нерселер, коомдук турмуш ар дайым тынымсыз өзгөрүүдө, кыймылда жана жана өсүп-өнүгүүдө болот деп, ал эми алардын кймылдаткыч күчүнүн булагы болуп ички карама-каршылыктарды эсептөө, ошондой эле дүйнөдө эч өзгөрүлбөс, дайыма бир калыпта катып калган эч нерсе жок деп түшүнүү болуп саналат. Диалектикалык ыкма өсүп-өнүгүү сандык өзгөрүүлөрдүн сапаттык өзгөрүүлөргө өтүү, акырындап үзүлүп кайра улануу, сиңирүүлөр, аркылуу, өсүп-өнүгүүнүн башындагы моментин танып жана тануунун өзүн танып, мурдагы биринчи башталышындагы кээ бир жактарын ошонун өзүнүн жогорку деңгээлинде кайталоо деген позицияда турат. Илимий диалектика табиятты, коомду, аң-сезимдин өзүн философиялык метод (ыкма) аркылуу изилдөө дегенди билидирет. Диалектикалык принцип – бул бүт ааламды, ар кандай нерселерди, кубулуштарды, коомдук турмушту ар тараптан өз ара бири бири менен тыгыз байланышта болот деген позицияда болуу.

Диалектикалык материализм – бул дүйнөгө, ааламга философиялык илимий көз караш, марксисттик илимдин негизги бир бөлүгү, анын философиялык негизи. Диалектикалык материализм Маркс жана Энгельс жараткан, ал эми Ленин жана башка марксисттер бул илимдин андан ары өркүндөтүп, тереңдетип өстүрүшкөн. Диалектикалык материализм XIX-к. 40-жылдарында пайда болгон илимдин жана практиканын жетишкендиктери менен практиканын жетишкендиктери менен тыгыз байланышта өсүп өркүндөгөн. Бул илимдин чыгышы адамзаттын аң-сезимиинин, ой пикирининн көз карашанынын тарыхында чыныгы төңкөрүшкө алып келди. Диалектикалык материализмдин негизи болуп дүйнөнүн негизи анын материалдуулугу, ошондой эле ааламга, дүйнөгө материя жана анын кыймылынын, өзгөрүүсүнөн, өсүп-өнүгүүсүнүн закондорунан башка эч нерсе жоктугу жөнүндөгү илим саналат. Диалектикалык материализм диндик дүйнөгө көз караштын, ар кандай табийгый нерсенин мыйзамдарынан тышкары түшүнүктөрдүн келишпес душманы. Диалектикалык материализм диалектика менен материянын өз ара айкалышкан биригүүсү жана ошондой эле табияттын, коомдун, аң-сезимдин нукура негизин көрсөткөн бүтүндөй бир көз караш. Диалектикалык-материалисттик көз караш – бул табияттын, коомдун жана аң-сезимдин негизги нак чындыгында, жаратылышында кандай болсо ошондой боюнча түшүнүү болуп саналат.

Диктатура (лат. dictatura- бир адамдын колуна бүтүндөй мамлекеттик бийликтин топтолушу) – бул лидери башында турган өтө чектелген гана адамдардын тобу жүргүзгөн чексиз саясий, экономикалык жана идеологиялык бийлик. Диктатуранын негизи – бул күч менен тартып алган бийликти бүтүндөй өлкөгө, коомдун бардык тармактарына таркатуу болуп саналат. Диктатуранын орношу коомдук карама-каршылыктардын курчушунан, бийликтин экономикалык, социалдык негизинен тарышынан жана анын мындан ары

коомду башкарууга жөндөмсүз экендигинен келип чыгат. Диктатуранын эң көрүнүктүү мисалы болуп монархтардын бийлиги, алсак: Цезардын, Рим императорлорунун, королдордун, падышалардын, хандардын, ар кандай уруулардын кол башчыларынын бийликтери, ошондой эле аскер кызматчынын жетекчилеринин бийликти басып алышы болуп саналат. Диктатура бийликтин бөлүнбөстүгү, атуулдук коомду, демократиялык күчтөрдү тебелеп-тепсегени менен мүнөздөлөт, ал демократияларга карама-каршы. Диктатура өлкөлөрдүн жана элдердин тарыхында ар түрдүү ролду ойногон, б.а. кээде оң, кээде тескери таасирин тийгизген.

Дискреттүүлүк (лат. discretus – үзүлгөн, бөлүнгөн, ажыратылган). Философияда бул илимий термин, түшүнүк «ажыратылган жана ажыратылбаган» деген түшүнүктү билдирет. Ажыратылган жана ажыратылбагандык материалдык объекттердин өз ара карама-каршылыгын жана ошол эле мезгилде алардын бири-бири менен тыгыз байланыштын касиеттерин көрсөтөт. Алсак, ажыратылгандык, бөлүнгөндүк, үзүлгөндүк деген – бул бул материалдардын бири-биринен бөлүнүп, адырап турган абалын баяндайт, мисалы планеталар нерселер, кристаллдар, молекулалар, атомдор, ядорлор ж.б.у.с. ар түрдүү системалардын өзүнчө туруктуу элементтер түрүндө ажырап бөлүнгөн деңгээли, түзүлүшү жактан да өз сапаты менен айырмаланышы. Ал эми ажырабагандык, бөлүнбөстүк деген, тескерисинче, системалардын ичиндеги бүтүндүккө, ошол системалардын өз алдынча ичиндеги элементтердин ажырагыс бүтүндүгүн көрсөтөт, алардын бири-бири менен тыгыз түгөнгүс байланышын, акырындап бир калыптан башка бир калыпка өзгөрүшү, бир түрдөн башка бир түргө өтүшү.

Догматизм (гр. dogma – пикир, илимий багыт, илим) – бул термин ар түрдүү мааниде колдонулат. Философияда жана илимде догматизм – ой жүгүртүүдө өзгөрүлгүс түшүнүктөрдү колдонуу дегенди билдирет, айкын ачык жер шарттарын же убакытты эсепке албагандык, б.а. чындыктын айкын принцибин четке кагуу. Догматизм диндик түшүнүктөрдүн өсүп-өнүгүүсүндө чиркөөнүн ар кандай нерсени сын көз менен карабай, ага ишенүү керек деген талабынын негизинде жана чиркөөнүн бүтүндөй динге ишенүүчүлөр үчүн анын айткандары эч кандай сын көз менен кароого болбой турган чындык деген пикири менен тыгыз байланышта пайда болгон. Азыркы мезгилдеги философияда догматизм – аалам дүйнө өсүп-өнүгүп, өзгөрүлүп турат деген диалектиканын идеясына (пикирине) карама-каршы концепция менен тыгыз байланышкан, ошондой эле диалектиканын өсүп-өнүгүү ар түрдүү, ар башка тарыхый шарттарда, объекттилерде, процесстерде ар башка болот деген диалектиканын закондорун түшүнбөй четке кагат. Догматизм чыгармачылык менен ой жүгүртпөсө жана субъекттивизмге алып келет. Бул илимге каршы.

Дуализм (лат. dua - эки) – бул бүтүндөй жашап жаткан ааламдын, дүйнөнүн башталышын материалдуу жана идеалдуу, барабар укукта болгон негиз түзөт деген философиялык окуу, көз караш. Бул көз караш монизмдин карама-каршысы. Аягы келип, дуалисттик көз караш, аң-сезимди материядан ажыратып кароо аркылуу идеализмге алып келет. Дуализмдин көрүнүктүү өкүлдөрү болуп И.Кант жана Р.Декарт саналат.

Ж

Жашоо – бул материянын жашоосунун бир түрү, кандайдыр бир шартта анын пайда болушунун, өсүп-өнүгүшүнүн закон ченемдүүлүгү. Жашоо материянын физикалык жана химиялык түрдөгү кыймылдарына караганда, алардан көп жогору турган кыймылы. Жашоо – бул биологиялык түзүлүштөгү денеде гана болот. Жандуу дене түзүлүш, объекттер жансыздардан өзүнөн заттарды алмаштыруусу, дүүлүткүчтөрү, көбөй үүгө жөндөмдүүсү, өсүп-өнүгүшү, өзүнүн түзүлүшүн чөйрөгө башкарып, ылайыкташтыруусу менен айырмаланат. Жашоо дегенибиз – бул белоктук заттардын жашоосу, анын маанилүү учур мезгили болуп, алардын тышкы курчап турган табият менен заттарды алмаштыруусу болуп саналат (Ф.Энгельс). Жашоо бул баарыдан мурун жандуунун сырттан алган заттарын ылайыкташтырып, сиңирип көндүрүү б.а. аларды кайрадан көндүрүү, өзүнүн

материалдык түзүлүшүнө ылайыкташтыруу жана ошонун эсебинен көп жолу көбөйүп өнүгүшү, өзүн-өзү көбөйтүп чыгарууга жөндөмдүүлүгү (Ч.Дарвин).

Жөнөкөй материализм (лат. vulgaris-простой-жөнөкөй) – бул XIX-к. ортосундагы материализмдин негизги принциптерин жөнөкөйлөткөн жана одонолоштурган философиялык агым. Бул философиялык агымдын чыгышы ошол мезгилдеги жаратылыш жөнүндөгү илимдин дүркүрөп өскөнүнө жана ар бир илимий ачылыш аалам, дүйнө жөнүндө идеалисттик жана диндик түшүнүктөргө сокку ургандыгына байланыштуу болгон. Жөнөкөй материализмдин өкүлдөрү Фогт, Бюхнер, Молешотт аң-сезим ж.б. коомдук кубулуштар жалаң гана физиологиялык процесстерден, тамак-аштын түрлөрүнөн, сапаттарынан, курчап турган чөйрөнүн шарттарынан көз каранды деп эсептешкен. Физиологиялык процесстерди аң-сезимдин пайда болушунунун себеби катары эсептешип, алар аң-сезим менен материяны окшоштурушкан. Алардын айырмасы жок, бирдей деп, ой-пикирди мээ өзүнө окшогон материя сыяктуу кылып бөлүп чыгарат деп карашкан, мисалы, боор өзүнөн өттү кандай кылып бөлүп чыгарса.

Жаратылыш – түрдүү, чексиз көрүнүштөгү бизди курчап турган дүйнө. «жаратылыш» түшүнүгү кеңири мааниде колдонулат. Жаратылыш аң-сезимден сырткары жана андан көз карандысыз жашаган объективдүү реалдуулук. Ал мейкиндикте жана убакытта чексиз. Кыймылда жана өзгөрүүдө болот. Жаратылыштын кубулуштары жана обңетилери – бул аалам жылдыздары, эң майда бөлүкчөлөрдүн өз ара аралашуусу, чексиз мейкиндиктеги окаендар жана созулуп жаткан токойлор, зор дарялар. «Жаратылыш» түшүнүгүнө бардык бар нерселер, аалам кирет, бул мааниде алып караганда ал материя түшүнүгүнө жакын. Жаратылыш – бул ар түрдүү формаларда көрүнгөн материя.

Жашоо – жашоо тиричилик, бардык, бар экендик. Өзгөрүлмөлүү буюмдардын байланыштарынын жана өз ара таасир этүүлөрүнүн көп түрдүүлүгү. Буюмдардын бар экендигин ички маңызына же алардын болгондугуна жакындаштырууга болбойт. Буюмдардын маңызын, негизин адлардын жашоосунан жогору коюучу философиялык теориялар жаңылышкан, анда жашоо өзгөрүлбөс, кокустук жана кыска убакытка созула тургандыгын таанышат.

И

Идеализм (гр. idea – идея дегенди билдирет) – бул идея, аң-сезим, ой-пикир, сезим биринчи, эң башкы, негизинде жаткан, аныктоочу, ал эми материя жаратылыш, буюм, нерсчелер болсо идеядан чыккан, ага көз каранды, идея аркылуу пайда болгон деген көз караштагы философиялык окуу, агым. Идеализм, философиянын эң негизги проблемасы болуп реалдуулук (бытия) менен ой-пикирдин, аң-сезимдин ортосундагы салыштырмалдуу өз ара байланышын ажырата билип чечүүдө, руханий дүйнө менен материалдуулук ордун аныктоодо жана таанып билүүдө материализмге карама-каршы турат. Идеализм мындан эки жарым миң жыл мурда, философиядагы ой-пикрлердин күрөшүнүн бир лагери катары пайда болгон. Бирок идеализм матреиализмдин карама-каршысы катары философияда кеңири термин болуп, батыш философиясынын XVIII-к. башында пайда болду. биринчилерден болуп бул терминди немец философу Лейбниц колдонгон, ал эми француз материалисти Дидро болсо идеализм «бардык истемалардын ичинен тантык, баш аламан» деп аныктаган.

Идеалдуулук (гр. idea - идея) – адамдын аң-сезимин баяндаган философиялык түшүнүк. Идеалдуулук – бул адамдын кандайдыр бир максат менен болгон турмуштагы иштеринде объективдүү реалдуулук жөнүндө аң-сезимде пайда болгон түшүнүк, элес. Идеалдуулук деген бул ошол эле материалдуулук, болгону гана ошол материалдуулуктун адамдын башынан орун алып, анда кайрадан иштелип чыгышы (К.Маркс). Идеалдуулук материалдуулукка, материяга карама-каршы. Аң-сезим идеалдуу, анткени, ал материалдык дүйнөнүн субъективдүү түрдөгү кебетеси (образы), түшүнүгү, ой пикир түрдө чагылдырылышы. Реалдуулукту идеалдуу түрдө тил куралынын жардамы аркылуу чагылдырылышы, анын маанисин берилиши буюм нерсе же материалдуу түрдө болбойт,

тескерисинче материалдуулукка, буюм нерсе түрүндөгүчө карама-каршы, анын көчүрмөсү, элеси, пикир, ой-жүгүртүү, аң-сезим түрүндө болот, бирок маанисиси, мазмуну боюнча ошол чагылдырган буюм нерселерге, кубулуштарга жана материалдуулукка дал келет. Эгерде материалдуулукту, буюм нерселерди, заттарды көз менен көрүүгө, кол менен кармап сезүүгө мүмкүн болсо, ал эми идеалдуулукту, идеалдуу түшүнүктү, элести, бүтүндөй түшүнүктү көз менен көрүүгө да, кол менен кармап сезүүгө да мүмкүн эмес. Реалдуулук менен идеалдуулуктун айырмасы ушунда. Буюм нерселер, процесстер, кубулуштар объекттивдүү, ал эми идеалдуулук адамдардын гана башында субъекттивдүү түрдө болот.

Идеология (гр. idea – идея, logos - окуу) - бул саясий-укуктук, адеп-ахлактык, эстетикалык, философиялык, диндик идеялардын жана көз караштардын системасы. Идеология адамдардын бүтүндөй ааламга, турмушка, бири-бирине болгон мамилесин, сезүүсүн, баалай билүүсүн, коомдогу проблемаларды жана карама-каршылыктарды чагылдырат, ошондой эле алардын коомдук мамилелерди бекемдөөгө же өзгөртүүгө (өсүп-өнүгүүгө) багытталган ишмердүүлүгүн камтыйт. Идеология – надстройканын бир бөлүгү жана акыры аягында коомдун экономикалык мамилелерин чагылдырат. Таптык коомдо идеология таптык мүнөздө болот, анткени, ал таптардын коомдогу ээлеген ордун, негизги кызыкчылыгын чагылдырат. Идеология идеялардын жана көз караштардын системасы катары таптардын өкүлдөрү тарабынан атайлап, аң-сезимдүүлүк менен иштелип чыгылат. Идеологдор теория аркылуу бүт таптар практика аркылуу келген тыянак, жыйынтыкка келишет. «Идеология» деген термин француз философу жана экономисти Дестют де Трасси тарабынан идея жөнүндөгү илимде белгилеп көрсөтүп, ошол илим аркылуу саясатты, этиканы теориялык жактан бекем негизге коюш үчүн илимге киргизилген.

Интернационализм (лат. inter – аралыгы. natio – эл, улут, эл аралык, улуттар аралык, бирок кыргызча деле «интернационализм» деп колдонулат, анткени, бул термин саясий жана илимий термин) – бул барабардык элдердин улуттук жана расалык айырмачылыгына карабай теңдигин жана тең укуктугун. Бардык өлкөлөрдүн эксплуатацияга, кыйноого, экономикалык жана коомдук-саясий акыйкатсыздыкка каршы алардын бир тууандыгын, бирдей аракет-кыймылынын талабын көздөгөн; бардык дүйнөдөгү элдердин коомдук тарыхый жана маданий мурастарына сый жана колдоо менен мамиле кылууну максат кылып койгон, ырастаган саясий көз караш. Пролетардык интернационализм – эл аралык жумушчу табынын, бардык өлкөлөрдүн коммунистеринин, пролетариаттарынын таптык кызыкчылыгынын жалпылыгы, биримдиги, тилектештиги, алардын жалпы максат үчүн күрөшү, элдердин улуттук боштондук күрөшүндөгү тилектештиги жана бир тууган жумушчу партиялардын өз каалоосу менен болгон кызматташтыгы, ошол эле мезгилде, алардын ар биринин толук өз алдынчалыгынын жана тең укуктуулугун таануу жана ага таянуу.

Информация (лат. informatio – түшүндүрүү, баяндоо) – кээ бир маалымат, кандайдыр бир белгилүүлөр, билимдер боюнча жыйынтык, кибернетиканын негизги бир түшүнүгү. Информация деген илимий түшүнүктүн иштелип чыгышы материалдык дүйнөнүн бирдейлүүлүгүнүн жаңы багыттарын ачык көрсөтүү мурда көптөгөн күмөндүү болгон ар түрдүү процесстерге бирдей көз караш менен кароого мүмкүндүк түзүлдү, айтсак: билдирүүлөрдү техниканын каналдары аркылуу берилишине, нерв системасынын иштешине, эсептөө машинасынын ишине, ар түрдүү процесстердин башкарылуусуна ж.б.у.с. Ушулардын бардыгы сакталуу жана информацияны кайра иштеп чыгуу процесси менен тыгыз байланышкан.

Иррационализм (лат. irrationis – акылдан тышкары акылга туура келбеген деген мааниде) – бул рационализмге карама-каршы, акылдын таанып билүүдөгү мүмкүнчүлүгүн чектүү карап же аны четке каккан философиядагы илимге каршы турган идеалисттик агым. Иррационализм ааламды баш аламан, акылга сыйбаган деп жарыялап, аны таанып билүү болбойт деп эсептейт. Ааламдын закон ченемдүлүгүн четке кагып, биринчи орунга

кокустуктун, сокур эрктин, интуициянын, инстинкттин маанисин коет. Иррационализм өзгөчө батыш европадагы философияда кеңири тараган.

Искусство – бул ааламды, дүйнөнү эстетикалык жактан өздөштүүрүнү бирден бир башкы жолу, бизди курчап турган жана жашап жаткан реалдуулукту көркөмдүк жолу менен чагылдырган коомдук аң-сезимдин бир түрү жана адамдын ишмердүүлүгү. Көркөмдөп чагылдыруу художниктер тарабынан (жазуучулар, сүрөтчүлөр, скульпторлор, режиссерлор, артисттер ж.б.у.с.), турмушту терең, жакшы билгендигинен жана көркөмдүк устатчылыгынын жогорку деңгээлинин негизинде жаратылат. Искусствонун предмети жана реалдуу чындыкты чагылдыруу өзгөчөлүгү анын айырмасын, кызматын аныктайт, б.а. адамдын эстетикалык талаптарын эң жакшы жаркыраган чыгармаларды жаратуу менен, ааламга сүйүнүч, ырахат алып келүү жолу менен канаттандырат, анын ички дүйнөсүн байытып, ошол эле мезгилде художниктин өзүнүн ишмердүүлүгүн, жөндөмдүүлүгүн ойготуп, өстүрүп, сулуулуктун закону аркылуу жаңы чыгармаларды жаратып, ошол сулуулукту турмуштун бир бөлүгү катары толуктоого шыктандырат. Искусство адамзаттын тарыхынын алгачкы башталышында, дүйнөнү эмгек жолу менен өзгөртүүгө аракет кылганда эле чыккан.

Ислам (араб – кудага өзүмдү берем, кулчулук, кул) – буддизм жана христианство менен катары дүйнөлүк үч диндин бирөөсү. Ислам же мусулманчылык дин катары VIIк. Башында Батыш Аравияда араб урууларанын арасында патриархалдык-уруучулук доор бузулуп жаткан шартта жана таптык коом башталган учурда пайда болгон. Ислам дини негизинен согуштук басып алуучулуктун жүрүшүндө Жакынкы жана Орто Чыгыш өлкөлөрүндө, Түндүк Африкада, Түштүк Чыгыш Азияда, Орто Азияда, Түндүк Кавказ, Закавказьеде таратылган. Ислам бул өлкөлөрдүн турмушунда көрүнүктүү мааниде. Көп мамлекеттердин ачык айкын өлкөнүн дини катары эсептелинет. Исламдын негиз салуучусу жана өзүн мен Алланын жиберген кишисимин деп жарялаган 570-632 жылдары жашаган Мухамед болуп саналат. 610-614 жылдары Мухамеддин исламдын негизги идеяларын эл арасында жайылткан жана 622ж. жакын бүтүндөй диндик көз караша катары калыптанган, ошондуктан мусулмандар үчүн 622-ж. жаңы эранын башталышы, жыл эсептөөнүн башы. Мусулман дининин уютку булагы жана диндик окуусу болуп «Куран» эсептелинет, «Куран» түбөлүктүү жана эч ким тараптан жаратылбаган «кудаанын сөзү» катары саналат. «Куран» алгачкы диндердин, ошондой эле иудаизмдин, христианствовонун, зароостризмдиен элементттеринин негизинде жаралган. Анын негизинде өзгөрүлгүс эң күчтүү, баардыгынын үстүнөн үстөмдүк кылган кудай (Алла) жөнүндөгү пикир жатат. Мусулманчылыктын эң негизги мазмуну болуп – кудай бардыгын чечет жана жалгыз гана өзү аныктайт деген окуу саналат. Кудай боюнча Алла гана адамдын тагдырын чечип, аны аныктайт. Куран адамдардын кудаанын алдында алсыздыгы жөнүндө ойду таратуу менен динге ишенгендерди чыдамдуулукка, Аллага жана анын жиберген адамы Мухамеддге кул катары баш ийүүгө чакырып, тигил дүйнөдө бейишке чыгарып ырахаттанууга убада берет. Курандын негизинде, бүтүндөй асман жана жерди жараткан жалгыз гана Алаанын эрки боюнча дүйнөдө бардык окуялар болуп, адамдын тагдыры чечилет, ошондуктан Аллага гана ишенип, сыйыныш керек деген ой-пикир жатат. Ислам диндик көз караш катары, чачылган көчмөн араб урууларын бириктирип, борбордоштурулган бир феодалдык-диндик Араб халифасын мамлекетин түзүүгө багытталган идеология болот. Ислам араб урууларын чагылдырган идеология.

Инсандык культ (лат. cultus – сыйынуу, жүгүнүү) – бул кандайдыр бирөөгө, бир нерсеге жүгүнүү, сыйынуу дегенди билдирет. Инсандык культ деген, кандайдыр бир ишмердин авторитетине сокурчулук менен жүгүнүү, анын чыныгы эмгегин ашыра көбөйтүп, жабыртып көрсөтүп, тарыхый инсандарды ашыра мактап, алардын алдында жүгүнүүчүлүк, сыйынуучулук. Инсандык культтун пайда болушунун теориялык негизи болуп, тарыхка идеалситтик көз караш болуп саналат, анткени мындай көз караш, тарыхтын жүрүшү коомдун өсүп-өнүгүшү эл массасын ишмердүлүгү, объекттивдүү закондор менен аныкталбайт, тескерисинче улуу адамдар деп аталган кол башчылардын,

жол башчылардын, падышалардын, каролдордун көрүнүктүү идеологдордун каалоосу, эрки менен аныкталат деген түшүнүктөн келип чыгат. Илим инсандык культту сындоо менен карап, анын бардык түрлөрүн четке кагат да, ага эби жок жүгүнүүнү оорунсуз деп эсептейт.

Инсан – бул түшүнүк биринчи жолу байыркы грек театрында актердун бетке кийген маскасы, ойногон ролун билдирген. Ошол эле мезгилде бул түшүнүк байыркы грек философиясында инсанды полистен же жалпы уюмдан ажыратып, дененин бир мүчөсүн бүтүн денеден ажыратып кароого болбойт деген маанини билдирет. Инсан деген түшүнүк көптөгөн гуманитардык илимдерде колдонулат. Философияда инсан деген түшүнүк – адамды коомдук сапаттты алып жүргөн – бирөө, коомдун бир мүчөсү деген маанини түшүндүрөт. Инсан деген түшүнүктүн ички мааниси – бул биосоциалдык сапаттагы жандын өзүнүн ички маани негизи, мазмуну коомдук мамилелерди өзүнө сиңирип алган адамдын сапаты.

Инсан – коомдун жеке адамдагы чагылдырылышы. Ар бир адам – инсан, анткени, учурдагы коом ал адамдын ички дүйнөсүнүн, жүрүш турушунун аныктоочусу, эң башкысы, негизи. Коомдо адамдын коомдук жан катары жашашы, адамдарды бири-бири менен байланышын зарыл кылат, ошол зарыл болгон өз ара байланышта, адам жашап турган коомдук сапаттарын өзүнө сиңирип алып, инсан катары ошол коомдун мазмунуна окшош болуп калат. Инсандын ички маңызы анын биологиялык белгилер менен эмес, анын кыймылы менен аныкталат. Адамдардын инсандык сапаттарга ээ болууда анын табийгый белгилери башталышы болуп саналат, индивиддер – жеке адамдар, биологиялык кээ бир белгилер, өзгөчөлүктөр менен айырмаланат, бирок инсан катары ал коомдо гана калыптанат. Ошондуктан, инсанга таандык болгон касиеттер ал инсан менен кошо төрөлбөйт, ал коомдук түзүлүшкө жараша болот. Ар бир коомдун өз дооруна жараша, аны бүт камтып чагылдырган инсаны болот. Ар бир инсанда генетикалык, биологиялык өзгөчөлүктөр болот, бирок алар инсандын инсандык негизин, саппаттарын аныктай албайт. Инсандын негизги мазмунун аныктаган коом болуп саналат.

К

Категориялар (гр. kategoria – көргөзүү, күбөлөндүрүү, белги) – материалдык дүйнөнүн реалдуу процесстерин, нерселерин, кубулуштарын адамдардын аң-сезиминде чагылдыруу учурунда пайда болгон түшүнүктөр. Бардык илимдер: табият таануу же гуманитардык (коомдук) болбосун ар биринин өзүнчө өзгөчө илимий түшүнүктөрү болот, ал түшүнүктөр изилденилип жаткан объекттини түшүнүк, көчүрмө, кебетесин идеалдык түрдө чагылдырат. Философиялык түшүнүктөр башка илимдердин түшүнүктөрүнө салыштырганда өзүнүн мазмуну боюнча өтө жалпы, кенен, фундаменталдуу түшүнүктөр. Бул түшүнүктөр реалдуулуктун жана таанып билүүнүн ортосундагы закон ченемдүү байланыштарынын жана катнаштарынын өтө негиздүү, жалпы касиеттерин чагылдырат. Категориялар реалдуулук менен таанып билүүнүн сапаттарын жана катнаштарын ачык көрсөтөт. Категориялар адамдардын коомдук ишмердүүлүк аракетинин негизинде, таанып билүүнүн тарыхый процессинде пайда болгон. Категориялар адамга курчап турган дүйнөнү терең таанып билүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Адамдын аң-сезиминде объектти таанып билүү реалдуулукту жөнөкөй механикалык түрдө чагылдыра турган процесс эмес, тескерисинче, ал өтө татаал, бирден жалпыга, жөнөкөйдөн татаалга, сезимдин билдирүүсүнөн абстракттын бийик ой жүгүртүүсүнөн өткөн татаал процесс. Абстрактуу бийик ой жүгүртүүнүн мезгилинде түшүнүктөрдү, категорияларды түзүп, жаратып пайда кылуу болуп саналат.

Кыймыл – материянын жашоосунун (болушунун) ажырагыс бөлүгү. Кыймыл табиятта жана коомдо болуп жаткан бүт процесстердин бардыгын өзүнө камтыйт. Эң кенен мааниде алганда кыймыл – бул бүт бардык ар кандай өзгөрүүлөр, материалдык объекттилердин өз ара байланышы. Ааламда, дүйнөдө кыймылсыз материя болбойт, ошондой эле кыймыл материясыз жок. материянын кймылы түбөлүктүү, чексиз, ал эми ар

кандай кыймылсыздык убактылуу жана ал кыймылдын бир үзүндүсү болуп саналат. аЛ эми ар кандай нерсе, Жерге салыштырмалуу кыймылсыз болгону менен, Жер менен кошо Күндү айланып кыймылда болот, ал эми Күн менен кошо Галактиканын борборунун айланасында. Аалам түгөнгүс чексиз болгондуктан, бардык нерселер кыймылдын тзгөнгүс түрлөрүнүн биринде кыймылда болот. Материянын кыймылы кө түрдө болот, алар: физикалык кыймыл, химиялык, биологиялык, механикалык жана социалдык (коомдук) кыймыл.

Каузальность (лат. causa - себептүүлүк) – себептүүлүк – кубулуштардын зарылдык түрүндөгү байланыштарын, бир кубулуш башка бир кубулуштун жаралышына өбөлгө түзө тургандыгын көрсөткөн философиялык түшүнүк. Себептүүлүк ар кандай материялардын түрлөрүн кыймылынын жана өсүп-өнүгүү процессинин ортосунсундагы генетикалык (ички жандуу) байланыш. Себептүүлүк материалдык дүйнөнүн түзүлүш принциптерин түшүнүү жана аны тыгыз таанып билүү менен тыгыз тайланыштуу. Себептүүлүк – болуп турган, бар жана ошол бар нересе жараткан, ошондой эле келечекте боло турган нерсенин ортосундагы ички байланыш. Себептүүлүк объекттивдүү жана бардык нерселердин ички түзүлүшүнө тиешелүү бардык себепсиз эч кандай кубулуш болбойт, ошондой эле себептүүлүктү туудурбаган кубулуштун аягы, тыянагы болбойт. Себептүүлүк менен натыйжанын ортосундаг тыгыз байланыш бар, ал байланыш өтө зарыл болуп саналат, эгерде себеп болсо жана ошого жараша шарт болсо, анда натыйжанын келип чыгышы чексиз, болгондо да ал натыйжа бардык убакта, ошол шартта ошондой боло берет. Себеп туудурган натыйжа өзү кайра башка бир кубулуштун келип чыгышына себепчи болот, ал эми кийинки кубулуш үчүнчү бир кубулуштун себеби болот да, ошентип чексиз улана берет.

Конвенционализм (лат. konvenzio – келишим, макулдашуу) – бул субъекттивдүү – идеалисттик философиялык концепция, анткени бул конепциянын айтуусу боюнча илимий түшүнүктөр жана теориялар объекттивдүү чындыкты чагылдырбайт, ал түшүнүктөр окумуштуулардын өз ара макулдашуусунун, боомолдоп, өз эркы менен пайда кылган эрежелердин натыйжасы болуп саналат. Конвенционализмдин ырастоосу боюнча илимий түшүнүктөр жана теориялык түзүлүштөр өзүнүн негизи боюнча окумуштуулардын өз ара макулдашуусунун тыянагы. Бул макулдашуулар адат болуп калган, ыңгайлуу, жөнөкөй ой-жүгүртүүнүн күчү менен жаралат. Конвенционализм илимий-теориялык билимдин объекттивдүү мазмунун четке кагат. Конвенционализм аягында субъекттивдүү идеализмге алып келет. Конвенционализмдин негизнги принциптерин А.Пуанкере иштеп чыккан.

Конфуцианство (кит. – Кун-фу-цзы – окутуучу Кун) – байыркы кытайдагы негизги руханий дүйнөдөгү агым. Негиз салуучусу Конфуций (б.э.ч. 551-479 жж.). анын көз карашы анын ишин улантуучулар тарабынан «Лунь юй» («Маектешүү жана талдап ой-жүгүртүү») деген китепте жазылып калтырылыган. Конфуциантсво боюнча адамдын тагдырын «асман» аныктайт, адамдардын «асыл адамга» жана «пас адамга» бөлүнүшү эч убакта өзгөрүлбөйт. Кичүү адам улуусун, төмөнкү адам жогоруда турган адамга үн чыгарбай баш ийиш керек. Конфуцианстводо адамдардын коомдогу теңсиздиги «асмандын эркы» менен байланышкан. Конфуцианствонун негизи үстөмдүк кылуусу, таптарды актоого жана «асмандын эркин» мактоого арналган, багытталган. Конфуцианство көптөгөн кылымдар бою феодалдык Кытайдын үстөмдүк кылуучу идеолгиясы болот.

Кубулуштардын жалпы байланышы – бул бардык нерселердин жана кубулуштардын универсалдык (бардык жактан өз ара байланыштарынынын тыянагынынын көрүнүшү ааламдын (дүйнөнүн) жашоосунун закон ченемдүүлүгү. Ал бардык элементтердин биримдигин жана ар бир бүтүндөй системанын касиеттеринин ички түзүлүшүнүн бирдейлигин. Ошондой эле ушул системалар же кубулуштар менен болгон тараптуу байланыштарын ачык көрсөтүп турат. Өз ара универсалдык (ар тараптан) байланыш түрдүү башка конкреттүү (жекече) материалдык объекттилердин жана алардын

өзүнчө өзгөчө жашашына шарт түзүп турат. Кубулуштар түгөнгүс ар түргө ээ. Аааламда кубулуштардын жалпы байланышы болгондктан, материалдык процесстерде, кубулуштарда баш аламандык өкөм сүрбөстөнө, дүйнөдө бирдей закон ченемдүү кыймыл процесси бар. Кубулуштардын жалпы байланышы жалаң физикалык нерселердин ортосунда гана болбойт. Физикалык нерселер менен катар эле, андан да өтө татаал, өзүнүн өзгөчө законуна баш ийген биологиялык жана коомдук байланыштар жана мамилелер бар. Объективдүү дүйнөнү таанып билүү процесси кубулуштардын ортосундагы өз ара ар түрдүү байланыштардын себебин изилдеп билүүсүнүн негизинде жана алардын ичинен өтө көөбүрөөк негиздүү байланыштарын, мамилелерин ажырата билгенде гана мүмкүн.

Коом – кең мааниде – жаратылыштын айырмаланган материалдык дүйнөнүн бир бөлүгү, адамдардын өз ара байланышы жана мамилесин бирге караган адамдардын тарыхый жактан өнүккөн турмуш тиричилигинин формасы. кОом – бул тарыхый жактан калыптанган социалдык уюшулуш же индивиддердин структурасы, жыйындысы, социалдыфк группалар, эмгек коллективдери ага кирген мүчөлөрдүн жашоосун камсыз кылуу үчүн зарылдык катары калыптанат. Ошондой эле билимдерди, традицияны, маданиятты, чарбалык укладды сактоо, өнүктөрүү жана өткөрүп берүү үчүн материалдык, экономикалык байлыктарды өндүрүү жана турмуштук керектөөлөрдү канаттандыруу үчүн зарыл болуп эсептелет.

Коом – өзүнөн өзү өнүгүүчү, өзүн=өзү башкаруучу бирдиктүү смистема, анда өз ара тыгыз байланышкан коомдук таптардын, социалдык группалардын, үй-юүлөнүн индивиддин экономикалык, маданий, илимий, ишмердүүлүгү ишке ашат.

Коомдо мамлекеттин, анын органдарынын, коомдук институттарынын, уюмдардын, социалдык кыймылдардын ишмердиги ачык көрүнөт. Коом өзүнүн жашоосу жана өнүгүүсүнүн жолу менен башка бардык реалдуу системадан айырмаланат.

Коомдук бытие – бул коомдун турмушунун экономикалык материалдык жагы, б.а. баарынан мурда материалдык байлыктарды жагы, б.а. баарынан мурда материалдык байлыктарды өндүрүү жана аны менен байланышкан коомдук мамилелер. Коомдук бытие бул объекттивдүү коомдук чындык. Социалдык материя.

Коомдук аң-сезим – коомдук турмуштун идеалдык, духовный жагы б.а. коомдогу идея, көз караш, идеал, традиция, маанайлардын жыйындысы. Коомдук аң-сезим коом тарабынан өзүн өзү, өзүнүн коомдук бытиесин жана курчап турган чындыкты жана курчап турган чындыкты аңдоосу. Коомдук бытие жана коомдук аң-сезим коомго таасир этүү менен бири бири менен диалектикалык байланышта. Мында коомдук өнүгүүнүн негизин, импульсун коомдук бытие түзөт.

Коомдук мамилелер – адамдардын биргелешкен практикалык жана духовный ишмердиги процессинде жөнгө салынуучу мамилелери. Ал материалдык жана идеологиялык болуп бөлүнөт. Материалдык байлыктары өндүрүү адам коомунун жашоосунун жана өнүгүүсүнүн негизин түзөт. Ошондуктан коомдук мамилелердин ичинен негизги болуп экономикалык, өндүрүштүк эсептелет. Өндүрүштүк мамилелер бардык башка – саясий, укуктук, нравалык, диндик ж.б. коомдук мамилелердин мүнөзүн аныктайт.

Карама-каршылык – каршылыктын өнүгүү баскычтарынын бирин билдирген категория. Бардык предметтерден, процесстерден, реалдуу чындыктын кубулуштарынан бири-бирине карама-каршы аракетте турган поялрдуу факторлордун белгилүү бир көбөйүүнү б.а. карама-каршылыкты көрүүгө болот. Карама-каршылыктар – бири бирине каршы турган объекттилердин касиеттери. Жактары, күчтөрү же тенденциялары. Мисалы, плюс-минус, жогору-төмөн, ысык-муздак, оң-терс ж.б. мындан диалектикалык карма-каршылыкты өзгөчө белгилөө зарыл, ал бир жагынан, тигил же бул бүтүндүн бөлүктөрү, бири-бирин толуктап турат; экинчи жагынан бири-экинчисин алыстатып турат: бири-бирин танат жана жокко чыгарат, бири-бирине каршы турат жана каршы аракет жасайт, бири бири менен «күрөштө» болот.

Каршылык - ар кандай өнүгүүнүн, кыймылдын ички булагын билдирген категория. Диалектикалык каршылык – биримдикте жана өз ара күрөштө жашаган диалектикалык карама каршылыктын өз ара мамилеси. Каршылыктар төмөндөгүдөй болуп айырмаланышат: ички жана сырткы, негизги жана негизги эмес, антагонистик жана атнагонистик эмес. Каралып жаткан диалектикалык каршылыкты «логикалык» каршылык деп аталган каршылыктан айырмалаш керек, анткени ал ойдун ыраттуу эместигин жана жана адашкандыгын билдирет. Диалектика тарабынан каралып жаткан каршылыктар кыймылдын булагы болуу менен өзү да кыймылда болуп өнүгүп турат. Предметтердин маңызындагы каршылыктын өнүгүү баскычына окшоштук, айырмачылык, карама каршылык, каршылык кирет.

Калыптануу – буюмдардын жана кубулуштардын өзүнөн-өзү жүрүүчү өзгөрүлмөлүүлүгүн – алардын үзгүлтүксүз, башка нерсеге өтүп туруусун билдирүүчү философиялык категория. Калыптануу концепциясынын классикалык өкүлү болуп Гераклит эсептелет. Ал чындыкты «баары өзгөрөт» деген формуласында көрсөтөт. Калыптануу категориясы дүйнөгө болгон диалектикалык көз караш менен тыгыз байланышкан: анын негизинде ар кандай буюм, кубулуш карама каршылыктын биримдиги – бытие жана бытие эмес деген көз караш турат. Калыптануу категориясынын диалектикалык маңызы Гегель тарабынган өнзктүрлгөн. Анын философиясында калыптануу категориясы тидеянын логикалык аныктамсынын үзгүлтүксүз өнүгүүсүнүн негизин түзүүсүн «алгачкы чындык» катары көрүнөт.

Л

Логос (гр. logos – акыл, ой, окуу – илим, закон) – бул термин биринчи жолу колдонула баштаганда жалпы мыйзам, ааламдын негизи мааниде болгон. Бул терминди Байыркы грек философу, ааламга диалектикалык көз караштын негиз салуучусу Гераклит ушул мааниде колдонулуп айткан. Гераклиттин оюу боюнча, бардык нерсе түбөлүктүү жалпы жана зарыл болгон Логостун негизинде болот. Тарыхый өсүштө акырындап бул термин маанисин өзгөртүп, «окуу», «илим» деген маанини берип калды. Мисалы: политология – саясат жөнүндө илим, социология – коом жөнүндө илим, филология – тил жөнүндө илим.

М

Магия (гр. mageia – сыйкырдуу, көз байлоочулук) – алгачкы коомдогу диндин бир түрү, адамдын табиятка, адамдарга, айбанаттарга, кудайларга таасирин тийгизүү ишенүүгө байланышкан ырым-жырымдардын жалпы көрүнүшү. Магия адам менен курчап турган дүйнөнүн ортосундагы табийгый чектен тышкары турган байланыш ишенишине негизделген. Тарыхый жактан магияга ишенүүчүлүк орто кылымдын аягына чейин сакталган. Магиянын элементтеринин көпчүлүгү бардык дүйнөлүк диндерде орун алган, алсак Исламда, христиандыкта (сыйынуучулук, жаш наристелерди жуунтуу ж.б.).

Мальтузианство – илимге каршы теория. Бул теория англиялык чиркөө кызматкери, экономист Мальтус (1766-1834жж.) тарабынан негизделген. Бул теореянын аныктамасы боюнча калктын өсүшү геометриялык, ал эми жашоого талап кылынган тиричилик керектөөлөр болгону гана арифметикалык прогресс менен өсөт. Ошол себептен калктын саны менен жашоого керек болгон тиричилик каражатынын санынын ортосундагы чыккан карама-каршылыктары, Мальтустун оюу боюнча согуш, эпидемия, үй-бүлө курууну чектөө ж.б.у.с. табийгый жолдор аркылуу жөнгө салып, калктын санын кыскартыш керек. Бул пайда болгон карама-каршылыктарды Мальтус биологиялык мыйзам деп эсептеген. Ошондуктан, анын оюу боюнча, калктын өсүшүнө биологиялык фактор негизги ролду ойнойт. Мальтустун теориясы илим жана теория жагынан орунсуз.

Маңыз – буюмдун мааниси. Бардык башка буюмдардан айырмаланып, тигил же бул кырдаалдын таасиринин астындагы өзгөрүлмөлүү буюмдардан айырмаланып өзүнөн өзү бар экендиги. «маңыз» түшүнүгү бардык эле философиялык система үчүн маанилүү,

маңыз болмушка кандай мамиледе жана буюмдардын маңызы аң-сезимге, ойломго кандай мамиледе деген маселени чечүүдө философиялык системаны айырмалоодо маанилүү.

Маңыз жана кубулуш – дүйнөдөгү бардык объект жана процесстердин жалпы зарыл жактарын чагылдыруучу философиялык категориялар. Маңыз – материалдык системанын өнүгүүсүнүн тенденциясын жана негизги белгилерин аныктоочу терең байланыштардын ички мыйзамдарынын жыйындысы. Кубулуш – кээ бир маңыздын көрүнүү формасын жана айкындыгын билдирүүчү жана чындыктын сырткы жактарын көрсөтүүчү конкреттүү окуялар, касиеттер же процесстер. Маңыз жана кубулуш категориялары бири бири менен тыгыз байланышкан.

Марксизм-ленинзм - Маркс, Энгельс жана Ленин тарабынан негизделген философиялык, экономикалык жана коомдук саясий көз караштагы бүтүн жана ар тараптан системалуу болгон революциячыл илим. Марксизм XIX-к. 40-жж. жумушчу табынын бөштондук үчүн күрөшүнүн негизинде чыккан жана теориялык жактан анын нукура кызыкчылыгын чагылдырып, социализм жана коммунизм үчүн күрөшүнүн программасы болуп калган. Марксизмдин эң негизги өзөгү болуп жумушчу табынын тапсыз коммунисттик коомду курууда анын бүткүл дүйнөлүк тарыхый ролун далилдөө болуп саналат. Марксизмдин илимий-теориялвык жактан өнүгүшүнүн жаңы деңгээлде улантылышы В.И.Лениндин ысмы менен ажырагыс тыгыз байланышта, анын макрсизм илимине кошкон салымы ушунчалык эбегейсиз зор, ошого байланыштуу, бул илим чынында эле марксизм-ленинизм деп аталууга укуктуу. Марксизм–ленинизм жумушчу табынын идеологиясы, теория жана илим катары дүйнөгө жаңыча көз караш болуп саналат, анын негизинде бүтүндөй коомдук турмушту кучагына алган туруктуу материализм, өсүп-өнүгүүнүн ар тараптан карган терең илим диалектика, коммунисттик коомду курууда тарыхый ролун жана таптык күрөштүн теориясы, капитализмди социализмге өткөрүүнүн жолу жөнүндөгү илим жатат.

Материализм (лат. materialis – зат, нерсе) – философиядагы эң башкы эки философиялык багыттын бирөө. Философтор философиядагы негизги маселени чечүүдө эки чоң негизги багытка бөлүнүшкөн. Философиянын негизги маселеси объективдүү дүйнөнүн негизине ой жүгүртүүдө тарыхый түрдө калыптанып пайда болгон. Философиянын негизги маселеси болуп ой-пикирдин, аң-сезимдин реалдуулукка, жан-дүйнөнүн табиятка болгон салыштырмалуу байланышы болуп саналат. Башкача айтканда, биринчи, эң башталышы эмне: табиятбы (реалдуулук, материя) же жан-дүйнөбү (акыл-эс, аң-сезим, идея)? Башка сөз менен айтканда, эмне эмнеден мурун алдыда, материя аң-сезимди жетелейби, же тескерисинче, аңсезим материядан мурун, анын алдында болгонбу? Реалдуулук, материя ой-пикирди, аң-сезимди, аныктайбы же тескерисинчеби? Ушул философиянын негизги маселесин чечүүдө философтор материалисттерге жана идеалисттерге бөлүнүшкөн. Акырында, алар философиядагы, негизги эки багыт болуп калган. Материя, табият, объективдүү реалдуулук, нерселер биринчи, ушулар эң негизгиси, башталышы деген философтор материалисттер болуп калышкан.

Материалист деген термин «материя», «нерсе» деген сөздөн келип чыккан. Материалисттердин оюу боюнча, курчап турган дүйнө, аалам эч ким тараптан жаратылган эмес, жаратылыш өзүнчө, кандайдыр бир табияттан сыртта турган сыйкырдуу күчсүз эле жашаган реалдуулук деп түшүндүрөт. Материяны биринчи, негизги деп түшүнүү – бул материя эч ким тараптан жаратылган эмес, ал түбөлүк жашай берет, мейкиндик, убакыт жана кыймыл материянын объекттивдлүү түрдө жашашынын күбөсү, ой-пикирдин, б.а. аң-сезимдин материядан бөлүнгүстүгүн, ааламдын бардык жактан бирдейлиги анын материялуулугунда экендигин көрсөтөт. Материалисттер ааламдын адам таанып-билүүгө жөндөмдүү, таанып биле алат деген пикирде турушат жана адамдын аң-сезими реалдуулукту дал келтирип чагылдырат. Идеалисттер (караңыз: Идеализм) тескерисинче ой-пикирде турушат, алар эң биринчи, башталышында аң-сезим, жан дүйнө, ой-жүгүртүү, идея деп эсептешет.

Материя (лат. materia – нерсе, материал. Кыргызча деле материя деп колдонгонубуз илимге туура келет, анткени бул илимий термин) – аң-сезимден тышкары, аң-сезимден көз каранды эмес жана аң-сезимдин чагылдыруусу болгон объективдүү реалдуулукту белгилеп көрсөткөн философиялык түшүнүк. Материя деген бүт ааламда болгон бардык объекттер жана системалар, предметтер жана нерселердин, бардык касиеттердин байланыштардын, катнаштардын жана кыймылдын бардык түрлөрүнүн субстраты (негизи). Материя – жалаң гана тикеден тике байкала турган объекттерди жана табигый нерселерди камтыбастан, ошондой эле келечекте, принципте, жаңы курал аспаптарды колдонуу аркылуу жана эксперименттин негизинде таанып билине турган бардык нерселерди өзүнө камтыйт. Бизди курчап турган бүтүндөй аалам кыймылда болгон материянын чексиз көп түрүн жана көрүнүштөрүн, анын бардык касиеттерин, байланыштарын жана катнаштарын көрсөтүп турат.

Материя ааламдагы нерселердин, предметтердин, кубулуштардын жана процесстердин субстанциясы (биринчи негизи) болуп саналат. Ааламда, чексиз кыймылда болгон материядан башка эч нерсе жок, материя канча татаал болсо, ошончолук көп түрдүү жана анын өз ара байланышы жана касиеттери ажырап-бөлүнүп, айырмаланып турат. Материяны кандайдыр бир конкреттүү (ачык-акын) предмет, нерсе, процесс же кубулуш катары көрүүгө болбойт, же мына ушул материя дешке, ал жалпы түшүнүк, анын негизнде реалдуулук жатат. Материя чексиз көп түрдө жана касиетте болот.

Махизм – австралиялык физик жана философ Эрнст Махтын (1838-1916жж.) философиялык көз карашынын жыйындысы. Махизм – бул XXк. башында Мах менен Авенариустун илимий эмгектеринде чагылдырылган философиядагы жана илимий методологияда орун алган субъективдүү идеалисттик багыт. Мах нерселерди, реалдуу заттарды «сезимдин жыйындысы» катары кабыл алууну туура деп эсептеген. Махтын «ой-жүгүртүүнү үнөмдөө» деген теорияны жана мен жана менин гана сезимдерим бар дегенди гана билдирет. Анын субъективдүү идеалисттик көз карашынын негизи бардык болгон реалдуулуктар субъекттин – адамдын аң-сезиминен көз каранды дегендикти билдирет. Адамдын аң-сезими реалдуулукту биринчи деген себеби пикир субъективдүү идеализмдин эң негизги маңызын түзөт.

Метафизика – Аристотелдин философиялык мурасын белгилөө иретинде пайда болгон. Бул термин философия илиминин тарыхый өгүгүшүндө ар кандай мааниде айтылып келген. Философиянын азыркы деңгээлдеги өнүгүшүндө таанып билүүнүн бир усулу катары колдонулат. Метафизика өзүнүн ички мазмуну боюнча таанып билүүнүн диалектикалывк усулунун карама-каршысы болуп саналат. Мындай мазмунга метафизика тарыхый өсүштүн жаңы мезгилинен бери ээ болуп калды. Биринчи жолу бул терминди диалектиканын карама-каршысы мазмунда Гегель колдонгон, бирок анын чыныгы ички мазмунун Маркс жана Энгельс ачык көрсөтүшкөн. Метафизика таанып билүүнүн усулу катары предметтерди, нерселерди, кубулуштарды жана процесстерди эч өзгөрүүсүз, өнүгүүсүз, кыймылсыз катары карайт да, аларды бири-бири менен байланышы жок деп эсептейт, ошондой эле ички карама-каршылыкты, табияттын жана коомдун, өсүп-өнүгүшүнүн булагы катары карабай, четке кагат. Ушуга байланышта, метафизика таанып билүү усулу катары илимге туура келбейт.

Усул, метод (кыргызча усул деген сөздүн маанисинде) – кеңири мааниде максатка жетүүнүн жолдору, белгилүү бир тартиптеги иш аракеттин жөндөмдүүлүгү. Усул философиялык мааниде таанып билүүнүн куралы. Изилденилип жаткан нерсени, аң-сезимде ой-жүгүртүү процессинде өзүндөй кылып чагылдыруунун жолу. Таанып билүү процессинин өсүп-өнүгүшүндө илимий жактан индукция жана дедукция, анализ жана синтез аналогия, салыштыруу, эксперимент, байкоо ж.б.у.с. ыкмалар иштелип чыккан. Бардык таанып билүүдөгү ыкманын негизинде жаратылыштын, коомдун чыныгы объективдүү мыйзамдары жатат.

Ыкма теория менен ар дайым тыгыз байланышта. Ар бир илимдин, өзүнүн өзгөчө объекттерин, предметтерин изилдей турган ыкмалары болот. Философия башка

илимдерден айырмаланып бардык илимдердин изилдөө ыкмасынын негизи болгон жалпы ыкма – диалектикалык усулду иштеп чыккан. Диалектикалык ыкманын объективдүү негизин объективдүү дүйнөнүн (ааламдын) өсүп-өнүгүшүнүн эң жалпы мыйзамдары түзөт. Философиялык ыкма башка илимдердин ыкмаларын четке кагып, аларды алмаштырбайт. Тескерисинче бардык илимдердин ыкмаларынын жалпы философиялык негизи болуп саналат. Диалектикалык ыкма идеалисттик жана метафизикалык ыкмалардын карама каршысы болуп саналат.

Методология (кыргызча деле методология. Анткени бул жалпы илимий термин кыргызча сөзмө сөз которулса, маанисин жоготуп коет) – илимде колдонула турган изилдөөнүн жалпы ыкмаларынын жыйындысы. Илим изилдөөчүнүн объективдүү дүйнөнүн тигил же бул областын таанып билүү процессинде теориялык жана практикалык ишмердүүлүгүнүн уюштуруусунун жана түзүлүшүнүн жолдору, анын кандайдыр бир таянган принциптеринин системасы жөнүндөгү окуу. Эгерде теория таанып билүү процессинин тыянагы болсо, методология таанып билүүнүн акыркы максаты – билимге жетүүнүн принциби жана жолдору. Методология адамдардын бардык көп тармактуу ишмердүүлүгүнүн негизи жана уюштуруу жолдору болуп саналат. Метод менен методология тыгыз байланышта. Ушул эле учурда, метод принцип катары кандайдыр бир методологиянын негизине таянат, ошого байланыштуу тигил же бул метод колдонулат. Дүйнөгө көз караш методологиянын башкы керектүү шарты жана негизи болуп саналат. Метод өзүнчө дүйнөгө көз караш менен методологиянын биримдүүлүгүн алып жүрөт. Билимдин бардык методологиялык системасы изилдөөнүн жана анын тыянагын методологиялык жактан чечмелөөсүн (интерпретация) өзүнө камтыйт. Методология жеке адамдардын, коомдук топтордун, бүтүндөй коомдун илимде, саясатта жана идеологияда болгон ишмердүүлүгүндө колдонгон таянычы. Идеялык жактан негизги жетектөөчүсү. Алар кандайдыр бир методологиялык жактан принциптерди, көрсөтмөнү колдонушат. Ар кандай коомдун өзүнүн дүйнөгө көз карашы, методологиялык негизи болот, ошого таянып өз кыймыл аракети, коомдук ар тараптуу ишмердүүлүгүн ишке ашырат.

Механицизм – табияттын жана коомдун өсүп өнүгүшүнүн материянын механикалык түрдөгү кыймылы менен түшүндүргөн дүйнөгө көз карашы. Механизмдин тарыхый чыгышы жана таралышы XVII-XVIIIкк. Классикалык механиканын (Галилей, Ньютон ж.б.) жетишкендиктери менен тыгыз байланышкан жана анын негизинде пайда болгон. Классикалык механика материя, кыймыл мейкиндик жана убакыт, себептүүлүк (лапластык детеминизм деп аталган) жөнүндө өзгөчө түшүнүктү иштеп чыккан. Механиканын мыйзамдарын чексиз ашыра көбүртүп жабыртуу дүйнөнүн механикалык картинасын түзүүгө алып келген, ошого ылайык бүтүндөй аалам атомдон планетага чейин өзүнчө. Бири бири менен байланышсыз, өз ара жабык жана өзгөрүүсүз элементтерден турган механикалык система катары каралып, алардын кыймылы классикалык механиканын негизинде деген түшүнүктө болгон. Илимдин өсүп-өнүгүү деңгээлине метафизикалык ой жүгүртүү туура келген (караңыз: Метафизика). Бирок, илимдин кийинки жетишкендиктери, мезханицизимдин чектелген көз карашы экендигин ачык көрсөттү. Ошондой эле механизм деген термин кеңири мааниде материянын жогорку түрдөгү кыймылын негизсиз же анын төмөнкү түрдөгү кымылы менен айырмасыз бирдей коомдук кыймылды – биологиялык кыймылды – физикалык кыймыл менен окшоштуруп карайт.

Микросоциология (кыргызча деле «микросоциология», анткени бул эл аралык илимий термин – социологиянын бир бөлүгү, анын изилдеген объекти болуп коомдогу кичине топтор деп аталган таптар эсептелинет (түзүлүшү боюнча аз сандагы өз ара бири-бири менен туруктуу мамиледе болгон социалдык топтор). Кичине топторго үй-бүлө, баштапкы эмгек, илимий спорттук, аскер коллективдери, мектеп класстары, диндиксекталар. Спорт командасы, достук топтор ж.б.у.с. кирет. Кичине топтордун мүчөлөрү бири-бири менен жалпы ишмердүүлүктүн негизинде биригишет жана өз ара тыгыз байланышта болушат, ошондуктан, ушунун негизинде ар бир топтун ичинде

кандайдыр бир эмоциялык мамилелердин чыгышына алып келет (жагымдуулук, жагымсыздык, кастык, көңүл кош-кайдыгерлик), ошондой эле жүрүш туруштагы чек. Микросоциология XXк. 30-жж. социологиянын бир багыты катары пайда болгон. Микросоциология таптардын, улуттардын, расалардын ортосундагы карама каршылыкты чечүүнүн проблемаларын, ошондой эле аскерлердин ичинде моралдык сезимин көтөрүүнүн жана кылмышкердикке каршы күрөшүүгө, үй-бүлөнүн бузулушуна, психикалык оорулардын өсүшүнө каршы натыйжалуу үгүттөөнү, күрөшүүнү ж.б.у.с. жасайт. Микросоциологиянын негиз салуучулары тарабынан кичине топтордун ичиндеги социалдык-психологиялык мамилелерди изилдөөнүн методдорун жана техникасын иштеп чыгышкан, алсак: байкоонун көп түрлөрү, суроо жооп, интервью, социометриянын техникасы ж.б.у.с.

Мисттицизм, мистика (гр. mystika – жашырындык, сырдуулук) - бул реалдуу чындыкка диндик-идеалисттик көз караш, анын негизин кандайдыр бир сыйкырдуу, табияттан тышкары күчкө ишенүү түзөт. Мистицизм байыркы убакта пайда болгон, кийинчерээк жашырын үрп-адаттардын ажырагыс негизги бөлүгү катары пайдалынылган (жашырын сыр), өзгөчө Байыркы Чыгыш жана Батыш элдеринин арасында. Бул үрп-адаттардын эң башкысы болуп адамдын кудай менен же кандайдыр бир башка жашырын сырдуу бир нерсе менен учурашуусу саналат. Кудай менен байланыш, көзүн ачуу, өзүн өзү акылдан танып жоготуу. Аян кирүү сыяктуу жолдор менен жетишет деп түшүнүдүрүшөт. Мистицизмдин көп жактары байыркы доордогу көптөгөн философиялык-диндик агымдарга (конфуцианчылык, брахманизм, пифагорчулар ж.б.) тиешелүү. Мистицизм кандайдыр бир түрдө жаңы жана эң жаңы доордогу идеалисттик философиялык көз караштарга тиешелүү.

Мифология (гр. mythos-жомоктоо, жомок түрүндө айтылган аңгеме) – бул эл аралык илимий термин, ошондуктан, кыргызча деле мифология деп колдонулат. Алгачкы коомдогу элдик оозеки чыгармачылыктар үчүн мүнөздүү болгон реалдуу чындыкты жомок түрүнө айлантып, апыртып-жапыртып чагылдыруу. Миф - тарыхтын алгачкы мезгилинде пайда болгон жомоктогу каармандар (кудай, баатырлар, окуялар ж.б.у.с.) аркылуу табияттын жана коомдун кубулуштарын түшүнүүгө, жыйынтыктоого болгон аракеттер. Мифтерде табияттан тышкары бир нерсе жөнүндө ой-пикир, элестер болгондуктан, алар диндин кээ бир жактарын өзүнө камтыйт. Мифология алгачкы коомдун дүйнөгө болгон көз карашынын бир түрү. Мифологияда ошондой эле адеп-ахлактык көз караштар, адамдын реалдуу чындыкка этикалык жана эстетикалык мамилелери чагылдырылган.

Монизм (гр. monos –бирөө, жалгыз) – бардык нерселердин жашоонун негизинде бир жалгыз башат, башталгыч жатат деген көз караштагы философиялык агым, окуу. Материалисттик жана идеалисттик монизм бар. Материалисттер дүйнөнүн, ааламдын негизи, башталышы материя деп эсептешет. Идеалисттер нерселердин, кубулуштардын бир, жалгыз башталышы идея, аң-сезим, ой дешип эсептешет. Илимий жана ыраттуу материализм дүйнө, аалам өзүнүн жаратылышында материалдуу дүйнөнүн бардык кубулуштары дайым кыймылда болуп турган материяянын ар кандай түрлөрүн көрсөтүп турат деген ой-пикирден чыгышат. Марксизм философиясында материалисттик көз караш турмушка, коомдун бардык кубулуштарына жайылтылган.

Монотеизм и политеизм (гр. monos – бир, theos – кудай – бир кудайлуулук; polys – көп, theos-көп кудайлуулук). Тарыхый көз караш менен караганда политеизм жана монотеизм деп айтканыбыз орундуу, анткени эң мурун политеизм, анан кийин монотеизм пайда болгон, б.а. көп кудайга ишенүү, кийинчерээк бир кудайга ишенүүчүлүк дегендик. Политеизм тотемизмден, фетишизмден, анимизмден, алгачкы коомдун бузулган убагында чыккан. Коомдун тарыхый өнүгүшүндө көп бирдей укуктуу болгон фетиштерге кандайдыр бир сыйкырдуу жанга ишенүүчүлүк, акырындап ачык айкын бир сөөлөткө, бир атка ээ болгон абройго ишенүүчүлүк менен алмаштырылган. Кудайлардын ар түрдүү деңгээлде болушу, коомдогу эмгектин ар түргө бөлүнгөндүгүн (акыл эмгек, күч эмгек,

малчылык жана дыйканчылык ж.б.у.с.), коомдогу кадимки эле үстөмдүктү жана баш ийичүүлүктү чагылдырган. Кийинчерээк акырындап жалгыз бир, бардыгы колунан келген кадимки эле турмуштагы падышанын, монархтын элесине туура келген, ошонун эле көчүрмөсү болгон бир кудай бөлүнүп чыгат. Бул монотеизмге алып келген – көп кудайдан бир кудайга ишенүүчүлүк. Таза монотеизм жок, болбойт. Ал эмес исламда, христиандыкта, иудаизмде монотеисттик диндерде да политеизмдин издери бар. Мисалга алсак, христиандыктагы үчөөлүк-атасы, баласы, сыйкырдуу жан, кудайдын төрөлүшү (богородица) жана көптөгөн ыйык адамдар – пайгамбарчылык. Мындай из исламда да бар - ыйык адамдар, пайгамбарлар.

Мүмкүндүк жана чындык (аныктык) – бул философияда эки бирдей, кош түшүнүктөр деп аталып, объективдүү дүйнөнүн, ааламдын ар кандай кубулуштарынын, нерселеринин өсүп-өнүгүшүнүн, алардын пайда болушунун, бир шарттан башка бир шартка өтүшүнүн бөлүгүн, деңгээлин көрсөтөт, чындык (аныктык) – бул нерсенин, процесстин, шарттын, абалдын ар кандай объекттин мүмкүнчүлүгүнүн ишке ашышынын негизинде пайда болушу. Мүмүкүндүк жана чындык өз ара тыгыз, эриш-аркак байланышта.

Мыйзам – процесстердин жана кубулуштардын ички, туруктуу, зарыл, кайталанып туруучу байланышы, мыйзам ченемдүү өсүп-өнүгүүсү. Мыйзам материалдык объекттердин кубулуштарынын же касиеттеринин ортосунадагы зарыл, туруктуу, алардын кандайдыр бир себептүү тартиптеги байланыштарын, ошондой эле кайталанып турган эң негизги катнаштардын жана ошол мезгилде бир кубулуштун өзгөрүүсү өзү менен кошо башка кубулуштарды да өзгөрүүгө алып келээрин көрсөтүп турат. Мыйзам объекттердин өсүшүнүн багытын жана эң негизги белгилерин аныктаган процесстердин жана терең байланыштарын көрсөткөн жыйынтыгы. Мисалы: «Бүткүл дүйнөлүк тартылуу закону, коомдун өсүп-өнүгүү закону, коомдун бир тепкичтен экинчи тепкичке өсүп-өнүгүп өтүшү». Мыйзам 3 (үч) топко бөлүнөт: эң жалпы, жалпы, жекече же өзгөчө болуп. Бул мыйзамдардын бардыгы материянын, материалдык нерселердин жана процесстердин ар түрдүү деңгээлдеги байланыштарын чагылдырат. Мыйзамдын бардык түрлөрү бири-бири менен өз ара байланышта, бири-бирине ич ара өтүп турат.

Н

Натурализм – 1) философиядагы методологиялык принцип. Коомдун өнүгүүсүн жаратылыштын (климаттык шарттар, географиялык абал, адамдардын биологиялык жана расалык өзгөчөлүктөрү ж.б.) мыйзамдары менен түшүндүүрүгө аракет жасаган кээ бир теорияга таандык принцип; 2) XIX-кылымдын экинчи жарымында калыптанган искусствого карата эстетикалык көз караштардын системасы жана ага дал келген көркөм метод. Натурализмдин философиялык негизи болуп позитивизм эсептелет.

Натурфилософия – жаратылыш философиясы. Жаратылышты бүтүндүккө карап, аны акыл менен талдоо, талкулоо мүнөздүү болгон философия. Байыркы мезгилде натурфилософия табигый билимдер менен чогуу, биргеликте каралган, ал эми байыркы грек философиясында бул физика деп да аталып жүрөт. Жаратылыш натурфилософиясынын органикалык биримдиги катары космология жана космогония эсептелет. Кайра жаралуу доорунда натурфилософия табигый илимдердин эң жогорку өнүккөн деңнээлине таянып материалисттик жана диалектикалык идеяларды өнүктүргөн. Кайра жаралуу доорундагы жаратылыш философиясы пантеисттик мүнөзгө ээ, б.а. кудайдын бар экендигин тикеден тике танбастан, аны жаратылыш менен окшоштурат. Мындай философияны Бернардино Телезио жана окумуштуу-философ Николай Кузанский өнүктүргөн.

Неопозитивизм – XX-кылымдын философиясынын негизги багыттарынын бири же позитивизимдин өнүгүүсүнүн үчүнчү этабы. Азыркы учурдагы илимдин өнүгүшү менен келип чыккан, актуалдуу философиялык методологиялык проблемаларды анализдөөгө жана чечүүгө аракет жасаган агым катары пайда болгон жана өнүккөн. Алар

илимий ойломдун белги-символикалык каражаттарынын ролу жөнүндөгү, илимий жана илимий эмес билимдин чеги жөнүндөгү, илимдин теориялык аппараты менен эмпирикалык базисинин мамилеси жөнүндөгү, теориянын структурасы жөнүндөгү билимди математикалаштыруу жана формалдаштыруу жана формалдаштыруунун жаратылышы жана функциясы жөнүндөгү маселелер. Илимди метафизикага каршы коюу менен неопозитивизмдин өкүлдөрү бирден бир негизделген чыныгы билим болуп атайын-илимий билимдер эсептелет дешкен. Традициялык философиялык маселелер неопозитивизсттер тарабынан метафизика маңызсыз, алар жалган түзүлүштөр болуп эсептелген терминдердин жардамы менен калыптанат, анткени жалган түшүнүктөрдү аныктоо текшерүүгө жатпайт (мисалы, «абсолют», «субстанция»). Мына ушундай мааниде алганда неопозитивизм Дж.Беркли жана Д.Юмдан бери келе жаткан эмпиризм жана феноменализмди традициялык жаңы формада улантышкан.

О.Конт жана С.Спенсердин классикалык позитивизиминен айырмаланып неопозитивисттер философиянын милдетин атайын-илимий билимди системалаштыруу менен жалпылоодон эмес, билимдин тилдик формаларын талдоонун ишмердүүлүгүнөн көрүшкөн.

Неопозитивисттердин оюу боюнча, философиянын предмети болуп тил, баарынан мурда билимди билдирүүнүн жолу (ыкмасы) катары эсептелген илимдин тили эсептелет. Философия – билимди талдоодогу ишмердиктин маңызы жана анын тилде билдирилүүчү мүмкүнчүлүктөрү. Метафизика болсо жөн эле жалган окуу эмес, тилдин логиалык нормаларынын көз карашында маңызынан айрылган нерсе болуп эсептелет.

Неотомизм – Фома Аквинскийдин окуусуна таянган азыркы учурдагы католиктик философиянын бир агымы. 1919-ж. папа Левь XIIIчүнүн энцикликасы («aeternipatris») чыккандан кийин расмий философиялык доктрина статусун алган. Неотомизмди иштеп чыгып жана жайылтууга багытталган ири борборлору - Ватикандагы ыйык Фоманын академиясы. Париждеги Католиктик институт, Пумах институту (Мюнхенге жакын жерде). Нотр Дам университети (АКШ) ж.б.. Көрүнүктүү өкүлдөрү болуп Франциядагы Н.Жильсон, Маритен, Австриядагы Корет, Н.Месснер, Швейцарияда Бохенмский ж.б. эсептелет. Католиктик жаңылануу – «аджорнаменто» курсун жарыялаган II Ватикандык собордон кийин (1962—1965жж.) неотомизмде антроцентристтик ориентация ачык чагылдырылат да феноменологияны, экзистенциалдык герменевтиканы, немецтик философиялык антроплогияны, персонализмди өздөштүргөндүгү байкалат. Универсум менен адамды диндик жактан көрүүсүн (видение) коргоо менен неотомизмдин өкүлдөрү жогору жактан алдын ала каралган ишеним менен акылдын карама-каршылыксыз биримдигин, теологиялык окууну, рационалдуу кудай окуусу жана метафизиканын ажырагыс өз ара тыгыз байланышын бекемдешет.

Онтологияда неотомизмдин теоретиктери аристотелдик-томисттик традициянын абалдарына (окууларына) таянышат. Краеционизмдин принциптерин жактап (кудайдын дүйнөнү жараткандыгы) неотомизмдин өкүлдөрү чыныгы кудай болмушунун тоталдуулугун бекемдешет. Чыныгы кудай болмушу категориялар менен берилбейт жана атайын категориялардан жогору турган аныктамалардын («трансценденталийлер») жардамы менен билдирилет, алардын катарына негизги «Кудайдын ликасы» - биримдик, чындык. Жыргалчылык жана сулуулук кирет. Неотомизмдин метафизикасы кудай менен пайда кылынган жаратылган болмуштун мамилесин кароодо турат. Кудайда маңыз менен жашоонун окшоштугу турат. Ал эми жаратылган болмуш чөйрөсүндө жашоонун өзүндө маңыз бар деп билдирилет.

Нигилизм – оң мааниге ээ болгон идеалдар менен эч бир байланышпаган көз карашты абсолюттук түрдө жокко чыгаруу (тануу). «Нигилизм» термини биринчи жолу Ф.Якоби тарабынан пайдаланылган, Россияда И.С.Тургеневдин «Отцы и дети» деген эмгегинин негизинде кеңири тарала баштаган. Реакционерлер нигилисттер деп революциячыл демократтарды аташкан жана аларга мурдагы өнүккөн маданияттын баарын жокко чгарышат деген ойду таңуулашкан.

Номинализм (лат nomen – ат, аталыш) – түшүнүктөрдү аталыш, ат болуп гана эсептелет деген орто кылымдагы философиянын багыты. Орто кылымдагы реализмге каршы туруп номиналисттер жеке буюмдар жана алардын өзгөчө сапаттары гана жашайт деп бекемдешет. Ойлом аркылуу буюмдар жөнүндө түзүлгөн жалпы түшүнүктөр буюмдардан эле көз карандысыз жашай албайт, ошондой эле алардын касиеттерин жана сапаттарын чагылдыра албайт. XI-XIV-к. белгилүү номиналисттер болуп Росцелин, У.Оккам эсептелет. Жаңы доордо номинализм идеясы идеалисттик негизде Г.Гоббс, Дж.Беркли жана Д.Юмдун окууларында өнүктүрүлгөн.

Ноумен – акыл менен гана жетүүчү маңыз – феноменге каршы коюлган термин. Биринчи жолу бул терминди пайдаланган Платон («Тимей» деп аталган диалогунда) ноумен деп өзү менен өзү жашаган жана акыл билиминин предмети катары каралган реалдуулукту айткан. И.Кантта ноумен эки мааниде каралат. Терс, проблематикалык түшүнүк катары ноумен – ойломдун, интеллектуалдык интуициянын предмети болуп эсептелет. Ал эми экинчи оң маанидеги түшүнүк катары ноумен сезимдик туюмдан сырткары турган предмет болуп эсептелет. Ноумен бул маанисинде адам тарабынан таанылбайт. Анткени аны аңдоо сезимдер аркылуу гана жүрөт.

О

Объективизм – философиялык таанып билүү изилдөөгө баа бере албайт, баалуулуктар жөнүндө ой жүгүртүүгө жөндөмсүз, ошондуктан бул маселеден алыс болуш керек деген позиция. Субъективдүү идеологиянын негизги социалдык, дүйнө таануучулук проблемаларын четке калтырып, объективизм «акыл-эстүү ойломдун» чөйрөсүн чектейт. Ошондуктан объективизм дайыма субъективизмде толуктоого ээ болот жана аны жөндөйт. Ал эми илимдин өзүн «нейтралдуу баалуулуктарга жетүүнүн» дайыма каражаты катары жарыялайт.

Объективдүү чындык – адамдардын аң-сезиминде материалдуу дүйнөнүн туура чагылышы, б.а. адамдын жана адамзаттын өзүнө көз каранды болбогон анык чындыкка дал келүүчү адам билиминин мазмуну. Объективдүү чындык абсолюттук жана салыштырмалуу чындык формасында болот. Абсолюттук чындык – объекттин толук, анык, бүткөн (аяктаган) билими, «акыркы инстанциядагы чындык». Абсолюттук чындыкты толук бойдон билүү мүмкүн эмес, ал чындык адамдарга максат катары берилет жана аны таанууга аракет жасалат. Салыштырмалуу чындык да объекттивдүү чындык болуп саналат, бирок билимдер толук эмес, ал толукталышы, такталышы ыктымал.

Объективдүү реалдуулук – жалпы материалдык дүйнө, анын бардык формалары жана көрүнүштөрү. Философиянын негизги маселесинин чегинде объективдүү реалдуулук катары адамдын аң-сезиминен көз карандысыз жашаган жана ага карата биринчиликке ээ болгон бардык нерселер эсептелет. «Объективдүү реалдуулук» түшүнүгү салыштырмалуу. Индивидке карата мамиледе бул анын аң-сезиминен сырткары жашаган бардык нерсе жана ал тарабынан чагылышат. Бир индивид өзүнүн аң-сезим менен башка адамдарга карата алганда объективдүү реалдуулук болуп саналат. Дүйнөгө карата индивидуалдуу көз караштан четтеп объективдүү реалдуулук материалдуу чындык менен дал келет. Материалдык чындык ар түрдүү объекттерди, алардын касиеттерин, мейкиндикти, убакытты, кыймылды, мыйзамдарды, түрдүү коомдук кубулуштарды, өндүрүштүк мамилелерди, мамлекетти, маданиятты ж.б. камтыйт. Бирок мында «объективдүү реалдуулук» материя түшүгүнүгүнө каршы турат деп айтууга болбойт. Кыймыл, мейкиндик, убакыт, жашоо ж.б.у.с. – ушул бардык касиеттер же касиеттин көрүнүшү жана материянын ар кандай түрлөрүнүн өз ара таасир этүүсүнүн жыйындысы жалпысынан дүйнөнү түзөт же бардык объективдүү реалдуулукту билдирет.

Объекттивдүү идеализм – идеализмдин бир формасы. Рухтун биринчилигин, материянын экинчилигин, жаратыла турганын таануу менен, объективдүү идеализм субъективдүү идеализмден айырмаланып жашап турган нерселердин булагы катары жеке

адамдын аң-сезимин эсептебестен, кандайдыр бир объективдүү, чектен сырткары турган «абсолюттук рух», «дүйнөлүк акыл-эсти» эсептейт.

Оккультизм – дүйнөдө жогорку күчтүн жашарын, илимий изилдөөгө мүмкүн болбогон феномен жана күчтөрдүн бар экендигин тааныган жана алардын өз ара таасир этүү жолдорун иштеп чыгуучу окууну билдирген термин.

Онтология – болмуш жөнүндөгү, аалам жөнүндөгү, анын формалары жана фундаменталдуу принциптерди жөнүндөгү, болмуштун эң жалпы түшүнүктөрү жана категориялары жөнүндөгү окуу. Бул термин 1613-ж. Р.Гоклениус тарабынан киргизилген, бирок античтик философияда болмуш жөнүндөгү окуу катары онтологиянын ар кандай варианттары калыптана баштаган да болмуштун болмуш эмес менен болмуш жана чыныгы эмес жашоо менен айырмалоо менен байланыштырышат. Онтологияны түшүнүүдөгү принципиалдуу бурулушту И.Кант жасаган. Ал традициялуу онтологияны анын догматикалыгы жана болмушту натуралисттик түшүнгөндүгү үчүн сынга алган жана болмушту адам тарабынан чындыкты (реалдуулукту) түшүнүүнүн фундаменталдуу принциптерин ачып көрсөтүүчү «аналитикалык» ой жүгүртүү катары трактовка кылууну сунуштайт.

Оптимизм жана пессимизм – (эң жакшы жана эң жаман) – окуялардын жүрүшүнө карата болгон эки карама-каршы мамиле: оптимизм – эң жакшы келечекке, жакшылыктын жамандыкты, адилеттиктин адилетсиздикти жеңип чыгарына ишенүү жана ынануу; пессимизм – жакшылык менен адилеттүүлүктүн жеңишине ишенүүнүн жоктугу, окуялар эң жаман, кыйроочу абалга алып келет деген көз карашты билдирет.

Ө

«Өзү үчүн нерселер» жана «Биз үчүн нерселер» - бул философиялык түшүнүктөр. «Өзү үчүн нерселер» деген түшүнүк, ар кандай нерселер өзүнчө, адамдан же адамдын аң-сезимине байланышсыз боло турган объективдүүлүк түшүндүрүлөт, ал эми «биз үчүн нерселер» бул адам ааламды таанып билүүдө бул нерселердин ички сырын таанып биле алат деген мааниде. Немец философу И.Кант бизди курчап турган объективдүү ааламды экиге бөлгөн: «өзү үчүн нерселер» жана «биз үчүн нерселерге». И.Канттын оюу боюнча, «өзү үчүн нерселер» ааламдын адамдар ички сырын биле албай турган, адамдын акыл оюу жеткис бир бөлүгү катары түшүндүрүлөт, ал эми «биз үчүн нерселер» - бул бизди курчап турган реалдуулукту адамдар ички сырын ачып билип, тааный турган бөлүгү түшүнүктө айтылган. Илимдик жол менен караганда, бизди курчап турган аалам реалдуулугун мындайча бөлүү туура эмес, анткени адам өзүнүн таанып билүү процессинде акырындап таанып билет, мурдагы билбегенин кийин билет, ошентип реалдуу дүйнөдө адамдын акыл оюу жетпеген, катылган ички сыр жок, адам акырындап таанып билет.

Өзүнчөлүк, өзгөчөлүк жана жалпылык – бул ааламдагы болгон ар түрдүү объекттердин байланыштарын, ошондой эле ошол байланыштарды таанып билүү деңгээлин көрсөткөн философиялык түшүнүктөр. Бул түшүнүктөр, башка түшүнүктөр сыяктуу эле, адамдардын таанып билүү практикасынын жүрүшүндө пайда болгон. Өзүнчөлүк түшүнүгү ааламдагы объекттер бири-биринен өзүнчө башкача көптөгөн касиеттери, сапаттары аркылуу айырмачылыгы бардыгын көрсөтүп турат. Ошондуктан ар бир өзүнчө объект өзүнчө өзгөчө объект катары кабыл алынат. Ошол эле мезгилде, практика көргөзгөндөй, бардык өзүнчө объекттер кандайдыр бир кайталанган жалпы мүнөзгө ээ. Эгерде, ошол жалпы мүүнөздөрү жана касиеттери өлчөмдүү гана нерселерге жана объекттерге тиешелүү болсо, анда алар өзгөчөлүккө ээ. Эгерде жалпы мүнөздөр, касиеттер бардык нерселерге, объекттерге, кубулуштарга тишелүү болсо, анда алар жалпы деген түшүнүккө ээ. Өзүнчөлүк, өзгөчөлүк жана жалпылык ар дайым тыгыз байланышта болушат, алардын айырмачылыгы салыштырмалуу, алар бири бирине өтүп турушат.

Өнүгүү – системанын жаңылануусу, анын ички структурасын жана функционалдык өзгөрүүсү, жаңы, баука абалга айлануусу менен байланышкан закон

ченемдүү өзгөрүүлөр. Тигил же бул процессти өнүгүү катары мүнөздөө, көп убакытты талап кылат, ал өзгөрүүлөрдүн тенденциясын, багытын аныктап анализдөөгө жол берет. Өнүгүү процессинде бири-биринин фазасы, процесстеги баскычтарга ырааттуу түрдө алмашылат, системанын уюшулушунун деңгээли закон ченемдүү өзгөрөт. Өнүгүү – мезгилдин (убакыттын) чоң аралыгындагы татаал системалуу объекттердин узакка созулган, кайталангыс, ырааттуу өзгөрүү процесси. Мындай процесстерге литосферанын, экосистеманын, организмдердин жашоо чегиндеги эволюциясы, адамзат коомунун, эмгек куралдарынын жана ыкмаларынын тарыхый өнүгүүсү, адам билиминин калыптанышы, илимий техникалык прогресс ж.б.у.с. кирет. Өнүгүүнү философиялык талдоо - чындыктын бардык көп түрдүү байланыштарынын, мамилелеринин жана процесстеринин жалпы мүнөздөлүшүн кайрадан жаратуу дегенди билдирет.

Өзүн өзү аңдоо – ар түрдүү деңгээлде жана ар кандай формада көрүнүүчү динамикалуу тарыхый жактан өнүгүүчү түзүлүш. Анын алгачкы формасы өзүн өзү сезүү деп аталып, өзүнүн телосун жана курчап турган буюмдар менен адамдар дүйнөсүндө таандык экенин элементардуу түрдө аңдайт. Өзүн өзү аңдоонун жогорку деңгээли катары адам өзүн тигил же бул маданиятка жана социалдык тайпага таандык экендигин сезүү менен байланышкан. Бул процесстин өнүгүүсүнүн эң жогорку деңгээли болуп – өзгөчө калыптанган түзүлүш катары «Мен» деген аң-сезимдик түзүлүштүн келип чыгышы, ал түзүлүш башка адамдардын «менине» окшош жана ошону менен бирге уникалдуу жана кайталангыс, эркин аракеттерди жасоочу жана анын жоопкерчилигин алып жүрүүчү, өзүнүн аракеттеринин жана анын баалуулугунун үстүнөн көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүнүн зарылдыгын жөнгө салат.

П

Парадигма – азыркы учурдагы илим философиянын негизги түшүнүктөрүнөн. Кун тарабынан киргизилген. Илимий коомчулук тарабынан кабыл алынган жана илимий традициянын жашоосун камсыз кылуучу ишенимдердин, баалуулуктардын, метод жана техникалык каражаттардын жыйындысын билдирет. Парадигма түшүнүгү илимий коомчуулук түшүнүгүнө салыштырмалуу каралат: ал илимий коомчулуктун мүчөлөрүн бириктирет, ал эми илимий коомчулук, тескерисинче парадигманы таануучу адамдардан турат. Парадигманын маңызы окуу куралдарынан же окумуштуулардын классикалык эмгектеринен көрүнөт жана бир нече проблемаларды жана алардын илимдин тигил же бул тармагында чечүүнүн методдорун алдыга максат кылып коет. Парадигма катары Кун Аристотелдин динамикасын, Птоломейдин астрономиясын, Ньютондун механикасын эсептейт. Жалпысынан парадигма түшүнүгү теория түшүнүгүнө салыштырганда кеңири мааниде, ал белгилүү бир убакытта илимий дисциплинанын катарын калыптандырат. Жалпы коомчулук тарабынан таанылган парадигманын калыптанышы илимдин жетишкендигинин билгиси болуп саналат. Парадигманын алмашышы илимий революцияга алып келет, б.а., «дисциплинардуу матрицанын» элементтеринин толук же бөлүктөрүнүн өзгөрүүлөрү. Жаңы парадигмага өтүү логикалык гана эмес, баалуулук жактан жана психологиялык жактан кабылдоо аркылуу шартталат.

Перипатетиктер (грекче peri-patetikos – сейилдөө учурунда жасалган) – аристотелдин философиясын улантуучулар. Бул б.з.ч. 335-ж. Афинада негизделген жана Аристотелдин философиялык мектебинин атынан улам келип чыккан, окутуу көпчүлүк учурда сейилдөө мезгилинде өткөрүлгөн. Перипатетика мектебинин өкүлдөрүнүн арасында табигый илимдерге болгон кызыгуу үстөмдүк кылган. Перипатетика мектеби миң жылга жакын жашаган (б.з.ч. 529-ж чейин) жана античтик илимдеги бирден бир ири борбор болуп саналган. Аристотель дүйнөдөн кайткандан кийин мектептин белгилүү жетекчилери болуп ботаника боюнча эмгектери менен белгилүү болгон Эфестик Теофраст (б.з.ч. 372-287 жж), Аристотелдин философиясын материалисттик тенденцияда өнүктүргөн Лампасактык Стратон (болжолдуу б.з.ч. 305-270 жж), Аристотелдин эмгектерин чыгарган Андроник Родосский (б.з.ч. I-кылымда), Аристотелдин

философиясы материалисттик таризде комментариялаган Александр Афродизийский (Iік. Аягы III к. башы) болгон.

Персонализм – инсанды жана анын руханий баалуулуктарын жер жүзүндөгү цивилизациянын эң жогорку маңызы деп тааныган батыш философиясындагы теисттик тенденциясы. Бул терминди биринчи жолу Ф.Шлейермахер пайдаланган. Персонализмге Ф.Якоби, А.Олкота, Ш.Ренувье, Л.Пратанын окуулары кирет. Этикалык персонализм концепциясын Шелер «Этикадагы формализм жана баалуулуктардын материалдык этикасы» (1921) эмгегинде иштеп чыккан. Шелердин аксиологиялык системасында инсандын баалуулугу жогорку баскыч болуп саналат. Шелердин «этикалык» персонализми, В.Штерндин «сынчыл» персонализми, Х.Тилликенин «теологиялык этикасы» немецтик философиянын персоналисттик тенденциясынын негизин түзгөн. Мында биринчи планда индивиддин башталышы жана жөндөмдүүлүгү, адамдын индивидуалдуу турмушунун терең чөйрөсү проблемасы турат. Америкалык персоналисттердин философиялык кызыкчылыгынын борборунда диндик этикалык проблема турат; мында негизги көңүл эркиндик жана адеп-ахлактых тарбиялоо проблемасына бурулат. Атуулдардын моралдык жактан өзүн-өзү калыптандыруусу коомдук гармонияга алып келиш керек.

Францияда персонализм XXк. 30-жылдарынын башында калыптанган. Персоналисттер жер жүзүндөгү цивилизациянын негизги камкордугу, адам инсандыгы жөнүндөгү философиялык окууну түзүү идеясы менен чыгышкан. Персоналисттик трактовкада инсан негизги үч мүнөздөмөнүн: экстерноризация, интерноризация жана трансценденциянын биримдиги катары каралат.

Плюрализм – көп түрдүү көз каранды эмес жана бири бирине окшошпогон болмуштун башталышы же түрү (онтологиядагы плюрализм), билимдин формалары жана принциптери, теория, метод (гносеологиядагы плюрализм), тең укуктагы жана көз карандысыз инсан жана тайпалар (этикадагы жана социологиядагы плюрализм), баалуулуктар жана баалуулук багыттар жашагандыгын билдирген философиялык – дүөнөгө болгон көз караштык позиция. Ал бири бири менен атаандаштыкта турган жана таанылууу үчүн күрөшүүчө (аксиологиядагы плюрализм) көп түрдүү идеология жана ишенимдерден көрүнөт. Философиянын тарыхы пюрализм менен монизмдин карама-каршылыгын күбөлөндүрөт. Азыркы учурдагы философиядагы плюразим персонализмден көрүнөт да ар бир инсандын уникалдуулугунан көрүнүүчү, анын антропологиялык жана социалдык күчтөрүнө жатпаган, инсандын эркин эркиндиги жана чыгармачылык менен байланыштырат. Персоналисттик плюрализм жана аскиологиялык плюрализм баалуулуктардын көп түрдүүлүгүн белгилеп, нигилизм менен релятивизмден алыстап, социалдык турмуштун башталышын бириктирүүчү катары христианство менен диндик обшинанын өзгөрүлбөс баалуулугун бекемдешет.

Азыркы кездеги гносеологияда фундаментализмден филибилизмге, монизмден плюрализмге өтүү Поппердин сынчыл рационализминде, Фейерабенддин «методологиялык анархиминде» жана Ч.Шпинердин методологиялык плюрализминде ишке ашырлыган. Гносеология жана методологияда плюрализм бир эле убакта конкурценцияда турган теориялардын «дүйнө картинасынын», изилдөөчү программалардын бир эле убакта жашагандыгына, ар кандай методологиялык стратегиялардын атаандаштыгына жол берет.

Позитивизм – бул терминди биринчи жолу К.А. Де Сен-Симон илимдин методун түшүндөрүү үчүн пайдаланган жана ал философияга да жайылыш керек деген. Позитивизмди О.Конт өнүктөргөн жана жайылткан, аны XIX-к. экинчи жарымы, XX-к. башындагы философиядагы көп түрдүү интернационалдык кыймылга айландырган. XIX-к. ири өкүлдөрү – ДЖ.Милль, Спенсер, Э.Ренан, И.Тэн чыныгы билим эмпирикалык фактыга таяныш керек, билим деген эмне экенин илим гана бере алат деген окуу позитивизмдин ядросун түзөт. Ошондуктан философия да илимий (позитивдүү) методду

пайдаланышы керек, бардык илимдин негизги принциптерин ачып көрсөтүп, жалпылап аларды социалдык турмушту уюштуруу үчүн сунуш киргизиш керек.

Биринчи дүйнөлүк согуштан кийинки позитивизмден негизги үч агымды бөлүп көрсөтсө болот. Социалдык позитивизм Конттын социалдык физика жана социалдык прогресс жөнүндөгү идеясы менен байланышып, немец философтору Е.Дюринг, Ф.Йодле, белгилүү бир деңгээлде Дюркгейм тарабынан сунушталган. Эволюциялык позитивизмге Ч.Дарвиндин теориясы чоң таасирин тийгизген, Спенсердин артынан Э.Геккель, В.Вундт, деген белгилүү философтор өнүктүргөн. Сынчыл позитивизмдин негизги өкүлдөрү Мах жана Авенариус, Махтын окуучусу Й.Петцольд жана анын англиялык улантуучусу К.Пирсон болгон. Позитивизмдин бул түрү Австрия менен Германияда эмпириокритицизм деп аталып, негизги көңүлдү илим философиясына бурушкан жана неопозитивизмдин түздөн-түз негиздөөчүсү болуп калды.

Постмодерминизм, постмодерн – XX-к. акыркы чейрегинде өнүккөн батыш өлкөрүндө жүргөн социалдык-маданий трансформацияны сүрөттөөчү термин. Постмодернизм терминин маанисианы пайдалануу термининин маанисианы пайдалануу контекстисинен жана ал кандай түшүнүктүн түгөйү экендигине байланыштуу болот. Социалдык тарыхый контекстте алып караганда «постмодерн» - «модерндин» кореляты. Жаңы доордун башталышынан тартып XX-к. орто ченение чейин созулган доор эсептелет. Эстетикалык контекстте потмодернизм – искусствонун тарыхында стиль жана этабы болгон «модернизм» контрагенти. Философияда бул термин XX-к. 60-жж. пайдаланыла баштаган. Бул мезгилде постмодернизм алгач архитектуранын теориясы боюнча талкуулап, андан кийин адабий сынга жана искусство таанууга багытталат (таянат). Жаш сүрөтчүлөр. музыканттар, искусствонун теоретиктери өздөрүнүн позициясын «постмодернизм» деп аташкан да, модернизмдин эстетикалык теориясы менен макул эмес экендиктерин көрсөтүүгө аракеттенишкен. Жаңы позициянын белгилери катары төмөнкүлөр болгон: биринчилик, оригиналдуулук идеясына карата скептик сүрөтчү жаратуучу катары деген түшүнүктөн баштартуу; «Жогорку» жана массалык маданият ортосундагы айырмачылыкты жокко чыгаруу; мындай кайра багыттонун натыйжасы болуп принципиалдуу эклектизм, көптөгөн жашырылган жана ачык цитаталарды ишке аң-сеимдүүлүк менен киргизүү, пародия, пастиша жана коллажга көп көңүл бөлүү эсептелет.

Постпозитивизм – неопозитивизмдин алкагында иштелип чыккан жана анын ордуна келген философиялык методологиянын концепциялардын жыйындысын билдирүү үчүн философияда колдонулуучу жалпы аталыш. Постпозитивизм бирдиктүү бир түрдөгү философиялык агымды же мектепти түшүндөрбөйт, ал илим философиясынын өнүгүүсүндөгү этап. Поппердин негизги методологиялык эмгегинин (илимий ачылыштын максаты) – англиялык вариантынын чыгышы жана 1963-ж. Кундун «Илимий революциялардын структурасы» деген китебинин чыгышы менен байланыштуу. Постпозитивисттик кыймылдын мүнөздүү белгиси методологиялык концепциялардын маанилүү көп түрдүүлүгү жана алардын өз ара сынга алуусу. Буга Поппердин сынчыл рационализми, Кундун илимий революциялык концепциясы Лактостун илимий-изилдөөчү программасынын методологиясы, Поланинин ачык эмес билим концепциясы, Фейербенд Тулмин, Агаси, У.Селлардын ж.б. методологиялык түзүүлөрү кирет.

Постструктурализм (неоструктурализм) – структурализмди сындоо жана андан баш тартуу же структурализм тарабынан чечилбей калган милдеттерди аткарууга болгон аракет менен байланышкан философиядагы ар түрдүү мамилелер менен социалдык-гуманитардык таанып билүүнүн жалпы аталышы (негизинен Францияда жана АКШ да пайда болгон). Постструктурализм структурализмдин «экинчи агымы» катары эсептелет. Постструктурализм «бүтүндүгү» (структура) «бөлүксүздүктү» түшүнүүгө, тилдик структураны талдоонун жардамы менен адам менен коомду объективдүү таанып билүүгө болгон аракетте пайда болуучу апория жана парадокстарды ачууга, структуралисттик историзм жана лингивистикалык редукционизмди жоюуга: ой-жүгүртүүнүн жаңы

моделдерин түзүүгө; талдоонун герменевтикалык жана аналитикалык моделдерин четке кагуучу «ачык» окуунун жаңы практикасын түзүүгө багытталган.

Структурализм сыяктуу эле постсруктурализм да өкүлдөрүнүн ортосундагы проблемалык талаасынын жана мамилесинин жалпылыгына карабастан бирдиктүү бир уюшулган биримдикти түзбөйт жана жалпы программага ээ эмес. Структурализмди постструктурализмден бөлүп турган чек 1968-ж. май-июнь окуялары эсептелет. Бул мезгил интеллекттин – философтун, окумуштуунун, художниктин – социалдык карама-каршылыктарга болгон сезимдүүлүгүнүн күчөшү менен мүнөздөлөт. Социалдык катаклизмаларды алдын ала айта албаган жана түшүндүрө албаган илимдин престижи төмөндөйт, коомдогу гуманитардык маданияттын орду өзгөрөт. Экзистенциалисттик индивидуалдуу субъекттин жана структуралисттик субъекттин ордуна тилдик практиканын кесилиш чекити катары постструктурализм коллективдүү «менди» (Биз), ойчулдардын кичине тайпасына коет. Ал «бийликтин демонизмине» каршы турууда алсыз. Аны кармоого жөндөмсүз жана аракет да жасабайт, бирок бийликтин очогун бетин ачууга жана сүрөөтүүгө анын стратегиясын каттоого жөндөмсүз. Мындай позицияга группада жетекчиликти сактоого мүмкүнчүлүк берет.

Постструктурализм структурализмден айырмаланып окуу процессиндеги таяныч күчтөрүнүн негизин толугу менен алмаштырат. Поструктурализм үчүн объективдүүлүк, метод, илимийлүүлүк мааниге ээ болбойт жана негизги издеген максат катары чыкпайт. Бирок постструктурализм структурализмди таза түрдө таануу менен чектелбейт, постструктурализм структурализмдин кароосунан толук алынып салынган деңгээлдерге жол берет.

Прагматизм – АКШда пайда болуп жана кеңири жайылган философиялык агым. Прагматизмдин башаты XIX-к. 70-жж. башында Кембриджде философтор менен окумуштуулардын чоң эмес тайпасынын ишмердүүлүгү менен байланышкан, ал Ч.Пирс тарабынан «метафизикалык клуб» деп аталган. 1871-жылы Ч.Пирс прагматизмдин негизги идеясын камтыган доклад менен чыгып сүйлөгөн, ал эми 1978-жылы «Популярдуу илимий айлык» журналына «Ишенимди бекитүү» («Закрепление веривания») жана «Кантип биздин идеяларды ачык кылсак болот» («Как сделать наши идеи ясными») деген макалаларында ал өзүнүн идяларын баяндаган. Ал мезгилде бул макалалар көмүскөдө кала берген: 1898-жылы психолог жана философ Джеймс «Философиялык түшүнүк жана практикалык мани» деген макаласында Ч.Пирстин идеясына көңүл бөлүп, ага популярдуу форманы берген. Ошондон кийин гана прагматизм философиялык дискуссиянын предмети болуп калды. XX-к. башында прагматизмге Дьюи жана Мид кызыгып кирише баштаган.

Прагматизм адам аракеттерин өзгөчө түшүнүүгө таянган философиялык ой жүгүртүүнүн жаңы тибин сунуш кылган жана бул маселе прагматикалык түшүнүк жана концепциялардын айлануусунун жана калыптануусунун негизи болуп калган. Анткени тигил же бул формадагы аракет адамдын жашоо-турмушунун негизги формасы болуп эсептелет, ал эми ал өзү аракет инстинктивдүү же рефлектордук эмес аң-сезимдүү жана максатка багытталган мүнөзгө ээ, бирок продуктивдүү аракетти камсыз кылуучу аң-сезимдин механизмдери, ой-жүгүртүүчү структурасы жөнүндө маселе келип чыгат. Мына ушул маселени прагматизмдин негиздөөчүсү Ч.Пирс койгон. Прагматиктер чындыкты ой менен аракеттин дал келүүсү катары талкуулашат. Эгер ал өз алдына пайдалуу жумушчу гипотезаны койсо анда ал илимий болот деп эсептешет. Чындыктын критерийи катары «пайда»» жана «ыңгайлуулукту» айтышат.

Психоанализ – З.Фрейд тарабынан иштелип чыккан психикалык дарылоонун методу, ошондой эле адамдын турмушу менен адамзаттын өнүгүүсүндө бейаңдыктын (аң-сезимсиздиктин) ролун түшүндүүрүчү гипотеза жана теориялардын комплекси.

Психоанализдин калыптанышы 1902-ж. кичинекей ийримдин уюшулушу, андан кийин Вена психоаналитикалык коомунун өсүп чыгышы жана батыш Европа өлкөлөрүнүн

көпчүлүгүндө жана Америкада психоаналитикалык кыймылдын жайылышы менен аяктаган.

Психоанализде адамдын ички дүйнөсү эле изилденбестен бардык адамзаттык болмуштун уюшулушуна таасир этүүчү жалпы маанилүү процесстер жана өзгөрүүлөр жүрүүчү психикалык чөйрө да изилденет. Онтологиялык проблематика психиканын катмарында аралашып каралат.

З.Фрейддин изилдөө объекти болуп бүтүндөй бир адам инсаны эсептелет. Инсан биологиялык эволюциянын продуктысы катары коомдук маданий чөйрөнүн көз карандылыгында тыгыз каралат. Мында аң-сезимдиктин чөйрөсүндө сексуалдуулукка басым жасалат, бул З.Фрейддин оюу боюнча инсандын мотивациялык жүрүм-турумунун булагы, адам психикасын түзүүчү башка бардык нерселер чогулган уюштуруучу борбор болуп эсептелет. З.Фрейд: адам – «эротикалык жандык» дейт. З.Фрейд өзүнүн кийинки учурдагы чыгармаларында психоанализ принцибин метапсихология деп аталган теориялык негизге айландырат. Анын метапсихологиясы төмөндөгүдөй талданган бөлүктөрдөн турат: инсандын фундаменталдуу инстинктери жөнүндөгү окуу; психикалык ишмердүүлүктүн принциптери жөнүндөгү окуу; кумарануу, сексуалдуу активдүүлүк жана инсандын чөйрө менен болгон конфликттик абалдарынын жаратылышы жөнүндөгү окуу.

Инсандагы аң-сезимсиздиктин фундаменталдуу мүнөздөлүшү турмушка болгон инстинкт (Эрос) жана өлүмгө болгон инстинкттин (Танатос) ортосундагы өз ара таасир этүү турат, булардын күрөшүндө адамдын жаратылышы аныкталат.

«Турмушка болгон инстинктин» негизги максаты болуп кыжырдануу кайрадан пайда кылуу, бул адамдын психикасындагы органикалык жана психикалык тең салмактуулукту бузат. Кыжырдануу алып жүрүүчү катары «либидо» эсептелет. Либидо – бул З.Фрейд тарабынан аныкталган психисексуалдык энергия, ал сексуалдык кымарануу областынын бардык процессин жана айланууларын ченөөчү күч болуп эсептелет.

Р

Релятивизм – дүйнөгө болгон көз карашты, маданий таанып билүүчү системаларды интерпретациялоонун принциби, бул алардын тарыхый өзгөрүлмөлүүгүнүн моменттерин, кырдаал менен шартталгандыгын, алардын түнтүгүн жана бири-бири менен ченөөгө болбой тургандыгын белгилеп көрсөтөт. Релятивизм тарыхыйлык жана социологизм менен, белгилүү бир доор жана маданиятта адамдардын ой жүгүртүүсүн түзүүчү, жалпы камтуучу жана ченеп бере албай турган дүйнөгө болгон көз караш, «концептуалдуу таянычтын» жашоосу жөнүндөгү түшүнүктөр менен байланышкан.

Руханий дүйнө – бул түшүнүктү кенен мааниде алганда, ал адамдын эң жогорку психикалык сезимине карата идеалдуулук менен дал келет, ал эми кыскача мааниде – жалпы ой жүгүртүү менен бир мааниде. Руханий дүйнө адамдын органдарынын ичинен эң жогорку сапаттагы органы болгон – мээнин иштеп чыгарган натыйжасы жана адамдардын материалдык практикалык, коомдук-тарыхый ишмердүүлүгүнүн жемиши болуп саналат. Коомдук руханий дүйнө коомдук аң-сезим катары коомдук турмушутун чагылдырылышы. Руханий дүйнө коомдук турмушту – адамдардын реалдуу турмушунун чагылдырылышы эле болбостон, ошол эле учурда коомдук турмушка, идеалдуулук менен дал келет, ал эми кыскача мааниде – жалпы ой жүгүртүү менен бир мааниде. Рухий дүйнө адамдын органдарынын ичинен эң жогорку сапаттагы органы болгон – мээнин иштеп чыгарган натыйжасы жана адамдардын материалдык практикалык, коомдук-тарыхый ишмердүүлүгүнүн жемиши болуп саналат. Коомдук руханий дүйнө коомдук аң-сезим катары коомдук турмушутун чагылдырылышы. Руханий дүйнө коомдук турмушту – адамдардын реалдуу турмушунун чагылдырылышы эле болбостон, ошол эле учурда коомдук турмушка, идеалдуулук менен дал келет, ал эми кыскача мааниде – жалпы ой жүгүртүү менен бир мааниде. Руханий дүйнө адамдын органдарынын ичинен эң жогорку

сапаттагы органы болгон – мээнин иштеп чыгарган натыйжасы жана адамдардын материалдык практикалык, коомдук-тархый ишмердүүлүгүнүн жемиши болуп саналат. Коомдук руханий дүйнө коомдук аң-сезим катары коомдук турмушутун чагылдырылышы. Руханий дүйнө коомдук турмушту – адамдардын реалдуу турмушунун чагылдырылышы эле болбостон, ошол эле учурда коомдук турмушка, идеалдуулук менен дал келет, ал эми кыскача мааниде – жалпы ой жүгүртүү менен бир мааниде. Руханий дүйнө адамдын органдарынын ичинен эң жогорку сапаттагы органы болгон – мээнин иштеп чыгарган натыйжасы жана адамдардын материалдык практикалык, коомдук-тархый ишмердүүлүгүнүн жемиши болуп саналат. Коомдук руханий дүйнө коомдук аң-сезим катары коомдук турмушутун чагылдырылышы. Руханий дүйнө коомдук турмушту – адамдардын реалдуу турмушунун чагылдырылышы эле болбостон, ошол эле учурда коомдук турмушка, адамдардын практикалык ишмердүүлүгүнө, бүтүндөйе коомго өзүнүн активдүү таасирин тийгизет.

С

Сенсуализм (лат sensus – сезим, туюм) – туюмду таанып билүүнүн бирден бир булагы деп таанылган гносеологиядагы окуу. Эгер туюп сезүү объекттивдүү реалдуулуктун чыгышы катары каралса, ал эми ырааттуу сенсуализм белиглүү бир шарттарда материализмге алып келет (Гольбах, Гельвеций, Фейербах). Бирок, эгерде туюмдарда субъективдүүлүк гана каралса, жана анын артында эч нерсе жок же таанууга мүмкүн болбогон «буюмдар өзү» (веши в себе) жашаса, анда сенсуализм субъективдүү идеализмге алып келет. (Беркли, Юм, Кант, Мах, Авенариус). Ошондуктан сенсуализм философиядагы материалисттик бурстун көрүнүшү эмес, жана анын өкүлдөрү идеализм менен күрөштө көпчүлүк учурда алсыз. Туюп сезүү таанып билүүнүн башка жактары – практика жана абстрактуу ой жүгүртүү менен органикалык биримдикте болгон шартта гана таанып билүүнүн зарыл жагы болуп эсептелет.

Секирик – сандык өзгөрүүлөрдөн айырмаланган сапаттык өзгөрүүлөр секирик түшүнүгү менен аныкталат. Секирик – сандык өзгөрүүлөрдөн сапаттык өзгөрүүгө же бир сапаттан экинчисине өтүү б.э. Эволюциялык өнүгүү стадиясы менен салыштырууда секирик ачык, салыштырмалуу бат жүргөн өзгөрүүлөр. Ар кандай сапаттык өзгөрүүлөр секирик аркылуу болот. Бирок секириктин формасы көп түрдүү жана кубулуштун мүнөзүнөн, өнүгүү жүргөн шарттарга көз каранды. Ар кандай кубулуш жаңыга өзүнүн өзгөчө жолу аркылуу өтөт. Бирок бардык өзгөрүүлөр салыштырмалуу эки типке бөлүнөт: тез жүрүүчү жана акырындык менен жүрүүчү секириктер. Биринчиси эски сапат бүт бойдон толук, тездик менен өзгөрүүчү секирик. Экинчиси жашап турган нерселердин бөлүктөрүнүн жеке элементтеринин өзгөрүүсү менен коштолот, акырындык менен бардык бөлүктөрүнүн кайрадан жаңы түзүлүшү пайда болот**.**

Скептицизм – (грек тилинен алынган сөз – skeptikos – көрүү, изилдөөчү, сындоо). Объективдүү чындыкты таанып билүү мүмкүнчүлүгүнө күмөн саноочу философиялык доктрина катары скептицизм байыркы коомдун кризиси мезгилинде жаралат жана өзүнө чейинки философиялык системага реакция катары чыгат, анткени сезимдик дүйнөнү ой, акыл аркылуу түшүндүрүүгө аракет кылуу менен көптөгөн учурда бири бири менен карама-каршылыкта турган. Жалпысынан скептицизм орто кылымдагы идеологиянын сенектигин таанууда чоң роль ойногон. Философиялык багыт катары скептицизм байыркы Грецияда пайда болгон, анын негиздөөчүсү болуп Пиррон эсептелет.

Солипсизм – бул субъективдүү-идеалисттик теория, бул боюнча адам жана анын аң-сезими гана жашайт, ал эми объективдүү дүйнө, анын ичинде адамдар да индивиддин аң-сезиминде гана жашайт. Ар кандай субъективдүү-идеалисттик философия сөзсүз түрдө солипсизмге жакындашат. Мындай көз караштын деңгээлине Беркли, Фихте, имманенттик мектептин өкүлдөрү жакындашкан. Солипсизмдин көз карашында ар кандай адам ишмердүүлүгү жана илимдин маңызы четке кагылат. Солипсизмдин гносеологиялык негизи болуп таанып билүүнүн булагы катары туюп сезүүнү абсолютташтыруу эсептелет.

Софистика – талаш тартыш же далилдөө учурунда софизм деп аталган туура эмес далилдерди, б. а. сырткы көрүнүшү жасалгаланган, формалдуу түрдө туура болгон ар түрдүү айла амалдарды аң-сезимдүү түрдө пайдалануу. Софистиканын мүнөздүү ыкмалары болуп: окуяларды алардын башкалар менен болгон байланыштарын ажыратып алуу, бир тайпадагы кубулуштардын мыйзам ченемдүүлүктөрүн башка бир тайпанын кубулуштарына пайдалануу, бир тарыхый доордун окуяларын экинчи бир доор үчүн колдонуу ж.б. Софистика илимдегидей эле саясатта да реакциячыл ролду ойнойт.

Спиритуализм (латын тилинен алганда «жан» дегенди түшүндүрөт) – дүйнөнүн алгачкы руханий негизи жөнүндөгү идеалисттик окуу. Кээ бир спиритуалисттер үчүн материалдык дүйнө – бул кудайдын пайда болуш жолу жана анын мүмкүнчүлүктөрү, ал эми башкалар үчүн адамдын аң-сезиминин иллюзиясы. Спиритуалисттер адамдын тулку боюна баш ийбей жашаган рухту таанышат. Жактоочулары азыркы учурда билимдин жетишкендигин жалганга чыгаруу менен илимди дух менен кудайдын алдын ала аныктоосуна алмашууну сунуштайт.

Спонтандуулук (лат. sponta-neus – өзүнөн өзү болгондук дегенди билдирет) - тышкы таасирдин эмес, ички себептин негизинде пайда болгон процесстердин мүнөздөлүшү, ошондой эле жеке ишмердүүлүк, ички таасир астында активдүү аракеттенүү жөндөмдүүлүгү. Бул терминди философиялык түшүнүү биринчи античтик атомисттер тарабынан зарылдык жана кокустук, мүмкүндүк жана чындык, мүмкүндүк, эрктин эркиндиги проблемалары менен байланыштуу иштелип чыккан.

Стоиктер - б.з.ч. IV-к. пайда болгон философиялык окуунун өкүлдөрү. Б.з.ч. IV-III кк. стоиктик мектептин негизги өкүлдөрү – Зенон жана Хрисипп. Стоиктер тарабынан иштелип чыккан илимдин орду жана ролу төмөнкүдөй салыштыруу аркылуу аныкталган: логика – бул коргон, физика – бул түшүм берүүчү урук, этика анын түшүмү. Философиянын негизги милдети этикадан көрүнөт; билим – бул акылмандыкты алуунун, жашоону үйрөнүүнүн каражаты. Жаратылышка жараша жашоо керек. Чыныгы акылмандык идеалы ушундай болцш керек. Стоиктер жаратылышты түшүнүүдө материалисттер болуп эсептелет. Дүйнөдө ар түрдүү тыгыздыктагы телолор жашайт. Чынды чындыктан айырмалаш керек, чындыгында бир гана тело жашайт. Чындык телосуз жашабайт. Чындык – бул жөн гана айтылган ой. Стоицизмде материализм номинализм менен жуурулушуп кетет.

Структурализм – структурасын ачып берүү менен байланышкан XX-к. социалдык-гуманитардык таанып билүүнүн бир топ багыттарынын жалпы аталышы б.а. ар түрдүү кайра түзүүлөр жана өзгөрүүлөр өзүнүн туруктуулугун сактаган бүтүндүн элементтеринин ортосундагы мамилелердин жыйындысы. Структураны издөө маданияттын ар түрдүү областтарында ишке ашырылган: тил менен адабиятта. Социалдык тартип менен идеялардын тарыхында, искусствodo жана массалык маданияттын кубулуштарында.

Сублимация – энергиянын ыңгайсыз (төмөнкү. өзгөрүлбөс) социалдык жана маданий максаттан жана объекттерден социалдык жана маданий ыңгайлуу (жогорку, көтөрүңкү) абалга өтүшү. Сублимация идеясы XVIII-к. жазуучулар Г.Штиллинг жана Новалисттин, ошондой эле А.Шопенгауэр жана Ницшенин эмгектеринде чагылдырылган. XXк. башында сублимация термини психоанализде кеңири колдонула баштаган.

З.Фрейд боюнча сублимация – сексуалдык (жыныстык) канаттануудан алыс турган кумарданууну (либидо) башка максатка буруу процесси жана инстинктин энергиясын социалдык ыңгайлуу, адеп-ахлактык жактан колдоно турган ишмердүүлүккө карай буруп кайрадан түзүү.

Субстанция – (латынча «маңыз» дегенди билдирет) – объективдүү реалдуулуктун өзүнүн өнүгүүсүнүн бардык формаларын ички биримдикте, жаратылыштын жана тарыхтын кубулуштарынын көп түрдүүлүгүнө карабастан объективдүү реалдуулук, ага адам жана анын аң-сезими да кирет, ошондой эле илимий таанымдын фундаменталдуу

категориясы, конкреттүүлүктү теориялык чагылтуу болуп эсептелет. Философиянын тарыхында субстанция алгач бардык башка буюмдардан турган нерсе эсептелген.

Субстрат – латын тилинен алынган, бизче негиз, баштапкы дегенди түшүндүрөт. «субстанция» категориясына жакын түшүнүлгөн субстрат чындыктын эң төмөнкү жана фундаменталдуу катмары катары талданат. Мындай негиз болуп байыркы мезгилдеги атом жөнүндөгү окууда атом эсептелген. Ар кандай конкреттүү субстрат тигил же бул формалык түзүлүштүн спецификалык аныкталуусун, алардын сапаттык бир өңчөй эместигин билдирет. Азыркы учурдагы түшүнүк боюнча белгилүү физикалык процесстердин субстраты катары элементардык бөлүкчөлөр жана фундаменталдуу өз ара аракеттенүүлөр эсептелет (күчтүү жана күчсүз, электромагниттик жана гравитациялык). Химиялык процесстердин субстраты болуп ар түрдүү буюмдардын түзүлүшүндө жана айлануусунда бекем бойдон кала берүүчү атомдор эсептелет. Биологиялык процесстердин субстраты болуп нуклеин кислоталарынын молекуласы (ДНК жана РНК) жана «жашоонун элементардуу бөлүкчөсү» катары чыгуучу белоктук заттар кабылданат. Социалдык турмуштагы субстрат болуп бардык социалдык өзгөрүүлөрдүн негизинде турган максаттуу ишмердүүлүктөгү адам эсептелет.

Субъект жана объект – философиялык категориялар. «Субъект» түшүнүгүнүн алгачкы мааниси касиеттерди, абалдарды жана аракеттерди алып жүрүүчү катары түшүндүрүлгөн, ушул мааниде ал субстанция түшүнүгүнө окшош. XVII-к. баштап объект түшүнүгү субъект түшүнүгүнө салыштырылып, баарынан мурда гносеологиялык мааниде колдонула баштаган. Субъект деп азыркы учурда активдүү түрдө аракеттенген жана таанып билүүчү, аң-сезимдүү жана эркин бар индивид же социалдык тайпа түшүнүлөт. Объект – бул субъекттин таанып билүүчү жана башка ишмердүүлүгү багытталган нерсе.

Субъективдүү идеализм – идеализмдин бир формасы; субъекттин аң-сезиминен жана эркинен көз каранды эмес объективдүү реалдуулуктун жашоосу жөнүндөгү тезистин чындыгын четке каккан философиялык агым. Субъективдүү идеализм боюнча субъект жашаган жана аракеттенген дүйнө бул субъектин туюмунун, маанайынын, аракеттеринин жыйындысы, б.а. булар дүйнөнүн бирден бир ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Субъективдүү идеализм солипсизмге алып келет. Субъективдүү идеализмдин классикалык формасынын өкүлдөрү – Беркли, Фихте, Юм. Субъективдүү идеализмдин бир топ идеяларын Кант өнүктүргөн. XX-к. субъективдүү идеализм бир нече түрлөргө бөлүнөт, анын ичинде позитивизмдин (махизм, операционализм, логикалык эмпиризм, лингивистикалык философия ж.б.у.с.), прагматизмдин, жашоо философиясынын (Ницше, Шпенглер, Бергсон) жана андан пайда болгон экзистенциализмдин (Сартр, Хайджаггер, Ясперс ж.б.) ар түрдүү мектептерин камтыган.

Субъктивдүү идеализмдин теориялык-таанып билүүчү негизи катары тааным жана практикалык ишмердүүлүктө субъектин активдүүлүгүн абсолютташтыруу эсептелет. Диалектикалык материализмдин көрсөтүүсү боюнча мындай активдүүлүк зордукчул эмес, бул активдүүлүк адамдын аң-сезимине көз каранды болбогон объективдүү дүйнөнүн жана анын мыйзамдарынын жашоосуна каршы турбастан, тескерисинче бул жашоону жөнгө салат, таанымдын субъективдүү формасы анын объективдүү булагын жана мазмунун танбайт. Таанымдын өзүнүн формалары объективдүү дүйнөнүн эң жалпы мүнөзүн жана андагы практиканы чагылдырат. Ошондуктан субъективдүүлүк менен объективдүүлүктү карама каршы коюу философиянын негизги маселесинин чегинде гана жол берилет.

Схоластика – орто кылымдагы «мектеп философиясы, анын өкүлдөрү – схоласттар христиандык диндик окууну рационалдуу негиздеп жана системалаштырууга аракет жасашкан. Ал үчүн алар античтик философиянын идеяларын пайдаланышкан (схоласттар Платон менен Аристотелдин көз караштарын өздөрүнүн жеке максаттары үчүн ыңгайлаштырышкан). Орто кылымдагы схоластикада универсалийлер жөнүндөгү талаш-тартыш чоң мааниге ээ болгон. Тарыхый жактан схоластика бир нече этапка бөлүнөт: алгачкы схоластика (XI-XII кк). Мезгилинде неоплатонизмдин таасири мүнөздүү, классикалык схоластикада «христиандык аристотелизм» (Альберт Великий,

Фома Аквинский) үстөмдүк кылат. Кечки схоластиканын (XIII-XIV кк.) өкүлдөрү томизмге каршы чыгышып (Дунс Скот), чындыктын эки жактуулугу жөнүндөгү теорияны ага каршы коюшкан.

Сапат жана сан – объективдүү реалдыктын эң башкы жактарын чагылдырган философиялык түшүнүктөр. Материалдык дүйнө, аалам бүтүндөй өзгөрүлбөй турган буюм-нерселерден, предметтерден,процесстерден турбайт, ал ар дайым өхгөрүлүп, жаралып жана жок болуп турган нерселерден, предметтерден, процесстерден турат. Ошол эле мезгилде нерселер, предметтер канчалык өзгөрбөсүн, алар кандайдыр бир чекке бир калыпта, белгилүү бир сапатта, башкача болуп калбай кала берет. Предметтердин, буюм-нерселердин жана кубулуштардын белгилүү бир туруктуу сапаттуулугу дүйнөнүн чексиз көп түрдүүлүгүн түзөт. Сапат дегенибиз предметтердин, буюм-нерселердин өтө өзгөчө айырмалуулугу, ошого байланыштуу ал предмет, нерсе башка предметтерден, нерселерден, кубулуштардан айырмаланып, өзүнүн айырмалуулугу менен башка нерсе болбой, ошол боюнча кала берет. Сапат деген түшүнүк, предметтин өзүнүн нукура ички маңызы менен байланыш. Сан – бул буюм-нерселерди, заттарды саны аркылуу бир өңчөй бөлүктөргө бөлүп жана ал бөлүктөрдү бирөө кылып кайра чогултуп коюу мүмкүнчүлүгү. Сандын сапаттан айырмасы, сан нерселердин, предметтердин ички нукура маңызы менен тыгыз байланышта эмес. Бардык предмет, нерсе, буюм, кубулуш, бир эле мезгилде сандын жана сапаттын кошулуп бириккен биримдигин көрсөтөт.

Сандык өзгөрүүлөрдүн сапатык өзгөрүүлөргө өтүшү – кыймыл жана өнүгүү кандай жолдор менен жүрөөрүн түшүндүрүүчү диалектиканын негизги мыйзамынын бири. Бул жалпы өнүгүүнүн мыйзамы боюнча байкалбаган, акырындык менен топтолгон сандык өзгөрүүлөр терең, маңыздуу сандык өзгөрүүлөргө. Эски сапаттан секирик түрүндө жаңы сапатка өтөрүн белгилейт. Бул мыйзам жаратылыштын, коомдун жана ой-жүгүртүүнүн бардык өнүгүү процессинде жүрөт.

Сандык жана сапаттык өзгөрүүлөр өз ара тыгыз байланышкан жана бири-бирин шарттайт. Сандык өзгөрүүлөр сапаттык өзгөрүүгө алвп келбестен тескери процесс – сапаттык өзгөрүшү менен сандык өзгөрүүлөрдүн мүнөзүн да билдирет. Сандык жана сапаттык өзгөрүүлөр салыштырмалуу. Бир эле өзгөрүү бир касиетке (жалпы) карата сапаттык, ал эми башкаларына (өтө жалпы) карата сандык өзгөрүү болушу мүмкүн.

Т

Теизм – кудай жөнүндөгү окуу. Жогорку күч катары эсептелген, акыл менен эркке ээ болгон, жашыруун жол менен бардык материалдык жана рухий процесстерге таасирин тийгизүүчү кудайдын жашоосун тааныган диндик-философиялык окуу. Дүйнөдө жүрүп жаткан нерселердин баары кудайдын өнөр кесибинин ишке ашырылышы катары каралат. Табигый мыйзам ченемдүүлүк теизмде кудайдын алдын ала көрүүсүнө көз каранды деп түшүндүрүлөт. Деизмден айырмаланып теизм бардык дүйнөлүк окуя-аракеттерге түздөн-түз катышат, пантеизмден айырмаланып кудай дүйнөдөн сырткары жана анын үсүтүндө турарын бекемдейт.

Теология (грекче theos – кудай жана logos – окуу, билим) – кудай жөнүндөгү окуу. Христиандык диндик окуу Бибилияга, алгачкы собордук жана чиркөөлүк ыйык жазууларга таянат. Христиандык диндик окуу, кудай жөнүндөгү окуу, (фундаменталдуу теология, апологетика), догматикалык диндик окуу, чиркөө жөнүндөгү окууга бөлүнөт. Теологияга догматизм, авторитардуулук, схоластикалык белгилер таандык. Теологияга диндик философия жакындашат, бул теология менен илимдин биримдигин дадилдөөгө далалат жасайт. Теология бардык убактагы прогрессивдүү (алдыңкы) ойчулдар тарабынан сындоого алынган.

Телеология (максатка жетүү жөнүндөгү окуу) - дүйнөдө адамдан тышкары турган турган максаттардын жана пайдалуулуктун бар экендигин билдирген диндик философиялык окуу. Телеологиянын жактоочуларынын ою бонча дүйнөдөгү бардык нерселер кудай тарабынан жаратылган, анын колдоочулары организмдин түзүлүшүнүн

негизинде өсүмдүктөр менен жаныбарлардын өнүгүүсүндө мурдатан эле аныкталган ички максаттардын болоорун бекемдешет, бул максат кудай тарабынан берилип ой-пикирде аныкталат.

Теория – байкоо, карап чыгуу, изилдөө дегенди билдирет. Теория чындыктын тигил же бул «фрагменти» жөнүндөгү жалпыланган чыныгы билимдердин системасы, ал билимдин объектин түзүүчү белгилүү бир жыйындынын бар экендигин сүрөттөйт, түшүндүрөт жана алдын ала айтат. «Теория» термини ар түрдүү мааниде колдонулат: практикадан айырмалоо үчүн же гипотезага каршы коюшат. Теория практикадан айырмаланат, анткени реалдуу чындыктын руханий ойлонулуп «жасалышы», чагылышы, кайра жаралышы болуп эсептелет. Ошол эле мезгилде ал практика менен тыгыз байланышкан, анткени таанып билүүнүн алдына бышып жетилген милдеттерди коюп, аны чечүүнү талап кылат. Ошондуктан практика жана анын жыйынтыгы (үзүрү) жалпыланган түрдө теориянын органикалык элементи катары кирет.

Тааным теориясы же гносеология - таанып билүү ишмердүүлүгүндө субъект менен объекттин өз ара мамилесин, билимдин чындыгын жана ишенимдүүлүгүн үйрөтүүчү философиянын бир бөлүгү. Тааным теориясы адамдын дүйнөнү таанып билүүчү мамилесинин маңызы, анын баштапкы жана жалпы негизин изилдейт. Тааным жөнүндөгү философиялык окуу катары, тааным теориясы философиянын негизги маселесин чечүүдөн келип чыгат (караңыз: Гносеология).

Технократия – техникалык кесиптегилердин саясий бийлигинин орногондугун билдирген түшүнүк. Анын жыйынтыгы болуп коом тигил же бул таптын жеке кызыкчылыгынынын негизинде эмес, бардык элдердин кызыкчылыгы үчүн техникалык кесиптегилердин тайпасы тарабынан кабыл алынган илимий билимдин негизинде башкарылат. Технократия идеясы кеңири түрдө америкалык экономист жана саясат таануучу ДЖ.К.Гелбрейттин эмгектеринде сунуш кылынган. Гелбрейттеги борбордук түшүнүк болгон «техноструктур» - башкаруу функциясы жана чечимдерди кабыл алуу деңгээлине көз каранды болгон коомдогу техникалык кесиптегилердин иерархиясын түшүндүрөт.

Технологиялык детерминизм – азыркы учурда Европада жаралган социалдык философия концепция. Бул боюнча өндүрүштүн техникалык каражаттары б.а. машиналар, механизмдер, компьютерлер, роботтор ж.б. ошондой эле илимий жактан илимий жактан негизделген технологиялык билимдер чечүүчү фактор болуп саналат, социалдык өнүгүүнүн мүнөзү жана багыты. Технологиялык детерминизмдин рамкасында эки агым бөлүнүп көрүнөт: технологиялык эвдомонизм-техника жана технологиядагы процесс автоматташтырылган түрдө социалдык каршылыктарды, таптык күрөштү, байлыктын, маданияттын бирдей эмес өлчөмдө бөлүнүшүн четке кагат; технологиялык детерминизм ушул прогресстин терс жыйынтыгын гана көрөт: социалдык-экономикалык каршылыктын күчөшү, инсандын үстүннөн болгон зордук-зомбулуктун күчөшү, коомдук турмушта гуманизмге каршы туруу ж.б. Технологиялык детерминизм өзүнүн бардык көрүнүшүндө илимий техникаык революцияга дал келбеген мамиле жасайт. Ал техника жана технология тарыхый өнүгүүнүн түрдүү стадиясында түрдүү социалдык-экономикалык системага түрдүү натыйжаларды алып келерин эске албайт.

Томизм – Фома Аквинский тарабынан негизделген католиктик философиянын белгилүү бир багыты. Томизмдин кеңири таанылышы доминикан орденинин түрдүү мектептеринен көрүнөт. Орто кылымда томизмге каршы францискан орденение биригишкен Дунс Скоттун жактоочулары чыгышкан. Кайра жаралуу доорунда улантуучусу катары италиялык доминиканец Фома де Вио эсептелет. Томизмдин акыркы жанданууусу XIX-к. орто ченинен башталат (неотомизм) – А.Штекль (Германия), М. де Вульф (Франция), Д.Мерсье (Бельгия), У.Ньюмен (Англия), Т.Либераторе (Италия) ж.б. Азыркы учурдагы томизмдин негизги тенденциясы – соңку мезгилдеги табигый илимдерди теологиялык жактан фальсификациялоо, Фома Аквинскийдин системасын

Кант, гегель жана Гуссерль, Хайдаггер ж.б. философиялык идеялары менен синтезтештирүүгө болгон аракети.

Тоталитаризм – XX-к. социалдык тартиптерди билдирүүчү түшүнүк. Анда бийлик структурасы турмуштун бардык чөйрөсүндө мамлекеттик идеологиянын жайланышуусуна, бир партиялуу системага, бардык жактан текшерүүгө жана зордук-зомбулукка негизделген. «Тоталитаризм» термини 20-жж. В.Муссолини өзү жетектеген кыймыл жана тартипти мүнөздөө үчүн саясий тилге киргизген.

30-жж. орто ченинен тартып тоталитаризмдин түрдүү концепциялары нацизм жана сталинизмдин аракеттерин аңдап билүү катарында социалдык-философиялык жана көркөм адабиятта тарала баштаган.

Тотемизм – алгачкы общиналык коомдогу диндин алгачкы формаларынан. Бул термин биринчи жолу (XVIII-к. аягы) Дж.Лонг тарабынан пайдаланылган. Тотемизмдеги негизги нерсе – кандайдыр бир адамдардын тайпасынын белгилүү бир жаныбарлар, өсүмдүктөр, кубулуштар же предметтер менен жалпы теги, ар кандай байланыштардын жакындыгы болуп эсептелет. Тотомизмдин пайда болушу чарба жүргүзүүнүн примитивдүүлүгү, коомдогу башка уруудагы адамдардын арасындагы катнаштардын жоктугу менен байланыштуу. Тотем деп жаныбар – уругу, анын чагылышы же символу, жана адамдардын тайпасыэсептелет. Тотем – адамдардын эң зор коргоочусу, аларды тамак-аш менен камсыз кылат.

Транценденталдуу – априордук (тажрыйбадан тышкары же тажрыйбага чейин) шарттарга таандык болгон таанымдын мүмкүнчүлүктөрү. Транценденттүү түшүнүктөрдү айырмалоо И.Канттын «Таза эсти сындоо» («Критика чистого разума») деген эмгегинде киргизилген. Эгер трансценденттүү имманенттүүгө каршы болсо, трансценденталдуу эмпирикалыкка каршы турат.

Э.Гуссерлде феноменологиялык редукциянын максаты болуп «трансценденталдык аң-сезимдин» - сезимдик-тажрыйбалык элементтерден тазартылган аң-сезимдин деңгээлине чыгуу. Феноменологиядагы «трансценденеталдуу субъект – эмпирикалык субъектен» айырмаланып, өзүнүн жеке маңызынын автономдуу булагы. Хайдеггер боюнча трансценденталдуу деңгээл – маселени онтологиялык жактан изилдөөнзн негизги кадамы.

Трансценденттүү – «буюм», «барлык», «чыныгылык», «биримдик» сыяктуу предметтердин мүнөздөлүшүнүн жеке касиеттеринин «чектен чыгууларын», жалпы белгилерин түшүндүүрүчү орто кылымдагы схоластикада пайда болгон термин. И.Кант «трансценденттүү» терминин мүмкүн болгон тажрыйбадан (мис., кудай, жан, өлбөстүк) сырткары турган нерсе катары түшүндүргөн. И.Канттан кийинки «реалисттик» теориялык тааныл-билүүчү концепцияларда (Н.Гартман, Венцль, Сантаяна) трансценденттүү деген адамдын аң-сезиминен сырткары жана көз карандысыз жашаган предмет түшүндүрүлөт, ал же таанып билүүгө мүмкүн эмес же акыл менен гана таанылып билинет деп билдирилет.

Түзүлүш – системанын уюшулушунун ички формасы жана түзүлүшү, бул элементтердин ортосундагы туруктуу өз ара байланыштардын биримдиги жана ал байланыштардын мыйзамы катары көрүнөт. Структура – бардык реалдуу жашаган объект жана системалардын ажырагыс атрибуту. Дүйнөдө структурасыз тело, жөндөмсүз ички өзгөрүүлөр болбойт. Ар бир материалдык объект көп түрдүү түгөнбөс ички жана сырткы байланыштарга, бир абалдан экинчисине өтүү жөндөмдүүлүгүнө ээ. Материянын көп түрдүү структуралык деңгээлине жараша ар бир материалдык түзүлүш көп структуралуу. Мисалы, коомдо экономикалык структура, саясий структура, социалдык-таптык структура жана башкалар бар. Жаратылыш системасында материянын ар бир түзүлүш деңгээлине объекттердин белгилүү бир структурасы дал келет.

Таанып билүү, тааным – адам тарабынан объективдүү дүйнөнү аңдоодогу активдүү, максатка багытталган процесс, жана ал тарабынан жаңы-жаңы билимдерге ээ болуусу. Таанып билүү ар дайым коомдук-тарыхый мүнөзгө ээ, анткени адамдар дүйнөнү

биргелешкен практикада тааный алышат, алар бири бири менен билимдерин алмашат, муундан муунга өткөрүп беришет. Таанып билүү процессинин негизги этаптары – сезимдик жана рационалдык таанып билүү. Сезимдик таанып билүү – бул чындыкты сезүү органарынын жардамы менен, нерв системасы жана мээнин жардамы менен, алардын таанып билүүнүн объекти менен түздөн түз катнашынын негизинде таанып билүү. Анын формалары болуп: туюм, кабылдоо, ой жүгүртүү эсептелет. Рационалдык таанып билүү – бул чындыкты абстрактуу ой жүгүртүү жана логикалык ойломдун негизинде таанып билүү. Рационалдуу таанып билүү процессинде ой жүгүртүүнүн төмөнкүдөй формалары иштелип чыгат: түшүнүк, ой жүгүртүү, ой корутунду, гипотеза, теория.

Таанып билүү практика менен тыгыз байланышкан, б.а. жаратылышты жана коомду өздөштүрүү жана кайра түзүү боюнча адамдардын бардык активдүү ишмердүүлүгү менен байланышта.

Түшүнүк – натыйжалуу таанып билүүнүн негизги формасы. Адам өзүнүн оюунун жардамы менен бүтүндөй конкреттүү предметтерден өзүнөн өзү эле объективдүү жашаган мамилелерди бөлүп ажыратат, материалдык предметтерден сырткары өзгөчө предметтер жашабайт. Бирок алар адам жана адамзаттын жашоосу жана ишмердүүлүгү үчүн зарыл болуп саналат, ошондуктан анын таанып билүүчү ишмердигинин атайын объектиси болуп калат. Адам тарабынан блүнүп көрсөтүлгөн жана таанылган бул объекттер сөздөрдө – түшүнүктөрдө айырмаланат жана чагылдырылат.

Түшүнүк – таанып билүүнүн социалдык-тарыхый процессинин сөздө камтылган продуктысы, алар предметтер менен кубулуштардын жалпы өзгөчө касиеттерин, мамилелерин бөлүп көрсөтөт жана аныктайт. Мына ушуга байланыштуу ошол тайпадагы предметтер менен кубулуштардын аракеттеринин ыкмалары жөнүндөгү билимдерди жыйынтыктайт.

Тануу - диалектикада тануу өнүгүүнүн эң зарыл моменти, буюмдардын сапаттык жактан жардамы менен айтылган ойдон жаңы ой жаралуучу логикалык операция (баштапкыны тануу), мында эгер баштапкы ой чындык болсо анда анын танылышы жалган, ал эми айтылган ой жалган болсо, аны тануу чындык болуп эсептелет.

Танууну тануу закону – диалектиканын мыйзамдарынын бири. Танууну тануу мыйзамы жаратылыштын, коомдун жана таанып билүүнүн өнүүгүсү ырааттуулуктун негизинде жаңынын эскинин диалекткалык тануусу чексиз чынжыр түрүндө жүрөрүн (эскини жокко чыгарып, бирок бардык жашоого жөндөмөлөрдү сактоо жана өнүктүрүү менен), эскинин бөлүкчөсүнүн кайталанышы, жаңыны жогорку деңгээлде, жалпысынан ырааттуу кыймыл, бирок түз же айлана түрүндө эмес, алардын татаал комбинациясы – кандайдыр бир спираль түрүндө жүрөрүн аныктайт. Танууну тануу закону өнүгүүнүн мүнөзүн, анын формасын, багытын, жыйынтыгын, масштабын, темпин ачып көрсөтөт.

Тил – кеңири мааниде – бул маданияттын бардык системасы, анын жардамы менен адамдардын ортосундагы байланыштар жөнгө салынат. Кууш мааниде тил – бул кеп аркылуу берилген атайын адистешкен информациялык белги ишмердүүлүгү. Кептин жардамы менен мамиле процессинде натыйжалуулуктун жогорку чегине жетишүүгө болот. Тил табигый жана жасалма болушу мүмкүн. Табигый тил – күнүмдүк. Турмуштук жашоодогу тил катары түшүнсө болот, ал адамдын оюн жана мамле байланышын билдирүүнүн формасы катары кызмат кылат. Жасалма тил адамдар тарабынан кандайдыр бир керектөөлөрү үчүн жаратылат (математикалык символиканын тили, физикалык теориянын тили, ар түрдүү сигнал берүү системасы ж.б.).

Таптар (коомдук) (лат. classis-топ, бөлүк, бөлүнүшү) - предметтердин, нерселердин, заттардын, кубулуштардын, топтордун жалпы белгилерин, жалпы окшоштугун көрсөткөн түшүнүк. Предметтер, буюм-нерселер, жандуу организмдер: өсүмдүктөр дүйнөсү, жаныбарлар дүйнөсү, жаныбарлар дүйнөсү жана техникалар ж.б.у.с. жалпы белгилерге ээ. Класстар коомдук турмушта да болот. Коомдогу класстарды кыргызча таптар деп которуп айтсак болот. Коомдук таптар – бул тарыхый белгилүү бир коомдук өндүрүштө ээлеген орду аркылуу, алардын өнүрүштүк куралга болгон мамилеси

аркылуу, алардын коомдук эмгекти уюштуруудагы ролу менен, ошондой эле алардын колунда болгон тиешелүү коомдук байлыктан алган өлчөмү аркылуу бири-биринен айырмаланышкан адамдардын чоң тобу. Ушундай жалпы белгилер менен айырмаланышкан адамдардын чоң тобу коомдук таптарды түзүшөт. Ушундай жалпы белгилерге ээ болгонуна байланыштуу коомдун таптар белгилүү: кул ээлөчүлүк коомдо – кулдар жана кул ээлөөчүлөр; феодалдык коомдо – крепостной дыйкандар жана феодалдар (помещиктер); капиталисттик коомдо – капиталисттер жана жумушчулар; социалисттик коомдо – жумушчулар жана коллективдешкен дыйкандар. Таптар – коомдун тарыхый өсүшүндө, эмгектин түрлөргө бөлүнүшүндө. Өндүрүштүк куралга болгон жеке менчиктин пайда болушунда, объективдүү негизде келип чыккан.

Тарыхыйлуулук – реалдуулукту мезгил убакытка жараша өзгөрүлүп, өсүп-өнүгүп турат деген принципте кароочу илимий-философиялык түшүнүк. Тарыхыйлуулук – бул объеттерди, буюм-нерселерди, кубулуштарды, процесстерди ар дайым калыптанууда, өсүп-өнүгүүдө, ошондой эле аларды өзү пайда кылган шарт менен тыгыз байланышта караган таанып билүү принциби. Тарыхыйлуулук кубулуштарды изилдеп кароодоьаалардын пайда болушун жана кийинки өсүп-өнүгүү багытын, мурдагы өткөн, ошондой эле келечектегисин кошо кароо дегенди билдирет. Тарыхыйлуулук ар кандай эле өзгөрүүлөрдү эске алып белгилей бербейт, ал тескерисинче, буюм-нерселердин, кубулуштардын негизин, алардын айырмачылыгын аныктаган, алардын өзгшөчө касиеттеринин жана байланыштарынын пайда болушун көрсөтөт.

Тарыхыйлуулук жана логикалуулук – бул өсүп-өнүгүүнүн негизги өзгөчө процессин, ошондой эле ой-пикирди логикалык өсүшүнүн жана процесстин тарыхынын ортосундагы салыштырмасын көрсөткөн философиялык түшүнүктөр. Тарыхыйлуулук жана логикалуулук объективдүү чындыктын, реалдуулуктун тарыхый өсүп-өнүгүшү менен аны таанып билүүдө теориялык деңгээлде чагылдыруусунун ортосундагы байланыш. Тарыхыйлуулук – бул объекттин калыптануусу жана өсүп-өнүгүүсү, ал эми логикалуулук – бул объекттин өскөн жана өсүп өнүгүүсүнүн негизги мыйзам ченемдүү байланыштарын жана мамилелерин теориялык жактан кайрадан чагылдырып көрсөтүүсү. Тарыхыйлуулук жана логикалуулук түшүнүктөрү тарыхыйлуулук принцибин ачык айкын көрүнүшү болуп саналат, анткени, ар кандай маселелрдин тарыхта кандай болгонун, бул кубулуш тарыхта кандай жолду басып өтүп жана бул нерсе азыркы убакта кандай болуп калды деген көз карашты көрөсөтөт.

Түбөлүктүүлүк – бул ааламдын эч бүтпөгөн убакытка созулган жашоосу, материянын жоктон бар болбостугу жана бардан жок болбостугу. Түбөлүктүүлүк бүтүндөй жаратылышка, ааламга, материяга гана таандык, ал эми ар бир материя, анын жеке жалгыз түрлөрү, ааламдын жеке түзүлүштөрү убактылуу болуп эсептелинет. Түбөлүктүүлүк материя, аалам, материялдык нерселер бир калыпта тегеренип өзгөрүлбөй жашайт дегендикке жатпайт. Тескерисинче, материя бүтүндөй аалам, материялдк нерселер ар дайым өзгөрүлүп, өсүп, бир сапаттан башка бир сапатка өтүп, жаңы калыпта болушу, түгөнгүс сапаттык жана сандык жактан өз ара бири бирине өтүп, өзгөрүп турушу.

Тышкы дүйнө (аалам) – бул адамдын аң-сезиминен тышкары жана аң-сезимге багынбаган материалдык нерселердин, кубулуштардын жалпы жыйындысы, алардын өз ара байланышы жана катнашы, б.а. тышкы дүйнө – бул бүтүндөй жаратылыш, коом, алардын кыймылы, өсүп-өнүгүү мыйзамдары жана мыйзам ченемдүүлүгү. Тышкы дүйнө адамдын таанып билүүсүнүн негизги булагы болуп саналат. Адам тышкы дүйнөнү өзүнүн өндүрүштүк практикасында ишмердүүлүк менен жасаган кыймыл аракетинин учурунда таанып билет, үйрөнөт. Объективдүү идеалисттердин көз карашы боюнча тышкы дүйнө – бул дүйнөнүн, ааламдын башында турган дүйнөлүк жандын, чексиз жандын жаратканы деген тыянакта, ал субъективдүү идеалисттердин пикири боюнча тышкы дүйнө – бул адамдын аң-сезиминин чыгармачылык жыйынтыгы, аң-сезимдин түшүмү, жаратканы.

Универсалийлер (жалпы түшүнүктөр) - Орто кылымдын философиясында жалпы идеялар ушундайча аталган. Жалпы түшүнүктөр жөнүндөгү талашта алар объективдүү реалдуу болуп эсептелеби, же жөн эле буюмдардын аттарыбы деген суроого жооп берүүгө аракеттер жасашкан. Универсалийлер (жалпы түшүнүктөр) «буюмдарга чейин» жашайт (Эриугена, Ф.Аквинский) деп айтышат. Ушуга каршы турган көз караш жалпы түшүнүктөр акылда гана, «буюмдардан кийин» акылдын түзүлүшү катары (концептуализм) жашайт, же жөн эле сөз болуп эсепетелет деп билдирген (Росцелин, Оккам).

Убакыт жана мейкиндик – бул материянын объективдүү түрдө экендигин чагылдырган филоофиялык түшүнүктөр. Ар кандай нерселер, буюм-заттар, процесстер, кубулуштар мейкиндикте жана убакыттын гана кучагында болот. Ансыз мүмкүн эмес. Убакыт жана мейкиндик өз ара тыгыз байланышта жана аларды бири биринен ажыратууга болбойт. Эгерде, мейкиндик материалдык объекттердин өлчөмүн, бири-бирине карата салыштырмалуу түрдө жайгашуусун, ар кандай нерселердин тартиптүү түрдө тигил же бул жерде ээлеген ордун көрсөтө турган болсо, ал эми убакыт материалдык процесстердин ырааттуулук менен, биринин артынан бири ээрчип, орун алмашуусундагы алыстык аралыгын, өсүү баскычын, алыстыгын, өсүшүн көрсөтөт. Эгерде узактык болбосо, же бир эле процесс ар түрдүү убакытта башка бир баскычта болуп өзгөрбөсө, анда ошол баскычтардын өзү болмок эмес, анда эч кандай мыйзам ченемдүүлүктүн негизинде өзгөрүүлөр болуп, бир абалдан башка бир абалга өтмөк, ошондой эле кубулуштардын процесстердин төмөнкү түрдөн жогорку деңгээлдеги түргө өтүүсү да мүмкүн болмок эмес. Бул деген – убакыттан тышкары материя кыймылда болушу мүмкүн эмес дегендик. Убакыт – бул кыймылда болгон материянын объективдүү реалдуу түрдө жашашы. Материянын кыймылы убакыттын ичинде мейкиндикте болуп турат. Ошондуктан, мейкиндик убакыт сыяктуу эле кыймылда болгон материянын жашоосунун реалдуу бир түрү.

Ф

Фатализм (лат. fatalis – жазмыш, тагдырга жазылган) – дүйнөдө жүрүп жаткан бардык процесстер зарылдыктын үстөмдүгүнө баш ийген эркиндикке, чыгармачылыкка орун берилбегендигин жана алдын ала аныкталганын билдирүүчү дүйнөгө болгон көз караштык концепция. Алгач фатализм адамдар, ал турсун кудай да маңызсыз, максатсыз тагдырга баш ийе тургандыгы жөнүндөгү мофиологияда өнүккөн. Фатализм философияда ар түрдүү формада көрүнөт. Стоиктердин окуусу боюнча космоско тагдырдын үстөмдүгү өкүм сүрөт, мезгил-мезгили менен болуп туруучу дүйнөлүк өрттөн кийин баары кайталанат. Лейбництин окуусунда алдын ала негизделген монадалардын өз ара аракеттенүү гармониясы кудай тарабынан аныкталат, Шеллингдин объективдүү идеалисттик системасында эркиндик менен зарылдыктын ажыратылышы индивиддердин эркин аракеттенүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат, Гегелде инсан абсолюттук рухтун куралы катары эсептелет. Теологиялык фатализм тарыхтын окуялары жана адам турмушу кудайдын эркы менен аныкталат деп билдирет.

Феминизм – аялдарды бөштондукка чыгаруу кыймылын негиздеген жыныстык теңдик теориясы. Феминизмдин биринчи толкуну XIX- жана XX-кк. биринчи жарымына туура келет да, юридикалык жактан жыныстык теңдикке жетүү үчүн күрөш болгон. Экинчи толкуну XX-к. орто ченинен башталып, аялдардын эркектер менен иш жүзүндөгү теңдиги үчүн күрөш болуп эсептелет. 70-жылдардын аяк ченинде бул кыймыл кеңири жайыла баштаган, ал массалык акцияларда, бир нече уюмдарды, формалдуу эмес мүнөздөгү анча чоң эмес тайпаларды түзүүдө көрүнө баштаган.

Феминизмдин теориясынын борборунда адамдын жынысы биологиялык категория катары каралбастан социомаданий мүнөздөлүш (гендер) катары каралат.

Феномен – маңыз түшүнүгү менен байланыштагы жана ага каршы коюлуучу түшүнүк. Бул каршы коюу реалдуулукту кароонун мындай жолун адам качан наивный

реализмден – буюмдардын өзүнө окшош эмес деп туюмга өткөнүн көрсөтөт. XX-к. философиясында феномен түшүнүгү багыттарында кеңири колдонулат, анда трасценденттүү жана имманенттүү айырмаланат. Трасценденттүү эки жактуу түшүнүлөт: же биздин таанып билүүдөн сырткары эмне турат (кудай, эркиндик, өлбөстүк), же биздеги «менден» сырткары эмне турат. Бретано менен Дильтей физикалык (сырткы) жана психикалык (ички) феномендер деп бөлгөн. Физикалык феномендер – бул чыныгы жашай турган буюмдар эмес, өзүнүн таасири менен түшүнүктү жаратуучу чыныгы жашаган белгилер. Психикалык феномендер – чыныгы феномен, анткени алар ой санаада менталдуу (интенционалдуу) белгиде имманенттүү берилет, да түздөн түз мүмкүндүк сапатында болот.

Феноменология – Гусасерль жана анын улантуучулары Л.Ландгребе, Э.Финк тарабынан негизделген. XX-к. философиясынын негизги багыттарынын бири. Феноменологиянын борбордук түшүнүгү – «интенциалдык» аң-сезим (анын объекттке болгон багытталышы) «субъектсиз объект жок» деген субъективдүү – идеалисттик принципти бекемдөөгө багытталган. Феноменологиялык методдун негизги талаптары болуп: 1) феноменологиялык редукция, б.а. объективдүү реалдуулукка таандык болгон жана «таза» (б.а. субъекттивдүү) тажрыйбанын чектеринен чыгуучу кандай гана болбосун ой жүгүртүүдөн алыстоо; 2) транценденталдуу редукция, б.а. таанымдын субъектисин реалдуу, эмпирикалык, социалдык жана психофизиологиялык жандык катары карабастан, «таза» аң-сезим катары кароо.

Фидеизм (лат.fides- ишеним) – илимди динге баш ийдирүүгө, идеалисттик философия менен илимий билимди диндик окууларды коргоо үчүн пайдаланууга аракет жасаган окуу. Анын негизинде төмөндөгүдөй ырастоо турат: экинчи себептүүлүк жөнүндөгү билимди гана берет, ал алгачкы себептүүлүктү (жогорку күчтөгү) ачып көрсөтө албайт, болмуштун терең булактарын түшүндүрө албайт. Илимдин аракет чөйрөсүн чектеп, фидеисттер илимий тааным чындыкты толук ачып көрсөтө албайт дешет, алар объективдүү чындыктын жашоосун төгүнгө чыгарышат. Билимдин чектери жөнүндөгү фидеисттик окуу илимди кеңири дүйнө таануучулук, методологиялык маңызынан алыстатуу максатын көздөйт. Фидеисттердин ою боюнча дин гана дүйнө түзлүшүнүн жашоосунун жана багытынын принциптерине чыныгы түшүнүк берет, адамдын жашоосуна маңыз жана максат берет, илим болсо ушул максатты ишке ашыруунун кээ бир каражаттарын гана берет. Фидеизм – диндик окуунун негизи.

Философия (грек тилинен которгондо «акылмандыкты сүйөмүн» дегенди билдирет) – болмуш, адамдын ой жүгүртүүсү, тааным теориясын баш ийдирген жалпы закон ченемдүүлүктөр жөнүндөгү илим.

Ар бир коомдогу адамдарда жашап турган чындык (реалдуулук) жөнүндө тигил же бул ой жүгүртүүлөр жаралат, б.а. белгилүү бир дүйнөгө болгон көз караш жана коомдук аң-сезим жаралат. Дүйнөгө болгон көз караштын жана коомдук аң-сезимдин формасы катары философия эсептелет. Ал төмөндөгүдөй философиялык суроолорго жооп издейт: дүйнө кандайча түзүлгөн, адам дүйнөгө карата кандай мамиледе, адамдын андан алган орду кандай, аны кантип таанып билет, адам бул дүйнөдө кантип аракет жасайт, б.а. философия дүйнө түзүлүшүнүн жалпы принциптерин, адамдын дүйнөгө болгон мамилесин (таанып билүүчүлүк, баалуулук, практикалык) изилдейт. Философиянын негизги предмети – көп проблемалуу «дүйнө-адам» ортосундагы мамиле. Философия баарынан мурда дүйнө жүзүндө тар, бир жактуу эмес, бүтүндөй системалуу ой жүгүртүүнүн кеңдигине жана акылмандыкка ээ болуу үчүн, турмушту ар жактуу жана татаал түрдө түшүнүү үчүн, адамдын өзүнө тиешелүү чечүүчү маселелерди адам ишмердүүлүгүнүн чегинде чыныгы, негиздеген түрдө чечүү үчүн зарыл болуп эсептелет.

Форма жана мазмун – философиялык категориялар. Тигил же бул предметтин, кубулуштун, процесстин негизги тибин, мүнөзүн аныктоочу түрдүү элементтердин жыйындысы жана алардын өз ара таасир этүүлөрү мазмун деп аталат. Мисалы, тигил же

бул өндүрүштүн мазмуну – белгилүү бир продукциясын даярдоо, кинофильмдин мазмуну – анын сюжети.

Форма – тигил же бул мазмундун жашоо жолу, иреттүүлүк принциби. Өндүрүш үчүн форма эмгекти уюштуруу, көркөм чыгарма үчүн – анын композициясы, ар түрдүү ыкмалар, сезимдерди, идеяны билдирүү техникасы.

Мазмун жана форма биримдикте жашайт. Алар бир предметтин, процесстин же кубулуштун зарыл, бөлүнгүс жана өз ара байланышкан жактары: калыптанбаган, жасалбаган мазмун болбойт жана болушу да мүмкүн эмес, ошондой эле мазмунсуз форма да болбойт. Бирок мазмун менен форманын биримдиги карама каршылыкта. Мазмун тынымсыз түрдө өнүгүп турган жана өзүнө тартып турган форманын аныктоочу жана активдүү жагы болуп саналат.

Форма – аныкталуучу, консервативдүү жагы; өзүнүн өнүгүүсүндө форма мазмундан артта калат, эскирет, ал өз ичинде жана өзүнүн мазмуну менен каршылыкты курчутат. Ошол эле мезгилде форма салыштырмалуу түрдө өз алдынчалыкка ээ.

Фрейдизм – психоанализдин теориясынын жана методунун аталышы. Австриялык врач невропотолог жана психиатр З.Фрейддин атынан аталган. Психикадагы патологиялык процесстердин себебин изилдөө менен, З.Фрейд актынын физиологиялык себептери менен болуучу психикалык актынын мазмунунун өзгөрүүсүн вульгардык-материалисттик негизин четке кагат. Психика өз алдынча, материалдык процесстер менен параллель жашаган нерсе катары каралат (психикалык параллелизм) жана аң-сезимден сырткары турган өзгөчө, түбөлүктүү психикалык күчтөр менен башкарылат (бессознательное). Адамдын рухунун үстүнөн рок, «реалдуулук принциби» менен ырахаттануунга болгон аң-сезимсиз түрдө аракеттенүүнүн өзгөрүлбөс психикалык конфликттери өкүм сүрөт, буга аң-сезим ыңгайлашат. Адамдын бардык психикалык абалын, бардык аракеттерин, бардык тарыхый окуялар жана коомдук кубулуштарды З.Фрейд психианализге алып келет б.а. аң-сезимсиздиктин көрүнүшү жана баарынан мурда жыныстык кумарданууунун көрүнүшү катары талдайт. Индивиддин психикасынын тереңиндеги, түбөлүк каршылыктар З.Фрейдде мораль, искусство, илим, дин, мамлекет, укук, согуш ж.б.у.с. себебин жана мазмунун берет (караныз: Сублимация).

Философиянын негизги маселелери – аң-сезимдин болмушка, рухийликтин материалдыкка болгон мамилеси жөнүндөгү маселе. Ф.Энгельс мындай деп жазган: «Бардык, өзгөчө жаңы философиянын негизги маселеси болуп ой жүгүртүүнүн болмушка болгон мамилеси». Философиянын негизги маселесинин структурасында эки жагын айырмалашат. Эмне биринчи, духпу же жаратылышпы деген маселе философиянын негизги маселесинин биринчи жагын түзөт. Дүйнөнү таанып билүү жөнүндөгү маселеде «биздин ой жүгүртүүлөрүбүздө чыныгы дүйнөнү тааный алабы», биздин ой жүгүртүүлөрүбүздө жана түшүнүктөрүбүздө чыныгы туура чагылдыра алабызбы деген маселе гноселогиялык жагын түзөт.

Х

Харизма – жыргалчылыктын тартуусу. Айланасындагылар тарабынан кандайдыр бир жогорку күч катары кабыл алынган адамдын руханий жөндөмдүүлүгү. Харизма түшүнүгү азыркы учурдагы социалдык философияга жана социологияга М.Вебер тарабынан киргизилген. Харизманы алып жүрүүчүлөр – баатырлар, улуу түзүүчүлөр, булар кудайдын эркин жарыялоочу катары же акыл идеясын алып жүрүүчүлөр же боло бере турган нерсени кесип өткөн генийлер ж.б. бийлик феноменин талдап отуруп, М.Вебер харизманын өзгөчө тибин – харизматикалык бийликти ачкан. Ал бийликтен айырмаланган мыйзамга таянган легалдуу жана традиция менен абройго таянган традициялык харизманы айырмалайт. Харизматикалык бийлик – бул «жол башчынын», «Фюрердин» бийлиги, бул бийликтегинин өзгөчөлүгүнө ишенген жана кыңк этпестен баш ийүүгө негизделген.

Ц

Цивилизация – коомдун өнүгүүсүнүн материалдык жана руханий жетишкендиктеринин жыйындысы. Цивилизация – адам тарабынан кайра түзүлгөн, маданиятташтырылган тарыхый жаратылышты камтыйт (табигый жаратылышта цивилизациянын жашоосу мүмкүн эмес) жана кайра түзүүлөрдүн каражатын, маданиятта өздөштүргөн жана өзүнүн жашоосунда маданиятташтырылган чөйрөдө жашоого жана аракеттенүүгө жөндөмдүү адамды камтыйт, ошондой эле жашоосун жана уланууусун камсыз кылуучу, маданияттын социалдык уюштурулушунун формасы катары болгон коомдук мамилелердин жыйындысы. Коомдун формацияга бөлүнүүсү цивилизацияга социалдык аныктама, тарыхый конкреттүүлүк берет. Бирок цивилизация коомдук формацияга караганда глобалдуу түшүнүк. Алгачкы коомдук абалдан келип чыккан коомдогу формациялык айырмачылыктар – бул цивилизациянын өзүнүн ичиндеги айырмачылыктар. Цивилизация – бул социомаданий түзүлүш. Эгерде «маданият» түшүнүгү адамды, анын өнүгүүсүнүн чегин, ишмердүүлүктөгү, чыгармачылыктагы көрүнүү жөндөмдүүлүгүн аныктаса, цивилизация түшүнүгү маданияттын өзүнүн социалдык болмушун мүнөздөйт.

Ч

Чагылтуу – өз ара таасир берүү процессинде бардык материалдык системанын өзүндө бири биринин өзгөчөлүгүн чагылдыруу жөндөмдүүлүгү, кандайдыр бир жол менен тышкы таасирге реакция жасоо. Эң жөнөкөй чагылтуу – бул ар кандай эле объекттин тышкы таасирге болгон пассивдүү аракет жасоо касиети. Ал эми маалыматтык чагылуу – бул жандуу материалдык системанын тышкы таасирге карата болгон активдүү жооп кайтаруу жөндөмдүүлүгү. Бул чагылуунун маалыматтык деп аталышынын себеби, мында тышкы таасир (объектттен) чагылуучу система (субъектт) тарабынан информация катары кабылданат. Маалымат – бул субъектти кандайдыр бир аракетке, активдүүлүккө чакырууга белгилүү бир белгилеринин агымы (жарык, жылуулук, үндүк ж.б.) маалыматтык чагылтуунун жогорку формасы катары аң-сезим эсептелет.

Чек – бул кандайдыр бир нерсенин же кубулуштун сапат жана сан жагынан биримдигин көрсөткөн философиялык түшүнүк. Сапаты жагынан айырмаланган нерсеге, объектке, процесске жана кубулушка өзүнө жараша белгилүү сандык мүнөз тиешелүү. Бул мүнөздөр өз ичинде өзгөрүлүп, жылып турат, кыймылда болот. Бирок алардын ички өзгөрүүлөрү жылып кыймылда болушу кээ бир зарылдык текте чектелген, бул чектен чыгып кетиши акырындап сандык өзгөрүүлөрдү сапаттык өзгөрүүгө алып келет. Сандан жаңы сапатка өткөн чек ара чек дегенди билдирет, б.а. кандайдыр бир сапаттагы нерсе, ички саны өзгөрүлүп олтуруп, бир чекке жеткенде, аңы сапатка ээ болушу чек деп аталат. Ошол эле мезгилде, кандайдыр бир нерсенин, объекттин, процесстин сапатынын өзгөрүшү анын сандык жактан жана чектин өзгөрүшүнө алып келет. Сандын жана сапаттын биримдиги, өз ара байланышта болушу ошол объекттинин, нерсенин, процесстин ички табигый негизи менен байланышкан. Философиянын тарыхында чек деген түшүнүк немец философу Гегель тарабынан иштелип чыккан.

Чексиздик жана чектүүлүк – бул философиялык түшүнүктөр объективдүү ааламдын өз ара бири бири менен тыгыз байланышта болгон жактарын көргөзүп турат. Чексиздик – материалдык дүйнөнүн аалам мейкиндигинде чексиз көп түрдүүлүгүн, убакыт боюнча чексиздигин жана анын жоголбостугун, жоктон бар болбостугун түбөлүктүүлүгүн,сан жагынан түбү жок бүтпөстүгүн, анын касиети жагынан түзгөнгүс ар түрдүүлүгүн, ар тараптан бири бири менен тыгыз байланыштыгын, материянын көп түрдөгү сапаты жана деңгээли боюнча түзүлүшүн, анын ар түрдүү формада болушун көрсөтүп турган түшүнүк. Чектүүлүк – бул ар кандай нерселердин, материялык түзүлүштүн кандайдыр бир мейкиндиктин ичинде да, убакыт боюнча да чектүүлүгүн көрсөтөт. Ар кандай нерселер сандык жана сапаттык жагынан чектүү жана кандайдыр бир бүтүндүккө ээ. Чексиздик жана чектүүлүк дайым бири бири менен тыгыз байланышта. Ар кандай бүтүндөй объект өзүнүн ички түзүлүшү боюнча чексиз бүтүндөй объектти пайда

кылган материя жок болбойт, түбөлүктө болуп, бир түрдөн башка түргө өтүп жүрө берет. Чектүүлүктү ар дайым чексиздиктин үлүшү болот, ал эми чексиздик сан жеткис көп түрдөгү чектүү бүтүндөй нерселерден, кубулуштардан турат, алар ар дайым өз ара диалектикалык тыгыз байланышта болот.

Чыгармачылык – сапаттык жактан жаңы материалдык жана рухий баалуулуктарды түзүүчү адам ишмердүүлүгүнүн процесси. Чыгармачылык – эмгектин негизинде жаңы реалдуулукту түзүү жөндөмдүүлүгү жана ал көп түрдүү коомдук керектөөлөрдү канааттандырат. Чыгармачылыктын түрлөрүн түзүүчү (жаратуучу) ишмердүүлүктүн мүнөзү менен аныкталат (ойлоп табуучунун чыгармачылыгы, илимий же көркөм чыгармасчылык ж.б.). көркөм чыгармачылыкты идеализм кудай оопалыгы (Платон), аң-сезимсиздиктин чыйралтуучу деми (дем чыгарышы), мистикалык инуиция (Бергсон), инстинктин көрүнүшү (Фрейд) катары караган. Чыгармачылык процессине адамдын бардык рухий күчтөрү, анын ичинде кыялдануу, ошондой эле окуу жана практикада алынган ыкамалар катышат.

Чындык – бул ой-пикирде, билимде практика менен текшерүү аркылуу реалдуулукту, болгон нерсени так жана туура чагылдыруу. Реалдуулукту, болгон нерсени, ой-пикирди, билимди так, туура чагылдыруу деген, таанып билүүнүн үстүндө иштеген адамдын өзү аң-сезиминде, билимде ошол объектти өзү кандай болсо дал ошондой боюнча, ошол адамдын жана анын аң-сезиминин көз каранды боюнча карап, ошол объекттин нукура маанисине дал келтирип чагылдыруу. Чындык – бул таанып билүү процессинде билимдин тыянагы изилдеген буюм нерселердин, кубулуштардын, процесстердин ички мазмунуна дал келиши. Чындыктын мындай деген аныктамасы байыркы доордун ойчулдарына таандык, алсак Аристотелге. Ушундай мазмунда чындыкты түшүнүү жаңы мезгилдин философиясында улантылган: Ф.Бэкон, Б.Спиноза, Гельвеций, Дидро,Гольбах, М.Ломоносов, Л.Фейербах жана башкалар.

Чындыктын ачык-айкындыгы – тигил же бул кубулуштун, процесстин кандайдыр бир шарттын, анын шарттуу ордуна жана убакытка байланыштуулугун эсепке алууга негизделген чындык, чындыктын бир касиети, түрү. Чындык абстрактуу түрдө эмес, бардык убакта ачык-айкын болот. Ар кандай таанып билүүнүн максаты – бул чындыкка жетүү болуп саналат. Чындык бардык убакта таанып билүү менен тыгыз байланышта, таанып билүүсүз чындык өзүнчө болбойт, ал эми чындыксыз илимий тыянак жана натыйжа болбойт, илимий тыянаксыз же бекемдөөсүз илимдин өзү болбойт. Илим чындыкка негизделинет, б.а. чындык менен илим тыгыз диалектикалык байланышта болот.

Чындыкты далилдөөнүн жолдору, мүмкүнчүлүгү – тигил же бул теориялык тыянактын, гипотезанын (божомолдун) теориялык ой-жүгүртүүнүн чындык экенин далилдөөнүн жолу болуп коомдук практика саналат, б.а. коомдук практика дегенибиз ошол теориялык ой жүгүртүүнү адамдар иш жүзүндө колдонуу аркылуу алардын чындык экенин же чындык эмес экенин далилдеши. Бул пикир биринчи жолу байыркы грек философу Аристотель тарабынан айтылган. Илимий теориялар эң акыркы жолу өзүнүн бекемдөөсүн практикада текшерүү менен, б.а. ошол теорияларды өнөр жай жана айыл чарба өндүрүшүндө, адамдардын коомдук ишмердүүлүгүндө колдонуу жолу аркылуу алат. Тигил же бул илимий ой-пикирлерди практикада текшерүүнүн жолу ар түрдүү болушу мүмкүн: эксперимент, байкоо, ченөө, лабораториялык талдоо (текшерүү) ж.б.у.с. Практика аркылуу бекемделиниши тигил же бул илимий теориянын, ойдун, идеянын тууралыгын далилдейт.

Э

Эгоизм – адамдын коомго жана башка адамдарга карата болгон мамилелерин мүнөздөөчү турмуштук принцип жана моралдык сапаты. Ал адам өзүнүн жүрүм-турумунда коомдун жана айланадагылардын кызыкчылыгы менен эсептешпей, өзүнүн жеке кызыкчылктарын жетекчиликке алуусунан көрүнөт: индивидуализмдин

көрүнүшүнүн бир формасы. Моралдык сапат катары эгоизм адамдын адеп-ахлактык аң-сезиминин тарыхында терс мааниде бааланган.

Экзистенция – болмуштун конкреттүлүгүн (чындыгын) сүрөттөгөн философиялык категориянын бири. Бул термин алгач Орто кылымдарда пайда болгон. Ал убакта бул буюмдар болмуштун өзгөчө жолун, ыкмасын түшүндүргөн, ал кандайдыр бир башка болмуштун туундусу (жыйынтыгында кудай болмушунан). С.Къеркегордон баштап жана кийинчерээк XX-к. экзистенциализмде биринчи планга экзистенциянын негизсиздиги жана булагынын жоктугу жөнүндөгү түшүнүк келип чыгат, бул адам жана дүйнөнү интерпретация кылууда рационалисттик - редукционализм менен байланышкан.

Экзистенциализм – XX-к. экинчи жарымындагы философиялык агым, анда түшүнүктөрдүн тилинде айтууга болбой турган адам болмушунун абсолюттуу уникалдуулугу алдыңкы орунга коюлат. Экзистенциализмдин башаты ойломдун өзгөчө багыты катары С.Кьеркегордун окуусунда берилет. Ал биринчи жолу «экзистенция» жана «система» антитезасын калыптандырган (мында система деп Гегелдин системасын түшүнгөн). Экзистенция бул сырткы предметтен болмушка дайыма өтүп турган «ички» маңыз.

Экзистенциализмдин популярдуулугунун жаңы импульсу катары Сартр менен Камьюнун ишмердүүлүгү эсептелет. Алар фашизм менен болгон күрөштүн тажрыйбасын чагылдырып, экзистенциализмди саясаташташтырышат, аны согуштан кийинки социалдык – саясий проблемалар менен байланыштырышат.

Экзистенциализм баарынан мурда – бул онтология, болмуш жөнүндөгү окуу, ал адам эмне кылыш керек же зарыл дегендикке жатпайт. Экзистенциализмдин болмуштук мүнөзү барын белгилейт. Экзистенционалдык ой жүгүртүү болмуш чөйрөсүндө гана жайылат, ал эми бардык башка салттуу философиялык проблемалар экинчи орунга чыгарылат. Бул негизги проблема – барлыктын адам чындыгынын онтологиялык жаратылышын дүйнө түзүлүшүнүн башка башаттары менен болгон мамилесин конкреттештирүү.

Эклектика (грек. - тандаймын) – ар кандай, айрыкча кайчы көз караштардын: философиялык көз караштардын, теориялык башталыштардын, саясий баалардын жана башка аралашуусу. Материализм менен идеализмди кошууга болгон аракет, ревизионисттердин марксизм менен эмприокритицизимди, диалектикалык материализм менен кантиантствонун аралаштырууга болгон аракеттери эклектикалык болуп эсептелет. Эклектиканын негизги методологиялык жактан жетишпегендиги объективдүү дүйнөнүн байланыштарынын жана мамилелиринин жыйындысы, предметтердин, кубулуштардын негизги байланыштарын бөлүп көрсөтө албагандыгы, ар түрдүү жактардын жана касиеттердин механикалык биригүүсү.

Элеаттар же элей мектеби – б.з.ч. VI-V кк. Элей шаарында пайда болгон байыркы грек философиялык мектеби. Элей философиясына таандык болгон идеалисттик тенденция мектептин өзүнүн өнүгүүсү менен коштолуп турган. Анын негизги өкүлдөрү: Ксенофан, Парменид, Зенон, Самос аралынан Мелисс. Буюмдардын өзгөрүлмөлүү башбашталмасы жөнүндөгү Милет мектеби менен Гераклиттин стихиялык-диалектикалык көз карашына каршы Элей мектеби чыныгы болмуштун өзгөрүлбөс маңызы жана бардык көзгө көрүнгөн өзгөрүүлөр менен айырмачылыктардын илююзордуулугу жөнүндөгү окуусун сунуш кылган. Бул окуу сезимдик тажрыйбаны таанып билүүнүн негизи экендигин четке кагууга жана андан ары Платондун идеализминин бирден бир булагы кызмат кылды.

Элемент (лат. стихия, алгачкы зат) – белгилүү бир системанын курамына кирген жана анын чегинде бөлүнбөс катары карган объект түшүнүгү. (Мисалы: молекула системасындагы атом, «атом» системасындагы электрон). Элемент түшүнүгү жаратылышты тарыхый таанып билүү процессинде зарылдык катары пайда болгон. Алгач бириктүү дүйнөнүн элементи катары же сууну (Фалес), же абаны (Анексимен), же отту (Гераклит) эсептешкен. Античтик философтор Демокрит, Эпикур атом жөнүндө окууну

негиздеп, материянын эң майда бөлүнбөс элементи катары атомду белгилешкен. Ошентип, элемент – бул алгачкы зат, кандайдыр бир нерсени курамдык бөлүгү.

Эмпиризм – сезимдик тажрыйбаны билимдин бирден бир булагы деп тааныган, бардык билимдер тажрыйбага таянат жана тажрыйбанын таасири менен негизделет деп бекемдеген таанып билүү теориясынын багыты. Идеалисттик эмпиризм (Беркли, Юм, Мах, Авенариус ж.б.) тажрыйбанын негизинде объективдүү дүйнө турат деп таанып, туюмдар менен түшүнүмдөрдүн жыйындысынын тажрыйбасын чектейт. Материалисттик эмпиризм Бэкон, Гоббс, Локк XVIII-к. француздук материализм сезимдик тажрыйбанын булагы катары объективдүү сырткы дүйнөнү тааныйт. Бирок эмпиризм менен рационализмдин ортосундагы каршылык билимдин пайда болушу же булагы жөнүндөгү маселе эмес: кээ бир рационалисттер туюмдарда мурда болбогон нерсе акылда да болбойт деген ойго кошулушат. Келишпестиктин негизги пункту – эмпиризм билимдин жалпы жана зарыл мүнөзүн акылдан деп билбестен, тажрыйбадан көрөт.

Эмпириокритицизм («тажрыйбаны сындоо»), же мехизм - Авенариус жана Мах тарабынан негизделген субъективдүү идеалисттик агым. Бул агым позитивизмдин бир түрү катары пайда болгон (экинчи позитивизм). Эмпириокритицизм дүйнө жөнүндөгү түшүнүктө аны «нейтралдуу элементтердин» (ортозаар элементтердин) же «эч кимдин» туюм сезими эмес жыйынды деген ойду сунуштаган. Принципиалдуу координация т.а. субъект менен объекттин үзгүлтүксүз байланышы жөнүндөгү окууну киргизүү менен эмпириокритицизм субъективдүү идеализм системасына айланат. Эмпириокритицизм философиялагы нейтралдуулуктун талабына жашынган берклиантсво менен юмизмди жандандырат.

Эмпириомонизм – Богданов өзүнүн философиясын ушундайча атаган эмпириокритицизмдин, махизмдин бир түрү. Эмпириомонизм Махтын тажрыйбанын элементтеринин нейтралдуулугу жөнүндөгү субъекттивдүү-идеалисттик түшүнүгүнө негизделген (б.а. туюмга). Богдановдун оюу боюнча, Авенариус менен Махтын философиясы дуалисттик, анткени индивидуалдык тажрыйбанын психикалык жана физикалык автономдуулугунун негизинде түзүлгөн, буга монисттик интерпретация берүү зарыл; мына ушуга байланыштуу богдановдук теория «Эмпириомонизм» деп аталат. Эмпириомонизм боюнча бардык нерсе уюшулган тажрыйба болуп саналат (ал сезимдик чогулмалардын жыйындысы, б.а. идеалисттик; Богданов аларды социалдык-эмгек активдүүлүгүнүн «кристаллдарры» деп атаган). Мында физикалык дүйнө (объективдүүлүк) – коллективдүү жана социалдык уюшулган тажрыйба, ал эми психикалык, анын айыргыс бөлүгүн түзүп, индивидуалдуу уюшулган тажрыйба болуп саналат. Богданов мындай дейт: «Тажрыйбанын бирдиктүү дүйнөсү - бирдиктүү тааным үчүн уюшулма катары көрүнөт. Бул - эмпириомонизм».

Эпистомология – таанып билүү, гносеология. «Эпистомология» термини англиялык жана америкалык, айрыкча француздук жана немецтик философияда колдонулат. Бул термин шотландиялык философ Дж.Ферье («Метафизика негиздери», 1854) тарабынан негизделген жана философияны онтология жана эпистемология деп бөлгөн.

Эсхатология (грек. Акыркы, окуу, сөз) – дүйнөнүн, адамзаттын бүтүү, аяктоо тагдыры жөнүндөгү диний окуу. Эсхатологиянын негизинде жашырынган аракеттеги күстүн бар экендиги, жакшылык менен жамандыктын күрөшү, аркы дүйнөгө барганда күнөөлүлөрдү сыйлоо жөнүндөгү байыркы түшүнүк турат. Эсхатологиянын өнүккөн формасы иудаизмге, христианчылыкка, исламга таандык. Эсхатологиялык маанай айрыкча социалдык жана саясий кризситер убагында кеңири жайылган (Иудея – б.з.ч. Ік., Германия XV-XVIIкк., Россия XVII-к. аягы XVIII-к. башы ж.б.). Эсхатология чиркөө кызматкерлери жана сектачылар тарабынан азыр да пайдаланылат. Азыркы мезгилде эсхатология диндик футурологиянын бирден бир жетектөөчү темасы болуп калды.